www.bizdin.kg

ТӨЛӨГӨН
КАСЫМБЕКОВ

КЕЛКЕЛ

ТАРЫХЫЙ РОМАН

www.bizdin.kg

ББК 84 Ки 7
К 28

Касымбеков Төлөгөн
К 28 Эки томдук тандалган чыгармалар. — Ф.: Мектеп, 1990.
Т. 2: Келкел: Тарыхый роман. — 1990. — 672 б.
ISBN 5-658-00528-0

Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Төлөгөн Касымбековдун эки томдук тандалган чыгармаларынын экинчи томуна Совет бийлиги орногонго чейинки кыргыз элинин жашоо турмушун баяндаган Келкел аттуу эки китептен турган тарыхый романы киргизилди.

Во второй том двухтомника избранных произведений Народного писателя Киргизской ССР Толегена Касымбекова входит исторический роман «Келкел», рассказываюший о событиях, происходящих в Киргизин до установления Советской власти.

К $\frac{4803300000-}{\text{М 457 (17)—90}}$ 180.90

ББК 84 Ки 7

ISBN 5-658-00528-0

© «Мектеп» басмасы 1990

www.bizdin.kg

КЫЙЫН КЫЯ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1895-жыл...

Жыл мезгили күзгө таяп, эл чоң жайлоолордон ылдый тарта көчө баштаган кез.

Улу шашке, эртелеп жүк койгон көч ушул убакта кыйла жол арбытып, эми унаа бели да талый, жай. Мал көрүнбөйт топураган, бейчеки чуулдаган бирөө жок, көч жез буймалуу чиркелишкен төөлөрү, үй уванчы артылган шаа мүйүз жүкчүл өгүздөрү каалгып, те кайдадыр, алыстан туу чоңколдогу жартысы кууракан жалгыз арча жактан күкүк бейпил үн сала термейт.

Көч баштаган Курманжан.

Дагы эле тың, бүт өмүрү ушул көк мелжиген улуу тоо үстүндө, ат үстүндө өтүп келаткан киши дагы эле тизгинин өзү кармап, дагы эле омоктуу чапчактай кара бээ минип, кылт этпеген жоргонун жол аяңы менен, дагы эле кадимкисиндей көч алдында жүрөт. Жашы сексен ашып калган убагы. Бу улуу тоо кыйрындагы бир жери бир унаа арап сыйган тар кыя, бир жери тайгак кечүү, бир жери көк муз ашуу көч жолу жыл сайын бирде кеңирсиген кең төр жайлоо башына көтөрөт, бирде төмөндөгү эгиндүү, мөмөсү жерге төшөлгөн, коону балегинде чарт жарылган берекелүү асыл өрөөнгө жакалатып түшүрөт. Бири өз өргөөсүнүн чамгарагы, бири ыйык очогу, нечен кылым бою эч ким жолун торобогон, эч ким тескебеген өз ата конушу.

Эл ичи, чек ара тынч болгон соң биртке гана бакылоочу отряд уу кылышып, давла[1] атышып, айына бир жолудан гана Кызыл-Суу тараптан көрүнүп калбаса, же бакылоо ишине шылтоолоп, өзүлөрүнчө сейил тамаша куруп келишпесе, көбүнчө Дараут-Коргондо эле жатышчу. Ушул чек ара бакылана баштаган күндөн бери бир да мерте опурталдуу бир окуя болуп кеткен жок. Бакылоочу отряд жергилик элге биротоло үйүр алышып, көнүшүп, көп учурда эл жайлоого толгон мезгилде кадимкидей айыл» чылашып, кымыз уулашып, аралашып бейпил жүрө беришчү.

Түн жамынып, бир кара көлөкө акырын дубал түптөп жылып, бакылоочу аскердин турагына келди. Эки көзү чекчейген, кара сакалы уйпаланып кеткен, үрөйү учуп, оозу жарым ачыла акактап алган.

Поручик Коршунов чала уйкулуу көзү менен бир нече жолу имере тиктеп, бу кытай жактан ооп келген кишиби деген ойго да кабылып, бирок «быкылдаган көп кытай тиши ырсайган арык, көзү жапкак, миң жылдап жарым курсак жүргөн алсыз, итиреңдеген кыялы чукул» болушат деп уккан, мунун кебетеси андай эмес — кымызга курсагы керилген, жылкынын тери жыттанган өз кара кыргызы эле окшогонун баамдап, бул эмне мынча түн катып жүргөнүн ойлонду. Уйкусу бузулганына гана өкүнүп, итиркейи келип, тикендей биртке сары муруту түк» төйүп, тарапарандай көкмөк көзүнө каары чыгып:

— Айда муну! Эмне кылып жүрөт бу?! Түн ичинде биздин айланабызда, ыя?! — деп, үйрүдү кабагын. — Ну, көрбөй турасыңбы, бу ушердеги эле өзүбүздүн кара кыргыз го?!

— Куп болот, төрөм! — деп, саландаган көк мурут катары солдат тиги эки колун бооруна ала бир да жолу өйдө карабай кымырылып отурган кара кыргызын желкеге түртө баштады. — А ну, жөнө-ө!...

— Кайра дагы имерилип келсе, бул жерди аскер турагы дейт, биз жооп бербейбиз, атып сал,— деди поручик, Ошол замат кымырылган кара кыргыз алдына бүк түшө.

— Сөзүмдү ук, төрөм... — деп жиберди, кыя көзүн кылыйта өйдө карап, эки уурту ырсайып, бир купуя сыры бар сыяктуу. — Сөзүмдү ук, төрөм... Силерге жүда керек сөз...

---

[1] Д а в л а — бута.

Кабагы да, муруту да аны сайын салаңдап, кыжырлана:

— Ту-ур! — деди солдат аны желкеден алып. — Ту-ур, сага сүйлө деп буйрулган жо-ок!

Поручик Коршунов токтой калып, эки көз бир түркүн жымыңдай кишини арбаган бир сыр туйдуруп турганына кызыгып:

— Ну, эмне? — деп сурап койду, Тиги мелтейип, солдат жакты бир карап алды. Поручик сөз жашырын экенин сезди да күзөтчү солдатын нары жиберип, чылым ороп чекти!

— Ну?..

Кара түн жамынган кара киши кышылдап, эки көзү чанагынан чыга бүрүшө күңкүлдөп, күйкөлөктөп көп сүйлөдү. Поручик Коршунов бул эл ичинде көп иштеген, чалабула тил билген киши болучу. Кадырлуу «кара кыргыз каныкеси»[1] Курманжан датка айымдын балдары чек арадан бермет алып өтүп жатышканын туиду. Карап туруп, кара кыргызга башын чайкап койду. Империянын бул жердеги акимдеринин атайын макулдугу болмоюн мындай түркүн кымбат баалуу асыл буюм соодалоого тыюу салынган, бул аймак чек ара, а жашырын алып өтсө аткезчилик[2] болот, андай империя закүнү боюнча жазага тартылат. «Кайда-ан? Бу бир сандырактаган неме! Ошол бермет деген эмне экенин өзү билет бекен?!» деп, ишенген жок поручик Коршунов.

— Не? Бермет? Не? — деп, бүшүркөдү ал күлө. Кара кыргыз эки көзү аны сайын алайып, демиге, бермет эмне экенин төрө түшүнбөй койсо өзү ушул жерде бөөдө күйүп кете тургандай туталанып кетти:

— Бермет... Те Индстандын көк деңизинин түбүнөн гана алынат. Же, төрөм, ал көк деңизден учуп чыккан ак куунун жумурунан гана табылат, бир табылса!.. — деп, шашыла акактап, демигип шыбырады. — Жөн учурда эч тута албайсыңар, төрөм! Убагы келди — бүгүн өзү көч баштады Курманжан, эртең улуулата балдарынын көчү көчөт, Камчыбегинин көчү бүрсүгүнү өтөт. Мына ошол Камчыбектин көчүндө, төрөм, жүк үстүндө кызыл килем жабылган дөбөдөй кара нар көч ортосунда келет, мына ошол дөбөдөй кара нарга эки кичинекей темир сандык теңделген, жүз азамат эрдин кунуна турган асыл дүйнө ак бермет мына ошол эки кичинекей темир сандыктын ичинде, төрөм...

Поручик Коршунов кунт коюп угуп, тигиле тиктеп, ушул тери тондуу кара кыргыздын бермет деген асыл мүлк кайдан табыларын билгенине астейдил тан калды. Дагы башын чайкап конду. «Ак куунун жумурунан» дегени кызык баарынан! Мындайды асти уккан эмес. Ушул азыр тиги күбөгө ычкыр кашатынан бир бермет алып көрсөтө тургандай туюлуп, те көңүлүнүн түпкүрүнөн лабязи акырын өрттөнүп турду.

— Ну, сен өзүң кимсиң? — деп, кызыгып сурады.

Тиги тымпыя эрдин кымтып, көзүн жумуп, безелене башын чайкады. «Мунусу өлтүрсөң да айтпаймын» дегени эмеспи, такыбады поручик Коршунов. «Да-а, ким айтып келгенин билип калышса «кара кыргыз каныкесинин» балдары муну оңдурмакпы?!» деди ою. Эми түн жамынган кара кыргыз башын нечен ирет ийкегилей кайырлашканын түшүндүрүп, ошол кымырыла өңкөйгөн бойдон, таманы шырп дебей, тыпшыйган мурдунан жели да чыкпай жыла басып, көлөкө сыяктуу акырып көздөп далдаланып кетти.

Эмне кылуу керек? Бул кабар уңгулуу сыяктуу. Ыя, ушунча баркы, ушунча «кара кыргыз каныкеси» атанган сөөлөтү боло туруп, кантип эле ушундай бир кымбат баалуу өлү дүйнө күтпөй калсын?! Бул аныкталса, империя тартибине коошпой турган иш, энесинин кадыр-баркына каралбай балдары тийиштүү айыпка жыгылып калат. Поручик Коршунов ойлонуп калды. Ишенбей, маани бербей калтырса бу жымырылган кара кыргыз дагы кайда барып айтарын ким билсин?! А ишенип алып тополоң чыгарса, издеген бермет колго түшүп калса го жөнү башка, колго түшпөй калса, кудай уруп, «кара кыргыз каныкеси» менен мамиле кирдеп, ал үчүн жогору жакка жооп берип отурмай. Эмне кылуу ылайык?

Чек ара бакылоочу сегиз атчан аскер айтылган күнү Камчыбектин көчүн утурлап, мерчем жерге чыкты.

Поручик Коршунов отряддын ортосунда туш тарапка дүрбү салып, ар жерге токтоп,

---

[1] Орус акимдери Курманжанды ушундайча «кара-киргизская царица» деп аташкан.

[2] А т к е з — тышка жашырын дүйнө чыгаруу, контрабанда.

кармашып калуу деген эч оюнда жок, кармашып калса көчтө курал барбы, камырабай аңгеме салып келет.

— Мына, бүгүн биз бул элдин илгертен барктуу, тектүү бектеринин көчүн кармайбыз. Илгертен Кашкар, андан нары Кытай, Тибет, андан нары. Индстан менен алака кылышып, соодалашып, керектүү оокат, асыл дүйнө алышбериш жургүзүп келишкен. Дагы эле ошондой экен деп жүрүшөт. Эч андай болбой калган! Ушул күндө баягысындай кылган соодасы, алакасы Россия империясынын талабына төп келбейт, аткезчилик болуп бааланат, кармалат. Тигн эле Алтайдан Кара-Корумга дейре бул улуу тоо кыркалай аары Кашкар багыты Кытай энчине берилип, быягы бүт Түркстан Россиянын энчине бөлүнүп, те алда качан 1858-жылы эле «орус-кытай чеги» болуп, картага сызылып коюлган. Бул шартнама Кашкарда да эмес, Кокондо да эмес, тиги Бейжин менен Санк-Петербург сарайларында жазылып, чоң салтанаттарда кол коюлган. А бул элдин караламаны түгүл беги караманча кабарсыз, нары жагына бир өтүп, бери жагына бир өтүп, баштагысындай жайлап күздөп жатышат. Мына, көчүн токтотуп, сандыгын аңтарабыз, бүгүн билишет...

— Э-э, бул эмне?! —деп эрдемсиди баягы муруту саландаган карт бакылоочу. — Катуу жазалап коюу керек турбайбы?! Эки улуу империянын ыйык чек арасын бузган кимиси гана болбосун?! Ыя, улуу урматтуу падыша атабыз чек сызып, өз колун коюп отурса, а бу жапайылар нарыбери тепсей беришеби?!

— «Өз жерибиз» дешет ко?! — деп кычатып койду поручик.

—Э-э,— деп күүлдөдү бакыйган карт бакылоочу,— кандайча «өзүнүкү» болот экен?! Биз кан төгүп отуруп, богдыхан менен бөлүшүп алган жерибиз бу!

Поручик Коршунов кайра ат үстүнөн дүрбү салып, те бирине-бири кабаттала кыналышкан, биринен-бири шыңкыя көк тиреген, ак мөңгү көк муз кылда чоку кыйрын сыдыра тиктеп, көптү көрүп, бирок түбөлүк бир түйшөлбөй, бир оонабай, бир онтобой, түбөлүк өзгөрбөй ың-жыңсыз жаткан улуу тоо сөөлөтүнө шыпшынып, тең, өзгөчө баа коюп, ой чаргытып турду.

Көч алды көрүндү бир убакта. Өз көчүн Асел айым өзү баштаган экен. Элирген тору кашка айгыр минген. Көч үстүндө да ак шайы үлпүнчөгүн албай, өзүнчө бир ширин кыялга берилген, андан нары үргүлөп да кетип, кайра сурмалуу кара көзүн кылгырта араң ачып, араң ойгонуп, талыкшый ныксырап келет. Көч шааниси коңгуроо шыңгырайт, көч арасында тайлагы адашып келаткан каймал боздойт, жай гаалгый көч бейпил.

Поручик Коршунов отрядын экиге бөлдү. Көч кашка жол тең жарган кичинекей сары түзөңгө келген ченде бир тобу алдынан, бир тобу артынан бакылоочу отряд курчап чыкты.

— Токто-о! — деп кыйкырды поручик Коршунов камчылуу колун көтөрүп. —Текшерүү! Текшерүү кылабыз!..

Ак шайы үлпүнчөктүү айым көңүл бурбай, карап да койбой ат үстүндө оолжуп, токтолбой өтө берди. Поручик Коршунов жалаң жүз, кишиге ымаласы бат келген илбериңки адам болучу, бул айылга көп келип жүргөн, Камчыбектин өзүн да жакшы таанычу, анын жаш зайыбы бар экенин уккан, ошол экенин болжоп, айымдын жолун тостурбады. Жүктүү унаалар шыкалып келип, ири алды токтоло калды. Поручик Коршунов чакчарыла ат бастырып:

— Текшерүү! Текшерүү! — деп, жанына не себеп экенин сурамакка ат желдирип жеткен жигит башы кадимки Акбалбанды андан нары ээрчите кыдырып келди да, чын эле үстүнө кызыл килем жабылган дөбөдөй олчойгон кара нарды камчысы менен көрсөтө берди. — Ну-ка, ушул төөнүн жүгүн карап көрөлүчү, ну-ка!

— «Издегениңиз эмне, кадырлуу төрөм, өзүбүз айталы?..» деп, Акбалбан арага түшө калгыча, төрө ага бирдеме жооп айткыча аны сайын шеги күчөп кеткен бакылоочулар чөгөрүп отурушпай шарт-шарт кылычтап, арканын кесип, эки темир сандык томолонуп түштү жерге. Экөө тең кулптануу экен, бакылоочулар кармалашып, мылтыктын кундагы менен ургулап көрүшүп, ача алышпай туруп калышты. Поручик Коршунов Акбалбанды карай чаңырып жиберди:

— А-ну-ка! Тап ачкычын!

Акбалбан жакында эле Камчыбек менен ууга чыгып ойноп кеткен бу төрөнүн эмне минтип каарланып, кыялы терс айланып калганына аңтаң калып:

— Кичи айымда... —деп, акырын күбүрөдү. «Ушуну айтуу керек беле?» деген кооптуу күдүк ой басты өзүн.

Эми көңүлү жайланып, адамдын иреңиндей, көңүлүндөй миң бир кубулган асыл дүйнө ак бермет эми өзү чууруп колуна түшөрүнө ишенип, көз көрүнөө толкундап, өзүнчө кыртылдап күлүп, өзүнөн да айрыкча өрөпкүп карт бакылоочусуна буйрук кылды:

— Тез! Тез, көч алдына кеткен ак үлпүнчөктүү катынды көрдүң го, чап, ачкыч ошондо экен, алып кел. Тез! —деди поручик.

Жеткенинче кошо барган көччү жигит аркылуу шашылыш сурап, темир сандыктын ачкычтары чачынын учунда экенин билери замат жоо кыйрагып жаткандай оолугуп кеткен солдат Асел айымдын кош өрүм колоң чачын үлбүрөй чубалган чачкабын кошо тутамдай кармап, курч кылыч менен чарт кесип алды да, салаңдаткан бойдон кайра артына адыраңдата чаап келди. Ыргып түшүп атынан, башчысына да карабай солдат зайыптын кош өрүм кара чачын булактата учундагы көп ачкычтын улам бирин сандыктарга салып кирди. Баары үймөлөктөп, баарынын көзү көгала чыттын гүлүндөй чакчайды.

Кесилген чачты көрүп, Акбалбандын жүрөгү болк этти. Майып кылган белем, кокуй! Көч алдын көздөй чапты.

Эч качан Акбалбан акесинин көзүнчө бетин ачмак түгүл ооз ачып сүйлөбөгөн келин Асел айым үлпүнчөгү сыйрылган, иреңи кыпкызыл болуп кабагы үйрүлүп, бир эсе ыза, бир эсе таң, кабарып:

— Бул эмне!—деп жиберди, — Ыя, жанагы орус ачкыч суратканынан «чачымда» десем, тукумуң кургур, чачымды кесип кетти го? Бул эмне, баатыр аке, алты жашар балаңардын алдында али бетимди ача элек кезимде чачымды кестирип, бул эмне, Камчыбектин тузун таткан эр азаматтын баары кырылып калганыбы?!

Жигит башы Акбалбандын энтелеп чапканы, Асел айымдын ыйлаган үнү көчтөгү жигиттерди дароо дүргүтүп, аңтарылып жаткан жүктүн айланасына ийриле калышкан эле. Эки сандыктан тен зайыптын майда буюму, кийиминен бөлөк эчтеме табылбай шеми тая түшкөн поручик Коршунов:

—Ну, эчтеме жок экен, эми кете берсеңер оолот,— деп, тыяктан катуу келаткан Акбалбанды тосо бастырды.

Эчтеме жок экен? Эчтеме жок болсо, демек күнөө да жок! Бул сезим Акбалбанды аны сайын эрдемситип, ошол таптагы ызасын, жаалын өрт алдырып жиберди.

— Тиги эмне?!—деп, ал жерде уйпаланып жаткан зайыптын чачын демите булдурсун менен көрсөтө берди. Поручик Коршунов балекеттин болгонун эми байкап, солдатын жекире карай бергенде, аны күнөөнү мойнуна алганы катары сезип, анысайын албууттана Акбалбан өрүмүнө коргошун өзөк кылган чоң булдурсун менен жон талаштыра тартып жиберди. Поручик Коршунов сөзгө келе албай аттан чокусунан сайылып түштү.

— Карма-а!.. Со-ок!...

Карс-күрс камчы урулду. Тарс, тарс мылтык атылды. Жөө турушкан бакылоочуларды үлгүртпөй атка омуроолотуп, туш-туштан тобу менен каптап киришип, желкелеп тартып кетишти.

Ушул көз ирмемде болуп өткөн кейиштүү окуя ичинде көч айдаган жигиттердин бирине ок жаңылып, поручик Коршунов кан жөткүрүп жыгылды, сегиз бакылоочу сегизи тең тепкиленип, колдору байланды. Эмне болот эми? Өз эл ичинен бир тентекти жыга чапсаң куп болуптур дейт, жөнү башка. А бу төрө, ак пашанын бакылоочусу! Өтө капилет иш болуп кетти го Камчыбек жокто? Акбалбан эми эсине келип, маң болуп туруп калды.

Көч күздөө конушуна жетти.

Акбалбан арттан барганда Асел айымдын өргөөсүн биринчи тигип жатышкан. Жаңжалдын бир четин көрүп, бир четин көрбөй калган катын-калач, бала-чака Акбалбанды элтейип тиктешип, бири да ачык сурашка батынбай тымтырс болуп калышты. Асел айым үлпүнчөк астында үнкүйүп отурган экен, өргөөсү көтөрүлүп бүткөн соң ичкери кирип кетти.

Акбалбан улага ченге сыңар тизелей отура калып:

— Кичи айым, болуп кетти болор иш, айланайын... — деп, акырын жайды айтты. — Бизден

бир жигит жарадар болду, бакылоочу аскердин төрөсү кан түкүрүп жатат, сегизи тен келтек жеп калды. Эми эмне кылалы?..

Ушу менен көкшүнү сууйт деп ойлогон Акбалбан. Асел айым өндүү-түстүү, тетик, бир жагынан эркелиги да бар, бир айтканын бербеген өктөм, бул урукта мындан мурда келген келин көп, бирок ал «эрине жагып, элине алынып» дегендей, кайненеси Курманжан датка айымдан соң эле «кичи айым» атыга баштаган дымактуу зайып болучу. Мына ушундай көкүрөгү көктө жүргөн кезинде, жаштыгына да, багына да кызымтал чагында тал түштө көч үстүндө чачы кыркылганы ага өтө катуу тийди. Муну иштеген төрө эмес, кудайдын тун баласы болсо да, анын куну үчүн бир уруу журт тумалай чачылып кетсе да, тилинен эмне келсе ошону менен, колунан эмне келсе ошону менен кайрымсыз бир катаал өч алыштан аянбай дили карайып отурган.

Асел айым:

— Эмне кылалы дейсиз, баатыр аке?! — деди катуу мокото. — Эмне кылалы деп отурасыз, өз бегим аманында, өз бегимдин баатыр агасы сиз карап туруп, минтип эл көзүнчө менин чачым кыркылып отурса? — деп, акырын үлпүнчөгү бүлкүлдөп, бир солуктап ыйлап алды. — Кыр! — деди жаал менен. —Кырып салгыла бирин эмес, баарын!

Акбалбан ойго чөмүлүп, же туруп кете албай, же бир карама каршы сөзгө өтө албай, ошол сыңар тизелеген боюнча отуруп калды. Аягы эмне болорун ойлобогон, намыс десе жан берип көнгөн Акбалбан айымдын сөзүн чеки дей алган жок көңүлүндө. Эми муну тууган ичинен ким тышка чыгармак эле?! Датка айымга кабар кылса карыган адам кападар болот. Камчыбекти күтсө күн өтөт. Болору болгон соң эми биротоло «ким көрдү» кылып тынгандан оңу жок окшойт?! Акбалбан ушул ойго келип такалды.

Ошол түнү жанына үч гана ишенимдүү жигит алып барып, баягы жаңжал болгон жерге жакын бир колотто солонуп жаткан бакылоочуларды баарын өлтүрүп, сөөгүн өрттөтүп жиберди. Нары шашып, нары дараксыз жерде от жакшы болбой, нары адам сөөгү оңой күйбөйт экен, ошол чала күйүндү болгонунча көмүскөгө тарта баарын бир жерге көмдүрүп, үстүн жайпатып таштады. Калган ат да, токум да, курал да убагы келсе көзгө түшсө айгак эмеспи. Токумдарды дагы отко жактырып, аттарды сойдуруп, куралдын бирин калтырбай өзү дайрага ыргытып — баарын жок кылды.

Ушул бойдон дымдым болуп, улам күн өткөн сайын кулак түрдүргөн үркүү сезим басаңдап, айыл кадыресе бейгам болуп калды. Орус акимдери издей баштады. Курманжан датка айымга чейин айтып, эл арасына кеңири суроо салуу, ким кайдан көзү чалганын иликтөө жагын өтүндү. Жазга чейин да «көрдүм» деген бир киши эл ичинен чыккан жок. Кашкардагы консул аркылуу кытай кол алдындагы эл арасынан, жер кыйрынан издеп, эч бир оң кабар алыша албады. Кандай ишке, кайда барышарын бакылоочу отряд күн мурунтан кабарлап кетишкен болсо, ошол багыт боюнча шектүү адамдарды карандай катаал суракка кириптер кылып да, эптеп бир изге түшсө болмок, бирок отряд андай кабар кылбаган. Эң акыры «кийик уулап чыгышып, атматы менен баары муздун жарыгына түшүп кеткен» деген аргасыз жыйынтыкка келишип, түнүлүшүп да калышты. Жыл маалына ооп кетти.

Ошол жыл маалына ооп, чек ара бакылоочулар Асел айымдын көчүн капилеттен тоскон күнү дагы түн жамынып, дагы аягы шырп дебей, дагы тңмызын дубал түптөй жыла басып, баягы кара көлөкө Новый-Маргаландагы областтын аскер губернатору Повало-Шыйковский төрөнүн алдына жашырын келди. Дагы эки көзү алайып, кара сакалы уйпаланып, оозу жарым ачыла үрөйү учкансып алган.

— Мен билем... — деп, акырын күңк деп, ошол аскер губернаторунун идарасында да аны акмалап аңдып турган бирөө бардай эки жагын көзүн аңтарылта бир чаргып, тиктеп алды. — Чек ара бакылаган төрөлөр кайда жоголгонун билем, бирок... — деп, дагы кырын кыңырыла мыңкылдады.

Тилмеч эки жактын айтканын маанилеп которуп турду,

— Ну-у,— деди Повало-Шыйковский төрө кызыга.

Тиги эңиле калып, акырын:

— Курманжандын балдары өлтүрүп коюшкан... — деп, тула бою калчылдагандай

шыбырады, сөзүнүн артынан эки көзү чекчее көпке башын ийкегиледи.

Повало-Шыйковский уккан кулагына ишенбей мелтейип тиктеп, отуруп калды. Шумдук го бу? Ушунчалык кадырсый берилип турган датка айымдын балдары ушундай каршылык ишке барышабы? Бу жалаа болуп жүрбөсүи?! Тиги да оңой кыйды эмес, бул оюн төрөнүн жүзүнөн окуп, тымпыя башын ийкеди:

— Көмгөн жерин көрсөтүп берем...

Повало-Шыйковский төрөнүн ишенбеске чарасы калган жок. Тигил эми кайта кыйылып, көзү агына тегерене кайра жер тиктей берди.

— Көрсөтүп бересиң! — деп, төрө карс эттире столун бир муштап жиберди.

Чоочумак турган тиги ушундай бир катыран кыстоону болсо экен деп күтүп турган, эми:

— Төрөм, бир гана шарт,— деп, сөөмөйүн чочойтту,— менин көрсөтүп бергеним өтө жашырын калсын, төрөм! Бул элдин кеги, кудай урсун, атадан балага өтөт, бир шеги билинип эле калса, анда менин тукумум куруп кетет...

Повало-Шыйковский төрө оозун буртуйтуп, ал дагы ойго батып, бу сай сагызгандай сак кара кыргызды чактай имере тиктеп отурду. Сурабады кимсиң деп. Эң акыры:

— Мейли, сенин айтканыңдай болсун!—деди ПовалоШыйковский төрө.

Тиги эми батыл сүйлөп:

— Төрөм, тыякка адам түгүл жарым түндө чычкан жорголосо билишет, төрөм... — деп эскертти. — Ошон үчүн ал жактагы элди түрө жыйнап, өзүңүз баш болуп, тоо ичин коён жатагын калтырбай тинттириң, эл катарында мен да болом. Менин артымдан эч калбай, башкага эч байкатпай бир орус акмалап жүрсүн, мен бир убакта бир жерди үч тээп өтүп кетем — өлүгүңөр так ошол жерден табылат...

Көп өтпөй, ушундан жарым айдан кийин эле Повало-Шыйковский төрө жанына бир рота солдат алып, Алай багытына чыкты. Дараут-Коргон чебине турук кылып, эң оболу Курманжан датка айымдын ошол тараптагы балдарын башына алып, бүт элди жыйнап, «таштан учса сөөгүн табалы» деп, жарыя кылды. Көп элдин ичинде айтканындай баягы кара киши жүргөн, те ыраактан бирин-бири көрүп, көзү көзүнө учурап, тим болду.

А күн бою жамыраган көп эл тоо арасын жергуй, таш коңулу калбай кырка тарта аңтарышып сыйпалап тинтип чыгышты. Зоо жарыктарын, үңкүр болуп калган мөңгү алдына сойлоп кириштн, аркан байланып көк касаба муздун жаракаларына түшүп көрүштү. Жок. Үч күн бою көптүн арасында бирде алдыда, бирде артында кошо илешип, кошо чарчап, кошо кейип, кара киши жүрөт. Көп да жанына жуубай, көп да аны көздөн үзбөй бир солдат көзөмөлдөп алган. Эл дуулдап, эчтеме таппай кайра келет. Повало-Шыйковский төрө кайра издөөгө буйрук кылат, кайрып кайра артына салат. Көпчүлүк бир шыбактын түбүн үч айланып карашты. Жок, эч бир калдыгы колго кирбейт. Ийне болуп кетсе не болду?!

Кара киши да көлшал. «Э-э, бизди бөөдө кыйнап атышат. Кайдан тапмакпыз, кокуй?! Кытайга өтүп кетиштиби Индстанга өтүп кетиштиби, ким билет кайсы кара көргө кирип кетишкенин?!» деп, көп ичинде бакылдайт, сөгүнөт. А тигиндейректе бир солдат мылтыгын таянып, тегерене караган болуп, аны көздөн качырбайт. Жадаган окшойт, «маалкатпай көрсөт эми» дегендей, солдаттын көзү кыжырлуу. Кара киши бир нече жолу өлүк жаткан жерге имерчиктеп келди, бирок жанаша жүргөн кишилер баары эле аны бакылап жүрүшкөндөй, солдатка берер белгини андып эле турушкандай, бир нече жолу көрсөтө албай кайра тартып кетти. «Йе, кокуй көрсөтпөй койсом мени кудай алабы?!» деп ичинен, кайра жүз толгонуп ой-санаасы: «Бу бектерди көгөнгө тизгендей оруска байлап бермейинче бизге бак тийбеейт!» деп, көгүнө таянат.

Төртүнчү күнү күн жайылган чен эле. Көптүн ичинде баратып, ал баягы жерге келип, кейип отура калып, өтүгүн чечип, карбаластап кайра кийип, көпчүлүк жанынан суюла түшкөндө ордунан туруп, кагынган болуп, үч мерте тээп өттү. Нары ченде мылтыкчан солдат» мурутун салаңдатып, көз кыйыгын салып, чылым ороп турган.

Түш ченде солдат ошол жерди мылтыктын найзасы менен сайгылап көргөн болуп, жыт алган болуп искеп көрүп, анан тарсылдата эки жолу көккө мылтык атты да, эл дуулдап келгенде ошол жерди каздырды. Сегиз бакылоочунун кара күйүндү сөөгү ошол көмүлгөн жеринен

табылды.

Курманжан датка айымдын балдары Маамытбеги, Батырбеги, Асанбеги, тун уулунан калган небереси Мырзапаясы баш болуп, жыйырма үч киши камакка алынды, Сурак катыран, бирок кармалгандардын бири да мойнуна албай, куранга коюп карганып жатышат. Ким өлтүргөн? Эмне үчүн өлтүргөн? Бул жагы али белгисиз, көрдүм деп күбө өтө далилдеген киши жок.

Ушу беймаза бир түнү баягы кара көлөкө дагы түн жамынып, дагы аягы шырп дебей, дагы дубал түптөй жыла басып аскер губернаторунун идарасына келди. Повало-Шыйковский төрө аны көрүп, кадыресе кубанып, дароо тилмечин чакыртты.

— Дос,— деп кеп баштады губернатор,— сен бизге, урматы улук ак паша атабызга баа жеткис зор кызмат көрсөттүң. Биз сендейди дос дейбиз,— деди жумшактап, сурар сөзүнө ыктата. — Карачы эми, урматы улук ак паша атабыз сый-урмат дегенди эч аяган эмес булардан, а бул сур кемпирдин балдарынын жоругун карачы?! Бул эмне?! Урматы улук ак паша атабыздын ак көңүлүн, анын айкөл жоомарттыгын баалай алышпайт. Бул сый-урматты дагы эле атасынан калган тонундай көрүшөт, Мына эми ал тон сыйрылат.

Тиги дагы эле аяр, төрөнүн сөзүн дагы эле кымырыла тымпыйып угуп, кубанып да кетпей, анын «дос» деген сөзүнүн канча астейдили, канча баркы бар экенин өз ичинен тымызын калчап, «керек кезинде алдыртан болсо да бир көмөгүн көрсөтүшөт экен» деген ойго көңүлү жылып отурду. Ал ошол кымырылган түрүндө:

— Ыя, эмне үчүн Камчыбек али камалбады, ушуну сураңчы? — деди акырын тилмечке, ыраазы болбогондой суз кейпи ушундан экен.

Повало-Шыйковский төрө башын ийкей отуруп:

— Кыйын болуп жатат, дос, баарын эле камап салышка. «Бу жалаа, бирөө өлтүрүп алып, бизге оодарып жатат» дешкп жатышат. Нары үстүнө өткөн жылы чек ара бакылоочулар жоголгон учурда Камчыбек ал Алай багытыида жок экен, ошон үчүн камакка кириптер кылынбады,— деп, чынын айтты. — Бирок, аягы кандай болуп кетерин ким билет, сурак бүтө элек.

Тиги дагы тымпынып, мисирейип, жер тиктеп, өкүнүч туйдура башын өзүнчө чайкап, айласы куругансып кыңырылды. Повало-Шыйковскнй мындан дагы бирдеме чыга турганын сезип калды. Тиги да төрөнүн көңүлүн байкап, убагын кетирбей, суратпай:

— Э-э... өлтүргөн так ошо Камчыбек... — деп, күңкүлдөдү туталана, кейий. — Өлгөн төрөлөр ошо Камчыбектин көчүн кармаган. Бермет издептир дешет ко. Э-э, адисинен аша көпкөн, мыктысынган немелер кимге берип коюшмакчы андай алыстан алдырган асыл дүйнөсүн?!

— Дос, мен өзүм билем, Камчыбек ошол учурда мейман үй салдырып, ушул Ошто жүргөн. Ушул жери саал калпыс эмеспи? — деп тактады төрө.

— Вай, төрөм ай... —деп башын чайкап, ордунан бир тура калып, кайра отура калды тиги.

— Кудайдын көөдөй түнүндө кайда жүргөнүн билесиз, вай, азиретим ай?! Кылгылыкты кылган соң кайра Ошто болуп калбай жаны жокпу, кокуй?! Ишенесиз а, вай, төрөм ай...

— Дараут-Коргон менен Ош эки жүз чакырым жер!

Тиги төрөнүн ишенбей койгонуна шагы сынып, дагы мисирейе жер тиктеп, дагы жыйрылган таш кирпидей кымырылып, аярланып отуруп калды. Кайра түтпөй:

— Айтың,— деди тилмечке бир убакта,— айтың төрөгө, сынамакка Камчыбектин жоргосун бир калыска алып берип көрсүн. Бул жол боз жоргого жол эмес. Бир түндө эки барып, эки келсе болот...

Аскер губернатору тилмечи экөбү өзүлөрүнчө көпкө сүйлөшүштү. Бир убакта:

Мейли дейт төрө, баарын текшерип көрөбүз дейт,— деди тилмеч. «Мунун баары менин сөзүм» деген сыяктуу башын ийкеп турду Повало-Шыйковский төрө.

Кара көлөкө акырын артына кетенчиктеп, акырын улам баш урунуп, дагы аягынан шырп эткен дабыш угузбай, идарадан чыгып кетти.

Түн караңгы, ал короонун чоң дарбазасындагы күзөтчүгө бир жүгүнүп, анан тездеп, дагы дубал түптөн караңгыга жнтип кете турган болуп калганында артынан:

— Карасакал,— деди бирөө акырын. Ал селт дей түштү. Ээрчип чыккан эки уурту эки

кулагынын түбүнө жете

тартыла сырдуу жымыят, эмелеки эле төрөнүн тилмечи.

— Ой, айланайын... мени кайдан тааныйсың, айланайын? — деп жиберди Карасакал.

Тилмеч башын ийкеп койду.

— Ыя? Төрө да билеби менин атымды?

Тилмеч башын чайкап койду.

— Айта көрбө, айланайын, мусулман турбайбызбы...

Тилмеч:

— Курманжан датка айымдын балдары билип калса... — деп томсоруп койду.

Ушул жерде нес боло сендиректей түштү Карасакал. Ошол! Баягы Ионов төрө менен барган неме ушул. Бир кочуш алтынын бөөдө шыпырып кеткен неме ушул. Жалынганың да мусулманчылыгың да өтпөйт. Жан арга бирөө гана мындайда! Эки көзү чакчайып, акактап:

— Эми, мырза, оозуңду эки алаканың менен жап, куру жалынбайм, оозуңдан май кетирбейм, кармаганыңды карк алтын кылам... — деп, тула бою калчылдап, тилмечтин жакасына жабышты.

Тилмеч:

— Биз эски тааныштыз,— деди, атайы тактап, бул жаңжалдын тегин атайы бүшүркөп, аны темир казыкка атайы байлап, анан бир сөзгө келишсе боло турганын сездире атайы күлүңдөп койду.

Карасакал:

—Эми, мырза, ошент, оозуңду жап, айтып коёюн, ыраазы кылам...

Тилмеч кылтыя эки ийнин кысып койду.

Көңүлү биртке тына калды. Жаткан жолборско катылган мышыктын куу чеңгелине кабылды-ым...» деп, сыйпаларга чарасы калбай өзегү сыздады, бирок «Эми мени бүкүлү жеп коёт...» деп ындыны өчө. Онойлук менен муну ыраазы да, топук да кылдыра албасына ошондо эле көзү жетти.

Повало-Шыйковский төрө эртеси күнү эле Камчыбекти идарасына чакырды. Өңдү көрсө жүз таят, нечен сыйын көрүп, туз даамдашып жүргөн, катуу кете албай:

— Бу, бек, иш создугуп кетти го, кандай кылдык эми?.. — деп, Камчыбектин кабагын акмалап, асте кеп баштады.

Камчыбек орусча сабаты чыккан адам болучу. «Силерден башка ким батынат, кылгылыкты кылган сен, көп карышпай албайсыңарбы, мойнуңарга» дегенди түшүндү. Ой басып отуруп:

— Төрөм,— деди улутуна,— өз колун менен кылбасаң да өз элиңдин ичинде, өз жериңдип бетииде ушундай иш болуп отурса, өзүңдөн өзүн күнөөкөр экенсиң. Мен Алайга барып, өзүмчө иликтеп келейин, а балким эл өлтүргөн тышта жүрүп, күнөөсүздөр бөөдө абакта жатпасын. Жо, чын ушулар колдуу болгон иш болсо, мейли, кайра келип көшөртпөй моюндарына алдырайын. Убада ушул болсун.

— Качан жөнөп, качан келесиз?

— Бүгүн кетсем, кел десеңиз бүгүн келем, эртең десеңиз эртең келем, мейли.

— Боз жоргоңузду минесиз го?

— Боз жоргодон бөлөк, төрөм, бул жолго жылкы баласы эмес, кош канаттуу куш да жарабайт.

Ушул жерде Повало-Шыйковский төрө баягы сөздүн нугу бардыгына ишенип, Камчыбекти имерип тиктеп калды.

Ошол эле күнү кечки салкында Камчыбек боз жорго менен жолго чыгып, эл аягы тына электе Дараут-Коргонго жетип, күз конушта отурган өз айлына кирип барды.

Кичинекей Кадыр, Азиз деген эки уулун эки карысына алып көтөрүп, өөп, эркелетип, анан кайра жерге түшүрүп, ойнотуп койду. Курманжан датка айым ошол айылда экен. Өзүнчө өргөө тигип, «чоң айыл» атагы боюнча өз айылы бар. «Эмне келди экен?»... деп, ойлонду Камчыбек, азыр эле барып болгон сөздү ортого салгысы келди, кайра тартынды, карыган адамдын түн тынчтыгын бузгусу келбеди. Акбалбанга кеңеш салды. Акбалбан үңкүйүп жер тиктеп, эрдин кесе тиштеп, лам деген жок.

— Эрте менен айылды тез жыйнаң, Акы,— деди Камчыбек,— байбиче да келип калыптыр, ортого салып сүйлөшөлү, бу бизге катуу мүшкүл болуп калды, кеңешели, эгер аралашкан бирөөбүз болбосо жалаадан «жан берип» да болсо, кутулуш ылазым.

Башын ийкеди да, унчукпай Акбалбан чыгып кетти.

Жан бермек?! Оозго оной, кыларга кыйын иш. Бирөөгө бирөө доо коюп калса, берки киши «актыгыма жан берем» дейт кара өзгөйдөн жадап, айласы түгөнүп мукураганда. «Жан берген» кишини тирилей ак кепин кийгизип, анаи атчан артынан түшүп кууп, «жан кеттилеп» кыйкырып, улам кыстап кыйкырып, казганактаган көп элди бир аралатып, бир тегеретип айдап чыгат. Кай бирөө күнөөсү боло туруп эле «жан берген», андайды «жан кечти» дейт. Байыртан калган ишеним боюнча кара болсо «жан берген» киши өлөт же бир кырсыкка учурайт, а жок ак болсо каралаган адам өзү өлөт же кырсыкка учурайт дешет. Ушундан соң доо токтойт. Бирок, эл көзүнчө ким тирилей кепин кийип, ким айдакчынын алдына шөлпөцдөп түшөт?! Көп учурда жан берүү ордуна ак болсо да, «ха-а, сени кудайга койдум» деп, доого жыгылып берип, кара өзгөйдөн кутулуп келишкен. Кудайдан коркпогондон өзүң корк!

Камчыбек бул балакет кайдан келип жабышканына акылы илишпей, кыркылышкан душманын ойлоп таба албай, бакылоочуларды ким өлтүрүп, ким мунун жерине көмүп, кайра ким өзү айгак болуп отурат — биле албай тунжурады.

Асел айым эки көзүн тизесине басып, өпкө кага солуктап ыйлап отурду.

— Кой, айым,— деп жубатты Камчыбек сүйүктүү зайыбын,— ак ийилет — сынбайт, өзүбүз ак болсок, чоң кудай өзү көрүп тургандыр, неге камтама болгудайбыз?!

Асел айым аны сайын солуктай:

— Бегим ай,— деп, кош өрүм колоң чачын ийнинен ашыра алдына алып, уч жагынан чоё тартып койду эле чач жылбыша эки бөлүнүп, түшүп калды,— муну караңчы...

Чачтын түбү чолтоюп калды.

— Э-эй, эмне болгон сага? — деп жиберди Камчыбек үрпөйө.

Асел айым төшөгүндө бегинин мойнуна асылып жатып, көз жашын көлдөтүп, болуп өткөн окуяны айтты.

Камчыбек:

—Ырас кылыпсың! — деп, ордунан өйдө болуп, отура калды. — Немеңе?! Сени чачыңды кесип таштаса жадынышың керек беле? Ыра-ас кылыпсың!...

Түнү бою толгонду Камчыбек.

Эртең менен эрте Камчыбек энеси Курманжандын алдына саламга барды. Датка айым бүкчүйүп отуруп алып, намаз окуп отурган экен. Тышта бирпас басып турду да, качан энеси бирөөгө сүйлөгөн үнү угулганда үстүнө кирди. Сыңар тизелей калып, кош колдоп колун алып, өөп тоop кылды:

— Эсен турасызбы, эне?..

— Кудайга шүгүр... — деди Курманжан акырын.

Эне бала бирин-бири акмалап, кимиси сөз баштаары билинбей, көпкө дым болуп отуруп калышты.

Бир убакта:

— Сөз уктуңбу, балам, Асел айымдан? — деп сурады Курманжан.

Камчыбек жер тиктеп отурган калыбында башын ийкеди.

— Мага да өзү айтты. Курчтук кылышкан турбайбы балаң кургурлар,— деп, кейиш билгизе башын ийкегиледи Курманжан. —Эми болор иш болуптур, боёгуна каныптыр, кана, эмне дейсиң эми, балам?..

Тигил үйдө эне, тигил үйдө бала түн терметип, ой терметип чыгышкан, ар биринин оюнда өзүнчө келген тыянагы бар болучу, Камчыбек көпкө унчукпай, бир убакта өзүнчө улутунуп алды да:

— Эми, эне, эмне демекчи элем?! — деп, айтар оюна энесин көндүрмөк көөнү менен. — Ырас, болор иш болуптур, кудай алдында, өз абийирибиз алдында эми тана албайбыз, эне. Кармап да бере албайм айымды. «Баягы Алымбек менен Курманжандын баласы өзү эрдемсип эр өлтүрүп алып, койнунда жаткан бечара катынын кармап берген» деп, укумдан-тукумга сөз

калат. Не мүшкүл болсо да мейли, өзүм көтөрдүм, эне, өзүм мойнума алам, эне...

Курманжан бир ууч болуп бүрүшүп, бала кайгысы оңойбу, мүңкүрөп, көпкө унчукпай отуруп калды. Камчыбек дагы тунжурады.

Бир убакта Курманжан канагаттакгансып башын ийкегиледи:

— Эми буга тике кара, өкүнбө, балам! Жүргөн бирөө болсоң «жан алмай», «жан бермей» болуп чырылдаша берсең чырылдаша бермексиң. Сени бек дейт, сага ушул адилеттин ак жолунан башка жол жарашпайт, балам. Туура кыласың!..

Түнү бою ой терметип, эне да, бала да келген тыянагы бир чыкты. Курманжан уулунун бул бүтүмгө айттырбай өзү билип, өзү келгенине, ушуга акылы, кайраты жеткенине астейдил көңүлү жибиди. Уулунун эртеңки тагдыры кыйын. Муну эне жүрөгү сезип, бирок эне кайгысын купуя эне ыраазылыгы, эне мактанычы жеңип, өзүнө ушул төтөк, ушул кайрат болду.

Камчыбек ошол эле күнү кайтып, токтолбой Повало-Шыйковский төрөнүн алдына келди. «Кылмышка аралашкан болсо, анда мени алдады, ошондон нары Кашкарга өтүп кетет» деп ойлонуп калган эле, Камчыбекти көрүп, кадыресе кубана жүз көрүшүп:

— Ну?..— деп, Камчыбектин салыңкы кабагын абайлап, өзгөчө бир кабар болорун сезип, аны күтуп, муруту түктөйуп карай берди Повало-Шыйковский төрө.

— Төрө, Маамытбектерди бошотуң...

«Йе, не деп келжиреп отурат бу?! Коркуткусу барбы?!» деп, кабагы түктөйө:

— Эмне үчүн бошотот экенбиз, билсек болобу, бек? — деп, кытыр сүйлөдү губернатор.

— Мына, мен өзүм келдим, мени камап ал, төрө! Жети атамдан бери эч ким тоспогон көчүмдү токтотуп, бокчомду аңтарып, анысы аз келгенсип, катынымдын чачын кыркып, кордук кылганы үчүн бакылоочуларыңызды мен өлтүргөм.

Повало-Шыйковский төрө элтейип тиктеп калды.

— Ушундай, төрө... — деп, Камчыбек башын ийкей өйдө карай берди.

Не уйку көрбөгөн, не башына түшкөн мүшкүлдү көп ойлонуп ноюган, эки көзү кыпкызыл, эрегиш, тажаал кастык көрүндү Повало-Шыйковский төрөгө. Бу датка айымдын балдарынын ичинен орус акимдерине айрыкча ынак, ар дайым ийкемдүү, ар дайым кепке үйүр, нары да сыпаа, ireңи башка болучу, кылмыш кылган кишидей кейпи көрүчгөн элес.

— Түшүнүп коюңуз, кымбаттуум,—деп, Повало-Шыйковский төрө башын чайкады,— орус закүнүндө бирөөнү бирөөгө алмаштырбайт, ар ким кылган күнөөсү үчүн өзү гана керт башы менен жооп берет. Сиз агаңыз Мамытбектин ордуна кетмек болуп жатасыз. Эмне кереги бар?! Күнөө кылган өзү тарта берсин...

— Чыны ушул, төрө... — деп, көшөрдү Камчыбек.

Ошол күнү Камчыбек камакка алынды. Үч күндөн кийин түрмөчү колу кишенделген Акбалбанды Камчыбектин үстүнө айдап келип киргизди.

— Ой, сиз эмне келдиңиз?! — деп чоочуду Камчыбек. — Мен айткан жок элем го?! Сизге эмне кеп?! Сиз, бар болгону, шилтеген жакка тийген камчы. Ыя, сизде эмне кеп, жарыктык?!

Жаңжалдын башында болгон, кылмыш баары ошонун колу менен иштелген Акбалбан ойлонуп отуруп, өзүн күнөөкөр сезип, «кой, жаш эле, Камчы ак кетпесин, не болсо да башка түшкөнүн өзүм көрөйүн, буйгада калбай бул дүйнөдө эл алдында, тигил дүйнөдө кудай алдында жүзүмдү жарык алып кетейин» деп, губернатор төрөгө өзү келген болучу. Губернатор төрө көк мончоктой эки көзү чакчайып, катуу жини келип, сөөмөйүн кезеп, ага дароо кишен салдырып: «Сен?! Ушул колуң менен а?! Жообун тартасың, сен жырткыч кул! А, бектер бошотулабы жокпу, сен күйүкпөй эле кой ага!» деп, оңураңдап сөгүп, айдоочунун алдына салып берди. Акбалбан унчукпай бурчка келип көчүк басты. Те илгери мунун агасы Абдылла бек менен жүргөн убагында да булардан көңүл калдык деп укпаган. Оогандан Абдылла бектин жүрөгүн алып келгенден кийин ушул Камчыбектин аплына кошулган, Камчыбек аны «сен» дебей, жигит желең катары эмес, жашы улуу ага катары мамиле кылган. Көптү көргөн, кылган жакшы ишине кубанбаган, кетирген катасына өкүнбөгөн эр көкүрөк Акбалбан ушул азыр Камчыбектин туталана кейигенин таназарына алган жок, кайта жеткилең билбей сүйлөй берген боз бала сыятуу аны кага токтотуп коёр дили каткан абалында болучу. Ал өзү эл алдында да, кудай алдында да актык иш деп айткан кебине акимдин караманча көңүл салбай койгонуна

катуу мустарап.

Бир ай чамасы болуп кетти. Өзү келип, кылмыш ишти мойнуна өзү алган Камчыбек түгүл окуяга эч катнашы болбогон инилери менен Маамытбек да камактан бошотулган жок. Күнүгө бир маал катыран суракка алып келишет, бир маал бир кезде Камчыбек өзү аскерге турак болсун деп салдырган бийик кыш коргон ичинде колдорун артына алдырган бойдон нары-бери бастырып сейилдетет.

Бир күнү Камчыбекти бөлүп, Акбалбанды өзүн жалгыз бир абакка камап коюшту. «Бошотушканы калышкан го Камчыны» деп, ниетинде ушундай болуп кетишин астейдил тилек кылып болжоду Акбалбан.

Бир күнү суракка айдап барышты. Тилмеч өзү жалгыз күтүп турган экен. Ireңи жымыңдап, көзүнүн төбөсү менен карап тиктеп, жука эрини кулак түбүнө жеткенче чоюша жылмайып, утурлай каршы алды. Кокустанбы, биле туруп кылган иштенби, иши кылып, оор мүшкүл түштү го башка. Акбалбан ойлонгонду койгон, айдаса айдоого, өлтүрүлсө өлүмгө кайыл. Бул дүйнөдө бүтөрөр иши калбаган сыяктуу, бул дүйнөгө ашык баш сыяктуу бир кетерман сезим башкарып, андан улам көңүлү бир жаңсыл, андан улам кыялы кызуу кишидей шатыра-шатман. Ал алыстан эле жадырап:

— Ассалому алейку-ум,— деп, үн созо салам айтты.

«Йе бу не чакчаят?! Мойнуна сыйыртмак түшүп турса, ыя?!» деп, тиги эртеңки тагдырынын эмне болорун ойлобогон кем акылга боору ачыгансып, башын чайкап койду тилмеч.

Үнүн акырын, жымыйганынан жазбай, жумшактап:

— Кана, не деген адамсың, Акбалбан? — деп, сурак салды тилмеч.

Эмне деп жооп айтарын биле албай, кайра тилмечтин өзүн тиктеп калды Акбалбан. «Не деген адаммын?! Сурактын баарында өзүң ортодо болбодуң беле, билесиң го?!» дегенди туйду тилмеч.

— Нең болгон колуңда?

Бул суроо да түшүнүксүз болуп калды Акбалбанга. «У, маңыроо!» деди ичинен тилмеч, анан акырын:

— Жыйган алтын барбы? — деп, эми ачык айтышка мажбур болуп, көзү кыбыңдап, үнү арбагандай күңкүлдөп, артынан эрди бек кымтыла жооп күтүп мелтейди.

Акбалбан чалкалай керилип, көптөн бери жерден жылбай отуруп уюган далысынын курушун жаза керилип алып, башын чайкады. Ал «жок» дегени эле болучу, а тилмеч андай түшүнгүсү келбей, «айтпаймын дегени» деп, шек санады.

— Неге жок? Ыя, Акбалбан! Көп жортуулда болгонсуң...

Ушул жерде Акбалбан башын ийкеди:

— Э-э, буйруган ишти көргөнбүз, дос! — деп, эрдемсий бир түркүн мактаныч кыла башын ийкеди. — Ордо таламайга эки кошулдум.

— И-и... — деп жиберди тилмеч жадырай.

— Бирак, кереги ташка тийсин ошол алтын дегениңдин, кызыталак, андан да кымбатын алып көргөнбүз! Э-э...

Тилмечтин эки көзү чөөнүкүндөй чекчейип кетти:

— Жакут...

Тула бою чулу Акбалбан лүкүлдөп күлүп, анан:

— Ал эмне? — деп сурап койду. Тилмечтин шагы сына түштү. Андан нары Акбалбан көзүн сүзүп, качанкы бир өткөн окуясын көз алдына келтирип, улутунуп алып, башын чайкады:

— Кудаяр-хандын бир катыны тийип ошондо...

Бу өмүрүнүн бир кызык мерчеми болгон Акбалбан «муну сүрөп кетет» деп ойлогон, көкүрөгүн кере өйдө карап, тилмечтин сүрөбөй эле жука эрини чоюша тартыла, бир жагы «у, катындан көзү каткан айбан» деген мыскыл, жана да итиркейи аралаш келип, тиктеп турганын көрдү.

— Бирак,— деди оозу бошондой,— ал алтындан кымбат асыл дүйнө колума кутайган жок, он беш гана жашта экен, «анам» деп ыйлай бергенинен Шарихандагы авладине жеткирип берип койдум...

«Йе-е, бул адам жабайы ушул мени алаксытып кеткиси келип турат. Карачы, катынга чаргытканын карачы?!.» деп, ниет карайып, кабагын үйрүй ойлонуп кетти тилмеч. А Акбалбан күңкүлдөп, бирде башын чайкап, бирде ийкеп, астейдил өзү айткан окуяга өзү эргип, толкуп кетти:

— Э, түндүгүң түшкөн ордого же бир тектүү, же бир ireңдүү кыз жыйналган эмеспи. Өтө көрктүү, кыргыз менен өзүбектин ортосунан чыккан аргын жан эле, чиркин. Ордого зордук кылып алышкан, быякта наристе көңүлү табышкан кишиси калган окшойт нары да, бир күлө, бир муңкана ырдагыдан болсо байкуштун жанына киши чыдап тура алчу эмес...

Кел, үмүтүм, кечикмегил, кербен башлап,
суу болуп чаң жолуңа себилейнн, көз йашым билан...
Күзөтөйүн, шыпырайын күндө үч убак кара сачым билан...
кел, медерим, туу жайкалтып, ат ойнотуп...

Асте, басмырт коңур үн салып, ушул бир айтым тилек ырды эскерди да, артынан ошол эле кабагы ачык келбетинен жазбай саал улутунуп койду Акбалбан.

Тилмеч муну эсинен ажырап баратабы деп ойлоду. Эси ордунда болсо, минтип эшикте алдынан дар күтүп турган кезинде качанкы бир жылт этип көз алдынан етүп кеткен сулуу катынга кез болгонун бир эрдик кылгансып, сөз кылып отурмакпы?! Жан айласын кылбайбы?! Тилмеч башын чайкады.

— Жан сеники, Акбалбан, ойлонуп бак! — деп эскертти ал. — Мойнуңа сыйыртмак түшүп турат. Бирдемең барбы? Сурагыңды бери ийе тартып, «мында эмне, бегинин буйругун гана аткарган» деп жазып коём — кутуласың өлүмдөн, а көшөрө берсең «бул бир убакта Абдылдабек менен жүргөн эски каракчы, орусту жек көргөнүнөн, өчүгүштөн атайы өлтүргөн» деп жазып коём — бекиткен алтының сага жан болуп бербейт, бекиткен жеринде аркаңда калат. Жан сеники, жакшы ойлонуп бак, мейли... Мага эмне?!.

Ал күнү тилмеч кетип калды. Түнү бою уктай албаган окшойт эртеси эле кайра келди.

— Ну баатыр, айбан болбо, эмне деп жазалы? — деп кыстады. Өз жанынды көздөсөдчү, бекти эмне кылат экенсиң?!

— Ой,—деди Акбалбан,—менин аргымак атымдан, жоон камчымдан бөлөк эчтемем жок. А сыйпалгырың бар болсо ушу сага көп тыталантпай бекер эле кармата берип, кара жаныңды тындырып, өзүм өлүмгө эле кете берет элем, кудай акы!

Акбалбандын сөзүн ичинен экчеп, кабагын абдап байкап, «бу ийнеден да жылаңач малай турбайбы» деп, кыжыры келди. Бир мири тыйынга арзыбай бөөдө кеткен убактьша кейип, артын карабай кайра кетип калды.

Тергөө бүткөн белем, суракка алып барышпай калды. Күнүгө быр убак коргон ичине нары-бери бастырып коюшат. Маамытбек менен кошо камалгандан бир киши көрүнбөйт, «сейилден» көрүшүп калчу Камчыбек, ал да жок. Капилет үн угулуп, короо ичинде суракка алып бараткан убакта капилет жолугушуп, үн алышып, деги бир айыл конушкан сыяктуу бирине-бири эш болуп турушчу. Өзүнчө эле коңултактап, каңгырап ээнсирей, жалгызсырай баштады Акбалбан.

«Ыя, эмне үчүн деп, себеби суралбайт экен го?!..» — дейт ою. Бу сыз жербайда ооналактап жатса да, тизесин кучактап ыңжыңсыз отурса да, эки колу артына кайрыла кишенделип, эки аягы качаган аттай тарыта чидерленип, пенде бою бойлобогон бийик кыш коргон ичинде үңкүйүп баскан кезинде да кетпейт, чидери шалдырттаган өз шарпасын өзүнө угузбайт.

Эми түңүлдү деген тилмеч бир күнү дагы келди. «Эчтемем жок» дегенге караманча ишенбей, «кантип эле бирдемеси болбосун, ба-ар, алдап, өлүмгө баратып да өз жанынан аяп, көшөрүп жатат бу адам жабайы...» деп, дүнүйө азабы жүрөгүн өйүп, күндүзү кынжылып, түнү бою түйшөлүп чыккан. Ызырынып келген, бирок дагы баягы акырьш алдап алмакчы болгон кууракан үмүтү булаңдап Жазгырып, өзүнө байкоосуз жумшарып:

— И-и, баатыр, эс алып отурган экенскң? — деп, саал кер какшык айтып, жымыйып, имере тиктеди. — Куунак ко көңүлүң? А?

— Кудайга шүгүр, деп койду Акбалбан.

Бул киши орус ичинде «биз билебиз го буларды, булар жарым жабайы тайпа, тигиниси менен бу каршы, бунусу менен наркысы каршы» деп, бул элдин ичинде оруступ артынан кылапат айтып, эки жакты бирине-бирин жамандап, биринен сый, чин алып, биринен бир жанкеп алтын өндүрүп, бул кынын кезең мезгилде эки ортодо көр оокат термелеп жүргөн топуксуз бир пенде болучу. Жүйө табыш, эки эл түгүл эки адамдын арасындагы алаканы оңдош, оңго тартыш, жардам, жылуу сөз, данакер болуш сыяктуу азиз сезим анда жок эле.

— Эй, — деди ал,— тергөө бүткөнү калды, эй. Кана, жакшы ойлоп бактыңбы, кана, эмне кылабыз? — Колун чөлмөктөнтө экчеди. — Эй, сенин жаныңмына менин уучумда, эй...

Кеч күзгү жалбырактай сары алаканды бир тиктеп алып, эти жыйрылып, нары жылып койду Акбалбан.

— Эй,— деп, тилмеч дагы жыгыды,— эй, мына, жумсам жаныңды сактап калам, а ачып эле койсом пыр-р учуп,— деди атайы кордош үчүн,— дозокко түшөт да кетет,— деп кошумчалады.

Ындыны куруп, кыйлага үңкүйүп отуруп калды Акбалбан.

— Ну?.. — деп, көшөрө жабышты тилмеч.

— Ырас, менде мүлк бар,— деди бир убакта Акбалбан үшкүрө,— бирак, дос, аны мен сага алып бере албайм, сен ала албайсың, дос.

— И? — деп жиберди тилмеч жилбиси кайнай. — Не ал? Айт, кайда, таап алабыз аны...

— Дос,— деди Акбалбан олуттуу, артынан армандуу улутунуп, дагы тилмеч мелтейип кулагын төшөй калганда башын нйкей кеп улады,— менин жаным пыр-р деп учуп кеткен соң, дос, минген арабаң арыганча жер кыдыр, сура «Акбалбан кандай киши эле?» деп, «кайран эр шилтенген кылычтай, атылган октой шар, күүлөнгөн комуздай көңүлкеш, чала тоют жүрсө да макирөө оокатка эңилип түшпөгөн бир бийик тоонун шумкары эле» деген даңаза уксаң, дос ай, ошол менин балама таштаган түгөнгүс асыл дүнуйөм...

Эки көзү азыр секире чап салчу ач чөөнүн көзүндөй чекирейип:

— Ух, жабайы!.. —деп сөгүп жиберди тилмеч. — Ойнотмоксуң го, маскара этмексиң го?! А-а?!

Аскер көчмө соту Камчыбекти, Акбалбанды асуу аркалуу өлүм жазасына өкүм кылды. Курманжандын Маамытбеги, Баатырбеги, Арстанбеги, небереси Мырзапаяс «биле туруп, жашырып калуу жагын көздөшкөн» деген айып жүктөлүп, ар бири үч жылдан Сибирге сүргүн бет алууга кесилди.

Кеч күздө Ош шаарынын көк таш тоосунун түбүндөгү эски базарга эл кулак тийише толду.

Теребелдегн дарактардын башына суудан качкан уюктуу жылаан сыяктуу киши деген бутагы сайын болуп чыгып кетишкен. Кең базардын кап ортосуна бийик сөөрү курулуп, үстүнө сыйыртмактуу эки дар орнотулган. Кызыл шапке, ак күрмө — көк кытан өңдөнүп көрүнгөн тыкан солдаттар дарды үч тегерете жылчыксыз курчап турат.

Жардаган журт кыбыр эткен кыймылсыз, күңк эткен шоокумсуз, жел дымыгандай дымып, көл тунгандай тунуп турушат. Кай бирөө: «Эми эмне болор экен?..» деп, оозу ачылып, жүрөгү дүкүлдөп, кай бирөө: «О чиркин ай, ушундай да болуп кетеби?!» деп, акылга сыйдыра албай жүрөгү ченсиз сыздап, кай бирөө: «Э-э, кыдыр даарыган Асан бийдин наслинен дөөлөт кетпейт дечү элек ко?! Эми чындап кеткет келген белем буларга?!» деп, мындай туруксуз, бапасыз дүйнөгө таң болуп, маң болуп, кай бирөө: «Кумурсканын оонап турган шарпасын билет деген керээт айым неге бул мүшкүлдү жаздым кетирип алды экен, а? Же бир амал ойлоп койду бекен алигече? Куткарып кала алар бекен кара чечекейин кыл чылбыр сыйыртмактан?..» дейт, дагы эле датка айымдын бир айла табарына ошол дар түбүндө турушуп да үмүт үзө алышпайт.

Бир убакта дарак башында отурган эл чоочуй козголгон топ таранчы чымчыктай дүүлүгүшө: «Тигине... датка айым өзү...» дешип калышты. Кулагы тийишкен көп эл дуулдап карай беришти. Эч ким катуу сүйлөй албайт. Катуу үн чыгаруу каршыккан болуп, аны сайын төрөлөрдүн кыжырына тийбейби, жаза аны сайын оорлошуп кетпейби, ал мелтирөө, мүңкүрөө балким төрөлөрдүн жүрөгүн жылымдатып жүрбөсүн, бир кудай алардын көңүлүнө капилет ыракым салып койбосун?!

Курманжан кош акбоз ат чегилген үлпүнчөктүү араба ичинен колтугунан Повало-Шыйковский төрө өзү сүйөп, жерге түштү. Элдин шыбыры шыбакты шуудураткан майда

желдей желпине жүрүп барып, кайра дымый калды. Курманжан кадимки ак пашанын Ташкенге койгон санжыргалуу төрөлөрүнүн кабыл алуусуна келген сыяктуу башында ак илеки, жакасынан бүт өңүрүн тегереге кундуз кармаган кызыл кымкап тон кийип келди. Сылыктык үчүн төрөгө ооз учунан ыракмат билдирип, ошончо көпчүлүккө өйдө карап бир тиктебей, жарыла салам айткан элге үнсүз баш ийкей баягы жупуну, саал эңкейе баскан сөөдөтүндө жай өттү. Дардын утуру бетмаңдайына эшик төрдөй жерге катар секи коюлган экен, дайыма төргө өтүп келген көнүмүшүнөнбү, же төрөгө атайын дымак көрсөткөнүбү, ортодогу чоң орунга келип отурду.

«Керээт айымдын дагы эле бир билгени бар окшойт?! Ак тилегинин белгиси кылып, акбоз ат чегилген араба менен келди го? Көңүлү да тынч окшойт, кабатыр кейпи көрүнбөйт, же төрө көзүнө мүңкүрөбөйүн, сыр алдырбайын дегениби?...» деп турушту кай бир кыраа ичинен.

Те дарак башынан: «Айдап келе жатышат!..» деген үн жарыша чыгып, дагы кулагы тийишкен көпчүлүк дуу-дуу болуп, күбүр-шыбыр аралап, жапырт толгоно карап калышты.

Колу артына кишенделген, аягы чидерлүү, шылдырттата акырын басышып, мылтыкчан солдаттардын кап ортосунда Камчыбек менен Акбалбан келди.

Күйөрман туушкан белем, ошол тапта кимдир бирөө:

— Ө-ө-ө!.. — деп, өксөп жиберди. — Ө-ө, садага кетейин-ин карааныҥ-да-аи...

Курманжан датка айым үн чыккан жакты жалт карады. Өз баргысы[1] Карасакал бай бышактап турган. Датка айымдын үйрүлө түшкөн кабагын көрүп, ал оозун баса калды, аны ээрчий чур дей түшкөн эл дым болду кайра.

Өлүмгө өкүм кылынган эки кишини дар түбүнө алып чыгышты. Кордук кимди басмырлабайт?! Чач өсүп, сакал иреттелбей кадыресе жүдөп калышкан экен.

Камчыбек кылкылдаган көп элди кыдырата тиктеп, мостоюп турат. Үч кыдырата тиктесе үч жолу Карасакал кыйгачтай ыкшырайып көзүнө учурады. Сырт кейпи оор кайгыны көтөрө албай майышып тургандай, көзү жаштуу, бирак уурту тымызын жымыйгансыйт, жаштуу көзүнүн түпкүрүнөн сөөк өчтүн жашыл оту жылтырагансыйт. «И, өтүп баратасыңбы, бегим, бул байманалуу, бактылуу дүйнөңдөн?!» деген кыбасы канып турган кыязы сезилгенсийт. Көз жашы тууган кайгысы эмес, табасы окшойт. Төрт имерип караса төрт жолу көзүнө көзү кадалды. Камчыбектин жүрөгү солк эте түштү. «Ушул белем айгак?..» деген ой капилет келип согулуп, кайра тиктей берди. Жок, Карасакалдын ыкшырайган көзү түгүл турган жеринде өзү жок, тыгылышкан көпчүлүк элдин аягына жөрмөлөп кирип кеткен белем?! Камчыбек шалдырай түштү. Айгагы ошол болсо да, эми барып жакалаша алмакпы? Карасакал тууганы деле бир топуксуз пенде эмеспи, өзүндөй пендени не алына өктө кылмакчы?! Камчыбек тунжурай түштү.

Акбалбан ирени аккүп, шишиген белем, мурдагысынан а дыдырап толоюн болуп, эрини бопбоз. Жашы барып, буурул болуп калган кишиге абактын сызы сөөгүнө өткөн. Ошол тапта өзүнөн-өзү элире күлүмсүрөй тиктейт.

Шовало-Шыйковский төрө өкүмдү өзү окуп, өкүм аткарылар алдындагы акыркы каалоо сөздөрүн сураган болду.

Өлтүрүлөр алдында эмне сураса, сураганы орундатылат дешет. Эмне сурайт? Эмне деп сурайт? Жадылган жерин айтабы? Жалынабы? Ошондо төрөлөр жибип, өкүмүн өзгөртүп жибереби? Эл жымырай кулак төшөп калышты.

Повало-Шыйковский төрө да ормоюп тиктеп, Курманжан датка айым жер карап отурган калыбында былк этпей мелтиреп күттү.

— Жаныңды сура-а, Камчыбек! — деген кыйкырык чыкты. Эл дуулдап кетти. Сураса сурап көрсө не? Эмне бар жандан артык?!

Бул кыйкырык төбөгө чабылган камчыдай тийди Камчыбекке, «айланды айт эми» деген маани угулду. Ошол замат Карасакалдын жанагы кымырылган кейпи, шыкырайган табалуу көз карашы кайра жанагыдай көз алдына тартыла түштү. Тула бою дүркүрөп, жүрөгүнөн дароо эрегиш дүрт тутанып, чыйралып кетти.

---

[1] Б а р г ы — урук наамы.

— Жок! Сурабайм жан соогат! — деди Камчыбек катуу. — Эмне?! Жан соогат сурагыдай не жаңылык, не уурудук кылып, өлүмгө кетип баратыпмынбы?! Мен көчүмдү тоскон, көч үстүндө ак никелүү катынымдын чачын кескен зомбулук менен жакалашып, укукташып өлүмгө кетип баратам! Өлбөй турган темир өзөк барбы?! Өкүнбөйм, арман кылбайм, билип кал, тууган элим, мен тепселип кирдеген баркымды, бек сөөлөтүмдү каным менен жууп таштап, кетип баратам!

Эл дуу-дуу болуп, түйшөлүп кетти. Курманжан датка айым не уулуна ыраазы, не таң калганы эчтемеге теңегис оор кайгы менен мактаныш сезим кабагынан бирдей көрүнүп, бир элтейип тиктеп алды.

Повало-Шыйковский төрөнүн буйругу боюнча кызыл кийинген желдет сыныртмакты биринчи Камчыбектин мойнуна сала баштады. Тике маңдайга келген өлүм сестентти белем. Камчыбек сууга кокустан түшүп кеткен бала сымак апкаарып, шашып:

— О, элим ай... — деп жиберди үнү кардыга. — О, элим... Мага бересең болсо кечтим, аласаң болсо...

Ушул тапта Курманжан дар жакка ээгин көтөрө жүз буруп, кош бөйрөгүн мыжыга таянып, бүткөн бою калчылдап, кош айтканы болгондой үнсүз башын ийкеп, бирок оозунан бул оор касыреттен такыр башка кеп чыкты:

—Уулум! Кайратыңдан жанба, уулум! Сал сыйыртмакты мойнуңа. Карызыңды төлөрүң жокпу артыңда?! Калдайган калың тууганың турбайбы?! Сал сыйыртмакты мойнуңа. Өлүм алдында майышты дебейби?! Таба кылбайбы душманың?! - деди, ичтен өксөгөндөй үнү калтырап кетти.

Камчыбек башка сөзгө өтө албай калды.

Үч желдет чыгырыкка коюлган чыйрамы катуу ничке жибек арканды белге сала күчүркөнө тартып кетишти. Чыгырык үнү чырылдап, Камчыбектин тула бою середен өйдө дардын кары устунуна дейре көтөрүлө барып, муунуп, буралып, бир убакта жерге күп эте кайра сулап түштү.

Эл чур дей берди. Жибек аркан бир чыйрамы түлөн келип, чырт үзүлүп кеткен экен. Ким билет, не көкө теңир жан соога кылдыбы, не кантсе да бир күйөрман тууган жанагы жулуңдаган тилмечгей көр дүйнө издеген бирөө аркалуу аркандын бир чыйрамын кестиргенби, не болсо да аркан үзүлгөнү үзүлдү. Эми эмне кылмак эп?

— Кайра!—деди Повало-Шыйковскин.

Эл чуркурап, Курманжан ордунан тура калды:

—Кайра тартылбайт! Күнөө бир, жаза бир. Бир күнөөсү үчүн бир мерте тартылды, өлбөй калды — кудай ага жанын соогат кылганы. Болду. Өкүм салты ушундай.

Өлбөй калса «күнөө бир, жаза бир» делинип калып калары орус салтында да бар болучу. Ушундай абал болуп калганын, датка айым ошону кармап арага түшүп турганын төрө тилмечсиз эле туюнду. Бирок, ал антип Камчыбекти өлүмдөн куткарып жибере албайт, анткени мисал катары сөзсүз өлтүрүү туурасында генерал-губернатордон катуу көрсөтмө бар. Ал кабагын үйрүп:

— Кайра! Тез! — деди катуу, датка айымдын аар-жүзүнө карабай, салт жүйөсүнө кулак какпай, кайра каршыга, эрегише.

Шашышып, өзүлөрүн күнөөкөр сезип калышкан желдеттер буйдалышып арканды улап, Камчыбектин да, Акбалбандын да мойнуна сыйыртмак салып жиберишти. Чыгырык чыр-р, чыр-р тартылды. Эл туңгуюк дуулдап, кай бирөө эки көзү чанагына чыгып, кай бирөө жүзүн басып үңкүйдү. Чыр-р, чыр-р тартылды чыгырык дар.

Не бир замандарда не бир чакчарылган генерал төрөлүрдү салт жүйөсүнө, сөз маанисине ийгерип келген даткаайым ошол жерде түркүн тууган, түркүн ичи жаман көпчулүк ичинде көз көрүнөө сынды. Кокустан, капилеттен бир кудай өзү бир карманар аралжы берсе аны жаздым кетирбей айтарын айтып, бирок сөзү арык аттабай, кайта кагуу угуп уулунун жанын өз колунан пыр-р эткирип уча качырып алгандай мустарап болду. Тыякта дар чыгырыктын чырылдаган үнү да, эл арасындагы өксүү, шолоктоо да кулагына кирбей, тиги асылып, узуну чыгып, акырын тенселип туруп калган эки бирдей каралды кайгы боз чалдырган көзүнө бирде экөө, бирде төртө көрнүп, былк эте албай, ырп эте албай нес болду.

Эл чуу тартып, өкүрүп жибериштн.

—Токто! — деп, бир катуу үн салды Курманжан. Токто... — Үнү дирилдеп, кайыккан кишидеи калчылдап кетти. — Экөөнүн тең сөөгүн арабага салып, Мадыга алпаргыла, ариетин кылып аласыңар ошол жерде. Кыҥ дебе азыр бириҥ да...

Эл дым болуп калды.

Курманжан жөнөп, тиги бирдеме көңүл айтмакчы болгонсуган Понало-Шыйковский төрөгө токтолбой, каршыга жүзүн үйруп, нары кимдир бирөө аза белгиси окшогон чымкый кара бээни алдына тарта бергенде унчукпай минди да, коштогоп кишилеринин алдына түшкөн бойдон артын каранбай жүрүп кетти...

II

О, илгери 1860-жылдын боз кыроолуу күзү болучу.

Ташкен беги Канаат-ша он беш миҥ ашуун аскер баштап, Сары өзөн Чүй боорун этегинен түрө каптап келди.

Түнү аяз, боз кыроо, таҥ эрте менен баш аягына көз жетпеген керилген өзөн күмүш чапкан сыңары көгүлтүр акчыл түрлөнүп, ар кай жери жылтырап, бирткелеп кыроо эриген сайын көздүн жашындай мөлтүлдөп тамып, сарыгып, жер нымыгьш, жер бети алтындай саргаймактап күн жылымдаган ченде көзгө илеше илешпей булаңгыр чырым көк буу көтөрүлүп, ава да мемиреп, бир түркүн кеңирсий дымып турат. Саз, сай жээктей арасына тобу менен төө кирип кетсе табылбагандай шыкала өскөн кара камыш, миҥ түрлүү чөп чайлаган, калыҥ чий те алыстан ак каймалдын чуудасындай үлпүлдөйт. Коён сеоңдеп, бир тартым жалын болуп чубала кызыл кыргоол учуп, түркүн куш үн алышып, тири маглугу бейпил. Суу жакасында кыштоо аз, кышкысын беди ачык жалаҥ жер сыдырым суук, кези менеп сөөктөн өткөп карандай шамал, адам тугул малга да катаал болуп, көбүнчэ жер уун билген эл ылымта кууп, жайы салкын, кышы жылуу тоо койнуна ыктайт. Жаңы келген жат көзүнө бу кен өлкө ыңгырап бош калгандай көрүнөт да, те көк тирегеп улуу тоо башы ак кар көк муз, берки булуңгур адырмак өтөгү боз чаңгыл туман өзгөгө тунгуюк сырым, эзелки дымагын, кубатын тымызын катып, өзгөчө бир сүр, айбат сездирет.

Кеҥ Сары өзөн Чүйдүн бейпил коңур күзүн каптап келген көп кошундун дүбүртү сестентти.

Канаат-ша те Оулия-Ата шаарына келгендс эле алдын-ала атайын чабарман чаптырып, бу Сары өзөн Чүй боорун мекендеген кыргыз кыпчак бийлерине казанынын максатын айтып, «эртеңки орус менен бетме-бетинде көмөк болуш үчүн элден каракелтек жыйнап, алдынан тосо чыгып, кол куушуруп туруштарын» катуу буйрук кылып, кушкат жиберген. Тосуп чыккан бирөө да, жооп да болбой кокон ордосунун манчыркаган дымактуу аскер башчысы кабагын үйрүйт.

Чүйдөн төмөнкү бөксө тоолордун наркы-берки бетин жайлаган, кыштоологон кыргыз казак төрөлөрү тосуп алышты.

Жылуу оорун, жумшак кеп, сый даам үстүндө да Канаат-ша көп ийиге койгон жок. Мунусу тышынан төрөлөргө да сес, ичтен кыргыз кыпчак бийлеринин али кабарсыз болуп турушун жамандыкка жооруп, кекеничи күчөйүп, өзү да кылар катыран жазасын көңүлүнө камдап, өзүнчө асте күрсүнөт.

«Йе, бир алла өзү бул жоо бетинде шери азирети Алинин ыкыбалын берип салса, жакынкы Үч-Алматы аймагын, андан нары Арал боюн, Ак-Мечит чебин бошотуп кайткыдан болсок, а мына ошондо бул өлкөгө көп күн өргүп, тамаша сайран куруп, ыйык гази[1] атанган бир өзүмө гаиа эмес, жамы аскерге «кыз таламай» салтына жол берип, тон моюн кыргыз кыпчакты кызыл кереге кылып чаап өтсө азирети хан чеки демекпи?! Бул өзү нары кетсе адил жаза, бери кетсе шарият ирежесине ыкрар[2] этиш, ордо өкүмүнө тескеш гана болбойбу?! Ким арачаламакчы?!» деген ойдо.

---

[1] Г а з и — газы, дин үчүн күрөшкөн эр.

[2] Ы к р а р — баш ийүү, көнүү.

* * *

Жыламышын түзүнө атайын он эки канат жумурткалай ак өргөө көтөрүлгөн.

Бир жагы бул элге тууган, бир жагы ордонун аталыгы болуп эсептелген кадырлуу да, оозунда эми, кабагында сүрү бар датка мейманды жандай турган жергилик бийлер, кидирбей кызматына жүрө турган сыйда, элпек адамдар иргелип чогулушкан.

Өргөө жылчыксыз калы килем каланып, кийиз, шырдак төшөлүп, төрүнө аюу талпак, ошол жылдагы эрте келген күздүн ырайына жараша жылууланган. Күнүгө биртке арчадан от жагып, түнкү сыдырым аяздын тумшугу сындырылып, адамзат байырлашка ылымта кылынган.

Өргөө ээсп Жангарач бий байбичеси экөө түндөсү келип түнөп, күндүзү караан көрсөтүп, ак тонун күпүйтө эшигинде басып турат. Жер таза болсун деп, үйлөрдүн жакабелине бейчеки мал жолоттурбайт, ат байлаттырбайт. Сөз учунбасын үчүн, ар түркун айыңдан какас болуш үчүн бөтөн киши башбактырбайт. Мунусу келе турган кадырлуу мейманынын да, күтүнгөн өзүнүн да аброюн аны төрт көздөп караган каралай көз журт көзүнө көтөрмөк. Журт агасы саналган Жангарач бий өзү ушунчалык күтүнгөн соң бийлер түгүл караламан журт да дүүлүккөн.

Тиги көчкөн уюктуу аарыдай түтөгөн көп сарбазын баштап Ташкенден келип, кабагын үйрүп, сыртын салып, ошонусу менен болор катуу мамилесин сездирип, алдына тизе бүгө кол куушурган кошоматты, эзелкидей сулуу кыз, кулук ат, тай туяк жамбы тартуу талап кылып жаткан Канаат-шага теңдешер, бул элге арачы түшөр кадыр, күч мына ошол Алымбек датка гана болуп турганы аяр Жангарач бийдин өзүнө да, жамы журтка да дайын.

Үч күндөн соң Карабалта ашып, наркы Куртка, Кетмен-Төбө чептериндеги кокон аскерлерин кошо алып, башы-аягы он эки миң кошун баштап, Алымбек датка Сары өзөн Чүй бооруна ашты. Элет мыктылары ашуудан тосушту. Өргөө ээси баарынан жашы улуу Жангарач бий өз эшигинен күтүп алды.

Керней тартылып, теребел бир түркүн чуу шаңга толуп, мындайды эзели укпаган үйүрлүү жылкы үркүп, калың эл таң калып, казганаттап жарданды.

Кучак жая, жан тууган салтын өтөп, төшкө төш тийгизе кучакташып көрүштү Жангарач бий, астейдил кубанып алган:

Кел, журт агасы, кел төргө... — деди.

Алымбек узун бойлуу, арык чырай, ireңи кара сур, кашы керилген, кишини мелтейип тик карашынан өз баасын билгени, өз дымагы сезилген, сыйда чертилген чокчо сакал-муруту эми гана бирин-серин буурул кыл аралаган, мырза сөөлөт адам экен. Өз уруусу адигине атпай, амири астындагы бүт Анжиян багытында жашы кичүү да, жашы улуу да бирдей тегиз аны «журт агасы датка ата» дешет. Бирөөнүн жакынсыганы ага көнүмүш, жакшы сөзүнө бышы кулак. Чүчтөдөй ак сакалдуу жүзүнөн жадырап ырайым гана төгүлгөн Жангарач бийдин кучак жайганына датка бетинен түшө да койбой, бой да көтөрбөй сыпаа ийкем тутунуп көрүштү. Кең өргөө төрүнө кашкары килем үстүнө жая салынган аардуу шайы төшөккө өтүп, ийнинде жаннат ичиги желбегей, кайруусу кере карыш акчыл сур кундуз кызыл бөркүн албай, али бирдемеге ык, мамиле сездирбей, бул элдин теспенин ташындай улуулата бирден жыла кире салам айтышкан жакшыларына акырын баш ийкей алик алып, бирок баарын сыдыра тиктеп, серп салып олтурду.

Төбөсү түндүк тиреген, отурса бир улага бүт толуп, нылдай кара сакалы бир кучак, даңкы ага алыстан угулган баатыр Байтик сөөлөтү өзгөчө. Байтик жашы улуу өз агасы Жангарачтан, кадырлуу Жантайдан оозунбайт, кут этпей сөзгө ирет, маани берип гана былк этпейт. Бирок, кыраакы ордо адамы бу нары меймандос, нары тууганчыл аксакалдарга караганда баатырдын тымпыйышында чие түйүн турганын, акыры келип, айтылар сөз да, бүтүшөр бүтүм да ушунда экенин баамдады.

Салт билги Жангарач бий кадырлуу датка тууганынын урматын аны сайын көтөрүп, те Кокондун өзүнө угулсун, ичи жакшы тууганга сүйүнүч, ичи арам душманга күйүнүч болсун кылып, ырымдап, тиги эле өкүмдарлардын өзүнө кылынчу урмат белгиси акбоз бээ чалдырып, колунда эмне бар болсо ошонун баарын төгүп, жайнатып, ага кошумча астейдил жадырап кубанып, жүрөгүн ачып, өлчөмсүз ыклас менен тосту.

Көп кошун кече күнү эле келери менен кош жаюуга даткадан буйрук болору замат ар бир паңсат өзүлөрүнчө үйрүлө төмөн түзгө тарта жамырата жеңил чатырларын тигип, аттарын кашекке коюп, куурай, тезектен от жандырып, жылым оокатына кам көрүп, өргүп калышты. Жангарач бий көтөрткөн он боз үйдүн сегизине датканын өнкөй аскер саркерлери бештен бөлүнүштү. Калган эки боз үйгө элет бийлери ыркташты.

Өргөө эшигине куралдуу эки күзөтчү түнү бою тик туруп, эртең менен гана башка эки күзөтчү келип, күзөт машты Үй-бийлик салтын өтөп, элет бийлери орундан так эрте турушкан. Күзөттү көрүшүп, али тымтырс турган өргөө жакка аста серп салышып, бирок ар ким адеби менен адам эмеспи, унчукпай, акырын кыбырашып, өз конок үптөрүнүн эшигинде өзүлөрүнчө ой жоорушат «Йе, бирдемесин ууру алмакпы?!» дейт кай бири. Кай бири: «Тартиби ушу го...» деп, макул болуп, бирок бул саксынган тартиптин нары жагында ишенбөө жашырынып турганын купуя болжойт.

Күн чыгыш кызарып келатты. Ким ойготот, Элет бийлери бирин-бири акмалап, тымызын суроолуу тиктешип, ар бири өзүнчө тунжурап турушту.

Жангарач бий акыры тамагын кыра жөтөлгөн болуп, өргөө эшигине келди да, ичкери кирмекчи болуп басты. Ынды окшойт экөөбү тең, ireңдери жылтыр кара, көздөрүнүн агы кызгылт сары тарткан үрөйү чоочун кишилер экен, күзөтчүлөр кылычтарын кайчылаштыра Жангарач бийдин алдын тосуп калышты. Бул эмнеси?! Ыя, бул эмне, өз өргөөсүнө өзүн киргизбейт?! Жангарач бий кабагыи чытып, эрдин кымтып, күзөтчүнүн бирин кадала тиктеп: — Эй, кара кул, сен немене, мени тааныбай турасыңбы? Же... — деди бушута. — Ыя-а?..

Ичкериден шак алакан урулганы угулуп, мелтейген кара күзөтчү леп өргөөгө кирип, кайра эле дароо чыкты да, тнбөсү менен тик сайылып, Жангарач бийге жол бошото таазим кылды.

Эрте туруп, дааратын алып, намазын окуп, төшөккө жатпаган сыяктуу кечеги сөөлөтүнөн бузулбай Алымбек датка төрдө отурган. Ireңи дагы жымсалдана алагар көзү толуп, көп күндөн берки ат үстүндө келген жол азабынан биртке тыныга калган. Жангарач бий салам айта электе эле:

— Келиңиз, бий... — деп, бийдин босогодо эле саал кирдей түшкөн кабагын бир чаргый тиктеп, тизе кага ордунан копшолгон боло берди.

Жангарач бий салам айтып, кол алышып көрүшүп, датка тууганынын ийкемине дароо ичи жылып, кабагынын кири дароо күбүлүп:

—Э, козголбоңуз... отура бериңиз, отура бериңиз...— деди сылык сыяпатка сыяпат кеп уруп, анан өзү: — Кандай, жакшы жатып, жай турдуңарбы?.. — деп, жылуу жүз, астеидил ыклас менен сурап, бери жагына коомай көчүк асты да, эми датка жактан мындан наркы не кыларга ооз пикир аярлап, бирпас унчукпай калды.

— Бий, не жаңылык бар? — деди Алымбек датка, бийдин кабагын кайта тиктей.

— Кудайга шүгүр, тынччылык,— деди Жангарач бий.

Бу бейбапа дүйнөнүн улагасы менен төрүнө, башталышы менен акырына өз ою, өз кайгысы бар, эгер ошонун айтканы менен оңолсо, ошонун колунан келгени менен бүтсө ал каралай көз калың журттун кабак түрүнө, мүдөөсүнө гана, журттун жалпы пайдасына гана жүрүү жагын көздөп, эми минтип сакалы куудай болгон чагында бир элге чоңсунуу эмес, бир кишиге акарат кылуу эмес, жыланга кол көтөрбөй турган санаага келген чагы. Бойлуу эти арык, куш мурун, бүркүттөй кабак үйрүп тиктеген тик көз, бирок бекер сөз оозунан чыкпаган адам экен. Элге алынып, «укурук моюн, узун акыл» атанганы Жангарач бий көр дүйнөгө да, бийликке да токмейде болгон. Мына, атчан турган киши менен бою тең, дайыма каары, катуулугу түктөйүп үрөйүнөн чыгып жүргөн, бир жагынан тил билги, ачык кол сала кирбесе да, астыртан эл ичинде барк талашып чыккан токолдун жулунган баатыр уулу Байтиктин ишиндеги ыгына, сөзүндөгү жүйөсүнө акырындап көнө баштаган эле.

Бүт солто уругунун жакшысын жанга тарта ийрүү, жаманына кабак түйө катаал камчы үйрүү ошол тапта эле «каранын каны» атанып калган Байтикке өтүп калган. Ошол эрте мененки жеңил сый дасторкон убагында Алымбек датканын үстүнө иргелген баягы элет бийлери чогулушту. Үй ээси эмеспи, баарынан жашы улуу болсо да Жангарач бий өзү сол капшыт этегине отурду.

Кол беришип учурашкан соң Байтик босого ченге кайра кетип, өргөө ичин те түндүктөн бир имере тиктеп, анан алдында үңкуйүп от ичкериштирип жагып отурган малайды акырын көчүккө бутунун учу меиен түртүп, ал карай бергенде көзүн шилтеп, тышка чыгарып жиберди. Керегеде кулак бар, кеп айтмак болсоң ырак бар, сырдашканын көбөйсө, эртең тышыңа жаяр ооз табылар! Мунун баарын көз жаздым кылбай байкап турган Алымбек датка Байтиктин көзү көзүнө учурай түшкөндө «туура кылдын», деп, тымызын башын ийкеп, бу дөө чалыш адамда айбат гана эмес, аяр акыл да бар экенине тен берди. А Шабдан жылдызы жылуу, кимди да болсо имере сынай тымызын тиктей билген, өзү чакан, арык чырай, сыпаа жигит агасы экен. Өз адеби менен, өзүн көзгө түшүрүшкө эч умтулбай, кайта кымырылып, бирок бар ынтаасы азыр ортого түшөр сөздө болуп, бир нече мертебе же таң калганы, же аңдыганы, жанагы жагымдуу жымыйган үрөйүндө датканы акмалап отурат. Түзү ийгидеп түңүлбө! Алымбек датка али бир ооз сөз алышпай отуруп, бул адамга мээси түшүп, ичи жылып калды.

Жангарач бий астелеп кыргыз кыпчактын оңу эзелтен боло келген биримдиги, жана да башка журт менен кылган алакасы, тамыр-сөөк байланышы жагында жылдырып кеп тегин алыстан, тооруп баштап отурду. Ким билет ичине кирип чыкпаган соң?! Не дейт, датка эгизиңдин түгөйү болгон күндө да, өзү ордонун экисинин бири, анан төргө отургузуп алып, жаакка тартканда кылып күнө ордосун жамандап кирсең чоочуп чыгып ттап кетиши ыктымал эмеспи?! Сөзмөр бии деги атайын эмес сөз арасында эле кыстаргансып, а түгүл бир буун жакын тууган ынтымаксыз бийлерине каймана кылып отургансып, жылымдап кеп салып отурду.

Тиги эки жагына теңташталган куш жаздыкка чыканактабай, тизе бүккөндөн бери мандаш бузбай, туурдагы куштан бетер чукчуюп, эрдин бек кымтыган бойдон дит коюп, ээгин саал көтөрө ормоюп тиктеп, Алымбек датка бир да жолу сөзүн бузбады, же кубаттоо, же жаратпоо сездирбей бир кунунда мелтейип, сөз акырын күткөнсүп тиш ачпады.

«Э-э, бу да соо болбой калган экен го ордосунун шум ооруусунан?! Сөз, же сөзгө болгон бир пейил карматкысы жок турбайбы мунун да?!» деп, баамчыл Жангарач бий астейдил таң калды. «И-и, бул өйдөсүнгөнү эмеспи?!» деп, тууганына өктө да ойлоп, таарынып, акырында чочулап, сөз маанисинен чалыштап, андан нары көңүл түпкүрүнөн жатыркоо сезим ойгонгонсуйт. Фарси үйүтүн тутунган, деги шайыдай үлбүрөй шарият жобосунан сөөм жылбай турган окшогон ордо адамдарына эч качан аралашпаган. Бүгүн бир табактан даам сызып, мээрлешип сүйлөшүп, а эртеси турмуш өзүнө карама-каршы койсо бирин-бири жымыя отуруп желдеттин алдына салып бере беришкен мүнөзүн алыстан уккан. «Пай-пай, жаман ниетин кантип жашырып отура алышат а?! Кечеги эле жанаша жүргөн үрөиү жакшы бурадарын кантип кара көзүн жалдыратып жайнатып туруп, өлүмгө кыйышат а?!» деп, астейдил эти үрккөн адам. Бу коңшулаш кыргыз казак төрөлөрүнүн аңкылдашып айтышкан ачык кармашы, бирин-бири жаман сөзгө, доого жыгышканы, кези келсе ачык эле көк союлга кирип карсылдата сабашып алып тынганы — дегиси элет адамыньш байыркы кезден касы менен да, досу менен да тике бетме-бет келген эр көкүрөк жосуну бийдин дилинде жогору.

Жангарач бий ошол таптагы датканын ордодогу балынан кабардар болчу. Мала-хан “датка ага” дейт. Бирок, кийинки айларда «датка агасын» баягы «улук вазир» деген куру шардан наамы менен коюп, ордонун ойлугунан тышкары калтырып дегиси мындан биротоло кутулуп алгысы эле келип. Алымбек датка качан болсо шилтеген жагын жарып түшө турган жалаң өз кыргыз кыпчагынан тандамал жан күйөр кошунун жигит бузбай багып келе жатат. Хан ар бирине казынадан алейне пул төлөп, ордо аскерин бөтөн элден көбөйүп, мерчемдүү шаарларга ошондой эле кара башына дүнүйө гана термелип жүргөн бөтөн адамдардан бек коё баштады. Ушул эле перс Канаат-ша – Ташкен беги, теги арап Шатман кожо - Түркстан беги, бадахшан калчасы Расматулла – мына кишилердин таасирин, беделин пастатуу болуучу. “Мейли куйтуңдап көрсүн! Тыякта ордо үч араан, биякта орус элди күндө колдон талашып турган чакта бу куйтуңдашы өз башын жейт. Кана, ар кимисин бир кучактап, үч жаатты дагы мен ийгерип тууганды гымды ортого көлдөлөң коюп, дагы мен кайра кошом. Ыя, а мен бөлүнсөм мени ага ким ийгерип, ким кайра кошуп бере алмакчы?!” дейт дымактуу Алымбек датка, азирет ханын көз көрүнөө тоотпойт.

Жангарач бий үн көтөрбөй, кыжырланбай, демикпей, жайма-жай маани тереңдетти:

— Те илгери Каркыра ашып, Текестин калмагы үч каптады – анда калка болгон жок ордобуз. Кийин орус менен кагышып, аргас түгөнгөн соң кыпчакты элкин тоодон сүрүп, жер бошотуп алам” деп, Кененсары бир каптады – мына көмөк болгон жок ордобуз. Э –э, кечеги ишти айталы, не таршыганыбыз, не кедерибизге кеткенибиз, иши кылып, өз ичибизден иригенибизде Кылжырдын эки баласын койкойлоп акыл маслахат кылгандын ордуна алдыртан аны сайын кычаштырып, аны сайын өчүктүрүп, жаңжалды аны сайын ырбатты ыйык ордобуз...

Алымбек датка эрдин бек кымтыган бойдон, алагар көзү чоң ачыла элтейип, башын акырын ийкеп, унчукпай тыңдап отурду. “Ушуну айтышмак! Баары ырас. Ишенип, мени туугансып айтып отурушат...” деп, айтылган өктө акыйкатына да тең берип, өзү да көңүлү жибип отурду.

Билермандардын бири:

—Э-э, не жоругун айтып түгөтөсүң, бий? – деп, коштоп сөз кошту — Эми келип, өзүлөрүнөн башканын бааайбансынтып, «кошун жыйна, дин мусулман жерин тазалайбыз каапырдан» деп, дагы журтчулук парызыбызга такап турганын кантесиз?! Ошол «каапыр» деген орус келип калыстыкка түштү го, «кырылышпа, бир ал» деп, табыштырып кетти го?!

Жангарач бий:

—Мына бу Канаат-ша кызылбашын Ташкенге бек койгонунан бери кысымы дагы күчөйүп барат. Ушу биз тараптагы чептердин бардыгы Канаат-шанын амирине карап калган дейт, азирет хан буга айрыкча эрк берип койгон дейт. Канча салык салам десе салат экен, бирөө менен жарашам десе жарашат экен, бирөө менен урушам десе урушат экен. Быякка чыгарында ушу отурган биилердин баарына атайын кушкат жибериптир, «кошун жыигыла, ыйык казатка чыккыла» дептир. Биз али орустун амирине моюн сунуп кала элекпиз, бирак, кече ыйык ордобуз келбеген калыстыкка түшүп, ичибизди тыныштырып койгон оруска не деп курал көтөрмөкпүз? А макул, Канаат-ша орусту бекеттен кетирип жиберсин, анда бизге кандай түркүн күн туулмак? Канаат-ша кайрылып Ташкенге өтөр жолунда бизди майкандап тепсемекчи...

Бул датканын баасы, ордодогу салмагы жөнүидө кеп болгондо бүт Анжиян журту оозун караганы баарыга дайын, бу кут жактагы тоолук кыргыз кыпчак дайыма эстелип, булардын деми датканын пайдасына эсептелип жүргөн. Бирок, Алымбек датка өз вилаятында[1] талаштартышка көп элек болуп, нары да жер обочо болгон соң булардын тирилигине аралаша албай, сыртынан өзү да бел тутканы менен, оңдуу сырдана эмес болучу. Өз колу менен таажы кийгизген селсаяк Мала жерий баштаган чакта жалпы кыргыз кыпчактын биримдиги ал үчүн зарыл болуп турган. Эгер Канаат-ша чын эле орусту Ак-Мечит жеринен сүрүп кайтчу болсо ордо көзүнө да, журт көзүнө да Мала-хандын аброю асманга чыкмак. Ыгы келе калганда бу кыргыз кыпчакты «кызыл кереге, кыз талоо» кылып чаап, түбүндө келип Алымбек датканын бир таянган бийик тоосун уратышмак, бир дөңкөйгөн бакубат белин бүктөшмөк. Муну Алымбек датка да жаздым кетирмекпи?! Ал дагы «каапыр менен кармашуу» дегенди бетине тута Мала-хан менен жооптошуп, өз кошунун баштап, жолдон Куртка, Кетмен-Төбө чептериндеги сыпайларды кошо алып, кыргыз кыпчакка карата болгон арам ойго атайы бөгөт болом деген жашырын эрегиш менен келген. Мына ушундай күн ашкан сайын абал оорлошуп, күн ашкан сайын жалган көшөгөнү сыйрый тике маңдай өлөрчө кармашуу жакындашып калган мезгилде булардын ордого болгон ачык кинээси Алымбек датканын көңүлүнө жакты. Ордонун бейбаштарынан коруп ала турган болсо бул эл ага ар кандай заман селинде ноюбаган кубат, майышпаган бел болуп беренде бекем ишенди.

— Жо, кадырыңар жам болсун, бийлер, эми жалгыз аяк Канаат-ша эмес, ханыбыздын өзүнө да тепсетпейбиз! — деди Алымбек датка.

«Ырakмат!» «Тууган деген ушул эмеспи?!» «Бир кудай өмүрүңүздү узак кылсын!» Бийлер дуулдап кетишти.

— Түзүк, тепсетпейбиз дегениңиз түзүк,— деди Жангарач бий,— бирок, «хан» деп көтөрүлгөн соң хандын өкүмү жүрөт, ошон үчүн ханга акыл да, ал да жете турган болгон соң,

[1] В и л а я т — бир суу эл, область.

бирөөнү «хан» деп, аны ичинде сыйлабасаң да, «азирет» деп, кол куушуруп, жалган эле жылмаңдап отуруштун, датка, не кажаты бар?

Баары мостоюп, мелтиреп отуруп, сөз акырын күтушту. .

— Кажаты жок,— деди өзү Жангарач бий,— өзүбүздөн хан, өзүбүздөн азирет кылсак болбойбу? Куп болот! А ордо эгеси өзүң болсоң гана тепсетпейсиң, өзүң болбогон соң «тепсетпейбиз» деген куру кайрат, куру дем бойдон кала берет.

Баары кут этишпей, бул сөзгө бир ооз экени сезилип, бийлер мелтиреп калышты. Алымбек датка алдыртан сыдырып тиктеп, бул астейдил ой-санаа экенин туюнду. Бирок, оозуна сөз кирбей, тиги ордодогу экөбүнүн бири айгак болгон шарты сак кылган адам көңүлү балкылдап кеткенин сыртына чыгара албай ирени гана тамылжып, бир эси чыккандай элейтип, огуруп калды.

— Нүзүп бий не тапкан?! Мусулманкул миңбашы не болгон?! Өзүнөн хан көтөрүлмөйүнчө кыргыз кыпчактын көрөр күнү ошол. Ар кимиси ар жерде ар кимге таламай болуп кала берет. Мына ушуну ойлонуш ылазым, датка. Болбосо, биздин эл кечет бу жаман төөнүн жабуундай боло албаган ордодон!—деди Жангарач бий томсоруп.

Кечип кайда барышат?! «Орустун карамагына өтүп кетебиз» деген маани туюп, Алымбек датка чоочуп калды.

— Э-э, кечип кайда бармакпыз?! — деп, жаяптай кеп урду Алымбек датка. — Битке өчөшүп, жалгыз тонубузду отко салганыбыз туура боло койбос. А көрө, жети өлчөп бир кес дегендей, башка бир аргасын издеген ылазым го, Жаке.

Өз өздөй сырдашуу уланды.

Бу кыргыз кыпчак журту те байыртан эки канат болуп биригип келген. «Он», «сол» делинет. Оң — адигине, тагай, моңгул, отуз уул, ичкилик; сол — кушчу, мундуз, саруу, басыз, кутай, он уул кыпчак. Мындай «оң», «сол» болуп кайра тбиригиш бул элге өзүнүн алыскы теги оңгар менен соңгар эрежеминен кала келе жаткан салт. Оң –оң, сол – сол, кар – кары, кол. Тышкаргы журтка оңгар – гунн же жунгар, сонгар – зюнгар же жунгар делинип тараган.

Теги бир уруулар бир заманда кыргыз, бир заманда онгол бир заманда түрк, бир заманда токсон боолуу өзүбек курамына кирип, андан соңгу кылым арасында кыргыз кыпчак, өзүбек, кыргыз казак болуп бутактаган. Кийин кокон ордосу куралган кезде кут жагы Арал, күн чыгыш жагы Кашкар, күн жүрүш жагы Бадахшан аймагындагы отурук кылган өзүбек, тоо таяна жашаган кыргыз кыпчак, чөл талаа жакалаган кыргыз казак баш койгон. Бирок, ордо өкүмдарлары ар дайым ошол кол алдына бириккен үч тайпа журттан эмес, «ата мурасы» эске алынып, бул эски жобо шарият эрежесине да ылайыкталып, качанкы бир кезде жок болуп кеткен «хан тукумунан» табылып, көтөрүлгөн. Эң оболу бир тайпанын күчү менен көтөрүлгөн хан ошол тайпанын гана мүдөөсүн көздөп отура албаган, үч жакка чойгон үч жааттын ортосунда аргасыз жылмаңдаган күн карамага айланып, же бул үч тайпа журтка бирдей кам керүш, үчөөнү кайра ыкташтырар акыл, калыс саясат, баарына тең бир улуттук тымызын тукурмай, бирине-бирин кагыштырмай, алсыратмай, ошону менен өзүнүн амандыгын сактаган оңой, бирок макирөө жолго өтө беришкен. Үч тайпага тең түшүнүксүз фарсиче иш кагаз жүргүзүп, колунан келгени фарсиче казал да жазып, ордосунда өзү башкарган журтка бөтөн маданият тутунушкан. Тагдыр чечүү, бүтүм бүтүрүү кездеринде үч тайпанын тең байыркыдан келген салтын, адатын эске албай, ага атайын негиздебей, атайын ислам шарияты боюнча эреже карманып, дайыма эле ислам эрежеси да туруктуу болунбай, көп учурда салттан Да, шарияттан да тышкары өз башына кандай пикир келе калса ошондой ойлук кыла беришкен. Демек, Кокон ордосу кол алдындагы үч тайпа журттун биринин да улутук мүдөөсүн, өнүгүүсүн көздөбөгөн өзгөчө бир бөтөн сымак акимчилик, мамлекет катары эскирген, тарки кеткен байыркы амир Темир улусуңун кеткетинен[1] бытыраган, майда, ырксыз, алсыз акыркы көйүндө калган сары жур? болгон.

Жыл өтө берген сайын бу бир кезде түбү, теги, тили бир журт өзгөрүлүп, күнүмдүк тирилиги, күткөн мүлкү, урунган буюму бөлөктөнүп, ажырымдалып, ар бири өз алдынча

[1] К е т к е т — уроо, жакшылык мезгилдин кетиши.

бирткелеп болсо да өнүгүп, өзүнчө улут түркүмүнө айланып, эми өзүнчө улут мүдөөсү, улут биримдиги зарыл мезгилге келип такалган. Өзгөчө өз алынча эр көкүрөк, оңойлук менен бирөөгө баш уруна койбогон, рухунда кайберен сыяктуу элкин тоолук кыргыз кыпчак тайпасы бир кооганын ичинен чыгары анык. Саал илгери эптеп өз ичи арасынан мураскор таба коюп, ордонун бийлигиң басып алуу көздөлсө, мына бул учурда, ак паша абайлап — бир колу Хазар көлү жактан, бир колу Шыбыр жактан сунулуп, акырындап капшырып, Ак-Мечит, Капал чептерин алып, андан бери бу Ысык-Көл, Сары өзөн Чүй боюна дейре таасир өткөзө баштаган учурда кыргыз кыпчак шарттан утмак — көптөн көксөгөн «ордону колго алуу» ишин биротоло түбүнө жетмек, же чыры башынан түгөнбөгөн кан ордодон кечип, орустун аркасы менен өзүнчө өз ордосун көтөрүп калмак табында турган.

Үч күн бою ак жаан болуп, ошол 1860-жылдын 15-октябрь күнү тушардан чыгара карлап басылды.

Бул жерде туулуп өскөн адамга бул көнүмүш нерсе ава ырайынын ар кандай кубулушуна камдуу болушат, а жылуу Ташкен айланасынан чогулган, нары да жай мезгилки жеңил кийимин алмаштыра элек кошунга күтүлбөгөн катуу жапа болуп калды. Ылдыраган жука чатырларынан токтолбой жамгыр эленип, көчүк басар кургак орун калбай, өтмө катарынан өтүп, сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүшүп, ак жаандан соңку чыкыроонго көк тумшук болуп тоңушуп, тынымсыз бир беткей ырылдап жүрүп турган шамалга өпкөлөрүн кактырып, алды көз көрүнөө ич ооруурга чалдыгып, сасыган токулга жамына бүк түшүп жыгыла башташты. Ээрге тартынган талпагын ичине ороп таңынып алып, биртике селтапкыч кылган курама[1] баягы күнү эле кабатынан кымкап кие буластаган сарт бурадарынын ийрейип ичөткөк болуп жатканын көргөндө: «Э, айланайын ай касиетиңден, артык турбайбы тогуз катар тонуңдан токтучагым терисн?» деп тообасы оозунан түшпөйт. А тоңгон сарт: «Э-э, ушул айлар дагы ушундай алаамат суук болчу беле, бу бир мүшкүл күдайдын өзү жиберген, көрөсүңө-өр, бул казат онго жүрбөйт...» деп, коркунучтуу кеп уруп, көпчүлүктүн аңы уча баштады.

Сары өзөндө туугандарынын жылуу үйүндө мейман болуп жаткан Алымбек датка атайы жиберилген чабарманга келер-коёру качан экенин да айтпады. Дагы ушинтип бөрүгө байланган улактай учу кыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, тарки кетет Канаат-ша кернай тарттырып күрсүлдөтө дабыл соктупуп бүт кошунду шашылыш козгоп, өзү алдына түшө: «йа ялла!» деп, ат жалына өбөктөй чаап, ошонусу менен деми кайрат берип, жолго чыкты. Кошун уюткусун Жирен-Айгыр суусунун боюна түштөнттү. Чубаган кумурскадай көп аскер шамалдан буйга аң-сайларга өрүп өңүп киришип, көк жылгындан кыйратып кыркып от жагышып, суук күздүн алсыз нуруна чубакташып калышты. Иргеп, кол алдын дагы алга умтултуп, Жирен-Айгыр жеринен нары созулган Кара-Кастектин күн батыш тарабына өткөрүп салды. Өзү түштөнгөн Жирен-Айгыр боюндагы кошунга текши көрүнөө дөңгө кош тиктирди. Мына, аттын башын бир дыр койсо орус бекет кылган Узун-Агачка кирет!

Таздын башындай такыр дөңгө Канаат-ша бир колу тарабына бир кыл ак таш, бир кол тарабына бир кыл кара таш, ар жерге топ кылып, улам бир тобун алга жылдырып, бир тобун артка шылгай сүрүп, кара таштарынын бир кыйласын ак таштарынын те арт жагына алыстан имерилтип өткөрүп, Канаат-ша өзүнчө мыңкылдап, башын чайкап, ийкеп, өзүнчө күйгүлтүк тартып отурган. Пансаттары баары аны тегеректеп алган, тизелерин таяна өңкөйүп карашып, аскер-башысынын ой-санаасын түшүнө бере алышпай аңыз кылып турушат.

— Вай!—деп жиберди капилеттен бири.

Канаат-ша чочуп, «орус кайдан чыга калды?» деген ой заматта көңүлүнө келип, ордунан тура калды да, эл караган күн жүрүш жакты карап, каптап жүрүп келе жаткан көп кошунду көзү чалды. Ири алдында көк туу кылкылдайт. Канаат-ша колго оңдуу илинбеген жылбырскы кыркма кара сакалын уучтай сылай: «Йе, буга да бир ажайып икая көрсөткөн белем кудурет!» деп күбүрөдү.

Бул Алымбек датканын кошуну болучу. Ири алды кош анат болуп жайыла келип, Канаат-шанын ар тобу ар жерде жайнап, томурайып жатышкан аскерине жете береп токтоду. Жүздөй

[1] К у р а м а — уруу наамы.

атчан Канаат-ша турган дөңгө карай тизгин бурду.

Жакындай келгенде эң алдыдагы Алымбек датканың өзүн тааныды Канаат-ша. «Э, мунун оюнда не жамандык, же жакшылык келе жатты экен а?..» деген күдүк көңү. лүн курттай өйүп жеп турду. Бөйдөй кара макмалдап көөлөгөн көйкөлгөн ак көрпө тон кийген, сыртынан белбак курчанбай жылуу тондун сеңселген кара көрпө жакасы өңүрүнө дейре ачык, ички кызыл манат камзолу көзгө илешет, башында кайруусу кере карыш сур кундуз бөрк — датка урушка эмес, той кызыгына келгенсип, кабагы жарык экен. «Жакшы эле окшойт...» деген үмүт Канаат-шаны жубатты. Не деген менен Алымбек датка «улук увазир», «хан агасы» делинет, Канаат-ша азирет хан өзү берген бу казаттагы аскербашлык сөөлөтүндө датканын бет алдында тура албай, ага руху жетпей, бир жагы куру сыяпат кылгысы келсе да, бир жагы баягы малай үйүтүнө өзүнөн-өзү жеңилип, тосо барып, датканын элирген кызыл буурул жоргосун тизгинден алды, колтугунан сүйөп түшүрдү:

— Келиң, келиң...—деп, өзү оозунуп кол алышты.

Баамчыл мырза Шабдан алдыртан Байтик баатырды тиктеп, «көрүп коюңуз, биздин агабыз арбагын тебеледи го мунун» деген маани туюнтуп, жумшак жымыйып койду. А Байтик баатыр буудан ат үстүндө зоңкоюп, заары эле сезилип турган кызыл көзүн тигип, ушул азыр датка тууганы «карма» десе Канаат-шаны үзөнгүгө басуудан таюу тартпай турган өңдүү өрөпкүп алган.

Канаат-ша:

— Келиң, келиң,— деп, аппак тишин кашкайтып, сүйүнгөн кейпин кийип, жанагы өзү таш тизгилеп отурган жерге ык көрсөтүп лыпылдады,— келиң, биз жаң[1] кылыш жайын ойлонуп отурган эдик, кана, көрүңчү, датка...

Түз эле тизген таштарын атайы тепсей барып токтоду Алымбек датка:

— Немене,— деп, дөңдөн эки жакка имере көз чабытын таштап, ныктай собол кылды,— топташ ойноп отургансыз белем, бек? Пай-пай оңгон экенбиз!..

Канаат-ша аңкайып карай берди. Мынчалык орой мамиле кыларын болжогон эмес. Дирт деп заматта анын да кыжыры ойгонуп: «Өзүңүз? А өзүңүз кайда жүрөсүз!» деп, беттен алмакчы болуп, бирок кайра дагы руху татакайлашпай, кайра бөөдө чатакты ырбатып албайын деген аяр ойго чалынып жыгылып, нары да азирет хан казат тагдырын ага жүктөгөн, биерде арзыбаган сөзгө кыжындашып отуруп ишти бузуп алса өзүнө эле күч келери бөгөт болуп, аргасыз ырсайды.

— Не күтүп отурасыз мени?! Колуңузга бүт Ташкен аскери, менин курама туугандарымдын кошуну, Түркстан, Оулия-Ата, Мерки чептеринин баатыр аскерлери толук берилген. Урушта туруш жок! Сиз минтип, ак таш менен кара ташты кагыштырып коюп, дөңдө далыңызды күнгө кактап отурган чакта, ыя, тыякта орустар камылгасын катыра көрүп алган жок дейсизби?! Биз го алыстан тоо ашып келдик, а сиз быяктан түз жол менен келдиңиз го, келери замат камынтпай каптап кирсеңиз алигиче Узун-агач бекетин азирет хандын баатыр кошууну алып коймок.

А биз Кашкелең ашуун ашып, тиги эле Үч-Алматы ченинен жолгошмокпуз! Эми мына баары жок, сиз дөңдө төлгө тартып отурасыз, биз сизди ителеп ала кетели, деп, минтип кайрылып Кордойго салып, артыңыздан келип отурабыз! — деп, сүйлөтпөй кейиди Алымбек датка. Канаат-ша жаакташышка үлгүрбөй калды.

— Немене бу?! Кошунбу, бу, ар жерде тырайып, немене, же бир кыргындан тарки чыгып, өлө-тала бозгон элби?! — деп, зиркилдеп какты датка.

Канаат-ша:

— Эми, датка, көп сарсан болбоң, ишке өтөйлик! — деди кайраттана. — Үч жактан кысып жаң кылабыз биз, а сиз мына ушул жаң учурунда, датка, тоо тараптан айланып күн чыгыш жактан артынан пайда болуң — орусту алакандай кичинекей бекетине таш очокко камагандай жылчыксыз кылып ортого алабыз!

— Тез! — деди Алымбек датка.

---

[1] Ж а ң — уруш.

Ушул жерде кимге ким буйрук бергенин эки жактын тең коштогон кишилери түшүнө алышпай маң болуп калышты.

Узун-Агач бекетинде бир рота жөө аскер, бир жүз атчан орус казак, жана да бекет кызматчылары болуп, бар болгону үч жүз элүү киши турган. Эки гана жеңил замбиреги бар болучу.

19-октябрь күнү эртең менен бекеттин айланасындагы кырлардан кокондуктар кырка тарта жамырап көрүнүп калды.

20-октябрь күнү тоо түбү менен имерилип, Алымбек Датканын колу келип, кокон аскерлеринин карааны аны сайын көбөйүп, Узун-Агач айланасына туш-тарабынан жыш курчоого алды.

Шатман кожонун сыпайлары, сынашып көргүлөрү келдиби, дуулдата бир мерте чабуул коюп, эки замбиректен удаама-удаа атылган чачма окко кабылышкан соң каңгып кайра тартышты.

Шатман кожого дем берип, кызуусун суутпай Канаат-ша аскерлерин бетме-бет урушка өткөрө баштады. Көптүн иши көп эмеспи, көптүгүнө салып, кара селдин суусундай бир жайпап кетерине ишенет. Кара-Кастек өзөнүнөн көп колду күргүчтөп айдап, улам жакындатып, араны тарыта кысмактап кирди.

Бирок, керектүү учур байкоосуз жылып өтүп кеткең болучу. Күн менен, саат менен, мүнөт менен эсептеле турган жайма-жай учур беле ошол учур?! Өчүгүшкөн, кекенишкен, бир алланын аты менен кызыл кыргын кан төгүшүүгө бел байлаган, бу да болсо кудайдын башка салганы деген көктүккө кабылган, кан тамыр үзүлгүдөй муун калчылдаган өтө кыска, өтө кысталыш учур эмес беле?!

Ал бир тутам учур согуштук көз караштан да колдоң чыккан. Түнү бою жүрүп, таңга жуук Узун-Агач бекетине бир жарым миң ашуун аскер менен полковник Колпаковский келип жетип, тегерене коргонууга жайланышып үлгүрүп, ылайыктуу мерчемдерге коштоп замбиректерин коюп калды. Өзү ыргыштаган аргымак үстүндө дүрбү салып, тиги туманы күндүн биринчи нурларына чагылышкан керилген талааны бир баштан көздөн өткөрүп, улам бир четине барып, коргонуу мерчемдерин тескеп жүрдү.

Биринчи жолу башынан өткөрүп жатпайбы, болуп жаткан кандуу окуя жаш прапорщик үчүн өзгөчө. Бүт көңүлүн дүүлүктүрүп жиберди. Те кырлардан самсып келе жаткан душманды көрө шумдуктуу бир болмуштун ичинен чыгуу, кара жанга өтө кооптуу шартка кабылуу, а түгүл көргөн-уккан таң кала турган бир баатырлык өлүмгө атайы баруу көңүлүнө келип, аны астейдил эңсеп да алган.

Окуу жайын бүтүрөр замат Иле багытына аскер кызматына өзү суранып келип, жергилик эл адам жээр эмес экенине абдан өкүнүп, көңүлү кайт. Бу анын жергилик элге карата болгон кызыгуусун суутуп, эми аларга кайдигер болуп, тыякта штабда калган курсташтарынын көз алдында ал бир көңүлгө аларлык романтикалуу бирдемеге аралаша албай үмүтү алданып кала берген теризде.

Мейли деп өзүн жубаткан ал. Колунда көк келтегинен башка эчтемеси жок чала жабайылар менен кармашууну ал эрлик деп деле эсептебейт, а жалган эле жылмаңдашып, отурууну ачык эле жек көрөт, аны алчы-таасын жеген куу адамдардын көйкөйү деп эсептейт. Бир шойкондун ичинен чыкмакчы болгон зардеси дагы эле кайнап, ага тынч тирилик эмес, чагылгандын чартылдаканнап, тенселте күркүрөшү сыяктуу орошон бир окуя керектей. Ошон үчүн аскерлик кызматка өткөн эмеспи, ошол аскерлик гана аны көздөгөнүнөжеткирип, көкшүнүн суута ламакчы. Ырас, кумардан чыгыш үчүн бетме-бет чыгар кандайдыр бир душман керек го?! Тигине душман, өзү жер жайнап келип берип турат. Душман дегидей душмаш, аянбайт да аябайт. Тымызын ыразы болду поручик, болсо ушундай душман болсун, болбосо чала жубайы менен бирөөлөр менен жака айрышып отуруш өзүндөй тарбия-таалим көргөн элдин өкүлү үчүн өлөрчө уят иш дечү.

Попучикти ушул ойлор имерип турду ошол тапта.

Те такыр дөндө турган Канаат-ша да бет алдында жайыпып жаткан жайыктагы биртке отрядды кандайча күмжам кылышты өзүнчө болжоп, орустардын «сүйлөшөбүз» теп алдашпай

ачык салгылашууга келип турушканына аларга ыразы болуп, көздөн өткөрүп турду.

Мелтиреген түз талаа бейпил сыяктуу, бозомук туманы суюлуп, бир жакка качып тарап, мелтиреген түз талаа тынч. Бир аздан соң ушул бейпил талаа тополоң болуп, көп атчан дүңгүрөп каптап, удургуй чабышып, миңдеген адам заада адамдык кейпинен өзгөрүп, ар бири оозун ачкан ач жырткыч болуп, көйкаптан чыккан тажаал сыяктуу бирин-бири маашырлана бырчылдатышат деп ким ойлойт?!

Сөөлөт менен колун көтөрүп шилтеп, Канаат-ша Шатман кожонун кутурган сыпайларын чабуулга өткөрдү.

Капкара, ач кыйкырык, көздөрү чанагынан чыккан атчандар бороондой каптап кире барып, бир заматта тык токтолушуп, ошол замат эки жакка таруудай чачылып, ортого пайда боло калган бош аянтта ат, адам денеси күү эте асманга көтөрүлө кайра дабырап жаап түше калды.

Жабыла атылган замбиректердин чачма октору мөндүр сыяктуу бир сабап өттү.

Жайнаган атчандар улам бүйрөсү кызый, улам ийриле, улам эрдемсий, улам үмүт алдап, кайрадан кайра каптады.

— А-ат! — деп кыйкырат жаш поручик желиге, ал олүм коркунучун такыр теңине албай, улам бир замбирекке ачыктан-ачык ликилдеп жетип, делөөрүп жүрөт. Көптүгүнө салмакчы болгон атчандар өлүм чачкан мөндүргө кайрадан кайра кабылып, кайрадан таруудай дыркырап төгүлүп калып жатты.

Те күн чыгыш жактагы тоо өтөгүндө, берки кырларда камыштай шыкалган көп кол же каптап кирбей, же атта, рынан түшүп жай отурбай өзүлөрүнчө эле нары-бери удургушуп, чыдамы, тынчы кеткенсип, чуулдап кыйкырышып, уруш майданын аваз кылып гана турушат.

— Ким булары?—деп сурады полковник Колпаковский

— Бу кокон ордосунун көрөркөз адамы кара кыргыз Алымбек,— деп жооп беришти.

— Эге, кара кыргыздар бекен? Ушул бойдон тура беришсе, ким билсин, биз жакка тийишпесе, тура беришсин аларды карай замбиректен гана эмес, бардеңкеден да ок чыгарылбасын! — деп, катуу буйрук кылды. — Көрөлү кантишер экен...

А Алымбек датка дагы эле кырдагы бир ордунаң жылбайт.

— И-и, капта-а, мөңкөңдөгөн байкуштарым, капта-а! И-и, алган пулуңду эң акыры төгүлгөн каныңменен да актасаң ошентип!.. — деп, ат үстүнөн кыйкырып турду. Үч мерте алдына Канаат-шадан чабарман келди. «Эми каптасын дейт! Датка ага...» деп, буйругу кайдан, Канаатшанын кансырагандагы суранычын ыйламсырап айтышты. Бирок, көрсө да көрмөксөн, уксада укмаксан, датка башка нерсеге алаксып, аларды тиктебейт, тыңшабайт.

— Э-э... Үч-Алматы, Ак-Мечит чептерин орустан бошотуп, газы болуп, анан Сары өзөндү түрө чаап, азирет ха« нына энеси өппөгөн кыз тартуулап бармакчы болгон селсаяк кызылбаштын бар алы, дымагы ушул экен го?1 Э-э... — деп, эми табалап, тиги пулга келген кокон сарбаздары кандай абалда күзгү кара чымындай үймөлөктөй кыргынга кабылып жатканын, бир кур башын чайкап, көздөн өткөрүп тура берди.

Ава кара күйүндү жыттанып, теребел бырыксып, күндүн көзү көрүнбөй, анын үстүнө кечке утур боз туман сүйрөлө жер бетине төшөлүп, саал эле аралыктан кара бараан көрүнбөй ааламды кара күүгүм басты.

Колпаковский бекеттен чегинди. Кыжылдаган көп кошундун бу ымыратта капилеттен арасында калбоо камын кылды. Канаат-ша да, дагы кайсы замбирекке барып кабылмак, кырылгандан калган өз кошунун майдандан чыгарып, жөө тумандын арасына житирип кетти.

21-октябрь күнү Канаат-ша аскер кеңешин жыйды. Кечеги Колпаковскийдин чегинип кетишин кокон кошунунун жеңиши деп эсептеп, эми дагы чымырканып, арабалуу жай жүргөн орус аскерин удургуган атчан кошун менен сары изине чөп сала кууп, эч жерге жайынча эс алдырбай кайраттуу, андан нары Үч-Алматыга камоол кылуу оюн ортого салды. Канаат-шадан мурда Ташкентке бек болуп келген Үрүстөм-бек, кыргыз кыпчактын сол канатына кирген курама уругунун Ныяскул, Керимкул сыяктуу көптү көргөн кол башчылары бар болучу. Ушул камылга, кошундун ушул абалы менен урушту улантууга Үрүстөмбек замбирек чачмасына көбүрөөк кептелген Шатман кожо макул эместиктерин жымсал айтышты.

Не деген менен эл көзүнө «улук увазир», «датка ага» аталат, төрдү тең жара бөлүп отурган

Алымбек датка:

—Кадырман аскер башы, азирет ханыбыздын өтө иишенген көк мелжиген тоодой таянычы, кулак туткайсыз, деп, Канаат-шага багыштап, атайын жылмайып, бирок ар сөзүн ныктап, не ызырынганы, не кейигени, башын ийкей кеп урду,— эгерим биз астейдил ак пикирибизин анта албай жаңылып жазып кала турган болсок кечирим кылып койгойсуз. Бу, кандай, Ташкент шаарынан бери чыкканда жоого аттангансызбы, же бу Узун-Агач бекеттен орустар менен көз таңмай ойноп тамаша көргөнү келгенсизби? Таң калып сурап отурабыз! Бу немене өзү, кадырман, азирет ханыбыздын ар биринин кара башына пул төлөп, көп кунава[1] жеп кураган кошунун жалгыз атчан, жалаң тончон айдап чыгыпсыз го? Жалгыз ат жолдо эле арып бүткөн, жайда киер жука тону бул жердин ысык-суугуна туруштук бермекпи, кайран азамат жигиттер ар бир шыбактын түбүндө ыйынып, урушу жок эле четинен боо түшүп ич өткөктөн кырылып өлүп жатат го? Мейли, кошунду бейкамылга айдагандыгыңызды мындайды башынан өткөрбөгөнүнөн деп коёлу, а кошундун бу акыбалын биле туруп, орустун замбиректеринин тажаалдыгын көрө туруп, анан дагы «урушту күчалтабыз» дегениңизди өзүңүз кайра ойлонуп көрүңүз. Маани ушул ки, мындан келди, сиздин азирет ханыбызда эскиден калган сөөк өчүңүз барга окшойт, кечеги жер жайнаган көп колун ичөткөккө жолуктуруп бир кырып, орустун замбирегине бөөдө айдап кабылтып бир кырып—түбүнө жетмек максатыңыз барга окшойт?!

Эч ким унчукпай калды. Көбү кеп жүйөсүнө ынанып, тиги өз салмагын айрыкча сезген Алымбек датканын күүлөгөн демине, ыгын кетирбей Канаат-шаны талуу учурунан кармап, каарын, мүңкүрөтүп, көз көрүнөө кадырын тебелеп жатканына таң калып, ыраазы болуп башын ийкегиледи.

— Вай, датка! Вай, андай суук кепти оозанбан, датка?.. — деп жиберди Канаат-ша. — Тузу уруп кетпейби бизди азиретибиздин?! Вай, датка...

Ал кызылала болуп, андан нары оозуна эчтеме кирбей акактап токтоло калды.

«Эми чакмак таштай чарт этет!» дешип, баары элейип калышкан. Ирени сурланып, алагар көзү чекчейип бет алдына тигилип, эрдин бек кымтыган бойдон биртке ой термете калып:

— Эми,— деп зекиди Алымбек датка,— ушул өцкөй ийрейген ичөткөктөрдү дагы күргүчтөп уруш баштай тур. ган болсоңуз, биз кошула албайбыз мындай кара ниет ишке, көмөккө келет деп асли ойлобоңуз, эсиңизде болсо.

Канаат-шанын датка башына үйгөн күнөөдөн үрөнү учту. Ыя, азирети хан эмне дейт!? Кыркма кара сакад жумуру ээгин мыжыга кармап отурган калыбында нес болду. Өзү эрдемсип, өзү азирети хандын көңүлүн ишендирип, өзү баштаган казат ушинтип эле шаңсыз, даңксыз бүтүп калабы?!

Шатман кожо эки жакты тең жайкай, эки жакты тең ошол тапта бөлүнүп-жарылышын эл көзүнө тереңдетпей, ынтымак-ырайыш жагына ык бере кеп уруп, эң акыры:

— Иши кылып, орус аскерин ордунан козгош, артына кетншке мажбурлаш жаман жумуш болгону жок, жаранлар. Бирак, кошун ичиндеги акыбалга көз жумушка асти болбойт, ушул ийгиликке каниет кылып, казатты кудайдын келеркн жаркыраган жазына аманат токтоткон оң...— деди.

Бул ой жыйынтык болуп кеңеш бүттү.

Канаат-ша тарки чыккан кошунун илките чубата Ташкенди карай тартты.

* * *

Бул беттешүүнү Кокондо ордо жыйынында да жеңиш катары дүң кыла кабыл алышты. Казатынын токтолушун күздүн капилет түшкөн суугуна, азык-түлүк тартыш болгонуна таяп түшүндүрдү Канаат-ша.

Бирок, айтылган себептер ыраазы кылбай, анын үстүнө Канаат-шанын эки көзү жашылдана кышырылган кейпинен элдин көзүнчө айта албай турган бирдемеси барын сезген Мала-хан кечкурун Канаат-шаны өзүн жалгыз чакыртып алды. Эми катаал суракка кириптер болорун

[1] К у н а г а – кыйынчылык, жан үрөө.

билип, тула бою дүркүрөп, жүрөгү алдастап, Канаат-ша эки колун көкүрөгүнө ала бет алдына чөк түшүп отурган бойдон дагы бешенесин жерге ура бүгүлдү:

— О, азирети... —деп, балбалактап жиберди. — О, азирети мен го баш бурбас кулуңузмун, о азиретти... Сиз менен да эл талашкан, сиз менен да бак талашкан бейнысап бар экен..

Бул сөз Мала-хандын жүрөгүнө тикендей келип сайылды. Мала-хан кулунун солуктагансып кылчылдаган эки ийнин нестейе тиктеп, отуруп калды. «Ким? Ким болмок ушу күнгө Алымбектен башка эл талаша турган, бак талаша турган?!” деп, түкшүмөл ою чарк урду.

— Айтын... деди ал акырын.

Эми Канаат-ша тириле, кыркма кара сакал ээгин көтөрө, бирде эки көзүн чылк жумуп, бирде чакырайта чоң ачып күйө-быша сүйлөп кирди:

—О, азирети, өзүңүзгө маалум ки, бирден ат, жана да башка каражат бүт ошол жактагы журтуңуздан жыйналмак болгон. «Суук», «азык жок», «ат арыган» деп, айла жоктон айтып отурабыз. Мына, Алымбек Сары өзөн журтуна өзү чардап мейман болуп, кыл жылдыртпан жатып алып, кесепети ушул болду ки, кошун олжодон айрылып — аты арып, суукка урунуп, азыктан мукурап, акыры жоого жарамы начарлады — бул бир себеп. Мунусу аз келгенсип, кара ниет Алымбек биз орус менен бырчылдашып турган учурубузда «артынан каптамак» вазийфасын аткарбай, бир да кишисин көмөккө жибербей, кырдын башынан түшпөй туруп алып, бизди кыргынга атайы кабылтты — бул бир себеп. Тоо жолуна камдуу барышкан — кийими жылуу, ар биринде бирден мингич, бирден жүкчүл аты, жүктөнгөн азыгы бар эле — ошол онеки миң кошун менен бир алла жардамына сыйынып, урушту өзү улантса куп болот болучу. Бирак, чириген көңүлүндө жаман ою сасып жаткан Алымбек сиздей бир кудай сүйүп бак берген азиретибиздин дин-мусулман калкынын көзүчө аброюн көтөрө урушту абжалдарыш ордуна бизди белге тээп, өзү көп кошунун самсыткан бойдон кайра тартты — бул бир себеп. Бул эмне? Бул Алымбектин бери болгондо көпкөнү, нары болгондо ыйык казатка атайын аолтоо, атайы бөгөт. Алымбектин сизден эл талашы, бак талашы эмей эмне?! Мына, айтарым ушул ки, азирети, ушул өңдүү арам ой саткын аралашкан иш оңуна кетпей казатты келерки жазга аманат кылып токтотушка мажбур болдук.

Бир да жолу кебин бузбай, бир жолу каш-кабактан «анын же жакпаганын туйгузбай, дагы көпкө былк этпей тултуюп отура берди Мала-хан. Не бир жакын деген ордо кишилери Мала-хандын көңүлүндөгү астейдил оюн сырт кейпинен баамдай алышчу эмес. Эми да же каары, же бир ырайым ойлоп турганы туңгуюк, «Э, сизге биз жүда зор ишеним кылсак, ишенимди баалай да албай, аткара да албай, кызыл дилде чачып кураган кошунду бөөдө ичөткөккө кырдырып, ыя, анан кайра келип өз кадыр. ман датка агабызга жалаа кыласыз а!?» деп жибериши да мүмкүн. Өзү деле көрөйүн деген көзү жок датка агасын, бу казаттагы атайын кылган бөгөтүн билип эле туруп, бирок ал кубаттуу душманы менен убактысынча болсо да, көңүлүн бүркүткө чырга сүйрөткөндөй чаргыта алаксытып туруш үчүн да болсо, анын башына жалгыз аяк кызыл башты садага чаап коюшу толук ыктымал болучу. Канаат-шанын тула бою дүркүрөп турду.

— Жакшы тосуштубу туугандары? — деп сурады Мала-хан бир убакта.

— О-о! — деди Канаат-ша эки көзү чакчайып. — Акбоз бээ чалышты кадырына! Акбоз бээ!..

Мала-хан таарынган бала кейиптене чарасыз томсоро жер тиктеп, дагы унчукпай башын ийкегилеп, ойго батты:

— Кана, эмне кылсак оң болот? — деп сурады дагы бир убакта.

— Катуу жаза кылмак ылазым! — деди Канаат-ша, «башын алмак ылазым» деген сөз тилинин учуна келип токтоду.

Ал оюн Мала-хан анын кабагынан, те тереңден жалбырттап күйгөн аёосуз кектүү көзүнөн даана көрдү да, дагы өзүнчө башын ийкегиледи:

— Ыя, туугандары акбоз бээ чалып, аны хан көтөрүп алышкан турбайбы, көтөрбөсө да бу көтөргөнгө барабар иш эмеспи? Жамы кыргыз кыпчактын башын бириктириш жолуна түшүшкөн турбайбы?..

Эми ачык эчтеме айта албай, мыңкылдап, баш ийкебей же ийкебей коё албай, кайгы касырет сездире көзүн үлдүрөтө жумуп калды Канаат-ша. «И, көтөрүп алышты» десе ашыкча

айтылса, ханга жакпаса, «көтөргөндөн айлансын» десе кем айтылса, куралып жаткан коркунуч жеткилең туюндурулбай калса! Эмне дейт?!

— Башын алмак ылазым дейсиз го? — деди хан кекээр сездире, ээгин көтөрө тике карап, жооп күтүп калды.

Канаат-ша ачык мындай сөздү айтпаса да, атайын «айткан жокмун» деп актанбай койду. А эгер хан анын көзүнөн сезип отурса сезилгени ошо, дагы эски адатынча сынап жатса, кантмекчи, сынасын, оозунан эчтеме чыккан жок.

— Башын алып салмак кыйын эмес. Акыры эмне болмокчу?. Бүтүн кыргыз кыпчак каршыгат бизге. Колдон талашып турган оруска өтүп кете беришет. Ушуну кылалыбы?

Оозуна эчтеме кирбей бирпаста көлшал терге түшүп кетти Канаат-ша. Эми анын кеңешинин да, өзүнүн да керектиги жоктой хан жүзү үйрүлө өзүнчө ойго бата калды. Муну сезип, жооп болсо тез чыгып кетүүнү гана самады Канаат-шанын санаасы. Хан акырын башын ийкей ишара кылары замат ордунан леп тура бүжүрөп кетенчиктеп чыга жөнөлдү Канаат-ша.

Нары ойлонуп, бери ойонуп, акыры Алымбек датканы көнүлүнүн тереңинде күнөөкөр деп эсептеди Мала-хан. Келери замат аны «саткын» деп айыптап, калкка жарыяч«п мойнунан байлатып алып көчөмө-көчө кыдыртып, аиан башын алдырып таштаса кандай болмокчу? Мына Куу шыйрак Канаат эмес экен Алымбек! Кыйын! Чарасыз бир абалга кабылып, өзүнчө күрсүнө онтоп, бул ниетин ачыкка чыгара албай хан башы менен кыйналып, бир ыктуу мезгил шартын тымызын күтүүгө ой бекитип, шалдырап отуруп калды Мала-хан.

Бул беттешүүнү орус тарабы да жеңиш катары баалады.

Саны жагынан алда канча ашып түшкөн көп кошундун кара селин токтотуу, өзү аз гана чыгым тартып, а душманды кызылдай кыргынга кабылтуу — жеңиш. Кыйын кыстоо түшкөн учурда аскерди эртеңки күнгө бүтүн сактоо үчүн туман жамынып майдандан бекем жерге чегинип кетүү — ык.

Бул беттешүү эки жакка тең сыноо болуп, орус отрядынын баягы туруктуу рухун кайра далилдеп, кайра бекемдеп, мындан наркы болор кармашууларга даярдыгы мыгымдыгын көрсөтүп, а кокондуктардын жинин кагып, арасы бейырк экенин ачык байкатты.

Кара кыргыздардын урушка катышпай коюшканын, аларды баштаган Алымбек датканын ошол тапта орустун пайдасына кеткен табышмак мүнөзүн аскер губернаторуна саласал кылды Колпаковский.

Күн батыш Сибирь аскер губернатору Гасфорд төрө ошол 1860-жылы 27-октябринде:

«Мындан нары кара кыргыздарга карата бир дагы каршы аракет кылынбасын. Уруу башчы манаптарына дагы бирден кымкап чапан берип сыйлап, жанга тартып туруу зарыл...»

деп, кайра Колпаковскийге көрсөтмө кылды.

* * *

Мады кыштоосунан Курманжан шашылыш Гүлшаага көчүп кеткенин Алымбек датка Өзгөнгө келип түшкөн күнү укту. «Бул эмнеси,— деп кооптонду ал,— бир себеби болбосо мынчалык шаша көчпөйт эле. Себеби не? Кандай капсалаң болуп кетти экен?..» Курманжан дайымкысындай эле быйыл да Мады кыштоосуна кыштамак болгон. Алымбек өзү Анжиянда калмак, не кылган менен бекчилик ордонун вазийфасы, огожо болуп өзү башында тур, баса болмокпу?!

Ошко, Анжиянга кете турган кошундарын шылгап чыгарып, өз жолуна салып, а өзү өзүнө караштуу тандалма жигиттерин баштап, Өзгөндөн эле төтө белеске сала ток. тоосуз Гүлшаага бет алды.

Мына, өз өргөөсү, өлөң төшөгү демекчи, кызыл жалыны жалмаңдап күйгөн арча оттун кызылын тиктеп өз төрүндө отуруп да, Өзгөндөн бери жолмо-жол көңүлдү эзген туңгуюк күдүк ой бастабай, кайра тиги бирде сөнө, бирде тутана көк жалындаган от сыңары кайрадан кайра жаңырып, аны сайын тынч алдырбайт. А тула бою өз түнөгүнө келген куш таризде, жымырап ныксырайт, таттуу эстендире кериле-чоюла жан тынчтыгына өтүүгө тартат.

Те бир убакта дасторкон артынан жүйүртө басып, Курманжан айым өзү келди.

— Келиң, датка...

Жана аттан түшүп жатканда тоскон туушкандардын арасынан не деген менен ыйбаалуу Курманжан көрүнгөн эмес. Ченей албай турган, болжой да албай турган бир тымызын эңсөө зарыктырып отурган Алымбек ордунан өйдө боло калганын өзү да сезбей калды, өйдө боло калганын ыраазы көңүлү эрен да кылбады. Кайта анын этжүрөгү делбиреп кетти. «Ыя, капкачан эле тыштан шыкаалап көрдү бекен бу керээт, анын кабагына серп сала көптөн көңүлүндө келген сөз менен жеткире албай турган назик самоосун, сагынуусун жазбай баамдап койду бекен?! Кайсы самоо? Кандай сагынуу? Муну Алымбек өзү да так айта албайт болучу. А оттун көк жалыны аныя удургуй түшкөн көңүлүн жубаткансый, ага бирдеме дем шыбырлагансый, ортону да, көңүлдү да сыйкырлуу табы менен жылыткансый, алардын бирине-бири чексиз, болжоосуз мээр сездирген жүздөрүн азиз шам болуп аны сайын жаркытты.

Курманжан кубанган көңүл толкунунан бир аз демиге акырын чөк түшүп, кош колдоп бегинин колун алып, тамылжый түшкөн жылуу бешенесине баса акырын ызат кылды.

— Жигит пири Шаймерден колдоп, саламат эсен келдиңизби датка?..

— Кудайга шүгүр, айым,— деди Алымбек датка. Куржаманжан мышыктай жумшак да, элпек да кыймыл менен жаздыктарды бегинин чыканагына дагы бийиктете коюп астейдил кам көрүп имериле калды. Бу жылуу мамиле ансыз да көңүлү эрип төгүлүп турган Алымбектин тула боюн биротоло жымыратып жиберди. «Зирегим ай...» деди көңүл толкуну.

Биринин дилин бири сезип, айттырбай купуя түшүнүп, үшул эле көңүлдөрүн толтуруп, алар ачык сөзгө шашычышкан жок. Бир мааниси, баасы боло турган сөз, зарыл сөз ар биринин көңүлүндө жаралып, эми айтылышы эле калган таризде тил учуна келип, бирок не үн көтөрүңкү, не дил оорутар кескин угулуп калбасын деген кыязда ооздон чыга албай турган сыяктуу.

Курманжандын көк кептердин куркулдаганындай басмырт жумшак үнүн Алымбек көз жумуп, капилет бир кубанчка баткандай дем тартпай отуруп укту.

А Курманжан да ыйбаа, адеп сездире жер тиктеп, кылт этпей, үн көтөрбөй, шашылбай ылайыгы менен сөз сүйлөп, ыгы менен сөзгө кулак салып, акырын баш ийкей маани экчеп, болжоп отурду.

Ар бири өз көңүлүн күүгө буралган комуз кылындай таблап, сырлашууда рухий бир лаззат көрүүчү чекке атайын күргүчтөшкөндөй. Ырас эмей, чиркин ай, акыл маегинде белгилүү бир рухий лаззат алынбаса, кишилер кокустан бир той дасторкон үзүрүндө жолугушуп калып, уңгусуз, маанисиз кобурашуу менен бүтүшүп, а качан той таркаган кезде ойлорунда бир илим жук калбай, кайран өмүрдүң ошол бошко кеткен бир чымчым убагына кейиген учур болот эмеспи?!

Кеп ичинде экөбүн тең тымызын да, ачык да чоочуткан акыбалга келип тоголушту. Улам маани экчелип, мунУн тамыры кайда, учу кайсы, чын эле кара башка күч келип, чын эле экөбүнүн бири, жаман айтпай жакшы жок, тагдырдын өкүмүнө чарасыз көнмөй чак болуп калса да, аттиң ай, айтпай калдым дебей тургандай болсун үчүнбү, эңтеме жашырылбай, коркунуч ашырылбай да, кемитилбей ортого коюлду.

— Мына, ушин этип, датка, сиз ордодо «саткын» деп аталдыңыз...

Унчукпай башын ийкеди Алымбек. Мындайча бааланарын ал те Жангарач бийдин өргөөсүндө болгон кеңеш убагында эле өзү деле болжогон.

— Бирак, датка, сиз ордо үчүн «саткын», а өз элиңи үчүн кыйын кезеңде жол баштаган эркечсиз...

Көзүн жума муюду ал. Курманжандын мунайым үң, ага тагдырдын өз оозунан угузулуп жаткан таризде жаң тенине жагып, жубатып, көңүлүн тынчытып жатты.

А Курманжандын өзүнүн ой-санаасы бир жаңсыл эмес улам дилине суроо туулуп, бири жооп алып, бири төтөн кылар бир жүйө табууга кыйын болуп, эң акыры акылр; да, күчкө да башкарыла койбой тургандай кумдай чачылып жатты.

Куттагы туугандардын орус тарабына багыт алыши «ордону өзүң башкар, такка өзүң чык» деген кеңеши Курманжанды бир жагынан «ошондой эле болмокчу эле» деген кыязда көңүлүнө

жакты. Жөнөтүп жатып, өзү туугандарыңыз менен кепке келишиң, датка» деп өзү ошол жолго багыттаган.

— Кут болсун, датка... Те байыркы көйүңөр бир бөлөк, аны айтып отуруп не?! Ушул тапта да тигилер тыякта, силер быякта «бий», «бек» деп койсо, «тага», «ага» деп койсо корстон болуп, ошого алданып, ордонун бирде төрүнө өтүп, бирде улагасында улактай мууздалып калып, жан этин жеп күн көрөсүңөр. Качанга дейре бириң тоодо, бириң ойдо, не өлүктөн, не тириктен кабар алышпай, жалгыздап кор болуп жүрөсүңөр?! «Укурук моюн» акенин кеби кеп. Ордо ойрон болсун, аны алыш-коюш эртеңки кыжалат, а анын таламайына, чапкынына туруштук кылгыдай журт бириктирип ынтымак ырайышка өткөнүңөр өте абзел иш болгон. Кут болсун, датка...

Ар нерсенин өзүнө жараша машакаты, милдети, төлөп берер карызы болот турбайбы?! Кылактап кызыктырып, а бирок суу түбүнөн аякка урунган таштар сыяктуу оркоюг чыга келди го мунун кыйынчылыгы, коркунучу. Мына эми, тымызын тартыш, алка жакадан алышкан кармаш. керек болсо кылчаңдабай бирөөнүн да, өзүнүн да канын жалбырттата төгүшмөй башталат. А балким, али курала элек «өз ордосу», көзгө көрүнө элек «алтын тагы», ак кийизге салына элек «өз өкүмдары» бир ишке ашпаган куру үмүт болуп жүрбөсүн?!

«Өкүмдар болмок эле мателби?! Не көйдө болгондо да элге карамдуу, журт керегине жарамдуу болмок абзел...деп, өзүн да, бегин да жубатты Курманжан.

Ким карамдуу болгон?! Курманжан касыреттүү санаага кабылып, жообун өзү таба албай ирени акчыл тарта калды.

Элге ким гана карамдуу болом дебеген?! Мына, өзү өз бегине куратмакчы болуп отурган «өз ордосу» эле жамы журтка көптөн көсөгөн тынччылыкты, бейпилдикти көтөрүп келип бере алабы?! Анын беги эле кой үстүнө торгой жумурткалатып жибереби?! О, чиркин ай, өзүлөрү кырынан ашып кете албаган көп пенделеринин бири эмеспи. Эмне келе алмакчы жалгыз аны1н жакшы оюна?!

Эсил эл, кайран журт! Качанга дейре таш уйкудан ойын ың-жыңсыз катмарында жоголуп, кыйкырыктан башка укпай, зорлуктан башка көрбөй ал зорлуука көнүп, аны кудайдын башка салганы деп, тизе бугүп, кол куушуруп, өтмөкчү?!

Ордонун да, өз бегинин да катаал жүзүнө каршы туруп, элдин көйү деген көңүлгө жылым машакат үчүн нечен ирет баш байлап да көргөн. А зор деген, зорлук деген көп экен, бирин жалынып токтотсо, бири жаңдап өткөн, бирин тизгинден алса, бири төбөгө чаап кетет.

Кээ убакта бу жан этин жеген чөйрөдөн көрө те илгерки Жапалактагы жатакчы атасынын күнгө күйгөн кара үйу бейиштей тынч, бейпил эмес беле?! Кара үйдүн ичи күндүз ынтымактуу, түнү тынч, колдо барына ыраазы, колдо жогуна кайыл, ток болсо эсирбеген, ач болсо арман кылбаган топугу бар болучу. Теңир ай, баягы балалык кезин кайра кайрып берсечи, ал саамайын сеңселте артын каранбай тыскактап чуркап, ошол учкан уясы болгон жатакчынын кара үйүнө кире качкыдай. Жо, теңир эми ага балалык кезин кайрып бербейт, эми өзү да минтип нечен ой-санаанын, нечен жылдардын кубанткан да, кайгырткан да машакаттарын ашып келген бул учурунан канра кайтып кете албайт.

Кеп балдары жакка ыкты.

— Абдыллаңыз биз менен ушул Гүлшаада, калган төртөөн төрт башка жерге койдум, датка...

Бири кармалса бири калсын, бири өлсө бири сакталсын дегени эмеспи?! Жүрөгү шуу дей түштү Алымбектин. «Ыя, ушунчалык эле кыйын болуп калганбы абал?...»

— Кудай сактасын,— деди ал кабагы үйрүлө,— ким батына алат?!

— Кудай сактанганды сактайм деген эмеспи, датка...

Алымбек датканы ой баса түштү. «Э-э, ордодо тигинтип күдүңдөшүп жатышса, ушуга дейре ага деген шамшарын койнуна катып жүргөн хан сөрөй ачык каршылыкка өткөн соң, о-о зирегим ай, балдарды корчолоп, тоого калаланып келген экен го?..»

Ирени кызыл тору, көзү самби талдын жалбырагындай саргылт көгүш, арык чырай, кагелес тараз бойлуу сынаа зайып эле Курманжан айым. Өз баркын, өз ордун сезет, ошон үчүн эч убакта шашылбайт, кандай кооптуу шарт болуп кеткен күндө да эч калдастабай, үнүн көтөрбөй,

кабагы үйрүлбөй дайыма токтоо, ар сөзүндө мадии, кериле баса менсинбей, кайра саал жер тиктей ийиле, дайыма көңүлү бир кунунда, бир ыкыласында.

«Дагы эмнеден кабары бар болду экен?..» деп, өзүнчө ой имерди Алымбек.

Эл ичинде Курманжан жөнүндө «ал керээт — кишинин ойлоп барган оюн өңүнөн эле билип коёт, ал жер тыңшаар — шырт эткенди жаздым кетирбейт» деп шыбырланып жүргөн сөздөр бар.

«Мына, ишим түшүп алдына барып, өз көзүм менен көрдүм—бир кеп айтарында оң тарабына өзүнчө эле көз кырын таштап-таштап алат, башка адамга көрүнбөгөн бирөө жанында отурган сыяктуу...» дешет.

«Мунун жөлөмөсү кызыл жолборс имиш...» деген да шумдукту айтышат.

Бу сөздөрдүн кайсынысы чын экенин билсе Курманжан өзү гана билер. Ким сурай алмакчы өзүнөн?!

Кадыры күн санап аша баштаган айымдын алдына ар түркүн чоочун кишилер да келип кетишет. Же бай кербенбашы, же кербендин эң акыркы төөсүнө араң илешип жүргөн бир мусапыр, же «ак» урган дувана, же бул дүйнөнүн убайынан кечип жер кезген календер. Биринен да чийткебей, зерикпей алардын күңкүлдөшө узакка айткан сөздөрүн өтө ынтаа коюп угуп, өзү да сөзгө аралаша бирдемени такташып, көпкө маектешчү эле.

Датка таназарына алчу эмес. А Курманжан айым кай бирөөнө абдан ыраазы болуп, алдына ат тартып, үстүнө тон жаап чыгарган күндөрү болгон.

Бухара, Хоразм, Кашкар ордолорунда, казак ичинде, а түгүл кытай, орус, ооган тарапта эмне оош-кыйыш, эмне талаш-тартыш болуп жатканы ушундай кишилер аркалуу Курманжан айымга белгилүү болуп турганы шексиз. А Кокон ордосунда Алымбектин өзүнө да айтылбаган жашырын адамдары бар экенин Алымбек туюгунан сезчү.

Мына, өзү келе электе Жангарач бийдин өргөөсүндө болуп өткөн сөз, Канаат-ша экөбүнүн ыйкы-тыйкысы, ордодогу ага каршы куралып жаткан кутумдук Курманжанга алда качан айгине болуп, алдын-ала камылга көрүп отурган соң эми эр көкүрөк датка баштагыдай кем баа кыла албай калды.

Тун бир убак, бирок бирткелеп жаңылап, ичкериштиип, Курманжан отту өчүрбөйт. Жалын соймоң эткен сарынын жылуу кызыл тору ирени, саргылт көгүш көзү жалтылдайт. Аны сайын жал-жал серп сала көңүлү жымырап, кубанчы, ыраазылыгы артылып отурду даткасы. «Зирегим ай...»

* * *

Бек сарайын оболу Алике-палбан абдан тескеп чыккан соң кудайдын улук күнү делген дүйшөмбү күнү Алымбек датка бекчилик вазийфасына киришкен күнү азирет өзү жазган, өзү мөөрүн баскан кат алып, чабарман келип калды.

Эмне кылмак ылазым? Бектин көңүлү уйгу-туйгу боло түштү. «Кадырлуу датка агасын» «хан үкеси» ордонун улук дуванына чакырыптыр го?!

Эки анжы болду ою. Барбай койсо «мына, ичи жаман коркту ошон үчүн» делинет. Өкүмдардын буйругунан канткенде буйтап кала алат?

«Ишке, сыркоого шылтап да болсо, ордого барбай турганыңыз оң...» деген Курманжан айым.

Бул сөз датканын көңүлүнө тык деп, анын мунайым үнү жанында отургандай кулагына угулуп, жылуу ирени көз алдына тартыла калды.

«Эч шаша көрбөн, датка. Бир шыбыш чыкпай койбойт акыры, ордо ээсинин накта оюн билип алып, ошого жараша иш кылың, датка» деп, зынарлаган болучу.

Кана, шыбыш?

Кечинде бир жүдөө адам көшөрүп суранып отуруп, датканын алдына кирди. Үжүрө ичин акмалап тиктеп алып, акырын:

— Бек,— деп аяр күбүрөй сүйлөдү,— уккан кулакта жазык жок, ордо сизди саткын эсебине чыгарып, өлүмгө өкүм кылып койду, бек.

Эки көзүнүн агы көбөйө элтейе тиктеп, буга бара албайт деп ойлогон, ошол тапта өтө чочуганы көрүнүп, ошону менен бирге кыжыры, жүрөгүнөн катуу кашкөй каршылык ойгонуп,

Алымбек ирецги кумсарып кетти.

— Такпы бу кабар?

— Сиз менен так ээсинин ортосуна жалган жеринен от жаккыдай жаным экөө эмес. Бул өкүмдү бир өкүмдар өзү, бир азирети шайх-ул-Ислам билет...

«А сен кайдан билип жүрөсүң?..» деп, ишене албай көнүлү толгоно калды Алымбек.

— Хан өзү сизди «кокус өлүм» кылып алып, анан өзү «агам ай» деп өкүрүп көммөк экен...

Кабагын үйрүй баш ийкеди Алымбек датка:

— Милдетдармын...

Тиги датка бермекчи болгон алтын теңгени унчукпай баш чайкап албай койду да, жанагы шырпсыз келгенин дей шырпсыз кайра чыгып кетти.

Тула бою дүркүрөп отуруп кала берди Алымбек.

Кимге ишенишке болот эми?! Мүмкүн хан алда качан бир жанкечтисин жиберип, ал же ушул сарайда, же мечитте, же бир мерчемдүү бурчта акмалап жүрбөсүн?..

«Так ээсинин кастыгы ачык билинген соң сарайдагы бурадарларыңызга ишене бейгам жата көрбөн, датка. Киши кишиге жакшы күнүндө жакын, а башыңа иш түшкөн чагында киши кишиге калыс, алыс — кошо өрттөнбөйт, кошо өлбөйт. Буйдалбаң, сизди Анжияндын бийик сепили эмес, улуу тоонун койну калкалайт...»

Дагы Курманжандын муңайым үнү кулагына угулду. «Зирегим ай...» деди Алымбектин ошол тапта ноюй түшкөн дили.

Көп турбай Алымбек датка өзүнө караштуу кошунун алып, Анжияндан Ош багытына жол алып чыгып кетти.

Канчалык кууланып, канчалык бөөштүнүп, канчалык «аке» «үке» дешсе да, акыры бу анын өкүмдарлык жеке бийлигине көлдөлөң туруп жаткан кубаттуу датка менен ачык бетме-бет чыгышарын чыгышмак Мала-Хан.

Тымызын бирөөнү жиберип өлтүртүп коймокчу болгон нистпнен нары экчеп, бери экчеп отуруп баш тарткан болучу. Буга бир туруп өкүнөт, бир туруп абдан эле туура болгондой сезилет. Өтө эле журтка ашкере тектүү датканы мындайча оңой көзүн жоюп жибериш чатакты кайра ырбатып, анын хан башын «эр өлтүргөн» делинтип, абалды аны сайын татаалдантып жибериши ыктымал эле. Көзү тирүү турганында эле «саткын», «өкүмдарлыкка жутунган кара ниет» деп айыптап, эл көзүнө оозго батышынча каралаи, колдон келсе элден чыгарып салыш абзел өндөнгөн. А тымызын тындым кылынса датканын өлүгү «шейит өлүм» аталып, бөөдө өлүм кылган «кара өзгөйгө» каршы туу болуп кетмек.

Кудай жалгап, ишти ушундай жагына айлантып албаганына Мала-хан миң мертебе шүгүрлүк кылды. Мына, чыгар душман өзү чыкпадыбы ачыкка?!

Ар бир мечитте, ар күнү «каапырга сатылып кеткен шайтанга» дуулдап наалат айтылууга өтүлдү.

Ушуну менен тең катар Мала-хан ыкрарлыктан чыгып кеткен кыргыз кыпчакка капилеттен чагылган болуп тиймекке шашылыш камылга кыла баштады. Тизгин тарткан эр бүлөсүн кыйратып, айылдарын өрттөп, Алымбегинин көзүн ойдуруп, желдетке жөө жетелетип келмекчи.

Те баягы Мусулманкулдун өлүмүнөн да күзара кыйноо тарттырылган салтанат өлүм кылмакчы.

А датканы керилген айдың Соң-Көл боюна он эки канат ак өргөө көтөрүшүп, ыйык салт ишараты кылышып босогосуна көк айчык туу сайып, куттагы тууган эли атайын шаң салтанат кылышып дагы тосуп алышты.

Жакынкы Үметаалы бий, Осмон бий, Көл бетинен дагы Муратаалы бий, Сары өзөн Чүй боорунан баатыр Байтик, мырза Шабдан чогулуп, акыбал аракөзү чара кылынып ортого кайра ташталып, оруска таяна ордо бийлигин биротоло колго алмак болушкан баягы баталашкан акыл максатын канра бекемдешип, кайра күчөй, өчүгө каршыккан демге өтүшту. Алымбек датка астыртан жай адамдар аркылуу Үч-Алматы жактагы орус акимдерине жылуу жүз байкатып, эртеңки ордо менен катуу кагылышы болуп калган күнүндө көмөк күтөрүн, аларга астейдил таянарын туюнтуп, бирок өзү дасыккан ордо адамы тапатандан сыр алдырбай, баштаган эле

жеринен бир катуу укурукка баш салып албас айласын кылып, «тумшугун батырып, канатын качырып» демекчи, этият, аяр абалда тутунду. А жергилик тоолук бийлер башотун аянбай Алымбек датка тууганына быяктан аскер кубатын курашып, Кокон ордосу менен бир убактагы кеткен кекти, өткөн өчтү бир эсеп-кысапташып алуу жагын катуу самай абдан дуулдаша аракет жүргүзө башташты.

Болуп жаткан окуяларга көз салып, өзгөчө ынтаа коюп, байкап, Күн батыш Сибирь генерал-губернатору болуп жаңы келген Дюгамель төрө 1861-жылдын 8-июну күнү империянын аскер министрине:

«Биз менен оболу ынтымакка келип алып, Алымбек Ысык-Көл менен Кичи-Бухара жайыгы аралыгындагы Нарын дарыясынын башында тоо арасында жашаган кара кыргыздардын ичинде калып, бул элдин өзүнчө бир өкүмдары болуп алгысы келип жаткан окшойт. Муну менен жакындашуу биз үчүн бул жагынан пайдалуу —биздин кербендер бул жерлерден Кашкарга бейпил өтүп калат, ошон үчүн эгер чын эле Алымбек бизге ыктай турган болсо, анда биз тараптан да жакшы мамиле көрсөтүлүп, ымала кылына берилсин деп, полковник Колпаковскийге жолдомо жаздым...»

— деп, атайын кабарлоо жасады.

Жаркын-Айым мечитинде Мала-хан өзү алдыга туруп ымамдык кылып, кыбла карай астейдил кудайгча кулдук келтирип, ордосуна ынтымак ырайым тилеп, мунажат кылды. Өңкөй иргелген билермандары — Шатман кожко, Кыдырбек датка, Кудайназар амин, Маргалан беги молла Алымкул кошо бата кылышты. Молла Алымкул үнүн атайы көтөрүп, баарын тескеген улук кудуретке ыйламсырай коңур кобурап, атайы азирети ханынын каалоосун кайталап коштоду. Муну Мала-хан дилдин биримдиги, өзүнүн өкүмдарлык сөөлөтүнө болгон астейдил моюнга алуу, урмат катары туюнду, кудай жалгап ошондой эле болушуна өзүн-өзү ишендире жубанды. Бул кишилер ордонун төрт бурчунан көтөрүп турган алтын түркүгү эмеспи, ар кимиси өлкөнүн ар шаарында бек, калк ичиндеги уруу башчылары, булардын азыр баш кошуп турушканы — тарки чыккан ордону эптеп бириктирип турганы болот. Буларсыз азирет хан кирер башбаанеги, жатар оруну жок бир селсаяк. Кубаттуу, дымактуу Алымбек даткага ушулар аркылуу гана туруштук кыла алат кыла алса, жеңсе ушулардын биргелешиши аркылуу гана женет.

Намаз, андан соң ордо шааниси кылып, бирткелеп чайлашкан соң ар кими өз шаарына, өз вилаятына тарашы зарыл эле. Бирак иргелген билерман бири да кетишке үзүр сурашпан, кайра ардеме кепке үйүр тарта субхат[1] ырбатышып, хан жанына үйрүлүшө беришти.

Ушуну сезерин сезип, Мала-хандын жүрөгү болк дей түштү. Кимисинин ичине кирип чыккан, аттин ай?! Кудурет үч нерсени бөлөк жараткан — адам жүзү ар башка, адам ой-санаасы ар башка, ар адамдыи көрөр тагдыры ар башка! Ал эми ой-санаанын кече күнү бир, эртең бир, андан нары дагы башкаланып, өзгөрүлүп кубулуп, ченсиз, чексиз жаңыланып турганы кыйын. Минтип өлкө тыштан да тынбай, ичтен да бөлүштү болуп, бир кепке, бир мүдөөгө келе албай калган калпыс мезгил. Түшкү дасторкон үзүрүндө:

— Кана, не кылгайбыз,—деп, өзү кеп баштады Мала-хан,— айтыңарчы, бу бейнысап даткага карата не аракет, не мамиле кылгайбыз?

— Ынтымак! — дешти бектер бир ооздон.

— Ынтымак?!—деп, кайра сурап, ой басып, ичтен салмактай кыңырылды Мала-хан.— Ыйык сөз, ак сөз.

Бирак, ачык айтышалы, ким бузуп жатат аны, өлкөнү ченеп кесип, ким базарга салып, сатып жатат?

Бектер унчукпай калышты. Макул эмес экенин түшүндү Мала-хан:

— Же, мен өзүм бузуп жатамбы өз ордомдун ыркын? — деп тарс жарылып кетти.

— Кудай сактасын, азиретим!—деп жиберди молла Алымкул.

Мала-хан күчөй көбүрө-жабыра кейип, күйгөн, таарынган кебете кийип, башын ийкей, отуруп күңкүлдөп, Алымбек даткага Кара-Кастек кыргынынан тарта койгон айыбын кайра

[1] С у б х а т — маектешүү, кеп-кеңеш алышуу.

башынан түшө айтып:

— Макул, эмне деш абзел эди ушундан соң?! Карап отура бермекпизби кол куушуруп, ал бейнысап Коконго чейин базарга коюп, сатып бүткөнчө, ыя?! —деди аягында.

— Кудай сактасын, азиретим!—деди Шатман кожо.

Молла Алымкул:

— Таксыр... Эч ким датка тараптан эчтеме өткөн жок деп айтпайт, бирак, бир жактан Оро-Төбө вилаятын талашып амир Музафар, бир жактан Ак-Мечит аймагын тартып алып орус чыгып, мына ушулардын үстүнө Алымбек даткабызды кетирип алсак, таксыр, бул иш өлкөңүздү жакшылык күнгө алып келбесин ким гана болбосун калыс адам көрүп турат...

Мала-хан үстүңкү бир ууртун тарта кыжырлана үңүрөйүп тиктеп калды.

— Ынтымак! — деди молла Алымкул атайы кайталап. — Мындан башка акылга сыяр жол жок өлкөнүн эртеңки аманчылык күнү үчүн, таксыр!

— Жарашыш ылазим,— деди Кыдырбек датка.

Мала-хан нестейе түштү. Ошко, андан нары Алайга жоболоңдуу жортуул кылууну ортого коймокчу болуп турган. Башын чайкап жиберди:

— Жо-ок! Оруска сатылып, каапыр кайридин коомуна өтүп кеткен бейнысап шайтан менен жарашпайм! — деди туталана. — А көрөкчө, агаларым, бел кылар бектерим, Ьфакмат эле дейм силерге, мен баягы үйрөнгөн Бухара-н-Шариф ордосуна кайра кетип, кайра карыптын күнүн көргөңүм артык! Жок дегенде, мусулман ыманым бүтүн калат...

Бу кантишер экен дегени, сынаганы. Калт этишкен жок бектер, күн мурунтан ар кандай сөзгө, ар кандай боло турган чарс кыял жорукка камдуу болуп келишкен зкен.

— Кудай андайдын бетин нары кылсын! — деген болуп калды молла Алымкул хан көңүлүн улай. - О, таксырым, андай жаман кепти оозангыч иш жолун ойлонмок абзел эмеспи?!

Өлө биримдиги, эртеңки бүтүндүгү кимибиз ким гана болбойлу баарыбызга бирдей, ал үчүн бар акылыбызды, күчүбүздү, кара башыбызды сайып коюп иш кылышыбыз ылайык, таксырым.

Мала-хан майтарылбас бөгөткө такалганын сезди.

Жарашмак! Ушул бир убакта кылып койгон жакшылык ишин дамамат бетине бечкек кылып, аны менен өкүмдарлык бийлигин бөлүшүп алып, тең ата, а көп убакытта ага да атанган кишилерден кутулуш үчүн не гана аракетти кылбаган?!. Эми келип, ордону өз жаныма ийридим, өкүмдарлык бийликти өз колума алдым деген күнүндө Алымбекке жапса жамы журт кулак кагар орчун күнөө кудай берип өзү таблган чагында кайра ушунун баарынан жалтаңдап баш тартып, кечип, дагы баягы күндөр көйүнө түшмөкчү? Дагы кимиси чүлүнчүктөп жетелейт аны булардын?! Жексен кылса баарын, аттиң ай! Күч кана?! Мала-хан шалдырай түштү.

Көп өтпөй Мала-хандын кырк элчиси Тогуз-Тороо аркылуу Кара-Көө ашып, Курта чебине келишти.

Алымбек датка өз уулумдан канын, кадырын кем кылбайын деп, асыранды уулу Карабекке тектүү Үмөтаалы бийдин Жибек деген эрке кызын кудалап алып, той тойлоп жаткан учуру эле. “Орго салып коё тургула!” деп, буйрук берип койду. Кече кырсылдашып, а бүгүн ордо менен ар кандай кагылышка кайыл болуп, ага ишенип, аны баш тутунуп турган журт не дейт?! Элчи менен сүйлөшпөй, кайткысы ниетин бул элге да, ордого да ажырым көрсөтмөк максатын көздөдү Алымбек датка.

— Эми эсине келген бекен кызыталак Мала?! – деди көчүнө. — Көргөнбүз алданып, бир жолу да эмес! Таштап жиберсин менин төбөмө көтөрүп турган асманы болсо! Эмдиги кезек мына биздики, мына эми биз анын башына каран күн салабыз!

Элчилер куртка зынданында бир жума жатышкан соң, ичинен бир адам тынбай: “Менин мойнумда даткага айтар бир амаат кеп бар”, — деп кыйкырып, жалбарып туруп алды. Бул алымбек даткага айтылды. Алымбек датка зындандан чыгарып алып сүйлөшсө ал адам молла Алымкулдан тымызын келген адам экен.

«Эстуу жансыз, датка, ойлонуп багың. Битке өчөшүп, отко салмакчы?! Бул өлкө баарыбыздын жонубуздагы жалгыз тонубуз, а өкүмдар деген ошол итке ыргытам дебей, адтка ыркка келиң. Сизди ыркка өлкөңүздүн эртеңки тагдыры чакырып отурат...” деп, молла Алымкул оозмо-оозго алдыртан кеп айттырган кадырлуу молла Алымкул, аткарылууга өтө

кыйын талап коюп, “болсо ана, болбосо ана” дешендей жарашудан бой качырды.

Молла Алымкулдун адамын киши кошуп узаттырып, ошол эле күнү калган зындандагы элчилерди бүт кыдыртып, Наарын дайрага таштаттырып жиберди.

— Ыя?! Бу туз урган миң тукуму далай элчибиздин канын ичкен. Келме кезек деген ушул! — деп, актанып койду.

Элчилери кырылганын угуп тыякта Мала-хан кайгырмак ордуна аябай сүйүндү. Чакчарылып, тез диван жыйынын жыйып:

— Мына! Айтсам ишенишпейт, ал бейсынап Жангарач менен Жантайга кошулуп, ыманын оруска сатып койгон десем болушпайт! Мына, көрүп алсын калыстар, мына!... — деп, буркан-шаркан түштү. Ушуну менен жарашуу акылын тапкан бектерге ачыктан-ачык күнөө койду.

Мына, не кылмак ылазим? Кайрадан бул суроо бектердин алдына коюлду. Ички чатакты тындырып, тыштан болуп жаткан кысымга туруштук кылып өлкөнү өлкө бойдон сактап калыш үчүн не иштемек зарыл? Хан менен датка бир ымка келиштен өттү эми. Не азирет хандын айтканын кылып, бардык аскер кубатын бир жумшап, датканы тыйпыл чабыш керек – бул каалоо гана, чабылып бермекпи, ушул бойдон датка оруска таянып, өлкөнү, элди бөлүп кете бериши айкын көрүнүп турат. Не датканын талабына көнүп, азирет хандан кечип тынмак абзел — бирөөнүн кайгы зарын, канын моюнга көтөрүш оңойбу, бул да кудай алдында, пенде алдында кысап берер мүшкүл. Кайсы жагы болсо да, убакыт күтөр эмес, тез болушун мезгил, акыл талап кылды.

Жыл ооп, 1862-жылдын 24-февралы түнү Шатман кожо, Кыдырбек датка, Кудайназар Түрк чала уйкуда толгонуп жаткан ордо эгеси Мала-ханды ойгонгуча басышың өз ордосунда, өз төшөгүндө думуктуруп өлтүрүп коюшту.

Койгон шарты аткарылган сон Алымбек датка Анжиян вилаятына келди. Курманжан айым менен акылдашкан убагында:

— Мен эми ордону биротоло колго аламын,—деди шар.

«Өзүм хан болом» деген маанини Курманжан айым туйду, ойлонуп:

— Ушул тапта башкалар макул болуп бере коюшар бекен? — деп, күмөн оюн эскертти. — Ордо эгесинин өзүң тындым кылган кишилер кол куушуруп отурушпаган чыгар, датка.

Алымбек датка бул сапар абдан өзүнө ишенимдүү болучу Куттагы туугандарынын колдоосу, аскер күчү, эн түгөнүшүндө орустун ачыктан-ачык болор көмөгү ойлогон оюн жүзөгө ашыртарына күмөнү жок болуп келген.

— Ким? Шатман кожобу? Ал кожонун биздин үй-тиричилигибизге кийлигишишке не акысы болмокчу?! Ошол алдына тартылган биртке табакка топук кылып, жөн жүрсүн! Кудайназар аминби? Миң-Төбөдөгү төрт кыштак түрк тууганын баштап чыгып, кайсы кырды ашмакчы?! Койчу! даткабы? Ал өзүмдүн карабагыш тууганым, ымга кели. шет! Молла Алымкулбу?

Курманжан айым башын ийкеди:

— Бул жакта сиз барыңызда эле барктуу болуп калган эмес беле, азыр сиздин жогуңузда көп элге туу башы, ордодо экинин бири, анын алдыртан өкүмү болмоюнча колго аларлык бир түзүк иш бүтпөй калган, Маланын көзү барында эле. Сизди кара аламан эл «качкын» дейт, ордо ичинде «саткын» дейт, а молла Алымкул «кайрымсыз ханды жыккан киши» болуп турган чагы. Нары да, датка, дагы бир ишти эске алмак зарыл — молла Алымкул Малага кутум ишти өзү баштарын баштап, а жүзөгө ашырар күнү Маргаланга үйүнө бекинип, качан кабар укканда кадимкидей өкүрүп келиптир, ушунусу менен карааламан эл көзүнө кутумдукту билбеген калыс киши болуп көрүнүп, ханга жаат ордо кишилерин, хан өзү кураган казына аскерин өзү тарапка ыктатып алып койгои.

Алымбек датка мекчейип ойлонуп отуруп калды. Мындан келди, ушул экен го ордо талашчу адам? Он уул, кыпчак уругу, хантагасы Кедейбай датка кошулуп демекчи, бүт сол бириккени калганбы?!

—Карап байкап көргөйсүз, датка,— деди Курманжан айым,— молла менен берки Шатман кожо, Кыдырбек датка, Кудайназар Түрк кандай алакада болушту экен. Ким билет, кыямы келсе молла Алымкул аларды «азирет ханга кол көтөргөн, канына забын кылган» деп, акыйкаты

да ошондой, өзү түздөн-түз катнашкан эмес, «сен айткансың» яеше албайт, далил таба алышпайт, беркилерди жазага тартып жибериш кообу да бар. Сиз, датка, ушул жагдайды эстен чыгарбаңыз, мына ошол кишилердин тамырын тартып, көңүлүн алып, колдон келишинче жанагыдай болуп кетер кокустуктан корчолоп, арачалап алыңыз. Сиз жакка оошсо, чоң жаат болуп беришет, жаман айтпай жакшы жок, алар жоюлун кетти дегиче сиз жалгыз каласыз...

Алымбек датка ой басып, башын ийкей жер тиктеп отуруп калды. Иш кыйын экен, бирок кантип баш тартмак көптөн ойлогон оюнан, бийлик кызыгынан?!

Так талашуу күч алды ордодо. Ар жаат өз кишисин көтөрүп чыга башташты.

Кокон сепилинин кырынан удаама-удаа күрсүлдөтө кош замбирек аттырып, өзү Риштан дарбазасына чыгып, молла Алымкул Алымбек датканы салтанат менен тосуп алды. Жамырап аваз кылган көп элдин көзүнчө экөбү эки жактан аттан түшүшүп, жөө басышып келип, төшүн төшкө тийгизе бөтөнчө ымала көрсөтүшүп учурашышты. Молла Алымкул көзүнө жаш алып, аманчылык сурап, датканын «кайра уясын тапканын» куттук айтты.

Тез эле, ордо жакшылары менен жүздөшүү бапыр-тапыры бүткөн соң, эки бек жанына башка көз, башка кулак кошушпай өзүлөрү ээн-элкин отурушуп, бийлик ээси ким болот, кандай болот, аста ой алмашышты. Өлкөгө бир кожоюн керектигин моюнга аларын алып, бирок кайра да Миң тукумунан хан көтөрүү оюна Алымбек датка каршы ниет билдирди.

— Не кереги, не касиети бар булардын?! Булардан көрө не отуруктан, не тоолуктан, не чөлдүктөн — үч тайпа журтубуздан көтөрүп алсак ким кой демекчи? — деп көшөрдү. — Э-э, Нүзүп аталык болуп, не көйдү көрдү?! Мусулманкул миңбашы болуп, не тапты?! Өз тууганын өзү жыгып берип, ыя, Өтөмбай менен Нармамбет не болду?! Мал арыгын баксаң ооз майлайт, адам арыгын баксаң төбө кандайт! Зап сөз эмес бекен?! Ушул Маланы көтөрмөлөнбүз деп, акырында сиз экөөбүз не мүшкүлдү көрбөдүк, бек?! Кайрыбыз чайыр болуп жабышты го өзүбүзгө?!

Молла Алымкул көзүн үлдүрөтүп, жүйөгө макул болгонсуп, каршы айтар жообу жок сыяктуу башын ийкегилеп тим отурду. Бирок, мына арты өзүнө жамандык ишке айланып кетишке ыктымал болгон өтө кооптуу окуяга карабашын сайып кирип, шарият да, салт да колдоп тургаң так эгесинин өзүн тындым кылып отуруп, акыры аягында «баркы бар» деп, ушул көйрөң Алымбекке ийлеп-ийлең итке салгандай кармата берип, өзү баягы эски бек тону менен шалпайып кала берер киши бекен?! Буга көнөр ою жок зарделүү молла Алымкулдун, бирок азыр көздөгөн купуя ниетин ашыкча коогасыз жылма гана бүтсө бүтөрүп кетиш үчүн сылык, сыпаа жүздөшүп отурганы. Шарт талап кылса, башка бейпил жол түгөнсө, ал ар кандай кыябында ким менен болбосун тике маңдайлашат, колуна түшүп турган бийлик тизгинин оңой бере койбойт, кан төгүшө кармашат. «Майли, жети өлчөйлү, жети өлчөйлү, датка...» деп, кымырылып, ар түркүн маани туйгузган сөз менен токтолду.

Кокон шаарына бек делинип, Алымбек жалпысынан ордого баш-көз боло турмак вазийфасына өттү. Молла Алымкул мурда эле ордо аскерин өз кол алдына ийгерип алган сон аскербашы катары ошол бойдон козголбой калды. Бул бир жагынан сыртынан бийликти бөлүшүп алган ынтымагы болуп, бир жагынан абалкы өткөөл мезгил, бирин-бири акмалаган, ар кимиси өз кубатын тымызын чамалашкан убакыт гана болучу.

Шаарихан беги карабагыш тууганы Койчу датка, Кыдырбек датка, Кудайназар Түрк баш болгон бир топ ордо адамдары Алымбек датканын таасирине өтүштү. Бул жаат «өлкө биримдиги» дегенди өз ичинен өзүмдүк хан авледин көтөрүп, колдон келишинче орус менен жакшылык менен тынышып сакташмак. Бул көксөө Канаат-шанын ордуна Ташкенге бек болуп калган Шатман кожонун таламына төп келбей, ал астыртан молла Алымкул жаатына ыктады. Күн өткөн сайын ара жиктелип, кимдин жанында ким бар экени эки тарапка айкын болуп, айыгышуу аябай курчуп, кыйраша турган бир катуу кагылыш үрөй учура жакындап келе жаткансыды.

* * *

Ордо тараптан ар күнү ар түркүн кеп угулуп, кайсынысы нуктуу, кайсынысы каңырыш, биле албай Курманжан айым миң бир толгонуп, түркүн түмөн божомол сесин алып, ой-санаасы бир жерге токтолбой дүдала болуп турган чагы болуучу. Жолдун оңуту деп, өргөөсүн Каблан-

Көл жайлоосуна кондурган. Ошондой мазасыз түндөрдүн биринде эл кызуу уйкуга кирген мезгилде капилетен те алыстан ат кишинеп калды. Түйшөлүп, али кирпик кага албай жаткан Курманжан айым: «Ошол...» деп аптыгып ордунан тура калды. «Ошол, карача аргымак ошол!..» деди. Үйүр сагынган айгыр аргымак чаалыканын унутуп, алчактай басып, алда кайдан улам шаңгырап кишинеп келе жаткандай. Курманжан айым эшикке кандай чыкканын билбей калды. Дагы шаңгырап аргымак кишинеди. «Өзү экен... датка келип калды окшойт, аксары башыл кудайы, о көкө теңир ай, не күн болуп келип кплды экен?!» деп туталанды, не кубаныч, не кооптуу бир окуя сезгени белгисиз эт-жүрөгү болкулдап, алдастай басып, шабырт келе жаткан жакты көздөй бет алды. Улам коюу көбүргөндү шатырата нарылаган сайын жүрөгү опкоолжуп, тездей берди. «Ыя?!. Келбейт эле, зарыл бир иши болсо киши жиберет эле!.. Ыя, куугун жеп калдыбы, ыя?..» деп, санаа аны кыстап, шаштырып, жүгүргөнүн өзү билбей баратты.

«Эне, кайда барасыз, токтоң?!» деп айта алышпай, эсейген эки уулу тең ээрчип, бири каңтарылуу аттардын бирин жетелеп: «Эне, буга минип алыңыз» деген сөзгө жетише албай карама-карама логлоп чуркады. «Ыя?!. Не болсо да жай эмес бу..» деп, балдарынын ээрчигенин сезбей, артын карарга буямасы боло албай кетти Курманжан айым.

Бир убакта көп аттын дүбүртү, бышкырыгы таасын угулуп, жакын эле алдыдан шыңгырап карача аргымак кишинеп жиберди. «Мына! Айтпадым беле?! Өзү экен...» деп, ал селейип токтой калды. О, санаадан учкул жок белем?! Ошол тапта Курманжан айымдын көңүлүнө «карача аргымакка датканын сөөгүн артып келатканбы, каран күн» деген ой зып дей, ошол замат коштогон көп атчан Дуу өкүрүп жиберише тургандай сезим эңги-деңги кылып, тула бого дүркүрөп кетти. Курманжан айым дагы бой таштап, өз шабырты, коюу көбүргөндүн качыр-кучур болгону кулагына угулбай демиге катуулап басты. Аңгыча Караңгы арасынан туңгуюк көзгө илинип, ири алдыда, тырыла басып, карача аргымак дагы шаңгырап кишинеп жиберди. Курманжан айым эл көзүнө да байбиче каадасын тутуна токтоно албай секелек келин сымак дуу эте чуркап, жеткенинче аргымакты тизгиндеп:

—Келгиле, келгиле,— деп, үнү калтаарып, шыбырагандай басмырт күңкүлдөп, токтотпой кошо желе басты.

— Кандай, байбиче, тынчсыңарбы, мал-жан эсенби байбиче?—деди эңкейе Алымбек датка караңгы ичинен кабагы көрүнбөй, үнү шалкы. Жол азабыдыр?

— Кудайга шүгүр, элиңиз эсен — биз эсен, датка!.. деди Курманжан айым, кош колдоп кармап, эринин кан чылуу колун өөп тооп кылды. Ошол бойдон аргымакты суулуктай жетелей:

— И-и?.. Ыя, неге мынча түн катып, датка?.. — деп сурады ошол Каблан-Көл айланасында караңгы түн жамынып кулак түрүп чыгарып кетерин гана сыйынып токтоду.

Алымбек датка унчукпай, неден баштап, не деп айтарын биле албай, тунжурай калды. Сабыры кетип, ушу карангы түндө кабагын байкайм дейби, колу аргымактын суулугунан чыкпай, кетенчикте басып, андан жооп күтүп бараткан Курманжан айымдын караңгыда кадалган көзүн сезди. “Бул эмне?!” деди Курманжан айым. “Бул эмне, биротоло баарынан кол жууп, үмүтү үзүлүп, деми кесилип бүтүп келгенби?!” деп, ордр талашып жүргөн датканын бул кейишине эч ыраазы болбой, макул боло албай бир аргасыз кайгы, бир те тереңдеп кыжыры дүрт тутанып, жүрөгү дүкүлдөп кетти. Алымбек датка да бул кумурсканын түндө оонап кеткен жерин билген дегендей керээт айымдын мындай чоочулаганынан “дагы бир балакетти уккан экен” деген ойго дароо кабылып, дароо ордо кымыылган ордо адамдары көз алдына бир тартылып өттү. Ал байкай албаган дагы мүшкүл бар белем?!

— Ыя, датка, дагы качып чыккансыз го?.. — деди бир убакта Курманжан айым баягы мунайым мүнөзүн сактанып, бирок анын деминен кескин зил угулду.

Алымбек датка өзүнчө акырын улутунуп, өзүнчө касырет тартып, өзүнчө өкүнө башын ийкегилей:

— Качып келгеним го жок, бирак абал жаман, байбиче... — деди чарчаңкы.

Ошол учурда өргөөгө жакындап, көк дөбөт күлтүлдөп эркелеп тосуп калган эле. Курманжан айым карача аргымактын суулугун бура тартып, кайра окчундай жетелеп басты:

— Куп жакшы! Андай болсо аттан түшпөң, ырым болсун, датка. Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн элге келген болсоңуз куп жакшы, ат жалынан бүткөрөлү датка...

Бир тынбай ат үстүндө келип, такымы тырышып, бели уюп, чаалыккан Алымбек датка ээрдин кашына өбөктөп, караңгы түндө акырын күңкүлдөп, ордодо болуп жаткан оош-кыйыш, бир жактан бир жакка түндө жорткон келемиштей жылып-жылып өтүп жатышкан ордо шумдарын, абал улам курчуп, улам кызып, тарс деп бир жарыла турган коопту күндүн өтө эле жакындап келип калганын айтты. Эң акырында “Эмне кылабыз?” деген сурооону туйдуруп, ушул айсыз караңгы сыяктуу туңгуюк абалдан керээт айым бир сыйкырдуу шам чырак акыл туттуруп, чыгарып кетерин гана сыйынып токтоду. “Кой, датка, ушул бийлик деле жетет бир башыңызга, кой ордосу менен курусун, келгениңиз жакшы болуптур, ордо башы болсоңуз беш чүрпөнүн атасы болуп, тынч эсен жүргөнүңүз ылазым, айланайын даткам” ... дейт деген ойдон башка маңдайына келбе бүт тула бою ныксырап, эгер минтсе өзү буга кандай мамиле кылары даяр да эмес, талыкшып, тунжурап турду.

Жайлоо жердин сыдырым жели кайдандыр леп-леп келип, кайра кандайдыр шуу-шуу кайып учуп өтүп, кайра дымый калып турган. Те нарыда коштоп келген кырк жигиттин өзүлөрүнчө акырын кобурашканы, оттогон аттардын шабырты, бышкырыгы гана түн терметет. Курманжан айым карача аргымактын ыйык жалын кармап үңкүйгөн бойдон көпкө былк этпеди. Бир оокумда Алымбек датка бир сүйөк кеп талап кыла дагы өзү түйшөлдү, “үйгө түшөлү эми” деген ою ооз учуна келип. А Курманжан айым ордунан ыкшалбай:

— Ыя, датка, жүрөксүп калган окшойсуз?.. — деди акырын, ындыны өчкөнү, мындай жүрөксүнүшүнө макул эместиги деминен байкалып.

Алымбек датка ээрден өйдө боло берди. «Ырас» деп кантип айта алат эл агасы башы менен?! «Жок» десе калп болот, ал калпып баягыдай алдын туу көтөртүп дал түштө жол келбей түн катып жүргөнү, эки ийни түшө минтип шалдырап турганы ашкере кылып турат.

— О аттин ай, жүрөксүнөр жөнүңүз барбы, даткам, жаман айтпай жакшы жок, бул иштен мертингидей болсоңуз артыңызда азамат беш Алымбек калып турбайбы?!— деп жиберди Курманжан айым үнүн кейиштүү да, кекердүү да көтөрө.

Карангыда айымдын тереңинен кайрат жалыны күйүп турган баягы жашыл көзүн Алымбек датка дили менен Көрүп, мындай катуу кепти мурда укпаган, ошол табында күтпөгөн, ормоюп тиктеген бойдон селейди.

— Кайткайым онбу, байбиче?..— деп сурады бир убакта.

— Оң түгүл, датка, зарыл! — деди Курманжан айым, туталана. — Өзүңүз ойлоп көрүңүзчү, эми качып кайда батасыз? Те куттагы ишенип отурган тууган эл эмне дейт?! Дагы качып, дагы кара башыңызга сыйынт сураң дагы көмөк тилеп барсаңыз? Ыя, иренжншпейби?! «Кимге ишенип, ким менен тагдырыбызды канжыгага байла, нышып жүрөбүз?!» дешпейби?! «Өзүбүзчө ордо күтөбүз өзүбүзчө бир тайпа журт болобуз» деген көксөөнөр, оруска ык салган жалгыз айла саясатынар кыйрап түшпөйбү бу өлүмгө тике карайт деген башчы кара башын корчолоп, жалт берип кетсе?! Жамы кыргыз кыпчак журту сизди карап турат. Мындай кезде, датка, кара жанды ала качкан айла эмес көксөгөн максаттын кадырына кара башты тике сайып, жазатка өзү барып бериш — ошол айла, ошол акыл, ошол эрлик!..

Алымбек датка катаал сөздүн ыктуу жуйөсүнө тен берип:

— Ырас,— деп, чачылган санаасын жыйнап, кадыресе чыйрала түштү,— ырас!

— Тез, кылчактабай азыр кайтыныз, датка. Минген бурактан түшпөңүз, кармаган тизгинди коё бербеңиз — бул ырым, бул эртеңки минер тагыңызга, тутар өкүм тизгиниңизге үмүт, тилек бурак үстүнөн суусун ичип, азыр кайтыңыз,— деди Курманжан айым.

Те нарыракта турган беш уулу—Абдылла, Асан, Маамыт, Баатыр, Камчы келип, улуулата эки колун боорона алышып салам айтып, акырын ыйбаа, ызат карманышып, көрүшүп калышты. «Мына, сен мерт болсоң бек каадаиды кылар, жолуңду улантар, ысмыңды туудай көтөрөр бул беш азамат калат артыңда — сен чайлаган бай терексиң!» дегенди кайра туйду. Алымбек даткага бул аны эки колтуктан сүйөгөндөй кубат, кайрат берди. Бириненбири сөөлөттүү, биринен-бири көрктүү, биринен-бири калышпай кылка теректей бой керишип өсүп келе жаткан боз уландарынын деми аны көз көрүнөө көтөрдү, заматта ордо кыжаалатын, өлүм коркунучун унуттуруп, тебелетип жиберди. «Кудайга миң мертебе шүгүр, мендей пенде өлөм десе күнөө болот!» деген кыял көңүлүнө жаймаланып толуп чыкты.

Уландары менен учурашканы да, коштошкону да ушул эле болду. Карача аргымакка мейиз кошкон күрүчтөн жем илип, Алымбек даткага аргымак үстүнөн көөкөрлөп, кымыз жуткуруп:

— Тез дегеним бул, датка, сиздин түн катып ордодон чыгып кеткениңиз «маслахатка кетти» эмес, «качты» болуп тарайт. «Качты» болгон соң кечеги жумшак тил, катуу сүр менен ийгерип кураган тобуңуз байкоосуз ыдырайт — качкынга ким кошулуп качмак, аргасыздан болсо да досунуз касыңыздын тарабына жылып өтөт, кеткеи посту кайра кайрымай жок, касындан аша каршыккан лушман болуп кала берет. Сиз, датка, ката иш кылгансыз, эми ал катаны ууга чыгып келген өң көрсөтүп, Коконго шардан менен кайра кирип, кайра ордонун төрүнө өтүп калганыңыз гана оңдойт оңдосо...— деп шаштырды Курманжан айым.

Жолго бата алды Алымбек датка. Курманжан айым аргымакты дагы эле суулуктап жетелеп, лепилдеп узатып басты. Эми шашыла күңкүлдөп сүйлөп:

— Абал кылычтын мизине, кылдын учуна келген экен. Мындай тапта озунган эле алат, кенебей жаткан алдырат, датка. Онут күтүп отурбай тобокел кылып, озунуш кылазым, датка. Тез! Ойронун чыгарыш зарыл, датка. Кылчандаш болбойт! Арты эмне болорун ойлонуп отурушунуз өзүңөргө кастык, арты эмне болсо ошол болсун, бир кудай өзү, ичи кең, жөндөйт... — деди. — Эми, дагы бир айтаарым —бой жүрбөй не бир көзүңүз түшкөн, не бир жакшы санаалаш бурадарлар акыл берген бир түзүк жубанга нике байлатып коюңуз — бою-башыңызга карайт, мусулман ордосуна баш болуп отурган соң тазалыгынызга төп, эн жакшысы кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издеген душмандарыңыздын ушак-айың кебинен какас болосуз — бул ушул тапта ашкере зарыл.

— Ылайыгына,— деди Алымбек датка,— ылайыгына карайлы, байбиче. Кош,— деп, эми өзү ашыгып, бардык ой-санаасы ордо кармашына ооп, өзү туталанып, кош айтышты. Курманжан айым эринин колун өөп тооп кылды да:

— Кош датка! Жигит пири Шаймерден колдосун... — деп, ак тилек кылып, карангыда жүзүн сыйпап бата кылып, бу ортосунан кыл өтпөй калган өмүр менен өлүм кармашына биле туруп өзү жөнөтүп койгонун айкын сезип, не кайгырбай, не кубанбай нестейип кала берди.

Кырк атчан кайра дүпүрөй Кокон көздөй тартты. Алымбек датка алдынан чыккан кишиге салам да айтпай, саламына алик да албай, ким экенин даршан кылбай түн пардасын жамынып, күпкөсүнө ач түлкү киргенин туюп калган карышкырдай алдастай сүрдүгүп, жаагы карышкан тажаал санаа куюктуруп, эч жерге токтолбой кетти.

Ушундай капилет жорук болуп кетерин ким болжогон?! Ордого башкөз болуп калуунун өзү Алымбек датка жааты өкүмдарлык бийлик колго өткөнү ушул дешип, көңүлдөрү жайланып калган убак эле. Кудайназар Түрк менен Кыдырбек датканы бир түндө жүздөн аскер барып, үй-үйүндө басып, а дегидей сөзгө келишпей экөөн тез кылычтап өлтүрүп кетишти. Жигитбашы Маматкан баатыр кызылдай кырылышып кармашып, нары беги, нары өз туушкан агасы Койчу датканы коргоп калды. Таң сүрө адам үрөйү таанылa баштаганда түн жамына тийген жоо кыргындан калганы кайра тартып, дүпүрөтө дүргүй чабыша бир жакка бой жашырып кетишти. Ким булар? Кайдан?

Ошол күнү бул шумдук окуя кабары Коконго жете электе Чотон деген адам Алымбек датканын эшигине келди.

Алымбек датка эртең мененки намазын жаңы эле бүткөн. Азирет Шайх-уль-Ислам Саги-заада, молла Зия деген ордо адамы баш болгон төрт-беш киши салам айтып келип калышты. Шайх-уль-Ислам ордодо качан болбосун, кимге болбосун келсе жолу тосулбайт. Күн ырайы, эгилген эгин, жыйым туурасында сөз кылышып отурушкан.

Караулбашы кирди:

— Таксыр, Чотон баатыр келиптир, учурашып кетсем дейт,— деди.

— Чотон!? Чотон маңкабы? Коё турсун,— деп койду Алымбек датка. Көз алдына аюудай килейген тууралуу, бою пас, эки көзү кыпкызыл, мурду белбаскак, одурайган кара киши келди. Чотондун ашкере бой көтөрө эрес талашкансыган кейпи, бир да жолу сырдашпаган зардеси Алымбек даткага жакчу эмес, жылдызы каршы сыяктуу киши болучу.

Бир аздан кийин караулбашы дагы кирди:

— Таксыр, сабылып турат. Ноукенге өтүп бара жаткан экен, бир ооз сөзүм бар эле дейт...

Алымбек өйдө карай берди:

— Эмне сөзү бар экен ал ант урган маңканын?!— деп алды. — Мейли, киргизчи бери...

Чотон эшиктен араң сыйып кирип, камырабай чайпала басып, күркүрөгөн жоон дабыш, акырын салам айтты да, кычыгына эт өсүп кеткен кызыл көзү үй ичин бир чыргый отурган адамдар менен суз кол алышты. «Мунун кесири башынан ашкан!» деди ичинен Алымбек датка. Молла Зия ireңи купкуу болуп, башын араң ийкегилеп:

— Ие, келиң, Чотон баатыр, келиң,—деп датканын жанынан өз ордун бошото ылдый жыла берди,— төргө өтүң, төргө...

Чотон сыңар тизелеп, коомай көчүк басты.

— И, кел, жол болсун? — деди Алымбек датка.

— Бир эртеңкиге калтырбай турган зарыл иш бар эле, датка... — деди мелтейип, үрөйү да суук, көзү да шумдук туйдура ойноктоп Чотон.

Ал убакта шырп эткен шыбыш жалган-чынына карабай керек болчу. «Э, бу отурган элден жашырын экен» деди, Алымбек датка кайтарып сураган жок.

— Кел, даам сызып, анан деле айтарсың ишиң болсо.

Чотон көзүнүн төбөсү менен дагы бир сыйра баарын тиктеп, молла Зияга келип, кадалып токтоп калды. Молла Зия аны сайын көзүн ирмешке жарабай, азирет Сагизааданын ахлак жөнүн маек кылган коңур муңайым үнү да кулагына угулбай, нес болуп калды. «йа, алла! Бул айбан неге тирмейет?.. Ыя, тууганын кыя албай, өңүн көрүп ырайдан кайтып, ыя, тууганына барлык сырды булайтып чубап таштаганы отурабы бу макоо?..» деп, өлүм менен өмүр аралыгы ал үчүн бир нукум болуп, заманасы куурулду. Аңгыча дасторкончу дасторконун жаяр алдында жез чылапчын тосуп, өзү жез чөөгүн менен колго суу куя баштады. Этектен башталып, төрдөгү шайх-уль-Ислам Саги-заада, молла Зия кол жууштu. Эми Алымбек датка эңкейип, жез чылапчынга кол тосуп, ашыкпай жууп, суудан ууртап, ооз чайкап жаткан мезгилде килейген Чотон лап тура калып, койнунда катылуу келген шап[1] кылыч чагылгандын отундай бир жарк дей төбөдөн шилтенип, көз ачып жумганча Алымбек датканын башы чылапчынга шалак деп түшүп калды. Шайх-уль-Ислам Сагизаада эки көзүн басып, кылыч эми ага шилтене тургандай, тез күбүрөп келмесин айтынып жиберди.

— Коркпоң, азиретим, коркпоң... — деди молла Зия.

Кылычынан канды аптыга бир жалап алып, тажаал айкырык салды Чотон:

— Мен бекмин Коконго! Жайлайм былк эткеииңди! Жайла-айм!

Ким былк этмек?! Ошол жерде шайх-ул-Ислам Сагизаададан башкасы муну билип келген, Алымбек датканы шексинтпей ортого алып туруш вазийфасы тапшырылган өңкөй кутумдар экен. Көздөрү жайнап эле ликилдеген Чотонду мыңк этпей тиктеп отуруп калышты.

— Уа, бар-ракал-ла, Чотон бахадур, бар-ракал-ла!.. деп, мактап жиберди ачык молла Зия. — Энди, бахадур, тышта не окуя болуп кетет, тыштын камын көрмөк абзел, бахадур...

Желигип, ликилдеп, Чотон тышка жөнөдү.

Тышта Алымбек датканын күзөтчү жигиттери бар, иргелген жүз сыпай менен келген Чотон, не бар не жок, кымкуут кагылыш капшабына кабылып калбас үчүн кутумдар тамдан чыкпай бугуп отуруп калышты. «Бири өлүп, бири калсын. Бир жаңсыл болсун...» деп ойлоду ар бири. Кокус датканын күзөтчүлөрү үстөмдүк кылып кетишсе, өлтүргөн башка, буларга ким күнөө жүктөй алмакчы, кайра өлтүргөн кишиге наалатын жабыла айтышат, күйүнүп өкүрүп калышат, а ушул бойдон Чотон басып калса дагы жакшы, баягы көздөлгөн иштин оңуту. Бирок, алардын ортосунда ордонун билерманы сулап өлүп жатпайбы, акыры кандай түркүн өзгөрөрүн ким билет, нреңдери учуп, не деген кооптуу тагдырга баштары байланып калды. Молла Зия Алымбек датканын өлүгүн улагага алдырып, үстүнө жана эле желбегей ийнине салып отурган кымкап тонун айкарасынан жаптырып, башын жанына койдуруп койду да, эси чыга калчылдаган дасторкончуга дасторкон жайдырып, жалбырттап чачылган, коңурсуп жыттанган адам канынын ортосунда атайын ырым үчүн жайма-жай даам сыза беришти.

— Э-э, жеткен ажал бул. Кырк жылы кыямат жүрсө бей-ажал чымын өлбөйт деген эмеспи

---

[1] Ш а п — эки жагы тең миздүү кылыч.

жараткан эгем...

— Муну өз ниетинен өзү таап алды окшойт даткабыз?..

— Уа-а, ошону айтың, ошону... Бу ыраматылык датка жакшы адам эди-ю, ынсаптан кетип калды, ынсаптан... Бу баарыбызга тең ыйык ордону түрк баласына гана энчи кылмай болуп, аттиң ай, ордонун кат-кагазын нонок түрки менен жүргүзмөкчү болуп... О, илгери бир муштаидден сураган имишдур: «Кайсы тил ширин?» «аль-Арабиасел, фарси-шекар» деп, жооп кылган муштаид. «А түрки недур? деп, такык кылган дешеди. «А түрки — өнөр» деп койгон акылман. Маани ушул ки, түрки — тириликте бир кереги болуп кала турган, а мейли базар заруратына жарай турган бир өнөр гана экен. Ыйык кат аль-Куран, арабиде, аны башка тилге таржима этиш күнөө, магнасы бузулар, а фарсиге беш ирекет намаз, жаназа окуш, жана да бир кат, казалжа зыш ылайык болунган. Муну бузуш аз күнөө эмес эди даткага...

— Пай, пай... Кудайым сүйүп бак берген, дин-Ислам шарияты дува берген паша авладин жок кылгаймын деп, не өзүн, не башка түрк баласын хан көтөрмөк болгонун яарап багың? йе, алла, дааратын түзүк ала албаган кайсы түркой өкүмдар болуп жарытмакчы?! Э-э, мунусу менен жамы мусулман берлигин опат кылмак даткабыз...

— Ва-ан... Тиги кут жайдагы жабайы туугандарынын азазил тилине кирип, арам дилине ооп, мусулман жерин тартуу этип, дин-Исламдын душманы кайридин орус менен купуя алака кылышка батынган...

— Пай, пай... өз өлүмүн өзү сурап алганы бул эмеспи?!

Жайма-жай кобурашып, биринен бири ашыра Алымбек датканын күнөөсүн көбөйтүп, колдорун улагада жаткан өлүгүнө кезей-кезей кеп урушуп, баш ийкеше бирин бири кубатташып бирок баарынын кулактары тышта, даам сызган болуп отурушту.

* * *

Өзү ошого чейин Маргалан вилаятынын беги болучу Алымкул. Мала-хан тындым болунган соң аскербашчылыкты алып, өзүнчө өтө ишенимдүү Маргалан ичиндеги аскер ичинде турган. Тезинен Мала-хандын он эки жашар Султан-Сейид деген уланын ак кийизге салдырып, «хан» деп жарыялап, ордого колунан жетелеп киргизди да, өзү бала ханга аталык, ордого кеби эки кылынбас эге болуп калды.

Алымбектин тындым болгону угулган соң Курманжан дароо алейне өргөө тиктирип, түндүгүнө аза белгиси кара байлаган туу сайдырып, урук-тууганын жыйнап, өзү астейдил көзүнөн жаш төгүлүп, колуңдагы шакек-билеригин, кулагындагы сабагын чечип, кара кийип, кош бөйрөгүн таянып, элдин эң алдында өңгүрөп, акырын эки ооз кошок кошту:

...кызылдан макмал эндейди,
кыйыры чалкар көлдөйдү
кыргыз-кыпчак элиңин эми
кыздары туубайт сендейди...

...карадан макмал эндейди,
кайкыган чалкар көлдөйдү
кыргыз-казак журтунун эми
катыны туубайт сендейди...

Тууган да, ичтен табалап турган кутум да чуу көтөрө өкүрүп, тоо арасы кошул-ташыл теңселди.

«Кадырлуу бек айым, дозоку болгон кутумдардын колунаң мерт болуп, кайран бегибизден айрылып калдык. Келип, өзүңүз башында туруп, бектин ариетин кылып кетиңиз...»

деген «куш тилиндей кабар «алып, ордодон атайын чабарман келди, бирок аяр Курманжан өзү

«баскан-турганы чектелүү аял» экенине шылтап, өзү барбай, «эл акса, калдарынан» жиберип, бектин сөөгү алынып келннген соң кокон ордосуна ыкрарлыктан ачык баш тартты.

Эми Кокон ордосунан эч жакшылык болбосун болжоп, баягыдай арачы түшөр күйөрман Алымбек туугандын көзү жок, аркада Байтик баатыр оозунуп аракетке өттү да, байкатпай Бышкек чебинин беги Рахматулланы сыяпатка чакырып алып, кырк нөкөрү менен түгөл кырдырып салды. Тезинен Жантай бий биригип, «орустун карамагына өтөбүз» деп, астейдил ниет билдирип, Верныйден Сары-Өзөн-Чүйгө орус аскерин чакырды. Көп өтпөй полковник Черняев 1863-жылы Коконго караштуу Токмок, Бышкек чептерин камоолго алды. Байтик баатыр, Жантай бийдин жоомарт уулу Шабдан мырза өзүлөрү кошулуп, элеттен жайылган каракелтек кошундарын башташып, бул чептерди кыйратууга өтө ншкердүү көмөк кылышты. 1864-жылы Ниязбек чебин, Оулия-Ата шаарын алууга катышышты. Бул кызматы үчүн Байтик баатыр падышадан жакут көздүү алтын шакек, ыйык Станислав орденип сыйга алып, жашырын полиция капитаны чинине көтөрүлдү.

Ошол 1864-жылы жай мезгилинде Алымкул аталык көп аскер баштап, баягы Алымбек датканын жолун басып, кар жаабас кара Кочкор жерине келди. «Ыя, жалгыз Алымбекти гана тааныйт бекен кут эли?! Мен кыргыз кыпчак эмес бекемин?! Мен да барам туугандыгымды ортого салып, мен да Алымбек тапкан тилди табышам, кудайга тилим жазыктуу болбоюн!..» деген үмүт, санаа жетелеп келди. Куду ошол учурда, эми Үмөтаалы бий менеп жүзмө-жүз отура баштаган чагында «Букар амири Музафар Ташкенге чапкын кылат экен, баягы башынан багы тайган Кудаяр селсаягын кайра коштоп алып келе жатат дейт» деген катуу кабар артынан куба келди да, Алымкул аталык Шамшы ашып, Сары-Озөн-Чүйгө түшмөкчү болгон оюнан баш тартып, тезинен кайра Коконго кайтууга аргасыз болду. Түркстан, Чымкен, Сайрам чептерин биринин артынан токтоосуз бирин алып отуруп, генерал Черняев 1865-жылы Ташкен шаарына жетип, камоолго алды, Ошол Ташкен дубалынын түбүндөгү беттешүүдө ич ара бак талашкан кутумдарынын тукурган кишисинин артынан аткан огунан Алымкул аталык өзү капилет өлүм болуп, маңдайлашкан душманынын аяк алдына бүк түшүп жыгылды.

Мурда эле амир Музафар колунда жүргөн качкын Кудаярды бетине кармап, ансыз да ыдырап, ыркы тайып турган Кокон ордосунун ички талаш-тартышына кийлигишип, тындырбай чекарада кагылыш кылып, барымта, чапкын уюштуруп турган. Эми минтип, Алымкул аталык мерт болуп, бир жактан генерал Черняев өлкө үчүн өзгөчө мааниси бар мерчем жер Ташкен шаарын ээлеп, акылга дыйканмын дегендин аңы учуп турган мезгилде жолун торор эч ким жок, амир Музафар көп кошун менен Кокон ордосун келип басты. Илгерки атасы амир Насрулла кылган сыяктуу «Кокон өлкөсү Бухара-и-Шарифдин бактыяр өкүмдарынын кол алдына өттү» кылууга дит бага албады, бул өлкөдөгү жашаган түркүн тайпа калк кыйла өзгөчөлөнүп, өзүнчө журт болуп көнүп калышкан, оңойлук менен ымга келе койбосун билет, «ордону тартып алган карөзгөйдөн бошоткон» болуп, «ыйык ата мурасын өз эгесине кайра алып берген» болуп анын көзүн карабаска чарасыз Кудаяр аркалуу өлкөгө өз өкүмүн өткөрмөктү көздөдү. Ким каршы Кудаярдын ордого огожо болушуна? Дагы баягы өчүккөн кыргыз кыпчак! Ким алардын ушул тапта биригип баш коёр адамы?

* * *

Күндү улактырбай ошол кеч күздө жанына Кудаярды алып даңазалуу Бухара-и-Шарифдин шаани-шөкөттүү амири Ош шаарынын күн чыгыш тоо жагындагы кичинекей Мады кыштоосуна келди.

Өргөө ичи элет адаты боюнча жасалган, күнүмдүк тириликке керексиз кылдай эчтемеси жок эле. Жай мезгилде салкын ак сарайында отуруп, кыштын күнү ак сарайдын тышкы кең майданына бышкан кыштан жарым кез бийик көтөрүп тегерек кылган журтка боз үй тиктирип, алдына зыгыр бакал төшөтүп, анын үстүнө килем-килче салдырып, керегесине кештелүү талдырма[1] калатып, ортосуна арчадан от жактырып жашап жүргөн амирге бул өргөө көнүмүш, бирок шашылыш тигилген сыяктуу көзүнө комсоо, өтө эле жупуну көрүндү. Түркүн тур

[1] Т а л д ы р м а — түр баскан кооз кийиз.

салынып чырмалган чий гана көзүнө түшүп, көркөм буюмдун баасын билген неменин көдүлүн биртке бөлгөндөй болду. Бирок, үзүлүп караган жок, тек гана чийдин түрүн, көчөтүн, кештелерин сырттан кайдигер сыяктанып, а көңүлү тереңинен баам салып, баа коюп отурду. Шекчил амирдин көңүлүнө акырындап: «Ыя, бул не кылгандары, мал издегең бирөөгө жата конок беришкен сыяктуу кембагалдын жакыр үйүнө киргизип коюшканыбы бу?..» деген кинээ кетти, бу булардын ымга келишпестигинин белгиснби деп ой жооруду. Кудаяр да сары санаа, жер тиктеп: «Эми не кыямат кеп болунар экен? О жараткан, бу катындын оозуна биртке алтын шилекей салып коёр бекенсиң?!» деген күйгүлтүгү кошо агып, нес болгонсуп былк этпейт.

Бир убакта тыштан акырын токтоо кобур үн чыгып, өргөө эшигине шарпа жакындап жаткандай болду. Кудаяр леп эңкейип, жыш чийдин түбүнөн тыштагыларды көрмөк болуп, амир Музафар сунган бутун жыйып, мандаш урунуп, оң тизесин таяна тагында отургандай келберсиген сөөлөтүн түзөп, тыштан келер адамды күтүп, томсоруп кыя тиктеп калды.

Кимдир бирөө акырын тооз[1] куштун түрүндөй кооз чырмалган чий эшикти көтөрүп, эки жактама сыр каалга ачылып, адеп сактай жүйүртө баскан Курманжан жесир кирди. Жана амир Музафарларды алдынан тосуп алышкан Жаркымбай, Осмон, Өмөрбек, Акимбай коштоп келишти. Курманжан жесир:

— Арыбагыла... Келгиле, азирети... — деп, мунайым, жумшак салам айтты.

— Бар болуң,— деп, ордунан тура калар түр көрсөтүп обдула копшолуп, алик алды амир Музафар. Ал тажылуу өкүмдар, ошол күндө дин-Исламдын кордуу очогу болуп турган даңазалуу Бухара-и-Шариф амири. Турууга ылайык эмес! Ошол копшолуп койгону да Курманжан жесирге гана болгон чоң урматы болот. Курманжан жесир:

— Козголбогула, козголбогула,— деп жиберди,— беймалал отура бергиле, азиздерим...

Башка кепке өтүшө электе амир Музафар өзү кыраатын созо шаулдата куран окуп:

— Омийин,—деп, бетке бата тартты,— бир аллам өзү алькулум десин кайран датканы, жайын жанаттан кылсын...

Ушундан соң:

— Энди, бек айым,— деди ал жай, салабаттуу, коңур жумшак,—кайран датка кара ниет кутумдардын колунан бөөдө мерт болгон экен, ылайым жаннати болсун, биз укпай калдык дей албайбыз, жердин ыраактыгына карабай келип топурак салуу мусулмандык карызыбыз эди, чүнки ошол мезгилде Кокон ордосун ошол кара санатай адамар ээлеп калып, ортобузда караманча кастык болуп, мына эми келип турганыбыз, бек айым. Кайрат кылгайсыз, бек айым. Эми, даткакын калган өмүрүн, ооматын сизге, жана да угул балдарыңызга берсин бир аллам...

— Ыракмат, азиретим,— деди Курманжан жесир, жылуу сөз жумшартат, жакшы сөз жан эритет, ал астейдил баш ийкеп, көңүлү ийиге түштү. Өз кезегинде Бухара-и-Шариф элинин тынччылыгын, андан соң улук амирдин ордосунун бейпилдигин, мураскер угул баланын энеси каныке айымдын амандыгын сурамжылады.

— Шүгүр, шүгүр... ыракмат, ыракмат... — деп, сыпаа жооп кылып отурду амир, бул үзүр сурашуудан кийин:

— Энди, бек айым, сизге бир тартуу ала келген элек,— деп, тышка алакан уруп, дабыш кылды. Ошол замат жылтылдаган күмүш табакка салынган бирдемени үстүн үлбүрөгөн кара шайы жаап, нөкөр алып кирип келип, сыңар тизелей таазим кыла Курманжан жесирдин алдына тосо кармады.

Курманжан жесир элтейип, өлүмтүк жытын сезип, ireңи мостоюп тиктей берди.

— Көрүн, өз колуңуз менен ачып көрүң, бек айым,— деди амир Музафар.

Курманжан жесир кара шайыны чымчып, акырын ачып, чоочуп кайра таштап жиберди. Оозу кыйшайган, түктөйгөн сейрек мурут, белбаскак таңырайган мурун көрүнгөн. «Чотон!..» деди купуя. Ireңи кубула түштү.

— Көрүп көкшүнү суусун, өчү кансын деп ала келген элек,— деди амир Музафар муңайып. — Өтмүш мезгил калыстыгы ушул экен ки, бек айым, ар кимди пейилине жараша жолуна түшүрөт турбайбы?!

---

[1] Т о о з — бейиш кушу, павлин.

Чотон Алымкул аталыкка өтө ишенимдүү удайчысы болуп кеткен болучу. Бирок, кылган кандуу жоругунан тууган арасынан катуу кинээ угуп, кысым көрүп, акыры мындан не өз каны менен жуунуп, не башка дагы бирөөнүн канына сатып алмайынча кутулбасына көзү жетип жүргөн. Алымкул аталыктын артынан аңдыган кутумдар көбөйө баштаган сайын, дагы бир кооптуу учур жакындап келе жатканын сезген сайын качар тешик издеген келеМиштей алдыртан алдастай баштаган. Эң акыры ушул амир Музафар менен Кудаярдын кишилери менен жеңичинен кол алышкан соң ага күтүлбөгөн жагдайда жан арга тешик эмес кызмат көрсөтүп калчу кезмет табылың баягы Ташкен алдындагы кымкуут кыргын кезинде Алымкул аталыктын өзүн артынан атып жыгып качкан ушул Чотон болучу. Качан амир Музафар Кокон ордосун алгаң кезде кайра сый эмес аны желдет издеп жүргөнүн угуп жанындагы жигиттери андан безип, ошондо кеңирсигең кара жер алакандай тарып, өзү жалгыз Ноукент үстүндөгү Кыргыз-Ата тоосун таянып кетүүгө аргасыз болгоң, Сары изине чөп салган куугун Чотонду Кыргыз-Ата мазарын пааналап, как таштын үстүнө тонун жая салыныңы, көзү ирмелип жаткан жеринен таап, башын кесип келип, быякка жөнөр алдында амир Музафарга тапшырды. Мына, амир Музафар Курманжан жесир менен бүтүшөр сая, сатына Чотонду «кылган ак кызматына» карабан садага чаап келген эле.

Кан куушкан касынын башын кесип келип берген бул өңдүү тартууга кайсы гана ордодо болсун ыраазы болмок. Курманжан жесир жийиркене жүзүн үйрүдү. «Өлтүргөнү го куп болуптур, а сасытып муну не көтөрүп жүрүшөт, неткен менен да адам баласынын дени эмеспи?!» деди дилинен. Амир Музафар астыртан кол учунан «алып кет» деп ишарат кылды. Нөкөр ошол үңкүйүп турганынча кетенчиктеген бойдон тышка чыгып кетти.

Курманжан жесир журт агасы датка ордун жоксунтпай күтүүсүн мыктылап, бүт элеттин жакшыларыш ийрип кол алыштырып, астейдил агыл-төгүл кылып мейманчылады. Мунун өзү даңаазалуу Бухара өкүмдарынын өз зоболосуна жараша сый-урмат да, ошо менен эле катар кандай шөкөттүү мейман болбосун анын кадырына тете кылар өз эл салтын, өз журтчулугун туюнткан жосун кылды. Курманжан жеснр өзү да дайыма кабагы жарык, дайыма сыпаа, дайыма жүйө сөз, дайыма жөн билгилик көрсөттү. Мунун баары чоочулап келген амир Музафардын көңүлүн жибитти. «Э-э, ушундай азадил адамдар менен ымала табыша алышпаган соң?!» деп, Кокон ордосунун билермандарына ичтен кейип да, табалап да ойлонуп, ошол тапта иш акырын күтө ыңкыйып отурган Кудаярды аны еанын кыртышы сүйбөй калды.

Кайра кайрып жүз көрүшүү убагында амир Музафар.

— Энди, бек айым,— деп, жумшактап, кеп-кенештин ток этер жерине келди, мына, Кудаяр бизге кыйышпас бурадар, силерге тууган, өз. Биздин оюбуз ушул ки, байбиче, дагы терс кетсе оңго баштап, кыңыр басса түзөп, байбиче, акыры Кокон тагы ата мурасы экен, ичтен, тыштан көмөк, сүйөк кылып, башка даяры да, ылайыгы да өндүү, бек айым, кайрадан ордоңорго огожо кылып өрөсүңөрбү деген тууганчылык ак санаа менен отурабыз. Алдына келсе атаңдын кунун кеч!» деген го баарыбыз, илгерки эр көкүрөк бабабыз?! Мына, отурат, алдыңызга өзүм эргештирип алып келдим, байбиче. Кай учурда жумшак акыл, кай учурда катуу кагуу эсине келтирет эсирген пендени. Бу балаңар ушул эки жагын тең көргөндөй эле болду го дейбиз...

Курманжан жесир мелтиреп ойлонуп калды. Амир Музафар да, элеттин сакалы белине түшкөн кутман карысы да, эми гана топко аралашкан тетик уланы да кут этишпей калышты. Эмне дейт? Ырк кеткен, ыркты кетиргендин башы ушул чарс кыял, тез көпмө Кудаяр өзү. Эмне дейт. Бу го бу, ал Алымбек өзү ак кийизге салган Маласынын жоругу эмне болду эле? Эмне дейт керээт айым?..

Курманжан жесир бир улутунуп алып:

— Азирети, ынтымак кыл деп ортого түшкөн калыска капачылык болбойт, азирети,—деп, жылым баштады,— өкүмдар башыңыз менен өзүңүз босогобузду аттап келип отурган соң буга маани койбой койбойбуз. Мейли, не шылтоо айтып, не доо айтып кынырылып отурбайлы, мейли, азирети, сиздин ыйык өкүмдарлык көңүлүңүз сынбасын, биз макулбуз. Бирак, аттиң ай, пенде жылкы мүнөз болот, жылкы арыгында мүнкүрөп кол карайт да, биртке эле тыңайтып койсон кошкуруп, өзүндөн үркүп калат. Буларыңыз ушундай, азирети! Мейли, биз ыкрарбыз, о кийин булардын жылкыдан жаман кыялына өзүңүз дагы бир күбө болосуз...

«Йе, эртеңкисине жарасак!» деди ичинен амир Музафар, ошол көз алдындагы макулдугуна:

— Ыракмат, ыракмат,— деп, ыраазылык айтып жиберди,— каниги эне сөзүн, эне камын кеп урдуңуз, ыракмат! Мейли, көпсө бир аллага койдук, эми мындан нары будан өтсө не иштесеңер эркнңер болсун, мен арачы түшпөйм...

Кен өргөө толуп отурган кишилер дуулдашып, эки жактын тең жүйөсүн кубаттап калышты.

Амнр Музафар баарын сыдыра тиктей отуруп, атайы өтө олуттуу сөөлөт, бой карманып, коңур жумшак кеп УРуп, Курманжан байбичени «датка» көтөрүү туурасынДа Бухара-н-Шарифтин шайх-уль-Исламынын ыйык фатвасы[1], жана да өзүнүн өкүмдарлык жарлыгы барлыгын айтты. «Датка» деген даража эң оболу бир вилаяттын диний көсөмү, андан соң кеби эки болбой турган элбегиси, аскербашысы да болуп саналган. Амир Музафар муну бул отурган эл билерин биле туруп эле атайын такмазалап саласал кылды. Мындай улук даража катын затына эч качан берилбеген, бир вилятка диний көсөм болуу эмес катын кишиге бир айылга имам болууга шарият жол бербейт, сыягы шайх-уль-исламды да, амир Музафарды, да шарт, Кокон өлкөсүнө өкүм өткөрүү таламы ийгергең белем. Элет адамдары бирин-бири тиктеше да алышпай, былк этпей отуруп калышты. Курманжан мелтиреп жер тиктеп, кабагынан не кубанганы, не чоочунганы байкалбай тунжурай түштү.

— Азирети,— деди ал акырын,— мен бул элдин даткасынан калган бир жесирмин, азирети. Мага ылайык келбейт бул улук да, ыйык да даража. Ырас, датканын балдары да баралына келе элек. Бирак, койчусуз кой болбойт, бул элдин билеги күчкө толо, башы акылга жетик азаматтары көп.

Амир Музафар оозунан кеби түшүп, нестейип токтоло калды. «Ыя, бу шум катын ноктону шыпырып таштап кетмекпи?! Ымга келүүдөн баш тартканы ушулбу?!» деген санаа кылт этти оюна. Курманжан жесир кыдырата тиктеди. «Кана, не дейсиңер? Мына, жол койдум, алгыла улук даражаны берсе бул амирдин колунан, алгыла!»-деп, мокоткон көз караш. Отурган билермандардын көздөрү чекирейип кетти. Булардын ич арасында күңкүл-мыңкыл сөз жүрүп: «Бу катын кайран датканы өлүмгө өзү жумшап койду. Бу оңдурбайт, дагы көргүлүктү көрсөтөт окшойт...» дешип, алдыртан бак, бийлик талаша башташкан. Мына ушул күтүлбөгөн кыйын жерде Курманжан жесир аларды атайын кысты. Ыйык Бухаранын амири акылынан адашпаса бул даражаны буларга кыя койбойт, бул бештен белгилүү. Ырас даткалык өзүнө аталган болсо, теңирден буйрулган болсо эч кайда кетпейт, не эрки менен, не эркинен тыш ушулардын көзүнчө таңуулатып туруп алмак болду. Муну менен Курманжан жесир кийинки болор ушак, кинээ кеп-келечтин айыңын тороду. «Ыя, бул катын сыяктуу ысмы Бухарага угулган эркектанасы болсо, кана? Ыя, талаш болуп, иш бузулбайбы, бөөдө?...» деп, амир Музафардын чындап кабагы чытылып, эки анжы абалда кынжыла түштү. Муну көрүп; «Э-э, талашсаңар эч кимине берилбейт деп, этегин кагынып, турун кете турган болду го бу?..» деп ойлоп, Жаркымбай:

— Биз ыраазыбыз,— деп жиберди,— биз ыраазыбыз, азирети, байбиче өз акылы, өз пейли менен датканын көзү барында эле бул элге алынып кеткен, журтка эне да, көзү болуп калган, биз байбичеге жол койдук... Биз ыраазыбыз...

Ыйык фатваны амир Музафар өзү окуп, өз жарлыгын даярга окутуп жарыя этти да, миң кубулган жука кыл кымкап тонду Курманжан жесирдин ийнине өз колу менен жапты:

Кут болсун, датка айым,— деп башкадан мурун өзү куттук айтты,— кут болсун, үзүрлүү болсун улук даткалык даражаныз! Дин-Исламга, дин колдогон азиз ордого ак кызмат өтөңүз, датка айым. Караламан калың букараны алланын, адептин кең жолуна баштаңыз, датка айым. Берген кудайга жаккан! Курманжан эми ирени кадыресе тамылжып, эки ууртуна асте жымыйган күлкү нышанасы келип, бирок эчтеме деп үн чыгарбай, башын гана акырын-акырын ийкегилеп, амирге таазим кылды. Элет жакшылары жабыла дуулдашып кут болсун айтышты, өздөрү бир сыйкырдуу болуп көрүнгөн жылтылдаган кыыл кымкаптан жарылып өтүп турушту.

Ушинтип, амир Музафар Курманжанды эптеп ийгерип, тышынан Кудаяр үчүн күйгөн болуп, а акыйкатта күчтүү кыргыз кыпчак жаатын бооруна тартып, Кокон ордосунун өзүнө

---

[1] Ф а т в а - шариятка ылайыкталган бүтүм, чечим.

кыңк эткисиз көз каранды абалын аны сайын как тизесине баскандай болду. Ушинтип, кимге ким баш коёру ажырым болбой элдин башы каңгырап турган чакта Курманжан жесир аксактын акырына карай амнрдин көнүлүн алып, сыйын алып, «датка айым» атанып, тышынан Кокон тагына Кудаярдын кайра келишине өз шартын оюп ыкрар болуп койду да, акыйкатта өзүнө-өзү эге, гыяктан орус менен да, быяктан амир менен да өз алдына Кокон ордосунун башынан ашырып алака кыла бере турган элеттин өзүнчө бир каныкеси сыяктуу саясий абалга жетинди.

Курманжан датка айым Кудаярды кайрадан ак кийизге салуу салтанатына баруудан үй тирилигин шылтоо айтып, баш тартты. Ийкемдүү Жаркымбайды кошту. Убада боюнча салтанатынан соң Кудаяр-хан Жаркымбайды Ошко бек кылды.

Амир Музафар Бухарага кайтып кетеринде Кокон шаарында канча замбирек болсо баарын жыйдырып, башка да анча-мынча жарамдуу куралдан койбой арабага сотуп, төөгө жүктөтүп, алып кетти. Бул эмнеси? Мунсуз деле уруштун чыгымы деп, кап-кап кызыл дилде төлөнгөн. Чи азирети хан же бири мири теңгеси жок, же куру пеш кылар көңдөй көсөөсү жок, ички өз журтунун толкунун, тышкы каптаган орустун кысымын не арга менен тосор экен? Бул мир Музафардын достугубу? же кастыгыбы. Өлүп гана көрбөгөн ордонун эски шумдары баштарын чайкап гана кала беришти.

* * *

Баары бир Кудаяр-хан кыргыз кыпчактарга баштатан боло келген ордонун кас мамилесин өзгөрткөн жок.

Үч жыл бою катуу кармашкан эл көтөрүлүшү 1876-жылы Кокон ордосунун кулатылышы менен аяктады. Бирок падышанын аскер башчылары катыран кийлигишип, көтөрүлүш да басылып салынды. Жолбашчысы Исхак дарга асылып, анын жакын кишилеринин бири болгон Абдылла бек Ооган тарапка чыгып кетүүгө мажбур болду.

Элди тынчытыш үчүн генерал Скобелев жергилик журтка өтө кадырлуу Курманжан датканы тоо арасынан издеп таап сүйлөшүүгө өз штабынан майор Ионов баш болгон атайын отряд аттандырды. Жол көрсөтүп, эки жакка тең ишенимдүү орточу болуш милдети жүктөлүп, Жантай уулу Шабдан кошулуп берилди.

Эң алдына ак байрак көтөрүп, отряд бейпил чубап, тоо катмарын аралап, бул элге ысмы белгилүү Шабдан атынан Курманжан датканын турагын суроо салып чыкты. Гүлшаага келип, Сопу-Коргон багытына өтүп, бирок отряд «датка айым бул чөлкөмдө жок», «Саркол жакта болбосо», «датка айым Ооган тарапка өтүп кеткен, сыягы», деген чаргыткан жооптон башка эчтеме уга албады, же жол тороп, айбат көрсөткөн бирөө кездешпеди. Жүк тарткан улоо, минген ат арып, адамдар чаалыгып, курулай жер кезе берүүдөн отряд жадай баштады.

Тоо эли бир кырдан көрүнгөн адамдын ат бастырышынан эле өзбү, чоочунбу, жер чалып жүрөбү, мал издеп жүрөбү, баамдап турушат. Орус отрядынын көздөгөнү жамандык эмес экени байкалган соң, нары үстүнө бул элдин тагдырына тиешеси бар белгилүү Шабдан өзү баштап келе жаткан соң жолукпай коюшка болбой Курманжан миң катмар улуу тоонун бир көмүскө жеринде атайы аксакал кишилерди алдынан чыгарып, кадыр-сый сездирип тостуруп алды.

Отряд тыныгып жатып калды.

Шабдан күнүгө Курманжан менен жүз көрүшөт. Эмне сөз болуп жатканы белгисиз. Ионовдун кулагы түрүлүп, чыдамы кетип жатты. Шабдан да унчукпайт. Бир жаңсыл кеп жок окшойт.

Бирде жай, бирде чарпыш, бирде суроо, бирде жооп, де такык, бирде арман, бирде үмүт аралаш, өткөнгө эртеңкиге божомол болуп, көп маани экчелип жатты ортодо. Кеп улам тереңдеп, ой-санаа улам ачыкка чыгып, күнгө жайылган кызыл-тазыл байманадай алдыга баштала берген сайын, маани кайрадан кайра толгонуп. Такталган сайын замандын ошол кыйын кезеңинде бөөдө таржалбай, бир колду ачып бирдемени берип, бир колду жумуп — бирдемени сактап калуу абзелби? Кантсе да, рус узун чылбыр, кең тушоо экени көңүлдөн улам орун ала берди.

Тигине, эски ордонун мансапкор бийлери ушул азыр да ар түркүн ураан көтөрүшүп,

караламан элдин башын ман кылып, кармашууга түртмөлөй башташты — эмнеге жетинишмекчи?! Кан ордодон өлө жадаган эл эч кимди ортого салбай өзүлөрү эле оруска букара болуп өтүп кехишип жатышат — ким тосо алат?! Кана, актын жолу кайсыл ушул чалкеш чакта? Кармаш — бөөдө кан төгүш, а күлө багыш — заман көчүнүн катуу багыт кыйын бурулушунда элдин амандыгын, уюткусун, корушун сактап катыш болобу?

Иреци да кара, сакал-муруту да кара, көзү алагар бир киши ыгы келе калганда акырын кымырылып, бу төрөлөрдүн быякка келгендеги максатын тилмечтен чекмелеп сурап, уккан соң иреци кызаңдап, өзүнчөэле туталанып, өзүнчө эле башын чайкап, тымызын күрсүнүп, нары басып үңкүйө үшкүрүп, ошондон нары кете бере албай кайра кайрылып, көз көрүнөө тынчы кетип жүргөн. Бир жолу тилмечтин көзү көзүнө чалына түшкөндө ал «быякка чыксак» деген тымызын баш шилтей ишара сездирди. Тилмеч капилет шабырт алгандай чукчуюп тиктеп, ал дагы мындайды көп көргөн, «жашырын сүйлөшсөк деп жаткан окшойт» деп, бирок, «ким билет мунун ичинде кандай жылааны буралып жатканын, сүйлөшүүгө бөгөт болсун үчүн бу кузгундай болгон кара неме караңгыга ким көрдү кылдырып салса ким билет» деген ой аны токтотуп:

—Не?—деди суз мелтейип. — Не айтмаксың? Тил билбейт булар, ушерден эле айта бер.

— Бурадар,— деп, мукактанып, шилекейин жутунуп, жүрөгү лакылдап, демиге кеп урду акырын,— ыя, эмне, Курманжандан бөлөк бир эркек тана табылбайт дейсизби, бурадар?!

Тилмеч дароо кызыга түшкөн кебете кийип, «сүйлөй бер» дегендей башын экчей, тирмейип тиктеп калды.

Кара неме:

— Эмне, биздин бир жесирибиз Курманжан! Биз менен сүйлөшсүн төрөлөр, биз деле айтканына көнүп, айдаган жагына жүрүп, көздөгөнүнө жарап беребиз төрөлөрдүн...

Мунун ким экенин ошол замат билди тилмеч, мындай түркүн кишилердин далайын тоногон, дароо өтө ойлонуп калган кебете кийип, кайра тымпыя имерип тиктеп, бир убакта:

— Не, силер менен сүйлөшсө не жарабасын?..— деп, аста мынкылдап, кеп ээрчитип койду.

— Йа, айланайын,— деп жиберди кара иеме чоң кара көрпө бөрк алдынан эки көзү чакырайып,— жанкебинди! ысытам, айтып коёюн, ушул ишке жарап бер, айт азирет төрөгө мына биз басабыз бармакты ал шартнамага!

Тилмеч тишин ырсайтып, купуя күлгөн болуп кондү.

Кара неме:

— Баары бир бу куу катын орустун талабына макул болбойт, айласы жок бүгүн макул болсо да, кийин ак кызмат өтөбөйт, булар журт бпйлеп көнүп калышкан, эки тизгин бир чылбырды бирөөгө онойлук менен бере коюшпайт. Мына ушундай, бурадар. Бир баласы Ооганга өтүп кеткен, оруска карап бермек тургай күнүгө жолун карап, качан Абдыллам көп аскер баштап кирип келет деп, күтүп отурат бу. Биз билебиз го, кокуй...

Жанагы кызыга түшкөн кебетеси өзгөрүп, сөзгө кайдигер болуп, а түгүл «бабырай берет турбайбы бу» дегендей, кыжыры келе баштагандай үңүрөйгөн кабак көрсөтө! баштады тилмеч. Кыйды неме мунун көңүлүн эмне өйүп! турганын баамдады:

— Ырас!— деп жиберди. — Ырас, куру аякка бата жүрбөйт, ырас, биз дагы сый билген кишибиз, бурадар, андан кадырыңыз жам болсун, бурадар... — деди да, ордунан карбаластап туруп: — Баары даяр, макул, мен үйдүн аркасынан сизди күтүп алайын, макул, бурадар... деп, кымырылып тышка чыгып кетти.

— Эмне дейт бу баятан бери? — деп сурап калды майор Ионов.

— Даткасын жамандайт.

— Мунусу жакшы, — деди майор Ионов,

Тилмеч жым дей түштү:

— Кеп тартышка сизден өтүнө албан турам.

Бул эшикке чыгуунун айласы эле.

— Сырын тарта бериш керек. Жигин таба бериш керек,— деди майор Ионов.

Бир аздан соң тилмеч сыртка чыкты. Чыдамы кетип, сийгелектеп турган экен, кара неме тилмечти леп жандан, уй артынан нары дагы обочо баштады. Тилмеч кыйыктанган да болуп койбой, чоочуганы да жок, караңгыда бир ууртун тартып, тымызын жымыйып басты. Көп буйдалышпады, Ионовдун алдына кайра кириштн.

Кара неме улага ченге келип, от ичкериштирген болуп калды. Тилмеч акырын көпкө сүйлөдү, майор Ионов башын ийкеп, уюлгуган кара сакалчан кишини улам тиктеп коюп, өзү да бирдеме айтып, пикир алмашкандай отурду. «Йа, алла, барсыңбы? Бизди да алкулум де, йа алла! О жылы ордодон сый тон кийсе, кече эле амир Музафардан датка атагын алса, ыя, бүгүн орустан чен алып кетеби бу куу катын, ыя? Бизге кана? Биз да пендебиз, йа алла, теңшегейсиң!..» деп, кара неме тиги сыпаасары мурутчан төрөнүн алдына бүк түшөр, балбалактап ыйлап берер абалга келип, сасык тер кетип, тула бою дүрүлдөп отурду.

Манор Ионов аны имере тиктеп:

— Ким болосуз? — деп, орусча сурады. Тилмеч которду. Кара неме чөк түшө калды, башынан чоң кара көрпө бөркүн шап колуна ала коюп:

— Ысмым Карасакал, таксыр. Эл бу сакалымдан улам да «кара сакал» деп коюшат... — деп, арбайган кашынын алдынан көзүн күлүңдөттү.— Биздин тегибиз деле томаяктан эмес. Биз деле кызматыңарга жарайбыз, таксыр...

Тилмеч которду. Майор Ионов Карасакалдын көгөртө кырдырган соксойгон башынан чыккан кара булоону таң болуп тиктеп:

— Шартнамага бармак баса аласызбы? — деди.

Тилмеч которду. Карасакал жалп этип чекесин жерге тийгизип, сабылып жиберди:

— Баспай анан!? Бе-еш бармагымды тең басам, улугум...

Тилмечтен «беш бармагымды тең» дегенин түшүнүп, астейдил бырс күлүп жиберди майор Ионов:

— Түзү-үк,— деди ал,— кана, сизди ким билет, ким тааныйт?

Тилмеч которду. Карасакал:

— Ушул эл бүт билет, тааныйт, «кара сакал» деп аташат!

— Ошто да тааныйбы?

— Оштун бери жагындагы «Асан чек» деген жайда тууган көп, баары эле билет,

— Маргаландачы? Кокондочу?

Карасакал оозун жарым ачып, эмне дешин билбең акактап токтоло калды.

Ушундан соң майор Ионов:

— Кадырлуу Карасакал,— деди,— өзүңүз ойлонуп көрүңүзчү, эч ким билбеген сиз менен шартнамага кантип беш бармакты басыша алабыз? Кадыры болобу ал шартнаманын? Эл баш коймок түгүл, мазак кылбайбы биздиң ал шартнамабызды, ыя?

Тилмеч которду. Карасакал оозуна кан келе түшкөндөй тамшанып, нес болуп отуруп калды. Тилмеч эрдин тымпыя кымтып, мисирейип тиш ачпайт, ал «өй, бирдеме дебейсиңби, эми эле үй артында бир кочуш алтын бердим эле го» десең да мизбакпай турган, не танып, не «жалаа» деп, кайра айыпка жыктырыштан кайтар эмес. Карасакал бөркүн башына кийгенди унутуп, ошол соксойгон бойдон эшикке сүйрөлүп араң чыгып кетти.

Курманжан эртеси күнү майор Ионовду өз өргөөсүнө чакырды. Түнү бою кирпик какпаган окшойт, көзү киртейип, ireңи керсары тартып, жүдөңкү экен. Майор Ионовдун жылуу саламына башын гана акырын ийкеп:

— Төрөм, сиз менен иш бүтпөйт,— деди акырын,— көрүп турабыз ниетиңиз жакшы эле бизге, бирак сиз бүтүргөн иш калпыс болуп калышы мүмкүн, себеби ушул ки, сизден чеии да, бийлнги да чоң акимдериңиз бар, ал акимдер не жаратат, не жаратпай коё алат. Бүгүн биз кылган шартнама эртеңки күнү не жаратылбай, не кем баа болуп калса, орустай журтка эчтеме эмес, а биздин биртке журттун башына кыйынчылык түшүп калат. Ошон үчүн...

Тилмеч майор Ионовдун ийнине саал эңилип алып, акырын күңкүлдөп шыпылдатып которуп жатты. Майор Ионовго ыгына жараша убада кыла беришке, бүтүм бүткөрүшкө кеңири укук берилген болучу. Бул мелтнреген карасур зайыпты же коркутууга, же алдоого болбой

турганын сезип, сөз ыгын күтүп, башын инкеп, угуп отурду.

— Ошон үчүн,— деп, сөз улады Курманжан,— бир береке эле сизди быякка жумшаган Искебүл-пашанын өзү менен сүйлөшсөк, төрө.

Тилмеч которду. «Бу куу катын кепке келүүдөн баш тартты окшойт» деп кошумчалады. Майор Ионов жүйөгө тен коюп, башка сөзгө өтпөй:

— Мейли,— деди,— сиздин каалоонуз болсун, урматы улук айым.

Курманжан дагы эле өйдө карабай кабагын же бүркөбөй, же жазбай, эрини кеберсиген жүдөңкү, суз абалында:

— Эми, тилмеч, менин коёр шартымды айт, толук айт,— деди. — Сүйлөшүүгө барган кезде «алдадык» деп, мени абакка кириптер кыла турган болушпасын — бул бир; сүйлөшкөн учурда биздин элге да, мении керт башыма да мазак сөз өтпөсүн — бул эки; сүйлөшүү бир тараптын үстөмдүгүн ашкере бекемдөө эмес, эки тараптын тең пайдасына ымга келишүү катары болсун — бул үч. Мына ушул үч шартыбыз бекем сакталса гана сүйлөшүүгө барабыз.

Бул шартты да орундуу деп эсептеди майор Ионов:

— Сиздин амандыгыңыз үчүн мен кепилмин. Өз сөзүбүздүн эгеси болобуз биз.

— Куп жакшы,—деди Курманжан,—эр жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн дейт биздин эл.

Жолугушуу орус аскеринин Оштогу турагында өтмөк.

Кең короонун так ортосуна көк нооту жабылган узун стол коюлган, жанында эки гана орундук көрүнөт. Эшиктен төргө чейинки эки капшытка парад мундирчен ардак кароол тизилген. Өңкөй иргелген офицерлер турушат. Бул окуяга атайын өзгөчө маани берилип, бул жергилик элдин көзүн ала чакмак кылсын үчүн, «бул кыргын эмес тынччылык апкелген окуя» катары айрыкча даршан этилмекчи эле.

Мүнөт жакындап, салтанатка катышчулар коргондун эшиги жакка улам серп салыша, ошол эле учурда урматы улук генералдын да ичкериден шаңдана чыга келишин күтүшө көңүлдөрү бөлүштү боло башташты.

А урматы улук генерал Михаил Дмитриевич Скобелев эң акыркы ирет бою-башын каранып, сеңселген мурутун атырлап, «эми чыксам бекен» деген кыязда, али чыга элек.

«Токтоо болмок абзел!» деди генерал өзүнө. Үлбүрөгөн жука пардеден тыш даана байкалып турган.

Те коргон оозунан аңгыча акбоз бээ минген, ак элечек зайыптын сөөлөтү көрүндү да, эки жагынан саал арттарак эки атчан киши коштоп, кабагы суз, бет алдын гана мелтиреп тиктеген боюнча, туштарабынан аваз кылган көпчүлүктүн көз алдында төрдү көздөй келе берди. Алтын саймалуу кымкап тон кийген, жакасынан эки өңүрүн тегерете кере карыш кундуз кармалган, зайып затына ылайык ничке күмүштөлгөн кемер курчанган, белинде кыны ар түркүн асыл таш чөгөрүлүп кооздолгон кичинекей кыдырагы жүрөт.

Жай, жайкала басып чыга келди генерал да. Тике карашынан, өзгөчө эркин тутунган сөөлөтүнөн аны «ушуд Искебул паша» деп, жазбай баамдады да, бээ үстүнөн асте таазим сездире салам айткан кабак көрсөтүп, тизгиң жыя калды Курманжан. Генерал бир көз ирмемде эмне кылуу керектигин болжоп, ошол замат кубана мейман күткөн үй ээсн өцдөнүп:

— Келиңиз, келиңиз, аттан түшүңүз, өтүнөбүз, урматтуу датка айым,—деп, атайын кабак жаркыта тосо кадам басты.

Түшүүгө эптенбей, түшпөйм да дебей Курманжан бир аз ыңгайсыз абалда токтоло калды да, ошол бээ үстүндэ турган бойдон эле белиндеги кооз кындуу кыңырыкты чече баштады.

Бул эмне каадасы?! Таң болгондой элтейип тиктеп калды генерал.

Кек ноотунун үстүндө мурдатан даярдалып коюлган шартнаманын болжол тексти, жана да кол коюлуп бүткөн соң сыяпат үчүн ооз тийилет деген биртке мөмө салынып, ак күмүш табак турган.

Бир аз аралашып, адат баамдай калган майор Ионов мөмөсүн көмкөрө төгө коюп, күмүш табакты кош колдоп, Курманжандын алдына тосо берди. Бирок, Курманжан кыңырагын табакка салмакчы боло өйдө кармаган бойдон гснерал Скобелевди мелтиреп тиктеп, токтоло калды.

— Урматы улугум, муну сиз өзүнүз кабыл алууңузду каалап турат окшойт... — деди тилмеч генералга акырын.

Күмүш табакты генерал колуна алары замат Курманжан кыңырагын күмүш табакка секин койду да, чач учтугунан бир байлоо ачкычтарды алып, күмүш табакка шылдырт дедире акырын таштады:

— Тилмеч мырза, айтың, ыкыбалдуу төрөгө,— деди үнү басмырт,— не абалда болгонубуз менен, биз өлкө эгеси, үн эгеси эмеспизби, айтың, биз өз үйүбүздө тосуп алгандай бололу. Көп алыс эмес, мына бу Мады кыштагында, ошол жерде өз төрүбүздө жай көңүл менен бүтсүн калган сөз.

Кеп маанисин тилмечтен угуп, ойлоно калды генерал Скобелев. «Ну, бу кандайча каадасы? Же кол коюудан эптеп кетенчиктеп жатканыбы?» деген түкшүмөл шек кылт деди оюна.

«...өз төрүбүздө жай көңүл менен бүтсүн калган сөз...»

Жүйөгө муюду генерал:

—Мейли, урматтуу датка айым, сиз айткандай болсун — деди шар, сеңселген азем муруту былк эте жыйылып.

Тилмеч которду.

Курманжан ыраазылык билдире саал таазим кылды да үнсүз баш ийкеп коштошуп, акбоз бээнин тизгинин кайра тартты. Эч калдастоосуз, жанагы келген сынында жайма-жай, коштогон кишилери менен кайра коргондун чоң дарбазасынан чыгып кетти.

Бу эмне деген табышмагы? Стол үстүндөгү күмүш табакка салынган датка айымдын буюмдарына кызыга үйрулө калышты офицерлер.

— Бу,— деп чечмеледи майор Ионов,— кичинекей кыйырак — куралды таштаганы, а ачкычтар, туптуура жетөө экен, Кокония өлкөсүнүн эң акыркы жети шаарынын ачкычтарын тапшырганы. Өзгөн, Ош, Анжиян, Маргалан, Кокон, Наманген, Кожон!

«О-о», «укму-уш», «акыл менен, акыл менен» дешип, дуулдап жиберишти баары.

Генерал жандап турган сүрөтчү төрөнү коштотуп, бир аз топтон бөлүнө басты. Ар кандай темада бул киши менен пикир алышуу кызыктуу болучу.

А сүрөтчү алда качан алеп-желеп болуп алган:

— Мына, не деген көрк, келбети эле бир баа, анык каныкелик сезилет, ыя, Михал Дмитрич! Мындай төп келишкен сөөлөт Парижден да табылбайт! — деп, генералды ооз ачырбай күжүлдөп кирди. — А сиз сулуулук, анык көрк мезгилди тебелеп өтүп келе берерин оюңузга келтире аласызбы?

Бу дайыма көңүл деми ташкындап турган адамдын шарданына генерал теңдеше албасын билет. Минтип учуп-күнүү өнөрдүн дуваналарына тийешелүү, а ал олимпиялыктардын ыйык эркин оорундаткан Арес гана.

— Да! — деп күрсүнүп алды генерал, сүрөтчүнүн көнгөн ой чегине көп да сыйыша бербеген пикиринен бошоно. — Тек жайы сезилип турат, аристократизм. Туура байкагансыз, Василь Василич!—деп, мындай маани сүрөтчүнүн оозунан чыкпаса да, ага толук макул боло баш ийкеди. —Тууранын туура дейлик! — Сеңселген кооз мурутун маашырлана сыланып койду.

«Да!» деди өзүнчө генерал. «Аристократизм ак кайыптан, адам рухунун бийик чеги, демекчи кудай өзү берерине берген сөөлөт».

Михаил Дмитриевич кишиде боло берчү терс сапаттар бири катары курулай жупуну тарта берүүчүлүктү жактырчу эмес. Өз тукумун те XVIII кылымда орус өкүмдарларына кызмат кылган, сержант болуп, азаматтар на жетчү орденге жеткен Никита Скобелевден сүрүп, өзүнүн бул жарыктык дүйнөдө өзгөчө вазийфасы, оруну барлыгына астейдил ишенген адам.

— Михаил Дмитрич,—деп оюн бузду сүрөтчү төрө,- айланаңда не деген асыл көрктөр бар экенин баамдабад баамдоого аракет кылбай өмүр өткөрө берүүгө болобу деги?

Таң болгондой бир тиктеп койду генерал. «Болот, чырагым!» дейби?! Орунсуз.

Кыстап отурбай сүрөтчү маани улантты:

— О, шумдук ай, байкайсызбы жаратылыш көп убакта ажайыптарды өзү көз кубантыш үчүн жаратабы дейм?

— Мүмкүн,— деди генерал көнүлү ийиге,— мүмкүн! — Бул ой анын көз карашына биртке сайкеш сыяктуу. Бирок;

— Бу эмне үчүн эле жаратылыш «ажайыпты» так ушул жерге «жаратып» отурат экен?!—

деп, ушул жагыиа кападар болду.

Аны сайын кызып кетти сүрөтчү:

— Сиздин ичкүптүңүздүн себебин түшүнүп турам. Сиз бул жерликтерди цивилизациядан адашып калган эки аяктуу жапайы, варвар, а түгүл канибал деп ойлойсуз. Түз айтканымды кечирип коюңуз, Михаил Дмитриевич. Бирок, Түркстан адам баласынын алдакачанкы бешиктеринин бири! Демек, бул жерлерде да этникалык жагынан өнү, сымбаты кынтыксыз адам тиби бар экени шексиз. А кокус, ушул эле Курманжанда Тамерландын руху жүргөндүр? Же каныке Тамиристин?

Муюгансып калды генерал. Өзүндө кайсы бир улуу түпкү аталардын руху бар деген ою бар. Балким, князь Святославдан келиши мүмкүн.

— Кызык!—деди генерал. — Сиз, Василь Василич, чын эле ушул азыр да бизде байыркы улуу аталарыбыздын руху жүрөт деп эсептейсизби?

— Чын эле, Михаил Дмитриевич! Руху гана эмес өнү, келбети кайталанышы мүмкүн. Сиз жанагы бизге экзотика болуп көрүнгөн айымды жакшылап байкаган болсонуз, анын өн түспөлүнүн тегинен, албетте, улам бир мезгил катмарын сыйрып алып, кнчине өзгөрө, бузула түшкөнүн өз-өз ордуна коюп, оңдоп отурса, бир убакта биздин жалпы энекебиз жаратылыш өзгөчө көркөм жараткан байыркы накта оригиналы чыга келет. Өзү үч уктаса түшүнө бир кирбеген те бир мезгилдердин шамы али жанып турбайбы көздөрүндө!

—Ну,— деди генерал күлө,— сиз, Василь Василич, идеалистсиз! Согуш көрүнүштөрүн тартсаңыз дагы...

—Жо, — деп сөз Кайрыды сүрөтчү,— чынды «чын» деш керек, мен аралашып көрбөгөн кезимде согуш дегенди кандайдыр бир шаңдуу парад катары баамдачумун — ойцолгон музыка, султандары селкилдеген баатырлар, кылкылдаган туу, бир жактан замбирек күрсүлдөп, бир жактан аргымактар алкынып, дегиси биртке гана элтендеткен кообу бар эрдемсүү... Ырас, бир аз набыт болгон кишилери да жок эмес... Көрсө,— деди сүрөтчү өкүнө,— согуш деген өтө катаал, ырайымсыз нерсе экен. Биле албайм, муну кандай деп актоого болот деги?

Көп да маани бербей турган, генерал кабагы үйрүлө тиктеп, сүрөтчүгө карата көңүлү биртке кыра боло түштү, Балким, анын ар тараптан кыйын адам экенин сезгениненби, генералдын жүрөгүнүн тереңинде тең көрүү, кадырлоо сезими жүрөр эле. Кайраты, атайы бой салбаган, атайы дардаңдабаган мүнөзү жакчу. Нары да, «Самарканды коргогондугу үчүн» деген аскерлик Георгий крестин да алган. Же уялганы, же жупунулугу — ал крестти башкаларга окшоп, жаркылдатып тагынып жүрбөйт.

«Ыя, ушул биринчи же эң акыркы согушпу?! Же согуш кансыз, кыйроосуз болмокпу?! — деп ой толгоду генерал Скобелев. — Эгер энекебиз Россиянын тарыхый миссиясын аткарып жүргөн баатыр адамды англис октору менен калбыр кылып жатышса, кайра аны, Скобелевди айыптап, үйдөн тышка чыгып көрбөгөн бооркерлер «куралсыз байкуш жергилик элдин абалын тан кылып жатат» деп чуу көтөрүшкөнүн кантесиң?! Эрдикти акыры баалайт урпактар, жергилик адамдар эң кубаттуу, пейили да, коюну кең Россиядай держава өз көлөкөсүнө алганына бир убакта ыракмат айтышат, баарыга бирдей эрежеге баш ийдирип, тартипке салып койгону үчүн ыраазы болушат...»

Ушунун барын өз колу менен тартуулап отургансыган Сезимге батты генерал.

А сүрөтчү өзүнүн көйүндө:

— Сүрөтүн тартсам болмок!

— Ким жолтоо кылат?! Уктуңуз го, сиз «Тамерландын руху келип алган» деген кекирейген кемпир үйүнө чакырып жатпайбы?! Мына, барабыз бирге!

Кыштактан обочо кыртыштуу мейкинге кырка тарта кырк өргөө көтөрткөн экен. Те кыйла жерден ортодогу он эки канат чоң өргөөнүн эшигине дейре калы килем төшөлгөн. Жалаң иргелгени болуу керек, айттагыдай аруу кийинишкен ак калпакчан кишилер килемдин эки тарабына кырка турушуп, таазим кыла улук меймандарды тосуп алышты. Генерал Скобелевдин атын эки жактан сагакташып, сакалдары жайкала белдерине түшкөн эки кары адам өзгөчө сый-урматтын белгиси кылышып, калы килемдин үстүнө игетелеп бастырышты.

Улук генералды өзгөчө жылуу жүз, урмат көрсөтүп бул элге таан сыйчыл адат менен

дасторкон үстүн дүйүн даамга толтуруп, ашкере зыяпаттап күттү Курманжан.

Дасторкон үзүрү убагында эле ынтымак жагына ыктатыла эки жактан тен баштала берди сөз.

Бул эл акылсыздыктан эмес, өзү кураган өз ордосу тынчсыз, жайсыз болгону үчүн, өз өкүмдары катуу кол, суук тил болгону үчүн түп көтөрө ага каршы аттанып чыкканын, а бирок ак пашанын акимдери жапаа көргөң элге эмес, кайра ошол бапасыз ордого жан тартканынаң орус аскери менен көтөрүлгөн журт ортосундагы кейиштүү кагылыштар аргасыз болуп өткөнүн эске салды датка айым. Муну генерал окуянын өнүгүш шартынан, алардың ордо эгееи менен анын букараларынын ортосундагы абалды жеткилен билбөөнүн залдарынан болуп кеткенин өзү тарабынан өкүнүч менен баян этти.

Курманжан:

— Бнз бир кудандын бирлигине ишенебиз. Бир кудайдын ар түркүн тайпа калк ичинде ар түркүн мин бир аты бар, маани ушул ки — ким кайсы атын айтып сыйынса баарыныкы бипбирдей дейбиз; бир кудайдын түркүн пайгамбарлары калк үчүн түркүн жашоо турмуш ирежесин көрсөтүшкөн эмесгш, маани ушул ки — бир кудайдын кайсы пайгамбарынын нрежесин тутунуш ал бир кудайдын өзү берген эрки деп билебиз. Ырас, бир адам атанын тукуму болгон соң өңү-түсү, сүйлөгөн тили, тутунган дини, көнгөн адаты, күткөн малы бөлөктүгүнө карабай түркүн тайпа калк арасында аңдашпай турган ой-санаа болмокну, келишпей турган кеп болмокпу, жылышпай турган ич болмокпу?!

Тилмеч колунан келишинче майдалап маани уламыштап түшүндүрдү генералга. Бу кудайдын бирлиги жөнүндө чыккан сөздүн себеби бар болучу. Илгери орус надышалары журт караткан мезгилде Эдил боюндагы түркүн тайпаны күчтөп күргүчтөп, христиан динине баш бургузган. Өзгөчө Сибирь жакта христиан кечилдери өтө чаап «язычниктерди» кыштын күнү ыраң сууга чөмүлтүшүл, кары дебей жаш дебей тегиз чокунтушкан кезде өпкөдөн кагынып эл боо түшүп кырылып кеткен. Мындан кабары болгон аяр Курманжан ушундай капнлет мүшкүлдөй сактанып калууга далалат кылып, алдын-ала айтканы болуучу.

Курманжан:

— Биз келишер шартнаманын эртеңки өтүмдүүлүгүнө орустун өз баласы сиз, Искебул-паша, жоопкер кепил болорсуз, биз сизди гана карманабыз, урматы улугум.

Тилмеч которду. Генерал дин таратуучу беле, ал уруша ырайымсыз, өз падышасынын түпкү көксөөсүн мындай кеп менен өткөрөрүнө келгенде сылык да, жүйөчүл да боло алган эптүү саясатчы болучу. Ал башын ийкей отуруп:

— Кадырыңыз жам болсун, урматы улук канике айым. Бул сүйлөшүүгө азирети ак падышабыздын өзүнөн мага кенири укук, бийлик берилген,— деп тактады. — Ишендирип коёюн, Россия өз кол алдына караган калктардын жашоо тирилигине, туткан динине кысым көрсөтпөйт, албетте, ал калктар империянын мүдөөсүнө каршыкпай турган болсо. Ушул кез — бүткүл дуйнөдө абал чалкештенип, жер бөлүштүрүп алып калуу кызыкчылыгы чоң өлкөлөрдү тике маңдайлаштырып салган кез. Мына, силерге тыяктан англистер көз артып, быяктан чириген кытай богдыханы беш салаасын сунуп турат. Ырас, ачык айтмак деркер, быякка келүүдө Россиянын да өз кызыкчылыгы жок эмес, анын бири Россиянын өз тынччылыгына коркунуч боло турган англис-кытай кадамын тосуу менен түшүндүрүлөт. Эң биринчи силерге тийер көлөкөсү бул — Россия бытыранды өлкөңөрдүн ички пайдасыз кымкуутун тыят, тыштан, өзгөчө кытай тараптан тынымсыз боло келген кас экспансияны биротоло токтотуу вазийфасын өтөйт.

Бул Курманжанды муютту. «Ушуга каниет...» деди.

Генерал Скобелев:

— Датка айым, Абдылла-бекти чакырбайсызбы? Биз жоокердин эрлигин кадырлайбыз, бизге душман болгонуна карабай. Ага деле биздин пейили кең азирети ак пашабыздын кечирими болуп калышын эсиңизге салам.

Курманжан көзүн жума акырын баш чайкады:

— Ал эми келбейт, урматы улугум. Себеби ушул ки, аны «кошун жыйнайм, көмөк алам» деген кыжаалат айдап Неткен. Бирак, эми ал баштагыдай дүпүрөгөн эли бар бекпи?! Эми ал

бийлигинен да, элинен да ажыраган бир качкын. Качкынды ким ээрчийт?! А ээрчиген кошуну жок, Кежсөгөн көмөгү жок болгон соң намыстуу бала кара жаныш багыш үчүн быякка кайра кайтып келе койбойт. Камтама болбогула, урматы улугум.

Дагы наркы-беркн мудаа, санаа ортого салынган соң Эки жакка ийкемдүү бүтүмгө макулдук болунду.

Ш А Р Т Н А М А

1. Эски хан ордосун кайра кандай абалында болбосун калыбына келтириш эки жакка тең ылайык болбойт.

2. Жети шаарлуу Кокония өлкөсүн Россия империясынын карамагына эки жак тең кошулду деп эсептейт.

3. Жергилик журттун жашоо тиричилигине, туткан динин Россия акимчилиги тарабынан кысым кылынбайт.

4. Көтөрулүшкө мурунку катнашы үчүн өлкөнүн калкын жазалоо токтотулат; колго түшкөн же өзү келип кабылган көтүрүлүшчүлөр азат болунат; куугун жеп бозуп кеткен элге кайра өз жсрлерине кайгышка, жана да тынч тирилигине өгүшкө шарт берилет.

5. Россия өз карамагындагы башка тайпа журттор катары бу жети шаарлуу өлкөнүн журтуна да кам көрөт.

Шартнамага генерал Скобелев кол койду. Курманжан «Курманжан датка айым» ден жазылган күмүш мөөрүң баеты.

Генерал Скобелев өз колу менен Курманжанга кызыл кымкап тон жаап куттуктады:

— Кут болсун, урматы улук канике айым, биздин азирети ак пашабыздын улук ыракымы! Сизге орус аскеринин полковниги деген аскерлик чин берилерин, жана да өз өлкөңүздөгү эң бийик баркыңызды мындан нары да дагы көтөрүп, сизге «кара кыргыздардын каникеси» деп урматтоо ылайык табылганын көп алдында жария кабарлап коюуну өз вазийфам деп эсептейм. Жана да, мындан тышкары азирети ак пашанын казынасынан сизге жылына үч жүз сом өлчөмүндө көмөкчү каражат ыйгарылат.

Курманжан мелтиреп суз кабыл алды. «Кайдагы канике?! Өз алдынча журт сурайт канике деген?! Бул шартнамага мөөр басын, анан каникемин десең тууган уялбайбы, душман табалап күлбөйбү, кокуй?! — деп, тымызын көңүлү сынды.

— Эми мага атак зарыл эмес, урматы улугум... Мен эми пейили кең азирети ак пашабыздын аманчылыгын гана бир кудайдан тилеп, ушул ыйык шартнамага ылайык журтум тынч болсо, журт ичинде өзүм бир кудайга кулдугумду өтөп, тынч өмүр кечириш жагын гана көздөйм. Ыраазымын, урматы улугум, көңүлүңөргө ыраазымын...— деп, Курманжан астейдил ыраазылык билдирди.

Шартнама бүткөн соңку сый тамакка «кара кыргыз каникесинин» дасторкону кеңири жайылган, эки жакта тең кадырлуу кишилер чогулган болучу.

Ящиктен акырын кирип, небереси Мырзапаяс чоң эненин жанына кош тизелей акырын чөгөлөй отуруп, башкаларга байкатпай кулагына: «Чоң эне... сиздин үрөйүңдү көчүрүп алып атат, чоң эне...» деп, асте шыбырады. Үрөйүнүзду көчүрүп алып атат деген эмне?! Чоң эней небересин бир карап койду. Мырзапаяс улагада күйсөнүп отурган кыркма кара сакалы бар сыпаа жүз орусту тымызын чоң энесине байкатты: «Оногу орус көчүрүп алып атат...» Курманжан түшүнө албай, орус жакты карап элтейди. А орус улам ага көз кырын салып, кайра алдындагы бирдемеге күймөнүп, колу ойсоңдоп, кайра көз кырын салып, кайра өзүнчө үңүлүп отурат. «Бул сыягы пашанын наиби окшойт... келген күндөн бери эле улагада ушинтип, ооздон чыккан сөздү жазып алгансып жүрөт ко...» деди ою.

Муну байкап генерал Скобелев:

— А киши сүрөтчү Верещагин төрө, канике айым,— деп калды,— сиздин сүрөтүңүздү тартып отурат, камтама болбоңуз, канике айым.

Тилмеч которду.

Эки көзү күлүндөй башын ийкеп койду сүрөтчү төрө, негедир шашкансып, көңүлү толкундагансып, өз ишине дагы карамыга үңүлө.

Курманжан «кандайча?!» дегендей, көңүлү уйгу-туйгу болгондой таң калып, бир кур кейиштүү ойго кабылгандай, эмне дээрин билбей калгандай нестейди. «Үрөйүнө кошулуп адамдын ру.ху сүрөткө өтүп кетет» деген кооптуу сөз эсине келди. Бирок, эми эле шартнамага мөөрүн басып, амирине моюн сунуп берген акимдерге каяша айта албай дендароо болуп отуруп калды.

— Жакпай калды,—деп түшүндүрдү генералга Курманжандын абалын тилмеч.

— Көрбөй туруп эле жактырбай калабы?! — деди генерал бери апкел дегендей сүрөтчүгө ишарат кыла.

—Өтө жооптуу сындан өтө тургандай өзүнчө эле апкаарып, сүрөттүн ар кай жерин бир тиктеп, кармалап, кайсаланып калды сүрөтчү. Мына, отургучтай бирдемеге коомай отурган, жука кызыл камзолдун тышынан белине кооз кындуу кыңырак байланган, башында үлпүлдөгөн Жаңы кар сыяктуу ак иле чалынган, буудай ирени суз, акылы, кайраты ачык сезилип турган орто жашап калгансыган зайыптын сөөлөтү. Сүрөтчү ордунан туруп, төргө келип, сыңар тизелей сүрөттү бери карата берди.

Көзүнө чалына электе Курманжан көзүн акырын жумуп алды. Генерал Скобелев:

— О-о... Эң сонун... — деп жиберди. Курманжан жумган көзүн ачпай үнсүз башын чайкады. Жаш Мырзапай сүрөттү эки көзү бакырайып, апкаарып тиктей берди. Элеч аксакалдары үлдурөн жүз үйрүй калышты.

— Көргүсү келбеди,— деп түшүндүрдү тилмеч.

Кубанчы заматта күбүлүп түшүп, сүрөтчү ордуна шып туруп, сүрөттү абайлап кармаган бойдон өргөөдө чыгып кетти. Эми көзүн ачты Курманжан. Төрөлөрдү, таң калып тиктей, кабактары кирдей түшкөнүн көрдү да,

— Капа этпеңер, урматы улук төрөлөр... — деди, кечирим сурагандай үнү басмырт. — Те илгери да, биздин пайгамбарыбыздын тушунда да, ушундай адамдын урөйүң көчүргөн өнөр болгон дейт. Пайгамбарыбыз сыркоолоп калганда бир күнү жанындагы ишенимдүү чаряры[1] ушундай өиөрчүгө анын ыйык урөйүн көчүртмөкчү болушат. Өнөрчү келип, көчүрө баштаганда пайгамбарыбыз жүзүң калкалана койгон дейг. «Э-э, расул алла, кийинки үмөттөрүңүз үрөйүңүздү көрүп, кыяматка денре медер кылың жүрүшпөйт беле?!» дешкен. «Баарыбыз адам атанын баласыбыз, андай болгон соң мага окшогон бир үмөтүм үрөйүмдү карап отуруп бир кыйкым табат, бир үмөтүм сулуусунат, бир үмөтүм сөөлөттүүсүнөт, маани ушул ки, үрөйүмдөн көрө сакы үмөттөрүмө жакшы ишим, акыл сөзүм калсын» деген экен пайгамбарыбыз...

Түшүндүрө которду тилмеч. Төрөлөр өзүлөрүнчө кобурашып калышты. «Мейли, ар кимдин өз үйүтү өзүнө жакшы...» деп койду генерал Скобелев.

Бир жактан көтөрүлүштүн отунун кору өчө койбой, бир жактан ошол кезде чет өлкөлөрдө «орус Түркстан элпн ырайымсыз басып жатат» деп ашкере болуп жаткан. Ушундай шартта, иштин кыйыны бүтүп оңою калган убакта бул өлкөнү кандай жол менен болсо да тыичытып калуу өзгөчө зарыл иш болуп калган болучу. Же ыгы келсе чууну дагы күчөтпөй бул элдин дагы кимдир бирөөсү менен шартнама түзүп жайгаруу керек эле. Ким кепилге өтүп бермекчи?! Кан ордонун эски эгелери жаранбы? Жок, алар бул элге жек көрүнүп бүтүшкөн, алардын шартнамасы бул элдшг кыжырын гана кычатат, нары да көтөрүлүшкө мурда жеңдирип, тагын алдырып койгон соң өлкө атынан сүйлөшкө акысы да болбойт. Абдыракман абтабачы «мансапкор», «саткын» атыгып, жамы журт алдында ыймайы кирдеп калган, ага эч ким муюбайт. Тегеренип келип өлкөнүн түркүн тайпа журтуна бирдей барктуу Курманжан өз айым менен кепке келишүү ылайык болуп табылган. Да бул шартнама эски кокон өлкөсүн толук бойдон орус мамлекетинин карамагына өткөнүн жергилик калктын өзүда Россиянын тышкы дос-душманынын көзүнө да мыйзамдаштырган саясий документ болгон эле.

Те төмөндө төө боздойт. Жалгыз муңканып, эки көзү чачырап, бир жерден чыга кала тургандай ал чөлкөмдү айланта асте каранып, куду киши үшкүргөн сымал улутуна ушкүрүп,

---

[1] Ч а р я р — терт дос, Мухаммед пайгамбардын жолун улантуучу терт шакирти.

бирок, кеткен кайра келмекпи, төгүлгөн кайра толмокпу, боточугу арык бойлорунда жок, аңдардын кычыктарынан да эч көзгө чалынбай, наркы сеңселген балаты талдын айланасынан да табылбай, эми табылбасын түшүнөбү, «бу-у-у...» деп, ындыны өчкөнсүйт. Үмүт гана, баланын өлүмүнө эч макул эмес, келишпес эне көңүлү гана айдап, «бу-у-у...» деген сайын, өксүгөн сайын бышкан кайналыдай эки көздөн мөлт-мөлт жаш агып, тентиреп жүрөт.

Кечке жуук болчу. Курманжан өргөөнүн сыртында керегеге такай коюлган күрсүдө отурган.

Жылуу жабуу жаптырып,
гелчитпедим ботойду ай...
Жибек нокто каттырып,
ээрчитпедим ботойду ай...

Ушул «ботосу өлгөн төөнүн боздогону» деген арман кошок Курманжандын оюна өзүнөн-өзү жылжып агып кирип, ал дагы күйүттүү эне, ичтен эски кайгысы козголуп, ичтен боздоп, акырын эрдин күбүрөтүп алды да, башын аргасыз ийкей өзүнчө улутунду. Бала түшкүр эне үчүн дайыма бала, эси болобу, эси болбойбу, бою болобу, бою болбойбу, ичтен чыккан ийри жылан эт-жүрөктөн жаралып, дайыма түзү ысык болот турбайбы?! Эптеп тукум дегилик ичтен чыккан ийри жылан эмес, Курманжан эл агасы болуп калган уландарынан ажыраган эмеспи. Бала үчүн эне сүрөгү көөнөрбөйт экен, те баягы Абдылла-бектин ак кийизге оролгон кол башындай жүрөгүн алдына коюп, Акбалбан эрман күү чертип угузган күн, кече үч жылы мурда Камчыбектин мойнуна жыландай муздак сыйыртмак салынган Күн ушул азыр да күнү бүгүнкүдөй, ар биринин үрөйү көз элдында, үнү кулагына угулат. Ошондо өзү: «Тарта ыйла! Кудай ыйга ый кошот, кайратка кайрат кошот. Тарта ыйлап, а көрө ариетин жакшы кылгыла!..» деп, айткан кайрат сөзү азыр да эсинде. Ал сөз тууган үчүн, өз үчүн айтылган кайрат, бөтөн көзүнө сыр бербөө, мүнкүрөбөө лучу. А эне ушул күнгө денре унута албайт, күнүгө тымызын өксөп, тымызын үшкүрүп, чачы агарып келет.

Боз каймал не оттобойт, не бир жерге токтобойт, кий-калкый, кээде мөгдөгөндөй мойнун узун созуп, жер жыттап, «бу-у-у...» деп, өңгүрөп ыйлаган эне сыяктуу, көз жашы мөлтүлдөп, дагы эле айланчыктап жүрөт.

Бу кийинки кезде байып кеткен Карасакалдын төөсү Бир жума мурун жаңы көз жарган күнү көндөбөсүндөгү көпкөк көк дөбөтү боточук байкоосуз тебелеп кетсе жар тартып таштаган. Ошондон бери күнү-түнү боздойт. Эчтеме менен алаксытууга болбойт экен. Суу ичпейт, чөп жебейт, муңканып боздогону боздогон.

Жардын башын кыдыртып,
ойнотподум ботойду ай...
Талдын башын сыдыртып,
тойлотподум ботойду ай...

Курманжандын көзүнө жаш тегеренип, те каралжың тоого жакындап бараткан күн кызылына чагылышып, жылтырап келип токтоду. Эне тиштенип араң тыйынды, ал көз жашын жанында кожурашып ойноп отурган наристе неберелери Азиз менен Кадырга көрсөткүсү келбей. Камчыбектен калган балдар болучу.

— Кулагыңар барбы?—деп сурады Курманжан неберелеринен, жымыя тиктеп.

— Ба-ар!—дешти эки наристе жарыша. Буудай жүз, саргылт көз наристелерден Камчыбектин үрөйүн дагы сезип, аны сайын эт-жүрөгү ийигип:

— О, бууданымдан калган туяктарым... —деп алды чоң эне. — Тыңдайсыңарбы кеп айтайын?

Чоң эне аларга күнүгө ар түркүн маани айтчу. Өмүр, өлүм, адамдын баасы, арам деген не, адал деген не, он деген не, терс деген не, ак деген не, кара деген не, алланын кудуретин, жарыктык дүйнөнүн үзүрүн кандай сөзүү, түшүнүү жөнүндө чоң кишилер менен маектешкен сыңары накыл айтчу.

— Тыңдайбы-ыз!—дешти балдар.

Бүгүн эмне маани туюнтканы отурганы өзүнө дайын, бирок кандай баштап, кантип бүтмөк ылазым, биртке онго чөгө калды чоң эне. «Кулактарына түшүп, көңүлдөрүнө кирип калса, акыры бир убакта азыр айтылган маани бир кайрылып эстерине келер, а балким жыйналган акыл казынасы болуп, өмүр жолдорунда көмөк болор?..» Өттү го далай өз башынан?!

Наристелер ооздору ачыла кулак сала тиктеп калышты.

Чоң эне балдардын ой туюмуна жетимдүү болсун үчүн кайыр айтып аткандай мукамдап, чеберлер кештеден еште чыгаргандай мааниден маани улантты:

«Те альмусакта эле теңирим ар адамдын үрөйүн, көңүлүн, көрөр күнүн ар башка кылып жараткан экен. Бу тар дүйнөнүн талашы көп, жеткенинен жетпей өксүгөн асырет арманы, наалышы көп, аттиң ай, ошон үчүн.

Мунусу аз келгенсип, адам атпайдын баарына акыл чөйчөгү бир текши болунбаганын айт?! Өз акыл чөйчөгүнө лсараша ар бир адамзааданын оозунан сөз чыгат, колунан иш келет. Кемисе кемийт, бирөө да акылды ашырып, көбөйтүп алмакчы болуп да, не ашырып, не көбөйтүп ала албайт — чөйчөгүнөн ашып төгүлөт...»

«Бир түркүн адамзаада бар — көрө албас — теңирим анын колунан келерин чактоо кылып, а каалоосун, алкын өтө чоң кылып — куураткан. Кара жанын карыштап, колунан келбес, алы жетпес ишке жулунат — теңирим буйрубаган соң, эптей албай жыгылат. А бирөөнүн колунан иш келсе, айткан сөз эп келсе, кудай куураткан ага алайып көз артат, атаандашат — өтпөйт, анан алдастап жамандык издейт, ошол бирөө анын шыбагасын, энчин бөөдө алып койгон таризде.

Көп жолугар мындайлар, о бууданымдын кош көздөрү, чоочуба — көрө албастын көзүнө өзүнөн-өзү гөр топурак тыгылат, байкамаксан бол —ал ит болуп каба албайт. ат болуп тебе албайт, мар жылан болуп чыга албайт, бай тууган болуп бага албайт...»

«Бир түркүн адамзаада бар — келкелиң[1] менен кошо келет — кабагын жаркылдатып, коюңду союп, казаныңды асып, көңүлүңдү жамдап багыңа, табагыңа кошулат, а кеткетиң байкалып, башыңа булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың — бир убакта те башка «күн тийген» жакта башка бирөөнүн күйүп турган отуна алаканын какта аны баягы сени мактаган сөз менен мактап, сени ушактап, анын жылуу күнүнө суу канатын жайып курганып, жан багып отурганьш көңүл чалат.

Мындайдын келгенине кубанба, кеткенине кайгырба — мындайды ошон үчүн «күн тийген жердин чоросу» дейт, ага теңирим көкжал бөрүнүн артынан ээрчиген жорунун, кузгундун, карганын күнүн берип койгон..

Киши кейпин кийген кузгундарды көп эле кездештирген. Бирок, өз учурунда байкады беле алардын баарын? Бир убакта уялбай кадам сайын аягына чалына «өлүп берем сиз үчүн» деп ант ичип, бир убакта артынан аңрындап жөргөмүштүн торундай арам ушагын жайып, жаңжал отун жагып жүргөндөрдүн көбүн кечигип сезген беле?!

«О тоуба ай,— деди өзүнчө Курманжаи,— өз оюна коюп, ар нерсеге кызыктырып, тырмыштырып, кудай пендесин кыйнайт, сынайт деген ушубу?..

Кебин улады Курманжан:

«Бир түркүн адамзаада бар — бейбапа дүнүйө издейт калпыс да болсо мейли, жортуулчу сымал жан тынымыш көрбөй күн ката даңк кууйт, өңкөй сукту жолдош кылат, бирок ал топуксуз — сукка кешик арттырбай тымызын чабат, жалгыз алат. Эки жагын каранбайт — жол жолдошу сууга агып, өзү калат.

Бу жолукса аттын башын бура тарт...»

«Дагы бир түркүн адамзаада бар — топуктуу, колдо барына ыраазы, адамчылыгына шүгүр, уйкусу тынч. Топугу жугат — бу тар дүйнө кең болот...»

«Дагы бир түркүн адам кездешет — өзү келип ыкташпайт, өзү жагынып сырдашпайт, жакшы болсон, ишиң илгерилесе ал өзүнчө тен берип ыраазы, сырт жүрөт. Качан бир башына

---

[1] К е л к е л —өсүү, жакшылык мезгилдин келиши, замандын оңолушу.

мүшкүл түшкөн чакта түз келип көңүл сурап, көмөгүн аябайт, акылашпайт.

Сырттан дейт мындайды, достошсоң да, касташсаң да сырттан менен болмок абзел — кадырыңды билет, бөөдө арам өлтүрбөйт...»

Эки бала чоң энесинин бу коңур жумшак дабышын күндө угат, жүзүндөгү бырышын, касыреттүү ойлуу көзүн күндө көрөт. Бүгүн да ошол, эрикпей, куду чоң киши менен маектешкенсип, өзү көргөн, өзү акыл аркылуу тааныган адам мамилелерин насыйкат кылып, чоң эне эки өспүрүмдүн кулагына салып отурат. Азиз астыртан те алысыракта таандай бапырашып «чек эчки» ойноп жатышкан айыл балдарын карайт. Балдарга кошулуп актөш күчүк элирип чуркап жүрөт.

— Азиз, бар, барагой, оюнга кызыгып турасыңбы, каралдым? — деди чоң энеси аны байкап.

Азиз ордунан леп тура калды.

— Оюн эрежесн баарыга тең. Муну билесиңби, Азиз?

— Билем.

— А түзүк! Үстөмдүк көрсөтпө, кычымдык кылба, оюн тартибин башкалардан да сен бекем сактап ойно, а бирөө бузса дароо как. Ушул бала күнүндө оюн тартибин сакта,

Каган кийин эрезеге жеткенде адилеттик дегенди сезбей, ал үчүн аттап өтпөй турган бир дагы кыйын босого жокто болуп, ээнбаш, бейбаш өсүп калат. А кычымдык карөзгөй кылат. Бар, этият бол.

Азиз жүгүрүп балдарга кошулуп кетти. «Бала эмеспи?..» деп койду Курманжан өзүнчө. Кадыр ошол мостоюп отурган бойдон былк этпей кала берди.

— Йе, Кадыр, сен барбайсынбы оюнга?

Кадыр таңдайын «шык» дегизип койду. Кадыр башынан кепке үйүр. Оюнга алаксыбай койгонуна чоң энеси да тымызын ыраазы болуп калды.

«Көөдөк, ойноо кездери, бири болбосо бири кулактарына кирип калар айтылгандын. Дегиси, ата-эненин акылы балага акыл боло койбойт, бала теңир буйруган акыл чөйчөгүнө жараша батышынча алат, ар сөздөн өз алдынча маани табат, а акыл чөйчөгү ичтүү болсо бир эмес, жети атасына калган ой-санааны батырып, наркысын өзү улайт, жалгайт...» деп, Курманжан купуя ойлонуп, башын өзүнчө ийкеп, өзүнчө улутунуп алды. Ушул жашка келип, Курманжан көп эле уул өстүрүп, көп эле таалим-тарбия берип келген. Алымбек тындым болгон соң он уулу Абдылланы катарга сүрөгөн. Абдылла бөтөн жерде набыт болуп, андан колунда калган Мырзапаяска ак менен каранын ажырымын таныткан. Мына, тагдырдын башка салганы экен, Камчыбек дарга асылып, андан калган бу Азиз менен Кадырга жол жобо айтып отурат. Энеде бир гана ой — катарга кошулсун, «ата көргөн бала» болуп, абийир, адилет тутунсун деген гана далалаты. «Бу балдар сөз тыншабаса, тыңшаса да кулагына кирбесе, кулагына кирсе да сөз баркына баамы жетпесе эмне болот?..» деп, катаал ой зып келип, анда эмгеги текке кеткени эмеспи. жүрөгү шуу дей түштү. «Өзүлөрүнүн шору»... — деди Курманжан кейиштүү улутуна. «Өзүң билбе, билгендин тилин алба» деген калмактын каргышын эсине алды. Аттиң ай, карачы, өзү билбесе, билгендин тилин албаса, анык кудайдын кууратканы ошол да?! Бу оомал-төкмөл кыйын дүйнөдө өзүң акыл таппасаң да акыл тапкандын айтканына көнүп, айдаган жагына жүрүш да түзүк, каниет турбайбы?!

Те илгерки бир эски өкүнүч көнүлүнө кылт дедиби, аргасы кайсы, акырын улутунуп, акырын күбүрөп, каймана накыл айтты Курманжан:

«Кээ айгыр болот — пенили тар, кызганчак, кичине эле өеө баштаган тай-кунанын батырбай кажып кууп, үйүрүн өндөйтпөйт. «Жаман айгыр өз үйүрүнө тап» деген ошол.

Маани ушул ки, эл ичи ар түркүн, адам ар башка, бирок журт агасы үчүн бирөэ «жакын», бирөө «алыс», бирөө «өз», бирөө «жат» делиниши керек эмес. Демек, башчи баарыга тең болбосо, өз үйүрун тоздурган жаман айгыр таризде элдин ыркын бузуп, таркин чыгарат...»

«Кээ ангыр болот — үйүрүнө карамдуу, терс басканын имерип, үйүрүнүн аксак тайын чыгарбайт, чарк айланын, түн каткан ууруга алдырбайт, бөрүгө жардырбайт.

Ошон үчүн элине карамдуу, кара кылды как жаргап калыс, кечиримчил, пейили кең журт атасын «тай качырбас боз айгыр» деп коёт.

Болсоң ошо «тай качырбас боз айгыр» бол...»

«Бол? Болуу эле онойбу, ордо күтүп, туу жайган өкүмдарлар боло алышкан жок ко?!» Өзү шыпшынды Курманжан. Өзү айтса акыл, караса кабагына сүр болуп берген эри Алымбек боло алдыбы, аттиң ай?! Бийлик, ага өтө эле карыша бериш, канбоо кимди гана болбосун акыры аягында өзүн өңкөй кошоматчы, саткын менен курчап алган, шекчил, кекчил залим кылып коёт экен го?!

Боз каймал биртке тына түшкөн. Дагы кайра муңканып, куду таң кулан өөк болуп кылаяры менен жоктоо айткан эне сыяктуу ыйга болкулдап толуп-ташып, өңгүрөпөксөп, боздой баштады.

жубантпадым ботойду ай...
Жылаажын тагып мойнуна
Эл көчкөндө көрк кылып,
кубантпадым ботойду ай...

Бир убакта алчактаган кара атчан бирөө каймалды көздөй чыкты.

— Уа, арам өлгүр-р? Баласактыгын кара мунун?! У, өңгүрөгөн өңгөчүңдү у-райын! — деп, таркылдап сөгүнүп, кыжырлана темине келип, а мурдатан жүрөгү андан үшүп калган боз каймал маңкайып бир тиктеп токтой калган, сүйрөтүп жүргөн сарысай укурук менен баш талаштыра салып-салып жиберди. —Мына сага боточук! Мына! Мына!!!

Бу Карасакал экен, Курманжан колун серелеп карап тааныды. Кара чепкен, калдайган кара көрпө тебетей, кара топоздун көнчөк жүнүндөй калың сакал, эки көзү дайыма чакчайган, дайыма бир нерсеге ыраазы эмес баягы Карасакал. Курманжан оозунан сөзү түшүп, кабагын үйрүй тиктеп калды. Боз каймал ыйлактап буйтады, башын эки алдыңкы аягына калкалай, ала качып тегеренди, а Карасакал өчү бар сыяктуу аны сайын кыжыры кычап, шилекейи агып, тиштене күчүркөнүп, колунун кыбасы кана сабап жатты, боз каймал логлоп качты, а Карасакал учкаяк ат менен жетип, улам алдын тосуп, башка салгыбай берди.

— Кагылайын, барчы,— деди Курманжан, эрди кымтылып, жашыл саргылт көзүнөн бир түркүн жаал оту тутанып,— айтчы барып, «ботосу өлгөн төөнү урбасын деди энем» дечи. Жөн айдап кетсин!

Леп тура чуркады Кадыр.

— йа! Качасыңбы?! Ботоңду издейсиң э?! — деп, дагы эле боз каймалды Карасакал карсылдатып уруп, нары-бери кууп жүргөн. Боз каймал капилет келе калган ак камзол баланы боточугум деди белем бир селт тиктеп алды. Капыр анын жаш толгон көзүн, чокусунан кан чачырап, мойну кызылала болуп кеткенин көрдү.

— Ой, ава! Токтот! — деп кыйкырды Кадыр элире.

Карасакал ат тизгинин тартып балага таң калгансып бир ороюп тиктеп:

— И? — деди. —Эмне токтойт экемин, балакай?! Йа?!

— Ботосу өлгөн төөнү урбасын деди энем! Жөн айдап кетпейсизби?

Карасакал адегенде мукактана калып.

— Ко-оку-уй!.. — деп алды өзүнчө, анан буркулдап жиберди: — Йа! Энең өз катынымды ургузбай! йа! Эми казыгымдагы малымды да ургузбайт бекен, йа!

— Эмне, көрбөйсүзбү?! Төө ыйлап турат ко?

Саал ай мурун Карасакал али каканагын жыя элек зайыбын «кыз төрөп койдун» деп, өлөрчө уруп таштаптыр. «йа-а, кудай бала бер, бала берсең мына бу ургачы жолборстун балдарына тең тайлашар дана бер, а дана бербесең кызыл этинде эле ала бер!» деп, көп ичинде да, өзү жалгыз кезинде да катаал тилек кылып жүргөн. Кара, ага өчөшкөнсүп, зарыгып күткөн зайыбы чыйылдатып кыз төрөп койгонуна күйүп кеткени экен. «Кыз бирөөнүн төшөгү гана! Бала түгүл, дана түгүл тукум да эмес!» дейт. Муну угуп, Курманжан Карасакалды жигит жиберип чакыртып: «йе, кайним, бу мынча эмне болуп кеттн, зайыбыңды чала Жан кылып таштаган имишсиң го? Нечен жыл бирге өмүр сүргөн, мындан ары да бир үйдө жүз көрүшүп далай жыл отурар өз зайыбың, эмеспи. Ушунча да кордук кыласыңбы, чектен ашып кетппсиң го, кайним?! Же мындан нары от-казан болуша албайсыңарбы? Сен өзүңдү адаммын деп жүрсөц ал дагы

сендей эле адам заада, кор тутпа. Мейли, башын ачып, энчисин бөлүп коёлу. Күнөөсү не? Күнөөсү кыз төрөп койгону дейт ко? Ким айтты сага, кайсы шарияттан эшиткенсиң, кыз бала эмес бекен»? деп, катуу уяткарган болучу. «Энчисин бөлүп коёлу», «кыз бала эмес бекен»

деген эки сөз Карасакалдын сесин алган. Энчи бөлсө мал кетет, а «кыз бала эмес бекен» дегенден «мени да киши эмес дегени турасыңбы?» дегенди түшүнгөн. Карасакал: «Кара басып, шайтан азгырып...» деп, чекилигиц моюндаган болуп, уялган түр көрсөтүп, экинчи кол көтөр. боскө убада кылыи, араң кутулган эле.

Азыр итатайы тутулуп: «Йе! Катынымды урсам өзүнө алса, эми төөмдү урсам да өзүнө алып жаткан турбайбы энең?! Бар! Айтып бар энең да ботосу өлгөн боз каймал, бар, айтып бар!» дегиси келип, бул уу сөз тилинин учуна келип, бирок артын ойлоп тиштенип, араң тыйынды Карасакал. Баланын ачуулуу эки көзү аны тепчип турган. «У! Ка-ра муну! Карышкырдын көзү! У кан-ныңды ур-райын!..» деди купуя, бирпаста кайра деми кесиле түштү.

— Куп, бекзаадам, куп. Байбичеге айтып кой, камтама болбосун жарыктык. Бу арам өлгүр улам малга кошсом улам боздоп, улам тентирей бергенинен... — деп, күңкүлдөп боз каймалды үйүнө карата айдап жөнөдү. Боз каймал логлоп, куду кычым эринен бөөдө таяк жеп кор болгон зайып окшоп уңулдап, мурунку муңуна муң кошулуп, «бу»!, «бу!» деп, энтиге боздогон бойдон кетти.

Кадыр кайра энесинин жанына чыгып келди. Көзүнө жаш тегерене түшкөндөй, кирпиги жылтырап нымдалышып калыптыр. «А, боорукер болот экенсиң, каралдым»,— деп койду өзүнчө Курманжан.

Боз каймалдын муңканган үнү ааламга сиңип, те алда кайдан үзүл-кесил кулакка чалынып, бири ак, бири кара эки караан улам алыстап, улам көзгө илине бербей кичирейип, кетип баратты. Кошо сыздап, өз касырети тымызын ырбап, Курманжан эне өзүнчө аргасыз арманга ыргалып отурду.

Мейли өлгөнү го өлдү эле, минтип тирилей тиригинеп ажырап отурганы ага эч көңүл түткүс кейиш болучу. Колу менен күнөө кылганы мойну менен тартсын — ага ыкрар, бирок ак кишилер атайын кармалганы үчүн ак падышанын акимдерине көңүлү кыра. Күч алдында, тагдыр алдында алсыз болгон соң кайрат менен үмүттөн башка арга не?!

Курманжап тымызын үшкүрүп, кайра тооба кылды:

Бул дүнүйө бир керемет бураңдаган,
бак тайса башка дөөлөт куралбаган —
бир күндө миң бир эки балээ көрсөң
баары бир үмүт үзбө бир алладан...

Бул байыртан калган маани ушундай абалга айтылган белем. Өз көңүлүнө төтөк, жанында отурган жетимге алдын-ала эскертүү, акыл болучу.

Ыңжыңсыз туңгуюктан боз каймалдын боздогону угулгансыйт. Бир алсырап, бир күчөнгөндөй. Бул үнү эмес, кайгылаш маглуктун кулакка сиңген муңу, жаңырыгы эле. Темир казыкка карыштыра байлагандыр аны кычым Карасакал. Не чөгө албай, не жез буйласын жырдырып кеге албай казыкка тынымсыз айланып, аны сайын муңканып, ексөп боздоп тургандыр боз каймал. Капилет же бир бала, же бир ак улак ойноп жанына келе калса, жүрөгү зырп этип, селт карап, үмүтү бир сынып, бир жалганып, кайгы толгон кара көзүнөн узун кара кирпиги ирмелбей көз жашы мөлт-мөлт төгүлүп турганы, ак каймал ак элечектүү улгайган эне сөөлөтүнө келип, касыреттуу Курманжан эненин улам көз алдына тартылып турду...

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

I

Бир жагынан бир жагына өтө албай ат туягы түгөнгөн, куш канаты талыган, ашуусунан аша албай нечендин жүрөгү жарылган, өз бороону гана түйшөлткөн, бийиги түбөлүк булут

курчанып, булуту нечен түркүн удургуй туштарабындагы мейкин түзүн, кум жамынган чөлүн каптап жамгырлап, ак кар көк музунан жер бүткөнү кут[1] жагына, күн чыккан жагына, аягы күн жүрүш[2] жагына улуу мүрөк дайраларын тынымсыз ийип, жамы жандууга да, жансызга да өмүр таратып турган миң катмарлуу улуу тоо...

Көк өтөгүнөн эки атчан өйдөлөп чыгып келе жатышты.

Эми гана муруттары кылайган, көңүлдөрү шат, биринен-бири калбай шакылдата ат бастырышып, түзөң, айыш жер келсе дуулдата жарышып, улам бир кыраңга токтошуп, мемиреген бейпил теребелге кумарлана көз чаптырышып, шыкалган гүлдүү чөпкө жойкун сала аралап, үзөнгү кагышат. Жылдын ошол аруу мезгилинде али эч ким баса элек жүлгө кууп, өз өмүрлөрүнүн ошол жазында биринчи жолу ашуу беттеп, мурда көрө элек багытка жол тартып келе жатышты. Кемүү, өксүү деген санааларында жок, үстүндөгү өз кийими, алдыларындагы өз аты түгүл бул кең аалам көгү менен, көгүнөн түшкөн нуру менен, көз кайкыган улуу тоолуу жери менен — баары ушул экөбү үчүн Жаралган өңдүү, ушул экөбүнүн энчи окшоп, экөбү тең

улам бийиктиктен бийикке талпынган куш сыяктуу куунак. Өтпөй турган чек, ашпай турган ашуу, бүтпөй турган иш жоктой, бул дүйнөдө жамандык деген бар экени ойлоруна кирбей, бет алган жагы жаркырап, толукшуп, көздөрүнө аалам кызыл-тазыл, улуу тоонун бир катмарынан бир котмарына, бир элден бир элге баратышса да, өз-өз төрүнө, өз туушканына жолгошордой эртеңкинен камтамасыз, дагы жаңы жер таануу, эл көрүү кызыгы, арзуу жетелейт.

Эки жигит өз мекени улуу тоонун сөөлөтүн эске салган чогу бийик, кайруусу бөйдөй кара макмал ак калпактан айчыланта кийишкен. Чөп, дарак жарданып карап турушкан сыяктуу, а түгүл шаңкайган улуу тоо өзү туш тара. бынан серп салып, тилегин тилеп тургандай сезилген кездери, өмүр үзүрүнө умтулуп, адамзаадамын деп бой салган, асылзаадамын деп суйсалган убагы.

II

Комузчу үйүнүн жанында көк шиберге жая салынган төрбөлжүнгө[3] эки аягын сунуп отуруп алып, үңкүйүп, комузуна кыл тагып аткан эле.

Кыл козунун же улактын ичегисинен жасалат. Кара ичегини таза жууп, оодарып, сыдыргы менен кырындысын такыр кетирип, чел кабыктай ичинен кол көрүнгөн ченде акырындап чыйратып, улам дөңү, бүдүрү калган жерин кайра сыдырып улам чыйратып, жибектей жымылдатып, андан соң көлөкө үйгө керегенин башына илип тартып, тоборсуй баштаган сайын чоюла, ничкере болсун үчүн ар жерине салмактуу бердеме илип, кургатылгандан кийин жыйнап, тутамга ченеп түрүп алат.

Комузчу көпкө күймөнүп, улам кылды комуздун Кулагына өткөрүп, чоё тартып, сөөмөйү менен тарткылап көрүп, үнүн тыңшап, бир бошотуп, бир керип, ар түркүн ыргагын көрүп, кокус ойдогу мукамга тоңураак болгонун дароо чырт кыркып ыргытып, кайра жаңыдан чубап, кайра комуздун кулагына өткөрүп, кайра сынап, кырынды калган кылынын бөлтөгү мукамга келе бербей дорулдайт, же өтө сыдырылып, маес болуп калган жери чыңылдайт, бир кунда кубулжуган, элпек, ийкемдүү коңур жумшак добушуп ылгап жатты.

Те айыл четинен ит коңкулдап калды. «Ныязаалы» деген сөз кулагына илине түштү. Ныязаалы өйдө карай берди. Эки атчан балдардын жанына токтой калышкан, балдар колу менен бери жакты көрсөтүп, кужулдашып турат. «Те тиги Ныязалынын үйү» деп жатышкан кыязы. Эки атчан бери бастырып калышты. Ким булар? Түсү башка, аттары чоочун. Ким аны сурап келе жаткан? Комузчу ордунан туруп, утурлай тосуп турду. Жок, эч качан бул элден учураган адамдар эмес. Тыяктан эле таңыркагандай элейе келе жатышат. Түрү жай, кабактары ачык, булар жаман кабар жеткирчү чабарман да эмес, же айдап кетчү болуштан келген жасоол да эмес. Кара мурут, биртике чокчо сакалдуу Ныязаалы чукчуюп, ой-санаасы ар кайда кетип

---

[1] К у т — түндүк жак.
[2] К ү н ж ү р ү ш — түштүк жак.
[3] Т ө р б ө л ж ү н — шырдактын бир түрү.

турду.

Эки чоочун жарыша муңайым үн сала салам айтышты:

— Ассалоому алейку-ум...

— Ассалоому алейку-ум...

«Э, тарбия көргөн балдар го?..» деген ой көңүлүнө алтын теңгедей тымызын жылт этип, алик алып, тосо турду Ныязаалы:

— А, келгиле, аттан түшкүлө, издегениңер мен болсом бир керегиңерге жарайттырмын, жигиттер, кана, түшкүлө..,

Экөбүнүн тең атын өзү алып, өзү каңтарып байлап, Ныязаалы чоочундарды үйүнө баштады. Улагасынан үрөйү жылуу бир зайып мурда эле камдап төргө жайып салган төшөккө карай:

— Келгиле, төрлөгүлө,— деди үнү да жымылдап.

Эки чоочун төргө отурушуп, үй ээлерин, улага-төрүн бир чаргып:

— Эми... алыстан арта даңк угуп, комуздун кумары, ырдын шыгы жаткырбай кууп, ат арытып, тон кирдетип, мына алдыңызга келип турганыбыз, таяке,— деди алма жүздүү кызыл чырай, сары чийкили.

Ныязаалы жымыйып, экөөбүн алма-телме сынай тиктеп калды.

Кыязы «Чертишери кайсынысы, айтышары кайсынысы?..» дегендей.

— Жол оңутун карасам же Беш-Таш ашып Таластан, же мына бу эле Чолпон-Ата, Кетмен-Төбө тараптан...

Чыкчыйган мырза сөөлөт жигит баш ийкеди:

— Чолпон-Аталык болобуз.

— Э-э,— деп алды Ныязаалы,—бул өңү кызыл чийкил, көзү күлүндөйт, маңдайы жарык, йе жараткан жаңылтпа, ушу Токтогул деген өнөрлүү баланын өзү окшойт...

Кызыл чийкил эки көзү жалжылдап, баш ийкеп, бул аДамдын анттырбай таанып отурганына кубанып кетти. “Угулган экен...» деди өзүнчө.

— Баатыр менен күлүктүн аңызы угулат, үкөлөрүм,— деди Ниязаалы комузчу,—өзгөчө өңөрпоздордун сак болот мындайга. Нары да, менин үйүмү не комузчу не ырчы гана сурап келет. Ошон үчүн болжоп отурам. А «таяке» дегениң кандай?

— Атам Сатылган сарттардан, энем Бурма саруу ичиндеги Сатыкей кызы.

— Э, жээн да болот экенсиң, Токтогулум. И-и, бул жигиттин жөнүн айт...

— Ысмы Төрө, таяке,—деди Токтогул,—«төрө» десе төрөдөй, бир суу элдин жакшы чыкмасы, ннети ак, кара кылды как жарган калыс баласы.

— Түзүк, түзүк,— деди Ныязаалы басырыктуу ойлонуп, жигиттерди астырган серп сала тиктей отуруп,— түзүк, өнөр алды калыстык болуп калды азыр, түзүк... Токтогулга күлө сүйлөдү: И-и, жээним, бир карасам алгыр турумтай, бир карасам муңкеш күкук сыныңбар, баштаң отур, ортого таштай отур... — деп калды.

— Ырчы,— деди муңайым Дүрдана акырын,— жол келген кишилер суусундап алышсын...

Төрө жымыя баш ийкеп койду:

— Мейли, жеңече, күлүктү күлүк көрсө төрт аягы тыбырайт, мейли, жеңече.

«Кой,— деди Ныязаалы ичинен,— өзүнөн өзү элирет, эрди жука ырга чапчаң көрүнөт, жо мен чертмек менен оозунам!»

Ныязаалы комузчу комузун күүлөй баштады. Жүрөгү опкоолжуп, Токтогулдун эки көзү комуздун кулагынан, бурамынан өтүп, бүт дити кылдын ыргагына жабышты, «Э, куйма кулак көрүнөт, демин тартпан берилет... Ыя?.. Экн көзү ителги, буга комуз чертип түтөмбү?..» деди комузчунун дили. Бир убакта өзү элирип, өзү өрөпкүп, «Кер толгоо» күүнү шартылдата баштап кетти. Мукамдан мукам үндөтүп, бурумдан бурум түрлөнтүп, асемден асем ашырып, тула бою күйшөлүп чертти. Карабай туруп комузду Токтогулга сунду.

— Жогуң,—деди жигит,— өз жоргобузду минели...

Колтугунан кичинекей кызыл өрүк комузду сууруп, тепкесин бектеп коюп, анан бир түркүн чоочугандай, бир түркүн тобокелге баш байлай жың-жың күүлөп, тиги антылуу комузчу мурда

күүлөгөн кылдын ыргагын эстеп, артынан кууп күүлөдү. Каеринен жаңылат? Ныязаалы эки көзүн чылк жумуп, кулак төшөп калды. Туура! Комуз туура күүлөндү. Ныязаалы эки көзүн шарт ачып, эми Токтогулдун колуна кадалып тиктеп калды. Дуу, дуу, күү, күү кетти комуз. Ныязаалы башка эчтеме укнай, көрбөй кадалды. Жаш Токтогул күүнүн бар мукамын калтырбай, бар бурумун терип, өзү да бериле оштонуп, дүңгүр кактыра шатман, чапчан чертти.

— Чала бастым окшойт, шаштым окшойт. Ныяз таяке... — Жо,— деди Ныязаалы,— жо, өз көңүлүндүн албуут каштыгын, жаштыгыңын теңселген мастыгын кошуп, баракелде, өзүнчө көрктөнтүп черттиң...

Эми Токтогул комуз күүлөп, «Чоң кербез» күүнү чертти. Чыязаалы ыр коштой турган шаңдуу овон күүнү кайрыгына кайрык улай, атайын жай күңгүрөнтө асемдеп чертип берди.

— Шалкы болуп калды окшойт?..

Жо, таяке,— деди Токтогул,— шашкан тизгинди тартып, ойго оор жүк артыи, дүйнөнүн түбүн кара деп, өксөө, кексөө банкатып, токтоо мезгил кум санаасын коштуңуз... Ныязаалы:

— Э, үкөм, жалындай жаштык доордон мен да өткөм. Кан коюлар, көрөм деген көңүл тоюнар, келерсиң анан курагыңа төрт тарабын каранган, чертсең күүң муңканган. Аттиң ай, чачса дагы кемибей, ашса дагы төгүлбөй бул дүйнөңдөн күлүп өткөн, чачы агарбай, карыбай жүрүп өткөн ким болгон?!

— Бали! — деп, Төрө кубанды. — Куш канатын серпкеидей, эки буудан тең жарыша кеткендей комузуңар үндөштү, кеп маанниси бирлешти. Бали! Бой салышкан кош чынар, үн алышкан эки улар...

Токтогул эки көзүн чылк жумуп, жини түшкөн бакшыдай буулугуп, комуз менен үн коштоп, төгүп ырдап жиберди. Те алыстан ат арытып, жер көрүп, эл таанып, асыл сөз, асем күү самап, күмүштүн күкүмүндөй бирден терип үйрөнүп жүргөнүн баян кылды.

Кызыл тору Дүрдана эки көзү бажырайып, ынтаа коюп, ырчынын оргуштаган демине көңүлү муюп, ал дагы ырчы менен комузчу дегенди көп көргөн жан, астейдил баа, тен берип тыңшады.

— Байбиче,— деди Ныязаалы көнүлү көтөрүлө,— бизди өз жайыбызга кой, сен дасторконуңун камылгасын кыл, байбиче. Күрпөндөн бирди сойдура бер, коңшуларды кечкиге чакырт, бүгүн өз үйүбүздө эле отуралы, эртеңки күндүн кайда баштаарын көрө жатарбыз, бу колунан күү, оозунан мээри төгүлгөн баланы көрүп калышсын, макулбу?

Кабагы ачык Дүрдана башын ийкеди.

Кеп илгерки өткөн комузчу, чоорчу, кыякчы, обончу нускоочу ырчылар жөнүндө болуп отурду. Сырды Комуз, Тонгожо сурнайчы, кыякчы Кара Турат өнөрлөрү, акыры кайгылуу өмүр тарыхтары эскерилди.

Ныязаалы:

— Илгери ушул эле биздин туугандардан эки бир тууган экөбү тең жаагын жанган ырчы болушкан экен. Бир жолу мушаира болгон дейт. «Му шаир» дегени ырчыларды айтыштырганы болот ичкериде. Кеп ырчылар бет келишип, бири жеңип, бири жеңилип отуруп, эң акырында ошо эки бир тууган гана калыптыр. «Кана, ырдашып көргүлө, угалы, сынайлы» дебепби мушаира башчылары. «Биз айтыша албайбыз» дептир дейт агасы. «И-и?» дешпейби?! «Биз бир тууган элек» дейт. Эки бир тууган белдешпейт, жаакташнайт, бу илгертен бек кармалган абийир салт. «Мейли, эки бир тууган жакалашып отурган чеки иш мушанранын мөөрөйүн, даңкын бирөөнө ыйгармак керек, бир гана арга, жаранлар, бириңе жол кой бирин» деген экен башчы. Кичүүсү тура калып, таазим кылып: Мен жеңилген болоюн, мен агама койдум. Мындан кийин ырдабайм, алдымда агам турган соң башка ырдашар кишим жок, ырды биротоло таштадым...» дептир, адам эй! Ошончо топ ичинде ушундай сөз берген оңойбу?! Эл бата кылып жиберген дейт. Ошол бойдон кичүүсү топко жолобой, эки жакты тиктебей, эчтеме ойлонбоско тырышып, бирок эмчек сагынган бала сыңары күнүгө ырын эстеп, каңырыгы түтөп, кайра өзүн тыйынып, тиштенип жүрүп калат. Ээн кыштоого качып кыштап, кар жатпаган боз жерден кекилик кууп атып, ошонун кызыгы менен бир жыл бою бир жан менен сүйлөшпөй, өзүнчө да кыңк этип үн чыгарбай, таш арасында көз жашы өзүнөн өзү төгүлүп жүрүп унуткарып, акыры бир жылдан соң ырдын шыгы такыр тажыгып, ыр түгүл эки ооз сөзүн жөндөн айта албай калган

экен...

Токтогул өзүнө мурда белгисиз ойго кабылды: «Кызык, кызык... мындан келди — күнүгө кармабай койсо комуздун, күнүгө ой толгоо тартпаса ырдын шыгы качат турбайбы?..» Ныязаалы:

— Э-э-э... —деп күүлөнүп, «Көкөй кести кара өзгөй» күүсүн чертии: — Башын дуулдатып, аягын дүңгүрөтүп, ак көңүлдүн күлүшүндөй, аргымактын жүрүшүндөй шакылдатып, көзгө толумдуу, көңүлгө жугумдуу кылып жаркылдатып... — деп, өзү да оолжуп кетти.

Күү айтканындай шагдам, өзөгүндө улам кайталанган мукамы шатман, улам кайрымы жаңыланып, улам бутактап, мукамга мукам уйкашылып, ыргакка ыргак сей келишип, кайгыдан, мүңкүрөөдөн кайратка обушкан жигерде адам мүнөзүн, дуулдаган ой-кыялын, ойдогудай болгон ойрон дүйнөгө кол шилтей өчөшкөнүн, атайыш аны теңине албай шатыра-шатман жүрүшүн ойго келтирген, көңүлкош жан селкилдсп бийлеп кошулуп кете тургандай ой термелткен күү.

Телмирип кунт коюп отурду Токтогул.

Эми Ныязаалы «Сары барпы» күүсүн баштады:

— Сары барпы армандуу чымчык, арманын айтып ыйдаптыр минтип...

Комуз күү-күү, дуу-дуу муңканып кетти. Бул күү бир жылан улам тукумун соро берген алсыз, аргасыз сарала чымчыктын уясын таштап качканын, кудайга мунажат кылып ыйлаганын тамсилдеп айткан күү. Чымчыктын овологону, дилдиреп кош канатын кагышы, кош башы менен сүйлөшкөндөй, муңдашкандай добушу, анан зар ыйлаган арманы үч кыл менен шөкөттөлүп келтирилип, комузчу кошогу менен коштоду:

Күндө туусам күндө жок,
күндө жылан жеп коёт...
Айда туусам айда жок,
айда жылан жеп коёт...
Зарлап барсам кашына
тоё элекмип деп коёт...
О, кантейин, кудай ай,
кандай жазык кылдым ай...
шумдук жорук болду ай,
сур жыландын корлугу ай,
көрүнөө кылган зорлугу ай...

— Бул күүлөрүңүз татаал экен, мейли, аракет кылам, татаал түгүл катаал болсо да үйрөнөм... Ошол үчүн үйдөн безип, жер кезип, мында жүрөм... —деп, күлгөн болду Токтогул.

— Э-э, үкөм, ыр базарын кыдырбагам, комуздан кол бошобой ыр шыгынан куру калгам, ырдан нускоо бере албайм, «а-а» десе маани куюлган, жамы журт оозун караан, оң-солго даңкы тараган ыр пирине жолуктурам.

Төрө менен Токтогул алдыртан бирин-бири тиктешип, элтейип калышты. «Жеңижок ырчыны айтып отурат?..» деди өзүнчө Токтогул. «Аксыдан чыккан Жеңижок — айтышарга теңи жок» деп уккан, жүрөксүп, ой баса түштү.

Жеңижок ырчыны Токтогул Шумкар-Уя жайлоосунда көрдү. Көп элдин ортосунда, атчан, тили эле тынымсыз соймоңдогонсуп, эки көзү туштушка элире тиктеп, төгүп ырдап турган экен. Улам четтеги аттуу-жөө эл алдыга жүкүпө кулак салып, жардап турушат. Үнү жапыс, элде кыйрына анча жетпей, сөзүнүн бири угулса бири угулбай муну ырчы өзү билеби, улам бир жагына бет алып, аткарып темине бастырып, дагы башка жакка бурула даңкылдап ырдап турду. Бүт дитин коюп тыңшады Токтогуд «Жер санатын» ырдап жатты Жеңижок.

Бул дүнүйө бүткөнү, топурак пайда болгону, ава келгени, суу чыкканы, от жанганы, ушул төрт ыйык мээримден адамзаада түркүн маглук кыяматка дейре күн көрөрү түрүн кийе өнүп-өсөрүн айтып, «жер санаты», «жел санаты», «суу санаты», «от санаты» деп, ар биринин касиетин пайдасын өз-өзүнчө санаттап, даңаза кылган ырчы болучу.

«Комузга жок окшойт...» деп, баам салып турду Токтогул. Салмактуу, токтоо, ырчылар үн коштой турган мукамды гана бир кайрып, көп учурда кайрыбай деле комузду өңөрүп, аны унутуп, куду жини кычап келген бакшыга окшоп, улам кызый, улам элире куюлуштуруп жатты. «Бу,— деди Ныязаалы акырын,— илгеректе колун куушуруп отуруп алып эле, өзүнөн өзү буулугуп, кээде ыйлап, кээде соорону п, көзүнө эмне көрүнсө, алдына ким келсе ошону шарылдата кошуп, сыпаттап ырдай берчү болучу... Бир мааниден бир маанигe өтөр арасында кичине демиңди алганыңа жакшы деп, бу «ырчы күүнүн» бир кайрыгын араң үйрөткөм, такыр шыгы жок, араң эле кыңгыратат... Карабайсыңбы, кайран комузду ээрдин кашына басып алганын...» Токтогул нестейип, баш ийкеп укту.

Кечинде өнөрпоздор күтүлө турган алейне үйгө келгенде Токтогул салам айтып, жай сурап, өз жөнүн туйдура ырдап учурашты. Теңтуш Ныязаалы «бу ыр пиринин эсин бир чыгарайын» деп, кымыйып карап турду. Жеңижок урушчаак бөдөнөдөй чукчуюп, тийишсе эле атырылгандай болуп, ичинен зардеси кайнап, кыя карап отуруп тыңшады. Кийгени макмал топу, ак көйнөк, жеңи жок кара камзол, сакал-муруту чертилген, арык чырай — куштап сыпаа.

Анын алыска угулган ырчылык даңкын, төрт санатын. ал төрт санатты буга чейин эч ким айтпаганын, мындан нары да айтса да бу кишидей эч ким айта албастыгын, «Жең акенин төрт санат, түгөнбөгөн көрк санат, төп каныгып алган оң, төтөсүнө салган оң, так үйрөнүп алган он» деп, эң акыры «ырдын пири Жең акең» деп көтөрө баалап өттү Токтогул.

«О-о,— дешип, отурган эл дуулдашып калышты,— эми алым-сабак айтышкыла, собол-жооп беришкиле, сынашкыла...»

Бирок, Токтогул өзү көргөн эл нускасы, жер көркү жөнүндө уйкашын да, маанисин да жупжумуру кылып, комуз менен шаңкылдата коштоп, үнү найын, бийик, мукамдуу, сөзгө такалбай, мукурабай мурдатан камдап алгандай кең дангырап, кыйла ырдады.

«О-о, сөзүн кара, комузунун тең кеткенин кара, үнү ар бир маанигe жараша кубулжуганын кара... Пай-пай, кудайым өндү да, өнөрдү да, кылтыйган сылык муңайым кыялды да бирдей берген белем бу балага?!» дешип, ичтен тен коюшуп, баш ийкеп отурушту ырчы айтпайды көп көргөн баамчыл эл.

Жеңижок акырын нускоо айтты:

Ныяз акең экөбүз
бирибиз санат ыр менен,
бирибиз комуз сыр менен,
а сенин төрт аягың жорго экен
бизге кудай бербеген...
Эми, үкөм,
башынан ырчы көп өткөн,
баарысы кайгы жеп өткөн,
алакчы күндөн тарыгып,
арман төгүп жүрөктөн...
Сен эми
ырчы болсоң эрди айт,
эрди тапкан элди айт,
эл ичинде теңди айт,
пейли жакшы кеңди айт,
акыйкат болсо кебиңде
ар убак маани бузулбайт...

«О-о, бали-и!.. —дешти отурган эл, булардын бирине-бири тең берген адилет пейлине ыраазы болушту.

Баары бир үйгө конуша турган болушкан. Союш желген соң жат-жаттан кабар болуп, эшик-эликке чыгышып, орун салынышын гана күтүп калышты. Токтогул астейдил кубанып:

— Бирге түнөп, кыябы келсе дагы бир-эки кеп алышып эдат экенбиз,— деди.

—Жо-о,— деди Ныязаалы,— ал түндө киши менен сүйлөшпөйт.

— И? Кетеби?

—Көксулуу жеңени көрдүңбү, үкөм?

Ныязаалы акырын кубүрөдү:

— Жен акең ошондой, жеңекең да ошондой. Кайда барышпасын Жең акен жеңекеңи кошо ала жүрөт, артында таштабай, алдына да өткөрбөн дайыма үзөңгү кагың, тыра жолмо-жол деги кептерн түгөнбөй өзүлөрүнчө жаңы кыз-күйөөдөй шыңкылдашып сүйлөшүшүп, катар ат бастырышат. Кайда түнөбөсүн бир төшөк салдырып алышат

Мындайды ким кылат, жубайынын көңүл күзөөсү менен ким эсептешкен?! Кокус бирөө сыйкатып калса Жеңижок ал жерге эч токтобойт, турат да аттанып, Көксулуусу экөөбү үзөңгү кагыштыра жүрүп кетип калышат. Сырын билген жерде эч ким унчукпайт, өөн көрүшпөйт, кайта көп учурда «кош баш болсон ушундай болсоң...» дешип коюшат.

Төрө:

— Үйү эмне болот?

— Үйү да турат,— деп, башын чайкап койду Ныязаалы,—баштан чукак кайран киши, ошон үчүнбү дейбиз, мал күтпөйт, эгин экпейт, ит да бакпайт. Ыйлап калары, мөөрөп-маарап калары, улуп калары жок болгон соң кош баш чымчыктай жылдын төрт мезгилинде катарлашып жүргөнү жүргөн.

— Чын эле кызык адамдар экен...

— Э!—деп кейиди Ныязаалы акырын. —Көңүлүнө кетеби дейбиз, унчукпайбыз. Көксулуу төрөбөйт.

Куу мүзүл деген чымчык болот дейт, ошол куу мүзүл конгон дарак куурап калат имиш. Куу мүзүлдүн өзү да төрөбөс катын. Бөөдө азамат эрди тукумсуз кетирет, тамырын кыркат... Муну эстүү киши өзү деле билет, бирак жүргөнү ушул. Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр?!.

Жеңижок төшөктү эки кишилик кылып калың салдырып, Көксулуусу экөбү кудум биринчи жолу төшөккө жатып жатышкан сыяктуу кымыңдашып, башка үйгө жатып алышты.

Киши канчалык көп жер көрсө, эл араласа ошончолук камы бышып, кемтиги толуп, калпысы түздөлүп, ой-санаасы кеңийт. Токтогул ошол ай бою тойлордо, кечип үзүрлөрдө бирге болуп Ныязаалыдан нечен түркүн күү, Жеңижоктон төрт санатын тең каныга укту, өз күүлөрүн, өз ыр демин бул даңктуу адамдардын алдына, эл адына сынга таштады. Не бир өзүнө ушуга чейин туңгуюк жүргөн сезим жаңы суу жайпагандай көктөп, бой салып, өзүнчө көр байкамы ченемсиз байыды. Баштагы бир айылда баарын билдим деп жүргөн эрдемсүүсү басайып, билгени такталык ондолуп өөпчүп бу эл казынасы чети оюлбас кен, учу-кыйры түгөнгүс кен, экенине өз көзү жетип, эми ошонун четине гана келип тургандай абалга кабылды да, самоосу дагы бийикке, дагы алыска балапан куштай талпынды.

Токтогул бир кыз-оюндан кеч келди. Өзү атын тушап оё берип, жаткандарды ойготпоюн деп, үйгө акырын кыйырылып кирип, четке ошол бүкүлү бойдон бөгүп жатты. Бирок, уйкуга көзү эч ирмелбей тула бою жымырай, бүткүл ой-санаасы азыр эле тараган зооктон арыла албай койду. Көңүл ышкы ырларын шаңгыраган назик наздуу добуш менен, комуз эмес жүрөк кылдарын бирден терип оштоп, өзү да сары чийкил түсү ийги жигит, кыздын тымызын көз карашынан өз көңүл оту тутана өз жүзү албырып, жаны эрип, берилип ырдап жүрөт. Ырын бир уккан, сөөлөтүн бир көргөн ата-эне кызынын тоюн даназа ылыш үчүн Токтогулду атайын чакыртып, ал жайда Токтогулсуз кыз оюн өтпөй калган. Тез эле таң күланөгак болуп, ордунан жылып туруп, акырын тышка чыгып кетти Токтогул.

Жер үлбүрөгөн ак кыроо, көк таза, желп эткен жел сезилбейт, чиркелише чөккөн айры өркөч ак тайлактар сыяктанып, карлуу чокулар турат, те алыстан зангырай асман тиреген чокулар мына сунсаң колуң жеткендей, чуркап барып бир айрысына минип алсаң болгудай бейпил да, тынч да, ава жыпжылуу мемирейт.

Улам өйдөлөгөн сайын айыл төмөндө көк макмалга дөмкөрүлгөн ак балгам сыңары

томурайып көрүнөт. Кай бир үйлөрдөн көк түтүн ничке созулуп чыга баштаган. Токтогул айры белести көздөйт, демиккенин өзү сезбей кирген куштай көк тиктейт. Көкүрөгү ушундай бир толкуган кубанычка, ыраазылыкка толуп, ага жанаша эле жооптуу бир санаалар кошо келип, аралашып, ою кумдай качырап, башы кеңгирегендей. Көп күндөн бери чала уйку, бирок бир дагы бою талмоорсубайт, куштай сергек, элпек, көңүл куунак, аны бакыт өзү эки колтуктан сүйөгөндөй, лепилдете канат кактыра көккө көтөргөн тариз.

Бири кызгылт, бири сыя ирең, бири тарапаран сыяктуу көк аскалары, алателек ак кар көк муздуу, биринен бири келберсип, ың-жыңсыз, жер каймактаганы бир оодарылбаган, бир чайпалбаган калыбында таңкы авада коргошундай күңгүрт көгүлтүрлөнүп, бейпил мемиреп турат. Муз түбүнөн оргуштап чыккан көк кашка суулар ылдыйлаган сайын көбөйүп, алдас уруп, ийрелендеп, чарык жиптей чубалып, терең сайларга түшүп кетип жатат. Суу шоокуму, те алда кайда асмандын үстүңкү катмарында жүргөн жел шоокуму угулуп угулбайт, күкүк да сайрабайбу кеңирсиген аалам али чукурана элек сыяктуу теребел тыптынч.

Биртке борчук таштуу көк дөбөгө чыгып, жер ааламга өзүнчө серп салып, көпкө отурду Токтогул.

Жай, күн чыгыш жак саргылт түскө акырын оошуп улам жаркый, улам бир түркүн шаң сезилип, ава оодарылыша жел жортмолой бирде жылуу илеп, бирде кар шапатасы муңайым сылагылап өтүп, ошол көз ирмемде кең ааламда кандайдыр бир жаңы, маанилүү пайда болуу боло тургандай бир шоокум кирип келе жатты. Демин ала түйшөлгөнсүйт ак өркөчтүү кара жер... Токтогул элейип, сүйүнгөндөн маңдай жазылар, күйүнгөндөн жүрөк жарылар бир алаамат окуяны ал дагы кошо сезген ой-кыялга кабылды. Эч нерсе жолун бөгөй албай, эч нерсе бетин жаба албай, нуру бүт жер ааламды бир уучтай кымтый, бир бурчектей жайпай азиз чырак жаркырап чыга баштады. Көрк баамчыл жаш адам аңкайып карап калды, ошол тапта жер аалам кыйрында кубат да, акыл да имере камтыгыс бир чексиз нкврдан каптап дүңгүрөп, бүт ой-сезими аны коштоп, ага кошулуп кеткен. Ар бир кийе чөпкө, даракка, ар бир жандуу маглукка алакчылабай бир тегиз нур илеби тийип, мээримине бөлөп, эми элеки түн салкыны көк чаңгыл бууланып, шүүдүрүм көздүн жашындай мөлтүлдөп, чөп түбүнө сарыгып таамп, тамырына сиңишти. Гүлдүн кечеги ачылган тажылары байкалбай акырын бирден күбүлүп, эми гана кылтыя жарылган чанагы көтөрүлө бой салып, кызгылт сары ыйык нурдун шарапаты ар бир талаасын көз көрүнөө бирден тарта ачып, гүл.таажыларын тойго жасанткан эрке көйрөң кыздарындай кылкакылка сеңселтип жиберди.

Өз көзү менен гүл жарганын көрүп, сезимтал Токтогул таң калды. Өзү да асыл нурдан маңдайы жылып, жан оту жанданып, эргип, көңүлүнө бир ой түрмөгү аста жымылдай куюлуп келди:

...азына, көбүнө,
агын суу, кие чөбүнө,
кыбыраган жандууга,
алсызына, алдууна
жаркын жүзү кирдебей
жашоо берип жамыга
кең караган Күн экен..,
алакчылап иргебей,
жардың, байың ким дебей
тең караган Күн экен...

— Бу балага эмне болуп кадган? — деп сурады Ныязаалы акырын. —Табы айнып калганбы дейин десең ирени жакшы, көңүлү ооруп калганбы дейин десең уурту жымыйып турат, а бирок ой басып калды жакынтан бери... Төрө баш ийкеди:

— Көңүлү торго чалынып жүрөт...

— Ким экен?..

— Субандын...

Ныязаалы башын чайкады. Төрө анын кыңырылганынан эле иштин кыйынын билди. Оңой-олтоң жер болсо: «Куп жакшы! Тойду кылабыз, никени кыябыз!» дейт болучу. «Э-эми досумдун күнү не болот?.. — деп, ындыны өчө түштү.

— «Кой» десең жаакка чапкандай боло турган, эзилип түшөт, бир жолу «кайтпайбызбы» деп сыйкатсам, кеңгиреп тиктейт, эси ооп, деги бул жерден кетер ою жок, ошол кыз келген кыз-оюнга эле муңканып ырдап жүрө бергидей...

— Ырас, кыйыны кыйын. Булар оңойго жыгыла койбойт, бүткүл тубай уругун чарк имерген дымактуу немелер... Пай-пай, ышкы өзү азаматтын эркинен тыш бир мерте бактысына конгон куш, аттиң ай, эми кантебиз, «кой» дешке ооз бармакпы?!

Токтогул нарытан басып келди. Ныязаалы менен Төрө утурлай жымыйышып тиктеп калышты. Өзү жөнүндө бир ооз болгонун сезип:

— И?.. — деп, жадырап, бир кур ичтен чоочуй элтейип тиктей берди.

— Көңүлүң бир көтөрүңкү, бир чөгүңкү, үкөм, сен бир бушайман ойго туш болгонсуңбу дейм? — деди Ныязаалы сөз имерип. Токтогул Төрөнү жалт тиктей калды. «Шек берип койгонсуңбу?..» дегенин көзүнөн көрдү Төрө, башын муңайым ийкеп койду. «Кеңешели, буларсыз экөбүз бул элде эмне иш бүтүрө алмакпыз, булар кыйышпас кишилер эмеспи?..» дегенди туя майышып жылмайды Токтогул:

Жарык дүйнө бурагы,
он жети окшойт курагы,
жылуу, мээрим көңүлгө
алчадай жүздүн нуру, агы...
Карагат көзү жалжылдап,
капилет күйгөн шам чырак,
күлгөнү аманат өмүр кубанчы
ак жайда сүргөн таңчылап...

Ныязаалы менен Төрө да, дым боло тиктешип алышты. Ныязаалы башын чайкады. «Кой, муну «кой» дештин өзү чеки, мейли, бактысыкан көрсүн...» дегенди баамдады Төрө.

Ныязаалы Токтогулга энкейди:

— Куп жакшы болуптур, үкөм. Көңүл берсе ышкы демин тереңдет, же кагуу жеп, көөнүңдү калтырып кет, антпесең өзөктө калар бир арман, ал арман узун сүзөк ооруудан жаман, күнүгө зилдеп, өмүр-бакы жүрөктү эзет...

* * *

Шумкар-Уя төрүндө Көксулуусу экөбү үзөңгү кагыша Женижок түз эле Суван болуштун үйүнө келип түшүп калды. Эл ичинде, жакшылар арасында кадырлуу ырчы Суван менен теңтуш сыяктуу болучу.

— Кел, кел, Өтө,— деп, өзүнчө ныксыраган Суван ордунан копшоло, көнүлү жакшы, саламга алик алып, анан эти өсүп бараткан кабарчыктаган кызыл көзүн Көксулууга бир тиге: — Көкөй, кандай, эсен жүрөсүңөрбү? — деп, сураган болуп койду.

— Шүгүр, аке... —деди Көксулуу ыйбалуу, нары Макмал байбиче менен баштары бириге ымалашып калды.

— Мейман келип отурат, байбиче,— деп, зайыбына аста эскертти Суван. Бу «мал сойдур» дегени. «Мейли» деди Жеңижок ичинен, сүйлөшөр сөзү олуттуу, жай отуруу керек болот, сырт кийимин чечип, жайланышып отура баштады. Макмал менен Көксулуу башка ашкана үйгө чыгып кетишти.

Кеп быйылкы жай, жер оту, малдын семириши, элдеги болуп лсаткан той-тамаша, чыгаан күлүк, улакчы эр азамат жөнүнөн болуп жатты. Суван өзүнчө ыргала манчыркайт, бу эчким көзүн артпаган, эчким колун сукпаган бактысына, бейпил күнүнө ыраазы, карк киши болучу.

— Бу жанагы,— деп калды,— бу жанагы Чолпон-Атадан келип жүргөн ырчы, о-хо-о, түзүк

экен го?! «Э» дегенде эле оозунан ыр куюлат экен, комузу да мыгым экен. Тиги дүмбүлчү экөөңдү чаң жолго таштап кеткидей го?!

«Дүмбүлчү» дегени Ныязаалы. Жеңижок ичинен кым деди, «чаң жолго таштап» деп кайраштырганды этибер албай, кеп Токтогул жөнүндө чыгып калганына, Суван өзү баштаганына кубанды.

— Өзү да, болуш, кудай өңдү да, эсти да берген экен бечарага, адам оюн айта электе түшүнгөн ушундай бир дилгир жигит экен! Ырас, биз жолдо калышыбыз ыктымал, иши кылып аман жүрсө алыска чуркайт, өз элинки баркын, даңкын чыгарат.., — деп кубаттады.

— Уругу сарттар дейби? Ыйкы-тыйкы, жакыр эл болот сарттар. Карачы, каксоо жерге чыгып калган жалгыз дарактай болуп, аттиң ай... —деп башын чайкады Суван. — Муну ушул жагы мукуратат акыры, бир жактан чарчап жоролору менен жол келип калса бапырай күтүп алаы болбосо, калың топто бирөө менен жаакташып калса жанында таламын талашар көмөгү болбой турса кыйын, жоктун иши — жок, жалгыздын иши — жалгыз!

— Кошо жүргөнү илгерки Бешкемпир датканын уулу экен.

Суван башын ийкеп, «уккам аны да» дегени:

— Э-э, ал бир жетим азыр, ырчы жолдошунан артык эмес,— деп, нары капталына чыканатай кереге түбүнө чыйт түкүрүп койду,— Бешкемпир дүйнөдөн өз заманында өтүп кеткен, а бу жетиминин бирөөгө калкасы тийишке о-о али көп мезгил бар, нары да саяк Ырыскулбектин жулунган балдары жол бере коёр бекен жетимге?!

— Күлүк ат жолун таппайбы, жандай-жандай чаппайбы?

Суван башын дагы ийкеп, «ал куру сөз» дегени, карскарс күлүп койду:

— Э-э, айта бересиң, Өтө! Саяпкери, чавендеси, ал түгүл бир жоон билек сүрөөчүсү болушу ылазым, күлүк ошондо күлүк, Өтө!

— Эл сүрөйт!

Суван дагы карс-карс күлүп койду. Кепти башка багытка оодурбай Жеңижок кайра имерип, бир кур Суван болушка жагынып, үч түрмөк ыр айтты:

Баш тилесең Баба-Ата,
мал тилесен, Паша-Ата,
төбөсүндө көлү бар,
тулпар ойнор төрү бар
айланайын Бозбу-Ата —
кырка этеги кызыл жар,
кыйрында өңкөй кызыл нар —
алмасы аттын башындай,
жаңагы сайдын ташындай —
башынан Аксы баймана
жериңи ырдап жүрөмүн..,
Жигиттери жолборстой,
жоолашышка болбостой,
энеси нарктуу, кызы аруу —
дүпүрөгөн көп саруу
элиңи ырдап жүрөмүн...

Жеңижок эч качан минтип келчү эмес, бирөөгө айткан жылуу сөзү үчүн эч убакта акыбетин сурачу эмес. Бүгүн эмне сабылгансып отурат? Суван бу нары оозунан нарктуу сөз куюлгам ырчы, нары шарият билген, нары теңкур Жеңижок менен ымаласы жакшы болучу. Кеп акырын акмалап отурду. Же бир кемчилдиги жок, же бир чеки сөздөн тапкан күнөөсү жок, же бирөөгө бере албай жаткаң карызы жок, бул эмнеге сабылмак?!

— Болуш,—деп, Жеңижок дагы атайы маңдай жаркыратып отуруп, сөз жаңыртты,— болуш, бир кеңеше тургаң кеп болуп калды, болуш...

— Эмне? Ошончо эле кыйын кеппи? Айт.

— Кагылайын Алымкан бойго жетип калды бейм, кече эле менин сакалымы кармалап ойноп отурган бала эле, бүгүн кара, жакшы гүлзардын гүлүндөй тез жетилип, көзгө көрүнүп калыптыр...

Суван элтейип тиктеп калды. «Бу эмнени тантыраң отурат, ыя?» деди бир ою, кыжыры келгендей чолок мурдунун үстү тырыша. «Же тиги кудай урган сасыкбай кудам сөз алдырып калганбы? О-о, кудай чокусунан ургаң өзү келип эле айтса болбойбу, ыя? — деп, кайра асте кылдырды бир ою.

— Болуш,— деди Жеңижок акырын,— кызды сураганга, кымызды ичкенге бер дейт ко илгертен, ою-бою жарашкан кез болуп калса баарынан жакшы болот эмеспи... Болуш, жанагы бирибиз эмес, бүт элибизге жаккан мөлтүрөгөн ырчы жигитти уул кылып алсак кандай болор экен, болуш?..

Суван эрди бек кымтылып, көзү аны сайын кабарчыктап, бир ынтыга оңдонуп, жүзүн үйрүп кетти. Жакпай калды. Жеңижок да кайра кайтарып сөз айта албай ара көпкө дым болуп отурушту. Бир убакта Суван жарыла сүйлөдү:

— Бул эмне эле ырдаганын бетине кармап калды десе?! Бул эмне эле жымылдап калды десе?! Эмне, ошол тентиген сарттар атаңдын абагайынын уулу беле мынчалык сабылып, улук башыңды кичик кылып, ортого түшкүдөй?! — деп, таарыныч менен, ачуу менен күү-күү кетти, бара-бара каны кызый биртке муруту сербейип, чулчуйган эки бети ого бетер кара көк тартып тултуңдады. —Эй!.Ыя?.. Өзүн ойлоп бакчы, эй мен кантип кыз берем, ыя, бир ак уруп жүргөн бакшыга?!

Жеңижок оозуна куюлушкан ыр түгүл айла кыларга кеп кирбей бозала болуп отуруп калды. «Тентиген...» «бакшы...» деген сөздөр жаагына чабылгандай болду. Өзү да ырчы, өзү да башка жактан келген киши эмеспи. Ырчыны адам катары көрбөгөн бул пикир Жеңижоктун эсин оодарып таштады. Бир ооз сөз кайрыгай жок, унчукпай тышка чыга түз эле аттарга барды да, эленде Көксулуу жетип келери менен өзү атказып, анан өзү аттанып артын карашпай жүрүп кетишти. Жеңижок бирөөнүн алдында шүмүрөйүп отура албагап зарделүү, бир эле Суванга күнү калбаган жалпы журтка кадырлуу адам болучу.

Тыштан Макмал шашып кире калды:

— Ие, Алымкандын атасы... ырчы кетип калды го?..

Суван тултуюп, чыканактап жатканынан козголбой көзү кызара кыжыры кычап, мурдунун үстү тырышын:

— Э, атаңдын... —деди кабаарып. —Тим койсо мага тенсикип калган турбайбы бу өңкөй дуваналар?! Э, атаңдын...

Макмал керилген ак жүздүү, кара каш, кара көз, бойлуу чоюлган сулуу да, адамкерчиликтүү да зайып эле, кайрып суроо жаныртпай кайра чыга жөнөдү. Суван:

— Ө-ой, Алымкандын энеси,— деп, аста зекин, зайыбы кайрылып токтой калды эле, кадала тиктеп: — Кыз кайда? Көп эле эркелетип жибердиң го ошону?!. — деди.

— Жүрөт ушерде эле теңтуш кыздары менен.

Суван дагы ачуулана демиге, ырылдагандай ызырына: — Э-эй, адам э-эй... —деп, өзүнчө күңкүлдөп, башын чайкап, тынчы кете бир жамбашынан бир жамбашына оодарылды. — Теңсинип койсо бу... ыя, төрүнө гана эмес, ыя, төбөнө тебелеп чыгат турбайбы, ыя?!. Таарынса Таласына кетсин!.. Э-эй...

«Эмне болуп кетти?» деп сурай албады, «кеп кыз жөнүндө болгонбу?..» деп, башта эч качан сурабаган бүгүн кайда жүргөнүн такып калганына болжол кылды. Кайра ашкана үйүнө баратып: «Жуучу болуп келгенби? Кимине? Көксулуу экөбүнүн баласы болбосо, кимине?.» деп, башы маң болду.

* * *

Жүгөрү орулуп, көк жашаң аңызга коё берилген мал Ак-Жол түзүнө толуп кеткен күз башы убак.

Ныязаалы жүгөрүсүн аарчып, башын кырманга жайып, балдары бырсылдатып бышырып, дүмбүлгө оңуп, тору жоргосун көкбаш кертип берип, сагагынан кармап жедирип, багып отурган. Күүгүм талаш ит үрүп, токулуу ат жетелеген бирөө карайып эшикке келди. Ныязаалы

утурлап басты. Дүрдана сүйүнө эшик ачып калды:

О-ой, ырчы жээн... келгиле... Быякта камтама болуп тык эле... келгиле...

Жүрөгү опколжуй түштү Токтогулдун:

— Арыбаң, жеңе...— деди араң жылмайып,

— Бар болгула, бар болгула, төргө өткулө. Кайда эсен жүрүшөбү эжем?

— Шүгүр... —деп, Токтогул төргө отура берди. заалы тиктеп калды. «Кечиктиң го, кыз ала турган бала? дегенди сезди Токтогул:

— Камылга бүтпөй... — деп, үшкүрүп жиберди. Эмң анын көзү бир Дүрданага, бир Ныязаалыга жалтаңдап карана калды. «Эмне мүшкүл болуп кетти экен?..» дегең көңүл толгоосу тула боюн жай алдырбай.

— Чоочуба,— деди Ныязаалы,— чоочуба, азырынча баары жайында, ошентсе да тездин иши тез, тездейли, тымызын угулуп жаткан кабар бар, кызды кудалаган жерине быйыл аткармак болуп жатышкан окшойт.

Дагы жүрөгү болк деп, бүткөн бою чымырап, баш тегеренгендей болуп кетти Токтогулдун:

— Эмне кылабыз, таяке?.. — деди шалдырай.

— Эмне кылмак элек?! Бүгүн аттарың тыныксын. Эртең кечте Караган-Сай оюнан, шар аккан чоң Кара-Суу боюнан ак сулууну алаканга салабыз, «кудай» деп, ашууну карай ат тизгинин бир жыйбай жөнөп калабыз!

Бул шагдам сөз Токтогулдун көңүлүнө өбөк боло мунажат кылып жиберди:

О, кудай, жаркын аалам жараткан,
күйөрман, күндө ырыскы тараткан,
жолуму ач, ашыгыман айрыба,
кубанчымы алмаштырба кайгыга...
добул соккон ашуу жолдон аркалап,
көңүл отун коюнума калкалап,
өтөр бекем, жетер бекем айлыма...

Ныязаалы башын ийкеп тиктеп отурду. «Өтө берилип калган экен байкуш... ишке ашып калса го кайрийет, а кокус кыз чыга албай колго тийбей, тийсе да кармалып калса, кудай анын бетин нары кылсын, анда арга не болот а?..» деди ою.

— Ыя, мен жаратпайм көлөкөдөн тон бычканды, деги кыз көңүлү бекемби, айныбай турган болуп табышканбы? — деп тактады.

Токтогул тунжурай баш ийкеди:

Кам санай көрбөң, жарыктык,
табышпаса кайдан жүрүп жабыштык?!
Далай болгон сулуулардын
бой салып, кашын какканы,
табылбаган бир дагы
көңүлгө уюп жакканы,
жакпаганга жанашпай
боюмду какас тутканмын,
азгырык ойго адашпай
абийрим таза чыкканмын...
Бу сапар кыйын күндөмүн,
миң бир жолу толгонуп
унутпайм уян күлгөнүн,
недер кылам ар убак
баш ийкеп айткан бир кебин...

— Түзү-үк...

Баягы жайда Жеңижок жуучу болуп барып, Сувандан кагуу жеп келгенден кийин кыздып көңүлү болсо ала качуудан башка арга жок болуп калган. Дагы жеңеси аркалуу жолугушуп, качууга кыздын убадасын алып, Токтогул камылга кылып коюп кайра келмек болуп, Чолпон-Атага кеткен эле. Төрө жаңы үй көтөртүп, той камын көрүп калды. Көмөк кылышар быякта адамдар болгон сон, нары да дүргүп көзгө чалынбас үчүн Токтогул тымызын өзү келген болучу.

— Болуптур,— деди Ныязаалы башын ийкей,— эми тынчып уйкунду кандыр, жат. Кымкуут болуп эл атпай малга карашалап калган кечки кара күүгүмдө аттанабыз... Көзү илинип кеткен экен, эшнктен ат дүпүрөп, жаңжуц үн чыгып, Токтогул кайра ойгонду. Эшик ачылып, үйгө узун бойлуу какчайган бир киши камчысын сүйрөп кирип келди. Ныязаалы артынан кошо кирди, эки көзү элтейип, эми эмне кыларын билбей калгаи.

— Кана, төргө өтүң...

Токтогул ордунан тура салам айтып, капшыт жакка ыктай калды. Тиги киши алик алган жок, биртке сары сакалы бар эрдин кымтып, тирмейе тиктеп:

— Ким бу? — деди кабагын үйрүй.

— Бу... караңгы конок... бир жакка өтүп бараткан жолоочу экен.

— Э-э,— Деп кергичтеди тиги, ичин уруп, башын ийкеп койду,— чак түштө уктап жаткан жакшы жолочу турбайбы?! Түзү-үк...

— Төргө өтүң, төргө...

Ireңи жыландай карасур чаар, какчыйган арык үнү киркилдеген киши сүлөөсүн тебетейин сеңселтип, көнүмүш оруну сыяктуу төрдүн кап ортосуна чыгып отуруп, эрди кымтылган бойдон Токтогулду кыжыры кайнагандай имере тиктей берди:

—И? — деди итиркейлене. — Кимсиң сен?

Токтогул жымыйып:

— Мен кишимин... —деп койду мунун жөнү жок кычыраганына ичтен каршыгып.

Тиги, ошол эле керек беле, жекирип кирди:

— И?! Жакасы болсо тон дейбиз, жалы болсо ал дейбиз, буту айры жумуру башты киши дейбиз. Ыя, бу сенде кычаш сүйлөп турганыңды карачы, ыя, сенин буту айры жумуру баш экениңди көрбөй турабы?!

Токтогул:

— Жо, кол тоңдурган суукта колтугуңду жылытпаса жакасы кундуз болсо да тон дебейбиз, кара жанга куң түшкөн чакта ара жолдо майышып турса, жалы кучак болсо да ат дебейбиз, буту айры жумуру баш болгон менең саламга алик албаса, сөзгө кулак салбаса, андайдын малдан айырмасы канча, киши дебейбиз.

— Э-эй, бала, та-арт тилинди. Сенин саламыңа эле курсагы ачып отурган киши барбы?!

— Илгертен «сөздү сөз келгенде айтпаса сөз атасы өлөт» деген! Андан калса кесилсе баш кесилген, а тил кесмеги жок экен...

— Эй, сетерчи[1],— деди тиги Ныязаалыны кекете,— бу өзүңдөн бетер кер сүйлөгөн неме го?!

Ныязаалы жаяптай күлө:

— Сиздин жайдак атка жол бербеген, жаактууга жай бербеген чечен адам экениңиз дайын эмеспи, уккан болсо, өзү да оозунда сөзү бар неме экен, жаакташып көргөнү жатпайбы, болуш... —деп, аны атайы көтөрө чалып көңүлүн ала сүйлөдү. — Курч кези го, кечирип койгойсуз. Кетирип жиберем азыр...

— Жо, жо,— деди тиги башын чайкай,— мен кетирбейм муну, кетирбе-ейм.

— «Коку-уй... —деди Ныязаалы ичинен. —Бул азазил билип, атайы келип отурган окшойт ко, кокуй?!» «Ыя? Кайдан көрөт, кайдан билет, ушул арадан бирөө шыбыш жеткирбесе, атайы тууган болбосоң туураңдан кет ай, ким гапа айтты экен а?..» деп, бирпаста көңүлү сыздай.

— Эй, дүмбүлчү!

Баятан жабыктан улам шыкаалап коюп тышта турган киши кирип келди:

— Лаб-бай, болуш...

---

[1] Се т е р — ситара, Индастандаи чыккан жети кылдуу күү аспап.

Үнү киңкилдеп чыкты, маңка экен, башындагы эски кара тебетейин бооруна ала койду эле куу чокусу агара түштү, бала кезинде курт жеген кэл экен. «Э! Ушу онбогон боз маңка кылган экен кылгылыкты!..» деди ичиней Ныязаалы. Маңканын «болуш» дегенинен бу өзүнөн-өзү

кыжынган, өзүнөн-өзү чалпоо буурадай көбүк чачыраткан Осмонбек болуш экенин баамдады Токтогул.

— Бу ким?

—Бу,— деп киңкилдеди маңка,—Токтогул деген ырчы, болуш. Мен тааныйм, болуш, мен билем...

—Э-э, ошондой де?! Ыр угуп куунайт турбайбызбы?!

— Ңа, ңа,— деди маңка,— ырчы шайтандын канагы имиш дейт, бирак да байгамбардын кереметин, мусулмандун эрежесин ырдаса, жана да насили бектин ак сурагын, адилеттигин ырдаса болот имиш!

Ныязаалы атырылып какты:

— У! Сас-сык мурун журчукэл! «Ңа, ңа» деп коёт! «Ңа, на» ны ким койду сага?! Ырдаса Токтогулдун колунан келет экен, чертсем мен чертем, ыя, а сенин, мурдун чайынбаган гана арам маңкам, чагымдан башка колуңдан эмне келет, ыя?!

Шаңкылдата комуз черте баштады:

Э-э...
айрып-айрып кайрысам
армандуу пенде жашыган,
буруп-буруп кайрысам
мундуу пенде жашыган,
кызый-кызый оолуксам
кыян суудай ташыгам...
кы-ырк күнү чертсем түгөнбөйт,
үйүмө күү түнөгөн башынан...
Сары барпы армандуу
чымчык чыдай албай корлукка,
көрүнөө кылган зорлукка...

Осмонбек болуш комузду камчысы менен кагып жиберди:

— Бу кандай армандуу чымчык, ыя?! Ыя, бу кайда жүргөн куу тумшук? Кой-үстүнө боз торгой жумурткалап жатканына болбой, дайым эле «чыр, чыр»?! А үнүң өчкүр, колуң сыңгыр, комузундун кылы үзүлгүр!

Ныязаалы тиги бырбыйган мурдун асманга көтөрө шаңырайып күлүп калган боз маңканын алдында уят болуп, же ырсаңдап күлө албай, же сөз кайрый албай, бозала болуп отуруп калды. Кокус арадан дагы биртке катуу сөз өтсө кыялы белгилүү Осмонбек бир жаңжал чыгарышы бышык. Токтогулдун кысталыш ишинен аянып, кордукту аргасыз ыйынып көтөрдү Ныязаалы.

Эми болуш биртке кыбасы кангандай үрөйү жумшаргансып, Токтогул менен Ныязаалыны алма-телме ашыкпай карап, анан күлө:

— Кана, булардын оозун жыттачы,— деди маңкага. —

Элден мал жоголуп жатат, төрт буттуу мал киши колдуу болбосо кайда батат?! Мен ушул эки сетерчиден шектонип турам. — Өз жоругуна өзү кыкылдап күлдү. — Эт жыттансса, бирдеме эле көрүнсө тишинин кычыгында, айт, анда мен булардын чокусуна чагылган болуп чагылам, этегиңе өрт болуп жабылам!

Токтогул астендил таңыркап тиктеп калды. Маңкага атаны ооздорун шимшитип, сыланган эки сыпаа адамды атайы кордоп, Осмонбек:

— И! Тос оозуцду, шораяк! — деп, каркылдап күлүп турду.

Боз маңка бышылдап, ыпласы толуп бүтүп калганбы, көңсүгөн жыты уруп, Токтогулдун оозун жыттагылады, тң. шин ормоңдоп атып карады. Жийиркене жүзүн үйрүң кетти Токтогул. Ныязаалы нчтен мүңкүрөп, тышынан «тигң азазил жибип калсын» деп, оозун чоң ачып, тилин

булайтып көрсөтүп, шумданып, акырында маңканын мурдуна жаба түкүрүп койду. А маңка теригип койбой, мурдун жеңи менен аарчып алып, деги жабышып, каршыгып, өтө бир чоң милдет аткарып жаткансып, бышылдап жыттады, Жыттабай койсо баштан нары болуштан камчы менен бирди жейт, ал аны билет, канчалык макоо болсо да, болуш буларга бир жалаа издеп турганын сезип, көңүлүн алдын ала таап киңкилдеди:

— Болуш, менин мурдум жыт жагынан жолу бар, мына буркурап турат, үй десемби, жылкы десемби, кой десемби, иши кылып, семиз эт. Калп айтсам маңка болоюн, мына мунусунун муруту майланышып эле жүрөт.

Маңканын «маңка болоюн» дегенине бырс күлүп жиберди Токтогул.

Осмонбек ою табылганга санын чаап:

— А-а бали-и, маңкам, мурдуңа, үстүнөн чыккандай эле билет турбайбы?! — деп каткырды. — Кана, мейнетин чоң болуп калды, эмн ойлор ойлукту сен ойлон, мен буларды эмне кылсам, эмне түркүн айып салсам, не деген бүтүм чыгарсам?

Мурдунун ордун сыйпалап, кадыресе ойлонуп, бир убакта:

— Э-э, болуш эгер мен билсем, бу сыпаасынган немелерди башына шири кайтаса, же кыл менен каңшаарып тешип, куду мага теңеп маңка кылып тынса... —деди маяка кызарган кичинекей көзүнөн заары чыгып.

— Уа-а, кайран гана манкам! — деп, дагы санын чаап каткырды Осмонбек. — Кара мунун айтканын?! Мурду түтүндүн баарында кегин, өчүң бар, э?!

Болуштун көңүлү ачылгайынан «эми ушул мыскылы менен ыраазы болот ко» деп болжоп, Ныязаалы атайын көңүлдөнүп, «ырдап, күү чертип, жарпын жазып кутулалы» деп, комузун салтанат күүлөргө күүлөп баштады. А Осмонбек күлкүсүн тыя:

— Э-эй,— деп, Токтогулга карай атырылып калды. — Э-эй, менин жериме, менин элиме көп болду го келгенине? Ыя?! Ээси жок мал, башы жок эл барбы, ыя?! —деп, жабышып, кажып кекетти. — Ыя?! Келген күнү алдыма неге келбейсиң, келип ырдап, неге салам бербепсиң?! Ыя?!

Жүйө жооп аткыча:

— Эй!—деди тышка, жасоолу эшикте башбакканда Токтогул менен Ныязаалыны сөөмөйүи кезей буйрук кылды: — Айда! Буларды аркамдан уруп айдап бар!

Силкинип ордунан тура калды. «И-и, кара жини кармады мунун, кыйнайт эми...» деп, аргасы куруп, Ныязаалы бөжөндөп, алдын тосту:

— Макул, мен го мен болдум, Осоке, кыңк этпес кара жер менен тең болдум, кааласаң союшуң, кааласаң атыңдын акурунда жем болдум, мейли. Бир келген мейман эле го бу, Осоке, эл наркын эске алышка болбойбу?!

Осмонбек укпай, ызырына:

— Эне ганаңдын... ата ганаңдын... —деп, күңкүлдөп сөгүнүп, жулуна басып, үйдөн чыгып, тез аттанып, тышта күтүп турган коштоочулары менен дүпүрөшө жүрүп кетишти.

Тегененин Жалгыз-Кыр деген кыргак тоосунун түбүндогу күздөөсүндө эле болуштун айылы. Ныязаалы менен Токтогул жасоолдун айдоосунда артынан барганда Осмонбек камчысын сүйрөп али тышта турган экен.

— Эй! Кекиртек! Таркы!—деп, нары үн салды, лүкүлдөгөн эки киши логлоп жетип келгенде: — Алгыла бу эки уурунун аттарын! Сойгула экөбүн тең! —деди.

Же тамашасы, же чыны экенин Токтогул кайдан билсин?! Ныязаалыга кошулуп, унчукпай атынан түштү. Ныязаалы купкуу:

— Болуш... айланайын Осоке, айланайын... —деп, жиберди. —Мейли, мейли, менин атымды соё берсин, мейли, а бу меймандын атын сойдурбаң, Осоке, аланайын...

— Бул айыбы! — деп чаркылдады Осмонбек. — Экинчи быякка келбей турган болот, келсе эң мурун алдымдан өтө жүрөрүн унутпай турган болот бу селсаяк!

— Эй! — деди жасоолуна. —Мына буларды ушул көңдөбөдөн жылдырба, эй! Карап турушсун аттары кандан союлганын! Бир кадам бастырба!

—Куп...

— Эне ганаңдын... ата ганандын... — деп, кыбасы кана күңкүлдөп сөгүнүп, үйүнө кирип

кетти.

Ныязаалы шүмүрөйүп туруп калды. Тиги итаягын көргөн уялаш эки дөбөттөй жарыша култундашкан Кекиртек менен Таркы эки жоргонун жалын кармалашып: «О-о... эттүү эле турбайбы?!. Эң кеминде эки элиден казы чыгат. Уах, уах, бүгүн бир, буйруса, картага карк болот экенбиз!..» дешип токумдарын сыйрып-сыйрып ташташып, нары жетелешти. Ныязаалынын сөөгү сыздап кеткендей болду. Сүт көкбаш дүмбүл кертип берип, жетелеп сугарып, баладай алпечтеп багып минген кайран тору жорго союлуп кетеби?!

— Ай, ай... туугандар... ай, ай... —деп барып, Токтогулдун атынын чылбырына жабышты Ныязаалы. — Муну койгула, ай, туугандар, болуш тамаша кылып жатпай. бы?! Ай...

Дардайган Таркы кабагын үйрө бир силкип, чылбырды жулуп алды. Ныязаалы кайра жабышты:

— Ай, ай... Сөз уксаң, Таке... Болуш ачуусу менен айтып койду да, муну кой, Таке, муну кой... Бу бөлөк элден келген киши... Мейман... Меймандын атын сойгон да болмок беле, Таке? Кепке кемтик болуп калабыз, Таке... — деп ийгермекчи болду. А эт жегени турган неме коё бермекпи?! Жини кычап, чылбырды эки бүктөй Ныязаалынын чокусуна үйрүдү. Ныязаалы:

— Мейли, эт жегиң эле келип турса семизин же,— деди,— ушу минип жүргөн аттан жыргайсыңбы, бери кара, Таке... үйдө көкбашка байланып кызыр калды бээм турат, кышында согум кылайын деген элем, ошону апкелип сой, Таке мунун ордуна... ана, ошондо май чайнайсын...

Килендеген Таркы Ныязаалыны итере-итере салды.

Бир убакта балдары тооктой бапырашып, катын-калачы челек ала чуркап, далай «күнөөкөрдүн» агын жайлап көнгөн Кекиртек менен Таркы эки атты бирдей тапырата жыгышып, бирпаста коркуратып союп салышты. Тай чагында өзү үйрөтүп минген Токтогулдуи суулу жээрде кашка азыйы төрт буту сырайып, өз канына боёлуп жатып калды.

— Кордук ко бу, Ныяз таяке?.. — деди тула бою калчылдап Токтогул. А таякеси бопбоз, корлугунун эки көзүнөн жаш көрүнө не кургабай, не төгүлүп кетпей жылтырап турган. «Э-э, айланайын... ушу... мунун болүштү ушу...» деп, айласы мукурап, акырын күбүрөдү. «Э-э ушу да чондукпу?! Ой, өнөрүңө баракелде а-ай...» деп, астейдил таң калды Токтогул. «Унчуга көрбө, кагылайын. Союлар аттар союлду, эми дагы бир балээсин чыгарып жүрбөсүн. О кокуй, укукташабыз деп, мунун да кылыгын көргөнбүз, айланайын... — деп шыбырады Ныязаалы. — Кой, эптеп бошонуп кетсек бир ат табылар туугандардан... Кантебиз, шору бар элге ушундай шойкондуу чоң болот экен?!». Өзүн өзү тыйынды Токтогул. Бу шойкондуу чонго теңеле берсе бөөдө чыр ырбап, тиги атайы жүргөн асыл жумушу ойрон болору оозун басты.

Керели-кечке көңдөбөдө соксоюп отуруп калышты. Көнүлү ооругандан тула бою талыкшып, чарасыздыгына өзү ырсайып күлдү Ныязаалы:

Күндө туусам күндө жок,
күндө жылаан жеп коёт...

Токтогул башын кейиштүү ийкеди:

Чымчыгыңын арманы,
чыр-чыр этип үн салганы,
таяке ай,
өз башыңын күнү белем,
комузуңун муңканганы
көңүлүңүн үнү белем?!

Катын-калачы, бала-бакырасы чууруп, бөрүдөй, жорудай лукулдашып, «Ой! Жамбашты бер быякка!», «Ие, жамбашты алгыдай ат сеники беле?!», «У! атаңдын...», «У! энеңдин...» дешип сөгүшүп, канга кызылала болушуп, эки аттын этин болуштун айылы талап кетишти.

Кара күүгүмдө «чакырып атат» деп, Ныязаалы менен Токтогулду болуштун мейман үйүнө

киргизди.

— Отур! — деп чар этип, сөөмөйүн кезей эки улаганы көрсөттү Осмонбек. — Отур!

Коомай сыңар тизеледи Токтогул. Ныязаалы чөк түшүп, эки колун тизесине коюп, башын саландатып калды.

Болуш дагы баягы «сен эмне мага мурун келбейсиң?» Деген айыбын улам кайталап, улам кажып, улам ызырына зиркнлдеп, «а тукумуң кургур!», «а үнүң өчкүр!», «а комузуңду...», «сенин ырыңа карды ачып отурган киши барбы?!», «сенин комузуңа жутап отурган киши барбы?!», Ыя?!» деп, абдан ызылдады. Жанагы «унчуга көрбө...» деген сөздү карманып, Токтогул жер тиктеп эле отура берди. Сырын билген Ныязаалы болуштун доосуна макул сыяктуу улам башын ийкеп, өкүнгөндөй түр көрсөтүп, Улам салбырады.

— Эй! Сен эмне тымпыясың?! Эй — деп болуш Токтогулга кайра атырылды.

— Бул башка жактан келген адам эмеспи, Осоке кимге келер коёрун билбейт да, Осоке... Мен айтып көңдү шум абзел эле, өзүм ээрчитип алдыңызга алып келишке эп эле, күнөө менде, күнөө менде, Осоке.., — деди Ниязаалы.

Болуш уюгуна бирөө тийген сары аарыдан ызылдаң эле ага жабышып калды:

— Сен! Сен| Сен! Күнөөлүү сен! Ыя, айтпайсыңбы, «быякта эл эгеси, журт туткасы бар, эң оболу ошого салам айт» дебейсиңби?! Билем! Биле-ем, сен атайын айтпай койдуң, кутурган сетерчи!

— Ырас, мен да байкабай... Осоке, айыбымды тарттым го, Осоке...

— Дагы тартасың али! Дагы!

Кылыйган заарлуу сары көзү ирмелбей, чачы алыңган кичинекей башын улам бир жагына кыңырайта сук. суюп имере карайт. Токтогулдун көзүнө куду эле чакчу, сорчу жылан өңдөнүп көрүнүп, а байкуш комузчу арбала канаты диртилдеп уча албай калган сары барпы болуп элестеди. Ныязаалы атаны такыр сөз кайрыбай, эмне десе башын ийкеп, сабылып отурат. Бир эле жүйө кеп айтса, адаты, Осмонбек кайра көбүрүп кетет. «Эй! Кет биерден! Мен сени кетирем! Мен сени жоготом! Жүгүңдү өзүңө жөө көгөртүп, Төө-Кырдан ашыртам! Журтуңду кетмендетип салам! Эй!» деп кирет, кимди да болсо жекирет. Кут этпей «күйөөсүн» мойнуна ала берсе, кыбасы канып, бийлиги мудаасына жеткендей өзү ыраазы болуп, кадыресе жумшарып калат.

— А-а, ушундай бекен?! А-а?! — деп, Осмонбек биртке үнүн бастайтты. —А-а, уш-шундай! Кудайыңды таанып жүрөсүңбү, ыя, мындан кийин?

— Таанып жүрөйүн, Осоке, таанып жүрөйүн...

— А-а?! Мышык болуп калат экенсиң го, мышык болуп?!

— Жолумдан жолборс чыкса мышык болбой кантейин, Осоке...

— А-а, ошондой де?! — деп, жолборс деген көтөрө чалган мактоо көнүлүн ийиктирип, соолукту болуш. — Экөбүңдүн тең комузуңарды талкалатып, кылы мененөө колуңарды байлатып, «мына бу ууруларды тааныйсыңарбы» деп, элди кыдыртайын дедим эле, шүмшүктөр.

— Ырайым кылың, Осоке, ырайым кылың...

— А-а?! Жалдырайт бекенсиң?! Ыя? — деп, жарпы жазылды болуштун. — А-а?!

Ныязаалынын өтө шөлбүрөп, үнү кадимкидей калтырап, көзү артыкча жалдырап жатканын көрүп, а чынын да байкатпай шумданып, болуштун өзүн астыртан мазактап жатканын туюп, Токтогул тымызын ыраазы болуп отурду. «Ушинтип кутулат турбайбы байкуш...» деп, бир ою кейиш тартты.

— Эми,— деди болуш,— эми таң атканча этек жагыма отуруп комуз чертесиңер, мен жакшы көргөн куунү доага айттырбай таап чертесиңер!

Ныязаалы чындап жалынып жиберди:

— Осоке айланайын, эми коё бериңиз, Осоке... Тиригибиз бар, Осоке... Жүгөрүм жыйылбай жатпайт беле, Осоке, мал талап кетпейби, Осоке?!

— йе! Тирилигиңди... Жүгөрүңдүн башын... — деп шыбатып сөгүп кирди Осмонбек болуш. — Ба-ас жаагыңды!

Дагы иштин акырын ойлоп, чын эле жаагын басып калды Ныязаалы.

www.bizdin.kg

* * *

Кызга берилер себи салынар төшөгүнөн баштап, казандын кулагын кармар туткучуна дейре камдап, тою түшөр алдында өргөөсүн алейне тигет. Тою бүткөн соң энчи—саарга уй, бээ, жүккө өгүз, колдон келсе төө, минерине ат бөлүп, өргөөсүн кайра бүгүп, берилген унаага жүктөтүп, кызды урматтап аткарыш атанын парызы.

Буга камылгасы толук бүтүп, өргөөсүн көтөрүп, ошол эле күнү алдында чачыла чачып ырымдап, бактылуу өмүр өткөрүшүн тилеп, Алымканды киргизишти өргөөсүнө.

Төргө эки канат кылып жыйылган жүккө сүйөнүп, тизесин кучактап, жүзүн коюп, жүрөгү зар кагып, отуруп калды Алымкан. Кечке жуук жеңеси кирди. Алымкан тура калып, утурлай басты. Көзү ным. «Кабары барбы?» деген суроосу, жеңесинин ындыны өчкөн кабагынан көНүл отуна кайра суу себилгени дароо сезилип, кайра терс карай жүккө чекесин сүйөй калды.

— Болжошкон суу боюна бардым, кө-өп отурдум... Жок...

Кыз өзүнчө үнсүз солуктап ыйлады.

— Кагылайын ай... — деди жеңеси. —Кептер куштай кылактаган көңүлүңдү кыя албай, кызыл көйнөк буластаган кыз күнүңдү тыя албай жолуктуруп ашыгыңа балакетти үйгөн окшойм сенин дагы, өзүмдүн дагы башымды?! «Кой» деп койсом бир ооз бу куру кайгы жок эле...

Алымкан кайра отуруп, тизесине чекесин коюп, ак рын үнсүз ийин кага солуктап ыйлады.

— Куда күтмөй — кыз түтмөй, кадыр күтмөй — Му түтмөй адат тура, ак бийкем, зыркыраган кыз ыйы алынбай көңүлгө жө-өн эле санат тура, ак бийкем деп, өз күйүтү бар жеңеси өзү бышактап кошулду. Жылан соргон чымчыктай чыркырасак кыз байкуш учук тыңшар ким чыгар, көз жашы көкүрөгүн суу кылса көзүнүн жашын ким сыгар, о дүйнө ай, көкүрөк арзын ким угар?!

Ошол тапта Макмал келип калды. Кашы капкара, көзү балбылдаган, «бийбиче» атанганы менен али келин сыны бузула элек керилген жуван кызынын жанына коомай отура көзүнүн жашын сүртө жубатып:

— Кой, кагылайын, кой... — деди акырын... —Бирөө көрсө эмне дейт, кагылайын?! Кыз журту башка илгертен. Эми өз журтуңа барасың, кудай берсе аркаңды мал басып, алдыңды бала басып, өз алдыңча болосуң, кагылайын... — деп эркелетти, беш көкүл чачынан сылады. — Ыйлагыдай барар жериң бир жайсыз жер болсо экен?! Улагасынаи май аккан кайнатаң бай адам...

Кызы, эрке эмеспи, энесинин колун кагып, кабагын үйрүп туйтундады, сөзүн укпаска эки кулагын басып, бул дүйнөдөн азиз көргөн апасы абалына, көңүлүнө карабай жатканына астейдил таарынып, айласыз дагы шолоктоп ыйлады. Дагы эмне айтып соороторун билбей, кызынын ой-санаасын болжой албай маң болду энеси. Күйөө десе өөнсүгөн, чоочуган жаштыгыбы, же бир көңүл азгырыгы болуп калганбы?

Кызы:

Апа-а... — деди акырын муңкана, айтпай коё албай турган бир жашырын сыры бардай. Жо, бул күкөөден чоочуган жаштыгы эместей, Макмалдын жүрөгү селт дей сезди, кызына жайындагы Кетмен-Төбөлүк жаш ырчынын көңүлү түшүп кеткенин, баягы Жеңижок акундун кеп тартканын кулагы чалган. Кызын эки ийнинен өйдө кылып, жаш мөлтүрөп толуп турган көзүн тиктеп, башын чайкады:

— Кой,— деди акырын,— кой, балам... Боло берет жаш чакта, о-оюнга кумар мас чакта. Мунуңу эч ким укпасын, ушул өргөөдөн тышка чыкпасын... — деп, акырын бирөө тыңшап турабы дегендей эшик жакты, керегенин түбүн бир сыйра тымызын көз кыдыртып алды. Кой...

Жанагы кымырылып чыгып кеткен келинин чакыргысы келди, чакырып, «сенсиз болгон эмес бу кеп» деп, кинээлемекчи болду. Кеп эле ырбайт! Кайра токтолду.

— Апа-а... — деди кызы ындыны өчө, дагы ийин кага үнсүз солуктады.

— Кой каралдым, балалык ойго алданба, ата наркы, кыз баркы деген башка да көп иштер болот жалганда, эреже бузуп, ырк бузуп, кийин кинээ сөз угуп, өмүр бою өкүнүп оозуң

карманба?! Өз күйөөң деле өлө кер жамандын бири эмес, жашы деле өткөн киши эмес...

Көпкө үңкүйүп отуруп калды кызы. Макмал «көңүлүрө жүйө салдым окшойт» деди. Бирок, өзүнүн ичи тымызын сыйрылды, те бир Уй-Үңкүр деген ээн коктунун ичинде жүргөн чала жабайыга берилип жатканына макул эмес, көңүлүнүн теренинде өкүнүчү бар сыяктуу эле.

Кыздын көз жашы тыйылып, кызылы кызыл агы ак гүлдөй тамылжыган ireңи куупайып, мелтирей улутунду:

— Кантейин, апакем жаныма жардам деп жүрсөм...— деди. — Эми... токтото тургула мени... — Кайра жашыды. — Оюмду... боюмду жыйнап алайым...

Макмал чыдай албай:

— О, кудай ай, жүрөгүмдү канталатты көз жашың... айтайынчы атаңа, айтайынчы... — деп, үйдөн чыгып кетти.

Кыз сеп жүгүнө сүйөнүп, көзүн жумуп, санаасы миң бөлүнүп отурду. Те Шумкар-Уя жайлоосундагы кыз-оюн, көз карашы көңүлдү тап жылдырбай арбаган кызыл чийкил ырчы жигиттин эргиген куштай көк тиктей шыңгырап ырдап отурган келбети көз алдына тартылып, алдыртан башкага байкатпай серп сала ага тымызын арнап, канмана сүйлөшүп:

...ак чардак конгон, куу ойноп,
ак прим дайра суу бойлоп,
асыл бир ышкы жарашса
өтсөкчү ай
аз өмүр түбүн бирге ойлоп...

.. көк чардак конгон, куу ойноп,
көк ирим дайра суу бойлой,
көңүл бир ышкы табышса
кетсекчи ай
көрөр күн түбүн бирге ойлоп..,

деп мунканганы азыр кулагына кайра-кайра жанырып турду. Кийин айлуу түн койнунда ээндеп жолугушканы, Жигиттин колунун табы, алпыккан деми сезилип, эстеп, дал кылып ойлонтту.

..жүр, учалы, жарыгым,
ай-жылдызга жанашып,
жүр, качалы, жан үзүрүм,
агала тоону нары ашып...

Кыз «макул» дегенге жараган эмес анда, бир эригендей бир жүрөксүгөндөй тула бою чымырап, акырын башың гана ийкеген. «Кана, эми өзүңүз жоксуз го?..» деп азыр армандуу көңүлү, ушул бойдон бир көрүшпөй күйөөгө атказылып, түбөлүккө айырылып, жат болуп кетүү сезими жүрөгүн мыжыкты. Ушул азыр эшиктен кызыл чийкил жигит кирип келе тургандай, келсе кол кармаша көздөн кайым болордой, бул кыйын кыстоо күндөн дароо кутулардай бир жылуу балалык кыял, үмүт кылактап, үлбүрөп үзүлө албайт.

Тыштан шаша келе жаткан бирөөнүн шарпасы угулду. Кыз башын көтөргөн жок. Үйгө Суван кирди. Кымкап тону желбегей, жүрүшү салабатуу, жүзү токтоо, «ак сандык ойзун шарт ачып, кыз узатып, зйр чачып» дегендей ошол күндөрдөгү кубанчына, тагдырына абдан нааразы түрү бар. Атасы экенин билип эле нары эрке, нары кайгы басып отурган кызы былк этпей койду.

— И?.. — деди Суван үнү муңайым. — Жүзүндөн муң, көзүндөн жаш көрүп турам, йе кызым, бул эмне?..

Кызы үндөбөй, тиктебей, баягы кезиндей атасынын мойнуна асылбады. Сувандын аталык мээри сууй калды. Кызынын капалыгы эмнеден экенин өзү билет. Жөн эле жооткото колун

кызынын чекесине тийгизген болуп, «табы айнып калбады бекен» деген болуп койду, ал зайыбынан угуп, кызын аталык баркы, сөзү менен жубатып койгону келгең:

— И? Көгүмдөгү жылдызым, бешенемдеги нур кызым, ыя, неге ыйлагыдайсың, кагылайын? Же күйөөң жайсыз жерденби? Же ырайышы келбеген, күлү додо болбогои, ынтымаксыз, тойбогон токур элденби?

Тыяктан эрине кошомат кылып, Макмал:

— Көп айттым го, садагам... — деп сөз кошуп калды.

Кызы апасын күйүнө бир тиктеп, анан көңүлү биротоло чөккөндөй, «эми жүзүңдү карабайм» дегендей жүзүн терс айлантып кетти.

Кызы макул эмес, муну да билет Суван. Бирок, кыз көңүлүнө ким караган, кыз тынар жерине ыйлап барат деген эски сөз анын өзүн жубатты. Тык этип, баягы Жеңижок ырчынын кыңырылган кеби эсине келип, кызына улам ийигип турган көңүлү бирпаста сууй «азгырылып калганбы» деген ирепин мостойтту.

—Энеси... — деди акырын. —Мейли, кыз-келинге уруксат бер, эмнеге күтмөк элек, мейли жаштар оюнун баштай беришсин. Шапар тебишсин, шаракташсын, көөнү ачылсын кызымдын...

— Ата... — деп, кызы сөзүнүн нары жагын айта алблй көз жашын гана төгүп, Сувандын аягы алдына бүк түштү, титирей солуктады.

Суван эңкейип тиктей бир кур нес боло калды, эрди бек кымтылып, зайыбын тиктеди. Макмал бүжүрөп, өзүнчө шыпшынып, жер карай:

— Атасы... — деп, бирдеме айта турган болуп, кайра мукактанып токтоло калды.

— Немене-е, энекеси?! — деп, капааттап жиберди Суван көзүнөн заары төгүлө. «Кызыңдын көңүлү жагышканы бар экен...» деген сөздү угарын айттырбай сезди: — Эй?! Немененн келжирегени отурасың?! Эй?!

Суван мурдунан күңкүлдөй ызырына эшикке карай жулуна жөнөп, кайра алдастап басып келип, кызынын ээгинен өйдө кармап, үңүлүп тиктеп:

— Кана... айтчы, ал ким?.. — деди үнү калтырап. Кызы мелтирей көзүн жумуп алды, эки көзүнүн кычыгынан берметтей мөлтүрөп жаш сыгылып чыгып, унчукпай койду. Суван колун тартып, терс айланып, өзүнчө: «Ким? Кайда ошол бутка чалынган, кайда?! Киши баштап кун тартсам да, колума тийсе!..» деп, тула бою калчылдап, зайыбыз каарыды:

— Эй, эне сөрөйү... — деди акырын. —Тый муну бышактатпай! Карайтпа жанымды, э-эй, каада да тутпай, топуратып той да кылып отурбай, жетим кыздай атка учкаштырып жөнөтөм, э-эй!..

Дагы мурдунан мыңкылдап ызырынган бойдон үйдөн чыгып кетти Суван.

* * *

Улам күү шаңдуусун, не арман, муң, өксүгөн тилек толгон мазмундуусун улам бири чертип, «эми жагар, бу жакшы көргөн жалгыз күү ушул эмей кайсы?..» дешип, эки өпөрноз экөбү тең сынар тизелешкен бойдон эки улагада отурушат. Төрүнө тизе бою төшөк салдырып, башын бийик койдуруп, кокун болуш кыңкайып жатып алган, кабагын чытый көзүн жумган, же күү тыңшап, күү ылгап, күү мукамына көңүл-ою маарый карк болуп мемиреп жатканы, же үргүлөгөнү билинбейт. Баш жагына коюлган таш чырактып билиги түгөнүп, чогу кызарып, араң эле үлбүрөп, бирде өчө жаздап, бирде кайра жанданып, жылтырайт. Кээде козголуп, «та-ап!..» деп, үнү уйку-со арасында гана кышылдайт. Кээде күү жаңырып жаткан кезде эле «кыр-рк» деп, коңуруктап жиберет. «Э-э, көзү илинип кетти...» дешип, эки комузчу бирин-бири тиктеп калышса, бир көзүн ыкшырайта «И?! Эмне токтоп калдыңар, ыя?!» дегендей жекире карайт, Ныязаалы унчукпай сүкүт тарта күү чертип кирет, а кокуй болуш кайра тынчтанып, көзүн сүзө жума баштайт.

Таң аппак атып, таш чырак биротоло күйүп өчүң биртке түтүнү көгөрүп көрүнүп калды. «Та-ап!..» деди болуш бир жамбашынан бир жамбашына оодарыла. Эмнени табат? Буга кайсы күү жагат? Деги мындан кандаң айла менен кутулушат? Башын чайкап, ындыны куруп отурду Токтогул.

Ныязаалы өчөшкөндөй тырмалана берди. Комузуң улам бир мукамга кыңгыратып, дагы

кайсы күү калганын эстемекке тырышып, кайсаланып отурду.

— И-и!.. Таптың, кызыталак! — деп жиберди Осмонбек, күлө башын көтөрдү.

Ныязаалы тапырата чертип калды. Күү деле эмес болучу. Жаш балдарды соороткондо, же эркелеткенде кайрылчу бир жеңил, тамашалуу биртке кайрык эле.

Кара теке бой-бой,
кара теке бой-бой..
семизинде бултаң,
арыгында тыртаң...
семизинде сойбой,
арыгында койбой...

Кара теке бой-бой,
кара теке бой-бой...
бой-бой, бой-бой...

Ишене албай, «какшыктап, андан соң дагы, кыйыктап, жок шылтоо таап жүрбөсүн» деп, Ныязаалы алдыртан оңдоп карады. Жо, Осокеси уурту жымыйып, «бопбойго» кулак төшөп калган экен. Ныязаалы ойкуштата, өзү да оолуккан кебете көрсөтүп, бир кайрыктын ыргагын көбөйтө түрлөнтүп, үнүн кубулта кууланып, бирде куду жүгүргөн кара текедей тилин сала бакылдап, бирде комуздун капкагына сөөмөйүн текении жер тепкени кылып түпүрөтүп, чебич талаша карс-карс сүзүшкөндөй кошуп, бир кайрыкты кадыресе күүгө окшотуп узартып чертти. «Э-э, кудай, ушу кара текенин кыялы жагып, кутулгай элек...» деп жатты ой-санаасы.

— Бал-ли-и,— деди болуш,— кайдагы бир чымчыкты чырылдатып, кайдагы бир «көкөй кестини» сыздатып, катындардын кошогун зыңкылдатасың экөбү тең, мына күү деген!

Ныязаалы Токтогулду эширейип тиктеп койду. «Мына, күү билген?!» деген шылдыңды туюп, Токтогул тымызын кымыя башын ийкеди. «Көпкөн кара текенин кыялы кыялына бап келсе кантесиң?!» деп сездирди. «У-шунча да тайыз жумуру баш болот экен а?..» деп, тиги өзүн бакылдаган кара текеден кем сезбей адырайып калган немеге астейдил таң калды.

— Сен черте аласыңбы? Черт! — деди Осмонбек Токтогулга. Сыпаа баш чайкады Токтогул:

— Болуш аке, бул өтө кыйын күү, мен муну эптей алчу эмес элем,— деди.

— А-а?! Черте алба-айсың, муну сетер кармаган киши эле черте бере алба-айт. А-а?! —деп, чаркылдаи сүйлөп, дарпы жазылды болуш. — Жакшы-ы. Эми сетерчилерим, тойго барабыз.

Ныязаалы күйкөлөктөп жиберди:

— Кокуй, ак жолборс, ырайым кылың, мага тойду ким койду, жүгөрүм малга таланып кетпейби, ак жолборс?!

«Ак жолборс» деген сөз муютуп, бирок адатындай оозуна дароо сөкөт келип, аны кайтарбай, саал жумшагыраак:

— Ие, жүгөрүндүн башын... — деп койду. —Кыр-рыңдаба, бириң «бой-бой» күүн чертип, бириң ырын ырдап, мени коштоп барасың кыр-рыңдабай! Жети ууру элинде той болгону жатат, биз дагы ырчы-чоорчу алып барабызбы жокпу?! Ыя?!

Жети ууру элинде? Еу Сувандын айылы! Ныязаалы Токтогулду бир тиктеп, дароо түшүнүшүп, ичтен кымылдап, тышынан кыйылган болуп, болушту кыйбаган болуп, өкүмүнөн өтпөгөн болуп:

— Мейли эми, жүгөрү мал таламактан жерге жексен болуп кетсин, сиз айткандан кийин кантебиз, баарынан кечебиз... — деди. —А бирак, аттарды болсо союп жешип, Таркы менен Кекиртек сайга барып коюшту, кантип жөө барабыз, «ак жолборстун чоорчусу жөө келди» болуп, сиз жакка кеп артып калбас бекен ай?!

«Мунун кыялы кыл учунда турат, дагы ат бер деп турасынбы деп, капааттап кирсе ким кой дейт?!» деген эп келип:

— Эмесе, Осоке, биз бара берсек, үйдөн ат токунуп даярданып турсак, сиз өткөндө кошулсак,—деди Ныязаалы.

— Э-эй, бир жакка жылт коюп жүрбөгүлө, э-эй? деди «ак жолборсу» обдула, эгер жылт коюшса жазаси катуу болорун туйдура чакчу жыландай кабагын үйрүй.

— Э-э, өзүбүз ак жолборстун токоюнда жүрүп, жылт коюп кайда барабыз?!

— А-а?! Ошондой бекен?! — деп калды компоё мулуңдап «ак жолборсу». — Жөнөгүлө, эмесе, токулгаңарды, көтөрүп!

Эки өнөрпоз токулгаларын көтөрүшүп, айылдан жөнөп калышты. Түндө бекер этке диң тойгон Кекиртек менен Таркы: «Ө-өй! Эмки жолу семизирээк ат минип кедгиле! Ө-өй...» деп мазактап чардаган бакадай баркылдап күлүштү. Ошо маалда «ак жолборс» чапаны желбегей кепичи жалаң, ак дамбалыңын узун сайма ычкырын кармалап, тиги токулгасын көтөрмөй жоругуна өзү да маашыр, мулуңдап карап, мурдунан «ата ганаңдын...» деп мыңкылдап сөгүп, табасы канып, дөбөгө карай басып калган. Токтогул кылчак-кылчак каранып, ыза боло да албай, те дөңдөгү «ак жолборсуна» да, Кекиртек менеп Таркынын жабайы күлкүсүнө да, эптеп кутулуп кетишти гана көздөгөн кулагын жапырып бараткан өнөрпоздун кор күнүнө да таң калды.

* * *

Күн жайылган кезде эле сурнай үнү чыга баштады. Четки айылдарга кече күнү эле кабар кылынган болучу. Мурдатан кулакдар болуп турушкан жакынкы аныл сурнай үнү угулаары замат «кыз оюн башталган экен» деп, бала-чака дүрбөп, энелер кыздарын башайы чымчыктай жасап кийинтип, кыз оюн деген жаштык зоогу, мындан калтырууга болбойт, жаш келиндерине кошуп жөпөтө башташты. Илгери үмүт ак ишке белине ак курчашан сурнайчы башынан бышкан мөмөсү маал-маал кыбыр эгкен желден дыбырап жерге түшүп турган кош байтүп жаңгактын түбүнөн «топко чакыруу» күүнү тынымсыз тартып жатты. Туш-туштан кыз-улан топ-тобу менен учкан кептерлердей кылакташып, көзү ойноктоп, көңүл шат, чогулуп келишти. Сурнайчы көк тиктеп, улам эргип, улам кубулжутуп, «келгиле салтанат тойго, келгиле, калбагыла» деген чакырык, сурануу ыргагын туйдуруп, улам күчөнүп тартты. Кылкандай бир кыл иргелген уландар түркүн гүлдөй ыргалган кыз-келиндер кош байтүп жангактын айланасына толуп, эки жагындагы кашатка мамырап чыгып, толуп келди.

Кош байтүп жангактын ортосундагы кең түзгө кыркай улана кызыл-тазыл шырдак, төрбөлжүн төшөлгөн, лап ортосундагы калың килем үстүнө аардуу шайы төшөк салынган.

Бир убакта: «Күйөө келейатыры!..» деген кубана тутуланган үн угулуп, баары жаштар дуу бурула карашты. Орто бойлуу, денеси толуп, токтонуп калган жигит агасы, башында жара бөлө тилинген суусар тебетей, ак быязы чепкени желбегей, ички кара камзолуна курчанганы кемери күмүш, көк булгары өтүкчөн, күйөө сөөлөтүн бузбай жай басып көрүндү. Эки жагында эки күйөө жолдошу, коштоочу жигиттери артында. Кайын журт жагынан келиндер тосуп, жолуна боорсок чачышты. Бу ырым, колу жеткен бирден талап ооз тиймей ылазым. Төбөсүнө күмүш теңге чачып калышты. Муну да талап алмай адат, Күйөө шыптай кара жылтыр мурутунан жымыя ыраазылык билдире башын саал ийе ыракмат сездире, а күйөө жолдоштору ак үмүт ырымга ак үмүт ырым кыла «жолдук пул» беришип, «кана, мырза күйөө, төрлөгүлө, мырза куйөө...» деген келиндин сыпаа өтүнүчүнөн соң шайы төшөк үстүнө өтүштү.

Күйөө жактан күйөө жолдоштун бири, колуктуу жактан эки жеңесинин бири оюн зоогуна келген жаштарды тескеп, алдынкыларын отургузуп, улам арткыларын тике коюп «жөөлөбөгүлө, чуулдабагыла» деп оюн ээлери болушканы соң сылык сураныч кылышып, зооргу башкара башташты.

Зоок башы күйөө мактоо. Жанагы сурнайчы сурнайын белине кыстарып, эми колуна комуз алып, «Күйөө мактоо» салт ырын шаңдуу салтанат үн менен ырдады:

Алты кылым илгертен
жездении алты атасы бай өткөн,
этегине кут түшүп, бешенесин ай өпкөн...

Жети кылым илгертен
дүнүйөгө карк болуп,
жезденин жети атасы бай өткөн,
төрт тарабы шай өткөн..

Күйөө жолдош:

— Бали, бали! Шаншы, жарчым, үнүндө ыргак, тилинде шире бар экен!

Жарчы салт үйүтүн тутунуп, күйөөнүн Уй-Үнкүр сайын берекелүү кен, айылын телегейи тегиз деп, мактап айтты. Эч ким былк этпей, жымжырт боло кулак төшөп укту. Жарчынын үнүн, комузунун мунамын кош байтүп жаңгактын зыңгыраи ийилген көрктүү, мөмөлүү шактарынын байкалбаган желге асте-асте шау-шау эткен шоокуму гана коштоп жатты. Жашы өтө түшүп, мындай кыйгас жаштыктын оюнуна батынбай калган сөөлөттүү кишилерге алысыракта ар жерде бир топ болушуп, жымыйып тиктешип, «күйөө мактоо» ырына кулак салып турушат «Бийеринен ашырып коюптур», «тийеринен кемитип салыптыр» деген сын айтылып, эл ичинде эртеңки күңү кыйла дүң кеп болот. Өз кулагы менен угуу андан кызык эмеспи?! Жарчынын шаңдуу авазы авада калкылдап учуп жатты.

«Кызды апкелейатыры!» деген үн көпчүлүктүн назарын шарк башка жакка оодарып кетти. Үн чыккан жакка дуу карашты. Эки келин эки колтугунан аста сүйөй, артында кызыл сары тоо гүлүндөй бурала жасанган үч курдаш кызы, баары бирдей аяң, баары бирдей ызаттуу, же салт эрежеси ошобу, каалгый асте басышып, колуктуу көрүндү. Улам алды жагы дуу-дуу умтула жардап тиктешип калышты. Эми колуктуу жолуна күйөө тараптан чачыла, теңге чачылды. Колуктуу жүзү муңайым, күмүш шөкүлөнүн үстүнөн чүмкөлгөн ак үлпүнчөк үлбүрөп, эч жакка көз көтөрбөй, эч кимге назар бурбай мелтирейт. Күйөө ордунан туруп, тосо басып, жүзмө-жүз келди. Суу кундуздай караалжын өз чачынан, кашынан өзгө ireңинде да, жасалга кийиминде да чымындай кара тагы жок экен, колуктуу күйөөнүн көзүнө тоо суусунун шаркыратмасынын күнгө чагылышкан көбүгүндөй, көк асмандын кол жеткисиз жайкы бир түрмөк булуту суйсалып жерге түшкөндөй болуп сезилди. Үйрөтүп койгон салт үйүтүн өтөп, колуктуу ага саал таазим кылгандай нышана байкатканда кыраа күйөөнүн жүрөгү жымырап ысып кетти. Эки жеңенин бири колуктуунун жүзүн салт эрежесин кыла бир эле колуменен калкалай, өзү да жаңы эле келин болгон жаш жуван жаркырап жылмая:

— Көрүндүгүңүз кана, мырза күйөө? — деди, акырын уяң. Күйөө жолдош дароо эле «жар көрүү» жолдугуна дагы жалпыга күмүш теңге чачты. Ушундан соң күйөө колуктуунун үлпүнчөгүн кош колдоп акырын асте ачып, кыйгай тиктей берди, жүрөгү дүкүлдөп согуп эми мындан нары эмне кыларын билбей, акылына эчтеме кирбей, тилине эчтеме күрмөлбөй бир пас дал боло калды. Колуктуу же баш ийген ыйбаасы, санаа касырети, кабагы муңдуу, былк этпейт, дем тартпайт.

Жарчы кубулжуган назик үн салып, комуз менен коштоп, «кыз мактоо» айтты:

Жарыгым, келбетиң артык пендеден,
тагдырың периште түсүн бергенби?
Жарыгым, акылың жетик жергеден,
теңирим оң көзү менен көргөнбү?
Жарыгым, жигиттер көзү жылтылдап
суктанат, ышкынын өртү сендеби?
Жарыгым, кыз-келин телмип кылтылдап
көз артат, сулуулук көркү сендеби?..

Ыр коштоосу менен кыз-күйөө төрдөгү калы килем үстүнө өткөрүлдү. Жарчы эми ата салты, кыз баркы, тарбия-үйүтү туурасында эски термеден айтып келип, колуктунун кайгылуу келбетин кошуп өттү:

Жарыгым үлпүнчөк ачпай муңаят,
жүрөккө кайгы толгонбу,

өмүрүп өлчөп түшөр жер
өрүшү жайсыз болгонбу?..
Жарыгым жаркырап күлө тиктебейт,
көнүлгө зары толгонбу,
кол кармашып бирге өтөр
же курдашы оңсуз болгонбу?..

Күйөөнүн кабагы кирдей калды. Күйөө жолдошу жаяптап кетти:

— Э-э жарчым, ким үйрөткөн бул тамашаны сага? Кыз тынар жерине ыйлап барат, ыйлаганы сүйүнгөнү, томсоргону күлгөнү, арадан алты күн өтпөй кирпигин тарап жүдөтпөй, өзгөдөн өнтөлөшүп, эки күн көрүшпөсө энтелешип, кудай кошкон эки жуп бирин-бири сыйлашып калат. Ыя, жарчым, бул ырды сага үйрөтүп койсомбу? Ушул жагын айт, жарчым...

Кекетүүнү сезди жарчы. Тойго атайы жарчылык милдетине жалданган неме жаакташып отурмакпы?! Комузун шаңдуу күүлөп, жалпыга белгилүү «Жар айтуу» нуска ырын баштап жиберди.

Эй, жар эй! Жар, жар эй!
тоту куш түздүү кара каш, жар эй!
токтоно элек али жаш, жар эй...
тотудан үкү тагып ал, жар эй,
толукшутуп багып ал, жар эй...
тотудан үкү жарашсын, жар эй,
толгон эл жардап карашсын, жар эй...

«Жар айтуу» ырын билбеген чанда чыгат. Кыз оюнга биринчи жолу келген кыз-улан да үйрөнө келишет, башкалар жадырай «жар айтууга» кошулуп жатышса оозун кымтып туруп калуу ыңгайсыз эмеспи. Оолуккан уланаар, ээликкен эрке кыздар, оштонгон желдүү келиндер Ауу көтөрүшө «жар айтууну» коштоп кетишти.

Күйөөнүн кабагы ачылып колуктуну аста кыя тиктеп берди, а колукту тартылган сүрөт сыяктуу дагы эле суз дагы эле кылдай көңүл бурбайт, же жүзүндө купуя. Кубанчы, же көзүндө кайгынын жашы жок, бу күйөөнүн жүрөгүн тымызын кайра сыздатты.

Эй, жар эй! Жар, жар, эй!
сары алма жыттуу кундуз чач, жар эй,
сактана элек али жаш, жар эй...
үкүдөн үкү тагып ал, жар эй,
үлпүлдөтүп багып ал, жар эй...
саңоор үкү жарашсын, жар эй,
сан көздөр жардап карашсын, жар эй...
Эй, жар эй! Жар, жар эй!
Эй, жар эй! Жар, жар эй!

Улан, кыз үндөрү айкалышып, комуз мукамы коштоп, «жар айтуу» дуулдап дүңгүр кагып турду.

Эй, жар эй! Жар, жар эй!
Эй, жар эй! Жар, жар эй!

Кош байтүп жаңгактын бир четиндеги өскөн бакубат бутагына узун аркан селкинчек салынган. Түзгө атайы эки када орнотулуп, ортосуна бекем кары устун тартылып, эки киши бирдей күүлөнө турган «алты бакан» курулган. Булардан башка да кур таштамай, такыя бекитмей, керек болсо уландар «ит тартыш», түркүн оюндары бир четте кызуу боло бермек.

«Жар айтуу» токтолору замат жаштар убакытты бош кетирбей дуулдашып, оюн түрүнө карай тез-тез бөлүнө калышты да, жаңы гана ыйлаган көздөй саал кызаргансып саргарыңкы боло тоо башынан көтөрүлгөн ай алдында бака-шака оюн куруп калышты. Кыз оюн деген жаштык зоогу. Өз көңүлү келишкенин ар кыз, улан жандоо, оюнга чакыруу чектен тыш делинбейт, биртке чекилик кетип калган күндө да кечиримдүү, артынан кинээ айтылбайт, албетте оюнду таштап буйгага жылт коюу чеки, ар ким өз абийирин өзү сактоо ылазым, бирок четтей каалгып, жөн кезде ыгы болбогон көңүл сырын, же суранычын, же жообун айтышын калууга шарт болору болот. Ошон үчүн кыз оюи дегенде элеттин жаш атпайы уйүндө кала албайт. Бир сыйра оюн аяктаганы улам кыз-күйөө айланасына үйрүлүп, ашыглык ырлары ырдалып, бир кыз бир улан болуп алым-сабак айтышып, эки кызды акыбей салдырышып күлүшөт. Кайра кыз-күйөө урматына «жар жар» айтылат, кайра дагы оюн улана бермей.

Тыяктан эле шаңгырап ырдап келе жаткан ырчынын авазы шатыра-шатман зоокту суу жайпаи өткөндөй тып басып кетти. Бул тааныш, көбү канып, көбү укпай калып ындызар болуп жүргөн аваз! Оюнун ташташып, бир талабы дуу жөнөй ырчынын алдын тосо, бир тарабы арттан дүрдүгө калышты.

Кара күрмө, шайы кийип,
бойлогула, кыздар ай,
кадыр көңүл бар чакта
ойногула, кыздар ай...

Колукту үлпүнчөк ичинен нестейип тиктеп, ордунан тура кала тургандай болуп барып, не уяты, не чарасыздыгы, не атаны жер каратпоо көйү этегинен басты белем, Ошол бойдон селейе түштү. Муну бир сыр билген женеси, бир байым басып отурган кылдат күйөө гана сезди.

Кызыл күрмө, шайы кийип,
бойлогула, кыздар ай,
кызык өмүр бар чакта
ойногула, кыздар ай...

Жаш ырчынын баягы толукшуган шаңдуу үнү эмес, канчалык көтөрүңкү кылайын деген өз кайратына болбойсаал каргыл тартып, этеги өксүгөн ыйга окшойт.

Оңунда ойноп күлө албай,
оюндун баркын биле албай,
ойрон жашты өткөрүп
койбогула, кыздар ай...

Жаштар курчап, ал тааныбаса да, аны бир көрүп калгандары: «Ке-ли-иң, Токо, ке-ли-иң» дешип, өткөрөр төрлөрүн, отургузар сыйлуу ор.ундарын өнтөлөп калышты. Бирок, баш ырчынын кулагына эчтеме даана угулбан, айлана баары бир шар суунун боюнда тургандай күүлдөк гана болуп сезилип, ким эмне дегенине көңүлү да бурула албай кыз-күйөө отурган чок ортого беттеп келип токтрй, жардаган зоокчуларга бир сыйра көз чаптыргандай боло үлпүнчөктүү колуктуга бир назар сала өттү. «Кантип отурат болду экен?..» деген ой ошол күүлдөк арасынан жылт этип келип, көңүлү кайра чөгүңкү тарта калды.

Мындай учурда кыз-күйөөгө ырчы салам айтат, куттуктоо ыр ырдайт, а жаш ырчы ой-санаасын жерге түшүрүп алгандай, нес болгондой карбаластап, көз көрүнөө кайсаланып калды. Тымтырс, ырчыдан бир да бирөө ооз эчпай ыр күтүп, дем тартпай калышкан. Бирөө «отуруң» Дедиби, же өзү эле отурмак болдубу, өзү биле албай жаш ь,рчы ошол эле чөп жерге тизе бүгө малдаш токунуп отура кетти, кайсаланып комузун күүлөй баштады. Комуз үнү эсине келтире калды белем, жакын жол арада турган кыз-келиндин акырын шыбырашканы кулагына илине түштү. Дагы эле эки жакты тиктебей, бүт аалам алдында ат болгон сыңары, өзүнөн-өзү

корунган сыңары баштагыдай элире албай, оштоно албай мүңкүрөп отуруп комузун күүлөдү. Кыя карай жер тиктеп, өзүнчө көөдөн толо улутунуп, отуруп, акырын күү баштады. Күү кыз оюнду, салтанатын куттуктоо эмес, бир өксүгөн кошок, өзөк сыздаткан арман болуп чыкты. Үн кошпой көпкө ыайышып көпкө толгонуп, кайгы үстүнө кайгы, жетпеген ой, арман үстүнө арман үйүп, үч кылды муңкантып чертти. Бир убакта өзү да буулдап ыйлап жибере тургандай болуп ыйлап жибере албай, араң-араң тыйынып, каралай көздөн чыгар ысык жашын комуз кайрымына, үн мукамына шилеп, өксөп-өксөп үн кошту.

Көр дүнүйө жогунан, келер жер алысынан, кара өзгвц тосуп кармап жолунан болжошкон күнүнө жетпей өксүң калган ашык жар жөнүндө баян айтты жаш ырчы. Ким билет кайманаы?! Бир өзү билет, бир үлпүнчөк алдыда мелтиреп отурган капестеги чымчыктай чарасыздан билет!

Ырчы сыр алдырбаган соң күйөө көңүлү биртке тына түшө атайы кабак жарып отуруп, эл катарында ыр тыңшаган болуп калган. Түтпөгөн көңүл ай! Түтпөй асте көз кыйыгы колуктуну карап, жүрөгү кайра тыз дей дүк-дүк согуп, алдынан жер көчкөндөй башы айлана калды. Бала кезинде чечек салган эки бетинин отунан саал өйдө билинер-билинбес ар-ар жеринде акчыл тагы жараткан өзү каухардын күкүмүнөн көркүнө көрк кошулсун үчүн атайы себелеп койгон сыңары бир түркүн тымызын жылтылдагансып, сулуунун үрөйүнө асем болуп жарашып турчу эле. Эми ак жүзүнүн наары ансайын жукарып, көз жашы эки бетинин отуна сарыгып турган! Күйөө чекесин мыжыга кармаганын өзү билбей, бир кур маңыроо болуп, бир кур кыйкырып ордунан тура калчудай абалга кабылды. Те тереңден, «Эй... өз тоюңду өзүң бузасыңбы?.. Кимди келеке кылмаксың өзүндөн башка?!.» деген өз үиү кангы мас ачуудан эсине келтирип салды. Кыялы албуут жаш беле?! Колу калтырап турганын ошондо өзү сезди. Эми ал колуктунун көз жашын эч ким көрбөсүн деп тилсди, кокус бирөө, кыз болсо да, ыктап келе калса аны жекире тиктеп, кимди да болсо колукту жактан алаксыта оолактатышка аракет жасады. »

Өз көңүлү, өз кубанычы, өз жаштыгы менен мунканып коштошту жаш ырчы.

Ачылган кызыл гүлдөйүм,
атка салган дүрдөйүм,
караса көздү талдырган
калы килем түрдөйүм...

Кашкардын тоосу кайрылыш,
кайыгып ашат улуу куш —
кайрылып бери карай кет
карыпка салбай кыйын иш...

Көлөкөлүү майданым,
көөнү жакшы жайдарым,
бетегелүү майданын,
пейили жакшы жайдарым...

Букардын тоосу бурулуш,
буюгуп ашат улуу куш —
бурулуп бери каран кет
мүндууга салбай кыйын иш...

Ырга кумар жаштар дуулан сүрөөн кылып жатышты. Жаш ырчы кыздын ысмын атабай, ачык сөзгө өтпөй, өтсө табары эмне, ал өзүн корубай, өзүнөн коркпой кыздын кадырын коруду, анын эртеңки күндөгү көрөр тагдырынан коркту, ошон үчүн каймана ырдады, өз жүрөгүнөн кан сарыкты...

* * *

Тулаңы кызыл козунун көрпөсүндөй уюлгуп жаткан Бурананын-Бели аталган кыраңга чыкканда артын бир карап, кабагы ого бетер салынып, ою ыргылжың болуп, атынан түштү

Токтогул.

Кошо келе жатышкан Жеңижок, Ныязаалы да аттарынан түшүп, Токтогулдун көңүлүнөн өтө алышпай аттарынын узун чылбырынан кармашып, чөп чалдырып туруп калышты. Бирине-бири айтпаса да, «кыя албай турат байкуш...» деген пикир экөөнө тең келип турду.

Жолдон тышкары басып, дөңгө барып, Токтогул туш тарапты айланта серп салып, эми бул жакка экинчи келбей тургандай, ыйыкжер менен ичинен кош айтышкандай, бирок көңүлү кыра, бул жаркыраган аалам көзүн жумса деле, ачып турса деле ымырт, күңүрт, ар өзөнүнөн күкүктөп бирден дайра аккан кеңирсиген жер алакандай тар, ырайымсыз, жат сезилет. Кана?! Жаркыраган ааламдын жаркыны, кутман жердин куту кана?! Жаңы көз жарган, дүйнөнү да, адамдарды да өз көргөн ак көңүл, баёо байкуштун адегенде эле ташка тийгизди го тумшугун?! Жанын, өмүрүн, мындан нары көрөр күнүнүн маңызын, бир ырайымсыз көз көрүнөө көөдөнүнөн жулуп алып, Уй-Уңкур сайды өрдөп кетип калганга эч түтө албай, аркарабай кете берүүгө эч чыдай албай көңүлү жипсиз байланган. Деми кетип, бели бөкшөрүлүп, ырп этерге алы калбай, өзүнөн-өзү мууну титиреп, чөпкө көчүк басты да андан тула бою талыкшып, бүк түшүп жатып калды. Качан турат ордунан? Өзү билбейт качан турарын, чылбырын сүйрөгөн аты бир жакка кетип калса да, тиги көңүлдөш адамдары канча күтөөрү да оюнан чыккан, бүткүл жан дүйнөсүн чарасы табылбаган касырет чүмкөгөн эле.

Кыйла убактан кийин Ниязаалы менен Жеңижок жанына келгенде да сулап жатканынан былк эткен жок. Жеңижок эңкейип, колунан тартып тургузмакчы болуп, кайра тим коюп, Ныязаалы экөбү эки жанына отурушту. Эмне дешмек?! Кандай жүйө айтып жубатышмак?! Чукулдаң сөз тапкан, нечен түркүн алым-сабак, табышмак айтканкан, ыр менен түш жоорушкан эки жүйрүк бирин-бири тиктей албай, экөбүнүн тең оозуна эчтеме кирбей отуруп калышты. «Мейли, биртке жатсын, өзү ойлонсун...» деди Ныязаалы. Тамашага саптырмакка өттү Жеңижок. Өзү Көксулууну кантип алганын «аял оңой эле табылат» деген маани чыгарын, биртке жеңил баа кылып, армандуу. нун көңүлүн ушуну менен да болсо көтөрмөккө ырдап айтты. «И-и!..» Ошо күнү жаңы угуп отургансып, деги эле кызык окуяга жолуккансып, Ныязаалы атайы шагдам күлгөн болуп, сүрөп, коштоп отурду. О кезде Женижок да Таластан тербип келген бала эле, ушул Токтогулдай өзүнөн-өзү бакшыдай бууруга кумарланып, ооз ачса ыры төгүлүп жүргөн кези эле. Бир жолу Сулайманкул баш болгон топко аралашып, Кызыл-Жардан чыгып, Ак-Суу, Ак-Жол, Макмалды, Кара-Суу аркалуу тиги эле Таласка тутумдаш чоң жайлоо Миң-Бугуга келгенче жолмо-жол үч күнү тынымсыз жер көркүн сыпаттап ырдаган. Миң-Бугуга келгенде ырчынын өнөрүнө тен берген Сулайманкул бир айылда: «Түшпө аттан! Сенн аттан түшүрүп катын алып берсек бааңа биз жетпей калабыз, түшпө аттан, Жеңижок! Түшсөң бизди кем баа кылганың!» деп аттан түшүрбөй ошол айылдагы өзүнүн бир жакын туугандарынын сулуу кызына куда түшүрүн, калыңын өзү айтып, өзү төлөп, кызды жасалгалуу атка ошол замат аттандарып алып, жүрүп кетишкен да башка айылга жаңы өргө көтөрүп, тоюн, кыз оюнун ошол жакка беришкен.

Ныязаалы:

— Ту-ур, Токо, баш көтөр,—деп, Токтогулду экй колтуктан өйдө кылды. — Сенин өмүрүң бир эле кыз мененби?! Э, айланайын а-а отургандыр атасынын төрүндө сүзүлүп, бактыңа жолугар кыз?!

Эки көзү кызарган, көзүнөн жаны сарыгып калганый өзү эми сезип, беркилерге байкатпай алаканы менен баса сыйпап үшүкүрүп алды Токтогул.

—Көрөсүн, эл кыдырабыз,— деди Жеңижок атайы шатман,— Сувандын кызынан сулуусун табабыз! Өзүм -актайм эшигиндеги итин...

—Йе, кой, ушу Сувандын бир чаар кызына ушунча эсиңден таясыңбы, айлананын?!

«Сулуусун табабыз», «чаар кызына» деген сөздөр Токтогулдун дилине камчыдай тийди, көңүлү катайсын деп жатышат, муну сезип отуруп эле эки бурадарын ичинен жаман көрө да түштү. Өйдө тиктебей, бир жооп да айтиай, шалдырап отуруп, башын чайкап койду. Жеңижок менен Ныязаалы тиктешип алды. «О, акелерим ай... ат беле, тон беле, сыйлыкка кантип жар алам, акелерим ай?»! дегенди баамдашып, күлкүлөрү тыйыла калышты. Эртеси күнү Кара-Суунун башынан ашчу ашууга узатып келишти. Ырсайып күлгөн болуп, не ыракматы, не

кейиши экени белгисиз, илдиреп гана баш ийкегилеп, коштошууга араң эле жарады да, андан нары ээн жерде балача энтиге-энтиге көз жашы төгүлүп, өзү жалгыз кетти Токтогул...

III

Жокчулук жоомарт эрдин демин кесе береби?!

Демек, байыртан эле бирөө бай, бирөө кедей, бары барпаң жогу калтаң болуп келе бергенби?! Оозу кыйшык болсо да, бары өтүп, а жогу колуйан көөрү, тйлинен мээрн төгүлүп турса да, ойлогон оюна, каалаган мудаасына жетинбей өксүп кете бергенби?!

Токтогул бул байыртан чечилбей келе жаткан эски чийе түйүнгө өз өмүр жолунда дуушар болуп, ойлонуп ой түбүнө жете албай, өзүнчө бир учугун чыгара чече йлбай, же «тагдыр деген ушул экен» деп, моюн сунуп отуруп кала албай миң толгонуп ой толгоо тартты. Кана саал жылдар мурдагы кызыл-тазыл кең дүйнө?! Киши деп эсептебей, көңүлү сүйгөн жарга жеткирбей койду го байлык деген?! Минген атын көз алдында кызылала кы|ып союп таштады го зордук деген?! Те жети эмес, жетиМиш атадан калган элчилик, адамгерчилик дегендин миң түрлөнтө күндө үч убак кайта-кайта сайрап отурса да, “мына акыйкат» деп көрсөтүп, жалбарып ыйлап отурса да Чизбакпаган, тескөөсу, коркору, ийменери жок, кааласа караны «ак», акты «кара» дедирген, жалгыз өмүрүндү бөөдө кар кылган карөзгөй «бийлик» деген бар турбайбы?!

Же ооруган жери билинбей, же соодой шатыра-шатман эмес, ал кышы бою үйдөн карыш чыкпай ирени кер сары болуп жатты, Токтогул. Бир өз энеси Бурма, бир сырдаш Төрө гана билет, «сары ооруу болду кайран балам» деп, эне жүрөгү тымызын убайым жейт.

Кийинки жай алдында бир күнү Төрө келип, болбос оюна койбой аттандырып, бет алган жакка ат бастыртын өзү коштоп алып чыгып кетти.

— О, кокуй, ай, Токо, өлгөндүн азасы болсо да бүттү го?! Өзүң бил унутпасаң, көңүлдө жүрө берер бир армаң, а тышыңдан эми көп байкатпа да, Токо, тууган ушак айтпайбы, душман таба кылбайбы?! — деди, бу сапар өмгөктөй, милдеттендире сүйлөдү Төрө. —Эл кулак түрүп жатпайбы?!

Өзү да көк сагынган куштай болуп калган экен, бц. ринчи жолуккан айыл Сары Устанын айылы эле, күүлдөгөн көрүгүн, күрсүлдөгөн барсканын кошуп, тыяктаң эле ат үстүндө эргип, ырдап коё берди Токтогул.

Айыл ичи дүргүй түштү, ойноп жүргөн балдар чуулдабай, тирилигинде карбаластаган катын-калач селдейе карай калышты. Сары Уста буйдалбай сыртка чыгып, локулдап чуркап алдын тосуп:

— О-о, ке-ел, Токо! — деп ырчынын атын тизгиндем алып, жетелеп, эшигине жетери замат колтуктаа. сүнөн аттан алып, кучакташып көрүштү.

Көптөн бери үн тартпай буулугуп калган белем, Токтогул тааныган ар кишинин атын атап, баланы бетинен сүйүп, зайыпка баш ийкеп, баарын берметтей чууруган көркөм ыр тизмегине алып, амандык сурап, учурашып, үн баспай тышта көпкө ырдап турду.

Сары Уста үйгө баштап, өзү боз үйдүн кыша эшигин түрө көтөрүп ачып, ичкери кирүүгө суранды.

Төргө чыгары замат Токтогул комузун колуна алды. Сакалым, кадырым бар дегендин баары улагага дейре шыкалып, сыртта эл улам көбөндү белем, дуу-дуу болуп, үй тегеректеп тыңшаган элдин өбөгүнөн керегелер кычырай майышып баратты. Нары дегенди ким угат?! Мындайда ууктар дабырап түшүп, каланган чий жабылган туурдук шара-шара тилинип калары бышык. Тезинеп боз үйдү кызыл кереге кылып сыйрып жиберишти. Тыштан тегеректей тизилген ар түркүн көз жайнап, ырчынын комузу, азем үнү аны сайын айлана кыйырга шаңкылдап тарап угула баштады.

Ал түнү Сары Устанын оту өчпөй, ырчынын үнү сылбай, үй айланасына кулак тийише жамырап отура тыңшаган элден бири кетпей таң агарды. Саал эле мурда эски күйгөндөн, ашыглык зардабынан түркүн овон кошуп, шыңкылдатып наздуу күүлөр чертчү, бу сапар ырчы чоң атадай токтоо, үнү коңур, турмуш каабы, заман түрү, зорлуктун мүнөзү, акыйкаттын чеги, талабы жөнүн санаттап маани айтты.

Кишини башына түшкөн жамандык эсейтет белем?! Төрө:

— О, зирегим ай, өмүр курагынын да, ой-санаанын да, дагы бир жаңы белесине чыгып калган тариздесиң го, зирегим ай?!—деп болжоп, санат маңызын да, коштогон конур үнүн да, элирген куштай сынын да баамга алып, ичтен толкуп, ичтен кубанып, ыраазы болуп отурду. Йе, ырас эмей?! Не кыңкылдап күйгөндөн, не мыңкылдап чала жамактан башы чыкпай, кара оокат учүн атты, итти, ниети пас бүрөөнү караманча жаңкылдап мактап журө бергенде ырчылык нарк, касиет болмокпу?! Ырчы болсоң ушундай бол, нуска, маани чуба, жол-жобо көрсөт!

Көп өтпөй Төрө алыскы Анжиян шаарына түшүп, уезд төрөсүнүн өз алдына жетип, жакында жаңы болуштар шайлоолору болорун, ага тектүү деген тукумдарга карама-каршы болуштук талаша турган эл ичинен жарамдуу адам эмнтен камдана бериши керектигин, мындай аракетке эч ким тоскоол боло албай тургандыгын, бул мыйзамдуу экенин билип кайтты. Оюн бекемдеп, орус төрөлөр кийген тик жака көп топчулуу ак камзол алып кийип, эл көзүнө дагы кадыры артып, жаңы шайлоодо болуштук талашууга биротоло бел байлап келди.

Дуу-дуу болуп, ар айылдан тапатандан жыйын курулун, «жети ата» жаатына биригип, ураан бөлүнүп чыга баштады. Жыйын башында Төрө, Сары Уста, а Токтогул те байыртан көөнө замандан бери келе жаткан элчилик, журтчулук, элдин корушу, данакери, жакшы күндө да, жаман күндө да төбө бириктирген ынтымагы деген ыйык чектерди ого бетер көтөрүп, куюлушкан ыр кылып, аны сайын ар кишинин көкүрөгүнө сыймдуу, көңүлүнө жагымдуу, өзүмдүк ою сыяктуу жан дүйпөсүнө түшүнүктүү кылып, санаттап, шөкөттөп, ошого жандай эле элге карамсыз, өз очогуна күл тартма, кара жемсөө, зордукчул, ырайымсыз болуш-бийлерди ачык сынакка сала баштады.

Ошол күндөрдүн арасында бир жай адам жалгыз Уулунун урматына колдо барын чачып, көп эл чакырып, агыл-төгүл той берип жатып калбаспы?!

— Айланайын, тегибиз бек болбосо да, уругубуз көп болбосо да, бектей, көптөй айтып, укеңин тоюна жарчы болуп бер, айланайын! — деп калды той ээси.

— Ырчы көп келди го, абаке, жашы улуулар турат кантип өтүнөм, абаке?! — деп кыйылды Токтогул.

Тургап эл той ээсин кубаттап:

— Жашы улуу деген эмне?! Жиликти мурда алат акылы болсо элчи болот, а өнөрү бар өргө чабат, ырчы жарчы болот. Кана, ким өтөт өзүндөн, Токтогул?! — деп жаалап жиберишти.

Биринчи жолу! Дилинде бул ишенимге кубанды Токтогул. Ошол замат шаңгырай үн салып, жыйын аралап ат бастырып, той эрежесин, тартибин, ынтымак жөнүң жар айтып баштап кетти. Не дөңгө уй мүйүз тарта, не капталга жантая отурушкан карыларга барып, салам айтып, нарк-нускадан терме айтып, не кыз жандуу кыл мурут жигиттердин тобуна аралаша шыңкылдата комуз чертип, назик добуш салып жаштык назын ырдап, көңүл жубантып жүрдү. «Бал-ли!» дешти кары да, жаш да: «Бал-ли!» Ырында маани, үнүндө шаани бар экен, эки жактан бирден берген экен буга кудан!» дешип аңыз кылышты ыраазы эл.

Бир убакта чабарман келип:

— Ырчы,— деди,— баш өргөөгө келсин дейт!

Баш өргөөгө?! Жүрөгү селт дей түштү Токтогулдун. «Баш өргөө» дегени тиги бийик тектирдеги бейчеки киши жолоттурбай туш-тушуна жигит коюлган, «каранын каны» аталган Дыйканбай түшкөн өргөө! Дыйканбай илгерки «бий», «датка» атанып өтүшкөн аталарыпын салтын сактанып, алдыда туу башы баштатыи, өңкөй куралдуу жанжигиттерге курчатьш, оозунан чыккан сөзүн, сөөлөтүн эл үстүнө бийик көтөрө мактап айтар ырчысын жандатып, оор топ болуп той жыйынынын ири далында келип түшкөн. Той ээси минтнп ашкере дөңгө алейне «баш өргөө» тигип, «баш табагын» эл агасына тартмай адаты боюнча ал дагы кысыр эмди тай союп, кымыз менен арагын агыл-төгүл кылып, бар жакшы көңүлү да, бар жүрөк сестенүүсү да, кыйды кошомагы да жүзүнө чыгып, үч буктөлүп баш уруп жиңкилдеп жүгүрүп, өзү кызмат кылып, өзү зыяпат көрсөтүп жаткан эле.

Токтогул кыйыла түштү. Барбай коё алабы?!

— Жүр,— деди акырын. Токтогул кошо бастыра берди. «Эмне керегим тийип калды экен? Макта дейт да мындан башка эмне керегим болмокчу?!» деген ой келип. «Кайтип мактайсың?

— деп сурады өз ары. — Залим, кара жемсөө деп, жамы эле бийи атпайга кинээ айтып, күнөө коюп жүрөсүң. Эми барып, «ак жолборс» деп, алдына үч бүктөсөң, эл эртең эмне дейт, эмне кунуң калат?!» Каяшачыл кашкөй сезим дүр эте тула боюн каптап, «көрөйүн» деди дили, мына ушул «көрөйүн» деген сөздө кагылышка келбеске арга издөө да, куланып келип урунган таштай болуп өз эркинен тыш кабылып калса каяшага даяр кайрат да бирге.

Босогону аттап, өргөө ичин бир айланта тиктеп алып, токтой калды Токтогул. Тиги капшыты менен бу капшытына сүйлөшкөн сөз угулбай турган он эки канат кең өргөөдө кырка тарта «мен бактылуумун», «мен барктуумун» деген өңкөй тектүү, өңкөй бай терилип отурушкан экен. Эн төрүндө кош куш жаздыктын үстүндө баарыдан бийик, баарыдан сөөлөттүү, Дыйканбай. Мына бүткүл Коңур-Өгүз, Кетмен-Төбө, Сары-Камыш, Суусамыр, Жумгал тоолорундагы көп саяктын уругун айла менен да, күч менен да чарк имерген «каранын каны» атанган адам. Кабагы жылуу, көзү ырайымдуу, ошол тапта оюнда бир шойкон тургандай уурту асте күлүмсүрөйт. Бир да киши ордунан козголбоду, бир да киши «кел» деп сыпайкерчиликке да үн бербеди, күлүмсүрөгөн «каранын канынан» баштап эле не тоотмоксон, не атанын көңүлгө албамаксан болушуп кемсинтти, не бу аты дуулдаган желдей тараган Ырчыдан сыйкырдуу бирдеме күткөндөй баары тымтырс. «Салам бер... салам...» Салам берүү?! Бу те төрдөгү «каранын канын» көктөгү ай менен күнгө, жердеги күркүрөгөн дайра менен зыңгыраган зоого, баатырдан жолборско, каардуудан алтымыш кулач ажыдаарга теңеп, ашырып мактап ырдап, эң акыры «сабасаң кулуңмун, сапырсаң пулуңмун» деп, мөгдөп баш уруу эмеспи?! Дендароо ббло түштү Токтогул. Кара кылды как жарган сынчы менен нускалуу ыроочулардын ыйык салты менеп шор баскан кошоматтын ортосунда кыпчылып калгандай болду. «Жаш эмеспи, сүрдөп калды...» деген үн чалды Токтогулдун кулагы. Бу кимдир аксакалдын кыйын абалдан жакшылыкча чыгарып коймокчу болгону. Жо, эмнеден сүрдөмөкчү?! Зардеси эрегише түштү, өчөшө үн көтөрө баарысына карата дайымкы саламды айтты Токтогул.

— Ие?! — деди оң капшыт жактан бирөө кергичтеп.— Ырчы дегенибиздин саламы ушубу?!

Бу «каранын канынын» каарына жол берүү. Бирок, "Каранын канынын» кабагы баягы жылуу бойдон, не саламга алик алганып, не «сүрдөгөнгө» ыйгарган кечирим, не ырчынын ечөштүгүнө тымызын ызырынгапы — иши кылып, акырын башын ийкегилеп, тим.

Токтогул орун карай берди. Жок! Бири дагы көчүк ыкшабады. Оң капшыттын эң акыры болуп, так босогого далысы тийип, ырчысы Арзымат отурганын эми көрду «И,— деди Токтогулдун дили өкүнө,— менин ордум сод капшыттын акыры экен го?!» Чын эле ошерге бир киши кыпчылса боло тургандай. Эч ким отур деген жок, өзү тизе бүгө калды Токтогул.

Эт жесин деп чакырылган эмес го?! Ырчынын парзы буларга жакпаса да бирдеме айтмак керек! Токтогул гоктолбой комуз күүлөй баштады. Баары мелтиреп, Дыйкаң. бай да карап, кунт коё калышты. Токтогул салт санат коштоочу токтоо шаңдуу ырчы күү баштап, эки кайрып, анан коңур басмырт үн кошту.

«Карысы нысаптуу, жашы уяттуу биздин эл, жакасы жайык, төбөсү жайлоо улу тоо, кеңирсиген биздин жер» деп, эл наркын, жер көркүн сыпаттап, те илгерки көөнө замандан бери жакшысын терип, айкөл Манастан баштап аттарын атап өтөгөн иштерине даңаза айтып ырдады. Мына, «каранын каны» көп эле ырчыны кол алдынан өткөргөн, билет, кошоматын көргөн, оозуна батпай калышыича айткан мактоолорун уккан, бирок да эл, жер, эл агасы, жер энеси туурасында мындай орундуу, салмактуу, маңыздуу жуп-жумуру сөз саркелдесин укпаган. Мурдатан жаттап алгандай эч такалбай, шанданган мукамыпа төп келиштире маани салып, шурудай тизилте куюлуштура уйкаштырып айтканын кара?! Дыйканбай не өнөргө тен бергени, не эл агасы жөнүндөгү албан сыпатты өзүнө мактоо катары туйганы — иши кылып, жүзү аны сайыа жылуу тартып, асте баш ийкеп да отурду.

— Бал-ли! — дешти, бул сезимдин ичинде ырчынын өнөрүнө тен бере өрөпкүү да, «каранын канынын» кабагына жараша жалпылдап кетүү да бар эле.

— Ой! Мына! Булбул чыккан турбайбы кан дыйкандын багынан?! — деп, ушул жерде да

булбулдун өзүн эмес, Дыйканбайдын зоболосун көтөрө чалып калды бирөө. Ким чеки дей алат?! Кайта кынтыксыз баадай коштолуп кегти:

— Ак сөз! Багбаны болбосо бак көгөрчүбү, бак болбосо булбул жумурткалачубу?! — дешип кетти.

Бу дуу-дуу бир гана Арзыматтын көңүлүн тебелеп жатты. Өзүнөн өзү нымшып, алагар көзү жалтылдап, кабагы бир үйрүлө, бир жазыла, улам Токтогулду тиктеп алып, обдулуп, билегин түрө, комузун кайта-кайта оңдонуп, байгеге кошууга жайдакталган учкаяк сынары тынчы кетип кетти, Ал «карашканынын» көрөркөз ырчысы эмес беле?! Ошон үчүн дымактуу, ошон үчүн байбатчадай жасантып коюлган. Муну байкадыбы, уурту дагы көбүжымыйып, «каранын каны» не ырчысын абалына күлгөнү, не «айтарыңды айт» дегени — ээгин саал көтөрө кез кырын асте сала берди. Ошол замат Арзымат оолуга комузун шартылдата, өтө шаша, өтө эргий жабырап жамактап, түз эле «Сен кимсиң?!» деп жакалашчудай баштады:

Ой түбүнө жеткендей,
көл, дайрадан өткөндөй,
баш-аягын карабай
бакылдаган сен кимсиң?

Качанкыны термелеп,
кайсаланып жөрмөлөп,
кайдагыны баатыр деп,
калптын баарын акыл деп,
кадырын билбей, көзгө илбей
төрүндөгү төрөндү,
кашындагы беренди
жакылдаган сен кимсиң?

Өрөпкүй, андан нары «Менин жайым билип ал!» деп, өзү мактанып кирди.

Башымда кызыл бөркүм бар,
байманалуу көркүм бар,
кан Дыйканбай бегим бар,
төрт тарабым кыбыла —
эминеден кемим бар?

Кыл торко менин кийгеним,
кызылдан жорго мингеним,
жая, карта, казы жеп,
жыргал күн менин жургөнүм
айкөл Дыйкан айдыңы
армансыз доор сүргөнүм!

Эми «Сенин жайың мен билем!» деп, мыскылга өттү.

Үрүп чыккан ити жок,
үйүнө кирсен куту жок,
жарыбаган жакырдан,
ным жетпеген какырдан,
жалгыз дарак байкушсуң —
жайыңа карап айтышкын!
Жамаат жакын конушпайт
мушташсаң бирөө болушпайт —

мүлк кылып санап өзүнө
ырыңы барктап тыңшар ким,
көтөрүп душман көзүнө
урмат кылып курчар ким?!
Арып келсен сый болбойт,
ажалың жетсе ый болбойт...

«Ой-бо-ой!.. — деп, дуулдап кетишти. — Жаман жеринен алды го кексе ырчы?! Ой-бо-ой, калети барбы? Жарды менен жалгыздын акыры көрөрү ушул эмеспи, аттиң ай?» Мейли эле, Арзымат гана жабышса мейли эле, айтышта ар нерсе дейт, ушул жаакташкан кыйын учурду атайы басмырлай, белдүү тууганы жогун, жакыр уруктаң чыкканын атайы сездиргендей дуулдоо Токтогулга өтө оор келди. Бирок өчөшмө, эрегишме кашкөй кыялы дароо дүргүп, ал кайра чыңала октолуп, эми Арзыматка эмес, ушу өткөй барлыгына манчыркаган топко багыштап, токтоо жооп айтты.

«Жарды», «бак» деп ылгадың —
жарчылык салтын булгадың,
жалгыздыкка сын тагып,
жарамсыз айтып турганың...

Жакырсын деп кордодуң,
жакыр да болсом Токтогул
жандан озгон жоргомун...
Тексизсин деп кордодуң,
тексиз да болсом Токгогул
теңимден ашкан жоргомун...
Өз алыңды билсенчи,
көзүңө карап жүрсөңчү,
башка чапса кетпеген,
манапты ээрчип эт жеген
мадыранган соргогум...

Жарды дейсиң — зардем бар,
жалгыз дейсиң — дармен бар,
каяша кылар демим бар,
кадыр билер элим бар...
Жаман тууган көрө албайт,
жамак эшип бере албайт,
акмак тууган көрө албайг,
акыл кошуп бере албайт...
Бир кишинин дөөлөтү
миң эссизди көптүрөт,
желиктирип, эсиртип,
жамагатын сөктүрөт,
кепке кемтик келтирип,
жамы журт арын төктүрөт... —

«Айдыңында» бирөөнүн
жүргөнүнө мактанган —
айдактаган ит болуп
үргөнүнө мактанган...
Тайды жарган бөрү дейт,

тайраңдаган жору жейт,
тарп экенин билбеген —
ошол таз жорунун шору дейт...

Бири да былк эте албай, быш эте албай селейип, отуруп калышты. «О-о, бу да балакет экен го?» деди купуя бири. Кай бири «Ыя, жорусу го жорусу, а бөрүсү ким болот?..» деп, «бөрү» ким болору даана айтылып турса да, ал жакка оюн да, оозун да өзү даатпай, тиги «караанын канынын» алдында эриндери кеберсип тымпыйып, эми кандай шойкон башталып кетерин гана күтө нестейди. Ушул жерден Арзымат кычаштырып, «каранын кайына» туйбай калса эсине салмакчы, анын каарын тигил жакка бурмакчы болуп, а өзү «каранын канынын» жаңында «жору», «ит» аталса ага кайра мактанар таризде чакчырыла үн созуп калды.

Э-э, мейли,
кан Дыйкан «бөрү» мен «жору»...

«Тарт!» деген үн төрдөн зекиди. Селт дей берди Токтогул. Дыйканбайдын уурту кымтылып турган экен «Сени айтып жатат го?!» дегендейби, Арзымат Токтогулду бир карап алды да, жо, бегинин эки көзү чап салчу жырткычтай анын өзүнүн маңдайын тепчип турбайбы, ошол замат эмелеки кабагында жаркылдаган дымагы сыйпалып жерге түшүп, далдырап калды.

— Бал-и! — деп жибериштн көбү жарыла. — Бал-ли, кара кылды как жарган кан Дыйкан, бал-ли!

Бу сапарда ыры маанилүү ырчыны эмес, кошомат дагы Дыйканбайды көтөрө чалды.

— Бали,— деди акырын Дыйканбай өзү, Токтогулду муңайым тиктеп,— ырчыны айт, ырчыга бали. Жакшыны «жакшы», тууранын «туура» деп койгондун эмнеси кыйын, эмнеси бали, мага эмес ырчыга бали.

— Бал-ли! — деди бир кошоматчы Дыйканбайдын өзүнө да көнбөй, оолукпа. —Жакшыны «жакшы», тууранын «туура» деп, кишинин баары эле айта алат бекен?! Бал-ли!

Кай бири күлүп, кай бири ынанып, эми ошого «бали» айтышып, баары дуулдап калышты. Сөз маңызына барк бергенге ыраазы болгон — теги келип, сөздүн өзүн айтканга мактоо. Бу баарыга, Дыйканбайга да, Токтогулга да дайын. «Каранын канынын» алагар көзү менен тең «мерилген той ээси айттырбай тойдун сарпайынын эң алДы болгон кымкап алкелип, таасын ырчынын ийнине салды. Те жанагы тиктебей кабактары терс үйрүлө манчыркаган топ эми тең көргөндөй, эми кадыресе жакынсынып, дуулдаша «кут болсун» айтышты. Жылуу кабак, жылуу кимди ийиктирбесин?! Дыйканбайдын мамилеси Токтогулдун көңүлүп да ийиктирди.

Той тарап, эл үй-үйүнө кеткеп күнү Токтогулга канбайдын орточу киши келип:

— Балам, башыңа бак конду! — деп сүйүнчүлөдү түз эле. Элтейип карай берди Токтогул.

— Каранын каны «айлыма көчүп келсин, теңир коңшу отурсун, арам жесем да, адал жесем да шыбагалаш болсун» деди, Токтогул!

Токтогул эрдин кымтып, ойго бата түштү.

— Үстүнө үй тигип, астына аргымак ат тартып, казаныңа аш, төшөгүнө кыз салып берет, Токтогул! — деп уурту кубангандан жыйылбай күбүрөп арбады орточу.

Жаш ырчынын даңкы Дыйканбайга алда качан элё жеткен. А түгүл, Аксылык кызын бербей койгону да угулган. Баарыдан Жети ата менен жакын болуп кетиши жаккан эмес. «Кайда, кимге аралашып тамтаңдайг бу томаяк сарттардан чыккан жалгыз бакшы?!» деген ою күнүгө чайлап өнүгүп астелеп кыжырга айлана баштап жүргөн. Тойго жөнөрдө «ээнбаш ырчы баланы тегин, чегин бетине басып, эки жагын карантып, эсине келтирип койбосо, адисинен ашып барат ко» дегенчелик кыйытып, өзү «ордо ырчы» атандырган Арзыматын жумшак көкүткөн. Эң акыры экөбүн бет келдирип, «ээнбаш ырчыга» «жакыр», «какыр», «жалгыз», «байкуш» деген сөздү ашкере угузуп, ага жетим Төрө ачуу сөз түгүл көк келтектен арачалай албай тургандыгын, дагы болсо каранын каны Дыйканбай калка болорун ачык туйдурган болучу.

«Э-э... — деп, аны не урунар буюм, не минер ат сыяктуу мамиле кылганына астейдил көңүлү сынды Токтогулдун. — Бая күнкү «кара кылды как жарганы» ушул үчүн белем, аттиң

ай?! Капесине отурар, ал каалаган убагында санрар бакма булбул кылып алганы жаткан экен го?! Жарык кабагы жайган тору турбайбы?!» Чакмак тарткандай көңүлүңө капилет жанган бая күнкү жылуу еезим асте сөнө, «жериңи ырдаганың—мени ырдаганын, элиңи көтөргөнүң — мени көтөргөнүң, канат как, эркин чабытта, эркин сайра дебейби анык журт агасы, тон жакасы болсо...» деп, таарынычка, андан нары жек көрүүгө обушуп баратты.

Ырас, орус мийзамы болуштарды, «элге салып шайлоо» эрежесин киргизип илгеркидей бийдин баласы бий болуп кала бербей калган болучу. «Бир ата», «жети ата» делинген эки топтон эки «кандийлат» көрсөтүлмөй, эл кайсы жагына көп оосо ошол жактын кандийлаты болуш болуп шайланмай. Мурдатан бийлик тутуп келген мана өзү «бир ата», а жону жука, ар кошкон, демек букара эл «жети ата» атанып, эки жок болуштук талашышат. Беш болушка бөлүнгөн жалпы Кетмен-Төбө аймагында илгерки белгилүү манап Ырыскулбектин балдары бири калса бири жетип, элге алынмактан кудайга алынып кетсе да башкага кыяр ойлору жок, алдыртан тузактап, алдынан ушактап, а түгүл жакын деген адамдарын куда болгон болуп, жайыт бөлүп берип имерип алып, кайра андай бак талашкан тыңды өзүн жалгыз калтырып жыгып кетишет. Бирок, күндөн-күнгө эл бөлүнүп барат, аны да бидишет, «жамандыгы чыга элек» деген улам жашырак балдарын көптөп көтөрө беришет. Акыры келип эле «эл камын ойлойм» деген «жети атанын» кишиси быякта калып, урууга таасири бар, жаатын көп курап жиберген манап өтүп, болуштарды эл эмес, байлык «шайлап» коёт.

Ошол тапта Ырыскулбектин балдары Арым болуштугуна Атаканынын он тогуз жаштагы уулу олчойгон Керимбайдын кандийлатын «бир ата» жаатынан көтөрүшүп, «жети атадан» Төрө шайлоого коюлган. Мына, «теңир коңшу» дегени «биз жакка өтсүн» дегени эмеспи, кара башы гана түгүл анын ырын да, арын да сатып алып коюшканы жатышпайбы?! Үнсүз башын чайкады Токтогул. Өзү «элге кайрымдуу башчы» көксөп жүрсө, байлык менен зорлуктан жаштайынан жапа тартып отурса, мындай ыгы келген күнү эле өзүндөй жардылардын жаатын куш жеминдей гөр оокатка алмашып баса бермекпи?!

— Ай, балам ай,— деп кейип, бир чети коркутуп да кегти орточу,— бу кежирлигиң түбүнө жетпесе экен, ай, балам ай?!

Сары Устанын дүкөнүнө «жети ата» жыйын куруп калды.

Те этектен түрүлө дүрдүгө бир топ атчан чыкты. Башка айылдан жыйынга келаткан эл го?! Жок, арасында ак сакалдуу, байсалдуу киший көзгө учурабайт, баары бир кылка сабоодой шайдоот, кызыл ээк жигиттер, эң алдында, аты кара тер, албуут жасоол.

— Эй, бакшы! —деди келип эле, саламы жок эле, үзөңсүсүнө тура обдула, жорудай мойнун көтөрө заардуу тиктеп, кекээрдүү. — Бас, алдыма түш!

— И?! Каякка?! — деди Төрө. Бүт «жети атанын» кулактары делдейди. Чын эле каякка?! Эмне үчүн?

— Каяккасын сурап эмне кыласын?!

Бу Дыйканбайдын жасоолу. Токтогул дароо түшүндү. “аягы «бу кежирлигиң түбүнө жетпесе экен, ай балам ай...» деген орточунун эскерткен күңкүлү азыр кулагына кайра угулду. Ары да, кыжыры да келип:

— Колум бош эмес. Кан Дыйканга айтып кой, колум бош эмес, капа болбосун кан Дыйкан,— деди Токтогул сөзүндөгү да, үнүндөгү да дирилдеген мыскылын өзү жаба албай.

Эй, кан Дыйкан чакырганда кимдин колу бошобогон?! Ким минтип сөз кайрыган?! Көпкөн жасоолдун эки көзү маңдайына чыга чакчайып кетти. Бу дагы жөнү жок ала салмадан эмес ко?! Буйрук алып жатып, «болбой койсо эмне кылайын?» деп сурап «айдап кел», «сүйрөп кел» деген жаагы карышкан катуу кошумча ала чыккан сыяктуу. Темине, эңиле:

— Бас быякка... — деп, күркүрөй Токтогулдун жакасына кол сермеп жиберди.

Жакын турган Сары Уста ойдологон аргымакты тизгинден алды:

— Эй! Токто сен! Эй! — деп, заматта көзү канталап, бек кымтылган эриндери титиреп, ушул азыр адисинец ашкан жасоолду дагы аттан оодара тартар баштанды.

— Кокуй, Сары аке,— деп жиберди Төрө ортого түшө,— кокуй, кол тийгизе көрбөң, иш бузулат! Жаңжал чыгарыш орус мийзамына туура келбейт. Мына, өзүлөрү жасоол жиберип, жаңжал чыгарып, куп болду. Пристав төрөгө эми биз айтабыз.

«Ыкыс берсем эле жүрөгү түшкөн «жети ата» чилдей дыркырайт» деп ойлогон жасоол соолуга түшүп, бирок көөдөнүнөн ок тийген жырткыч баш көтөрүп, эмне жаңжал чыгарса да ал жооп бербей турганы эсинде бар, кайра кычашып, атын дагы камчылап:

— Тара! Тара дегенде тара! — деп, ызырына эки көзү Токтогулдан өтүп, кантип четке сүрүүнүн, кантип эл ортосунан бөлүүнүн амалын ойлонуп, артындагы өңкөй кызыл ээк жигиттерин шыкап, кайра камалады. Жигиттер үйрүлө такымдарындагы көк союлдарын колго алышып, булгалап, теминип, топко ат сала башташты.

Эл дүргүдү:

— Кокуй, бул эмне? Ыя, чындап эле чапканы келгенби булар?

Ошол көз ирмемде өмгөктөп келе жаткан аттан буйтай качкан бирөө жер сыйпалап, колуна кире түшкөн кссек менен атчанды карай шилтеп калды. «Ур!» деген эч ким болгон жок, тосмосу жырылган суудай көпчүлүк күүлдөп, баары жабыла жер сыйпалап, баары кесек, таш алып, бир паста атчандардын үстүнө дыбыратып жиберишти.

— Ата ганаңдын!..

Эл кыжыры заматта буркан-шаркан тушүп кетти.

Төрө аңкайып эле туруп калды. Кимсин кой дей алат?! ушул азыр коркутуш да, мийзам да элдин бул толкунун токтото албайт болучу. Таш, кесек дабырап урулуп, ызырына сөгүнгөн үн, сүрөгөн кыйкырык сестентип жиберди белем, желиккен жигиттер эми жүрөксүп башына таш тийген аттар кежеңдеп жалтанып, топко кире албай калды. Эми соолуга калган көпчүлүк каткырык сала күлүп, өзүлөрүн дайыма ичтен кетенчиктетип, жүрөксүтүп, тартынтып келе жаткан бир тоскоол түңгуюк сезимди кокустан бузуп өтүп, кандайдыр бир эрдик чегине жетинген сыяктуу, нөөдөн толгон кубаныч, эми эртеңкиге болгон тобокел ойго термелип кеткендей болду.

— Ата ганаңдын!..

— Жалтанат экен го булар деле?!

Эл толкунуна кошо толкуп, Токтогул шаңгырап үн салып, ыр төгүп коё берди. Ырыс алды — ынтымак, күч—биримдик деп, элдин демин, рухун даңаза кылып, каяша кылбаса зорлук өзү кетмекпи, талашпаса эл мурадына жетмекпи, ушуну көңүлгө туюунтуп, кай бир «эртең эмне болот» деген ойдо калтылдап тургандын да колуна таяк карматкандай кайрат, жүрөгүнө төтөк берди Токтогул.

* * *

Бир жакын төркүн зайыбы, бойго жеткен кызы болушуп, айылдап келип калышты. Кайра кайтышарында Бурма: «Мага каралашып турсун, сиңдими мага таштап кеткиле, бир аз күндөн кийин өзүм жеткирип берем» — деп көшөрдү. Токтогул энесинин оюн дароо сезди. «Көнүшүп кетер бекен, эки бакыр — бир тукур, нике кыйдырып коём» дегендей. Үй тириликке камбыл, жүрүмү токтоо, түсү ийги, аты Тотуя экен. «Үйлөнсө, жалгыз бала өзүнөн көбөйсө» десе эненин түн уйкусу беш бөлүнүп жүргөн кези да. Токтогул энесин аяды. «Апа, кагылайын... Коюңуз, бара берсин азыр. Эр издеп тийген деген сөз калбайбы кызга, апа?! Мейли, сизге жакса бир айдан кийин өзүбүз барып алып келели. Калыңсыз кыз болсо да каадасыз кыз болбойт дешет го, каадасын кылабыз, апа...» деди. «Апаң сенден кагылсын, каралдым...» деп, сүйүнгөндөн көзүнө жаш алды бурма. Бир айдан кийин Төрө күйөө жолдошу болуп барып, жакшы эле тойчук кылыЖып, Токтогул үч күнү ырдап, кыз оюнун байдын кызыныкынан шаңдуу өткөрүп, Тотуяны алып келишти.

IV

Шайлоо өтөт деген кең жайыкка уч күн мурда эле «бир ата», «жети ата» жактан эки тарапка үйлөр тигилип эки тарап «таш» берчү «мейман» күтүнүп, а уездден келген шайлоо өткөрүүчү төрөгө алейне ак өргөө көтөрүлгөн.

Күнүгө үч маал эки кандийлат кол куушура саламга барышып, берер сыйлыгын, тартар

тартуусун ар бири кымц. рылып жылдырып жатышкан убак. Туш-тараптан «шайлоочу эл» келип, киши кумурскадай көбөйгөн.

«Бир ата» Ырыскулбектин балдары мурунтан боло келген бийликтин ата мурастыгына, эл ичинде кыңк этилбеген сүрүнө, эски кадырына сыйынат. А «жети ата» көлтүгүнө, жакшы болуш керек эле болсо эл «ташын» бизге берет деп ишенет. Уездден келген пристав төрө муруту калкайып, эки колун артына ала кенен тайтайып эки жааттын ортосунда, өзү да салабаттуу киши экен, акыйкаттын заңкайган сөөлөтү окшоп көрүнөт журттун көзүнө. «Таш» таштамай башталган.

Эл акырын шыбырашканы эле бал аарынын уюгундай туңгуюк күүлдөп, калыс төрөнүн алдында бири дагы бейчеки сөз катпай, үн көтөрбөй, жакынырак турган, а түгүл кабагын да өз алдынча бүркөй албай ырсая күлгөн болуп, эки көзүн араң кыбыратып, тынч турушат. Ар бирине катыран тизме боюнча саналып берилген «ташы» колун ысытып, бу «ташын» бир жагына оодурса ошол жакка бак обо тургандай көңүлү мардемсиген, өзүнчө эле манчыркаган көп. Пристав төрөнү Ырыскулбектин балдары бир жагынан жандап, бир жагынан «жети атанын» «кандинлаты» Төрө да калышпай ыкташып алган.

Бир убакта таза ак камзол кийген, кабагы жаркылдап, жамы журтка саламдашып ырдап, ат бастырып келди Токтогул. Эл капыстан түбүнөн жаян жиреп чыккан көлдөй тереңден толкуй, түйшөлө калды. Илгертен элдпн четин кайтарган, жоонун бетин майтарган баатыр, элге карамдуу башчы, кысталышта жол көрсөткөн көсөмдөр боло келгени жөнүндө ырдады. Мына, орус мийзамы калыс болуп турган чакта баштагыдай залим манаптардын куу чеңгелинде жүрө бербей жамы журтка камкор адамды башчы көгөрүп алмак абзел экенин саласал кылдьь Эл улам дуулдап, ар кайдан маниге тен берген эл коштой үн чыга баштады. Эми Токтогул Ырыскулбектин Дыйканбайы баш болуп турган тобун тайманбай карап туруп. мукактанбай, такалбай шаңкылдап, булардын илгертен элге карамы жоктугун, кара жемсөө, кайрымсыз залим.

Болуп келишкеиин ашкере айтты. Улам арткы ырчынын сөзүн укмакка алдыга жыла айланага эл кулак тийише толуп кетти. Тилмеч акырын приставдын кулагына: «Тиги жаатты жамандап жатат...» деп, ырчынын ыранын маанисин айтты. Буркуйган пристав калкайган мурутун бир бүлк эттире: «Мейли, өз үгүтүн айтып жатса боло берет...» деп койду.

— Бали! Тайманбаган эр турбайбы Токтогул?! Бали, Ырыскулбектин балдарынын бетине ким чыккан?! дешип күүлдөй башташты элдин бир тарабы.

— Токтот! Улуган ит, токто-от! Көрөсүң, тилиңдин азабын тартып каласың!—деп, күрпүлдөп сөгүндү бир тараптан. Аны сайын оштонуп, аны сайын шерденип, ырдай берди Токтогул:

Акмат, Дыйкан — алдамчы,
Атакан, Минбай — жалганчы,
Эгемберди, Бактыяр —
эл жегенге жардамчы...

Ырыскулбектин беш каман
пейили бузук башкадан,
илгертеден бери жакка
жакшылык ишке баспаган...

Көрө албайсың бирөөнүн
жаңы кийим кийгенин,
топ аралап шартылдап
жакшы ат минип жүргөнүн —
нысабы жок туулган
көркоолугуң бул сенин...

Күндө жейсиң айыптап,
күлдө журттун баарысын,
жетим менен жесирдин
сурабадың арызын,
бириң калбай куу тырмак —
тукумуң кантип жарысын?!

«Токтогул» деп кекенсең
тонуму сыйрып аларсың,
тогуз айып саларсың,
үйүтүңү карматсаң
үй оокатым таларсың,
өлтүрсөң каным жаларсың —
андан эмне табарсың?!

Кутурасың кол курап
мурункудай чапмакка,
эми короодогу кой турмак
коргоол бербейт Жети Ата...
Жети Ата кылган ташпараң,
ташпараңга батпаган,
чаап, талап, кор кылып
букарадан айрылган
эси жарым беш жаман...

Эл дуу-дуу. Ырыскулбектин балдары эл алдында ып чынын кебине уугуп, абийири төгүлүп, бирок күлтүйгөй пристав төрөнүн сүрүнөн өтүнө алышпай кайсактап турушат.

Эл колундагы «ташын» «жети атага» көп таштап, үкөгү үймөлөнүп чыкты. «Бир атанын» үкөгү калың түп эле араң болгонсуду. Керимбайдын атасы Атакан шылкыйыр отуруп калды. Дыйканбай бир айла ойлоп таба албай жаткандай терс айланып басып турат. Керимбайдын көзү чакырайып, канталап, ирени көк боордой көгөрүп, ушул азыр Токтогулду өзү барып төбөгө чаап, аттан оодарыш таштагысы келип, ниети биротоло карайган. Бир убакта «жети ата» дуулдап: «Болду! Болду! Биздики болду Мөөрөй!» дешип, ачык кубана баштады.

Керимбай өзүндөй албуут жигиттери менен тоорулуп басып келе берди. Бир шойкон баштаарын сезген «жети атанын» желиккен азаматтары да үйрүлүп калышты. Баары унчукпайт, эки бүктөлгөн жоон булдурсун баарынын артына алган колдорунда карышып турат.

Пристав төрө үкөктөрдү жыйната турган болуп калды. Айласы кеткен Керимбай:

— Мына! Мына! — деп, эки үкөктү көңтөрө-көңтөрө тээп жиберди, ыйламсырай, күлө: — А-ал, таламай... талаама-ай...—деп, аралашып жатып калган «шайлоо ташын» кош чеңгелдей кочуштап алып, алактап өзү үкөгүнө кайра сала баштап калды. —А-ал... талама-ай...

— Эй?! Бу эмне?!

Карса-курса булдурсун шилтенип кетти, заматта эки жактан тен бет айрылды, бирок эч ким кыңэткен жок, эки жак тең качырып кирип дүпүйүп, сүрүшүп, «шайлоо таш» чачырап тебелендиде калып, бирөөнү бирөө бука челгендей башынан алыс ыргытып, бирөө бирөөнү төбегө чаап, эки жактан тең киши кыйрап, сулап жыгылды. Тарс! Тарс! Пристав өзү сүрдөөдөн качып, көккө мылтык атты: «Токто-от! Токтот!» деп, эки көзүнөн чаары чыга катуу кыйкырык салды. Тарс! Тарс! Уккан эч ким жок, өчүккөн эки жаат бири да онтобой, бири да четтебей карышкырдай алышып, былчылдашып жатты.

Эки жактан тең аксакал ортого түштү бир убакта. Бирин сөгүштү, бирин жемеге алышты, иши кылып, «апилет чыккан өрттү этек менен баскандай, Дыйканбай эл көзүнчө Керимбайга камчы тап кылып: «О! Болуш болмокчу болгон сендей болобу?! Чоң болмокчу болгон сендей болобу?!» деп, сөгүп, каарып, ошол жерде карап турган жалпы журттун көңүлүн жаяптап

жиберди. «О-о, кан дыйкан калыстык кылды, канткен менен!..» дешип калды көп эл.

«Шайлоо бузулду» деп жарыялады пристав төрө, Керимбайды солдаттарына ортого алдырып, уездге айдатып кетерин айтты. «О-о,— дешти ыраазы болгон эл,— адилет экен төрөң адилет экен!» Бирок, көп уванч[1] бөктөрүнө барып, «калыс Дыйкан» кечеги эл көзүнө өзү айыптаган Керимбай инисин суракка кириптер кылдырмак тургай «шайлоодо ташты көп алган» дедиртип, болуш шайлатып келди бир айдан соң. «Оо... акыйкатсыз турбайбы ал төрөң?!» деп, элдин аңы учту.

«Жети атанын» Төрөсү нечен ирет уездге арызданып барды, нечен сакалы бир кучак карылардан күбө жыйнап көрсөттү, бирок эчтемени далилдей алган жок. Кайра «томаяктардын шектүү башчысы» делинип, өзү такыкка алынып, «шайлоону бузууга аракет кылган» болуп эсептелинип, эскертүү алып кайтты.

Кайда акыйкат?..

Керимбай да өзү ар кандай ыплас иштен кайра тартпаган кара өзгө болуп чыкты. Баягы «шайлоо» убагында же өзүнөн четтеген, же карама-каршы болгон адамдарды ачык эле куугунтуктап, жай жайытын, жакшы атын тартып алып, жок шылтоо, жалаа жаап айыпка жыгып, кыябы эле келсе тепкилетип, өзүн колдогон уезд төрөлөрүнө таяна өз болуштугуна караштуу элди күнүгө аңдыды, жоосундай күнүгө талады. Ким кой дейт?!

Кайда акыйкат?..

V

Жер талаш, барымта, жетим акы, аялдын башын ачуу, кун сыяктуу илгертен эл ичинде боло жүрчү доолор ошол убакта дагы эле «датка» атагы өчүрүлбөгөн Курманжандын алдына келип бүтөрүлгөн кездери болчу. Буга падыша акимдери тарабынан атайын тагылган вазийфасы деде, укугу деле болбогон, бирок илгерки жосуну, өз аброю боюнча эле кетилип буга акимдер жолтоо да кылбайт, кайта муну «третейский суд» дешип, кандайдыр бир деңгээлде алардын элди башкаруусуна элдин өзүнүн ичинен чыккан көмөкчү сыяктуу эсептелчү. Адамгерчиликтин чийинине салып, шарияттын жоболоруна ылайыктап, дайыма тынчытуу, жараштыруу жагына ыктатып иш бүтөрүүгө аракет кылган калыс гана эле.

Жарым ай жол жүрүшүп, Төрөлөр кең Алайдын Гүлшаа аймагына келишти. Курманжандын айылы жаздоо конушунда отурган кези экен. Не жүйө сурашка, не батасын алмакка, не жөн эле салам айтып жүз көрүшүп коймокко келген эл көп. Баш өргөөдөн кыйла обочо жерге үйлөр тигилген, мал ошоякка союлуп, казан ошоякка асылып, келген мейман ошол үйлөргө күтүлөт экен. Төрөлөр да кезек күтүшүп ошол мейман үйлөрдүн биринде бир жумача тыныгып жатып калышты.

Бир күнү датка айымдын бир уулу Асанбек кабыл алуучу алейне өргөөгө баштап барды.

Өргөө жасалгалуу — улагадан төрүнө дейре талдырма ала кийиз, кызыл төрбөлжүн төшөлгөн, үстүнө шайы төшөктөр эки бүктөлө салынган, он эки канат керегесине сыйралай калы килем тартылган.

Көп өтпөй тышка бирөө басып келгендей шабырт угулуп, Асанбек леп тура өргөөнүн тоту куштун канатындай кооз түр салынган чий эшигин асте көтөрүп ачып калды. Үлбүрөп карыган кара чүйкө кемпир илдире басып үстулөрүнө киргенде баары дуу орундарынан тура калышты,

— Арыбагыла... арыбагыла, балдарым... —деп, бир сыйра сыдырып тиктеп, акырын салам айтты кары.

— Бар болуң...

— Бар болуң...

Чоочун сый кишилер эмеспи, бары адеп сакташып, аяр, сылык алик алышты. Таза, сыпаа кийинген, сакалдары таралуу эки ак сакал адам коштоп келишти. Эки аксакалы кошо, колтуктан асте сүйөтүп, кемпир төргө чыгып орун алды:

— Кана... орун алгыла балдарым...

Ушундан соң баары кайра отура башташты. Баары таң! Ыя, ирени суз, кабагын ойлуу

[1] У в а н ч – каражат, дүнүйө.

бырыш баскан, бул дүйнөдөн көңүлү калган сыяктуу мүңкүрөй карыган ушу алсыз кемпир «казып койгон ору жок, жайып койгон тору жок, куруп койгон дары жок, умай эне пенли кен, кабагында каары жок, жүрөгүндө заары жок» делинип, даңазасы жалпы журтка ырдалып тараган айтылуу Курманжанбы?! Жал-жал тиктеше отуруп калышты.

Асте сөз баштады Төрө:

— Биз, датка эне, тээ күңгөй тоолук болобуз. Сизге кол куушура азиз жүзүнүздү көрө кетели деп, датка эне, атайы келип калдык. Күүлү жүрөсүзбү, жарыктык?...

Курманжан унчукпай мүңкүрөп сөз тыңшап, акыры саал улутуна баш ийкегиледн:

|— Ыракмат, жаранларым, ыракмат. Мени эске алсаңар силерди теңир өзү эске алсын, теңир өзү калгасын, жаранларым... — деп ыраазылык айтты. — Шүгүр, күн көрүп жатабыз, эптеп теңирим көрсөткөн күндү көруп жатабыз, ушуга да каниет....

Төрө уруусун, тегин, ысмын айтып, отургандарды бир сыйра тааныштырып өттү. Күн сайын алдынан киши узүлбөнт эмеспн, баарын эле такыктап отура алмакпы, баарын эле эстеп жүрмөкпү, нары да өзү илдиреп карыган адам кийинки кездерде кишинин ким экенин көп сурамжылабай калган. Бу өз боюн сөөлөт бузбай тутунган, көк көгүчкөндөй кылайган сыпаа, үнү арбагандай жылуу, мунайым, кабагы жаркын Төрөгө баам салып, ичи ийиккендей баш ийкеп:

— Болсун... Болсун... — деп отурду Курманжан.

— Бу баланыз, датка эне, өнөрпоз. Теңирибиз чалкыган дил, ширин тил берип койгон ыроочу[1], датка эне...— деп, Токтогулду атайын өзгөчөлөй айтты.

Сары чийкил жүзү куба тартып, бу даңазалуу адамга жүзмө-жүз келгенге эмне дешин өзү биле албай, оозуна кирер сөзү өзүнө барксыз туюлуп, ой-кыялы түркүн түмөн алдастап, чукчуюп отурган Токтогул ичинен кынжылып: «Оппо-о Төкөм ай, коё турбайт да мактабай, бул элде ырчы көп өткөн, уят кылсам кантти мактаганын актабай?!» деп, жер тиктей майыша күлө бакты.

Курманжан назар салды.

Токтогул мелтирей, бир паста көз көрүнөө тунжураткан бир оор ой басып, акырын комузун күүлөй баштады. Эмне айтар экен? Төрөнүн жүрөгү эми опкоолжуп, эми камтама болуп, кудай бир жалгаса экен, уят болбосо экен деп кыпылдап тиледи көңүлү.

Ана, айтар ойдун учугун тапты белем, Токтогул эми бир жеңилдене улутунуп, өйдө эргий карап алды. Ырас, ал бирөөнү мактап тон кийгени, ат мингени жүрөбү?! Ыя, кең дүйнөнү куу алакандай тар кылган ач көздүк менен зорлуктан жапа көрүп, арыз айтып, акыйкат издеп, ат арытып тон тоздуруп жүрбөйбү?! Ичтен толкундап, ирени тамылжый өксүгү менен арман санаасын коштогон конур жумшак ыргактуу «Ырчы күү» кайрып, анан салмак менен үн кошуп жиберди:

Ыргай болуп атыбыз
буудан сурап келбедик...
торгой болуп өзүбүз
туугансырап келбедик...
Акыйкат кайда, ар кайда,
кембагал кайда, бар кайда?
Улуу тоонун учуна
ыроо чалып келебиз,
калын, журттун кыйрына
суроо салып келебиз...

Жер тиктей кулак төшөдү Курманжан.

Нары өкчөсө да, бери өкчөсө да колго оңой келимдүү майда манапчалыштардан көтөрүлгөн жаңы болуш, амин, бий падыша акимдеринен колдоо алышып, эми бир кездегидей туугандын көмөгүнө муктаж болуу жок, аларды эми кимден гана болбосун падышанын мылтыгы коргоп,

[1] Ы р о о ч у — ырчы, нускоочу, байыркы айтылган түрү.

бөтөн уруудан түгүл өз аталаш тууганын жалчы кылып жумшоо уят эмес болуп, акырында баягы бир уруу журттун малын жаяр жайытын, аштык айдар шүдүгерин[1] бай ээлеп, соода, сүткорлук күч алып караламан калайыкка эки колтуктан кыскан эзүү ашынып келе жаткан эмес беле?! Ошол кысымды, «өз элин жоодой аңдыган», «нан ордуна киши жеген», «букарадан тың чыкса мал ордуна кишендеген» кайрымсыз, акыйкатсыз билермандардын түркүмүн айыптап ырдады Токтогул.

Ким ыйлаган журт ыйын,
ким көздөгөн журт камын?
Телегейге бир тегиз
ким жүргүзгөн мыйзамын?
Иреже, жобо болсун деп,
ким билгеи пайгамбар, зааба кылганын?..

Бабалар кылган иш бекен,
баатырлар баскан из бекен?
Же болбосо акыйкат
туурдан качкан куш бекен,
шарданы бар, өзү жок
эңсесең кирер түш бекен?..

Ырчынын ар сөзүн, муңканган добушун, аны шыңгырап коштогон үч кыл комуздун мукам ыргагын тыңшап, жүзү мостоюп, көзүн сүзө ойго батып отурду Курманжан. Ырас, булар кара курсак тойгузуш үчүн жүрүшкөн эл эмес, заман түрүн алдына коюп, «не дейт, керээттин санаасын туюна кетели» деген эл. Чак түштө сыйпаланы таппай отурган акыйкатты жоктоп келип отурушат. Эмне дейт? «Тигине издеген акыйкатың!» деп, бирдеме менен тооткотобу, не «түбүндө жок болсо издеп, сурап, доолап пайдан тапмаксың?!» деп, жаакка чапкандай кылып түңүлтөбү, не дейт?! Нары үстүнө, билбегенинен сурамжылап отурабы бу зирек бала, мезгилге да, «журт энеси» атыккан ага да кинээ коюп, тап жылдырбай этектеп отурат. Ичтен улутунду Курманжан.

Токтогул:

Не жерден чыгып келеби,
не көктөн түшүп келеби,
кайсы жолун карайбыз,
качанга чыдап самайбыз,
не жалбарсак теңир береби,
кылактаган акыйкат
же талашып алар немеби?..

Өйдө карай берди Курманжан. Чап салчу ургаачы жолборс сүрлөнүп, саргылт көзү үйрүлүп, оозунан бирдеме кен чыкчудай өңдөнүп, кайра токтоду. А Токтогул тил кайрап, акылга акыл эгей, мукамга мукам жалгай, көзү көзгө такат кыла эргип, өрчүп, ырдап турду. Ошол жерде турмуштун оомал-төкмөлүн көп көргөн, көп каржалган, көп сынып, тузакка үч илинип бошонгон куштай айласыз аяр болуп калган кез менен азыр баралына келген, дүйнөнүн түбүн аңтарып, бу бири ак, бири кара, бири ашык, бири кем, бири жарык, бири түн болуп жаралган дүйнөгө ыраазы болбой акылашып маңдайлашып чыккан өрт кез бетме-бет келишти. Курманжан ойлой, болжой бу акыйкат деген нерсени ушул эле жерден олжолоп, канжыгасына байлана кетчүдөй дуулдаган азаматтын демине, дымагына тен коюп отурду.

Башка чөйрө, башка учур болсо башта жүз жолугуп, жүз угуп жүргөндөрү да бул ой маанисине чалкып ырчыны кубаттап, дуулдап жиберишмек. Бул даңазалуу адам эмне дейт?! Бири да чук этпей, былк эте көчүк копшобой дым болуп, отуруп калышты. Курманжан көпкө

[1] Шүдүгер — жыл сайын айдалып жүргөн жумшак жер.

тунжурап, не өкүнүчү, не чарасыздыгы, үнсүз башын ийкей отуруп, бир убакта:

— Жамандыкты амандык жеңет деген... — деди да, саал үшкүрө дагы тунжурап калды, бир убакта: — Бир Кудайдан тилемек ылазым... — деди акырын.

«Киши пешенеге жазылганын көрөт» деген ишенимден ашып түшө алмакпы?! Нары дагы өзү өкүмдарлыгына акрар болгон, адилеттигине ишенген ак пашасына каркшккан ой санаасына кайдан келсин?! Келген убакта да ачык айга алмакпы, айтканда эмне тапмакчы?! Мүңкүрөп отурду Курманжан.

«Эмне учүн бирөө бай, бирөө кедей?! Эмне үчүн бирөө чоң, бирөө анын алдында кор, эмне үчүн?!» деген кашка ой сүрөп жүргөн Токтогулга Курманжандын бул мүңкүрөшү биротоло басынганы, мунун деле колунда жок менен кор болгондун көксөгөн акыйкатына кайдигерлигц болуп туюлду. Буйтаган кудайга шылтайт! Алы жетпегең «а кудайчы!» Дили сына түштү Токтогулдун.

— Э-э, «акыйкат» дейсиң ыроочум,— деди Курманжан басмырт,— бу акыйкатың түшкүр же алмусактан бери эле изделип, эч убакта жаныңда турбаган, кысталган чакта сыйпаласаң колуңа кире бербеген бир кайып, бирак бирөөгө болбосо бирөөгө кабылып, бир заманда болбосо бир заманда табылып, кудайдын гана каалоосу сыяктуу ошен этсе да адам жолуна шам, дүйнөгө өзөк болуп келе жатканы анык...

Баары жамырап угуп отурушту.

Курманжан:

— Өз акысын, укугун, шыбагасын талашуу, адилетсиз бийлерге каяша кылган ой-санаа эч качан чеки эмес, жаранлар. Ырас, өзү келе бербеген, талашып алчу неме бу акыйкат. Бирок, чамаң калай, акылчың ким, жолбашчың ким, убакыт калай, шарт калай—ушул жактары эске алынмак ылазым. Мына, көптөн бери төмөнкү арык боюна Миң-Дөбө кыштагына бир эшен пайда болгон, ошол дагы өзүнчө «акыйкат издеп» жаткансыйт.

Бирин-бири алдыртан тиктешип, бир маани күтүшүп, кут этпей кулак түрүп калышты.

Курманжан акырын жөтөлүп кебин улады:

— Бул адам мусулмандарды орус акимиятына көз көрүнөө каршы үгүттөп жүрөт. Мындан бир коога чыкпай койбойт. Кан төгүлөт! Өзү, мейли, эшен деп эле коёлу, бир жактан ооп келген келгин. Кимди аяйт?! Баягы бир «мусулман заманы» дегенге азгырып, элди чапкынга айдап, максатына жетсе «калыйфа» болуп кеткиси келип жүргөн селсаяк. Ушул кезде мылтык түгүл белине узун бычагы жок элге мунун азгырыгына кириш — зыян, бөөдө чуу, бөөдө мүшкүл болот. «Акыйкат» деп, мылтыктын оозуна азиз жанды дирилдетип кептеп бериш — бул акыйкат эмес. Бул учурда жаранлар, жаакка чапса кынк этпей кайра бөркүңдү алып, төбөңдү тосуп бермек акыйкат дээр элем. Бул акыйкаттан үмүт үзүшпү? Жогуңар, жаранларбу жан сакташ, чыдаш. Акыйкатты күтүп алыш — акыйкат. А акыйкатсыз өкүмдүн өмүрү кыска эле болот...

Жүйө баарын муютту.

Ireңи ак куба, кара каш, жылтыраган кундуз муруттан, зыптай сыйда мүчө Касым сыпаа копшолуп:

— Ал эшенди көрүп келе жатабыз,— деп, акырын кепке аралашты. — Биздин элге да дуваналары ак уруп барышкан эле. «Казаны өзү кайнайт» деп, «дасторкон өзү жайнайт» деп, даңазасы таш жарып угулган. Ырас, жүз көрүштүк, ошол үйдө жаккан оту жок, же түтүн булар мору жок, бирак туюк кемегеде палоо дем жеп турган экен. Таң калдык. Мен «аттарды карап коёюн» деген болуп, тышка чыгып тамынын туш тарабын абайлап, андан сон этегирек кашат жакка бастым. Кичине, күйгөн май жыттангансыйт. Кашаттын түбүнө түшсөм бир жер төлөгө кабылдым, те төрүндө даулдап от күйүп жатат. Бир ийрейген, курмушудай кара сарт маал-маал эшик-төрдөй жердеги отко бир чеңгел чигит ыргытып коюп, отурган экен. Сарт көрбөй калды, мен акырын кайра баса бердим. Казаны ошол оттон кайнайт окшойт. Ушунусун байкадык, датка эне...

— Баамдуу бала турбайсыңбы, жарыгым, а түзүк,— деди Курманжан ireңи эми саал жылмая. — Казаны ошол эле оттон кайнайт! Мейли, казанын кандай кайнатса ошондой кайнатсын эле, бирак ал эшен ошол туюк кемегени көрсөтүп, элдин башын маң кылып,

азгырып, каншуу коогага дүүлүктүрүп жатат. Мейли, «сыйкырын» көрүп көкшүнүнөр сууптур. Эми, жаранлар, бул адамдын күйгүлтүгүнө аралашпай, балээни бөөдө башыңарга үйбөй кайра тартканыңар абзел...

«Ырас, ырас...», «кудай азгырыктан сактасын...», «Асыл акыл бердиңиз, датка эне...» дешип, баш ийкешип, астейдил кобурашып калышты.

Токтогул жука ак камзолунун оң жеңин чечип, билегип түрүнүп комузун жың-жың кага «Санат күү» мукамына толгоду. Бир укмуш уккулуктуу ыргак, куунак мукам зыңгыраган салмактуу, жай толкуган бай көлдөй кен, тереңден күңгүрөнө коңур жумшак башталды. Те не жүз, не миң жылдан келген азиз көкүрөк, мейрим, адамды түркүм капилеттен корчологон кам көрүү, алдын ала, жетектей, сүрөй акылман атанын «бу кара, бу ак», «бу жок дүйнөдө сен жоомарт бол», «бу тар дүйнөдө сен кен бол», «ноюба, бул азоо дүйнөнү сен ноктолоп мин» деген насыйкатын кайрый-кайрый, толгой-толгой кулакка сиңирген асыл санат. Бул эл кубанчын күү менен чыгарат, өлгөнүн дүү менен угузат. Күү, каймана накыл дилине мүрөк болуп, булардын ой-санаасын чалкытат, аруу кылат. Курманжан былк этпей мелтиреп, жер тиктеп отуруп укту.

— Ыр, күү — акыл өнөрү, чиркин. Кудай муну миңдин бирине берсе берет, бербесе жок. Жакшы ырдооң элдин даңкын көтөрөт. Кара кылды как жарган тике адилет сөздөн ар качан тайбоо, элдин жакшы салтын, аза. матын дастан кылмак бирден-бир парызы. Бирак, бир «аттиңи» бар... — деп, Курманжан өзү өкүнө баш ийкей кеп маанисин улады. — Кара кылды как жарган адилет сөздү айтуу өтө кыйын иш, аттиң ай. Күчү барга, мансабы барга, аларды жандай чапкан көр оокаттын көйүндөгү кошоматчыга жакпайт — былыгына тиет. Ошон үчүн душманы көп, ошон үчүн адилеттин жолу катаал...

Баары элтейип калышты. «Тарт тизгиниңди ушунчаңдай демекчиби?!

— Бу коркутуу эмес эскертүү, жараным. Эми кайыл бол, катуу багыт жолуңда жакшылык көрсөң көпбө, жамандык көрсөң ноюба...

Дуулдап, «ырас, ырас», «ак сөз» дешип, жеңилдене дулдап жибериштн үй ичи. А Токтогул нестейди. Ага баа, кыйыр айтылган насыйкат болду го?! Эки көзү чекчейип, кубана албай, кызыл чийик ireңи ак куба тарта, оозуна «ыракмат» деген кичине үзүр айтыш да кирбей нестейди. Чоң милдеттен жүрөксүдү Токтогул...

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Дүйүм кийе[1] дуулдап баралына келип, бир кылка баш алып, гүлкайыр чакчайып гүл ачып, эрте айдалган арпа сарала, күздүк буудай богок болуп, мемиреген бейпил, жылуу ааламда көккарга тыраалап учуп, жай саратан алды болуп калган убак.

Эшендин качан уктаганын эч ким билбейт. Бир теше жерди баскан дүпүйгөн калың кара жыгач дарактын ортосундагы кичинекей үжүрөсүнөн шам өчпөйт. Тандан кечке, кечтен таңга ак урулуп, зикир чалынып, «Йа, алла!» деген жапырт үндөн мемиреген ава как жарылып турат.

Ошол капилет күн жума эле.

Эшен:

— Сап эм са-ап[2]! Сап эм са-ап!.. — деп, муңканып үн салып, өтө көп чогулган мусулмандарды ыйык жума намазына сапка турушка өзү чакыра баштады. — Сап эм саап! Сап эм са-ап...

Эшен жашы кырктарга таянган, ireңи кара чүйкө, кыркма кара сакал, чукчуйган арык чырай киши экен. Эн алдыда, байыркы калыйпа имамдар сыяктуу көк селде оронгон, эки колун тең көккө сунуп, кудайга кулдук этишти ошол жердеги ар бир мусулмандан жалынып суранып тургандай жүзү өтө муңайым. Өтө жакын, эки дүйнөсү бир болжошкон деген калпалары жанында, жүз сап тартып, зыяратчы эл намазга тизилишти.

---

[1] К и й е — чөп, өсүмдүк.

[2] Сап артынан сап.

Ал күнү эшен намазды узун сүрөгө салып, өтө такыба, етө мунканган кыраатка салып окуду. Намаз аягына чыккан соң, ошол кыбыланы карай чөк түшкөн бойдон башын бир жагына кыңырайтып, эки көзүн үлдүрөй сүзгөн калыбында былк этпей отуруп калды. Үргүлөп кеткен эместир? Бир ажайып нышана көкүрөгүнө түшүп жаткансыйт үрөйү. Ким батынат турун кетишке?! Ошол тапта бал аарынын гана шарпасы угулуп, жамы журт чук этпей, баары бирдей катып калышкан.

Бир убакта, дагы эле көзүн ачпай, көңүлүнө түшкөн жайып нышанадан не сүйүнгөн, не сүрдөнгөн абалда демиге, отурган ордунда сүкүт тарта теңселе, көзүнүн кычыгына жаш кылгырып:

— Йа-а, алла-а... — деп, акырын күбүрөдү эшен. Ар демине, ар кыймылына көз салып отурушкан калпалар сөздү жабыла кайталап, коштоп кетишти.

— Йа, алла!..

— йа, алла!..

— Йа, алла!..

Өңкөй жука мала тон[1] кийген, боз ыштан, боз жегдечен, баштарына жупуну боз селде чалынган калпалар пиринин оозунан эмне чыкса ошону өтө ыйык санай зиркиреп кайталап ал сөз биринен бирине өтүп, баары тегиз чөк түшкөн элдин кыйрын аралап, эң акыры те алыста атчан тирелип турушкан элге жетип жатты.

Эшен:

— О-о, мусулман! Тур өйдө, көтөр көкүрөгүңдү, мусулман...

Бул чакырыкты кай бир калпа сөзмө-сөз түшүнүп, орундарынан тура баштап, аларды көрмөкчү башкалар өйдө болуп, чөк түшүп отурушкан көпчүлүк баары дуулдап, ордунан турушту.

Эшен:

— О-о, мусулман! Келди өйдө турар кезегиң. Булганган мазарыңды, тепселген арбагыңды коргоп алар мезгилиң туулду, о-о мусулман.

Эшендин эки көзү күчүркөнгөнүнөнбү, же каңырыгы түтөгөнүнөнбү кызарып, элирип көк тиктеп, кара сакады калч-калч этип, үнү каргылдана дирилдеп жатты:

— Газават![2] Газават Га-зава-ат...

«Ыя? Чын эле бир алладан нышаана болгон күнбү? Эми, ыя, дин мусулманга нөөмөт келгениби, йа алла?!» де, шип, эшендин оозунан чыккан сөзүнөн, бир түркүн үрпөйгөн үрөйүнөн, диркиреген үнүнөн тула бою дүркүрөп, жү. рөк болкулдап турган көпчүлүк.

— Газават! Газ-за-ават! Газ-за-а-ават!.. — деп, жабыла кыйкырышты калпалар. Андан нары көпчүлүк коштоп, дүңгүрөп, күн күркүрөгөн сыяктуу эң аягы те кырка тур. ган дөбөдөгү аттууларга барып, ового кош жаңырыктап турду:

— Газават!

— Газават!

— Газават!

Те четтен дөңдөгү атчан топтон бирөө камчылуу колун серелеп:

— О-о, азирети оулуям! — деди. —Газават деген уруш эмеспи, азирети оулуям?..

Бул суроо ээликкен көпчүлүктү бир паста дым кылды. Уруш болсо ким барат?! Уруш деген өлүшүү эмеспи?! Четтеги атчандын суроосу бирөөдөн бирөөгө өтүп, калпаларга барып, акыры эшенге жетти. Эшен мизбакпай, кайра өрөпкүп:

— И-йа, уруш, мусулманым. Каапырдын канын суудай төкмөк!—деп, жооп кылды. «Йа, алла! Йа, алла!» деп, калпалар зикир чалып, кубаттап көтөрүп кетишти.

Дагы бир атчан:

— Не менен төгүлмөкчү каапырдын каны, о-о азирети оулуям? — деди. —Кана кылыч?!

---

[1] М а л а т о н — жука боз чапан, көрүмсүз көөнө кийим кийип жүрүү бул дүйнөнүн убайынан кечүү, кудай жолуна түшкөндүн белгиси болгон.

[2] Газават — дин үчүн согуш, казат.

Кана мылтык?! Кана замбирек?!

Бул суроо көпчүлүктү аны сайын аңкайтты. «Ыя? Чын эле, кана курал?» деген күдүк ой ар кимди кылтылдатын жетелей баштады. А эшен буга да такалган жок:

— О-о, мусулман! Тонуңдун бир жеңин чеч да, сун каапырга карата — мылтык болуп атылат. Чокоюңду чеч да, сун каапырга карата — замбирек болуп атылат! Э-э, бир алланын кудурети бардан жок кылат, алланын каалоосу болсо колундагы мылгыгы менен кошо бүтүндөй каапыр коому жексен болот — бир ирмем; бир алланын кудурети жоктон бар кылат, алланын каалоосу болсо жениң мылтык, чокоюң замбирек болот — бир ирмем. О-о, мусулман, колуңдагы таянган таягыңа ишенбе, ал таякты сага атаа кылган кудуреттүү бир алланын өзүнө сыйын!.. — деди.

Кудайдын кудуретин ким жок дей алат?! Муну билген, «кудайдын кудурети каниги акыйкат» деп түшүнгөн калпалар: «Йа, алла! Йа, алла!» деп, эшендин ар бир сөзүн коштошуп, кай бири бышактап ыйлашып, карап турган көпчүлүк акырындап дуу-дуу болуп, бир түркүн туңгуюк көк иримдей толкуй баштады. «йа-а, алла, кудуретиңден айланайын!..» дешти кай бири калпалардын сүрдөөнүндө.

«Йе, алла, колумда куу таягым болбой туруп, көкжал бөрүнүн алдынан кантип торой чыгам?!.» деп, кай бирин купуя элтейтти.

— Газават!

— Газават!

— Газават!

Бул куу сүрөөн бирөөнү өрөпкүтүп, бирөөнүн сесин алды. Бир убакта үлбүрөгөн көк шайы туу көпчүлүк күтпөгөн кыяпта эшендин колуна пайда болду. Шадыбек калпа көз ирмемде эшендин аса таягынын учуна байлап:

— Йа-а, алла-а! йа-а, алла-а!.. — деп, өзү да токтоно албай бир өңгүрөп, бир бышактап, балбалактап ыйлап, көк шайыны ового булгалай баштады.

Газ-зават! — деди эшен катуу.

— Газават!! — деп, жабыла коштошту көзү ала чакмак көпчүлүк.

Жер дүңгүрөп турду,

— Би исм илла-а... — деп, кадам басты эшен. Калпалар дүпүрөп, ушундан нары бейишке чыкса да, дозокко түшсө да кайыл болушуп артынан катарлап басышты:

— Иа-а, алла-а...

Эшен, бир колунун бармагында курма теспе илинип жүрөт, эки колун көккө созгон бойдон, өрөпкүй эки көзү чакчайып, купуя бирдеме күбүрөнүп, маал-маал: «йа, алла...» деп, ал сөзү заматта көпчүлүктүн төрт кыйрына чарт тарап, дүңгүрөп, өзү көкүрөк кере жай калкамандап, кетип барат.

Эшендин соңунан көпчүлүк чоң кара жолго чыгышты.

Те кериде атчан кишилер камчылуу колдорун серелеп узатып тиктешип, туруп калышты, Бир кыйла атчан эл жолдун эки жагына каптап, ак урган калпалардын аягында катарлаш келе жатышты. Көбү эми «Газават!» дегең балбалак үнгө кошула алышпай, көбү чычайган сейрек мурутунун бир жагын тиштеп, камчы сабы менен ээр кашын тык-тык уруп, ойго батып, өзүлөрүнчө кобураша калышып, бир убакта ат тизгинин акырын жыя башташты. А калпалар аны сайын дүүлүгүшүп, эшенди замбилге отургузуп, дагы кардыккан ынлуу үн салышып, зикир чалышып, катуулап жол алышты. Ири алдыда көк шайы туу кылактайт. Күүлдөгөн көпчүлүктүн сели Анжнян тарапка агылды.

Топ атчан эми карап, жардап, дуваналардын зикири улам алыстап, бир убакта артына уюлгуй кайрылыи жүрүп кетишти. Бул тоолуктар түгүл кочурап ээрчиген жөө зыяратчы эл да улам суюлуп, бир-экилеп илең-салаң калып кала беришти. Жолмо-жол аңыз кылган эл, бала-бакыра бир кыштактан бир кыштакка ээрчип, сырттан караган кишиге «газаватчы» өтө көптөй көрүнүп, а аныгында өзүнүн өңкөй калпалары, өтө берилген зыяратчы болуп, баш-аягы беш жүз чамасындагы киши карааны менен Ийикчи эшен Анжиян шаарынын күн чыгыш четиндеги кыштакка жетти.

Күн кактап ысып турган. Чаң демди кысат. Тер шорголойт Калпалар ээликкен аны сайын,

оозунан ак көбүк, көздөрүнөн заар оту жылтылдайт. Кабарлууну өзүнө оп тартып, кабарсызды аңкайтып, зикир чалган, кудайдын атын чакырып айгайлаган көпчүлүк кымкуут.

Шаар четинде Ийикчи эшен көпчүлүктү кечки дигер намазына жыкты. Эң акырында бетке бата тартылар мезгилде экн колун көккө созуп, дагы эки көзү ала чакма-ктап, үнү калчылдап:

— О-о, тур, мусулман! Газ-зава-ат! Өлтүрсөң — газы! Өлсөң — шейит! Бу бир алланын бешенеге жазганы-ы, мусулман Газ-зава-ат! Алау акбар, ал-лау акба-ар!..— деп, кадимкидей өксөдү. — Йа-а, алла-а...

Ар сөзү, муңканган добушу көпчүлүктүн төрт кыйрына камышка тийген өрттөй шатырап тарады.

Ошол 1898-жылдын 2-июнуна оогон түнү Ийикчи эшендин калпалары, дуваналар, такыба зыяратчылар беш жүздөй болуп куралып, шаардагы аскер турагын кездөи келе бериштн. Шек берип кымырылышпайт, зиркилдел ак урушуп, кай бирөө уңкулдап ыйлап, ачык эле топурап келе жатышат. Күзөтчү солдат мүргүгөндөн ойгонуп, мылтыгын ийиндеп, беймарал нары-бери басып, шабыртты тыншап турду. Мындай зикир чалуу, топ-топ болуп ээрчишип, кудайга мунажат кылып ыйлашуу, таңды тосуу бу Анжиянда ага көнүмүш окуя болучу.

Бир убакта арт жагы шырт дей түшүп, бирдеме дубалдын кырынан далбак эте секирип, солдатты лап басып калды. Сол далысы ысый түшкөнүн бир билди солдат, Машаны тартып калышка араң үлгүрдү. Тарс!

Бүт аскер туругу заматта кымкуут түшүп, баары ак дамбалчан, көйнөкчөн жабыла куралга чуркашты. Сырттан «йа-а, алла-а!..» деп, жапырт бакырык салып, калпалар каптап кирди. «Тез! Тез!» деп, аскер офицери кыйкырат. Таңга жуукку чириген топурак жыттанган коңур аваңы как жарды ызычуу.

— Йа-а, алла-а!.. Карма-а!..

Жабыла мылтык атылып жооп болду. «А-а-а!..» деп, кулачтап жыгылды алдыңкы кишилер, алардын өлүгүн тепсеп, артынан эки колун арбайтып, дагы көл толкунундай түрүлө дүрдүгүп каптап чыкты. Дагы мылтык атылып тосту аларды. Дагы «а-а-а...», «и-и-и...» деп, ыйынып бүк түшүп жыгылышты куралсыз көпчүлүк. Жылуу кан, күйгөн кара дарынын жыты каңырсып кетти. Тажаалданган киши сели аскага урунгандай ийрилип токтой калды. Дагы бири:

— йа-а, алла-а!.. — деп, бир чокоюн колуна алып алган экен, кончун бет алдында буудайдын кылканындай ширелтип мылтык тосуп турган солдаттарды карай:

— Пуф!! — деп кыйыкырды, ал атканы экен, «пуф» деген өз оозунун желин өзү гана укту, жүрөгү селт этти, «эшендин замбиреги» атылбай койду. Көз ирмем болбой мылтык атылып, аны кошо бир топ калпаны ок калбыр кылып кетти.

«Кудай мага берип, жеңимден ок чыгып кетер?!» деген жылуу үмүт, ишеним азгырып, «эшендин замбиреги» атылбай койгонун көрө турушуп эле дагы каптай келген көпчүлүк боз чапандарынын бирден жеңин сунуп, көздөрү ала чакмактап, жабыла кыйкырып калышты:

— Пуф!

— Пуф!

— Пах!

— Пах!

Жок, кудай булардын бирине да бербеди, биринин жеңинен да ок чыкпай койду. Ошол көз алдыда бир шумДук икая болуп чокойдон, жеңден жер силкинтип от атыДып кетпеген соң эми эсине келгендей көпчүлүк бир селт этишип, бир четинен дыр коюп жалт беришти. Кокуй! Эми «өлтүрүп газы болмок» үчүн эмес, бүлкүлдөп жалаңач бойдон кароолго илинип калган гана жан айласын көздөшүп, «Йа-а, алла-а...» деп, бет-бетинен алдастап калышты. Өлүмдөн качып келе жатканда ким токтото алмакчы?!

Шаар жымырап уйкуда эмеспи, демейде кишинин кулагы тийишкен ийри-буйру тар көчөлөр аңгырап бош. Жаң учурда да оңойлук менен чоочунга эшик ачпайт шаар эли. Бу шойкоңдуу түнү тыштагы ызычууну угуп жатып, ким кара башын балээге кириптер кылгысы келсин?! Бир мусулман да эшигин ачпай, жалыиганга үн бербей, баш катарга калка таппай көпчүлүк ээн көчө тарта куду тооктой бапырап, куугун алдына түшүп калышты. Согончоктоп, бирде мылтык тарс этип, бирде кылыч шарт этип, элирген аттын омуроосу көмөлөтө коюп,

сулатып өтүп баратты. Тарс! Шарт! Тарс! Шарт!

Эшен шаардын четине бир бай адамдын кең короосуна токтогон эле. «Кошунун» ошол жерден бата берип жөнөткөн. Илгерки халиф имамдары сыяктуу «дин таратмак», «каапырларга ыйык газават кылмак» көксөөсүн ырдаган эски диний китептердин рухуна өзү да сугарылып, мурид[1] болуп кол берген калпаларын да чылап, ошол тапта «акыр кыяматта мусулмандын ыйманын сактамак үчүн жер алдынан кайра чыгып келетурган имам Мади болмок» мудаасы бар адам болучу. Кантип көн чокойдон ок атылсын? Ал аны деле билет! Бирок, бул баёо калктын ишенимине, көптүгүнө салып, эптеп, Анжиян аскер туругун басып алышты тымызын көздөгөн. Күзөтчү мылтык атышка үлгүрө албай калганда жабылган көпчүлүк бейпил уйкуда жаткан бир батальон аскерди «бөрү тартыш» кылып кетишмек. Мунун даңазасы дуу болмок, аскер куралы толук колго тийген соң эшен андан нары катуу шардан жүрүш улантмак. Эшен кулак түрүп, кыйкырык-чуу, тарсылдап атылганды угуп, тыякта калпалары кыйратып жаткандай бир өрөпкүп, бир калчылдап, чыдамы кетип:

— йа-а, алла-а! Йа-а, алла-а! — деп, үстөмдүктү кудайдан тилеп, зиркиреп үн салып, а жан жөкөрлөрү көтөрө чалып, баары тик тура дуулдап коштоп турушкан.

Бир убакта короонун тышына ат дүбүртү келди:

— Мына сага, бусурман! — деген кыжырлуу чоочун үн угулду, үнгө аралаш бирдеме шарт деп, бирөө онтоп жыгылгандай болду. Эшен элтейди. Ат дүбүртү коюулзнып келатты улам.

— Азиретим,— деп биринчи кооп санады Шадыбек калпа,— айланайын азиретим, о дүйнөлүк башбаанегим ай, каапыр кирип келди окшойт?..

Бу качуу зарыл деген сөз эмеспи?! Бирок эшен өзүнүн сыйкырынан дагы эле үмүт кылып, башканы да үмүттөндүрүп, ордунан былк этпей баарын сабылтып, жипсиз байлап тура берди.

«Мына!» Тарс! «Күрс! Мына сага кол салыш!»

Кимдир бирөө:

— Уа-а!.. — деп бакырып, же ок тийди, же кылыч тийди, сууга чөгүп бараткандай аптыгып жыгылгандай болду.

Бул короодо эшен бар экенин көпчүлүк билет. Эми жан аргасын издеген бирөөлөр каптап кирип келиши ыктымал. «Өлүп шейит болмок» эсинен чыгып, эшен калчылдап шашып, тиги калпалары алдына тарта берген замбилге шып чыгып, бөгүп калды. Ийиндеп, короонун арт жагындагы эшиктен чыгышып, калпалар буйгалата логлошо жүрүп кетишти.

Кыйкырып, чырылдата үстөкө-босток ышкырып, кылыч булгалап, күүлөнө чаап, куугунчу атчан солдат келатты. Ал эмнеден чоочунмак?! Тиги белинде коон союп жей турган кестигинен башка эчтемеси жок кишилер бапырап качкан тоодак, а ал удургуп тийген ылачын болучу. Бир адам кышылдап демигип, аягы чалыштап, төбөсүнө кандуу кылыч тик турганда эки колу менен башын калкалап, алдастап буйтап, бир убакта кутулбасына көзү жетти белем, баягыдай колун жыйрый жеңин суна «пуф» деш жок, туюкка камалган бөрү окшоп мелтейе куугунчу солдаттын тизгинине асыла кетти. Куугунчу кериле кылыч шилтеди. Ийин талаша чала тийип калды. Тиги бир онтоп жиберип, аны сайын өчөшкөндөй кандуу кылычты кылоонан кармап, бир колу менен куугунчунун жакасына жетип, ошол учурда эсинен тайып, кетти окшойт, шалдырап, бирок колу карышып калган экен, чыкпай бир топ сүйрөлүп барып, куугунчуну ат үстүнөн ала жыгылды. Куугунчу солдат өңү өчкөн, тура калып, өлүктүн колун жанасынан булкулап ажыратап, анан өчүгө бырчылдатып кылычтады да, күңкүлдөп, сөгүнүп, атка минди кайра.

Тарс! Тарс! Туш тарапка качкан кишилерди чилдей кууп атып, жеткенин кызылдай кылычка алып, сая түшкөн бир рота атчан солдат эми төбөсү көрүнгөн бир да адам таппай, аттары кара тер, өзүлөрү көздөрү кан көксөй жайнап, көкүрөктүн өчү, колдун кыбасы канып, бир өңгө ар жактан чогулуп токтошту.

Үйүрлүү бөрү тийген көп койду ким көргөн? Куду ошондой боо түшүп, ар жерде бирден томурайып, көчөмө-көчө, жолмо-жол, адырма-адыр адам өлүгү кыйрап жатып кала берди. Өлүмү бетме-бет келген адамдын апкаарыган үнү, дүбүрт, кайыган октун чаңырыгы жер жуткандай тып басылды. Башы кара буту айры түгүл кош канаттуу парандеси да корголоп,

[1] М у р и д — бирөөнүн диний окуусун жолдоочу окуучу, шакирт.

жортмологон маглугу бекинип калган белем, теребел бир укмуш жымжырт. Жылуу кан, күйгөн дары, аттын тери гана оводо бурулдап турат.

Улам бирине ок тийип, улам бири чарчап жыгылып, Ийикчи эшендин жан нөкөр калпаларынан Шадыбек калпа гана калды. Шадыбек калпа теги Көк-Арттык, өтө алибеттүү, жайкалган чоң кара сакалдуу адам эле. Анын алп күчүн бул дүйнөнүн лаззатинен кечкен дувананын көөнө боз чапаны көздөн далда кылып жүргөн. Калпа карап турбай «о дүйнөлүк башбаанеги» азирет пирин жаш балача аркалап көтөрүп, артын карабай төөчө логлоп чуркап, камыштан камышка, шактан шакка далдаланып өтүп отуруп, ат дүбүртүнөн, кубулап чаңырып ташка тийген тажаал октон буйтап, бака гана өтө ала турган көк балчык сормо саздан өтүп, из жашырып кетти.

— Йа, алла,—деди Ийикчи эшен акырын күбүрөй,— сактаарыңы бул түгүл дозок отунан да сактайсың, кудуретиңден айланайын, мунуңа да шүгур...

Шадыбек калпа коштой алган жок, шалдайып, чалкасынан түшүп, оозуна келме да келе албай демигил жатып калган.

Кечке утур кезде эшенди байтүп камыштын арасына катып коюп, өзү сенделген календер кейпи менен жол боюна чыкты Шадыбек калпа. Бүт ою тига дүйнөсүнүн кепилин алган азирет пирин куткарып кетиш. Кокус, алдынан кас жолукса анын ордуна жан кыйышка кайыл. Бир убакта тыкыр-тыкыр бастырып, бир атчан адам жүктүү эшек айдап, келе берди. Карайып караан гана көрүнөт. Шоола шаңына салып тиктеп, артында эч ким жок экенин билген соң Шадыбек калпа алдынан утурлай чыкты:

— Ой, пендем, мусулмансыңбы? — деп сурады акырын. Жолоочу бир кур нестейе ат тизгинин жыя берип, көнүмүш адат эмеспи, мындай собол болуп калса айтылар келме, шатырата айтып жиберди. Шадыбек калпа өз бир тууганын көргөндөй токтоно албай ый аралаш зикир чалды:

— Йа, алла!.. Йа, алла!..

Тиги жолоочу да коштоп зикир чалып коюу мусулманчылык вазийфасын өтөп, анан:

— Йе, беймаал кайда жүрөсүз, азизим? — деп, камтама болду.

Калпа сырын айткан жок. Өзүнөн башка да өтө ыйык адам сыркоолоп жатканын айтып, аны тоого ала кетүү жагын жалынып өтүндү. «Макул» деген жоопту угар замат кайра камыштын арасына ликилдеп жүгүрүп түштү, Эшен баятан алардын сүйлөшкөнүн угуп турган. Камыштын арасынан:

— Йа-а, алла... кудуретиңден айланайын, мунуңа да шүгүр... — деп, күбүрөп, өзү чыга келди. Шадыбек калпа эшен менен кийим алмаштырды. Бул «эшен деп мени кармасын каапыр жолукса, а азиретим байкалбай кутулуп кетсин» дегени. Муну сезген эшен кыйыктанмакпы?!

Эшенди кошуп берип жатып:

— Өй, дин мусулман баласы,— деп катуу эскертти жолоочуга Шадыбек калпа,— ушул адамдын башына сенин күнөөң менен бир тал кылы жерге түшөт экен, угуп кой, мен сени тааныйм, жердин жети катар түбүнөн табам сени!

— Йе, кам санабасаң, азизим, кам санабасаң,—деди жолоочу астейдил.

Жолоочу «мусапырды» атка мингизип, жүктүү эшегине өзү минди. Шадыбек калпа:

— О-омийи-ин!.. — деп, эки колун караңгы көккө жайып, балбалактап ыйлап, жолго бата берди. — Жолуңар шыдыр, жолдошуңар Хызыр болсун! Өлбөсөк азирети Аюб тоосунан, өлсөк о дүйнөдө таңгы машхүрдөн көрүшөбүз, о-о айланайын азиретим!..

Эки жолоочу тездеп жүрүп кетишти.

Шадыбек калпа эми көңүлү тынгандай болуп, эми өз алдынча бери баса бергенде бир топ атчан арт жактан чыга түштү. Шадыбек калпа жол алдына бой урду, камыштын арасына кире калып, жылчыктан жолду кайра карап, кобурга кулак төшөй калды. Тиги тор аттын дүбүртүн ага угузбай жүрөгү туйлап дүкүлдөйт. Эң алдында бир сарала чапан киши, калганы бешөө, бүт көк кытандай зыңкыйган орус аскери экен. «Жер куйга эле түшүп кетпесе, жер үстүндө эле болсо табылат...» деди харала чапанчан. Тил билгени: «Таба-абыз!» деп койду. «Э-э, куугун турбайбы?..» деп, Шадыбек калпанын үрөйү учту. «Биртке эле ыкчамдашса артынан жете барышат ко? О-о, жараткан, даргөйүндө сактай көр, о-о, жаратка-ан!,.» деп, айласы куруп, бир

паста калчылдап кетти тула бою.

Бир эскадрон аскер ошол эле күнү Миң-Дөбөгө аттанган. Мухаммад-Али эшен теги тажик, өзү пакта ийритип, мата, бөз токуткан бай адам эле. Ошон үчүн тоолук эл арасында «ийикчи эшен», шаар эли арасында «дукчң эшен» атанып, маалим болгон, кийинки мезгилде аны пцр тутунуп, кол берген мусулман көбөйүп, аны сайын байманасы ташып, ал бекер дүнүйөнү бечара менен карыпка онду-солду аябай чачып, аны сайын кадыры артып кеткен. Аскер эшендин жайын тополоң-тоз кылып, катуу тинтип, «өзү кайнаган казандарын» оодарып, батпай жаткан өлү мүлкү, малы казына эсебине таланды. Эшен жок, кыйраган миң кишинин арасынан өлүгү да табылган жок. Не жерге кирип, не асманга учуп кетмекпи?! Тезинен туштарапка кетчү жолдорду тостуруп, кыштакма-кыштак издетип, атайын куугун чыгарылган. Булар ошолордун бул тарапка суроо салып келе жаткан бир отряды болучу.

Отряд кыйгай өтө берди. Шадыбек калпа эмне кыларын билбей, жүрөгү туйлагандан туйлап, тула бою калчылдап кетти. Унчукпай отура берсе, мына, өз башы соо калат. Үн берсе өзү тутулат, о дүйнөсү үчүн кол берген азирет пири узап кетет, кутулат. Пиринин башына балээ түшкөнү турганын билип, а камыштын арасына катып өз кара башын куткарса бул мусулманчылыкка жатпай калат, пирдин кузуру урат, о дүйнөдө чымындай жапы чыркырап дозок отуна күйөт, азирети пири ошол убакта жардамга колун сунбай жүзүн үйрүп кетет. Эмине айла кылмакчы, каран күн ай?! Эң акыры аны түбөлүк күйөр дозок азабы коркутту. Өзөгү болкулдап:

— Йа-а, алла-а... — деп, озондоп, өз арман ыйын өксөп, зикир чалып жиберди. — Йа, алла! Йа, алла!

Те алыстап калган отряд элейип токтой калды. Шадыбек калпа жолго чыга калып, аларга атайы көрүнүп, бирок байкамаксан, буркулдап зикир улантты. Сарала чапанчан жол баштоочу:

— Тигине! — деп, бери баштап ат койду. Беш солдат артынан опоңдой чабышты. Ушуну эле күткөн Шадыбек калпа камыш арасына жалт берип, бой урду. Тарс!

— Токто!

Ок кыйылдап жандап өттү. Камыш шатырап, Шадыбек калпа ар байтүп камыштын түбүнөн бир көрүнүп анда-санда үнү ар жерден бир угулуп, алаксытып качты.

— Тигине! Ошол! Эшен өзү экен, көк селделүү экен!— деди сарала чапанчан.

— Кутула алба-айт эми!.. — деп ызырынды тил билген солдат.

Камыш былтыркы куукамышы теңме-тең, өтө коюу ичи кара баткак болучу. Куугунчулар камыштын туш-тарабыкап тосуп, аттан түшүшүп, камышты аралап, сыдырып тинтип кириштн. Кол кайтарса, албетте, кысталышта жаза атышка мажбур болушат, дегиси эшенди тирүү кармоого буйрук берилген.

Көк селде кылак этип бир көрүндү.

— Тигине! Быяктан!.. — деп, тосо чуркады ошол баштоочу.

Көздөн кайра кайым болду Шадыбек калпа, үнү уча качкан күкүк сыяктуу дагы башка бурчтан угулду. Ошол жакка катарлап кириштн куугунчулар аларды таасын көрүп жүргөн, эми башка жакка кымырыла буйтап жөнөдү Шадыбек калпа:

— Йа-а, алла-а...

Кеч күүгүм, көз байлана баштап келе жатты. Эмне кылуу керек? Куугунчулардын башы маң болуп, токтоло калышты. Караңгы кирип кетсе таптырмакпы?!

— Ө-өрт! — деди жол баштоочу. — Сыйкыры болсо куш болуп учуп кетсинчи?! Ө-өрт!..

— йакши! — деди отряд башчысы.

Эски кагы теңме-тең, быйылкы жаңысы сеңселип, сарала болуп, аралаш шыгырап ыргалып турган калың камыш. Туш тарабынан бирпаста өрт шатырап, куу камыш жалбырттап, көк талы куйкаланып, ийилип түшө баштады. Шадыбек калпа улам бир жагынан кыскан өрттөн улам бир жагына алдас ура бой таштап, көк түтүн өпкөсүнө кнрип, көзүнөн жаш кетип «Ыя? Он жылы дааратына суу куюп, адал кызмат кылдым эле го?! Каеримден жазып калдым экен ай, азирет пириме?!» деген ой келип, ушул жаман кезин да пирдин каарына болжоп, эмизикир чалгаиы бакырыкка айланды. Муну угуп, өрт артынан өңүп, келе жаткан куугунга ал отко күйүп жаткандай сезилди.

Бир убакта өрт биртке жерде гана жылтылдап, азайып өчө баштады. Кап ортосунда үй ордундай көлмөдө, канткен менен жан айласы кылган экен, белчесинен сууга батып, кыбыланы карай эки колун көккө сунган бойдон кудайга мунажат кылып турган адам кейпин көрүштү. Кийимин өрт чалган, эки көзү эле акыйып агарат, ирени капкара көө болгон.

«Бирдеме де» дегендей ишарат кылды отряд башчысы сарала чапанчан жол баштоочуга. Жол баштоочу кыстала түштү, ал бир убакта артына сапка туруп, намаз окуган имамына бирдеме дешке кудайдан коркту белем.

—Эй,— деди чала тил билген отряд башчысы өзү,— Колго түштү сен! Багын, а то, атып таштайбыз!

Шадыбек калпа былк эткен жок, кыңк эткен жок, ошол тапта анын көз алдына кырдан ашып, бул жердең алыстап, аман кутулуп бараткан азирет пири элестең пенде эмес, кудай өзу да унута албай турган бир мусулманчылык өтөгөнүн өзү билип, көңүлү жайланып, эми баарына кайыл болуп калган.

Бир балээ кылып, же бычак менен уруп жибербесиң капилеттен?! Солдаттар азоону кармарда жоошуткан өң. дуу акырын тегеректеп басып келишти. Шап кармап алышты. Шадыбек калпа былк эткен жок, кыңк эткең жок, нары тартса нары, бери тартса бери болуп, шалдайып туруп гана берди. Эки солдат эки колтугунан алып, темтеңдетип сүйрөп, кара жолдун боюна алып жөнөштү. «Кийими го ошол, а үрөйү башка! Ыя не икая болуп кетти?..» деп, күдүк ой басып, артынан келди жол баштаган сарала чапан мусулман. «Кудайдын каалоосу болуп, ыя, ушул түскө кубулуп алганбы эшен? Өзү көккө учуп, бу кебетени таштап салганбы алаксытканга, ыя?..» дейт бир ою. «Эшен ушул» деп, баятан бери төрөлөрдү ушунча көц убарага салып, эми эмне дейт? «Жаңылыпмын» дейби?! Бул жаңылганы үчүн ага бир гана ок зарп болуп калат ко?

Элтейгенинен шексип:

— Ну, йакшы караса сен, бу эшен? — деп сурады отряд башчысы.

Жол баштоочу аргасыз көзүн ымдалап, дудуктанып калды.

— Ну?

— Мен!—деп, чаңырып жиберди Шадыбек калпа, эки көзү чакчайып куйкаланган сакалы сербейип, — Ме-ен!!

Жол баштоочу селт дей түштү. Көзүн эки колу менен басып, ошол тапта бир эшендин үрөйү, бир Шадыбек калпанын үрөнү көз алдына алмашылып тартылып, терс айлана берди.

II

Кут жактан салкын шапатасы жортмолосо те күнжүрүш Анжиян тарабынан тири жанга жагым жылуу илеп каптап, кен Арым өзгөчө бир жымыраган мээлүүн. Тулаңы макмалдай, төшү арча, сайы кайың, жыбыттарына канча мал кирсе да көптүгү сезилбей, күзгө денре чөбүнүн чети оюлбай жыңжып жаткан кеңирсиген жайлоо. Аба бал, шыралжын аңкый буруксуйт.

Он үйлүү сарттардын бай дегени бир үйүр жылкы беш-алты бодо, жүздөй увак жандык малдуу. Калган бүт эле бирин-экин саан уй, бирден мингичке аран жетимиш күн көргөн жарды. Токтогулдун байлыгы — оозун ачса төгүлгөн ыры, күүсү, Ырыскулбектин дымактуу балдарынын бетине акыйкат айтып чыккан кайраты, ушундан улам жалпы журт баалаган баркы гана.

Те көк торгун жайыкта кырка конгон боз үйлөр, араларында нары-бери чуркашып, чуулдап балдар ойноп, Токтогулдун үйүнүн эшигинде шырдак үстүндө салынган курак төшөккө чөк түшүшүп, он чакты айыл кишилери күнөстөшүп, кымызга карк болуп отурушкан.

Ошол учурда те этектен куушуп чабышкан көп атчан көрүнүп калды. «Йе, бул кайсы балдар бөөдө ит чуулдатып чабышкан?!» деп, отургандардын бири кабак үйрө колун серелеп карай берди.

— И, бери чабышты го?..

Токтогул чыканактап отурган ордунан былк эткен жок. «Баягы Ырыскулбектин тентектеринен, көп болсо...» деп, кабагы терс айлана калды.

Тарс! Чуулдап, тийгей жоодой куюлуп, имериле чабышып, айылды үйрүй келишти. Тарс! Токтогул ордунан атып тура калды:

— Йе, арасында солдат жүрөт ко?! — деп, ирени кумсарып, шаша түштү заматта. — Ыя?!..

Ойдологон карагер жорго кара тер. Керимбай болуш арттан топ жара келип, бир ууртун тарта мазактап тиктеди:

— И-и?.. Дагы эмне кутум иш ойлонуп отурган элеңер. Ыя?!

Токтогул:

— Эмне болуп кетти, болуш?! Мынча солдат ээрчитип, эми чаап кетейин деп келгенсиң го?!

Керимбай мыкыры күлгөн болду:

— Эми мен чаппайм. Эми силерди орус өзү чабат! Кылгылыкты кылып коюп, анан дагы билмексен болуп, касиеттүү Арымдын төрүндө гана жатасың э?! Дагы сурап койгонун кантесиң «эмне болуп кетти» деп?! Эми мен баягыдай акыйлашып отурбайм, милдетим ушул — байлатып берем оруска! — Камчысы менен Токтогулду көрсөтө берди: — Карма! Мына ушуну биринчи карма!

— Эй, эй Керимбай, сөзгө кел... — деди Токтогул — эмне болуп кетти?..

— Бөөшсүң а?! Ийикчи эшенге кошулуп, деги эле укук талашкан болуп, эй, азирети акпашага кол көтөргөндү да билесиң?! О-о, айланайын кудай, ушу дубананы колума тийгиздиң а?! Байла колун артына карыштыра!

Өз жигиттери жабыла, солдаттар кошулуп, дароо Токтогулдун эки колун артына бурап калышты. Кагын-калач чуулдап, балдар эси чыга ыйлап, айыл ичи бирпаста тополоң түшүп кетти. Бир абышка эмне кыларын билбей:

— Ыя?.. Йе, кокуй... бул эмне?.. Ыя?.. — деп карбаластады. — Ыя, айланайын болуш, эшениң Анжиянда жаңжал кылса, ыя, бу Арымдын төрүндө жаткан кишини не кармайт?..

— Ой! Болуш! — деп кайраттуу Бурма Керимбайдың тизишине жабышты. — Кой бөөдө жалааңды, болуш! Эми катарга кошулуп отурат бул эл...

Керимбай көзүн чакырайта тиктеп, оозун кыйшайта тиштенип, жаман сөз менен сөгө тургандай түспөлдөнө:

— Тур нары-ы! — деди кабагын үйрүй. — Тынч жүр дебейсиңби балаңды-ы? Ыя?! Тур нары-ы! — деп, жоргонун тнзгинин кагып жиберди. Курч жорго шарт тегеренип, а кайраттуу Бурма коё бербей кошо чимирилип кетти. Керимбай ызырына камчы үйрүп калды.

— Эй! Керимбай! Чаппа-а! — деди тыяктан Токтогул. — Эй, атаң арам болсо да энеден туулгансың, Керимбай!

Керимбай өз атын моюнга чаап жиберди. Курч жорго кош аяктап тура кала жалт бере секирип, Бурманын колу тизгинден чыгып, кулачтап жыгылып кетти.

Тотуя келип, колтугунан сүйөдү. Беш жашар Топчубай бир атасына, бир чоң энесине чуркап, эки ортодо чырылдап калды.

Токтогулду атка таңып, шашылыш алып жөнөштү. Эки жактагы коңшу айылдардан чууга кишилер чаап келишип калышкан. Окуяны көрүшүп:

— Ой... Ой... Бул эмне?.. — дешип дүүлүгө башташты:

Көк кытандай ак кийимчен солдаттар мылтык кезешти:

— Нары!

«Тим кой! Катылса экен, катылса экен... Чабышып кетсе экен...» деп, ичинен кымылдап, эгер чатак чыгып кете турган болсо, орустун бири биртке эле түрткү жеп калса бул томаяк «жети атанын» айылын арпадай күбө чаптырарын көксөп турду Керимбай.

Ак пашанын солдатына кайсы жанынан тойгон катылат?! Солдаттар Токтогулду ортого алышып, тездеп дүрдүгө жөнөп калышты. Эл дуулдап ээрчиди:

— Ой, бери бастыр!

— Бул эмне чуу?..

— Уккан жоксуңбу, кокуй? Токтогулду кармап баратышат...

— Ие, кудай, күнөөсү эмне экен?..

Эл дуу-дуу. Жөөсү жөө, атчаны атчан, дүргүп келатышты:

— Жүргүлө, баралы биз дагы, айталы, акыйкаты болуп калар, о каран күн ай...

Ким бирөө тизгин жыйды тымызын:

— Ай, ким билет?! Тегин жерден өрт чыкпайт дечү эле, ай ким билет?! Атаны кокуй ай, ак болсо бөөдө кетет ко?! Кудайдан тилейли акыйкатын, биз барганда куткарып ала алат белек, куткарса кутулат...

«Токтогул ырчы кармалыптыр дейт...» «Төрө кармалыптыр дейт...» «Сары Устаны кармаптыр дейт...» Ар кайдан ар түркүн чуулдап кабар болуп, эки кулак серейип, эл арасы капилет дүүлүгүп кетти.

Керимбай атасынын бир тууганы Дыйканбайдын үйүцө келип түштү. Тополоң болуп жатканын уккан экен, кабагын үйрүп, «муну мага мурда не айтпадың» дегенди туйдуруп, бушутуп отурду Дыйканбай.

— Келишке кол тийбей... — деди акырын Керимбай, ушуну менен актанып, ушуну менен болуп жаткан окуя өтө маанилүү нерсе экенин аста сездирип калды.

— Сен элге болушсуң, эл менён кишисиң... — деп, алдын ала уяткара кеп баштады «каранын каны» атанган агасы, жамы Ырыскулбектин балдарынын билерманы. — Ыя, өз элиңди жоодой чаап, эртең кайда бармаксың какарагым?.. Төрүң менен улагаң бир болуп күн көргөн элге жаман көрүнүп, кайда барып жашайсың? Качанга дейре коруйт, коргойт орус төрөлөр өз элиңден?! Ыя, кошо кетесиңби наиб төрө менен?!

Бул катуу зекүү болду. Керимбай мустарап, эки ийни түшүп, локуюп отуруп калды.

— Байке,— деди Керимбай өзүн чыйралта,— Ийикчи эшендин коогасына катнашы болгон кишилерди каттап, кар.мап берүү жайында катыраң буйрук болгон. Кимди аяйбыз? — Үнү катаалданып кетти. — «Жети ата» болуп уюшуп, бак талашкан томаяктарды аяйбызбы?! «Беш арам» атыктырган кишилерди неге аяп отурат экенбиз?! Дыйканбай башын чайкады:

— Не болгон менен, не деген менен, бул эл өз элиң. Ийикчи эшенге барса барып, көрсө көрүп келишкен чыгар. Бирок, тополоңуна катышкан бирөө болгон жок эле го?..

— Куп болду! Ошо көрүп келген эле жетиштүү болот!

— Мунуң жакшы иш болбойт, Керимбайым..

Бул «кой, ушунчаңда кайра тарт» деген кеңеши болучу. Бирок, Керимбай күлтүйүп унчукпай көгүнө таянды. Ийикчи эшенге бир каттап койгон эле шыбышы бар кишилерди «козголоңго катышып, анан качып келип, бекинип жүрөт» деп, капкачан эле Керимбай болуш тизмелек берип, өзү күбөгө өтүп, биротоло кайра тарта албас болуп калган болучу.

— Чын болсо жакшы болмок, мейли эле, «өз күнөөсүн өзү тартты» болуп кете беришмек, кудайдын да кинээси болмок эмес. Жаңжал үстүндө болушпаган соң катышпаганы ошол. Кыргыздын доосу кырк жылда! Бүгүң мүңкүрөп отуруп калышканы менен эртең эле айтылат, «Жалаа жаап айдаткан» делинет, укумдан-тукумга сөз калат. Ырыскулбектин балдарынын бетине кыяматка кете турган кара тамга басылат. Дайым эле келкелиң болуп турмакпы, кеткет келген күнү тукумубуз корлугун тартып калат мунун...

Керимбай көзү мекчейип, эрини бек кымтылып, унчукпай отура берди. «Йе-е, ат түгүндөй көп орус турганда бу төрт кыргызымдын доосу неге өтмек экен?!» деп, текебер ойлонуп, өз оюн өзү бекемдеп отурду. «Бужакшычыкмаларын жок кылсам кырк эмес, сексен жылында менин тукумумдун алдынан чыга доо айтып, атын тизгиндей турганы чыкпай кала-ар!..» деди. Анын дилин кабагынан сезди окшоду, Дыйканбай сөз жаңырткан жок. Керимбай бир пияла кымыз ооз тийип, күңкүлдөй кеңүлсүз «кош...» деп, үйдөн чыгып кетти.

Кармалган кишилер Ак-Чий коргонуна камалган. Төрт бурчун, дарбазасын солдаттар катыран күзөтүп турушат,. Тааныш, тамыр-сөөк кадырлаш тууган эл ««өрүп калалы» дешип, убай-чубай келе берип, айлана толуп, коргонду курчап, өгүзгөн, атчан, этегин кайра кыстанган жөө түнү бою кетишкен жок.

— Токтогу-ул... — дейт улам бири,— барсынбы, айланайын?..

— Бармы-ын...

— Кайрат кыл, айланайын! Эр жигиттин башына нелер келип нелер кетпейт, кайрат кыл. Акыйкаты табылып калар, айланайы-ын...

— Ыракмат, элим! Жакшы сөз жанга кубат, жакшы сөзүңөргө ыракмат! — дейт коргон

ичинен Токтогулдун ноюлбаган үнү.

— Нары! — деп, солдат эки жакка тең мылтык кезент. — На-ры-ы!

— Айланайын, төрө... мына бу биртке даамды берип коё аласыңбы, айланайын төрө?..

А солдат «төрө» түшүнбөйт, эки көзүн чакырайты сунган колун мылтык менен кагат:

— Нары кет! Жого-ол!

Эрте менен коргон эшигине төрөлөр өтө албан тик турган элдин кулагы тийишип калган болучу.

Анжиян арасы алыс, те Талас чегинде жайлоодо жатхан Токтогулдарды кармаш Олуя-Ата уездинин төрөсү Нестеровго тапшырылган болучу:

— Ну, болуш Керимбай,— деди тилмеч аркылуу Нестеров төрө,— биз жолго чыгабыз, бул топураган элден бөлүнүп кеткенге дейре жигит коштотосуз, бул милдетиниз, болуш Керимбай.

— Коркпосун айтчы, — деди Керимбай тилмечке,— биздин жигиттер те Анжияндын өзүнө жеткиче кайтарыңшп барат, айтчы мен керт башым менен жообун берейин бир балакет болсо. Бир селсаяк дувана жүрөгүн түшүрүп койгон окшойт булардын?! Өзүм кошо барам.

Тотуя менен Топчубайды алып, түнү бою тынбай жөө жол басып, Бурма да келген.

— Э-э, кагылайын жалгызым.. Э-э, кагылайын каралдым... Кудайга койдум, көр душман... Эми кандай бир арга кыламын... Өхү-ү..."— деп, эчкирип ыйлап, илдиреп, ар кимди бир карап, ушул тапта уулун куткарар актын периштеси көктөн капилет түшүп келе тургандай дагы эле үмүтү үзүлбөй, ушунча калдайган калың журт кантип эле уулун көз көрүнөө айдатып кала берерине ишенбей, ботосун жоктогон боз каймал сыяктуу буулдап, көзүнөн жашы он тала болуп, сай-сөөгү зыркырап, бир жерде тура албай ар кимдин көзүн бир карап алдастап турду.

— Жол! Жол бер! Тур нары! — деп, курч атын жулкунта обдулуп, алдынан кезиккенге оңду-солду камчы үйрүй чыкты Керимбай болуштун жасоол жигити.

— Э-э... алып чыгат экен... — деп, күбүр-шыбыр желдей учту. Баары кетенчиктеп, ортодо жол ачып, эл эки кылка дубал болуп калышты.

Эң алдында жалаң кылычтарын бийик кармаган эки солдат, атчан. Эки тарабынан да солдаттар коштогон. Биринин артынан бири чубай беш-алты араба коргондун оозунан чыга баштады.

— Төрө!..

— Токтогул!..

— Сары Уста!..

Эл чуу тура дуулдап кетти:

— О-о, айланайын азаматтар ай!.,

— О кокуй ай, бул эмне болуп кетти башына мынчалык жалаң кылыч кармагыдай?!

Туткундардын колдору аркаларына карыштыра байланган, аяктарында жынжыр шылдырттайт. Экиден арабага байланып коюлган.

— Каралды-ым.. — деп, көгала чачы жайылып, Токто, гулга кулачтап бой урду Бурма.

— Нары-ы! — Солдат аттын омуросу менен тосту. Чаап ташта-айм!

— Коё бер,— деди акырын Нестеров төрө,— мейли коштошуп алсын, энеси турбайбы.

Бурма озондоп, буркурап, уулун кучактай жыгылды, Токтогул эки колтугунан сүйөй калышка колу байлануу, токтой калып, өзү да мууну бошогонсуп, үнү каргылданып:

— Апа... айланайын апакем... азамат өстүргөн акыл кайратың канакен?! — деди.

Эч сөзгө келе албай солуктап ыйлады Бурма. Токтогул өзү кайрат айтып, өзү да тиштене дили чыйралып, энесине эңилип, муңканып жиберди:

Кайрат кыл, апа, боздобой,
кайгымды кайра козгобой...
Эзилип буттүң күйүткө
эңгиреп жашың токтобой,
эсиңе келсең болбойбу
эсенимде жоктобой?!.
Башыма түштү көрөрмүн,

бир ажал жетсе өлөрмүн...
Өксөбө, апа, өксөбө,
өлбөсөм барып келермин...

Токтогулдун үнүн уккан эл туш тараптан моюн созуп; кулак төшөп, атчаны теминип, жөөсү жөөлөп, туткундарды жылчыксыз ороп, оргуштаган сел болуп, бака-шака болун, кошо агылды.

— Токтогу-ул! Кош, аман бол, кагылайын карааныкда-ан... — деп, арт жактан кимдир бирөө өксөп жиберди.

Токтогул арабага чыгып, туш тарабына кылкылдаган элге сыдыра карай берди.

— Айда-а! — деди соп камчылуу солдат, арабалар кыйчылдап жыла баштады. Керимбайдын жанагы жулунган жанжигити дагы темине келип, жарым күлө, жарым ызырына:

— Айда-а!—деп, Токтогулду камчылап-камчылап жиберди.

Эй, бул эмне?! Эл дүргүп, бир топ атчан бирдей каптап келип, аксымды тизгиндеп, ортого алып калышты. Чатак чыгып кете тургандай. Тарсылдап мылтык атылДй асманга. Ээликкен атчан эл мылтык үнүн да уккандай болушпай, жалтактабай, кайра ызырыныша аксымдын атын да, өзун да кызыл камчыга алышып, четке сүруп чыгарып кетишти:

— Сага эмне жок?! Сен эмне мынча күйүгөсуң, ыя?! Жуг-гунду кор! Жуг-гундуңду жөн ич сен... Урса орус уруп алсын, а сага эмне жок, кыз-зыталак?! Ыя?!.

Тыяктан Керимбайдын көзү олоюп чыкты:

— Эмне карап турасыңар? — деп, башка жигиттерине бакырды. Кымкуут боло түшуп, эки жактан тең кишилер ызырына теминип калышты. Төрө араба үстүнөн:

— О, тууган эл! — деп үн салды кайраттуу. —Кой, асте кыл, тууган эл! Бу Керимбай чатак эле чыгаргысы келип турат. Кой, чатакты, тууган эл, силер баскыла, атайы баскыла, тууган эл! Жалаа үстүнө жалаа болуп кетпесин! Кимди аяганы турат Ырыскулбектин балдары?!

Эл дуулдап, ар ким өзүнчө сөгүнүп, ээликкен кншилер ат тизгинин тартып, токтоло калышты.

Дыйканбай:

— Көрдүнбү,— деди Керимбайга акырын,— эл сенин кебиңди эмес Токтогулдун ырына, Төрөнүн астесине кулак тутуп жатат ко, элди еен башкарбай айдалып бараткан Токтогул менен Төрө башкарып турат ко?! — деди кейий. — Эми оногу өзүң тукурган итиңди өзүң «кет» де, өзүң ур, элге биротоло жек көрүнүп каласың антпесең, болушум.... — деди да терс айланып, кабагын үйрүп бастырып кетти.

Керимбай темине келип, жасоол жигитин камчы менен башка-башка салды. Эч сөз айтпай, тиштенип, тиги Төрө менен Токтогулга болгон өчүн ушундан чыгаргансып. Жигитин качса болбой, корунса болбой, жалынса болбой камчылады. Эч ким арачага түшпөдү. Керимбай өзү күйүгүп, өзү токтоп, анан ат тизгинин бура тартып кетти. «Ырас кылды кызыталакты!» дешип, ошол жерде Керимбайга кай бирөөлөрдүн көңүлү жибип калды. Эл толкуну басаңдай түштү.

Токтогул:

Кош, аман бол, элим ай,
кеңирсиген кенен жай
көк мелжиген жерим ай,
ойноп-күлгөн теңим ай!
Теңдик жоктон бөксөрдү
толкундаган демим ай,
кор боло турган окшоду
карк алтындай кебим ай,
жаралып калган жан белек
зулумдардын жемине ай?!

Эл тунган суудай мелтиреп, шырп эткен шоокум чыкпай дымып, арман күү тыңшагандай өзөк сыздап укту бир убакта акырын үшкүрүп, акырын өзүнчө бышылда, тымызын ыйлаган

сезилди. «О атаңдын көрү, карөзгөй Керимбай ай, бул эмне кылганың?!» деген кейиш, туугаң. дын өктөсү, кечншпей турган өчү ар кимдин көңүлүндө тымызын. Бир дагы бирөө ачык айта албады, баарын акпашанын кабагы үйрүлгөн кылыч-мылтыкчан солдаттарынын айбаты мүңкүрөтүп турду. Эне эмеспи, эчтеме ийменте албай, Бурма гана уясына жылан кирген алсыз боз чымчыктай чырылдаган үнү басылбайт.

Кыйкырып, айбат кылып, айдоочулар шаштырып, бирок шыкалган көп элдин ортосунан бөлүнө чыгып кете албай, арабалар акырын кыйчылдап, ат-улоо илкип, жөө эл самсыды. Токтогул зар кагып баратты. Дуу болуп, кайгысын кошо тартышып, ыйын кошо ыйлашып коштогои элннин кадыры аны сайын артылып, те айланта соккон ак коргон ата журту, туулган жери көзүнө аны сайын ысык, кыйбас болуп көрүнүп, эми ушул эки ыйыгынан бөөдө ажырап, кандайдыр барар жагы тунгуюк, кайра келери күмөн, «айрылат» дегендин каабы өзгөчө сезилип, энеден көз көрүнөө бөлүнгөн наристедей майышып, аргасыз тула бою болкулдады. Эл арасынан акырын үңүлдөгөн ый угулду. Эне ыйы, ботосунан айрылган боз каймалдын эчтеме жубатпай турган тилсиз, түпсүз муңу! Токтогулдун жүрөгүн катуу сыдырып калды. Кандай айла бар?! Чуркап барып, балача колуна көтөрүп алып, «айланайын апаке ай... ыйлабачы, мына мен..» демек, айла жок, колу артына байланган, бутуна жынжыр салынган, жалаң кылыч алдында айдалып баратат... Майышып, бирок көзүнө жаш албай келаткан Токтогул те мүңкүрөй улам артта улам үнү кобурга тебеленип калып жаткан эненин караанын, абалын дили менен көрүп, эт-жүрөгү эзилип, көзүнөн жашын бир ирет токтото албай калды. Өз да көрбөсүн! жат да көрбөсүн! Сынды дебейби?! Таба кылбанбы?! Токтогул аарчырга колу бош эмес көк асманды тиктеп, улам атайы өзүн өзү кайрап, улам комуз кылындай чыйралтып, көз жашын тымызын кургатты.

Түпсүз көк, улу тоо башында ак түрмөк булут үйүлгөн, туткундун уч-кыйрысыз көздөн учкан тагдыры окшоп, те эми кол да, ой да жетпей алыстан үлбүрөйт. Бир жагында кызыл буурул Нарын бир укмуш күүлдөйт. Ушул улу тоо, ак булут бийигин самап, ушуга умтулуп ушуга не жетип не жетпей, ушул улуу дайрага чайынып, жүзүн да, дилин тазартып, улуу дайранын күүндөй көңүл сел шарланып, бууракандап эргип, актын, акыйкаттын чегине карай тайманбай кулач бура өскөн. Улу тоо чыкса жыкпай турган, улуу дайра кечсе агызбай турган, кайра акылына дем, канына кубат гана кошо турган бири орошон ата, бири мээрман эне эмес беле?!

Улуу дайра бир укмуш күүлдөйт, үстү миң бөлүнө быжырап, кайнап, окторула агат.

* * *

«Баары балээ «бизде да эс бар», «биз да адамбыз» деп кергичтеген томаяктардан! Эл ичи, мына, аларды көрүп, жети атасы бирөөгө өйдө караи көрбөгөн немелер каяшага өтүп, бузула баштабадыбы?! Кармап, кандай күнөө жабышка болот? Тили узун — азирети ак пашага ак кызмат кылган азаматтарды чагып, эл алдында жаман атты кылып жатпайбы?!»

Дүңкүйүп ой экчеп отурат Керимбай.

«Бизди кадырлагылары келишпейт экен — мейли. Йе, ошо ыштаны жоктордун эле кадырлаганына курсагы ачып отурган бекен Керимбайдын?! Ыя?! «Ээсин сыйласаң итине сөөк са-ал» деген. Демек, бизди кадырлабаган — азирети ак пашаиы кадырлабаган! Мына, күнөө деген эле ушул эмеспи?..»

Аны сайын кыжыры келет.

«Акыйкат» сурап эле калбай «тополонго» аралашышат! Немене?! «Ак пашага душман», «мамлекетке кыл. ммш кылган» делингенге «сиз, биз» деп отуруш керекпи— кыйкырып кууп кармай бермей, коргошун өрүм чоң камчы менен баштарын жарып, белин бүктөп, колун кайрып сындырып, дырылдатып сүйрөп келе бермей акимдердин алдына! Биртке катуу кетсең — ал кечиримдүү, күнөө болбойт!»

Ош, Анжиян, Маргалан, Наманган, Кокон уезддеринен жергилик болуштар жеке өзүнүн керт башына карама каршы адамдарды, букара элден тың чыккандарды, зорлукка каяша кылгандарды «тополоңго катнашкан», «азирети ак пашага жаман онлуу» деп каралап, тизмелеп,

эл ичинен терип кармап беришкен. Ким аралжы түшмөкчү?! Күндө катыраң сурак.

«Биртке болсо да жара пайда болдубу, аны чок басын күйдүрүп салуу керек, антпесе ал жерден кан кетет!» дейт суракчы өзүнчө. Бул коркунучтуу ишти абдан казып, «кылмышкерлерди» мүмкүн болушунча көбүрөөк таап, катуу жазага тартып, урматы улук, генерел-губернатордун гана эмес, азирети өкүмдардын өзүнүн назарына илинерин ойлойт.

Тергөөчүнү «козголоңго катышкан эмеспиз», «билбедик», «көргөн жок элек» деген жооп ыраазы кылбайт. Кайрадан кайра сурак жаңыртып, «тигил айтты го», «бул айтты го» деп кыстап, чаташтырып, кай бир тон моюндарды чала жан кыла урдуруп, кайра эс алдырып, кайра суралтап, «күнөөгө далил» табуу аракетин кылат. «Жо, төрөм, ал айтса сиздин алдынызда да, кудай алдында да жалганы үчүн өзү жооп берет, мен көргөн эмес элем, төрөм...» дейт көбү.

Тергөөчүнү таң калтырган Шадыбек калпа. Эки көзү чакчайып, бирок бирдемени кадалып тиктебей, эсинен ажырап калган сыяктуу калчылдап, суроо боло электе эле: «Мен! Мен эшен! Ме-ен!..» дейт. Баягы өзү качырган боюнча о дүйнөлүк пири кутулуп кетсин, артынан издөө түшпөсүн дейт окшойт оюнда. А иникчи эшен ошондон көп өтпөй эле Азирети-Аюб булагына жүз чайып, кудайга мунажат кылып отурган жеринен бирөө таанып калып, кармалып келген. Бир күнү тергөөчү экөбүн беттештирип көрдү. «Мени» — деди Шадыбек калпа дагы калчылдап, «Сиз эмне дейсиз?» деди тергөөчү эшенге. Эшен көзүн сүзө унчукпай отуруп, бир убакта: «Мен эмне демекчимин?!. Өзү билет да, «мен» десе, «ушу» десе, «башка» десе өз ыктыяры...» деп койду. «Ме-ен!..» деди Шадыбек калпа. «Каапыр тааныбай, өлүмдөн калсын азиретим...» деди дили. «Ме-ен!!» Тергөөчү астейдил күлдү да, «жарым эс дувананы» кайра айдатып жиберди.

Башка туткунду алып келишти.

«Бул кишини көргөнсүзбү, эшен?»

Ийикчи эшен туткунду бир тиктеп алды. Кол-аягы кишенделген, бастек бойлуу, ирең сары чийкил, биртке жээрде сакал-муруту чертилбеген, жүдөө. Дагы көпкө тукжурап отуруп, бир убакта:

«Кудай "билет,— деди эшен,— көрдүм деп убалына кала албайм, көрбөдүм деп калп да айта албайм, кудай билет бул пенденин ким экенин, менин алдыма көп эле мусулман келип кетишкен, кайсынысы экенин эсиме тута албапмын, бир кудай өзү билет...»

«Тухтакул, Сатулган углу?..»

Токтогул торго түшкөн элкин тоонун шумкар кушу сыяктуу уйпаланып кыйла томсоро түшкөн, эрини бозоруп, көзү мундуу, ойлуу. «Мен...» деди акырын.

«Бул кишини тааныйсыз а?»

Токтогул башын ийкеди.

«Сөз менен жооп бериңиз»

«Тааныйбыз. Миң-Дөбөдөгү Ийикчи эшен».

«Козголоңуна катышкансыз а?»

«Жок, суракчым, козголоңуна катнашкан эмеспиз! Бир жолу барып көргөн элек. Болгону ошол...»

«Эмне үчүн барып көргөнсүз?»

«Караманча зорлуктан күйүп, акыйкат издеп жүргөн кезде барып көргөн элек...»

«Кандай «зорлук?» Кандай «акыйкат?»

«Биздин Керимбай сыяктуу болуштар каралай көз букара журтту кууратып жиберген, суракчы улугум, кулак тут! Букара карөзгөй болуштарды акыйкатка такаса, аны ак паша өзү коргойт экен, биз ошол коргоочусу ак пашаны акыйкатка кысмактай турган бир адилет кубат издеген элек...»

«Ошол адилет ушул эшен болгонбу?»

«Биле албайм...»

«Сиз азирети ак пашаны акыйкатсыз деп эсептейт экенсиз го?» ‘

«Ошондой...»

«Кафырды көргүм келбейт...» деген бир аз гана калпалардан башка элдин көбү «ак пашага каршы эмеспиз», көбү «билбеген киши уу ичет, байкабай аралашып калып» дешип, тайсалдап

жатышкан. Ушунча чуу, ушунча шардан кылынып тескөө жүргүзүлүп жаткан соң бегке бечкеч кыла турган «моюнга алуу», «буйтай албай турган далил» керек эмеспи?! Бу Токтогулдун кашкөй жообу тергөөчүнү тымызын кубанткандай болду. Тилмеч «бул элдин сырын өтө жакшы билет» деген баягы Карасакалдын «бурадары» болучу, тергөөчүнүн дитин сезип: «Эшен, албетте, эн башкы күнөөкөр,— деп, кыңырылып коштоду,— бирок, бу тикиреңдеп акыйкатташып отурган өтө кооптуу адам, менимче. Не дегенде, эшен биртке муриддеринен башкага анча деле таасири жок, бир фанатик, а бу ырчы, мунун сөзүн бүткүл эл тыңдайт, демек эшенден миң эсе кооптуу душман. Ошон үчүн,— деп кеңеш берди акырында,— тополоңго катнашы болбосо койсун, муну эми колдон чыгарбоо керек ко...»

Топуратып, атайы көп эл суракка кириптер кылынып, айдан айга созулуп, тергөө улантылды. Төрө, Токтогул, Сары Уста үчөбүнүн үстүнөн «козголоңго катнашкан, азирети ак пашаны жыга чапмачкы болушуп, булар токойдон келтек копшоп, даярлык кылышкан, өз көзүм менен көргөм, керт башымды сайып күбө өтөм» деп, Керимбай ыйманын ачык сатып жатты.

* * *

Өзүң кылган иш — өз башыңа муш! Ийикчи эшен өзү тарта берсе болбойбу өз кеперетин?! Коога үстүндө болбогон соң башка кишилер неге кармалат?! Жо, бул иш ортодогу куйту, шумдардын чаташтырып жатканы.

Мына ушул күдүк ой тынчытпай, генерал-губернатор төрөнүн өзү менен оозмо-ооз сүйлөшмөкчү болуп, Фаргана өрөөнүнүн бир четинен бир четине өтүп, Аңгирен ашуусун ашып, Курманжан алыскы Ташкенге барды.

Генерал-губернатор тез эле кабылдады. Леп тура, жылуу жүз менен, кызмат көрсөтүүгө даяр ийкемде:

— Келиңиз, жарыктык,—деп, кубанычта болгондой тосуп алды. Кемпирди чыканагынан аста сүйөй коштоп, төрдөгү өз столунун оң жагындагы жумшак креслого отургузду.

Жер тиктеген куштай кыңырая кулак төшөп, ооздоң чыкканын биринен бирине шыпылдатып которуп өткөрүп, ортодо тилмеч болду.

— Жакшы жүрөсүзбү, жарыктык?

— Кудайга шүгүр, төрөм, азирети императордун көлөкөсүндө, анын амандыгын кудуреттен тилеп, күн өткөрүп турабыз, төрөм.

Бул кемпир бөлөк боор элден болгонуна карабай өз убагында Россия ипмериясына көрсөткөн кызматы үчүн бийлөөчү Романов авладине[1] катталган киши. Кызмат абалы, укугу канчалык жогору болсо да, генерал-губернатор азиретинин туушкандарына «жарыктык» деп урмат көрсөтүлчү сөздөн жаңылбай, өзгөчө көңүл бөлө, ызат кыла отурду. Эки жак биртке жөнжай сурашкан соң барон Вревский жымыя «бу өлөрү гана калган карыган кемпирди эмне кыжаалат айдап жүргөнүн» ичтен ойлонуп, кызыга тиктеп, сөз чыгарын күтүп калды.

— Менин келгеним, урматы улук төрөм,— деп, акырын сүйлөп, сабыркап сөз баштады Курманжан.

— Кулагым сизде, жарыктык...

— Эсиңизде бар бекен, урматы улук төрөм, мен өткөн жылы Сизге бир кат жолдогон элем...

— Эсимде, эсимде.

Эки жакты тең бирдей муңайым аваз менен которуп отурду тилмеч.

Эшенге үйралыштырбай Токтогулдарды өткөн жылы эле элине кайтарып жиберген соң Курманжан атайы Ташкенге ушул барон Вревскийдин өзүнө жашырын кат жолдогон болучу.

«*Урматы улук күбүрнадыр барон Вревский төрө!*

Ушби кат кабар улук азирети Ак Пашабыздын астейдил букарасы Курманжан датка айымдан деп билгейсиз. Бул кат кабарды Сизге колмо-кол тапшыруучу биздин өз перзентибиз Алым-бек датка углу Асан-бекдур.

---

[1] А в л а д — түкүм, урук, үй-бүлө, династия.

Өз букаралык парзыбыды өтөп, Сизге алдын-ала кабарлап коёр ишибиз ушул ки, урматы улук кубүрнадыр төрө, биздин вилаятта бир эшен пайда болгон, өз ысмы Мухамед-Али, өрмөк ишин кесип кылган бай болгону үчүн буердеги эл аны «ийикчи эшен», «дукчи эшен» дешет. Бул адам көз көрүнөө орус акимиятына каршы үгүт кылып жүрөт. Биз, биздин балдар, биздин эл бул адамдын калпыс аракетине кошулбайбыз. Эртеңки күндө бир коога чыгып кетиши ыктымалдур. Буга бир чара кылмак, бир тыйым салмак заруратлыгын Сиздин азадил көңүлүңүзгө салмакчыбыз.

Курманжан датка айым.»

Бир убакта бийлиги бар кезинде оголган эски мөөрүн баскан эле. Тилин алган кишилерге, таасири өткөн элге эшендин үгүтүнөн оолак болмок, жок дегенде аксактын акырына карап, окуянын акыры эмне менен бүтөрүн көрмөк деркерлигин маслахат кылган. Ырас, эми ал маслахат гана бере алат, кадыр гана салып суранат, кулак тутканы кулак тутат, кулак тутпаганы өз билгенин кылат, эл ичинде Курманжан азыр сыпаа «байбиче» делинет. Кокус анын бирдемеге тили өтүп калса, ал чын эле не кокустук, не илгертен келе жаткан керт башынын гана кадырынан болуп калган. Көз алдында дагы өз элинин тагдыры таразага түшкөн бул окуя болуп жаткан кезде Курманжан байбиче не чыдап, не «өзүм жебеген эт бороку болсун» деп таба ойлоп отура албай дагы бир, эми эң акыркы ирет чыгар, аралжы түшүүгө бел байлап келип турганы болучу.

Барон Вревский:

— Сиздин катыңыз өтө маанилүү документ, өтө ишенимдүү күбө. Сиз алдын ала жазгандай «бир коога» чыгарын чыкты. Катуу жаза колдонула беришине Сиздин катыңыз бизге эми закүндүү укук болуп отурат.

Курманжан:

— Жо, урматы улук төрөм, мен жазалоого укук болсун деген жок элем, мен ушундай өкүнүч болор окуяны болтурбай алдын алып, азирети ак пашабыздын бечара букараларын бөөдө коогадан сактоо, өлкөсүн тынч, ынтымакта күтүүнү кам көргөн элем.

Генерал-губернатор сөздү жыра тартпай, кунт коюп угуп отурду.

Курманжан:

— Калыстык болсун, урматы улук төрөм, калыстык болсун. Жамы каралай көз калың журт иргелбей жаза тартып калбасын. Менин сурарым, талабым калыстык...

Барон Вревский:

— Жарыктык, бекерге кыйналасыз, жарыктык. Эмне кыласыз, жарыктык, азирети императордун өкүмдарлыгына каршы козголоң көтөрүп отурган элге арачачы болуп?! Жүз жыл эстеринен чыкпай турган кылабыз, көрүп турасыз. Сизге, жарыктык, жел тийбейт. Өкүмдардын ыракымы болуп жатат. Сибирге айдалган балдарыңыз бошоту. луп берилди. Дагы эмне керек Сизге, жарыктык?!

Курманжан:

— Колу менен кылган балдарым мойну менен тартты, ал жайында доо бүткөн. Кеп бүгүн болуп жаткан адилетсиз мамиледе болуп турат, урматы улук төрөм. Макул, каршыккан калпалардын иши, бирак, бир гана солдат набыт болуптур, бир солдаттын ордуна миңдеген пенде чилдей кырылып ташталды го?! Ушул деле урматы улук төрөнүн кыбасын кандыргыдай жаза болду го?! Эми, «катнашкан» деп, карандай жалаа кылып, эл арасынан мыкты балдарын терип, атайы бөөдө азапка кириптер кылынса жүз жыл эмес мин жыл, бул элдин тукуму үзүлүп кеткенге дейре эсинен чыкпайт, түбөлүккө орус акимиятына дили каршыккан бойдон кала берет. Бул, урматы улугум, эки журттун ортосуна Сиз жаккан от болот, азирети ак пашага кызмат эмес, түбү кастыгыңыз болот...

Эми генерал-губернатор кабагы бүркөлүп, кейигендей башын ийкей отуруп, өз жүйөсүн айтты:

— Өнүккөн бир элдин катуу кармаганы, керек болсо катуу жазалап койгону өнүкпөгөн бир тайпа үчүн атасы акылсыз баласын башкарып койгондой эле нерсе, ал ошол же жабайы, же жарым жабайы элдин өзүнө пайдалуу—жол көрөт. Ушул тапта дүйнөдө ушундай жоболор бар,

жарыктык. «Калыстык» дейсиз, ал эмне, колго кармала турган бирдемеби?! Өз мүнөзүнүн тоңдугунун кесепетинен азирети ак пашанын кең өкүмдарлыгын баалай албаган, бааламак тургай катылган, мейли жарым солдат өлсүн, ар кандай кастык, шоктук, байкабастык катуу сокку алышы керек, эсине келсин, эртең кайра катылбай турган болсун. Мына ушул калыстык.

«Э-э... өзүлөрүнө ылайыктап жобо ойлоп таап алышкан турбайбы?..»

Курманжан оозуна кеп кирбей кеңгиреп, жүрөгү капилеттен торго чалынган чымчыктан алдас ура тыбырап, тула боюнан тер кетип, отуруп калды. Эч качан мындай абалга кабылып көрбөгөн. Алымбек датканын башы дубалдын кырына коюлганда да, Абдылда бектин жүрөгү кийиз баштыкка салынып келген кезде да, Камчыбектин мойнуна сыйыртмак түшкөндө да, үч бирдей перзенти Сибирге айдалганда да мындай акылдан ажыраткан көй болгон беле?! Ал баарына чыдаган, токтоо, ой имерип, ушунун баары бөөдө болбогонун сезип, өзүн сооруткон. Ушул азыр биртке болсо да өзүн-өзү жубатар илинчек таба албай, бу төрөлөр менен кылган бүт алакасы, кадыркөнүлү куру жалак алдатканы болуп туюлуп турду.

«Каран күн, өзүбүзгө тобокел эле, бүткүл журтту сактайлы деген элек го?! Сактабай эле каалаган күнү каалаган жобосуна салып, кааласа чокуп, кааласа тытып жем кыла бере турган эки баштуу тажаал бүркүттүн чеңгелине өзүбүз ийрип берген болуп чыгабызбы, каран күн?»

Сылык, сыпаа барон Вревскийдин кабагы улам түнөрүп, улам кайрымсыз, жат, катаал көрүнө баштады. Сабылса да ийикпесин, үмүтү ташка чабылгандай майтарыларын туюп турду Курманжан аяр.

Ой тегеретип, бир убакта көп өктөсүн, ызасын бирден камтый шилеген катуу ачуусу кычап келди. Эч качан мындай ачууга эсин алдырган эмес. Өтө кыйын, кылдат ишти да муңайым отуруп, кепке келип, жайгарып койчу эле. Буга жүйө кана?! Бу текебер төрөнү эмне менен ишендире, эмне менен көндүрө алмакчы?! Ачуу, акылдан адашкан абал ушундай чарасыз кезде болот белем, аны өз ачуусу ууктуруп калды. Бирөө өзү ыйлап днлин жумшартат, бирөө каршылыкка дит багат. Курмапжан ыйлай албай койду. Канра ызасы ташып, ордунан силкине тура калды:

— Мен... мен... — деди эрини титирей. — Мен силердн «ак паша» деген элем, «адилет паша» деген элем... Силер... кара, адилетсиз паша экенсинер... — деди калчылдай, жүзүн үйрүй.

Тилмеч көзүн ирмегилеп, таң калып, которбой токтоло калды.

— Айт,—деди Курманжан зирк эте, тыттын жалбырагындай саргылт жашыл көзү чап салчудай кадалып,— Милдетиң, түз айт айтканды!

Тилмеч акырын күңкүлдөп которду. Бу кемпир жаман бирдеме айтып атканын түрүнөн эле баамдап тургаң эрдин кымтып, башын ийкеп, кабаарып туруп укту барон Вревский.

Курманжан эшикти карай илдирей басып жөнөдү. А дымактуу генерал-губернатор кабаарган бойдон, бу бийлөөчү Романов авладине катталган кемпирге жалган болсо да урмат кылуу жосунунан дагы эле өтүнө албай, катуу бирдеме айта албай ордунда калып калды. «Бу жез кемпир бир кездеги «шартнамасын» эстейт көрүнөт. Э-э ал өз убагына жараша болунган иш, ал азыр бир барак гана эскирип саргайган кагаз, болгону. Бу түгүл падыша авладине катталышы деле ошондой убактылуу көңүл жамдаган бир саясат болгон...» деди ичинен, эч камтама болбой.

Ошол токсонунчу жылдардын башында атаны эл көчүрмө кылынып, кең Россиянын өзүнөн тарактай жер тиңбей мукураган орус, украин дыйкандары нечен айлар бою эски арабаларын кыйчылдатып, жөө-жалаң көтөрүнүп жол жүрүп, бул жактарга келишип, отурук кыла баштаган убак эмес беле?! Киши менен киши үйүр алышып, коңшу менен коңшу күнүмдүк тирилигинде өз ара мамиле кылары, бирине-бири кереги тийбей койбосу анык. Улагалаш, төрөлөш болуп калышкан соң тиги чиренген колониячыл акимдердин каалоосунан тышкары эле карапайым эмгекчил элдин ымаласы башталган. Бирок, муну көрсө көрмөксөн, билсе билмексен, а түгүл атайын бирин «кожоюн» деп, бирин «букара» деп, жергилик элдин укугун атайын жоюу, байыртан келе жаткан тирилик эрежесин, үйүтүн, тутунган динин атайын көңүлгө албоо, четке кагуу, аны «империянын ыйык мүдөөсүнө шайкеш келбей турган», «эскилик», «жабайлык» деп

баа коюлуп, муну бул элдин өзүнө ишендирип, орустун да кулагына куюп бирин басыйтып, бирин көтөрүп, карама-каршылыкта тутулган. Кен байлыгын аңтарыш, жүн, тери алыш, өзгөчө пахта өндүрүүнү күчөтүш, демек ченебей туйтунуш, ошол кезде бардык жактан арааны ачылып турган Россиядагы капиталдын муктаждыгын камсыз кылыш гана максат болгон. Империянын бул мүдөөсүнө бул өлкөнүн эли түгүл кудайдын өзү карама-каршы келсе да аялбайт. «Элибиз», «укук» деген падыша акимдеринин жинин гана кычатат. Бул эл канчалык караңгы бойдон калса, канча башаламан, канча бирдиксиз болсо ошончолук пайдалуу, канчалык жеңилдик болсо канчалык кеңирилик болсо бул эл ошончолук сетирейт, ошон үчүн эч качан кырың дедирбөө ылазым делинген. Же өзүлөрүнө баягы көөнө азияча жарым көчмөн турмушуна жол коюлбаган, же европача отурук маданиятына башыктыруу ойдо болбогон. Бул элдин эл катары бул жарыктык дүйнөдө жашоо акысы түгүл, эртеңки жайлуу кеңчилиги түгүл ошол тапта эптеп күн көрүп турушу убактылуу, зыянсыз болсо мейли, эгер биртке эле империянын ыйык мүдөөсүнө бөгөт болуша турган болсо, анда сыйпалтып жок кылып коюштан эч ким арачалап кала албайт эле. Бул ушунун баарын ойлоп таап, өз кезинде «устроитель края» атанган биринчи генерал-губернатор фон Кауфмандан баштап эле кыйшаюсуз ишке ашырылып келе жаткан саясат.

Вревский бул саясатты улантуучу, бекемдөөчү аким. Ушул катаал кысымдан жергилик элдин түркүн катмарында падыша өкүмиятына нааразылык көп жылдар бою акырындап өнүккөн. Мына, анын бир көрүнүшү калпалардын бул коогасы. Бирок, генерал-губернатор муну өзүлөрү тараптан болгон зорлуктан, чекиликтен деп эсептебейт, бул элдин «мүнөзү тоңдугу», «жабайылыгы» деп кашайып, бир гана солдат набыт болгон бул «анжиян козголоңун» өтө дүпүрөтө сөз кылып, бул элди ыгы колго тийип турганда биротоло жүрөгүнүн үшүн тайдырып коюуну көздөп, ушуну менен падыша сарайына дагы азаматы катары көзгө илинип калууну самап отурат. Курманжандын бөөдө коога болбосун, алдын алып коюшсун деген ниетин көңүлгө алган эмес, кайта «чыгып берсе экен ошол коога» деп, окуяныи өнүгүшүн жайына тим коюп, акмалап, тиш кайрап гана турган.

Курманжан өйдө карабай, ошол шалдыраган абалында илдирей басып, үлпүнчөктүү арабага чыгып отурду.

Көчөдө бирөө таанып калды белем, бирөөдөн бирөө угуп, анан көпчүлүк аваз кылып, ээрчип, жол бууп тосуп, салам айгышып, кош айтышып калып жатышты. «Ас-салоому алейку-ум, азизим, ас-салоому алейку-ум...» дешип, мункана салам айтышат, жеткени жетип колуна тооп кылып, жетпегени көзү көзүнө чалынганына ыраазы, эки колу боорунда, учурашканы да, коштошкону да болуп, алыстан баш урунуп калышат. Бир ак жегдечен мойсопут кокон арабаны жандай логлоп: «О, азизим, азизим... мына бу жалгыз уулума бата берип коюң, азизим...» дейт үнү каргылдана.

«Керектүү адам болсун, омийин...»

«О-омийин...»

Ыйламсырай жүзүн сылап, анан дароо кабагы жаркылдап, мойсопут уулун ийнине бийик көтөрүп, жолдун четине чыга берди. Эл дуу-дуу.

«О-о, азиз...»

«Журт башына кара тун түштү, азиз эне... Бир аралжы боло көр, азиз эне...»

Булар атайы иргелип чогулган кишилер эмес. Капилет кезиккен эле бири кары, бири жаш, те четте паранжалуу көк көйнөк зайып, баласын колунан жетелеп жүрет, бири жөн гана шарданга агылган көчөДөгү эл.

Аралжы?! Ошол кыжалат ушул сексен жети жаш курагында Алайдан бу Ташкенге айдап келбеди беле?! Боло алган жок аралжы! Аралжыга арзытпады дили катык аким. Курманжан улутунуп койду.

«Кудайдан тилегиле, кудайдан... Кудай гана...»

Кыңылдаган алсыз добушун жанында отурган өз уулу Асанбек, арабаны айдап келе жаткан киши гана уккандай болду. Кокон араба тездеп, улам топураган көпчүлүктөн бөлүнүп, улам

нарылап кетти. Түнөк короого келишти.

Кечки намаз убагы болгон кезде ички үйдөн чакырган үнү эшитилди. Леп кирди Асанбек:

— Лапбай...

Ирени кара чүйкө, эч чырм эте албаган, көзү киртейип, нымдалып кургаган, бир түркүн муң көрүнөт. Эч качан мындай чөккөн акыбалын көрбөгөн. Дайым сергек, дайым тыкан, көгүчкөндөй сыпаа датка айым жок, орунд-албас ой-санаага жанчылган, уйпаланган, бир бей чара, мүңкүрөгөн кемпир болуп калган экен.

Уулу айттырбай түшүнүп, дааратына жылуу суу алып келди. Курманжан унчукпай корбого чыгып, буйгалай басып, даарат алды. Эки ийни шалдайып, бир ууч болуп, деми, сөөлөтү өчүп, мүңкүрөп отуруп, купуя намаз окуду.

Намазын бүткөндөн кийин да көпкө былк этпей отурду да, бир убакта акырын кыбырап, акырын күбүрөдү.

— Жанагы Ырыскулбектин небереси Керимбайга айттыр... Куп, бак талашкан экен, Төрөнү айдатса өзү билсин, а ыроочу Токтогул балада не жазык?! Ыроочу менен күлүк ат элдин мүлкү, элдин даңкы. Айттыр, ушинтип айттыр, жалаасынан жансын, алып калсын Токтогулду. Мени ушуну тиленди де...

«Тиленди де...» деген сөздү баса айтты.

— Куп...

Эми дымак түгүл, бирөөгө буйрумак түгүл, бул оомалтөкмөл дүйнөнүн барлык кыжаалатынан баш тартып, өз уулунун көз алдында сынып отурду Курманжан...

Бир күну темир эшик шырк-шырк ачылып, чала тил билген бапайган сары сакал түрмөчү башбакты:

— Тухтаку-ул! Брат келди, Тухтакул. Пойдем...

«Кайсы күйөрман тууганым бар эле?!» «Апам болуп жүрбөсүн? Топчубайды ала келди бекен?..» деп, эт-жүрөгү куштай талпынды. Шашып жөнөдү. «Ким болду экен?.. «Э-э... Анжиян кайда, тоо кайда-а?!. Байкуш апам кантип келе алсын?! Кайсы жарыган белдүү тууганым бар эле аны апкелгидей?!» деп, ындыны өчө да түштү. «Ким болду экен мени жоктогон?..»

Жүз көрүштүрчү жайда локуюп Керимбай отурат! Жылан көргөндөй тула бою жыйрыла калды Токтогул. Керимбай ордунан козголуп туруп, кол алышайын деген көңүл менен дит бакты. Тигинин кабагы үйрүлүп, көнө түшкөн адаты боюнча эки колун артына алып, кыйгачтай берген соң токтолуп калды. Эмне дейт?! «Түзүкпү?», «Жакшыбы?» дейби?! Өзү каматкан, бул суроо таба, шылдың болот. Керимбай унчукпай лыкыйып, узун такта орундукка кайра көчүк басты. Бирпас орто жымжырт боло калды. Нары-бери басып турду Токтогул.

Бир убакта жалт бурула карап:

— И?! Таба кылайын деп келген экенсиң?! — деди Токтогул зарде менен. — Көрүп ал, мына жатабыз, кычууңду кандырып ал!..

Керимбай катуу кепке терикпеди:

— Токтогул... — деди акырын. — Кеп бар, Токтогул... Ошон үчүн...

— Эмне кеп?! Кеп түгөнгөн, Керимбай!

— Тууган арасында ачуу-араз боло берет экен, Токтогул...

Токтогул нестейип тиктеп калды: «Бу текебер эмне жумшап калган?.. Ийлеп койгон го бирдеме муну?..» Керимбай уурту жымыйып, көзү жылуу жылтырап:

— Сен кал, Токтогул, сени актап алайын...— деди.

— И?

— Кетсе кете берсин кете турган, сен менин жанымда эле ырынды ырдап, чоорунду чоорлоп жүрө бер, Токтогул.

Токтогул бир кадала тиктеп, кырт күлдү, башын чайкады. «Бул жалгыз көз желмогуз мени жарга такап баш ийдиргиси келген турбайбы?! Капеске камап алып, анан бөдөнөдөй сайратып, өзүн мактаткысы бар турбайбы мунун?!» деди дили сына.

— Э-э, Керимбай ай... Ушу сендей карөзгөйдүн улагасында жүрүп жыргал көргөнчө, Керимбай, элдин ак кетип баратышкан азамат уулдарынын катарында куурал тартып өлгөн артык эмеспи, Керимбай?!

Керимбай тултуюп тиктеп калды. Уулу аркалуу Курманжандын айттырган суранычы сөзмө-сөз оюна келип турду. «Эл талап этип жатат, кадырлуу кишилер ортого түшүп жатышат» десе, ким билет, ийигет беле Токтогул. А Керимбай оңуна тарткысы келген жок, «калтырса калтырайын, биротоло байлап ала турган болоюн» деди ниети.

Бул Токтогул орундагыс талап болучу.

— Эй, Токтогул,— деди Керимбай үнүн көтөрө,— ойлонуп көр, Токтогул.

Токтогул жымыйып тиктеп, шакебелеп, көзү күлүңдөп:

— Ай, Ырыскулбектин балдары ай, бир чеңгел ашык эт үчүн, биртке көр мансап үчүн эненин намысын, атаның кадырын алмашып жүргөн өзүңөрдөй көрөсүңөр э?! Ай, Ырыскулбектин балдары ай... — деди.

Керимбай же жаяптай албай, же оройлоно албай, бирок кыжыры кычап, жарыла тургандай ireңи көк тартып, олурайып тиктеди. «Чирип өл эмесе түрмөдө!!» деп, чаңыра турган болуп, эрини титиреп келатты.

Токтогул унчукпай кайрылып басып кетти.

* * *

Тескөө бүткөрүлдү акыры. Мухаммад-Али эшен, Шадыбек калпа, дагы беш-алты мүриди дарга асылды. Кармалган элден, Токтогул, Төрө, Сары Уста кошо, алтымыш эки киши «катнашы бар» деп табылып, баары текши өлүм жазасына өкүм болду.

Өлүм жазасына өкүм болгон туткундар түрмөнүн төрүндөгү таш тамдын түбүнө бирден камалды.

Таш төшөлгөн коридордон уурдангандай акырын баскан шарпа угулуп, темир каалгадагы «көз» делинген тешик ачылып, бирөө карады.

Канталаган кызыл көз, не табалаганыбы, не боору ачыганыбы, көпкө имерип тиктеди. Ыя, келер ажал келип турабы, ушубу? Тулабою дүркүрөп кетти Токтогулдун.

Көз кайра жабылып калды бир убакта. Жанагы келгениндей эле акырын, мүңкүрөп карыган бирөөдөй кайратсыз шырп-шырп этип, бир аздан соң жердин түбүнө түшүп кеткен сыяктуу дым болду.

Өлүмгө өкүм болунгандарды таң алдында алып кетишет имиш, тоок чакырганга чейин алып кетишпесе, болду келерки таңга дейре жан калат экен, бу да болсо каниет, бир күн да болсо өмүр уланганы сүйүнүч.

Бирөөнү өлүмгө алып кеткени угула элек, а балким бул жер алдында жаткандарды эстен чыгарып коюшту бекен? Жо, кайдан эстен чыгарышсын, эстен чыгарышса кабырылган мискейге биртке атала, бир кесимден кара нан таратып, өзөк жалгатышпайт эле го.

Көнүлү уйгу-туйгу болуп, башка түшкөн мүшкүлгө макул боло албай, айласы да жок, биринчи күндөрдө Токтогул отура да, жата да албай баш аягы беш кадам камера ичин миң кайталап кадамдап, ар бурчуна бир отура калып, кайра туруп, гөрдөй караңгыдай дубалга барып урунуп, а кээде муздак темир каалгага бетин баса жабышып, тыштагы шырп эткен дабышка кулак төшөп— акыры бир күнү көңүлү жашоо кызыгынан биротоло калып, эми ойлогондо не, күйүккөндө не, өзүн капкачан өлүп калган таризде сезип, тула бою талморсуп жыгылды.

Кан оту өчүп, саздын суусундай коюлуп, тамыры араң эле согуп, дене гана биртке болсо да жашоосун илдиреп улантып, өзүн-өзү үнөмдөп жаткансыды.

Жер түбүндө жашаган маглукка көз керек эмес, жер түбүндө көз артык баш, алар жер алдында чөптүн тамырын кыркып, дарактын тамырын кемирип, өмүрүн ошондой көз кереги жок караңгыда өткөрүш үчүн ылайыкталган турбайбы?! Жамыга өмүр, кубанч берчү жаркын күн, жан сергитер шамал, кең талаа менен толкундуу көлдүн шапатасы зарыл эмес аларга. Түркүн-түркүн үн салыша көк асманга улам эргнп, улам бийикти самаган канаттуулардын көңүлү аларга түшүнүксүз.

А бирок, жаркыраган кең дүйнөнүн убайын билген, көңүлү куштун канатындай кылактаган, дагы башка ажайыптарды көксөгөн асыл заада адамды жер алдына тирилей көөмп отуруудан

ашкан жаман нерсе, зорлук болбойтэкен. Бу адам өзү адам үчүн ойдон жасап алган бул дозокко караганда «отко жаккан, муздак сууга кайра малган» кудайдын дозогу, баланын оюну окшойт?!

Ар нерсе көрүнө баштады көзүнө.

Бир туруп, гөрдөй караңгыда дубалды тешип, саргылт нур уюлгуп кирип келгенсийт. Жука, нары жагы көрүнөт, суу кошулган кан сыяктуу. Бир туруп, те төрүнө көз жетпеген кууш капчыгай, нары алыста көк асман, көчкөн булут кылаят.

Ким токтонот мындайда?! Жарык дүйнөнү көксөп жаткан кнши тура алмакпы?! Эргип, өйдө боло калат Токтогул.

Жок! Жарык селт деп өчөт, дагы баягы көзгө сайса көрүнбөгөн караңгылык башына дароо чүмкөлөт.

Көнүл боздойт, жүрөк сыздайт мына ошондо, кайра караңгыда далысы дүңкүйө, үч бүктөлө бүрүшүп, чөгөлөп ордуна бүк түшөт.

Бир жолу «көз үргүлөп, көкүрөк ойгоо» деген абалын да көз алдына бир ак элечекзайып кишинин сөөлөтү пайда боло калгансыды. «Түшүм...» деди өлмөсөк жаны, же түш эместей, ал этегирек келип отургансыды, нары жагынан түрмөнүн тааныш «көзү» бар темир каалгасы көрүнүп турбайбы...

Бурма байкуш! Карегинен ирмелбей жаш төгүлгөнсүйт. «О, байкуш апам ай... кантип келип калдын алыскы тоодон?.. Ушу сени эле шорго салдым окшойт...» деди көөдөнү алсыз, өз үнү өзүнө угулгансый.

Жо, токтоо, тик бакпайт, бирок тиктеп тургандай. Курманжан! «Бу киши эмне кылып жүрөт биерде?..»

Тула боюна жан кире баштагандай чыйрала, көңүлү толкуй: «Кайрат бериң...» деди.

«Эсиңдеби, жараным, «акыйкат кайда, жерден чыгып келеби, же жалбарсак кудай береби» дегениң?...»

«Эсимде...»

«Жерден чыгып келдиби, көктөн кудай бердиби?..»

«Жок...»

«Ошо, жараным, өзүң айткандай «кармашып алар неме» акыйкат. Ноюба, жараным, өз кайратың өзүңдө жараным...»

Көзүнөн те бир көөнө дүйнөнүн жарыгы менен көлөкөсү, нечен чайпалып төгүлбөй, нечен чайпалып бөлүнбөй нечен мезгилдин кыйын кыстоо азабынан өтүп келген, адамзааданы адамзаада кылган сезими — мээр төгүлгөнсүйт. Ал мээр ташдубалды тешип өткөн нур таризде аыын тула боюна куюлуп, жүрөгү гана аптыга бүлкүлдөп, арбала телмирип калгансыды Токтогул.

Көзүн ачты, эчтеме жок, баягы гөрдөй караңгы башына дагы көмкөрүлүп турат.

Туруп отурду. «Ырас,—деди Токтогул,—ырас, өз кайратым өзүмдө болбосо ким кайрат бермекчи биерде?!» Каны кайра дүргүп, көңүлү көтөрүлө калды кадыресе.

Келемиш жүргөнсүйт.

Кээ бирөө алдырып жибербес үчүн биртке үнөм кылган нанын колуна кармап жатып укташчу. Бирок, кыныккан келемиш коймокпу, кишинин көзү илине түшкөндө эле нанын сууруй качкан убактары көп болгон. Ошон үчүн берилген энчисин кишилер дароо жеп тынышып, а сактагысы келгендер нанын чүпүрөккө ороп, тартканда сезем деп, жылаңач колтугуна кысып жатып алышчу.

Биртке үгөндү таптыбы же жокпу, келемиш кайра ийинине жөнөп, дагы бирөөсү алдынан чыга чыйылдаша түшүштү да, бир убакта андан нары жүгүрүшө башка камерага жортуулдап кетишкенсиди.

Кээде караңгы ичинен кудайдын атын муңканып чакырган, кээде сөгүнгөн, а кээде уңулдап ыйлаган үндөр угулат. Ким? Токтогул кадалана тыңшап, ким экенин таанууга аракет кылат. «Бу кайсы жаны ширин?..» деп, кыжыры келет өзүнчө. «Ие?! Жалынсаң кудай куткарып алмакпы?! Сөгүнсөң аким коркмокпу?! Ыйласаң муң арылмакпы?!»

Бирок, бел байлоо да, акыл менен өзүн-өзү токтотуу да күчсүз турбайбы мындайда. Күйө, сөгүнө, ыйлай көңүл басты кылат экен, а мына буташ коңулдан жарыкка чыгууга кылдай арга

табылбай, табылууга кылайган жалган үмүт да жок болуп турган кезде адамды эмне деп жубатасың?!

Токтогул деле ушул абалда, канчалык бекем болоюн дегени менен, ал деле кум санаа адамзаада, демин, акылын майыштырып, өзүнөн-өзү көңүлүнө арман толуп, тымызын мөлтүлдөп тамган көздүн жашыидай куюлушуп ыр болуп уйкалышат.

Күн тийбес тамда жатабыз
күчтөн тайып алсырап...
алдыбыз ным, өтөт сыз,
аргасызбыз жалдырап...

Кары, шордуу энекем
кантип жүрөт болду экен?..
Жалгызым деп зыркырап,
жайылып жашы дыркырап
коюнуна толгондур,
күйүткө чөгүп болгондур...

«Баш ий... Баары бир, эртедир-кечтир барар жайың бирөө гана. Топурактан жаралган соң кайра топурак болуп кетмей. Көңүлүң жар бербейби? Демек, кудайдын каалоосуна шек келтиргениң! Ким менен укукташкың бар — баарына ыракым да, жаза да берип турган кудуреттин өзү мененби?! Куш болуп да, көк толкундуу дайра болуп да кутулуп кете албайсың кудайдын каалоосунан— курутам десе куруйсуң, чиритем десе чирийсиң...»

Ким бу?

«Баш ий...»

Ким бу мыңкылдаган? Ким бу «күнөөсү жок күнөөлүү бол, баш ий» деп турган?!

Кайсы жазык үчүн?! Кара менен актын, зорлук менен адилеттиктин чегин, баасын билип калган, дүйнөнүн башталышы менен акырына ой толгогон ыроочу бул зорлукка макул эмес. Эмнеси жазык?! Сыккан, тарыктырган, сугалак, топуксуз өкүмиятка каяша кылганы, адам зааданың теңчил салтын сурап укукташканы жазыкпы?!

Өлүмгө өкүм болгудай,
кыйылган чөптөй солугудай
зулумдарга не жаздык?!
Дарга байлап аскыдай,
давлага коюп аткыдай
кайсы мүлкүн талаштык?!

Калыстык, боорукерлик, кайрылышуу — бей чаранын сыйынты, байкуштун ыры, кудайдан тиленери ганабы?! Зорлук — дүнүйө бүткөн дүйшөмбү күндөн берки эски, кары, катаал болмушпу?! Бул жымсалданбайбы, онолбойбу биртке да болсо?! Ушул какшаткан катыран түркүмүндө кала береби кыяматка дейре?! Кудай азга, алсызга ушул тенчиликсиз тагдырды бешенесине баса көктөп жазып салганбы? Мындай болсо кудайдын кудайлык ыракымы, калыстыгы, ар маглугун ырыскыдан кем койбогон берешендиги кайда калмакчы?!

Баш ийбейт! Өлүм алдында тургандын кайратынан зулум өзү, желдет өзү жалтансын. Кайрат эң акыркы курал. Жан тынчтыгын да көздөбөйт, кечирим да күтпөйт.

«Атайы эле маңыроолонсо, «билбеген киши уу ичет» деп актанса, же жарым эс дувана болуп көрүнсө болот беле?

Бүк түшүп жыгылып, жалтыраган өтүкту жалап, жалынып кечирим сураса болот беле?

Болот эле.

Бөөдө балакетти башына үйбөй, катынын жесир, баласын жетим калтырбай аман калышка болмок.

Кантесиң эми, акыйкат издедиң, жалган айтышка адамчылык аброюн моюн сунбай койду өзүнө! Ушубу эми алын? И, акыйкаттын даамы ачуу болот бекен?..»

Дагы ким шыбырап отурат?

«Болору болду, боёгу канды, өкүнөсүнбү деги?.. «Өкүнбөйм»? О-хо-о!

Кишиге тең киши болгуң келди го? Оп-по-о! Кана, эмне кыл дейсиң? Тагдырың менин колумда, бирок бирөөнүн кызматындагы адаммын, азирети падышанын эркиндемин, демек мен өзүм да кудайлап күн көрөм...»

Бу суракчынын үнүнө окшойт. Бирок, ал мындай сөздөрдү эч качан айткан эмес. Бар болгону биртке бушайман боло калган, жалган айта албаган, айткысы да келбеген, чын сөз үчүн сыйыртмактан качпаган күнөөкөргө бир туруп боору ачып, бир туруп шектенип тиктеп койгон. «Өз башын сактоого аракет кылбайбы? Жабайылыгы ошо!» деген ичинен. Буга окшогон «акыйкатчыл» менен көп сүйлөшүү жакшылыкка алпарбай тургандыгын ойлоп, «алып чыгып кетүүгө» буйрук кылган. Убарасын тартып олтурган эмес.

Өкүнбөдү Токтогул.

Кайта кудайдын да, адамдын да адил эрежесинин кайсыл жагына кандайынан салып санаа кечпесин бул зорлук гана экени ашкере туюлат. Туйган сайын катыгып, дилинен өлүмгө тайманбай дит багар кашкөйлүк ойгонот.

Өз элимде өз башым
кор болду деген жазыкпы?!
Өз жеримде жайытым
тар болду деген жазыкпы?!

Чарасыз жайын ким сурайт,
чабылганын ким курайт,
чачылганын ким жыят?!
Чегинен ашты бул кордук
четин тосуп ким тыят?

Алсыздын алын ким сурайт,
айдалганын ким курайт,
азгандарын ким жыят?!
Адистен ашты бул зорлук
алдын тосуп ким тыят?!

Бир күнү темир каалга шырк деп калды.

Жумган көзүн ачпай, былк этпей жата берди Токтогул.

Өлүмү?

Келсин, көптөи бери даярланып күтүп жатпайбы, ушул азыр сестенген деле, тан деле калган жок, ичер суусу түгөнсө, көрөр күнү бүтсө анын эмнесинен чоочумакчы?1

Өлүм...

Кандай кейип кирип келерин ким билген?! Ирени суук, жүзүн чечек бузган заардуу кары кемпир түспөлүндөбү, же кылычын жалаңдаткан Азирали периштеби, баары бир өлүм кимди коркутпайт, адам коркор, бирткеден кийин эле үйрөнүп, өлүмдүн акыры башка келерин, аны токтотууга, андан кутулууга болбостугуна көз жеткен соң адамдын чачыла түшкөн руху кайра жыйналып, акылга сала баш ийип да калат окшойт.

Шырылдап канатынан от жанып, куюндап, таш дубалдан, темир каалгадан өтүп, ушул жер алдындагы сыз камерага өлүм деген бир жактан атайы келмекпи?! Жан бар жерде өлүм бар, жаралган күндөн адамдын өзү менен кошо жүрөт, а качан адамдын эрки сынганда, жашоо ку. мары мукураган чагында каалоо да, кайгыруу да жок, бир каңгыраган бош сезимге өзүнөп-өзү чөгүп, ошондо өлүм жеңет окшойт.

А Токтогулдун тил учуна ыр келип тургансыйт. Буд эмнеси? Дагы эле өмүрдөн үмүтү

барбы? Дагы эле руху майтарыла элекпи?

— Тухтаку-ул!

Мунайым киркиреп, бапайган сары сакал түрмөчү болуп үн берди «өлүм».

Бул ак көңүл адам, бул күзөткө туруп калган күндөрү не бирөө бөлүшүп берип жибереби, не өзүнөн артышкан оокатынан алып келеби, иши кылып, биртке каниет алдырар бирдемелерди берет. Бирок, түрмөчү бүгүн комуз апкелген. Унчукпай сунду Токтогулга. Көзү майланган көк мончоктой жылтырап күлүңдөйт.

«Ме, байкуш, мойнуңа не сыйыртмак түшөрүнө, не бир ок зарп болоруна аз калды, ме, арманыңды бир чыгарып ал...» дегенди түшүндү Токтогул анын көзүнөн. Бир аттап жетип, комузду алды. Көп кармалган, капкагы кирдей түшкөн кызыл өрүк комуз, кылы жаңы тагылган. «Э-э, баасын, тилин билген адам күткөн буюм экен...» деп, билди Токтогул. Кимден алды экен? Кайдагы сырын билген бурадар берип жиберди экен? Токтогул комузду күүлөй баштады, жүрөгү алеп-желеп болуп, комуздун элпек кылы менен кошо дирилдеп, эргнй, каны дуулдай дүргүй толкуду. Түрмөчү колунун учун көтөрө, жымыя баш ийкеп коюп, эшикти кайра шырк кулптап, кетип калды.

Комуз! Жомсолгон бир жыгач, ичегиден тартылган үч кыл, көзгө комсоо. Күнкүлдөп сырлашат, көңүл арманын бөлүшөт, үмүт кыялды коштой аны сайын элиртип, адамдын чөккөн рухун эки колтугунан таяйт — тилин билсең Токтогулдун ошол тапта өзү мойнуна албаган бир сызылган көк түтүндөй көкөй кескен касыретп, черленип уюган бугу, бу курбаканын коңулундай тар абакка тыгылган жүрөгүн тыбыраткан, ак кылдын учундай жарык нур көрүнсө ага ойлонтпой талпынткан бир жалбырттаган чыдамсыз санаасы муңканган көңүлүнөн ташкындап төгүлүи, дилгир үч кыл дир-дир кагылып кетти. Комуздун мынчалык арман ойго үндөш, мынчалык муңкеш экенин ар дайым бийик тоо үстүндө, ар дайым кадыр-барк үстүндө, минген малдын жоргосу болуп, көнүлү улам мунарда, улам кендикте элкин жүргөн Токтогул сезбеген. Ал дайым шатыра-шатман, дайыма уюлгуган бурганактай, күүлдөгөн дайрадай өктөм, эрдемсиген жаштыктын, толгон көңүлдүн куунак күүлөрүн черткен. Мына, кагуу жегени, карөзгөйлүккө караманча алы жетпей, адил сөзү өтпөй сынганы, эми минтип артынан бир жан жоктобой караңгы тамда камалып жатканы үч кыл аркалуу күңгүрөнүп, онтоп, бу киши баласынын тилер тилегинин да, кылар арманынын да чеги, кыйыры, түбү жокэкенизар кагып төгүлдү. Киши баласынын көңүлү тарыккан кезинен, мундуу көкүрөк сөөгүнөн жаралган белем бул комуз?!

Тыш жак карсылдап, Токтогул комуздун кылын алаканы менен басып, токтоп, тыншай калды. Жакын эле жопарадагы ушундай эле абактын темир эшигин бирөө эки колдоп муштагылап жаткан сыяктуу дүпүлдөйт. «Токо! Токо-о!..» деген кыйкырык жергуйдан чыккандай те алыстан угулду. Төрө! Токтогул тура чуркап, темир эшикке кулагын такап:

— Ыя-а!.. — деп кыйкырды. Жооп болгуча түрмөчүлөрдүн кобуру чыгып калды. «Э-эй!» «Эмне сага-а?!» деген айбат кылган үн арасынан дагы Төрөнүн үнүн ажыратты Токтогул. «Токо-о!.. Эмне, ноюп калгансыңбы, кагылайын?! Ноюба-а, Токо! Акыры башка бир өлүм... Толгон күү! Толгон күү, Токо! «Солтон Сарыны» черт, «Кан Шырдактын боз жоргосун» черт. Көтө-өр башыңды, Токо!..» деп, үзүл-кесил угулду. Ороңдошуп, бирдеме карсылдап, түрмөчүлөр бир убакта Төрөнүн үнүн басып, тыйып салышты.

Үнү бийик болсун деп, Токтогул чыйрак күүлөгөн! Бир убакта үч кыл дирилдеп, комуз шаңы таш түрмөгө толуп, калкып чыкты. Те төбөдөгү темир торлуу жылчыкты тиктеп, өрөпкүп, уурту жылмайып, турган ордунда каткан бойдон кулак төшөдү Төрө. Комуз ыргагы менен кошо жүрөгү кагылып, комуз шаңы менен кошо көңүлү алып учуп, те улуу тоонун көк майдан төрү көз алдына келип, эргип турду. Бир Төрө эмес ар бир абактагы туткун темир эшигине кулак такап, былк эгпей калышкан.

«Кан Шырдактын боз жорго» күүнү чертти комузчу. Толгон сезим! Жулкунган буудан жоргонун чайпалбаган, ноюбаган, улам өктөм, улам күчөгөн жүрүшү, үстүндөгү бул дүйнө жыргалына карк, дөөлөткө мас адамдын толгон, оолуккан көңүлү бура комуздун үч кылынан шаркыраган агым, уюлгуган айдарым болуп төгүлдү.

Күү менен кошо чалкыды туткундардын көңүлү! Ушундай жаш да, акыл да толуп турган

чактарында, өмүр үзүрүнө карк болор кездеринде комуздун капилет чырт үзүлгөн кылындай баарынын өмүрү кыйылары, көрөр күнү тып бүтөөрү бир пас да болсо унутула калгансыды.

Улам шанданып, улам узап, күү ыргагы эми жалгыз аттын эмес, бир багытка бир тегиз башы коюлган жер түтөткөн сансыз буудан дүбүртү болуп дүнгүрөдү.

Комузчу комузу менен бир болуп, бүт тула бою менең күү маанисине өтүп, ошол тапта үстүндө саландап тургаң сыйыртмак өлүмгө назар салбай, теңине албай атайың башын бийик келберсий көтөрүп, күү шаанисине ыргалып, суйсалып, шан куунак көңүл, калайман дүбүрт колундагы көрүмсүз тарашадан[1] эмес, анын өзүнөн анын жан дүйнө көкүрөгүнөн агылып, оргуп, буркан-шаркан жаңыруктаң чыгып, өзү дагы буудан жоргонун үстүндө дүбүрт ичинде бараткансып, өзүн таптакыр унутуп, эргип чертти.

Күү куунак, бирок туткундар тымтырс, кабырга кайышып, көкүрөк муң арманга жык, тиги абакта, бу абакта болоктоп, каралай көзгө жаш толгон. Бир убакта комузчу токтоп, күү шайы заматта бир жакка жалт бере качкандай шаңк эте алыстап, улам куйругу үзүлө кандайдыр бир туңгуюк тереңге, бир боз мунарык бийикке сиңип кеткендей ар биринин ой-санаасында күүнүн жаңырыгы гана калды. Түрмө бүт тымтырс.

Комузчу да мелтирей көзүн жумган бойдон, кордук менен өчөштүк, кайгы менен кайрат, сынуу менен эргүү арасында не өлүм касырети, не өмүрдүн үмүт нышанасы, араң гапа тыноосунан үзүл-кесил гана деми калган...

Кыйла убак өткөн соң «азирети ак пашанын ыракымы болду» делинип, өлүм жазасы ар бирине он эки жылдан Сибирге алмаштырылганы угулду.

Муну «өзү күнөөкөр», «жабайы адатынан али арылбаган» бул элге кылынган дагы бир кеңдик, айкөлдүк катары падыша акимдери катуу даршан кылышты.

«И, кубангыла, кудай урган кылмышкерлер, кубангыла! Мына, азирети өкүмдардын чексиз ыракымы! Кечирип салыптыр го?! дешип, кекээрлешип, тиштин агын көрсөтө күлгөн болуп калышты. —Эй, эки аяктуу айбандар! Чөк түшкүлө, тилегиле кудайдан кудай сүйүп бак берген азирети өкүмдардын амандыгын!»

Бу «эки-үч күндүк өмүрлөрү калды» делинген «бунтчуларга» түрмөчүлөр атайы эле сылыктана мазакташып, майда-барат суранычтарын орундаткан болушуп калышкан болучу, бу «кечирим» жарыяланган соң кайра кабактары үйрүлүп, мурункудан бетер катаал, аны сайын өчөшкөнсүшүп калышты.

«Эмнеси жакшы мунун?! Кереги жок болучу ыракым берип...» — деп, кай бири падыша атасынын өзүнө капа.

Кай бири: «Ну, багы бар экен булардын, тирүү колдон чыгып кетишмей болду...» дейт, тишин кычыратып, жерге түкүрүнө ачууланат. Тим эле, ушу байкуштарга кечирим берилишине байланыштуу анын чини да кошо алынып, кызматы жок калтырылып жаткан сыяктуу, кыжыры кайнайт. Өзүн өкүмдарга каршыккан каардуу кылмышкерлерди чеңгекте тырыштырып камап отурган азамат катары ойлоп, бул ак кызматына төбөсү көккө жеткендей делөөрүп мактанып жүргөн, ага бу көзү жашылданган байкуштардын өмүрү чымындын өмүрүндөй да саналчу эмес.

Баягы бапайган сары сакал түрмөчү гана астейдил муңайып, Токтогулдун камерасына кирип олтуруп:

— Ушу, сага көнүшүп калдым эле, байкушум... — деп, эми бул жерде жалгыз калып жаткандай кадыресе көңүлү чөгө. — Сибирге кетесиң эми, ушул жерде эле отуруп берип кутулсан болмок... Мына, мен деле жүрөм, жер алдында жашаган сокур чычкан эле болуп калдым. Бирдей элебиз экөбүз. Сен темир каалганын «көзүнөн», ич жагынан карайсың, мен тыш жагынан — айырмабыз эле ушу...»

Токтогул анын сөзүнө түшүнө албайт, бирок бу бечаранын короонун оозуна аргасыз байланган иттей болгон абалын, сарсанаасын баамдайт.

— Мейли, эми кайгырба, Тухтакул! — деди ал. —Сибирде деле киши жашайт, кайгырба.

[1] Т а р а ш а — биртке жараңка жыгач.

Өлүмдөн көрө...

Катаал жаза бул элде деле көп болгон. Бирине-бири башына шири каптаган, бири-биринин терисин тирилей сыйрыткан, бирин-бири азоо жылкыга сүйрөткөн, сыз зынданга чириткен. Бирок, мындай тууган жерден, туугам элден бөлүп, өлсө сөөгү каерде калат, бир жакка айдатып жнберүү болуп көрбөгөн окуя. Өлгөн деген өлгөн, аны ариетин кылып көөмп алышат, а эки көзү чекчейип тирилей айрылып, сөөгү өз бейитине көмүлбөй калыш миң жылдан уруу жиги бөлүнбөй турмуш өткөргөн эл үчүн өтө өөн, өлүмдөн өткөн жаза болду.

Түтүнү узарган ошол кеч күздүн бир күнү туткундарды таңдан тургузуп, түрмөнүн короосуна текши чыгарып, бир сыйра жылуу кийим таратып, бирткеден кургак азык берип, тездеп жолго алып чыгышты. Тымызын, көргөн элдин көзүн кычыштырбай, дүүлүктүрбөй алып кетүүгө буйрук болгон. Өз арасынан сөз учунуп кеткен окшойт, түрмөнүн эшигинин алдынан эле эл басты. Бирөөнүн тууганы, бирөөнүн тамыр-сөөгү, иши кылып, кыйбаган адамы келип, не кайтары, не ушул бойдон дарексиз кетер болжогус, кош айтышып калууга келишкен.

— Ко-ош!.. —деп, туткундар арасынан үн чыкты «Ко-ош!.. О-о, садагаң болоюндар ай... Ко-ош...» деп, кай бирөө ыйлактап, кай бирөө боконосу болкулдап бүт эл дүңгүрөй түштү. «Ко-ош!.. «Кудайга тапшырдык, кудайгаа... кудай жолуңарды ачсын, ата арбагы колдосу-ун!..,

— Бас! Бас! Ба-ас!

Жулкунган семиз атчан айдоочулардын тажаал үнү танкы аваны как жарат. Өз адамын туткун арасынан көзү чалган бирөө кучак жая умтулса шак мылтык кезейт, чубаган туткун арасынан жалт караганга шартылдата шапалак камчы шыбатып, эки жакка тең кайрымсыз каар кылып өтүп баратышат.

Унулдаган, кейиген үн, топурай ээрчиген шарпасы кошул-ташыл.

Токтогул менен Төрө катарлаш, тааныш бирөө көрүнөбү дешкен сыяктуу туш-тарапка алаңдай каранышат, өңдөрү азгын, ой-санаа тобокелге өткөн белем, кабактары жарык экен.

Бүт туткундун кийгени таар сыяктуу одоно кара сокмодон күлө[1], ошондой эле шөлбүрөгөн чепкен, таштан ултаргандай оор өтүк торпулдайт, жондорунда боз баштык, кол-аяктарында кара жынжыр тушамыш.

Ким келет?! Кетмен-Төбө кайда, Анжиян кайда?! Бирок, үмүт болбосо деле көз чиркин улам кайра эл ичин сыдырат, улам кайра алактай каранат, те алыстан кынкыра колун серелеп сүйлөп жаткан кара чапанчанга боолгогондой кадалат.

— Нары! Нары-ы! — деп күркүрөйт, айдоочу бекайбат, шатырата сөгөт, ат темине узун шапалагын шуулдата төбөгө булгайт: — Тез! Тез! Тез ба-ас!

Баары шайдоот, баары кайратман, баарынын муруттары чыйралган.

Шаштырган сайын кара жынжыр тушамыштар шалдырттайт. Таш таман өтүктөр күлдүрттөйт.

Илдиреген кары адам эң артта, эки туткун эки колтугунан сүйөп алышкан, далысы бүкчүйө беталдын мелтейе тиктеп, дилинде «барып өлүп берейин» деген өчөштүк, бар алып үрөй кадам шилтенет. Муну кайда алып барат?! Муну жазалап не табат?! Бир аягы жерде, бир аягы төрдө болгон кези экен го?! Не буга да жалаа табылганбы, те көөнөдөн өлкөнүн өзүнчөлүгүн самаган адам не байкоосуз ийикчи эшендин чөйрөсүнө кабылганбы, бул баягы кайран Исхактын бурадары Өмөрбек болучу.

Тушамыш кишен шылдырттайт, таш ултан оор өтүктөр куртүлдөйт. Ый, кош айтышкан сер кайрат чанырык, каардуу айдоочулардын жекириги, шапалак камчы шартылдайт. Баары аралашып, баары бирдей агылып, сүрүлүп барат.

— Бас! Бас! Ба-ас!

Те четте карап, өз короолорунун эшигинде аңыз кылып шаардын жай адамдары турушат. Күлгөн бир жан жок, ийни кысылган, колдору боорунда, томсоргон эл.

— Өй... — деди Төрө акырын,— Токо, те тигинин өнү жылуу учурайт...

— Кана?..

— Тигине, те көк дарбазанын түбүндө селдейип турган... Малакайчан да экен...

---

[1] К ү л ө — сыртка кийбей турган, үйдө башка каптап жүрө турган бирдеме.

— Эй!—деп жиберди Токтогул. —Чын эле биздин элден экен. Казанбак байдын каралы[1] бу! — Колун серелеп, үн салып калды: — Эй! Эй, Ташкул! Ташкул!..

Ким чакырып жатат аны? Казанбек байдын каралы элтеңдеп каранып алды. «Ташкул!» Ташкул!..» үн тааныш. Тушунан өтө береринде туткун арасынан кол серелегеп бирөөнү көрүп, бирок ким экенин ажырата албай нестейип токтолду.

Э-э, кайран иним Ташкулум,
каниги ишке маш кулум...

Тиги шаңгырай үн салды. Токтогул! Токтогул ушинтип тамаша кылчу эле! Ташкул:

— Токо! — деп, бир айтып, катарлаша чуркай басты. — Токо... айланайын... — Жашып кетти белем, буула мукактана калды. — Э кокуй ай, алып кетип баратабы, Токо?..

Кол алышып коштошуп калайын дедиби, бери ынтылганда муруту чыйратылган каардуу айдоочу шау дедире шапалак шилтей малакайын түшүрө чапты. Чарасыз Ташкул карал:

— Токо... — деп, балача буулдап ыйлап жиберди.

— Кой, катарлаш баса бер,—деди Төрө. — И, быякта эмне кылып жүрөсүн, тууганым?

Төрөнү да таакыйт экен:

— Мал айдап келгенбиз, Төкө...

Сөз таамай угулбай, жол бууган элдин арасынан бип көрүнүп, бир көрүнбөй кетип, бир жакындап, бир сүрдөөң, дө алыстап калат. Төрө кол булгалады:

— Кайыр кош, Ташкул! Ко-ош!.. Элге айтып бар, бизди Шыбырга айдап кетти деп, элге айта ба-ар!..

Кош айтыша албай Ташкул буулдап ыйлады.

Казанбак бандын эшигинде Токтогулга кошулуп жүргөн. Ушул күндө да ошонун колунда, туугандарынын эрден чыгып келген бир кызын алып берип, бай аны бирото. ло темир казыкка байлап алган. Байы экөбү өңкөй сакалы тизесине түшкөн дөнөн[2] ссркеден жүздү бир андап, Анжиян базарына келишкен эле. Бай Казанбак бир кездеги томурайган сары бала азыр ушул туткундардын ичинде баратканын билет, көк каалганын кычыгынан карап, азыр үнүн да угуп, бирок дагы бир балакети илешпесин деп, кымырыла бой жашырып турат.

Көз жашын малакайы менен сүрткүлөп, кайра кейип, кайра сүрткүлөп, улам көгала башы соксоюп көрүпө калып, Ташкул унулдап, бышактап, катарлаша басып келатты.

Токтогул мунканып ырдады.

Бири барпайган түлкү тебетейчен, бири калемпир гүлдүү топусуна түркүн ыран жоолук таңынган, бири чалма чалынган, бири кымкап кийе жанкалган, бири өнүрү жырык шөлбүрөгөн кара чапанчан, бири жер чийген сары тондуу көпчүлүк туткундун мунканган авазын дым боло тыншай калышты.

Канаттуу учуп өтө алгыс,
пенде диттеп бет алгыс
селге кетип барабыз...
Өлсө дарек угулгус
көк айлампа курудум
көлгө кетип барабыз...
өтсө келбес көйкап жай
жерге кетип барабыз...

Эл табыт алып баратканда дым. Көңүл мунажат, оор үшкүрүк. Туткун ыры канат байланып, оволоп, бир сөзү кызыл-көк калдыркан көпөлөк, бири ак үмүт ак канаТ куш болуп, калкылдап, ошол тапта чиркелишкен туткундардын да, эки жагынан агыла ээрчиген элдин да көнүлүнө кыяктын ыйындай сыздаган арман, баатырлар каккан дабыл дүңгүрү кагылды.

---

[1] К а р а л — жалданган жумушкер.

[2] Д ө н ө н — беш жылдык серке.

Оңутун кандай кыламын,
ойлонсом күйүп турамын...
кагылайын калын журт,
бир эле нерсе сурарым:
көрөйүн өзүн жапаны а,
көөдөнгө камап капаны а,
көз кырыңы сала көр
көйкөйдө калган апама...
көк мелжиген бийик жер,
көкөмү көргөн ыйык жер,
томолонуп томуктай
жаш калды жалгыз Топчубай,
наамадан калган кыяк деп,
байкуштан калган туяк деп,
аяктууга тептирбей,
канаттууга актырбай,
жетим тонун кийгизбей,
жетим ашын ичирбей,
накезге күнүн түшүрбөй,
көнкү тууган, калың эл,
көлөкөңө сактай көр...

Эл ичинен унулдаган ый басмырт. Туткундар арасынан көз жашын көк тиктеп кургатып, акырын өпкө кагып баратышат.

— Үн-нүңдү ба-ас!

Атырыла, куйругу сопол атын жулунта темине, көзүнөн заары чачыраган айдоочу өчүгө кыжына шапалагын төбөгө булгалап, шилтеп өттү.

— Үн-нүндү ба-ас!

Уулуу жыландай оводо ийриле ышкыра келип, шапалак шарт этип Токтогулдун ийнинен артылып, мойнуна түштү.

— Бас дейм үн-нүндү!

Узун шапалак кайра шилтенгенде Төрө өз тула бою менен Токтогулду калкалай берди. Шак! Төрөнүн бетинен кан жайылды.

— Чуулдаба-а!!

Тажаал айбат дүрдүгө түшкөн элди нестейтти. Каяша кылар ал барбы?! Кече көргөн күн тиги болсо, бүгүнкү натыйжасы бул болсо, ким гана болбосун үшү тая түшкөн белем, бу куралдары жаркылдаган кутура желигип алган айдоочулардын түрү аны сайын демин кесип, чарасыз тагдырга гана наалыш кылып, баары чуу тура буркурап жиберишти. «О-о, жараткан!..»

— Улуба-а! Чуулдаба-а!!

Тарсылдап көккө мылтык атылды.

Токтогул үн баспай койду. Кайра эрегише, кайра каршыга, таба айткандай чакчырыла дүйнөнүн карама-каршылыгы, кезеги жөнүндө көтөрө шаңкылдап ырдап, мойнунан жошулган канын сыйпап да койбой койду.

Бири кургак, бири суу,
бири ширин, бири уу,
бири бийик, бири пас,
бири кары бири жаш,
бири салкын, бири дем,
бири ашык, бири кем —
оң-тетири бул дүйнөң...

Тикенинен гүл чыгат,
түн артынан күн чыгат,
кара оңот, ак калат,
эски кайра жаңырат,
эки адашкан табышат,
бүгүн болгон жамандык
жакшылыкка обушат —
оомал-төкмөл бул дүйнөң...

— Ба-ас үн-нүндү дейм.

Ырайымсыз соп камчы тажаал айкырык менен кошо ышкырып, улам шартылдап чабылат. Төрө алактап, не ырдоочуну «кой» дебей, не айдоочудан аёо суранбай улам Токтогулду корголой, улам соп камчыга өз тула боюн далбас кыла тоскулайт.

Шак!

Шак!

Бир да туткунду жакыны менен коштоштурушкан жок, колунан даам сыздырышкан жок. Шаардын четинен мылтык кезеп, соп камчы үйрүп, айдоочулар элди токтотту.

— Бас! Үзүлбөй бас! Ба-ас!

Токтогулдун эргиген кашкөй добушу улам алыстап, бирок көзү жашка, көкүрөгү арманга чылана мөгдөп карап калган элдин көнүлүндө улам жаңырыктап, бирде тиринин тилегиндей жүрөк жылыта, бирде өлүнүн кошогундай өзөк сыздата кош жаңырыктап кала берди...

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Жаш токол Шарапат кечки дасторконду жыйнап, казан-аякты жууп, орду-ордуна коюп болгон соң, колун шакарлап чайыды да, эми чаалыкканы билинип, далиске чыкты.

Саал саргылт, толукшуган ай калың дарактын нары жагынан аркан бою көтөрүлүп калган экен. Күндүзгү үн болгон ава бир аз салкынча тартып, ным жыттанып, теребел мемирейт. Те чоң коргондун этек жагынан анда-санда урбака кыркылдап, үргүлөп кеткендей кайра дымыйт. У Шарапат эчтеме оюна келбей, жөн гана серүүнгө бой салып, далистин чарчөбүнө этек басып, көпкө отурду, Толукшуган ай каалгыйт, бейпил түнгө шоокум кылып, кайра ойгонгонсуп, жалгыз курбака чарчаңкы үн салат.

Нары асылган жүзүмдүн түбүндөгү сөөрү жактан адамдын конуругу угулду. «Э, укташкан экен...» деди Шарапат, ошол замат ордунан туруп, жүзүмдүн кара көлөкөсү баскан сөөрү жакты карап, ай нуруна ак жүзү кылайып, кете албай токтоп калды.

Байы Карасакал бай жашы өтүп калган киши, байбиченин көзүнчө кабагын чытып, катаал сыяктанып, өзү жалгыз, ээн болгон убагында Шарапатты кызындай эркелетип, өөп-жыттап, «кагылып кетейин» деп, бир кашык сууга кошуп ууртап койчудай бооруна басып жүрөт. Биринчи күндөрүндө Шарапат кары кишиден коркуп, сакалы сайып, карынын коңурсук жыты көңүлүн айнытчу, бирок көзүнүн агы менен тең айланган жылуу мамиле жоошуткан.

Шарапат акырын басып, сөөрүнүн этек жагына келди. Карасакал алыскы базардан чарчап келген, көзү илинип кеткен белем, байбиче катынга сыртын салып, эки колун жаагына жаздаган бойдон жатат. Кыйгач тийген айдын биртке шооласы көгала сакалын, сур ireңин даана көрсөтүп турган.

Уктай албай жатканбы, шырп эткенди сезип, байбиче катын башын көтөрүп:

— Эмне?! — деди, ырылдагандай кыжыры менен. — Мен жыргадым да сен калдыңбы?!

Шарапат селт эте түштү, тумшукка чапкан сыяктуу, унчукпай кайрыла басты. Катаал күндөштүн: «Сас-сык албарсты өңдөнүп... саксайып аңдып келип калганын... Мунун курттап турганын кантесиң, эртеңкиге чыдабай?!» деген күңкүлү, аны: «Эй, уктатасыңбы кишини?!

Ыя?!» деп, эри кагып койгону артынан угулду.

Шарапат таназарына алган жок, токол болгон күндөн бери мындайды көп уккан, бышы кулак болуп бүткөн, нары да ошол мууну кеткен абышкадан чекеси жылыган бекен, өз бөлмөсүнө кирип, дарчеден түшкөн айдын шооласында төшөгүн салды. Төшөктүн этек жагына отуруп чечинди, шоола чайыган аппак көкүрөгүн өзү эңилип тиктеп, али бала эме элек, бези тарай элек эмчегин өзү кар«алап, кашынып койду. Байы бүгүн алып келип, тиги өч кҮндөштөн жашырып берип койгон атырдан куюнду. Жайма-жай, эриккен, оюн энсеген жаш жубан эки колун чок суна алып, чалкасынан жатып эстенди. Атырдын бурук суган жагымдуу жыты көңүлүн көтөрүп, делебесин козгоп бир кездеги кыз курагын, кыз көңүлүн, арзуусуң эсиңе салып, түркүн кыялга чөктүрүп башын айлантты. Жаш токол өз оюнда ушул азыр тиги мастен күндөшүнө барды да, төшөгүн үстүнөн жулуп ыргытып: «И, карыган албарсты, сага эрдин эмне кереги бар, ыя?!» деп, арык шыйрагынан жерге сүйрөдү, байы: «Ырас гана кылдың да! Бу ант урган же көнүп тынбады, же өлүп тынбады!» деп, ал жактуу болуп турганы көз алдына келди. Өз куру кыялына эргип, өзү күлүп: «Чын эле ушинтсем байкуш кемпир эмне гана болор эле?..» деп ойлонду, кайра иренжиди, эмне үчүн, кайсы жыргалын талашмакчы, ал: «Өлүгүң көрөйүн экөбүнүн тең!..» деп, өзүнчө жийиркенди.

Ошол замат, көп болсо жашы жыйырмадагы чагы, жаштык кашкөй кыялы азгырып, көз алдына кара жалдуу боз аргымак минген азамат жигитти тартты. Жигит алгыр бүркүттөй эңилип, леп өнөрүп, күркүрөгөн кара дайраны жара кечип, те үмүт сыякттуу кылактаган ак чокулуу улуу тоо жакка беттеди. Шарапат жүрөгү опкоолжуп, толгонуп кетти. «Э, бейбак жаным, ушинтип бир күнү көздөн кайым болсом эмне?!» деп көңүлүнө өксүк касырет толду. Эки көзү маймылдын көзүндөй тикирейген, арык, кара сур, өч күндөш бет мандай келип: «У суйкайган күң! Буга кудайдын өн берип койгонун кантесиң! У бетинден бузулгур, төрт теңге...» деген күйгүлтүк үнү кулагына угулду. Төрт теңге! Өч күндөштүн бардык каргышынан ушул сөз катуу. Илгерирек көзүнөн жаш кетчү, эми уккан сайын, эстеген сайын көгүнө таянып, ичине купуя кек жыйыла турган болгон. Шарапат уйкусу качып ордунан турду, бөлмөнүн авасы жетишпегенсип, жүрөгү опкоолжуп лакылдап, эмне үчүн экенин өзү да билбей эшикке чыккысы келип, эргип, жука шайы көйнөгүн жалан этине кайра кийди да, ошол тапта кыял мас пеме беткелди каңгып басып кетүүнү гана самады.

Толукшуган ай небак батыш жакка ооп, сүйрөлгөнсүп чубалып жаткан саргылт чарым булутка аралап калган экен. Жер күңгүрт, курбака тынган. Түнкү сыдырым желге те шыңга теректин башы гана акырын шуулдайт.

Шарпа сезип, коргондун бир капшытындагы аткананын бастырмасынан кечинде таң ашырылып коюлган ат окуранды. Кайда басса баары бир эмеспи?! Шарапат көнүлү ооп, жалаң бутуна салган кепичин таштап, мышык сымал шырп чыгарбай, аткана жакка аярлап басты. Суу себилген муздак жер ысыган таманына жага түштү. Ошол учурда ай чарым булуттан тепчилип өтө берип, сүттөй көөшүлгөн шоола короо ичиндеги тегиз гүлдөп турган алма-өрүккө төгүлүп, көгүлтүр күмүштөй жалтырап кетти. Чоочуп кеткенсип, курбака чардап жиберди. «Э, суйкайган күн! Кайда? Эркек жатат ал жакта!» деп, өч күндөштүн үнү болуп угулуп кетти. Көнүлүн эрегиш ээлеп калган Шарапат токтолбой боюн караңгыга тартып, дубал түптөн басты.

Жарым айдан бери соода менен жүргөн Карасакал байды коштоп, бир күнү да тынч алып жамбашы жерге кенен тийбеген Аман аткананын оозу чендеги такырда тердик салынып, башына ээр жазданып, ыштанынан башка кийими да, жамынчысы да жок, көкүрөк керип, капарсыз уктап жаткан.

Жаш жубандын кумар отун не абийир күтүм, не шарият адеби, не күнчүл эрдин каары жалп өчүрдү белем, эки жагын каранып, ошол тапта өзүн-өзү ууру сезип, бирөө келип азыр этектен бурдай тургандай шашыла кайра жүгүрүп, кирип кетти үйүнө.

Түйшөлүп чексиз санаадан баш жарылгыдай болуп, аптыгып денеси ысып, ал түнү уктай алган жок, таң таштаган мезгилде гана көзү илингендей жатып, көп көр тириликтин убайымынан тышкары бир түшкө кабылды.

Үй ээн экен, эшиктен араң батып, жаркырай күлүп, Аман кирип келет. Зарыга күткөн Шарапат башайы канат калдыркан көпөлөктөй уча туруп, Амандын колун өөп, жүрөгү алеп-

желеп болуп, төөнүн таманындай катуу учураган алаканына жүзүн басат: «Не кечнгесиң, баатырым?..» Амандын алаканына жылуу ным тамат. «Мына, келдим, жан эркем!..» деп, бооруна тарта, жан эрите назик күбүрөйт Аман. Эми эч сөзгө келишке жарабай Шарапат экн колу менен анын күр мойнуна оролуп, эки эмчеги уюлгуган кара түк баскан алп төшүнө кептелип, өзүнүн гүл жыттанган жумшак денеси кучагына кыналат. Төшөгүндө эркелеп, мойнуна, көкүрөгүнө көз жашын сүртүп, эки ийни калтырап, кубанчынан ичтен өксүйт...

Ойгонуп, бул түшү гана экенин сезген соң эми эле колуна келип коно калган бакыттын кызыл кушу капилет селт чоочуп уча качкан өңдүү ичи астейдил сыйрылды. Кийин көп убакка дейре кадимки өңүндө көргөн бир лаззаттуу күнү сыяктуу эсинен чыгара алган жок. Муну эстеп, дагы кошумча кошуп санаага батып, ошону менен кадыресе өз көңүлүн жубантып жүрдү.

Аман үйү да, бүлөсү да жок, курсагы тойгон жерге акы сурабай кызмат кылып, башы оогон жакка басып ку өткөрүп жүргөн селсаяк болучу. Эки жарым кес бойлуу кашы үксүйүп көзүнө түшкөн, эчтемеден таюу тартпаган жырткычтай шар, эсине жамандык сактабаган баёо, эп көкүрөк, аңкоо, кудай дөөнүн күчүн берген. Көптөн бери ушул Карасакал байдын эшигинде жүргөн.

Бир күнү кыйды байбиче:

— Бу күңүң соо эмес, ажы,—деди акырын,— кудай өзү эле сактасын, жигит күткөн кыздан бетер жолун карап, кудай өзү эле сактасын, жанагы селсаяк келеди менен кабагы ачылып, бутунун учу менен жүгүрүп...

Карасакал кемпирин чекирейе тиктеп, итиркейи келип, сөз аягын бүтүртпөй:

— О, арбак урган! — деп сөгүп жиберди. — Эми айта элегиң ушул калды беле, арбак урган?!

— Ишенбесең өзүң бил,— деди кемпир ызага уугуп,— тууп берет деп алдын эле үстүмө бу өлүгүңдү көрөйүн төрт тенгенин кунун, мейли, тиги селсаякка окшотуп «палбан» тууп берсе кубанасың...

— Жап оозуңду!

Бирок, кемпир оозун жапканы менен Карасакал өзү нес болуп, жер тиктеп отуруп калды, ошол замат жүрөгүнө бычактай тийген күдүк кирип, кынжылып, «көргөн болсоң мойнуна кой» деп айтышка батынбай: «Э, балким, чын болсо, эл билген чыгар, эмне сөзгө калдык экен а?..» деп, ирени да карайып, дили да карайып, отуруп калды.

Эртеси Аманды ээн чакырып:

— И, палбан, акыбал жакшыбы? Кандай, жанагы биздин жаман токол курсагыңды тойгузуп, ыя, көңүлүндү алып турабы?.. — деп, сөз чекти бай.

Аман өйдө тиктей берди. Жүрөгү шуу эткен. Карасакал мелтейип, кызарган көзү аны сайын канталап, ирени кумсарып, эрди кымтылып турган экен. Аман башын ийкеди, көзүн алакачкан жок. Карасакал бирдемеге ичинен тынып, ал дагы башын ийкеп, андан нары кепке өтпөйтим калды.

Аман чыгып кеткен соң өкүнө баш чайкап, жүрөгүн митедей жеген күдүгү эми зааргa, күйүткө, ачууга айланып, жаак териси тырышты. «Селт дей түштү го, кызыталак! Бир балакети бар экени чын окшойт» деп, бир орунга отура албай калчанды.

* * *

Кең өрөөн мелмилдеп, этеги көгүлтүр мунарык, баш жагы ак карлуу улуу тоолорго такалып, жашыл килемдей кайкалып төшөлүп жаткан. Бул топурагы май жыттанган асыл өрөөндүн кан тамыры кызгылт тарткан чоң дайпа. Жай алды болуп, улуу тоолордун кары эрип, дайра киргиндеп турган кези. Шары окторулуп, жээги майда көбүк бүркүп шарпылдайт. Күн нуруна бети бирде ачкылдап, бирде кара кочкул кан сыяктуу, киргил.

Кан арыктын башына эл чогула башташгы. Мине келГен аттарын тушашып, качыр, эшектерин жашаңга коё беришип, эңкейген кары, көсөм кишилер дайра жээктеп басышты. Кан арыктын алышын дайра алып кеткен эле. Кан арыкка суу чыкпаса бүткүл жакада тирилик токтойт. Эккен эгин, тиккен бак куурайт. Жердин кыртышы саратан түшкөндө сары койдун

терисиндей куйкаланып, чөбү учуп кетет.

— Дайранын түрү бузук быйыл,— деди башын чайкап, аарчыган таяктай арык мурап абышка,— али тартылбады, кан арыкка суу бербес бекен ай.

Берекетти аракет менен таба жүргөн дыйкан эл кыбланы карап, кудай жолуна аксарбашыл атап союшуп, кудайдан ырайым тилешип, андан соң баары жабыла туруп, бир жагы замбилден шагыл ташып, алыштын, аңгек болгон жерине төгүп, бир жагы жоон устундан башын бириктире үч таянч кылып «өгүз» байлашып, шак кыркып басып кириштн.

Бир убакта Карасакал келди, атынан түшүп, суу жээктеп басып улам байланган «өгүз» киргин суунун демине туруштук бере албай сүрүлүп кетип жаткан, ал дагы башын чайкады:

— Бу дайра дагы кан сурап калган экен...

Эл ичинде Аман бар эле, алыш байлашып, удургуй көбүктөнгөн дайрага улам бой уруп түшүп, түбүнө чүмкүп, алыштын этекки кырына таш тоголотуп, тизип, кайра суудан аптыгып чыгып, дили менен иштеп жүргөн. Карасакал тирмейип бир тиктеп алды.

Кан арык канча адамдын канын ичпеген?! Тереңдиги адам бою, эни эки кулач. Жаңы байлаганда да, улам шасыл төгүп, таш курап, «өгүз» койсо да дайра улам көтөрүп агызып кете берип, алыш токтобой, ошондо ырым кылып, «токтоп калсын» деп, Токтобай деген адамды тирилей алыштын түбүнө бастырып жиберген экен. Ошондо алыш токтогон экен деп аңыз кеп кылышат.

Аман суудан чыгып, энткенин басып, күнгө кактап бирпас отура калды. Мунун кара күчүнө, өлөмүн деп ойлобогон шарлыгына, бала сыяктуу элпектигине тен берип, таң калып, бир топ киши тегеректеп алган. Үйдөй таштап өзүлөрү тоголоткондой, кан жыттанган киргил суунун түбүнө өзүлөрү түшкөндөй дуу-дуу. Май алып келишип, Амандын бүткөн боюна кайрадан шыбап калышты.

— Ва-ах, келе, керек жерине куюп коёюн,— деп күркүрөп, майдын калганын көнтөрүп ичип алды Аман жолору аны сайын шатырап күлүп калышты. Аман этине майдан сүртүп, тишин кашкайтып, өзүнө-өзү ыраазы сыяктуу.

— Ва-ах, өрдөк болуп калдың, палбан! Суу эмн сыйгаланып түшө берет. Ва-ах! — дейт жоролору. Жайыктөшү баары түк, жоон мойну эки кулагынын учу менен бирдей, балтыр эти кара таш, булчундары буруюп түйүлүп жазылып Аман жомоктогу чоюн алп өңдүү көрүнөт.

Карасакал жука сарала чапан кийген, сыртынан жашыл шайы жоолук менен шалкы курчанып койгон, кыркма сакалы көгала, тойгон чымчык кейиптенип курсагы салык, Мурап абышка бүжүрөп жанында турат. Бай кабагы салынып, эрди бек кымтылып, кимгедир ичтен кеги ойгонгондой көзү канталап чыкты. «И, мунун эби келген экен!..» деп өзүнчө күбүрөдү. Мурапты четке чыгарып:

— Мейли, мына бу турган журт үчүн... өз эшигимдеги каралым, билесиң, кыялы мына бу турган эл үчүн... Эртең издеп алары, доо кылары жок, бир керекке жараса болгону эмеспи... — деди акырын. Кыйды мураптыи көзү дирт этип тигн капарсыз отурган Аманга сайылды.

Аман бийик кашаттын кырынан тиги борулдап кайнагансып, уюлгуп төө өркөчтөнүп жаткам кандуу дайранын агымына боюн таштап жиберди. Эл чурулдап, жардап карап калышты. Чалкасынан түшүп, калдайып агып, киргил шарда бирде жоголуп, бирде көрүнө калып жөнөдү-

— Акты! Эми чыга албайт...

Бир убакта Аман жайма-жай кулач уруп, нары бетке чыкты да, кайрылып элди карап, колун булгалап, бирдеме деп кыйкырды. Суунун бууракандаган күршарыпан сөзү ажыратылган жок. Карайган ташка барып отурду.

— Оп-по-о! Сезип калган белем? Мунун айтуучусу бар окшойт го, ыя?.. — деп шыпшынды мурап абышка. Карасакал унчукпай, те кол жеткисиз жерде тойгон бүркүттөй далбайып, күнгө кактанып отурга! Аманды тири жегидей заар менен тиктеп туруп калды. «Келет ажаайдаса...» деди ичинен.

Аман жээктеп басып, элдин тушунан өйдө өттү да, купачтап дайрага кайра боюн урду. Кара киргил шарды жаяндай жиреп, бери бетке карай сүздү. Эч ким лам дебей, оюбузду билип коюп кайра тартып кетпесин деп, ичтси гана кыпылдап, күтүп турушту. Тажаал дайра шарпылдап, көбүгү күмүштөй быркыранып чачырап, улам Амандын башына аша жаба берип, кулак

чаңыртып күрпүлдөйт. Аман так алыштын башынан чыкты.

— О-о, азамат!—дешти жардап турган эл. Аман көкүрөгүн кере демигип, тишин кашкайта ылжыйып күлүп, кашатка кайра тырмышты.

— И, карап турсыңарбы эми?! — деди Карасакал. Шооно сакал арык мурап кайда чуркарын билбей дирт эте түштү.

— Тез! —деп зекиди бай.

Жана эле кулактарына шыбырап, ийгерип койгон мураптын жигиттери ireңдери кубарып, үнү жок, сөзү жок, каз канаттап басып келишти. Эми кашаттан чыга бергенде Аманды жыга тартып басып калышты. Аман демигип калган, нары да көңүлүндө эч кообу жок, баягы тыртаңдашкан тамаша деп, карсылдап күлүп, каршылык көрсөтпөй сүйрөлгөн болуп, өзү да ага шерик, ойноп жатты. Жо бирөө күрс эттире боорго тепти. «Сок! Таш менен башка сок!» деп, кимдир бирөөнүн каардуу, кардыккан үнүн кулагы чалды. Ошол учурда оор бирдеме башына күрс, күрс тийип, көзүнөн от чагылды.

Аман өгүздөй өкүрүп, жини келип, жонуна тырмышкан үч кишини көтөрүп туруп кетти да, а дегиче башынан ала салдырып таштап, бутуна илешкен бирөөнү көмөлөтө тепти. Туш тарабын ит камаган карышкырдай оозун ачын, кайсактап, тегерене чуркады.

— Ой! Энеси талактар! Карма! — деп чаңырды Карасакал. Аман селт карап, байдын чакчайган көзүнөн ырайымсыз заарды көрдү. «И-и, бул эмне күйүгөт?! Урдурайын Деген эки бу?!» деген ой тыз келди. Ого бетер тажаалданып, мушташ десе кайдан-жайдан ликилдей тополоңго каптап кирип көнгөн эргул эрдемсип, тоскон бирөөнү көмөлөтө жөөлөп өттү да, жерде жаткан кере кулач суу тал келтекти ала коюп, тушкелди тап берип жөнөдү. Эл дыргып качып, эч ким даай албай жайыла качышты. Аман кыжыры кайнап, ликилдеп желип, түз эле Карасакалды беттеди. Карасакал элге аралап буйтады. Эл «орто жолдо бөөдө тепки жебейли» деп, Карасакалдан качты. Ар кимдин жаны өзүнүкү экен, ушунча журттан кысталышта бир киши аралжы боло албай, Карасакал бүркүттөн корунган коён сыяктуу бөгүп отуруп калды. Аман шап кучактап көтөргөн бойдон, сөгүпгөн бойдон бийик кашаттын кыры нан күркүрөгөн дайранын иримине Карасакалды уруп жиберди.

Эл чур дей түштү. Жамырап баары кашатты көздөй чуркашты. Карасакал дайранын бетинде чамындыдай ала салып, агып бараткан. «Кокуй, акты! Кармасаңарчы, кокуй!» деген үн суунун күршарына аралашты. Ким кармайт? Бирөө үчүн бирөө жан күткөнбү?! Эч ким былк этпеди.

Аман энесин, катынын койбой сөгүп, жээктеп кайра чуркады да, Карасакалга туштап жеткенде окторулган шарга кирип, жээкке сүйрөп, тышка салбыратып көтөрүп чыкты. Карасакал шарылдата суу кусуп, жүстөмөнүнөн ылдый баш болуп жыгылып жатып калды. Аман күңкүддөп сөгүнүп, нары жакта тебелендиде калган терге чириген эски көйнөгүн, жамачы баскан боз таар шымын, тцтылган сары балбагын алып, ушул эл деген топураган көпчүлүктүн биринен гана эмес, баарынан көңүлү калган сыяктуу, артын карабай жөнөп берди. Ким катылат?! Ким жан тартат?! Эч ким кут эте албай, жылаңач зор сөөлөтү зоңкондоп, көптө барып, улам көзгө кичирейип, ийрилген бир таман жол менен кең талаага жетип, көрүнбөй калды.

* * *

Тилмеч өткөн окуя менен тымызын коркутуп жүрүп, Карасакалдын дайра боюндагы бабасынан калган миңдей теше суулуу жерин «сатып алган» болуп ээлеген. Бир жакшылыгы: «Эй, тоң кыргызым! Тоо башында жүрө берип, кыяматка чейин тоо башында кала бересиңби, э тоң кыргызым? Ушундайда, эй, бабандын шүдүгеринен бир тадпактай жер карманып кал, тоң кыргызым!» деп, астейдил көндүрүп, көчүрүп, өзүнө жамалаш кылып алган. Тилмечтин чыныгы аты-жөнүн ушул күнгө дейре билбейт, «бурадар» деп коёт. «Бу тилмеч кызык. Орус арасында крест тагынат дейт, мусулман нчинде селде чалынат дейт» деген сөз да уккан, бирок Карасакал ал ушакка көп да маанн бербейт. Коңшу, кош шайман алышат, соодасы бирге болушат — ага ушул жагы пайдалуу. Бир күнү коңшу:

— Эй, тоң кыргызым,— деп калды адатынча күлө, тамашага саптыра шакебе кылып,

башында саймалуу топу. колунда курма теспе, биртке кыркма сары сакалын сылай,— эй, ушу мусулманбыз дейсинер, а мусулмандын милдети оюңарда жок, ыя?

Карасакал кулак тутуп, сөз акмалап калды:

— И?..

— «И?» — дейт?!—деди. —Мусулмандын беш милдети бар, эй тоң кыргызым. —Беш салаасын санай баштады. —Бир алланын бирлигин, Мухаммад пайгамбардын кадырын моюнга алмак — бу бир. Беш ирекет намаз — бу эки. Отуз күн орозо — бу үч. Бечара менен карыпка кайрылуу, сүннөт — бу төрт. Эң акыры Мекеге барып, ыйык каабага зыярат кылып ажы болмок — бу беш. Ушунун бирин кылбаган, жаки кылууга шайтан моюну жар бербеген пенде бул дүйнөдө мусулман деп эсептелбейт, тиги дүйнөдө таңгы машкүр[1] маалында жамы мусулманга берген пайгамбардын шапагатынан[2] куру калат.

Карасакал андан нары такый албады. Өз тууганынын бири болсо кызаңдашмак. Бу баягы коколой баш тилмеч эмес азыр, бир кыйла тууганын көчүрүп алган, бул жерде бүткүл уезд боюнча кадыры көтөрүлүп кеткен адам.

Бир күнү нары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, ушунун бирөөн да түзүк өтөй электигин эсине алды Карасакал. Тирилик, көр дүнүйө деп, күнү-түнү артынан томолонуп жүрүп, мунун баары ойго келбеген, мына эми «бай» атанып, эл ичинде кадырга мине баштаган чагында жолун тоснюн аласачы сыяктуу бет алдына келди. «Ажыга баруу зарыл, бирок ажыга барганга зарп боло турган дүнүйөсүн өз үйүндө эле бечара менен карыпка, жетим менен жесирге астейдил ыкласы менен таркатып берсе—ажыга барганы ошол, ажысы кабыл болгону ошол» деген жолду да уккан. Карасакал буга ыраазы болбоду «Э, чекеси тердебеген томаяктарга бөөдө бергенден көрө ошол кудайдын ыйык деген жерине чачып баса бергеним түзүк эмеспи?! йе, эмне?! Кудай жакшы көргөнүнөн пендесин карып, жетим кылмакпы?! Кууратканы ошол! Макул, таркатайын жан терим менен жыйнаган дүнүйөмдү өңкөй жатып ичер кара таманга, ыя, ошолор кадырын билмекпи?! Кайра «алдап кеттим» деп кудуңдап, табалап, артын карабай кете берет. Эмне кыласың?! Өз оюн өзү бекемдеп, өзү башын ийкеди.

Тын сууп, күз алдыболуп калган кезде, «Карасакал бай Мекеге кетет экен» деген кабар жайылды. Ажыга жөнөгөн адам кайра келүүдөн үмүт үзөт, келбеске кайыл болуп, коштошуп, эл көзүнчө кепинин жамынып, астейдил көңүл менен кетет. Карасакал да эл чакырып, эл алдында бересесин берип, аласасын кечип, кырып мал сойдуруп, кара ашын өзү өткөрүп, кепин жамынып, катынын ал өлгөндөгүдөй коштуруп, ый чыгарып, өзү да эт-жүрөгү болкулдап, ким билет алыс жолдо эмне капилет иш болуп кетерин, чындап кош антышты.

Эшигинде жүргөн каралы Момун жоголсо пулу, өлсо куну, артынан издеп алары жок кембагалдын бири болучу. Көзүн жаштап катыны, атасы кайда кетип баратканын түшүнбөй томсоруп, жалгыз кызы ушул Шарапат кайып, Момун баш бурбай байынын куржунун ийнине салып, анласыздан көнүп, кошо жөнөдү.

Бир жыл жол жүргөн соң, көп зыяратчылардын катарынан калбай кемеге отуруп, деңиздеи өтүп, андан нары атайын төөгө адам тарткан кирекеч алып кетти.

Жүздөн төө, кербен чубалып, алды-арты көрүнбөй, ар кайсы жерде гана көк жылгын, адырашман көзгө чалынаг, кумсарган кумдак чөлгө туш болушту. Он төөгө бир кирекеч, бир төөгө эки чоң алтыганадан токулган себет теңделген, ар биринде бирден зыяратчы.

Эмнеге келе жатат? Кайсы кылган күнөөсүн кечирүүнү суранмакчы? Маңдайынын тери, колунун чору менеп күн көрүп, өмүр кечирип келе жатпайбы?! Момун теребелди муңкана тиктеп, капаска түшкөн чымчык окшоп, көзү бозоруп, же уча качышка, же түшө качышка аргасы жок, өз эрки менен байланган, ындыны өчүп келе жатты. Карасакал тиги себетте, көптөн бери табы жок, күндөн күнгө арыктап, ireңи кара чүйкөлөнүп, сакалы уйпаланып, агы көбөйгөнсүп кеткен, далысы бүрүшүп, көзүн сүзүп тынч. Экөбүн төөнүн каалгыган жай маңнаны термейт.

Момун саябанды байдын башына кармаиг көлөкө кылып, эңилип тиктеди. Карасакал эрдин бек кымтып, не онтобой, же көзүн ачпай, чала өлүк бойдон. Жоктоо айткансып, Момундун

---

[1] Т а ң г ы м а ш х ү р — диний, өлгөндүн баарын кыяматтан кийин суракка тургузган маал.

[2] Ш а п а г а т – диний, кайра тургузган маалда пайгамбардын жардамы, кепилдиги.

ыйга толуп-ташып келе жаткан көнүлүн аны сайын куса кылып, кербен арасынан төө боздоп да жиберди. Бир аз жүрө түшө алдыңкы төөдөгү алардын кирекечи төөнүн муңун коштогонсуп, көмөкөйүнөн бирдемени созуп, кайгылуу күңгүрөнүп ырдады. Кербен алды, ийрилип, жай илкип, кумдан кумга кете берди.

Тегереги бүт жал-жал кум, коргон сыяктуу болуп калган, ортосунда он чакты гана жапыс там, эки түп курма өскөн бир жерге кербен алды имерилип токтолду. Көнгөн төөлөр «чөк» дегенди күтүшиөй эле, «бу!», «бу-бу-у...» Депкөшөрүп чөгө башташты. Кербен башынын созолонгон шаңдуу үнү чыкты. Минткенинде сөзсүз түштөнүү болот,

Момун жерге түшүп, кеселге үңүлдү. Карасакал эчтемени сезбей калыптыр, эки ийнинен алсыз дем алып жаткан экен. Сол колтугуна колун салды Момун, жүрөгү аран эле бүлкүлдөп турган. «Э, тирүү экен!» деп, аны, сөөгү эле калган бир ууч болуп, балача колуна көтөрүп алды. Кирекеч арап жол чатырын дароо тиге салды. Байды алдына чапан төшөп, башына тебетейин коюп, ичкери көлөкөгө акырын жаткызышты. Ошондо гана ал биртке кың деп онтогонго жарады.

— Баң!.. — деди Момун эзилип, көзүнө жаш тегеренип. Карасакал көзүн ачты, үн беришке жараган жок, көзүн алайтып, чатырдын ичин бир айлантып тиктеп койду. Момун эрдин тнштенип, каңырыгы түтөп, бакырып жибере албай өзүн араң токтотуп: «Э, элден, жерден бөлүнүп, минтип ээн талаа, эрме чөлдө карып болуп өлмөк болдукпу?!» деп, ичтен арман кылды.

Кирекеч кудуктан бир чөөгүн суу алып келди, шор экен, бирткеден тамак нымдаган болушту. Карасакалга ууртатышты. Ушундан соң кечки намаз убагы болуп, кербендеги бүт зыяратчы жерге жайыла конгон кара таансыңары жабыла дааратка отурушту. Карасакал намазга жарабайт. Момун чөегүндү алып, суу менен даарат алайын дегенде тиги киречи арап жулуна келип, ачуулуу балдырап, чөөгүндү анын колунан сууруп алды. Дили кор болгон Момун киречини жакадан алды:

— Кудайдын тун баласы болсоң да, ушу сенден келгенди...

Ортого башка киречилер түшө калып, чатакты көрүп нары жактан кербенбашы өзү келди да, киречиге бирдеме деп катуу-катуу сүйлөп, сыягы жемеледи окшойт, андан соң кайгылуу жылмайып, Момунга сууну көрсөтүп, анан оозун көрсөтүп, «муну ичебиз» дегенди түшүндүрдү да, өзү отура калып шылдыраган майда ысык кум менен колун жышып, бутун жышып, жан жерин сүртүп, «даарат алып» көрсөттү. «Ушинтсе да даарат болот, сууну сактоо керек» дегенди туйду Момун.

Намаздан кийин кербенбашы бир кары арапты ээрчитип келди. Момун эки тизесин кучактап, тар чатырда Карасакалдын баш жагында ой басып огурган. Келген арап табып экен, байдын тамырын кармап, көзүн ирмегилеп көпкө отуруп, анан киречи менен өзүнчө сүйлөштү, баш ийкешти, ирендери суз.

— Эмне?.. —деди Момун табып менен илеше туруп. Табып да анын дитиндегини түшүндү окшойт, «хажь» деп акырын күңк этип, чара жок дегендей башын ийкей, бата кылгандай бырыш жүзүн сылап койду. «Ажысы кабыл болот» дегенди баамдады Момун. Эмне кыла алат? Ошол замат жалгызсырап, бир тууганынан, эгизинен айрылц тургандай аргасыз каңырыгы түтөп, акырын энтигип, көзү. нөн жаш кетти. Кирекеч менен табып унчукпай чыгып кетнштн.

— О-о, жараткан... — деди бир убакта Карасакал оор үшкүрүп, алсыз. Момун жанына сыңар тизелеп отура калды. Эчтеме айта алган жок, акылына бу гөр оозунда жаткан кишини жубатар, жалган да болсо көңүлүн алатссытар эчтеме кирген жок.

— Табып «өлөт» деди го?.. —деди Карасакал.

— Таш оозуна! — деп жиберди Момун.

Карасакал таңдайын «шык» эткизип, Момунду тыйып:

— Кудайга шүгүр... ажым кабыл болот экен... — деди кыңылдап, ушул сөздөк ыраазы болуу да, өкүнүч, армаң да чыкты. Момун анын эки көзүнүн кычыгынан жылтырап келген жашты көрдү.

— Мен сага ыраазымын, Момун. Бул дүйнөдөн минтип менден кайтпаса... тиги дүйнөдө акыбетин табарсың... Ыраазы бол...

Момун үнсүз үңкүйүп, өпкө кага соолуктап ыйлады.

— Ысык уруп кетти... —деди Карасакал каңырыгы түтөгөндөй мукактанып. Эми айыгарынан үмүтү үзүлдү бслем, баштагыдай шылкыйып жата албай, өлүм коркунучу басып, эки көз.ү ачылып, жан тери чыгып, кайра кургап, эти муздай баштады.

— Күл азыктан чайып берчи... — деди бир убакта. Көп күндөн бери наар алган эмес, суу ичсе да шырылдатып кайра таштап, эч аш кыла албай койгон.

Момун тышта кирекеч кайнатуп койгон суудан жан аякка жарым кылып куюп, күл азыктан бир уучтап салып, кашык менен эзе аралаштырып, жылкы этинин майда талканы сууну улам соруп ботко болгондо Карасакалдын алдына тосту. Карасакал бар күчүн үрөп өйдө болду. Момун артына жөлөк коё салды. Карасакал жан аякты алдына алып, же сугунуп кирип жей албай, же кайра Момунга берип коё албай кынжылып, ооз тийип гана көпкө отуруп, калды.

— И, бай, алыңыз оокаттан,— деди кам көрүп Момун, — муздап калат го...

— Момун... — деди Карасакал акырын,— сен эшикке чыгып турчу, кагылайын, бирпас...

Момун ордунан турганда Карасакал айткан сөзүн бекемдеп:

Кирекеч да кирбесин... —деди онтой. Момун унчукпай эшикке чыгып кетти.

Карасакал чатырдын нчин арыта тиктеп, эшиктеги кнрекечтердин кобуруна кулак түрүп, Момундун баскан шарпасы нары кеткенде, шашыла койнуна колун салып, бирдемени сыйпалап, кайра тыш жакты тыңшап, эшиктин көзүн аярлап тпктеп токтолду. Жакын жерде эч ким жок, те алысыракта ботосу өлгөн каймал боздоп жаткан. Карасакал жүрөктөй болгон боз баштыкты койнунан сууруп алды да, эки колу калтырап, кармалап, бирдеме шыгыр эткендей, оозун чечти, колун салып ичиндегиден бир уучтап, кайра чуурутуп салып жиберди. Жылтылдап, алтын тенге бирине-бири урунуп, шыңгырай кетти. Карасакал оор улутунду да, чатырдын эшигине дагы мисирейе тиктеп, бирөөнун капыстан кирип келишинен чочулап, теңгеден эки уучтап боткого кошту да, колу менен мыжыгып, анан бирден алып, боткого аралаштырып сугуна баштады.

Момун көптө кирди чатырга. Карасакал көңүлү ачылгансып калган экен, эки көзү тирилип, чекеси нымшып, Момунду имере тиктеп, байкап койдубу дегенчелик кылып, аяр тиктеп отурду. Ичи өткөн экен.

— Кургактап коёюн... — деди Момун.

— Кудай жалгасын!.. —деп алкады Карасакал бай, анын алдына салган чапанын тышка алпарып, ысык кумга жышып, кургатып келди Момун.

— Кудай жалгасын... —деди Карасакал. — Кудай акыбетин кайтарсын, тиги чын дүйнөдө убайын көр кызматындын, айланайын! Бу карызымдан кутулушка менде эчтеме жок, экөбүз бирдей мусапырбыз, кудайдын ак жолуна жүрүп келаткан кишибиз... Момун...

— Эчтеме сурабайм, бай. Мусулманчылык кызматыма сиз ыраазы болсоңуз болду, бай...

— Элге эсен барып калсаң, элге «Карасакалды өз колум менен кара жерге жашырдым» деп айт. «Кайсы ангекте калды экен» деп, тили суук бирөө артымдан кеп кылбасын...

Момун оорулуунун көңүлү үчүн эле башын ийкеген болуп койду, кайра эсен кетишине көзү жетпей калган, көз алдыНа кырка чокулары ак карлуу улуу тоо, шаркырап аккан тунук суу, боорундагы түркүн түмөн дарагы, көк арча, сеңселген кайың келди, көңүлүнө сагыныч толуп, ал туулГан жерин түшүндө көрүп капилет ойгонуп кеткендей жүрөгү тилингенсип ачышты.

Кербен дайыма түнкү салкында жол арбытат. Түштөнгөн жерде оокат ичер убакта эле Карасакал карбаластайт уламдан-улам Момунду кыя тиктеп, бирдеме айтайын дейт, айта албайт. Момун:

— Бай, жөнөгүчө кыйкайып эс ала бериңиз,— деди.

— Жо... — деди Карасакал,— а көрө, жанагы ботконуң калганын...

— Жылытып берейин...

Карасакал башын ийкеди. Үстүнө жаңы суу куюп, бир аз суюлтуп жылытып келип, Момун жан аякты байыныҥ оозуна кармап, көңүл, кызмат көрсөтүп өзү жедирмек болду. А Карасакал кабагын үйрүдү:

— Сен чыга турчу...

Момун бул эмнеси экенин түшүнбөй, бирок сез кайрыбай тышка чыгып кетти. «Бул

эмнеси? Өлөрүндө адам ушинтип кызганчак болуп, пейли тарып өлөбү?» деди өзүнчө. Тигиндейректе селдейип туруп, жолго камынып опур. топур болуп жаткан кербенди карап, андан соң «эмне кылып жатат экен» деген кызыгуу көңүлүнө келип, акырын басып кайра чатырга келди да, чатырдын бир кыпчылынан шыкаалады. О, шумдук ай! Карасакал боз баштыктан уучтап бирдемени боткого кошту, аралаштырып бирден алып, оозуна сала баштады, жылт-жылт этет. Бир сугунуму колунан түшүп, жан аяктын кырына бир тийип, шыңгыр эте жерге тегеренип кетти. Алтын теңге экен? Карасакал өлө жаздап эңилип жерден алып: «О, кайда качасың, садагаң кетейин?!» деп: «Кимге кыям?! Ичиме кет, өзүм менен кошо жат...» деп, муңканып, боткого кошуп сугунуп жиберди. Момун көрүп турган көзүнө, угуп турган кулагына ишене албай селдейди.

Эмне демекчи?! Шылкыйып чатырдан оолактады. Көңүлү кыра болду. «О, атаңдын көрү! Адам баласы деген ушубу?!» деген өкүнүч жүрөгүн калтылдатты.

Чатыр бүктөлдү. Төө үстүндөгү ордуна Карасакалды Момун көтөрүп барып отургузду, этегин жаап, жакасын кымтылап жайгаштырды, эч өйдө карабады. Карасакал:

— Кудай жалгасын... Менден кайтпаса кудайдан кайтсын... —деп алкады. Көңүлү сынып калган Момун унчуккан жок.

Мойну эки кулач сары нар обдулуп, ордунан леп туруп, кемедей калкылдап кербен катарына чиркелди. Жол узады.

Дагы боздогон инген сыяктуу көмөкөйдөн кайрып, кирекеч арап күңгүрөнө ырын баштады. Бирөөнү суналтып жаткызып алып ага ыман окуп отурган сыяктуу, мундуу өксүктүү туюлат Момунга. Көз жумбайт, эрте жаздагы чымындыктын гүлүндөй кызарып, кучак жеткисиз болуп көлкүлдөп, кумдун кырында томолонгонсуп жүргөн күнгө кызыгып, төөнү чоочута сөксөөлдүн түбүнөн култулдап качып берген келерске бир кур таңыркап, бир кур эки үркүп, төөнүн боздогонун, араптын муңканган овонун тыңшайт. Көзүн жумса эле тоо элестейт, шаркырап аккан суу, Көк арча, сеңселген кайың, үзөңгүгө чабылган жашаң чөп көрүнөт. Туулган жер кадыры өзгөчө билиннп, куса кылып, жүрөгүн өйүйт.

Түн жарымы ченде кербен дагы бир кудукка кез болду. Төөлөрдү чөгөрүп, чатыр тигишпей эле кумдун үстүнө ачык жатып калышты. Момун байды жылуулап, өзү жанына кыңкайды. Күнү кылтыяры менен куйкалап, түнү муунду катырып суук болот экен. Момун бүрүшүп жатып чырм этип, эрте мененки азанчынын созолонгон үнүнөн чоочуп ойгонуп кетти.

Эл шабырашып кумга жышынышып, даарат алып жатышыптыр. Ал дагы эл кылганды кылды. Эл катарына туруп, намаз окуган болду. Бир аздан соң чыгыш жак өрт алгандай кызарып, күн көтөрүлө баштады. Кербен башы дагы табып алып келди. Карасакал көзүн ачып, мелтиреп асман тиктеп жаткан эле. Өлүп калганбы? Момун чоочуп, үңүлө калды:

— Бай...

Карасакал көзүн ирмеп:

— Ыя... — деди алсыз.

Табып тамырын кармады. Көзүн сүзүп, башын бир жагына кыңырайтып, тамырдын согушун тыңшагандай болуп, бир убакта тегеректеп турган кирекечтер менен өзүлөрүнчө кобурашып калды, бирдемени сурагандай. Кирекеч баш чайкап жооп кылды. Табып да башын чайкап, бирде Карасакалды, бирде Момунду тиктеп, уурту жымыйып, түркчө билген жалгыз ооз «якши» деген сөзүн кубанган түр менен бир нече кайталап айтты. «Көңүл улап жатат» деп ойлоду Момун.

Табып кетти. Кирекеч жолго камына баштады. Карасакал бир жамбашынан бир жамбашына толгонду. Эч былк эте алчу эмес. Момун «и, өзүн ырастаганы го өлөр алдында» деп болжоду. Карасакал анын оюн билгендей:

— Мен жакшымын, Момун... —деди акырын. —Ичимдин бураганы басылып калды го... Жакшымын... Ыя, же өзүмдү түзөп жатамбы?..

— Өңүңүз жакшы бүгүн,— деди Момун үңүлүп тиктей. Чын эле өңү куба тартып, көзүнөн от жылтырап, каДыресе тирилип калган эле.

Ошондон баштап Карасакал оңолду.

Бир күнү түштенгөн жерде чоң бейшеби келди окшойт Момунга көтөртүп алып, те

тайлактын өркөчүндөң мойноктонгон ак кумдан нары барып:

— Эми, Момун, сен бирпастан кийин кел,— деди.

Момун кошко кайрылып келди. Карасакал нары караң көпкө үңкүйүп отурду. «Дагы эле ичи токтолбой жатат байкуштун» деп, Момун боору ачып, улам мойнун созуп карап коюп турду. Карасакал үңкүйгөн бойдон. Эл төөгө мине башташты. Кербен алды чоюлуп жолго түштү. Кирекеч чыйпылыктай баштады. Момун экөбү тең моюндарын созуп, Карасакал жакты карашат. Бир убакта чыдамы такыр түгөнүп, кирекеч бирдеме деп катуу-катуу кажылдап, эки колун серелеп, тиги арты жолго түшө баштаган кербен жакка туталана жаңсады. Момун түшүндү да, тез басып байга жетип, көрүп жүрөгү шуу дей түштү. Бай нары карап үңкүйүп отуруп алып, өз заңын өзү эки колу менен тытып, мыжыгып, ичинен түшө баштаган алтың теңгелерин терип, боз баштыгына кайра салып, убараланып жатыптыр. Шарпа сезер замат таш кирпидей жыйрылып, баштыгын койнуна ката коюп, оитоп калды. Көзүнөн ачуу заары чыгып, Момунду кайрыла тиктеди.

Экөөбү тең унчугушкан жок, Момун көтөрүп келип, аны төөгө чыгарды. Кербендин эң арты болуп, ломотуп араң илешип кетишти.

Карасакал күндөн күнгө тыңыды. Өзү басып калды. Түштөнгөн жерлерде өзү оолактап, буйгалап, көпкө үңкүйүп отуруп, кайра келген соң эч кимди карабай.Момунду да карабай, кабагын салган бойдон колун кумга жышып, киши менен сөзгө келүүдөн атайылап качып, түз тиктөөдөн тайсалдайт. Өлөр алдында «өзүм менен кетсин» деп алтынын жеп, эми минтип сакайып баратканда ыйынган жеринен кайра терип алып жүргөндөн өзү жийиркенеби, көрүп койгон Момундан уялабы, же эртеби кечпи акыры элге тарап сөз болуп кетиши жүрөгүн өйүйбү, иши кылып, катуу ой басып калган. Баштагыдай Момунга жалдырап тиктебейт, анын кылган кызматына баштагыдай «кудай жалгасын» айтып алкабайт, кабагы түйүлүп, кайра тымызын жек көрүү сезими ойгонгондой.

Момундун ою өзүнчө. «Э, кокуй, бул дүйнөнүн көйүнөн, жыргалынан, кубанчынаң кечтик деп, ак жолуна түшүп, кудай алдына деп кетип бараткандагы кебетебиз ушубу?.-» деп, ичтен бушайман. Адам деген ушубу? Бирине-бири кылган жакшылыгы, айткан жылуу сөзү, көрсөткөн жарык жүзү, сыйы, берген кайыры — баары келип эки жүздүүлгү, алдоо аракети, сыйкылыгы болуп чыгабы? Момун деги адам атпайдан түңүлүп, өзүнө да ишеними кетип, акырынаап ындыны өчүп, көздөгөн максаты жок, каруу жок бир бечаралык абал чырмады. Каңырыгы түтөйт. Бу дагы көшөрдү, жакында эле «бай ага» деп кадырына жыгылып куржунун көтөрүп, өзүн көтөрүп жүргөн Карасакал байын тиктебей да, сөз ачып сүйлөшпөй да койду. Экөбү кирекеч араптын төөсүнүн эки тең жүгү гана болуп калышты.

Нечен күн тынбай жол жүрүшкөн соң акыры арзыган Мекке шаары көрүндү. Зыяратчылар төө үстүндө баратып, баары бирдей шабыратып келме келтиришип, кай бирөө шолоктоп ыйлап да жиберди.

Эл көп, зыяратчылар эртеден кечке алды көрүнбөй, арты үзүлбөй чубайт экен. Карасакал менен Момун шаардын сыртында кезек келгенче бир жума күтүп, андан соң жеө чиркешкен кишилерге илешип шаарга киришти. Ыйык каабага кирип, көз сүртүп зыярат кылып, чоң мечитине көптүн арасынан намаз окуп чыгышты. «О, жараткан! Тарт жанымы, ажымы ушул жерден кабыл кыл!» — деп, кишилер чын ыкласы менен өлүм тилеп, ыйлап отурушат. Намаз окуп атып, сеждеге баш койгон бойдон кайра турбай томурайып өлүп калган киши көп.

Мечиттен чыгары замат кайырчы, ак урган дувана Карасакал менен куржунчу Момунду ороп калышты. «О, жарандар! Ажыңар кабыл болуптур!» дешип, бир жактан ыйык кабар угушкандай көздөрү жайнап, куттук айтышты. Мындай учурда зыяратчы чөнтөгүнөн алтын, күмүш теңге чачып, бирин дагы кур калтырбайт экен. Карасакал баягы боз баштыгынан бир ууч теңге алып:

— Оозуңа май! Оозуңа май... — деп чачты. Көп кайырчы жем талашкан тоок сыяктуу бапырап терип калышты.

— Ме,— деп Карасакал Момунга эки теңге сунду, колу бүрүшүп,— берип кой өз колуң менен, сүйүнчүң болеун, кайырың болсун...

Эми башка зыяратчынын алдын тосо жөнөп калган дуваналардын эң арткысына араң жетип,

эки теңгени берип калды Момун. Дувана теңгени леп алып, бек уучтаган колу менен эле бата кылган болуп, токтолбой нары жакка шашып аксаңдап басып кетти. Жылуу сөз айтып бата кылып койбогонуна биртке көңүлү ооруй түшүп, анан кыжыры да келип: «Бу кандай? Турган жери кудайдын ыйык Жери болсо, ыя көр оокаттын көйүнөн али кечип кетпей, минтип акактап эмне чуркап жүрүшөт?..» деп ойлонду. Киши кулагы тийишет.

— Эй-э-эй! Э-эй!.. — деп эки киши муңкана үн салып, Жай калкамдап, эки жакты арыта тиктешип, элди аралап жүрөт. Тили башка, Карасакал менен Момун түшүнгөн жок. «Кайыр сурап, ыйлап жүрөт го байкуш» деп гана тим болушту. Ireңи кара чүйкө, быжыгыр кыркма сакал, алагар көз сүйкөнүп өтүп баратып:

— Эй-э-эй! Улу тоого чыккан барбы, улар үнүн уккаң барбы? Эй-э-эй... —деп, басмырт киркнреп, түркчө айтып жооп күткөндөй көп элди сыдыра карап, имерилип басты!

Момун аны ээрчий карап: «И, эмне дейт бу? Эмне кы. лат экен? Улу тоо деген биздин жер. Улу тоого чыкпаган ким, улар үнүн укпаган ким?! Үнүн угуу эмес, этин жегенбиз го!» деди ичинен. Кызыгып, бир чети мактанып койгусу келип, ал кишинин алдын тосо басканда жеңинен бирөө катуу булка тартты. Караса Карасакал экен, өңү бузулуп, жеңинен бурдап кармаган бойдон дегдеңдетип жетелеп, топ аралатып кетти. Четке чыгарып:

— О, кокуй! Талап кетет, этиңди кескилеп кетет, кокуй! — деп кейиди. —Жап оозуңду! Улу тоо, улу тоонун кушу улар касиеттүү делинет экен биерде. Улу тоого чыккандын, улар үнүн уккандын кийимин, өлсө этин тытып, кол жеткени талап алып, тумар кылып кетет экен биерде... — деп түшүндүрдү туталана.

Өзүлөрү токтогон кербен сарайга кайтышты.

— Беш салаа тең эмес! Ээн калган зыяратчыны өлтүрүп, белиндеги дүнүйөсүн тоноп кеткен болот экен биерде. Бирөөнүн канына забын кылуу катуу күнөө. Бирок, карачы, ыйык каабаны бир тегереннп, кудайга мунажат кылса, эр өлтүргөн ошол кишинин ошол күнөөсүн кудай кечип салат имиш?! Жол таап алышкан... —деп, башын чайкан, жолду катар сүйлөп келди Карасакал.—Сен байкаган жоксуң, мечитте намаз окулуп бүткөн соң бир түрү суук неме келип, мага «кудай жолуна деген дүйнөңүз болсо, аны бул жерге алып келбесеңиз да, өз жериңизде калса, канча, каерге көмүлгөн, чынын айтып, мына ушул ыйык мечиттин дубалына жазып койсоңуз да сооп иш» дейт. Көз салсам чын эле дубал чыбырала жазууга толуп кеткен экен. «Колуңуз кат билбесе, айтың мен жазып берейин соопчулукка» деп имерет. О, илгери бир бай ажыга барып, быяктагы көмгөн дилдесин сообун алам деп жазып койгон экен,, ажыдан кайта келип караса өзүнөн мурда келип көөлөп алып кетиптир дейт. Ошону уккан элем, «үйдөгү дүнүйөм үйдөгүмө» деп койдум. Карачы...

Кербен сарайдын оозунан кнрекечтер тосуп алышты. «О, хажи!» дешип, сүйүнгөндөй жылуу жүз көрсөтүшүш эми булар кечеги зыяратчы мусапыр жолоочу эмес кудайдын ыйык жерине сыйынып чыккан ажы деген кадырлоо

мамиле билднрип, экөбүнүн тең этегине тооп кылышгы. Карасакал ireңи нурланып, атына «ажы» деген атак кошулганына кубанып, кирекечтерге теңге берди.

— Ме,— деп, Момунга дагы эки теңге карматты,— бегилигиң болсун, эми мындан нары сени дагы «ажы» дейт, ажы ажыдай сөөлөт күтөт!

Үч бүгүлүп, ыракмат айтып, жылмаңдашып, кирекечтер ыразы болушуп, дикилдеп чуркап кызмат кылып калышты.

Эртеси күнү дагы баягы мойну бир жарым кулач сары нарга эки тең болуп, эки ажы канра жолго чыгышты. Убада кирекеч кайра деңизге жеткирип, кемеге отургузуп кайтмак.

Төө үстүндө термелип келе жатканда да, алагар көз араптын «улу тоого чыккан барбы, улар үнүн уккан барбы» деген үнү Момундун кулагынан кетпейт. «Ушул ыйык Мекке шаарынын өзүндө улу тоого чыккан бирөөнүн этегин, этин кесип тумар кылгысы келип жүрүшсө ошол улу тоодон биз бул жерге эмне нздеп келдик экен?..» деген ой тооруйт. Бирок, бирөөнүн куржунун көтөрүп келип, кудан менен пайгамбар үн алышып сүйлөшкөн ыйык жерге келип, зыярат кылганына, мусулманчылык бир милдетин өтөгөнүнө ыраазы. Бул кубанычына биртке алаксыйт.

— Мына, эми, Момун,— деп сөз баштады Карасакал кабагы жарык,— жакшынын

шарапаты жугат, жамандын кееепети урат деген, мына менин куржунчум болуп келип, жети атаңдын түшүнө кирбеген ыйык жерге келдиң, мусулманчылык бир милдетиңди өтөдүң, ажы болдуң мендей эле.

— Ыракмат, ажы, кудай эки дүйнөңүздү берсин! —деди Момун. Бирок, «менин куржунчум болуп келип» деген сөз жүрөгүн сыдырып өттү.

— Эми, кудай буйрун элге аман жетсек, убайын көрөбүз. Эл кадырлайт, этегиңден өбөт, «ажы аке» деп айтканыңды эки кылбайт!—деп Карасакал өзү да кубанчын жашыра албай, уурту тартыла жымыйып, эки көзү жайнады.

«Э-э, ажы атанып барыш үчүн, убайын көрүш үчүн келген экен го бу!» деп, таң калып, Момун байкатпай жакасын карманды. Шариятка салса Карасакалдын ою арам болуп чыгат.

— Мейли,— деди Карасакал бир убакта, суз — ичкеп азыгың, төөнүн киреси менин тенимден эле кетсин, куржун көтөрүп, анча-мынча кызматың өтүп жатат, кайырым да болсун, мейли. Өз колуң менен алган экиден төрт теңгең мойнуңа карыз, Момун. Кудай жолубузду ачып, элге аман жетсек, кыстабайм деле, табатута берерсиң, ушуну эсиңе тутуп кой...

«Өзүңүз бердиңиз эле го, сураганым жок эле го, өзүмдө жок болгон соң сенделген арапка карызга алып бергидей мени кудай кыйнаптырбы?» дешке Момуң жарагаң жок, кирпигин кыймылдатып, башын үнсүз ийкеп тим болду. «Болуптур да, карыз болсом болгонум ошо да! Ушунча зыярат кылып, төрт теңге кайырым болбосо эп эмес, мейли...» деп, өзүн өзү жубатты.

Те алдыдан төө боздоп, кербен алды куу чөлдү аралап, бирде дарактуу шаар сыяктуу күдүрөйгөн, бирде башыаягына көз жетпеген деңиз болуп көлкүгөн, эми жетебиз деген сайын нарылай берген көк мунарыкка беттеп жол узады. Ичине түгөнгүс арман толгонбу, а жөн эле уйкусуң алаксытканыбы, кирекеч арап дагы көмөкөйдөн уңулдап, муңдуу овонун кайра созду. Жүрө-жүрө отуруп, ал муңдуу овон Момундун чөккөн көңүлүнө бир тамчыдан тамып, бирден сүртүлүп отуруп, өпкөсү толгон бала кылып, каңырыгын түтөттү...

Көп жыл өттү андан бери. Карасакалдын көксөгөнү колуна тийген. Касы да, досу да «ажы ата» дешип, акарат кылуу, айтышуу тургай ыйык көрүшүп, анын акысын жемек түгүл үстүнө үстөк, кошумча коюп кутулуп, көңүлүн алууга умтулат. Момун кембагалды «ажы» деп эч ким атаган жок, өзү да «мен дагы ажымын» деп жулунбады, баягы эле кембагал Момун бойдон, Карасакал байдын бакчасын багып, жалчы бойдон калган.

Төрт алтын теңгени кайдан тапмакчы Момундай адам?! Иши менен, күчү менен кутулмакчы болгон. Бирок, жыл сайын мейнетинин акыбетин эсептеше келгенде, Карасакал анын ичкен оокатынан, кийген чарыгынан, катыны менен бой жетип калган кызы Шарапаттын кийиминен ашырбай таштайт. Жылда кутулам деп жүрүп, МомуК кулагы кесилбеген кул болуп калды.

Оор мейнет басты, далысы бүкүрөйүп, арыктап, алдан тайды, карыды. Өз алдынча жүрүү, корунбай өз оюн сүйлөө, өзүнчө дос-кас күтүү, бирөөгө күнкор болбой, бирөөдөн карыз албай, тапканына каниет кылып өмүр өткөрүү адам баласы дегенге өтө кымбат, зарыл экенин сезди. Аны сайын дили кор болуп, бу жарыктык дүйнөнүн өзүнөн жадап, көңүлү тарыкты.

Бир күнү Карасакалга келип:

— Эми, ажы, мен кетейин, өз оокатымды кылайын, деди.

Төрт теңге менен жынжырсыз байлап алган Карасакал тиктеп калды. «И, бу бир жерден казына тапканбы?» деген ой келди ага. Башын аяр ийкеп:

— Мейлиң, ажы,— деди,— баягы арзыбаган төрт теңгени ойлонуштур, тиги дүйнөдө жакалашып жүрбөй турган бололу эки ажы.

Момун башын ийкеди, үңкүйүп отурганынан баш көтөрбөн. Карасакал аны «ажы» деп коюучу. Момун этибар алчу эмес, ааыр кор болгон көңүлүнө какшык, мазак болуп тийди.

— Эмне аласыз төрт теңгеңизге?

— Э, кара баштуу киши алмак белем?! Төрт теңгеме төрт теңге эле алам, мейли, сүт кылып туудуруп отурбайын, сага кайырым болсун.

— Төрт теңгем жок. Кара баштуу киши алыңыз, кутулайын сизден!

Карасакал мелтейип тиктеп калды. «Буга бирдеменин эпкини тийип калганбы?» деди ичинен. Момун тике карап:

— Жалгыз кызымды алыңыз! Кара баштуу киши деп ушуну айтабы, же... — деп, эрди титиреп барып, буулуп токтолду.

Карасакал таң калды, боору ачыган жок, ичинен кымылдады:

— Мейли, бирок, ажы, кыз меники болуп калат, айтып коёюн, кийин анын тагдырын кандай жайгарсам өз ишим болуп калат, кейибей турган бол, мусулманбыз экөбүз, ыраазылыгың болсун астейдил.

— Э-э, бай,— деди Момун майышып,— кайсы мусулманчылыкты, кайдагы ыразылыкты айтып отурасыз, кудай кутултпады, кызым куткарсынчы сизден...

Ошол эле күнү Момун уңшуп ыйлаган зайыбын колунан жетелеп, башы ооган жакка басып чыгып кетти.

Кызы катары бир жайлуу жерге күйөөгө берип, өзүндө перзенти жок эле, ата мээрин көрсөтсө да болмок, бирок бышкан өрүктөй тамылжып, гүлдөй жайкалып бойго жеткен кызга лабизи өрттөнүп, Карасакал өзүнө нике кыйып токол кылып алды. Жанагы өч күндөштүн Шарапатты «төрт теңге» деп кордогону ушул болучу.

* * *

Кен-Рабат кыштагы жымырап түн жамынган. Ар жерден жылтылдап кечки от жанат. Те алыста коңкулдап ит үрүп коёт. Үн алышып курбака курулдап, кол арыктагы биртке суу бир кунунда шулк-шулк агып жатат.

Аман кыштактын чет жакасында бозоруп турган жапыз тамга барды. Коргону жок. Күл дөбөсүнөн ит үрүп чыкты. Жакып тышта жаткан экен, эшигине киши келсе итин кет деп койбогон айып эмеспи, башын көтөрүп, «о, кет» деп бир жагы бу беймаал жүргөн ким деген күдүк кыял менен тиктеп калды. Аман ыкшала басып барып, салам айтты Жакып тааный коюп, «кел, кел» кылып, өйдө болду. Аман төшөктүн четине кол коюп тизе бүктү да, эмне дейт, арыз кылабы, мактанабы, эчтеме оозуна кирбей эки ийпи тушүп салбырап отуруп калды. Жакып да «и, алың кандай» деп жай сурай алган жок, ошол тапта А.манга таба болуп угулмак, кан арыктын башында болгон окуяны өз көзү менен көргөн.

Жакып өз алдынча карды ток адам болучу. Мойнуң буруп:

— Эй,— деди тамы жакка,— апкел даяр бирдемең болсо.

Чын эле даяр экен, зайыбы тегелеки сүзүлгөн таруу бозону чоң жыгач челекке жык толтуруп көтөрүп келип, ортого коюп кетти. Жакып чөмүчтөп бозодон өзү алдынан бир жутту да:

— Уа-ах! — деп тамшанып, ошонусу менен бозосун мактап, Аманга карады. — Кана, ачууну да, кайгыны да ушул басат, тарт, кайраным! Бул эр ашы. Кеселеп, чүпчүңдөп отурабызбы, тарт челеги менен!

Аман же ийменип, же токтолуп турган жок, челекти кош колдоп көтөрүп, кекиртегин кере-кере шыңгытып жутуп кирди. Бир убакта аптыгып, демин алып, челекти жерге койду. Жакшы чыккан таруу бозо жарым болуп калган экен.

— А түзүк! Күч көтөрөт да... —деди Жакып ыраазы боло, ал буга таң калбайт, бу мелдешип бир отурганда жүз дүмбүл, он нанды кургак жеп туруп кеткенин билет. Эми, саал курсакты ылдыйлатып туруп, шашпа, тартып ал, кайраным...

Кардынын киричи жазылып, күчтүү бозо дароо ичин ысытып, жаны жай ала түштү белем, Аман эми эки жакты тиктеп, көңүлү да көтөрүлүп, тирилип калды.

— Э-э, кайраным,— деди Жакып,— кудайга ыразы бол, кудай сени бир жагынан кем кылбаган, кудай сага дөөнүн күчүн берген. Көргөн калыс журт тен койду сага!

Аман унчукпай, бозонун калганын дагы дем албай бир тартып түгөттү.

— Бир жаман жериң — жантак аймап талаада жүргөн төөдөн бетер олдоксонсуң, баёосуң. О, кокуй, бул заман шумдун, күчтүүнүн заманы! Жыгачтын жумшагын курт дейт, адамдын жумшагын адам жейт. Карасакал ажыга эмне кылган жамандыгың бар эле?! Эч жамандыгың жок, а тугул кара курсагың үчүн эшигинде катуусун камсып, жумшагын жууруп кызматын кылгансың! Ошол баёолугундан, жумшактыгыңдан пайдаланып, сурап алары, куну жок деп, алышка бастырып жибермекчи болду. Уктуңбу? Бугүн аз жерден алыштын тубүндө кала бере

жаздадың, кайраным! Көрүп ал, сени ким аайт, эч ким аябайт. Өзүң этият бол, өзүң мыгым бол. Эй, эл мышык болуп кетсе сен ит болуп тап кой, эл түлкү болуп кетсе сен карышкыр болуп кубала!

Аман үн катпай, сөзгө аралашпай ормоюп тиктеп отуруп укту. Каны дүүлүгүп, жүрөгүнөн кектүү, ырайымсыз тажаал жырткыч ойгоно баштады.

— Бу көкүткөнүм эмес, эскерткеним, Аман! — деди Жакып. — Дагы ичесиңби?

Аман башын чайкады да, унчукпай ордунан туруп, кайырлашпастан кетип калды.

...Кара жолдун боюндагы кичинекей чайканадай жарык чыккансыйт. Ичинен сөгүшкөндөй жаңжуң үн угулду. Мындайдан эч кыя өтө албаган Аман ачык турган дарчесинен барып карады. Уй мүйүз тарта отурушуп алышып, бүткүл дити ортого карчалган төрт чүкөдө, бүлбүлдөп калган алсыз шамдын жарыгында көлөкөлөрү те шыпта коркунучтуу караңдап, беш киши кумар ойноп отурушат. Төрдөгү орто жашаганы чүкө карчагандын колун үндебей тиктеп, сабыры суз, же колу оңдуу жүрбөйт, же уттурган сыяктуу. Этек жакта жаагы шимирилген, мурду чуштуйган бирөө чоң шамшар бычагын кармалап, курчтугун сынайбы, кээде учунан тиштеп көрүп, тикесинен жерге таштап жиберип, уйкудан калгандай канталаган көзүн жүлжүйтүп, быдырын бүт уттуруп, оюндан чыгып калган окшойт, ирени ант ичкендей кубарып, эмне кыларын билбегендей. Додолонгон кагаз акча. Баарынын көзү чакчайып, бирине-бири ишенбей, алдыртан ырайымсыз тиктешип, кол калтырап, биринин кыймылын бири акмалайт. Тумшугу сары жез кындуу бычактарын кынынан сууруп алдыларына таштап коюшкан.

Ичинде угуту, ызасы бар Аман, нары да кызыгып кирейинби деп сурабай эшикти карс ачып кирип барды. Эшиктин ич жагында бирдеме калдырай түштү, сыягы дембе салып коюшкан окшойт. Кумарчылар баары жабыла нестейип карашып, сестене калышты. Ирени бир башка одурайып, уксөйгөн каштын алдынан эки көзү шамдын алдынан жалтырап, биртке кара сакал-муруттун арасынан тиштери кашкайып, далысы каалганы бүт жаап, төбөсү шып тиреп, кумарчылардын көзүнө жомоктогу кара дөө капилеттен кирип келгендей сезилди.

— И-и, — деп, тийишкиси келгендей кытыр күлдү Аман,— ортоңор толсун!

Кумарчылар эми жек көрө тиктешип, кабактарын үйрүп калышты. Оюн бузулбасын дедиби, же бу дөө сөөлөт айбандан чындап эле чоочудубу, төрдөгү орто жашаган кумарчы:

— О, кел, палбан... — деди ооз учунан, бир көзү чалыр экен. Аман күлгөн болуп, эки көзү ортодогу акчага түшүп, ал эч качан төргө өтүп көрбөгөн, этек жакка келип, тэөчө колжоюп тизе бүктү. Чалыр көз бир кыя тиктеп: «Э, пул токтоор бир кыпчылы жок бу селсаяк эмнеге келди?!» деди ичинен.

Оюн кайра башталды.

Чалыр көз чүкөнү өз колуна экчеп, эң артында мурду чуштуйган неменин кезмети экен, ага карабай:

— И, саламчыдан баштап көрөлү, кана,— деди Аманды мыскылдап тиктеп. Аман эски чүпүрөк белбагын чечип койду.

— Йе, жырык тыйынга өтөбү мунуң?!

— Ташта!

Чалыр көз көзүн ыкшырайтып, кемсинтип:

— Кел э палбандын белбагына! — деп, төрт чүкөнү карчап жиберди, төрт чүкө бүт конуп калды, бул утук: — йе, бу да болсо каскак! — деп кыйкырып, Амандын белбагын алып, тизесине басып: — И-и, эмне тасмыяң бар дагы? Ыя?.. —деп, эки ийни солкулдап, мазактап күлдү.

Аман терге чириген эски көйнөгүн башынан шыпыра баштады. Көйнөгүн да чаптырып, шагы сынгансып отуруп калды. Кумарчылар шагырап күлүштү. Чалыр көз эми мурду чуштуйган кезметтүүгө карады:

— И? Сен канчага урасың?

Тиги кубарып, тамшанып, кыйылып турду да:

— Баарына! Баң! — деп, жер муштап жибердй.

— Жо-о, пулуңду көрсөт оболу, канча болсо ошончого чап,— деди чалыр көз айласын курутуп,—шарт ошол, балам?

— Баң! — деди тиги көшөрүп.

— Катыныңды саясыңбы?

— Сайдым! —деп кыйкырды чуштугуй мурун дагы жер муштап, безгек болгондой заматта калчылдап кетти. Чалыр көз кыңырылып турду да:

— Мейли! Кара баштуу адамга чүкө карчагам деп айта жүргөнгө жакшы. Мейли! — деп, оштонуп, эми анын да ирени кубарып, ортодо үйүлүп турган дүнүйөнүн күйгүлтүгү аны да кыстап, жөнү жок шайырдана күлгөн болуп, чүкөнү дувалагандай сүвсүвлөп туруп: — Дарткем! — деп, чар этип, карчап жиберип, алаканы менен төшүн күрс дедире чаап калды.

Көз деген ак гүлдүү чыттай алачакмак болуп, заматта төбөлөрү бириге түшүп, баары эңилип карашты. Утук! Төрт чүкө төртөө тең бирдей томурайып бөк жатып калган экен.

— И, көзүң болсо көрүп ал! Кызыталак... — деди эми жаны өзүнүкү болгон чалыр көз, үнү кекетип заар төгүп чыкты. — Ыя, көрдүңбү? Мени убара кылбай, кызыталак, үйүндөгү ак келинди эртең өзүң жеткирип бересиң эми...

Тиги эки колу менен жер таянган бойдон өйдө боло албай катып калды. Жан териби, көз жашыбы, чуштуйган мурдунун кырынан ылдый сарыгып кетти.

— Бар-ракелде! Ыкыбалыңыз жүрүп турган экен! Шотол бериң эми, Шермат аке! — деп, кумарчылар жаалап калышты. Шотол алуу ошондо эсине келип:

— Э-э, шотолду мына саламчы алат, карап турган киши алат,— деп, Аман кош чеңгелди салып, акчанын баарын алдына тартып басып алды: — И, шотол... шотол... — деп чала күлө.

— Эй! Баарын аласыңбы сен?!

— Сага катын жетишет! — деди Аман күркүрөй. Кумарчынын жини келгенден чалыр көзү чекирейе түштү:

— Ордуна кой пулду! Келдиреген айбан, жөн койсо...

— Эмне?! — деди Аман каны башына дуулдап чыгып, үрпөйгөн кашы ийрилип, чеке териси түйүлө. Бүгүнкү көргөн кордугу бүт кайнап келди дилине. «Эй, эл мышык болуп кетсе сен ит болуп тап кой, эл түлкү болуп кетсе сен карышкыр болуп кубала!» деген сөз кулагына кайра жаңырыктады. Эки көзү тытышкан үкүнүн көзүндөй тептегерек, кыпкызыл болуп кетти. Тиги чалыр көз да далай шумдуктун ичинен чыккан жанкечти көрүнөт, бир уурту кыйшайып, бир колу бычагына жетип, обдулуп сыңар тизелей берди. Аман жаак тарамышы түйүлө тиштенип:

— И, катын тууганбы? Же ит тууганбы сени? Кел, эмне карап турасың, ыя?!—деп, барскандай муштумун көрсөттү. — Бычагыңды көтүнө тыгып коём, шордуу. Мен сагабы жети атаңды мына бу менен эле көрсөтөм!—деп, чап салчу жолборстой кыстады. — Мен айбан а?! Сен акылдуу а?! Пулуңду гана эмес, ушул азыр сенин кекиртегиңди кошуп сууруп алайынбы?!

Тиги майтарылды:

— Болуптур... — деп, үнү калтырап, бардык кегиң ызасын ичине катып, кайсаланып калды. — Мейли, мейли... Дагы жолугабыз...

— Хи!—деп койду Аман эшиктин көзүнөн кайрыла карап. —Дагы жолугабыз? Эмне кылып аласың?!

— Көрөсүң ошондо...

Аман аны сайын өрөпкүп, каалганы буту менен карс тээп жаап кетти. Те короодон анын өзүнчө ызырына сөгүнгөнү угулду.

Мына ушинтип курсактан башка эли жок, курсактан башка жоосу жок, жүкчүл нардай тагдырынын жетегинде тынч жүргөн Аман көз көрүнөө өзгөрдү. Бирөөнүн кылын кымтып ала алчу эмес. Эми тартып алса акысын алгандай, өчүн алгандай мооку кана турган болду...

...Чаалыккан төөдөй колжоюп Аман келатты. Жанында баягы катынын уттурган мурду чуштуйган кумарчы, тайлагындай болуп ээрчип алган. А безери кара тутуп Аманга келип кошулган болучу.

Жолго түшсө чаң ысык, жолдун тышына чыкса темир тикен тырмактын түбүн сыздатат. Аман тоотпойт, ал жайкысын качан бут кийим кийгенин жакшы билбейт, таманы туяк болуп калган, куу кыртышты качырата кечип, эч камырабайт. Берки ташыркаган кулундай бүжүрөп келатты. Өзүлөрүнчө кобурашып сайга түшө беришти. Жакын эле жерде акактап отурган

көккарга «тырраа» деп уча качты. Берки селт эте түштү. Аман камырабай оозун чоң ачып эстенип койду. Буттарын сууга салышты. Шор суу кайнатып койгондой ысып калган экен. Жууй баштапггы.

Ошол тапта тыкыр-тукур угулду. Беркн мойнун буруп, бир топ киши качаган малды кармачудай аларды акырын тегеректеп келатышканын көрүп, оозуна эчтеме кирбей, башын көтөрө албай мөңкөйгөн бойдон селейди. Эспне келе Аманды капталга нукуп, өзү бөрү көргөн көпөктөй бүжүрөп, анын артына өтө баштады. Аман кишилерди адырайып таң калып тиктеди. Көзүнө эң биринчи Шермат кумарчы илешти.

Шермат көзүн ыкшыйтып, мыйыгынан жымыйды:

— О-о, палбан! Кудай жолуктурду го...

— Э, сөздөн айлансын! — деп, капилеттен чыккан чаңырык үн чымчык жарды шарт жаңыртты. Жалт өйдө карап, Аман жардын кырында турган Карасакалды көрдү. Баягы кан арыктын башындагы «И, карап турасынарбы эми?!» деген заар үн азыр кулагына шак этти. Жүрөгү жамандыкты сезип, аны сайын коркуу эмес жини келип, кишилерди үңүрөйүп жат тиктеди. Жоон камчылуу, бир чабар көк тал келтек көтөргөн москоол кишилер кумсарып, эчтеме айтпай томсоруп тооруп жакындады.

— И, карап турасыңарбы эми?! — деп кыстады аларды Карасакал жардын кырынан.

Оозунуп эр көкүрөк бири колундагы өрүмүнэ коргошун өзөк кылган чоң булдурсун менен шилтеп калганда Аман өрүмдөн шап кармап, ошол замат бирдеме тишине илинген жырткычтын жаалы келип, көз ачып жумганча бир силкип, колжойгон азаматтын өзүн аласалдырып түшүрүп, булдурсунга колу карышып кайра тырмышып туруп келе жатканда далы ортого барскандай муштум менен согуп, кайра жыкты.

— Ой! Жабыл! Жабыла карма! — деп кыйкырды Шермат.

Жабыла качырып киришти.

Аман улам алдына келгенин булдурсун менен салып жыгып, колуна кире түшкөнүн бийик көтөрүп экинчи бирине уруп жиберип, аёону унутуп, өзү да жандан кечип кармашты. Көптүн иши көп эмеспи, бири бутуна оролсо, бири жонуна тырмышып, талашкан иттердей жумгалакташып, кымкуут болду. Аман күшүлдөп, бутуна оролгондорду ыргыта тепкилеп, жонуна тырмышкандарды эңкейе башынан ашыра жулуп ыргытып таштап, өзүнүн көйнөгү тытылып, таар шымынын ычкыр кашаты гана белинде калып далдактады.

Жөөгө алдырбасына көзү жеткен Карасакал:

— Ат! Мин атка! — деп зиркиреп, өзү да нары аттар коюлган буйга жакка лыкылдап жөнөдү.

Аңгыча, жеңил кишилерден бир тобу андан мурун жетин, аттарын мине чаап келип калышты. Ошол тапта Аман жөөлөрдү эми кууп уруп кирген эле. Бир тегерене ат желдирип, колуна чалма кылып туруп алган кыл арканды ыргытты. Жыландай ышкырып, жыландай тегерек болуп мойнуна түшкөнү келе жаткан жиптен Аман эңкейип качып, кутулуп кетти. Көзү алактап, нары жакта дагы бирөө сыйыргмагын булгалап чаап келе жатканын көрдү. Аман жар жакка мөңкөңдөп качты. Бир убакта камчы ороло тийгендей шарт деп, сыйырмак мойнуна кийиле түштү. Чалма салган эрдемснй кыйкырып, кыл аркандын бир учун ээр кашына ороп, күчтүү атын теминип жиберди. Аман сыйыртмакты мууиттурбай кармап, дегдеңдеп баратып, чирене тартып туруп, башынан чыгарып таштады. Эми алдастап, жардын суу жырган кобулун көздөй бой урду. Татырата чаап жетип, дагы атчан чалма салууга үлгүрдү.

Туйлаган курч ат теминдирбей атырылып жөнөдү. Аман кыйылдап муунуп, бирок дагы жыгылбай, дагы эле дөө күчү атты тапыратып токтотуп жатты. Кулагы дүнгүрөп жаңжуң алыстагандай болуп, «камчы ур атка, тез» дегең кыйкырык чыңылдап араң угулду, аны сайын жандалбас кылды. Катуу жулкунуп, бир убакта атчанды атынан сүйрөп жерге түшүрүп жиберди. Өзү да балапан сыңары оозун ачып, араң демин алып, эсине келе албай темтеңден калды.

— У-у, ашкебилер ай! — деп, Карасакал кейип, өзү атка тырмышып минди. Кимдир бирөө кыл аркандын учун колуна кармата салары менен, ээр кашына бир имере үзөнгүгө басып, чү деп жөнөдү. Аман чала эсине келип, дагы туруштук кыла баштады, бирок анын эки колу

ырайымсыз муунтуп бараткан кыл арканда болуп калып, Карасакал бай атын жин ургандай сабап, аны жыга тартып кетти.

Бир аз сүйрөп барып, Карасакалдын аты титиреп токтоп калды. Карасакал жыккан теректей сулап жаткан Аманга көз салып, башканы аябаганы менен өз жаны ширин экен, «тирүү болуп жүрбөсүн» деи чочулап атынан түшпөй, кыл арканды дагы эле үзөнгүгө баскан бойдон турду. Шермат келип, Аманды ийинге түртө тээп көрдү. Аман кыймылдай албады. Эми тыноосунан кан кеткен, бүт денеси тытылган, мойну кыл арканга кыйылган.

— И, аңкайып турасыңарбы эми?! Тарткыла буйгага!— деп зирк этти Карасакал.

Кишилер шашылышып, Аманды колу-буттан ала араңдан жылдырып сүйрөшүп, жолдун алды жагына алып түшүштү. Сулап бир эр өлүк жатканы сестенип, мунун да бир эсеби болуп калары көңүлдөрүнө келдиби, баары унчугушпай, бирин бири тиктешпей, тез-тез кыймылдап өлүктүн үстүнө жабыла таш, кесек, таштап, бир паста үйүп жиберишти.

Ошондо гана Карасакал ажы өчү канып, жеңилдене үшкүрүп алды да, атын моюнга бир чаап, эч кимди карабай алдыга түшүп жөнөп берди. Мунун эсебин бул дүйнөдө андан эч ким сурабасын го билет, кудай эсине келди. «Ие, ыйык каабасына дагы бир барып, бир тегеренип кутулармын, көп болсо!» деп өчөшүп, көгүнө таянды.

Таң сүрүп, көктө жалгыз гана сары жылдыз балбылдап турган. Жаңы жорткон сыдырым күндүзгү от жыттанган ысык аваны серүүндөтүп, как куурайларды акырын шуудуратып желпийт. Чоң сайдын боюндагы жалгыз моло аздап айкын көрүнө баштады. Жакын эле жерден торгой чулдурап, таңкы боз жарык оводо кош канаты дир-дир кыгылып, бейкапар кайгып келип молого конуп, бул дүйөнүн ыракатын мактаган сыяктуу кумарлуу, көңүлдүү мукам кайрыды, шайыдай таза караалжын канатын тапанды. Жылан көргөндөй «чыйп!» деп чоочуп, кылак эте уча качты. Ал көнуп отурган муштумдай таш кылдырт деп куланып кетти. Моло түбүнөн козголуп, үйгөн ташъын эн үстүңкүлөрү дагы тоголонуп, моло акырындап жарыла баштады.

Бир убакта Аман көкүрөгүнчө өйдө болуп, кайра абалы куруп, бир азга былк эте албай шылкыйып кайра жатып калды. Өлүм менен таймашып, демин бат-бат алып, онтоого окшогон кыркыраган добуш чыгат. Тырмышып, эмгектеп, корумдан араң суурулуп, бети ачык жерге оодарылып түштү да, күшүлдөп жер таянып өйдө болууга аракеттенди. Чала өлүк жыландай буралды. Өмгөгүн көтөрүп, башын калжаңдатып, үксөйгөн кашын жыйра бет алдын тиктеди. Шаңкайып турган жарык да, кең дүйнө да анын көзүнө үңкүрдүн төрүндөй кара күүгүм көрүндү. Ал ажайып дүйнөнү тааныган жок. «Суу!..» деди көкүрөгү, үнү чыкпады.

Ошол күнү эл аягы тынган маалда Жакыптын ити чаяланып үрдү. Эшиктин алдына бирөө басып келгендей бслду. Жакып ичкери эле, ордунан туруп:

— Ким бу? — деп үн салды, жооп болгон жок, эшикти ачып, энеден туума жылаңач турган Аманды көрүп, жүрөгү шуу эте каалганы кайра жаба койду. Эсике келип, деңдароо тартып токтоло калды. «Жаке-е...» деп тыштан онтоо угулду. Жакып тышка чыгып:

— Ой, сага эмне болгон, кудай урган?! Коку-уй, сыйрытып жибердиңби? — деп үйрүлдү. Жер таянып, демин араң алып, үңкүйүп отурган Аман үшкүрүп койду. Тула боюнда тамтык жок, башы жарылган. «Бу дөөгө ким батынып сыйрымак! Бир балакетке жолуккан экен!» деп, боору ачып Жакып үйгө көтөрүп кирейин деп Амандын бир колун мойнуна салып, көтөрмөк түгүл ордунан былкылдата албай тыртаңдап, «о, тегирмен таштай болгон кургур ай» деп, башын чайкады. Аман өзү обдулуп тура:

— Жаке... — деди арыз айтчудай майышып. Жакып колтугунан сүйөдү:

— Унчукпа, палбан, уичукпа. Эсиңе кел, бир аз оңолуп, анан айтарсың эмне болгонун. Кана, акырын, үйгө басчы. Эчтеме эмес, эр жигиттин башына нелер келип нелер кетпейт, кээде, атасынын көрү, өлүм да келип кетет.

Үйүнө алып кирип кетти.

Ошол эле күнү Жакып көк бычан берип багып отурган куйруктуу кара иригин союп, Аманды терисине ороп жат кызды. Семиз койдун жаңы териси адамдын этинен келтектин уусун соруп алат, жанчылган булчуңга жан киргизет дешет. Эч кимге айтпай өзү табып болуп карады. Каныңкайра толтурат, күч киргизет деп, суу деген санын тегелеки бозо жуткуруп отурду. Эң оболу Аман алпыгып, эти ысып чыкты да, бир убакта бирткелеп нымшып, андан соң

түнү бою көк-шал болуп тердеди. Эртеси терини алып, алды-үстүн кургактап, аздап тузу жок жаш сорпо ууртатып, кайра жаткызды. Чыпчаң жарым айдан соң гана тыңып, өзү ордунан турууга жарады.

— И, кана, эмне болду, эми айтчы? — деди жан отуруп, бир жагы Аманды айыктырып алганына өзү ыраазы Жакып. — Кайдан жүрүп минтип...

Ireңи али купкуу, каны жок, жаагы шимирилип, кашы аны сайын үрпөйгөнсүп, эки көзү кесесине кирген, эки тизеси, эки чыканагы оркоюп чыгып өтө арыктап калган. Жаак тарамышы тырышып, тиш ачпай кеги ичинде.

— Жаке,— деди Аман акырын,— мени эч ким көргөн жокпу?..

— Жок. И?..

— Мен анда кетейин, сага салакам тийип калып жүрбөсүн. Өлтүрүп көөмп салган жерден туруп келдим...

— Ие, кокуй!.. — деп чочуп кетти Жакып.

Аман эрдин бек кымтып, бет алдын теше тиктеген калыбында катып, акырын баш ийкеди:

— Бул иштин акырын уга жатасың кийин, Жаке...

Кечинде эл аягы басылганда, Жакыптын эски дамбалын, эски көйнөгүн кийип, батпай көйнөктүн далысы айрылып, эки чыканагын, дамбал тизесин араң жаап, куду көк кытан сыяктуу шотоюп Аман эшикке чыкты. Жакып тамынын бурчуна чыгып узатып, «абайлап жүрө гөр, абайлап» деп күбүрөп, баш ийкеп коштошуп калды. Аман арбаңдай басты. Бою шырыктай узарган, ireширеде кыйла кылактап барып, бир убакта ымыртка жетип көздөн кайым болду.

...Карасакал асылган жүзүмдүн түбүндөгү баягы такта сөрүсүндө салкындап, оор этин жалаңдатып, көйнөк-ыштанчан жумшак жаздыкка чыканактап, же үргүлөп, же ой басып жатканы белгисиз, көзүн сүзүп тынчып аткан эле. Эки катыны анын этек жагында эки бутун укалап отурушат.

Карасакал буттарын тартып алды да, үшкүрүп, жер таянып өйдө болуп:

— Төшөгүңдү сал,— деди токолго, демек бүгүн аны менен жатмакчы болгону. Шарапат унчукпай тамга кетти.

Кары катындын ичи күйдү, бирок ырайымсыз камчыдан жүрөгү өлгөн неме чатак чыгарышка батынбай кынжылып отуруп, муңканып сөз айтты:

— О, жараткан ай, «төшөгүңдү сал» деп! Ирегеде күң катары эле жүрө турган бейбакты катын катары көрүп, төшөгүнө жатып, мага тең кылып... Мени кор кылдыңыз, ажы. Мен деле жаш болгон элем го бир убакта?! Же ireңим кем беле ушундан?! Эми минтип, жашым өтүп калган чагымда сый ордуна кордук көрсөттүңүз, ажы. Мен өлөм, асылып өлөм...

Муну көп уккан, Карасакал эч таназарына албай, унчукпай ордунан тура баштады. Кары катын ушул азыр жакасына асылып, колуна өлүп бергиси келип, октоло тиктеди:

— Менин кемдигим балам турбаганы! Кантейин, кудай бала бербесе, колун менен жасап алалбайт экенсиң?! Бу жалгыз менин күнөөмбү?! Ыя, өзүңүз «бала берсең дана бер, дана бербесең кызыл этиңде ала бер» деп, кудайга күнөөкөр болуп, мен сизди эмес, сиз мени куубаш өткөрүп убалыма калып жүрсөңүзчү? Кана, эки жыл болду го, жаш катыныңыз эгиз тууп жибербеди го?!

Карасакал нес болуп токтолду. «Суу сийдик», «куу баш» деген сөздү укпаган, мынчалык катуу, заар сөз экенин сезбеген. Чын эле, жаш катындын али боюнда жок.

Жылдызы жерге түшүп, кепичин бутуна араң салып, жука чапанын желбегей жамынган бойдон теңселе басып, сөөрүдөн түшүп кетти. Кары катын бышактап, билиги кызарып чок болуп бүлбүлдөп өчүп бараткан кара чырактын жанында шүмүрөйүп отурган калыбында жалгыз отуруп кала берди.

Түн бир убак, алты паксалуу бийик коргондон ичкери Аман күп этип секирип түштү. Ит чоочуп үрүп барып, Аманды таанып унчукпай шыйпаңдап калды. Аман дубалдын түбү менен аярлай басып, алды бастырмалуу чон атамдын эшигине жетти. Өз кулагына өз жүрөгүнүн дүкүлдөп соккону, жакын эле жерден кимдир бирөөнүн солуктаганы угулду. Карасакалдын кары катыны экен, байкуш бир чурпөсү болсо мурдуна жыт кылып, эрмек кылып алаксып, байынын карасына мынчалык зарылмак эмес, дагы эле жатпай, өзү жалгыз ээн үйгө жата да

албай, өз арманы, өз күйүтү менен үкүдөй түн сактап, тигилер жаткан бөлмөнүн эшигинде отурган. Аманды көрүп, «ой вай» деп Чочуп, ордунан тура калды.

— Байбиче, ажы кайда? — деди Аман акырын. Кары катын Шарапаттын бөлмөсүн колу менен көрсөтүп утуру бетмаңдайындагы эшикке кирип кетти. Өзү Шарапаттын бөлмөсү күңүрт жарык экен. Текчедеги кара чырактын билиги түгөнүп, өчө тургандай үлбүрөп чогу кызарып араң жанып турган. Төшөктүн этегинде бип килейген сарала мышык кырылдап уктап отурган экен Аман шипширгени[1] жулуп ичкери кирип барганда чоочуп булак этип караңгы бурчка өтө качты.

Биртке тердеген соң жаңы эле көзү илинген Карасакал шырп эткенден кайра ойгонуп, көзүн ачып, так үстүндө үңүлүп турган Аманды көрүп, оозу ачылган бойдон ката түштү. Ал өйдө боло көчүгү менен нары жылды:

— Сен кайдан?.. Сен кайдан?.. — деп, эси кетип, жамынчысын колуна илештире албай, акыры колуна да илештирип, аны чүмкөнөйүн деди, ошого далдаланайын деди. Аман жамынчысын жулуп ыргытты:

— Тур бери! Тиги дүйнөдөн келдим...

Карасакал калчылдап өйдө боло, эмне айтары белгисиз, «түш көрүп жатам го» деген ой да келип, жалынычтуу кыңылдап берди.

Шарапат жылаңач, абийрин да жаппай, эки колун чокусуна алып, эки эмчеги торсоюп, бир башкача наз менен толукшуп уйкусоонун арасында мемиреп жатат. Жамынчысы сыйрылганын сезген жок. Карасакал капталга нукуду. Ал ыңгыранып, эрине наз кылууга акысы бар жаш катын эмеспи, чоюлуп толгонуп, балкылдаган эки эмчегин эки колу менен өйдө сыланып, көзүн акырын ачып келатып Аманды көрүп, бүрүшүп отура калды да, Аманды мас деп ойлоп, «сен уялбай кирсең мен эмнеге уялат экемин» деген сыяктуу өчөшкөндөй мелтейип, шашылбай жука шайы көйнөгүн башына сала баштады.

— Кана, эмики кезек меники, келмеңди айт,— деди Аман акырын.

— Уа-а!.. — деп келип, Карасакал Амандын бутун кучактап жыгылды. Айланайын, палбан, жан соога...

Аман аны сайын жини качып, Карасакалды оодара тээп салды:

— И-и?! Жан ширин бекен?!

— Карасакал бышактап жиберди:

— Иттик менден өттү... Менден өттү... Жанымды кой.

— Сен мени атайылап өлтүргөнсүң! Мен да сени атайылап өлтүрүп алам... —деп ызырынып, көлөкөсү те шыпта арбайып, Аман аны күрөктөй болгон чоң алакан менен жаакка бир тартты. — Ыя?!

Өчтүү Аман андан нары өзүн кармана албай, көргөн кордугунун ызасы көкүтүп, ал эки көзү канталап, эрдин кесе тиштенип, ошол тапта душманынын канына суусап кетти. Эки чеңгели арбайып, Карасакалды кекиртектен алды. Карасакал эки буту тыбырап, мууздалып жаткан улакча бир бакырып, кыкылдап, өзү кара көк болуп, мурдунан дирилдеп кан кетти. Аман:

— Йа! — деп, итере салып таштады. Карасакал шалак этип бут серппей жатып калды. Аман колунан бери тартып алып, алакан менен дагы жаакка эки салды. Тиги кын деп араң үн чыгарып, дагы баштыктай аласалып жыгылды. Аман:

— И, сен дагы сулап жыгылат экенсиң го?! — деп сөгүп, дагы чап салып киргенде баятан бурчка тыгылып турган Шарапат:

— Эй! — деп жиберди катуу. Аман элтейип карай берди.

— Болду го эми?! — деди Шарапат үнү калтырап кагуу да, «мен сурадым» деген кадыр салып ортого түшүү да сезилип чыкты. — Бул ит экен, иттик кылган экен, итке теңелип сен да иттик кыласыңбы эми?!

Аман энтигип, таң калгансып Шарапатты аңкайып тиктеп, энтигип, эсине келгендей болду белем, анан шарт бурулуп, ликилдеп басып, күңкүлдөп сөгүнүп, үйдөн чыгып кетти...

---

[1] Ш и п ш и р г е — каалгага илгекти кадаган темир.

II

Чилде убагы болучу, бирок күндүзү жылымдап, нымтыраган жумшак кыш болуп турган.

Зыгыр бакал салынып, талдырма кийиз, шырдак төшөлүп, керегесине тышынан камыш каланып, ичинен килем тартылып жылууланган кең өргөөдө чоң жагылган от боюнда отуруп эле Курманжан тыштагы аванын өзгөргөнүн сезип отурат. Бирок, дем алуусу оорлошконун, ар жери бир зырп дей сөөгү какшаганын жанында кам көрүшүп жүргөн бүлөлөргө да айтпайт, айтуу — не кейүү, не колунан келбеген пендеге бөөдө арыз кылуу, демек кудайга күпүрчү болуу деп түшүнөт, абалы оорлошконун өзү нары арык, нары сергек адамдын сыртынан байкала койбойт, баягысындай эле өзүнчө күбүрөнө кудайга шүгүрлүк келтирип, акырын тамагын кыра, акырын бирдеме сурап, же суроого жооп кылып, алсыз көгүчкөн таризде улбүрөп отурат.

Ал чамгарактан асманды тиктеп койду. «Күн бүркөө, дагы күн жылымдайт, кар эрийт, ава дагы нымданат. Бөз калта болуп калган өпкөгө оор...» деди ою.

Ошол түнү кечинде эти ысып, көзү же илине, же илин бей жан кыйнаган түкшүмөлдүн арасында калгансып, те дененин алда кайда түпкүрдөгү сактанган сезими селт эте чоочугандай тез ойгонтуп, дароо уйку жоктон башы ооруганы билинип, жаны алдастап, толгонуп чыкты. Таңга жуук караган зайып бүлө түндүк ачып, от жага баштады. Төрт бөлүнгөн тегерек чамгарактан асман тоо башындагы чөөт көк көлдөй мелтиреп көрүндү. «Күн ачылган экен...» деп болжоду Курманжан. Бмрок, денеси женилден^енин, көнүлү сергектенгенин сезе албады.

Эрте мененки намаздан соң уулу Маамытбек алдына келди.

— Жакшысызбы, эне? — деди күндөгү ал сураган кыябында, эки көзү диртилдеп, бөпөнгөн кемпирдин тула боюң улам имерип, нреңи саргайыңкы тарткан, эрини бопбоз, көзүнүн кыйыгындагы тырыштары өтө эле көбөйгөнсүп, көз көрүнөө жүдөй түшкөн басмырт абалын сезди.

— Кудайга шүгүр... — деди Курманжан, андан соң башка сөзгө өтпөй өзүнчө күбүрөй дагы кудайга шүгүрлүгүн бир нече кайталап, ушуну менен өз көнүлүн тынчытабы, өз жүрөгүнүн кагышын тыңшагандай көзүн сүзө калды.

— Эне, сыркоолоп калгансыз бейм? Оёз төрөнүн доктурун алдырайын...

Көзүн сүзгөн абалында акырын башын чайкады Курманжан:

— Менин сыркоом карылык да, Маамыт. Карылыкка шынааны ким тапкан?!

Үлбүрөп өчүп бараткан отко бир карыштан гана кылып кертип коюлган как жаракадан кайчылаштыра салып, кайра жакты Маамытбек. Саргылт жалын кайра соймоңдоп, кайрадан жылуу илеп өргеө ичине толуп, арчанын жыты буруксуду.

Курманжан эки алаканын отко кармады, чыйрыга түшкөндөй ийни бурүшө, ирени боз, сөөгү ноюп тургандай. Отгу тиктеп, өйдө карабай, бирок ушул азыр оюнда өйүгөн бирдеме турган сыяктуу, аны ушул азыр-Маамытбекке айткысы бардай. Муну алдыртан туюп, Маамытбек отту ичкериштирген болуп, кайсаланып, эмне айтарын сезгенсип, аны сайын оозуна кеп кирбей ыкшала калды. Курманжан өйдө карай берди, уурту биртке жымыйып турат шалдыроо азабынан кутулгандай, көңүлү шат боло калган таризде.

— Маамыт,— деди нуру танган жашыл көзү жылтылдай,— табып, догдур чакырам деп убара болбо, балам, ушул, кудан берген узак жашымда өлбөстүн аргасын издетип отурганым мага уят. «Йе, бу кемпир ыраазы болбойбу, дүйнөгө устун болгону жүрөбү, кокуй?!» деп, санаасы жаман тууганың кеп кылбайбы, балам?! Кой, а көрө, Асан күндө кечкисин ыймак окуп коюп турсун...

— Эмне деп отурасыз, жарыктык?! — деп жиберди Маамытбек. — Соо отуруп эле...

Курманжан уулун көндүргендөй акырын күңкүлдөп, бир жашырын иш айтып жаткандай, көз көрүнөө көңүлү көтөрүлө, жүзү тамылжып, кеп улады:

— Нышаана көрдүм... —деди. —Датка баягы эле оролунда, таза кийинген, жакшы атчан экен. Чуудасы жер чийген айры өркөчтүү ак каймал жетелеп алыптыр. «Жүр, көп кыйналып калдың түйшүктүү дүйнөдө, жүр...» деп, ак каймалга өзү көтөрүп мингизип, датка мени кыбла жакка алып кетип калды. «Не кечиктиңиз, даткам ай?...» деп, жүрөгүм кубанычка толуп,

кубанычтан ыйладым... Анан... ит үрдүбү, иши кылып, бир шарпадан ойгонуп кеттим, түшүм экен... Түшүндө ыйлаган өңүндө сүйүнөт дешет ко, датка алып кетти, мен бул дүйнөдөн көчөм, менин бул дүйнөдө аласам калган жок, кудайга шүгүр, буйруган жакшы күнүн да, нсаман күнүн да көрдүм, ырас, бул дүйнөдөн сүйүнүп көчөм...

Маамытбек нес болуп отуруп калды.

— Башка балдарга, келиндерге сөз чыкпасын, чуу болуп жүрүшпөсүн. Туугандын туусу түшүп, душмандын табасы канып, көзүм барында тополоң болуп кетпесин...

Маамытбек үңкүйүп көпкө отуруп, иреңи татарып, эки көзүнүн кычыгына жаш келип, бирок чымырканып, өзүнөзү араң тыйды да:

— Куп... —дегенге араң жарады, өйдө туруп: — Кудай башка салганын көрөрбүз, отко жакын, жылуу отурсаңыз, эмитен эле жандан түңүлө бербей, жарыктык... — деп, кайрат сөз айткан болду да, тышка чыгып кетти.

Тыштан каралаган аял бүлө кирди.

— Кызым,—деди Курманжан, ал «кызы» деле алтымыш ашкан кемпир болучу,— аруу кийнм камдап, суу жылытчы, садага...

—Куп... — деди бүлө.

Конуш которордо ушундай дечү. Дайыма көчөр алдында таза жуунуп, таза кийим кийип, анан өзү баштап өргөө бүгүшүп, журтту айланта шыпырышып, ыпыр-сыпырды бир аңгекке өрттөтүп, ана жүк коюшка уруксат кылчу.

Бул кыш күрөөдө кайда көчмөкчү?! Жуунса кокуста шамалдап калам дебейби?! Бүлө кайрып сурай албады.

Курманжан көзүн жуумп, тынч кыңкайган абалдаң былк этпеди. Чуудасы жер чийген ак каймал улам кылт дей, чатыраган датка көз алдына келип, «бул кудайдын берген нышаанасы, камын, кетесиң дегени» деп, астейдил мойнуна алды. «Илгери бир кудай менен сүйлөшкөн акыл. ман жаналгыч кашына келгенде, кудай мага кетесиң деп кабар айткан жок эле деп, алактап шылтоо издеп калган экен. «Бир эмес, үч ирет кабар барган — бири тишиңдиң түшүшү, бири көзүңдүн нуру кетиши, бири эң акыры курдашыңдын четинен бирден кете башташы» деп, кудайдаң аян келген тура. Бизге бул үч белги алда качан үч кайтара келбеди беле?! Кой, топук кыл, адамзаада, кайт келген турпагыңа, орун бер, ырыскы калтыр өзүңдөн кийинкилерге да, бул дүйнө кенен деле эмес, адамзаада...» деди өзүнө-өзү.

Ушул кубаты түгөнүп, эми кубаттын кайра толбосу сезилип, бул дүйнөдөн өтүү көңүлүн ээлей баштага» чагына өмүр көчү улам чиркелише чууруй, улам алыстан кылактай көз алдына тартылса, не текке өттүбү, не бир аралжыга жарадыбы дегендей күдүк ойго кабылып, өз колуна чен таштады.

Жөнү жок, обу жок дымак күткүдөй Курманжан-бүбү не хан ордосунда, не бек өргөөсүндө туулган беле?! Чөлдө эгин багып күн көргөн жапалактан Маматбай деген жай адамдын үйүндө 1811-жылы дүйнөгө келген. Бирине-бири ылымта, бирине бири күйүмдүү калың жармач журттун түйшүгүнө, шартына, топугуна, жакшы нускасына ылайык таалим көргөн. Он сегиз жаш курагында атасы мурда кудалашкан жерине күйөөгө берип, бирок мурдатан бир жүз көрүшпөгөн Кул-Сайид байбатча көңүлүнө шай келбей калып, атасынын да, айылдын да койкойлогонуна болбой бийге өзү түшүп, өзү күйөөдөн башын ачтырууга зардеси жеткен. Ошол «алтын чачтуу катындан бака баштуу эр ийги» деп турган заманда Курманжан-бүбүнүн бул кылганы бирөөгө чийинден чыккан болуп, бирөөгө «-кыйын экен» дедиртип, уккан элге дүң болду го?! Бул кезде «бий» гана атанган Алымдын кулагына жетип, жагып, насипке айла жок белем, 1832-жылы ага өмүрү кошулду. «Койчу ошол томояктын кызын! Күн кылып жумшайбыз аны!» дешпейби мурун орун-очок алып калышкан күндөштөр, бирок Курманжан-бүбү күлү жоо күндөштөрдүн көңүлүн жайгарып, чиренген бек эринин купулуна толуп, акыры ага акылчы, айлына башчы болууга татып кетти. Не куугу менен көз боёдубу, не сулуулугу менен азгырдыбы?! Кузу ийги, кабагы жаркын, ак иши, оорундуу кеби, туруктуу убадасы менен эрге да, элге да алынган. Кыргыз кыпча, баш кошсун, өз алдынча журт болсун деген белгилүү саясаттын үрөөнү ушул «керээт айым» атыгып кеткен Курманжан-бүбүдөн, баягы Сары-Өзөн-Чүйдөгү Жангарач бийдин өргөөсүндөгү жалпы Оң акылгөйлөрү чогулган 0руска таянууга

багыт алган кеп-кеңешке датка эрин ийген да ушул. Ордодогу кармаш өтө кооптуу экенин, башы кылычтын мизинде турганын жүрөгү туя туруп эле ошо кыргыз кыпчактын ыйык мүдөөсү үчүн Алымбек датканы Каблан-Көлдө аттан түшүрбөй көөдөй түндө көз көрүнөө өлүмгө кайра жумшап; өз денинен чыккан өспүрүм Абдылданы чөнтөгүнө атасынын кызыл томпоюн салып, ордонун саясий ойнуна аралаштырып, бак талаштырып, кийин кол жыйнап берип Исахакка кошуп; көтөрүлүш чабылган соң эл өзөгү бөөдө кыркылып кетпесин үчүн «карамагына өтүү» деген шартнамага мөөрүн басып; баягы көч токтоткон кокуста желиккен сер кайрат кишилер бөөдө чатакты ырбатып жиберер кыябында дагы эл чайпалбасын деп, эрке келиндин кадиксиз күнөөсүн уулу Камчыбектин моюнга алганына макул болуп; андан соң ийикчи эшен чыгарган жаңжалга ыкпай, мунун зыян гана болорун көзү жок көгөн элге какшап, акимдерге кабарлап, алдын алып; эң акыры бир эшендин кылыгын шылтоолоп жарым паша эл ичинен миңдеген мыктыларды терип күнөөлөгөндө өзүнүн сексен жети жаш курагында алыскы Ташкенге жарым паша барон Вревский төрөнүн алдына барып, бүткүл «бийлөөчү Романов тукумунун тизмесине киргизилген» кадырын, кылган кузматынын бүткүл баасын салып ортого түшүп, бирок дили катык жарым паша кылдай да этнбарга албай, ошол жерде руху тепселип, көңүлү сынып, өкүнүч санаадан ооруп, кокон арабага жүктөлүп кайткан.

Туура болгонбу ушунун баары? Ушул азыр бул дүйнөдөн «мына көчөм» деп турган абалында баш жарган ой басыи жатып да, «бөөдө жан этин жеген экенбиз» дей албады, «ошол кезде ошол зарыл болгон, башка арга жок эле», «мен жанымы карыштадым, кебим, кадырым өтпөй калса менин күнөөмбү, эл өзү теңшесин» деп көшөрдү.

Саламга келген эл баштагыдай эле күнүгө үзүлбөй келип, бирок көп отурушпай, ар ким не ыраазылыгын, не арызын айтып, ылайыктуу алкоо, жүйөлүү кеңеш алып кетишет.

Жакын тууган, өз балдары, алардын үй-бүлөлөрү көбүрөк катташа башташты. Курманжандын өзүнөн тараган уул-кыз эки жүздөн ашып кеткен болучу. Өз балдарын алардын зайыптарын, эрезеге жетип калган неберелеп билет, алардын наркысын тааный бербейт. Бет алдына келип калганда баланын апасы: «Чоң энең... салам бер, Чоң энеңе... батасын ал...» деп күбүрөй, бала сүрдөп: «чоң эне...» дейт араң, апасы мурда үйрөткөн сөздөрдү кайтала албай.

«Э-э, кайсы баламсың, ананайын?..»

«Азизбектин...»

«А, Камчымдын бүлдургөсү турбайсыңбы, ананайын...»

Көңүлү ийиге баланын пешенесинен сылап, качанкы дарга асылган өз уулу Камчыбекти жүрөгү сыздап эсине алып: «Эсен бол, ананайын, кем болбо...» деп алкайт. Кай учурда кары киши байкабай калары ырас, а ушундай биртке болсо да кеп алышып, көңүл бөлүп калса андай баланын апасы: «О-о... кудай берди уулума, кыдыр даарыгая чоң энеси өзү пешенесинен сылады, кем болбо деди...» деп, муну жакшылыкка жоруп, кубанычы койнуна батпай кетет.

Курманжан көз көрүнөө кайра тыңыды. «Сыркоодой деп угулду эле, түзүк эле экен кайран байбиче...» деп кетип жатышты эл. Энесинин тыңыганын өз көзү менен көрүп, элдин кеп кылганын угуп, Маамытбек астейдил кубанды. «Э-э, кыйнабайлы деп эле, элден бөлуп, өзүбүз ээнсиретип, оорутуп алганбызбы, а көрө башынан топ башында жүрүп көнгөн кишини ылайыгынча элге аралаштырып жүрсөк сергек болот окшобойбу...» деп ойлоду.

Бир күнү Маамытбекти тапатаңдан чакыртып:

— Маамыт,— деди Курманжан,— тууганды, бала-чаканы коштоштуруп деле бүттүң, Маамыт...

Маамытбек нестейе түштү, «коштошкула» деп эчкимге айткан эмес, айтпаган менен ошол оюнда туруп, «байбичеге эрмек болуп, күнүгө эки-үчтөн бир чай кайнамдан кашында болгула» деп койгону эсине келди. Бул келүү Маамытбек жактан шыбыштан болуп жатканын кексе кары дароо эле болжоп, буга көңүлү оорумак түгүл ыраазы, астейдил жаркылдап, баары менен жакшы сүйлөшүп, дилинде өзү коштошуп калды.

— Чарчадым,— деди энеси,— жанымды уучума эле араң чымырканып кармап тургансыйм...

Маамытбек жашып кетти:

— Коюң... антпең...

— Жашыба,— деди Курманжан кайра чыйрала,—чакыр, а көрө Асанды чакыр, ага тууганды чакыр, ысык жан, кылт этип кетпейин, айтар сөзүмдү эсим барында айтайын...»

Жүз көрүшүүгө жакадан ошол күнү жакын тууган катары Карасакал да келген. Эми кайра жөнөмөкчү болуп жаткан эле, куюн тийгендей топурай түшкөндөрдү көрүп, атын кайра мамыга байлатып, ал дагы далдая чоң өргөө жакка басты.

Эшигине кемпирдин көп сандаган неберелери, чеберелери үйрүлө чогулуп, үй жакка кулак төшөй үрпөйүп турушкан экен, өлгөндөн калган өз балдары, элге таанылган эрезеге жеткен неберелери өргөөгө сыркоо алдына киришкен окшойт, тышта да, ичкериде да күбүр эткен шыбыш чыкпайт, не коркунучту, не сүйүнүчтү акмалаган сыяктуу баары нестейген.

Карасакал да аягын кере шилтей албады, кар аралаш тон кыртышты кырт эттирбей бүжүрөй басып, өзү маң болгондой элтейип, миң кубулган оюна: «Ыя, чын эле бул кемпирге да ажал келгенби?..» деген келди. «Бу жез кемпирдин жаны кол башиндай темир сандыкта, а темир сандык көк ирим көлдүн түбүнө катылган, өлбөс жаралган бу!» деп, ич күйдүлүктөн ар жерде айтып, таратып, өз оюнан чыкканга: «Чын эле ошондой го, болбосо кузгундун жашын жашап, деги бир эңкейейин деген түрү жок ко?!» деп, өзү да ишенип, ындыны өчө түшчү эмес беле. Көңүлүнүн тереңинен кубануу, табалоо аралашып, ушул азыр: «Ыя, бул кемпирдин көзү өтсө жалгыз мунун балдарынын эмес, бүт баргы уругунун куту учпайбы, туусу жыгылбайбы, теңине тең боло албай салпайып сандан чыкпайбы?...» деген күдүк санаа да башына тегеренип жатты. Тышында жакын тууган катары кайгырган кебете кийип, шөлбүрөп турду.

Өргөө ичинен аста үн эшитиле калды. «И,— деди Карасакал,— керээзин айтат эми...» Ал өргөөнү тегерене сыркоо жаткан тушка барып, ичтен өксүгөндөй ажынын селдеси бар арам ойлуу башын шылкыйтып кулак тешөп, турган жеринде катып калды.

Жаңы келген акимдер, уезд төрөлөрү өз убагында Россияга «кара кыргыз каникеси» деп аты угулган бул адамга кимиси гана болбосун бир жүздөшүүгө, эстеликке кандайдыр бир бирдеме тартуулап таштого аракет кылышчу. Ийикчи эшен баштаган тополоң басылган соң барон Вревский быяктан алынып кетилип, ордуна жаңы генерал-губернатор болуп генерал Духовской төрө келип, ал дагы Ош уездин кыдырып чыгып, Гүлшаада эки колтугунан балдары сүйөп, бүжүрөй карыган буудай ирең кичинекей кемпир мурдатан атайы көтөрткөн ак өргөө эшигинен зыяпаттап тосуп алды. Кек кыл кытай кымкап кийген башында ак элечек. Кадырлуу мейман төрлөп, баам колоп тиктеп, бир чети таң болуп, бир чети ушунчалык аты, алыска кеткен адамдын мынчалык бир аягы төрдө, бип аягы көрдө дегенчелик болуп, мүңкүрөп карып калганына чын ыкластан боору ачыды. Тилмеч аркылуу зыяпатка эсенчелик сурашкан соң: «Каныке, Сизге бираркарым биз тараптан жардам зарыл болобу?» деп сурады Духовской төрө. Кемпир жер тиктеген калыбында кашын касыреттүү өйдө көтөрө акырын башын чайкады: «Жогуңуз, урматлы төрөм, кудайга шүгүр, эчтеме деле зарыд. эмес, ушу эңкейген маалымда эмнеге зарылмак элем, менин балдарыма берген ушул ыракымы үчүн да азирети ак пашага өтө ыраазымын, анын амандыгын теңирден тилеп гана отурам...» деди. Ылайыктуу сый-сыпат болунган соң «каныке айым» урматы улук жарым пашага, аны коштоп жүрүшкөн кадырлуу бул элдин «ат мингизүү» салтына жараша баарына бирден жети сары аргымак алдыларына тартыларын билдирди. Өз тарабынан генерал-губернатор «каныке айымдын» улуу империянын мүдөөсү үчүн да, өз элинин бейпилдиги үчүн да өтөгөн кызматы унут боло койбостугун дагы бир ирет эске салып, ошол кезде өкүмдарлык кылып турган азирети ак пашанын жиберген сыйлыгы асыл таштуу кымбат жүздүктү, майда каухар чегерилген алтын саатты тапшырды. «Ыракмат, азиретиге, ушунчалык эске алып койгонуна миң мертебе ыракмат...» деп, башын ийкегилеп, шоросу нымыга тушкөн көзүн ак жүз аарчуу менен акырын сүртүп, жүзү жылуу тарта ыраазылык бнлдирди Курманжан. Бу сыйлык ошол кезде акимдерге сунушу да, суранчы Да өтпөй, эл ичинде мурдагы таасиринен ажырап калган Курманжан үчүн мааниси жок туюлуп, бул жөн гана сылык зыяпат, ортодогу алаканы сырттап гана, көнүл үчүн гана сактаган этият мамиле болуп жатканын сезип, ошого жараша өзү тарабынан сыпаа ниет айтканы болучу. Не ордонун залим ханы, не Ак Пашанын текебер акимдери болсун, бул кемпир жылуу жүз,

оорундуу сөз таап сүйлөшүп, ыктуу, ылайыктуу, зарыл келишим, бүтүм бүтөрүп, өзүн да, балдарын да сактап, оозун караган каралай көз калың журттун камына жүрүп, бул ак кызматы үчүн милдет кылбай, сурабай ыраазы элден сый алган, ченебей урмат көргөн.

Мына, өз каны-тени балдарынан айрылар, ар дайым төбөсүнө көтөргөн элден бөлүнөр, бул жаркыраган дүйиөдөн көчөр кези. Не деп кетер экен? Көргөнүнө кэзү топбой, алганына көңүлү толбой, жетпей калган чегине арман этеби, бутпөй калган ишине касырет тартабы, душманы болсо аны тиги дүннөдө кудай алдында жалкоого кекенеби, балдарына «өнбөй калган доомду өндүр», «албай калган кегимди куу» дейби? Не түрдө болор экен керээз кеби?

«Ырайымдуу, кайрымдуу кудай атынан» деп баштап, кыраатын келтире шаулдатып, Асанбек келме окуй баштады. Кең өргөө ичинде шыкалып отурушкан балдары, неберелери дем тартышпай, алар үчүн каран түн чүмкөп келе жаткандай, ал каран түндү же токтотор, же жыртып чыгып кетер күч да, амал да жоктугун сезген мүңкүрөө басып, үңкүйүп отурушат. Курманжан, башына жаздык бийик коюлган, эки колун бооруна алып, көзүн сүзө, өз ичинен келменин сөзүн ээрчип кайталап, боз эрини акырын кыбырай, ушул сыйкырлуу сөз, коңур үн жан-денине сингендей, ошого чырмалып, берилип бараткандай. Бул дүйнө менен тигил дүйнөнүн арасы бир жылт этим көз ирмем, бир шырп этим кадам болуп калгансыды.

Келме айтылып бүттү. Курманжан көзүн ачпай, ireңи бир түркүн тамылжыгансып, куш уйкуга мемиреп бараткандай тынч, жан кыюу, алдастоо али сезилбей, дем тартышы дагы эле бир кунунда сыяктуу. Үй ичи жымжырт. Баш жагында отурган Маамытбек, Асанбек, те улагадагы неберелери да көз ирмешпей, кайгынын чөйчөгү улам толуп, улам жакындап шар этип жарылып кетчү абалга такалган таризде мелтиреп калышты.

Бир убакта Курманжан акырын көзүн ачты. Эң оболу түндүктөн бетинде бир үзүм ак чаңгыл булуту бар сур асмаи көрүндү, андан соң акырын үй ичин сыдыра тиктеп, жарыша жүзүнө эңиле карай беришкен Маамытбек менен Асанбектин үрөйлөрүн тааныды.

— Кудайга шүгүр.. — деди чарчагандай үшкүрүк аралаш. Бул «абалым жакшы» деген сөзү эмес болучу.

Мындайда акыркы сөзүн угуп калуу ар кимдин көңүлүнө келери ырас, бирок өзү ооз ачпаса «айт» деп ким кыстайт. Маамытбек менен Асанбек ойлорунда ушул болуп, мелтирей токтолуп турушту.

— Маамыт... Асан... — деди Курманжан.

Келме айтылып жаткандагы биртке тынчтана түшүшү элсыроо эмес, эми тигил жактык болууну ыкрар кылуу, көздөр муңга, жашка толуп телмирип турган балдарына акыркы айтарына күч жыйнаган, ой өкчөгөн тынчтануу окшоду. Ал кадыресе чыйралды.

— Ыя?.. Эмне дейсиз, эне?..

Курманжан:

— Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жаша курдашынан айрылат. Муну бекер айтпаган экен муңганиддер, бекер айтпаган экен. Чын эле, жорго миндик ак жол жолдоштон айрылдык, көп жашадык — сырдаш курдаштан айрылдык. Заманга да, кишиге да, жамият ичиндеги алакага да бирдей ой толгор курдашы калбай, аның үстүнө, чиркин ай, өз заманыңдан башка бирөөлөрдүң заманына байкоосуз өтүп кетип, оюң, санаан, мүдөөң, кыят жоругуң төп келбей, сага да жакпай, сен да жакпаң, комсунуп, ээнсиреп, жалгызсырап калат турбайбы адам?!

Саал энтигип, токтоп, алсыз, жөтөлүп алып, кайра Кеп жалгады Курманжан.

— Жаш кезде дене жалындаган от экен, карыганда оту өчкөн коломто болуп, өзүн-өзү үшүтүп, өзүнөн-өзү жадап, жанагы «жаны жер тартат» деген калетсиз белем, жаткысы эле келип, жатып жамбаш талып, бирок уйку канбай, баш ооруп, дене жанчылып — ушинетип өлүмгө шартталып, бул жаркыраган дүйнөгө жашоо азап болуп, ал азаптан кутулушка өзүң макул болуп, сүйүнүп, шашып калат турбайбы...

Эрини кургап кеткенсиди. Асанбек аардуу бир үзүм ным кебез менен эринин сүрттү.

— Кудайга шүгүр... — деди Курманжан. — Кудайга шүгүр, балдарым, байтеректей шактап, кудайга шүгүр, бир уруу журт болдуңар өзүңөр... Ынтымактуу болгула, бириндин жакшылыгында да, жамандыгында да баарың бирдей тике тур, бириңден-бириң сөз талашпа,

күч сынашып да белдешпе, күрөшкөн соң жакалашкандын ортосу бир кадам, жаш болсо да жакшына баш кой...

Баары мелтиреп угуп отурушту.

Курманжан:

— Жети атаңар бек болуп өткөн, туу көтөргөн, жол да, кол да баштаган. Эми анын бири жок, заман оодарылып кеткен, «бек» деген куру наамыңар эле калган. Колуңардан иш келсе кең болмок абзел, жамандыкка жакшылык кылмак зарыл. Дөөлөткө мас жети атаңардан не ачык, не тымызын калган душманын ымга келип өз кыл, көңүлүндө терс ою жүргөнүн ошентип өз кылып уядт, ошентип жакын тартып көңүлүн агарт...

Тышта Карасакал көшөрө кулак тешөп турду.

Курманжан:

— Зорго кызмат кылбагыла, элге кызмат кылгыла силер сурабасаңар да ыраазы эл өзү акыбетин кайтарат-алдыңарда атыңар арыбайт, үстүңөрдө үйүңөр, ийнинерде тонуңар тозбойт.

Тышта Карасакал көзүн жума: «Эмне дейт?.. Зор дегени эле азирети Ак Паша эмеспи?! Эмне дейт, Ак Пашага кызмат кылбагыла дегениби?!» деп, аны сайын дем тартпай калды.

Курманжан акырын кыңкыстап онтоду:

— Ушу, балдарым... бирөөгө ак кызмат кылып, анын ак кызматын көрөсүңөр... силер үчүн жалгыз да, ыйык да жол эми ушул...

Не айтам деген болсо айтып үлгүрүп, көцүлү бир жаңсыл боло жамдалып калгансыды — көзүн сүзө бир аз тынчтана түштү. Улага жактан бирөө бышактады. Маамытбек колун саал көтөрө ишара кыла купуя тыйды.

Бир убакта көзүн ачпаган калыбында оң көкүрөк жагын акырын сылагандай, эрини бүлкүлдөгөндөй болду. Маамытбек асте эңилип, кулак төшөдү. «Жолборсум... — жолборсум...» дегенин кулагы араң чалды.

— Эмне, эне?.. — деди Маамытбек.

Курманжан көзүн ача калды. Үй ичин имере, көзүн улам парлай, негедир ошол тапта камтама, бирөө ошол тапта не тыштан кирип, не түндүктөн түшүп келерин күткөн сыяктуу улам баш буруп, карана берди.

— Эмне, эне?.. Бирдеме керекпи, бирөөнү чакыралыбы?...

— Менин жолборсум...

«Э, кайсы баласын же небересин жолборсум деп калды?» деп ойлоно калды Маамытбек.

— Кайсы жолборсуңуз, эне?..

— Менин жанымда жүргөн... жолборсум...

— Коюңчу, апа?! Кайдагы жолборс?!

Башын чайкап коиду Курманжан, Маамытбекти бир тиктеп, кайра көзүн ала качып, бир азга тына унчукпай калды, кайра Маамытбекти шексингендей карап, жан ооруганы эмес, ошол тапта көңүлүн толук каптай калган кейиштен акырын жума шыпшынып койду:

— Эми эле жанымда эле...

«Жөөлүн калды...» деп ойлоду Маамытбек.

Курманжан кайра көзүн ачып, эңилип тиктеп отурган Маамытбекти кайра көрүп, аны таң калгансып тиктеп калды. «Буга келбептир...» деди ою.

Кыз алган эринен ажырашып, өзү жалгыз Кызыл-Суу багытынан келе жаткан убагы болучу.

Как эткен карга, кук эткен кузгун жок ээн, ар жерге Жайып таштаган талпактай караган жер арчадан башка дарагы жок мукул тоо, дайра көбүрүп кайнагандай уюлгуп жатат алдында. Жаш да, алсыз да андай жубан түгүл сары таман ат минген киши даап кире албай тургай тилсиз жоо. Кантип кечет?! Жөө, эки аягы ташка урулган, тердеп, кургап — арыган, эки күндөн бери оозуна кара суудан башка эчтеме ала элек — өзөгү үзө тарткаң кечээ эле өзү чанып таштап келе жаткан эркекке «сууда өтө албай кайра келдим» деп, кайрылып барабы?! Бу Санаа аны колунан тартып тургузгандай, ал суу бойлоп, ке. черге жайыгырак жер карап басып, бир мерчемдең күр. пүлдөгөн киргин дайрага боюн таштап, өктөм шар калкылдата алып жөнөп, ал улам кол сермеп, улам аяк тээп көөдөн көтөрө тиги өйүзгө карай жүткүнүп, өктөм шар аны чамындыдай чимирип, башынан суу аша-аша, бир убакта шардын огунан нары ооп, нары жагындагы агымы

жай ирим имерилте түбүнө тарта баштап, алы кеткен неме кол сермей албай, аяк тепкенге алы калбай, суу нрмеп, чакап, бир убакта эмне болуп баратканын өзү чактай албай, бир гана «чөктүм» деген гана жүрөк сыйрыган бир арман сезим араң келип, ал арман сезим менен кошо, коркунуч менен кошо өзүнө байкоосуз жан үчүн далбас күч да келгендей. Бир убакта дайранын наркы жээгине жакындап калганын сезди, оң колтугунан бирөө сүйөгөнхөй, ал бирдемени оң колу менен ороло кучактап асылып алгандай. Жээкке сүйрөлүп чьнскансыды аңгыча, көзүн ачып жанында түгүнөн суу шорголоп бир» кызыл жолборс тургандай көзүнө илеше калгансыды. «О, кудурет...» деди коркуу ордуна чыйрала.

Ошол жыйырма жаш чагынан ушул кезине дейре ал кызыл жолборс өзүнө гана көрүнгөндөй, жол жүрсө алдында, жатса аяк жагында, отурса оң тизесинин жанында, бирөө менен сүйлөшкөн убагында ал адамдын ичи жакшы болсо үргүлөп тынч — көңүлүнө ишеним, ичи жаман болсо түктөйө айбат кыла — сүр болуп жүргөндөй эмес беле?!

— Сурачы, Маамыт?..

— Эмнени, эне?..

Биздин балдардын бирөвү көрбөдү бекен?.. Бирөвүнө барбады бекен?..

Дагы «жолборсун» айтып жатканын түшүнүп, Маамытбек акырын:

— Макул, эне, сурайын,— деген болду көңүлүн улап.

— Кокус, жолукса бириңе,— деп, Курманжан үнү үндөй болбой акырын каргыл шыбырады,— коркпогула, качпагыла... акыры бирөөнө кайрылып келип калышы ыктымал... ал кызыл жолборс... Же чоочутуп, же күтө албай таажыктырып жибербегиле... Айт, Маамыт, балдарды» баарынын кулагына салып кой, Маамыт.

Маамытбек элтейип тиктеди, бу алсыз шыбыш улагага жеткендей болгон жок, кулагы чалганы «жөөлүү» деп ? болжоду, эми энесинин накта дитинен чыгып жатканына көзү жетип:

— Макул, эне, айтайын... — деди, бу сапар өзү да астейдил. Ушуга дейре «колдогону бар», «айтуучусу бар» деген дүң кепти көп эле унса да, «кызыл жолборсу бар» дегенди кулагы чалбаган, а энесинин оозунан чыкканы ушу. «Ыя?.. Кимибизге келер экен кызыл жолборс?..» деп, нес ойго батып огуруп калды.

Бир убакта:

Көзүм караңгылап баратат... — деди Курманжан ийип кага араң демин ала. — Жаным, чиркин ай, сол колтугумда араң эле бүлкүлдөп тургансыйт..

— Кагылайын кутманым... — деп, үнү каргылдана кулагына акырын күбүрөдү Маамытбек.

Жашыба... жашыба...

Бул сөзү Маамытбек менен Асанбекке араң угулду.

— Биз бала катары боло алдыкпы, боло албадыкпы, ыраазы болуң, кагылайын кутманым...

Мындайда «ыраазымын, ак сүтүмөн кечтим» делинет, Маамытбектин ыйлактаган үнүн туюп, эрини биртке кыбырап, башын ийкегендей болду.

Те улагадан бери бирине-бири ыктап жамырап отурушкан неберелерине чоң энеси суудан чыгып калган балыктай чабалактап жаткандай көрүндү. Асанбек акырын энесинин колунун үстүнөн сылай тамырын асте кармап байкады. Чын эле оң тамыры үзүлүп, сол тамыры араң илдиреп турган. Дагы шаулдатып келме айта баштады. Кулагына илине түштү белем, Курманжандын оозу бүлкүлдөп, келменин сөзүн ээрчий өзүнчө айтууга аракет кылдыбы, көп узата албады, эрини кымтылып, көкүрөгү өйдө көтөрүлө солк-солк эте түшө, анан мемирей тынчый калды. Асанбек акырын башынан жаздыгын тартып, ээгин алаканы менен сүйөдү. Не сезип, не кимдир бирөөдөн айла сурагысы келгендей, не акылы алдастай түшкөндөй Маамытбек эки жагын, артын кайсаңдай каранып алды. Так босогодо төбөсү өргөөнүн уугун тирей үңүлүп турган Кадырбектин көзү көзүнө жылт эте чагылышып, бетинин отуна жашы сарыгып турганын көрө, ошол замат жүрөгү бир опкоолжуй селт эте ордунан тура калды да:

— О-о!... Айрылды-ык... Айрылдык төруңдөгү кутуңдан... деп, эчкире өксөп өкүрүп жиберди.

Өргөө ичи чуу түшүп кетти.

Бул жарыктык дүйнөгө келгени үчүн кудайга чексиз ыраазы болмок, ата-энени урмат кылмак, колдо барына топук кылмак, тигил дүйнөнүн барлыгына ишенмек, жок азабынан

коркмок, бейиш жыргалынан үмүт этмек ушак айтпоо, акарат кылбоо деген мусулман жоболоруңд тарбияланган, мунун өзү абдан тутунган, тутунуш үчүн башка тили өткөн адамзаадага үйрөткөн киши чын эле бир конуштан бир конушка көчкөн сыяктуу бейкам, дене өмүрүнөн түбөлүк жан өмүрүнө өткөндөй ошол 1907-жылдын 1-февралы күнү тынч мемиреп жан таслим кылды.

Бир элге «датка айым», «керээт эне», бир элге «каныке айым» атанган, токсон алты жыл өмүр сүргөн кадырлуу Курманжан дүйнөдөн өткөнүн айткан биринчи кабар уезддин акими Авров төрөгө жөнөтүлдү.

Сөөк коюлган жаңы тигилген ак өргөөнү он курчап, баарынын башына кары кишинин азасына ылайык актан аза чарчы чалынган, көп сандаган небере, чебере улам батачы өкүрүп келген сайын «энекем», «кутманым» дешип, чуру-чуу түшө өкүрүшүп, келиндери, кыздары өргөөдө сөөк коюлган көшөгөнүн сыртынан бири орун бошотсо бири кошула тынымсыз ый кошок айтып отурушкан.

Улам топ-тобу менен келип жаткан батачыларды улам бир уулу же эрезеге жеткен неберелери тосо өкүрүп чыгып, өкүрүк басылган соң атайы тигилген мейман үйлөргө түшүрүп жатышкан.

Шатыраша тез жүрө түш ченде Авров төрө өзү келип калды. Кадырбек тосуп алды. Касыреттүү бу окуяга байланыштуу суз учурашкан соң.

— Чын ыкластан көнүл айтабыз, бек,— деди Авров,— даңктуу чоң энеңиздин эмгеги биздин ортобузда эч качан унутулбайт, ал кишини эң акыркы жолуна узатып коюуда биз тараптан кызмат, сый-урмат аялбасын эсиңизге салып коюуну милдетим деп эсептейм, бек.

Ыйдан, өкүрүктөн жер теңселгендей. «Энем» деген гана сөз кулакка илинет. Сөөк жаткан өргөөдөн четтебей, а түгүл өтө күйөрман балдарды жөөлөй, ал дагы оромол башына таңынып, илгери «жеңе» деп оюнда кычаштыкка теңтушсунгусу келчү, кыян жүргөндөй бу дуулдаган көпчүлүк арасында, ондогу көөдөк да, токсондогу кары да «эне» деп жаткан соң «жеңе» дегиси оозунан өзүнөн-өзү түшүп, ал дагы «эне» деп, же кубанчынанбы, же чын эле күйүп жатканыбы, өзгө токтосо да ал токтобой, өз токтосо да ал токтобой Карасакал буркан-шаркан, ошол эле учурда эки жолу орус төрөлөргө катар турган Кадырбекти көзү чалып, купуя «Тигини?! Эми мунусу жолборс болуп тура келгенби?! Тигини?!» деген күйгүлтүк келип, аны сайын өңгүрөп өкүрүп жатты.

Үч күн бою ушунчалык кулак тийишкен көпчүлүктү көзөмөлдөп, опур-топур кылдырбай, жан-жуң чыгартпай, ыйбаа, тартип сактатып, Авров төрөнүн элүү солдаты бир тобу сөөк жаткан өргөө эшигинде, бир тобу кыштактын төрт четинде, бир тобу жана да элдин көп чогулган мерчем жайларда күзөт күзөтүшүп, эң акыры диний ырымы бүткөрүлгөн соң табытты Ош шаарынын күн чыгыш тарабындагы Сар-Мазар бейитине алып жөнөгөндө алдынан баштап, артынан коштоп алышты.

Аппак сакалы белине түшкөн багжайган кары адам «аза аты» чымкый кара аттын үстүндө акырын чайпалып, коңур жумшак муңдуу үн салып, өлгөндүн өткөн даңктуу өмүрүн, кадыр-баркын, бүтөрүп кеткен «асыл ишин», айтып кеткен «акыл сөзүн» бирден терип, даңаза айтып, табытка жаңдай бастыра ырдап жөнөдү.

Табытты жөө көтөрүү мусулманчылыкта «сооп иш» делинет, эл ичинде «ызат» деп айтылат. Бир көтөргөн бойдон жерге коюлбай, эч токтотулбай, улам төрттөн киши алмашып, тынымсыз лепилдеп кетүү зарыл.

Табыт Ош шаарынын күн чыгыш четиндеги Сар-Мазар бейитине жеткенде элдин арты Мадыдан үзүлө албай, сөөк коюлуп, элдин алды Мадыга келгенде арты бейитке жетип, ар ким өз алдынча мүрзөнүн үстүнө бир чымчым топурак салып, ар ким өз алдынча куран арнап, ар ким ез алдынча көңүлүндөгү сый-урматын кылып кайтып жатышты.

Ырчынын муңканган үнү бирде алыстап, бирде жакындап, кышкы чыкыроон аваны термелтип, ал күнү тынган жок...

КЫЗЫЛ ҮМҮТ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

I

Көгала сакал жүдөө адам ашуунун айры белине чыгып, дагы нары басып, оң кол тарабындагы өркөч дөңгө барып токтоду. Чоку бийик эмеспи, аны сайын бою узарып көрүнүп, ошол зоңкойгон бойдон көпкө «кароол таш» сыяктуу сенейип, туруп калды. Не ошол таптагы ички көңүл уйгу-туйгусунан еанаасы миң бөлүнө, не өткөн азабы, кубанычы, кейиши, тилеги кошул ташыл болгон таризде, нуру тайган эки көзү кызара жаш толо мөлт эте албай, эрксиз титиреген эринин тиштенип, араң кайрат кылып, араң токтонуп турду. Кары ачылган тердиктин бетиндей биртке кара жерге чөк түшүп, бир аз шалдырай, жаны жер тарткан сыяктуу үнкүйө эңкейип, жаңы тоборсуган жердин нымдуу озон, жаздын өмүрү жыттанган топурагын бешене тийгизе тооп кылып, ошол сеждеге жүз койгондой мөңкөйгөн бойдон турбай калса өлүмгө ыкрар болуп, көңүлү эрип, толуп-ташып кетти белем.

Бир убакта өйдө болуп, ордунан туруп, эми көңүлү эргип, эрдемсип, эки колун учу-кыйрысыз көк асманга сунуп теребелге сыдыра көз таштап:

— О-о... айланайын ала тоо... Көк тиреген, көз жетпеген бийик жерим... көкөмдү көргөн, асыраган, акыры өз бооруна жашырган ыйык жерим... — деп, үн сала мунажат кылды. — Касиетиңден айланайын... менин санаама максат, каныма кайнаган кубат берген бир өзүңдөн...

Теребел тыптынч, те өрөөн жактан жылуу илеп аралашып, ашуунун кырынын муздак шапатасы кошулуп, жел желпилдей согуп турат. Оңдо, солдо ак карлуу арсак чокулар, көк жалтаң аскалар шаңкаят, те эзелтен куш төрөсү буудайык да кылда учуна канат серппеген, мелтирей, ыңжыңсыз тунжурай келберсийт. Те көз илешкен көк мунарык, пасын булут басып, бийиги булутту тешип, жаркыраган ааламдан алда кайдан көрүнүп, бүт ааламга көмкөрүлгөн көк асманга түркүк сыяктуу селт этпейт. Суюк, тунук ак булут бирде түрмөктөлө, бирде илекидей чубала кубаңдап көчөт. Чоку артында чоку, аска артында аска — миң кабат, миң чиркелген улуу тоо.

Биртке эле адам авазы термелтип, теребел заматта жан кире түйшөлүп, көк аска жаңырыктап, адам дабышын бирине-бири кабарлаган сыяктуу тоолор күңгүрөнө калды. Дүдөө адам акырын күбүрөп, тири жан менен сүйлөшкөндөй, жүзмө-жүз, оймо-ой сырлашкан сыяктуу миң катмар улуу тоо менен учурашып, өз эркинен тыш каңырыгы түтөп, кубанычына балкып турду.

Эки атчан ошол Беш-Таштан ашып, тынымсыз жүрүп отурушуп, түн жарымы оогон кезде Саз-Жийде кыштоосуна араң жетип келишти.

Суунун шаркыраган шаңы тааныш, бир укмуш желаргы тааныш, дем алган ава жанына өз! Көгала сакал жүдөө адам чаалыккан атын темине бастырды, жүрөгү алып уча баштады. Мына, азыр ит үрөт! Жок, кыштоого кирип да келишти, кык жыттанды, а ит үрүп чыккан жок. Бир жакка көчүп, жармач урук бет келген жакка тозуп кеткенби?.. Ээн, бейит сыяктуу эч шарпа чыкпайт.

— Өй... быякта от жылт дегенсийт... — деди акырын кошо жүргөн жолдошу. Чын эле тигиндейректе албарстынын отундай бирде жылт деп, кайра дарексиз өчүп, кайра жылт этип, бир сыйкырлуу шоола сезилет. Жакындашышты, дагы эле тири жандын шабырты билинбейт, же жуушап жаткан мал байкалбайт. Бир убакта бир алачыкка барып кептелип калышты.

Жүдөө адам атынан шашыла түшүп, алачыктын оозунан абайлай ичкери көз салды. Кичине жүлүндөй от бүлбүлдөйт, бүрүшүп бир кемпир от боюнда отурат, эки тизеси ийнинен ашкан, маал-маал жан-жагын сынпалап, колуна кире түшкөн аз куурайдан бирткелеп отко таштайт, от кайра үлбүрөп күйөт, чачы шыбактай агарган.

Кошо жүргөн жолдошу жомоктон көп уккан желмогуз кемпир зсине келип, нары да жер да ага чоочун эмеспи, бир кур тула бою дүркүрөп, аргасыз кетенчиктей берди. А көгала сакал жүдөө адам көңкө былк этпей карап турду да, мууну бошошуп кетти белем, алачыктын

босогосуна сүйөнө, акырын:

—Э-э... — деп, өнгүрөй үн салды, алсыз кемпир капилеттен чоочуп кетпесин деп, өзүн-өзү токтото албай,

Э-э...
алты аркар жылдыз батканча
алты ойгонуп эмизген,
«алты сан журтка сайраган
кимдин уулу» дегизген,
апакем, аман барсыңбы,
арамдын жайган торунан
аман кайтып келдим мен?..

Кемпир башын көтөрүп, үн чыккан жакка карап, нестейип кулак түрө калды.

Э-э...
жети аркар жылдыз батканча
жети ойгонуп эмизген,
«жети сан журтка сайраган
кимдин уулу» дегизген,
апакем, эсен барсыңбы,
жезиттин салган орунан
эсен чыгып келдиммен?...

Кемпир:

— А-ай... — деп, бир обдула тура, калчылдап, эки колун эшикти карай суна токтоло калды. — Жалгызымдын үнүбү, о жараткан?...

Тили ырга күрмөөгө келбей, токтоно албай Токтогул өзү болкулдап, энеси Бурманын алдына чөк түшө буулуга буркурап жиберди. Эки колу титиреп, тула бою калчылдап, Бурма мөгдөп уулун башынан, ийнинен сыйпалап көп жылдар бою мурдунан кетпеген бала жытын сезип, эси экиленип кетти:

— Кудай ай, айланайын кудай ай... Өңүмбү ай, түшүмбү ай?.. Жалгызым... арбагыбы ай, өзүбү ай?..

Көзү боз, нурсуз, кабагын бүркөп кадала тиктеп, бирок уулунун дидаарын көрө албай колу калчылдап сыйпалады. «Көзүнөн ажырап калган белем..» деген болжол аны сайын сөөгүн сыздатып, Токтогул энесинин жылуу колун жүзүнө басып, тооп кылып, өзүн-өзү токтото албай, эзилип, өңгүрөп ыйлады.

Кошо келген жолдошу тыштан куурай сыйпалап келип, отту күчөнтө жакты. Бурма алдан тая түшкөнсүп, Токтогул эшик-төрү үч аттам тар алачыктын төрүнө балача көтөрүп жаткырып, башын жөлөп отура калды.

— Кагылайын... кагылайын, апакем... эсиңди жый... — деп, жаш аралаш, муң аралаш жалбарды. — Бул кандай жорук, апаке, жалгыз калыпсың, эл кайда, он үйлүү тууган кайда, апаке?..

Ошол тапта жүрөгү бир жамандыкты сезип, «Топчубайың кайда? Тотуя кана?» деген көңүлүнө келип, өйүп, бирок алардын бир жамандыгын угуудан дит бага албай, заарканып, жалпы тууганын сурады. Бир көз ирмем убакта ой-санаа миң бир эки толгонуп, жакшылык аз жамандык да, аралаш сезилип, «жалгызың кош айдап жүрөт» деген сөздү жалгыз аралжы кудайдан астендил самады. Бурма акырын онтоду, уулунун самаганын купуя сезип, алсыз энтигип, өзүнөн-өзү эзиле бышактап, ичтен зар кага арман термеди. Токтогулдун жүрөгү бир жамандыкты сезе кабынан чыгып кетчүдөй болк этти. Күйүт канча болсо ый ошончо, кайрып салгыс калың, үүлөп салгыс коюу, мүңкүрөтө чырмап алган эмес беле?! Бурма алсыз кыңылдап, киркиреп араң үн салып, атасы келсе айтармын деп мурдатан көңүлүнө чогулта жүргөн угузуу кошогун эки ооз араң айтып, башы калчылдап, өксөп жиберди.

Э-э...
буурулду минип тердеткен,
буулумду кийип кирдеткен,
муңайба жашык адамча
булбулуң жалгыз Топчубай
бурулбас жайга жол кеткен...

Э-э...
күлүктү минип тердеткен,
күлгүндү кийип кирдеткен,
кайгырба жашык адамча
күкүгүң жалгыз Топчубай
кайрылбас жайга жол кеткен...

Токтогул көзүн жума ээгин көтөрүп, тула бою жымырап, эки көзүнүн кычыгына мончок жаш чыгып, өзүн чымыркана карманып, бакырып жибербей токтолду:

Камактан аман бошонуп
келер бекем дегенмин...
каралдым чыкса алдымдан
өбөр бекем дегенмин...
калың кыргыз журтуму
көрөр бекем дегенмин...
кайгы-зардан арылып
өлөр бекем дегенмин..

— Кой балам... Өзүң аман келгениң каниет. Эми кайраттан башка кубат жок. Өткөн кайра келбейт, өлгөн кайра тирилбейт... — деп, акырын кыр-кыр сүйлөп, уулунун колун кармап, жыттагылап, өзү кайрат антты Бурма. Токтогул энтигип, буулуп токтолду. Кемпирдин алаканы ысык экен. «Тайган экен алдан...» деп, энесинин жайы жоктугун сезип чоочуду.

— Кайран балам... «атакем келет» деп жүрүп саргайды, «ата... ата...» деп жатып жан кыйды... — деп, Бурма кайра бышактады. — Тотуя болсо эрге тийип кеткен... Эмне кылат ал шордуу?! Жаш эле, же эри болбосо, же баласы болбосо, эмнени карманып жүрө алат эле?!

Токтогул энесинин сөөгү эле калган колун акырын укалап, алсыз добушун унчукпай угуп, нестейип жалбырттаган оттун кызылын тиктеп, түпсүз, жоопсуз, жубаткысыз ойго батты.

Тилим тийсе зулумга
туюк Шыбыр айдалып
теңтушумдан адаштым..,
Э-э...
тамырымы кырккыдай
теңириме не жаздым?...
Колум тийсе манапка
катаал Шыбыр куулуп
калк-журтумдан адаштым.,,
Э-э...
жалгызымды жуткудай
жаратканга не жаздым?..

Бурма толгонуп, өйдө болом деп боло албай, кыңкыстай:

— Кагылайын... төшөктүн каттоосун карачы, кагылайын...— деди.

Токтогул аңтарып, баягы Арымда кармалганда калган өз комузун таап алды. Жүрөгү бир

ысып, өлгөнү тирилгендей кубанып, оозуна сөз кирбей, комузду кармалап, сыйпалап, туруп калды.

— Сактап жүрөм өзүңө, кагылайын булбулум... Топчубайың кээде-кээде кыңгырата койчу эле, анын көзү өткөн соң эч кимге көрсөткөн жокмун, эч кимге карматкан жокмун... Ак кийизге ороп, түндөсү башыма коё жатып, күндүз төшөктүн каттоосуна бекитип, сактап жүрөм... Комуз да болсо сага көңүлдөшүң, балам, сыр алышаар медериң, муңкансаң муңуңду бөлүшөрүң, кайрат айтарың, балам.

— О, кагылайын апакем ай... — деп жиберди Токтогул.

Жың-зың... Жың-зың... Ана, баягы талпынган куштай өмүргө кумарлуу, эргиген жаш кезинин шатман добушу, көңүлкеш мукамы. Бирок баягыдай тунук эмес, коңгурап кош жаңырыктайт. Мына, он эки жыл бою чертилбей кылы катып, капкагы кажып, какшып калган. Токтогулдун ой-санаасы алда кайда кетти ошол тапта. «Үзүлүп кетер бекен эскирген кыл... Үзүлбөс бекен...» деди дилинен. «Күүгө келбей үзүлүп кетсе, аттиң ай, жаман жөрөлгө... үзүлбөсө, кадимки үн берсе, көңүлдөшүм ай, ишимдин оңолгону, өмүрүмдүн уланганы, о кудай...» деп, быяккы көрөр күнүнө төлгө кылып, тилек ойлоп, эскирген кылды акырын, бошурак бурай ошол тапта көкүрөгү жыкжыйма болуп турган «Арман күү» толгоосун бурады.

Комуз астелеп күңгүрөй жашы, убагы бөөдө өткөн, муңга мүңкүрөгөн кары адамдай киркирей, кош жаңырыктай бошоң үн берди. Улам көтөрүңкүлөнө, улам арман үстүнө арман, серпип салгыс өзөк сыздаткан муң үстүнө муң кошул-ташыл болуп, комузчунун теңирге кылган наалышы, теңирге айткан өктө таарынычы аны сайын тереңдей, аны сайын кеңий, оорлой, адам акылы, адам кайраты туруштук кыла алгыс улуу өксүк зар кагылды. Бурма чалкасынан жаткан бойдон, кайгы агарткан чачы жайылган. Тыңшап, эт-жүрөгү кайра эзилип, жаны кайра ным чычала болуп күйүп жатты. Уулу илгери эле сураганга «Арман күү» кайрып берчү эле, бирок мындай мүңкүрөө, өмүрдөн үмүт үзүү, теңирге наалыш кайрыгы болуп көрбөгөн. «Кантсин ай, пендесине бир кор, теңирине бир кор, көкүрөгүн муң баспаганда кантсин ай каралдым?!» деп, тымызын улутунуп, ыйлабайын деп жумган эки көзүнүн кычыгына тунук жаш бермет мончоктой жылтырап чыкты.

Муңдуу комузчу «Арман күүнү» улам башкалап, улам түрлөнтүп, кайрыктан кайрык, мундан муң, мааниден маани толгонтуп, түркүн мукам, түркүн асем термеп чертип отурду. Учу, кыйыры, түгөнөрү, бүтөрү билинбейт, улам күңгүр кагып, бир мукамы өксөсө бир мукамы талый, бир мукамы эрип эчкирсе бир мукамы өңгүрөй, бир дагы эргибей, бир дагы шаңданбай, бир дагы кайрат байкалбай, бир дагы жалган үмүткө болсо да жубануу, атайы өзүн-өзү ый аралаш сооротуу жок муңканды муңдуу комуз...

Кошо келген жолдошу дем тартпай, мелтирей жер тиктейт, арман күү анын да көңүлүн аздырган, дили жумшарып, жашып, өзүн-өзү кармана албай акырын өпкө кага тымызын ыйлап отурат.

Таң муңдуу күү менен атты.

Үч үйлүү коңшу турган үн жеткидей эле тышкары ташынып кетишкен экен. Түндө чуу угуп, эрте менен Бурманын алачыгынын эшигине ат байланып калганын көрүп, жабыла келишти. Чуулдашып, балбалакташып, алачыктын эшигинде үймөлөктөшүп, көрүшүп калышты.

Мына баары түңүлгөн, баары күдөрүн үзгөн тууганы Токтогул! Бирок, бир кездеги сары чийкил, нурлуу, көзү өмүр кумары толо жайнаган, толукшуган жигит жок — шалбырап арыктаган, жүзү боз, кабагы суз, көгала болуп карыган, шайы кетип арыган. Он эки жыл аз өмүрбү?! Ушунча жыл ичинде адам зорлугун көтөрмөк, адам баласы катары саналбай, мал чыдабай турган өз башынын корлугун көрмөк, тукурган итке таланып, кызыл жаян сабалып, атып алган доңуздай чана артына сүйрөлмөк, жер көрүнбөй боройлогон карда бирөөнүн жабык эшигинин түбүндө зарлап ыйлап кайыр сурамак, эки жылы таманы тешилип жөө басмак оңой бекен, аттиң ай?!

Кече гана: «У, жер жуткур, жер жутпады сени! Сең баарын алдыңа салып, баарын жутуп кетмек болдуң.. деп, ачык айтканы ачык айтып, көмө айтканы көмө айтып, баары жек көрүшкөн кемпирге эми: «О-о, ырысың бар, энеке бай...» дешип, астейдил жаш аралап кубанып, куттук

айтып жатышты. Бурма эмне демек?! Уулу аман келгенге кайгыдан тили тийген кудайга да, карамсыз тууганга да ыраазы, көңүлү агарган, кас менен да, таарынышкан дос менен да ниети жарашкан. «О, айланайын... айланайын кутман жер, айланайын кутман эл... Силердин тилегиңер Токтогулумду эсен кайтарган, силердин жакшы санааңар...» деп, ыраазылык, шүгүрлүк айтып жатты.

Кулуке карбаластап: «Кече эле ташынып кете калдык эле... Энеми бүгүн көчүрүп алам деп...» деп, өзүнчө актанып, оңтойсуз болуп, уялгансып, мыңкылдап калды. Токтогул ичтен кейиди, өзүнчө тагдырга наалып, жакын санаган тууган бир түйдөктөй алсыз кемпирди журтка жалгыз бүгүн эле кокустан таштап отурбаганын, кемпирдин жүдөгөнүнөн, олутунун тарки кеткенинен булардын көптөн эле каралашпай коюшканын көрүп туюнду. Эмне дейт?! «Көр тирилик экен, бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийе койбойт экен...» деген кейиш гана угат. «Бар болсоң тууган көрө албайт, жок болсоң тууган бага албайт» деген ушубу? Бир кезде ушул он үйлүү, эки айыл жарды сарттар Токтогул эрезеге жеткени, элге алынганы эл санына кошулуп, «сарттар» аты алыска угулуп, чоң уруу менен жайытташкан. Ушул Кулуке баш болуп, Токтогулга ырына ыраазы эл бергенин бөлүп алышып, дты жогу аттуу, сааны жогу саандуу, согуму жогу согумдуу болушкан. Ошондо да «мага арыгы тийип калды» деген кинээ уккан булардан Токтогул. Мына, ошол тууган ушулар, артында калган жалгыз кемпирди өзүлөрүнүн барк билбес жетесиздигинен ушунчалык кор күнгө кабылтып коюшкан. Эми не болушса да, Токтогул ушул туугандарын көрүп отурганына шүгүрлүк кылды.

Жүзүн жууп, тууган жердин суусунан кана жутуп, буга да тооба келтирип, анан даарат алып, ниетин да, денин да тазалап алып, күн чыга элегинде Топчубайдын башына жөнөдү.

Бейитке Кулуке баштап барды. Беш жыл өткөн, күнүгө көрүп турбаган соң, нары да айланасына башка жазат коюла берип, баары окшош, Кулуке байпастап, «көрсөтүп бере албай дагы уят боломбу» деп, ичтен бушайман тартып, кайсактап эки жагын каранып, чекеси тердеп кетти. Тапты! Байкуш Бурма кайдан тапканын ким билсин, бул чөлкөмдө жок кызыл гүлкайырдын уругун таап келип, тегерете сээп койгон. Бир жолу гүлкайыр гүлдөгөн кезде көргөн Кулуке. Топ гүлкайыр көкмөк болуп, тизеден аша желкилдеп, гүл жара турган мөнтөк баш мончок алып турган экен.

— Ушул...

Топурагы аз бала мүрзө, аны сайын пастап, кыртыш алып, чым болуп калган, тегерете өскөн гүлкайыр болбосо мүрзө экени байкалбайт. Токтогул этек жагына келип, сыңар тизелеп, башын саланДатып отуруп калды. Эки көзүнөн жаш сызылып, эки бетинин отунан ылдый сарыкты. Эт-жүрөгү болкулдап, кайгы-муңу көбүрө толуп-ташып, өпкө кага мөгдөдү.

Э-э...
түнүндө жарык панарым,
туурумда калган карааным,
түн уйкумду үч бөлсөм
түйшөлүп чыкпайт кабарың...
Карайласам панарым,
калкымда калган жараным,
зарыны кагып үн салсам
кайрылып чыкпайт кабарык...
Э-э...
кагылайын Топчубай,
камактан атам келди деп,
кабагың жаркып делбиреп,
турар күнүң болсочу ай...
карып болгон алымды
сурар күнүң болсочу ай...
көөдөнгө толгон зарымды
угар күнүң болсочу ай...

көңүлүмдү кубантып,
өмүрүмдү жубангып
улар күнүң болсочу ай...

«Учурашабыз» дешип, туш-тараптан эл келип, эстен чыккан сарттардын айылы кайра кут түшкөндөй бапырап, жандана баштады. Баш куттуктоо өзүнчө салтанат эмеспи, тапканы мал жетелеп, согумга козу өңөрүп, үй убанчын артып келишти. Жаңыдан төрт канат үй көтөрүшүп, ашканасын тартып, төрүнө кызыл шырдак төшөп, шайыдан жууркан-төшөк камдап, Токтогулду бейтап Бурма экөөн көчүрүп коюшту. Дагы жарды сарттар «кашыгы да май, өтүгү да май» болуп, күнүгө мал союшуп, барбаңдап мейман күтүнүп калышты.

* * *

«Бир кабарын угалы, тири болсо күтөлү, өлү болсо арбагына ариет кылып, аш берип, куран-катма окуталы» дешип Төрөнүн туугандарынан да келип калышты. Кучакташып көрүшүп:

— Токо, аман келдиңизби, Токо?.. — дешти көздөрүнөң жаш ирмелбей төгүлө.

Токтогул токтоно албай, энтигип, муңканып жиберди.

Э-э... кейиштүү Терөм арманда,
кең Москөөгө барганда
капилет кесел чалды эле,
ак калат кийген доктурлар
замбилине салды эле,
бөлүп кетип калды эле —
ошондон кийин көрбөдүм,
солдаттан уктум өлгөнүн,
ак кепиндеп, аруу жууп,
өз колум менен көмбөдүм...

«О-о, жолборсум ай...», «айбатым ай...», «кутманым ай»... дешип, буулуга, азиле өксөп-өксөп алышып, эми ызатын өтөөгө Төрөнүн туугандары кайра аттанып кетишти.

Токтогул Төрөнун айлына өнгүрөп, кадырлаш курдашы жаңы өлгөндөй, өлгөндө башында боло албай калган арманы эми кошул-ташыл болуп, мөгдөп, кошок айтып өкүрүп түштү.

...канат каккан уялаш
шумкарыман айрылып,
кадыр билги удаалаш
курбалыман айрылып,
кагылайын элим ай,
жаңгыз болуп келдим ай...

Бирде эки эгиздин биринен айрылган кейиш, армап басмырлап, бирде эки эгиздин бири аман келип турганына маңдай жаркып, кеми толуп, үзүлгөнү уланып, көз жаш менен кубаныч аралашып, эл дуулдады.

«Ө-өй, өлгөндүн жүзү нары, тиринин жүзү бери деген, койгула, тири келгенге кубангыла!» дешти карылар.

Ушундан баштап Токтогул топко көрүнө баштады.

«Элим ай, мен качкынмын, көп да даршан боло бербейин, суук көзгө көп чалынбай көңүлдөш кишилердин ичинде эле жүрө турайын», деди. Бирок, бирөөдөн бирөө угуп, бекингенге болбойт экен, астендил «учурашабыз», «көрөбүз», «үнүн угабыз» дешип эле эл убай-чубай каптап келе беришип, өзүнөн-өзү Токтогул каерде болсо ошол жерде жыйын куралып, күндөн күнгө уланып, дуу-дуу көбөйүп, аттан атка көтөрүп, айылдан айылга жетелеп,

эл ортого алып кетти.

Эми качкын экени да эсине келбей, Токтогул байге көргөн күлүктөй өзүнөн-өзү оолугуп, токтоно албай, бийик ун сала шаңгырап ырдап, күндүз көз алдынан кетпей, түндө түшүнөн чыкпай сары санаа кыла сагынткан каснеттүү улуу тоолуу жерин, ак калпактуу ак көңүл элин кыдырып, эт-жүрөгү болкулдап кубанып аралашты. «О, айланайын үнүңдөн!» деген өз журттун алкоосу, ыраазылыгы, кубанчы ага тоодой медер болду, кордуктан бук болгон көңүлүн көккө көтөрүп, кош канат бүтөргөндөй шаңшып эргиди.

«Жынжыр батып билегиме, терим катып сөөгүмө, элим ай, канаттуу жетпес жол бастым... Аман кел деп тузактан, артымдан ак жоолук булгап узаткан айланайын ала тоо деми асырап, алдымдан ажалым тоскон белди аштым...»

«Кадырлап калкым көргөн айдай бет, карайган тамга түшүрүп, кашка тишти ак бермет канга кошо түкүрүп, көк келтектен жыгылып, не кордукту көрбөдүм?! Бери карап кайрат айтып жубатып нары карап ыйлап жүрөк канатып, эсен кел деп тузактан, үмүт үзбөй узаткан кагылайын кыргыз кыпчактын деми көтөрүп — үч өлтүрсө өлбөдүм...»

Кайда жөнөсө кошо аттанып, кошо күтүрөшө бастырып, каерге түнөсө кошо түнөп, кошо туруп, эл Токтогулду курчап алды. А Токтогул жаак жанып, комузу колунан түшпөй, атчан болсо атчан туруп, үйдө болсо үйдө отуруп, тынбай, чарчадым дебей, кайра демденип ырдады.

Үйдүн туурдугу, калаган чийи сыйрылат. Көрөбүз деген эл катын-калач, бала-бакыра калбай, үйдү тегеректешип, улам көбөйө сыгылышкан көпчүлүктөн керегелер майышып кычырап турат.

«Тоо түгөнүп түз болгон, жайы-кышы муз тоңгон, күн чарасы көлкүлдөп, түздөн чыгып түзгө конгон бир ажайып жерди көрдүм калайык...»

«Мунар, мунар там салган, кубарган ташка жан салган, миң өнөр башын кураган, бирине-бири көмөктөш, келе жакка тилектеш, ак мейнетин улаган элди көрдүм, калайык...»

Киши же дүңгүрөгөн токой ичинде, же бмйик тоо ара. сында өз эркинче ээндей журүп калса, ошондо жан этиң жеген топураңда маани бериле койбогон токойдун жаңдуу сыяктанган бир сыйкырлуу түйшөлгөнсүгөнү, тоонун шаңкайган сүрү, агын суунун күбүрөнгөн шарпасы —табийгаттын ажайып көркү, теңдешсиз сөөлөтү байкалат. Те кадууда ак баш болуп калган балтыркандын арасынан серең этип көрүнгөн элик да, асканын туу чокусун айланган ала барчын бүркүт да, баарына серп сала басып жүргөн киши да ага өз, анын өз тенинен, өз деминен жаралган.

Жер сагынган кишиге бул өзгөчө экиленип, мааниси да, шааниси да артыкча сезилет экен.

Токтогул эрте торгой чулдурай баштаганда ордунан туруп, жөө эле басып, айылдан чыгат. Кырлап, те шаңкайган тоолор тирелген көк жээкти көпкө карайт — алыс, ал жакка эч качан барып көрбөгөн, бирок, бала кезден көзүнө көп уруна канына, көңүлүнө сиңе өз болуп калган, ошол үчүн он кайталап, жүз кайталап тиктебей коё албайт.

Шалпар жоолуктай желбиреп турган самби тал, кайың, сымап таризде чачырап агып жаткан кашка суу, таштан ташка коно кыпылдаган кара чулдугу тааныш — бул жерлерде бала кези али жалаң аяк жүргөнсүйт, кыз сүйгөн курагындагы комузунун кумарлуу дирилдеген мукамы угулгансыйт.

«Чын эле келип турамбы туулган жерге?.. Түшүм болуп жүрбөсүн?..» дейт, бирок түшү эмес өзү, буйрукка таазим каңырыгы түтөй эреркейт, «эми өлсөм мейли, те гүлкайыр гүл ачып турган көк дөңгө эл өкүрүп көөмп койсо болгону» деген ыраазылык көңүлүн ээлейт. Мемиреген бейпил табийгат тула боюн көөшүлтөт, көтөргөн жүгүн жонунан алып, көргөн азабын көңүлүнөн чыгарып, чымырата тынчытат.

Көп бал челек коюлган жерге туш болуп калды бир күнү.

Чөп алачыктан бирөө чыгып, карап калды.

— Кимсиң сен?

Орус, көзү те теренден чүңүрөйүп, сакалдан оозу билинбейт, жүлгөсү гана былк эткенсийт.

— Эмне керек сага?

Токтогул «жамандыгым жок сизге» дегенди туйдура жылмайып койду. Кайдан укту эле мындай үндү? Кайдан көрдү эле мындай бапайган сакалды? Эстей албайт.

Сен, садагасы, эмне темтеңдеп жүрөсүң биерде?

Бул жер бал челек коюлган корук жер, аралай баса берүүгө болбойт, садагасы.

Токтогул түшүндүм дегендей башын ийкеп койду. Салам айтты орусча.

Тигил аны сайын шектенип, колуна ала чыккан мылтыгын окчо кармап:

— Саламың го жакшы, садагасы,— деп калды,— кокус, билесиңби мына бу атылып кетсе, мен жооптуу болбойм, садагасы, ушундай...

— Өзү эле атылып кетеби, жарыктык?!

— Эй,— деп, жумшара түштү бапайган орус,— сен биздин тилди билет окшойсуң?

— Эмне чоочуйсуз?

— Табылат чоочуй турган нерселер. Өгүнчөрөк түндө аюу келген. А бир түнү бал челектин бирөөн көтөрүп бараткакынан майпаңдаган айбанды чоочутуп салайын деп, даң бир койсом, адамча бакырып качса болобу! — Чөп алачыктын жыгачына илип койгон ак калпакты көрсөтүп, жымыйып койду. — Мына бу кала бериптир эрте менен карасам.

Өкүнө баш чайкап койду Токтогул.

— Мына, ушундай окуялар да боло берет биерде.

«Кайдан уктум эле мындай киркиреген муңайым үндү?» деген ойго дагы кабылды Токтогул.

Ыкшырайып тиктеп, нары барып кайрылып, чүңүрөйгөн көк көзүн улам парлап, башын чайкап:

— Кудай ай, ушундай да окшош болобу, сен бир кишиге абдан окшош экенсиң, бирок өтө эле кары көрүнөсүң, а балким сенин балаңдыр ал.

Жүрөгү сыйрыла түштү Токтогулдун. «Топчубайды көргөн го?» Бирок, өзүнө үрөөйү жылуу учурайт, мындай бапайган орустар Сибирде көп эле бирге болушкан, кайсынысы экенин эсине ачык келбейт.

— Сиз экөөбүз көрүшсөк түрмөдө көрүшкөн окшойбуз.

— Тухтаку-ул!

«Ошо,— деди Токтогул, баягы өлүм үжүрөсүндө жаткандагы «Тухтаку-ул...» деген үн эми даана угула, сакалы сары эле го, о байкуш ай, карыган экен аккүп болуп... Ысмы ким эле?..» «Түрмөчү» дегенден башка эстелбейт. «Төрө», «түрмөчү» деп эле коюшчу анда.

— Тирүүсүңбү, садагасы, али? — деди Токтогулдун шилисинен эркелете тартып-тартып бөпөйгөн абышка. — А мен капкачан жер жазданган чыгар деп ойлогом. Бошонуп келдиңби?

Башын чанкап койду Токтогул.

— Демек, качып келгенсиң. Эчтеме эмес, азыр Россиянын өзүнөн качкан, сүрүлгөн кишиден көи неме жок биерде. Баш калкалап кетесиң. Ай азама-ат... Кел, кел, мейман бол!

Токтогулду чөп алачыктын жанына отургузуи, бөжөц. дөп тез-тез басып, барганынча бал челектин биринин үстүн ачты да, бир барагын сууруп келип, табакка коё салды:

— Вот, жечи, садагасы. Же балык сорпо кайнатайыңбы, ичели э, жай отуруп?

«Коюң» дегиче болбон бөжөндөп, тиги чоң сайдагы сууну көздөй жөнөп, Токтогул кошо басмакчы болуп артынан кошо ээрчиди эле, ал кайра кайрылып келип:

— Жо, жо, жо, жо... Баарын өзүм иштейм, өзүм даярлайм... — деп, Токтогулду эки колдоп итерген бойдон алачыкка жеткирип коюп кетти. — Сен отур, садагасы...

Күлгөн боло аргасыз отуруп калды Токтогул. Мындай астейдил көңүлдү кантип кагасың, кантип ыгына көнбөй коё аласың?!» «Атаны жарыктык ай...» деп, көңүлү ийикти.

Чоо койгон экен, абышка бат эле бир чака маринка көтөрүп, бөжөндөп кайра келди:

— Мына, мына... карачы, кандай сонун жаныбарларым...

Те илгери бала кезинде ушул суулардын көлмөктөрүндө быкылдап жүргөн сары боор кара балыктарды көп көргөн. Бирок, жергилик эл жазгысын жалаң ак ичишип, акка жетпеген эл, саан мал үчүн, бир табак сырмак үчүн бирине-бири көз каранды болушуп, күн көрүшөр эле. Балык кармап жеш ойлоруна келчү эмес. Көрсө, жаныбар балык деген падышанын оокаты турбайбы, Токтогул Сибирдеп көнүп келген.

Бу бир тууганын тапкандай жетине албай бөжөндөгөн абышканын жакшы көңүлүн сезген сайын анын ысмын билбегени Токтогулду өтө ыңгайсыз абалга кабылтты, уялтты. А бу

«Тухтакул» деп, али эсинен чыгарбай жүргөнүн карачы?!

Эки бетинин бармак басымдан эле оту бош, майда тырыштуу чекеси биртке көрүнөт — куудай сакал басып калган. Сары эле бир кезде, ошол сарылыгынан өөн калганбы, же көп чеккен тамекинин ышыбы, мурутунун учтары бир аз сарала болгонсуп турат.

— Үй-бүлө, бала-чака аманбы, төрө? — деп сурап койду Токтогул.

— Ну,— деди абышка күлө,— таптың «төрөңү» ушу сен!

Токтогул да аргасыз жылмайды.

Менин ысмым Ксенефонт,— деди абышка, сөөмөйүн мактаныч кыла чочойто,— Ксенефонт Тверской! Уккандырсың Россияда жүрүп келген соң, орустун Тверь деген жери бар, дал ошол жерден боломун. Ошон үчүн фамилиябыз Тверской. А сен, садагасы, Ксений деп атай бер, тууган кишилерге боло берет. Ушундай эмеспи?

«Төрө» деген болуп, анын ысмын сурап алганына Токтогул ичинен өзү кубанып калды.

— Кайдан болот үй-бүлө менде?! Учурунда мүмкүнчүлүк болбогон, а эми убакыт да, өмүр да өтүп кетти ал үчүн... — Ксений абышка кайдигер. — Кара башым, кайсы жерде күн өтсө эсеп, жаңы жерге келишип үй салып жатышат, а мен үй салганым жок, кубат жок, а дегиси эмне кереги бар мага, бүгүнбү, эртеңби кудай алдына жанымды тапшырам да. Минтип, жайкысын өзүбүздүн жаны байыбыз Греус төрөнүн бал челектерин кайтарам, а кышкысын кампасынын бир бурчунан оорун алам да короосун күзөтөм. Акы доолабайм, кереги эмне мага, акым — тамагым, дем алган авам, жетет ошол.

Тиги өнүмдүү Фергана өрөөнүнөн жер тийбей, еңкөй ар кошмо кедей мужуктар өз алдынча тоо арасына бозгон. Бир тобу ушул Узун-Акмат өзөнүнүн Наарынга куйган жерине келишип, он беш түтүн байырлашып калышкан. Тизилте там салышып, короо кармашып, арык бурушуп, жүгөрү, беде айдашып, бир аз сыртка кайракы буудай да себишип, чөп чаап, мал, канаттуу күтүшүп, колу жеткенн бал челек көбөйтүшүп, кадыресе ирдене башташкан. Карып, түрмөнүн жумушуна жарай албай калганынан бошотулган соң Ксеиефонт Тверской ар жерде, ар кимдин короосунда жүрүп акыры кедей мужуктарга илишип, бул жакка келип калган болучу.

Же Россияны сагынып калганбы, же орусча сүнлөген жергиликти биринчи жолу учуратып, анын көңүлү, ой терметүүсү кызыктырдыбы, Ксений абышка улам суроо жайылап, өзү да көбүрө-жабыра аңгемеге аралашып, деги Токтогулду «кетейин» дегенге чамасын калтырбайт.

Күн кечтеп баратты. «Жоголуп кеттиби дешип жатышкандыр үйдөгүлөр?» деп, камтама болуп отурду Токтогул. Бирок, ал өзү да кепке үйүр. «Бирөө айдалып тентип жүрсө, бирөө айдалбай тентип жүрсө, бу турмуш дегениң татаал нерсе экең го, чиркин ай?!» деп таң болуп отурат. Отту чоң жага баштады Ксений абышка.

Чөп алачыктан балалайканын башы чыгып турганын көзү чалды Токтогулдун:

— И-и,—деди кызыга,— Ксений ава, балалайка чепте сизби?

— Ну, таптың чертмекчини?! —деп, ышталган мурутунун арасынан кызыл ээгин көрсөтө кышылдап күлдү. А мен кайдан, кожоюндун балдары даңгыраткан болушат. Да, да, эсимде, сен Тухтакул, мындайды чертчү элең го?

Токтогул балалайканы кылдарын тере кыңгыратып көргөн болду. Көңүлүнө ошол замат ыр зардеси толуп ташып, улутунуп алды. «Бу бечара адамга эмне түшүнүктүү болор экен?...» деген ой термеди. Жай, басмырт башталган муңдуу кайрыкты тыңшай калды Ксений абышка,

Ой гляну я, подивлюся
На той степ, на поле;
Чи не дастьбог милосердий
Хоч на старсть волі.
Пішов би я в Укріну,
Пішов би додому,
Там бы мене привітали,
Зраділи б старому,

Там би я спочив хоч мало,
Молившиеся богу,
Там би я... Та шкода й гадки —
Не буде нічого
Як же його у неволі
Жити без надії'?
Навчіть мене, люди добрі,
А то одурію.

Үнсүз башын чайкап, жер тиктеп башын чайкап, көзүнөн жашы жылтырап чыга түштү Ксений абышканын.

Та не дай, господи, нікому,
Як мені тепер, старому,
У неволі пропадати,
Мэрне літа коротати...

Эми такыр токтоно албай абышка бышактап жиберди. Күрп болгон тооктой жүдөгөн, алсыз абышка ушул азыр энесин сагынган жаш бала таризде эзилип ыйлады. Наристе кези, көз ачып көргөн жерлери, жүзү жылуу өз кыштактары көз алдына келди белем, эми ал жакка кайрылып баруу жок экенин сезүү кайгысы аны сайын мүңкүрөттү белем.

— Мен сизди капа кылайын деп ойлогон жок элем... Үйрөнгөн немеми эле айтып...

— Жо, садага, ыракмат, сен мага Тверь жерин эстеттиң, ыракмат, Мен дагы бир жерде туулган адам экемин го?! Да-э, сагынуу, боштондук көксөө кайсы тилде болбосун, ким айтып отурбасын, баарыга бирдей, жетимдүү турбайбы...

Эч болбой, бөжөңдөп алдын тосуп, «бүгүнкү түнүңү мага кый, садага, түнөп кет менин жаныма, кубантып кой абышканы, садага...» деп сабылып, Токтогулду кетирбей койду Ксений.

Түнү бою чырм этишкен жок, чоң жагылган оттун жанында, а от өчкөн соң да толукшуп чыккан айдын жарыгында сыр, арман, көңүл тилегин кобурашып, түнү бою отуруп таң атырып жиберишти.

— Мени издеп чыгышат эми,— деди Токтогул, кетмекчи болгон оюн кыйытып.

— О-о, издеген кишиң бары жакшы! — деди Ксений абышка. — Мына, бал куюп берем, ала барып бересиң балдарыңа!

«Топчубайым болсо кана?! Сүйүнүп ала барып бербейт белем...» деп жүрөгү сыйрылды Токтогулдун.

Бир убакта төмөнтөн келаткан бирөө көрүнүп калды, Колун серелеп, курчу кеткен чүңүрөйгөн көзүн тигип, көптө:

— Бу кичине кожоюн...— деди Ксений абышка.

Өспүрүм тез эле жетип келип:

— Ким бу? — деп, шектенип, үңүрөйө тиктеди Токтогулга.

— Бу мейман...

— Кайдагы мейман?! — деп, кичине кожоюн чөп алачыкта сүйөлүп турган мылтыкты колуна ала койду, — Кана, та-арт, атып таштайм азыр!

Чын эле атса атып таштайт! Өзү катылды дейт — бүттү. Падышанын кагазы бар: «Кимде ким жергиликтен өзү катылган болсо, аны атып таштаган киши жооп бербейт» делинген. Ачык! Ксений абышка боз баланын түрүн көрүп, Токтогулдун бет алдын тула бою менен тосо калды:

— Садага, кой, садага... Бул жакшы адам, эч кимге зыяны жок, садага...— дей баштады.

А «кичине кожоюн» эки көзүнөн заары чыга мылтыктын учу менен жаңсайт:

— Тур быякка! Баары бир атам, Ксений, тур быякка дейм!

Ксений быякка турбайт:

— Мени кошо ат, кичине кожоюн, бу менин таанышым, кичине кожоюн!

— Эмне кыйшаңдап жүрөт биерде?! Жүрсүн тоосунун башында! Бу бал челек уурдаганы

келген!

— Жо, токто,— деди эми Ксений,— билип кой, кичине кожоюн, бул Керимбай болуштун тууганы! Билип кой...

«Атаны байкушум ай... эптеп мени коргоп калгысы келип атпайбы...» деп мунканды өзүнчө Токтогул.

Ошол учурда арабасын айдап, «чоң кожоюн» да келин калды. Чырылдашып жаткандарга тултуя көз салып, арабасынан түшүп, бери басты. «Эмне болуп кетти?» дегендей кабагы.

Унчукпай келип, мылтыкты жулуп алды баласынын колунан:

— Ойнобо муну менен! У эси жок, булардын бирөөн мерт кылчы, арасында он беш түтүн отурсак, ыя, кырып кетишпейби бизди?! Ыя, бөөдө чатактын эмне кереги бар?!

— Туура, туура, кожоюн,—деди Токтогул орусча,— бөөдө чатактын тынч элге кереги эмне?! Ырас, кемеге түшкөндүн жаны бир, минтип бир жерде, бир көк асмандын алдында күн көрүүгө керек болгон соң тынччылык, ынтымак эле керек эмеспи.

Тиги аңкайып тиктеп калды, орусча сүйлөп турганынанбы, же сөз жүйөсүнөнбү, таң калгансып турду да, акырын баш ийкеди:

— Бу сөз — сөз.

Дагы бир ойго алаксыгандай жер тиктей, анан:

— Биз, Керимбай болуш менен жакшы мамиледебиз,— деп койду.

«Мени чоочутканы,—деди Токтогул ичинен,—ырас, Керимбай болуштун өзү менен мамилеси жакшы болсо, кайсы жандан кечкен жергилик катылмакчы буларга?!»

— Жакшы мамиле дайыма жакшы,— деди Токтогул.

— Сен эстүү киши окшойсуң,— деди кожоюн коюу кашынын алдынан көзү күлүңдөй жүзү жумшара.

— Ынтымак деген ыйык сөз. Ынтымак болсо жер деген кенен, неченди баккан, неченди өз бооруна жашырган бу берешен жер энекебиз.

«Мындай түркүн адам жок эле го?..» деди кожоюн ой толгой.

— Биз мужукпуз,— деди ал,— байлыктан кутуруп келип отурабызбы Россиядан?! Ач көздөрдөн жер тарыган, жан багарга иш жок, мына көчүрмө кылынып келип отурабыз. А бу сары ооз балдарды «силер жаңы чектин кожоюнусуңар» деп көкүтүп коюп жатышпайбы, ошон үчүн... Бала да али, түшүнүп кетет, кечирип кой, тууган, билгиликтүү адам көрүнөсүң.

— Бала эмеспи...

Коштошуп кайтты Токтогул.

Бери өзөн боюна дейре Ксений абышка узатып калды. Бир кыйла алыстап, Токтогул кайрылып карады эле ал дагы селдейип тиктеп турган экен.

* * *

Токтогулдун көңүлү тына элек, айылга кайрылган атчан эле көрүнсө тымызын элтеңдеп калат, эки көзү жалтжалт эте алаңдап, шектенип, ой-санаасы алда кайда чаргып кетет. Качкынга кең дүйнө сараңдын алаканындай куурулат экен. Дагы илгерки жорук келеби?.. Кара чынжгыр колуна түшөбү дагы?.. Жаш эле анда, демдүү эле ал кезде, эми минтип корлуктан көгала болуп эрте карыган убагында кантип чыдап көтөрмөк?.. Жүрөгү сыздайт. Нары да Бурма жайы жок, күндөн күнгө ылдыйлап барат. Ушундай күндө кычашып айдап калса не болмокчу? Ким аралжы түшмөкчү?..

Бир күнү те төмөнтөн үч атчан бери айылга бурулуп калышты. Боз үйдүн эшиги түрүлүү эле, Токтогул төрүндө энесинин башында сактап отурган, колун серелеп тиктеди. Кимдер болду экен? Дагы жүрөгү лак-лак сого баштады. Жай, алдыга бастырып келе жаткан ак камзолчон киши өтө эле локуйган неме көрүнөт. Ким болду экен?..

Эшиктен Кулуке апкаарый кирип келди:

— Токо... Керимбай келе жатыры, Токо... — оозун жаба албай чарасыз абалда «кантебиз эми» деген бушайман жеп, көзүн ирмегилеп туруп калды.

Токтогул ордунан кандай турганын билбей калды. Эшик жакты бир тиктеди, ашкана жакты бир тиктеди, жүрөгү зырылдап калган неме ошол тапта жер жарыла берсе түшө качып бекине

тургандай. Ит үрүп калды. Токтогул энесин бир тиктеп, шалдырап, шуу эттире бир оор үшкүрүп, ындыны өчүп, кабагы кайдигер тарта:

— Келсе, эмне кылабыз, атын ал... —деди акырын.

Кулуке дүпүлдөп тышка чыкты. «Келиң, о келиң...» деп, байкуш жылмандап, Керимбайдын атын алып калганы угулуп турду.

— Токоң үйдөбү? — деп, Керимбайдын үнү чыкты. Тула бою дүркүрөй эти үркүп кетти Токтогулдун. Баягы үн, бирок анын да жашы токтолуп калган да, коңур тартып, ыңгырангандай жумшак.

— Келиң... Током үйдө, энемин башында отурат эле... — деди Кулукенин жагынган үнү. — Келгиле, үйгө келгиле...

Керимбай эшиктен араң эңкейип батып кирди да, төрдө туруп турган көгала болуп карыган бөжөйгөн адамды таң калгансып мелтейе тиктеп, көзү көзүнө уруна, таанып, негедир жүрөгү бир опколжуй солк этип, босогодо токтоло калды. «Кел» деп айтабы дедиби, өзү:

— Ассалому алейкум... —деди акырын.

Токтогул нес болгондой унчукпай, көзүнүн үстү менен тиктеп, былк этпеди.

— Төргө... төргө.., — деп калды Кулуке.

Токтогул сыйлыгышкан болуп, энесинин баш жагына дагы жылыша отура баштады. Керимбай эки жолдошу менен катарына төрлөй тизе кагышты. Бир убакка дейре ара дым болуп калды. Болуш сүйлөбөгөн соң беркилер жаактары карышкансып, камчы менен акырын жер кагып акмалашат. Бурманын акырын онтогонун баары угуп, ооз ачпай ар кимиси ар ойдо.

Керимбай эки бети май сиңген табактай кара кызгылттанып жылтырайт, богогу болкойгон, курсагы толтура куйган чаначтай, локуюп ат көтөргүс болуп калган экен. Илгери жаш эле, мунун бетине түк чыкканын көрбөй кеткен Токтогул, дагы эле ошол жылма бойдон экен, ээгинде гана саналуу эки кыл учу кайырмактанып көрүнөт. «Куйкалаган уйдун башы баштанып, көсө болгон экен...» деди Токтогул купуя.

— Токтогул,—деди Керимбай бир убакта,—аман келип калдыңбы, Токтогул?..

Ич бушманы көп Токтогул копшоло:

— Көрүп турасың Керимбай... —деди кабагын үйрүй. — Пенденин каалоосу башка, а кудайдын каалоосу бир башка болот белем, келип калдык...

Керимбай да тик бакпай локуя те эшиктен нарды тиктеп отуруп, башын ийкеп койду.

— Жаш экенбиз экөөбүз тең ал кезде, токтолбогон, учуп-күйүп турган убак экен...

— Кылар ишти кылган соң, «жаш экенбиз», «мас экенбиз» дегендин пайдасы не?! Жалгыз болуш болуп жыргайм деп, бул элди өз оюмча тойлойм деп ошол жамандык ишке баргансың, Керимбай. Мына, ошондон бери болуш экенсин, ат көтөргүс болупсуң, мурадыңа жеткениң ушул эмеспи?

Керимбай курсагын силкилдете кыска күлүп койду:

— Хо-хо-хо... Э-э, айтасың да, Токтогул, жеп тоюнбайт экенсиң, жыргап, бийлик кылып экөө болбойт экенсин. Хо-хо...

— Бөөдө куурал тарткан адам жарым болуп калат турбайбы, бирок?!

Сөз жалганганына ичи жылыды белем, Керимбайдын сыйдам ууртуна асте жылмаюу пайда болуп:

— Эми, Токтогул, өзүң айткандай өткөн иш өттү, эмне кыласын кыларыңды кылып ал, бирок биз дагы мындан жакшы атты болгонубуз жок...

Жашып кете жаздады Токтогул, чымырканып, тигинин жылым сөзүн «куулангану» деп, ниетине катаал ой алып, ошол ой менен өзүн-өзү катайтып калды. «Акталган кагазым болсо, аттиң ай, мунун курсагы менен ээгиндеги эки кайрымагын кошсом, аттиң ай...» деди дили.

Кулуке козусун үйгө сүйрөй башбактырып, сынар тизелей:

— Кана, меймандар, ушу малга бата берип койгула... — деп, бир колу козуда, бир колун жая бата тиленип калды.

Керимбай көсө бетин сылап койду:

— Мейли, соё бер. Отурабыз, Токгогул менен сөзүбүз көп.

Жүрөгу солк этти Токтогулдун. Нес болуп, шалдырап отуруп калды. Эмне сөз бар экен?..

Сөзү эле «качып келипсин» дейт да?..

— Токо,— деп, өзү жашы улуу, сакалында бир агы жок, чукчуйган абышка, атайы кадыр ыйгара,— барганыңдан, келгениңден кеп кыла отур, Токо.

«Ырдай отур» дегени. Кайсы жакшылыгы үчүн ырдайт?! Ушу Керимбайдын алдында муңканып, кор болгонун айтып, бышактап ырдап береби Токтогул? Кырчыгы келип мостойду. Тиги кары кишинин назарын сындырбайын деген ойдо кабылды да, акырын:

— Жөө айдап, Анжияндан Каспий деп аталган деңизге алпарып, андан кемеге салып, кут тарабындагы Астрахань шаарына өткөрүштү. Тири калгандарды ал жерде бир нече ай тыныктырып, эрте жазда орустарды аралатып, чыпчаң үч айда орустун чоң шаары Москөөгө жеткирип, шаардын эң бекем деген Бутырски таш түрмөсүнө камашты. Көп тургузулбай андан Сибирге карай айдалдык...

Кызык бекен, аттиң ай?!

— Жарым курсак, кийим жука, нары да түкүрүк жерге түшпөгөн суук, туткундардын көбү чыдай албан күзгү кара чымындай жолмо-жол кырылып калып калды. Токтотпойт, катар бараткан алдан тайып жыгылса өлүгүн кемүүгө эмес, эңкейип кароого кайрылтышпайт, айдаганы шапалак уруп шаштырып, каяша кылсаң тепки, кол кайрысаң бир ок...

Кызык бекен, аттиң ай?!

— Иркутски түрмөсүнө жеттик акыры, Түндө —таш үңкүрдүн ичинде, сыз үжүрө. Күндүз — карагай кыркмай жол казмай. Колду как сөңгөк кылган суук, сөөккө өткөн жамгыр. «Биз эле го» деген элек, а камалган орус бизден көп, азапты бирге тарттык. Биринин артынан бири набыт болду кайран адамдар, ошол өлүп кутулуп бараткан жолдошторубузга астейдил көз арттык, адам эй, биз дагы ушинтип жан тынчытсак деп тиледик...

Мына, кызык бекен, аттиң ай?!

Берки эки киши баштарын чайкап, азапты жөө баскан жолдун алыстыгынан туюшуп, шыпшынып калышты. Керимбай лукуюп тынч отуруп угуп, ал дагы кейигендей башын ийкеп койду да, бир убакта:

— Эки жыл мурда эле бизге «катчы, карма» деген кагаз келген. Эки жылдан бери кабарың болбой, биз «бирдеме болуп майып болуп калгаи го» деген элек, шүгүр, келип калыпсың, Токтогул... — деди ойлуу.

Эми эмне болмокчу? Берки эки киши аңкайып калышты.

Бурма жаны менен алек, акырын онтойт.

Эки жолу качкан, эки жолу кармалып, тепкиленип, нечен айлап түрмөнүн сыз түбүнө ташталып, эки жолу соттолуп, жалпы өтөөр кесиги жыйырма беш жыл болгон. Ким үмүт кылат мынча жылга чыдашка?! «Тобокел, көп болсо аманат жанга баягы бир өлүм, аз болсо дагы он жыл кошор, он жылы да, жүз жылы да бир эмеспи...» деп, алыскы Сибирден көк чымыраган убакга үчүнчү жолу качып чыккан.

Төөлүү кербенчи казактарга илешип, түлкүдөн казакча жамгыр кагар кийип, колуна бакшынын шылдыраktуу домбурасын алып, байкалбай улам казакты аралап, эки жыл бою кажыбай улам берилеп, куугунга араң таптырбай кеткен.

Ирени өчүп, эч аргасы жок кынжылып, тымызын калтырак басып кетти Токтогул:

— Керимбай, деги шорума туулган экенсиң, Керимбай... —деди үнү дирилдеп... — Бир аз күн коё тур, Керимбай... Көрүп турасын...

«Топурак салайын энеме, анан...» дегенди туйду Керимбай. Суз, окурайып тиктеп отурду.

— Ырас, качып келдим, качпаган киши тири кутулбайт, өлүп кутулат. Ушул тууган жерди, элди зарлап самап, өлүмгө баш байлап, Керимбай, өлүмдү аралап качып келип отурам...

Көсө уурту биртке жымыйып, өзүнчө баш ийкегилеп;

— Камтама болбо, Токтогул, мен эми кармап бербейм,— деди Керимбай.

О-о!.. деп жибериштн берки эки адам жарыша. —

Миң жаша болуш, миң жаша! Ушул көргөн азабы деле жетишет. Миң жаша, болуш! Келип уулун таппай отурса, энеси минтип ара жолдо жатса...

Токтогул дагы мууну бошоп кете жаздады. Дагы өзүн араң карманып калды. Керимбай ою эки анжы болгондой лукуюп отуруп:

— Кармап бербейм... —деп, кебин тактады, «мурункума жек көрүнгөм, эми кармап берсем элден биротоло чыгам, өлсөм өлүгүмө келбей коёт, тукумума кинээ кеп калат...» деген оюна келип турду. — Эми, Токтогул, кемпир бир жаңсыл болгунча ушундай буйгалап тура тур, анан жыл айланып кетсе унуткарылып, тынчып кетер, кудай тынчытса...

— Кеке,— деди Токтогул көңүлү ийиге,— Кеке, ушуну чын сүйлөп отурасыңбы, Кеке? Ушунуңа да ыракмат? Же, Кеке, дагы баягы шартыңды коюп отурасыңбы? Кой, аныңы кой, көрөр азабымды көрдүм, ушундан соң, өзүң ойлончу, кантип улагаңда отура алам, кантип оозума жакшы кеп кирет?!

Керимбай курсагын силкилдете корсулдап күлүп койду:

— Хо-хо... Ырдабасаң кой...

Керимбай өз болушунан айдалган көп кишилердин бири жөнүндө да сураган жок. Тирисинин азабы, өлгөнүнүн каны мойнунда экенин өзү билет окшойт.

— Не болгон менен, Токтогул, орус арасына барып келдиң, шаарын көрдүң. Орус кандай түркүм калк экен? Ак пашанын сурагы кандай болот экен? — деп сурады.

— Э-э,—деди Токтогул,— ушул бийлик, ушул көй, Керимбайым. Бизге эле залимби десек ак паша өз калкына деле катаал турбайбы?! Орус эки ажырым — букара эл бир башка, байы менен башкарган төбөл бир башка, арасында катуу кармашуу бар. Сенин ак пашаң акыры оң болбой турган, Кеке!

Керимбай ороюп тиктеп калды. «Неге менин эле ак пашам?» деп айта албады. «Неге оң болбой турган?» деп да сурай албады. Көзү күнгүрт тарта ой басып, Токтогулга кайра ниети карайып, эрини борбойду. «Менин ак пашам оң болбой калса, сенин букараңдан паша турмакпы?!» деген кычаш кеп оюна кыстап келип турду. Жаакташа тургандай чукчуюп калды Токтогул.

Колго суу куюлуп, дасторконго козунун эти коюлуп, кептен алаксып калышты.

Керимбай алдына келген көмкөргөн чуңкур аяктай бүтүн май куймулчакты шилекейи келе тиктеп туруп:

— Жарма барбы ачыган?.. —деп, күңк этти. Кулуке дүпүлдөп барып, өз үйүнөн бир аяк шаулдаган арпа жарма көтөрүп келип, дасторконго коюп берди:

— Кана, болуш аке... кана, меймандар, оокатка карагыла... — деди.

Болуш акеси май куймулчакты жайма-жай чатыраштап тилип, анан бирден кыра кетип сугунуп, күрмөп, артынан ачкыл жармадан ууртап, жен баштады. Эки жагын карабайт, эч кимге көңүл бөлбөйт, күшүлдөп, бар дити оокатка берилген. Мунун табити эки абышкага көнүмүш экен, карап да коюшпады. Керимбай куймулчакты келерстин сөөгүндөй кылып тазалап болуп, андан соң калган жармага шорпо аралаштырып, көңтөрө жутуп салды:

— Мына,— деди карт кекире,— досуңдун ашын касыңдай кайсап ич деген ушу эмеспи,— деп, соргоктун бетке карманар кебин айтып койду.

— Ыракмат, ыракмат, болуш аке, аш болсун... —деди Кулуке.

Бата кылып, эшикке чыгышты.

Токтогул кошо чыкты. Керимбай атына минип, килейген кара аргымак бураңдай онтоп, өзү да ынтыгып:

— Кеп ушул, Токтогул... —деди да, тизгин буруп, артынан беркилер илешип, жүрүп кетти.

Тигилер бурулуштан имерилип кеткенче тиктеди Токтогул.

— Ниети жакшы эле окшойт а, аке?.. —деди Кулуке кубана күбүрөй. Ага жооп бере албай: «Буйгалап тура тур?.. Качырбай алдап турмагыбы?..» деген ой тартканында турду. Ушул чымчыктын уясындай бир кыштоого келбей, жолобой кең Түркстан кыйрын кыдырың кетсе кайдан табат эле? Кете албайт! Тууган элин кантип кыя алат, туулган жерин кантип таштап кете алат? Акыры Керимбай алдынан дагы бир чыгарын биле туруп эле, «кармалсам да эл-жерди бир көрүп кармалайын, бөтөн жерде тербип күн көргөнчө өз жеримде сөөгүм жатсын...» деп, ар кандай балээге баш байлап, оңутунан үмүт гана кылып, келип отурбайбы?!

II

Үйгө кирери менен суйсалган Карачач мойнуна асылып эркеледи, Ныязаалы көкүрөгүнө басып, мойнунан жыттап, жаш жувандын аңкыган жыпар жыты жүрөгүн селт ойготуп жиберди. «Кубанчым... кубанчым...» деди күнкүл мекирене. Тула бою былкылдап чоюлган эрке келин назып Ныязаалынын эки колуна чалкалай салмагын салып кош өрүм колоң чачы жерге төгүлүп сүйрөлүп, кумарлуу ыңгыранды. Эңилип, аны сайын бериле көкүрөгүнө басып, али эр көөдөн Ныязаалы төргө көтөрүп өттү.

Карачач комузчунун Дүрдана өлгөндөн кийинки алган зайыбы болучу. Элүү ашып, бирок өмүрүндө ыдык көрбөгөн Ныязаалы жүзүндө бырышы жок, чачы капкара бойдон, өзү көңүлкош өнөрпоз адам эмеспи, эркек катары көкүрөк зардеси сөнө элек кези. Карачач күйөөсүн чанып атасыныкына келип отурган жеринен Авлетимде кездешкен. Мелтиреп тиктеп, шыңкылдатып комуз чертип, маанилүү кеби, сыпаа турманы менен жаш жувандын көңүл күүсүн таап, көнүл назына, каалоосуна ылайык өзү да боз уландай зарылган ашык болуп ийиктирген. Көңүл кумары, ой-санаа талабы бийик жаш жуван көксөгөн адамын ушул эр ортону болуп калган Ныязаалыдан таап, ага тула бою майдай эрип берилип, зайып катары ыраазы да болуп, биротоло баш ийип, баш коюп берген. Жаштык кадырын жашы өткөн өзгөчө сезет белем?! А Ныязаалы мурда байкабаган, байкаса да баалабаган, кээде биле туруп одонолук, оройлук кетирген мүнөзүн эми тескеп, Карачачка өтө кылдат, өтө назик мамиле кылат, эркелесе жүрөгү дикилдеп, чоёндоп таарына калса алды-үстүнө түшүп, көзүнүн агы менен тең айлана көңүлүнө карайт. Бул эмне? Карынын жаштыкка кылган кошоматыбы, аргасыз алдына жыгылып берген күнкорлугубу? Жок, бул зирек эркектин өзү банкабай өткөргөн жаштыгын жоктогону, эстөө, жаштыкты Ыйык көрүү, бийик көтөрүү, эки келбестигин, аттиң ай, сезүү, кадырына жетмектин эң акыркы акыл менен болунган далалаты окшойт.

Илгери комузчу чакырган жакка көп кетчү, айлап конуп кала берчү. Эми эч жерге түнөбөйт, кайдан болбосун ат зоруктуруп, эмчек эмген баласы калган зайыптай эч чыдай албай, токтой албай кечинде үйүнө келбей койбойт. Толукшуган сулуу жувандын дидарын көрүп, ошол күнү кеңүлү кандай болгонун кабагынан издеп, жайдары болсо өз көнүлү дароо тына бооруна басып, жыттап, түркүн жылуу кебин ичинен да, тышынан да күбүрөп, мекиренип, жыттап, андан соң өзүнүн тула бою Мемиреп, чарчаганын унутуп калат.

Таң агарган боз салкында торгой менен тең ойгонот. Тышка чыгып, үрүл-бүрүлдө нары-бери басып, шар аккан суунун жээгине жуунуп, сергип, аалам жарыкканына баам Салып, шоокумун тыңшап, ошо касиеттүү жарыгуу менен шоокум кошулуп, сезимине ыргак, күү болуп акырын кирип, ой-санаасы байыйт, ага ошол тапта үйдө мемиреп жаткан көңүл кубанчы көмөк, кубат болуп тургансыйт.

Кайра келет, өзү очокко от тамызып коюп, анан чачы тыякта булайып, тамагы таңдай кылайып, болук көкүрегү саал ачылып, таттуу уйкуда жаткан сулуу жувандын жанына отуруп, эңилип көпкө тиктейт, анан бир убакта акырындай чоочутуп албанын деп астелей кыңгыратып, улам дааналай шыңгырагып, мукамдан мукамга өтүп, назик күү черте баштайт. Тыштагы шуу-шуу жел, чулдураган торгойлор тып басылгансып, күү дилине, тилине теңтайлаша албай калгандай болот. Таңкы боз салкын авада астейднл адам көңүлү, ойнок кубанчы, шаттыгы үстөм болуп термелип тургансыйт. Назик мукам эрке келиндин кулагына аны сайын назик болуп, акырын сиңип, уйку-соонун арасында аны сайын көөшүлтөт. Ошого өзү ыктоо, ойгонсо да көзүн ачпай, былк этпей күүгө кошулуп жүрөгү ыргалып, көңүлү жубанып, кубанычтуу түш көрүп жаткандай жүзү нурлана уурту асте жымыйып жата берет.

Комузчу көңүл кубанчын күнүгө күү менен ойготот.

Ныязаалы бел чечип, төргө өтүп, Карачач сунган айранды алып, атайы тамшанып ууртап, жарпы жазылып отурду. Бир убакта көзү комузга түштү. Болк этти жүрөгү. Комуз ордунан козголуп калган! Ошол учурда Карачачтын астыртан элтейип карап турганын сезип, жүрөгү тилине түшкөндөй тыз дей берди. Өзү өйдө болуп, акырын комузду алды. Тепкеси коюлган! Имерип карады, бирөөнүн арам колунун тагы көзүнө уруна тургандай башы айланып кетти. Комуз күүлөнгөн! Кайрылып карай албай ындыны өчө калды.

Таң болду Карачач. Ошол эле замат «менден күмөн санап турабы, тааныбаган бир абышканын келгенине бөөдө шектелип каламбы?..» деген ой келип, коркуп кеттп Карачач.

Көңүлү назик адам шалдырай, алда кайда кетип учкул санаа, бирпаста кейиштин нечен түркүнүн чарк айланып өткөндөй болду, а көнүмүш кол комузду акырын кыңгыратып, бир убакта тып токтоло калды. Комуз билген адам күүлөгөн, болгондо да «Кербез!» Ныязаалы жаш аялына бурула карай бердп.

— Бир жүдөө киши келди эле... Комузуңузду күүлөп, «кылын жандырбан коюп койчу» деди эле...

— Жүдөө? Ошол! — Ныязаалы далбактап эшикке карай жөнөдү. — Кайда кетти, кокуй?! Издейин, кокуй...

Чоң жолду карай атына мине чапты Ныязаалы.

«...Баягы жер.., Тоо, ташы, өнгөн киеси, өскөн дарагы, аккан суусу баары баягыдай, баары турат өзгөрбөй... Көп жыл өттү арадан көзгө илешпей, колго турбай... жылт-жулт этип жок болду биртке кубанч чакмак таштын отундай...»

«Ушул жерде башыма конгон бактымды ушул жерде байлык басып тартып кеткен, жандай толгон жаштыгымды зулумдук деген тепсеп өткөн... Кечээ гана өткөнсүйт, ак тайлактуу төө жетелеген кыздын көчү азыр эле тумшук имерилип кеткенсийт...»

«Эми мына... бозала болуп карыдык, алмадай жүздү бырыш басты — азаптуу күндөрдүн изи, кабыгынан кайыңдын чарык тартынып, жол басканда айчылык түгөнбөгөн түйшүктүн тагы... Э, аттиң ай, азапка жүкчүл, санаасы узун адам өмүрү ушунчалык кыскабы?!»

Жүдоө адам чаалыккан атын жетелеп откоруп, ар жерге токтоп, ыңжыңсыз жаткан тоо айланасына көз чаптырып, өзүнчө күңгүрөнүн, бир барар багыты белгилүү эместей улам бир кыраңга чыгып, туштарапка серп салып, андан кайра кайтып, өзү менен өзү сырдаш болуп, өзү менен өзү жолдош болуп, калкамандап басып жүрөт.

«...Э-э, кагылайынй элим ай... кой оозунан чөп албаган баёосуң, энетексиң... коңултак өз чарыгың сыяктуу жайсыз, изсиз турмушуң... Карачы, көчүп кетсең журтуңда үч тоголок көө кемеге таштан башка не калат?! Кайран элим, качан көз ачып, качан калам чийип, качан ынтымакка ийрилип, качан гана капкалуу калктын катарына кошулар экенсиң?,.»

Ныязаалы мойнокко чыгып, нары жактан Караган-Сай, Малкалды мелмилдеп көрүнгөндө тизгин жыя токтоду. «Оппо, кокуй ай, кетип калган экен да...» деп, астейдил кайгырды. «Ушундан нары кетсе Кара-Сууга Жеңижокко кетти...» деп болжоду. «Кой, артынан барайын, барбасам болбойт» деди бир ою, ошол замат үйдө отурган Карачач эсине келди. Жалгыз таштай алмакпы?! «Көксулуудай кылып ала жүрсөм бекен?..» — деди. Кызыл топурактуу мойноктун сол каптал жагында көмүскөдө токулуу жалгыз ат башын жерден албай оттоп турганын көрдү да, «сурайын, ушундан нары өттү бекен» деп, ошону карай бастырды. Кылкылдаган кызыл от чөпкө кыңкайып отурган киши бери карай берди. Жүрөгү болк этти Ныязаалынын, «ошол!» деди уйгу-туйгу көңүлү, тиги киши ордунан тура утурулаганда көзү көзүнө чагылыша аттан ооп түшүп, кучагын жая чуркады. Кучакташып, Ныязаалы коңгурап, «кагылайын... булбулум... булбулум...» деп, оозуна башка сөз кире албай энтигип ыйлап, жүдөө киши аны сайын мууну бошой, көпкө кучак коё берише албай туруп калышты. «Кагылайын... Өлбөй аман келдиңби, кагылайын, өлбөй аман келдиңби-и...» деп бышактады Ныязаалы. «Комуздан билдим... Ким күүлөй алат, ким черте алат «Чоң кербезиңи, кагылайын?!»

Үйгө кайтышты.

Карачач эшикте утурлай басып, комузчудан арманын көп уккан жүдөө кишини таңыркап элтейип, анын улам «ананайын» дегенин эстеп, жылмайып тиктеп тосту. Ныязаалы толкундап алган:

— Каки-ин!—деди тыяктан эле жагымдуу үн сала. Сары башыл улагыңды карма, тез, Какин!

Өз колу менен союп, жылуунда колтугун жарып, улакысык өпкөсүн алып, өлүмдөн келген бурадарынын башына ырымдап домдоду Ныязаалы. «Кет эми, балакет! Көпкөнгө бар! Бөөдө бирөөнү сөккөнгө бар! Төбөсү көктү чийгенге бар! Дөгүрсүп сууга сийгенге бар! Кет эми, балакет! Токтогулда эмнең бар?!» деп, ырым сөзү бул болбосо да ушуну айтып, астейдил тилек кылып, өзү көөнү жибип жашып, биртке шумданып, тиги үңкүйүп отуруп берген Токтогулду жылмайтып, анан карая-карая түшкөн өпкөнү алыс ыргытты. Башына суу тегеретип, сууга

түкүртүп, артынан чачты. «Кет эми, келбе эми, айланайын балакет...» деп койду. Токтогул күлдү:

— Ныяз таяке, бу балекетке жалынганыңыз кызык экен...

— Э-э, Токо, азыр балакет да болуштардай болуп калган, жалган да болсо жалынсаң кетеби деймин! — деп, Ныязаалы шакылдап күлдү да: — Каки-ин! — деп, дагы жагымдуу куунак үн берди жаш зайыбына. —Үйгө төшөк са-ал, Какин!

Дилгир Карачач буларды алыстан эле көрүп, төшөгүн төргө салып, дасторконун даярдап, күтүнүп калган болучу, Карачач эшик ачып, үйгө киришип, төргө жайланышкан соң:

— И-и, Какин, кайниңе чай сун,— деди Ныязаалы, атайы сулуу келинди меймандын көз алдына суйсалта. Атайы атын эркелете атап, атайы көз алдыга, сөзгө тартып, а өзү да улам тиктеп, делбиреген өз көңүлүн жаба албай, жашырмак түгүл бул көркүн ушуну менен бой салдырганы да, кубанганы да, саал мактанганы да.

Чай ууртап отуруп, жер тиктеп, көңүлүнө ар нерсе кетип, Ныязаалыга бир таңыркап, бир өөн көрүп, бир ыраазы болуп, бир кайгырып, «башка түшкөн соң айласы барбы жагынбаска?!» деп, өзүнчө боору ачып отурду Токтогул. «Кайни?! Мендей бозала абышканы кантип кайним дейт бу кызылы кызыл, агы ак буралган жаш келин?!» педи бир ою, өкүнүч аралап аргасыз күлкү келип, «кайним десе, мен жеңе дешим керекпи?..» деп, башынан ыйбаалуу сыпаа адам бул абалдан өзүнчө эле кысылып, уялып, ачык эмне дээрин билбей купуя бушайман болуп, күлө албай оңтойсуз ырсайып отурду.

— Капа болбойбу Дүрдана таай жеңеми эскерсек?.. —деп, Токтогул акырын сурады.

— Эмнеге капа болот?!—деп баркылдап коё берди Ныязаалы көңүлү шат. — йе, Какинтай, бу кайниң колунан туз-даам татып калган эле, эжеңи эскерсек кантет дейт?

Казаны менен күймөнүп отурган Карачач бурула карады, кабагы жарык:

— Жакшы болот...

Токтогул ыраазы боло башын ийкеп калды. Ушундан соң өз комузун алып, кадимки кошок күү коштотуп, өмүрлүк жар, үйдүн куту, баланын энеси, душманды тууган, алысты жакын кылган жайыл дасторкон, кабагы жарык, колу ачык зайып кадырын кошту. Муңканып, «акыры жумуру баштын барар жери ошо, бул дүйнөң түгөнбөс токой мисал, бир дарагы куурайт, бир чырпыгы көктөйт — маңызы ошо» деп маани айтты. «Тирүү жакшылыгынан тирүү жүрөбү?! Өлгөн жамандыгынан өлгөнбү?! Өлгөндү эстен чыгарбай ызат-сыйын кыла жүрмөй тирүүнүн парызы, бир күнү ал дагы өлгөндүн катарына өтөрү чын!» деп ырдады.

Төгүп ырдагандан теңи жок Жеңижок ырчыны көргөн, бирок бул кишидей төккөнү төккөндөй, бийик үн салып, ар сөзүнө, ар мааниге жараша не көтөрүңкү, не чөгүңкү муңкана ырдаган ырчыны көрө элек болучу Карачач. Кирпиги мелтиреп отуруп угуп, «үнү эле бир баа турбайбы...» деп, тымызын шыпшынды. Ныязаалы кадыресе оңтойсуз абалда калды. Көз алдына Дүрдана келди. «Катын өлсө — камчы сап, кайра төшөк жаңырмак! Же эси жоктун, же көпкөндүн сөзү. Катыны өлгөн — канавайран! Муну башынан өткөргөн адам айткан экен, чиркин ай. Ана, канавайран болдук — үй турмуш тозду, жүдөдүк, акыры бирөө менен отказан болушка аргасыз болдук... Азоого нокто салган соң астелемек эп экен...» деп, касырет ойго кабылды.

Ыйбалуу Карачач «комузчу» деп тергейт. Комузчусунун кабагы муңая калганын байкады.

— Мен эжеми унутпайм, арбагына сыйынып жүрөм...— деди Карачач ырчыны кылтыя тиктей. — Ар айт сайын башына барып турабыз...

Токтогул «ананайын» деп жибере жаздады.

— Түзүк,— деди келинди мактап, түзүк, андан кемип калбайсыз, айтпаса да ичинен комузчуңуз өзү ыразы болот, көрүп турган эжеңиздин балдары кубанат, ийигет, биздей калыс эл мактайт, ана, сый үстүкө сый боло берет сизге!..

III

Бир айылда эл тамшанып, маани кызыгына канып отурушкан.

Колтойгон, челектей жоон сары неме үч-төрт киши коштотуп, топту жара бөлө ат бастырып

келип калды. Эч кимге салам айткан жок, салам айтканга алик алган жок, ирең түнөрө тултуюп, ырчынын үнү жаңырып турган сыйрылган үйдү мелтейе тиктеп калды. Бу баягы «ак жолборс» Осмонбек болуштун тун баласы Жуманаалы болучу. Осмонбек ажыга кетеринде өзүнүн ордуна уезддеги бурадарлары аркалуу болуш «шайлатып» кеткен, эки жылдан кийин «ажы» атанып, бийлигинин үстүнө диний кадырсый кошуп кайра келгенде да, баласын болуш бойдон калтырган эле. Бирөө атын ала койду, Жуманаалы «бала болуш» сыйрылган үйгө кирип, чакчарылып, «кел» дешсе да, орундарынан төркүлөр тура калышса да төргө өтпөй, мокотуп, үй ичин имере тиктей:

— И-и? — деди кекете. — Отурган экенсиңер... кененжайкын, комуз чертишип, алым сабак ырдашып, шыкылыкташып сагызгандай, ак пашанын үстүнөн ушак айтып купшуңдашып?! И-и?!

Жүрөгү зыркырап калган белем, Токтогул тып токтой калды. Жандай төрдө отурган кишилер нестейди. «Кой, бала болуш асте кыл» дегендей кадырлуу Жеңижок жылмая карап токтолду. Жуманаалы мазактап күлдү:

— Шылтоо издеп не кылам сасык мурун боз маңкага оозуңарды жыттатып?! А мен жөө салам алдыма айдатып кетем качкынды мына бу!

Ныязаалы күйкөлөктөп:

— Жумаш, айланайын... —деп жиберди. —Кой, мартабан дагы көтөрүлсүн... Мына, соём десең атым тартуу, ал аз болсо жарам десең башым тартуу, айланайын, Жумаш...

— И-и?!—деди Жуманаалы чакчарыла. — И-и?! Каадалы казыгында аты бардай сүйлөйсүң, соём десем өзүн крштоп алдыма келбейсиңби?! Кадыресе башы бардай келжирейсин, жарам десем өзүң эңкейип тосуп туруп бербейсиңби?! Мен сурап отурат бекемин?! — Токтогулду жекире тиктеди. — Ырчы имиш?! Билебиз мунун «ырчылыгын», тили суук бул селсаяк жөн жүрбөген азирети ак пашанын пушманы. А ак пашанын душманы — аяшиаган менин дагы душманым! Хы-хы, эми көрүп турасың, колун байлатып, көзүн жайнатып, таандай акактатып...

Ындыны өчө Токтогул башын чайкады:

— Э, аттиң ай, не муратка жетмексиң?!

Думанаалы шакебелеп күлдү:

— Хы-хы! И, сындыргың бар го сөзгө такап?! Кимден ийменем, кимден уялам, ичиң күйсө туз жала, кереги эмне ниетимден тайсалдап?! Сени кармап берем да, акысына уезднойдон тон алам, азирети ак пашадан чен алам! Хы-хы...

Көз шилтеши менен көрөркөз жигити Аймамбет, өз иниси кубарган Алым куду уялаш иттей жулунушуп, Токтогулду кой-айга келбей бири алка жакадан сүйрөй, бири колуп артына кайрый дырылдата тышка сүйрөп калышты.

— Эй! Эй!—деп, Ныязаалы балбалактап жиберди. — Эй, кантип карап турасыңар, ай, айланайын эл?

Капилеттен болуп кеткен бул окуянын алды-кийнин ойлоно албай эл нестейип, акырын күбүр чыгып, катынкалач үрөйлөрү уча шыпшынып туруп калышкан.

— Зулумдуктун алдында жүгүнүп жүрүп, карабыз өчүп бүкүрөйдүк ко?! Ооз толо кеп айта албай корунуп жүрүп, кунубуз кетип кичирейдик ко?!—деди Ныязаалы. — Эй, калыстыгың, кайратың кана, эй калың журт?!

Эл тосмосу жарылган суудай дуулдап кетти. Кары кишилер тынч тынытыш жагын көздөшүп: «Жумаш... айланайын...», «эшикке келгенди ит кабат...», «биз дагы бир суу элбиз...», «сөзгө сөлтүк кыла көрбө...» дешип, алды-үстүнө үйрүлө жалбарышып калышты. Эр көкүрөк жигиттер тыяктан кабак үйрө, улам көбөйө, улам кучөшө кыжырлана башташты:

— Эмне бу?! Жети атасынан калган аласасы барбы бул ырчыда булардын?! Илгери атасы атын союп, жөө коюп кор кылып?! Эми баласы «кармап берип чен алам» деп?!

— Чымчык да караганды паана тутат! Бу көзүнө карабай көпкөн бала ушу бизди караганча жок деп турат!

Бирөө:

— Жер намысын сатып тон кийген, эл абийирин соодалап даңк алгаи, ниетинде кылдай ыйыгы жок... — деп, кейий сөгүп калды,— карышкырдай жулунган, сук иттей жаланган,

кызыталак ай!..

Көпчүлүк дуу каптап, Алым менен Аймамбетти желкелеп, колдон ала тарткылап, тыталантып сүйрөп, четке сүрүп кетишти. Бошонгон Токтогул казганактаган эл арасынан көрүнбөй калды.

— Эй! Эй! — деп айкырды бала болуш. — Күнөөкөр болосуң баарың, ак пашанын алдында, э-эй! Каттап берем баарыңды, э-эй!

Кара көк болуп, ыза болуп, Жуманаалы лыкылдай басып, атына жетти. Эч ким колтугунан сүйөй аттантууга барбай койду. Өзү үзөнгүгө үч жолу бут салып, үч жолу ынтылап, күпчөктөй семиз неме үч жолу мине албай, эң акырында ээрге араң тырмышып, эргий баскан аттын үстүнө дөңкөйүп көптө барып оңолуп, андан нары чапканынча кетти. Биринин тебетейн жок, биринин камчысы жок, котологон көпчүлүк же бири көрүп турса да, «мына» деп алып бере койбой, өзүлөрү темселешип таба алышпай Алым менен Аймамбет акыры аргасыз болуштун артынаң илеше беришти.

Жаткан ноголо жыгачтын үстүнө чыга көрүнө калды Токтогул. Дуу бурулду эл. Ирецни купкуу болуп кеткен экен, элдин коргоосуна эреркеп, көзүнө жаш алып, үну каргылдана өңгүрөп ырдап жиберди:

Күндүз жүрсөм тынчым жок,
түн ичинде уйкум жок,
иттин үнү угулса
эшикке чыга жүгүрөм,
илгерки жорук келет деп,
эсил жандан түңүлөм...

О, айланайын элим ай,
азайбаган демим ай,
чачылган кумдай быркырап,
бир-бирден жүрсөң дыркырап,
бириңе бириң коштурбай,
тыңыңы алга оздурбай
манаптар бирден басып жок кылат...

Кол куушурба манапка,
манаптар далайды чапкан канатка,
тил сеники сүйлөсөң,
журт сеники бийлесең,
толкуган көлдөй көк чапчып,
топтошсоң тоого күчүң тең...

Боосун үзгөн шумкардай,
ууруну жыгып качкан
тулпардай ичиңе келип турам,
кутман эл, ишенген белим өзүңөр,
кайра торго чалынтпай
калкалай турган кезиңер...

«Эл бар!», «Элди медер тут!», «Элиң сактап алат!» деп, демдүү сүрөөн көтөрүлдү эл арасынан. Кайрат, эртеңки күнгө ишеним Токтогулга кайра келди, бошой түшкөн муунун кадимкидей чыйралтып жиберди.

* * *

Кеөдей кара түн эле.

Же үргөнү, же улуганы билинбей өзүнчө эле кыңшылап, тынчы кетип, үн басалбай жаткан ит бир убакта атырыла чуркап, жол кайрыла турган сай жакка барып, бирдемеге чаяланып асылып калды. Бирдеме тап бергендей болду, аргасыз ит каңшылап, кайрат кыла албай бери качкандай, карышкыр болсо да, адам болсо да бери келе жаткан окшоду. Түн жарымында ким келмек?! Кандай ыргып турганын билбей калды Токтогул. Караңгыда көп агтын дүбүрту дүпүрөп каптап келип, үйдү тегеректеп калышты. Ит ыйлагандай каңшылап жатты.

«Ушул үн...» деди кимдир бирөө күбүрөй. Ким?

— Эй!.. Токтогул... —деди башка бирөө асте үн сала, үнү кекерлүү. Жүрөгү солк дей түштү Токтогулдун. Бу кайдан жүрөт?! Көкөйүнө тийген үн! Кутурган Жуманаалы бала болуштун үнү го?!

Ойлонгуча бирөөлөр аттарынан түшө башгагандай болду. «Сүйрөп чык!..» деди Жуманаалынын үнү. Эки киши жулунун кирип келишти. Жан арга деген кандай, аттиң ай?! Куш болуп, пар-р этип, түндүктөн учуп чыгып кетсечи?! Жок, канат түгүл кубаты жок, баш катарга жердпн жарыгы кана?! Көйнөкчөн, дамбалчан, эси эңгиреп, шалдырай калды Токтогул. А тигилер жети атасынын өчү бардай кыжырланыша, «ба-ас...», «быякка-а...» дешип, тиштене күңкүлдөшүп, тышка темтеңдете сүйрөп калышты.

— Ие, Токтогул... —деп кыңылдады алсыз Бурма. — Таң атып калдыбы?..

Жүрөгү эзилип кеткендей болду Токтогулдун. Эмне дейт?! Ыйлайбы бакырып?!

— Апа,— деди Токтогул акырын, —эл кыдырып келейин, апа... кейибей жүрө тур, апа, келип калам...

«Биртке болсо да көңүлү тынч болсун...» деп ойлоду, «билсе чыдай албайт эми байкушум...» деп, бууну бошошуп кетти. «Бас! Чокуңа келип каласың!» деди дөлөнгүттүн бири. Орой сөздү угуп, тапыр-тупур шабырт уга калган Бурма бир шойкон болуп жатканын сезип, башын көтөрө эки колун арбайта ынтыла берди:

— Йе, Токтогул... —деди. —Эмне болуп жатат, кокуй?.. Ким булар тапыраган, йе Токтогул?..

— Жети атаңдыи башы тапыраган!—деди дөлөнгут Аймамбет.

Бурма уккан кулагына ишенбегендей нестейип токтоло калды. «Эмне дейт?! Ким бу?..» деди көкүрөгү, бир балакет болуп жатканын болжоду. Тапыр-тупур эшикке чыккандай болду: «Апа, кейибе!..» деген Токтогулдун сууга чөгуп бараткандай тамагын жаш бууй кардыккан дабышын аран укту. Чыңырып жиберди Бурма, балапанын жыланга алдырган чымчыктай чырылдаган эне үнү караңгы түндү как жарып кетти:

— Шору арылбаган балам а-ай!.. Балам а-ай...

Жаман туугандар ыңгыранып ойгонуп, кай бири баш көтөрүп, эмне болуп жатканын түшүнүп, кай бири «аралашсам арты эмне болот» деп аярланып, кай бирөө «ырдабай эле тынч жүрбөйбү» деп, күнөөнү тууганынын өзүнөн көрүп жаткыча Жуманаалы Токтогулду шапа-шупа жайдак атка таңдырып, дөлөнгүттөрүнө жыш оротуп алган бойдон айылдан тез чыга берди. Эне боздоп, эшиктеги ит ыйлагандай улуп-уңшуп үрүп кала берди.

Күлүк ала качкан топ уурудай эч артын каранышпай, буйдалбай, тизгин жыйбай чаап жүрүп отурушту. Токтогул шалактап барат, ойлоно албай, оюна эчтеме илишпей, башы кеңгиреп, ат үстүндө баратабы, не бир жерде сулап жатабы ажырата албагандай. «Шору арылбаган балам а-ай... балам а-ай... балам а-ай...» Боздогон үн гана те алыстан, бир терең түпкүрдөн, өз мээсинин катмарынан чыгып жаткандай тынымсыз угулуп келет. «Шору арылбаган балам а-ай... балам а-ай... балам а-ай...» Таң таштай баштады.

Үйрүлүп токтой калышты. Аймамбет менен Алымды тааныды Токтогул. Өз мейнети кетпеген бекер ашка семирген Аймамбет эр сайып алгандай мыйыгынан күлө тиктейт. Алым атынан түшө калып, Токтогулдун эки аягын атка таңган кыл чылбырды карап көрүп, саал бошошуп кеткенбн, же өчүккөнүбү, дагы тээп тартып, чырмап, абдан бекемдеп байлады. Кайра жүрүп кетишти.

Суу өйдө жүрүп, солго кайрылып, тоого өрмөлөп, тоонун күңгөй тарабындагы Кара-Суунун башына ашчу белден күн жайыла чыгып барышты.

Жуманаалы туу белге токтоп, артын карап, таңкы салкында көгөрүп жаткан Кетмен-Төбө

багытына серп сала:

— Эми Кетмен-Төбөлүк кошун жыйып келсе да ажыратып ала албайт... — деп, өзүчө не кубанганы, не кекенгени, ыңгырана күлгөнсүп алды. — Эс алдыргыла аттарды...

токтогулду аттан түшүрүп албай коюп коюшту. Токто «ал» деген да жок, кериде басып оттоп турган аттың үстүнө шылкылдап, эчтемени ойлонбой, кейиши да бир жакка качып кеткендей, кайда барарына, качан кайра келерине кайдыгер болуп, кудайга да, тагдырына да, өзүнө да таарынып, жакшылыктан биротоло үмүт үзүп, өчөрүп калган сыяктуу. «Шору арылбаган балам а-ай... балам а-ай... балам а-ай...» деген үн гана, бүт турманын ушул сөөк сыздаткан кейиш, эненин чарасыз ыйы басып, башка эчтемени сезбейт, кишилердин баркылдаша мактангаиы да, бийик белдин шау-шау эткен үзүк-үзүк жел шоокуму да, жакын эле нары капталдагы жалгыз куу арчанын башынан жалгыз күкүк муңканып отурганы да кулагына кирбейт.

Качканын билдирген кагаз Токтогулдан мурда келген. Түркстан генерал-губернатору Оулия-Ата, Токмок, Анжиян, Наманган уезднойлоруна «өзгөчө кооптуу» качкынды тезинен кармоо жөнүндө тапшырма берип, ушул уезддердин аймагынан катыран издетип жаткан болучу. Дагы кармап беришке Керимбай батына албады, кысым боло берген сон «буйгалап кетсин» деп, Токтогулга кабар кылып, Токтогул Аксы багытына өтүп кеткенден кийин «бизде жок, башы оогон жакка кетип калган» деп, Анжиян уездноюна кабарлап тынган. Бала болуш Жуманаалы дагы бирөө олжону алып кетпесин дегендей тез Намангенге уездной төрөнүн алдына жетип, сабыла кол куушуруп, азирети ак пашага да, урматы улук оёз төрөгө да керек этсе төбөсү менен тик туруп, карысын казык, башын токмок кылып, кара жанын аябай кызмат кыларын, изделип жаткан кооптуу кишини көктөн алып түшсө да, гөрдөн сууруп чыкса да таап келерин тилмеч аркылуу убада кылып, кара көк ирени өлүктөй саргайып туруп ант ичип, тапшырма алып чыккан. Эл ичинде баягыда кармай албай өкүнүп калган. Токтогулду Жеңижок үйүнө алып кеткен болучу, бөлөк болушка караштуу, нары да Жеңижоктун үйүнөн басышка батына алган эмес. Чөөдөй артынан аңдып түшүп, акыры Токтогул энесин көрүп кайтмакка Чолпон-Атага келгенде түн ката уурдай качып отурат.

Тектүү болуштар кадыр-сыйга токмейде болушат. Көрбөгөн сый беле?! Осмонбектин өзүнө байбиче катындын балдарынан көпкө сан тийбей келген, анын ушул Жуманаалы баштаган балдары «кадыр» десе, «мансап» десе көздөрү чанагынан чыгып, ар кандай арам ойдон, иштен таюу тартпай жулунушат. Үйлөнө элегинде болуш болуп, «бала болуш» атыгып, өзгөчө Жуманаалы эптеп оёздун назарына илинип калыш үчүн карамагындагы элдин каймагын калпып, терисин сыйрып кел десе да артын ойлонбой чаап турган кези эле.

Кара-Суунун башынан ашып түшүшүп, жалгыз үй отурган бирөнүкүнө козу сойдуруп түштөнүп, ал жерге кечке дейре токтоп, дагы уурудай ире-шире күүгүмдө аттанышып, түнү бою тынбай жүрүп отурушуп, таңкы азан айтылып жаткан убакта Наманген шаарына кирип барышты. Мурда эле макулдашылып коюлган белем, Жуманаалы түз эле түрмөгө тапшырды Токтогулду. Эки түрмөчү солдат эки колтуктан алып, алсыз туткун чалыштап, сүйрөлүп, жалгыз киши камалчу бекем камерага ичкери итере салышып, темир эшиги карс жабылганда көмөлөнүп жыгылган бойдон кол серппей, аяк тартпай, деми билинбей терейпп жатып кала берди.

IV

Кайран киши өмүрүнчө кор болуп өтүп кетеби, чиркин ай?! Бу сапар түрмө азабына чыдай алар бекен?!

Кайгырбаган адам калбады. Эл дүүлүгүп, кадырлуу кишилер аралашып, беш болуш Кетмен-Төбө, беш болуш Аксы элинин наамынан уездге «Прошение» жазылды. Жеңижок, Ныязаалы, Эшмамбет, Калык, Коргол эл кыдырышып, муңканып ырдашып, арман санат күү чертишип, элден Токтогулду куткарып алууга керектеле турган каражат чогултушту. Күзгө таяй ак куржун толо пул менен «Прошение» кагазды бүткүл уездге таасирлүү тилмеч Юсуф аркалуу төрөнүн идарасына киргизилди.

Мына ошол «иштен» дагы бир кабар алыш үчүн Жеңижок Намангенге бара жаткан эле.

Жол боюнан камыштын арасынан корооз кыргоол уча качып, типтике көтөрүлүп, жалындай созолоно капчыгайдын оозу жакка имерилип кетти.

— Йе, Жең аке,— деп калды аралашып бараткан базарчы Байсымак,— бу сизди «айтышарга теңи жок» дешип, даңкыңыз таш жарып...

— И-и? — деп сүрөдү аны Ныязаалы, ушул жерде Жеңижокко бир кычаш кеп чыкканы келе жатканын сезип, тамашага ыктай.

Байсымак:

— Кана, андай айтыштарга теңи жок чыгаан ырчы болсоңуз, кана, көрөлү, ушул кыргоолду бир айтып көрүңчү!

— Мырза,— деди кишилердин бири акырын,—мейли, бир кыргоолдун сыпатын Жең акең те Намангенге чейий айтса ыя, сен алдыңдагы боз жоргону түшүп бересиңби? Сен ынагык келип, айта албайт деп, биртке кемсинтип да турасын, ыраспы? Мейли, мелдеш болсун, а мелдеш болбосо Жең акең жөн эле үнүн бүтөрө бермекпи?!

Мейли, мейли,— деди Ныязаалы, —мөөрөй эки жактан бирдей коюлганы жакшы, айтышарга теңи жок ырчы бир кылак эткен парандени Намангенге дейре сыпаттай албай мукурап калса дейли, мейли, ал дагы атын түшүп берсин!

Жеңижок менен Ныязаалы бирине-бири кычаш сүйлөп тамаша кылышкан теңтуш кишилер эмес беле?! Бир тойдо «өнөрпоздордун аттары өзүлөрүнчө чабылсын» дешип, эл тамашага жаалап, эң акыры өңкөй ырчы, комузчу, чоорчу, шакебечи куудул атпайдын аттарын табына карабай жайдактатып, айдатып калышат. Ошондо Жеңижоктун аргымагы озуп, Ныязаалынын жүгөрү жеген семиз жоргосу эң артта калган. Тери туягына шорголоп кеткен жоргосун жетелеп, шагы сынып турган Ныязаалыны карай Жеңижок: «Жүгөрү баккан тегиздеп, баш алдырган эгиздеп, жуда шыкап жемдеген, жүйрүгү жүрбөй калды семиздеп, түнү тынчып жатпаган, миракурум ат багар, жоргосу жолго жорто албай, күлүгү өргө тарта албай, мүңкүрөп калды данбагар...» деп тамашалап ырдайт. Ушул эсинде жүргөн, Ныязаалы: «Э-э, атынан ажырап сага дагы айтарга кеп артса экен!» деп азил ойдо болду.

«Э-э!, ушул кызарган талаа тоокту сыпаттап ырдап каерге жетмекчи?!» деп ойлоду чатыраган Байсымак да,

— А болуптур,—деди ал,— ошондой эле болсун! Наманген эмес, бул эле, чан кайнамда жетебиз, Кербен-Сарайга дейре айтса да, мейли, атымды түшүп эле берейин!

— Жо, жо,— деди Ныязаалы,— ырас Наманген делиндиби, Наманген!

Кой да дебей, макул да дебей Жеңижок көзүн жума, ат үстүндө акырын теңселе үн тартып, шар ырдап жиберди. Асте тизгин жыйыша ырдын сөзүн тыңшашып, баятан чубашып келе жатышкан кишилер тобу үйрүлө биригип, аттары илкип калды.

Те суу үстүнө кара жер каймактаганы, көктөн күндүзү күн жаркырап, түндөсү ай баркырап чыкканы, жел пайда болгону, топуракка көкмөк кийе өнгөнү, чагылгандан от түшкөнү, дүйнө нечен түйшөлүп, нечен оодарылып, нечен дымып, акыры кургакка, суу ичине ар түркүм тири Жан жаралганы кезинен баштады. Тиринин бири жумуру баш аягы айры адамзаада уруктап, күндөн күнгө, айдан айга, жылдан жылга кулактары тийишип көбөйүп, жерге маглук койбой, суудагы балыкты, көктөгү кушту куткарбай, эң акыры бирин-бири тирилей басып жеп, адисинен ашып кеткен чагында, топон суу каптаар алдында «кеме кур, дили таза бүлөңү, ар айбанаттан бир жуптан урукка алып, кемеге чык» деп, бир адамзаада Ноу жараткандан ишарат алганы, ошондо ушул куйругу кулач кызыл кыргоолдун теги да тар кеменин бир бурчегинен жай тапканы ширелише уйкашкан ырга салынып, мунажат кылгандай муңканган басмырт үн менен баян этилип бара берди.

— О-о, жараткан ай, кудуретиңден айланайын, сактаган тура бейкүнөө жаныбарларын?! — деп кобурап, ырчынын өлчөмсүз ой чабытына тен берише: — Бал-ли! — деп калышты.

Маниге алаксып Кербен-Сарайдан өтүп кетишкенин байкабай калышты. Наманген кайда?! Тездеп жүрсө түшчулук, мындай чайпалышса кечки намаз убагында араң жетип барышат.

Жеңижок комузсуз, камчысын бүктөй кармап, тизгинди ат жалына бош таштап, камчы менен маал-маал кушбаш ээрдин кашын тык-тык уруп, маниге, ыргакка өзү да берилип, өзү да

теңселип, тыңдаган кишилерге тугүл өзүнө да капилет келген ойдон дастан жаратып баратты.

Дагы дуулдап, кишилер дагы шыпшынып калышты эле аксакалдардын бири колун силке «унчукпагыла, ырчынын төгүлгөн көңүлүн алаксытпагыла, мүдүрүлтпөгүлө» дегенди туйдуруп, дым кыла тыйып салды.

«...Нечен күн, нечен ай, нечен жылдар бою жалгыз кеме учу-кыйры көрүнбөй мелмилдеген суу үстүндө калкылдап, күн чыгыш менен күн батышка айланып, жамгырлуу кезде жашып, аптаптуу күндө кагайып, жел жүрсө үйөрлөнө көбүктөнө сүрүлгөн ак толкун бирде күнгө, бирде айга серпти.

Бир күнү топудай бир кургак жер көзгө чалынды, адамзаада Ноу да, курттан баштап алтымыш кулач мар жылан, алты айры мүйүз азиз бугу, аркыраган арстан, куш коозу тооз чуулдап, сүйүнүп карашты. Ноу кемени ошол көздөн учкан топудай жалгыз кургакка карай бурду. Жээке келип токтоп, ушунчалык алааматтан аман сактаган сактоочуга ыраазылык айтып, атын миң кайтара оозуна алып, кургакка кадам койду. Бүт жаныбар сүйүнгөндөн бир ыйлап, бир ойноп, баары чуулдап, азирети адамзааданын артынан кургакка чууруп түшүштү. Ошол бир кудай өзү даргөйүндө сактаган тири жандуулардын ичинде ушул кыргоолдун түркүмү да эсен тушкөн эмеспи?! Күн санай, ай санай, жыл санай топон суу тартылып астелен улуу тоолор, кең өрөөндөр, жайкалган талаалар ачылып, жер жүзү мурунку эсирген адам тукуму булгаган кири катмарына жексен болуп көмүлүп, жаңыланып, тазарып, жаркып калган. Кара жер бооруна кайрадан дүпүрөп кийе чайлап чыгып, кайрадан дарак бүрдөп, кайрадан адамзааданы да, түркүн-түркүм айбанатты да, алардын ичинде ушул кыргоолдун түпкү ат-энесин да, биринен-бирин кем көрбөй кайрадан өз койнуна батырып, кайрадан ар ак таңда ырыскысын чачып, кайрадан багууга алды.

Жылан сойлоп ийин таап, марал маарап бадал аралап, жолборс кымырыла камышка кирип, бүркүт зоого айланып күн көрүү, дагы тукум улоо камына кайра өттү. Ошондо ушул кыргоолдун ата-энеси да бир дүпкүр камышты пааналап, көмүскөгө үч гана тал чөптү айкалыштыра таштап, бостеги эки гана жумуртка салып, аны улам бири боор эти менен жылытып, чайкап, не сойлогон жылан соруп кетпей, не шимшиген түлкү жеп өтпөй, не түнкүсүн үкү, күндүзү ылачын тап кылбай жараткан өзү даргөйүндө сактап, акыры жумурткадан кызыл эт балапан чегилип чыгып, ата-энеси улам бири жөжүрөтүп канатынын алдына жашырып, ысык аптаптан, суук жамгырдан калкалап, улам бири жараткан буйруган жемин тумшугуна тиштеп ташып, өзүлөрү жебей жедирип, өзүлөрүнүн боор жүндөрүн жыдытып, чалгайларын түшүрүп багышты го?!

Жараткандын жайкалган бир куттуу күнүндө короозу буйруган ырыскысын уулап чыккан убагында көктөн куулдап ителги качырып, байкуш караган шакка аралап, сеңселген көрктүү куйругу, жайылган шайы канаты уйпаланып сынып, эки көзү жайнап, акактап оозу ачылып, араң кайтат уясына. Келсе уясы бузулган, шимшиген түлкү, ал дагы үч бачики тууган, ийреңдеп сүйрөлүп, бостек менен алышып, акыры буйрук ошол белем жазмышта, бир балапанын тиштей качып кеткен экен. Корооз менен бостек кукулукташып ыйлашып, тагдырга мунажат кылышып, «түлкүгө да ырыскы бөлүнгөн, бүгүн бирин берсең, эртең экини өндөйтөсүң» деген жараткандан чыдам, сабыр алышкан.

Мына, кыргоол тукуму ондон жумуртка салып, ондон балапан багып, ошол кезден ушул кезге өзү жерден куртту чокуп алса, өзүн бирөө илип кетип, ал алдууну да башка бир алдуу алып, ушинетип бирине-бирин ырыскы кылган, бирине-бирин эш кылган тегеренме келме кезек бул дүйнөдө уругу үзүлбөйт.

Нечен сан миң жылдар өттү, нечен суулар агып кетти нечен талаа тоо болуп, нечен тоолор түз болуп, нечен деңиз соолуп, какыраган чөл жаралды. Шимшиген түлкү түгүл, капилеттен тээп салган ителгидей куш түгүл миң айлакер адамзааданын алдына жайган тузагына, качыр. бай аткан огуна түтүп, кыргоол уругу ушул биздин көк мелжиген миң катмарлуу ыйык тоолорго таралды.

Ушул көздү ачкан умачтай, кызыл жалын кулачтай, созулуп учкан кыргоол улуу тоонун коңур өлөң түзүндө чытырман бадал, топ камыштын ичинде жерде жаткан жумурткадан чегилип, ордунан туруп калтаңдап, токтоно албай алчаңдап, эки көзү ачылып, бирок

жаркыраган дүйнөнүн ажайып көркү тойгузмак беле жемсөөсүн, кыйкылдап энесинен жем тилен жеп, күндөн күнгө торолуп, кызыл этине чыбыраал түк чыгып, акыры өзүнчө басып чоюлуп, караң этсе бирдеме өзүнчө кылтыя чөпкө корунуп, али чемирчек тумшугун жерге эңилтип, кара жердин боорупан өз ырыскысын өзү издеп, эңилген сайын сертеңдегеп чегиртке, кара башыл түктүү курт ага ырыскыга буйрулуп, өз ырыскысын өзү биринчи жолу чокуп жеп, күн өткөн сайын, ай өткөн сайын чубалып, жетиле берди бейкасам кийген сулуудай, кыз бала таккан шурудай көгала моюн кезине...»

Ушул жерине келгенде кеч бешим болуп, аңгыча Наманген шаарынын чети көрүнүп калды.

— Бали!— деди астейдил тен берген Ныязаалы.

— «У-а-а! Бали-и! Ой, көгала моюн кезине араң жетти э?! Канат, куйрук, кызыл-тазыл көркүн сыпаттап, ыя, эц акыры анын тагдырын, не жырткычтын тырмагына, не ач көз адамзааданын тузагына чалынарын тамсилдеп айтып отурса бу Намангенден кайра Кара-Сууга баргыча түгөтөр эмес ко?!» дешти кишилер.

Чайканага түнөштү да, эртеси Жеңижок менен Ныязаалы эртелеп Юсуф тилмечке барышты. Же мөөрөй уткан Жеңижок бер деп айтпай, же өзү «эми атты аласызбы» дей албай, же унчукпай бастырып кетип кала албай атына кыйылган базарчы Байсымак кошо.

Уезд идарасына келишип, Юсуф төрөнүн алдына кирип, көп деле буйдалбай кайра чыкты. Бир кишинин эл ичпнде жүргөнүнүн зыяны канча, камалып жатканынын пайдасы канча?! Уучу ысып, нары да уезддеги бүткүл кара кыргыз «Прошение» жазып, шаарлык езбектердин Юсуфтай кадырлуу адамдары арага түшүп отурган соң, төрө ыкка көнбөй коё алган эмес. Мурда эле «акылынан ажырап калган» деген кагазды Сибирге жөнөтүп жиберген экен.

— Пашанын көөнүн таптыңбы ай, байкуштун багынынбы ай, акимдин көөнүн таптыңбы ай, алсыздын багын ачтынбы ай?! — деп, Жеңижок Юсуфтун мойнунан кучактай көкүрөгүнө кысты.

Бүгүн чыгартып бермек болду,— деди Юсуф.

— Сүйүнчүңү берейин, дегениңе көнөйүн, этегиңен өбөйүн... — деп, жүрөгү элжиреген Жеңижок чын эле Юсуфтуи этегине эңилди, Сыпаа Юсуф жеткирбей:

—Ай... ай... шайыр... — деп, Жеңижокту колунан кармай өйдө кыла берди. — Кээ болот, кээ болот, сиздей адамды этегиме тооп кылдырсам, жарыктык, коюң... Туткун түштөн кийин бошотулду.

Үстүндө боз таар чепкен, башында ошондой эле боз таардан күлө — камак кийимчен Токтогулду эки түрмөчү солдат эки колтугунан сүйөй кармап, көк дарбазадан көрүнүп калды. Жеңижок, Ныязаалы, чогула калган эл баары дуулдап жетип, түрмөчүлөрдөн алып, Токтогулду орошуп калышты. «О, айланайын элим ай, аскалуу тоодой белим ай...» дегенге араң жарады Токтогул алы кете, өлчөмсүз ыраазы көңүл толкуну ээ бербей.

Биринин да эсине «кийинтип, тоюнтуп алалы» деген ой келбей, ушул кутулганга кудайлашып, төрө айнып кайра каматып коёрдой, бу сүрдүү коргондон тез алыстап, тез те жол караган ак элечек, ак тилек энедей бүлбүлдөп көрүнгөн ак карлуу улуу тоолорду далдаланыи кетүүгө шашыла калдастап калышты.

Кубанчка аралаша көңүлү эрий түшкөн Байсымак жанга өлчөнгөн боз жоргону Токтогулдун алдына өзү тарта берип, Токтогул колуна тизгинди алары замат:

— Кана, Токо, чү де эми,— дешти баары, аттарына мине дүргүй, Байсымактын жөө калганы да, пайдасы тийген-Юсуф менен кайырлашыш да эстен чыга.

Боз жорго улам кызый, улам катуулай, өргө, түзгө бирдей, комуздун кылындай дир-дир туяк какты. Бир жагында Жеңижок, аргымагы текирең жазбай, бир жагында Ныязаалы, омуроолуу чоң тору жоргосу атаандаша дуулдайт. Боз жорго моюн созо озо баштады. Токтогул артын каранбады, эч ким тизгин тарт дебеди. Боосун үзүп качкан шумкар таризде улам алысты, улам бийикти тиктеп, те ак карлуу улуу тоолордун башынан көзү өтүп, ушул азыр колтугуна кош канат бүткөндөй, калкылдап гана бараткандай кечеги эзилген дене жеңилдеп, көңүлүнө «Кан Шырдактын боз жорго» күү жаңырып, шаңына дагы жаңы шаң, ыргагына дагы жаңы ыргак, кайрыгына дагы жаңы кайрык кошулуп, бүрдөп, көктөп, өнүгүп «элим ай» деген ыраазылык ойлору дилине түрмөк-түрмөк уйкашкан терең да, кең да маани, ыр жаралып

баратты.

...аябай дүйнө, пул берип,
азамат санап кун берип,
азазил салган орунан
ажыратып алдыңбы ай,
айланайын элим ай...

каяша кылар түр менен,
кармашып калар сүр менен,
кайнап калган шоруман
арачалап калдыңбы ай,
кагылайын элим ай...

кайран өмүр өткөрүп,
катаал күндү көп көрүп
карып калган курагым,
мууну му сары зил алып,
арып калган убагым —
мейнетиңи өтөймбү ай,
кадырыңа жетемби ай?!

Сыз, караңгы түрмөдө чыпчаң алты ай жатып, ирениде кан калбай, эрини кубарып, алсырап чыкты Токтогул. Куйругу бир кучак, семиз кара шишек союп, кан майлуу терисине ороп жаткырып, көл-шал тердетип алдыда, эшикке чыгарбай, желге урунтпай, суусунуна бирткеден саамал жуткуруп, Жеңижок Көксулуу экөбү үстүнө үйрүлүп багышты. Жумасына бирден козу союшуп, этин шала-шала кайната арашан кылып бирткеден жедиришип, тузу кем жаш шорпосунан ууртатышып, кубатына кирсин дешти. Бир апга жакын убакта тула боюндагы ак шишик тарап, бетинин сөөгү дөмпөйүп, моюн териси шалбырап, бирок көзү жайнап, жүзүнө баягы чырымтал кызыл нуру кайра келип, Токтогул кадыресе оңолду. Колу комузга сунулуп, дилине кара нөшөрдөй агылтөгүл санат куюлуп келе, өзүнчө эле бир түрмөк, бир сабак таштап жиберип, эргип калды. «А келди эми оролуна!» деп кубанышты бурадарлары.

Эл ичинен биринен бири талаша мейманчылыкка чакырышып, жылуу жүз, ала ниет көрсөтүшүп, башын куттуктай башташты. А Ныязаалы комуз кармабай, Женижок үн катпай, кандай үйдө, кандай жыйында болбосун ага жол коюшуп, айтканын кубаттап, дилине, илхамына дем болушту.

Токтогул аны сайын эргиди, ал кезде «Токтогулдун кербез» атыгып, шыктууларга жайылып калган асем күү менен сүрөй, коштой бул дүйнөнүн тарлыгып, чалкештигин, кыйчалыштыгын саласал кылып, ага бетме-бетке күчүнүн, адам көңүлүнүн кеңдигин, чексиздигин көтөрө айтып, «каралык канча болсо бул жалганда актыи иши ашып түшөр андан да, каралык алдын тороп, көзүн танып, тап жылдырбай өчүксө да, акыйкат келери анык, кечиксе да» деп, маниге мааии улап, муну менен өз өмүрүн, өз санаасын туйдуруп, «мүңкүрөбө жер карап, муңбай, сынбай шартылдап өт, жаркылдап өт дүйнөдөн» деген комузунан насыйкат угулат.

Деми майтарылбай, кайра элге айтары көбөйүп, зардеси кайнап, түрмөдөн зорлукка, корлукка өчүгүп чыккан Токтогул эми элди биримдикке, сер кайратка үндөп, элдин түгөнбөс демин миң бир түркүм маанилеп ырдады.

Ыр менен күүдөн ким жадасын?! Жүрсө жүрө бермек, бирок баягы көөдөй караңгы түндө боздоп кала берген эненин үнү кулагынан кетпей, көзүн жумса эле өзү ыйлап тургансып, көзүн ачса жүрөгү дүкүлдөп, үй жактан камтама боло берген соң кете турган болуп калды Токтогул.

Көксулуу жапсарынан жука ак чепкен алып, аяр жакындап, акырын:

— Ырчы уул, бу өз тырмагымдан чыккан кийим, ийинге салып коюң,— деп, акырын жаап койду.

«И-ки,— деди ичинен Ныязаалы, өзү мулуңдай,— качан көрсөң эри менен үзөңгү кагышып жүрүп... бу кайсы убакта «тырмактай койду экен?!»

Жеңижок:

— О-о, биздин Көкө түзүк ко?!

Карачач кара кыйылган ак калпак кийгизди... Жеңижоктун аялын көтөрө сүйлөгөнүнө кычаштык кыла:

— О-о, деп калды Ныязаалы чоюла,— биздин Какин «түзүк» эмес ко?!

Тамашаны түшүнө баары күлүп калышты.

— Эми,— деди Жеңижок,— эшикте токулуу турат боз жорго, такымыңа кыпчый кет, Токо.

О-о,—деп жиберди эми Ныязаалы астейдил,— муну «түзүк» дебесек болбойт. Бара бер эми айлыңа, камак эмес кан базардан чыккансып, жаңы кийим кийинип, ак булуттай чубалган жорго минип... ниети жаман күйүнсүн, көңүлү жакшы сүйүнсүн...

— Ырakмат, ырakмат, бурадарларым,—деп, ыраазылык аңтты Токтогул,— тонсуз деле, атсыз деле мен силерге эки дүйнө ыраазымын...

Өйдө турушат.

Жеңижок кучакташын коштошуп, ошол учурда оюна улам кылт деп турган, көптөн бери көңүлүн өйүгөн бир санааны айтайын деп апта албай кыйыла:

— Эми, Токо... — деп, артын макалдатып калды. — «Көрдүм деген тутулат, көрбөдүм деген кутулат...»

— Ырас, ырас,— деп, коштоп калды Ныязаалы,— эми.., асте жүрүп, абайлап сүйлөп....

Бу айтылар маани аларга белгилүү белем, эки аял ынтаа коюша Токтогулдун жообун күткөнсүп, баштары бириге акырын өзүлөрүнчө күбүрөшүп калышты.

Ой баса жер тиктеп, ичтен өкүнгөн сыяктуу башын бир ийкеп, бир чайкап, бир түркүн кыжыры келгенсип, ойсанаасы уйгу-туйгу боло:

— Э-э... — деп алды Токтогул, андан наркы айтар кеби уйкашып куюлушуп кетти:

Э-э...
«калыстык айтпа,
кербө, көзүңү жум жамаңдыкка,
нары карап үңкүйүп, билмексен бол
жаныңда бирөө киши өлтүрүп жатса —
өз алыңы чакта,
кара жаныңы сакта...»
Ушубу акыры айтарыңар мага?!

Эки аял бушайман, өкүнгөндөй бирин бири тиктеп калышты. Токтогул алардын дилин сезип, акырын башын ийкеп, маани улады.

Ырас,
«жөн жүр» деген жакшы эле сөз,
бирок, мага коркуткан болуп угулат,
дилими басмырлап, «байкушсуң» деп,
кордукту көп көргөн көңүлүмү дагы оорутат...

Эки бурадарына тике карады Токтогул.

Ыя,
көксөп жүргөн акыйкатым оюмдагы,
айтып жүргөн калыстыгым оозумдагы
өмүрүмдүн жалгыз баасы эмеспи,
бул кунумдан айрылып,
өзүмдү өзүм жерип,

кара өзгөйдүн алдына жыгылып берип,
ыя, мага жан багуу эле керекпи?!

Жеңижок:
— Эми...
Токтогул аны сүйлөтпөй, көзүн жума кейип жиберди:

Ыя?|
Катаал күндө кайышпай,
маңдайга келсе майышпай
зорлук менен жакалашып,
эл кадырын, өз арыңы талашып,
ой терметип, акыл өкчөп —
тар дүйнөнү кеңитип
кеткен абзел болбойбу,
аз өмүрдү көбөйтүп
өткөн абзел болбойбу?!

Эки бурадар маниге карама-каршы жүйө таба албай бири чекчейип, бири нестейип, карап калышты. «Э-э... — деп, астейдил таң болду Жеңижок,—өлөт десе тирилип, өчөт десе өчүгүп, сынат десе чыңалып...»

Жолго чыкты Токтогул.

V

Шар аккан бир өзөн суунун бою. Жаңактуу токойдун четиндеги түзөңдө күздөө конушунда үч боз үйлүү айыл.

Үч атчан жолдон кайрыла бергенде, жол тосуп отурган белем, бир көгала сакал адам бери тосо басып, коңкулдап үрүп келаткан итин «о, кет» деп тыйып:

— Келгиле, Токо, келгиле... — деп калды.

«Чакырган үй ушу го?» деп ойлоду Токтогул, учурашты. Аңгыча бир үйдөн улгайган бир зайып чыгып, меймандарга баш ийкей «арыбагыла, келгиле» дегенди ишаралап, ыйба менен учурашты да, өзү алдыга баштай басып, ортодогу ак үйдүн чий эшигин асте көтөрө ачып, Токтогулду ичкери кирүүгө өтүндү. Кошо келген эки жолдошу Ныязаалынын айлынан болучу, тааныш окшойт, ат алган көгала сакал киши менен өзүлөрүнчө кобурашып, тышта туруп калышты.

Сол капшытта керилте элечек салынган бир зайып турган экен.

— Арыбаң,— деп салам айтты Токтогул.

— Бар болгула, келгиле... — деди зайып саал ийиле турган сөөлөтүндө төргө карай ык сала, ушул ишараты менен төргө өтүүнү өтүнө.

Токтогул төргө чыгып, жайлана мандаш уруна отуруп, зайыпты дагы бир карай берди, тааныш үрөй, тааныш жүз боолголонуп, жүрөгү болк эте жымырагт кетти. «Ыя?.. Ошобу?..» деди алдастай түшкөн дили.

Зайып токтоо, дагы эле өйдө карабай, көгүчкөндөй сыпаа, адептүү, кашын саал өйдө кыла:

— Токо... аман бошонуп чыктыңызбы, Токо?.. — деди.

— Ай... үнүндөн айланайын ай.. — деп, токтоно албай, жүрөгү бир нестейип, бир чайпалып кетти Токтогул.

Ал Алымкан болучу. Дагы эле көзүн өйдө кылбай акырын башын ийкеп койду. Саамайына ак кирген, денеси толуп, не сөөлөтүн тутунуубу, не карды ачпаган, ийип тозбогон күнүмдүк турмушуна ыраазыбы, кыймылы жай.

Эй, дүйнө ай! Башынан алдырган бактысы, колунан качырган кушу эмес беле, зй капилет дүйнө ай?! Минтип кайра бир жүз көрүшүп калуу эч качан оюна келбеген үмүт да кыла албаган.

Не сүйүнө албай, не кайгыра албай, оозуна сөз кирбей жер тиктеп отуруп калды Токтогул.

Тыштан жанагы тосуп ат алган киши, эшик ачкан айып кирди. «Эмне кылалы?» деген суроо экөбүнүн тең көзүндө. Мал союла берүүсүн, быякка дасторкон апкелинишин акырын айтты Алымкан. Киши бычагын бүлөй баштап, «тиги меймандар ушул эле өзүбүздүн элден экен, кичи үйдө эле кенен отура берели дейт, бу кишинин үстүн тебелебей» деп, асте кыйытып калды. Ошого гана билингидей акырын баш ийкеп койду Алымкан. Чыгып кетишти.

Дасторкон жайылып, дүйүм жемиш, таттуу, чий боорсок коюлуп, чоң көгала гүлдүү чайнекке чай демделип келди. Алымкан өзү чай куюп отурду.

— Токо, дасторкон үзүрүнө караң, Токо...

Токтогул жеген болуп, ичкен болуп, бирок тамагынан бир бүдүр өтпөй, өтсө өзүнө билинбей, дендароо.

Алымкан:

— Кол-аягын чидерлеп, байлап кетти дешти эле, эки жагын карантпай айдап кетти дешти эле, «кош, элим» деп зар кагып, каралай көзү Токоңдун жайнап кетти дешти эле... Уктум баарын, жардамым не укканда?!

— О-о, зирегим... сен дагы жүрөсүңбү али унутпай?!

— Унутула койчу көңүл беле, Токо?! — деп, кашын көтөрө башын өкүнүч сездире ийкеп, акырын улутунуп алды Алымкан:

Кызылдан күрмө, шайы кийип бойлободук,
кызык өмүр бар чакта тойлободук —
кызыктуу күндү ууру алып,
кырчын өмүр кыйылып, бырчаланып...
Кызылдан күрмө, шайы кийип бойлободук,
кадыр көңүл бар чакта тойлободук —
кадырлуу күндү ууру алып,
кайран жаштык тебеленип, уйпаланып...

Бул өзүнүн кыз-оюнунда үлпөтчү жаштарга карап Токтогул ырдаган ыр. Саал сөзүн бура, маанисин арманга ие, «ошол сиз айткандай боло албадык» деген өкүнүчүн туйдурду. Кезүнө жаш кылгыра, бирок өзүн атайы токтотуп, байкатпоого аракет кыла, атайы жүзүн жаркыратып, бип серпиле карай берди. Көзү булутсуз таза асман түздөш мөлтүрөгөн ачык көгүш экен.

—Не демекчи Токтогул?! «Көп, кейибе, тагдыр деген ошол!» деп жалган жубатабы?! Жашымакпы?! Илгери эзели тике карабаган уяң кыз змес, бет алдында орто жашап, дегени деген болуп, сөз наркын, өз баркын билген сөөлөттүү байбиче отурат.

—Беймарал отуруң, Токо... — деди Алымкан. — Эмне алды бизге баягыдай корккудай, байкайт деп корунгулай?! Кыз аңдыган боз жигит эмессиз эми, сиз азыр өзүм чакырткан кадырлуу мейманымсыз...

Токтогул үнсүз баш ийкеди, буга аргасыз макул болгонсуду. Башка ким?! Бу дагы баягы жигит күткөн үлпүлдөгөн гүл бурак кызбы?! Татаал да, катаал да турмуш агымы экөбүн тең кыйын кыстоо күндөргө соктуктуруп, жоёрун жоюп, эскиртерин эскиртип, куу шагылдай аралга сүрүп салган кези эмей эмине?! Эми экөбү бири мейман күткөн байбиче, бири мейманга келген абышка. Те алда кайда жылт-жулт эткен жалгыз оттун бүлбүлдөгөн алсыз шооласындай көзгө илеше-илешпей улам алыстап, улам өчүп бараткан көңүл эскерүүсүнөн башка эмне калган?! Канча кейиштүү, канча ширин болсун ал эскерүү эми булардын бир кездеги көңүл оту чакмак чакпай жалбырттаган кырчын убагын кайра кайрып бере алмакпы?! Ой толгоп, өкүнүчтөн бөлөк эчтеме таппай, ушул азыр экөбүнүн ортосун бир кол созум, бирок каалаган кумар да, эп көргөн акыл да жакындаштыра албай турган өткөн кеп өмүр аралыгы ортодо опол тоо болуп жатканын сезип, сезген сайын тигинин да, өзүнүн да денеси очогу бар чогу жок коломтодой муздап калган көйү ындынын өчүрүп отурду.

Ырас, ошол кезде «уулу улан болуп, кызы жубан болуп» дегендей, анын үстүнө байы бир нече жыл мурда коргошундун түбүн дары кылам деп отуруп ууланып өлүп тынып, Алымкан өзүн-өзү билген байбиче болуп калган. «Ууру алган» жаштык күнүнүн шарданы эл ичинде али

унутула элек. Ага арналган Токтогулдун ашыктык ырларын кыз-оюндарда, түн терметкен зооктордо боз балдар шыңгырата үн созушуп, комузга кошушуп ырдап жүрүшөт. Тыякта намыстуусунган мансаптуу төркүндөрүнө да, быякта байлыгына манчыркаган кайындарына да өчөшүп, «билгендерин кылып алышсын» деп, көз көрүнөө масташып, үйүндө эркеги жоктугуна карабай Токтогулду өз өргөөсүнө чакыртып, элге даршан кылып, «бизге Токтогул ырчы келди, келгиле» деп, жамаалаш отурушкан башка айылдарга кабар айттырды. Тай сойдуруп, мейманына өзгөчө сый-урмат көрсөттү.

Ой чабыты кен ырчынын ыры күндө жаңы! Кечээ бир жерде ырдаганын уккандар деле келе беришип, үй ичи согончок коёр орун калбай улагага дейре шыкалып, тышта катар-катар тирелип, эң арты те алыста атчан, өгүзчөң туруп калышты. Комуз мукамы, ырчынын үнү даана угулсун үчүн боз үй кызыл кереге кылынып сыйрылды. Токтогул ошол кечтен баштап, эки ашык Олжобай менең Кишимжан икаясын шурудай тизилген уйкаш ыр кылып, бир түркүн муңканган овон салып айтты.

«...Бул дүйнөнүн барлыгы да, тарлыгы да али ойлоруна келбеген, бирисиз бири жашоо, үзүр көрүү, биринен бири айрылуу деген эстерине түшпөгөн, жашчылык кумары, бирине бири арзуу, умтулуу гана санааларын ээлеген эки жаш.

Сууда ойногон кундуздай, куйруктуу сары жылдыздай сынына чыгып, көркүнө толуп бойго жеткен чагында Кишимжан сулуу боз торгою менен сырдашып, күндө бир убак оволотуп учуруп, аны кабарчы кылып, өзүнүн ашкере сүйгөн ашыгы жигиттин гүлү Олжобай менен кеп алышып, күн болжошуп, саат болжошуп, суук көздөн далда жер болжошуп, жолугушуп, бирине бири дувасыз арбалып, жипсиз байланып, бирине бири кара көздүн кареги менен айланып, кирпиктери ирмелбей, кептери түгөнбөй ак сүйүүнүн кучагында болушкан.

Бир күнү, аттиң ай, алардын да жолун бөгөйт байлык деген, ыйласа кечирбеген, жыгылса боору ачыбаган зорлук деген алардын да башына куу чалма болуп оролуп түшөт. Күрөй-күрөй зар берген, айдай-айдай мал берген күйөө Кишимжан сулууну кыз-оюнун ойнөтуп, айылын бапыратып тойлотуп, кыңшылатып ыйлатып кыз көчүн көчүрүп алып кетмекчи болуп келип калат.

Бейчара, бей жардам эки ашык берешен кудайдан, белдүү адамдан башбаанек издешип, беткелди качып чыгышат.

Куугун аттанат төрт тарапка, мухабатын коюнуна катып ала качып, адамдык эркин талашып, эскиден келе жаткан эрежени, адатты аттап кетишкен эки жашты жер тыта ийнедей издейт, табышпайт.

Үй үстүнө боз торгой имерилип, чамгаракка келип конуп калганын Кишимжан сулуунун өч жеңеси көрүп, «бу жөн келбейт, ушул жердеги бирөөгө кабарга келди, ушул билет бейбактын кайда экенин» деп, тиги акактап турган боз торгойго кашыкка суу куюп тосуп, жылым сүйлөп, боз торгой сууга тумшук салганда шып кармап алат.

Боор эти бүлкүлдөп, байкуш жүрөк дүкүлдөп: «Коё коё бер. Канмак белең каныма, тоймок белең этиме — забын кылба жаныма, коё бер, адам, коё бер...» деп жалынат боз торгой.

Күйгөн болуп, өзсүнүп: «Кыз кайда?..» дейт куу жеңе. Баш чайкайт торгой сыр ачпайт. «Безери бейбак кайда?» деп, уламдан чаары чыгат көзүнөн, заары чыгат сөзүнөн. Чыйт этпеди боз торгой. Бирден жула боор жүнүн, бирден үзө чалгайын кыйноо кылат дили катык адамзаада: «Айт, ар-рам чымчык!» Куйт этпеди күнөөсү жок паранде.

Боорун чокко кактады. «Кыйгыр алган атамы, түлкү баскан энеми, жакындаган эмне экенин билбегем, оозуму ачып жыландан жем тилегем, күндө бирден жылан жутуп түгөйлөрүм түгөнгөн балапан байкуш мен элем... Жалгыз калган уяман тапкан эле Кишимжан, колтугуна жылытып, колу менен жем берип, оозу менен суу берип, коюнуна түнөтүп, сары түктөн түлөтүп баккан эле Кишимжан... Тилибизди билишип, дилибизди түшүнүп сырдаш, кыйбас акыреттик дос элек.., Кантип кылам жакшылыкка жамандык?!» деп зарлады шордуу торгой. Ырайымсыз адамзаада жалынганга болмокпу?! Отко уруп жиберет.

Чыбырала боз торгой, чын дүйнөлүк дос торгой канаттары жалбырттап, аласалып тыбырап, буттары бооруна тырышып, бүт денеси курушуп, «чук» деп күйүп өлөт.

Куугунчулар дүүлүгөт. «Немене дейт бейбактын кара торгою?», Жүнү дүрт деп, тамагы чук

деп, өлүп калды эчтеме айтпай...» «Чук деп?! Жаны алкымга келгенде билбей калганы айтканын! Чук?! Чук дегени Чук-Терек эмей немене?! Дабыраган көп атчан түнү бою чабышып, тизгин жыйбай жарышып, таң алдында ээн булак Чук-Теректи төрт тарабынан курчап калышат.

Жөө, жалаң түндө жол жүрүп, чаалыкканда эки жаш буйгага чөп алачык кылышып, тыныгып калышкан.

Желигип, биринен-бири талашып, зөөкүрлөр Олжобайды көптөп уруп тебелеп, терекке таңып алышып, бирден камчы чабышып: «Кыз ала турган сенби?!» деп, «Ушул кыз сага теңби?!» деп, абдан кордук кылышты. Көзүнүн жашы он тала, «жанын кой» деп жалынып, ар кимине сабылып, ыйлап турду Кишимжан. Боору таш адам болмокпу, канын ичпей коймокпу?! Кызды кайта кекетип, аны сайын өчөшүп, ким күчтүүнүн заманы, арачачы табылабы, ак сүйүүнүн жан шеригин кыжырлана жерге басып, тизелеп, улактай мууздап салышты...»

Жүк бурчунда мелтирей жер караган калыбында былкэтпей, жанга билинбей көз жашы сарыгып, тиринин өлүгү болуп отуруп укту Алымкан.

«...Муну көрүп, Кишимжан тула бою зыркырап, сүйлөй албай буркурап, колдон чыга умтулат. Көккө үнү угулду, көзүнөн жашы чубурду, боёлуп жаткан канына ашыгын кулачтап барып жыгылды. Жулуна жетип барганча жерден өйдө алганча эсинен танып, жүздүктөй жүздө нуру жок, өйдө болор түрү жок, жарылып жүрөк кайгыдаң ашыгына кошулду кайран сулуу Кишимжан...

Бирин-бири тиктешип, бул иштин кеперетин биринебири тымызын жүктөшүп, ар кими өзүн актап, кыңыры. ла кылчактап, куугунчулар селдейди. «Кудай бирге жазган окшойт булардын жазмышын? Биз зордоп айрып, кудайдын өкүмүнө каршы болуп алдыкпы?!» дешип, жанаша бейит оюшуп, эки ашыктын сөөгүн коюшуп, эми аттанып кетмекчи болушат.

Те алыстан чаң чыгып, атчан караан шаң чыгып, эки жакты карангыча «аябастан зар берген, санабастан мал берген» күйөө бир оор топ кишилери менен келип калат. Окуяны угуп жанаша жаткан кош бейитти өз көзү менен көрүп, ишенип, ичи күйүп, көз жашын төгүп, кудайды сөктү алдастап. «Мен жанаша жаткырбайм! Кошпойм, тиги дүйнөсүндө да кошпойм-» деп, албууттанып жутунду, үстүндө кийимин тытынды. Бул эмне тантырайт? Кеп маңызын билгиче бычак уруп өзүнө кош бейиттин ортосуна жыгылды.

Кудайдын өкүмү го бу дагы?! Үрөйү учкан кишилер кош бейиттин ортосуна күйөөнү көмө салышып, тез аттанып, кайрылып кете беришет...»

Бирөө таң болуп, бирөө кейип шыпшынып: «О, тагдыр ай... Үчөбүнүн тең как талаада калганын кара, ыя?! О, замана ай...» дешип дуулдады эл.

«...Жыл айланып, кийинки жазгы маалында эки ашыктын бейитпнен эки бүчүр өнүп чыкты. Ортосунан бир тикенек башбакты. Күндөн күнгө, жылдан жылга эки бүчүр бой керип, терек болуп сеңселди, жел ыргаса шуудурашып, сүйлөшкөндөй шыбырашып, бирине-бири ыкташып, эки ашыктай көркү ачылып суйсалды. Тири шумдук! Ноодасына тырмышып, «кошпойм» деген айлабы, тикенек кошо чайлады. Эки терек бийиктеп, эки ашыктай жанашып, өргөн чачтай буралып, ноодалары кыналып, кошулуп бир ноода болуп шак жайды. Эки ашыктын бейкүнөө кеткен жанынан, бөөдө төгүлүп калган канынан, чын мухабат деминен, бузулбай ошол күндөн ушул күнгө шеит жаткан денинен өнүп чыккан кош теректин башынан күндө үч убак мөлтүлдөп, күн нуруна жылтылдап, бермет болуп ным тамат. Шаңкайган тоолор куланып, шар аккан суулар соолуп, нечен мезгил өтсө да тыйылбаган бул тамсы — заманасы тарынан арманда өткөп эки жаштын көңүл ыйы; көз жашы. Сөңгөктөрү тарбайып, суюк жалбырагы саргайып, дагы эле кош теректин тамырына жабынып, көз жашынан түбүн нымдап, шумдук ай, коко тикен али турат куурабай...»

Эл дагы жарыла дуулдап, ыроочуга «бали» айтты. «Чилмайранда али турат кош терек...» «Көңүлү табышкан жаштар барып сыйынат дейт... Таңкы үрөң-бараңда муңканган ый угулат дейт...» Кобурашып калышты.

Бу өткөн бир көөнө заманда кышы Анжияндын айланасына кыштап, жайы Чилмайран тоосун жайлаган элдин ичинде болуп өткөн окуя эле. «Олжобайдын арманы», «Кишимжандын ыйы» делинип, бирткелеп ыр таралып, айтылып жүргөн. Ак мухабатты, адамзааданын бийик рухун мактап, тарлыгын жектеп, эки ашык өткөн эрксиз күнгө кинээ коюп, узун сабак дастан

кылды Токтогул. Ушуну менен өз көңүл өктөсүн, башынан кечирген көйүн айтып, тамсилдеп тогоштурду.

Эл таңга жуук таркады.

Эрте мененки жеңил чайдан соң өзү теңдүү улгайган зайыптар бирге болуп, Алымкан байбиче Токтогулга сүлөөсүн бөрк кийгизип башын куттуктады. «Кут болсун, Токо. Жаныңыз бек болсун, бөркүңүз көрк болсун, кийип жыртып коюң...» дешти зайыптар астейдил. Колго сайылган белбакты жая кармап:

— Токо... — деди Алымкан. — Көз майымды тугөтүп, тырмагымды жүдөтүп, саймасын кылдап сайгам... Жүрөгүмдүн канына боёп, кыйылып калган жаштыгымдын кызыл-жашыл гүлүн жайгам... — деп, токтоно албай жашып кетти. — Бу жарыктык дүйнөдөн эмнени көрбөй калсам, эмнени айта албасам, көңүлүмдөн алып чыгып ошонун баарын, мына ушул көк жибектин бетине салгам... кирпигими ийне кылып, өкүнчүмү, күйүтүмү бирден... бирден кайыгам... Токо...

— Э, ак периштем ай... — деди теңтуштары жубата,— айлаң канча эле, айлаң?!

Белбакты Токтогулдун белине өзү имерди Алымкан:

— Токо... Тагдыр кошподу, өлгөн деген жан тынган, көңүлү бир башка, көргөн күнүм бир башка — өттү өмүрүм бейопа... Мына, көзүм жаныңызда жок болсо да көнүлүмдөн чыккан жоолугум белиңизде болсун дайым, караган сайын, кармаган сайын... байкушуңузду эстетип жүрсүн...

Муңкана күңгүрөнүп жиберди Токтогул:

Кургурум ай...
сары кештеп сайган жоолугуң,
дагы эле сары санаа кылар жоругуң...
көк кештеп сайган жоолугуң,
көз жумсам
көрүмдө көп санаа кылар жоругуң...

— Кош,— деди Алымкан Токтогулдун колун кош колдоп кармап, акырын эңиле тоop кылып,— эми, Токо... бир көрүшсөк канжыгада көрүшөрбүз...

Токтогул «кош» дей албады, өткөн жаштыгына эмес, тизеси муздап турган арыган күнүнө кейип, деңдароо болуп нестейди. Шөлбүрөп, эмне айтарын билишпей көздөрү араң кыбырап турушкан зайыптарга да кайырлаша албай эшикти карай сенделе кайрылды.

Тышта аты даяр экен, бир жаш бала бери жетелей басты. Токтогулду бирөө сүйөй аткара бергендей болду. Бир карап, Алымкан экен анын да оозуна кеп кирбей, жаштуу көзү муңайым кылгырып турганын көрдү.

— Кош, асылым...

Боз жорго жулунуп жүрүп берди. Токтогулдун көңүлү чексиз капалыкка толуп, бүткүл өмүрү менен кош айтышкандаи өзөгү болкулдай, ындыны өчө калды. Бирок, дайыма чөктүрбөй такаат кылчу кашкөй сезими ушул жерде да аны колтуктан көтөрүп, силкип, эсине келтирип, кайрат алдырып, а жамандыкка өчөшмө ой толкуну кайра бүткүл санаа-боюн каптады.

...бүгүн бизди узатып гөргө
кайра өзү кала берген жер үстүндө
ыза, кубанч таразага түшөр,
ак ылганар, калыс баасы айтылар...
ана ошондо чым жамынган капкачан
бизден да арман бүтөр,
сөөгүбүздөн чыгып кетер кайгы, зар...

Не камчы үйрүтпөй, не теминтпей, бели солк этпей, соорусу кылт этпей, арттагы тапырашкан эки атты илештирбей боз жорго көкүрөк кере бой сала куш канатыңдай леплеп

жорголоп баратты...

VI

«Бошонуптур», «келе жатыптыр» деген кабар угулуп, жакын туугандары, жамаалаш кыштоолордон эл чогулуп, Токтогулду тосуп чыгышты.

«Эңсеген элим, аманбы?» деп, Токтогул кубанчы көңүлүнө сыйбай шангырап үн салып, ырдап учурашты. Кучакташа калган Кулукеден акырып апасынын акыбалын сурап бирок улам бири келип амандык сурашып бапыраган көпчүлүк алаксытып, аккан селдей сүрдүгө аны ортого алыша дуулдап жөнөп, бир жаңсыл жооп уга албады.

Ит үрүп калды. «Энем о-ой... эзил кайран энем о-ой...» дешип, бүт эл дуу өкүрүп жиберишти. Жүрөгү бир солк этип, бети бир ысый кан дүргүй Токтогул «а-ай... апам а-ай.'..». деп, андан нары өпкөсү көбө энтигип, оозуна демейде куюлуп келип турган ыры келбей, ээрге өбөктөй берди. Баягы шойкондуу көөдөй түндө ким кармап, кайда алып кеткенин айылда эч ким билбей калган эле. «О-о, шору арылбаган балам ай... балам ай...» деп жатып, баласынын бу сапар кайра келишинен үмүт да кыла албай, көзүнөн жашы тыйылбай жатып, Бурма дүйнөдөн өтүп кеткен болучу. Жакшылыкты да, жамандыкты да акыл менен баамдаган көтөрүмдүү Токтогул ошол кыяпта ээн талаада жалгыз калган көөдөк сыяктуу калкасыз, жардамсыз конултактаткан бир сезим ороп, өпкө кага, энтиге өксүдү. Майда балдар «авалашып» сүйүнүп, этегине илеше калышты. Көкүрөгү кайгы, көзү жаш Токтогул балдарды баштарынан сылай «ананайын... ананайын...» дегенге араң жарады. «Койгула-а, баскыла-а үйүңөрдү, тыйгыла-а жашыңарды! Эмне, сандыкка салып алмак белеңер энеңерди?!» — деп, тыяктан бир аксакал үн салды. —Ак сары башыл улак апкел, Кулуке. Чап Токоңдун башына! Кубангыла, бүгүн кубана турган күн. Сөөгү ыразы Бурманын, эки айдалган баласы келип турса, ыразы эмей, өлүгү той Бурманын!» Өкүрүк басылды.

Мындайда кайрат кылсын деп айтат. Токтогул кайрат кыла албай үйдүн босогосуна өбөктөй сакалынан жаш сарыгып турду,

Элим, элең, энекем,
журтум элең, энекем...
атасы жоктой жүргүзбөй
ата болгон берекем,
бир тууган жогун билгизбей
бир тууган болгон берешен...
Алыс жол кетсем иш түшүп,
алда кандай болот деп,
кандай күндү көрөт деп
эми амандыгым ким тилейт,
кабарымы ким сурайт...
түн уйкусу бөлүнүп
көзүнөн жашы төгүлүп
күн болжолун ким санайт,
келер жолум ким карайт?!.
Кайрылып келсем иш бутүп,
ачтыгыма күйүнүп,
токтугума сүйүнүп
ким тосот мени делбиреп,
каралдым аман келди деп?!.

Өңгүрөп кошок айтты. Карай албай, бага албай, Эң акыры керээз кебин уга албай, жан таслим кылганыңда ээгин жөлөп тура албай, өз колу менен көмө албай калганы өлчөмсүз арман болду.

«Кой, Токтогул,— дешти көптү көргөн карылар колтугунан сүйөшө,— туулуп өнгөн, өлүп түгөнгөн — адам жолу ушундай...»

Чакырган жакка барбай, мурутун черттирбей, түнкүсүн шам өчүрбөй, күндө бир убак бейитине барып — аза күттү Токтогул. Биринчи күндөрдө аксакал кишилер жанынан чыгышпай, кай бирөвү кошо да түнөп, жанына эш, көңүлүнө кубат болгонсушкан. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт деген ырас турбайбы, акырындап ар ким өз көр тирилигине ыктап, а кай бирө акы төлөп жатпаган соң өзү эле бой качырып — туугандардын аягы ула.м суюлуп, акыры жыгачтын көңгөйүн пааналаган байуулу сыяктуу Токтогул бир үйдө жалгыз отуруп калды.

Бала убак кандай керемет убак, чиркин?! Көз алдында жаркырап, жайылып жаткан асыл дүйнөгө сонуркап, көңүлү оюнга кумар, бир нерсени өзү туюуга дилгир, али кыйдылык, кыңырлык оюна келе элек убак! Ыр, күңгүр каккан комуз үнү арбап, эң оболу бирден, экиден башбагып, бирин көрмөкчү бирин ээрчий акыры тобу көбөйүп, эми балдар каптап келе баштады. Ар кимиси ар башка сайраган чымчыктай «ава», «чоң ата» дешип, көздөрү жайнап, кай бирлери бу сакал-муруту түктөйгөн, көзүн муң чалган жалгыз баш абышканы эликтин улактарындай элтейип тиктешип, «эй» деген эле ыкыс болсо дыр коюшар таризде. «О-о, келгиле, келгиле, ананайындарым...» дейт Токтогул ар дайым. Сүйүнө, бирин-бири кылтыя тиктей калышып, көздөрүнө, ууртторына жылт эткен нур боло жылмаюу дароо келе абышкага үйрала калцшат. «И-и, атың ким, сулуу кызым?..» «Кишимжан...» «О-о, даңктуу эжеңин аты коюлган турбайбы, жакшы-ы... А сенин атың, эңирекейим?..» Тыйтак көз буудай өң бала «эңирекей» дегенге уялып, мылжыя ийнин кыса жер чукуйт. «А жакшы, жакшы, ананайындарым...» деп, ар бирин кадыресе сөзгө салып сүйлөшүп, биринин айтканын мактап, бирин оңдоп, бирин оңго жолдоп Токтогул эч жадабайт. Комузун алып, акырын жың-жың күүлөп, майда жөө жомокторду ыр кылып айтып берип, күлкүлүү окуялуу күү чертип, не адамдын, не айбанаттын үн-үрөйүн келиштирет. Кээде топусун баш терисинин кыймылы менен өйдө-төмөн кыйшаңдатып, бирде кашына кашына, бирде желкесине түшүрөт. Кээде өз ичин кадимки эле мышыктай мыйоолотуп үн чыгарып, балдар дүүлүктүрө «мышыкты» издетип, каткырык салдыра күлдүрөт. Бир жолу «Ак куу менен Куу Мерген» жомогун ырга, күүгө салды Токтогул.

«...Көк ирим көлдүн үстүнө булуттай ак куу айланып, куркулдап сыйкыр үн салып, көйкөлгөн көгала майсан саздакка конуп калат чайпалып... Муну көргөн Куу Мерген мылтыгын ала чуркады. «Үкү кылып канатын, ак парын катыныма жаздык кылып берейин... бере көр, теңир, бере көр...» Маймыл болуп бөкчөңдөп, эки көзү мекчеңдеп, бака болуп секирип, келерс болуп жүгүрүп, жылан болуп боорлоп, капарсыз ыйык ак кууну өңүп калды Куу Мерген, жүргөн жери чуу мерген...»

Куу Мергендин ар кыймылын келиштире, үнүн окшоштура комузду мылтыктай сунуп, мурдун тыпшыйтып, көзүн ыкшыйтып туурап чертти Токтогул.

«...Э-э акыры ак куунун жанына жетти Куу Мерген...»

Жанатан кыткылыкташып отурушкан наристелер ушул азыр бир шойкон болорун сезишип, бири кулагы делдейип, бири оозу ачылып, бири кабагы бүркөлүп дым болуп калышты.

«...Бей күнөө ак куу, бей капар, ак сулуудай чоюлуп, тынчтана көзү коюлуп, канатын жайып талыган, тумшугу менен имере таранып калган жаңыдан...

— Атпа, чоң ата, атпа... —деп, кичинекей Кишимжан коркуп кетти.

Жомокто Куу Мерген ак кууну атып алган. Токтогул балдардын назик көңүлүнө жараша жомоктун маңызын башкалап буруп жиберди.

«...Эми каркайган кара мылтыкка ок салмай болду Куу Мерген, а бирок, сыйпаланып караса, чөнтөгүндө огу жок, милтесинде чогу жок... Алаканын «шак» койду, көчүгүн жерге «так» койду, жыртык экен чөнтөгү, огу жолдо эле түшүп калыптыр.., Чөнтөгүн жамап койбогон илээнди катынын сөктү отуруп, арманда калып абыдан, көз жашын төктү өкүрүп...»

Эми ичи күйгөн Куу Мергендин колуна таш ала ак кууга чуркаганын ыр менен да, күү менен да, өз кейпи менен да мазактап көрсөттү Токтогул. Кыз балдар кылтыйыша асте

кыткылыкташып, уул балдар баркылдап кубаныша каткырык салышты.

«...А ак куу серпиле түшкөн ак толкундай кылак де көккө калкып, ак булуттай чубалып, ачкөз Куу Мергендин төбөсүнө айланып, ылдый тиктеп айтты дейт: «Э-э Куу Мерген, жүргөн жериң кан менен ый, чуу мерген, калк теңир мага жетер сага канат бербеген — бу дагы кара ниет өзүңөн!» Ыйык ак куу бир сыйкырлуу куркулдап, жаңы учурган эки балапанын чакырып, экөбүн эки жагына зэрчитип алып, улам кылактап, улам ыраактап, те алыска арам менен кара ниеттин башы айланган бийикке көтөрүлүп кетти дейт...»

Жүздөрү жайнап, көңүлдөрү толкуп, ырчы авасын тиктеп отуруп калышты баары. Бири көгүш күкүк, бири кара көз чымчык, бири суйкайган карлыгач, бири башаны канат сарыбарпы, бири үпүлүү боз торгон болуп балдар көз алдыка элестей, ушул наристе куштар бири леп канат кага ынтыла, бири назик чулдурай, бири канат кере тарана — куш сайраны сыяктуу, алардын ичинде өзү мүрүсү сынып көктөн түшүп калган бабырган болуп сезилет Токтогулга.

«Чоң ата, ак куу жакшы куш э, чоң ата?

«Жакшы эмей, ананайын?! Ыйык куш барбы ак куудай?

«Ава, Куу Мерген кара ниет киши экен э, ава?»

«Ошон үчүн канаты жок да!»

«Кишинин канаты болобу, чоң ата?»

«Болбой анан?!»

«Сиздин канатыңыз кана?..»

«Кишинин канаты ичинде, ананайындарым... Кишинин канаты — кең пейин, кара кылды как жарган калыстыгы, бийик ою...»

Туугандар бу балдарга кошула бала болуп сүйлөшүп, ойноп отурган Токтогулду көрүшүп, көңүлү жакшысы: «Бала кыял Токоң...» деп, кай бири: «Э-э, көк мээ болуп калыптыр, көк мээ болбосо, балдар менен теңтуш болуп ойной береби кечке?!» деп, буга абдан ишенип, өз акылы өр тартып тургансып мардемсип, мурдун чыйрып кетет. А Токтогул наристелердип ак көңүлүнө, астейдил жоругуна аралашып, бирпас да болсо баш жарган оор ойлорунан бөлүнүп, капарсыз сонун дүйнөдө куунап отурат.

Ушундай күндөрдүн биринде эки чоочун киши бир уйурдөй жылкыны айылдын четине ийрип коюшуп, өзүлөрү Токтогулдун үйүн көздөй келе беришти. Батачы эместе, Талас жакка ашып бараткан соодагер сыяктуу. Жакын келишкенде Токтогул ордунан туруп тосо басты. Биринин жүзү жылуу учурайт бир жерден көрүшкөн адамдай.

Салам айтып, атынан түшүп, жакшы көңүл менен көрүшүп калды:

—Эсен турасызбы, Токо?..

—Ке, ке,—деди Токтогул, анын атын нары казыкка өзү байлап,— ке, шүгүр, шүгүр...

Үйгө киришкен соң чоочундун бири шыбырап куран окуп Бурманын арбагына багышташып, баары бата кылышты.

— Эми, Токо,— деп көңүл айтты,— арты кайырлуу болсун, энени эгесине тапшырыпсыз, арты кайырлуу болсун... ушу айылдын четине келгенде угуп, Токо...

— Менин экинчи кармалганымдагы күйүтүмө чыдай албаптыр да... —деп, өкүнө баш ийкегилеп, үшүкүрүп койду Токтогул. — Ыракмат, ананайын, атайы көңүлгө алып кайрылганына, ананайын... —деп ыраазылык айтты астейдил. — Кайсы жигит элең, тааныбай турам, ананайын?

— Мен баягы, түрмөнүн эшигинде алдыңызга боз жоргону тарткан Байсымакмын, Токо.

— Э-э,— деди Токтогул,— каерден көрдүм эле дейм да?! Уккам, уккам, ананайын, боз жоргонун кайгысын унута албай жүргөндүрсүң, мал боор эт дейт эмеспи, нары да жанга өлчөнгөн жакшы ат болсо?!

Байсымак муңая түштү:

— Эми, Токо...

— Э-э, ананайын, Жең акеңи күрөшсөң көтөрүп чапмаксың, а ырга калганда жаактуудан ага пенде түт келеби, Жең акең деген дүйнөнүн төрт түркүгү — жер, суу, жел, от санатын

санжыргалап айткан киши да?!

Тула боюнан өкүнүчү көрүнүп, эки ийни шөлбүрөп, мылжыйып жер тиктеп отурду Байсымак.

— И-и, бир жакка бара жатат белеңер?

— Жо, Токо, сизге эле... Биз жакта көп эле топто, көп эле үйдө болуп ырдадыңыз го, көңүлүнөн чыкканын бирден кошуп отуруп — арасында ат бар, бээ бар, тай бар — иши кылып, жыйырма беш баш мал болгон экен, ким жеткирип берет дешкенинен, мен жеткирип берейин деп, мынабу баланы жаныма алып, ашуудан ашырып келип калдым, Токо...

Чыны бир жагынан боз жоргонун кайгысы да түрткү болгон, «ырас эле, Токо, боз жоргону көрө кетейин деп» деген сөз тилинин учуна кыстап келип, бирок айта албай камыгып отуруп калды.

Токтогул сүйүнгөн да жок, таң калган да жок, топго шуп турган жылкыны бир тиктеп, «болуптур да» дегенден башын ийкеп тим болду. Ыр акысын эч качан сурап көргөн эмес, ыраазы эл дайыма көңүлүндө атаганын ушинтип бирөө болсо жетелетип, көп болсо айдатып, артынан жеткиртип салышчу.

Келип, Байсымак менен учурашып калган Кулукеге:

— Те тиги малды көрдүңбү? — деди Токтогул.

Кулуке мулуңдап баш ийкеди.

— Көрсөң, ошо мал силерге келиптир, үлөштүрүп адгыла. Мал кыла турганың мал кылып ал, тишиң кычышканың союп же.

Кулуке мулуңдаган бойдон кайра чыгып кетти.

Бир убакта тыштан жаңжуң үн эшитилип калды.

«Ой! Ой!»

«И?!»

«Коё бер!»

«Коё бербейм!»

«У! атаңдын...»

«У! сенин атаңдын...»

Токтогул ордунан туруп, босогого барып, жаңжуң чыккан жакка карап, эки тууганы бир жылкынын чылбырын талашып, жакалашып, итергилешип жатышканын көрдү да, «ай, аттиң ай» деп көңүлү сыздап, «булар байкабаса экен» дегендей ойго кабылып, өзүнчө кайсалана калды.

Аңгыча тыштан дүпүлдөп жүгүргөн дабыш уулуп, жакалашкандардын бири:

— У! атаңдын... —деп, өзүнчө күйүгө сөгүнө үйгө кирип келди, эки көзү кыпкызыл, ireңи купкуу, эски таар кемсалынын жакасы шар айрылган, бети тытылгап.

Кейиген түрдө үнсүз тиктеп калды Токтогул.

— Ит жоону бок бербейт! Баягында да Конур-Өгүздөн келген жылкынын да семизин тандап алып койгон! Эми да! У! атаңдын...

— Бириндин жакаңды бириң айырбай, о кокуй ай,— деп жиберди Токтогул,— тынч бөлүшүп албайсыңарбы, кокуй ай?! Ыя, эл айдатып келип бербей койсо каптет элеңер?!

— Бир жолу семизи тийбесе, эмне?! Айдатып келип бербей эле коюшсун ошол элиниз! — деп, зарлана зиркилдеди тууганы, ошол тапта ынтымак кыла бөлүшүп ала албаган алар эмес, ыр ырдаган Токтогул, мал айдатып берген ыраазы эл күнөөлүүдөй.

Токтогул бөлөк жактан келип отурган кишилердип көзүнчө өлбөгөн төрт саны калып сынып, ооз ачса эле тиги жаман кеп ырбата турган, мыңк эте албай отуруп даялы эмне дейсиң буларга?!

Ал күнү Кулукени жанына алып, Кулукенин зайыбына ат кылдырып, Токтогул Байсымактарды өз үйүнө мейман кылды, жаткырды.

Түнү бою уктай албай койду Байсымак. «Э-э, кайдагы кара шайтан азгырып, кайдагы сары шайтан шаштырып, кыргоолду айт деп калдым а?!» Бүт ою — боз жоргонун кайгысы. Багып минишсе го, мейли го. Арзандын шорпосу татыбайт болуп, көрүнгөнү жоргосуна кызыгып чапкылап, күйүктүрүп ак өпкө кылды бекен, жонун камыктырып жоор кылды бекен?..» Чыдай

албай үч толгонуп кетти Байсымак. «Чала сага! — деди өзүнө. — Эми эмне демекчисиң?! Бирөөгө уттургансың, ал утуп алган бирөөгө мингизип жиберген, эси сенин куйөр малың эмес боз жорго, башыңы ташка ур!» Дем тарта албай шалдырап калды Байсымак. Көпкв жатты, бир убакта бир тажаал ою шаштырып: «Тур! Мин боз жоргого, адам түгүл, ат түгүл арылдап соккон шамал жетеби, кет бирпаста ашууну ашып!» деди. Жүрөгү дүкүлдөп, акырын башын көтөрдү, үй ичи азага жагылган шамдан үрүл-бүрүл жарык, Токтогул жакка кулак төшөдү, былк этпейт, коңурук тартпайт, кандайдыр ошол таптагы анын алдас урган оюн тымызын байкап жаткандай сезди. «Эй... —деди бир ою,— шайтандын тилине кирбе, уттурган атын уурдап кеткен деген атка коносуң. Тылкта Жеңижок, быякта Токтогулдай ырчылар «ууру» деп ырга кошсо шерменде болосуң. Эл ичинде анан кантип баш көтөрүп жүрөсүн?!» Көзү жыртайып, эрини бопбоз болуп, уйпаланып, шүмүрөйүп, Байсымак эрте менен ордунан араң турду.

Эч түтө албай бастырманын акурунда кашек жеп турган боз жоргонун жанына акырын басып барды да, кынжылып көпкө туруп, бир убакта. «Боз жорго...» деди акырын. Боз жорго селт башын көтөрүп, чайнагаыын токтотуп, тигиле тиктеп, кулун кезинен кулагын кашып жонунан сылап өстүргөн ээсин таанып, окуранып жиберди.

— Кагылайын ай... —деп барып, боз жоргонун тумшугун кучактап, мууну бошоп кетти Байсымак. — Тааныдыңбы ай?! Тааныдыңбы?..

«Жаман аттан айрылган — туюк сойгон чаначтай тултук беттен кутулган, жакшы аттан айрылган — тил билги жароокерден кол жууган! Боз жоргонун кайгысы сары өоруу кылган экен байкушту...» деп, ой термеп турду көз салып турган Токтогул. Жаш чыга түшкөн көзүн кыбыңдатып, Байсымак бери келгенде:

— Үке, атыңы алып кет,— деди, уккан кулагына ишенбей Байсымак маң боло калды эле ишендире баш ийкеди,— алып кет, ананайын, ат — азаматтын канаты, бир толкуп ооздон түшкөн ыр үчүн канатыңы кыркып алгандай болбосун, ананайын...

— О-о, кагылайын Токо-о... — деп, үнү калтырап, тула бою калтырап кетти Байсымактын. — Чын элеби, Токо-о?

Жымыйып башын ийкеп койду Токтогул.

Түш көрүп жатпайын деп ойлоду Байсымак, жо түш эмес, тамаша кылып жатабы деп кыяс кылды, жо Токтогул астейдил. Өзү кайра далбактап чуркап барып, боз жоргону акурдан чечип, «кайра айнып кетпесин» деген өз ою өзүн чоочулатып, дароо берки атына аттанды да:

— Кайыр, кагылайын Токо! Бу бегилигиңизди элиме айта барам, кагылайын Токо-о... — деп, кубанганынан көзүнө кайрадан жаш келип, буйдалбай боз жоргону чоё тарта жетелеп жөнөп берди. — Мен дагы эми ырчы боломун, мен муну ыр кыламын! Ыр кыламы-ын!..

— Эй, боз жорго токулгасы менен келген, э-эй, токулгасын токуп ал, э-эй! — деп үн салды Токтогул, а Байсымак кайрылып да койбоду, темингенден теминип кете берди. Анын кубанычына кошо кубанып, өз дили да ыраазы болуп, үйүнүн эшигинде жымыйып карап туруп кала берди Токтогул.

— Ой?!—деген бойдон ликилдеп чуркап келди жанагы дайыма малдын семизин алып кыныккан туганы, эки көзү чекчейген, заардуу. —Ой, боз жоргону эмне жетелеп кетти тиги?! Ой, сен минбесең мына өзүбүз минбейт белек?! Ой?! Тиги Женижок өзү мингизген атты бирөөгө кармата берип, бул эмне кылганын?!

Токтогулдун эми элеки бирөөнү кубантып кошо кубанган таттуу дили куюн ургандай кыйсыпыр болуп, шалдырай калды.

— Мен аны суудан өткөрбөй эле кууп жетем! Башын жарбасамбы?! Эн-неңди... — деп сөгүнүп, тиги арбаңдап, үйүндөгү атына чуркады.

— Токто! — деди Токтогул катуу, мынчалык ачуусу келгенин өзү билбеген, мындай катуу бакырганын өзү укпаган, ыза болуп, дили кор болуп, эки көзү жашылдана чекирейип, эрини титиреп. — Токто...

— Эмне?!

— Мен бердим го... —деди Токтогул өксөп ыйлап жиберер абалда калтырай... — Мен... мен өзүм бердим го...

— Мунун берешен болуп кеткенин?! Ыя, мойнуңду минесиңби эртең элге чыкканда?!

— Жөө чыгам... — деди Токтогул акырын, өз ары өз муунун бошотуп. — Сен ат таап бербей эле кой, тууганым... жөө чыгам...

Терс бурулуп, боз үйгө өбөктөй, энеси азыр өлгөндөй эсин билбей өкүрө тургандай өпкөсү толуп, буулугуп туруп калды. Ай, кадыр билбеген жаман тууган, ай! «Өзүнөн, баары өзүнөн! Тилин тартып, болуштар менен масташканды коюп, акелеп эле жүрбөнбү?! Мына, малыбызды союп, кепинибизди ороп, энесин биз көмдүк!» деп, душманына ошулуп, душмандын кебин сүйлөп жүргөн тууган ушул эмеспи?! Кемпир өлгөндө сойгон торпогу үчүн боз жоргону андып калган экен го лабизи өрттөнүп...

Чыпчан кырк күн толуп, аза күнү бүткөн соң Токтогул бая күнкү жылкыдан Кулуке бир тай сактап калган экен, ошону сойдуруп, Бурмага куран окутту, чачын алдырып, сакал-мурутун жымсалдатты.

Кийиики эрте жазда бир таңда өзү жалгыз аттанып, кайда барарын эч кимге айтпай, өзү да билбей, жини ээрчиткен бакшы таризде беткелди бастырып чыгып кетти. Деткен жерине түнөп, эртеси андан нары жол алып, таанылган жерде таанылып, таанылбаган жерде «эл кылдырган Сары Ырчы» аттыгып, кете берди.

Эли те байыртан бир жерге шаарлашып отурук кылбай, кышында ылымтага ыктап, жайкысын оттуу-суулуу жайыт кууп, жана да же өзү бирөөгө тийип, же бирөө ага капилет чапкын кылып, тынымсыз жоогерлик турмуш жайына жараша «окумак», «жазмак» деген өнүкпөгөн, теңирге табынуусу, турмуш эрежеси, аттай албай турган адеби, мыйзамы не жыгачка, не көп териге, не ташка, не бышырылган ылайга жазылбай оозеки айтылып, ооздон оозго өтүп, барга да, жокко да топук кылмак, дүйнөнун мүдөөсү, баасы кара курсакгы гана тойгузуш эмес урпакка калар нуска иш, акыл сөз калтырыш деген такмынга дейре оозеки жетилип, ар кандай турмуш туюмун көңүлгө жугумдуу уйкалыштыра макалдатып, катаал турмуш өтмүшүн жупжумуру көркөм ыр менен дастан кылып, аны да көкүрөктөн көкүрөккө өткөрүп, миң жылдаган узак жолунда көрктүн көрктүүсү, сөздүн таамайы гана калып, жаңыланып, жакшырып, чайлап келген эл.

Ушул шартта элдин бир макал айтып коё албаганы, эки ооз сөздү уйкаштыра салбаганы болбогон сыяктуу, а түгүл ар кандай жагдайга ар кандай сын-сыпат айтыш үчүн даяр сөз, даяр уйкаш да жаралган. Түркүн жылда, түркүн заманда өз убагынын суркуна жараша зиректеп бул миң жылдап жыйылган эл мүлкүн өздөштүрүп, колдорунан келишинче өнүктүрүп, көркүнө көрк, маанисине маани кошуп шөкөттөп, ар түркүмдөнтүп келе беришкен. Өзүнчө өңү, тили бар бир түркүм тайпа калк болгонунаң бери катсыз келген бул калкта сөз өнөрүндөгү төкмөлүк өзүнүн турмуш жагдайына, оп-санаасына ылайык көрүнүш болгон.

Женижок да, Токтогул да кат билген, бирок ырларын кагазга түшүрүшкө мүмкүнчүлүгү барына карабай төкмөлүк салтынан бөлүнө алышпаган, ойлору кагаз аркалуу эмес тапатандан төгүп ырдоо менен жаралып, элге таралып, төкмө ырчы бойдон келе беришкен. Бул ырчылар бүтүндөй бир журттун теңир таануу, дүйнөнүн башы менен аягы, жашоо эрежеси, зорлук менен бооркерлик түшүнүгү, элчилик нарызы, достук карызы деген ой туйгуларын, ой жынымдарын бир өзөккө жүз тилик тасманы бир өргөн сыяктуу бир бүтүн жумуру фалсафа тизимге жыйнашкан.

Өз тагдырына туш келген «Эл санатын» ырдап, демек телегейи тегиз эмес— бири жарды, бири бай, бири күчтүү, бири күчсүз, бири бий, бири букара — ушундан улам эл ичи илгертен бетме-бет, карама-каршы, кагылыш экенин өзү аралашып, өз башынан зорлукту да, корлукту да өткөрүп, Токтогул өзүнө чейинки ырчылардан саясий зиректиги ашып түшүп, адилеттикти гана айтып четте турбай туунун көтөргөн жарчысы да, кармашкан жоогери да болуп кеткен болучу.

Токтогул ошол үйдөн чыккан бойдон Таласка ашып, Таластан Сары-Өзөн-Чүйгө өтүп, Көл бетине чыгып, кар жаабас кара Кочкор, Ат-Башы, Тогуз-Тороо аркалуу Алай багытына, андан Жерге-Тал тоолоруна чейин жетип, Ташкен жак менен өзүнө белгилүү Аксы жакка айланып келди.

Ал кезде ар уруу өзүнчө, а түгүл бир эле суудагы журт бир канча «ата» болуп бөлүнүп, көбү азын талап, алсызын күчтүүсү уйпалап, билермандарынан калыстык кетип, ар бири «өз очогуна

күл тартып», «кол ийрисине чаап», «өз көгөнүнөн кочкор салып», бири «бөрү», бири «жору», бири «көк багыш», бири «жашыл багыш» болуп, эл ичин «ит ыркырак» кылып турушкан кезде Токтогул атайын «кыргыз кыпчак эли» деп, журттун жалпы наамын көтөрүп, улуттун улут катары биримдигине үндөп, байыркы өткөн сандилүү адамдарын дастан кылып жайды. Кыргыз кыпчак журтун кара калмактан коргоп өлгөн бала баатыр Курманбек арманын, тажаал кытайдын алымынан кутулуш үчүн күрөштөн эки бир тууган Жаныш менен Байыштын тарткан азабын, адилетчил Кедейкан икаясын антты, эл эркиндигин, кишилердин теңдигин көксөп ырдады.

Эки жыл айланганда туулган жерине кайра келди Токтогул. Кайсы бир мерчемде элге айтарын айтып алган таризде кыйла көңүлү тоюп калган сыяктуу эле. Сейдимкан деген түзү ийги бир келинге өмүр кошту.

VII

А Россиянын өзүндө өз эли эзүүдөн каржалып, тири жан катары гана түзүгүрөөк күн көрүш үчүн тынымсыз көтөрүлүп күрөшүп, күрөшкө жетектеген саясий партиялар куралып, азамат уулдары багыт баштап чыгып жатышты. Чет-жакада гана түгүл империянын кош баштуу тажаал кара бүркүтү өз уясында да өз элинин бооруна кош чеңгелин ырайымсыз батырып, элдин белдүү уулдарын күн батыш менен күн чыгышка урушка, сүргүнгө айдап, атайы опатка дуушар кылып жатты.

Орус-герман урушуна кара жумуш үчүн адам күчүн алуу керек болуп калды — бул бир жагынан чын эле карагай кыркканга, аскер үчүн баш калкалай турган жер ойгонго пайдалуу, бир жагынан баш көтөрөр эр булөнү элден бөлө алыска айдап, кокус чыгып кетер козголоңдун уютку күчүн алдын ала соолтмокко зарыл болучу.

Бул максат жергилик элдин билермандарына да, букарасына да, «азирети Ак Паша кара ниет алман менен урушуп жаткан кезинде букаралык парызыңарды өтөгүлө» деп туюнтулду. Өзгөчө салтанаттуу түр кылышып, уезд төрөлөрү өзүлөрү көп кишилери менен эл аралап, дуулдата шаң кылышты. Бүт Түркстан боюнча тынчсыз деп эсептелинген бу Фергана багытына Ташкенден генерал-губернатор Куропаткин өзү аттанып чыкты.

Бул баягы полковник Колпаковскийдин Кара-Кастек салгылашына катышкан, генерал Скобелев менен Анжяянды алууга, «Зимняя экспедиция», «Алайский поход» иштериие катышкан, бул өлкөнүн Россия империясынын карамагына өткөнүн мыйзамдаштырууга аралашкан, андан соң фон Кауфман менен бирге Самарканга дейре аскер башташкан даңазалуу Алексей Николаевич Куропаткин болучу. Ал Анжиянга чейин поезд менен жетип, андан уезд ашары. Ошко эки ат чегилген жеңил жумшак коляскага отуруп, адды-артынан экн жүз атчан казак аскери кайтарып келди.

Түш ченде уезд шаары Ошто «көр акимдин багы» деп аталган келөкөлүү бак ичинде урматы улук жарымнашаны уезд төрөлөрү, жергилик элдин кадырмандарын кошуп баарын таазим кылдырып, уезд башчысы салтанат кылып тосуп алды.

Чиндерин жаркылдата төрөлөр кызыл-тазыл жасангаң көпөстөр, капиталдуу байлар цилиндр баш кийимдериң чыкчыйтып, а жергилик болуш, амин да калышпай кылка кымкап кийишкен, каздай күпүйгөн ак селделери баштарында — баары сыпаа, баары сөөлөтман, көздүн агы менең кошо дилдирешип, биринен бири өтө, биринен-бири оозуна сыйын да, кошоматын да ашырышып, жай кылтылдагаң жумшак колясканы жандай, ээрчий жакынкы Мады кыштагындагы элкин, салкын жайга атайы урматы улук жарымпаша үчүн көтөрүлгөн булуттай ак өргөө алдына чейин коштоп барышты.

Уезд төрөсү өз кишилерин «көр акимдин багында» эле жакын тааныштырып үлгүргөн, эми бу элеттин өргөөсүнүң алдында жергилик кадырмандарын бир сыйра ысмын, тегин, баркын айтып, жарымпашанын көз алдынан өткөрдү. Генерал Куропаткин баарына кунт коюп, акырын башын ийкеп угуп, астейдил:

— Салам, эл жакшылары,— деди.

— Ва-алейкума ассалам... —деп «Эл жакшылары» дуу алик алып жиберишти.

Көзү бир аз күлүндөп, ирени жумшарып:

— Ну вот, жакшыларым,— деди,— мындан кырк жылы мурда ушул Мады кыштагында биз Михаил Дмитриевич экөбүз кадырлуу канике айым менен шартнама кылган элек, кандай, жаман болгон жокпу андан бери, жакшыларым? Бейпил турмуш, тынч соода, барымта жок ичи ара, кытай тараптан миң жылдап коркунуч болуп келген экспансиянын жолу биротоло торолгон — дагы эмне керек бул элге?

— Урматы улук төрөбүз, айтканыңызда калет жок,— деп, орусча шыкылдатып, ыраазылык жоп кылды бир жаш болуш — азирети Ак Паша атабыздын, жана да Сиздей азадил агабыз, адилет акимибиздин кайрымдуу көлөкөсүндө куунап турабыз...

— Ну, бул элдин баары ушундай ойлошобу.

— Так ушундай ойлошот, урматы улук төрөбүз, тилибизге тишибиз күбө, элибизге кара башыбыз кепил...

Дагы биртке чечиле түштү генерал-губернатор, өргөөгө кирбей, эки жакты арыта тиктеп, те алыскы ак карлуу тоо баштарына көз таштап, эки колун артына алып басып туруп, «кадырлуу канике айымдын төрөлөр менен кепке келишкендеги ийкемин, сөөлөтүн, өз баркын өзү жакшы астендил жакшы көнүл менен эскерди, токсон алты жаш курагында дүйнөдөн өткөндө «Туркестанские ведомости» журналына өзү некролог жаздырганын айтты.

— Бирок, — деп акырын сөз кыстарып калды уезд башчысы, — ал «канике айым» өлүп бара жатканда «ак десек кара экен, улук десек пас экен, падышадан жакшылык кара экен, улук кызматына жүрбөгүлө» деп керез айтып кеткен дешет... —Генералдын ишене албагандай мелтирей тиктегенинен: — Өз туугандары кымырылып келип айтып кетишет. «Өлөрүндө улагасында отуруп укканбыз» дешет,— деп, кошумчалады.

—А неберелери кандай?

— Бул жерде азыр катышып турганы жок, болсо айтат элем, Алексей Николаевич. Биз тараптан не бир кысым, не бир таарынта турган бирдеме деле боло койгон жок, же энесинин керээз кебиненби, же өз акылдары ошобу, иши кылып, өзүлөрү эле биз тарапка жакындашууга умтулушпайт, а түгүл атайын бой качыра башташканы байкалат.

— Ар кандай болушу ыктымал,— деди генерал-губернатор эрдии кымтый бир аз ойго бага, бир аз кейигендей түрү болду. —Энеси өз убагында азирети улуу падышабыздын үстөмдүгүнө бул өлкө ыкрар болушуна биртке болсо да кызмат көрсөткөнү ырас, ошол биртке кызматы үчүн «канике айым» аталып, өтө чон кадыр-сый көрсөтулуп, азирети падышабыздын бийлөөчү уй-бүлөсүнүн тизмесине кошулган. Өлөрүндө ким эмне дебесин?! Кадырсыйдын кереги жок өлүккө, тири калгандары өзүлөрү туюш ылазым го?! Кантебиз. Өзүлөрү билишсин, «дувана таарынса көлбөөрүнө зыян» деген кеп бар бул элде, өзүлөрүнө гана зыян, а биздин кубаттуу азирети императорубузга кызмат кылчу, кызматына жараша кадыр-сый алчу киши ар качан табылат,— деп койду, нарыда кулак төшөй көзүн албай турган жаш болушту карай: — Ушундай эмеспи, азамат? — деп, асте жымыйды.

Жаш болуш катарынан бери умтула, жутуна:

— Кудай алдында ак сөз — деп, эки көзү жалжылдап кетти.

— Караңчы,— деди генерал-губернатор уезд башчысына,— ал кемпирдин тукумунан мына бу өзүбүз тарбияланган азаматтар кемби?!

— Бул жаш жигит бизге өтө берилген адам, Алексей Николаевич,— деди уезд башчысы, өзү жаш болушунун көзүн карап, ыраазы боло асте баш ийкей.

— Эн жакшы, мындай кишилерди көз жаздымда калтырбоо керек,— деди генерал-губернатор.

Генерал Куропаткин ал күнү кыргызча жасалгаланын ак өргөөдө эс алды.

Соңку үч күнү бүт уезд боюнча жергилик элдин болуштарын, аминдердин, барктуу делген байларын иргеп, ийрип чогулттуруп, тыл ишине киши алуу жөнүндө жыйын курады. Тил билген бала болуштар, байлыгы жер бастырбай калган соодагердин жулунган балдары бир жактан жаак жанышып: «Азирети Ак Паша кудаа эмес, бирок кудаадан жудаа эмес — анын каалоосу кудаанын каалоосу, анын буйругун эки кылуу — кудаанын жолунан таюу. Чогултуп жатабыз, мендикер канча делинсе ошончо болот, даяр! Ким моюн толгойт экен кыл чылбыр

түшөт мойнуна, каяша айтса кара оозуна кан толот! Буйрук бир, ашырылат жүзөгө эки айтылбай!» дешти. Генерал-губернатор кубанды «бир ниойкон чыгат» деп үркүтө сүйлөгөн сөздөр тамырсыз орунсуз экен деп баалады өзүнчө, көңүлү тынгансыды! Салтанаты аны сайын артылып, жамы уезд билермандары дагы дүпүрөп коштошуп, өзүнүн жөкөрлөрүн чубатып, эки жүз атчан аскери кылкылдап, жарым паша «элин» кыдырып чыкты.

Тыл ишине жөнөтүлө турган «букарлары» ар болуштан чогултулуп алдынан өткөрүлүп жатты. Генерал-губернатор ыраазы болуп, «империянын жоосун жыгыш», «империянын мындан наркы күч-кубатын арттырыш», «азирети императордун алдында бул эл букаралык вазийфасын билиш, жана да өтөш» туурасында сөз айтып, «аман баруяш» жөнүндө жылуу каалоо ыраалады. Тегерегиндеги өңкөй төрө, өңкөй болуш жабыла баш ийкеше көтөрө чаба "дуулдашпайт бекен?! А телмирген эл жымжырт.

Бир жолкуда шылкыйып өтүп жатышкан мендикерлер өз ара түйшөлө, андан соң өз ара кажылдаша калышып, зобололуу акимдин алдына алды кайра имерилип токтоло беришти.

— Таксыр!—деди алдынкы. —Байы менен кедейине, болушу менен букарасына бирдей эмеспи азирети Ак Паша?

Дагы бири:

— Бири өгөйбү, бири өзбү?

Дагы бири:

— Кайда бай менен болуштун балдары?!

Дагы бири:

— Үйлөрүндө!

Дагы бири:

— Кете беребизби өңкөй кедей?!

Чуу:

—Жооп айт, жарым паша!

— Тилмеч тез күбүрөп которуп жатты. Эми эле атадан жүзү жылуу, ырайымдан башка сезилбеген жумшак болуп турган генерал Куропаткин жаагы түйүлө, ирени кумсарып кетти. Элдин нааразылыгы мурдатан эле толуп-ташып калган белем, жарым пашанын жообуна күтпөй эле, укпай эле туштуштан кыйкырык күч алып чыкты:

—Байдыкы Ак Паша! Бай жиберсин баласын!

—Болуштуку Ак Паша! Болуш жиберсин баласын!

— Барбайбыз биз! Өлсөк ушул өз ата журтубуздан кетпей өлөбүз...

Салтанат жыйын тополоң болду. Араң чогултулган жигиттер топ-топ болуп, өзүлөрүнчө кыйкыра, сөгүнө кажылдашыи, туштарапка тарай баштады. Ким токтотот?! Өз баласын корчолоп, кедей тууганынын жалгыз баласын малга алдап, тууганчылыгын сала арбап, ордуна жөнөтүп жатышкан бай менен болуш кантип тосмокчу?! Тоссо тилин ким алмакчы?! Бири да мыңк эте албай туруп калышты. Уезд төрөсү каары бетине чыга элтеңдеп, ошол жерде кимди да болсо шапалак менен башка тартмак, кыйкырмак, мылтык кеземек, бирок анысы өрт үстүнө өрт койгон болмок, генерал-губернатордун алдында өз карамагындагы бай менен болуштардын да, өзүнүн да күнөөсүн сезген сайын кымырылып нестейди. Мындай болуп кетерин ким болжогон?! Генерал Куропаткин да мустарап болуп, кимгедир эки көзү каардуу жылтылдап, ак муруту салаңдай мурчуюп, кантсе да сөөлөтүн бузбай үлпүнчегү артына тартылып коюлган ачык коляскага карай басты. Уезд төрөлөрү артынан бөйпөктөштү, бай менен болуштар үрккөн көп төөдөй бир удургуй, не ээрчий алышпай, не терс бурулуп кетише алышпай деңдароо боло анкайышты. Коляскага чыгып, отурбай:

— Мырзалар,— деди генерал Куропаткин, үнү кыжырынан калтырап чыкты,— мырзалар, менин сөзүм кыска — эртең, айтып коеюн бу кутурган элди кайра чогултуи, темир жол станциясына толугу бойдон даяр кылбайт экенсиңер, мырзалар, бүрсүгүнү Анжияндан жазалоочу аскер чыгарам. Түшүнүктүүбү, мырзалар?

Тил билгендери өзүлөрү туюнушту, билбегендери андан угушту, бирок бай менен болуштардан бирөө да былк этишке, кыңк этишке жарабады. Мындай какша болору эч болжонгон эмес, бул көз көрүнөө баш ийбөө, тарап кетүү төрөлөрдү капилет жаакка чапкандай

кылды, себебин иликтөө тургай «бу кутурган элге» кимисини болсо да көңүлүнөн тажаал карышкыр ойгонду. А бай менен болуштар бири өз баласын кошо беришке кайраты жетишпей, бири жазалоочу аскер чыкса кандай опат болору, чакташпай кынжылды баары.

Эми коляска жыла бererде тыякта элтейген эл ичинен бир улгайган адам тез басып келип, көкүрөгүнө генерал-губернатордун кайтаруучуларынын мылтыгы кезелгениае карабай жетип:

— Төрөм... Төрөм... Бир ооз, бир ооз кепке конок бериң, улук төрөм... —деп, жалооруп жиберди. Генерал Куропаткин ороюп тиктеди. «Улук төрөм...» деп, үнү дирилдеп, экү көзү жашылданып турду тиги. Тилмеч которду.

— Ну, кандай ал «бир ооз» кеп?—деди генерал Куропаткин.

Тиги:

— Төрөм, эртең эртелик кылат мынчалык тополоң болуп кеткен соң, кайра жыйылып бүтө коё албайт эртең эле, эртең эмес бир жума убакыт кыйың, мартабалуу улук төрөм, бир жума...

— Кимсиз өзүңүз?

— Жай адамдын биримин, төрөм, калыс жай адамдын эле биримин... Кайра сүйлөшөлү өзүбүзчө, бир жуманың ичинде бүт бүгүнкү мендикер темир жолдун боюна чыгарылат, бир жумага ырайым кылың, айланайын улук төрөм...

Мунун мынчалык жалооруп турган себебин түшүндү генерал Куропаткин. «Башына эмне күн түшөрүн сезген бирөө табылды э?! Кудайга ыракмат...» деп, ичинен таба кылды. Тегин, ысмын, баркын такып отурбай:

— Куп жакшы! Бир жума болсо бир жума, андан бир саат да ашык күтүлбөйт! — деди да, жүрүп кетти. Эртенби, бир жумадан кийинби, моюн толгосо жазадан кайда качып кутула алмак бул бечара эл?!

Нес болгон бай менен болуштар, аңкайган-эл дуу келип Ажыматты ороп калышты. Ажымат:

— Эй, билермандар, эй, эл башыбыз дегендер, эй... Элге баш болгонуңар ушулбу?! Өз балдарыңарды коңулга бекитип калганыңар кандай?! Калыстыкка жатабы ушул дагы?! Жок дегенде, бирөө, экөөң, үчөөң бетиң чымырап, өз балдарыңардан бирден кошуп жөнөтүп койбойсуңарбы?! Туура айтат күйгөн эл! Силер көрсөңөр ак пашанын убайын, качан «ак паша үчүн баш саяр» деген күн келгенде өзүңөр чётке чыга берип, тумшукту батырып канатты ка чырып, кайра дагы кедей-кембагалдын жалгыздан баласын түртө салып бересиңерби?! Бул элге да, акимге да жакпайт!

Бопуза кылып атат жөн эле, жазалаткыдай эмне кылдык?! — деп мыңкылдады бирөө. Тили орусча буудай кууруган жаш болуш:

— Тизмеле деди тизмеледик, жыи деди жылдык, төрөндүн өз көз алдында эл өзү тарап кетти — эмне кылайыз биз, эл экен, көпчүлүк экен. Бири букарасы, бири өкүмдары — эми калганын өзүлөрү билишсин, жазалайбы, жазасын тартабы...—деди.

— «Бопуза»?! «Жөн эле»?! — деп, такмазалап кайталады Ажымат, маасысынын кончунан бүктөлгөн кагаз алып чыкты, ал кезде татар жамагаты чыгарып турган баракча кезит экен, бийик көтөрө муңканып жиберди. — Муну караңарчы, муну...

Так ошол мезгилде империянын ар кайсы булуң-бурчунда жашаган майда тайпа эл кысымга, эзүүгө чыдабай баш көтөргөнүн, тыл ишине баруудан баш тартканын, биртке эле кылган каяшасын падышанын акимдери кандайча канга бөлөп басып жатканын кыйкыра окуду.

— Мына! Күнөөң эле каяшаң! Иргеп отурбайт, кедей букараң жазаланып, байың, менен болушун аман кала бербейт — баарың тегиз кыңгыраган кылычтын мизине, мөндүрлөгөн Октун алдына бирдей кабыласың, бириң да кутулуп кете албайсың — угуп ал, азыркы золуктүн дымагы, каары, күчү ушунчалык... — деп, зар какты Ажымат.

Дым боло калышты баары. Бөөдө балээ басканы калган турбайбы?! Не кылмак эп? Бул ич кынжылткан суроо баарынын жүрөгүн өйкөдү. Не айла абзел?

— Эң оболу, силерге айтам, билермандарыы, ыкташтырып өз балдарыңардан кошкула мендикерге, андан соң ушул эртең жалпы журттун башына түшүп калар балээпи ачык айтып, мойнуна алып, ар кимиң өз айлынды, өз тууганыңды ийиктир. Түшүнгөйсүн, элим ай, бир балаң кетсе бир балаң калат колуңда, бир балаң башарти кеткен жагынан келбей калса, быякта жалпы

журтуң устүндө үйү бузулбай, бөөдө кырылбай боору бүтүн, башы эсен болот! Жыйна жигиттерди кайра, жеткир тынчылыкта темир жолдун тоомуна. Жок мындан башка арга! Жок... —деп, ыйламсырады Ажымат.

Ырас эмеспи, жетимге жөтөлдүн кереги не?! Ысык күн астында, суук кар астында боз үйдө жан баккан, казып конгон ийини жок, салып койгон коргону жок, мылтык түгүл белинде узун бычагы жок тумалай болгон журт каяша кылып эмне кыла алмак?! Кайда бармак, кимден калка сурамак?!

Ошол жерде бул ойлор баарынын көкөйүн кести. Бул ойлор Ажымат менен кошо жакадан тоого, тоодон жакага жүрүп, тарап кеткен жигиттердин артынан жетип, жумшагынан сурануу, катуусуна сабылуу болуп жайылды. Баягы «алар окулууга жол берилбеген китептерди Россияның өзүнөн жашырын алдырып окушат» деген, «азирети императордун ыракымынан өзүлөрү эле четтешет» деген «канике айымдын» эки небереси Камчыбек уулу Кадырбек Карабек уулу Жамшитбек журт башына кыйын кыстоо түшкөпүн көрүшүп, мендикерге өзүлөрү келип кошулуп беришти. «Дагы бир ишке жарады керээт эненин балдары! Экөбү тең эстүү, экөбү тең мусулмандан дин билет, ак пашадан тил билет — балдарга караңгыда көз, жарыкта эп болот!» деп, жамы эл астейдил кубанды. Убададагы ошол жуманын аягында тыл жумушуна кетчү мендикерлер атчан, жөө болуп жол бууп, темир жол станциясына түшүп келишти.

Генерал Куропаткин окуя тынч жагына ооп кетишине ыраазы болду. Баары эле ушундайча бүтө берсе кана?! Өзүнүн да бул крайды башкарган ишенимдүү нөкөрү катары азирети императордун алдында жүзү жарык болбойт беле?! Бирок, бир жерде мындайча тынса, кең Түркстандын башка бурчтарында тыл ишине кетүүдөн баш тартып эле тим болбой мурдатан кысымды, эзүүнү көп көргөн элдер замбирекке каршы аркан, мылтыкка каршы көк союл, кылычка каршы таш, кесек колго алышып, түп көтөрүлүп чыгып жатышты. Казактын Торгой даласында, түркмөндүн кара кумунда, өзүбектин арык бойлоруида толкундоолор болуп, өзгөчө кыргыз кыпчактын Сары-Өзөн Чүй, Көл, Улу-Тоо багытында эл өтө айыгышкан каршылык көрсөтүп, ылганбай кыргынга дуушар болуп, ажал ордуна кытайдын кол алдында жаткан Үч-Турпан, Кашкар тарапка ыдырап бозду. Те Россиянын төрүндө өз журтун аябаган азирети император бу мукураган чет жерлерде кимге ырайым кылмак эле?!

Ташкен кышы нымтырап жылуу болуп турган эле. Империянын борборунда ынкылап[1] болуп жаткакы, падыша тагынан кетип, убактылуу өкмөт куралганы жөнүндө 1917-жылдын 1-марты күнү Ташкенге өкмөттүк шашылыш билдирүү келди. Генерал Куропаткин быякта болуп жаткан бардык окуялар жөнүндө Убактылуу Өкмөттүн аскер министри Гучков төрөгө жашырын баяндама жөнөттү. Ал генерал-губернатор менен бирдикте ишти жөнгө салуу үчүн мамлекеттик думанын мүчөсү князь Васильчиков бара турган кабарлаган жооп алып, а князь Васильчиков Убактылуу Өкмөттүн төрагасы князь Львовдун ишенимдүү адамы муну менен жакшы тил табышарын сезип, гел Куропаткин кадыресе көңүлүн көтөрүп калды. Көп өтпөй Убактылуу Өкмөттүн тизгини адвокат Кенский төрөнүн колуна кетти. Керенский төрө дагы Купопаткинди ичине кошуп, он кишиден турган «Түркстан комитетин» эптештире койду. Ондун төртү мусулман, аларын башчысы казак султаны Али-хан Бөкөй-ханов, казак тилмеч Мухаммеджан Тынышпаев, башкыр Абдел-Азиз давлетшин, ал генерал, мурдатан Азия департаментинин башкы штабында чоң кожоюндун бири болуп келген, бири татар Садри Максудов — бу дагы өзүнчө бүткүл евроазия кире турган бир бийликке жетмекчи, журт үстүнөн туйтунмакчы болуп жүргөн мансапчыл болучу.

VIII

Аман мечитке кирип келгенде намазгөйлөр намаз окуп бүтүшүп, жайнамаздарын сүйрөй орундарынан туруп калышкан эле. Ал элди чоочуркап тиктеп, улагада абайлап каранып, токтоло калды. Бир селсаяк корто неме төөнүн ээрчиген тайлагындай болуп, кошулуп алган. Амандын көзүнө те төрдөгү мехрабдын[2] жанында бирөөлөр менен сүйлөшүп турган кадырлуу

---

[1] Ы н к ы л а п — төңкөрүш, революдия.

[2] М е х р а б — сеждеге баш коюучу багыт, кыбыла тараптагы ыйык төр.

Ажымат чалынды.

Бурула карап:

— Э, кел, углум,— деп калды Ажымат, үнү жумшак.

Урматтуу имам көңүл бөлгөн ким? Эл дуу эте карай беришти. Бийик, оймо-чийме багдаты[1] көк каалганын жанында оң колун көкүрөгүнө алып саал эңкейип таазим кылып, бирок өзүн жат сезгени билинип, унчукпай тиктеп турган эңгезердей адамды көрүштү. Дароо: «йе, бу баягы Аман айбан го?!», «Бу ууруга эмне бар биерде?!» деген күбүр-шыбыр боло түштү.

— Бери өт, углум...

Кишилер ошол замат жол берип калышты. Аман эки жагын асте каранып, бир кур далбактап эшикке карай жөнөлө тургандай өңдөнүп, бирок тиги жалпыга кадырлуу адамга арбалган сыяктуу, акырын ыкшалып, келе берди. Көптүн арасынан жүз үйрүгөн Карасакал ажы

көрүнүп, «и... ушуну уруп салганым үчүн жемелегени чакырган экен го» деген жаман ой кылт этип, ушул азып аны ушунча эл жабыла басып калыша тургандай туюлуп тула бою дүркүрөн, көкүрөгүнүн тереңинен өчтүү кыжыры ойгоно баштады. Жо, тиги Ажымат карынын мейрим менен күлүндөгөн саргыл көзү аны бул дагы бир шойкон чыгаар сезимден алаксытып, «менин күнөөм жок, өзүңө жараша кылсам, өлтүрүп койсом да болмок» деген актанган оюна дем берип, өзүнө ийгере тартты. Ал үрпөйгөң кашынын алдынан көзү араң билинип, кабагын сала үңүрөйүп, ireңинде кан-сөлү жок, унчукпай, ныгырыла басып келе берди. Эл андан бой качырат, ал да эч кммди тиктебейт, эки жактан тең шектенүү, жек көрүү байкалат.

Жакын барып, эки колун боорына алып, кадыресе ызат көрсөтүп, акырын күбүрөй салам айтты Аман. Кунту менен, кыраатын келтире алик алып, күлүмсүрөй кызыга тиктеп калды Ажымат. Аман баш көтөрбөй:

— Чакырткан экенсиз, эшен ата... —деп күңк этти.

Кишилер бирин бири кыя-кыя тиктеп, «азирети имамдын бу каракчыда не жумушу болуп калды экен а» деген кыяста бир аз козголуша түшүп барып, кайра баарын имамдын кадыры тыйып, кайра дем тартпай сөз акырын күтүп, мелтиреп калышты.

Ажымат ойлуу, алдында салбырап турган немени имере тиктеп, айтар сөзүн экчегендей болуп токтолуп, анан муңайым жумшак:

— Э, углум... — деп баштады. — Канда жүрөеун? Эмне кылып жүрөсүң? — Тиги бир жооп кайрымакчы болуп келе жатканда ал өз суроосуна өзү акырын жооп кылды. — Эч жерде туругуң жок... Максат менен кылган ишиң жок... Көчтөн адашкан ит сыяктуу башын оогон жакта жолбун жүрөсүн го, углум...

«И?! Эмне кылайын анан?! Эмне кыл дейсиз деги?!» деп жибере жаздан, араң токтонду Аман. «Эми, бу кадырлуу Карасакал ажыны эмне үчүн өлөсө кылгансың деп айгат ко?» деп, көңүлүнө өчөштүк туулуп, каны дуулдап башына дүргүй, көңүлүндөгү өктөсү толуп-ташып, дагы кыжыры ойгоно баштады. Йе?! Өлтүрүп жатса кынк этпен туруп бериш керекпи?!

— Сендей азамат жигитке бул жүрүш жарабайт. Эсине кел эми, углум...

Тиги имамдын ыйык тутулган сөөлөтү, эч ким өйдө карабаган, ал жөнүндө жалгыз отуруп да тартынткан баркы айбыктырдыбы, же жумшак сөз ийгердиби, иши кылып, кашкөй Аман андан дагы жоошуй калды.

Эми, углум, сенин жолуң башка... —деди Ажыматтын мунайым авазы. — Сендей азаматтарга базар чайытып мушташып, кумар ойноп, бозо уулап, тушкелди басып жүрчү күнбү азыр?! Ыя, жамияттын камын ким ойлойт?

Аман башын көтөрүп тиктеди. «Жамияттын камы?! Кимге айтып жатат? Магабы?!» Ал астейдил таң калды. Шакебе кылганы бу!» деп, көңүлү ооруп ойлонду.

Аман түгүл, ошол жерде угуп турган көп эл уккан кулагына ишенген жок. Бирөө оозун жарым ачып, бул сөздүн артынан дагы эмне чыгар экен дегендей кызыгып, бирөө «й, жамияттын ишин ойлой турган кишини оңой жерден таппадыбы?!» деп мыйыгынан асте күлүп, бирөө тындап ойго кабылып, тегиз баары былк этпей дымыды. Жо, кадырлуу имамдын жүзү олуттуу.

---

[1] Б а г д а т ы — багдатча жасалган эшик.

— Бийлик обушуп жатат... Биз кантебиз, биздин бечара элдин эртеңки тагдыры эмне болмокчу?.. —деп, маани улады Ажымат. — Кана, айткылачы, баарыңа эле собол кылайын, мындай чалкеш убакта эмне кылмак ылазым, кайсы мүдөө кымбат?.. —Өзү жооп айтты. — Жалпы жамагаттын пайдасын көздөмөк ылазым, жамы журттун мүдөөсү кымбат.

Карасакал ажыга байланышкан күмөнү эми тарап, бирок баятан берки суйлөнүп жаткан сөзгө, мааниге анын эмне тийешеси, кандай жардамы бар экенине ал бир жүйө таба алган жок. Ыза болду ичинен.

Ажымат эми үнүн көтөрө:

— Курал ал, углум! Тартынбай курал ал. Жигит жыйна! — деди буйрук таризде. Аман селт карай берди. «О-о..»! дешип, турган эл да түйшөлүп кетти.

— Курал деген күчтүү колдун буюму! Жигит баштоо эр кишинин иши!—деп, маани улады Ажымат. — Өзүм өлбөйүн дегендин, бир теңге үчүн жан бергендин, бууну жоктун колунан келбейт. Мына сендей жотору болбогон жалаңач баатырдын, кармаган жеринен кан чыккан палвандын гана колунан келе турган кыйын иш бу, углум...

Эки-үчтөн баш бириктирише күбүрөшө баштады эл. «Йе, жарыктык! Эмне деп отурат?!» деди бирөө. «Сен жыйна эмесе?!» деди бирөө. «Мен болбосом, ушунча элден ушу селсаяктан башка табылбай калмакпы?!» деген кыжырлуу жооп чыкты. «Кана, табылса?!» деп мукуратты.

Мунун баарын Аман чала чарпый угуп жатты.

«Чын эле... менин колуман эмне келет?!» — Ушул азыр өзүнө өзү ишене албай, кара курсагынан башка эчтеменин милдетин алып көрбөгөн Аман оозу кургап, өзү тердеп, Ажыматты жал-жал тиктей берди. «Мени ким ээрчийт?!» деп, кыйкырып жибере тургандай абалга кабылгай болду акыры.

— О, жаранлар!—деди Ажымат кагуулан, эми сөзүң жалпыга багыштап. — Ак пашанын акимдери бирин бири жыгып, бири түшсө бири такка чыгып жатат. Мындай кымкуут убакта байкуш мусулмандын малы-мүлкүн, журтчулук арын ким коргомокчу?!

— О-о, ак сөз!

— О-о, аттиң ай!

Ажымат:

— Замандын оңуту да келди окшойт, жаранлар, ойлоп багыңар. Өзү менен өзү тытышып жаткан кезинде акимдердин укуругунан баш куткарып, те илгеркидей биз дагы өзүбүзчө журт атанып алганыбыз ылазым эмеспи?

— О-о, аны кудай берсе го?!—деп жиберишти селделүүлөр баштары калчылдап. —О-о, андай болор күн кана?!

— Элдин малын-арын коргомок ылазым түгүл зарыл иш, жарыктык!

— Уктуңбу, углум? — деп, Аманга жымыйып кунт коё тиктеди Ажымат. —Зарыл иш! — Элди бир сыдыра тиктеп алды. — Мин атка, тартынбай. Мына бу турган жамагат сени жалгыз да, жалаңач да, ач да кылбайт. Бу жагын ойлонбо...

Аман чеке терин чоң алаканы менен бир сүртүп таштады. Ажымат колун арт жагына жаңсады эле, жакын турган бирөө леп этип нары мехрабда турган ыйык куранды алып, колуна бере койду. Ажымат куранды урмат менен өйдө көтөрүп тооп кылды да, анан кош колдоп Аман жакка суна берди. «Эмне кылам?..» деди Амандын дили чоочуй, аларын же албай коёрун билбей, бир куранды, бир имамды тиктеп, үрөйү уча көзү алактап, туруп калды.

— Карма, углум,— деди Ажымат,— бул ыйык Калами-Шариф, колуңа алып, «жаман жолдон кайттым» деп, «ак жолуна түштүм» деп, астейдил мунажат кылгын, углум...

«Э-э, куран кармап ант ичет деген ушубу?..» деди Амандын ою. Китепти акырын алып, колу калтырап, кетти. Бул ыйык китеп азыр эле анын оозун кыйшайта уруп кетчүдөй, эсин алып, күчүн алып салчудай» сестентип, эки көзү алайып, ой басып, акырын оболу чекесине тийгизип, анан асте өөп тооп кылды. Эми эмне кыларын билбей токтоло калып, эсине келе калган сыңары шашылып куранды Ажыматтын өзүнө сунду кайра.

Ажымат куранды албай:

— Кана, «жаман жолдон кайттым» де, углум! «Ак жолуна түштүм» де, углум! — деди өкүм. — «Жамы мусулмандын камына өттүм» де! Кана?!

Аман оозу жарым ачылып, эки көзү чакчайып, саал күңгүрөнө, үнү бийик, мечит ичи жаңырыктап, бир аз калтаарып кайталады.

Ажымат:

«Бу айтканымдан кайтсам ушу ыйык Калам-и-Шариф урсун» де, углум!

—Бу айтканымдан кайтсам ушу ыйык Калам-и-Шариф урсун!

— О-ми-инь!—деп жиберди Ажымат эки колун бийик көтөрө, көпчүлүк дүркүрөй алакан жайды, Аман эреркеп, көнүлү эрип, сыңар тизелеп отура калып, куранды дагы тооп кылды.

Ажымат:

— Ишиң илгери болсун, Аман-Палбан! Сенин алдына көлдөлөң турган мусулмандын катыны талак, ичкен ашы арам! Оллоу акбар...

«Оллоу акбар!» деп, жардаган намазгөй эл дүркүрөн, бата кылып жиберишти.

Жүрөгү лакылдап согуп, өзүнөн өзү өрөпкүп, каны башына таршып, өзөгүнө кандайдыр бир жаңы күч толгонун сезип, бет алдына эми ким чыкса да бырчалоочу бир жапайы каар Амандын көөдөнүнө толуп чыкты. Ошол тапта:

— Тур! Бак конду башыңа! «Палбан» атыктың, Аманым! — деп, арт жактан кубанган кыйкырык угулду. Бу аны сайын шерденти. Аман мойнун койкойто бир бой керип, бир сыдыра тике тиктеп, анан Ажыматка, турган кишилерге эңилип таазим кылды да, ошол бойдон баш көтөрбөй кетенчиктеген бойдон мечиттен чыга жөнөдү.

— Атта-а-ан!!. — деп чаңырды Аман эшикке чыгаары менен, өз үнү өзүнө коркунучтуу, жапайы угулду, тула бою дүркүрөп, жин ургандай эки жакка алдастай арыштады. — Атта-а-ан!

Чарылдаган тажаал үн мечиттин ичиндегилерге даана угулду. Кишилер бирин бири тиктешип, негедир үрөйлөрү учкандай, теспелерин шыпылдатышып, Ажыматтын жанына имерилишти. Башка күндө намаз бүткөн соң ар ким үйүнө шашылып, күнүмдүк көр тирилигине кам уруп, «кайыр» деген сөзгө же жарап, же жарабай эшикке карай жөнөшчү. Азыр «берилер бата берилди, акыры эмне болор экен» деген күдүк ой ар кимин токтотуп, эч ким кете албай ийрилип калышты. «Атта-а-ан!!» деп жатты сыртта тажаал айкырык.

Атта-а-ан!! — деди Аман эки колун көккө тең сунуп, муштумун түйүп, тула бою калчылдап, эки көзү кыпкызыл болуп чаганагына чыгып. Ээси ким экенин сурабай кимдир бирөө нары жакта аса байланып турган аттардын бирин логлоп чуркап жетелеп келип, анын алдына тарта берди. Дагы бирөө үзөңгүнү Амандын жалаң жүргөн бутуна салып, дагы бирөө колтуктан көтөрө атказып калды. Чоң тобурчак бели ийилип, кыйшаңдап майышып кыйкырыкка элирип, суулугун кемирип тыбырчылай берди. Ага ат тарткан ким экенин, колтугунан сүйөгөн ким экенин деле билген жок, эки колун көккө тең сунуп:

— Йа, алла! Иа, алла-а-а... — деп, албууттанып, шерденип үн салды Аман.

Ачын бул абалын көрүп турган эл «жиндеп кетти окшойт» дешип, кай бирөө «бу кудайдын каалоосу го, чыңдап анын ак жолуна түшкөнү го» дешип, көңүлдөрүнө ишенич да, ошону менен эле бирге кандайдыр капилеттен каптаган куюндан чоочуган сыяктуу жүрөксүү да келди.

Тышка чыгып келген Ажымат топту жара келип, өзүнүн белиндеги көк курун жазып, чон тобурчактын үстүндө оолугуп турган Аманды эңкейтип, өз колу менен, салтанат менен анын башына ороду:

— Жигит пири Шаймерден колдосун...

Аман ого бетер өрөпкүп:

— Йа, алла-а!—деп, чоң тобурчактын тизесине түшө салбактап турга жалаңаяк эки буту теминип жиберди. — Ат-та-а-ан!!

Чоң тобурчак дуулдатып алып жөнөдү. Эки этеги канат болуп делдектеп, башына чалынган көк-курдун бир учу катуу соккон шамалга дирилдеди. Ат дүбүртү, эми «айбан» эмес «палбан» атыккап тажаалдын кардыккан «ат-та-а-ан» деген үстөкө-бостоК айкырыгы бүткүл дайра боюн селт эттирди...

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

I

Кар ак козунун тармалындай сенселе көктөн жай түшө себеленип турган.

Кичинекей Ак-Чий базарына келген эл ар жерде топтошуп, бири бир теңге ылдый, бири бир теңге өйдө тарткылашып жатышкан аларман менен сатарманга үйрүлүшүп, бүйрөлөрү кызый «бер, бер», «ал, ал» дешип, кужулдашып турушат.

Мына мужуктар чөп, беде, эгип арабалап, кучак жет челектерге алтындай саргарып тоңгон балып чаналап ташып келишкен, а тоо арасынан сапырыла төрт түлүк мал түшкөн.

Бир жагында чайкана, бир жагында арак дүкөнү дуу-дуу. Бирөө бөзүн мактап силккилеп, бирөө жыты бурксуган көк бедесин боосун жарып көрсөтүп, бирөө жоргосун татырата салдырып көзгө урунтуп, те чет жактан тайлагы тоодо калган төө боздойт, уй мөөрөйт, эшек анылдайт.

Кыштагы жактан дүргүп келе жатышкан көп мужукту көрүшүп, базардагы ар түркүн эл бири кайрылып карап, бири чоочулап атына карай басып, соодасы бүтө элек сатарман жайылган матасынын жанында элтеңдеп калышты. Эмне коога болуп кеткенин ким билет?!

Эн алдында Бабич, Токтогул. Карды буртулдата кечишип, тобу бузулбай катарлаша келе жатышат.

Тыяктан эле бир укмуш көңүл толкуну сезиле Токтогул шаңгырап үн сала ырдап келди:

Э-эй, орус, кыргыз калайык,
мен эми жария айтсам ылайык...

Эл кайра үйрүлө калды. «Ыя, эмне болуп кетти, ыя? Тынччылыкпы деги?!» дешип, канагат кылар жооп болбой баары аңкайып, элтейип карашты. Бабич менен Токтогулдун жанында мужуктан, кыргыздан болуп, бир топ кишилер кошо жүрүшкөн. Ичинде кедей Маамыт бар эле.

— Э-эй, сага эмне жок?!—-деп, тыяктан эле кыйкыра жулунуп келди Маамыттын байы. — Эй, иштин баары калды го, өлдү го тыякта?! Кайда жүрөсүң, энеси талак, темселеп?! Ыя?!

Маамыт ырсайып, күнөөлүүдөй көзү арең ымдалып, бушайман боло калды.

— Ал биз менен, бай,—деди Бабич байга,—эми, бай, мындан нары малыңды өзүң кайтар, тегирмениңди өзүң тарт, бай.

Бай Бабичтин кабагын бир карап, белиндеги колжойгон маузерди бир карап, бир заматта нестейип, оозу жарым ачыла:

— А майли... а майли, төрөм... майли...—деп, карды салык неме көлтөңдөп кетенчиктеп, көпчүлүктүн арасына далдаланып кеткиче шашылды Иван Бабич мужук кыштагындагы кичинекей мектептин мугалими болучу. Токтоо, жүрүм-туруму адептүү, таза кийинген, ар түркүн кишилер менен ийкемдүү сөзгө кедише алган эстүү адам. Ошон үчүн окуган балдары түгүл мужуктар өзү «мугалим» деп кадырлап аташчу. Же бир талашы болуп калса, же бир бирдемеден кысылганы болсо кыштактын старшинасына эмес, ушул «өз мугалнмине» келишчү. Тегерекгеги кыргыздарга да таанылып, калыстыгынан «эстүү төрө» атыгып кеткен. Ушул «эстүү гөрө» аркалуу Токтогул мужук кыштагында өткөн ар түркүң той, зоок болсо калбай катышчу. Сибирден үйрөнө келгең орустун частушка, бий күүлөрүн комуз менен да, балалайка менен да шартылдата чертип, өзү курдуу улгайгандарын созолонтуп ырдатчу, жаштары тарсылдата бийге түшүшчү. Түнөп, мейман болуп, эртеси кетеринде Токтогулдун куржунуна мужуктар ун, чөнтөгүнө пул салып, сыйлап жөнөтүп коюшчу.

Токтогул:

Э-эй, күн төбөдөн тоголуп,
куурал заман оңолуп,
келкел келип калды окшойт...
ай төбөдөн тоголуп,
азаптуу заман оңолуп,
акыйкат ыгын салды окшойт...

Эл жымжырт болуп тыңшады:

Кең Росей жеринде
орустун ыйык төрүндө
букара жеңип чыкты дейт,
зулумдарды жыкты дейт,
жаңы Кеңеш куралып,
канат жайып, сүр алып,
кызылдан туусун тикти дейт,
башында турган даанышман
баарыга бирдей калыс жан
улугу Ленин мыкты дейт...

Эл түйшөлө дуу-дуу болуп кетти. «Э-эй, адам эй?! Букара жеңген да болобу?! Шумдук ко букарадан улук болот деген?!» дешип, ачык бирине-бири айта албай, деми ичинде болуп, аярлык баарынын оозун басып турду.

Улуу ынкылаптын кабары алыскы тоо арасына он сегизинчи жылдын ошол февраль айында, ошондо да жылдын кайсы мезгилинде болбосун бирине-бири тынымсыз байланышы болуп турган орус кыштактары аркылуу келдк. Иван Бабич баш болгон кедей мужуктар уезд ревкомунан келген көрсөтмө боюнча демилгени өз колдоруна алышып, өзүн «убактылуу өкмөттүн комиссары» деп атап алган кыштактын мурдагы старшинасын иштен бошотуп, элеттин увакилдери менен бирдикте жаны бийликти жарыя кылууга киришкеп болучу.

Мужуктар дароо жыгачтан секи кура коюшуп, секиге Токтогул чыкты. Эки чети таякка бекемделген кызыл матаны мужуктар бийик көтөрүшүп, андагы орусча жазылган «Жашасын Кенеш Өкмөтү!» деген урааны кыйкырыша жайып жиберишти.

Те чайканада эртеден бери үлпөт кылып отурушкан бир топ байбатчалар тышка бастырмага чыгышып, алар да жардап карап калышты. Кай бири кызыл буурул, кай бири боргулданып тердеп, чулуйган беттери майланышып, текебер тике тиктешип, такыр баштарынан майлуу булоо түтөп турат.

— Куп болуптур!

Эл дуу карай беришти. Бир байбатча муштумун түйө кыжынып, көзү бозомтук, эрдин тиштенип, дагы күчөнө кыйкырды:

— Ку-уп болуптур да, пашасы тагынан шыпырылып, төрөлөрүнүн төрт аягы сай таппай калган болсо! Ку-уп болуптур! — деди. — Кетсин эми мына бу саксайган мужуктар менин ата-бабамдын жеринен! А жакшылыкча кетпейт эке-ен, мен эми көргүлүгүн көрсөтө-өм булардын! Мөөрөтүп уйларын, каркылдатып каздарын таламай кыламын! Талама-ай!!

Күшандалары айкырышып коштоп калышты. Мужуктар алдыртан бирин-бири тиктеп, бирине келе калгандай ойду дароо бири түшүнүп, баштарын асте чайкашып, бирок сабыр күткөндөй томсоруша тартип сакташып, тынч калышты.

Токтогул атайы катуу үн сала байбатчаны каптады:

Э-эй,
каралай көз калың журт,
силерди журт экен деп санабай
каркылдаган ким өзү,
аар, жүзгө карабай
таркылдаган ким өзү?
Арам тамак мастыктан
акыл жагы аздыктан
ар кылбаган ким өзү?!

Эгин айдап, чөп чапкан,
эмгеги менен жан баккан
базарлаш тууган мужукта,

эсирип алган байбатча,
бабаңдын акы бар беле?!

Жүзүнөн мээри көрүнгөн,
колунан көөрү төгүлгөн
короолош коншу мужукта,
куну кеткен байбатча
кожондун өчү бар беле?!

Э-э,
акыры башка бир өлүм,
андан кайда качабыз —
алдастап жүрүп бир күнү
экөбүз эки кез жерге батабыз,
түбөлүк тынып жатабыз —
жашында мынча тарыба,
топук кыл колдо барыка,
жик чыгарар кепти кой,
зыяның тийет жамыга...

Карылар муюп, унсүз жымыя баш ийкешип, ар ким өз оюнда «ана, көнул калдык кеп айтышып жүрүп, акыры ээлерибиз эки кезден гана кара жер...» деген ойго термелгендей. Бу көпкөн байбатчага гана эмес, баарыга эскерме накыл эмеспи?! Ынтымакка не жетмек?! Бир четтен кобур үн чыгып, «Ырас, ырас... бу мас баланын эмне аласасы бар экен тынч жаткан мужуктарда?! Ыя, элди азгырбай өзү жалгыз доолап барып көрбөйбү, бу энеси талак?!» дешип, күлуп да калышты.

Заман өзгөрүшүн астейднл баалап, муну жалпы журтка жар салуу бактына келгенин сезип, көнүлү көлдөй күр-шар толкуп, бул өзгөрүш анын кордукту көп көргөн кайраттуу өмүрүнүн манызы сыяктуу, буга эми ким көлдөлөн турса, мунун ким не түшүнүп, не түшүнбөй кол шилтей кем баа кылгысы келсе аны менен айтышмак быякта калсын, алка жакадан алыша таймашууга баргыдай эрдемсип, асем унү аны санын шаңданып маани улады.

Э-эй,
кагылайын элим ай,
кулак тут менин кебиме ай...
айдалып барып болуштан
мен агайын тапкам орустан,
куулуп бырап болуштан
мен курдаш тапкам орустан...
суракчы кыйноо кылганда,
айдоочу сабап урганда,
бүлкүлдөп байкуш азиз жан
алкымга келип турганда
орустарым болушкан...

Күмүштөк чырга сүйрөтүп —
күндө акылын үйрөтүп,
алтындап чырга сүйрөтүп —
айда акылын үйрөтүп
алыскы көйкап Сибирден,
арылгыс шордун түбүнөн
орустар мени качырган,

орустар мени жашырган,
көксөп ырдап сагынган
элиңе эсен баргын деп,
көк мелжиген ак карлуу
жериңе жетип алгын деп
айчылык жолдон ашырган...

«Пай-пай, туурасын айтат да, башынан өткөнүн айтат?!» деп, баш ийкешти карылар. Мурда эле тааныш, ал сырдаш сыяктуу жүргөн бул адамга аны сайын ээри түшүп, ой чабытынын кеңдигине, дилинин калыстыгына аны сайын ыраазы боло мурутунан жымыйып тиктеп турду Бабич.

Бир илдиреген кары мужук:

— Жакшы адам экенсин, Токтогул,— деди, чачы, сакалы абдан өскөн, чылымдан ак мурутунун алды саргылт, бетинин бармак басым оту гана, мурдунун учу, тирмейген нурсуз эки көзү гана көрүнөт. — Жакшы адам гана жакшылыкты эсине алып жүрөт! А сен азамат, дилинде кудайы, ары бар, таза, улуу адам турбайсынбы, Токтогул!— эки көзү чекирейип, сөөмөйү жыландай октоло тиги байбатчылар жакка сунулду, ошол замат ирениинен каны өчүп, сурланып, эрини кымтылып жини келсе, көп иштерге аралашкан эски солдат белем, таягын карга тыкылдатып, калчылдап сүйлөдү:—А тиги канчыктын күчүгү эмне деп үрүп турат биерде?

— Э-эй, мужук, — дей баштады байбатча — оозуна карап сүйлө, алдагы жүн баскан оозуна кепил алып сүйлө сен, мужук!

А кары мужук идиркенектей:

— Каалап турасынбы?! — деп, андап нары сөгүнүп жиберди. — Көрсөтчү ыплас тумшугуңду мужукка, көрсөтчү?! Ушу мен эле сенин талпагынды ташка жайып көргүлүгүңдү энендин үч кошконунап көрсөтүп коёюн! А-а?! Сага мужук эмне жамандык кылды эле?! Орустун падышасы сенин атаңа байлык да, бийлик да берген. А сен, жакшылыкты билбеген кара жылан, бу жерде «таламай кылмакчы» болуп?! А-а?!

Жаакташа тургандай тыяктан байбатча дагы обдула баштаганда жакын турган адамдар: «Кой ырбатпа, элге нукус келтирбе, кой!» деп күңкүлдөй жемелешип кылышты. Кары мужук таягы менен музду кыжырлана ургулады:

— Мына, Бабич! Старшинаны биз камап койдук. Же жалганбы?! А бу манаптын бөлтүрүгүн да те кырдагы чоң атасынын эски оруна таштап жибербесе болбойт ко?!

— Чон ата,— деп, тынчтанта сүйлөдү Бабич,— бул баланын кеби жалпы кыргыз туугандардын ою эмес, чоң ата. Бул бала ушул темтеңдеген бойдон журсө бизсиз эле өзү деле бир ангекке түшүп кетет ко.

Эл дуулдап коштоду. «Ва-ай, зстүү төрө деги эстүү да; карачы, туура айтып жатпайбы?! Бозонун деми да бу «талайм» деген?! Талоо эле онойбу, ким эрчийт экем артынан бу боз баштын?! Минтип жүрсө, чын эле бу өз көрүнө өзү түшүп алат бир күнү!» дешип бакылдашты

Бабич үн көтөрө салтанат кыла:

— Кыргыз, орус туугандар,— деп сөз баштады., айлаңа жым боло калды. — Мына, биздин Токтогул ынкылап жеңгенин бүткүл Россиядагы эмгекчил элдин мүдөөсүн көздөгөн жаңы Кеңеш Өкмөтү куралганын жарыя кылды Бул ырас, туугандар! Жашасын Кеңеш Өкмөтү! Жашасын Ленин!

Ураан айтуу аларда башынан боло келген эмеспн, мужуктар «Жашасын Кенеш Өкмөтү! Жашасын Ленин!» дешип, бир ооздон коштой кыйкырышып, базарды алгоодалгоо кылып жкберишти. Тоң кыргыз эленде, бул жакшы кубаныч болуп жатканын көрүп туруп эле кыйкыра албай, оозуна кеп кирбей, биринен-бири чоочунуп, «а түзүк, а түзүк» дешип, мандайлары тымызын жаркый баш ийкешип калышты.

— Эми, — деди Бабич, эл кайра дым боло калды — революциячыл комитет шайлайбыз! Уезд менен байланышканча, жергиликтүү Кеңеш куралганча Ревком эл арасын убактылуу башкарып туруу милдетин алат.

Ревком?! Бул эмне? Мужуктар го түшүнөт, а кыргыз дагы аңкайышып, маң болуп калышты.

— А-а, башкарып тура турганбы?!

Эл кайрылып карай беришти.

— Э-эй, мен дагы кирем Кенеш Өкмөтүнө! —деп албууттанды кайра жанагы байбатча, бу сапар не кызуулугу тараган, не куулангану — кейпи кадыресе жумшарып калган. — Ырас, арасына кирген соң башкарышууга акым болобу?! Мен башкарам! Эл деген топураган мал, аны чарк имере биле турган бышык киши керек. Ушундай эмеспи?! Мына, мен рипкөм болом!

— Болсун, болсун!—деп кыйкырышты жанындагы күшандалары көздөрү чанагынан чыга. — Аккан арыктан суу агат! Кана, кана, мына биз башкарбай элди ким башкармакчы экен?!

«О-о, кой, болбо-ойт...» деди бирөө ичинеи» «Э-э, сатып эле алып коюшу ыктымал булар, кокуй. Те илгерн эски ордонун бектерин ак өргөө тигип тосушкан, а кийин ак пашанын акимдеринин деле көңүлдөрүн табышкан, кечеги убактылуу дегенинин деле комиссарын кол бала курдаш кылып алышпады беле?! Ичине жылмаңдап кирип алган болсо, эмне, төбөңө баягы кандуу камчысыи ойкоткому ойноткон эмеспи?!» деп, кай биринин ындыпы өчүп, жүрөгү дүкүлдөп, бирок эрини чыпталышып, көзү гана жалдырап; ооз ача албай турду.

— Элге салабыз, эл кимди кааласа ошону шайлайбыз,— деди Бабич. — Журт, Рескомдун төрагасы кыргызга да мужукка да таанымал адам болсо жакшы болот. Төрагага кыргыздан бир, мужуктан бир жардамчы орунбасар көрсөтүп беребиз. Аны да колго салып...

— Э-эй, өзүңдөн өтөрү жо-ок. Эстүү Төрө! — деген кыйкырык чыкты эл арасынан.

Бабич:

— Кой, менден да таанымал киши бар арабызда!

— Токтогу-ул! — деп жиберди бирөө. —Токтогулдан башка ким сүймөнчүк эки журтка?! Токтогул!

Бабич кубана Токтогулга карап, кол чаап жиберди. Токтогул кыңырыла жүйө айтты:

Буйрук айтып бирөөгө
бийлеп көргөн мен белем?!
Көңүлүнө карабай
сүйлөп көргөн мен белем?!

Жумшагыңы жууруган,
катууңу камтыган
жалчың эле болуп жүрөйүн,
айланайын элим ай,
атагыңы ырдаган,
эзели милдет кылбаган
жарчың эле болуп жүрөйүн...

Күнгө чуркап талыбас,
айга чуркап арыбас
аттан күлүк табылат —
кара кылды как жарган,
кыйын ишке кайратман
калктан жүйрүк табылат.

Теги жармач кедейден,
турмушка бышып эсейген,
малайлыктан куткарып
мойнунан алсак каамытын,
туюнтсак өкмөт маанисин,
жаңы эреже шаанисин
жарабайбы Маамытым?!

«Бу да жакшы жүйө!», «Асыл—таштан, акыл — жаштан! Көтөрүлсүн да кедейден!», «Ыя, акыры өкмөт кедейчил боло турган болсо, улук да болсун да кедейдин өзүнөн?! Башыгып кетпей эмине?!» деп эл дуу-дуу козголуп кетти, «О о, акылман Токоңду көрдүңбү?! Жол бермекпи кедейге кокуй, тиги мен болом деп ыркырап турган задиси мансапкор карышкырлардан болуп калса?!» дешип, бир жактан Токтогулдуп кедейге жол койгонуна ыраазы.

Муну Бабич да туура көрүп:

— Кана, сөзгө кулак салгыла, эреже мындай — кимде ким эзилген кедей баласы Ботобай уулу Маамыт ревкомдун төрагасы болсун десе — чоочунбай колун көтөрсүн!— деп, колго сала баштады. — Өз ою менен, өз каалоосу менен...

Мужуктардын көпчүлүгү дуу кол көтөрүп жиберишти. Бул эмне эрежеси?! Мунун арты эмне болуп кетерине баштары маң кыргыз анкайып, алактап, те алыста атчан, өгүзчөн тургандары мужуктарды көрө колдорундагы камчысын, чыбыгын соройтуп кай бири: «Болсу-ун! Биз макулбу-уз...» деп калышты.

— Шайланды! — деди Бабич.

Мужуктар шатырата кол чаап жиберишти. Кол көтөрүп каалоо билдириш, кол чаап сөз кубатташ дегенди эзели көрбөгөн кыргыз: «О, жаша-а, малай Маамыт! Бак конду-у башыңа!» дешип бапырап калышты. Эки колтуктан сүйөй көтөрүшүп эле мужуктар Маамытты секиге чыгарып салышты.

Эми баягыдан көнө түшкөн көпчүлүк дуулдап, мужук тарабынаи Иван Бабич, элет тарабынан Токтогул колу салынып, ревкомго мүчө болуп шайланды.

Дагы байбатчалар жактан кыйкырык чыкты:

— Э-эй, маалим мужук! Эй, сени «эстүү төрө» деп жүрсөк, сен такыр эле эсиц жок неме турбайсынбы?! Ыя?1 Бу кандай, кана жети атасы эл башкарып көнгөн кишилер, жалан эле оозуң кайсы десе мурдун көрсөткөн дырдай томаяктарды «рипкөм» деп, секине чыгарып алдын го, ыя?!

— Өкмөт кедейдики,— деп түшүндүрө айтты Бабич,-мужуктан да, кыргыздан да бай атпай, жана да падыша убагында ишке аралашкан кишилер азыр жолотулбайт.

Те четтен бир адам секинин түбүнө келип:

— Таксыр... — деди Токтогулга.

Токтогул энкейип тиктей калды «И, таптын таксырды?!» деди көнүлү. Көк чаар чыт чапаны эски, кара көрпө тебетейинин төбөсү онгон, өзүнүн инери сыркоодой керсары. Эмне дешин билбей, «таксырынын» унчукпай баш чайкап турушунан «тоотпой койду го» деген ой кетип, ичинен бушайман боло, сүр баса, эриндери кургап шалдырады. Ким мансаптуу болсо, бай болсо ошону «байым», «төрөм», «эгем», «таксырым» деп башынан басынган байкуштун бири.

Дагы кынжылып, бу сапар Бабичтин көзүн тиктеп, да жагамбы жакпаймбы, бир балакетине каламбы» «буга ыргылжың санаа жүзүнө чыгып:

— Током го, мейли, шайлансын, мейли...— деп акырын күбүрөп, ирени кызара калып, мукактана кебин араң жалгады. — А бу малай тенечим... бир эле теңечимден шайладын калды го?...

— Жолдош,— деди Бабич,— жаңы өкмөт урук сүрүштүрбөйт, мына өзүң Ботобай уулу Маамытты малай дедин, Ырас, малай болгон, ошон үчүн Ботобай уулу Маамыт бардык уруктардын кедейлеринин атынан шайланып отурат, ал келечектеги ишинде бардык уруктардын кедейлеринин мүдөөсүн көздөйт.

Тиги оозу жарым ачыла башын ийкеп, баш ийкегени менен дагы эле көнүлу макул эместиги кадалган көзүнөн байкалып, бирдеме айтышка зардеси жетпей жан дүйнөсү тымызын кымырылып, же каяша көрсөтө жулкуна басып кете албай селдейип туруп калды. «О, кайран кыргыз ай, баягы «кол ийрисине тартмай» өзүмчүл эски үнүтүн ушул жерде да көрсөтпөй коё албады э?!» деп, өкүнүчтүү ой келди Токтогулдун көнүлүнө.

Күрпүлдөгөн дайранын жээгинде огургандай кулагы дүңгүрөп, «Бак конду-у башына!» деген ун, шатыраган кол чабуу көңүлүң жымыратып, а «малай», «дырдай томаяк» деген заар сөз ошол эле жерде жүрөгүн ырайымсыз тилип, үшүк алып, Маамыт эси энги-деңги. Эмне өзү

бак деген? Бак аны багабы, ал бакты багабы? Чын эле колунан эмне келет?! Терс баскан малдын алдын кайрыгандан башка эмнеге бийлиги өткөн эле?! Ким акыл сурады эле андан, ким айтканын кылды эле анын?! «Ө-өн, малга бас!», «Өөй, тегирменге жөнө!» деп, ага кошо «көк мээ» деп, ызылдата сөкчү байынын үрөйү көз алдына келип, эми жылуу сезилип, аиын айтканы акылдай, сөккөнү адептей туюлуп, ал байысыз эчтеме кыла да, боло да албай тургандай. Кантет эми?! Чон болосунбу деп сурап коюшсачы?! Жыйын тез эле бүтсө экен деп тиледи ою.

— Кандай эреже болот, кандай жол болот, айтсы-ын Жаңы Өкмөт! — деген суроо болуп калды эл арасынан, баары жым болуша кулак төшөй калышты. Кимдин уккусу келбесин жаңы эрежени?! Көздүн баары Маамытка Кадалды.

Маамыт жүрөгү дүпүрөп туйлап, баары бир өйдө карай албай, аны сайын эки ийни шөлбүрөп, башы кайгырып, нес болду. Өзүнчө демиге, кысыла, мурду тердеп чыкты. Кана, эмне эреже айтасын, Жаңы Өкмөт? Эл кулак төшөп турат. Эл тиктеп турат. Эл күтүп турат. Кана?! Мамыт секиден түшө качуу ниетине келип, бирок Токтогул менен Бабичтин ортосу, тап жыла албай биротоло ынтыны өчтү.

— Ха-ха-а! Маалим мужук, кедей канга туйтундуңбу, — деп, тыяктан байбатча шакебе чыгара баштады. Э-эй, муну эш тартканча башына беш та-арт, мына көрдүңбү-ү?!

Бири арсайып, бири ырсайып, күшандалары абдан каткырык сала күлүп коштоп калышты.

Маамыттын кейпи жан тартып турган мужуктун да кыргыздын да арасына камтама болгон күбүр-шыбыр жойлотуп жиберди. Эй, арман күн ай, жаңы өкмөт жарыяланып жатса, шайланган киши минтип далдырап турса — кандай кеп болот эми?!

Токтогул элдин көөнүн жайкады:

Э-эй,
тизгин алар балдарын
мүдөөсүнө жараша
иргеп алат замана,
ык, шыгына карата
түрлөп алат жана да...
көкөйүнөн кетиртип
кечегинин залдарын,
таалим берип жетилтип
таптап алат калганын...
көсөм кылып ишине,
карамдуу кылып кишиге
тактап алат нары жагын...
бүгүн сүрдөп кысылса
эртең чыгат топ жарып,
бүгүн сүйлөй албаса
эртең турат жаңшанып,
кеби жүйө, эп болуп,
эли тыңшайт тамшанып...

«О-о, акылмандан сөз качып кутулбайт турбайбы! Мына сөз, мына маани! Эки айрылышта жол көрсөткөндөй кылды го?! Токтогулдун көйкөлө чайпалган дилинен ошол кысталыш абалда төгүлүп түшкөн маниге тен бере көпчүлүк дуулдап турду.

II

Поезд...

Эки тарап тең майда адырмак жашыл талаа, эр кайсы жерден биртикеден дарактуу кыштак салынып, узун өскөн кара камыш тилкеленип, шалы, буудай, беде, түзгө айдалган пахта биринен-бирине алмашылат. Андан нары жыл да мезгилине жараша көгала бөксө, те алыста көк мунарык, улуу тоо баштары ак түрмөк булут алдынан араң көзгө илеше бүлбүлдөйт.

Поезд шакылдап жүрүп келе жатты.

Фрунзе эки колун артына алып, терезеден сыдыра салып турду. Бир кездеги гүл бурак чөптү аралап чуркап, ысык күндө боргулданып тердеп, карала калдырка» көпөлөк кууп ойноп жүргөн балалык бир күнү көңүлүнө келип, көз алдына жаңырып тартылып өттү. Жаңы ышталган сары чаначтан куюлган бурулдаган демдүү кызыл кымыз, кумдак жерге чарт жарыла бышкан ширеси аккан «басып алды»[1] коон эсине келди. «Мына күнү Мейримдүү, топурагы өнүмдүү асыл өлкө!» деди, бул жердин өткөн өтмүшү, келер келе жагы өз уулундай санаасын теренге тартты.

Поезд кыйкырып, шакылдап жүрүп кетип баратты.

Вагонго шашып адъютант кирип келип:

— Михаил Васильевич! — деп жиберди. Каракчы жүрөт, Михаил Васильевич!..

Бул жаш жигит чөлдө жайылып жүргөн көп төөнү көргөндө ушинтип кубанып чуркап кирип келген. Фрунзе жымыйып тиктеп, башын ийкеп, «төө менен каракчынын айырмасы чон, бала» деп, унчукпай тамбурга чыкты.

— Те тигини караңызчы, мал эмес, ирети менен турушат...

— Ырас, мал эмес. Баары атчан...

Иван Веревкин Фергана аскеринин штаб кызматчыларынан болучу. Ташкенден командачыны коштоп келүү милдети жүктөлгөн. Жолмо-жол алып келе жаткан кабарлары боюнча мындай кездешүү болору күтүлгөн эмес. Веревкин камтама болуп, дүрбү салып:

— Кайдагы жердин жарыгынан чыга калышты?! — деп мынкылдап калды.

Поезд шашылыш тормоз кылып, акырын жүрүшүн жайлады, ачуу чаңырык чыгарды. Те алды жакта бир топ жөө киши темир жол үстүнөн көрүнгөн. Буйгага качып калышты. Жол бузулган.

Поезд жолдун бузулган жерине жетпей сүрүлүп топ-топ, кайра артына жыла баштады.

Составдын алдында, артында, алыска атчу бирден замбирек, тамбурларда пулемет, командачыны күзөтүп барууга гана чектелген бир батальон бар болучу. Команди чанырып аскерин согушууга камдантып жатты. Фрунзе шашылбай дүрбү салып туруп:

— Өзүлөрү кол салмайынча ок чыгарылбасын! Деп буйрук кылды. — Бир дагы...

Көп өтпөй эки жактан аламан чуу чыгып атчандар удургуп чабышып, чабуул коюп калышты. Ошол замат «Ого-онь!» деген үн менен бирдей поездден пулемет атылды. Те алыстагы көп атчандардын бери алдына «күрс эте замбиректин огу жер челип түштү. Жайыла беришти

Фрунзе:

— Э, ак гвардиячыл офицерлер жүрөт ичинде, куруп кеткирлер... Тигине, түрк бөркү да көрүнөт... О-хо-о...

Веревкин:

— Бу каракчы Мадамин баарын чогултткан! Чет элден көрсөтмөчү, акылчы алган. Карабайсызбы, чак түштө командачынын поездине кол салууга батынганын?! Жөн эле вагондон бирден жетелетип түшүрүп алмакчы болгон экен а?!

Фрунзе:

— Эми, артка кетер жол бузулбай турганына ишенебизби, жолдош Веревкин?

Веревкин жооп айта албай санааркай калды. Фрунзе мурутунан жымыйып тим болуп, кайра дүрбүнү көзүнө кармады.

Поезд ылдамдаган сайын же ок жетпей турган аралыкта биринен-бири өтө желдире чабышып, арты куду өргөн чегирткедей чубайт, жаң-жуң кыйкырыгы угулуп, көп атчан жандап жүрүп баратышат.

— Гм, да, булар чабуулду кечкиге калтырып турушат, карачы камырашпайт, демек жол бузулуп коюлган. «Кайда качмак?!» дешкени эмеспи...

Жүрө түшө бир убакта поезд дагы созолоно ачуу кыйкырып, тормоз кылып, акырын жүрүшүн жайлатып калды. Күзөт командири чуркап жетип:

— Жол бузулган, өтүүгө болор эмес...— деп, абалды баян кылды.

---

[1] Б а с ы п а л д ы— коондун бир түрү.

Фрунзе:

— Поезд эч токтобосун! Ортодо нары-бери тынымсыз жүрүп туруп чабуулду кабыл алып, улам ок менен тосо берүү керек. Этият болгула, вагонго жетип жармашканы болбосун!

Күзөт командири кайра жүгүрүп кетти.

Поезд кайра артына жылды. Тигил тараптан кубанычтуу кыйкырык-чуу, бакылдап сүйлөгөн үндөр келип, дүрбү эле ат ойноктоткондору даана көрүнө баштады. Жакын эле жерден мылтык үнү чыкты.

Тамбурда турган жоокерге ок тийди. Фрунзе жетип жөлөдү. Иреци өчкөн Веревкин жүткүнө келип:

—Михаил Васильевич!—деп, үнү калтырап, экөөнү ең ичкери тартын кетти. Чаба жааган мөндүр сыяктанып, жабыла атылган мылтык октору «чак!», «чак!» деп темир эшикке тийип, «чувь!» эте кайып кетип жатты.

Фрунзе:

Мына... Буйгага өңүп жетип калышкан экен?..

Ире-шире күүгүм кирип келе жатты. Поезд акырын жылып, улам жолдун бузулган бир учуна жетип, кайра артына жүрүп турат. Те алыста, жанагы күндүз көгала болуп көрүнгөн бөксө адырлардын түбү ченде көп от жагылган, чет арасында караңдап караан көзгө чалынат. Теребел тынч, жакын эле жердеги шалыпаянын саздагынан бейпил бака чардап жатты. Түн улам коюулана берди.

Веревкин:

— Дареги өчтү го булардын! Көздөрү жетти белем ала албасына?..

Фрунзе:

— Коё тур, кымбаттуум, бир аз, чабуул эми болот түн жамынып...

Веревкин:

— Э-э!Те оттон бери келгенче каршы-терши түшүрүп салабыз!

Фрунзе:

— Сизди мага «жердин уун, элдин ыгын билген азамат» деп макташкан эле жолдош Веревкин! Сиз «каршы-терши түшүрүп салам» дегенден башка билбейт көрүнөсүз, кымбаттуум. Ошол оттон бери төшүн тосуп чаап отурабы?! Көрүп аласыз, алар алда качан бу тарапка өтүп келишкен, от жанында от жагар гана калган! Уктуңузбу?! Нары да ушул көөдөй түндө ким кароолго илинип бермекчи, вагондун түбүнө кирип келгенде жөн эле жакалашып калабызбы деп турам, Эч ойлонбой бу тарапты да көздөп туруу керек!

Ошол тапта караңгы жактан чуу, дүбүрт капилеттен көтөрүлүп, тарсылдап мылтык атылып калды. «Ур! Ур-а!» деген айгай чыгып, жөөсү жөө бойдон, аттуусу аттуу бойдон, кара камышты караңгы түн койнунда шатырата кыян сыяктуу каптады.

Көзгө эчтеме илинбейт, кыйкырык-чууну болжоп, дүбүрттү болжоп, бул жактан ар вагондон пулемет ок төгүп тосту. Поезд тынымсыз кыйкырып, күшүлдөп-бышылдап, тынымсыз нары-бери жүрүп турду. Эч качан мындай нерсени көрбөгөн элеттин аттары тике келбей, ээсин арманда калтырып кергичтеп үркүп, кежевдеп, биринин артынан бири жер көчкү сымал башмалдак атып жыгылды.

Бир убакта дым боло калган жымжырт арасынан эч шоокуму жок бөжөңдөп, карандап, мылтыгын бооруна алып, үч жактан үч топ өңүп келди. Жер боортоктоп жыгылып, ок тына калганда аманы кайра тура чуркап, поезддин тамбуруна илешүүгө аракет кылып кириштн. Жакындан таамай, төшкө такай атылган көп октон кыйрап, улам деми, мизи кесилип жатты.

Дагы жымжырт боло түштү. Поезд гана жай жылып, чаалыккандай солгун тарта куш-быш этет. Эки жактан тең кобурашкан үн чыкпай, эки жак тен демин ичине алып, аңдышып калышты.

Вагон ичи жарык, терезелери чып жабылган, тышка кылдай шоола чыкпайт.

Фрунзе жүзүндө эч камтамасы жок, ээгин саал таянып, унчукпай отурат. Тынч алып отура албай, иреци учуп, Веревкин карбаластайт. «Тез! Кол салып жатышат каракчылар бизге! Тез! Уктуңузбу! Бүт гарнизонду алып, тез чыгыңыз быякка! Тез!» деп, калчылдап сүйлөп, жакынкы Анжиянга да, Намангенге да радиограмма берди.

Фрунзе:

— Жолдош Веревкин, көп чуу чыгара бербеңиз. Бир жактан келсе болду эмеспи...

Веревкин:

— Жо, Михаил Васильевич! Сиз көп нерсе башыныздан өткөн, токтоо адамсыз, бирок мен бул жолдогу коопсуздугуңуз мойнума түшкөн адаммын, мен кол куушуруп отурууга акым жок. Мына, радиограмма жетери менен таскак уруп, эки сааттын ичинде биздин аскер ушул жерде болот. Көрсөтөм мен...

Тыштан поезддин командири кирди:

— Жолдош командачы! Дагы эле жымжырт! Эч бир кооптуу шыбырт сезилбейт...

Веревкин:

— Э! Булар ит сыяктуу эл, мен билем го, колунда таягың жок болсо келип асылат. Ыя, жарымы кырылып алып, куйруктарын кыпчышкан го!

Фрунзе ордунан туруп Веревкиндин сөзүнө макул болбой, ойлуу тарта башын чайкады:

— Кетишпейт! Бир орчундуу себеби болбой туруп, мындай оной олжону ким таштайт?! — деди. —Душман көп, бир тарабы бизди камап, бир тарабы бизге келе жаткан эрдин жолун торойт, оной эле быякка өткөрө коюшу жөн. Бизди замбирек менен атышы да мүмкүн.

Веревкин:

— Замбирек кайдан ушуларда, Михаил Васильевич?!

Фрунзе:

Эчтеме калган эместир илгеркиден, өзүлөрү ушул тапта жасай алышпайт, англистер замбирек эмес, мылтык (Зеришке жакшы үлгүрүшө элек. Бирок, Веревкин, ушу силердей дуулдаган жоокер адамдардын көз алдында куралган орус байларынын «крестьян аскери» буларга бирөө жарымды алтынга сатып койбогонуна толук ишене аласызбы?

Веревкин көзүн ымдалап дароо ой басып, ийинин кыса жер карай берди:

— Шайтан билеби...

Фрунзе:

— Шайтан эмес, кымбаттуум, мына сиз билүүңүз керек болучу. Демек, бул коркунучту да бар деп эсептейбиз. Отун үнөмдөлсүн, зарыл болуп калса бир вагондун ички жыгачтары жагылсын. Жер жарыгары менен жардам келишин күтүп отура бербейли, атышуу менен, замбирек менен калкаланып, жолдун бузулган жерин оңдоп, улам бузулганы кезиксе улам оңдоп, жакынкы станцияга жылыштай беришибиз керек.

...Таң кылайып, теребел улам жарыгып, ар кайда бир эрбейген боз караган, суйдаң жал камыш, адыр өтөгү, те көк асманга тирелген башын булут чала элек улуу тоолор эми шаңкайып, таасын көрүнө баштады. Түн бою үргүлөөгө чоло жок, кол куралга карышып, жылчыксыз караңгыны көзөп тиктеп чыккан кызыл аскерлер. Таңкы салкын жел жортмолойт, боз торгой чулдурайт. Жакын айланада кооптоно турган эч шабырт сезилбейт, жымжырт.

Шинелин желбегей жамынып, Фрунзе тамбурга чыкты. Кере дем алып, эки жакты карап: «Ыя, чын эле кетип калышканбы? Себеби эмне?» деп, ой толгоп турду. Веревкин туш тарапты дүрбү салып арытып жатты. Поезддин командири менен комбат баштарын чайкап, ийин куушура: «Да-а, бул жерден кетишкени менен, башка бир кысталышган аңдып, үстүндөн ок жаадырмакка асканын бооруна тырмышып турушкан чыгар?! Ким билет душман деген душман эмеспи?!» дешип, өзүлөрүнчө кобурашууда. Көзү дүрбү менен болгону менен, Веревкиндин санаасы кече кечте өзү чакырган жардамдын ушул убакка чейин бири да жетип келбей турганында: «Эмне шойкон болду экен? Баарынын көзү кашайып, уңтап калып, радиограмманы азыр алып жатышабы?! Же жолун каракчы бууп буйдалып калыштыбы?..» дейт. Бир убакта:

— Душман!—деп жиберди Веревкин, жакын эле бет маңдайдагы дүпүйгөн кош дарак жакка колун суна.

Тигине...

Фрунзе дүрбүнү алып карады. Жалгыз киши,— алды артында эч кыбыраган караан көзгө чалынбайт. Көп арытып карады: ,

— Жалгыз. Поезд ага ушул жерден даана көрүнөт. Демек, ал биз жакка атайын келе жаткан неме...

Жалгыз киши улам берилей, эки колун көтөрүп, жалаң аяк экен, жакындаганда шашкандай логлоп чуркап келди.

Мылтыкчан эки жоокер алдын тороп, ал жетери замат эки жагынан желкеден алышып, командачынын алдына чыгарышты.

Башында терге манланган карала топу, ийни жамаачы ак көйнөк, белин тарки кеткен эски көк жоолук менен шалкы курчанып алган, көйнөгү сыяктанган эле чамбыл дамбалын балтырына түргөн, биртке кыркма кара сакал-муруту бар, ирең кара чүйкө — оор жумуш алдында жанчылган адам.

Демигип, эки көзүнө жаш кылгырган. «Сурап отурбайт, колуна тийгенди орус давла кылып ойнойт экен, итке талатат экен!» деген каңшаарды уккан эмес дейсизби?! Үрөйү учуп турат. «Чон төрө ушу го?» деди белем, баарынын кабагы үйрүлүп, заары аппак болуп көзүнө чыгып турган Веревкинге жал-жал карап, бирдеме айтмакчы болуп, тамагы кургап кеткен неме үн чыгара албай, бопбоз эринин жаланып токтолду. «Менин күнөөм жок, сөз ук, төрөм!» деген жан айласы тышында.

Веревкин:

— Тыңчы!

Тиги көзүн ымдалап, эмне дегенине түшүнбөй нестейди. Бирок, сөзүнөн мурда төрөнүн темир менен таш чапкандай чагыр үнү быт-чыт кылчудай каардуу үрөйү анын эч ырайым кылбай тургандыгын бат туйдуруп, тигинин этжүрөгү калтырады. Веревкин дагы күчөнүп, кашын чимирип келе жатканда Фрунзе колун саал көтөрүп, аны токтотту.

— И, кайдан адашып жүрөсүз?

Тигил жалт карай, кыргызча сүйлөп, мурутунан жылуу жымыйып турган төрөнү көрүп, анын терейден уюлгуп кайнагансыган жашыл көзү көзүнө урунуп:

— Вай, садагаң кетейин! Өзүбүз белемсин?! — деп жиберди, эки ийнинен энтигип. — Тилмечсиңби? Садагаң кебин, айтчы төрөгө, менде эч күнөө жок, кара оокатынын үйүндө жүргөн бир кедеймин, атайы келдим силерге, жаман ниетим болсо кудай урсун!.. Фрунзе:

— И? Шашылбай айтыңыз, тууганым...

Тиги:

— Кетти тигилер! Ушерде бөөдө туруп калышабы деп... Ошону айгайын деп...

Веревкин:

— Бу, мен билип турам, азгырганы келген неме бу...

Фрунзе дагы колун акырын көтөрүп, Веревкиндин жаагын басты. Веревкин эми таарынгандай, «эмне болсоң ошо бол» деп, ак жеринен кагуу жеген адилет адам сыңары кайгылуу кабак көрсөтүп кыйгачтап туруп калды. Фрунзе кабарчыга тигиле карап, үрөйүнөн чын же калпын баамдамакчы кыязда унчукпай сөз акырын күттү. Тиги Веревкин жакты бир тиктеп алып:

— Төрө ишенбей жатабы? — деди акырын. —Мен өмүрүмдө калп айтып көргөн жан эмесмин. Жаныма не күч келди калп айткыдай?!

Фрунзе:

— И-и, ишенебиз, тууганым толугураак айтыңызчы, ашыкпай...

— Кудай бетин салбасын, деги көп кошун болчу. Кечинде төөгө тарттырып, эки замбирек алып келишкен, башкарып эки орус төрө жүргөн. Бирок, түн жарымында «пайызды кармабагыла» деп, Мадамин-бектен чабарман келген имиш. Көр-Шермат, анан дагы бир түрк, бир орус төрө башчылары бар болучу. Жүдө капа болушуп, күңкүлдөп Мадамин-бегин өзүлөрүнчө аябай сөгүшүп, араң эле кетишти дейт...

— Эмне үчүн антип буйрук берди экен Мадамин-бек, биле алган жоксузбу, кошун ичинен бирөө жарым кеп кылган жокпу?!

— Жок, «уктум» деп, кантип ыйманымды жейин?!

Фрунзе башын ийкегилеп, дагы толгонуп, кабарчыдан көзүн албай ойлонуп калды. Тиги минтип баарын оозум тиктеп, сүйлөсө бири да кут этпей кулак салып, көзүнүн агы менен кошо тегеренгидей болуп турганын байкады да, купуя: «Э-э, анык төрө бу белем, «тилмечсинби» деп, каарына кала жаздаган турбайымбы?!.» деп, эми Фрунзеден көзүн албай дилдиреп, бир курсеси

кетип, жанагыдай батыл сүйлөп кире албай, көз көрүнөө бүжүрөй түштү.

Фрунзе:

—Сиз өзүңүз эмне кылып жүрдүңүз эле мында?

Тиги көзүн ымдалап, ой басып токтолуп кеп урду:

— Шалысын багам байымдын, жумуш кызуу эле, жүргөй элем, анан кокустан эле кошун келип калды. Ыя? Оюңузга жаман ала көрбөңүз, төрөм, мен кошунуңда жокмун.

Фрунзе:

— Эмне ой жетелеп келди сизди бизге?

Тиги эми оозун жарым ачып, нес болгондой көзү ирмелбей тиктеп калды. «И-и, эми эмне дейм? Үн дебеген үйдөй балээден кутулат деген ырас белем, жөн жүрсөмчү ай?!» деген өкүнүч ой дароо басты.

Бул экөөнүн ортосунда эмне сөз болуп жатканын биле алышпай, үйрүлүп турган кызыл аскерлер ар кимиси ар башка ой жоруп, бирде командачыга, бирде тиги бүрүштөгөн жүдөө кара кишиге таң болуп турушту.

— Бу киши,— деди Фрунзе,— тигилер кетти дейт. Жолду тез ондош керек, жөнөйбүз.

Веревкин карап туруп, купуя кейип, башын чайкады:

— Михаил Васильевич, ишенүүгө болор бекен ушуга?! — деди аргасыздын кейпин кийип, майышып.

— Ну, Иван Иванович,— деди Фрунзе мурутунан жылмайып,— дагы «мен билем го буларды» дегени турасыз, сизден башка да билгендер чыгып калышы мумкүн эмеспи?..

Темир жолдун бир жеринен темирин жаздык жыгачтары менен кошо оодарып, сүйрөп ташташкан экен. Аралыгын бир кулачтай кылып казып да салышкан. «Муну төө менен тарттырышкан экен» деп болжоду Фрунзе.

Жол ондолуп бүттү. Фрунзе жол алууга буйрук кылды. Кедей дыйкан менен кол алышып:

— Кош, жерлеш,— деп коштошту.

Бул өлкөдө көп жыл кызмат кылган Веревкин айрым сөздөрдү түшүнчү, бирок атайын эч качан түшүнөм деп айтчу эмес. «Жерлеш» деген сөз кулагына илине калып: «И, тапты го жерлешин онон жерден?! — деп, тан калып тымызын башын чайкады.

Фрунзе жумшак орунга бата жаагын таяган бойдон көзүн сүзүп, бир аз тынчтана калды. «Мейли, эс алсын» дегенди туйдура бирин-бири тиктеп, ар ким отурганы отурган, турганы турган жеринде былк этишпей жай кылтылдаган поезддин жүрүшүнө термелип келатты. Үргүлөө кайда?! Фрунзе улам теренге сүнгүп ой-санаа менен, «эмне үчүн» деген суроо менен өзүнчө, жеке купуя кармашып отурду.

«Эмне үчүн? Эки замбиреги бар экен, Түн жамынып жакын келип, түз мелжеп ок чыгарышса албетте, биздин абал кыйындап калмак. Ыя, атайын куткарган сыяктуу иш болду го? Эмне үчүн? Кандай ой менен, эгер «атайы» болсо?..."

Фрунзе көзүн ачып:

— Ыя? Эмне үчүн? — деп, ордунан тура суроо менен кайрылды жанындагыларга, жанатан берки сөздөн көнүлү алаксый түшкөн кищилер карбаластай калышканда, андан нары маани улап, ойду азгыра тынчытпаган көнүл күдүгүн ачык ортого салды. — Ыя? Кенеш өкмөтүнүн коркунучтуу душманы биздин ким экенибизди биле туруп, атайы куткарып жибереби? Муну эмне деп түшүнсөк болот?..

Кай бирөө:

— Мен, Михаил Васильевич, өзүңүз менен кошулуп жаны келген адаммын, бу азияттардын дагы кандай куулугу катылып жатканын биле албайм.

Кай бирөө:

— Оной деп келишип, окко кабылышып, андан сон эчтеме кыла алышпасына көздөрү жетишти го. Көбү куру кыйкырыгы менен кайыш камчысынан бөлөк эчтемеси жок топураң эмеспи...

Веревкин:

— Мен, кечирип коюңуз, Михаил Васильевич, «билем го буларды» дешке дагы эле батынып айтайын, бул алдоо. Тиги жер алда канча жазы, түз каптап кирүүгө алар үчүн

ынгайсыз жер экен, ичинен бир кыйды табылды да, башка өзүлөрүнө ылайык өнүткө, башкача айтканда, бир өткөөл кысык жерден тосмок болушкан.

Фрунзе:

— Муну да болбойт деп болбойт,— деп койду ордунан тура. — А менин баамымда, жолдоштор, Мадамин-бектин көңүлүндө бир оош-кыйыш болуп жаткан окшойт. Окуялардын кийинки өнүгүштөрү көп эле нерселерди кайрадан карап көрүүгө мажбурлап жатпайбы?! Ыя, оош-кыйыш болуп жаткан болсо, ал эмне болду экен?..

Эч ким унчукпай, жооп ордуна кайра Фрунзенин оозун баары тиктеп калышты.

Фрунзе:

— Мени аягыдай бектин атасынын абагайы эмесмин, кайта анын түбүнө чындап жеткенн келе жаткан немемин. Ушундай эмеспи? Ушундай! А эмне үчүн ушундай душманын мындай кысмактан бошонтуп жиберет? Дөдөй деп айта албайм! Же, илгери бул элде жоолашып калышса эки жактан эки баатыр ортого чыгып беттешип, бири мертинсе ошол мертинген баатыр жагындагы кошун жеңилди болуп кайра тартышып жүрүп берген, ошол сыяктуу бек мени менен жеке бетме-бет келишүүгө көңүлдөнүп турат дейлиби?

«Муну да болбойт деп болбойт» дебеди бири да. Веревкин айтканын өткөрө албай айласы куруган көсөм адамдын кейпин кие акырын жер тиктеп, улутунуп койду. «Биз нечен жолу баш ий деп, нечен жолу катуу ультиматум коюп көргөнбүз. Сөздөн айлансын!» деген сөз оозуна келип турса да, тиги эки көзү шоктоно үмүт оту жанып, өз кыялына өзү элирип турган Фрунзенин жүзүнө беттей албады.

Теребел мемирейт. Көк буудай, сыя ирең эрте айдалган беде жайкалып, марзеге[1] тигилген бир кылка мукул тыт биринин артынан бири куушкандай саналып калып жатты. Поезд уламдан улам тездеп, күүлөнө катуулап баратты.

Ошол эле күнү көчмө штабы менен Фрунзе Анжиянга келип түштү.

III

Мадамин-бек тике турган бойдон үстөлгө үңүлүп, өзү жаңы курап жаткан аскердин саны, куралы, оокат жайы жазылган кагаздарын караштырып турган.

Тыштан акырын басып, наиби Мырза Сали кирди да, Калкожо эшен саламга келип турганын акырын айтты. Мадамин-бек унчукпай башын ийкеди. «Келсин» дегенди туюнду да, наиб кайра чыгып кетти. Баятан бери көзү кагазда, ою алда кайда кетип турган Мадамин-бек эми көңүлү бөлүштү болуп, эшик жакты аяр тиктеп, кожо менен эмне деп сүйлөшөр сөзүн ойлогон кыязда эрдин кымтып, токтоло калды.

Калкожо улагадан эле муңайым салам айтып, кадыресе ийиле бекке таазим кылды. Мадамин-бек төрдөн берп жылбай, эч жаман ою жок, кызыккандай гана кадала тиктеп, тигинин тегин атайын көтөрө чалып:

— Келиң, кожом,— деп, жылуу алик алды, бою узун, төбөсү шып тирейт, кызыл жүздүү, кырдач мурун, муруту капкара, эки көзү бийиктен имерип тиктеп балбылдайт. Калкожонун көзүнө Мадамин-бектин кийип турган орус офицеринин көк көрпө бөркү, портупеялуу саргылт жашыл френчи, тигишине кызылдан ыскыт кармаган шымы чалынды өзгөчө. «Муну кара ыя, сагызгандай жасанып ала койгонун кара, ыя?!» деди ою, ал кийе турганды мурда жетип бу кийип алган сынары ичи күйдү.

Мырза Сали арстанадан Калкожону бери коштоп, Каложо келип ийиле Мадамин-бектин колун алып, сыга-сыга кяпмап, өтө урмат белгисин кылып, өз жүрөгүн тарта басып көрүштү. «И-и, ошент, ишнң илгери болгуча итиндин арабасын тарт, кожо-ом!..» деди өзүн-өзү аяр ою. Мадамин-бек колун суна төмөнкү орундукту көрсөттү да, көнбөгөн Калкожо орундукка коомай көчүк басканда, өзү төркү орундукту тартып отурду:

— И, жол болсун, кожом?..

Калкожо жер тиктеп, өтө кабатыр болгон өңдөнүп:

---

[1] М а р з е — эки айдоо жердин ортосун бөлүп турган кыртыштуу жээк, чек.

— Э-э, бек,— деп сөз баштады,— дин-Ислам үчүн, шор баскан мусулман үчүн башын сайган пенде гана кара жолдо чан жутуп жүргөн убагы эмеспи бу күндө?!

Бою орточо, курсактуу, кыркма кара сакал койгон, башында кичинекей көк селде, кудай жолунда жүргөн сопу кийчү жука боз чепкенчен, ички көк камзолго курчанган ботокурунда смитвессон салаңдап жүрөт.

Мадамин-бек унчукпай имере тиктеди. Кожонун көзүнүн төбөсү менен мыкыр тиктегени, кирки үнү ырылдаган тажаал кара мышык өндөнүп, ага суук, жат сезилип кетти. «Дин-Ислам үчүн, шор баскан мусулман үчүн» имиш?! Муну канча кишиси бар экени, колундагы күмүштөгөн камчысы менен белиндеги смитвессонунан ашыкча карманар куралы жоктугу, аны ээрчигендин баары еңкөй кески экени такталган болучу.

— А түзүк! — деген болду Мадамин-бек. — Бирок, кожом, «дин-Ислам үчүн» күрөшкө кошун керек ко?

— Жыйырма...

— Курал жайы кандай?

— Кудай берем десе...—деп. жообун үмүткө коюп, мыңкылдап калды Калкожо. Анын ою Мадамин-бектен курал алыш.

Мадамин-бек жымыйып:

— Э-э, белимдеги огу жок көсөөдөн башка эчтемем жок деп, ачык эле айта бербейсизби, мусулманым?!—деди, үнүнөн кекетүү да, кейиш да угулду. — Мейли, аз болсо да мейли, көл бир тамчыдан куралат дейли. Жыйырма кишиниз кимдер өзү?! Эл ишенип ээрчий турган, көзгө да, сөзгө да токтомдуу кадыры бар адамдарбы?

— Бек,— деп, Калкожо өйдө карады, Мадамин-бектин көзүнө такат берип,— кудай алдында баары пенде бир йенде эмеспи?!

— Кудай алдында бир, бирак өз ара, эл ичинде пендеңиз ар башка — бири ууру, бири алдамчы, бири каракчы экен го, кадырлуу кожом?! Сиздин кураган жыйырма кишиңиз ушул санакка кирбейби? Жыйырмасы тең!

Калкожо жер тиктеп томсоруп, эки уурту тултуюп мурда эле көн теридей кара ирени көгөрүп, ичи кымкуут бир айласы куруй, бир чарт жарылчудай эрдин кыжырлана бек кымтый, тымпыйып отуруп калды. «Сен,өзүң кимсиң?! Ой?! Сен баягы Мадаминсиңби?! Ыя?! Шыбырга айдалган Мадамин сенсиңби?!» деп, чарылдашып, жакалашып кетмек бир ою. «Жо, антпе, коё тур, азыр алышкан менен алың жетпейт!» деди аярлыгы.

— Кожом,— деп, жайма-жай саласал кылды Мадамиң. бек,— биз аскерди жауропа тартибине тартып жатабыз, эл таламай менен күн көргөн каракчы буга көнө албайт, көнгөнү курусун, эски үйүтүн таштабай аскер ичин былгытаг, эл көзүнө баарыбызды жаманатты кылат. Сиз бекер оокат ичирип, бекер дүйнө талатканыңыз үчүн гана жаныңызда жүрүшөт. Чынбы?

Калкожо «чын» деген жок, ордунан жулунуп туруп, этегин далбактата арстанага барып токтоп, кабагын үңүрөйтө кылчая карап:

— Майли, ха майли! — деп, калчылдап сүйлөдү. — Кудай ар маглукка өз ырыскысын атаа кылган! Биз дагы...

Боз чепкендин этеги булак дей түшүп, коштошпой Калкожо чыгып, эч ким алдын тоскон жок, жеткенинче кара жалдуу сур аргымакка минип, кыжына мурдунан сөгүнүп, темине жөнөдү. Жыйырма уурусу куйрук улаш ээрчиди артынан. Кожо артын каранбай, «шашпа, ушу сениби, шашпа...» деп, өз кара ниетине өзү аптыгып, эки этеги канат болуп делбелектеп чапты.

Калкожо атасы Лютфулла эшен сыяктуу эле «эшен» атыгып калганы менен, башка эшендерге оңщоп биротоло кудай жолуна түшүп сакы болуп, же сыркоого дем салып, кайырына дува берип, тынч отуруп кала элек. Өзү жашынан албуут өскөн, эстейген сайын байыркы халифтердин таржымалын, өткөн асрдагы «дин-Ислам үчүн» деп жортуул кылган кашкарлык Жангир кожо жайыңдагы икаяларды көп окуп, ошол рухка сугарылган. Ошондой бир кымкуут окуяларга аралашмак, ал дагы «дин-Ислам үчүн» деп атагын чыгарып, мусулмандарды түгөл түрө айдап кошун жыйнамак. Кол жетсе кана?! Бул дүйнөнүн үч кызыгынын бир кызыгы — киши кан менен ойногон өкүм бийлик даамын бир татып көрмөк зардеси аны эч тынчытпайт. Тигине ак паша тагынан түшкөндөн соңку көп оош-кыйыш

арасында эл толкуй баштады. Бай десе бай, тектүү десе тектүү кожо тукуму Калкожо эшен баштан турган ыйык ишти кайдагы бир жадид Мадамин баштап, анын ана шыбагасы болгон түркстан өкүмдарлыгын орго жоло бөөдө жулуп кеткен сыяктуу ичи ачышты. Ыя, ыкыбал, бакыт алдынан кыйгап өтүп кеткенби бу? Жок, бул кайгысын моюнга алып отуруп кала бербей, кайра кыжынып, эл ичиндеги өнкөй ууру-кескини кагыштырып чогултуп, мурда да эшигинде жүргөн мүриддери болгон, «өзүнчө аскер курамакчы» болуп, далбас уруп көргөн. Бирок, өзү аскер курап үдө кыла албай, «кой, таксырлап жакын жетели, кызматын кылып көңүлүнөн өтөлү, кийин кудайдын бир буйруганы боло жатар, кимдин алдына ким жыгылганын эл өзү байкай жатар» деген аяр ниети жетелеп, тымпыйып Мадамин-бекке кошулмакка келгени болучу.

Келгенине өкүндү кожо. «Ыя, кайсы шайтан азгырды менн, ыя?!» деп, ындыны куруду. «Баягы Калкожо эшен курун мойнуна салып алдына барган экен, бек кууп жибериптир, кесириң тиет дептир, кескилеринди ээрчит да жогол дептир» деген сөз чыгат, элге жайылат. «И, ушундан сонра сени ким ээрчийт?!» деп, өзүн-өзү сөктү.

Ушул бойдон бөгүп калган жок Калкожо. Оштогу үйүнө келип, жума күндөрү мечитке барып, мусулмандарды имам болуп алдына отуруп, намазга жыгып, намаздан соң «тургула, о дин мусулман балдары, пашасы жок каңгырап турган чагында тургула каршы каапырга, өлтүрсөн газы, өлсөн шейит болосуң, каапырдын мүлкү сеники» деп, күнкүлдөп үгүт кылды. Сулайман Тагы мазарына чогулган дуваналарды ак урдуруп, бул үгүтүн кыштактан кыштакка жайды...

Көк тушарга келген жаз убагы эле. Калкожо оолжуп, ат үстүндө зикир чалып, «Йа, алла! Йа, алла!» деп дуваналар көтөрө чалып коштоп, кара жолго Кожо-Абад кыштагынан чыкты. Жол боюндагы көк майданда кош ат чегилген беш алты араба, үстүндө жүгү бар токтоп турган. Сары чачын сеңселтип жалаңбаш аялдар топ-топ болуп ар жерде отурушат. Кубалашып майда балдар ойноп жүрүшөт. Бир топ эркек өзүлөрүнчө сүйлөшүп басып турушат. «Э, жүзүң кургулар, каапырлар белем?!» деп, Калкожо жүзүн үйрүй берди. «Йа, алла! Иа, алла!» деп зикир чалды. «И, ким болду экен булар? Каяктан келе жаткан немелер? Кайда барышат экен?» деп, көңүлү улам оой берди. Мындай кыркар тартып ак урган дуваналарды жаНы көргөн ойноо балдар кызыгып кара жолго дуулдап Жүгүрүп чыгып, жардап калышты. Дувананын калчылдаган бийин, акшыңдаган көзүн, оозунаи чыккан ак көбүгүң тиктеп, таңыркашып, кай бир шоктору ээрчип, ошондой кыйшандап туурап, ышкырып оштонду. Узун бойлуу, кара мурут, ирени да кара сур адам тез басып келип, шок баланы тыйды.

Офицери, бир ныптасында жыгач каптуу чоң маузер салбандап жүрөт. Калкожонун кызыл көзүнө маурер дароо илинди. «И-и... куралы бар экен го, куралы?..» деди өңгөчүн тартына тымызын.

— Салам! — деди офицер жадырап күлмүңдөп.

«И, тил билет ко?!» деди ичинен Калкожо. Колун жаңсап, дуваналардын үнүн басты да, алик ордуна башын биртке ийкеп, офицерди имерип тиктеп, эки көзү дагы маузерге кадалды. Муну сезип, маузерин оңдонгонсуп сыйпалап коюп:

— Биз жолоочу,—деди офицер, ушунусу менен «биз эчкимге тийбейбиз» дегенди туйдуруп,— темир жолго чыгабыз, андан соң поездге отуруп үйгө кегебиз.

Булар падышанын өткөн согуштарында туткунга түшүп, бул жакка айдалып, аскер иши боюнча көсөм катары ар кайсы гарнизондо кызмат өтөп жүргөн, падыша тагынан түшкөн соң өз мекенине кайтып кетүүгө уруксат алган европалыктар болучу. Оштон чыгып, Анжиянга баратышкан.

— И, үй кайда, төрөм? — деп сурады Калкожо сөзгө алып имерип.

— Оо, үй алыс, аксакал,— деди тиги, ушул кезде ким менен болсо да ыкка көнүшө, душманы болсо да кечирише турган, кабагы жарык, туткундан кутулуу деген кубаныч өрөпкүтүп салган,— поездге отуруп, бир ай жол кетебиз, үй алыс, аксакал, үй алыс.

Ою «жолуңар ачылсын, мекениңерге эсен жетип алгыла» деген сөздү күткөндөй. А Калкожо камына баштаган жолоочуларды бир сыдыра тиктеп, көзүнө дагы ар жерде бир соройгон мылтык урунуп, жүрөгү дүкүлдөп какты.

— Э-э, үйдөн бир карыш чыксан мусапырсың, мусапыр турбайсыңарбы, кудайдын пенделери,— деди жүзүн жылуу кылып.

— Эчтеме эме-ес, кетип калабыз.

— Күн кечтеп калды го, аттиң ай, Анжиянга далай жол бар али! Ыя, мейман болуп, эртең таң азанда кегкиле. Биз пайгамбарыбыз башка болгону менен, Адам атанын эле балдары эмеспизби?! Ошенткиле...

— Ыракма-ат,— деди офицер ыраазылык билдирип, Ыракмат!..

Калкожо кайра өтүндү, эки колун жүрөгүнө коюп, ыйманын ортого койду. Адамдын жүзү жылуу, тили ширин эмеспи, жок деп кесе айта албай тиги кыңырылып, өтүштү жолдошторуна айтып, бири баш чайкап, бири баш ийкеп, көпкө калсылдашып калышты. Калкожо бир сөзүн түшүнбөсө да көшөрүп тыңшап, ар бирин бир тиктеп, жумшак жылмайып, буларга чындап боору ооруган түрү менен туруп, маакулдук күттү. «Кой, эмне бар сырын жакшы билбеген элдин ичине?!» деди бири. «Чакырып жатпайбы, бул эл мейманга эч качан кара санабайт, мына бу жети балдарды жылуу жаткызып алып, эртең танда кетебиз да!» деди бири. Ал Калкожо те кара жолдун үстүндөгү дүпүйгөн дарактуу кыштакты камчысы менен көрсөтүп, жакын эле, жүргүлө» деп, азазил болуп азгырып турат.

— Ну, мейли, пейлиңизге ыракмат, аксакал, баралы,— деди офицер,— эртең эртелеп жолго чыксак түшкө поездге жетебиз, шашылышыбыз жок.

«Но-о!» деген үн жанырып, араба кыйчылдап, жолоочулар кыркар тартып, чоң кара жолдон бурулуп, чубап жөнөп калышты. Жай даярдап күтүп алыш үчүн алдыга киши чапты. Тил билген офицерге өз кишилеринин биринин атын жыгып мингизип, жанына катар бастырып алды Калкожо.

Кош дарбазалуу чон коргонго киришип, бойронун үстүнө килем төшөлгөн чарпаяларга жайланышып, бапырашып, жолоочулар онуп калышты. Коргон ээси эч унчукпай, Калкожо көз шилтеген жакка бутунун учу менен жүгүрүп, жикилдеп мейман күттү. Торпоктой кара шишек дароо союлуп, чон казанга шырылдап палоо быша баштады. Жыйырма үй-бүлө австро-венгер туткун ал коргондон кайра чыккан жок. Калкожо бирин койбой, жаны баскан наристе баласын да калтырбай түн жарымы өткөн ченде канжарлап сойдуруп, «ким көрдү» кылып таштады.

Эртеси жигиттери бирден мылтык асынып, Калкожо өзү баягы көз өткөн чоң маузерди салбактата байланып, коргондон ат ойнотуп чыкты:

— Аттан! Уа!

Тарс! Тарс!

Тирилигинде жүргөн бейпил журт нестейди, мылтык үнү, өрөпкүгөн кыйкырык чоочутту.

— Йа, алла! Йа, алла...—деп зикир салып, муриддери коштоп теребелди жаңыртты. — Дин-Ислам! йа, алла, дин Ислам!

Түн айсыз карангы, камыш чатырлуу отуздай бирине бири жакын, ыктай салынган отуздай тамы бар мужук кыштагы Петровка мемиреп бейпил. Ымырт жамынгаң көп атчан кымырылып жетти. Шырп сезген ит үрүп, бироң эч ким ойгоно койгон жок.

— Кана, деди ээрге өбөктөген бирөө.

Топусунун үстүнөн башына жоолук таңынган кишилер үрөйү ымыртта даана көрүнбөй, узун этек кара чапандың койнуна катып келишкен мышыктарын сууруп, чыгышты да, ар биринин куйругуна лапкемайга[1] чыланган кебез байлап жүнүнө да шыбап, анан өрт коюп коё бериштң, Кече күнү гана Калкожо «чычкан алдырыш үчүн» бирден койго ушул кыштактын өзүнөн алмаштыртып кеткең мышыктар болучу. Жаны калбай баулдап бакырып, этине жабышып бараткан оттон качып, үрөй учура кыштакты аралай чабышып, үйрөнгөн өз үйлөрүнө жетип, дубалына тырмышып, чатырына секирип, бир заматта бир нече камыш чатыр шатырап күйүп чыкты. Ич кийимчен жылаңач катын-калач, бала-бакыра көчөгө качып, кыштак ичи ууч-ууга толду. Жымырап бейпил жатканда өрт чыгат деп ким ойлогон?! Эси кетип, кол серелеп кыйкырып өйдө-төмөн чуркагандан башка эмне айла болмокчу?! Жел менен от кошо учуп, өрт үйдөн үйгө өтө баштады. Ошол кыяпта кичинекей кыштактын үч көчөсү менен кыйкырык чуу

[1] Л а п к е м а й — «лампа май» дегендин бузулуп айтылышы, керосин.

көтөрө жанагы ымырт көшөгөсүнө далдаланган көп атчан каптап кирди. Тарс! Тарс! Мылтык үнү түндү тең жарып, тиги өрт жарасында калдастаган мужуктар ок жеп, төбөсүнө көк келтек күрс чабылып жыгылып, кайра оңоло сендиректегенин ыргыштаган ат өмгөк менен коюп кетип жатты. Өрт аралап өтүп, нары кара ымыртка бон урган мужук гана жанын куткарды. Төрт дубалы, сороюп морулары гана калып, Петровка додо-додо күл болуп жатып калды.

Бу түнкү жортуулунан соң Калкожо эшен өз оюнда да, өзүндө исламчылдын көзүнө да зоболосу»бийиктегенсип калды. «И, эми эмне дер экен?!» деп мардемсип, бекмин деген Мадаминге бир жолугуп, бир кыр көрсөтүп, ансыз деле минтип дин-Исламдын ишин Калкожо өзү баштаганын туйдуруп, жамы Түркстандын жакшыларынын курултайына андан кадырлуурак болуп, же ага тең ата болуп кирүүнү көксөдү. . -

Ыйык түс көк селде чалынып, бешенесин байыркы өкүмдарлар сыңары лал[1] менен шөкөттөтүп, тайлактын жүнүнөн кылдатып согулган ак быязы чепкен кийип сөөлөт тутунуп, эми Калкожо көз көрүнөө өзүнчө көк туу көтөртүп.

— Калкожо! Калкожо! Дин-Исламдын зулпукары Калкожо! — дедиртип кыйкыртып, Мадамин-бектин кошуна ашкере дымак менен келди.

—Азь-саломи алейку-ум! — деп, атайын кыраатын созо салам айтып, бу сапар таазим кылбай, эч кимден ийменбей кирди бектин үстүнө. Дагы көзүнө Мадаминбек биринчи чалынды, ал кыя тиктеп, бир уурту жымыйып турган экен. «Тигине, мыскылдап турганы го?! Баягы Калкожо дегени го?!» деп жини келди Калкожонун. Киши кеп экен, кыркар тартып улагага чейин отурушкан, бир кеп-кеңеш куруму сыяктуу. Суз алик алып төрдөгүлөрдөн бири дагы былк этпей, эн этектеги жигиттер гана козголгон, турган болушту. Сыдырып бир тиктеди Калкожо.

Мадамин-бектин бир жагында Наманген уездинен келген кадырлуу Ажымат, бир жагында мурдунун алдына биртке кыркма кара мурут коюнган, төбөсүндөгү чачысы бир таласына саландап турган сыпаа кызыл бөркчөн, бейтааныш. Ирени кара чүйкө, өз арманына өзү чөгүп жүргөн бирөө көрүнөт. «Ие, бу дагы кайсыл акылгөйү? Ыя, бу жадид Мадамин кайдан табат мындай адамдарды?» деп, ичи тарыды Калкожонун. Дагы бир сары мурут, боз көз, мелтейген орус төрө отурат. «Эмчек салса каапырдын да сүтүн эмгиси келет экен го?! Ыя, бу эч ылгабайт экен го?!» деп ызырынды Калкожо.

— И, келиңиз, эшен,— деди Мадамин-бек жай. Жанагы азгын адам, «эшен» деген сөзгө кызыктыбы, Калкожого көңүл коё калды. Мадамин-бек ага акырын бирдеме айтты, тиги башын ийкегилеп, өзүнчө ойго батып, андан соң Калкожого дагы кыя карап койду. «И-и, чагып салган экен мунусуна да!» деп жини келди Калкожонун.

Ирени суук, бир көзү ыкшырайган кылыр бирөөнүн жанынан Калкожого орун шылганды. «И-и, өзүнөн төмөн бештен кийин отургузду го?! Ыя, ушу менин теңимби?! деп, Калкожонун бир ою: «Өз бааңды көрсөт, туруп басып кет!» деп кыстады. Тизе кагышкан үрөйү суук Көр-Шермат болучу, аны Калкожо таназарына алып да койгон жок, көзүн ылдый кылып, өзүн бектин ордуна төргө коюп көз алдына келтирип; «Йе, жараткан, бар болсон бер ушу санаамды! Неге ниетиме саласың деги бербей турган болсоң? Ыя?!» деп, кудай менен купуя акылашты.

— Өзүңүз келгениниз жакшы болду, эшен,— деди Мадамин-бек,— сизди өзүнчө «аскер курап», он эле мылтык менен «дин-Исламдын зулпукары» болуп калды дейт ко, кана айтыңчы, бу отурган жакшылардын алдында өзүндөн угалы?

Такык сыяктуу башталышы Калкожонун итиркейиң келтирди. Эрини бек кымтылып, Мадамин-бекке кадалды «Эй! Бу куу шыйрак жадид мени суракка кириптер кылганы отурабы, ыя?!» деп, кыйла дымак күтүп калган Калкожонун көөдөнүндө заары буркан-шаркан. Мунун баарын көрүп, бир кур таң калып: «Атаны кутурган кара мышык ай, кебетесин?!» деп мыскылдап, аны сайын-жек көрө:

— Ыя? Бу сизди «бүт каапырды чапты» дейт ко?! — деп кысмакка алды, тиги атырылып бирдеме каяша сүйлөгөнү обдулганда; — Токтот!—деп, катуу зекип басып таштады. — Токтот! Ыя, эмне жамандыгы бар эле сага тьищ жаткан бечара мужуктардын?! Ыя?! Үйүн ерттөпсүн,

[1] Л а л — кызыл асыл таш, рубин.

катын-баласын кызыл жаян кылыпсың! Ушуну менен сең не муратка жеттиң, ыя?!

Деми бир аз канта түшүп, Калкожо эки жагын бөөдө жеме угуп жаткан кишидей арыздана тиктеп, элди калыстыкка чакырып колун жайып:

— Эй, мусулмандар, эй! Мына бу кудайдын пендеси эмне дейт, ыя? — деп, канырыгы түтөгөндөй басмырт күнкүлдөп кирди. —Эмне деп турат, ыя? Каапырга жан тартып отурат го!

Мадамин-бек окуп көзү ачылган, заман тааныган адам. Тиги дин жагын карманып сүйлөп отурат. Жакшылар ман болуп, кеп акырын андып калышты.

Калкожо:

— Йе, мага не азап жөнү жок эле каллемди[1] окко тосуп, ыя? Билсеңиз, мен пайгамбардын ишин улантам деп каллемди окко тосуп, соодамды таштап газаватка чыгып отурам, бек!

Кадырлуу Ажымат башын чайкады:

— Өзү катылбаган кайридинге кол көтөрүү түгүл, «акысына, аманатына кыянат кылба» деген пайгамбарым...

Мадамин-бек: .

— Эмне өз жолу менен кетип бараткан мадыярлар, кошчу мужуктар казынанды аңтардыбы, же мусулманчылыгына акаарат кылдыбы? Эй, сен өзүн, эшен сөрөй, сен өзүн түн жамынып барып тамына өрт коюп, киши өлтүрүп, андан сон донузун чыныртып айдап кетипсиң го мужуктардын?! Сен пайгамбардын этегине бекинбе, жер куруткан каракчы!

Башкасынан да, «донузун чыңыртып айдап кетипсин» деген Мазак сөзгө кай бирөө бышкырып күлүп жиберишти. Калкожо эки жагын ормоңдоп каранып, баятан берки кымырылган сылыктыгы кагылып түшүп, ireңи кара көк эрди титиреп: «Сен сэк[2]... тексиздигине барат экен акыры?!» деп, кыжына күбүрөнүп, калчылдап кетти. Муну көбү кулагы чалбай, көбү угуп, «и-и, өрт кетти-и» деп, тыймпыйып укмаксанга салып, үңкүйүп калышты.

Төрдөн:

—Эмне дейт? — деди Мадамин-бек кабагы түйүлө.

Ушул жерде бектин көзүнө бир көрүнүп калайын дедиби, Калкожону жакадан булкуп, Көр-Шермат:

—Эмне дедиң сен?! — деп каптап кирди. —Өзүң кайра айт, тыякта бек сурап турат, мындай сөз сендейдин ыплас оозунан гана чыгат, айт!

Калкожо аны тиктеп да койбой колун жийиркене кагып таштап, маузерин сууруп алып тушкелди тап кылып, серелеп, Мадамин-бектин өзүн каптап:

— И, кулагындын кычуусу канбай калдыбы? И? «Ит» дедим! Ыя, бүгүн эле угуп отурасыңбы?! — деди чакчырылып, кой-ай дегенче шыпка карай эки-үч ок атып жиберип, бүт денеси солкулдап, бир кудуреттен жардам тилегендей асман тиктеп: — Йа-а, алла! Йа, алла-а!..— деп кыйкырып, эки көзү акшыңдап, эки ууртунан ак көбүк чыгып, эми Ажыматка кадалды: — Се-ен! Се-ен, бүрүшкөн гана бөйөн, се-ен бу кудайдын пендесин адаштырып отурган! Се-ен...

Тарс! Колго бирөө кагып жиберип, Калкожонун огу Ажыматтын башынан алыс кетип, терезенин бир көз айнеги шаңгырап түшүп калды. Таңыркап тиктеген Ажымат былк эткен жок.

— Токто-о, Мадамин! Мусулман аскерине амир болгон болуп, а акыйкатта кыйшандап, буйтаңдап, жен ичинен каапырлар менен шыбага алышып жүргөнүң угулат! Көрөм, ошондо көрө-өм...

Мына, кай бирөө ичтен кейий шыпшынып, кай бирөө тынчы кете копшолуп, бирок бирөө да ачык бирдеме айта албай, үй ичи мелтиреп токтолуп калды. «Э-э, ыркы жок, бирине-бири баш койбогон ээнбаш эл экен го?» деп, Мадамин-бек эки жагында отурган эки чоочундан кысынды. «Дагы өз алдыбызча журт болобуз деп коёбуз! Журт болчу кейпибиз ушулбу?!» деп, астейдил дили ооруду,

А азгын адам иренжимек быякта турсун Калкожону аны сайын кызыгып, «дагы эмне айтар экен», «дагы кандай кайрат көрсөтө алар экен» дегенсип, мойнун созуп тиктеп калган. Жанагы

---

[1] Ка л л е — баш.

[2] С э к — ит, фарсыча итти ушундайча атайт.

Калкожо «орус го» деп болжогоң неменин сары муруту жымыйып, боз көзүнө жан киргенсип күлмүндөп турган.

Тыштан шаша эки күзөтчү кирип келди.

— Тут! — деп, Мадамин-бек сөөмөйү менен зекип, Калкожону көрсөтө берди.

Колу темир чеңгектей карылуу жигиттер шап кармап, тыпыраткан бойдон Калкожону тышка сүйрөп чыгып кетишти. Үй ичи жымжырт боло калды. Ыркыраган жаалдуу үн короодон угулду бир убакта.

Бир нече күндөн кийин Мадамин-бек штаб-үйүнөп бастырып чыкты. Катарында өзүнө Риза-Али-бей деген ат менен аскер кеңешчи катары жүргөн качкын Энвер-паша, туш-тарапка көз чаптырыша акырын сүйлөшүп, кеп маанисине баш ийкешип жай, аттардын өз оюна коюшкан, үзөңгүлөрү шыңгыр кагышат.

Машыгуу жүрүп жаткан кези болучу.

Төрт тарабы улуу тоолор менен курчалган түз талаада көп кошун ар жерге бөлүнүп, эки жактан кырка тарта «жигит ойнун» жардап карашып турушат. Бир жерде киши сөлөкөтүн жайнатып коюп алышып, алыстан буйрук боюнча атчан дыргытып келишип, аралай чаба эрдемсип, «душмандын башын кылычтап» жатышат. Бир жерде ат үстүндө давла атып, бир жерде «пияда кошун» бирде, чуркап, бирде сойлоп, мөңкөндөп жүрүшөт.

Чуу кыйкырык, куу сүрөөн.

«Бул эмне деген? Чуу эле көп, тамашада жүрүшөбү?!» — деди генерал Муханов, тартип жагына ыраазы болбой. Штабс-капитан акырын башын ийкеди: «Эки киши жарышса, же күрөшө кетсе тыякта турганынын өзүнөнөзү каны кызып кетет. Бул элдин ич дүйиөеү ушундай. Тартипке оңдуу көнүгө алышпай жатышат...»

Жаңы куралган көп кошун азыр орус аскеринин уюштуруу салты боюнча онго, жүзгө, беш жүзгө, миңге, бөлүнгөн, ар бирине корбашы дайындалган. Бир беш жүзгө кеңешчп болуп ак орус офицери бекитилген, аскерге түздөн-түз буйрук эте алышпайт, бирок тартип машыгуу иштери боюнча эмне айтышса ал кыңк этилбей жүзөгө ашырылат. Те алыскы Россияда ишке ашкан социалисттик ынкылапка каршы жергиликтүү күчтөрдү согушка жарамдуу кылып салууга ак гвардиячыл генералдар катуу киришип жатышкан.

Генерал Муханов өзү мындагы орус кулактары курап «Крестьянская Армия» деген аскер тобунда штаб башчысы боло туруп, булар менен алака жасап, кандайдяыр бир биримдик түзүүгө умтулуп жүрөт. Жардам берем дегенден ким качсын?! Мадамин-бек аскер кеңешчилерин тартынбай иштетип, бирок буга көз каранды боло койбой, заман түрүн байымдап турган.

Улам астынан бир корбашы чыгып, машыгуу жүрүп жатканын жаңкылдап баян этип, Мадамин-бек башын ийкеп, «жакшы, уланткыла» деп, бир сыйра карашып, андан нары өтүп кыдырып келатышты.

Шатыраган катуу күлкү көпкө басылбай, кимдир бирөөлөр кажылдап сүйлөшүп, күлкү кайра күчөп чыгат. Бул эмне? Бирөө аттан ооп калдыбы? Же бирөө буйрукту баамдай албай тамтаңдап жатабы? Аскербашчысын көрүп калган аскер оозун баса жарыла жол берип, али көрө элеги дагы эле боорун тырмап жатышты.

Калкожо! Жайдак көк эшекке мингизип, артынан бир атчан кууп алган. Көк эшек чунандап, улам доңкуп текирен алат, кожо колго илинбеген суюк кыска жалына жабышат. Эткел, курсактуу неме каптай оонап түшөт, кайра кылыч менен тап берип, кайра көк эшекке тырмыштырышат. Кожо көлшал болуп тердеп кеткен, узун ак жегдеси дал-дал айрылган, жүн баскан киндиги көрүнүп жүрөт. «Э-эй! Бул азирет көк бууданга мине албайт ко-о?» деп кыйкырып калды бирөө. «Шорпосун ичси-ин! Мине албаса...» дешти арадан. Бу «жазасын тартсын» деген сөз экен, дароо кожону көк эшекке тескери мингизишип, мазак кылып, кайра айдап жөнөштү. Дагы кычы сөз, кыйраган каткырык!

Мадамин-бек томсоруп көздөн өткөрүп турду, кой деген жок. «Ыя?! Ит дедим! Эмне кылып алмаксың?!» деген, баягы чакчырылган кожонун үнү кулагына кайра жаңырыктап угулду.

Калкожо көк эшек желгенде тула бою ликилдеп баратып, Мадамин-бекти бир чакырая

карап, андан соң көк эшек доңкуганда оңкосунан сайылып жыгылды. Тиги күлгөн да, жардап турган да таанылбай, көзү тунарып, колунан жулкса болбой, акыйкатта кыбырарга эч дарманы жок, оозун ачып, солуп жатып калды.

Эми жүзүн үйрүп, бура бастырып кетти Мадамин-бек. «Айда! Тескери мингиз аңги көк эшекке! Айда!» деп, өзү буйруган буйрук. Жүзбашы ашыра аткарып, Калкожону маскара кылып жаткан. «Жазаң ушул!» деди Мадаминбек табалай, бир аз көкшүнү да суугандай.

Энвер-паша:

— Бу бейжай кожо жазасын алган экен! — деди, астыртан бекти байымдап: —Мейли, эсине келсин...- деп кошумчалап калды.

Мадамин-бек аны бир жалт карап койду. «И, бу жер кыдырган осмонлы да кийлигише баштагысы. бар го? Карачы, «эсине келсин» деп кынырылганын карачы?! Эсине келгенинин кереги жок бу кожонун. Ташка тийсин кереги!» деди дили.

Кечки үзүрдө өңкөй билерман чогулган.

Энвер-паша сөз арасында биримдик жөнүнө кеп кайрылып кеп уруп отурду. Ким чеки демекчи? Күч биримдикте, ырыс ынтымакта эмеспи?! Отурган жакшылар дуудуу коштошуп, мааниге тен коюшат. Бир убакта ошондо да түз айтпай:

— Жанагы бейжай кожо бейжайлыгын коём десе, аттиң ай, жакшы эле болмокчу! — деди, кагуу жеп калышы ыктымал, ошон үчүн аяр киши бир мисал гана катары кеп кыйытты.

« Бейжайлыгы бейжай, бирак ол терс кыялын таштаса, бу жамы түрк баласы түшүп отурган ыйык жолго астейдил ыкласы менен келгидей болсо, анда... — деп, өкүнөөйүн кечсе болор эле» дегенди купуя калтырып, бирөө коштоду. Сөз улам терендеп барып, кай бирөө: «Келип да калды эсине кожо, көрдү го көргүлүгүн өзү да, аябай...» дешти. Баары бектин көңүлүнө карашып турган сыяктуу, баары аяр, баары этият.

Мадамин-бек:

— Бу кожонун бизге кошулган жакшылыгынан, бизге кошулбай кылган кастыгынан ичибизге киргенден сонку залалы көп болот. Не дегенде? Кожо ушул күндөгү шартты билбейт, деги билгиси да жок, те байыркы азирети халифтер заманындагыдай эле касты да, өздү да «каапыр, мусулман» деп, бейпил жаткан мужуктардын тамына өрт коюп, бүт орусту дүүлүктүрүп, а мейл», бизге жаман ою жок эле дейли, бизге бүт орусту каршыктырып койду го?! Кожо тегине манчыркаган, орус түгүл жамы түрк баласын кем санап, өзүнүн көй мансапка жетмек. жолунда кара чымындай боо түшүп калса да бир касирет тартар түрү жок боору таш киши экен...

«Не мынча көп кеп болуп жатат, ушу бир жалгыз аяк кожо үчүн?! Жоодун бетин жалгыз тосуп бермек беле оңолгондо?! Же, оңолбосо бир жакты чоюп кетмекпи?!» деп отурду бирөө. А бирөө: «Көсөө болсо да курал эмеспи урушта. Кана, оңолуп эле кетсе кана?!» дейт купуя.

Ушул жерде: .

__ Бей,— деп, маани антты Энвер-паша,— бир нерсени тутуш ылазым ки, бей, бу күндө — те каяктагы англистин сунган колунан чийткебей, кайридин орус офицерлеринин кеп-кенешинен баш тартпай алып отурган чакта өз болуп калган кожону жерисек мусулман журтунуз не түшүнөр, бей? Ким билет, а кокус, кечирим берип ооруган көнүлүн көтөрсө, жылуу кеп уруп далысынан таптаса залалы эмес, такыба мусулмандарды күрөшкө көтөрүш жагынан көп шарапаты тийип жүрбөсүн, бей?..—деди да дым болуп калган билермандардын кабагын астыртан аңдап: — Мейли, өкүм айтуу эрк өзүңүздө, биз, бар болгону, маслаткөй гана адамбыз... — деп, өкүнгөн кебете кийип, жер тиктеп кыңырылды.

Бул сөз ошол жерде ошол бойдон калып калбай, күнүгү ыгы келе калган кезде эске алына баштады. Күн сайын күйөрманы көбөйүп, түз эле кечирим берүү жагын суранган кадырлуу адамдар пайда болду. «Тили буруу, дили буруу бөтөн менен деле биргелешип отурабыз го, ага калганда бу байкуш өзүбүздүн колдо туума кожобуз эмеспи? Зыян кылып эле бир жакты керип чыгып баратса, көрөлү, турабыз го!?» дешти. «Тилинен тапты, эми ушул жазасы жетер, углум. Мындан ашып кетсе жаза эмес кордук болуп калар...» деди бир жактан кадырлуу Ажымат.

Бир нече күн арадан өткөн соң «биримдик үчүн гана» деп, ыракым кылынды. Эски бардеңкеден кырк гана мылтык берилип, өз алдынча карыш жортпой турган болуп,

аскербашынын алдынан касам ичип чыкты.

IV

Михаил Васильевич Октябрь күндөрүнөн кийин тез эле РКП /б/ Борбордук Комитетинин жолдомосу боюнча аскер ишине жиберилген эле. Күн чыгыш фронтунун армиялардын Түштүк тобуна караштуу 1-армияга саясий жетекчи болуп баштап, ошо армияга, андан Түштүк тобуна. командачылыкка өзүнүн аскер ишин жетик билгендигинен көтөрүлүп Коргонуу Кеңешинин 1919-жылдын 13-июлундагы токтому боюнча бүткүл Күн чыгыш фронтуна командачы болуп дайындалган. Күн чыгыш фронтунун согуштук аракеттери Сибирь, Түркстан жакка карай багыт алып жүргүзүлүп жаткан болучу. Фрунзенин башчылыгы астында адмирал Колчактын сансыз кошундары генерал Беловдун «түштүк армия» деген орчун күчтөрү кыйратылды. Фронттун Сибирь багыты уламдан-улам жеңнлдеп, а

Түркстан жагында абал дагы эле оор болуп жатты. Фрунзе абалга карап, Түркстан багытын Күн чыгыш фронтунан өзүнчө фронт кылып бөлүүнү максатка ылайык деп таап, жогорку командованиенин алдына сунуш кылды. Сунуш РКП/б/ БК жана Коргонуу Кеңеши тарабынан жактырылып, 1919-жылы 14-август күнү Түркстан фронту түзүлдү да, анын командачысы болуп Фрунзе өзү бекитилид калды.

ВЦИК жана РСФСР ЭЛ КОМИССАРЛАР КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

8-октябрь 1919-ж.

Бу:

1) Кызыл Аскердин жеңишинен улам дүйнөлук ынкылаптыи очогу Кеңеш Россиясы менен Түркстандын ортосундагы байланыш кайра түзүлүп, ошону менен бирге Россиянын эмгекчил журтунун Түркстан элдери менен тыкыс союзу камсыз болунганын;

2) бул союз Туркстандан чет элдик эзүүчүлөрдүн ар кандай аракеттеринин зор таянычы болгон россиялык импернализмдин бардык калдыктарын толук жок кылуунун залогу экенин;

3) Түркстан элдеринин эл катары болушу, ар кандай улуттук теңсиздикти жана бир улуттук топ башка бир улуттук топтун эсебинен туйтунууну жок кылуу Россиянын кеңештик өкмөтүнүн бүткүл саясатынын негизин түзгөнүн, жана да бардык органдарынын бардык. иштеринде жетекчиликке алынуучу башталма экенин, орус падышачылыгынын көп жылдык үстөмдүгү пайда кылган Түркстандын жергилик эмгекчи журтунун Россиянын жумушчуларына жана дыйкандарына болгон ишенбөөчүлүгү ушундай иш менен гана биротоло жоюларын эске алып, жумушчу, дыйкан, кызыл аскерчи жана козактар депутаттарынын Бүткүлроссиялык Борбордук Аткаруу Комитети менен РСФСР Эл Комиссарлар Кеңеши токтом кылат:

Түркстандын өз ичинде, жана да ага жамалаш мамлекеттер менен мамиле кылган кезде ВЦИК жана СНК өкүлү болуп, алардын атынан иш аракеттерин жүргүзүп, бул токтомдун ушул үчүнчү пунктундагы башталманы жүзөгө ашырууга көмөк болсун үчүн жолдош Ш. 3. Элиава (комиссиянын башчысы), М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Ф. Голощекин жана Я. Э. Рудзутак составында Түркстан иштери боюнча Комиссия дайындалсын.

ВЦИК төрагасы *М. КАЛИНИН*
Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы *В. УЛЬЯНОВ (Ленин)*

Фрунзе Түркстан территориясына кире баштоосуна байылаштуу мына ушул өтө кадырлуу өкмөттүк комиссия карангыда шам карматкандай алдына койгон тапшырманын жол-жобосун кадиксиз улап, аскерге ынкылапчыл аскер кеңешинин биринчи көрсөтмө буйругун берди.

Б У Й Р У К

Кызыл Аскер ушул убакка дейре россиялык империализм менен жеке бийликтин ырайымсыз таманы астында онтоп жаткан кыргыз, өзбек жана башка алсыз элдер күн көрүп турушкан жерлерге

өттү.

Бүткүлдүйнөлүк ынкылап тарабынан жана айрыкча россиялык ынкылаптын мүдөөлөрүнө ылайыктуу өзүнө жүктөлгөн осуяттарды ишке ашырып, Кызыл Аскер Азиянын майда элдерин кылымдар бою мүңкүрөтүп келе жаткан эзүүдөн куткаруучу болуп эсептелет.

Бүткүл дүйнөлүк империализм тарабынан эзилүү боюнча биздии кичи боорлошторубуздун көңүлүн ооруткан ар бир кызыл аскерчи россиялык жана бүткүл дүйнөлүк ынкылапка чыккынчылык кылган болуп саналат.

Өйдөкү айтылгандан келип, РЕВВОЕНСОВЕТ буйрук кылат:

1. Бардык аскер начальниктери, аскер комиссарлары кыргыз калкына карата эч кандай бир бейбаштык болунбасын үчүн өзүлөрүнүн керт башынын жоопкерчилиги астында катуу байкоо жүргүзүшсүн.

2. Аскер комиссарларына жардамга алардын өзүлөрүнүн төрагалыгы алдында составына жергилик элдин өкүлдөрү кошулган тескөөчү комиссия түзүлсүн:

а) дайыма туруучу дежурлук уюштурулсун,

б) арызды кабыл алуу, аны кароо,

в) текшерүү иштерин жолго коюу,

г) алдын алуу үчүн камап салууга чейин чара колдонуу,

д) аскердин чарба уюмдарынын жергилик калк менен болгон иш аракеттерин, алым-беримин көзөмөлдөө.

3. Жергилик калктан түшкөн арыздарга абдан көңүл бурулуп каралсын, тез жана ишкерлик менен текшерилсин, жергилик калкка кандайдыр бир көңүл калтырар мамиле жасаган киши сөзсүз камакка кириптер кылынсын.

4. Талаган, унааны законсуз тартып алган, д. у. с. бир зорлук кылган кызыл аскерчи муну билип иштеген ынкылаптын душманы катары каралары, ага ынкылаптын законунун бүткүл катаалдыгы колдонулары, атууга чейин барылары аскердин бардык бөлүктөрүнө, мекемелерине ашкере жария кылынсын.

5. Бул буйрукту кызыл аскерчилердин, жергилик калктын ичинде түшүндүрүү жана кеңири таркатуу үчүн, 1-армияңы саясы бөлүмү тез жана иштиктүү чара көрсүн, ошондой эле жергилик калкты ар кандай зорлуктан калкалоо боюнча үгүт иштерин күчөтсүн.

ТҮРК ФРОНТУНУН КОМАНДАЧЫСЫ
М. ФРУНЗЕ
РЕВВОЕНСОВЕТТИН МҮЧӨСҮ В. КУЙБЫШЕВ
23-октябрь 1919-ж.

Оренбург, Урал областы, Гурьев, Ак-Төбө, Орскинин алып, Түркстан фронтунун аскерлери бир канаты Жети-Сууга, бир канаты Красноводскиге, Хивага кирди. Ак гвардиячыл атамандар Анненков, Бакич, Дутов аскерлеринин бирткеден калган калдыктарын ээрчитип, батыш Кытайга өтө качып кетүүгө аргасыз болушту, Жунаид-хаңдын кошуну Бадаркенттин жанында талкаланып, өзү Кара-Кумдун арасына жашынып кетти.

Фрунзе 1920-жылдын 22-февралында көчмө штабы менен Ташкенге келип, Түркстан фронтунун бүткүл иштерине башчылык кылуу менен бирге ошол кезде өтө чалкештенип жаткан Фергана багытындагы абалга өзгөчө көңүл бөлүп, фронттун командачысы катары да, атайы кеңнри укук берилген өкмөттүк комиссиянын ишкер мүчөсү катары да, ар тараптуу — тарыхый, рухий, саясий аскерлик, таптык жагынан өзүнчө баам койду.

Тиги алыскы Россиянын төрүндө падышанын тагынаң кетирилгени, Убактылуу өкмөт куралганы бу Түркстан кыйырына да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Өз мамлекетчилигин, улут азаттыгын эңсеген эл кайра козголун, эң оболу бири менен бирн эч алакасы жок эле ар жерден өз-өзүнчө топтонууга өтүп, а бул жерде империянын кызыкчылыгын түбөлүккө сактоону көздөгөн убактылуу өкмөттүн төрөлөрү буга кыжырлануу менен көз салып, ар шаардагы аскер туруктарын чыңалтып, өз ара орус кыштактарын баштан аякка куралдантып, жергилик элге каршы тукуруп, көкүтүп, «крестьянская армия» деп уюштуруп, бир шылтоо гана табылса «өткөн он алтынчы жылдагы кандуу сабакты эстерине дагы бир жолу салып коюу» үчүн катуу камданып турган.

Падышанын көп колониясынын эң алыскы бир бурчу болгон Түркстан ичинде оң менен

терстин, жаңы менен эскинин айырмасын ажырата билүү ошол кыска мезгилде окой эмес болучу. Жергилик элден жумушчу деген жокко эсе, орус жумушчу да аз болгон, жаңы уюшулган ушул деги жумушчу-дыйкан Кеңеши өз ара большевик, солэсер жаатына бөлүнүп, тартышып, бир жаңсыл өкүм жүргүзө алышпай турган. Дегиси, мурда падышанын акимдери көкөйүнө тийген жергилик журттун көзүнө ар бир эле европалык төрө сыяктанып, колониячыл сыяктаяып көрүнүп, кимиси болсо да эл арасына батыл ишеним ала алган эмес. Ошон үчүн жергилик эл ичине шаарларда, кыштактарда көчмөн аймактарда «мусулман депутаттарынын Кеңеши» уюштурулат, бирок аны бүтүндөй мурдагы төрөлөрдүн табагынын түбүн жалаган тилмеч, майда соодагер, элет манаптарынын жулунган мансапкор балдары ээлеген. Убактылуу өкмөттүн падышадан мурас кылып алган башкаруу мекемелери, шаарлардын Думасы, аскер хуруктары шартка жараша түпкү бийликтен бөлүнбөй кала туруу зарылдыгы байлап, толугу бойдон Кеңеш өкмөтүнүн карамагына өткөн болуп, иш жүзүндө Кеңеш өкмөтүнүн Декретин жашырып, бурмалап, кадимкидей эле манчыркаган колониячы дымак, эски нукта кала берген.

1917-жылы 26-ноябрде жергилик бай төбөлдөр Кокон шаарында «мусулман курултайы» деген жыйын куруп, Түркстанга «автономия» жариялашып, «Убактылуу Түркстан өкүмияты» деп, өзүлөрүнчө курамалай коюшту. Бирок, бул «өкүмият» элден колдоо ала албай, Самаркандагы аскер туругунан келген кеңешчил аскердин бир гана тобунун соккусуна туруштук кыла албай 1918-жылдын 19-февралы күнү кыйрап, билмандары дыркырап чет өлкөгө баш калкалап кетүүгө аргасыз болушкан.

191-жылы 20-апрелде Түркстан өлкөсүнүн V крайлык съезди «Түркстан Автономиялуу Социалчыл Кенеш Республикасы» деп жарыялайт. Кеңеш күн санап телчигет.

Кеп өтпөй ошол 1918-жылы жазында Россиянын бүт жеринде ич ара граждандык согуш жүрүп кетти да, оокат тартыш, төрт тараптагы фронтторго жетишпей, эл арасында ачарчылык болуп, Кеңеш Россиясы өтө кысталыш абалга кабылды. Июль айында падышачыл атаман Дутов Оренбургду басып алып, Түркстан Россядан кесилип калды. Ошол тапта Бухара амири, Хиванын ханы Түркстанга каптап кирүүгө шашылыш даярдык көрө баштайт. Мурдагы ак гвардиячыл офицерлер Ашхабад шаарында козголоң чыгарып, бир аз күндөн соң Каспий айланасындагы шаарларды ээликтеп алышат. Индустан, Кашкар аркалуу жабык да, элчплик иштерге шылтоолоп ачык да Американын, Англиянын жашырын кызматтарынын адамдары Түркстанга жылып кире баштайт.

Фергана өрөөнүндө кулак Монстров уюштурган «Крестьянская Армия эң оболу өз алдынча орус кыштактарын коргоо милдетинде иш баштамакчы болгон болучу. Саны жагынан анча көп болбогону менен «Крестьянская Армия куралы жакшы, ичинде башынан согуш каабын өткөрүп бышыккан эски солдаттары болуп, унтер-офицерлер башчылык кылган. Жаңы куралган убагында Кызыл Армиянын Фергана аскеринин оперативдүү башкармасына баш ийгенсип, бирок өзүнүн өзөгүн кармап тургаң кулактап айыгышкан өжөрлүк менен «армиянын өз бетинчелигиң» сактоого, ага большевиктердин жетекчилик кылуусуңа баштапкы партиялык ячейканын болушуна жол беришкен эмес. Эң акыры кыйын кыстоо мезгил боло калганда «Крестьянская Армия» толугу менен ак гвардиячыл генерал Мухановдун таасирине өтүп кеткен.

Генерал атанып алган кулак Монстров Россияда ак гвардиячыл генералдардын жеңерине ишенет да, тайманбай адмирал Колчак менен байланыш жасайт, а түгүд кечеги эле душманы жергилик кошундун башчысы Мадамин-бек менен да мамилесин ондойт. Россияда Кеңеш өкмөтү кулатылса бу кара келтек кошунду жоюп салуу көп да кыйынчылыкка турбайт деп болжогон.

1914-жылдагы согушта колго түшкөн туткундар Россиядан быякка айдалып келинип, шаарлардагы аскер туруктарында аскер катары кызмат өтөшүп жатышкан эле, көпчүлүгү Кеңеш өкмөтүнүн ишине жан-дили менен катыша да башташкан болучу.

Монстров мына ошолорду да: «Өз Мекениңерге кете бергиле. Силерге эмне жок бөөдө жаңжалга аралашып, кете бергиле, биз жолдомо тилкат беребиз» деп, чакырык чыгарган. Дыйкандарды: «Өз укугуңарды коргоп алгыла, бул жердеги большевиктердин өкмөтү Лениндин декретин силерден жашырып жатат, бир тоголок дан бербегиле, бекер ооздорго төгүп

берип коюп, өзүңөр ачарчылыкка кириптер болуп калбай турган болгула» деп көкүткөн. «Бизге большевиктердин кереги жок бизге дыйкандар, өз билгениңди кылган эркиндик бере турган өкмөт керею» деп, баш аламан болууга түрткөн. «Крестьянская Армиясы» менен орус кыштактарын бирден басып, ансыз да аз Кеңеш өкүлдөрүн карматып, каалашынча ырайымсыз кыйноого дуушар кылып, жазага тартып турган.

Мадамин-бекке жергилик шартка жараша диний жана орус атпайга караманча каршыккан күч жандап кошулуп, демек, кыймыл бири өлкөнүн өзүнчөлүгүн көздөгөн, бири эски газаматчыл — эки топтон куралган. Көп өтпөй издетпей табылып, англис агенти Бейли, америка консулу Трэдуэл өз өкмөттөрүнүн толук колдоосун убада кылышат. Тиги Түркиянын өзүнөн кубаланган белгилүү Энвер-паша келип, өзүнүн жамы түркчүл ой-санаасын таңуулайт.

Ал жакадагы кыштак арасына, тоо элетине атайын мөөр коюлуп берилген бийлерин дайындап, байыртан келе жаткан салтка, шарият жоболоруна ылайык өз өкүмүн жүргүздүрө баштаган. Өзгөн, Жалал-Абад, Ош, Маргалан, Искебул, Анжиян, Наманган шаарларындагы аскер туруктарын камоол менен алууга умтулат. 22-октябрде Өзгөнгө өңкөй төбөл жыйын куруп, кыйла сүрсүр талаштан соң Мадамин-бек башына коюлуп, Монстров анын аскер башчысы болуп, «Убактылуу өкүмият» курушат. Бирок, дилинде «өкүмият башчысы» болууну самаган, аны өз акысы катары санаган Монстров буга ыраазы болбойт. Түбүнөн тамыры башка, көздөгөн мүдөөлөрү эч коошпогоп, бирине-бири карама-каршы, кас бу эки кыймыл ушул жерден бирикмек турган тымызын тиш кайрашып, кайра бөлүнөт. «Крестьянская Армия» тоо таяна баш калкалап кете тура албаган сон, нары жергилик элге батпай, мукурап, түздө кызыл аскер менен кагылышууга аргасыз болуп, кагылышкан сайын сокку жеп, ындыны өчүп, өз ара ыдырап, эң акыры генерал Муханов жайлоодон жолунан чыккан элдин малын өзүн ээрчнген биртке кишилерине айдатып алып Кашкар жакка оойт да, а Монстров кышында «жарашам, жарашып, анан кызыл аскерди баштап келип, бу жапайыны өзүм кыйратам, түбүндө бу мейнетим эске алынбай койбойт» деген үмүт менен Кенеш өкмөтүнө моюн сунуп берүүгө аргасыз болот. Мадамипбек тоо жамынып, ошол 1920-жылдын жазына чейин санын жыйырма миңге жеткире кошунун көбөйткөн.

Фрунзе жергиликтүү абалга, оңтойго жараша Мадамин-бек менен сүйлөшүп көрүү жагын ылайык деп тапты.

V

Жаз, күн жымырап жылуу, түзөң жерлерге көк тушардан келип жайкалып калган, көк тал сеңселип, өрүк, алма тегиз гүлдөп, бир суу өрөөн ак гүлгүн болуп кулпуруп, ава бир түркүн жыпар, жаңы оодарылган топурак жыттанып турган убак эле.

Фрунзе жанына эки гана киши алып, коштой келген куралдуу отрядды кыштакка киргизбей тышка калтырды. «Жо, жолдош командачы, жырткычтын күпкөсүнө күзөтшчүсү жок өзүңүз кирип барып бересизби, жо, биз макул эмеспиз, биз кошо барабыз», «бул жерди Азия дейт, Михаил Васильевич, не дешкен менен душман — душман этият болуу эч бир эрежени бузбайт» дешкен чын ниеттен күңкүлдөшкөн сөздөрдү кулагынып кырынан өткөрүп кочду. Жооп, жүйө айтып да отурган жок. Э, андан калса ушуга окшогон коркунучтуу шарт аз болду беле жолунда?! Өлүм жазасына өкүм кылынганда падышанын соту менең өзү айтышкан, өзү жалгыз укукташкан. Жаңы гана туулган эркиндикке ак гвардиячыл офицерлер шымалана жулунганда таюу тартпай алардын алдын тороп көргөң анархисттердин тополоңуна, козголоң ичине эрегишкеңдей өзү жалгыз нечен барган. Ошонун барында ай далыдаң да, бет маңдайдан да тийер октон тосор калканы, касың кайра ийгерер, бүлүнгөндү бүтөрөр, ийрини түзөр бир гана куралы — астейдил ниети большевик акыйкаты болгон. Ушул сапар да ошол большевик адилетине гана ишенди.

Фрунзе:

— Жолдоштор? эч камтама болбогула, биз бүгүн менман болобуз, шашылбай эртең түштөн кийин бир гана киши жиберип кабар алып койгула. Көп бул жерде топурабай, уктуңарбы, тиги темир жол жакалап, станциялардын бирине турук кылып тургула.

Үч атчан гүлдөгөн көп өрүк зарды аралап кеткен бир таман жолго түшүштү.

Фрунзе жай, жээрде кашка аргымактын тизгинин жыя кармап, айланага ымдызар арзуу менен кыялдана көз чаптырып келет.

Дүйүм мөмөлүү бактын гүлү төгүлүп, сыя ирени гүлгүн, чымкый ак, ак саргыл болуп, кештеленип, бир таман ийри жол көмүлгөн.

Тиги тараптан тосууга коюлган кишилер үч атчан жакындай келгенде аттарынан түшүшүп, колдорун бооруна алышып, баары үйрөтүлгөндөй бир тегиз кыраат менен салам айтышты:

— Ас-салоому алейку-ум!..

Бул элде атчан жөөгө, бирөө экөөгө салам айтышы ылазым, мансапка, зоболго каралбайт. Фрунзе оозуна албай калганына өкүнүп, ошол замат аттан леп түшүп:

— Ва-алейкума ас-салам! — деп, алик алып, баары менен кош колдоп кол алышып, өтө эле ийилгенин теңдик көрсөтө эки чыканагынан өйдө кыла учурашып калды.

Веревкин аргасыз, же түшпөй кое албай, же ылдам түшө албай, эң акыры Фрунзенин көз кыйыгы илингени калганда атынын жалынан бир бутун ашырып, жерге «тап» деп секирип түштү. «И, мунусу кесири башынан ашкан төрө белем!» дешип, кишилер тымызын ич уруп, арсая жылмайыша, берген колду бу төрө ала сырта күмөнсүшө, орто заар баш ийкеген болуп турушту. Бир кылка, баары ак сакалдуу, баары белине ак курчанган.

«Эң жакшы! Ак курчануу — адал көңүл!» деди Фрунзе.

«Э, арты кандай болор экен, мындай өто эле, атайы эле кылынган сыяпат алдында таман тузагы катылын жатчу эле?» деп тымпыйды Веревкин.

—Фрунзе:

— И-и, кандай мал-баш эсенби, азиз туугандар? — деди мурутунан жымыйып, эрте жаздагы көк талдын жалйырагындай саргылт жашыл көзү күлмүндөй.

—Жабыла кобурашып, ыраазылык айткан болуп калышты:

— А шүгүр, шүгүр, кудайга шүгүр...

«Э-э, бу ким? Ыя, улуктун ордуна кайдагы бир купцтундаган ногою келип алганбы?! йе, кокуй, арага ногой тилмеч түштү дегиче калпы-чыны кайда экенин сыйпаласаң таба албай, бөөдө чыркырап өрттөнүп кеткениң ошол эмеспи, кокуй?!» деген ой дароо келди баарына, касырет терметкендей ар кимиси өзүнчө акырын баш ийкей суз боло.

«Мына, менин мен экениме ишене албай турушат. Кантишсин?! Үзөнгүсүнө араң тооп кылдырган дымактуу акимдерди көп көргөн эл эмеспи...» деп болжоду Фрунзе.

Эки жак тен ашык сөзгө өтүшкөн жок, кошо бастырышып, бир аз жүрө түшүшкөн соң те алды жактан көрүнгөн көп топтон үч атчан бери бөлүнө тосуп чыкты.

Эшик төрдөй алдыга келген адамдын сөөлөтү Фрунзенин көзүнө түштү. Кабагы бийик, жылтыр кара мурут, орус офицеринин френчинин үстүнөн төгүлтө кызыл макмал жалаң тон кийген, башында көк көрпө берк — тыяктан эле мелтейип тик карап, айтар акыйкатын, талашар оюн эмитен ооз учуна кармап келаткан сыяктуу — мингени мойну койкойгон чоң тору жорго, оштоно, теңселе аяндаган жол жоргосу менен. «Өзү окшойт» деп ойлоду Фрунзе.

Мадамин-бек оозунуп салам айтып, Фрунзе кыргызча алик алганда ат жалынан ашыра кол сунуп, кол алышты. Сары кашка аргымак менен тору жорго жытташа жер чапчый канылдашып, Фрунзе менен Мадамин-бек ар кими өз атынын тизгинин сыпаалык кыла каккан болуп калышты.

Мадамин-бек эми кетер багытка тизгик ийди:

— Кана, азиз мейман, бастырыңыз...

Үзөнгү кыбыр этери менен сары кашка аргымак алчактай басты. Эч ким алдына ат бастырбаган тору жорго атырыла жорголоп, сары кашка ликилдей желе жортуп, үзөңгү кагыша тең катарлаш. «И, салам менен аликти үйрөнүп ала койгон экен...» деген ой келди Мадамин-бектин көңүлүнө, кыя аста карап, жоргонун башын тарта мейманга аяңдай.

— Ну, бек, ойлогон ой, кылар иш оңундабы? — деп сөзгө тартты, Фрунзе тынымсыз оноңдой баратып.

Эми Мадамин-бектин эки көзү чоң ачылып, астейл таңыркап жылмайды. «И! Түш жооруйт ко бу?» деп алда, башын ийкей:

— Алынча, төрөм, кудайдын каалашынча... — деп жооптон буйтап койду.

Көк каалгалуу чон короого жеткенде, ал жерде да он чакты өңкөй көк сакалдуу кишилер турушкан, бери баса келишип, бирден ат чылбырына кол созуп, ат алышып калышты.

Көк дарбазаны ачып, эки колун бооруна ала күтүңүп турган кишини:

— Бу азиз адам биздин ыйык туткан пирибиз... — деп урмат сездире акырын кеп урду Мадамин-бек.

Башында ак чалма, кабагын сыйрып кургаткан жыгачтай кагелес, суйдаң сакал-муруту аппак, ireңи коло сымал, үлбүрөгөн муңайым киши экен. Бу Ажымат болучу,

— Келиңиз, келиңиз, кадырман төрө...

Фрунзе ичкери кирген соң коргон ичин бир имерип тиктеп, токтой калды. Те этегинде киши таанылбай турган кең, он эки бакса бийик коргон. Бир сыйра өрүк, бир сыйра алма, бир сыйра нэк, бир кыйла кайналы тигилген бак, ортосу заңгыраган жүзүмзар. Көмүлгөн жүзүмдү жаңы гана ачып, четинен аса баштаган кез экен.

Меймандын ыгына жараша болуу, көңүлүнө кароо ылазым. Тоотмоксон, сырт салуу, билип же билбей кабагын байкабай калуу, кылар кызматыңды унутуп коюу — тоңдук, таалим көрбөгөндүк. Жасалгалуу мейман үйгө суранып, коргон ээси муруту жаңы гана кылайган сыпаа жигит меймандардын кадыр-көңүлүн эки алаканынын отуна салып тургандай урмат сездирип, жанагы эле таазим кылган бойдон «тутам мойнун кылча тутуп» турду.

Үй ээси дасторкон жайган, сыпайгерчилик айтылып, «алың, алың» болуп, меймандар бирткелеп чайлашып отурушкан.

Сөз жалганбай, ошол жылкы кыш, жаз, ава ырайы жөнүн саласал болуп, бирок, ортого салынар сөз бул эмес, аны ар бири туюп, кеп акырына аяңдай, ар бири тике сөз кимден башталарын күтүшкөнсүйт.

Оң тарапта чөк түшүп отурган Ажымат көзүн сүзүп, бул дүйнөнүн көйү менен такыр иши жок сыяктуу, теспесин бирден чубайт. «И, келипсиз, азиз мейман, жол болсун?» деп, Мадамин-бек өзү сурабайт, «өзү сүйлөшөм деди, өзү айтсын» деген өңдүү, эгер ушул бойдон чыкпаса бир ар күн мейманчылап, тамаша көрсөтүп, анан эсен узатып коё тургандай түрү. Фрунзе мунун баарын сезип, баарын имерип, теңдеп ой толгоп отурду жай, камырабай чай ууртта й. Кыртышы сүйбөгөнүбү? Эмне суйлөшүүгө макул болду анда? Эмне үчүн өзү тосуп, өзү минтип бирге олтурат?

Фрунзе:

— Бек, о бая күнкү курчоодон куткарып койгонуңуз үчүн чон ыракмат!—деп атайы көтөрө чалып, Мадамин-бектин көзүн тиктеп сурады, ушул жерден сөз учугун чубэмакчы болуп. — Ырас, абал алда канча кыйындап калган. Эмне үчүн, эмне ой менен жардам кылдыңыз? Өз оозунуздан угууга куштар болуп келдик, бек.

Ажымат теспесин токтотуп, сүрөт сыяктуу былк этпей кулак төшөй калды. Баарын алдыртан акмалап отурган Веревкин сөз эмне туурасында болуп жатканын түшүнбөй, бирок Ажыматтын кейпине кыжыры келип: «Муну кара! Уктап отурабы ушу? Жо-о, уктабай калсын, канжары бар катылуу мунун койнунда!..» деп, бир кур өз оюнан өзү чоочуп, жаагы карышат: «Бул эмне?! Жыландын уюгуна өзү кирип келип берип! Көрүп ал эми кайсы жылан кай жагындан оролуп чыгарын!..» дейт, Фрунзени аргасыз табалайт, жанынан капкачан түңүлүп койгон.

Мадамин-бек Фрунзени бир тигиле тиктеп алды. «И, билет экен жакшылык эмне, жамандык эмне экенин...» деген ой термеди белем, сабыркагандай көлөкө түштү кабагына, бирок сыпаа жылмайып сүйлөдү:

— Сиз чон адам экенсиз, босогобуздан кандек ит капкандай болбосун дегенибиз эмеспи, төрөм.

Бу теңтушуна тамаша айткандай угулду. «Неге буйтайсың? Сүйлөшүүгө көпүрө салдым дебейсиңби, түз эле?!» Деген сөз оозуна келип, сая такыгысы келбей:

—Ыракмат! — деди Фрунзе. —Мени «төрө» дебеңиз, теригип кетем, себеп дегенде биз ошол «төрө», «таксыр» дегендин баарын шыпырып; ар адамды тең дос, ар элди тууган кылууга

умтулуп жүрөбүз.

Мадамин-бек кашын көтөрүп тиктеп калды.

Фрунзе:

— Тан калбаңыз, бек. Бизде «жолдош» деп айтылат, «замандаш» деп коюлат. Ыя, оозуңуз барса, мага эмес, өзүнүзгө ишенсеңиз, мына ушунун бирин атай берсеңиз болот.

Мадамин-бек:

— Сиз эмне үчүн «бек» дейсиз мени анда?

Фрунзе:

— Сизди «бек» дегеним — сиз аскер курап чыкк адамсыз, жан жөкөрлөрүңүз «бек» дешет, сизди буга көнүп калды го деп, башкача атоо кулагынызга кадырыңызды кемсинткен болуп угулабы дегеним.

Же өкүнгөнү, же ошого ынанганы билинбей Мадамиң-бек өзүнчө башын ийкегилеп, бир ууртун тартып жылмайган болуп, бирок кабагы сузданып, ичтен касырет санаа тарткансып, отуруп калды.

Фрунзе:

— Ким экениңиз бизге белгилүү, замандашым, аны сурап отурбайм. Сибирге айдалгансыз, бул үчүн падыша акимдерпне кастыгыныз бар. Илгертен дүйнөнүн төрт бурчунда улут азаттыгы үчүн күрөш боло келген, мына, падыша тагынан кеткен кезде азаттык алууга көтөрүлүп, кошун курап, аттанып отурасыз. Эми, замандашым, ар кандай башталманын баасы анын көздөгөн максатында эмеспи, мына ошо максатыңызды өз оозунуздан уксак болор бекен? Бул такык эмес, туура түшүнүңүз, бул — кеңешүү, мындан наркы сөзүбүзгө багыт...

Мадамин-бек ой басып, Фрунзени имерип тиктеп токтолуп, ооз учуна келгенди келгендей айтып жибере албай, бир кур ою эки анжы болуп, кабагын үйрүп алды. «И! Жумшактап, пешенеңден сылап кирди го! Ыя? Мунун артында кандай катуу жаак капканы көмүлүп жатты экен?..» деген күдүк көңүлүндө кылтылдап кирип, анын артынан: «Жо, бу көп төрөнүн бири эмес, муну менен астейдил маек кылып калган оң, мунун бир ооз сөзүн тиги түпкү өкмөт жерге таштабайт...» деген акыл имерип турду.

Фрунзе:

— Жанагы кай бирөөлөр кыйкырып жүргөн «мусулман мамлекети» деген, ачыгын айтыш керек, ишке ашышы кыйын ой. Мусулман тиги жердин этеги Индонезиядан тартып, Индостанда, Кытайда, Африкада, Европада чачылып жатат, биринин тилин бири билбейт, биринин мүдөөсү бирине ылайык келбейт. Мейли дейли, жакшы көңүл жакшы аракет болгон күндө да, жалгыз география шарты жол бермекпи?! __

Жер тиктеп отурган калыбында акырын башын ийкеди Мадамин-бек:

— Ырас, андай нерсени моюнга алуу кимге болсо да кыйын. Биз бу биерде эле өз Түркстан мамлекетибизди эле курмакпыз. Жамы журтка дайын. Бир нерсени атайын айтып коёюн, мен эн, авалкы чакырыгымда эле жергилик калкка да, биерде жашаган башка элге да ачык саласал кылгам ки — жалаң эле түрк баласы үчүн эмес, жаңы Түркстан мамлекети, күн көрүп турган бардык башка да бирдей мекен. Бир элди бир элге каршыктыруу тыйылат, кайра бирге эриш-аркак жашоо жагына кам келет дегем.

Фрунзе эми ага кунт коюп, жазгы жалбырактай жашыл, чаалыкканы сезилген, мээрим байкалган көзү күлүндөп, жымыйып тиктеп калды.

«Мадамин — козголоңчу, падыша заманында эле бузуктугунан сүргүнгө айдалган...» «Мадамин — исламчыл, мусулмандан башка элди Түркстандан айдап чыкмакчы...» «Мадамин — түркчүл, түрк атпайды бириктирмекчи, өзүнчө улуу империя кылмачкы...» «Мадамин ылгабай орус калкына каршы, кеңеш өкмөтүнүн элдешкис ашынган душманы...»

Фрунзе бул жакка жөнөр алдында Фергана багытындагы абалдан толук малымат алып, Ташкенде отурган сөөлөттүү орус жолдоштордон да, жергиликтен кошулган кызматчылардан да эртеңки өзү беттешер душманы жөнүндө ушундай көп мүнөздөмө уккан болучу. Мына азыр ошонун баары бир баштан кайталанып оюна келип турду. «Ыя?.. Же чаргытып жатабы?.. Эмне табам деп чаргытмакчы?! Ыя?.. Мунун сөзү жулунган газаватчынын да, манчыркаган түркчүл улутчулдун да айтар сөзү эмес. Кадимкидей ынана турган жүйө!..» деп, маанн теңшеди Фрунзе.

«Оруска каршы? Ушундай да болуп көрүнүшү ыктымал. Эмне экен? Муну бул элдии өткөн күнүн эске алып түшүнсө болот, падыша акимдеринин таламайы, көрсөткөн запкысы оңой унут болмок бекен?! Дагы «кеңеш өкмөтүнүн душманы?!» Бул жерде кеңеш өкмөтүнүн адамзат тарыхында болуп көрбөгөн жаңылыгын эсепке алуу зарыл. Дароо эле баарын ойдогудай оңдой коюу арзанбы? Пптердин көчөсү болсо экен бул жер! Ыя, жол көрсөткөндүн ордуна, ийе тартуу ордуна бул жерде башкаруу тизгинин кармап турушкан сөөлөттүү орустарымдын эскиче кекирейгени, кемсинте кылган мамилеси, буга кошумча өз аталаш туугандарынын көзүнө гөр топурак тыгылган ушагы ортодо бөгөт болуп жатпады бекен?..» деген ой терметти.

Фрунзе:

— Эмне үчүң Монстров менен бөлүнүшүп кеттиңер?

Мадамин-бек:

— Ырас, төрө Монстров менен жакындашканыбыз ырас. Төрө Монстров, генерал Муханов: «Биз билебиз го биз орусбуз го акыры! Кеңеш өкмөтү силерге эч качан азаттык бербейт. Мунун аты эле «кеңеш», а маңызь: зулумдук, айтып эле коелу, диниңден чыгарат, жериңди элиңди да кезге салып бөлөт!» дешип ишендиришкен. Албетте, өз алдыбызча өргөө көтөрөбүз деп аттанып отурган соң мындай өкмөт бизге туура келмекпи, бириккенбиз. Бирак, кошула келгенде, иш жүзүндө төрөлөр бизди чийткеп, кай бирде тымызын, кай бирде ачык эле теңдикке албаганын байкадык. Бу аскер башкарууда, өзгөчө «Убактылуу Өкүмият» курмакчы болгон кезде дайын болду Көрсө төрө Монстров өзү болмокчу турбайбы «окүмият башчысы», талаша келгенде бизге ооп калбадыбы, а бизди «өкүмият башкарышка акылы жетиле элек» деп, өзүлөрүң акылман сезген төрө буга макул болгон жок. Биз макул болмок бекенбиз?!

Фрунзе:

— Мына, көрдүңөрбү, силердин азаттыгынар төрөлөрдүн оюнда да болгон эмес. Силерди алдап, адаштырып, ушул убакта жаңы курал болуп турган кеңеш өкмөтүнө каршы көкүтүп, ынкылаптын кутурган душманы адмирал Колчакка быяктан кенч, таянч гана жасамакчы болушкан. А кенеш өкмөтү жөнүндөгү айткандары түп тамырынан жалган, ушак, силерди кенеш өкмөтү менен кошулуп кетпеспн деген далалаты гана! Ушунун баары бирөөнү бирөө кокустан жаман көрүп калгандыктан, же кокустан жакшы көрүп калгандыктан эмес, бул жерде те тереңден чыккан тап карама-каршылыгы, тап мүдөөсү болуп жатат. Мейли Осипов, мейли Муханов, мейли Ситняковскнй, мейли ошол эле Монстров — баары бир, булар ким? Булар — падыша убагында бири эл үстүндө, бири аскер үстүндө төрө болушкан, ар бири бнерден миндеген теше жер ээлеп, туйтунган бай. Керенскийдин Убактыйуу Өкмөтү падышанын башка улутка кылган колониячыл саясатын да, ал саясатты жүзөгө ашырып жаткан бул төрөлөрдү да өзүнө мурас кылып алып калган. Кана, эмне үчүн бул төрөлөр кеңеш өкмөтүнө өтүп алышпайт? Кенеш өкмөтү буларды кабыл алган жок, кайра буларды эл үстүнөн, аскер үстүнөн катуу шыпыргы менен сыйрып айдап салган. Мына! Ушун үчүн кенеш өкмөтү аларга жакпайт, ушун үчүн кеңеш өкмөтүн оозуна батышынча жамандайт. Падыша жыландын жанчылган башы, бу төрөлөр ошол жыландын нйреңдеп, титиреп жаткан куйругу...

Мадамин-бек:

— А төрө Монстров «мен Кеңешке өтөмүн да, алар өз орустарым, көп аскер баштап келип, силерди тукум курут кыламын, он алтынчы жылды башыңарга саламын» деп катуу күүлөнүп кеткен эле...

Фрунзе:

— Келери менен камалган! Биз аны соттойбуз.

Ажымат дагы сүрөт сыяктуу былк этпей мелтейди. «Өзү барып бергенине болбой жазага тартышат экен! Мындан келди, ыя, минтип «сүйлөшүү» деп отурганы — зоону жоошутуу, акыры кыл чылбыр укурук болуп моюнта Түшкөн соң муунтуп, мурундан кан кетирип жыкмакпы? -» деген күдүк көңүлүн өйкөдү.

Фрунзе:

— Кай бирөө кастык кылып караманча бурмалайт, кай бирөө жете түшүнө албай үстүртөн бирдеме дейт, кай бирөө каңырыш укканын айтат. Башынан боло келген падышанын алмаштырган ордо төңкөрүшү эмес, бул ынкылап, бөөдө коога да эмес, байдын мүлкүн тартып

алып туйтунуш да эмес —түп тамырынан адамды адам, элди эл эзгенди жок кылган, адам менен адамды тең, дос кылган жаңы акыйкат. Ынкылаптын көсөмү жолдош Ленин авалгы күнү эле журт тынччылыгы, жерди теңшөө, мурдагы империя карамагында жашаган үркүн тайпа журт өз тагдырын өзү билиши жөнүндө ашкере айтып, декрет жарыялаган. Бул декрет социалчыл ынкылаптын негизги принциби, кеңеш өкмөтүнүн мындан наркы барар жолунун нугу. Ушул нукта көп журт көптөн көксөгөн улут азаттыгын да, ар бир адагядын керт башынын теңдигин да кеңеш өкмөтү орус калкына гана түгүл мурдагыимперия акимдиги астында мүңкүрөгөн бардык тайпага, бардык улутка бирдей камсыз кылат. Мына Түркстан өзү мисал буга, өзүнчө кеңешчил социалчыл республика болуп куралып отурат...

Мелтиреп ойго батты Мадамин-бек. Эң акыркы сөздөн «дагы эмне керек сага?» деген маани туйду өзүнчө.

Веревкин да, Сухов да башкы командачы эмне деп муютуп, же кандай катуу шарт коюп, кантип кепташка такап жатканын биле алышпай ар кимиси ар башка ой Жоорушуп, башы маң. А тиги «бек» атанган, «өкүмият» курап алган, аны чет жакадан «өзүчө өкүмият» деп санай баштаган неме эмне жооп кайтарып жатат? Бу дагы алар үчүн туңгуюк.

Үй ээси ошол учурда шырп эттпрбей акырын кел аста кол куушура ийилип:

— Оокат даяр болуп... — деп, аста сүйлөп меймандын кенүлүн күтүп токтоло калды. «Макул» дегенди туйдуруп, Мадамин-бек башын ийкеди.

«Оокат даяр болуп...» дегенде, «колго суу куй...» дегенде арттан келип бычак урат имиш, каптап кирип, колдон-буттан сүйрөйт имиш деген апыртма сөздү уккам «булардын кылары бышык» деп, өзү да аябай ишенип алган Веревкин ирени кубарып, эки көзү көк мончоктоп чекирейип эшиктен өтүп кетти. Тышкы далистен күнгө дөп сүйлөшкөн үн угулду. «И... келди келмекчи...» деп эки тизеси, колу титирей баштады. Эми эмне кылат? Ыя! Бирин ала жатарга жок дегенде, наганы болсочу бир октуу?

Үй ээси кичинекей уулун алдына бастыра:

— И, аваларыңын колуна суу куй, уулум. И, кана, басчы, колуна суу куюп, батасын ал, и, уулум... — деп, сүрөй күңкүлдөп келди.

Тогуз жашар чамасы, мотурайган кара бала, атайын жасантып койгонбу, бейкасам кемсал, эки этегин кайра кыстарган, белинде сарала шайы жоолук, калемпир гүлдүү топу кийген. Көзүн ирмегилеп, өйдө карай албай корунуп, же кайра чуркап чыгып кете албай, колундагы узуи моюн жез чөөгүндү бир ныптасына кыйшая араң көтерүп алган, бир колунда чылапчын, нйнинде ак дасмал.

— И-и, этегинен башта, азамат,—деди Мадамин-бек баланы шерденте.

Фрунзе баланы жымыйып тиктеп калды. Бир кезде атасы Василий Токмок айланасындагы бир кадырман кыргызды дарылап, ушундан улам атасына кошулуп, айыл арасына көп чыкчу. Бир жолу ушундай бир кичинекей бала колго суу куйганы эсине келди. Бул элде баласын жакшы адамдарга кызмат кылдырып, ошону шылтоолоп ага көргөзүп, назарына илинтип, анан ак тилек менен батасын, ыракматын алмай адат. «Баласы түгүл итинин күчүгүн ооматтуу адамдын үзөнгүсүнөн өткөрүп алып, ырым кылышат. Жаманбы ушу? Ак тилеги гана эмеспи...» деп ой тегеретти азыр Фрунзе.

Иретинде ал колун жууп:

— О, азамат! Ыя, атың Азаматпы, же өзүң азаматсыңбы? — деп, эркелетип суракта̀ды. — Ыя?..

Бала эмне дешин билбей мылжыйды. Тыяктан:

— Эй, «атым да, өзүм да азаматмын, таксыр» дебейсинби?! Эй, уулум!.. — деп калды атасы, өтө кадырман мейман уулуна назар салганына жетине албай, маңдайы жарыла.

—А, түзүк,— деди Фрунзе,— ыракмат, минтип ишке жарап, азамат болуп деле калган турбайсыңбы, баралыңа жетип элиндин керегине жара, Азамат!

— О, айтканыңыз келсин, таксыр! — деп, астейдил ыраазылык айтты атасы. — Хызыр жылоологон адамсыз, ысыр, айтканыңыз келсин, ылайым... т «Эл сыры салты эмеспи! Билет ко

баарын бу?! Астаапуралла-а. Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ок жанат, а таалим көргөн көч баштайт! Ыя, мунун атасы ким, таалим берген пирн ким?..» деп, өзүнчө тунжурады Ажымат.

Үй ээси чоң чарага дөбөлөнгөн багалан козу этин, башы үстүнө коюлган, булоолонтуп көтөрүп келди.

Дасторкон жыйылган соң кеп кайра жалганды.

Фрунзе аста баам коюп, же каршы, же ынанган мүнөзун баамдоого Мадамин-бекти имерип тиктеди. А Мадамин-бек өйдө да карабай, өзүнчө ой толгоо менен кынжылып, бирок Фрунзенин бир жаңсыл пикир күткөнү, ой-санаасын астын-ала чактагысы келген убайым басып турганы аны сайын кысмактап, шаштырып жатты.

Фрунзе:

— Макул, илгертен көксөгөн улут азаттыгын алдыңар дейли, өз алдыңарга илгеркидей ордоңорго ээ болдуңар дейли, ар бир адамдын керт башынын азаттыгын камсыз кыла аласыңарбы, бай менен кембагалды тевдейсиңерби. Муну өтөй албаган соң, замандашым, силердин жакшы үмүтүңөр мгакшы үмүт бойдон, бай баягы эле бай бойдон, карал баягы эле карал бойдон кала берери шексиз!

Мадамин-бек ийин кага улутунуп алды да, жанагы эле ойго баткан, өйдө карабаган калыбында башын ийкегиледи. Фрунзе анын ичи уйгу-туйгу болуп жатканын бир түнөрүп, бир жанып турган каш-кабагынан сезди. Мадамин-бек өйдө карап, Фрунзенин көзүн тиктеп дагы токтоло калды:

— Ыя? Мындан келди, бизге колго гана түшүп бере бериштен башка эчтеме калган эмеспи, бурадар?!. — деди, үнү басмырт, ичтен буулугуп, муңканган касырет ширелип, ошол эле гапта тиштенгеи, капканга түшкөн өз бутун өзү кемирип жеп бошонгон карышкырдын кашкөйлүгү сезнлип.

Фрунзе башын чайкады:

-Мен али антип айта элекмин.

Мадамин-бек:

— Кудайга шүгүр, жыйырма миң кошун боору бүтүн турат. Жашыра албайбыз, кошун жаңы, урушка машыга элек али, орус пашасынын акимдери биздин элди белңце узун аш бычак байлатпай, үчөөнүн төбөсүн бириктирбей бирин-бирине тукуруп, кырды бычак кылып, «жапайы» деп, атасын жамандап өзүнө ишендирип, рухун тебелең жексен кылган эмес беле, ошонун салакасынан уруш ыгы түгүл эки жолдун айрылышында башы маң болгон абалга келген. Кантебиз, жатып бере беришке болбойт, урущта туруш жок деген эмеспи, секиндеп баш кагып, өлүмгө түрүү калышы үчүн тике кароого көнүгөбүз! Өз элпбиз биз үчүн түгөнбөс кен, соолбос мүрөк. Күн санап, аргымак атын, азамат уулун аябай катарыбызды толуктап турат. Мына, унчукпай өз колубузду өзүбүз байлап беришке оюбуз жок али. Биз өз ата журтубуздун коён жатагын, кайберен чыйырын жакшы билебиз, демек бизди ата журтубуздун ой-тоосу калкалайт, биз бир кудайга сыйынып, жылдын төрт мезгилинде тынымсыз күрөш уланта беришке мүмкүнчүлүгүбүз бар...

Ажымат теспесин алып токтотуп, үлдүрөй сүзүп отургаң көзү жылтырап ачылып, Фрунзеге тымызын серп салып, «эми буга эмне дээр экен?» деп, кымырыла кулак төшөй калды.

Фрунзе:

— Биз дагы ушул элге сүйөнөрбүз. Эл азыр жалгыз сиздики эмес, мына ушуну жакшы түшүнүп коюңуз, кадырлуу замандашым. Ал эми, жең ичинен четтен алып турган көмөгүңүз барын жашырып калдыңыз, мейли убакыт саал создукса ал көмөк дагы орчун болуп калышын эске алып эле айталы, сиздин жыйырма мпн деп эсептелген кошунду ушул азыр менин карамагыма топтолгон аскер күчү менен тез эле жоюп коюу көп да кыйынчылыкка турбайт.

Экн көзү чекчейип тиктей берди Мадамин-бек. «Эмне?! Коркутуубу бу?!» деген зил соз ооз учуна келип турду. Муну сезди Фрунзе:

— Жаман албаныз оюнузга,—деди жумшак,— менин атайын келип алып айтарым бул эмес. «Ал планшетинен «Түркестанский коммунист» газетасынын 1919-жылдын 7-ноябри күнкү номерин алып, Мадамин-бектин алдына таштады. Лениндин «Түркстандык коммунист жолдошторго!» деген каты жарыяланган.

«Ушуга дейре эзилип келген алсыз элдерге жумушчу-дыйкан республикасынын жакшы мамилеси бүткүл Азия үчүн, жана да миңдеген, миллиондогон адамдар үчүн да иш жүзүндө таалим болуучу мааниси бар.

Мен бул маселеге өзгөчө көңүл бурууңарды өтө суранам,— үлгү болуп, накта иш аркалуу Түркстан элдери менен өздөй, жолдоштой мамиле түзүү үчүн бардык акыл-аракеттерди зарыптоону,— беликорусь империализминин бардык изин жок кылуу менен биз аянбай британия империализми башында турган бүткүл дүйнөлүк империализмге каршы күрөшөбүз деген ниетибиздин астейдил экенин жакшы иштер аркылуу аныктоону,—биздин Түркстан комиссиябызга чын ыкласта ишенүүнөрдү суранам.

УЛЬЯНОВ (Ленин).

Бул кат Мадамии-бекке белгилүү болучу. Бирок «Ким билет, жанында турбасаң жазып жатканында, анын ысмын коюп, ушул жердеги эле көп төрөлөрдүн бири кыла койгон алдоо болсочу, ким билет?..» деп мунун анык экенине күмөн кылбай коё алган эмес. Эми минтип, кеңеш өкмөтүнүн көсөмүнүн жакын адамы Фрунзе өзү колуна карматып отурган сон каттын мааниси да, таасири да артып, азыр кайрадан өзгөчө бериле кунт кылып, ой-санаа теренине батып отуруп, ичинен окуду.

Фрунзе:

—Мына, биздин максат мына ушул! Ушун үчүн, астейдил жолдоштук алака кылмак үчүн сиз менен атайын келип жүз көрүшүп, сырдашып отурабыз. Сиздин элнме кылам деген жакшылык үмүтүңүз, кара башты сайган аракетиниз, менин байкашымда, мүнөзү, теги келип, биздин улук жолдон кыйгач кетпей турган сыяктуу, жакын. Эстүү адамсыз. Сиз муну сезип эле турасыз, көрүп эле турасыз. Кана? Эмне дейсиз?

Мадамин-бек акырын улутуна үшкүрүп койду. Үшкүрүгү менен ошол тапта болуп жаткан көңүлүндөгү уйгутуйгусу кошо чыкты.

Фрунзе:

— Мына, британ̃ия империясы башында турган бүткүл дүйнө империализми кеңеш өкмөтүн бешиктен белин чыгарбай муунтуп салыш үчүн, уюшуп, каптап басып кирип, бирок жамы журт колдогондо алы жетишпей, сокку жеп, кайра чегинишке аргасыз болушту да, эми бул жактан мурдагы эзилген Түркстан журтунун падыша акимдерине каршыккан ниетин кенеш өкмөтүнө көкүтүүгө аракет кылып жамандык ишин улантып жатат. Кана, кокус империализм кай бир жеке баамдай албаган же өзүн таптык кастыгы жетелеген жергилик кишилердин жардамы менен Түркстанды кенеш өкмөтүнүн канатынын алдынаң чыгарып кетти дейли. Үзүрү эмне болмокчу? Кана, кабарыңыз жок деп айта албайм, британия империясы кылымдар бою тебелеп туйтунган көп колониясына азатт берген бекен, капсы журтту англистерге тең кылган экен! «И-и, кармашкыла, азаттыгыңарды жеңип алгыла орустан!» деп, ар кимдин колтугуна бир суу бүркүп, а өзү куу чеңгелин ошол жылмакай сөздүн артынан сунуп турат. Мына, көздөгөнү башка көп колониясы сыяктуу эле мыңк эттирбей басып, тебелеп, таламайлап жемей гаңа! А биз туулган жер, тууган эл — эсил Түркстанды кара жемсоонун алдына таштап берет бекенбиз?1 Жок, эми жүз мерте, миң мерте жок! Биз орус империализмин кулаттык эми ирети менен анын кан изин, булганч изин жок кылып бардык эзилген журтка азаттык, басылган адамга теңдик дем берип, мына ошол жамы журт менен бирдикте бүткүл дүйнө империалнзминин жолун бууп, анын бүт Азиянын, Африканы соруп тоюнбаган сугалак тумшугуна бул жердё оңой олжо эмес, кызыган темир басабыз.

Бул адамдын эчтемени бүкмөлөбөй, жапмалабай түз да, ачык да, өзүнө имере тарткан кулакка жагымдуу басмырт коңур үн менен ыңкылапты, досун, касын, аягы келип бул жердеги күнүмдүк шартты саласал кылганы Мадамин-бектин көңүлүн көзкөрүнөө ийиктирди. Ошол эле тапта «этият бол, жетн кайра карыштап бир кес, аксактын акырына кара» деген көнгөн адат аярлыгы шектентип, оозун басып, тымпыйтып кармады.

Фрунзе:

— Мына, «элим, элимдин эртеңки күнү» деп, чын эле күйсөңүз, жол ачык, биз кучак жайып тосуп алабыз, өтүңүз бизге. Бирге күрөшөбүз элибиздин эртеңки күнү үчүн, түбөлүк теңчилиги

үчүн. Муну, эсиңизде болсун, мен кеңеш өкмөтүнүн атынан, Лениндин атынан сунуш кылып отурам...

Үй ичи жымжырт болуп, ар ким бир жаңсыл жооп күтө отурган жеринде катты. Бир убакта ийин кага улутунуп алып, өйдө карады да, Фрунзеге анын оозунан чыккан сөзү менен дилинде турган оюн байымда салыштыргысы бар өңдүү мелтиреп тиктеди.

Ушуну менен ал күнкү сөз аяктады.

Коргон ичи тыптынч, айсыз караңгы түндү түйшөлтүп, кээде гана дарак башын биртке термелте жел жортмологонсуйт. Те коргондун этек жагынан сүтак сайрап, кайра бир убакта ал дагы магдырап үргүлөп, түн түбүнө чөгүп, дагы кулак кескендей жымжырт.

Чоң дарбазага жакын чарпаясңңда үй ээси уктап жатат, кээде коңурук салып кеткени араң эле түн арасынан кулакка жетет.

Веревкин, баарына кулак түрүп, тиги дарак башы шылк эткенине да сүтак үнү дароо эле тына калганына да, даро ээсинин коңуругуна да жаман ой жооруп, шектенип, өз оюнан, өз шегинен өз эти дүркүрөп, ушундайучура жаздыгын ала жатарга жанында маузери жоктугуна вкүчүп отурду.

— Сиз кандай дейсиз, Сергей Лукьянович,— деди акырын,— менимче мына бу үй ээси ойгоо эле, байкаңыз, коңурук тарткан киши бир калыпта шырылдата бербейби, бу шайтан урган бирде токтоло калып жатпайбы, теребелди тыншай калып жатпайбы, кудай урсун Сергей Лукьяиович, бизди уктасын деп, биздин байымыбызды басып, андып жатат ушу...

Сухов тиги Фрунзе эс алып жаткан мейман үйү жакка моюн буруп, ойготуп албайлы деген этияттык кылып, тыкшап коюп, тигиден да акырын күңкүлдөп жооп кылды:

— Туз даам берген үй ээсинен шек саноо жарабайт, Иван Иванович. Эгер бизге бир жамандык ою болсо жаш баласын жанына алып жатмак беле, ыя, наристеге кан жайкаган бир жамандык ишти көрсөтмөккө кумар дейсизби, ыя?..

Веревкин чылым ороп күйгүздү:

— Сиз бул жерге жаны келген адамсыз, а мен кудайга шүгүр, мен билем го, так ошо баласын жанына алып жатканы биздин көңүлүбүздү тынчытып азгырганы, менимче!.. Э-э, билбейсиз, бул жерде мейманчылап отуруп тындым кылуу абдан мүнөздүү...

Сухов:

— Ыя, «бул эл душманы болсо да үйүнө караңгы конокко конуп калган адамга эч качан кара санабайт» дейт ко Михаил Васильевич?

Веревкин көпкө унчукпай, чылым соруп отуруп, бир убакта наалый сүйлөдү:

— Мен дагы билгенимди айтам го... Караңызчы, бул жерде түн караңгы, бул түн көп нерсени жашырат койнуна, ошондой кишилеринин да ички дүйнөсү ушундай караңгы, туңгуюк, табышмак. Бир көрсөң баштарын коондой жарышып, кечинде бир койдун этин бир жеп, жарашып калышат, а бир көрсөң болбогон катуу сөзгө теригип, аны эч унутпай кийин бир учуру келгенде жамандыгын күлүи отуруп, зыяпат кыла отуруп иштеп салышат. «Өч» дешет аны. Өзү убагында алалбай кала турган болсо ал «өчүн» баласына айтып кетет.

Сухов:

— Коркунучтуу экен...

Веревкин:

— А командачы такыр ишенбейт, ишенмек түгүл мен «эски ою бойдон» деп күнөөлөөгө даяр. Ырас, бала кезинде булардын арасында жүргөн экен, балдарынын арасында ойногон экен, бирок бала кез деген бала кез эмеспи баары гүл, баары тегиз, баары кызыл тазыл көрүнө беле дүйнө... Ыя, эмне кереги бар эле ушул жерге убара болуп келиштин?! Же алдына те штабга буларды чакырып алып «Ташта куралды! Бо-ол! Кырыласың бириң калбай, айтып коёюн, моюн толгой турган болсоң!» дегенде эле сөз бүтмөк...

Сухов:

— Сиз өзүнө айтпайсызбы?..

Веревкин караңгыда Суховдун ирецине үңүлүп тиктеп алды. «Муну кара ыя, мени бул жерден айдалып кетсин деген ойдо экен го бу?..» деп, ичин урунду өзүнчө.

Көпкө унчукпай калышты.

Те жакын эле жерден дүпүрөп көп атчан өтүп калды. Веревкин ушул жакка келе жатышабы деп, элтейип ордунан туруп, Фрунзе жаткан бөлмөгө карай кадам аттап, Сухов аны этектен акырын тартып токтотту:

— Коё туруңуз, Иван Иванович, өтүп кетишти, коркконго кош көрүнөт болбоңуз.

Веревкин башын чайкап, кайра ордуна отура албай, ар кайсы тарапка кулак төшөй, шыпшынып кейиди:

— Мына, караңызчы эми, карышкырдын так уюгунун төрүнө өзүбүз келип берип отурабыз, бу жырткычтар кандай иштесе тырп эте албайбыз, азуунда гана турабыз жаныбызды оозубузга тиштеп...

Сухов:

— Саясий мааниси бар, Иван Иванович, «катуулук дайыма кайра каршыгууиу тууйт, ишеним достукту тууйт» дейт Михаил Васильевич. Кеп жалгыз бул адамда эмес, бул адамды өз тарабыбызга ийгерүү кеңеш өкмөтүнө ишеним туудурат да, мунун артынан миңдеген журт ээрчимейинче бул жерде кеңеш өкмөтү курулбайт, кыйын.

Веревкин макул болгон жок, бирок талашып да отурбады. «Э-э, катуубу, жумшакбы — баары бир кеңеш өкмөтүн курмаксың, жыйынтыгы бир эмеспи! «Саясий мааниси» деп баш оорутуп...» деди өзүнчө, чылымдын түбүн силке ыргытып, артынан катуу түкүрүп салды.

Бир убакта үй ээси ордунан козголуп, акырын туруп, чоочутуп албайын дегенсип акырын жөтөлгөн болуп, бери шырп-шырп кепич сүйрөп басып келди да, төбөсү менен тик сайылып салам айтты.

—Ну-у, салам, салам,— деди Веревкин үрпөйүп,— эмне керек?

Булардын бирдемеге камтама болуп кужулдашып жатканын байкап, көңүлдөрүн тынчытып коёюн деген ой тургузуп келген. Үй ээси шашылбай бирдеме деп, туш тарапка оң колу менен имере жаңсады.

—Эмне деп атат? — деди Сухов, көп жыл иштеген эмеспи түшүнөр дегенсип Веревкинге.

Шайтан өзү билбесе? — деди Веревкин. «Төрө» деген сөзүн гана илип калдым. Ыя, колун эле серелейттегерете, ыя, «курчап алды» деп жатабы дейм?..

Сухов күлдү:

— Оюнуз бүт жамандык экен, кудай акы, Иван Иванович! — деди да, үй ээсинин үнүнөн, журүшүнөн эч кандай шектүү эчтеме көрбөй, кайра далысынан таптап, түшүнгөн кишидей, ыракмат айткан кишидей башын ийкеп койду. — Хорошо! Хорошо...

Үй ээси дагы бүгүлүп таазим кылып:

— Корош... Корош... — деп, кайра өз ордуна карай басты.

Ошол учурда «Эмне уктабай отурасыңар?» деген башкы командачынын үнүн угуп, Веревкин менен Сухов кайрыла карап калышты. Фрунзе ич кийимчен экен, эчтемеден капары жок, керилип, чоюнуп эстенди да:

— Эй, чын эле, эмне алигиче уктабай отурасынар, ыя? — деп сурады. —Тиги үй ээси камтама болуп жатпайбы! «Бүт кварталга күзөт коюлган, бул жерге ннети жаман киши эмес, келемиш жорголоп өтө албайт. Тынч уктай бергиле, урматтуу төрөлөр...» деп атпайбы. Ну, «төрөлөр», чырм этип алгыла, бир аздан сон уктайм деп уктай албайсыңар, азан айтылат, бул эл намазга турат...

Фрунзе кайра кирип кетти.

Жалгыз кара чырак, кең бөлмөнүн бурчтарына жарыгы жетпейт, билиги түгөнүп бараткан сыяктуу, конурсук май жыттанып, араң бүлбүлдөйт.

Ажымат өзүнөн-өзү кунары жок, үч бүктөлүп чөк түшкөн, сүкүт тарткан, башын шылкыйтып, былк этпей төрдө отурат. Жүзү кара чырактын алсыз жарыгынан аны сайын түнөргөн, баятан көп сүйлөп жаагы ооруган сыяктуу эрди эрдине жабышып, мулжуюп үн катпайт, эки колунун учу гана кепшеген коёндун оозундай тымызын лепилдей теепе санайт. Бир убакта бир «шырп» этип, бу мемиреген түн бейкут, оор санааны Мадамин-бектин бөлмө ичинде нары-бери басып турганы гана алаксытат. Ал дагы Ажымат бөлмөдө отурганын унуткан, терезеге улам барып, тыш жакка кулак түргөн. өндүү былк этпей бирок таштаң каңырт

кулагына эч илинбей бүт турманы өз көңүлүндө кымкуут, буркан-шаркан, бирде ындын өчүргөн кум санаа менен. Колун артына алып, тамдын шыбын тиктеп, басып токтоп, кайра колунун учун укалап, муунун кырсылдатып ою эки жагы тең жар сыяктуу, бир кадам шилтесе элё же биринин түбү терең, же биринин түбү тайыз баары бир жер куйга кулап түшүп кете тургандай, не айла, ңе аракет, кысталыш абалга кабылып, дени да көңүлү да чөккөн, ноюган.

Эшиктен күзөтчү кирип таазим кылды:

— Бек, Риза-али-бей кирсем дейт...

Терезеден тыш жакты карап үңкүйүп турган калыбында акырын башын ийкеди Мадамин-бек. Далис жактаң басмырт күбүрөгөн үн чыкты да, аяр басып, ичкери Энверпаша кирип, үй ичин бир сыдыра тиктеп алып, бир аз ыңгырапа дымак сездире салам айтты.

— Бей,— деди Энвер-паша,— өзү билемдик кылдыңыз, бей. «Мейли, сүйлөшөлү» деп коюп мына, тебелеп келип төрүңүзгө жатып алды, эмне жооп бересиз эми?.. Хе, сизге багынып бергени келди дейсизби бу чүрчүт?! Ыя?..

Мадамин-бек былк эткен жок. Энвер-паша бир кур кайрылып чыгып кете тургансып, кайра кыжыры тутуп:

— Бей,—деи, камчысын эки бүктөп, сол алаканын акырын чапкылап, кекеткен түр менен суйлөду,— мунуңуз туура болбойт, эч качан туура делинбейт, бей. И-и? Ушунча куралган түрк ишин кечип жибересизби? Кедей элдин тагдыры?! Ушул да себепби?! Ар ким бешенесиндегини көрөт. Ыя, кудай маңдайына «жарыбайт» деп жазып копгон пендени большевиктер эле жыргатып жибермекпи?! Бир сөз тантыраган!..

Пашанын үнүнөн ызырынуу сезип, жеме туюп, бирок эч териге албай шалдайып турду Мадамин-бек.

Энвер-паша: -

— Өз журтунун мүдөөсүн сатып жиберер ким экен? Дос тең болгондо дос, эгер бири эле же күчүн, же байлыгын, же акылын өйдө еезсе досунан — ал дос эмес — бири кул, бири кожоюн! Ыя, ушу жер жайнаган көп орус өзүнө тең кылганы отурабы? Орус эле болсо, ыя?! Эч качан тең-көрбөйт, э-эч качан! Кул болуп бересиз, бей, мурдагыдай эле. Жалгыз өзүңүз кул болуп басып кетсеңиз саткай сарым эле, кудурет ай, бул жердеги жамы түрк баласынын шоруна чычканы отурасыз, бей, айтып коюш парызым...

Ушундан соң катуулашабы, айтышабы деди Энвер-падагы заар сөз камдап, мелтейип эки көзүн Мадамин-бектин үккүйгөн далысыпа кадап токтолду. А Мадаминбе дагы эле каяша кылбады. Муну «и, ойлонуп калган экен, катасын мойнуна алган экен» деп болжоду паша, эми батынып төргө өтүп, мандаш токуна, ныгырыла отурду Же нары, же бери бир жаңсыл сөзгө келишмекке көшөрдү.

Уй ичи тири жан жоктой жымжырт, Мадамин-бек ийин кана улутунуп алды. Мына, жолдун эки айрылышында турат. Ыйык тутунган пиринин байым салып отурганын, тиги дажаал кара мышыктай кычым пашанынэки көзү шилисине кадалып турганын сезди. «Өз журтунун мүдөөсүн сатып жиберер ким экен?!» деп, пашанын жанагы сөзү кулагына кайрадан жекирик болуп угулду, ич аңтаргансып жымыя тиктеген Фрунзе келди көз алдына. «Кана, чын эле өзүнүздү эл тагдырына күйгөн азаматмын деп эсептесеңиз келиңиз, өтүңүз биздин катарга, бирге күрөшөбүз элибиздин келечеги үчүн» деди Мадамин-бек ичтен майыша купуя кайталап, ар бир сөзүн өзүнчө өкчөдү, салмактады. «Э-э... Бул адам же азгырык азазил, же периште мени туңгуюкта колума шам карматып, ак жолума ээрчиткен! Ыя? Же бу орустарың жылмакай кебете киймекчиби, ыя, кебин жан мемиреткен кыяк менен угузуп, мактай, далыңдан таптай отуруп, күлө отуруп, этиңди эч оорутпай, бучкагыңды кан кылбай кылтаңды кыркып кыл менен бууп, тегинде баягы эле үстөмдүгүн бекемдемекчиби?..» дем кармашты, бирине-бири сыйышпаган эки түркүн кум санаасы.

Энвер-паша чыдамы кеткендей акырын копшолгон болду. Бир чети, тиги бек атанган неме сөзүн жоопсуз калтырганы, алиге өзүн сыпайылык үчүн да болсо бир жүз багып тиктеп койбогону итиркейин келтирди белем. «Ия, бу не кылганы?! Ит келдиби, же куш келдиби дебей, ыя?!» деди дили кыраа болуп, бирок аны сайын астейдил колкабышка келген тууган кебин кийип, кымырылып:

— Бей, душмандын эстүүсүн бербесин теңирим, бу азыркы кара орустун даңкы таш жарган колбашчысы Фрунзе оңой жоо эмес...— деп, акырын, аяр кеп улады. — Ыя, куу чеңгелге те илгерки бала уясынын жыты тартып, өзү келип берип турбайбы, чиркин. Шылтоо жокпу?! Жалаа кылып да болсо бирөөгө... Теңирим ай, кара орустун бир балбан устуну карс деп сынып гана түшмөк, о теңирим ай...

Жалг карай берди Мадамин-бек, эрди бек кымтылган, муруту түктөйүп, эки көзү пашага кадалды:

— Эмне? Эмне дейсиз? — деп, ызырына күңкүлдөй сүйлөп, бери жулуна басты.

Сестене:

— И? — деп, Энвер-паша ордунан тура калды,—Мең али... мен али эчтеме дей элекмин...

Мадамин-бек:

— Ыя?! Биздин колубуз менен чек кармагыңыз бар экен го?! — деди, паша дагы бирдеме айтканы ооз жасаң келе жатканда колун кескин терс шилтеп, сүйлөтпөй салды. — Ыя? Мына, эртең Фрунзе «колуңарда бир бузуку жүргөн имиш, ошону бизге тартуу кылгыла» десе, эй пашам, эмне демекчимин? Мен ушуга да, байлап берип койсо да боло турган нерсеге да, макул боло албаймын! А сиз, бизди кыянат жолуна түртө салып, «май чыкса ана, чыкпаса мына» деп, куу түлкүчө кызыл куйрукту сыртка салып турмаксыз, бейм?..

Паша элтейе түштү. Ушул азыр унчукпай кутулбаеа Мадамин-бек бек сөөлөтүн мындай коё туруп эле жакалап, күч көрсөтүп, кордоп, анан лыкылдаган күзөтчүнүң алдына салып бере тургандай өңдөндү көзүнө. Паша көз көрүнөө деми кесилип, мыңк эте албай, жыла басып тышка карай жөнөдү. Мадамин-бек «кетсин, көзүмө көрүнбөсүн, бузуку» деп, тиги эшиктен чыгып кеткенден кийин да, артынан жекире тиктеген бойдон калып калды.

Паша жалгыз келген эмес окшойт, далисте бирөө менен кобураша калып, андан нары короого чыгып, кыйла атчан белем, дүпүрөтө чаап, жүрүп кетишкендей болду.

Алла атын миң ирекет айтып болду белем, Ажымат теспесин токтотуп, «йе, үргүлөйүн кудурет, тообамды кабыл кыла көр» деген мунажатын эрини араң кыбырай купуя ниет кылып, акырын бетин сыйпап бата кылды да, эми Мадамин-бекке жүз багып:

— Углум,— деди акырын,— дос менен кас ажырымы айгине, углум. Койнуңу куру жаңгакка толтурган жалгыз аяк англисти да көрдүң, «кайридин коомунан сактамакчы» болгон ак орус төрөнү да көрдүң, жанагы жакынсынып күйүккөн османлы сыпатын байкатты — баары кыйды, баары куйту, сенин колуң менен от ичкериштирмекчи, чок кармамакчы, эптеп эле сенин элиңдин жонуцан туйтунганы жүргөн шылуун экен баары. Баарынын тилинен бал тамат, мактаса булут мингизет, кемиңе нары карап күлөт, а табагыңа сенден мурда арам колун сунат — шыбагаңды каракташмакчы.

Мадамин-бек тоорулуп, бир кур таңыркагансып, карынын оозун тиктеп калды. Ажымат маани улады:

— Эми, мына, жаңы өкүмияттын ишенимдүү адамы менен да сыр тартышып отурасың. Бу «жаңы» дегендей эле жаңы өкүмият экен, углум. Мунун те альмусак кезден бери өкүмият, өкүмдөр атпай кылбаган теңпоздугу акыры баарын оп тартат, баарын жеңет. Э-э, телегейи тегизби журттун?! Ме деген кудайга жагат. Кедей эл мал бергенге, жер бергенге кетет, тузсыраган көп койду өзүң жалгыз көк келтек менен тосуп токтото албаган таризде, углум, эми аларды жаңы өкүмияттан бөлүп тутуш кыйын.

Мадамин-бек нес болгондой ойго батты;

— Ым...

Ажымат:

— Те кезегинде пайгамбарыбыз бир жагына чарбадарын, бир жагында дыйканын, өрмөкчүсүн отургузган. Маани ушул ки, курсакты тоюнткан, абирени жапкан ушул үч адислик кадыры жамыдан бийик коюлган эмеспи. Мына, ошол чарбадарды, дыйканды, өрмөкчүнү эки ийнине көтөрүп чыкты бу өкүмият. Бу өкүмият абжалат...

Көзүн үлдүрөтө өкүнө кеп улады Ажымат:

— Тигине, азыр сенин жаныңа байырлап, сени жаңы өкүмиятка көкүтүп турган бай тууганыңдын ага жалчы жүрүп жанчылган кедей тууганына жайнаган малынан же марзесине

көз жетпеген шудугер жеринен биртке бөлүп берип койчу — ал эртең эле сенден жүз үйүрүйт, каршыгат, колунан келсе мойнуңа кыл сыйыртмак салып, жан алгычыңа тапшырышка ашыгат...

Үшкүрүп, көзүн жума чалкалай отуруп калды Мадамин-бек. Ушул азыр эч кармары, эч сүйөнөрү жок баш айланткан бир киргин дайранын үстүндөгү бир таман калтылдак көпүрөнүн ортосунда тургандай кооптуу сезим, ошону менен эле жанаша көпүрөнүн тиги башында Фрунзе колун сунуп, «бери өт» дегендей, көңүл бир чоочунуп, бир тартылып, оор санаадан башы каңгырады. Ошол тапта бир тарапка кайрылгыс болуп кете берер, не өмүр, не өлүм, тобокелге баш байлаар санаанын акырына жакындады. Кана башка арга?! Кана үчүнчү жол?! Жулук суу болбой турган тынч да, сыпаа да үчүнчү жолду катаал мезгил ага кыйбай отурбайбы?!

Үй ээси короосун шыпырып, чаң басты кылып суусээп жүргөн. Чоң дарбазанын сыртына бирөө келгендей шабырт угулуп, төшөгүнөн эми баш көтөрө баштаган уулу тура чуркап, калитти ачты Мадамин-бек экен. Көңүлү бир куунак кезде, же бир өз касиретин өзү түшүнгөн чарасыз учурунда адам муңайым, өзгөчө жумшак болуп кетет Мадамин-бек балага эңкейип:

— И-и, азамат жигит,—деп, үнү да, жүзү да жылуу, колун алып, коё бербей көзүн тиктеп, эркелетип калды. Үй ээси чөөгүнүн жерге коё коюп, дикилдеп утурлап жетти.

— И, кандай, меймандар жакшы жатыштыбы?.. — деп үй ээси тиктебей эле сурай берип басты бек. «Шүгүр, кудайга шүгүр...» деп, үй ээси жандай келди кайра.

Уйкусу жакшы канып, эрте тура жуунуп, чыкыйып кийинип алган Фрунзе мейман үйдүн бастырмасынан тосо чыкты. Жазгы дарактын жалбырагындай ачык саргылт жашыл көзү кылыйып, эрди бир сырдуу жымыя кымтылып, те алыстан эле Мадамин-бектин жүзүнө тымызын серп салып турду. Ийкем менен салам айтып, эки колуң тең сунган бектин колун кыса, коё бербей туруп, «э, түзүк, кабагы жайнап келди го» деген жакшы үмүткөр ой-кыял анын жүрөгүн сылай жылытып өттү да:

— Йе, жолдош Мадамин-бек, көзүңүз киртейип, кызарып, эмне, сизге такыр уйку беришпеген го дейм? —деди көңүлү куунак. Эмне деп жооп берер экен? Жылт этип өткөн биртке убакыт ичинде дагы бир кыйла санаа, жоромол сапырылып кетти.

Нестейип тиктей берди Мадамин-бек. «Жолдош?!» Кубанганда да жүрөк шуу дейт, кубанып да кете албай, «чынбы ушу?..» деген кыясы, бүткүл дити менен эки көзү бакырайып, оозу жарым ачылып нестейди. «Жолдош»?! Ушул азыр да кечиндеги санаанын калтылдак көпүрөсүнүн ортосунда кычым паша алдын кыжылдап тороп, пиринин акыл чырагы бет алдын жарык кыла тагдырдын оң.жолун көрсөтүп, шарияттан таап берген риваяты[1] белине таңуу болуп, бирок али жүрөксүп, али бир чечкиндүү кадамга өтө албай мүңкүрөп, бүткүл ой-санаасы эки анжы бойдон келген. «Жолдош...» Ишенбеген жолдош болмокпу?! Тен көрбөгөн жолдош демекпи?! Бул сөз жүрөктү купуя сыздаткан бир бөгөттү шарт алып таштады да, сары санаанын калтылдак көпүрөсүнөн а-бу дегиче көтөрүп эле өткөрүп кеткендей болду. Эми ал «жо, жолдош боло албайм» дейби, жолдош боло албайбы?! Булар ансыз деле улуу жолун узатып кете беришет! Бир коркунучтан кыя салып өткөндөй, эми ал те алыс артта калгандай көңүлү тынчтана да, бир жаңсыл боло да түшкөнсүдү.

— Жолдош... жолдош... — деп мукактанып, бул сөздү Фрунзенин оозунан биринчи угуп, кантип өзү оозунан чырганына таң болуп, ушул жалгыз ооз сыйкыр сөз тарып кошо биротоло жан оту менен бул адам тарапка өтүп, эми башка бирөө эмес, өзү кааласа да кайтмай жок болуп калганына тула бою чымырап сезди:—Жолдош болуптур кыл көпүрөдөн өттүк бейм... — деди үнү дирилдей.

Веревкин жанында болсо: «И-и, жолдошту тапты го оңой жерден?!» деп, Фрунзеге ыраазы болбой, аны «бала кыял» деп, тымызын баш чайкамак. Түнү бою кирпик агышпай ал Сухов экөбү килем төшөлгөн сөрүдө томурайышып, бүкүлү бойдон уктап жатышкан.

— Ырас, кыл көпүрө экени ырас, жолдош Мадамин-бек, — деди Фрунзе жымыя тиктей,— тигил өйүздөн бул ойүзгө эле өтүү эмес, бул — бир таптан экинчи тапка, бир дүйнөдөн бир

[1] Р и в а я т — шарияттан алынган жобо, мисал.

дүйнөгө келүү, демек адашкандан айкын он жолго чыгуу. Муну көрүнгөн эле кыла албайт. Чын эле эл камын ойлойм десе, өз элинин азаматы болсо өтпөй коё албайт биз тарапка деген элем.

Экөбүнүн тең жүзү нурланып кетти. Мадамин-бекти дароо колтуктады Фрунзе, бакка карай басышты. Мадамин-бек:

— Сиз менен бир сүйлөшүүгө куштар болгон элек, жолдош Фрунзе, Биздин арабызга келбейт ко дешкен. А биз бара алмак эмеспиз. Моюнга алмак ылазим, «кел» деп биз койгон шарт орундатылбай турган эле шарт болгон. Бирак, күтпөгөн кыяпта, аскер кубатын айтпаганда да, ушунча кадыр сеөлөтүңүз боло туруп, жөө кишиге аттан түшүп колун алган таризди, жолдош Фрунзе, биздн да көпкө кулак тутар, жүйөгө тен коёр эл деп санап, теңиңизге алып, ар ким ар кандай коркунучтуу болумуштарды кулагыңызга куйганына карабай, эч чоочулабай ичибизге келип сыр алышканыңыз бизди өзгөчө ийгерди. Мурун деле кеңеш өкүмияты акында кабарыбыз болгон, бирак, биз сиз айткан сөзгө ишендик, сиз айткан акыйкатка тен койдук...

Фрунзе:

— Бирөөгө жамандык кылган же бир жамандыгы оюнда катылуу жүргөн адам шексинип коркот, а биз эмнеге коркот экенбиз, биз ыңкылаптын акыйкатын ак туу кылып көтөрүп алып, душманыбызга да, ошондой эле санаасы жакындарыбызга да бетме-бет чыга беребиз. А акыйкаттан дили таза адам буйтай албайт.

Не дегени менен бу сыпаа, сөөлөтман адамдын дагы бир жүрөк өйкөсү көңүлүндө турганын Фрунзе сезди. Зинеге ыразы эмес? Эмне айтмакчы? Фрунзе бири сыя ирең, бири каза илекидей түрлөнө бир текши гүлдөп турган балаты бакка калкамандай бет алды. Ойлуу Мадаминбек эки колун артына алып, аяр кадам шилтеп, катарлаша басты. Кандай шарт коймокчу? Дагы алдыртан серп таштады Фрунзе.

Мадамин-бек:

— Жолдош Фрунзе... Те жаңы куралган айларында кеңеш өкүмиятынын уезд башкарган бир улугу столун мау. зери менен каккылаганы эсимден кетпейт. «Эй, макул ак паша түшүрүлдү тагынан, кетти төрө Керенский да, баарынын ордуна кеңеш бийлигин курап кедейчил Ленин келди, эми «эркибизче болобуз» деп, декретти өз карышыңар менен ченеп жаңылышып жүрбөгүлө деп эскертем! Таксыр ак паша да орус болгон, төрө Керенский да орус болгон, мына кедейчил Ленин да орустан — ушундан биле бергиле, Улуу Россия таламы баарына бирдей кымбат, эч кимиси нечен кылым боо курулган ыйык империяны бүлүнтүп, тоздуруп, ким көрүнгөнгө талатып жибербейт. Эч кимдин акысы жок! Мейли, ак паша, убактылуу өкмөт, кеңеш өкмөт өз чатагын орусчасынан өзүлөрү тынышат. Бөөдө дарбыбай силер тагдыр буйруган ишти кылгыла — мал кара, эгин айда, пахта бак. Моюн толгойт экенсиңер...» деп ызырынган. Мына ошо кишилер али ушу бүгүнгө чейин иштеп жүрүшөт. Муну кандайча түшүнсөк болор экен?..

Фрунзе:

— Муну айткан, ким болсо да, кандай гана чоң мансап тутуп турбасын, кымырылып ичке кирип алган душман. Ырас, мындай бирөө да эмес, мындай немелер алыскы бул жерде гана түгүл, моюнга алабыз, тиги ынкылап кайнап ташыган Россиянын төрүндө көп кезигет, азырынча. Бат эле баары тегиз, баары жымсал болуп бүгөкоймокпу, бирак акыры мындай жат элементтер жолулат. Мына ушундайча эле түшүнсө болот муну.

— А партия наамын өзгөртмөк болгон чечим жүзөгө ашпай калды дешет ко? Бу кандай?..

Фрунзе жымыйып тиктеп, «ушуга дейре кабардар экен го, кызыгат экен го» деген ой келип, бир жагынан бул адамга карата жыйналып калгаң кадырлоо сезими даги артыла түштү.

Ошол 1920-жылдын январь айында Түркстан крайлык партиялык конференцияда кай бир жолдоштор Түркстан коммунисттик партиясы мындан ару «Түрк коммунис партиясы» деп атануусун сунуш кылган. Колго сала келгенде ошол супуш өтүп, конференция чечим кабыл алган болучу Фрунзе буга макул болгон эмес, чечим РКП(б) БК кароосунан өтмөйүнчө жария болунбай туруу зарылдыгын айткан. Кийин ал чечим РКП(б) БК тарабынан жактырылбай ишке ашпай калган эле.

Фрунзе:

Мейли, «түрк компартиясы» деп алалы дейли, андай болгондо бул партияга «коммунист»

деп турганына карабай түрк уругунан башка элдин өкүлү кире албай, демек, мындай ат компартиянын интернационал маңызына таптакыр туура келбей калмак. РКП орус компартиясы эмес РОССИЙСКАЯ, муну өз убагында көсөмүбүз жолдош Ленин атайын баса тактаган, демек, жалан орус улутунун компартиясы эмес кең Россия аймагында жашаган бардык тайпа журтка бирдей тиешелүү компартия болуп эсептелет. Мейли эшигиндеги жазуусун же өзгөртүп, же өзгөртпөй деле компартия бир улутка энчиленип, ошол улуттун куралына айланып, ошол улуттун пайдасын гана коргоп кала турган болсо анда ал же улук журтчул шовинизм, же тар улутчул нукка өзүнөн-өзү сыйгаланып түшүп, эзелки «коммунисттик» деген ыйык маңызын жоготот, кадырынан ажырайт. Компартия диний, раса, улут жигинен бийик жаралган партия.

Мадамин-бек муюп, унчукпай укту.

Фрунзе:

— Кай бир жолдоштор компартияны «түрктүкү» кылып алышса эле улут азаттыгын алып, жергилик улут кадрларын көбөйтүү ишине кең жол ачылат деп түшүнүшөт. Жакшы ниет экени жакшы ниет, бирок жанагыдай терс багытка байкалбай оонап калуу коркунучу өтө чоң. Кай бирөөлөр муну билип да турушат. «Куп жакшы! Өлкө ээси түрк эли болгон соң түрк эли убайын көрсө жаманбы?!» дешет, нечен кылым бою саясий укугу берилбей, коомдо орду болбой эзилип, аргасыз түрктөшүүгө дуушар болуп, жылдан жылга жоюлуп келе жаткан майда тайпа эл ошол абалындагы бойдон кала беришин ичтен кымылдап каалашат. Айталы, орустар компартияны «орустуку» кылып алышса, ыя, кана, жолдош Мадамин-бек, ушул жерге өзүңүз калыс болуп көрүңүз, жакшы болмокпу?

Сөз ийине жетип, көңүл бир жаңсыл болуп бүттү белем, өз адамдарын жыйып, ошол эле дыйкандын төрүндө Фрунзенин көз алдында Мадамин-бек сүйлөшүү узүрлүү болгонун саласал кыла келип, өзүнүн кеңеш өкмөтүнө биротоло өтмөк болгон мурдатан баарына дайын болуп калган бүтүмүн атайын жарыя кылды. Чук этпей, ыраазы эместигин туйдурган ыңгырануу, курулай тамак кыра жөтөлүү да чыккан жок, баары тымпыйып отуруп беришти.

Бу не деген тымпыйыш? Мадамин-бек бир аз оңтойсу абалга кабыла калды да, бирок ошол эле замат көгүн таянган өчөштук, өкүмдүк сездире дайымкы көнгөн сөөлөөтүн сактап, кабагын чытып да койбой, эч жакты, эч ким жүз багып тиктебей сөз аягын кесе айтты:

— Бул жол жалгыз жол!..

Ушундан соң бирдеме деп мынкылдап отуруу мүмкүи эместиги айкын. «Мейли, жакшы болгон экен, тынччылык ка не жетсин?!» деген коңур басырык үндөр коштоду. Купуя серп таштап отурган. Фрунзе өзү тараптан булардын көөнүнө убада сыяктуу бир сөз зарыл болуп турганын сезди да, эч кандай камтама болуу керек эместигюң жарашылган соң эч кимге ынкылаптын мыйзамынан тышкарц эч бир сурак, кысмак кылынбасын кеңеш өкмөтүнүн атьь нан тактап, буга өзү кепилдигин айтты. «А түзүк!», «Бу кеп-кеп!» деп жибериштн, өз ара кобурашып, эки жактан тең кабак ачылып, көз көрүнөө жеңилдей түштү абал.

Үй ээси кызыр змди тай союп койгон экен, агыл-төгүл дасторкон жайып, бар пейили менен мейман узатты. Зыяпаттан соң Фрунзе аттанмак.

Ичи жакшысы да, ичкүптү болуп калганы да, баары бирдей көзгө дуулдап, кадырлуу элчини аткарууга сыртка коштоп чыгышты.

Үй ээсинин уулу Фрунзенин алдына башка бир тору атты жетелеп келип, туруп калды.

— Ие, жаңылып калыпсың, азамат жигит,— деди Фрунзе балага эңкейе,— бул менин атым эмес.

Оң колун көкүрөгүнө алып, айтпай иштелген жорук үчүн кечирим тилеген түр менен:

— Жолдош Фрунзе... — деди Мадамин-бек акырын,— бу азамат жаңылышкан жок, ат адамдын канаты дейт биздин эл, сизге дагы бир канат болсун, мурадыңызга тез жетиңиз деген жакшы көңүл менен алдыңызга тартып турат бул азамат, жолдош Фрунзе...

Карабайыр! Эки кулагы күйгөн шамдай тик, жумуру мойну койкойгон, жал-көкүлү жибектей төгулгөн, кулпурган жылбырска түгү кызыл деп айтарлык тору аргымак. Токулгасы бир баа — көмөлдүрүк, куюшкан, быштаң — тегиз чылк күмүш чабылган.

Фрунзе эмне дешин билбей токтоло калды. «Кой!» дейби? Алдына тартылган атты минбей

кетүү жаман көңүлдү туйдурат, ыраазы болбогонуна күбө болот. Бу журт салтын эмне кылат? Жанагы эле сырты жылмакай ичи жаман, кабагы жаркыраган ичи жакшы баары дем тартпай тиктеп, кулак түрүп калышкан.

Мадамин-бек:

Жолдош Фрунзе, наристе эмеспи, наристенин көңүл оорута көрбөң, жолдош Фрунзе. Бул наристе биздин келечегибиз го, биздин эмес биздин келечегибиздин сизге, ыраазылыгы, көрсөткөн сыйы, көңүлү болсун, жолдош Фрунзе...

—Ыракмат, жигит,— деди Фрунзе баланын бешенесисылап, өөп тизгинди алып,— ыракмат, сен мингизген атты мен дайыма минип жүрөмүн ыракмат! Карабайыр чоң тору «соорусуна пиялага суу толтуруп коюп койсо чайпалбаган» деген көйкөлгөн жорго экен. Төрт аяктуу ыкшалган мал эмес, лепилдеген куш мингендей боло түштү Фрунзе.

А Ичи жакшы кут болсун айтып, ак-жол тилеп коштошуп, а ичи жаман араң баш ийкеген болуп, мелтейип: «Ва-ай, жанга өлчөгөн бууданын тартуулап жиберди го биздин бек, бу не жанын, не ыманын кошо бергени...» деп, жамандыкка жооруп, калып калышты.

VI

Фрунзе бул саясий мүнөздө болуп өткөн сүйлөшүү жөнүндө жолмо-жол ой тактады. «Да, куру машакат болгон жок! Бирок, бегине көзүнчө мыңк этишпегени менен өз ич арасында ага карама-каршы күчтүү жаат бар экени көрүнүп турат. Бул сезимтал адамды ушул бойдон бардык тараптан колдоо керек, жөлөө керек, дагы көбүрөөк ишеним көрсөтүү, журт көзүнө атайын көтөрүү зарыл...» деген жыйынтыкка келди. Фергана аскеринин Штабына келери замат аскер бөлүк командирлерин, Ош, Анжиян, Наманген уезддеринин партия, кеңеш башчыларынын башын кошуп: «Кокус, не тигилер тараптан кандайдыр бир кычаштык кылынып калган учурда да, кандуу кагылышка барылбасын, дайыма токтоолук тутулсун; аскер ичинде, эл арасында өткөн сүйлөшүү туурасында көтөрө чалып кеп кылынсын; өзгөчө, өз журтунун келечегин көздөгөн азамат уул деп бектин ысмына жылуу сөз, даңаза жайылсын!» деп, бул жагдайда мезгил шартына жараша тезинен аткарыла турган көрсөтмө берди.

Кеп өтпөй Мадамин-бек өңкөй корбашылары менен тандалма кошунун баштап, болжошкон Искебүл шаарына түштү. Фрунзенин түздөн-түз Мадамин-бектин чын ыклабы менен кеңеш өкмөтүнө өткөнү жөнүндө керектүү кагаз жазылып, эки тараптан кол коюлду.

Ушундан соң Фрунзе кабыл алынган кошунга аскерлик тескөө өткөрдү.

Ири алдында корбашылар туруп, он катар болуп атчаи тизилген кошун алдына Фрунзе тору жоргону минип чыкты. Оң жагында сары кашка дончакы алчактатып Мадамин-бек, саал артта штабчылары, аскер командирлери, аскердин саясий жетекчилери, Фрунзе кошун катарын башынан түшө сыдыра тиктеп, тору жоргонун кылт этпегең аяң жүрүшү менен. Мадамин-бек кылычын жалаң кармай командачыны коштоп, тең катар келет.

Ар бир бөлүккө келгенде «Салам, жигиттер!» деп, атайын үн көтөрө саламдашып өтө берди Фрунзе. «Саламат! Саламат!» деген үндөр жооп болуп, артынан дуулдап кобурашып калып жатты. «Эй, адам эй, бизче сүйлөгөнү кандай?». «Ошо сизге сүйлөгөнү кандай?» «Ошо сизче сүйлөп, бегиңиздин дилин таап алып отурбайбы, таксыр!..» деген сөз Фрунзенин кулагына шак-шак илинет. Фрунзе бүт кошундун турманына көз салып, үрөйлөшө түшкөн каш-кабагына, ар ким тапканына жараша кийинген үстүбашына, куралына баам коюп, а түгүл кайсы бөрктүн, кайсы селденин алдында кандай душман, кандай тууган турганын акмалаган өңдүү ынтаасы өзгөчө.

Ушул жерде Шермат, Ыраманкул, Кайып паисат, Жаныбек казы, Аман палбан бар болучу. Ушул жерде бектин буйругу боюнча аргасыздан келген ак гвардиячыл орус офицерлери Ситняковский, Плотников, Фарынский, алар үчүн кеңеш өкмөтүнүн мыйзамы бөлөкчө болорун сезишет эмеспи, тиги большевик Фрунзенин тикендей тик көзүнө тепчилик калбас үчүн жүз үйрүшүп, алдыңкы дүңкүйгөн далыга далдаланып, кымырылып турушкан.

— Салам, жигиттер!

— Салам! Салам!

Фрунзе кошундун бир чакырымча жерге созулган катарын кыдырып чыкты.

Бул жарашуу урматына жергилик Кеңеш чоң майрам уюштурду. Туш-туштан эл жыйналып, жакынкы шаарлардан жумушчу делегациялары, те алыскы тоо айылдарынан, түздөгү арык боюндагы кыштактардан увакилдери келишкен. Искебул шаарынын тоо этектеген жагындагы кең мейкин аттуу, жөө кылкылдаган элге жык; Ар топто кызыл байрак көөлгүйт.

Те бийик дөңсөгө атайын курулган такта секиде Михаил Фрунзе, Түркстан Аткаруу Комитетинин төрагасы Кайгысыз Атабаев, фронттун реввоенсоветине мүчө Валериан Куйбышев, Мадамин-бек турушту.

Фрунзе социалчыл ынкылап, кеңеш өкмөтү, бул Түрк өлкөсүндө кеңеш өкмөтүн куруу жана бекемдөө, мындан нары бүткүл дүйнөлүк империализмдин кодулоосуна тайманбай каршы туруу, аны жеңүү жөнүндө сөз сүйлөп, акарында Мадамин-бек баштаган кошундун кеңеш өкмөтү тарабына өтүшүнүн улуттук жана эл аралык чоң саясий мааниси бар экенин белгилеп, кызыгып куттук айтты.

«Жа-ша-а!», «Йаша, шора!», «Жаша, кеңеш өкмөтү, жаша!» деген кыйкырык, кызыл байрак тынымсыз булганып, жамы журт бир тегиз сүрөөн кылып, кайра ар жерден күчөн, тоо жаңырыгы сыяктуу бир топтон бир топко жалганып уланып, басылбай жер дүңгүрөйт. «Жоголсун колониячыл!», «Жашасын теңчилик!», «Жаша, жаша, тынччылык!» деген ураан жазылган кызыл мата улам бир жайкалып кылкылдайт.

Эми оюн, тамаша!

Кош керней баркылдап, дароо шыпылдаган дарчы лангерчөбүн калтылдата жалаңаяк жалгыз аркан менен жүгүрүп, дар башына чыгып, кара жанын оозуна тиштеп, оюн көрсөтө баштады. Бир жактан бирөө узун балдак учунда тайтаңдап басып, элдин төбөсүндө жүргөн сымал, те алда кайдан бүт тула бою менен көзгө түшөт, бир жактан дүмпүлдөгөн чилдирмен, сурнай, жезнай чырылдай коштоп, ар түркүн кебете кийген маскарапоз — бир кебетеси битир соодагер, бир кебетеси карды салык бай, бир кебетееи көзүн сүзө дүнүйө көксөгөн сүткор, бир кебетеси кымырылган англис жасус[1], бир кебетеси түн каткан селделүү басмачы болуп алмашып, кепширин келиштире жоругун туурай мыскылдап, казганаттап курчаган элди кы« раан каткырыкка салып, аралай басып жүрөт.

Бир убакта те алыстан «кы-у-у...» деген өзгөчө бир кайрат демдүү кыйкырык сүрөөн кош керней үнүнөн кошул ташыл болуп, эң алды тизгин талаша чапкан эки атчан, андан соң артынан жоон топ тобу бузулбай дүрдүгүй куйрук улаш көрүнүп калды. Кылкылдаган эл дуу-дуу толкуй түштү. Көк бөрү! Эр оюну! Жөөлөр дыркырап, таруудай чачылып, төш таяна чыгып, түз кең майдан бошоп, ат туягынан жер дүңгүрөй куюндай уюлгуп, көк бөрүчүлер кирди.

Мааре[2] чоңдор турган бийик секинин оң тарабына обочо коюлган. Бир жигит атчан кызыл туу кармап турат.

Көкбөрү ошол туу түбүнө ташталмак. Дагы бир атчан эки жакты карап, туу жанында, ал көкбөрү таштаган эрге бериле турган ар түркүн байге кармаган калыс аксакал адам.

Кыштак ичиндеги майда тамашаларда көкбөрүгө улак берилет. Улактын башын, ичин алып, төрт шыйрагын буулап таштап, андан соң кардын кайра тигип, бир түн муз. дак агын сууга бастырып коюп, эртеси тартышат, ошондо чыдайт. Сууга бастырылып чыйрактырылбаган улак түгүл тай торпоктун тулкун азамат эр менен аргымак аттын күчү колун кол бутун бут, быт-чыт үзүп кетет. Бу тоолук, арык бою баш кошкон чоң маарекеге торпок камдалган.

Сая кууган топ атчанга жеткирбей, бурчактаган көкбөрүчүгө суурутпай, аргыштаган учкаяк кара аргымагын куюндата кайгытып, улам алдын торой чыккан топтон буйтап өтүп, торпокту алып келе жаткан жигит жетип, күрс эттире маарага таштап, элирип алган кара аргымагы ойдолоп өзү араң эңиле байгесин эңип алды да, биринчи байге кызыл желек болучу, өрөпкүп! Кызыл желекти төбөсүнө кош колдоп бийик кармай, тизгинди бош таштап, бүт журт көрсүн үчүн кайгыта имериле чаап, анын санаасы бир жакын курдаштары белем, бир топ атчан жандай, кыйкырык менен сүрөөнгө ала жөнөштү.

---

[1] Ж а с у с — тынчы, шпион.

[2] М а а р е — көкбөрү таштала турган чек.

— Бал-ли!

— Бал-ли!

Эми жерде дүңүрөйүп жаткан тай торпоктун чулу тулкун дагы бир эки ийни төөнүн өркөчүндөй көрүнгөн, чачын көгөртө кырдырган, эңгезердей балбан те алыстан эле дыркырата ат койгон бойдон келип эңди. Сүйрөп, дагы сүйрөп барып, ыкшап, эки колу менен торпоктун жилигине темир кычкачтай карышкан, ушул жерде же ат жалына ашырып мөөрөй алып, же сүйрөлүп өлүп беришке кайыл, эрдин кесе тиштенип, улам жулуна мөңкүп бараткан аргымактын берки бооруна ооп, торпокту улам өйдөлөтүп, чымыркана жерден үзүп барат. Эңсин деп ким карап турмак?! Эки жагынан торпокко аткый кол салып, ага ат жалына эркин ашыртпай, жулуп кетиш үчүн кашайып балбандар туткакташкан. Чуу, атын карсылдата камчылап, уюлгуган топко кире албай күйө-жана темингеи. көп. Бир убакта балбан торпокту ат жалына ашырып кетти да, узун теминген эки үзөнгүсүн тең торпоктун үстүнөн ашыра басып тээп ныгыра-ныгыра көчүк басып, баятан оозуна тиштеп жүргөн камчысын эми колуна алып:. «И-и, ал! Сууруп а-ал!..» деди тажаалдана өрөпкүй жыжына. Ущул гана учурду күткөн сыяктуу аргымагы дыр кое алга бой урду. Кара комок атчандарды жирей, жөөлөй, алдынкы атты чунандап тиштеп, арттагы атты тебинип, баш каңакан ызы-чуу менен тилдешкен бакырык коштоп, улам жанынан ат суюлуп, көпчүлүктөн суурулуп калды. «Уа-а, карма!» «У, атаңдын!..» Ат туягынан жер түйшөлдү. Узатпай кайра тосуп калышты. Тиги улам буйтай чаап, улам мааре жакка ыктай, жакындай бериштин пайын көздөөн дагы көпчүлүк көптүк менен имерип, аны ортого алып кетишти. Кишиден да, аттан да кара буу көтөрүлүп, өчүккөн, кекенген күңкүл менен дүрдүгүп, көпчүлүк те чоңдор турган бийик секини көздөй сүрүлдү.

— Токтот! Эй! Көзүңдү кара, эй! —деп, Мадамин-бек секини каптатпас үчүн кыйкырып, айбат кылып калды.

Ким угат? Ким токтойт? Сел сыяктуу күүлдөп келип каптады. Жыгач секи буркулдап кайиап толкуган көл ортосунда калган кайыктай ыкшалып, кычырай баштады.

— Нары! Нары-ы!..

Демейде чоңдун көзү шилтенген жакка дыр койгон жигиттер эмне буйрук болуп жатканын угушкан жок, укса шеми тая түшөрү белгилүү, ошол учурда укмак түгүл чоң атпай түгөл ошол жерде турушканын кармашуу кызыгуусунда караманча эстен чыгарып коюшкан.

Бир убакта көкбөрү алып жүргөн балбандын аты дагы кош аяктап алга жулунуп, же бирөө колтукка үзөнгү менен тепти, же калпыс басып алды, мүдүрүлө барып, башмалдак атып жыгылды. Жигит бүк түшкөн бойдон, эки колун тер куюлган чачы жок чокусуна алып, бөгүп, көп аттын туягы алдында калды.

— Ие! — деп жиберди Куйбышев. — Өлөт эми.

Фрунзе нестейип тиктеп, бирок башын чайкады:

— Эч качан ат тебелебейт...

Чырылдай күчөнө кыйкырган чуу. Кимдир бирөө торпокту эңип, ыкшап сүйрөп калды окшойт, көкбөрүчүлөр тосмосу жарылган бут суудай дүбүрөп, шабырап бир жакка агылып жөнөдү. Заматта майышкан жыгач секиниң айланасы бош калды. Үстүнөн көп аттын болот такалуу сом туяктары кыйлага чейин зуу-зуу ыргыштап өтүп, жанагы жыгылган көкбөрүчү бөккөн ордунан эң акырында тура чуркап, тигиндейректе тизгинин сүйрөп турган өз атына жетил, кармаганынча ыргып мине, ыйык жалга өбөктөй үстөккө-босток камчы уруп, кайнаган тартышка кайра куюгуп түштү.

— Аз-замат!

Улам бири килейген тай торпоктун тулкун аргымак жалына ашырып, улам узатпай аны бири туткактап, алышкан берү сымал жулкушуп, биринен бири сууруп, алып дагы бири камчысын алаканынан кыжына тиштей, күрсүлдөтө теминип кирип кымкуут. Кара моюн болгон аргымактар так түйүлүп секирип, сагакташып, үзөнгүлөр кагыша бирин бири омуроолоп, бирин бири жөөлөп, цу, наңдаша аргыштайт. «Эй, тарт!» «Кач жолдон, көлдөлең турба, ыя... жандап чаап жулуп ал эр болсоң... эр болсоң?!» Кара селдей күүлдөп каптайт, куюндай имериле уюлгуйт.

Бир оокумда жанагы жыгылып турган азамат дагы көнчүлүктөн бөлүнүп чыкты. Көкбөрүнү

шыйрактан бир үзөнгүгө баскан. Эми алдындагы күрөң аргымак кара тер, ак көбүгу омуроого чачылып, кыйкырык чууга аны сайын өөрчүй соёлоно качып алган. «Айт! тайт! Айт, тай-тайт!..» деп, аргымагына дем берип, «дагы чамдай көр, жаныбарым...» деген сыяктуу, адамча сүйлөшкөн сыяктуу а өзү артындагы араң илешип келе исаткан көкбөручүгө басташа, эрегише теминип келет.

Фрунзе көкбөрү алыстаса дурбү салып, кайра имерилип жакындаса колун серелеп карап турган.

— Аз-замат! Ча-ап! —деп, кызый кыйкырып жиберди. — Аззамат!

Көкбөрүчү торпокту маареге таштап өттү. Фрунзе:

— Бери! Ат апкел мага! —деп, шашып, секинин тепкичинен жүгүрүп түштү. — Те-ез!

Тору жоргону алдына тарта беришти. Куйбышевдин камтама туталанганын тыңшабай, жоргого минери менен темине каниги көкбөрүчүдөй жаткан торпокко кол созуп калды. Маареке башчысы аксакал атынан түшө калып, торпокту көтөрүп жардамдашып калганда: «Э! Жөн койбойсуз да, жарыктык! Өзүм эңип көрөйүн дегем! Мейли эми..» деп, кубана күңкүлдөп, торпок алдына ашары менен жоргону чү деп жиберди.

Эзели теминдирип көрбөгөн буудан жорго заркырап алып учту. Жанзгы балбан көкбөрүчү жандай чаап коштоп жөнөдү. Туш-тараитан сүрөгөн кыйкырык тең чыгып; ат дүбүртүнөн, дуулдаган шамалдан, кан дүргүткөн өз кубанычынан Фрунзе эчтемени уккан жок, ал дагы камчыны алаканынан тиштеп, торпоктун зылдай оор сеэилген тулкуна эки колдой кучактай тырмышып алды. Туура жактан алкынган кара кашка аргымакчан бирөө качырып кирип калды. Ниети жула тартып кетмекпи?! Куйрук улаш келе жаткан Мадамин-бек: «Эй... нары, эй...» деп зекип, алдын торой берди. «Ай-да-а! — деди Фрунзе. — Тим кой! Тим эле койсоң, күчү болсо сууруп эле кетсин!

И-и, тартып көр, муну балбан ашы дейт эмеспи, тарттырып таарынбайт! И-и...» Аны сайын өрөпкүдү Фрунзе. Ырас, бул эр оюну! Эрегиштирет, канды дүүлүктүрөт! Көкбөрүчү болбой келип эле торпокту бучкактады. «Өпөң эттире оодарып салбай эмине?!» деп текебер ой кылган. Жо аскербашы абдан тың, ат үстүндө бекем болучу. «И-и, тарт. Та-арт!—деди Фрунзе көзү ала чакмактана жалылдай — Та-арт, биз дагы жөө жүрбөгөнбүз, балам!» Көкбөрүчү тартпады, андан нары өзү жактан башка кол кийгизбей бөгөт кылып, корчолоп, жанаша коштоп чаап өкүрүп отурду. Бир имерик жасап, ызы-чуу сүрөөн астыпда Фрунзе маареге жетип, торпокту алдынан оодарып таштады.

Кайра секиге келди Фрунзе, энтигип, эки көзү айрыкча жалтылдап, кызыган чери жазылган кубаныч коштоп. Тургандар кол чаап жибериштн.

— Бу, Михаил Васильевич,— деди Куйбышев,— бу сиз кыйын көкбөрүчү экенсиз го?! Ыя?..

Фрунзе мулундап:

— Көрдүң го?! — деди.

— Катуу тырмышты! Бирок, пай-пай, алдырбай койдунуз э?!

Фрунзе көкүрөк басып:

— Э, кубанып калсын дешип жатпайбы, болбосо карышкырдай азаматтарды көрүп турасың го, буларга өзүлөрү гана чыдап таймашат! —деди күлө. —Бу менин туугандарым үч жашынан ат жалына тырмышышат, он экисинде көкбөрүнүн бучкагына жармашып чыгышат!

«Соорун алды» жолдугун кылып, маареке башчы аксакал өзү секиге көтөрө чыгып, Фрунзеге көйкөлгөн кымкап тон жапты. Куйбышев, Атабаев кол чаап куттуктап калышты.

Кайра күчөп тартылды эр оюну көкбөрү. Байгеге кымкап тон, бейкасам чапан, топу, көйнөктүк мата, жез тумшук кындуу бычак, акча берилди. Түштөн оой аяктады.

Эми эр сайыш!

Бири — аргымак үстүндө эби жок колжойгон, узун моюн кырма кара мурутчан улан, бири — ээрге жалпая ныгырылып минген, куудай чокчо сакалдуу, эки көзү канталап, ырайымсыз мекчейген абышка экен. Экөөнүн тең көкүрөгүндө, далысына кум ширелген кийиз коюп бекемделген, экөөнө тең бипбирдей эки жарым кулачтан сары сай куу найза берилген. Кексе кары баатыр алдындагы акжал чабдар атын камчылап, ойдолото чаап, майданга Жулунуп

кирди.

— Бул эмне оюн, Михаил Васильевич?—деп суралы Куйбышев.

Шашыла кыйкырып жиберди Фрунзе:

— Эй! Токтоткула! Эй!

Тамаша башкарган аксакал бирин-бири качырганы калган эки баатырдын ортосуна чаап чыкты. Дагы бирөөлөр эки тараптан ат бастырып келишти. Төбөлөрү бириге кызуу кажы-кужу сүйлөшүп, тамаша башкарган аксакал «менде эмне күнөө?» дегендей колун аргасы түгөнгөнүн бклгизе ар кимге карай бир жайгылап калды. «Эмне үчүн токтотулат? Бу эң кызык, бабабыздан калган тамаша эмеспи?! Чыныгы эр оюну ушул эмеспи?!» деп, чаркылдап жатты бир багжайган кара сакал адам, үзөнгүсүнө туратура калып. А тамаша башкарган аксакал баш чайкайт тынымсыз. «Токтот деген соң токтотом! Башым экөө эмес!» деп жатты ал.

— Токтот! —деди Фрунзе дагы кескин, муруту түктөйө. — Кереги жок!

Мадамин-бек унчукпай турду. Куйбышев жете түшүнө албай:

— Ыя, эмне үчүн оюнду токтотуп жатасыз, Михаил Васильевич? — деп сурап калды акырын. — Улут оюну болсо... мейли эмеспи...

— Мейли эмес,—деп баш чайкады Фрунзе,—бул оюн эмес азыр бирин-бири өлтүрө саят! Кан төгүлөт, Валерий...

— Ме, ошондойбу?.. — деп жиберди Куйбышев. — Кой токтотулсун анда, кереги э»мне?

Байгесине эки беренге тең кымкап тон жабылды. Жаш улан жаркылдап күлө ат ойнотот, не эр сайышка чыгып аны эл көргөнүнө, не алга кымкап тонуна кубанды белем. А кески баатыр дайыма сайышар алдындагы жүрөгүнө катуу комгок кесектей түйүлүп келчү тажаал жаалы, беттешери ким экенин билбесе да өлтүрүп кыбасы канбай калган өкүнүчү оңойлук менен жазылбай, ийнинен кымкап тонду силкип ыргыта өзүнөн өзү калчылдай, тиги ат ойноткон жаш уланды кылчактап караган бойдон, ортого ала жөнөшкөн өз жаатынын сүрдөөнүнДө араң кетти. «Кан тумшук карышкыр!..» деди Фрунзе өзүнчө. Тигилер: «Э-э, баланын ажалын тосуп калды, көз көрүнөө? Ка-ап, байгеси курусун эле, мөөрөй, намыс алганда болмок!..» дешип, ачык эле бакылдашат. Фрунзе мунун баарын угуп, бу кандуу оюнду токтотуп салганына өзү ичтен ыраазы болуп, аларды көзү менен узата карап, бир кур алардын экй короздун биринин башыи бири кантип урушканын тамаша кылар сыяктуу эле жайынча экен кылып баратышканына астейдил таң калды.

Эр эңиш менен аяктады майрам.

Кечинде штаб кызматчылары, жергилик партиякомиттеринин, кеңештеринин жооптуу адамдары башкы командачынын алдына чогулуп, кошунду көздөн өткөрүү, атайы уюштурулган элдик тамаша, тамашанын, кызыгы -уурасында кызуу кеп кылышты.

Баарын кунт коюп угуп, эң акыры өзү жыйынтык кылды Фрунзе:

— Ырас, майрам чоң саясий маниге ээ болот, эл ичинде жакшы сөз болот. А эми бул кощун, мен айтар элем, накта топураган кара келтек кошун экен. Мунун баары эле ушул бойдон регулярдуу аскерге жарап бере албайт ко. Ылгоо, тандоо зарыл, жолдош Акматбеков. Тезинен киришиш керек —өзүнчө бир аскер бөлүгү болуп бириктирилип, белгилүү бир турак жайга жайланышып, аскерлик жаңы кийим, жаңы курал алып, казыкадан оокат, жем-чөп бериле турган болсун.

Көп өтпөй же түзүк куралы, же жараган мингич аты жок, эптеп эле кара көбөйтүп, сан көбөйтүп жүргөн көпчүлүк таркатылды. Ылганып, аскер ыгына жөндөм, жарамдуу деген бөлүктөрү гана сакталып, андан алейне аскер бөлүгү кайра түзүлдү.

БУЙРУК

1. Мадамин-бектин колдо бар жигиттеринен атчан полк түзүүнү буйрук кыламын. Полк «Маргалан атчан полку» деп аталсын.

2. Маргалан атчан полкунун командирлигине Мадамин-бекти (Мухаммед-Амин-бек Акматбеков) дайындаймын. Командирдин жардамчылары болуп, биринчиси 2-Түркстан аткычтар дивизиясындагы атчандар бригадасынын аскер комиссары жол, Антонов, экинчиси Мырза Сали Максум бекитилсин.

ТҮРКФРОНТУНУН АСКЕРЛЕРИНИН КОМАНДАЧЫСЫ
М. ФРУНЗЕ.
30-апрель 1920-ж.

VII

Ошол күндөрдүн биринде Орозбеков келип:

— Михаил Васильевич, бир адам сизге жолуксам деп, суранып келип отурат,—деп кыңырылып калды.

Фрунзе аны кызыга тиктеп, эрдин кымтып, сөз акырын күтө, кыязы «ал ким» дегендей тиктей берди.

Эл ичинен бирөө жүз көрүшөм десе андайда эч качан жок дебеген Фрунзенин кыялын билген Орозбеков аны «кой» дебегенин макулдук катары сезип, дароо эле тышка шашыла чыкты да, кайта тез эле бир улгайган адамды баштап кире калды.

Жашы улуу адам үстүнө киргенде үйдөгү адам мансабы канчалык жогору болсо да ордунан тура ызат көр, сөтө саламга алик алмагы бул элдин көп жакшы адатынын бири эмеспи?! Салт билги Фрунзе ордунан дароо тура калды.

Көрпө тебетейчен, үстүндө көөнөрүп калган шырыма чапан, чукчуйган кичине ак сакалы бар адам экен. Фрунзени таң калдырып орусча салам айтып, жүзү нурлуу, күлүңдөп тиктеп, эки колун берип учурашып калды.

— Михаил Васильевич,— деди Орозбеков. Өзү да бир аз көңүлү толкуп алган — бул адам эл шайыры, ырчы, бая күнкү жарашуу тамашасына алыскы тоодогу өз айлынан увакил болуп келген экен, Михаил Васильевич...

— Ырчы дейсизби? — деп алды Фрунзе абышканы дагы бир жалт карай.

— Ырчы, ырчы,— деди Орозбеков шашыла.

— Эң сонун,— деди Фрунзе улгайган адамга аны сайын кызыга,— быякка келиңиз, быякка,— деп орундукка ишара кылды.

— Ыракмат, балам,— деди Токтогул дагы орусча, орундукка коомай отура.

— Токо,— деди Орозбеков,— бул адамды сыртынан жакшы эле таанып калдыңыз а? Михаил Васильевич Фрунзе, ынкылаптын жол башчысы Лениндин эң жакын санаалаштарынан.

— Болсун,— деди токтогул. —Жакшы адам менен жүз көрүшүп калганга не жетсин?!

Фрунзе бу орусча шыкылдаткан кары адамга эми мурутунан жымыйып, жашыл көзү сырдуу күлүңдөп, башын кыңырайтып тиктеп отурду. «Эмне жумушуңуз бар эле?» дегендей туйду Токтогул:

— Жумушубуз эле ушу — Лениндин жанына келген адамды көрдүңбү деп сурайт эл кайра барганыбызда, же «жок», же «алыстан гана көрүп калдым» десем болмокпу? Ыгы келип калса жүз көрүшүп, кебин угуп баралы айтарга деп...— деп калды.

— Орус ичинде карал болгонсуз го?—деп сурады Фрунзе. Токтогул башын чайкады:

—Сибирде жүрүп келгем..

— А-а... —деди Фрунзе ынана. — Кайдан дейм да! Көп жыл жүргөнсүз го?

Кимдер гана айдалбаган Сибирге?! Киши өлтүргөн да, урулук кылган да кесилген эмес беле?! Себебин такыбай токтоло калды Фрунзе.

— Жергилик манаптарга, падыша акимдерине каршы ырдагандыгы үчүн илгерки Анжиян тополоңуна шылтатып айдалган адам, Михаил Васильевич,— деп түшүндүрдү Орозбеков.

—Саясий! — Фрунзенин көзү жаркылдай түштү. — Кай жерлеринде болдуңуз Сибирдин? Бизге да тааныш ал жерлер!

Барган, камалган, ишке чегилип жүргөн жерлерин баян кылды Токтогул.

— О-о, көргөн экенсиз азабын...— Фрунзе ордунан туруп, кабинет ичинде акырын басты. — Өтө катаал түрмө Александр Централы. Эң мыкты деген ыңкылапчыл азаматтар жатып чыгышты го аңдан. Мына, өлүмгө кесилип, мен дагы ал түрмөнүн сызын жыттап чыккам.

Экөбү орусча бакылдашып сүйлөшүп кетишти. Бир кезде Анжиян шаарындагы темир жол жумушчулары менен алака кылып жүрүп, анча «орусча билим алдым» деп, өзүнчө корстон

болуп жүргөн Орозбеков ушул азыр бирин түшүнсө бирин түшүнбөй, сөзгө аралаша албай карап эле туруп калды.

Токтогулдун чапанынын ич жагынан колтугунан комуздун башы чыгып турганын көзү чалып ,көңүл бөлө тиктеп калды Фрунзе. Сезе коё Токтогул комузун бери сууруп алды. Фрунзе колуна ала коюп, сыйпалап көрө:

— Домбура— деди кызыга.

— Комуз,— деди Токтогул акырын.

— Ооба, ооба, комуз дейт муну,— деп шашып кетти Фрунзе,— домбура эки кылдуу болот эмеспи?!

Комузду Токтогулга кайра берди Фрунзе:

— Бала кезимде бир үңкүйгөн чоң ичикчен абышка комуз чертип жанында кемпири үнсүз ыйлап отурганын көргөн элем. Али эсимде. Чертип көрбөйсүзбү?

Токтогул унчукпай комузун күүлөп, муңканган санат ыргагына салып ушуга дейре башынан кечирген өмүр жагдайын, айдалганын, анда азап тартканын, заманга болгон ой туюмун келечекти көксөөсүн бирден тиреп, жай айтып ырдады. Унчукпай, кызыга тиктеп, ар бир сөзүнө кунт коюп укту Фрунзе. Башын ийкеди өзүнчө.

— Эмне иш кылып жүрөсүз, ушул азыр?

— Ырчынын иши ыр да...

—Михаил Васильевич,— деп сөзгө кошулду тыяктан Орозбеков,— бул киши кеңеш өкмөтүн даңазалап ырдап эле тим калбай күндөлүк өнөктук саясий иштерге да катышат. Өзү колуна аршын алып, кабарыбыз бар, жер ченеп, чек таштап, элге айдоо жер, мал жайыт бөлүшүш иштерине кошулат.

— Колдон келгенин, колдон келгенин..— деп калды.

Токтогул акырын. — Ооз толтуруп кеп кылар деле иш эмес бекер турганча колдон келгенин...

Өз оюна келе калган пикирге берилип, толкундап, дагы ордунан тура колун артына алып, нары-бери баста Фрунзе:

— Өлүмгө кесилип, анан тиги эле Сибирге айдалып андан эки жолу качып, улам кайра кесигинин үстүнө кесик кошулуп, кесиги жыйырма беш жылга жетип, ыя, - деп, Орозбековго карай кайрылды,— эми өлүп гана кутулат деген чекке такалганда дагы кайрат таап, үчүнчү жолу качып, карачы, эки жылы жөө жол басып келет деген эмне?! Ушу жөө басып келиштин өзү эле эрдик, жолдош Орозбеков, ушунун өзү эле рухтун улуктугу «Элим ай», «жерим ай» дебеген адам мындайга кубат таба албайт!

— Ырас, ырас, Михаил Васильевич,— деп Орозбекев өзү макталып жаткандай кызаңдап ирени тамылжып кубанды.

Фрунзе:

— Уктуңузбу, бул адамдын жаңы заманды мүнөздөгөнү бу кокустан эмес, бу накта жетине түшүнгөн ынкылапчыл адамдын гана оюнан чыгат. Эң сонун! — Кайра ордуна отуруп, үңүлө Токтогулдун көзүн тиктеп, макул кылмакчы болгон таризде күбүрөй сүйлөдү. — Сиз кадырлуу аксакал, «колдон келгенин» деп, жупунулук кылып, өзүңүздү өзүңүз кем баа кылып отурасыз, кадырлуу аксакал. Жок! Абдан көп иш келет колуңуздан, абдан! Мына бу жолдош Орозбеков экөбүздүн колубуздан келе албай турган өтө маанилүү иш Сиздин колуңуздан келет! Биз жакында жергилик партия уюмдары менен бирдикте эл арасында үгүт иштерин уюштурмакчыбыз. Бирге эл аралайлы, макул болуңуз. Бирде сиз бизге, бирде биз сизге көмөкчү болуп, көп иш кылабыз.

Чын ыкласы менен баш ийкегилеп отурду Токтогул.

—Эң сонун!—деди Фрунзе. —Тамак, ат менен камсыз кылабыз. Партиянын чоң ишмеринин купулуна толгоңуна Токтогул үчүн астейдил кубанып турган Орозбеков;

— Бул киши, Михаил Васильевич анча муктаж боло койбойт ко, анткени түшкөн үйү той, ар бир айылдан эл өзү атын жакыртып берип узатат Михаил Васильевич,— деп калды.

— Ошентсе да, — деди Фрунзе,— өзүңүз көз салып жүр жолдош Орозбеков. Сиз менен болсун. Күнүгө, айтып коёюн, күнүгө акыбалынан мага түздөн-түз кабарлап турасыз. Ыя, өз

башынан азапты көп көргөн бул адам эски менен жаңыны салыштырып ырдап турса сиз экөөбүздүн какшаган үгүтүбүздөн алда канча элге түшүнүктүү, алымдуу болот, ойлоп көрүңүзчү.

Кулагына Фрунзенин жумшак үнү сиңип, а көңүлү те алыска тереңге кетип, баягы Анжияндагы катаал суракта «өтө кооптуу тополоңчу» дегендерди өз көзү менен көрүүгө атайын Ташкенден келген генерал-губернатор барон Вревскийдин үйрүлгөн ырайымсыз суз кабагы азыр көз алдына келип, бул эки замандын эки өкүлүн өз санаасы менен бет келиштирип, салыштырып отурду Токтогул. Бу киши ал чиренген колониячыл төрө эмес, бу жаңы замандын жербайын куруп жүргөн киши, жаңы замандын жалбырттаган үгүтчүсү, кайратман жоокери — санаасы да, аракети да элдин камынан бир нукум да кыйшайбаган, өз каныңдан жаралгандай пейили ак өз адам.

* * *

Шаарларда, өзгөчө мужук кыштактарында илгерки көчүрмө болгон кезден сакталып калган мылтыктарынан башка да, февраль ынкылабынан соң ар ким колундагысын көтөрүп бозуи келе берип, атылуучу майда курал эсепсиз көбөйүп кеткен. Фрунзе ар бир кыштакка, шаар маалелерине аскер комиссиясын чыгарып, кимде-ким жыйырма төрт сааттын ичинде колундагы куралын комиссияга өзү апкелип тапшырбаса катыран опус кылынарын, кимден бекитилген курал табылып кала турган болсо уруш убагынын тартиби боюнча катуу жазага кириптер кылынарын буйрук мене жарыялады. Бирөө жарым жергиликтен эл көрсүн үчүн өкүл кошуп, болбосо комиссияга жалаң орус жолдоштордон жиберип, курап жыйнатты.

Өз кезегинде жергилик элге да, бозуп келген кедей мужуктарга да бирдей эле кордук көрсөткөн, алардын эмгегинен туйтунган чиндүү деген таанымал кишилер, жер ээлеп алышкан бай кулактар, өнөр жай кожоюндары, кызыл кулак көпөстөр кармалып, өлү-тири мүлктөрү казына эсебине алынып, алар менен катар эле кеңеш ичине кымыРылып жайланышып алышкан жаңы заманга жат куйтулар да капилеттен иштен бошотулуп — баары айдоочу менен жакынкы поезд станцияларына жеткирилип, вагондорго шыкалып, булардын азабын көп тарткан Түркстандан чыгарыла баштады.

Бир кезде алар өз ойлорунча ээлеп алышкан миңдегец теше өнүмдүү сугат, мал жайыт, кеңирсиген чөп корук жерлерди кайра кыргыз, өзүбек, уйгур, ошондой эле мурда помещигине малай жүргөн жарды мужуктарга иштең алышына жараша теңшеп бөлүп берүү ишине Фрунзе өзү катышып, түздөн-түз башчылык кылды.

Керилген түздүн өйдө четине салынган экен, помещиктин эки кабат кыш үйү. Кылка түркүн гүл жайнайт, эшиги саялуу балаты чынарлар, ыргалган мажүрүм тал күң көзүн өткөрбөйт. Көк сырлап курулган эс алуу үжүрөнүн алдынан кулдурап, айланага салкын шапата жайып тунук суу агып жатат. Үйдүн бир тарабы кашат, төмөнкү жылгаларына дейре дүпүйгөн кара жыгач. Те алыстан короо жайдын чоң дарбазасына келген сызыктай түз таш жол, эки жагы кырка солкулдаган жаш мырза терек.

Мына, бир кезде кожоюн өзү келген кош ат чегилген шөкөттүү жеңил арабадан башка, жумасына бир жолу дуулдаган оор топ меймандарынан башка бейпилдигин эч шарпа бузбаган бул тынч короо-жай бүгүн өзгөчө дуулдайт. Сыртына да, ичкери да, куюшкандаштыра кош-кош ат байланган, дарактын түбү сайын куру эмес, жөө эл гүлзарларды тебелеп, көптүгүнөн кулак тийишет. Үй эшигине бийик кызыл байрак көтөрүлгөн, бир тарап жакта орус тилинде, бир тарапта сайма өңдөнгөн арап тамгасы менен жергилик элдин тилинде «Жашасын Кеңеш өкмөтү!» «Жашасын Ленин!» деген ураан жазылган кызыл мата тартылган. Кызыл килем жабылган чоң стол, жыйын башталганда өкмөт кишилерин көрөбүз деген көпчүлүк каптап кетпесин үчүн бир сыйра аскер тизилип коюлган.

Чуу жок, үргүлөгөн бирөө да жок, көпчүлүк уюгундагы бал аары сыяктуу аяр кыбырап, асте сүйлөшүп, теребел акырын туңгуюк күүлдөйт.

— Уа-ай,— дейт акырын көрпө тебетейчен бир четте,— карачы, биз турабыз, а ушерде төрөнун гүлдөрүн тепсеп а?.. Көргөнсүңөрбү, оголо көп карышкыр иттери бар эле. Балдары же

жал камыштан өткөн кишилерге тукуруң чыгышчу. Кудай бетин көрсөтпө, бир жолу атчан элем, зорго качып кутулгам...

— Бир жетим жөө кабылган экен, иттери көкбөрү кылып талап, жара тартып салышпадыбы...

— Бети курусун... Биз го баш-учунда болгонубуз жок, уккандар айтат, төрө «өзү алыстан өтпөйбү, уурулукка келиши мүмкүн» деп, кайта күнөөнү өлгөн жетимге оодарган дейт...

— Э-э... Мына акыры эмне болду? Зордуктун түбү кордук деген ушул эмеспи? Мына, кече эшигинен кыя өтө албаган сен бүгүн жерин бөлүшүп алганы турганыңды карачы?!

Бир четте:

— Кузьма! Эй, Кузьма...—деп кубана бакылдап жатты орустун эски көйнөгүн кийген бирөө. — Экөөбүз коңшу бололу, Кузьма...

Бир кучак сары сакалы бар, эки көзү чакчайган мужук:

— Кайдан, Мажитбай, ушу меники билет? Ушу кайсы кагаз алса, ушу жер сеники болот.

Бири ат багары, бири арабакечи болучу төрөнүн.

Эл дуу-дуу термеле кызыл байрак жакка карай беришти. Ошол жактан шатырап кол чабылып калды. Фрунзе, дагы бир топ өкмөт кишилери имараттан ортого стол жанына келишти. Карыларына кызыл байланган төртувакил чек кагаз салынган куту көтөрүп алышкан. Эң алдыда турган гана өкмөт кишилерин көрмөкчү алакан урган болуп, а мындай салтты көрбөгөн эл жымырап гана карап, туруп калышты.

— Мына азыр чек кагаз таратылат. Бир баштан, түртүшпөй, жөөлөшпөй, чуусуз, ирет менен алгыдай болгула, о калайык...

Жер бөлүү увакилдери төрт жерге туруп ар кимге өз колу менен чек алдырып, тизмеден белгилешип, тарата башташты. Ар түркүн кишилер, кабактары жаркып, кудайдын атын купуя оозанышып, тагдырларынан тилешип, чек кагаздан бирден алышып, четке чыга башташты.

— Ой, айланайын, атың ким эле, бери карачы, муну окуй салчы, каер, кандай жер тийиптир мага? Ыя?.. — деп, баары эле калдастап калышты. Туш келди шаша басышып кат билет деген таанышын, жек-жаатын издешип, өзү окуй албай, а окуй ала турган бейтаанышка ичи тарып көрсөтө албай, «а мейли, досундун бергенинин тишин ачпа деген, эмне болсо да ыраазыбыз» деп, ичтен тына чек кагазды тебетейинин кайруусуна катып, атына карай баса да башташты.

— Ким калды-ы? Э-эй, ким ала эле-ек? — дешип, жер бөлүү увакилдери жар салып турушту.

— Ой... жолдош, ой жолдош... — деп демигип жетип келди бирөө. — Быякта ала электер али көп экен...

— Ким?

— Мына, жүр десем болбой, карачы, араң сүйрөп келдим. Ыя, көпкө келген ырыскыдан куру калса болбойт да жолдош, ыя?.. Томолой загыр[1] Шеримкул...

Увакил тизмеден тапты:

— А-а... Шеримкул Байыш углу... Сенби? Ал...

Томолой загыр Шеримкул башын чайкады.

— И, эмне үчүн албайсың?

Сүйрөп келген жаалай баштады:

— Неге албайт?! Өй, и-и, эмне албайсың? Эмне келдиң анда жыйынга, ыя?!

— Кел деди эле келдим...

— Ал эми, кокуй!

Шеримкул кедей башын дагы чайкады.

Эл үйүлө калды. Муну байкап, Фрунзе басып келди:

— Эмне кеп?

Увакил:

— И... а бу... ырыс кыйды албайм деп... — деп мукактана жооп кылды.

Шеримкул шылкыйып отурган, алдына келе калган салабаттуу кишини көрө сала ирецн

[1] З а г ы р — жетим.

кубарып, ордунан шөлбүрөп тура баштады. Фрунзе ынта коюп тиктеди:

— Эмне үчүн албайсың?

Тиги таар шым, таар чепкен, башында жыртык тебетей, бир душман кусамат үчүн жиберген неме сыяктуу эместей, ирени кара чүйкө, арык адам. Кедей экени кедей. Кана, жерди алдырбай турган кеңүлүндө эмне санаа, эмне тоскоол бар? Фрунзе суроо жаңыртты жылуу үрөй менен. Тиги мурдун кургак тартып алды эми. Тердей баштады.

Орозбеков:

— Эй, дүмү куржун, айтпайсыңбы эми?.. — деп, күйпөлөктөп кетти.

Фрунзе колу менен ишара кыла аны. тыйып, өзү Шеримкул кедейге кунт коюп, жүзмө-жүз кайра суроо жаңыртты:

— Кана, чоочубай айтчы, тууганым...

— Жер меники эмес да... — деп шалдырады Шеримкул кедей.

Фрунзе дароо түшүндү. «Э, басынган шордуум ай, баёом ай!..» деп алды ичинен Фрунзе. Бул бирөөнүн кылына кыянат кылмак күнөө деген жободой өтө албай турат. Муну зордуктап алдыра албайсың. Мунун өз түшүнүгүнө жараша сөз керек.

— А-ай, баёо тууганым ай,—деди Фрунзе,— ойлоп көр өзүң эле, жерди кеңеш өкмөтү берип атпайбы, эми сеники болот да, ушуну ойлоп көрчү?

Тиги:

— Бирөөнүн акысы да...

— Жер жаңы мийзам боюнча мамлекетке өткөн. Эми өкмөт кимге берсе өз эрки жер берилген кишинин жери болот, бул үчүн сени эч ким күнөөлөбөйт, анткени сен өз алдынча бирөөдөн тартып алып жаткан жоксуң, сага өкмөт берип атат. Угуп атасыңбы, бул үчүн сен кудай алдында да күнөөкөр болбойсуң.

Жардаган эл шыбырашып калышты:

— Э-э... ырас эле... өкмөт берип жатпайбы, кеперетин тартпайт турбайбызбы?.. Э-э...

Фрунзе бир чек алып сунду: — Ме, жолдош...

— Таксыр...

Фрунзе:

— Кой «таксыр» дегениңди, жолдош де. Ме, жолдош Шеримкул, мен эле жообун берейин кимдин алдында болсо да, ме...

— Эй, ырысы жок! — деп кыйкырып жиберди топтон бирөө. —Ал! Паша берип жатат сага! Өз колу менен! «Паша кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес» деген го?! Ал Токтогул муңканып жиберди:

Э-э,
жолун болгон кедейим,
жоругуңа не дейин?!
Үңкүйгөн байкуш кедейим,
үйүтүңө не дейин?!
Баштагындай басынба,
малакайга жашынба —
бактың турат кашында!
Өткөнүндөй басынба,
өзүңө-өзүң жашынба —
өкмөтүң турат кашында!

Эл дуулдап: «Э-э... бактыга биркелген ырыскы да бул?! Кыя өткөнгө кээ болот...» деди. Күбүрөшүп калышты чек албай өзүлөрүнчө үркөрдөй топ болуп турушкан кишилер. Фрунзе ар биринин алдына кутуну тосуп:

— Ну, алгыла... алгыла... — деп, өзү кыдырып, калган чекти өзү таратып чыкты.

|Орозбеков:

— Жолдоштор! — деп, кыйкырып, жария айтты. — Мына, бириңе бала, бириңе аке, бириңе үкө, тиги Бышкекте туулуп-өскөн өз жерлешибиз Михаил Васильевич Фрунзе алдыңарга чыгат. Бул адам ынкылаптын жолбашчысы улуу Ленин атабыздын эң жакын шакирти, пикирлеши Фрунзе өзү сырлашкан Ленин сөзүн айтып берет. Жаша! Жаша!.. — деп өзү баштап кол чаап калды. Эл дуулдап кетти.

Фрунзе атайын жасалган бийик жыгач секичеге чыгып те кылкылдап турган көп элге бир сыйра көз чаптырып:

— Тууган элим! — деп, тууган элинин сыр алышкан өз эне тили менен сүйлөп кирди:— Билебиз, баягы колониячыл падыша акимдери эл ичинде жек көрүү, кастык сезимди атайын өрчүткен. Бириң төрөсүң, кожоюнсуң, бириц кут этпей турган малайсың деп, бирин адисинен ашынткан, бирин мүңкүрөтө басынткан! Сага айтам, эң кедей орус мужугум, мына бу азыр катарыңда турган кымыз жыттанган тери тон кыргыз, ала топу өзүбек сенин кайсы атаңдан калган кулагы кесик кулуң эле?! Эй, кыргыз тууганым, өзүбек жерлешим, силерден сурайын, мына азыр араңда турган чоң сакал кедей мужук кййсы атаңдан бери төбөң жерге тийгенче жүгүнө турган төрөң эле?! Кайсы жаман кыялың менен бөөдө таап алган кыркылышкан касың эле? Силер бириң соко кармап, кетмен чаап алаканың жооруган, бириң жайы-кышы мал артында сандалып, мал өндөнүп маңыроо болгон эмгекчил элсиң! Мына, эми силер бириңден бириң улуу да эмес, кичүү да эмес, бир өлкөдө бирге, бирдей эркин 'өмүр сүрө турган тең укуктуу, кыйышпас туугансың. Кемеге түшкөндүн жаны бир, эмИ баштагы бириңден бириң чоочулоо, бөтенсүү, жат, кас сезимдериңерди атайылап артка калтырууңар керек. Ушул бүгүнкү күнгө дейре бай кулак орустардын тентек балдары «басмачы кармайбыз» деген болуп, а чынында тооарасындагы ээн кыргыз айылдарына кадимкидей адам. кууп атып, уу тамаша уюштур.ганы туурасында тандырбай турган маалыматтар бар. Бул эмне? Исламчыл кубаматтын азгырыгына кирип,,кээде мужуктун мышыгынын куйругуна кебез байлап от коюп, күнөөсүз кыштагы өрттөлүп жиберилген. Бул эмне? Бул кең дүйнө кимге тар? Пейли тарга тар! Теңдиктен ишеним, ишенимден достук, достуктан өтүп бир туугандык жаралат. Эми ынкылаптын теңдигинен ким болсо да, кайсы улуттан болсо да, өз маңдай тери мёнен өмүр-сүргөн адам бирдей үзүр көрөт... Ким болсо да, улуттан болсо да, ээнбаш ыңкылаптын .адил мийзамынан бирдей тартипке чакырылат. Кимди гана болбосун, кайсы улуттан гана болбосун, таза адамды ар кандай кыяндттан кеңеш өкмөтү өзү коргоп алат!..

Эл дуу-дуу, көлдөй толкуп кетти, «Ыя?.. Эң акырында не деди?» деп, алысырактагы бирөө жанындагыны жеңэм тарткылап, ичи бышып, а беркиси ага кайрыла албай дууга аралашып:

—О-о жакшы! Жакшы... — деп, эки колун серелеп, кыйкырып жатты...

* * *

Командачынын поезди Жалал-Абадга жакынкы Бекдбад станциясында турган.

— Сережа,— деди Фрунзе вагондон бери чыга тосо баскан адъютанты Сиротинскийге,— меймандарды күтуп ал.

Сиротинский Орозбековду го бир нече жолу көрүп калган, тааныйт, а көрпө тебетейчен, чыт чапанчан кыргызды кызыга тиктеп, кол алышып:

— Келиңиз, келиңиз,— деп калды.

Вагонго чыгышты.

Сиротинский чоочундун кийимин алууга умтулганда:

— Жо, сиз, Сергей Аркадьевич, жөн эле коюңуз, Токомо мен өзүм эле кызмат кылып коём,— деп калды Орозбеков.

— Биз да «жо» дейбиз, Абдыкадыр Орозбекович,— дёди ага Сиротинский шынарлаша, меймандын чыт чапанын чечтирип ала баштап,— мейман биздики, демек биз күтүүгө тийишпиз, сиз да меймансыз, туурабы Абдыкадыр Орозбекович?

Ыраазы боло, кубана, бакылдап күлүп калды Орозбеков.

Ырас, вагон ичи кең эмес, үчкө бөлүнүп — эс алуучу, иштөөчү, тамактануучу бөлмө кылынып коюлган.

Иш бөлмөсүндө:

— Кана, Токтогул Сатылганович,— деди Фрунзе,— орун алыңыз, отуруңуз.

— Ыракмат, ыракмат,— деди Токтогул отуруп жатып, ыраазылык көңүл толкуну башын тегеретип, ошол тапта «ыракмат» дегенден башка оозуна кире бербей бир аз апкаарыгансып да.

— Бирак, үй шарты эмес,— деп калды Фрунзе үзүр сураган таризде,— вагон, Токтогул Сатылганович.

— О-о, айланайын,— деп жиберди Токтогул кыргызча,— көңүл кең болсо коңул да кең, а көңүл тар болсо бу жаркыраган аалам да тар!

Көзү максатсыз эле вагон ичин тегеретип, дубалда илинип турган саргылт кагазга токтоло калды. «Военная карта Туркестана...» деп, эрини акырын кыбырап, ичинен окугандай болду. Баам салып отурган Фрунзе:

— Йе, Токтогул Сатылганович,— деп таң боло калды,— орусча да кат билесизби?

Муңайым жылмайды Токтогул:

— Сүргүндө жүргөндө орус туткундар китептен күндө бирден арип үйрөтүп, эң акыры урунуштуруп окуй беришке жеткирип коюшкан. Бирак, китеп ариби менен кол арибинин айрымасы болот турбайбы, кол арибин үйрөнбөй демекчи, жазууга көнүкпөй калгам.

— Бу да болсо канимет,— деди Фрунзе,— такыр билбей калгандан көрө китеп окуп, ой-санааны толуктап турганга не жетсин?!

Токтогул:

Биздин тоодогу кыргыз арасында орусча китеп жок, жалгыз Кетмен-Төбөдөгү мужукта Бабич деген маалим жигит бар, бара калсам ошонун колунан көрүп, кызыгып барактап калам.

Жазуу столунун тушунда али чачы агара элек зайыптын фото сүрөтү илинип турган. Токтогулдун назары түшө калганын байкап:

— Апам, Мавра Ефиповна,— деди Фрунзе, ошол замат көкүрөгү бир өксүк санаага толо түшкөндөй ийин кага аста демин чыгарып алды —жаш көрүнгөнү кыйла мурунку сүрөтү, төртүнчү жылы Петербургка окууга кетип баратканымда ала кеткен элем. Кайда болбоюн, а түгүл түрмөдө да жанымда болду, кээде гана жаңыртып тарттырып коем, келатат медер болуп. ’

«Тириби?» деп суроого дити барга албай, Токтогул:

— Каерде жашашат? — деди.

— Биз илгери Пишпекте, турганбыз, мен окууга кеткенде Верныйда кызы экөбү калган эле. Жакында тирүү деп уктум. Карып калгандыр кагылайыным...

Таң калып тиктеп калды Токтогул.

— Да, Токтогул Сатылганович, бир да жолу ошол кеткен бойдон кайрылып келүүгө шарт болбоду. Ынкылап иши, түрмө, сүргүн, нары да жашырынуу талабы үйгө келтирыек тургай кат жазууга мүмкүндүк берген жок. Келсен босогону аңдып турганга чалынасың, кат жазсаң да билинет, билингени быякта турсун, үйдөгүлөргө зыяны тиет, «кайда балаң» деп кыйноого кириптер-кылышары анык.

«А эмичи?» дегенди сезди Токтогулдун көзүнөн.

— Ынкылаптансоң иш ушул, Токтогуй Сатылганович, ой да, кол да бошобойт, Ташкенге келгенде гана бир ирет кат жазып калдым.

Эне деген чиркин — эне,— деди Токтогул,— ал түпбөйт, баласын уктаса түшүнөн, күндүзү көз алдынан кетире албайт. Эми быякка алдырып да болсо жүз көрүшүүгө болот ко.

Ким апкелип жүз көрүштүрөт?

Токтогул аңкая түштү. Ким апкелип жүз көрүштүрөт?! ушунча бир сөзү жерге ташталбай турган кадырлуу аскербашынын бу чарасыз ийин кысып отурушуна астейдил таң болдуА аскербашы өз иши үчүн бирөөнү жумшамакдеген али оюна келбеген, ишин мансап деп эсептебеген, ак жүрөк, таза болучу.

Фрунзе ылдый тиктей ойлоно калды.

«Апа, мына биздин иш жүзөгө ашты, эми тууган жер Жети-Сууга барууга болот. Жүз көрүшөбүз, апа...» деген бир кезде санаасында. «Балам ай, кайда дайынсыз болуп кеттиң, жүрөгүмдү сыздаттың го, балам. Бир кабарыңы билгизсеңчи, карааныңы көргөзсөңчү, балам.

Карыдым, оорукчал болуп калдым...» дейт Мавра Ефимовна, көз жашы төгүлүп отурганы көз алдына тартыла. «Абал кыйын, мына Күн Чыгыш фронтун бир жаңсыл кылсак, Түркстанга байланыш түзүлсө, анан бир аз убакытка суранып алып барып келем» деп ойлогон. Күн Чыгыш фронтунун оорчулугу да жоюлду, а ал Түркстан фронтуна жиберилип, эми барууга толук мүмкүнчүлүк пайда болгоиуна абдан сүйүнгөн. Мына, дагы эле чолоо жок, дагы эле иштин кечиктирилгис зарылдыгы аны бир саатка да бошото койбон жатат. Үй-бүлөсү, энеси, бир туугандары туурасында кечинде эс алууга жатканда гана, ошондо да ойлоого гана, көз алдына келтирүүгө гана мүмкүнчүлүк алгандай болот. А эрте менен эрте бирөө түрткөндөй шарт көзү ачылып, ордунан тез туруп, тез ишке жулунат. «Барам, апаке, барам, аз калды, камтама болбой тура тур, барам...» деди ою азыр да. «Мейли, балам, аман экенсиң, ишиң жооптуу турбайбы, шартыңа кара, мен эчтеме болбойм, күтө турам, күткөнгө көнүп калгам, кагылайын...» деди Мавра Ефимовна. «Эстүүм, чыдамкайым...» деп эрини акырын кыбырады Фрунзенин.

Ушул учурда вагондун каалгасы асте тыкылдап, ашкана бөлмөдө Орозбеңов экөбү күймөнүп жаткан Сиротинский жетип ачып, Фергана аскерлеринин командачысы Врачев, Казан бригадасынын командири Якуб Чанышев, внтерполктун командири Эрнест Кужело, Маргалан полкунун командири Мадамин Акматбеков кирип келишти.

Врачев баштап салам айтты.

Мынчалык сүрдүү аскер кишилерине аралашып көрбөгөн Токтогул коомайлана ордунан тура, улага жакка Сүрүлө ыктагысы келе же отура бере албай өзүнөн-өзү вагонго батыңкырабай калгансыды.

— Ну,— деди Фрунзе баарына жадырай тиктей,—мең бүгүн, кымбаттууларым, мен силерди бир табылгыс адамду көрсөтөйүн деп чакырттым.

— Ким ал табылгыс адам?

Токтогулга таңыркаша жылмайыша тиктей калышты. Токтогулдан башка аларга чоочун киши жок болучу.

— Токтогул Сатылганов,— деп кол жаңсай тааныштырып, Токтогулдун өмүрүнүн урунттуу жерлерин көңүлгө сала-сал кылды.

Врачев көз айнекчен кадалып тиктеп, беркилер; «О-о..?» дешип кобурашып калышты. Узун бойлуу, кара каштуу Якуб Токтогулдун колун кош колдоп кармай:

— О-о, шулайма, бабай? Оо, бабай! — деп астейдил таңыркады.

Токтогул биртке бушайман боло:

— Шулай, шулай, малай... — деп башын ийкеди.

— О-о, Михаил Васильевич,— деп бакылдады Чанышев,— татарча билет ко бу киши!

— Якуб,— деди Фрунзе,— орусча сүйлөп отурган кишиге тектеш татарча эмне болуп калыптыр, Якуб?!

Ушундан соң аскер кишилерин бирден Токтогулга аттарын, кызматын айтып, эң акыры Мадамин Акматбековго келгенде:

— Көрбөсөңүз да уккандырсыз,— деди Фрунзе,— мурда «бек» дечүбүз, азыр биздин жолдош.

Көңүл коё тиктеп, башын ийкеп: ».

— А түзүк,— деди Токтогул баарына түшүнүктүү болсун үчүн орусча-,— эл үчүн ниетиңиз башынан жакшы болгон экен да, ошон үчүн оң жолго келип кошулуп отурасыз, муну зирек киши түшүнөт мындай татаал убакта, үкем.

— Эң туура,— кубаттады Фрунзе.

— Ыракмат, аксакал, ыракмат,— деди Мадамин-бек ыраазы боло мындай мактоо сөздү эл арасынан көп эле уккан, бирок азыр Фрунзенин алдында астейдил көңүлү жибий ireңи тамылжып.

— Жай алышкыла,— деди Фрунзе баарына.

Токтогул ошол замат өзү менен өзү жалгыз калгандай, оз ою менен өзү сүйлөшкөндөй, эрдин кымтыйтунжурай калды. А колу комузун алып, тепкесин коюп, дагы эле ою бир тарап-ооло албай жаткан сыяктуу, өйдө карабай, караса кишилердин жүзүнө тик бакпай ой толгоо, көңүл толгоо ичинде. Баары ага тигилип калышкан! Фрунзе жаагын биртке таяна, ал дагы те

илгерки бир Пишпек айланасын да от боюнда уңкүйүп отуруп черткен кары адамдын сөөда элес-булас азыр көз алдына келгенсип, анын күңгүр каккан комузунун муңдуу мукамы азыр кулагына сызылып түшө качанкы бир кемчиликсиз тегиз өңдөнгөн балалык кез жылу да, ушуга дейре эстен өчө койбогон эргиген сезим көңүлүнө кайра толуп жаткан таризде.

«Миң кыял» эл ичинде «Токтогулдун Миң кыял» болуп тараган күү.

Фрунзе мелтиреп отурган соң башкалар шырп этпей, дем тартпай отуруп угушту. Булар алабарман угуучлар , эмес, булар өңкей иргелген, билимн да, ою да терең, кең, уч кылдуу комуз түгүл көп аспаптуу, көп үндүү оркестр ойногон көлдөй толкуган Европа музыкасын угушкан канык кишилер.

Токтогул чапкан аттай элиртпей, шашпай, жай, ар бир кайрууга, үндүн жалганышына, жаңыланышына, андан нары экиленишине өзгөчө таасын, кокустан капкакка бармак тие артык баш добуш кошула да берет эмеспи, капкакка бармак тийгизбей абдан кылдат чертти. Кол ойнотуу эмес, күжүлдөгөн тездик эмес, булардын көңүл кылына, көңүл ыргагына урунсун деп, ошого жалганышсын деп максат кылды.

Комуз үнүн уга калса кыргыз баласы сүйлөп жатса сөзүн, бирдеме жеп жатса чайноосун токтото бир көз ирмемге кулак төшөй калбай коё албайт. Тиги ашкана бөлмөдө Сиротинскийге каралашып жүргөн Орозбеков аягын тырс эттирбей бери чыгып, оозу жарым ачылып, нестейин кулак төшөп угуп турду.

Күү-бүткөндө ал кыргыз адатынча: «О-о, бар-ракелде-е!» деп өрөпкүй бере, бирок тиги жаагын таянган бойдон али былк этпей отурган командачыны көрө үнү басыла ошол өрөпкүгөн боюнча селдейе катып, токтоп калды.

Фрунзе өйдө карабай акырын тамшанып, башын ийкеп, өз көңүл толкунунан дагы эле чыга албай отурду. Көз алдына шаңкайган ала тоо, керилген көк майсан өрөөн, уюлгуй дүргүгөн көп жылкы, бир багытка карай чегирткедей каптаган сансыз атчан элестеп, ала тоонун шоокум шаны, жер чайпалткан дүбүрт угулуп — мунун баарын адам зааданын көңүл эргүүсү, толукшуган кыялы, эң акыры бул дүйнөнүн кемдигин да, тарлыгын да, айкөлдүгүн да теңсинбеген көңүл зардеси, ноюбаган руху коштоп туюлду.

— Эң сонун! — деди Фрунзе.

Дуу коштоп кетишти.

Якуб тура келип комузду колун шилтей жанып калды. Колуна ала коюп, кылга колун жанагы адамдын сезим кылдарына жалганышкан назик добуш чыгарбай «даңгыр-р» дей түштү.

— Шулайма, бабай? Йе, болмый го?

— Сени йаратмый! — деп күлдү Фрунзе.

Токтогул жымыйып башын ийкеп, Якубдун эркелигине тен берип турду.

Фрунзе:

— Бала кезде Пишпектин үстү жагында кыргыз айылдарынан, ырас, кечки чала күйө жылтылдаган от боюнда үргүлөгөнсүп көзүн жумуп комуз чертип отурган абышкаларды көп эле көргөм бирок бул күүгө салыштырганда, а балким убакыттын алыстап кеткенине да байланыштуу болушу ыктымал, ал абышкалардын күүлөрү эмне үчүндүр ушул азыр мага бир гана кайрым, баштан аякка мүңкүрөгөн гана кошок ый сыяктанып калды. Мен комуз үнү ошол муң эле го деп жүргөм. Көрсө, комуз ээсинин көңүлүнө жараша сүйлөп, ой-санаасынын чабытына ылайык көөшүдүп агып, шаңдуу да, назик да, жашоого кумарлуу мукамдар шыңгырап төгүлүп турат турбайбы?

— Күү,— деди Токтогул мактоону өзүнөн алыстата,— жалгыз устаттын эле каалоосунан чыга бербейт, заманына жараша да жаралат ко.

Фрунзе:

— Эң туура, адамдын ою чөйрөгө, заманына жараша. Мен көргөн от боюндагы байкуш абышкаларды өлүм өксүтүп, акыйкат таптырбаган зорлук тебелеп, табийгаттып ызгаарынан коргоно албай чарасыздан бүт көңүлү муңга гана уя болгон экен го?!

Мадамин-бек эрди кымтылган бойдон Токтогулдан эле көз албай, жүзү не жумшарбай, не бүркөлбөй, элтейип отурду «Ушундай адам жашап жүргөн турбайбы, мунун аты неге башта мага угулбаган, неге мага келбеген?..» деген оюн экчеп, мындай адамдарга өзүнүн алакасы

жоктугунун себеби, жүйөсүн изденген таризде.

А Кужело мурутун түктөйтүп, комуз, күү туурасындагы болуп жаткан сөздөрдү акылына сыйдыра албай, макул да боло албай Фрунзеге таң.

Токтогул дагы өз санаасына-өзү арбала, дагы өз көңүл толкунуна бүт тула бою көмүлө, өз илхамынын шарданына өзү агып, куду жини түшүп келе жаткан бакшы өңдөнүп, ireңи тамылжып кетти.

Эми аны кой деп токтото албайт, эми ал буулуга толукшуй үн таштабай коё албайт.

Токтогул башынан ырчылык өнөрүнө көнүмүш эл алда андаган сыяктуу шыбыргактата төгүп кирбеди. Мынчалык тил билгенине, дил түшүнгөнүнө карабай тиги Лениндин шакирти маани аңдай албай калбасын деген санаа жеңип, «Ырчы күүнү» жай коңур баштап, ар сөзүн кунуна тете салмактай, экчей таштап үн салды. Ал адам зааданын теги бирлиги, адам теңирдин эң ыйык жараткан азиз заадасы экенин айтты.

Фрунзе Кужело менен Врачевдун арт жагынан алардын ийнине колун асте коюп, экөбүнүн ортосуна саал эңилип алып, ырчыга тоскоол болбос үчүн өтө басмырт күңкүлдөп, ыр маанисин которуп бере баштады.

Бирак, күч азиздикти жөөлөп, бооркерликти мыкаачылык тепсеп, кедейди бай эзип, бу теңирдин бешенеге жазганы, тагдыр делинип, талашсыз, кыйшаңдоосуз болуп келгени, акыры киши уругу кыяматка жеткенге дейре бу ireже кылт этпей турганы, муну кылт эттирмекчи болгон ой, аракет теңирдин жазуусуна карама-каршы, ишке ашпай турган күнөө ой, опасыз аракет делине жобо болуп келгени жөнүн куюлуштуруп ыр түрмөгүнө тизди Токтогул.

Мына, киши коому өнүп, кыйрына, тереңине бир пенденин көзү жетпей кеңирип, киши баласынын бирине-бирин үйралыштырган эс касиети, кишилик сапаты жеңип, бул бир ууч дүйнөнүн кууралын да, жыргалын да тең көрүүгө түбүн жер баскан темир мамыдай былкылдагыс түшүнүктөрдү төңкөрүп, киши баласынын мүңкүрөгөн кул көңүлүн өйдө кылууга, теңирдин «жазуусун» оңдоого бет алган улуу ынкылап дүйнөгө келгенин, анын көсөмү жаңынын пайгамбары деп ырдады ырдоочу.

Фрунзе которбой тыңшап туруп калды. Ким билет ал билбей бул ынкылаптын маңызын?! Бирок, мына бу чет жердеги чоң тебетей адамдын оозунан ушунчалык адам коомунун өнүгүш иретине, түшүнүгүнө, умтулуусуна акыл жүгүртүп, нукура элдик көксөөнү жумурулап айтып, ынкылаптын маанисин даңаза кылып отурушу аны чексиз кубантып салды.

Башаты болбой суу болбойт,
баштаары болбой дуу болбойт —
болбос ишти болтурган күч,
кайратын Лениндан,
толбос ойду толтурган сүр,
айбатың Лениндан...
жери жокко жер берген,
деми жокко дем берген
жаңы салтыц Лениндан...
бүт жамагат ээрчиген,
көңүлү ийе көлкүгөн,
акылы жетик Фрунзем,
жамы баркың Лениндан...

— О-о, азамат Током ай... — деп, Абдыкадыр ушул жерде ушуну өзү ырдап тургандай, бүткүл Түркстан элинин ынкылапка, улуу көсөмгө болгон астейдил ыкласың түшүндүрүп тургандай кубанып, төбөсү көккө жеткендей.

— Бу ырлар бир жерде басылып чыкканбы? — деп сурап калды Врачев көз айнегин оңдоно, орусчага котортуп аскер газеталарына тезинен чыгаруу теректиги көңүлү, нө келе.

— Жо, басылмак тургай али кагазга түшүрө элек, — деди Фрунзе,— ушул азыр ушул жерде ойго келип, ушул жерде түздөн-түз уйкаштырылып, ыр болуп жаралып жатпайбы?!

Төкмөлүк деген ушу!

Сиротинский Орозбеков экөбү кичинекей столго газета жайып, баятан берки күймөнүп даярдашкан даамдарын коё салышты.

Пияздан, сабизден кошулуп куурулган колбаса, майланган чийки капуста, бирткеден муздак эт коюлган. Эки бөтөлкө таттуу шарап да келди.

— О-о, Серёжа,— деп кубанды Фрунзе,— меймандарга шарап да табууга үлгүргөн экенсиз! Бир аз отурушка шаани кошо койбодубу мунуң?!

Якуб шараптын бирин ачып, кылкылдата бокалдарга куюп калды.

Бокалды колуна алып:

— Ну, жолдоштор,— деп, каалоо айтмак болду Фрунзе.

Токтогул шарапка карап да койбой кайдигер отурган, тыяктан Якуб:

— Кана, алыгыз, алыгыз, бабай! — деп, оозуна сөз келтирбей шаштырып эле бокадды Токтогулдун колуна карматканы калды.

— Туура булмый, бабай, туура булмый, командачы өзү каалоо айтканы турса колго алмаса... — деп, шыбырапкүбүрөп жиберди.

— Бозо да ичип көргөн эмес элем...— деди Токтогул жабышкан Якубга акырын.

— Ва-ай, бабай, баарыбыз» эле эңебиздин ичибизден ичип көнүп түшүптүрбүзбү, вай, бабай?! — деп кыстады Якуб.

Эми кантти?! Мындай учурда «уу да болсо ичип жибер» дейт кыргыз. Бир көңүлү ичип жибер дейт, бир көңүлү таптакыр тартар эмес.

— Якуб,— деди Фрунзе,— кыстаба, ичип кербөгөн болсо эки жыл Сибирде сүргүндө болуп да ичип көрбөгөн болсо бир чоң себеби бар го. Менин угушума, ырчы, манасчы деген кишилерде «жөлөмө» болот дешет. Силерге түшүндүрсөм талантынын колдоочусу, музасы десек да жакын болот. Ошол «жөлөмөсү» жактырбаган ичкиликти ичсе ал «жөлөмө» тажыгып кетет дешет, ошон үчүн накта таланттуу ырчылар башты айланткан мындай оокатка берилишпейт экен.

Ушунчалык дилин сезип, элдин түгүл ырчысынын адатүйүтүнө чейин баамы бар бул жашыл көз адамга таң калып, жүрөгү жымырап ыраазы болуп, эми «ичип жибер» дегидей болсо, бала кезден ушул абалына дейре уктаса түшүндө, өңүндө көз алдында куркулдап турган аккуу пар-р этип уча качса да, кылтылдаган бу күнөө тамакты тартып жиберер абалга кабылды. Не өзүлөрүнөн, не бөтөндөн ким, кайсы төрө ушинтип аны түшүнүп, кастарлап, аны адам, аны ырчы деп, баалап отурду эле?! «Тегимди макта! Итимди макта!» деп эле, «дувана» деп маскаралагандан башка эмнеге тең кылган эле?! Токтогулдун көзүнө жаш келип, ирмегилеп отуруп, кургатууга араң жарады.

— Ну, бабай, мейли ичпесеңиз, колуңузга алып коюнуз,— деп кадалды Чанышев.

— Колго алганда нары жагында тартып жиберүү эле калбайбы? — деп күлдү Токтогул.

— Жо, ичпей турган болгон соң, колго албай эле коюңуз,— деди Фрунзе, Якубдун жаагы тыйыла түштү. —Мен, жолдоштор, ушул достук, бир туугандык, жолдоштук тостту биздин ынкылаптын ишинин биротоло бекемделип кетиши үчүн, улуу жолбашчыбыз Владимир Ильич үчүн, бу кадырлуу аксакалыбыз Токтогул Сатылгановичтин саламаттыгы үчүн, бул кишинин ынкылаптын маанисин эзилген Түркстан элинин кеңири катмарына ушул бүгүнкүдөй эргүү менен даңаза кыла бериши үчүн көтөрөлү. Буга силерди Чын көңүлдөн кошулат деп ойлойм. Жашасын ынкылаптын жарчысы Токтогул Сатылганов!

— Жаша!

— Жаша!

Баары орундарынан дүр-р тура калышты. Шыңгыр кагышты бокалдар.

Якуб Чанышев:

— Паша, бабай!—деп, Токтогулду кучактап, жүзүнөн сүйдү.

Фрунзе шараптан эрдин гана тийгизе ооз тийип, бокалды кайра койду.

Өзүн эрке баладай эркин сезген Якуб шараптан соң;

— Биз дагы ырдай билебиз,— деп Сиротинскийдин гитарасын колуна алды. Бир нече жолу кыңгыратып, буроосун байкап, анан эски бир татардын элдик ырын сүйлөгөндөй эле басмырт

күңгүрөнүп ырдады да: — Келтире албай жатам,— деп, тамагын кырына токтой Токтогулга карады. —Кармап көргөнсүзбү бул аспапты?

Баш ийкеди Токтогул:

— Муну биз «сетер» дейбиз...

— Муну байыркы кылымда лөлүлөр Индиядан алып чыгышып, өзүлөрү менен кошо бүткүл Европага таратып жиберишкен турбайбы,— деп сөзгө аралашты Фрунзе,— ошо «сетер» дегени түпкү атына туура келет, «семь тар», демек «жети кылдуу» деген сөздөн келип чыккан, а «гитар» ошол сөздүн бузулуп айтылып калышы.

— Биздей комузчуларды «сетерчи» деп кемсинтип келишпедиби биздин манаптар.

Фрунзе башын ийкеп койду:

— Эт жегенден башка өнөрү жок манаптардын анысына кемсинбөө керек. «Тантыкты тантык десе өлгүсү келет, чеченди тантык десе күлкүсү келет» деген сөз бар эмеспи. Сиздей комузунан мукам күү уюлгуп түшкөн өнөрпоз ага күлүп гана коюу керек.

Токгогул гитараны бир сыйра шыңгыратып, буроосун аңдагандай болду да, асте бирден тере дүңгүрөгөн бир муңдуу овон кайрыды. Врачев элтейип тиктеп калды. Кайруу европалыктардыкы болучу. Токтогул үн кошту көмөкөйдөн күңгүрөнө.

Думи моі, думи моі,
Ви моі єдині,
Не кидайте хоч ви мене
При линхій годині
Прилітайте, сизокрилі
моі голубъята,
Із-за Дніпра широкого
У степ пргуляти
С киргизами убогими.
Воні вже убогі,
Уже голі... та на волі
Ще моляться богу.
Прилітайте ж, моі любі,
Тихими речами .
Привітаю вас, як діток,
І заплачу з вами...

Мун оводо калкып, те булуту жерде жаткандай алыскы көк жээкке тарап, артынан гитара акырын шыңгырап, тып басылды.

«О-о! », «Улуу Тарас Шевченко!..» дешип, Фрунзе баш боло дуулдашты баары.

Дагы баягы Якуб Чанышев:

—Ва-ай, муну кайдан билип жүрөсүз, а, бабай?

Гитара дагы шыңгыр какты.

Чи не дасть бог милосердий
 хоч на старють волі.
Пішов би я Украіну,
Пішов би додому,
Там би мене привітали,
Зраділи б старому...

Баары ыраазы болушту.

Токтогул:

— Бир кара көз абышка ар дайым ушул ырларды өтө муңканып, кээде өзүнөн-өзү бышактап отуруп, ырдачу эле. Бир күнү, кечинде үнү угулган, а эрте менен ордунан турбайт, жаткан

жеринде томурайып өлүп калыптыр.

— Да-а,— деди Фрунзе,— Сибирь далайдын өмүрүн жеди го, чиркин?!

Баятан бери бир да жолу кепке аралашпай отурган Мадамин-бек:

— Өзүңүз да боштондук көксөп ырдагандырсыз, Токтогул аке?—деп калды.

Фрунзе аны бир тиктеп алып, же анын көңүлүн кубаттаганыбы, же өз оюна да ошол суроо келип турганбы, Токтогулга жооп күткөндөй жүз бакты.

— Көп эле арман, тилек кылдык,— деди Токтогул,— бирак, кагазга түшпөй айтылган жерлеринде кала-кала берди го?!

Кара темир зым коргон
каруум болсо бузарга,
канатым болсо учарга,
калкымды көздөй сызарга...

деген элек бир кезде.

Фрунзе Мадамин-бекти кылтыя карай берди. «Ну, которуп бер эми отургандарга» дегенди туйду Мадамин-бек.

Ал ойлоно калып, токтой, анан ушул азыр өз оюнан оргуп келе калгандай, бир кездеги Сибирде айдалып жүргөндөгү өз абалы, өз ыры сыяктана төрт сапты толкундана кайра көтөрүңкү айтып алды да, маанисин кыскача орусчалап койду.

— Да,— деди Фрунзе,— «кара темир зым коргон каруум болсо бузарга», бу деген кайрат, күрөшкө үндөө, а «канатым болсо учарга, калкымды көздөй сызарга», тууган жерге, элге болгон не деген сагыныч. Сизге, Токтогул

Сатылганович, мына ушул кайрат түгөнгүс кубат бергец. Сизди мына ушул өз элиңизге болгон сүйүү, сагыныч сактаган, үчүнчү жолу качууга зарде берген, эки жылдык алыс жолдо ноютпай колтугуңуздан сүйөгөн, чыдаткан, күрөштүргөн.

VIII

Иш оң жагына оодурулган соң бир аз көңүлү тынгансып, Фрунзе Ташкенге кайткан. Бирок, бир жумача убакыт өтпөй эле поезди Анжиянга жакын жердеги бир кичинекей станцияга кайра келип токтоп калды.

Тезинен Фергана боюнча аскер бөлүктөрүнүн башчылары башкы командачынын вагон-салонуна шашылыш көрсөтмөгө чакырылды.

Эч кимиси эч качан командачынын мындай суз, ой баскан сүрдүү кабагын көрүшкөн эмес. Мыдыр этишней, мелтирей анын оозун тиктеп калышты баары.

— Фрунзе:

— Жолдоштор... Мына, бүткүл дүйнөлүк империализм эми Түркстанга түздөн-түз кийлигишүүгө өткөн. Чек арага курал, аскер чогултуп, а бухара эмирине атайын жаңжал, чек арага кагылыш чыгарта баштаган. Бул күчөө, албетте, биздин Түркстан элинин көңүлүн тапканыбызга, өз тарабыбызга тартып кеткенибизге чыдабай, эми же ачык интервенция кылмакчы, же ички-тышкы душмандарыбызды өз максатына пайдаланып, биздин арабыздагы али олку-солку болуп турган элементтерди дагы бузуп, биздин бүткөргөн иштерибизди кайрадан бүлдүрмөкчү.

Фрунзе отургандарды сыдыра тиктеп, көзү Мадаминбекке келип токтоп, «а бу отурган экен» дегендей, кайра ою эки анжы болгон таризде алдында бети ачык жаткан кагазга алаксый калды.

Тула бою дүркүрөп кетти Мадамин-бектин! «Менби элемент?..» деген кайгылуу шек чыкты дилинен. — Ишеним али жокпу мага?!»

Фрунзе:

— Биз саал күн мурун эле «эл үчүн», «келиштик», «жараштык» дешкен кишилердин арасынан кайрадан чет элдик душмандардын көкүтүүсүнө алданып, кайра басмачылыкка чыгыл

кетип жатышат.

Бул үч күн мурда болгон окуя. Башкы командачы Ташкенге жөнөп кетер замат Көр-Шермат, Калкожо убададап тайышып, тоо таянышып, чыгып кетишкен болучу.

«Ка-ап, биринчи күндөрү эле куралдарын шыпырып алып койгондо болмок экен. Беш жүзгө дейре ар кимисин эки кошундан бар, «кошун» деген эле даңаза наамы, же куралы түзүк эмес, же тартип дегенден жок — баягы топураган эл. Байкуштардын убалына калмай болушкан экен... »!, көңүлү эмне кыларга арга да, жай да таба албай алдастап олтурду Мадамин-бек. Фрунзе:

—Көр-Шермат, Калкожо, кишилери го кызыл аскер болуп кайра түзүлө элек эле, кетишсебаягы душман боюнча калышканы ошол. Бирок, казынадан кийим-кече, азыктүлүк, курал алып, «Анжиян полку» аталган соң Сапаров Акунжандын ниети бузула баштаганы камтама кылып турат.

Бул кабар баарына жаңы болучу.

Фрунзе:

— Тигилер менен сөзү бир, азырынча гана кылтылдап тургансыйт. Бул кабар, бир адамдын эле болжолу эмес, алда канча такталган, ошентсе да, биз муну өзүбүзчө аныкташыбыз керек, көп убакта ичи жаман бирөө атайын терс бирдемени элге жайып жиберип, алынган кабарлар ошол ушактын негизинде түзүлүп калышы да ыктымал.

Бет алдын тиктеп, бирок даана эчтемени көрбөй, ою кымкуут, Көр-Шерматка, Калкожого, Акунжанга айтылган сөздөрдүн баары эле ага айтылып жаткандай, «сенин кишилериң эле» дегендей ага күнөө болуп тийип, өлбөгөн эле төрт саны калып отурду Мадамин-бек.

Фрунзе:

— Бүткүлдүйнөлүк империализм Түркстандын ичинен кайрадан «күрөшүп жаткан баатыр» таап алмакчы да, ошолорго «адилет жардам берген» болуп, дүйнө элинин көзүнө көрүнмөкчү. «Карагыла, Түркстан эли тынымсыз күрөшүп жатат!» демекчи. Биз бул абалды кантип гана болбосун оңдошубуз керек, кантип гана болбосун.

Кантип эми?! «Сүйлөшүү» деген минтип өзүнөн-өзү кыйрап жатса?! Кан төгүшкөн согуштан башка эмне калды?! Мадамин-бек мукурады.

Түзүлгөн абалга карата ар ким өз ойлорун айтышты. Келип эле аскер күчүнө таянууга такалап турду сөз.

— Мен, жолдош Фрунзе,— деди майыша,— жолдоштордун алдында бирдеме дешке акым жок сыяктанып турам, анткени...

Фрунзе:

— Ташкенде да жолдоштор чуу түшүп жатышат. Бирок, алдын-ала эле кокуйлай берүүгө негиз жок. Сиз барсаз жаныбызда, ойлонуп көрүңүз, жолдош Мадамин-бек, элдин туусу ынкылаптын туусу менен биригип калган, аларда өзүнчө туу жок, аларды эми «убададан танып бөлүнгөндөр» дейт, көрөсүз эми, аларды чындап бөрү жейт.

Ичи туталанып, кейип:

— Мен «саткын» имишмин... — деп, араң жылмайгаң болду Мадамин-бек, жылмайганы күлкү эмес канырыгы түтөгөндөй.

Фрунзе:

— Сиз экөөбүз, жолдош Мадамин-бек, түшүнүп коюнуз, көз көргөндү акыл көрбөгөн, акыл көргөндү көз көрбөгөн кыйын өткөөл мезгилде элибизге келечектин жолуң көрсөттүк. «Түшкө не кирбейт, душман не дебейт» деген акылдуу сөздү эсиңизге салам. Бир душман «саткын» деп койсо эле киши саткын болуп калмакпы?! Муну жалпы журт билет, муну калыс тарых тактайт, жолдош Мадамин-бек.

— Булар,— деп баштады өз пикирин Веревкин.

Фрунзенин муруту түктөйүп, саргылт жашыл көзү кайнап:

— Бу, жолдош Веревкин,— деп, кагып койду,— сиз дайыма эле «булар» деп кошоктоп айтасыз, мунуңуз эмне, таптык жагы сизди эч кызыктырбайбы, жөн эле үйрөнгөн падыша чиновнигинин кемсинтүү, жек көрүү адатынан келип чыгып жатабы?

Фрунзе жыйнтык кылды:

— Менимче, дагы бир жолу тынч сүйлөшүү менен тынышууга аракет кылып көрсөк. Көнүшсө эч бирөөн да алакчылабай баарына кечирим беребиз, кара башынын, мүлкүнүн амандыгын камсыз кылабыз. Тынч тириликтерине өтүшсө гана болгону. Бул «өкмөт коркту» делинбесин, бул Кеңеш өкмөтүнүн дагы бир жолку кеңдиги, эл ичин бөөдө тополоңго, бөөдө чапкынга кириптер кылбоо үчүн иштеп жаткан далалаты деп түшүнүлсүн.

Мадамин-бек тура кала:

— Жолдош Фрунзе,— деди шашыла,— мага уруксат кылыңыз, меп барып сүйлөшөйүн безерилердин кимиси менен болсо да. Кепке келишер, келишпей тургаң болушса мен кошундун алдына чыгам, мени тааныган кишилер табылат.

Фрунзе:

— Балким, башка эле орточу саларбыз?

Кужело:

— Биерде, Михаил Васильевич, иштин оңуту, же терс айланышы барган кишинин ким экендигине байланыштуу да болот ко. Эң башкысы кадыр, ишеним.

Ошол эле жерде Түркфронтунун командованиесинен, ТҮРККОМИССИЯнин, Фрунзенин өз атынан Көр-Шерматка арналып, атайын кат даярдалды. Катка тигил тарап оң жооп кылгыдай болсо, күн болжонуп, жер болжонуп, Маргалан Атчан полкунун командири Мадамин-бек, полктун саясий комиссары Сергей Сухов барып, сүйлөшүү жүргүзөрү макулдашылды.

* * *

Көр-Шермат англис полковнигинин кийимин кийген бойдон, үй ичинде да кара көз айнегин албагай бойдон отурган экен. Калкожонун саламына башын араң эле ийкеген болуп, эрдин бек кымтып, көзү көрүнбөгөн соң эмне ойлоп турганы да баамдалбай, сес көрсөткөнсүп мелтейди.

Көр-Шермат баягы Көр-Шермат! Кыялын билгендер бу менен бир ишке орток же жолго жолдош болуп калышса дайыма этият болушуп келген. Бу жалт берме, сүйлөшүп жатканда оозунан бир сөз чыкса, дилинде башка кыял кымкуут болуп турганы сезилет. Кысталыштан чыгып кетиш үчүн гана жанын жеп карганып, керек болсо кылыр көзүнөн жаш чыгара ыйлап, качан бошонуп кеткен соң ага өчүгө, кекене сөгүнүп кете берип жүргөн адам.

Далай уккан, далай ирет өзү көргөн Калкожо жылмайып аяр тамшанып оозун жасап келип, оюндагысын тике айта албай кайра тартынып, улам алдыртан акмалайт. «И-и, иттин тукуму! Карачы, амир ляшкери деп койсо, бу түркөй каракчы биротоло керсейип калганын карачы!» деп сөгүндү ичинен. «Бул эмне? Улам эле ушул түркөйлөрдү көтөрмөлөшөт да? Кече Мадамин! Бүгүн бу каракчы! Ыя, неге эске алышпайт мени?! Англиси деле! Түркү деле!» деп, кыжыры кайнап, дили карайды. Бирок, балким кара көз айнектин нары жагынан жалгыз көзү менен кадалып турсачы? Калкожо тышынан жылмаңдап отуруп калышка аргасыз болду.

Көр-Шермат муну байкады белем:

— И-и, азирет,— деп копшолду, «азирет» дегени какшык, ныктоо сыяктуу, кирки үндөн кажылдагансып жаман чыкты,— бу оюңуз кымкуут го, ирениңиз кубулуп турат?

Калкожонун жүрөгү шуу дей түштү. Мадамин менен урушканда жүрөгү шуу дечү эмес, Мадаминдин жүзүиөн бир жамандык кылары сезилчү эмес. Бу көр шайтандан ар жамадыкты күтсө болот! Калкожо муңайым:

— Таксыр, ирең кубулбаска не чара! Каргыш урган саткын келе жатат дейт ко? —деди, өтө камтама болгон түр кылып, катарга кошуп айтып коюшпаганына таарынган кебин кийип бүжүрөп.

— Сүйлөшөбүз...— деди Көр-Шермат.

— Сүйлөшкөндө эмнени! Дин-Исламдын ишин каапырдын бир камзолуна сатып, жамы мусулман көтөрүң отурган пайгамбардын көк туусун жыгып, каапырдын каң ирең байрагына алмаштырып кеткен жокпу?!

Көр-Шермат башын ийкеп, макул болгонсуп, ой баскансып отурду. Калкожо биле албайт, бу чыныбы, же «энеңди урайын, оюндагыны дагы ачык айта түш, сени менен анан сүйлөшөм» деп турабы. Эртеңки жүз көрүшкөндө бу кыйшык эмне кылар экен?! Курулай «амир ляшкери»

деген аты эле болбосо, баягы көп кошун жок, тарки чыккан аз гана бардеңке, шыйрактуу кара мылтык калган, англистердин убада кылган куралы колго тийе элек али! Ушул шартта үдө кыла албай камчысын мойнуна салып, кайра Мадаминге кирип бсргени турабы? Жүрөгүн өйүгөн ушул.

— Мына, кудайым каалап бак берип, амир ляшкери[1] болуп, Дин-Исламдын ыйык көк туусун өзүңүз көтөрүп турасыз, таксыр! —деп мактап кирди Калкожо. —Бүт мусулман төрт Көздөп тиктеп турат сизди, бүт үмүтү, кайраты мына ушул сизде. Кудайдын улук күндөрүндө ар жума нам-азы убагында сиздин ысмыңыз мусулмандардын оозунда, дуулдап фатиха кылмакда...

Көр-Шермат мактоого манчыркап отурду. Кечээ күнү эле бу тектүүсүнгөн кожо тев.ине алчу эмес. Бүгүн «таксырлап» отурат! «Не деген менен, бу азезилден этият болуу деркер» деп койду дилинен.

— Макул, Мадамин келсин дейли, эмне кеп-сөз кыласыз?

— Сүйлөшөбүз.

— «Кайра кел» дейсизби? — деп кыңырыла кебин улады Калкожо. —Андай болгондо, эмне, Мадамин онбашы болуп жүрүп берер бекен? Деги ошентсе кана?!

Какшыкты сезип, Көр-Шермат оороюп тиктеп калды. Калкожо табалай ырсайып күлө:

— Же, амир ляшкарлигин кайра бересизби, ыя, таксыр? — деп, аны сайын тигинин талуу жерине сайып койду акырын. Көр-Шермат «шык» деп, кабарын үйрүп, башын чайкады. «Бербейм» дегениби, же «кычаштырганын карачы» деген нааразылыгы болдубу, муну да Калкожо ажырата албай калды.

Эми, таксыр, биздин да кулагыбыз бар, уккан каңшаарга караганда сиз экөөбүздү алдан кармап, өкмөткө байлап барып бергени келатат экен! Буга эмне дейсиз?! Ыя кошоктошуп түшүп калып жүрбөйлү бир сыйыртмакка?!

Көр-Шермат кызыккандаи жүз буруп карап калды, ара көз айнектен көзү көрүнбөйт, бирок сөз акырын күткөнү айкын. Муну сезип, Калкожо андан нары күңкүлдөп, эшик жакты алактап каранып, бар дити менен шыбырап ынандыра баштады:

— Ушу тапта, таксырым, эки башчы, эки туу, болуп турат, мына ушуга жараша, жол эки айры болсо жолбун ит башы каңгы дегендей, эл да эки бөлүнүп эки анжы болуп турат. Туунун бири жыгылышы ылаазым, эл бир жакка жыйылыш ылаазым. Таксыры-ым!..

Көр-Шермат улутунуп алды. «Нуктуу кеп!» дегенди да, «И-и, сенин оюң ушул экен го?» дегенди болжоду Калкожо. Ою заматта ар кайда чарк уруп кетти. «И! Бу жалгыз көз желмогуз бегине кайра кошулуп, туугандын урушу — торконун жыртышы болуп, кайра табышып алып,— сени ушул кожо өлтүр деген болучу деп чагып койсочу? Ыя, анда мен кайда барып батам?» деген түкшүмөлү тула боюн дүркүрөттү. А Көр-Шермат тиги акылгөйү Энвер пашанын маслаатысыз оозуна эчтеме кирбей, тили байланып гана отурган.

Эч анын сөзүнөн чыга албайт. «Амир ляшкери» кылып көтөргөн ошол. Великобритания деңиз аскеринин полковнигинин кийимин таап, көп нөкөрлөрдүн ичинде салтанат кылып Көр-Шерматка жамы түрктүн, англия өкмөтүнүн атынан кутлук айтып кийгизип, өз колу менен кара көз айнек салган ошол.

Сөз акырына келди, же «бар», же «жок» дебей койгонунан эми чындап чоочулап:

— Мейли, өзүңүз билгейсиз, таксыр, биз бир мусулман баласы, айтып, жакшы ниетибизди билгизип, эң акыры бурадарлык карызыбыздан, мусулмандык парызыбыздан кутулдук, калганы амир ляшкеринин иши...— деди Калкожо. — Кечиргейсиз, кайыр...

«Кайыр» деген сөздү атайын айтып, «токтоң, кожом, сиздин сөзүңүз күйгөндүн сөзү» дейт ко деген Калкожо. Шермат унчукпай баш ийкеп койду. Калкожо эми туруп Жөнөбөскө болбой, ындыны куруп ордунан козголуп, же жулуна эшик жакка беттеп басып кете албай, ага кайраты жетпей, акырын кетенчиктеп чыгып, ичи уйгу-туйгу, тышкы далисте Көр-Шерматтын өз бир тууган үкеси Орозматка таштап кирген маузерин кайра алып, үңкүйгөң бойдон сыртка чыкты.

«Э-э, иш бар окшойт ко биерде? Мейли, бизге өтсө Мадамин, чын эле, онбашы болуп эле

---

[1] А м и р л я ш к е р и - аскербашы.

жүрөбү?! А көрө, жарашабыз деп алдап, өкмөткө байлап барып беришң ыктымал! Же, ким билет ичине кирип чыкпагандан кийин, ыя, Мадамин менен паша өзү жарашканы калганбы? Ыя, орто жолдо мени эмне кылышмакчы, ыя!» деп, уурту кыйшайып, Көр-Шерматтын көңүлүнө шек туула баштады.

Калкожо сыртка чыкты. «Э-э, иттин уялашы менен коштошуп койбой, аттиң. Кабагы бүркөө кетти деп айтса, ыя, эмне жамандык ойлонуп калар экен?..» деген санаага кабылып, кайра баруудан ар кылды.

Көк эшектин кыр аркасы көчүгүн өйкөгөн соң Калкожонун шеми кайта түшкөн болучу. Кырдуу бирөө кеп айтса, ичинен анын тытып этин жегидей оолуп турса да, эрдин кымтып, башын ийкеп турма болгон. Нары үстүнө, бу Көр-Шерматтын кыялы чарс, «кудайдан коркор, пендеден уялар» деген түр жок мында, Мадаминге кылганын буга кылса бу тирилей жерге көмдүрүштөн таюу тартпасын билет.

«Ыя, түшкөндүр бирдеме көңүлүнө? Маң баш болбосо?» деп, өзүнчө күңкүлдөп кеттн кыйды ою. «Же амир ляшкерилигин кайра бересизби, ыя, таксыр?!.» деген сөз тигинин санаасына курт болуп түшкөнүн, ал эми аны тынчытпасына ишенди.

* * *

Те Самарадан бери башкы командачынын өз карамагында келген татар биргадасы ошол убакта Анжиянда эле.

Чанышевди чакырып:

— Эми, Якуб Жангирович,—деди Фрунзе,—Акунжан менен кабарлашалы сен экөөбүз.

Чапышев:

— Ал азыр тоо тарапка ыктап тургансыйт, буйрук болсо, тезинен тоо жагын тосуп, ортого алабыз да, ишин бүтөрөбүз.

Кечиримдүү жылмайып койду Фрунзе:

— Ушу баарыңар эле «ишин бүтөрүп коюуга» шымаланып турасыңар да? Күч менен «ишин бүтөрүп коюудан» оңой эмне бар?! Мунун эл ичинде кандай кеп болорун, четте эмне дешерин, демек саясий жагын кароо керек эмеспи? Биз азыр жаңжалсыз, согушсуз тынч жайгарсак утуш алабыз, Якуб.

«Кантип?» деген суроо меңен командачыны тиктеп калы Чанышев.

Фрунзе:

— Жатык тил менен сүйлөшө ала турган татар жолдоштордон, табылса Акунжан менен баштатан мамилеси түзүк болуп жүргөнү болсо андан бетер жакшы болор эле, атайын чабарман жибер Акунжанга.

Баш ийкеди Чанышев:

— Куп, Михаил Васильевич.

— Келсе, көзмө-көз сүйлөшүп көрөбүз, эмне болорун айкындалган абал өзү көрсөтө жатар. Макулбу?

— Макул, Михаил Васильевич...

* * *

Теребел көк майдан, адырдагы кызыр аңыз кан төгүлгөндөй кыпкызыл гүлгө толгон, түркүн чыктуу чөптүн жыты сиңген жылымык ава сезимди жоошута магдыратып, ньжсыратып турган. Түзгө айдалган көк кашка беде гулгүн чаарала болуп, арпа сарала, ат жалына чарпыла келген богок буудай түтөй гүлүн төгүп жаткан кез.

Жылдын жакшы мезгили, тирүүлүктүн ыракаты бардык жанга бирдей, бирок жашоо, жашоонун жолу, көйү ар түркүн экен го?! Көгала таңдан ире-шире күүгүмгө дейре жан тынымын албай бал аары темселейт, а теменедей шиш тумшугу менен аны ара жолдо жырткыч

көк соур[1] илип кетип, тагдыр муну мага буйруган дегендей жүрөгү өйүбөй авада ойкуп жүрөт.

Жыйырма беш жигит менен — кыргыз, орус, өзүбек болуп жанында өз полкунун комиссары Сергей Сухов, Үч-Коргон кыштагына келди Мадамин-бек.

Сүйлөшүүгө ушул жер макулдашылган болучу. Бирок, Көр-Шермат тараптан али дарек жок экен. Күтүү керек, келбей турганына көз жеткенге чейин чыдап күтүү зарыл. Чайканага токтолушту.

Кечке жуук, Мадамин-бек менен Сухов чайкананын балакасында кыңкайышып, эс алып жатышкан, тыштан бир чоочун адам суранып алардын үстүнө кирди.

— Ас-салоому алейкум...

Өйдө болуп, Мадамин-бек тигил кол куушуруп таазим кыла салам айткан кишини кадалып тиктеп калды. Кайдан укту эле? Бу кымырылган үн өтө эле тааныш сыяктуу. Мадамин-бек башын ийкеди.

— Ва-алейкума ассалам...

Тиги ошол таазим кылган бойдон көзүн саал өйдө төрүп, мышык ырылдагандай ууртунан жымыйып тиктей берди. Кимдин көзү? Кайдан көргөн эле? Мадамин-бек эстей алган жок, ал аскер кураган кезде көп эле кишиге иши түшкөн, көп кишинин ажатын да ачкан, кимиси экенин бир кудай өзү билбесе?! Ким болсо да, айта турган зарыл кеби бар сыяктуу, кыйылып токтоп турат, эгерде саламдашып эле койгусу келген неме болсо, эми дагы бир-эки таазим кыла «кечиргейсиз, кечиргейсиз» деп, кетип калмак.

— И, кулак сенде, жараным? — деди Мадамин-бек.

Тиги көз кыйыгын тымпыя Сухов тарапка таштай берди. «Ушу адамдын көзүнчө айта берейинбн?» дегенди түшүндү да:

— Кел, кел, мындай отур, чайга кел, жараным,— деди Мадамин-бек. Тиги да «сөз жашыра турган киши жок» дегенди жаздым кетирбей туюп, бирок отурбай, өтө эңиле таазим кылып, арбаган жумшак үн салды:

— Бек тиги Тамашага келсин деди. Ошол бийик жайда кеплешсек дейт...

Мадамин-бек эрдин бек кымтыгаң бойдон ойго батып, башын ийкегилеп токтолду.

— Бек... айт дегенин айттым... кылган күнөйүм да, тапкан сообум да жок, ортодогу калыс адаммын...— деди,

Ырас, бул эмнени билмекчи?!

Кабарчы акырын кетенчиктеп, балаканадан түшүп кетти.

Бирткелей чай ууртап, баш ийкегилеп, өз ичинен өзү менен өзү сүйлөшүп отурду Мадамин-бек. Бу тымызын келген саламчы тигил тараптан бир кабар жеткирип келгенин баамдап, бирок аскер тартибин көргөн Сухов жармашып сурап кирген жок.

— Жолдош,. Сухов,— деди акырын Мадамин-бек, тигилер сүйлөшүү өтчү жерди өзгөртүп жатышат экен, Тамаша тоо ичинде...

«Эмпе кылабыз?» дегенди сезди Сухов.

Мадамин-бек:

— Эмне себеп болду экен макулдашылган жерди өзүлөрүнчө өзгөртүшкө? Чоочулап жатышат ко, сыягы? Чоочулагыдай артыбыздан аскер деле ээрчиткенибиз жок. Же бир ичи жаман кутум тескери айтып, чагымдап койду бекен?..

— Кантсе да,— деди Сухов,— макулдашылган жерди өз бетинче өзгөртүү жакшы жышаан эмес, бир жаман ойлору болушу мүмкүн, биз тарап сүйлөшүүгө барбай коюуга укуктуу мындай учурда.

Өкүнө үшкүрүп алды Мадамин-бек:

Мына ошол бизди келбей коюшса экен деп, сүйлөшүүдөн атайы качып, буйтап турушсачы? Сүйлөшүү ошолор үчүн керекпи?! Элдин тынччылыгы үчүн керек! Бирак, аны Көр-Шермат элге айтмакпы, эл менен кеңешмекпи?! Колтугуна суу бүркүп турган кожосу менен келгин түрк макул боло коймокпу?!

— Штабга билдирели, жолдош командир, бир акыл айтышар,— деп сунуш кылды Сухов.

---

[1] К ө к с о у р — шамдагай учкан жашыл чымчык.

— Күн өтүп кетет ко,— деп башын чайкады Мадаминбек,— ыя, комиссар, бул шартын кабыл алып, шылтоосун түгөтсөк кантет? Эл көрсүн...

* * *

Кабарчы барганда Акунжан аскерлик униформанын үстүнөн карала кымкап тонду көйкөлтө желбегей жамынып төрдө жай отурган экен. «Таксыр», «бек» дешип жиңкилдешет жойпулары, а ал ага абдан маашыр.

«Полк башкы командачынын алдынан кароодон өткөрүлөт, кароодон соң зарылдыгына жараша ат, курал кошумча кылынат» деген Чанышев жиберген кабарды угуп, же «куп болгон экен», же «алдагысы бар экен» дегени туюк, унчукпай башын ийкеп отура берди Акунжан.

«Өзү кайда?» деп сурады Фрунзе жөнүндө. «Татар бригадасынын клубунда кеңешме өткөрөт».

«Ошерде болушабы татарлар?»

«Кароодон өтүштү алар, курал-жарактарын толуктап, Көр-Шерматка жөнөшөт».

Башын ийкеп отурду Акунжан.

Бир убакта: «Макул, баралы, курал берсе алалы, ат берсе минели, кандай дейсиң, абзий?» деди көңүлү бир түркүн ачыла, коюу кара каштарынын алдынан көзү шоктоно жылтылдай.

«Ме деп турганда алып калганга не жетсин?!»

Акунжан келгенде татар бригадасы жайланышкан аскер турунун аянты аңгырап бош турган экен. Эми гана ар түркүн жай эл топурашып, айт күндөгүдөй жасанышкан, ар көчөдөн агылып келип жатышат.

— А силерге эмне бар биерде? — деп сурап койду Акунжан бирөөдөн. «Парад болот экен, ошону көрөлү деп эле...» деген бейкапар жооп укту да, жүрөгүн өйүгөн чоочуусу жоюла түшкөндөй болду.

— Биз өтө эле эрте келип алган окшойбуз, абзий? деди жанындагы кабарчыга, дагы эле көзү туштарапка чаргыла. «Тонун кийип, атын минип, мылтыгын асынып чыгабы-ыз, а кыр-рың дешсе бу кыжылдаган татарлардың жаман тамын көңтөрүп таштап кетеби-из...» деп, кыжырлана ойлонду өзүнчө.

Аңгыча эшикке Сиротинский чыкты:

— Сизди күтүп калышты, жолдош Сапаров.

Жаңындагы өңкөй иргелген кишилерин бир сыйра сыдыра тиктеп алды да, Акунжан атынан түшүп, үч кишисин кошо алып, камчысын сүйрөгөн бойдон, не жини келгендей, не «барып эле берейинчи» деп өчөшкөндөй тезтез басып, демиге экинчи кабатка көтөрүлүп жөнөдү.

Фрунзе төрдөгү көк нооту жабылган столдун нары жагында отурган. Өзү жалгыз.

Салам айтты Акунжан.

Башын ийкеп:

— Отургула,— деди Фрунзе, кабагы суз, бир терс окуя көңүлүн бөөдө кыра кылып турган сыяктуу.

Баары коомай отура башташты.

— Бу, жолдош Сапаров, эмне болуп жатат, бул жердеги командованияңын буйругун буйрук деп эсептебейт экенсиз го? Сиз кызыл аскердиң катарындагы адамсыз, а катарда болгон соң, кандай командир болсонуз да, жогортон болгон буйрукка дегиси аскер тартибине кыңк этпей баш ийүү милдетиңиз эле го?!

Акукжан «айтып бүт» дегендей мелтейип отура берди, бул суроого өзүнүн себептери бар сыяктуу.

Фрунзе:

— Жай элди үймө-үй аңтарууга акыбыз барбы сиз экөөбүздүн?

Ушул жерде башкы командачынын көзүнөн кыжыр оту тутанып кетти: — Ыя?!

— Мен... аны....— деп мыңкылдап бул такыр эле күнөө эместей а түгүл бөөдө жеме угуп жаткандай капалана баштады Акунжан.

Фрунзе:

— Ну, тентиреген Энвер менен байланыш түзгөнүңүздү кандай деп түшүн дейсиз?

Эки көзү чекчейип кеттн Акунжандын. Кудай урган го?! Эчтеме калбаптыр го жашырын?!

Фрунзе:

— Эки жүздүү киши эки жакка тең душман! Бизге эки жүздүү жолдоштун кереги жок! Бир жактуу болуңуз! Барыңыз пашаңызга, Эмне табасыз? Ыя, а пашаңыз сиз көздөгөн «амир ляшкериликти» кол баласы Көр-Шерматка ыйгарып койгон соң гана сиз бизден ачык кол үзүшө албай, эки ортодо кылтылдап турганыңызды эч ким билбейт дейсиз го?!

Иреңи көкмөк болуп, маузерин сууруп алды Акунжан.

Сөз менен чарылдашса чарылдашар, бирок мындай эси жоктукка барат деп ойлобогон, таң калып тиктеп, аны сайын кабагы үйрүлө муруту түктөйүп:

— Столго кой куралды,— деди акырын.

Жан кечмек менен үмүт таразасы кылтылдап, бир көз ирмемде санаасы сансыз оодарылып кеткенсиди Акунжандын. Бир каш серпе сестенип койбой, эшиктин тышкы тарабында турушкан кароолду да чакырбай, кайта дарста отурган тентек баланы тыйган таризде зекип, эсине келтирип турган бу абройлуу адамдын акыл салмагы, сөөлөтү анын демин көз көрүнөө тебелегенсиди. Колу калчылдап, демиге өйдө карай албай, ошол бойдон башы менен тик сайылчудай мүңкүрөгөн бойдон маузерди таштап жиберди Акунжан.

Кошо ала кирген кишилери эми эмне кыларды билишпей, бирин-бири тиктеше көз менен да сүйлөшө алышпай, ар бири өзүнчө ойго кабылып, бет алдында Фрунзе, эшиктин тышында кароол, эми бул абалдан, бул үжүрөдөн канткенде кутулуп чыгып кетиштин пайын таба алышпагандай, нес болуп отуруп калышты.

Тышкы бөлмөдөн Сиротинский кирип:

— Михаил Васильевич, татар бригадасы да аянтка келип үлгүрүштү,— деп кабарлады.

Фрунзе ордунан туруп:

— Ай, Сапаров, Сапаров...— деп, астейдил кейиди. — Мен сизди жаңылыштыгын мойнуна алат ко, чын көңүлдөн өкүнөт ко, экинчи мындай жаңылыштыкты кетирбеске убада кылат ко деген элем, а сиз..,

Акунжан шөмтүрөп тердеп кетти.

Полку бүт аянттын мерчемин ээлеп, а түгүл жолугушуу болуп жаткан клубдун биринчи кабатынын эшигине дейре катар тизилишип алышкан эле.

Төрт тарабынан көчөлөрдү бууп, аянттан чычкан жорголоп чыга албай турган кыла тосуп, алды полктун аскерлерине аралашып, клубдун эшиктерин өзүлөрү алып, татар бригадасынын аскерлери толук курчап калды.

Чанышев атчан, ортодо алчактата бастырып жүрөт.

— Жолдош кызыл аскерлер, тополоң болбосун, тынч уккула, азыр Түркстан фронтунун башкы командачысы өзү сөз сүйлөйт! Кана, тынч!

Фрунзе болконго Акунжанды кошо алып чыкты.

Тизилген көп аскер, парад көрүшмөккө келген шаарлык эл жардап карап турушат.

— Жолдоштор! — деди Фрунзе, өзү да көңүлү уйгу, туйгу боло. — Бүгүн биз жакшы ниетте анжиян полкуң көздөн өткөрсөк деген элек, бирок, орчундуу өзгөрүүлөргө байланыштуу парад өткөрө албай турган болуп калдык.

Бул сөздү угары менен эле анжиян полкунан бирөөлөр катардан жылып чыгып кетүүгө беттенип, андайларды дагы бирөөлөр ээрчип, аларды камдуу турушкан татар бригадасынын жоокерлери токтотушуп, көз ирмемде тарсылдап ок чыгып, ар кай жерде алка жакадан алыша кармащ башталып, бир тарапты бир тарап күч менен, курал менен дубалга, бурчка такашып да калышты. Парад көрүщ, мөккө келген бейкапар эл кымкуут түшө бет келди качышып, бирпаста баш айланган чуу болуп кетти.

«Токто-о!.. Атпа-а!..» деп, Чанышев, жана да анжиян полкунан эстүү кишилер кыйкырышып, улам бир жакалашкан топко ат салышып, кулагына сөз кирбегендерин камчылашып, ортого түшүп калышты.

— Токтогула! Баарың! Буйрук кыламын! —деп кыйкырды Фрунзе.

Эки жак тең эстерине келе акырындап токтоло, күүлдөгөн аянт жым боло түштү.

— Биз өзүбүз «анжиңи полку» деп атап, өзүбүз кийинтип, өзүбүз курал берип отурган полктун командири Акунжан Санаров биздин кызыл аскерлик тартибибизге баш ийгиси келбейт! Муну эмне десек болот, жолдоштор? Мунусу аз келгенсип, ал алтын издетип, жай элдин үйлөрүн аңтарткан! Муну эмне десек, жолдоштор?

— Мен өзүм алайын депминби?! — деп жиберди Акунжан. — Өкмөткө дегем...

— Буга Кеңеш өкмөтү элдин мүлкүн талап бер деп тапшырма берген эмес! Бербейт! —деп, катуу жооп кылды Фрунзе. — Эл үчүн чыгып отурган Кеңеш элди талабайт, талатпайт! Кой дегенге Сапаров тил алган эмес, элдин көңүлүн ириткен, демек Сапаров Кеңеш өкмөтүнүн агынан Кеңеш өкмөтүнө ичтен каршылыкты өнүктүргөн!

Аянт дуу-дуу түйшөлө баштады. Фрунзенин кыжырлуу үнү кең аянттын бардык кыйрына жаңырыктап жатты:

— Мунун баары аз болгонсуп, полктун көпчүлүк өздүк составынан жашырын чет элдик империалисттердин агенти менен алака жасоого чейинки арамдыкка барган!

«Ой бо-ой...», «балакет ба-ас...» деген таңыркоо, түкүрүнө сөгүнүү угула баштады.

Фрунзе:

— Ушун үчүн, анжиян полкунун жоокерлери, бул жагдайда оң түшүнгүлө, бүгүндөн баштап, Акунжан Сапаров полктун командирлигинен бошотулду. Баарын эле күнөөлүү эмессиң, бирок командири ушунчалык кечирилгис каталык жиберип отурган соң бүткүл полк мунун терс таатал таасиринен тазаланышы керек, полк кайрадан түзүлүшү зарыл бардык өздүк состав колундагы болгон куралын, минген атын бүт тапшырат. Кимде ким элге, элчил Кеңеш өкмөтүнө ак кызмат кылгысы келсе, андай жолдоштор атайын комиссиядан өткөрүлүп, кабыл алынса, андан соң гана курал берилет!

Ыкшала түштү аянт.

Ушунчалык көпчүлүктүн алдында күнөөсү мойнуна коюлуп, сыртындагы «кызыл аскер» кылып турган кабыгы сыйрылып, ичи көрүнүп, ал тана да, актана да ала турган илинчеги болбой далдырап турса, ким ишенбей жан тарта алмакчы?! Жанагы жулунган адамдары да демдери кесилип, шалдырап туруп калышты.

Шарак, шарак деп мылтык, кылыч, тапанча ар жерге үйүлүп таштала баштады. Шарак, шарак...

* * *

Кээде гана эгин жайда кыбырап жүргөн дыйкан, мал көздөгөн чарбадар кез болуп калат. Бир жакка шаша бастырган шектүү атчан көзгө түшкөн жок.

Бу кандай? Демейде жол бууган жолоочу кана? Кылыч байланып, жалгызы колоктоп, тобу топурап чапкан басмачыдан корунуп, эки ортодо бөөдө кириптер болор жапа менен кайгыдан буйгалап, эл дымыганбы? Же, демин ичине тартып, далдадан жаман көздүүлөр аңдып, акмалап калып жатышабы? Бери келишпейби, кимиси болсо да, бетме-бет, сурашпайбы акыйкатын, доосу болсо жүйөөлүү кебин айтышпайбы бетке түз?!

Кез болгондун баары үшү тайган эл —кай бирөө ийнин кысат, кай бирөөнүн үрөйү .учат, «билбедим, таксырчар» деп бүжүрөп, кутулгуча шашат.

Көк эшегинин үстүндө мүргүп келе жаткан бир кары адам гана сөз угуп, суроого жооп берип, көп эле куралуу аишилер тоо тарапка шашыла кетип бара жатышканын башын ийкеп туруп айтты да: «Э.-э, балдарым, мындайда элдин камын ким ойлосо ошол бел байлайт, не багыңар, не шоруңар — бара көргүлө, жолуңар ачылсын, ишиңер илгери болсун...»— деп, батасын берди. Бу да болсо кубат бу да болсо көңүлгө өбөк!

Сухов жанаша, Мадамин-бектин ирениңе астырт баам салып, көңүлүндө болуп жаткан кымкуутту болжойт.

Бирге кызмат кылыша баштагандан бери бул келберсиген мырза адамдын өтө ачууланганын, бирөөгө үн көтөрө зекигенин, же минтип көзүн сүзүп ойго баткан көргөн эмес. Бардык убакта токтоо, акыл менен, ой менен оозунан чыккан сөзү суроо болгон күндө да жүйө, маани болучу. Ырас, иш кыйын гана түгүл коркунучтуу азыр жигиттердин бирин кайра чаптырып, Михаил Васильевичке абалды билдиришсе болмок. Же издей бергиле деди эле, же

өз башыңарды кылтакка өзүңөр салып бербей кайткыла деп буйрук кылмак. Бирок, комиссар командиринин жолунан кайтпай турган түрүн көрүп турган соң дагы бир керексиз айтышуу болуп кетпесин деп, унчукпай келе жатат. Ырас, кан төгүлбөсүн дегенде Мадамин-бектин эки көзү төрт кимде ким буга ишене албай кедерги боло турган болсо, анын күүлөнгөн комуздун кылындай чыңалып келе жаткан көңүл туйгусу чарт үзүлүп: «Сен күймөксүңбү?! Сага эмне, сага бул элдин боо түшүп кырылып калганы бир пул да?!» деп, күйүп, катуу таарыныч сөз айтып жибериши мүмкүн.

Ушунун баарын тегеретип ойдон өткөрүп, өзү мунун ордунда болсо эмне кыларын экчеп, кайда болсо да, кандай да болсо бул жолугууга бир барып көрүү зарыл болуп калганын моюнга алып келет. «Кишинин көңүлү кыл үстүндө — кылт этти оңдо, кылт этти солдо» деген бул элдин бир сөзүн эсине алды. «Бу да ошол кишилердин бири, көңүлү гана эмес, өмүрү кыл үстүндө турган кези. Жаңылган экемин деп, өз урукташтарына кошулуп кетсечи?..» Суховдун оюна ушул да имериле баштады.

Мадамин-бек ниетинде Көр-Шермат менен бетме-бет. «И? Кожо го кожо эле, ал биздвн элдин канын шарпылдата кечип, елүгүнүн үстүнөн аттап өтүп, өзүнө «газы» деген атак таап кете бериштен таюу тартпайт. А сага эмне болду? Эмне дейт, куру сөзү менен башыңдан ылдый тилле төгүп жатабы? Көп укпадык беле келгин түрктүн убадасын?! Ишенгениң англистерби? Биздин элдин карз терин, жошулган канын зарыптап орус менен кармашмакчы! Бекер күчүбүз, коргоосуз жаткан кенч байлыгыбыз — алардын ач көзүн кызарткан! Шермат! Эсиңе кел, Шермат! Тигине, жер тырмаган дыйкан, мал жайган чарбадар, мата кездеген соодагер ушу бүгүн ким дос, ким кас экенин ажыратып калышкан, тириликтин жаңы нугуна түшө башташкан. Сени ким ээрчийт?! Бөөдө тополоң кыласың, бечара кишилердин канын төктүрүп, убалына гана каласың, анан колго түшөсүң же акылгөйүнө кошулуп чек арадан безип өтөсүң— башка эчтеме колуңдан келбейт. Шермат! Жаңы Өкмөттүн көсөмү биздей урда эзилген журтка кам көрүп отурат, ийрибизди жакшы сөз менен түзөтүп, түзүбүздү бооруна имерип, угуп ой, адамзат бара турган ак жолго түшүрүп отурат. Биз муну тез түшүнүшүбүз ылазим, эгер баркына жетпей жөнү жок кежеңдей турган болсок өз журтубузга жек көрүнөбуз, өз тууганыбыздын колунан опат болобуз, Шермат! Ой, Шермат! Ойлон, дагы кеч эмес, азезилдин азгырыгынан чык бери! Жүр, сен үчүн камчымды мойнума салып барып, жолдош Фрунзеден өтүнүч кылайын, кечирим сурайын, эртеңки бейпилдигиңе кепил болоюн, ой Шермат!..— деди дили.

Сүйрөлгөн аркандай сай өйдө ийрилген ничке жол, эки тараптан майда токойлуу кууш тоо, жер бети көк баркыттай кулпуруп турган мезгил. Кекиликтин мекияны жумуртка басып, жоогазындын түбүнө карк болгон корозу көөп, кишини көзүнө илбей таштын башына атайын чыгып, бакылдап сайрап турар учур, бирок чук эткен дабышы угулбайт. Бу бейиштин кооз бурчу капилет бош калгансып өзөн суу гана бир кунуда кулдурттаганы болбосо, мемиреп жымжырт. Улам өйдөлөгөн сайын ава дагы салкындап, арча, шыралжын буруксуйт.

Бир убакта Мадамин-бек минген жээрде кашка аргымак кулагын тикчийтип, туура жактан бирдемени туйгандай еелтилдеп, боюн жынра баштады. Мадамин-бек тизгинди кагып койду. Ошол тапта «Йа, алла! йа, алла!..» деп, ыйлактаган дувананын үнү чыкты бадалдан, артынан «Иа, алла-а!..» деп зикир чалып дагы көп үн коштоп, эки жактагы үңкүйгөн аскалар жаңырыктап, кызыл курдан чоочуган көк көгүчкөндөр бапырап канат кагып учуп, оволой беришти. «йа, алла! йа, алла-а!..» Сухов маузерин сабынан кармап, элтейип эки жагын каранды. Мадамин-бек сөөлөтүн жазбай, дуваналар ошонун урматыиа аллага мунажат кылып зикир чалып жатышкан сыңары, эч камырабай, ат бастырып кете берди. Дувана деген дуьана, иреңдери жүдөө, көздерү акшыңдап, чимирик атышып, ийреңдеп жол буушуп, ошону менен кала беришпей катарлаша самсаалап чуркашып, коштоп алышты.

«Йа, алла! Саткын! Саткын! йа, алла, саткынга өлүм жибер. йа, алла-а!..— деген киркиреген үн Мадамин-бектин кулагына чуу арасынан шак-шак тийип жатты. Ал эрдин бек кымтынган бойдон эч кимге серп салбай, укпагандай, теңине албагандай, жээрде кашка аргымактын жай басыгына атайы коюп, өчөшүп кете берди. «йа алла, а, саткынды чагылган урсун, Йа алла-а!..» дейт, үзөнгүгө жабышчудай калбай ээрчийт киркиреген үн.

Сухов темине келип:

— Жолдош командир, токтойлу,— деп жиберди шыбырай. Мадамин-бек башын саал чайкап, былк этпей көз кыйыгын эки жакка серпти. «Эки жагыңды кара!» дегеңди түшүндү да, Сухов абайлап, коргул таштардын нары жагында бой жашыра мылтыктарын окчо кармап турущ, кан көп кишилерди байкап, эми токтосо тарсылдата оң чыгарын жүрөгү сыдырылып сезди. «Йа, алла! Йа алла...» Баш кеңгиреткен ызы чуу, кымкуут топураң коштоп кеде берди.

Тигине, Тамаша кыштагы!

Киши деген үйүлгөн чымындай кара комок. Дүүлүгүп, тамдын коргондордун дубалынын үстүнө чыгып, жардап турушат. Жол бууган, ээрчиген аны сайын көбөйдү. Бир каптал жакта уюлгуган көк сакал бирөө эки көзү чакчаңдап, эмне айтканы белгисиз, эки колун серелеп жинденет, Катардай бири ыйламсырагансып, бири таң калгансып, бири эч чарасыздай томсоргон, кайсы бир убакта көргөнсүгөн кабагы жылуу кишилер да турушат.

Жыйырма беш жоокер Мадамин-бек менен Суховду ортого алып алышкан, колдору куралында, ireңдери кубарган.

Те бет алды жактан бийикте боз ат минип келген бирөөнү көрдү Мадамин-бек, «Шермат окшойт, кара көз айнек кийип алганбы кемпайым? Мени тосуп чыктыбы?..» деген жакшы үмүт кылт этти. «Дувананын саткын деп сайраганы эмнеси?..» деген ою үмүтүн ошол замат четке какты. Ошол учурда аркадан мылтыктын машасы шыкшык этип угулуп, көп аттын топурлаган басыгы кыстап келди. «Курчап алышты» деп сезди Мадамик-бек.

— Салам айттык, Шермат,— деп үн берди тизгин жыйып. —Мына, чакырган жериңе да келдик!

Тигил тарап да, бул тарап да дем тартпай калышты. Эми Көр-Шермат эмне дээр экен?

Ошерде эле көз көрүнөө дымак кылып, оозу щакебе кылгандай бир жагына саал кыйшая күлө саламды таназарына албай таштады Көр-Шермат.

«Уа-а, арам көр таршыган экен а? Тулубу тар адзм биртке эле жалган даңкка кампайып кетет эмеспи, чиркин ай?!» деди басмачылардын эле арасынан калыс бирөө.

—Эй, Мадамин,— деди Көр-Шермат бир убакта, артынан бирөө шыбырап тургандай, ал ошол шыбырагандын сөзүн айтып жаткансып, улам токтоп,— биз сенин саламына жутап отурганыбыз жок, Мадамин. Ток этери — сен, Мадамин, кат билесиң го, орусуңча да, мусулманча да жаз-кайттым жаңылыш жолдон, кайттым шайтандын азгырыгынан деп жаз, гиги орустун колунда калган кошундарды чакыр быякка!

Ireңи ачуудан купкуу болуп кетти Мадамин-бектин.

— Бул, Мадамин, биздин амир ляшкерилик буйругубуз! — деп манчыркай үн салды Көр-Шермат.

— Эй, эй, «амир ляшкери болгон, киши», сүйлөшөлү, түш бери!

Сеңселген ак боз ат теминер замат кылак эте көздөн далдага кирип кетти.

Бүт отряд жакын турган бир жай адамдын кичинекей короосуна баш калкалоого мажбур болушту. Ар бурчка, эшиктин ич жагына, дубалдын түбүнө өңүт алып калышты.

Мадамин-бек короонун ортосунда басып турат. Тыяктаи сөзгө дагы бирөө келеби дегендей коргондон ашыра тиктент, тышынан курчап, тебетейлери кылтыйып, акмалап турган башка салабаттуу бирөө көзүнө урунбайт.

«Ыя, кармалганыбыз ушубу?..» дейт Мадамин-бек өзүнө, «жаз» дейт Көр-Шерматтын тажаал үнү кулагына, «бул абалды кантип гана болбосун оңдошубуз керек» деген Фрунзерин үрөйү көз алдына келет.

Колек дубалдын тешигинен, кырынан, те наркы байтүп кара жыгачтын калың жалбырагынын арасынан бет алдынаи да, ай далысынаи да мылтык мээленип турганын сезет.

Жок, атышпайт, «сынсын, өмүр менен өлүмдүн ортосунда шайы оосун, руху жеңилсин» дешеби?! Жүрөгүнөн кайра эрегиш ойгонот.

Сухов дубалдын түбүндө кыңкайып өңүп жатат, колунда он эки атар маузер, кулагы тышта, көзү Мадаминбекге, ой-санаасы алда кайда.

Имерилип басты Мадамин-бек. Мына, азыр анын башы — зергердин тараза ташы—кайсыл табагына жойсо ошол жагы оодук. Муну өзү да, жолдош Фрунзе да, Энвер паша да, каралай көз эл да билет, анын ар кадамына туш-тараптан көз салып турушат.

Ал чоң дарбазаны көздөй басты. «Жолдош командир, каякка?!» деген кыйкырык оозунан чыга жаздап, обдулуп тура токтолду Сухов.

Тышынан тосуп турган кишилер өңкөй узун этек, кара сур кишилер экен. «Бу лакайлар кайдан келип калышкан?..» деген ойго кабыла калды Мадамин-бек.

— Бек,—деди бири сылык,—сураган кагаз жазылгаң болсо, анан... Буйрук ушундай...

Көпүрөсүз бир аңга келип такалган сыяктуу анкайып тиктеп, бир убакта башын чайкады да, кайра бери бурулду Мадамин-бек.

Өзү кайткандай жеңилдене демин алып жиберди Сухов.

«И-и, оңой эле жаздырып ала койсо, алдыртан полкко жиберсе, элге даршан кылса?! Мына ушинтип, оңой эле оозуму да, колуму да өзүмө байлатып алса? Кимисинен чыкты экен бул жаман акыл?..» деп, аргасыз жымыйып, башын чайкап ойлонду Мадамин-бек.

Бир убакта короонун үстү жагындагы дарактуу дөндөң Көр-Шерматтын ак боз аты дагы көрүнүп калды.

— Уа-а, теңиримдин теңдиги ай! Мунун да самандай өңүн саргайтып турган белемсиң, кудуретиңден айланайын?! Келме кезегиң ушубу?!

Бул тааныш үндөн ичиркене селт этти Мадамин-бек. Калкожо! Көк ботo курун кош колдоп кармап, ат үстүндө теңселип, кубанчынан буркурап ыйлап жибере жаздап, ыңкылдап күлүп, табасы, канбай Көр-Шерматты жандап турат.

— И-и? — деди Көр-Шермат бери келберсий карай.

Бу «алың кандай» дегени да, «жаздыңбы» дегени да.

— О адам э-эй, муну кара?! — деп, чыдай албай кетти Мадамин-бек. — йе, кокуй, кысмактайт турбайбы бу?! Бери карачы, сен кемпай кимдерге «амир ляшкери» болуп калгансың?! Үч кишинин төбөсүн бириктирген кишисиңби деги?! Мен курагам бул кошунду, мен! Жүрчү, деги чыгалычы кошун алдына экөөбүз!

— Мына-а, айтпадым беле-е?! — деп, Көр-Шерманы кыңкылдап көкүтүп калды Калкожо.

Ireңи бузула күдүрөйүп:

— Карыш жылбайсың! —деп күрпөтти Көр-Шермат. — Кар-рыш!

Көз ирмемде Мадамин-бек маузерин шилтей ок чыгарууга үлгүрүп калды. Чоочуй жалт берип кетти акбоз аргымак. Мадамин-бек маузердин түтүндүү оозун армандуу тиктеп туруп калды. Мындай шнлтегенде тийгизчу эле го?! Шаштыбы? Колу калтырадыбы? Көз көрүнөө энчин кетиргендей дендароо. «Иш кыйчалыш, жолдош Фрунзе...» деди көңүлү сыздай.

Те көк тиреген улуу тоо башы, андан берки сүттөй агарып чубалган суу, андан бери жапалак арчалуу жашыл арчалуу тескей көрүнөт.

Биртке чарым сур булут улам түбүнөн кайнап көбүргөн ыяктуу уюлгуп көбөйүп, улам коюуланып, күн чагылышкан ак чокуну айланта курчап түнөрөт.

Бир убакта дарбазадан кечки көлөкөдөй узарган кара чапанчан бирөө кирди. Белинде смит-вессон салбактап жүрөт. Жанында мылтыкчан эки жигити бар.

«И, бу дагы жаздыңбы деп сурайт...» деген кылт этти Мадамин-бектин оюна.

Жо, жаздыруудан үмүттөрүн үзүшкөн окшойт, тиги кез кыйыгы менен короо ичин бир чарпып, тикеленген суюк сары мурутун мардеменне чыйратып:

— Кана, төрөлөр, дароо куралыңарды жыйнап, өзүңөр бирден тышка чыга баштагылачы! — деди чакчарыла. — Те-ез! Айтып коёюн, төрөлөр, күч менен жыйнатабыз! Күч мене-ен!

«Төрөлөр» дегени «орустар» дегени.

Жыйнаш түгүл кызыл аскер жигиттер куралдарын окчо кармай башташканын көрүп, өзү аман чыгып кетишин көздөдү белем, ал күн убагын болжогондой бир көзүн ыкшырайтып, тиги тоо башынан канга жоошулгандай кыпкызыл болуп нары батып бараткан күн чарасын карап алды да:

— Мейли, бир чай кайнам убакыт берем. Бир га-на чай кайнам! —деп зиркилдеп таштап, жигиттерин жулунта ээрчитип, кайра чыгып кетти.

— Балдар,— деди Мадамин-бек чыйрала,— биз ак ниет менен келдик, а булар убаданы да, салтты да бузуп отурушат. Мындан «аман чыгабыз» деп куру үмүткө алдабайм, «эптеп өз-өз жаныңы сакта» деп чыккынчылык жолуна түртпөйм. Мындай кысталаңда каниги эр жүрөктөр

кантишчү эле, мына ошол эр жүрөк азаматтардын өлүмдү тике караган токтоолугун гана, эмне үчүн жан кыйып жаткандыгын жакшы билген тунук акылын гана, бүгүлбөгөн кайратын гана эсиңерге салам, балдар..

Сыдыра тиктеди — баары мостойгон, баары сүрдүү, баары кырчын жигиттер. А өзүчү? Отуз бирдеги гана курагы болучу.

Муну орусча да айтты Мадамин-бек.

Ирешире күүгүм, а те жогорку чоң короо өзгөчө жарык, най боздоп, чилдирман тынымсыз дүмпө-дүмп, кимдир дөөлөткө карк бирөө үлпөт кылып жаткан окшойт.

«Чай кайнамы» түгөндүбү, же чабуулга даярлыгы бүттүбү, бир убакта ошол эле тыштагы байтүп кара жыгачтын башынан:

— Уа-а! —деп, кыйкырык чыга баштады, өзү көрүнбөйт, түн жамынган, калың шактын арасына жашынган. Тил албай турган болдуңарбы? Эми терип салам баарыңды! Тер-рип!

— Уа-а, шордуу түркүм! Сага эмне жок орусту ээрчип?! Ыя?! Эсиңден чыгып кеткенби төрөлөрдөн жегең келтегин кечеги, о шору арылбаган байкушум?!—деңь, тамдын үстүнөн чарылдап калды бирөө. — Чы-ык кор, гондон, сени атпайбы-ыз!

— Аткыла! — деп команда кылды Мадамин-бек.

Үн чыккан жерлерди болжоп, кызыл аскерлер ок чыгарып калышты. Тигил жактан да булардын мылтыктарынын оозунан жарк эткен отту тушмалдап, жапырт атылды. Аттар чоочуп, кош аяктап тик тура чырылдап кишенеп, туйлап, чылбырларын үзө башташты. Тигилер аттарды да атып жатышкан.

Кайсы ат экени белгисиз, караңгыда таанылбай, бир ат бошонуп алып, туш келди бой уруп чуркай кызыл аскер жигиттерди тебелеп, тополоң түшүрүп жиберди. Жанынан өтүп баратканда Мадамин-бек башка болжоп, маузер менен шилтеп калды. Тарс! Жар кулагандай дүпүрөп, башмалдактап жыгылды ат. Кулак тунду тарсылдактан, кимди ким атып жатканы билинбейт.

«О-ой! Ой, орус ба-ай! Ыз-да-вай!» деген үи так төбөдө кузгун сыңары каркылдап, оводо калкылдап тургансыйт. .«Ыз-да-ва-ай...» Бу жанагы чакчарылган корбашы. «Колго түш» деп, «орусчалап» турганы.

Биреө онтоп калды жакын эле жанынан, ким болду экен деген ой жүрөгүн ырайымсыз сыдырып, Мадаминбек караңгыда ошол жакка ыктады.

Сурашпай, аргасыздан короосуна каптап кирип келишкен кызыл аскерлерди жактырбай, кийинки кеперетинен коркуп, бир ооз сүйлөшпөй да, тиктебей да, үйүнө кирип, «кимиң өлсөң аның өл, мен аралашпайм» деп, эшигин бекитип алган короо ээси ошод учурда:

— Вай! Вай, эмне болуп кетти, вай?.. — деп, колуп асма чырак кармап чыга калды, эмне болуп жатканын көрүп эле туруп, кара күчкө байпастайт.

Тарс! Тарс! Кызыл аскер жигиттердин бөгүп тургаа жерлерин чырактын жарыгы таамай көрсөтүп, ошол замат тыякка таамай давла болуп, ондогон жигиттер сулап жыгылып кетти. Тарс! Тарс!

«Вай-ай!.. деп, чырагын жаркылдатып, коргондун түбүн кыдыра бөжөңдөп жөнөдү абышка, бирдеме издеген өңдүү темселейт. Бул атайы жарык кылып, атайы кызыл аскер жигиттерди окко көрсөтүп жүрөт!

Чыракты өчүрө атты Мадамин-бек.

Дувананын ыйлагандай өксөгөн үнү, аны башка бирөөлөрү коштоп, улам көбөйүп, улам жакындан угулуп, бир убакта дабыр-дубур короону курчады.

«Йа, алла! йа, алла!..»

Тамдын, малкананын үстүнө тырмышып чыга башташты. Бири да даана көрүнбөйт, кароолго келбейт, баары кемүскөдө. Үстүндөгү жыйылган чөп бастырманын алдына будун-чаң боло ыргытылып түшө, пыры ызгыды.

Кишини шабырты, күшүлдөгөн деми угулар замат ок атып, а өзүлөрү да улам сыгылып, коргонгондор тар малканага камала баштап, бирок али да башбактырбай атып турушат.

Тышта караңгыны как жарып, дуваналар зиркилдейт. «Кел, кел, дозок! Кел, дозок!» деген сөздөр чала-була кулакка илинет.

Ошол замат туш-туштан ок чыкты.

Күркүлдөгөн үндөр коштоп, өрт шатырап, бүт короо, тышы жарык болуп, жүгүргөн бирөөлөр караңдап, чакыраңдаган көздөр жылт-жулт чагылышат.

Сухов мойнунан ылдый канга жошулган, баш кийими жок, сары чачы аны сайын кызыл өрттүн жарыгына жалтырайт, жараланган Мадамин-бекти сүйөп, чөк түшкөн.

Жел үүлөп, караалжын жалын уюлгуй ажыдаардай ышкырып, сойлоп, арасында арбаңдап жүргөн адамзаадаларды улам бирден жалмайт. Суурулуп чыкканы канатына өлүм алып учкан окторго кабылып, бүк түшө отко түшкөн чымчыктай жалбырттап куйүп жатышат.

Тиштер кашкайган, көздөр азазилдей чакчайган, дуваналар табалары кана, кубана так секиришип, жабыла зикир сала зиркилдейт.

Жалын аваны да жеп, ава жетишпеп, өйдө болууга эми экебүндө тең дарман жок, Мадамин-бек демигип, жер чыканактап калган. А Сухов кыйноодон өзү кутулмачкы болуп, маузерин өз чыкыйына кармоого аракет кыла баштады. Мадамин-бек түтүндөн жөтөлүп, араң эле башын чайкады.

— Сережа...— деди, дагы башын чайкады: — Өз жанына,.. өзү забын кылыш... күнөө...— деди араң.

Күйгөн устун, бадырап кызыл чок, турмөктөлгөн чаңдуу кара жалын ошол көз ирмемде экөбүнүн үстүнө уран реттн. Күү.,. Дуу.,

Уңкулдашып, зиркилдешип, дуваналар караңгы тундө созолонгон өрттү тегерене селкилдеп жүрүшөт.

Эми эле ок менен тытыша атышкан басмачылар өзүлөрү аңкайган, жардап караган эл томсоргон — болуп көрбөгөн бул шумдуктуу окуяга баары таң.

* * *

Элчилердин өрттөлүп жиберилгенин уккан соң Энверпаша же кубанганы, же кейигени билинбей, Көр-Шерматка астейдил таң калган таризде элтейип көпкө тиктеп, бир убакта:

— Э-э, амир ляшкери, ишти ойрон кылыпсыз да...— деди башын ийкей.

Шермат кыйын абалда калып, кара көз айнеги менен жер тиктей берди. Тигинин «амир ляшкери» дегенинен какшык, мыскыл, астыртан кекеткенди туйду.

— Эй, теңирим ай! Мен сизге эмне дедим эле, кадырлуу амир ляшкери?.. — деп муңканды Энвер-паша. — Жумшак мамиле кылыш, «өз тууруңузга кайра конуңуз» деш абзел эле, «өз тууруна кайра конуп» бериши күмөн, «кайра конуп» берген күндө да бизге анын кереги жок болучу. Биз, албетте, бекти көк эшекке тескери мингизмек эмеспиз, кайра куурчактай жасантып алып, бирак эч ким менен сүйлөштүрбөй алып жүрмөк эмес белек?! Чыдап, ыгы келсе бирге намаз окуп, кошо басып, жакшы сүйлөшүп, ушунун баарын алысырактан көпчүлүккө көрсөтүп салыш абдан зарыл эмес беле?! Ыя, тиги орус аскери болуп калган кошунга «бектин ысмынан» буйрук, чакырык жибермек эмес белек?! Ыя?! Кайда качмак эле, кереги жок болуп калган бир күнү, орус менен бир беттешкен күнү майданда өз колуңуз менен атып таштайт элеңиз го?! «Кайран бек орус менен кармашып шейит болду» болмок, өкүрүп көммөкпүз!

Энвер-паша энтигип бир аз отуруп калды, бир ууртун тартып, көңүлү калган сыяктуу, жийиркенген сыяктуу Шерматты да, Калкожону да тиктебеди. Өзүнчө улутунуп алып, ындыны өчө акырын кеоин уланды:

— Э-э, жаранларым ай!.. Ушу силердин араңарда орустун жасус адамы жок дейсиңерби?! Мунун баары сөзсүз Фрунзе-пашага жетмек! Ат-тиң ай, бегиңер өзү ыйманын берген орустун көзүнө булганып, караланып өлмөк! Бул ага куп гана жаза болмок! Жергилик элди бир караган мурунку ак. пашанын орустары бир беткей, урушууга оңой болучу. А бу Фрунзе-паша кедей элди бооруна тарткан болуп, ошону менен түрк биримдигине сокку уруп, өз түркүбүздү өзүбүзгө тукуруп жатпайбы — мына ушуну менен урушуп көр эми?! Мадамин окуясынан соң Фрунзе-паша бул саясатынан баш тартууга аргасыз болмок «бай, кедей» деп жиктегенин таштап, баягы эле «орус, түрк», «каапыр, мусулман» дегенге өзү келип такалмак. Мына ушундайча болуп отуруп, булардын кылган саясий келишими, биримдиги жокко чыкмак, Фрунзе-паша түпкү өкмөтүнүн көзүнө ката иш кылган катары бааланып, пенде болгон соң көрө

албаганы бардыр мунун да, өз ич арасында, түркүн сөз илешип, куп гана бедели түшмөк! Ыя, биз мына ушуну көздөбөдүк беле?..

Көр-Шермат жооп таба албады. Калкожо «мына бу мени азгырган деп актанып, бери жаба салып калабы» деп чочулап, ага: «И, сиз дегенди амир ляшкари дейт, бирөөнүн айткан акылынын жакшысын ылгап алуу сиздин эркиңизде эмеспи?!» деп, беттен алгыдай жооп камдан турду тымызын. Энвер-паша:

— Бир жолу айтсам экен, эки жолу айтсам экен, үч жолу айтсам экен мен муну?! Какшабадым беле, сүйлөшүүгө кат келгенден баштап күнүгө үч маал зар какшабадым беле?! -

— Таксыр,— деп, күнөөнү моюндагандай майышып сөз ачты Калкожо,— мындай болбоско болбой калды, таксыр. Кудайым өзү каалап бак берген, биз баарыбыз оозун караган амир ляшкаринин өзүн эч көзүнө илбей, каны тартып турган белем өзүнөн-өзү, «кошун алдына чыгам» дегенинен! Кокус кошун алдына жетип калса, аны тааныган эл абдан көп, эмне болуп кетерин бир кудай өзү билет эле, таксыр...

Энвер-паша:

— Эми, болору болду, «өрттөнгөндөр жигиттери, а бек эсен, пайгамбардын көк туусунун алдына келди кайра» деп жариялай беребиз, калк дүргүп турсун, убактылуу болсо да мейли. Кийин «орустун жиберген жанкечтиси мерт кылып кетти» деп көрөбүз...

— Куп...—деп мыңк этти айласыз Көр-Шермат, «И-и, бу өзү кайда темселеп жүрө-өт, дагы кимди жекирип отура-ат, ыя?!» деп, задиси кашкөй неменин көңүлүнүн тереңинде кыжыры кайнап турду, Бирок, курал таап берет деп колун, акыл таап берет деп оозун карап отурган соң муну ачык айтышка чамасы жок.

Кабагы аны сайын бүркөлүп, Энвер-паша ичинен: «Дөдөй!» деп сөгүп, тиктебей:

Куп болсо, ошондой кылсаңыз оң болор дейм, таксыр амир ляшкери, кандай дейсиз, же езүңүз бир ылайыктуу акыл табасызбы?... — деп, суроо менен, кыйыр сөз менен алыстан каарып салды.

Паша мурда Мадамин-бек менен алака кылып жүргөн кезинде өзүн бекерчи сыяктуу сезчү. Же туура эмес деген сөз угуп кагуу жебей, же айткан сөзү арык аттабай, өзүнөн-өзү ничкерип жүрөр эле. Ишкер, кадырлуу бектин өкмөтчүл болуп кеткени паша көтөрүп жургөн «жамы түрк ишинин» белин сындырган. Мына эми, минтип айтканын тоту куштай кайталаган «амир ляшкери» таап, ишин дуулдата баштаган кезде бу бектин дагы өкмөтчүлөрдүн ичинен чыкпай өрттөнүп кете бериши анын эсин оодарып салды.

IX

Тез эле «бектин кайра өз тууруна конгону» жөнүндө сөз тарап кетти. Чайканаларда, мечиттерде «кафир менен мусулмандын жиги от менен суу сыцары эч аралашпастыгы, жер менен көктөй бириге албастыгы» кызуу узун сабак кеп боло баштады.

Мына сага табышмак! Ыя, жергилик эл менен ийкемдүү алакага келиши, ынкылаптын кызыл үмүттөрүн, асыл деген максаттарын жылуу жүз, жагымдуу сөз менен туюнтуу, өз жеринде жаңы заманды өзүлөрү куруп алууларына шарт түзүп, астейдил көмөк кылуу туура болбогонбу? Те илгерки падышанын генералдары сыяктуу курал менен гана күргүчтөө керек беле?

А балким, арадан бирөөлөр айткандай, рухий, күндөлүк турмуш шарттары кедерги болуп, бул эл али мындай социалдык жаңы нукка жарамсыз, өсүп жетилё элек болуп жүрбөсүн? Демек, анын көптү көргөн ынкылапчыл катары, арасында туулган, тилин да, дилин да билген жердеши катары кылган жакшылыгын, ак кызматын бул эл түшүнө да; баалай да албай жатканыбы?

Жо, мүмкүн, өз ичинен чыккан, тымызын тыштан кирген шайтаны азгырып, ак жолунан адаштырганы эле го?!

Мына ушундай бирине бири сыйышпаган ойлор Фрунзени күндүз да, түндө да жакадан алды.

Түн эле, түйшөлүп, көз илинче албай, өйдө болуп, айнекке барып, тышка көз салды да, таң

таштап, короо ичи үрөң-бараң көрүнүп калган экен, сыйпалап лампаны таап, күкүрт чагып жандырды да, таза кагаз алып, ошол таптагы чалкеш абалга карата жергилик элге ачык кайрылуу кат жазууга отурду.

ФАРГАНА ОБЛАСТЫНЫН ЖЕРГИЛИК КАЛКЫНА!

Жолдош мусулмандар!

Канга бөлөнгөн, таланган Фаргананын шаарларынын, айылдарынын калкы, силерге биз Кенеш өкмөтүнүн өкүлдөрү астейдил ак сөзүбүздү айтып кайрылабыз.

Туугандар! Эки жылдан ашуун бүткүл Фаргана жеринде кан төгүлүп жатат, эки жылдан ашуун эл жапа чегип, жай отура албайт, тынч тирилик кыла албайт, эки жылдан ашуун басмачы малын талап, катындарын тартып алып, балдарын байлап кетип, эң акыркы үй оокатынан ажыратып, бейпил адамдардын башына балээ болуп жатат.

Талоондон эр каржалды, ата менен эне набыт болгон миндеген уландарынын ыйын ыйлап, жер айдалбай, айдарга унаа да жок, бир кездеги гүлдөгөн бай өлкө биротоло тыйпыл болор чегинде турат.

Басмачы шайкаларынын ушунчалык узак убакка өз билгендерин кыла берүүлөрүн эмне менен түшүндүрүүгө болот?

Бир жагынан Кенеш өкмөтүнүн келишкис душмандарынын кесепети болсо, бир жагынан, кайгыруу менен моюнга алуу керек, жергилик Фаргана өкмөтүнүн күнөөсү да чоң. Ырас, Кенеш өкмөтүн куроонун биринчи өкүлдөрү өз вазийфаларынын бийиктигинде боло алышпай, эмгекчил элди бириктирүү ордуна канра көп учурларда аларды өкмөттөн тажыктырып салышкан. Жергилик өкмөттөрдүн ичине ынкылаптын ишине жана кедей элдин кызыкчылыгына эч тийешеси жок элементтер кирип кетишкен, ал элементтер элге кызмат кылуу ордуна элдин жонунам ьысуу жолу менен өз чөнтөктөрүн толтуруунун камында болушкан.

Мына ошентип, Жумушчу-дыйкан Кызыл Аскеринин накта вазийфасы жөнүндө түшүнүгү жок мурунку кенештик отряддардын бейбаштык жоруктары калыц элдин ичинде Кеңеш өкмөтүнө болгон ыйык ишенимди өлтүргөн. Бул эмгекчил журттун душмандарына «мына, Кеңеш кефейге өз эмес, ошол Кенешиң өзү кедейлерди тарыктырып жатпайбы» деп айтышына себеп берген.

Мына ушул негизге майда каракчы шайкаларына бнйликтин акыйкатсыздыгынан калка издеген жаңы күчтөр агылып кошула баштаган. Мына ушул негизде эл арасындагы басмачылыкты акыйкатсыз бийликтен коргоочу катары пикир түзүлгөн. Мына, эки жыл ашуун өлкөнү кыйнап келаткан басмачылыкка күч берген нерсе мына ушул.

Бирок эми, борбордук Россия менен байланыш калыбына келтирилгенден бери Кеңеш өкмөтүнүн Түркстандагы саясаты накта өз жолуна түшүрүлө баштады. Эми өкмөт ишине мусулман шаарларынан, кыштактарынан өкүлдөр кеңири тартылып жатат. Бардык улуттардын бардык жактан тең укуктуулугу камсыз болунат. Жергилик өкмөттөгү айрым кишилердин ар кандай бейбаштыгына катуу тыюу салынат. Борбордон аскердин жаңы күчтөр келгенден бери аскер ичинде эреже жана тартип жолго коюлуп жатат.

Мына ушунун баары Кеңеш өкмөтүнүн маңызына карата мусулман кедейлеринин көзүн ачты. Бул шаарлардын жана кыштактардын эмгекчил калкы Кенеш өкмөтүнүн гана байрагы астында жакшы күн көрүшөрүн айкын кылып отурат. Фаргана мусулмандары басмачылыктан оолактай башташты. Эл алардан бөлүнө баштаганын сезип, басмачылардын эстүү жолбашчылары өзүлөрү элдин мүдөөлөрүнө ыктап, биз тарапка өтүп, Кенеш бийлигине ыкрар болуп беришти. Жалан каракчылыкка кыныккан, элдин маңдай теринен туйтунуп жүргөн азган. тай гана бөлүгү бул жолго түшпөй турушат.

Тезинен токтотуу керек муну. Тезинен бу басмачы деген котон жараны ысык темир менен кайрып салуу керек. Тезинен бардык талоончу, каракчы атпайды өлкөдөн темир шыпыргы менен шыпырып жоготуу керек.

Мына эми, элдин шоруна чыккан басмачы менен ушул күндөн баштап аёосуз катуу күрөш жүргүзүлөт. Бул Кеңеш өкмөтүнүн кайтпай турган ою, мага да Түркстан фронтунун аскербашчысы катары тез аранын ичинде бул ишти аткарууга буйрук кылынды.

Бул ишти жүзөгө ашыруу максатында мен Фаргана областына олуттуу кошумча аскер тарттым. Анын вазийфасы — сары изине чөп салып, душманды жоюу, областтын чегиңен кууп чыгуу. Бул иште мен бардык жапа чеккен мусулман калк тараптан жардам, көмөк күтөмүн. Калк билип койсун — Кызыл Аскер душманы эмес, күйүшөрү, коргоп алары. Бир дагы киши калбай билип алсын — бир дагы жоокер, бир дагы аскер бөлүгү тынч тирилик кылып жаткан дыйканга кыңк дебейт. Дайым эсте болсун — аскер калктан эчтемени бекер албайт, кайта калкка боорлоштук жардам көрсөтүүгө милдеттүү. Баарына, аскердин кереги үчүн калк эмне берип жаткан болсо баарына акча төлөнөт. Кай бир дароо акча бере кокнука мүмкүнчүлүк болбой калган учурда аскер бөлүгүнүн мөөрү басылган тнлкатташталат да, ал

тилкат боюнча кийин толугу менен төлөнүп берилет.

Мына ушундайча иш жүргүзүүгө аскер жетекчилерине буйрук кылынды, эми ушундан нары Кызыл Аскер өтө тургаа кыштактардан, айылдардан бу себептүү ый, арыз болбойт деп күтөмүн. Эгер, кай жерде гана, качан гана болбосун, калкка башкача, биртке эле көңүл калтырар терс мамиле болуп калса ошол эле саат жакынкы аскер бөлүгүнүн башчысына дароо айтылсын. Тентектер үчүн, зордукчул үчүн азыр Кеңеш өкмөтүндө бир гана жаза — андайдын маңдайына бир гана ок.

Эми, силерге да, дыйкан туугандар, Кеңеш өкмөтү зарыл талап менен кайрылат. Силер басмачынын тамырын кыркуу үчүн жапа тырмак жардамга келүүңөр керек. Таламайчы шайкаларды тезинеи жок кылыш үчүн колдон келгендин баарын кылууңар керек. Ар бир аймакта, ар бир кыштакта басмачыларды, алардын көмөкчүлөрүн токтоосуз куралын алып камагыла. Эл ичиндеги тыңчыларын табуу керек. Ал эми, кимде ким басмачыга кандай гана деңгээлде көмөкчү болгону билинсе аёосуз атылат. Кайсы гана кыштакта болбосун, басмачыларга оокат жеткирсе, басмачыларды жашырса, башка бир жардамдарды көрсөтсө ал кыштактан адамдар басмачылардын ордуна кармалат, атылат. Бу басмачылык жоготулбай турган убакта талоончу менен зордукчулга Кенеш өкмөгүнүн башка айтары болбойт. Өкмөт абдан эле көп чыдады, ким өткөн жаман жоругуна өкүнүп, ким тынч тириликке өтсө ошолордун баарына кечиримин да аяган жок. Мына, азыр сабыр түгөнүп, чыдам кетти, эми басмачы курал менен биротоло курутулат,

Тезинен, дыйкан туугандар, турмушуңарга котон жара болуп жабышкан басмачылык менен күрөшкө чыккыла. Тез, тезинен, дыйкан туугандар, кызыл туу жая ынтымактуу бир тууган үй-бүлө болуп чогулгула.

Жашасын Кенеш өкмөтү!

Жашасын Фарганын жана бүткүл Түркстандын мусулман кедейлери!

ТҮРКФРОНТУНУН АСКЕРЛЕРИНИН
КОМАНДАЧЫСЫ
Михаил Фрунзе
24-май 1920-ж.

Кыйын абалга буйталбай, бурмалабай, жашырбай баа берген, оңдоонун бирден-бир туура жолун көрсөткөн, накта дилден чыккан бул кайрылуу тезинен аскер бөлүктөрүнө да, шаарларга, кыштактарга, алыскы тоо арасындагы айылдарга да өзүнчө баракча кылынып таркатылды, орусча, жергиликче газеталарга жарияланды. Мындагы эки жакка тең катуу коюлган чек душмандын көңүлүнө дудала салып, ак ниеттин кыбасын кандырды.

Ынкылаптын жолбашчысына Фрунзе доклад кат жиберди.

ДОКЛАД

Ардактуу Владимир Ильич!

Түркстандагы абалдан кыскача кабар кылам.

Согуштук жактан ушул убакта бир кыйла айбаттуу болуп турган Фаргана болуп эсептелет. Жер от боло баштаганыңаң улам, жана да авгандыктар менен бухаралыктардын куйпурлугуна байланыштуу бул жерде кайрадан басмачы кыймылынын толкуну көтөрүлүп чыкты. Өзүмө тийешелүү куралдуу поездга дейре кошуп, колдо болгон бардык күчтү күргүчтөдүм. 21-май, дан бери дагы Фарганада жүрөм. Басмачыны толук жок кылууга чечкиндүү багыт алдым. Күрөш шарты оор, анткени туш тарабыбыз фронт, а биздин күчүбүз өтө эле жетишсиз. Бизге өткөн мурунку басмачылардан түзүлгөн аскер бөлүктөрүнүн көбү туруксуз болуп чыгып, кайрадан согушуп алардын куралын алууга туура келип жатат. Жергилик калк кыйынчылыкта, басмачыны жоюлса экен десе эки көзү төрт, бирок басмачынын запкысынан жүрөгү өлүп, биз тарапка оошу али бошоң.

Чечкиндүү аскерлик иштер менен бир катар ушул тапта өтө начар абалда турган жергиликтүү кеңеш өкмөттөрүн куроо иштери да жолго коюлуу керек. А бу иш Сиз Россиядан куру дегенде жөнөкөй орто жумушчулардан быякка жөнөтпөсөңүз алга жылбайт. Фаргана дүңүнөн пахта камдоочу негизги жер, ошон үчүн быякка өзгөчө көңүл буруу ылазым.

Чектен чыга кутуруп жатышат басмачылар. Поезд менен Жалал-Абадда турам, төрт гана чакырым жерде бир нече мүнөт мурда бир кыштакты талап кетишти. Бизде ачык талаада аракет жүргүзүүгө атчан бөлүк жетишпейт.

Дагы бир баш ооруткан жер Бухара болуп эсептелет, бизге кыйла айбат көрсөтүп турат. Биздин чек ара кароолканаларга бир нече жолу кол салып, бери тереңдеп кирип келишкен учурлары да болуп өттү. Кагылышуу көп убакта кадимки эле согуш сыяктуу болуп жатат.

Батыш фронт да өтө маанилүү, аны мен дагы жакшы түшүнөм, ошондой болсо да, биздеги күчтүн өтө эле жетишсиздигинен улам Сизден жогорку командованиеге Түркстанга түзүк көңүл бурушсун үчүн бир аз кысым кылып коюуңузду өтүнөм.

Жабдуу жагы да жакшы болбой жатат, азык-түлүк даярдоо мекемелери жергиликтики да, край боюнча да таптакыр жараксыз. Быйыл эгин жакшы боло турган, ушундан абал биртке жеңилдейт ко дейм.

ТҮРКФРОНТУНУН КОМАНДАЧЫСЫ

Фрунзе

27-май, 1920-ж.

Зарылдыгына жараша аскерлик жардам кылуу менен бирге Владимир Ильич;

«...эмне болсо да силер улут дыйкандарына карата абдан жумшак, этият болуп, мудөөсун орундатып, тезинен алардын абалын жакшыртууга жетишип, аларды Кеңеш бийлигинин айланасына бекем баш коштуруунар керек.

Жергилик калктын ишенимине ээ болуу биздин бүткүл дуйнөлүк саясатыбыз үчүн айрыкча абзел; жүз мертебе, миң мертебе абзел; биз империалист эмес экенибизди, биз андай багытка оогонду өзгөчө жаман көрөрүбүздү далилдеш ылазым. Мунун өзү Индияга, жалпы Күн Чыгышка таасир кылат...»

деп, дагы бир саясий көрсөтмө берди.

X

Бир күнү Веревкин эртелеп келип калды:

— Михаил Васильевич,— деди акырын мыйыгынан жылмыя,— илбериңки жакшы адам деп жүргөн Мырза Салиден да кол жуудук. Кечээ түш ченде сиз жакка кирип чыккандай болгон, түндө гарнизондун күзөтчүсүн эсин оодарып салып, өзүндөй он каракчысын кошуп алып, качып чыгып кетиптир. Өзүңүз эле байкап көрүңүз, Михаил Васильевич, ушундай кылып отурушса деги буларга ишенип болобу, ишенген киши мына минтип уят болуп каңгырап калат.

Фрунзе:

— Ыя,— деп, кейиген түрдө башын чайкап, ойлоно калды,— жаман иш болгон экен го, ыя?!

Мырза-Сали он жигити менен күндүз камыштуу сайларга, аңга из жашырып, көз байланган кезде гана жолсуз адырлап жүрүп отуруп, бир нече күн дегенде те ак карлуу тоо арасынан Көр-Шерматтын кошун барып тапты. Мадамин-бекти эң жакын адамы, адьютанты, жаңы куралган полкунда кадыры чоң Мырза-Сали кошулам деп келип отурган соң кубантпай коймокпу?! . Мына ушуну болжогон, үмүт кылган Энвер-паша. «Э, кудайга миң мертебе шүгүр!..» деп, ичинен мунажат кылып жиберди.

Үч гана түтүн мал багар тоолуктардын боз үйлөрү экен. Туш тарабынан бир чакырым жерлеринде кошунДан тандалма күзөт коюлган. Күн жүрүш жагы көк жалтаң аска, андан нары муз мөңгү кылайып көрүнөт. «Кийик эле ашпаса, бир таман жол да жок болуу керек ал Жагынан...» деп ойлоду Мырза-Сали. Өзөн бойлой этектен гана каттоо болот, бирок ал жак мылтык, пулемёт кезелип, күндүзү да, түндөсү да катуу тосулган. Четки үйлөрдүн эшигинде котолоп турушат, сыягы Мырза-Сали келе жатат деп угушкан, баары жардап карашат.

Эшигинде эки куралдуу күзөтчү турган ортодогу боз төбөл үйгө Калкожонун муриди Имамидин баштап кирди. Төрдө Энвер-паша, Көр-Шермат, Калкожо эшен отурушкан экен. Мырза-Сали камчысын мойнуна салып, экң колун тең көкүрөгүнө алып, өзгөчө төмөн эңилип таазим кылып, муңканып салам айтты:

— Азь-салоому алейку-ум!..

— Ва-алейкума ассалам!—деди Көр-Шермат. —О-о кел, кел, Мырза-Сали!

— Келдик, кадырдан ляшкербашы! Шайтандын тилине кирип, өз ак жолубуздан адашкан

экенбиз. Мына, келдик тутам мойнубуз кылча, камчыбыз мойнубузда...

— Куп жакшы! Канча кошун ээрчитип келдин?

— Он гана, ляшкербашы...

Энвер-паша ыраазы болбой:

— И-и, калган кошун баары эле орустун динине чокунуп кетишкенби? — деп ыңгырана сөз кыстарды.

— Кудай сактасын!—деп жиберди Мырза-Сали. — Баары макулдашылган, менин биринчи кабарымды угары замат бардык куралы менен полктун бир батальону өтөт, кадырыңыз жам болсун, таксыр пашам!.. Энвер-паша мурутунан жымыйып, акырын башын ийкеп, дагы тымпыйды.

Көр-Шерматтын кара көз айнектен Мырза-Салиге көзү көрүнбөйт, не ойдо экенин болжош кыйын. Тыяктан көз кыйыгын салып, мелтейип мисирейип Калкожо аңдыйт. Бир убакта Көр-Шерматтын муруту былк этип, жылмайганын сездирип, баш көтөрүп атырыла турган чоң жылан сыяктуу мойнун койкойтуп, копшолуп турду да:

— Аз-замат! — деп, бир барк этти.

«Өү-үг, өттүм окшойт сыноодон...» деп, тымызын демин алды Мырза-Сали.

— Ырас, ырас,— деп, Калкожо бажырая күлө сөөмөйүн көтөрө кеп кошуп калды,— бу Мырза-Сали алалдан бүткөн перзент эмеспи, азамат экениңде шегибиз жок, азаматы азамат! Бир собол, мырза, бу Мадамин саткын өлгөнүн, чымын жаны чыркырап, кайридин коомуна кошулуп, жааннамге[1] кеткенин угуп анан келдиңизби?

Мырза-Сали өрөпкүй:

— Угуп, табабыз канып, анан быякка жол алдык, азиретим!

Калкожо көзүнүн төбөсү менен тиктеп, тымпыйып, башын ийкегилеп, күлгөн болуп, кара быжыгыр тегерек сакалын кармалап, Мырза-Салини имерип:

—Аз-замат...— деп койду.

Бу азазил дагы бирдеме шойкон чыгарганы отурганын болжоп, Мырза-Салинин тула бою дүркүрөп кетти. Калкожо арт жагына кол сунуп, куржундун көзүнөн бир ак кесени алып, ыракаттана тамшанып, Мырза-Салини дагы имерип тиктей берди. Кесе адамдын баш сөөгү экен! Мырза-Салинин жүрөгү солк эте түштү.

— Эй! — деп, Калкожо босогодо буйрук күтүп мелтейип турган муриди Имамидинге баш сөөктү ыргытып берди —Ме, бу менин кесеме толтура кымыз куйчу, тез!

Тез эле Имамидин баш сөөктү кош колдоп кайра сунду. «Өзү ичет ко...» деп ойлогон мурид. Пири же бир катуу кубанганда, же бир ызасына күйгөн кезинде ушул идишинен суусун ичип алып, анан жарпы жазылгандай күлө, сөгүнө жумшарып, акырында көзү да илиннп кетчү. «Ушу азыркы кубанчына ичет экен го...» деди ичинен мурид.

Калкожо баш сөөктү кош колдоп алып, бир ууртун тарта жылмайган болуп, бирок анысы Мырза-Салиге ырылдаган күр дөбөттүн кейипиндей суук көрүнүп, көзүнүн төбөсү менен мадала тиктеп:

— Билип ичкениң жөн, мырза, бу каргыш тийген Мадамин саткындын башы, бир кезде ал нары агаң, нары жол башчың болгон, так өзү! — деп, кош колдоп, Мырза Салиге сунуп калды. — Кана, мырза, азамат мырза, чындап көңүлүң биздик болуп келген болсо, кана, суусунуң да кансын, дин-Исламдын ак жолунан, бабаң түрктүн көк туусунан адаштырган саткындын куу башынан кымыз ичип, кана, өчүң да кансын!..

Мырза-Сали нестейип, же колун суна албай, же бирдеме жооп айта албай, былк этпей катты. Тула бою дүркүрөп, каны башына таршып, заматта оозу кургап кетти.

— И-и, карма, азамат!—деп кыстады Калкожо, шек санай баштагандай демитип, шаштырып, ойлонууга, бир арга издөөгө буяма бербей үнү кыжыр, жаал толуп угулду.

Эмне демекчи?! Эмне кылмакчы?! Нары агасы, нары жол башчысы болгон, жүрөгүндө терең урмат кылган, адамдын баш сөөгүнөн кымыз ичишке кантип дит бармакчы?! Ыя? Урук эмне дейт, мындан соңку тукум эмне дейт?! Тириден каралай көз калыс журтка кеп болбойбу,

---

[1] Жааннам—-кыйын дозок, дозоктун түбүндө көлкүлдөп агып турган от делинет, диний түшүнүк.

өлүдөн ата арбагына чет болбойбу?!

Мырза-Сали селт карады. Калкожо эки көзү эми канталап, кан ичмеси тутуп, ага буртуя кадалып турган. Мындай сыноо ага кеңешилбей Калкожо капилеттен кылып отурган белем, Энвер-паша таң болуп, элтейип калган.

Көр-Шерматтын оозу бир жагына кайышып, ал итиркейи келгенде ушинтчү, кабагы чытылып, жүзүн үйрүгөн.

— Ме-е! Карма-а!.. —деп чаңырды Калкожо. —Ме-е!..

Кулагы тунжурап кеткен Мырза-Сали аны сайын шал болуп, ырп этерге дарманы калбай, чыпылдап чекесинец кара тер кетти. «Ме-е!..» деген тажаал үн кулагына те алыстан кош жаңырык болуп, аран-араң угулгансыйт. «Ме-е!..»

Мырза-Сали титиреп:

— Ичпейм... Ичпейм... Кантип ичем?.. —деди, күбүрөп, жардам күткөндөй пашага, бир урук Көр-Шерматка алма-телме тиктей.

Калкожо кытылдап күлө:

— Ичпейсиң. Иче албайсың. Мадаминдин кадыры жүрөгүңдөн али чыга элек турбайбы? — деди акырын, заардуу. — Сен, мырза, орус жиберген жасус экенсиң...

— Эмне?!—деди Мырза-Сали чыйралып. — Келе бери! — Баш сөөктү ала коюп, Калкожонун бетине кымызын жаба уруп калды. — Мына! Катыныңды урайын азазил! Сени ушул кишинин арбагы урсун!..

— Ал! —деп жиберди Калкожо.

Имамидин дувана желкеден бурдап, эшиктен кирген эки күзөтчү кошулуп, Мырза-Салини дырылдатып тышка сүйрөп жөнөштү. Эрдин кымтыган бойдон былк этип койбой отурган Энвер-паша сыноо тегине эми баамы жетип, ирепине биртке жылмаюу пайда болуп тан калганыбы, же тен бергениби, өзүнчө башын чайкап койду. Не кылган менен, Мадамин-бек Көр-Шерматка бир урук адам эмес беле?! Көр-Шермат ушул азыр Калкожого катуу бирдеме айта тургансып, кабагын үйрүп, бирок, тиги Энвер-пашанын жүзүндөгү жылмаюуну көрүп, аны Калкожонун бул жоругун жактырганы деп сезип, кут эте албай ошол бойдон тим калды.

Калкожо бетине жабыла түшкөн кымызды жука боз тонунун этеги менен шашылбай аарчынып отуруп:

— Мына,—деп, кейий сүйлөдү жай,—булардын баары саткын, баары. Мына, дин-Исламдын ыйык иши деп, кара жаныңды карч уруп, итине каптырасың, жылаанына чактырасың булардын, йе алла.

Бирок, Мырза-Салини мактап дардаңдай баштаган Көр-Шерматты пашанын көз алдында жаакка тарткандай кылганына ичинен куп ыраазы болду. Тарс! Тапанча үнү те буйга кокту жактан угулду. «Шайтандын жаны жааннамга кетсин!..» деп, ачык күбүрөп, сакалын сылай дува кылып койду Калкожо.

Жамандык жерге жатмакпы?!

Михаил Васильевич,—деп, дагы Веревкин мурда жетип астейдил кабар айтты,— итке ит өлүмү болуптур, Михаил Васильевич!

— Эмне?! Кайсы ит?.. —деп, чоочуп кетти Фрунзе.

Веревкин:

— Мырза-Сали! Кажышып! Ырас гана болгон экен иттин күчүгүнө. Калкожо ага Мадамин-бектин баш сөөгүнө кымыз куюп берген экен, иче албай коюптур. «Пык!» эткизип салышыптыр коктуга сүйрөп барышып!

фрунзе кабагын тырыштыра бүркөй:

— Аттиң ай!.. —деп, башын чайкап кейип жиберди.— кайран жигит... Ал бизден атайын чалгынга кеткен болучу Веревкин...

Веревкин оозун ачып отуруп калды. Фрунзе:

— Азазил катуу сыноо кылган экен. Жаш эле, нары да Мадамин-бек менен бир уруктан, иче албаган. Кантип нче алмак?! Өтө кыйын, өтө кыйын. Мындай сыноо бул элдин тегинде те байыртадан боло келген, Калкожонун өзү таба койгону эмес. Кара чымындай көп кытайга өзүнө айланта чеп курууга мажбурлаган гунн кылган өз учурунда. Көк түрк кагандары, Чынгыз-хан,

Тамерлан кыла келген. Мына ошол өкүмдарлардын үйүтүн бу куйтуңдаган азазил Калкожо кайталап, карачы, бир максатына жеткен...

— Ой, азазил... —деп, астейдил таң калды Веревкин.

Фрунзе:

— Мейли, мейли,— деди муруту түктүйө,— биз дагы өзүнө жараша кашыгын салабыз, жолдош Веревкин.

Кечикпей эле Фрунзенин буйругу боюнча Ош базарынан бир дувананы кармап келишти. Калкожонун баягы муриди Имамидин, өңүн, кийимин өзгөртүп алып, пиринин тапшырмасын аткарып ушак жайып жүргөн экен.

Фрунзе эрдин кымтып, эки колун артына алып, нарыбери басып муну менен сөздү кандай баштаарын экчеп, бир убакта дувананын бет алдына келип токтолду:

— Сиз дуванасызбы?—деп, жумшак суроо баштады. Жер тиктеп отурган Имамидин былк эткен жок. Фрунзе чыдап жооп күтүп тура берди. Итиркейи келип, тарс эттире столду бир муштады Веревкин:

— Жооп бер! Кар-ракчы!

Дувана селт дей түштү. Фрунзе атайы кыргызча:

— Кой, коркутпа, бечараны! — деп тыйды анын көзүнчө Веревкинди, кол жаңсай.

— Михаил Васильевич,— деп жиберди Веревкин туталана,— кудай жалгагыр, мага бериңизчи муну, мен сайратам! Мунубу?!

Фрунзе токтоо, башын чайкады:

— Эмнесин сайратасыз! Мунун дувана экенин көрүп турабыз го экөбүз тең.

Мултуң эте ийнин куушуруп, «андай болсо өзүң бил» дегенди билдирип, таарынгансып, улутунуп койду Веревкин. «И! Эмн ушуну да жолдош кылып алганы турат ко?!..» деп, кабагы кирдеп, жүзүн үйрүдү ал.

Имамидин дувана эки ийнин каржыйта кысынып, үң, күйүп, бой жашырып кымырылып отурганынан дагы эле былк этпей, бирок, тиги төрөнүн бакырганынан кадыресе сестенип, кыйла үшү тайып, ушул азыр мына бу түзү ийги төрөдөн гана бир ыракым болбосо, тиги эки көзүнөң өртү чыгып турган немеден жан калбасын байкады. «Келме кезек! Эми мени Мырза-Салиге башма-баш кылышат...» деп өлүм азабы көңүлүнө кире берген сайын тула бою оорлошо чымырап, жүрөгү капилет капаска камалган чымчыктай алдас ура тыпырап жатты. Тымызын карап Фрунзенин көзү көзүнө уруна түшкөндө кайра жалтанып, сабылып жер тиктей калды. Купуя келме келтирди.

— Кана, айтыңызчы, ушул сиз кудай жолунда жүргөн адамсызбы? — деп, дагы жумшак суроо жаңыртты Фрунзе.

Жумшак мамиле дувананы кадыресе эс токтоттурду белем, акырын жан кире баштагансып кыбырап, бир убакта онток кыңырылып:

— И-йи... —деди,— кудай жолунда жүргөн бир мусулманбыз, төрөм...

Фрунзе:

— Жакшы экен! Бирок, мусулманым, кудай жолунда жүргөн мусулман калп айта берсе болобу? Же күнүгө атын миң кайталаган мунажатыңарды парага алып, кудай силердин караманча кашайган калпыңарга кечирим береби?..

Дувана нес болгондой мелтейди.

Фрунзе:

— Мына, сиздин өзүңүздү эле алалы, пириңиз Калкожо эшен өзү Мадамин-бектин башына аш куюп нчип жүрсө, биз анык билебиз аны, а сиз өз көзүнүз менен көргөнсүз, көрө туруп сиз ушу кудай деген лабизиңиз менея «орустун жасусу» өлтүрүп кетти кайран бекти» деп, базарда ыймаңызды кайсап жеп, бизге көзкөрүнөө жалаа жаап, кудай алдында да, мусулман алдында да шыпырга калп айтып, элди бөөдө дүүлүктүрүп жүрөсүз. Бу кандай?.

Пири бектин сеөгүн өчкөн күлдүн түбүнөн муридди издетип, чала күйгөн сөлөкөттөрдүн ичинен сол колунун аты жогунда жүргөн алтын шакектен таанып, башын так ушул Имамидинге кайнаттырып, кесесин тазалатып алган. «Ушуну да билип алышкан окшойт ко?..» деп, ирени

аны сайын жууган эски чүпүрөк болуп, кулжуюп кетти. Эмне демекчи?! Тиги дүйнөдө жаннатке көтөрүп өтмөк болгон азиз пиринин буйругун кантип эки кыла алмак?! Тана да албай, бирок жооп да бербей көгүнө таяна мелтиреп отура берди. Тымызын улутунуп, келмесин купуя дагы күбүрөндү көзүн сүзө.

Фрунзе:

— Пириңиз «өлтүрсөң гази, өлсөң шейит болосуң» деген силерге, силерди ушинтип өлүмгө жумшайт, калп айттырып кудайга күнөөкөр кылат, а өзү эмне үчүн шейит жолу менен жаннатка чыккысы келбейт? Жо-ок, ал шумпай силердей бечаралардын далысына кара жылан жанын далдалап алып, тиги дүйнөнүн камын эмес ушул эле жарыктык дүйнөнүн кызыгын кууп жүрөт. Мына, ушундай, мусулманым...

Дувана тердеп кетти, үн дөй алган жок.

Фрунзе:

— Катаал турмуш түйшүгүн көп тарткан окшойсуз, байкуш мусулманым, жүдөөсүз. Бу саксайган сакалды бир аз серптирип, анан ысык мончого жуунуп алсаңыз зыптай эле адам боло турган экенсиз. Мына, минтип калп жолунда темтеңдеп жүрө берсеңиз, ким билет, чын эле бир жерде «шейит» болуп кала беришиңиз да мүмкүн...

Нестейе карай берди Имамидин дувана:

— Ыя?..

Фрунзе:

— Оюңузга жаман албаңыз күн мурунтан! — Ал суурумасынан булгаары тышталган бир эски китепти алып, столдун үстүнө койду. — Бул эмне?

Эки көзү чоң ачылып:

— Бу ыйык Калам-и-Шариф! —деп жиберди.

Фрунзе:

— Тааныдыңыз. Бу куран. Мейли, «кайран бекти орустун жасусу өлтүрүп кеткени ырас» деп, биздин мойнубузга коюп, «пирим бектин баш сөөгүнө куюлган кымызды ич деп Мырза-Салини кыстаган эмес, эң акыры анын качына забын кылган эмес» деп, танып эле, кутулуп эле кетиңиз, мейли. Калами-и-Шарифди кармайсыз да, касам кыласыз, биз ишенебиз, төрт тарабыңыз кыбыла, кете бересиз башыңыз ооган жакка, макулсузбу ушуга?..

Имамидин дувана жаагынан аккан кара тери сакалынан тамчылап, акактап, оозу кургап кетти. Кантип кармайт ыйык куранды карандай калп үчүн?! «Майли майли кимисинин болсо да огунан елөйүн, куран урбай, касам урбай өлөйүн...» деп, боору титиреди. Фрунзе андан көзүң албай, Имамидин дувананын бетинин оту дирт-дирт эткенине дейре, демиккенине дейре серп салып, жооп күтүң тура берди. Дувана калп менен акыйкат, өлүм менен өмүр арасында алдастады.

— Макул, кыстабайлы,—деди Фрунзе — куран кармай албайсыз, албетте, кудайдан да, ыймандан да кечип, карандай ушак үчүн.

Имамидин дувана башын ийкегилеп жиберди. «А түзүк!» деди Фрунзе мурутунан биртке жымыйып:

— Эми, такыба мусулман, сизден бир кичинекей өтүнүч болуп турат. Күнөөсү болсо да, бирөөнү караманча карала дебейбиз, эч качан, бул жагынан кадырыңыз жам болсун, сиз өзүңүз куран алдында тана албай огурган соң, мына ошол тана албаган биртке акыйкатты гана журт алдында жарыя айтып коё аласыз го дейбиз.

Дувана чекесин жеңи менен аарчып жиберип, көзү жалжылдап, эрдин жаланып, бирдеме сөз айта турган болуп, кайра көңүлүнө алда кандай күдүк киргендей, кайра кайсаланып жер тиктей калды.

Фрунзе:

— Кыйын деле эмес ко дейм бу? Эртең күнгө жума. Намазга чогулган элдин ортосуна өзүңүз барып, болгон кырсыкты болгонундай айтып берсеңиз болмок.

Имамидин дувана башын ийкедн, эрди бек кымтылып, арык неменин кабагы бир чымчым болуп бүрүрүп, башын ийкеди. «Мейли, эмне болсо ошол болсун, акыйкатын айгам!» деген кайратты да, «И-и, сайрап берем го сага?!» деген өчөштүктү да болжосо боло турган эле

кейпинен.

Фрунзе:

— Коркпоңуз, ал жерде да биз тараптык кишилер көп чыгат, көрүп аласыз, Кеңеш өкмөтү өз адамдарын кимден гана болбосун коргоп алышка жарайт. Душманын гана аябайт. Барыңыз эми...

Дувана ордунан туруп, шылкыйып эшикти карай басты да, кайра токтоп, бирдеме айтчу кейиптенип, кайра кыңырылып, өзүнчө башын дагы ийкеп, анан шашыла эшик ача тышка чыгып кетти.

«Эмне кылабыз?» дегенди туйдуруп Фрунзеге суроолуу карап, ордунан турду Веревкин.

Бүгүн артынан байкоо койгула,— деди Фрунзе,— эртең Жума Мечитке өзү барып, пиринин калпын элге айтмак болду, айтат.

Веревкин башын чайкады:

Ким билет, ошентип эле сайрап берсе кана?! Кокус убадасын аткарбай мант бере турган болсо, Михаил Васильевич, бир ок зарптап коёбуз го буга. Душмандын азы жакшы эмеспи?!

— Көрөлү,—деди Фрунзе,—коё бергиле, башы оогон жакка басып турсун. Иши кылып, бир күдүк түшкөнсүп кетти көнүлүнө, чындыкты айтып бере албаса да, менимче, мурдагысындай калп айтып ак урбай калат. Кокус, ким гана болбосун буга кол салып калгыдай болсо ошонудароо кармоо керек, анткени быякка кирип чыкканын көрүп, бир аз түзү бузула баштаганын байкап калышса өзүлөрү өлтүрүп оозун жаап коюшка аракет кылышы мүмкүн.

Чын эле эртеси эшик-төрү элге жык толгон Жума Мечитте Имамидин дувананын айткан акыйкат сөзү тунгукжта капилет жарк эткен чагылган сыңары ниетинде арамдыгы жок калыс адамдардын түкшүмөл ой-санаасын жарык кылды. «Наалат! Наалат!» деп кыйкырышты. «Йазид! Йазид кылган кара өзгөйлүктү кылышкан экен намартлар! Наалат, йе атаңа наалат!» деп, көпчүлүк дуудуу толкуду. «Фрунзе аскербашынын сөзү — сөз! Жоголсун булар!» деген зарде чыга баштады.

Бул ар бир намазгөй менен кошо жамагатка, шаарга, шаардан бүт журтка тарады.

— Мына,—деп, ыраазы болду Фрунзе,—эң жакшы иш болду бу! Чынын айтыш керек, чоочун үгүтчүдөн дувананын сөзүнүн өтүмү, таасири чоң болот. Өз такыба мусулманы, мүриди айтын ачып жатпайбы?! Кеп мына ушунда! Эми кожо менен «ляшкербашынын» элден тамыры акырындап үзүлө баштайт.

XI

Фрунзе жергилик өкмөт кызматчыларын кошуп, ынкылапчы аскер кеңешин чакырды да, күн тартибине жергилик улуттардан РККА катарына тартуу маселесин койду. Иш опурталдуу. Ким болбойт акыры эмне болуп бүтөрүн? Шашып кадам шилтеп, жаза басып, чалынып калбай, андан көрө шашпай, кадам шилтебей, бөөдө чалынбай агымдын акырына карап турмакчы болгон аярлык ошол жерде көбүнүн оозун басып, тымыйытып турду. Бул кооптонууну кеңеш мүчөлөрүнүн жүзүнөн да, жергилик өкмөт кызматчыларынын элтейишинен да айкын окуду Фрунзе.

Өзгөчө Веревкин чоочулап алган, ал командачы бир кездеги бул элдин арасында жүргөн балалык түшүнүгү, нөн ажырай албай, балалык сезимине алданып, ошол тапта онолгус бир жаңылыш кадамга бет буруп турган, дай, бул өз билгенин бербеген көйкашка адамга сөзү өтпөй отурганына өзүнчө бушайман сыяктуу.

Столунда жаткан бир барак кагазды алып, атайы үн көтөрө жария окуду Фрунзе:

«...айта келсек, кадимки регулярдуу аскерде кызмат өтөө кыргыздар үчүн мүмкүн боло албай турган нерсе, кыргызга орус тилин үйрөтүү, аны жетик адам кылуу кыйын, кыргыз өзүнүн акыл өсүшүнүн пастыгынан чалгынчы, байланышчы болушка жарабайт. Ошону менен бирге казарма тартиби кыргызга өлөрчө опурталдуу болот, көнүмүш көчмөн турмушунан, кымызынан ажыратып койсо кыргыздан бирдемеге жарамдуу жоокер чыкмак түгүл ал аскерлик ооруканалардын, дарылануучу жайлардын гана жанбагары болуп калышат.

Жыйынтык: кыргыздар аскер кызматын аткарышка али өсүп жетиле элек, аскер үчүн ишенимсиз

элемент, падышанын туусу астында бир аз убакыт жүргүзүү аларды Россияга берилген адам кыла койбойт, алар кези келсе душман тарабына ойлонуп отурбай өтүп кете беришет...

Империянын аскер министрине
генерал-губернатордун
25-октябрь 1915-жылдагы
баяндамасынан. »

Мурутунан жылмайып, ичтен кейий башын чайкады да, анан кагазды жайма-жай тытып, таштанды сала турган бойро челекке таштап койду:

— Мына, эски жоболордон бир мисал. Кай бир жолдоштор муну эске алууну сунуш кылат. Бу тенсинбөөдөн, корсунтуудан жана да сөзсүз өзүн өтө акылдуу санап алуудан, улук журтчул, империячыл кекирейген дымактан, эң акыры кооптонуудан келип чыккан байкоо».

Ой улантты:

— Ыя, «жоокер боло албайт» имиш, «акыл чамасы жетпейт» имиш?!—деп, күлүп, эми кебин жакшы кеңеш мүчөлөрүнө багыттады. — Бул «байкоого» ишенүүдөн мурда ушул элдин өткөн күнүнө бир аз өзүбүзчө байкоо кылып алганыбыз оң. Падыша акимдеринин көзүнө бул эл тоого чыкса мал багар, түзгө түшсө пахта чабар, шаарга келсе жинкилдеп чай кайнатар гана болуп көрүнгөн. Бул элдин тарыхы, ыры, кошогу, атайы сыйлоо, улуудан ийменүү, кичүүнү көтөрмөлөө салты, кагаз бетине али түшпөгөн эл каадалары бул элди «жабайы, акылы жетилбеген» деген «байкоолордон» жогору коёт. Гунн, Чынгыз-хан Тамерлан дегендер ким? «Жоокер боло албайт» имиш?! Орус тилин буларга ким жакшылап окутуп көргөн экен?! Окутуу эмес, окутууга бөлүнгөн ансыз да аз каражатты радыша акимдери тойлоп жеп алышып, анан «окуй албайт», «акылы жетпейт» деп жамы элге жаман ат коюшкан. Билебиз, бул эл окууга өтө дилгир, жаны нерсени тез кабыл алат, тез көнөт, көнмөк түгүл тез өздөштүрүп, өнүктүрүп кете алат. Кытай, хинди, фарси тилин мыкты билген азаматтарын көргөнбүз. Эми, «аскер үчүн ишенимсиз элемент» деген «корутундуну» алалы. Өз кезинде кооптуу болушу мүмкүн. Тен көрбөгөн доско ким дос болот?! Ким өлүп берет?! Бүгүн шарт башка, падыша кулаган, бул элге орус эмгекчилери менен тең катар кеңчилик, демек теңчилик берип отурган кенсш өкмөтүн куруу майданына шымаланып катышат.

Кенеш мүчөлөрү копшолуп, «ырас, ырас», «жаңыча, ушундайча маани берүү керек» дешип, дуулдап калышты.

Фрунзе:

— Кай бир жолдоштор панисламизм, пантюркизм менен үркүтөт. Ырас, те байыркы көөнө кездеги арап халифтеринен «дин мусулман баласы», «дин мусулман эли» деген ураан калган. Ошол өзүлөрү күч менен дин таратып, же батыштан тумандай каптаган крестчилер чапканын тоскон кездеринде бул ураан ишкерлүү болгон чыгар. Дин үчүн өлүп берген кылым эчак өтүп кеткен. Россияда «дин үчүн жан бер» десе кишилердин кыжыры келген сыяктуу бул жерде ушул тапта «бөөдө өл» болуп угулат, динине акарат кылбаганы менен андай топтон акырын качып кетет. Динден башка да бул тирликте көп кыжалат иштер, жөнү болбой жаткан, чечилбей жаткан маселелер көп экенине көз ачылып калган убак. Нечен кылым бою «мусулман биримдиги» делинип, көптөгөн улуттардын улут кызыкчылыгы жоюлган эмес беле?! Кининки кылымда улут кызыкчылыгыиын баасы көтөрүлүп кетти. Бул жагдайда жамы түркчүл ураан кыйла жандуу десе болот. Бу «жамы түрк бириксин» деген ой өткөн кылымдын башынан пайда болуп, жамы түрк журтун агартуу иши, маданият жагынан жакындатышка умтулса, акыйкатта биригүү жолуна чыгып, өз убагындагы дүйнөдө күчкө салып жер бөлүшкө бет бурган чон өлкөлөргө карама-каршы өнүкмөк. Саал кечигип, бул аракет да болгон, өткөн кылымдын акыры ченде Женева шаарында «Иттихат ва тэрэкки» деп аталып, түрк партиясы уюшулган. Бул партия акыры султанды тагынан түшүрүп, бирок, өлкөгө, эл турмушуна пайдалуу бир өнүгүү багытына кетпей баягы эски османалы империясынын таламын улап, анын үстүнө түрки деген элдерди «бириктирмекчи» болгон өз өлкөсүнө да, баш. ка түрктөргө да салакалуу улук журтчул көксөөгө өткөң, эмнени көксөбөсүн бул ой, бул аракет эми кечигип калды. Те падыша турган мезгилде «Тур өйдө зордукка каршы!», «Бирик, жамы түрк, боштондук күрөшүнө!» десе кулак

туткан көп болмок. Биз большевиктер өз Россиябызда шовинизмдин таажысы болгон падышаны кулатып, башта эзилген элдерге бир баштан эркиндик, теңдик берип, империячыл дымакты түп тамырынан жула баштаган кезде бу «жамы түрк бирик» деген ураан бул элдиң көңүлүн тарта албайт. Бул ураан «кеңеш өкмөтүнө каршы тур», «теңдик берген кишилерди таш менен ур» деген болуп угулат. Кеңеш падышанын Россиясы эмес экенин, кеңеш бийлиги эзүү эмес экенин, кайра ирденүү, абжалуу, эл теңдиги экенин азыр ар бир малчы, ар бир дыйкан көрө баштады, мындан нары буга биротоло ишенет. Азыр пантюркизмдин өлмөксөн жаны шылуун Энвердин көөдөнүндө гана бүлкүлдөп жүрөт. Ушул эл өзү курутат муну. Мына, азыр пантюркизмдин абалы...

Фрунзе кебин улантты:

— Ырас, ал он алтынчы жылы өз убагындагы алынган эсеп боюнча ак падыша көп эле элди опат кылып койгон. Ушуну менен тынбай бүт кыргыз атанган элди түрө орус кытай чек арасына жакынкы катуу багыт Текес тоолоруна топтомок, ал жерден, карыш жылдырбай камап, өзүнөн-өзү өлүп-житип, эл катарынан жоюлуп жок болуп кетишин шарттаган өкүм кылган. Өз убагында төрө Керенскийдин убактылуу Өкмөтү да бул ниеттен кайткан эмес. Мына, бул өкүмдү биз большевиктер гана жокко чыгарып отурабыз! Кенеш өкмөтү кытай акимдерине кайрылып, качкын кыргыздардын жашоо абалынан кабар алып, өз ата-журтуна кайра келишине жол ачып, шарт түзүп, быякта кароосуз калган балдарын, эңкейген карыларын ар жерден терип чогултуп, атайын ирдентүү мекемелермн уюштуруп, ишке жарамдууларына мал жайганга жайыт, эгин эккенге орус кулактары менен дунган байлары туйтуна ээлеп калган өнүмдүү ата мурас жерлерин кайра алып берип, бир сөз менен атканда, жок болуп кетүүдөн сактап, кайра эл, өзүнчө баштагысындай уюктуу улут, журт катарына кошуп жатат. Муну бул элдин эстүү балдары билет. Кана, ушул эл «эл катарына кошул», «кеңеш өкмөтүн куруп ал» деп, ишенип берген куралды кайра бизге кезеп калышы мүмкүн» деп мен ойлобойм...

Фрунзе жыйынтык чыгарды:

—Биз элге ишенбей ыңкыйып отуруп, анан «силерге кенеш өкмөтүн куруп беребиз» десек эл ишенмекпи?! Биртке эле кыңыр бирдеме сезилсе, кичине эле илгерки колониячыл акимдердин жосунунан бизден банкалса баштатан көнүлү кайт болгон жергилик эл жалт берип үркпөйбү? Кармап, токтотуп, кепке келтирип көр ошондон соң! Мына, биз кандай гана кокус, коркунуч абал болуп кетпесин, баарын моюнга алып жергилик улуттардан езүнчө аскер курайбыз, орустар катары укук да, курал да беребиз, антпейт экенбиз биздин «теңдик, эркиндик, эл достугу, социализм» деген ураандарыбыз бул элдин көзүнө, тышкаргынын көзүнө да бүтүндөй жокко чыгат. Ичтен каршылык деген, тыштан кийлигишет деген, айтып коёюн, так мына ошондо болот! Бул эл жакшылыкка тете эл, жакшылыкка жакшылык кайтарып, убада сөз өтөсүнө дайыма чыга келген эл. Бул эл өлкө ээси, көпчүлүк, демек социализм принциптерин кулагына сиңирбей, өзүлөрүн түздөн-түз катыштырбай бул жерде кеңеш өкмөтүн бекемдөө мүмкүн эмес. Бирөө куруп берген бейиш эч убакта өзүмдүк боло албайт, дайыма бөтөн, жат бойдон кала берет. Ганыулоочу күч менен аткартуучу эмес, жаңы дүйнөнү өзүлөрү куруп алуусуна жол-жобочу, бек ишенимдүү бурадары, жөлөк гана болуп туруш керек.

Кеңеш эң акыры жергилик улуттардан аскерге тандап алуу, ар бир болуш элге ондон мылтыкчан «самоохрана» отряддарын уюштурууну макулдашты. Бул ишти кийин Ташкенде Түркстан компартиясынын Борбордук комитетинде, ВЦИК менен СНК РСФСРдин Түркстан иштери боюнча комиссиясында каралып, «жергилик элден куралган аскер РККА командасына киргизилбей түздөн-түз Түркстан өкмөтүнө баш ийдирилсин» деп чойгон пикирлерден Фрунзе тике туруп коргоого мажбур болду. Бүт РККА бир жогорку командага баш ийдирилбесе, бир тартипке салынбаса, ар бир бөлүгү өз бетинче боло берсе баары бирдиктүү бир куралдуу күч боло алмакпы, бирдиктүү бир максатты көздөй алмакпы?! Мына, бири «аскер курулбасын, кийин тескери кетип калышы мүмкүн» десе, бири «өз алдынча коё берилсин» десе, ушунун баары эске алына отуруп, көшөргөн Фрунзенин керт башынын жоопкерчилигине жүктөлүп чечилди.

www.bizdin.kg

Б У Й Р У К

18-июнь 1920-ж.

Түркстан крайынын жергилик улуттарынын эмгекчилерин РККА катарына тартуу боюнча үгүт өнөктүгүнө байланыштуу буйрук кыламын:

1. Өзүнчө үгүт комиссиясы түзүлсүн, Комиссиянын максаты — эртенки мусулман калкынын ичинен аскерге алуу ишиниа мааниси, зарылдыгы жөнүндө толук жана ачык тушүнүк берүү эл аралык буржуазиянын, жана да бул жердеги нааразы европалык менен мусулман топторунун бузукулугун алдын-ала жоюу; бул өтө керектүү саясий өнөктүктү коогасыз, ийгиликтүү жүзөгө ашырууну камсыз кылуу.

2. Жер аймактарында, кыштактарда, айылдарда үгүт иштерин жүргүзүү жалпы өнөктүк боюнча өзгөчө маани берилип, айрыкча көзөмөлдөө болот, жергилик партиялык уюмдардын, аскердин саясий бөлүктөрүнүн бардык күчтөрү, колдо бар бардык мүмкүнчүлүктөрү жиберилет.

3. Жакынкы учурдагы аскерге алуу маселеси айылдык партиялык ячейкалардын, мусулман кедейлеринин комитеттеринин чогулуштарына дейре бардык партиялык уюмдардын жалпы чогулуштарында талкууга коюлсун.

4. Эл жыйындары курулсун, киши кэп келген чайканаларда, базарларда, биртке эле кишилердин башы кошула калган жерлердин баарында кеп-кеңеш, ынандыруу аракеттери жүргүзулсүн. Тезинен үгүт поезд, үгүт арабалары, ошондой эле көчмө үгүт боз үйлөр уюштурулсун, жөндөмдүү деген, таанымал деген мыкты үгүтчүлөр менен айылдарга, кыштактарга жөнөтүлсүн.

5. Мусулман элдеринин тилин билбеген үгүтчулөр качан жакшы жана ийкемдүү тилмеч кошулганда гана жиберилснн, мындан башка учурда жалан мусулман элдеринин тилинде сүйлегөн гана үгүтчү жөнөтүлсүн. Кайсы күнү, кайсы убак болбосун, түшүндүрүү, көрсөтүү иштерине мусулман элдеринин тилдеринде газеталар, оймо-чийме плакаттар, атайын даярдалган баракчалар кеңири колдонулсун.

6. Бүт өнөктүктүн жетекчилиги жалпысынан Түркфронтунун Саясий Башкармасына берилет.

ТҮРКФРОНТУНУН КОМАНДАЧЫСЫ
М. ФРУНЗЕ

Бул буйрук эн төмөнкү аскер бөлүктөрүнө, жергиликтүү өкмөттөргө, партиянын баштапкы майда ячейкаларына жол-жобо катары телеграммаланып таркатылды. Жүзөгө ашырылышына фронттун Саясий Башкаруусунун башчысы Куйбышев жетекчилик кылды. Иргелген, танүгүтчүлөрдүн ири алдында элге Фрунзе өзү баштап чыкты.

НАМАНГАН УЕЗДИНИН ЖЕРГИЛИК
КАЛКЫНАН АСКЕРГЕ АЛУУ
БОЮНЧА КОМИССИЯСЫНА
үгүтчүлөр
АКРАМОВ, ЮСУПОВ, ИСАБАЕВДАН

БАЯНДАМА

Биз Наманген шаарынан чыгып кечки утур Нанай кыштагына келдик. Эртеси күнү Нанай базары экен. Базарга келген бардык элди чогултуп, жалпы жыйын курдук, жыйынга эки миңче адам катнашты — жалаң гана кыргыздар болушту.

Калктын түрү абдан жакшы. Жыйынга катнашкан кыргыздардын баары бир добуштан жергилик калктан РККА катарына алуу ишине көмөк беришерин, Кенеш өкмөтүнүн бардык талаптарын орундатышарын убада кылышты.

Эми Заркен, Янги-Коргон аймактарына жөнөп кетебиз.

(кол)
27-июнь 1920-ж.

Ишеним кылынмак тургай биртке эле эс-акылы бар адам тукуму экени саал эле жыл мурун атайы жерилген, көз көрүнөө басынтылган журт эми түп көтөрө дуулдап, бул өз заманын өзү куруп жана коргоп алуу мүмкүнчүлүгүн берип турган Кеңеш өкмөтүнө баш-оту менен дил коюп, РККА катарына жүздөп, миңдеп жазыла башташты.

XII

Асыл жер Фергана өрөөнүн те алыстан кут жагынан да, күн жүрүш жагынан да курчап турган ак карлуу улуу тоолор үйгөн кебездей түрмөктөлгөн булуттарынын оошушуна, күн нурунун чагылышына жараша бирде көк чангыл, бирде ак чаңгыл, бирде караажын тарта улам бир башка ажайып болуп түрлөнөт.

Фрунзе келгенден бери күнүгө эрте сыртка чыгып, короо ичинде нары-бери баскан убагында да, жуунган соң сүлгү менен сүртүнүп турган кезинде да, көк тиреп көрүнгөн арсак чокуларды карабай коё албай, көп телмирип, бир ордунда селдейип туруп, Европанын даңктуу музейлеринде керели-кечке аваз кылып турган ышкыбоз көрөрмөн сыяктуу улуу тоонун сөөлөтүнөн улам жаңы көрк жаңы маани туя, ал туйгулары балалык кездин алигече көңүл жылыткан сыйкырдуу эскерүүлөрүнө өрүлүшүп биригип, дагы аша түшө бир нече эселене бергенсийт, убагында нечен кадуулап аралаган, койнунда чоң жагылган оттун жанында нечен түнөгөн, өткөн жана келер жак жөнүндө нечен ой толгогон баягы эски Пишпек менен Верный шаарларынын күн жүрүш жагындагы тоолорго окшошуп, керилген майда төрлүү, карагайлуу катмарлары, көк мөңгүлүү айры өркөчтөнгөн бийиктери тымызын өзүнө тарткансыйт.

Иш тигиндей бир жакшы жагына оогон соң көңүлү бир аз канагат алып, көптөн бери көксөгөн улуу тоого бир чыгып келүүгө эми чолосу болуп, Фрунзе жанына төрт атчан жолдош алып, эртелеп, барар жерин да, кайра качан кайтарын да эч кимге даршан кылбай күрпүлдөгөн Ак-Буура суусун өрдөй ат бастырып жөнөп кетти.

«Да-а... келгенинен бери же күндүз, же түндө жан тынымы аз, өтө кысталыш, акылга да, күчкө да өтө оор иштер менен алпурушуп жүрөт... эс алуу да керек ко акыры бу кишиге... Шаардын четине чыгып, таза авага биртке серүүндөп кайтабыз го...» деп ойлоп келе жатты Сиротинский.

Фрунзе алдыда, шаардын четине да токтолбой, өзүнө деле кайда токтору белгисиз, улам өндөлөп, улам көңүлү бнйикке тартып, эч жерге буйдалбай чоң тору жоргонун башын бирде атырылта. Коё бере, бирде термелте салдырып узады.

Кезгө жакын эле көрүнгөнү менен, арасы анча узак жер, чоң тору жорго кара моюн болгондо кызыл топурактуу белеске чыгып, Фрунзе артын бир кайрылып карады. Те боз мунарык астында мелмилдеп, кара дарактуу Ош, жанындагы мойнун созо чөгүп жаткан төө кептенген таштуу боз мойногу алда кайда төмбн калган. Бирок, эргиген көңүлү бул бийикке ыразы болбой ийрилген суусу жалтырап жаткан ничке өрөөндөн нары көк тирей шаңкая келберсиген ак мөңгүлөрдү карай талпынып, ал теминип, кубаттуу буудан жорго күүлдөп алып сызды.

Не бир дарагы, не бир жаткан ташы ага чоочун эместей, ушул азыр бир убакта улуу тоолордун катмарларында кала берген балалык чагына кездешкени келаткан таризде көңүлү алып учат, көңүлүнө ыр келет, көз ача көргөн кыргыз тууганы аска жаңырта, өспүрүм курагында кол алышкан казак досу талаа чайпалта, кийин жетилген убагында күчүнө дем, акылына коруш болуп күрөшкө чыгарган өз орусу токой дүңгүрөтө үн созгондой үн созо ырдагысы келе көңүлү толкуйт.

Тиги эле ак мөңгүлүү арсак чокунун бери түбүндөгү а торпулуу төргө жеткенде тизгин жыйды Фрунзе.

Кыйла убакта аттары сууга түшкөн чычкандай терге шөмтүрөп, курсактары күпүлдөй демигип, арттан жолдоштору келип, баары аттарынан түшөрүн түшүшө, бирок байлай коёрго эчтеме көрүнбөй аттарын сагакташкан бойлон эки жагын каранып туруп калышты.

А Макмалдай жылбырска бетеге, ар жеринде бири кызыл, бири саргыл, бири көк, бири сыя ирең майда гүлдөр теңгедей жылтылдап жайнап турат. Бир да жыгач атпай, бир да узун өскөн

өзөктүү өсүмдүк ал жакын жопарада көрүнбөйт.

— Кана,— деди да Фрунзе өз атын Сиротинскийдин сары кашкасы менен куюшкандаштыра салды, жолдоштордун баары мындай байлашты көрбөгөн кишилер болучу, Фрунзе алардын аттарын да өзү куюшкандаштырып байлап көрсөттү. — Мына, кандай экен? Муну бул эл «кыргыз байлам» дейт, ушул азыркыдай ат байларга же казык, же бир жыгач жок убакта, өзгөчө жоопкерчилик кысталанда бу абдан абзел — аттар кете албайт, чалынбайт, бирине-бири тегеренип тура берет. Куп бекен?

Баш чайкаша:

— Карачы, а?—дешип, астейдил таң болушту баары.

Бир Фрунзе гана эмес, баары кандайдыр тамдын башына чыгып алышкандай бийиктикти сезишип, денелери жеңилдегенсип салкын ава баарын колтуктан сүйөгөнсүйт.

— Пай-пай,— деди Фрунзе айланта карап,— кандай бийик кандай таза, кандай керемет, Сергей Аркадьевич, а?

— Да-а, таң каларлык, Михаил Васильевич,— деп ынанды Сиротинский баш ийкей,— бирок, көрктүү болгону менен, Михаил Васильевич, ээн, сүрдүү, адамдын жашоосуна ыңгайы аз жер го.

— О-ой, деп жиберди Фрунзе баш чайкай,— ээн да эмес, сүрдүү да эмес, Сергей Аркадьевич, те байыркы замандан бери эле эл жашайт, ыңгайы аз түгүл бул улуу тоолор ал элин жайкы ысыктан, кышкы сууктан койнуна катып асырайт, душманынан айланта курган ак коргон чеп болуп тосот.

Дөңгө тарта каалгый басышып, теребелге аваз кылышып, дүрбү менен карашып, алар көпкө сейил кылышты.

Бул улуу тоолордун башы Алтай, аягы Гималай. Дүйнөнүн мейли Кытай, мейли Индия, мейли Персия, мейли Мисир, мейли Греция дейли, өзгөчө көөнө делинген тарына салышгырылбасын, бнерде ошолордой эле адам тирилиги алдакачан пайда болуп, алда качандан бери уланып келген. Ырас, дүйнөнүн чеги жок эмес, адамды, санына, жашоо зарылдыгына дүйнө өпчап эле жай. Жер талашуу ошон үчүн те эсте калбаган мезгилден баштап эле адамдардын арасында, уруулардын, улуттардын, расалык, диний, аскерлик бирикмелердин ортосунда тынымсыз жүрүп келе жатат. Бу кай бир учурда өтө күч ала кулач жайып, дүйнөнүн бир четинен бир четине оошуп, Азия менен Европанын кагылышуусуна чейин өсүп жеткен. Тыяктан да, быяктан да кара сел сыяктуу бет алдың жексен кыла каптап кирген күчтөр ушул алардын эки жагына тен алыскы улуу тоолордун кыйрына келип солгундап, тайыздап кайра тартыла, бул улуу тоолор Европа менен Азиянын ортосундагы бир табигый кыйын тоскоол болуп, бара-бара же Европанын таасирине өтпөгөн, же Азиянын карамагына кегпеген бир ортодогу буфер мейкин болуп калган. Мезгил өтүп, улуу тоо ичи өзүнүн бороонунан башка шоокум жок элкинче өлкөгө айланган. Кең жерде күткөн малы айрыкча жылкы болуп, ар бир уруу өзүнчө жайыт ээлеп, өзүлөрүнчө көчүп-конуп, кылымданкылымга өзүнчө өнүгүп, өткөн миң жыл ичинде Монголиядан Персияга, Кытайдан Кавказга чейинки тоолордо, түздөрдө, чөл талааларда көбөйүп, баягы дымып жаткан буфер мейкин эмес ошол Азияга да, Европага да бирдей коркунучтуу балээ болуп чыга келген. Бир да адамы жөө жүрбөгөн, чапкын учурунда коштоп ат минген дуулдаган көпчүлүк ошол кезде түздөгү жөө кытай, ынды үчүн да, европалык үчүн да туруштук кылууга кыйын күч болгон. Ошон үчүн Кытай өзүн айланта бийик дубал курууга, Европа христианчылык негизинде биригүүгө аргасыз болгон. Жайы малга жайыт кууп, кышы бу улуу тоолордун кайсы ылымта жагына ыктап көчүп тирилик кылып, Кытайдан да, Индиядан да, Персиядан да, Аравиядан да, Грециядан да дин албай, жашоо үйүтүн үйрөнбөй, жайы ысыткан, кышы үшүткөн күн ырайымына гана сыйынган өзүнчө бир көчмөн көп журттун өзгөчө ташып төгүлгөн акыркы бир учурлары кийинки миң жылдын башындагы ; Чыңгыз-хан менен Тамерлан. Азияда да, Еврорада да буларды «кудайдын каабы», «каптаган чегиртке», «топураган жапайы» делинип такмындалып жүргөнү бир аз жаңылыш. Бу пикир быяктын географиясын, тарыхын, этнотрафиясын жакшы билбөөдөн же баягы өйдөсүнүү дымактан, атайы кем бааламакчы болгон ойдон келип чыккан да Фрунзе жок, турушуп нары карай, бери карай анын те бийик дөндө таштын башында күн чыгыш жакты тиктеп отурганын көрүштү.

Күн чыгыш бүтүндөи кызгылт, бир окумда кызгылт улам жукарып, өркөчтөнгөн тоо кыркалары улам дааралanып ага көмкөрүлгөн асман коргошун ирендене көкмөк болуп, дагы бир оокумда ийри сызыктанган тоо кыркаларынын нары жагынан улам жаркып, жер жүзүнө акырындап касиети улук нур туулуп келе жатты. Те байыркы кууpаган малчысы да, жыргаган колбашысы да көргөн, али көөнөрбөгөн, али жаңырбаган ажайып таңын баягы бала убагындагыдан да айрыкча таңыркап тосуп отурду Фрунзе.

Түнү бою кирпик какпай, бирок кирпик какпаганы сезилбей тула бою куш канатындай жеңилдеп, ушул бийик да, таза да улуу тоолордой көңүлү дагы бийиктеп, дагы тазарып, бийиктен чабыт баштаган тоо буркүтү сыяктуу жаңы ой, жаңы максат көңүлүнө толуп кайтты Фрунзе.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Кадырбек Камчыбеков тез Фергана аскеринин Штабына чакырылды. Эмне иш чыгып калды экен? Бек тукумунан экенсиң дешеби, «бар, бара бер, сенден башка да жетишип калды кеңеш өкмөтүнө, өз табы көп» деп, аскер катарынан бошотуп жиберишеби? Бул ойлор бир жаңсыл жообу табылбай, же ойго кирбей койбой жолмо-жол кошо ээрчиди. Өзүнө, жана да аталаш туушкандарына тиешелүү Мады кыштагынын айланасындагы сугат жерлеРин Фрунзенин көз алдында эле өкмөттүн карамагына өткөргөн. Дагы кандай сөз болмокчу?

Кызыл нооту жабылган узун столдун эки жагынан бир топ кишилер отурукташкан экен. Баары жабылып, өзгөчө көңүл буруша тиктеп калышты.

Кадырбек:

— Азь-салому алейкум... — деп, жалпы салам айтты. Врачевдин жанындагы күңгөйдүн кара ташындай жылтыраган адам, ал баарынан жаш да көрүнөт, бирок сөөлөтү, оозунуп алик алышы ошол жердеги олтурган элдин баарынан жолу да, зоболосу да өйдө экенин Кадырбекке туйдурду. Төр агасынан кол бермек илгертен адеп, Кадырбек илбериңки төргө басып, эң алды ошол кишиден баштап, анан кыдырата кол алышып чыкты.

— Отуруңуз, жолдош Камчыбеков,— деди Врачев.

Кадырбек столдун эшик жаккы учундагы орундукка отура баштады. Төрдөгү бир кезде көрүшкөп кишидей жылуу.

— Быякка... жолдош Камчыбеков, быякка, жакыныраак,— деп өзүнүн катарындагы бош орундук жакка ишара кылды.

Жанына барып көчүк баскан сон төрдөгү жымыя ыптаа коюп тиктеп;

— И, жолдош Камчыбеков, абал кандай?—деп, ддгы ийкем, жылым кеп урду.

— Шүгүр, шүгүр,—деди Кадырбек, «ким бу, кайдан жолуккан киши эле, теке-йомутча сүйлөйт го» деген ой кылт этти, жок, бул неме эч качан жолугушкан эмес.

Врачев Кадырбекке көз кыйыгын салып:

— Тааныштырып коёюн,— деди,— бул киши жолдош Атабаев. Түрк ЦИКнын төрагасы, а Сиз тааныйт окшойсуз, Кайгысыз Атабаевич.

Дагы эле ынтаа коюп, жымыйып тиктей:

— Кабардар элек, кабардар элек,— деп, башын ийкеди да, саал ойлуу тарта өз алдынча боло калып, андан соң Атабаев баарына түшүнүктүү болсун үчүн орусча сүйлөп, жай, ар бир сөзүн салмактап, ошол таптагы ыңкылаптын Түркстандагы кезектүү кадамдары, кечиктирилгис иштери, ишчи-дыйкан өкмөтүн чыңдоо маселелерин кыскача баян кылып, акырында:

— Мына, ушул тапта, ыңкылаптын дуулдап жүрүп турган кезинде, Кеңеш өкмөтүнүн душмандары элдешкис каршылыкка өтүп, биздин эл үчүн өтө кыйын, бири түшүнсө, бири түшүнбөй башы каңгы болуп турган өтө чалкеш мезгилде бүткүл Түркстан боюнча «мен адилетмин», «мен азаматмын», «мен ата журтумдун уулумун» деген четте, өзгөчө буйгада кала албайт. Калышы мүмкүн эмес. «Сел өтүп кеткенче» деп атайы коңулга бекинген болсо, ал

чыккынчы, ал жанбакты... — деди.

Врачев да, отурган башка кишилер да, унчукпай сөз кошпой адеп менен отуруп угушту. Түрк ЦИКнын төрагасы Кадырбекке карап, сөзүн ошого арнап отургандай Кадырбек кызыл ноотуну тиктеп отурган калыбынан былк этпеди. Бул бир жагы сөз маанисине ыкрарлыгы, бир жагы «и, бек тукуму деп саал чоочуркашып, саал ишене алышпай, жүнүн тартып, үгүттөп турушканы эмеспи» деген өкүнүчү да болучу.

—Өкмөт сизге өтө чоң ишеним көрсөтүп отурат, жолдош Камчыбеков.

Кадырбек өйдө карай берди. Ойлуу, тиктеп, тике көзүн тиктеп, кебин улады Атабаев:

— Тегиңиз белгилүү. Кеп текге болбойт, кеп ким гана болбосун анын ой-санаасында, кылган ишмерлигинде, баскан саясий кадамында болот. Ошондой эле белгилүү, ынкылаптын биринчи күндөрүндө эле эки жагыңызды каранбай, кылчаңдоосуз келип кошулгансыз, азыр кызыл аскерде чын ыкластуу кызмат өтөп турасыз, башынан кокондук улутчул автономияга катышкан жоксуз, «өлкөнү өз алдынча кылмакчы» болгон Мадамин-бек кыймылы кыйла көңүл тартарлык болучу, буга да аралашпадыңыз.

Бирөө да чук этпей, угуп отурушту.

Атабаев:

— Биз жолдош Камчыбеков, ушул жалпы Фергана кыргыздарынан куралган ыктыярдуу кызыл аскерге башчылык кылууну сунуш кылабыз.

Кадырбек шалдырап отуруп калды. Бул ага кубанч да, оор жоопкерчилик да болучу.

Атабаев:

— Мына, жергилик өкүмөт аскер бөлүгүнүн жетекчилери да ылайыктуу мүнөздөмө берип отурушат.

Өзүнөн эмне кеп чыгар экен деп, баары Кадырбекти тиктеп отурушат. Мында кооптонуу да, ишеним берчү бир убаданы да акмалаган маани бар эле.

Атабаев төш чөнтөгүнөн бир парча кагаз алып, Кадырбекке берди:

— Ташкенден бери жөнөрүмдө Михаил Васильевич өз колу менен жазып берди.

Жолдош Камчыбеков, биздин ишке пикириңиздин оң экенин билебиз, ошон үчүн жергилик элден куралган ыктыярдуу кызыл аскер отрядына командир болууну Сизге сунуш кылабыз.

Мих. Фрунзе.

Окуп, Кадырбек жүрөгү опкоолжуй демин алып, бирок бир ооз ачып сүйлөбөй бир Врачевду, бир Атабаевди тиктей берди. Ишеними өзүндө, бирок, «бул иш колумдан келеби» деген кайра суроо жүзүнөн көрүндү.

— Жо, жолдош Камчыбеков, сурабаңыз, «колумдан келер бекен» деп, ал сыпаалык болбойт, ал кыйыктанып же кадырын көтөрүп жаткан болуп туюлат жолдоштор арасында —деди Атабаев.

Кадырбек баш ийкөөгө аргасыз болду:

— Ыракмат,— деди,— бул улук ишенимдин өтөсүнөң чыгышка аракет кылабыз.

— Мына, түз айтуу керек ушундай. Башы мылжың болуп келсе, аягы кылжың болуп кетпейби?!

— Жакшы айтылды, жакшы айтылды,— деди Кадырбек,— куп, элибизге каерде болбойбу бир ак кызмат өтөө баарыбыздын буйтай албай турган парзыбыз.

Врачев:

— Суроо барбы?

Кадырбек ордунан туруп, кыйылып токтолуп:

— Ылайык болсо, жолдош командачы,— деди,— ушул жерде Данил Кордуб деген жолдош бар, ылайык болсо ошону бизге кошсоңуз.

Врачев баш ийкеп:

— Бар, особый отделде иштеген бир жигит бар — ошол жерден эле телефон чалды: — Ким бу? Кордуб барбы ошерде? Тез быякка Штабга жөнөтүңүз,— деп трубканы кайра койду. —

Келет, жарым сааттан кийин ушерде болот.

Көп өтпөй, тиги-бу жагдайында иикир алышканча Данил Кордуб кирип келип, энтигип, шакылдата келгениц кабарлады.

— Ну, жолдош Кордуб, бул адамды билесизби? — деп, Врачев Кадырбек жакка көз кырын таштады.

Кордуб:

— Билем, жолдош командачы!

— Ким?

— Кадырлуу Кадырбек ага Камчыбеков! Бул жердеги кыргызга да, оруска да барктуу адам. Бул киши мага көп жакшылык кылган, жакшы жолго салган. Бул үчүнчү жолу жолугушум, жолдош командачы.

Жоокердин өрөпкүй шакылдаганына ыразы болуп, күлө башын ийкеп:

— Эмесе, жолдош Кордуб, бул кишинин карамагына өтөсүз, өзү суранып жатат. Жолдош Камчыбеков ыктыярдуу аскердин командири болуп буйрук алат... Түшүнүктүүбү? Сиз адилет жардамчысы болосуз, уктунузбу? — деп, акыркы сөзүн такмазалап айтты.

Кордуб Кадырбекти эми бир жалт тиктеп, уурту жайыла, анан Врачевге карай:

— Кубанып орундайбыз, жолдош комайдачы! — деп чакылдады.

...1915-жылдын жаз айынын бириндеги Ош базары күнү экен.

Кадырбек бир топ кишилери менен чоң чайкананын чарпаясында жай, бирткелеп чайлашып, өзүлөрүнчө аңгеме дүкөн куруп отурушкан. Бир убакта тыштан бирөөлөрдүн жанжуң үндөрү чыгып калды.

— Бу эмне болуп жагат? — деп сурады Кадырбек, өзү чай ташыган чайкана ээсинен.

— А ушу...— деди чайканачы камырабай. —Кана, чайдан алгыла, азиз меймандар, аш дагы даяр болуп калды, кана... Йе, алла... колдон жулат тим эле. А бир орустун баласын тутуп алышыптыр... ошолор...

— Бери апкелдириңчи, бува.

Чайканачы эти өсүп кеткен боз көзүн таңыркагандай бир тигип, алып, бирок, жок дей албай, унчукпай тышка чыгып, үч кишини баштап, кайра кирди:

— А мына булар эле, бек...

Килейген эки соодагер бир орус баланы эки колунан артына бурай кармап алышкан. Бала он жети чендеги бала, жүдөө, нары да үрөйү учкан, эки көзү алайып аппак болуп көрүнөт, куйкул сары чачы тушкелди саксаят, тери агып, бир бетинен ылдый из салып кеткен. Кадырбек өкүнө башын чайкап койду. Көчүп келген эл көбүнчө кедей, үй тирилиги начар болгон, буга кошумча айлап жол жүрүп, жол азабына, бул жердин ава ырайына туруштук кыла албаганы өзүнөн өзү набыт болуп, кароосуз калган жетимжесир көбөйүп кеткен болучу.

Куду атасын өлтүргөндү кармап алышкансып, муруттары саландаган энгезердей эки соодагер өтө кыжырлана кабактарын түйүп турушат.

— Эмне болду? — деп сурады Кадырбек акырын.

Тиги экөө жарыша:

— Атаны, кызыталак чүрчүт ай! Тайманып койсо не?! Түз эле белбакка кол салып! Кармап калдык да, кудай жалгап...

— Пулуңар аман калдыбы?

— Кудай өзү жалгап, бек, кармап калдык.

Кадырбек башын чайкап койду:

— Урупсуңар го.

Эки соодагер бекке жакпай калганынан бирин-бири тиктеше мустарап боло калышты:

— Белбакка кол салган соң, бек...

Кадырбек дагы башын чайкап койду:

—Бул бала ким, билесиңерби?

Эки соодагер шеми тайып, муруттары салаңдап, бирин бири тиктешип алышты. Кадырбек жымыйып башын чайкады;

— А кокуй, кемпайлар, таайып албайсыңарбы кимди урарыңарды?! Бу пристав төрөнүн

бир тууган жээни.

Эки соодагер дароо белдери бүкчүйө алактай түшүштү Кадырбек орусча:

— Бери кел,— деди балага.

— Кадырлуу бай... Кадырлуу бай...— деп калчылдады бала. — Ырайым кылыңыз, кадырлуу бай. Экинчи уурулук кылбайм... кылбайм...

— Бери кел, корпо.

Бала абайлап алдына келди.

— Кел, отур быякка.

Бала чарпаянын четине келип, көчүк басты:

— Кадырлуу бай...

Кадырбек бир караса жанагы эки доогер жылт коюп кетишкен экен. Пристав төрөнүн жээнин кармоо чок кармоо эмеспи?! Өз тамашасына Кадырбек өзү купуя күлүп алды.

— Атың ким?

— Данил дешет...

— Ата-энең барбы?

— Энем бар. Малороссиядан келген болчубуз, кадырлуу бай... Атам өлүп калды. Жер да кесип берише элек эле. Энем Кашгар кышлакта помещиктин жылкы заводунда шыпыргыч болуп иштейт. Кадырлуу бай...— деп, «ушундай абалдан эптеп жан багып» дегенди туйдуруп ыйламсырап шөмтүрөдү бала.

— Уурулук кылуу чеки иш, Данил,— деди Кадырбек жумшак.

— Чеки экени чеки, кадырлуу бай...— деди Данил.

— Жүр бери,— деди ал, чарпаядан түшүп, баланы колунан алып, ээрчитип, өз тебетейин суна басты. — О, боорукер адам барбы?.. Мына бу бала мусапыр болуп келген элден экен, загыр экен... Кана, кудай жолуна деген бирдеменер болсо...

Бир төрүнөн бир төрүнө сүйлөшкөн үн угулбаган кен чайканадагы отурган эл элтейип тиктеп калышты. Кадырбек:

— Загыр экен... Колунаи иш келе элек али жаш экен... Кана, такыбалар, кудай жолуна кыйган бирдемеңер болсо...— деп, кыдыра басты.

— Эй,— деп жиберди бирөү. —Бул эмне?! Айланайын бек, орус үчүн кайыр тилеп?!

Кадырбек:

— Бул бала загыр! А загыр барлык элге бирдей!

Эл дуулдап кетти. Четинен ар ким көңүлүнөн чыккан тенгени Кадырбектин тебетейине таштап, өзүлөрүнчө анын жоругуна кейишип турушту тез эле тебетей күмүш тенгеге, майда-барат кагаз пулга толуп кетти. Жыйырма беш сом чогулган экен. Үч сомго элетте бир өгүз берген ошол кезде.

— Тез,—деди Кадырбек кошо жүргөн кишилерине,— бириң орус дөкүнүнөн мына бул балага чак бир сыйра кийим алып кел, бириң баланы арыкка жуунтуп тур, кашкөй бала бу, качырып жибербегин, экөөлөп кийинтип, кайра алдыма алып келгиле.

Бир чай кайнам убакыттан сон кирликтей таптаза, гимназист сыяктаныи кийиндирилген өспүрүм Кадырбектин алдына келди.

— Му, Данил,—деди Кадырбек жымыя,— кандай?

— Эн жакшы! —деп, кубана элирип сүйлөдү бала.

— Карачы, уурулуктан көрө убактылуу кайыр сурамак абзел, жакшы адамдар кайрылышат. Уурулук адамдын ниетин карайтат, көнүлүндөгү адамдык ыйык сезимин өлтүрөт. Мындан сактануу керек. Ыя, мындап кийин уурулук кылбайм дедин а?

— Убада берем, кадырлуу бай!

— Эң жакшы!

Жыйырма сому калган, үстүнө өзү дагы отуз сом кошуп:

— Муну энене алпарып бер,—деп, Кадырбек баланын колуна карматты. — Жоготпойсуң а?

— Жоготпой калайын!—деп жиберди бала, анан: — Ыракмат, кадырлуу бай...— деп, чуркаган бойдон чыгып кетти.

Жылкынын тезегин күрөп, кургактап болуп келип, нары да оорукчан экен, энеси өз оокатын

ичишке жарай албай кынкыстап жаткан. Данил жүгүрүп кирип барганда нестейип тиктей берди, бир оокумда:

— Окууга өттүнбү?..— деп сураганга жарады. Кудайдан жалгыз тилегени баласын эптеп Оштогу чиркөө-приход окуу жайына баш калкалатып калуу эле.

— Жок!

— Эмне дейт?!—деп, баласынын жакасынан кармай берди. — Айт... Уурулук кылдыңбы?..

— Жок!

— Кайдан бу?..

Данил элүү сом акчаны энесинин куурай баштаган алаканына салды.

— Эй, каралдым ай... Мунуң дагы эмне?.. Тоногонго кирген белемсин, куу тумшук?!

Тушкө гана кире тургандай болуп өткөн окуяны баласы айтып бергенде бышактап жашып, анан ыкшып жөтөлүп калды.

— Кудай жалгасын аны... Сен эч качан бул жакшылыгын унутпа, Данила, жолугуп калса кый өтпөй салам айта жүр, каралдым...— деди соолуккан соң.

Элүү сом эки башка бир жарым жыл кенен оокат болуп берген. Бир күнү энеси Данилди көксөгөн окуу жайына дагы жөнөттү. Эмне? Кийими түзүк, энеси иштеп жаткан бала, жаман аттысы жок. Окууга кирүүгө акысы жок эмес.

Данил окуу жайынын эшигин такылдатты. Бир кучак сары сакалдуу киши ачты.

— Эмне керек сага?

Үнү жоон, айбаттуу, эки көзү тажаал чакчаят, сүйлөгөндө сакал муруту гана кыймылдап, оозу такыр көрүнгөн жок.

— Мектепке кирмекчи элем.

— Кимсиң өзүң?

Данил акыбалын айтты. Тигил шарт эттире эшикти жаап алды. Мустарап болгон Данил күчөн такылдатып кирди:

— Мен окугум келет! Ач! А-ач!..

Эшик шарт ачылып, караң-кураң эте чоң сакал киши Данилди желкеден бурдай кармап, бийик тепкичтен ылдый катуу итерип жиберди. Данил көмөлөнүп баратып, тигинин:

— Сел-са-яктар-р!..— деген кыжырлуу үнүн укту. Тура калды, тиги эшигин жаап алган экен. Ал ызадан буулугуп кетти. Ичинен сөгүнүп, эми такылдатышка батына албай кылчак-кылчак каранып, кайра жолуна түштү.

Күн өтүп жаткан. Үйрөнгөк адат оңойлук менен кала койбойт эмеспи?! Сагырак, колго түшпөй турган болуп, базарларды асте жойлоп жүрдү, «Уурулук адамдык ыйык сезимди өлтүрөт...» деген сөз дайым эле оюнда, ага макул. Шапкесин суна албай койду эч качан. «Мейли, бүгүн бирдеме тапсам, ушул бойдон коём, токтотом...» дейт, бирок эртеси чала тоют курсак аны өзүнө байкатпай «ишке кириштире» бере турган болуп кетти.

Бир күнү жайма дүкөндөрдү кыдырып келатып, баягы өзүн кармаган эки соодагерди таанып калды. Эми эмнеден коркмок?! Түз эле барып, күнкарама мистесин чыкылдатып:

— Ну? Салам!—деп койду.

Эки соодагер кымырылып, акырын бирин-бири тиктеп өзүлөрүнчө күбүрөшүп калышты. Бири оозу жалжайып.

— Келин, төрө, келиң...— деп, жасакерлене лепилдеп калды. — Кана, кол алышып коёлук, жаш төрөм...

«Төрө» деген сөздү билет, тигил кол сунуп турган соң өзү байкабай эле кол алыша калды Данил. Колуна бирдеме кире шыгырай түштү. Теңге! Дароо билди Данил:

—Хорошо! — деп, кекейип жөнөй берди.

Тиги экөө жарыша:

— Корош... Корош...— деп экөө бирдей жүгүнө, ооздору кулактарынын түбүндө, көздөрү шыйпандаган иттей, калып калышты.

Эки сөлкөбай экен!

Түш ченде алысырактан баягы «кадырлуу байын» көрүп калды. Тез басып барып, салам айтты Данил. Кадырбек тааныды:

— И, Данилсиңби? Кандай, убадада турасыңбы, Данил?

Бу «уурулук кылбай жүрөсүңбү» деген сөз болучу. Данил түшүндү да:

— Пара алып атам! —деди күлө.

Данил эки сөлкөбайдын тарыхын айтты. Кадырбек каткырып күлдү:

— «Төрө» дешеби? Баягында сени куткармакка «бу пристав төрөнүн жээни» деп койгом, ошондо эле качышкан! Эми,— деп кеңеш берди олут сүйлөп,—этият бол, приставдын жээни эмес экениңди билип калышса, булар бир сөлкөбай үчүн томолоно турган кишилер, бир караңгыдан аңдып бычак салып кеткенден таюу тартышпайт, кой.

Окуу жайына жолотпой койгонун айтты Данил. Кадырбек башын ийкеди да, окуу жайына ээрчитип барып, оболу өзү кирип, башкаруучулары менен сүйлөшүп чыкты:

— Эми, эртең биротоло камынып кел, алышат,— деди, кошо жүргөн кишилери менен өз ишине кетти.

Данил эртеси церковно-приход окуу жайына кабыл алынды. Кадырлуу байы аны «багып алган балам» деп айтып, каражатын төлөп койгон экен.

Данил кийинип, ичинип, кат таанып, бир жылдан соң ошол Оштогу аскер туругуна солдат болуп которулду. Эки ыккылапты тең казармада укту. Солдат комитетине шайланып, ынкылапчыл аскер активисттеринен болуп өстү.

«Кадырлуу бай акеси» сыртынан көз салып жүргөн экен эми минтип, сынакы кишиси катары бирге иштөөгө сурап отурат.

Врачев жыйынтыктай сүйлөдү:

— Ушин этип, жолдош Камчыбеков, буйрук аласыз ыктыярдуу аскер ушул жердеги Түркстан дивизиисына баш ийет. Эргенден баштап, чогулган жигиттерди комиссиядан өткөрүп, жараганын ылгап, кандай жана канча курал, канча унаа, канча азык-түлүк керектигин тактоого киришиңиз. Мурдагы Мадамин-бектен калган кошун жоддош Фрунзенин буйругу боюнча өзүнчө бөлүк катары болуп турбай турган болду, бирок сыналган жакшы жоокерлери сизге өткөрүлүп берилет, жаны аскердин корушу болсун. Бул таркатуу эмес өткөрүү болуп, ал жигиттердин өзүнө да, эл көнүлүндө да туура болуп чыгат.

Ошол эле күнү Данил Кордуб кошо буйрук алды.

II

Чектеш күн чыгыш өлкөлөрүндө англиялык, америкалык агенттер бу Түркстанда Кенеш бийлигинин бекемлелишине каршы аракеттерин мурдагыдан да айыгыша күчөтүп, Бухара амирлигин курал топтоонун, кошун куроонун очогу кылып жибериштн. Түркстан ичинде тынч тириликке өтүү же жанжалдын андан нары да ырбай бсриши мына ушул жагдайга да байланыштуу боло баштады.

Фрунзе абалга баа бере:

«...Бу Фаргана жакта али жоюлуп бүтө элек басмачы кыймылын пайдаланып, кийин барлык түштук чек арабыздан сокку уруш үчүн биздин душмандар бизге каршы Персия, Бухара, ийгерилип калса Ааганстан союзун кураштырмакчы...

деп, өкмөткө билдирүү жасады.

Жыл жарымынан кийин Бухара амири Сеид Алим-хан ачыктан ачык Түркстанга куралдуу күч салып, кийлигише баштады. Ал өзгөчө Англиянын жардамына таяныи, быяктан Персиядагы, Түркиядагы, Авганстандагы, Индустандагы түрки тилинде сүйлөгөн тайпалар жабыла көмөккө чыгат деп ишенди. Бирок, амирликтин өзүндө турмуш окуялары башкача өнүгүп баратты.

Ошол 1920-жылдын 16-августу күнү Чаржоу шаарында Бухара компартиясынын IV курултайы ачылды. Курултай жалпы элди куралдуу көтөрүлүшкө чакырып, залим бийликти кулатууга багыттап, «жаш букаралыктар» деп аталган партияны көмөктөшүүгө тартты.

Фрунзе чын ыкластан:

«.. жаны эле куралган бухаранын компартиясы бардык чыныгы ынкылапчыл элементтердин башын бириктире алат, бухара элине өтө маанилүү бу тарыхый улуу учурда ар кандай талаш-тартыштын, ич ара карама-каршылыктын тамырын кырка алат, жалпы бухара элинин женишин камсыз кыла алат...»

деп, курултайга куттуктоо жиберди.

Курултай өтөрү замат көтөрүлүш башталды. Чаржоу ревкому бүткүл амирликтин эмгекчил калкынын атынан Россиянын Кенеш өкмөтүнө жардам сурап кайрылды. 1920-жылдын ошол 25-августунда ВЦИК менен СНК РСФСРдин Түркстан иштери боюнча Комиссиясынын рКП(б) БКнин Түркбюросу, Түркфронтунун ренвоенсовети кошулган, Бухара компартиясынын жана жаш бухаралыктардын өкүлдөрү катышкан заседаниесинде бухаралык эмгекчил калкка жардам берүүгө чечим чыгарылды.

Үч күндөн сон Фрунзе көчмө штабы менен Самарканга келип, бухаралык эмгекчил калкка жардамга өтүү жөнүндө Түркстан фронтукун ошол тараптагы аскерлерине буйрук кылды. Операциянын планын өзү түзүп, жүзөгө ашырууга өзү башчылык кылды.

Эми Сеид Алим-хан ордосунан качып чыгууга аргасыз болду.

2-сентябрь күнү Фрунзе Бухаранын эски чеби алынганын, жалпы Бухарага ынкылаптын жаны тартиби орнотулганын Ленинге кубанып кабарлады. Бүткүлбухара ревкому Фрунзеге «ыразылыктын белгиси кылып, бухара ынкылабына жигердүү катышканы үчүн бухаралык ынкылапчыл калктын наамынан берилди» деген жазуу жазып, сабы-кыны каухарланган, алтын чабылган кылыч тартуулады. Шарттын керегине жараша 10-сентябрь күнү Фрунзе Врангелге каршы Түштүк фронтко башчылык кылууга дайындоо алды.

Бул Бухарадагы өзгөрүш эмир аркалуу болуп турган чет менен байланышын биротоло үзүп, курал алар жолдорун бууп, Энвер пашанын демин суутуп салды. Кысталаң абалда баягы «өз гвардия» аталган отрядын кокустан кыйраттырып албас үчүн «кожосу» менен «ляшкербашысын» «көп кошун, көп курал алып кайра келмекчи» болгон убадасына жубантып коюп, өзү акырын түн жамына ооган чеги жакка жыла бериштен башка аргасы калбады. А быякта жергилик элден куралган ыктыярдуу отряддар анын «кожосу» менен «ляшкербашысын» күн дебей, түн дебей түзгө да, тоого да тыным алдырбай катыран куугун кыла баштады.

III

Үй ичи күңгүрт, те бийик дарче да кара парде тартылып жабылган.

Калкожо өзү жалгыз, кыбыланы карап чөк түшкең бойдон, намаз окуп бүткөндөн кийин да ордунан турбай, эки колу боорунда, эски жез сыяктанган кара темгил баскан кат-кат бырыштуу шилиси өзгөчө узарып, былк этпең отурат.

Далиске бирөө киргенин сезди да, тизесине жакын жаткан октолуу кара маузерге акырын кол узатып, оң ийнине баш буруп, арт жакка баам салды. Кара Токо окшойт, ким болсо да өз киши, жат адам келе албайт, анын бул жерде үңкүр уясынын төрүндө түндү күтүп отурган үкү сыяктанып, кымырылып отурганын эч жан билбейт. Кирген шарпа кайра чыгып кеткендей, улам алыстагандай болду. Калкожо дагы тынчтанып, ошол тапта ооруу адамдың ыпыр-сыпыр түшүндөй жан эзген оор ойлоруна кайра чөктү.

«...Паша кайда?.. Тыяктагы акыбалды аңдап, Ибрагимбек эмне болду экен, ишине жол-жобо берип коюп келем деди эле, али дарексиз. Ыя, таманыбыздын алдынан жер кыймылдай турганын бизден мурда сезип, эски кыйды кара башын ала качып, эртелеп буйгалап жоголгон окшойт?! А ыкшыйган арам көр го Оуган тарапка ыкты эле, ал ошол жакка өтүп кетет. Мына, карап бага бер, о-о кудурет, дин Ислам үчүн, түрк үчүн күрөшкөнүбүз ушубу?! Ит! Баары, бири калбай жанбакты, ireге сагалаган ит, бири да бөрү эмес, бири да жолборс эмес!..»

Кожо улутулуп алды. Өзү деле алардан ашык эмес, «күрөшүнө» ишеними тайып калган.

«...Мадамин... ыйык тууну орустун колуна өзү берип өткөрүп, мына ошол иттин баласы газаваттын белин бөөдө сындырып кетти. Кудайсыз орус эми бу түркөй элге жарак берип, абда-ан көкүтүп, анан түлкү кууган аңчыдай артыбыздан чуулдатып сая түшүрүп койду. «Теңсин», «доссуң» дегенин бул түркөй элдин арасына жазгы сепкен үрөөндөй шилей чачып таштады. Эми мына көрүп ал, улам бир жерден, бир кудай өзү кууратпаса айла жок, дуулдап өсүп чыгып

жатат. Мына жыйынтыгы — аттин ай, өз жерибизден, өз элибизден ууру итиндей өзүбүз качып, өзүбүз бекинип калдык го?!»

Калкожо эл ичине батпай калганын көзү көргөн сайын ниети карайган. Кимди да болсо бырчалагыдай, аёо, кечирим, ыракым деген ыйык сезимдерден жат болгон.

Далиске дагы бир шарпа киргени сезилди. Күңкүлдөгөн үн угудду. «Сүкүт тартып отурат...» деди эшик бакылаган муриди. «Шашылыш...» деди Кара Токонун үнү. Ой термеп отурган чагында үстүнө эч ким киргизилбейт, аны кудай менен сүйлөшүп жаткандай ыйык көрүшөт. Ушуну менен эки келди. «Эмне сөзү бар экен шашылыш?..» деп ойлонуп, бир убакта эки алаканын шак-шак урду Калкожо. Бу «киргиз» деген уруксаты болучу.

Эки колун боорона алып, акырын салам айтып, Кара Токо кирди. Калкожо оң ийнине саал баш буруп гана койду. Үйдүн күңгүрт караңгысына көзү үйрөнө калган сон Кара Токо дагы эле нары карап үңкүйүп отурган Калкожону баамдады. «И, айтарыңды айт, айтарың жок болсо чыгып кет» деген абалды сезди Кара Токо.

— Пирим, ляшкербашыныз чектен өтүп кеткен имиш...

Калкожо дагы бир нйинен сал баш буруп, кабарды дем тартпай тындап калды. Кара Токонун үнүнөн кыжырын сезди. Өзүнүн жүрөгү опкоолжуй, «а... билдим эле бул итин да...» деген көңүлүнө келип, өзү бөрүгө атайы байланып журткаташталган улактай жалгызсырай түштү. Ошол отурган калыбында былк этпей, үн катпай, шилиси узарып көпкө отурду. «И... эми Кадырбек бар күчүн мага салат экен...» деди азазил сак дили.

Узун бойлуу, биртке сакал муруту бар, «кара» аттыкканындай ирени көн теридей капкара, көзүнүн агы саргыч кызыл тарткан желдет Кара Токо андан нары башка сөзгө өтпөй, көлөкө сыяктуу былк этпей бирпас токтолуп турду да, бир жансыл буйрук болбогон соң акырын кайра чыгып кетти.

Боз кыроонун темир аяз түнү көзгө сайса көрүнгүс караңгы болучу. «И, көзүн илинип кеткен белем?..» деп акырын сүйлөгөн Калкожонун үнүн таанып, эшик күзөткөн мурид эми эмне дээрин билбей селдейди. Кай күндөрү уйкусу качкан Калкожо короосуна айланта койгон күзөттү кыдырып, уктап калган кишини «башкага өрнөк болсун үчүн» деп, атайы чуу чыгарып, кейип, өз колу менен камчылап уруп салчу. Күзөтчү:

— Көзүм кашайып, пирим...

Бу жолу Калкожо жумшак:

— Мейли, уйкуга айла жок,— деди акырын,—а көрө акырын атты тарт, эч ким туйбасын, экөөбүз бир жакка барып келебиз, кетмен ал...

Бир аз убакыттан соң эки атчан аттарынын туягы тыкыр этпей төрт туягына тең кийиз оролгон, шырп билиней, көлөкө сыяктуу акырын жылып, коштон чыкты. Мүрид кайда барабыз деп сураган жок. Сураш өзү күнөө үчүн. Танкы маашүрдө шапаган алыш учун бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да баш бурбай кызматын кылууга код берип, мурид болгон пенде эмеспи?! Ушул азыр алдынан өз атасы чыгып кожого курал таптай турган болсо ошоцу да аябай такымындагы кетмен менен жыга чабышка даяр көнүлде баратты. Даралтуу кыштактан чыккан сон, теребел бир аз боз тартып, адырлардын шаңы үрүл-бүрүл көрүнө калды, ошондо мүрид кожосунун жаман малакай, эски жыртык чапан кийип алганын байкады. «Жаман көздөн далда болоюн дегени...» деди ою. Дагы нары баетыра түшкөн сон Калкожо ээрге өбөктөп, агтын башын коюп жиберди, мүрид артынан калбай куйрук улаш илешип чапты. Туяктагы кийиздер ыргып кетип, эми элеки жымжырт түн түйшөлө дүбүрт кетти.

Ээн колот өйдө жүрүп отуруп, калын кара бүргөндүү талааны аралап өтүп, бир убакта кайракы айдоо сыяктанган жердин четиндеги жалгыз түп караганга жетип, Калкожо атынан түштү.

Мүрид аттарды куюшкандаштырып келгенде Калкожо күн чыгыш жакты бир болжоп, аяр кадамдап, ченеп, «беш... беш...» деп, күбүрөп турган экен.

— Каз ушерди... — деп, өзү турган жерди тээп койду.

Мүрид унчукпай колуна бир түкүрүп алып, мүйүздөй тонгон жерге кетмен урду. Ошол замат «эмне үчун каздырат» деген ой кылт этти ага.

— Казына бар,— деди акырын Калкожо,— же кара жердин алдында, же каапырлардын

колунда калганча, ыя, алып кеткенибиз эп эмеспи?..

Үнү басмырт, кейигенсип, муңкангансып чыкты. Мүрид андан нары эчтеме айтпай, күшүлдөп жерди жемирип көөлөп жатты. «Бул эмне ичин уруп, тымпыйып калды?..» деген күдүк келди Калкожого. «Токто, куп жакшы болуптур, казынаңды казып алып, өзүңдү ордуна тыгып салып кетейян дегениби?»... Жүрөгү кооп санады, ошол замат жырткычтай жаман ниети ойгонуп, маузерин сыйпалап койду. Эчтемеден капары жок, ити сыяктуу берилген мүрид күдүндөп ак кызматын өтөп жатты. Калкожо эки жакты тиктеп, бирок ордунан бир жылбай, мүриддин ар кыймылын эсепке алып, аярланып, бир жагы капылет бирөө үстүнөн чыгабы деп, чыдамсыз. Мүрид көлшал тердегенине карабай ийин казган аюу сыяктанып топуракты тынымсыз артына шилеп, үңүп баратты. «Ии!» деп жиберди бир убакта, колуна жылан оролгондой чоочуп.

— Эмне болду? — деди Калкожо эңилип.

— Таксыр ... — деди тиги энтиге,— адамдын сөөгү чыкты го?! Башы...

— Коркпо,— деп койду Калкожо,— андан нары колуңду салчы, кийиз урунабы?..

— И, кийиз бар экен, таксыр... тарт ошону бери...— деди Калкожо шашып, өзү да чункурга эңилип.

Мүрид кийизге оролгон оор көзөнү[1] сууруп чыкты. «О-хо, эки пудча бар го?!» деген ой кылт этти. Калкожо деп этип көзөнү алып, топурагын күбүп, көңүлү кубана салмактап, анан:

— Тез! Бөктөр менин атыма. Кетебиз, тан атып кетмей болду, углум...— деп буйруду.

Көзөнү капка салып, эки жагынан эки канжыгага бекем карыштыра байлап бөктөрүп болуп, мүрид кожосун аткармакка атты алдына туура тарта бергенде:

— Кокуй, эстен чыккан турбайбы...— деп калды Калкожо. —Тез! Тиги көзө алган жерди сыйпалап карачы, углум, дагы бир кымбат буюм болуш деркер эле, тез, колуна урунса ошол олжо сеники...

Мүрид чукурга лап секирип кайра түштү. Тарс! Кандайдыр бир мылтык үнүн бир угуп, ошол замат көңүлү караңгылап, андан соң өзү бүк түшүп жыгылып жатып калганын сезе алган жок.

«Уйкуң тынч, жаның тынч!..» деди Калкожонун көңүлү. Бу дайыма кан ээрчиген дүнүйөнү көмгөндө да ушул сөзүн айтып өз көңүлүн тындырган болучу. Маузерин кабына салып, дароо атына минди да, таң алдындагы буурул шоолада караңдап, катуулап жүрүп кетти...

Эрте менен Калкожо ордунан жаны эле турган болуп аткан, тыштан Кара Токо келип, оозун жасап, бирок оюндагысын айта койбой тиктеп туруп калды. Калкожо аны бир кыя карап алды да, эч камырабаган кабагы менен:

— И, дагы эмне кабар бар?..— деп сурап койду.

— Пирим, айтарга ооз барбайт, түндө күзөткө өзүңүз койгон мүрид жок... Издеп таппай койдук, өзү качып кетпейт эле, ушул жердеги эл уурдап, өкмөттүн колуна тапшырып коюштубу дейм...

— Ыя?! — деп, бурула карап, катуу чоочуган болуп койду Калкожо, анан күбүрөп келмесин келтирип алды.— ача койбос, качса жазасын бир кудай өзү берет...

Шарп эткенди жаздым кетирбеген кырт ууру түндө Калкожо көп түйшөлгөнүн, сыртка чыкканын муридине ат токутуп алып, көлөкөдөй жыла жүрүп, бир жакка кеткенин акмалап көрүп калган болучу. «Бу азыткы менден да из жашырып калган тура?! Ух, катыныңды...» деп сөгүңдү ичинен Кара Токо.

Калкожо унчукпай калды. Кара Токо да башка кепке өткөн жок, бирок эки көзү тиги оозу буулуп, ичинде бир. деме дөңкөйгөнсүп, бурчта турган боз таар каптан өтүп калды. Бирде тоого, бирде түзгө бирге дыргып, көп эле бирге жүрүп, бирок бул капты азыр көрүп отурат. «Ыя? Түндө келип, өзүм өз колум менен аңтарбадым беле? Док эле го мындай буюм?..» деди өзүнчө Кара Токо. «Ыя? Кудай ургур! Бу эмне болду экен, ыя?..» деген ой каниги кыйды ууруну эч тынчытпай турду. Калкожо ордунан жер таянып туруп, бери карап, Кара Токонун көзү кайда түшүп турганын баамдап, жүрөгү бир шуу этип, ошону менен жан баштыгына

[1] К ө з ө—ылайдан бышырылып жасалган карапа.

кирген сук колду капилеттен туткан сыяктуу дароо каны дүргүп, эрди заардуу кымтылып, тымызын жаалы келе түштү. Мындай учурунда ал кан төкпөй, буркан-шаркан түшпөй эч көкшүнү суучу эмес.

— Эмне?! Эмне айкыйып турасың?! Жөнө! —деди катуу. — Жолго камынт кошунду, кетебиз! Өзүн ичибизден бирөө качып кеткенин айтып отуруп, кайта өзүң эч камырагың кеябейт да, ыя?! Тез!

Кара Токо жулуна барып эшикке чыга жөнөдү. «Атта-ан!» деген, ач бакырыгы короодон угулду. Заматта тышта опур-топур болуп кетти.

Калкожо бир тыңшай калып, анан лап эңкейип, боз таар каптын оозун ачып, нары карап үңкүйүп, кең боз чепкендин эки өңүрү менен калкалап, тыштан бирөө кирип келбесин деп эт-жүрөгү титиреп, эгер кирип келген пайгамбардын өзү болсо да атып гана таштамак, көздөн далда, сайма куржундун эки көзүнө теңдеп салды да, эки колу калчылдап, тез килиттеди. Ошондон соң гана көнүлү тынгансыды белем, үшкүрүп өйдө болуп, жеңи менен чеке терин аарчынып алды,

Тыштан дүпүрөп Кара Токо кирип келди:

— Пирим! Жолго даярбыз...

Өзүнчө энтигип, кабагын салып, тамшанып, эчтеме айтпай ой басып турду Калкожо. Эми эле соо эмес беле? Бирпаста эмне шыралжын ичкен бейтап сыяктуу көл-шал болуп алган?! Кара Токо акмалап тиктеп турду, «И, көкнар жеп алган окшойт?» деген ойго да кабылды.

— Токо баатыр,— деп сөз баштады Калкожо атайын басмырт,— мына, знеси талак Кадырбек баарыбыздын түбүбүзгө жетмей болду го? Ыя? Же камчынды мойнуңа сал алдына жөрмөлөп барсаң-сени аяп коёбу? Ыя, буга не арга бар?.

Кеп тегин баамдай албай Кара Токо дагы күтүп, мелтейип тиктеп калды. «И-и, бу малга кайсы тил менен туюнтасын эми?!» деп, ичинен сөгүндү Калкожо, анан камчы менен сайма куржундун бир көзүн түртө сайып койду. Шырк дей түштү. Кара Токо куду чычкан көргөн мышыктай эки көзү чекчейип, «И! Тилла!..» деди көңүлү.

— Тилла...— деди Калкожо, анан өзүнчө дагы убайымга батып, кабагы салынып, кебин улады: — Мына, ушу бир көзүн сага таштайын, өзүм Кашкарга өтө турайын, уктунбу, ушу Кадырбектин башын артымдан алып бара аласынбы, Токо баатыр?

Кара Токо маң, же бар дебей, же жок дебей, тиги куржун көзү алтын аны жипсиз тушап, эсин алып салгандай. «Кантип?! Кадырбек башын мага тосуп жолдо отурат бекен?! Ыя?! Өзү атын укканда ыштанына сийип коёт дагы, мени көрүнөө ажалга жумшап жатканын көрүп ал бу кара азазилдин?!» деди көңүлүнүн теренинен бир ою.

— Токо, сени эр-азамат дейт, баатыр дейт,— дин-Исламдын уулу дейт,— деп жумшактады Калкожо.

«И-ки,— деди ичинен Кара Токо улам чыйралып,—зулпукары болом ден өзүң оңдуң да мен калган бекемин?! Ыя?.. Ушу бүрүшкөн кара бөй, азыр каныңды төгүп койсом, тиги куржундун бир көзүндөгү эмес, эки көзүндөгү тилла меники эмей кимики?! Кадырбек кайдагы, ал кызыл аскардин амири! А сен колумда турасың?..»

— Ырас, кыйын иш, бирак дин-ислам үчүн аракет кылыш ылазым, баатыр. Же жалганбы? Ушу бир куржун көзү тилла кызматына арзыбайбы, арзыйт. Жана да өз мусулманчылык ыйык вазийфаңды өтөйсүң. Жаман айтпай жакшы жок, кокус да, өлсөң шейит болосуң, кудай алькулум десе, өлтүрсөн газы болосуң... Албетте, сен жөн эле барсаң ишене койбойт, ал дагы оной куудан эмес, ургачы жолборстун тукуму ал, сен экөөбүз катуу чатакташкан болобуз, атышкан болобуз. Уктуңбу? Санынды ок сыйкайт! Анан аксап, өзүңө караштуу деген кишилерди баштап альт, «менден качын» барасың. Көп эл өтүп кетти го?! Сен дагы ошолордун бири болуп барасын, кармап берем Дейсиң, жол баштап мени издейсиң, карганасын жаныңды жеп, кызматын кыласың бутуңдун учу менеи чуркап, анан бир ыгы келген ээн күнү башын дорбого салып алып, Кашкарды карай чү дейсиң.

Кара Токо отура калып, кайра туруп, чын эле ойлонуп алды. Бир убакта:

— Куп, пирим,— деди ал, үшкүрө шылкыйып, өлүмгө баш байлаган пенде болуп, суюк сары муруту мышыктыкындай биринде түктөйүп, көзү тереңден сырдуу кайнап,— бирок,

пирим, мени кыйнабам, а дүйнөдө кеперетиң тартпайын, акы албайм! Үйдөн карыш чыксаң мусапырлык башында деген, тилла ачса, Кадырбектин башын алып бара алсам, шондо көнүлүнүздөн чыгарып биртке кайыр берерсиз. Же өзүм мерт болсом, ыраазымын, арбагыма бир дува кылып коёрсуз, пирим...

— Бал-ли!—деди Калкожо. —Чын мусулман баласы экенсин, балли!..

— Пирим... — деп келип, эки тизелеп келип, Кара Токо кожонун боз чепкенинин өңүрүнөн тооп кылды. —Тез аттаналы, эл ичи кутум, не бар, не жок, өзум төшүм менен коргоп барайын чекке дейре, анан өзүнүз айткандай болуп ошерден...

— Омийин! Кудай эки дүйнөдү тен берсин! Ыраазымын...— деп, бата кылып жиберди Калкожо.

Кара Токо көзүн жашырып, «Токто! Эч ким көрбөгөн ошол ээн ашуудан эсебинди таап, ошондо көрөмүн сайма куржун кимдин алдында көйкөлүп каларын?!» деп, ичинен ой бекитти. Мунун өтө эле кулач таштап жибергенинен Калкожо да бой жыйрып, бирок билгизе койбой, чоочуп калды. «И-ки, бөрүнү торпок алдап кеткен бекен?!» деп тымпыйды.

Калкожо «өл» десе өлүп, «тирил» десе тириле турган, бул дүйнөсү гана эмес, тиги дүйнөсүн да багыштаган жыйырма чакгы мүриди бар. Калган топураган көп басмачы эшенге караганда дайыма талооиго баштап кйрген кайратман Кара Токону ээрчитип жүргөн кыян кескилер. Муну Калкожо да билет, муну Кара Токо да билет.

Кара Токо кошунду аттандырмакка чыгып кетти. Калкожо дагы жалгыз калып, эки кашынын оргосу биригип, үнкүйүп ойго батып, же тууган жерди таштап кетип баратканыбы, же жолдун кыйынчылыгы үшүн алабы, иши кылып бирдеме ычин жыртып тургандай. Бир убакта «дагы эмнем калды экен» дегендей үй ичин бир сыдыра тиктеп, көзү тоголонуп жаткан баш сөөк кесеге келип урунду. Сайма куржунду бир колуна алып, куу баштын жаныпа басып келди, имерип тикгеп токтоду. Тирүү кишини тиктетендей, эки ууртунан заардуу жылмайып, табалап, басмырлап тиктеди:

— И, эми кайрылашалыбы, бек?..— деди Калкожо. Жарым жыл идишим болуп бердин, бирак, мен сага баары бир ыраазы эмесмин, тирилип келсен го дагы бир, дагы бир өлтүрүп дагы бир таяктын башына сайып алып, 'жортуулда ээрдин кашына илип, эң акыры кесе кылып... Жо, ошондо да көксөм суумак эмес...

Кара Токо башбакты:

—Пирим...

Пиринин куу баш менен арбашып турганын көрүп, «Аа-а, баягы киргенде бир сүйлөшмөйү, чыкканда бир сүйлөшмөйү кармап калган экен...» деп, кайра кетти. Көрүнүп коюшу менен шаштырды.

Калкожо эми кыжырланып, эки көзү диртилдеп, эки уурту кыйшаңдап ушул азыр куу башты кемирчүдөй кейиптенди:

— Мына, мен кетип барам мусулмандын жаназасы буйрубай, баары сенин кесирин, бек! Ыя, кылгылыкты кылып коюп, так түбүнөн кыл жип менен бууп коюп, эми ырсайып мыскылдап тиктеп турасыңбы?!

Калкожо куу башты камчы мешгн карс дедире бир тартты. Кубасы канды белем, эки ийнин солкулдата күлө:

— Ыя! Эмне дейсиң?! — деп мокотту, куу башты нары томолото түртүп салды. —Жат эми ушул жерде! Ким экенин билинбей...— деп, жулуна басып, босогону аттай берип, кайра тык токтоп, кайра келип, куу башты кайра өйдө колуна алды. —Жо-о, бу тууган жердин мага буйрубаган топурагы сага буйрусунбу, жо-о! Сен да кошо тенти мени менен...

Тыштан Кара Токонун:

— Пири-им!..—деген, чыдамы кеткен, орой бакырыгы угулду, ат дүбүртү чыкты. Куу баш кесени кайыштан атаны кылган илмек боодон ала, сайма куржунду сүйрөгөн бойдон үйдөн чыга жөнөдү Калкожо.

«Йа, алла! йа, алла!..» дешип, баары мылтыкчан, пири үчүн жан кыюудан тайманбай турган он чакты калпасы Жабыла ак уруп, эшик алдында турган экен. «Йа, алла! Йа, алла!..» деди Калкожо коштоп. Аны сайын калпалар акшыңдап, үстөкө-бостоК күркүлдөп, зиркилдеп чон

коргон ичин дүп көтөрүп кетишти. «Йа, алла! Йа, алла!..»

Сур аргымак, куйругу шарт туйүлгөн, чууга элирип, Шам кулагын кайчылап өрөпкүйт. Үй ээси өзү жылоолоп турган. Калкожонун колундагы оор сайма куржунду карылуу Кара Токо атайын баарыдан мурда умтулуп алып, тез гана аргымакка арга салды. «И-и, жакшы эле бар экен кол ийет го, ыя?!.» деп алды көнүлүндө. Үй ээси бу кесепеттүү мейманынан кутулуп жатканына сунун үпбү, же эртенки күнү өкмөткө билинсе тартар кеперетине күйүпбү, иши кылып ээгин кемшептип, жыртайган кызыл көзүнө кадыресе жаш алган болуп, өзү колтугунан суйөп атказды.

— Жолуңуз ачылсын, азиретим...

— Кош бол эми, байым! Кудай өзү көрүштүрсө, көрүшөрбүз дагы...— деди да, Калкожо кидирбей теминди.

Чоң ачылган кош дарбазадан сур аргымак атылып чыкты. Боз туман, күндүн көзү керүнбөй, кайсы убак экени да билинбейт. Майда томолок кар учкундап келген. «Ха...— деп кейиди эшен күйгүлтүк менен өзүнчө. — Биер минтйп турса ашуусу кантип турду экен бу каргыш тийген жердин?!.» Тобун бузбай тегеректеп калпалары, туштушунаң келер өлүм огун тосуп, дүрдүгө чабышып келет. Куйрук улаш Кара Токо, алды жакка чалгын жөнөткөн, арты басмачылары самсыган.

Жүрө түшкөн сон «Ким кала берди экен?.,» деген Калкожонун көңүлүн өйүдү. «Өз жанын арачалап калам деп, кала берген ким болсо да төртүнчүнү сары изине салат, же болжоп жолуму тостурат...» деген ой селт эттйрип, артын карабай атка камчы басты.

Эч качан кай багытты карай жол аларын, эмне үчүн барарын Калкожо көздөй ишенимдүү калпаларына да айтчу эмес. Кокус, баёолонуп көп сүйлөп калса, анысы чаргытканы гана, ичи арам деп шектенген бирөөнү туткусу келгендеги гана амалы болгон. Ошон үчүн эч ким сурабайт дагы.

— О-омийи-ин!..— деп, аттын башын койду артынан Кара Токо, бу «чү дегиле, артта калба» деген буйругу. Ошондон нары ыйык жалга өбөктөп, алды-артын кынырая каранып, чырылдата ышкырып жөнөдү. Мындайда өрөпкүп кеткен басмачылар куйругу менен кум сайган уулуу жыландыкындай тажаал ышкырыкты улай, кулак түбүндө куулдаган шамалдан адаштырбай, теребел түйшелгөн ат дүбүртүнөн жоготпой, дуулдап чаап ээрчишти.

Ким булар? Дагы эле Калкожо эшенге ишенип, анын «мусулман абад курам» деген сөзүнө алданып жүргөн, чын эле ыманы бүтүн элби? Же, бу үгүттөн жадаган, үмүттөн түңүлгөн эл эчак кайра тарткан. Булар бекер дүнүйө талаган, бейкүнөө адамдын канына забын кылган, мындан башка жолу жок, аргасы жок, «Э, чап! Акыры башта бир өлүм!» деген өнкөй жанкечтилер болучу.

Дагы ким кала берер экен? Эч качан эч бирөө көз көрүнөө «Мен кеттим» деп бура бастыра албайт, жан чиркин ширин эмеспи, кайта таксырлап бүжүрөп көзүнүн агы мекен тең айланат, качан ушундай шашылыш кымкуутта, кылчаюуга такыр буяма жокто салаадан чубургандай болуп жоголот. «Кара Токо жаллад?.. Э-э, ал калса өкмөт тирсегинен асып салат...» деп ойлоду Калкожо, ошол тапта. Кара Токонун чын эле кала беришин күзөдү көңүлү. Бирок, күчөнгөн тааныш ышкырык шамал арасында, дүбүрт арасында артынан калбай, куткарбай угулат. Калкожо артын бир каранып алды. Тигине, көкүлү сапырыла дурандап келе жаткан карагер тобурчактын үстүндө ыйык жалга өбөктөп, канат кагынган жырткыч кара бүркүт сыяктуу тынымсыз камчылана теминген Кара Токонун аягы агы кызгылт сары көзү чагылды. «Э, бетпак эй... Эки көзү куржунда...» деди Калкожо. «Ыя? Ушунун көзүнө бир чымчым топурак тыгып таштап кутулмак деркер окшойт, ыя?..» деп сурады өзүнөн.

Бир убакта кар сампарлап, улам күчөп, жер-асман жиги билинбей аалам ак шайыдай көөлгүп, көйкөлүп калды. Де тери, же ным экени белгисиз, аттардын бүткөн бою кара шалтак болуп, демигип, бири сопоктоп, бири желет. Далгыз гана багуу көргөн сур аргымак талбай коён сымак бөрт-бөрт секирип, улам боз булаңгырга өндөшүп көзгө илешпей, үстүндөгү кожонун «малла» тону араң кубандайт.

Бир убакта кар басылып, асман алателек болуп көгөрүп, эми зыргактаган суук шамал көтөрүлүп, дем кыстыгып, кол тоно баштады. Э, аларды кучагын жайып ким тосуп турган

экен?! Талаага токтодуң дегиче мындай кезде тери карышып ат буюгат, өтмө катары суу болуп кеткен адам кайыгат. Эч токтолбой улам тоо таянып, улам көздөн далда буйгалап, ар кимдин амандыгы өзүнө, алдыңкысы арканкысына карабай тынымсыз күн чыгыш багытын болжоп, убап-чубап кетип баратышты.

Бу кожо кайда баштап баратканын эч ким билбейт. Таламайга жөнөсө түн жамынып эл арасына жортушмак, же төртүнчү менен уруш кыла турган болсо буктурма бунгага тартышмак. «Ыя? Кайда барабыз? Ыя, ээн тоо арасында тонуп өлөбүзбү?!» деп, ошол тапта ар бири эптеп бир айылга туш болууну тилешти кудайдан. Калкожо өзү да, сыр бергиси келбегени менен, улам дөнгө чыккан кезде тизгин жыя токтой калып, колун серелеп, туштарапка көз таштап келет.

«Ыя, алдындагы сайма куржунду эптеп ашуудан нары ашырып алгыдай болсо, бу пирим бүт Кашкарга пир болуп кетпейби?! Ошондо сүйлөшүп көр эр болсон?!.» деп, көзүн сүзүп тиктеп, Кара Токо ойго термелет. «Тилла! Кыпкызыл Каны адамдын!.. Ыя?.. Ушул куу түлкү мени буга теңшерик кыларына ишенбейм. Кангип ишенем?! Тигини, паландын башын алып кел деп, мени өнбөс доого, өлөр жерге жумшаганын карачы?! Ошо «паландын башың» алып келген күндө да тилланы бөлүшөрүн кудан өзү билет. Биле-ем, мен мунун сырын беш колумдай биле-ем! Э, кудай тиги дүйнөдө бейишин берсин деп, батасын берерин берет, ал оной, жакшы көңүлү келсе, а битирлиги тугсабы анда одно паландын башы менен өзүндү кошо көмдүрүп тындым кылары аштан бышык! Жо-о, энеңди урайын! Мага сенин ал бейишиңдин кереги жо-ок!,.

Кайыкканга жалгыз от болуп көрүнөт.

— Кыштоо! — деп жнберди бирөө. Баары жалт карашып, топураган малы, көкөлөгөн түтуну жок, кар чумкөнүп турган бир нече дубалды көрүшту да, дуу кайрылып барышып, ынжыйсыз кар жамынып жаткан бейит экен, нестейип туруп калышты.

Кимге кейимек?! Кабагы туктөйүп үшүп кеткен, өчөшкөнүсүп унчукпай атынан түшүп, жетелеген бойдон оозу ачык чон күмбөзгө кирди Калкожо.

Кара Токо үзөнгүгө тура калып:

— Тыныгабы-ыз! Тыныгабы-ыз...— деп, кыйкырып буйрук берип, кошун азайып калган, эн арткыларына чейин сыдырып көз салды. «Бура таргышкан экен,— деп башын ийкедй өзүнчө,— мейли, бөтөн жерде бок барбы, калеа кала беришсин, а мен да сайма куржун колума тийсе жолумду өзүм табамын, атасыныч көрү...» Топ каргадай жамырап аттан түше багнташты. «И-ки-и, такымы-ым! Тырышып калыптыр го...», «Оо-о, иттин күнү ай...» деген үндөр кулакка чалынат. Мындайды оозанган кишини камчылап жазаламак. Өзү жыргап келе жатабы?! Нары да, жазгандыр эмнеси калды булардын, ушул азыр кол кайрып, атышып кетиштен ким таюу тартмак?! Кара Токо унчуга албады.

Кара Токо күмбөздүн эшигине келип, атынан түшүп, кожонун муриди эшиктин күзөтүп калган экен, агы кызгылт сары көзүн кылгыртын, ээрдин кашын кармаган абалда токтоло калда. «Эмне кылсам экен?.. Ушул күмбөздөн чыгарбай... Ыя?..» деген ой кыштап турду аны. Ушул кумбөздөн чыкпай өзү мерт болуп кетиши ыктымал, баккан итиндей болгон муриддер кожосун өлтүрүп жаткан кишиге чап салбай коймокпу?! Анын кендирин ушул гана кесип турду.

Күмбөздүн ичинен Калкожонун «Токо баатыр келсин!» деген каргыл үнү угулду.

Жүрөгү бир селт деп, ушул азыр атына кайра минип, күмбөздү айлана чяап кыйкырып, өз басмачыларына курчатып, тикеден тике жаңжал чыгармак оюна бир келип, бирок ошол замат «и, кириң, баатыр, таксыр чакырап деп атты тизгиндей бергенде, эми кыйыктануу опурталдуу, ал экөбу туткакташып калышы ыктымал, иш кыйындайт, он колун бейрөккө алган болуп маузердин сабына коюп, «Ыя?.. Оозунуп кетеби?.. Ыя?..» деп, кооптуу көңүлүнө кылт-кылт кирип чыгып, «Жаздана жагам!..» деген кашкөйлүк менен арстанадан аттады.

Эн оболу Калкожонун кабагы көрүндү көзүнө. Шалдыраган! Төр жагында сур аргымакты өзү жылоолоп, тике дурган экен. Сур аргымак илген жемин күрт-күрт чайнап жеп турат. Сайма куржун ээрден алынбаган. Кара Токо акырында байкады, күмбөздүн төбөсү түшүп калган экен, ичи кар, жайланышар жери жок.

— Кел, Токо баатыр, —деп, бир кыя карап койду Калкожо көңүлүндө жамандыгы сезилбей. «Канча жигит калды?» деп сурамак эле. «Жарымы» деген жоопту угарын сезди белем, ал оюнан

кайтты. «Жерге кирсин, бүт болгондо эмне болмокчу?!» деп, купуя сөгүндү.

Ошол тапта дагы бир кыя карап, Кара Токону “баамдап: «Эми мунун да кереги жок! Ит ач болсо ээсинин этин жейт, задиси каракчы...» деди ниети карайып, ушул азыр ок чыгарбай гана, мүриддерге мууздатып салгысы келди. «Кой, ашууга жетейин, ага чейин дагы ким жолугат, кара болуп барсын...» деди бир ою. Нары да, ок чыгарбай тутууга боло койбос, маузердин сабын кармап, көзү күмбөз ичин чарк имерип турган чаар баш оной жоо эмес, тышта көздөй каракчылары турат, а балким эскерте да келген чыгар, ошолор кожону соо коймокпу?!

— Токо баатыр,— деди жумшактап Калкожо,— кыйын күн минтип башыбызга түшүп турат, биз го биз, экөбүз эки дүйнөбүз бириккен адамбыз, кайышкан жоогерлерге кайрат-дем кыл, кудайым пендесине күтпөгөн шартта, күтпөгөн жерде ырыскы байлайм деген го, шеми тайбасын, кудай дешсин!.. _

— Йа, алла-а, кудуреңдеи айланайын!..— деп, астейдил кубаттады мүриддери.

Кыйды кожо оозунун учуна келип турса да, «бейит кыштоодон алыс болбойт, эми саал жорто түшсөк иттин үнү угулат, аны улап барып табабыз» дегенди айтпай, кудайга үмүткөр кылып кымырылды. Кара Токо таазим Кылды ага:

— Куп, пирим...

Дагы эле маузердин сабынан колун албай, баарынан көзүн да албай кетенчиктеп, күмбөздөн чыгып кетти. Жүгүрүп барып атына минди:

— Атта-ан!

Эми гана аттар кай бири кардан биртке чыгып турган, камыш башын керте тиштеп, кай бири күртө-күртө кар чапчып, ачыла түшкөн муздуу чөптөн жалмалай баштаган.

* * *

Кайдуулат кеңири мандаш токунуп, жылуу сары тону ийнинде желбегей, атайы буруюп эрдин кымтып, көгала мурутун түктөйтүп, жорокорлоруна кадыресе сүрдүү да сырдуу да көрүнүп төрдү жара бөлүп отурат. Не деген менен, ал бир аймактын ревкомунун төрагасы, эл аны «Кайдуулат өкмөт» дешет, сөзү эки болбойт, мастыгын, эркелигин көтөрүшөт, демек анча дымак күтүп калган адам.

Тышта кар бороолоп жаап турат. Үй ичи жылуу, дем, куйкум түтүн, бозонун кычыган тобу жыттанат. Ийне учундай кызыл учкуну чыртылдап, как арча отун очокто лаулдап күйүп жатат. Он эки карыш тай казан толо таруу бозо торгой көздөнө жабырап, акчыл көбүгү дүгдүйө жылытылып отто. Кундуз сымал каралжын жээрде чачтуу тараз бойлуу түзү ийги зайып чоң кара чөмүчтөп, бозо түбүнө күйө жыттанып кетпесин үчүн акырын аралаштырып турат.

От жагып отурган жигит, башында эски тери малакай, үстүндө жалаң кийген боз таар чепкен, белин бир үзүлү калган кендир жип менен курчанган, дайым эле от жагы от боюнда отурабы, биртке кара түгү бар эңчер төшү чык болуп кызарып кеткен.

О-ой,
тегелеки бозондон, жене ай!

деп, бир сап ырын улам кайталап, калганын өзүн билем дегендей, андан нары улантпайт, уйку көрбөгөндөй кызарган көзүн бозого тигип, тамшана жаланып коюп отуруп.

О-ой, өлөм ай,
тегелеки бозоңдон, жеңе ай...

Эки азамат кош колдоп казанды оттон алышты ийги зайып эн оболу өзү чөмүч менен бир ууртап, кере кучак жыгач кара чарага мелт-калт бозо кор (ошондой жык жыйма болбосо шарт боюнча бий бала, бай коёт, анын үстүнө ал күнкү «бий бала» Кайдуу өкмөт өзү) атайы сый, ыйбаа көрсөтө эңкейе бүрүп келип, Кайдуулатка кош колдоп ийилип сунду:

— Келиңиз өкмөт бала.

«Өкмөт бала!» Бул Кайдуулаттын кулагына жагат, бирок атайы байкамаксан, укмаксан болот. «Те-е баягы кезде жалчы карал кезде эшиктен кирип келсек бир кучак көчүгүнүздү

козгоп коюудан эринчү элекиз, сулуу жеңгейим! Эми «өкмөт балалап», эми бүрүштөй түш!» деп көңүл теренинен табалайт, тагдырына ыраазы болот:

— Уа, жеңем ай!..— деди Кайдуулат өкмөт, бир жутуп, бозого малына агала боло түшкөн узун мурутун да аарчыбай, көзүнүн төбөсүнөн күлүңдөй тиктейт. — Кара куурум го?! Ыя, оңколотот го бүгүн бозоң, жеңе?..

— Кудай буйруп ичкилик кылсын,— дейт жеңеси наздуу,— бу аш деген да жигиттин жолуна, ооматына жараша кайнайт, өкмөт бала, өзүңүз бий болуп отурган соң, кара куурум чыкпаган бозону көңтөрүп таштаармын! Хи-хи-хи...

— Оп-поо, жеңем ай, тилиңдин ширинди гин ай, учунан тиштеп жеп койсо бозоңдун ысылыгына...— деди да, Кайдуулат өкмөт эки жакты атайы каранып, купшуңдап, мулундап калды. — Кокуй, бай акем угуп калса...

Нурлуу көзү бир түркүн купуя кыял сездирип:

— Тамашаны акеңиз түшүнбөйт дейсизби?! — деп, зайып буйтатып койду отурган эл көзүнө.

— Э-э,— дешип, күүлдөшүп калышты кай бирөө,— акенизден неге чоочугудайсыз, өкмөт аке?! Өзүңүз кадырлуу өкмөт болсоңуз, ыя, ха-ха-ха, кадырыңызды женеңиз билбесе ким билмек?! Ха-ха-ха...

Отун колтуктап эри кирди. Үйдөгүлөр бирин-бири алдыртан тиктеше унчукпай калышты. Ал сөздүн баарын эшикте отун жарып отуруп эле уккан.

Чуңкур кара кесе менен этектен тартып эле бозо тегерене баштады.

— Та-арт! — деди «бий бала». —Эки катарын калтырмай жок! Ким калтырат эке-ен...

Үзүлө түшө шыңгытып, кай бирөө сарыктырып ууртап, артынан атайы тамшанып коюп жатты. Кыйкырып мактап турду «бий бала».

— Ыя? — деп кайрылды «бий бала» отурган элге. — Ыя, кимиң айта аласың «ушундай жородо ушундай курсагым тоюп тең отургам» деп? Айта албайсың эч кимиң! Бу теңчилик, бу тоюнчулук айтып коёюн, ынкылашын үзүрү! Тарткыла-а!

— Ыя, мен урият үчүн өлүп берем! — деп, от жагар жигит чыт төшүн курс дедире бир муштап обдулду. — Мен ким элем ыя? Мен Бедел байдын малайы болчумун!..

— Токто, токто, баатыр,— деп тыйды аны Кайдуулат өкмөт,— өлгөндүн бетин нары кылсын, үрияттын үзүрүн көрүп жашаганыбыз жакшы, ушундай деп айт, баатыр саясы жактан жаңылба, баатыр. Кана, ким баштайт ар кесени?

Төрдө манайган «бий баланын» көзү женесинде, сырдуу. Түшүнүп:

— Йе, өкмөт бала, мени неге тиктегидейсиз,—деди сулуу зайып, быякта кара күйүндү болгон жаш жиптер отурушпайбы?! Башташсын...

— Кереги жок мага жаш жигиттериңдин күйгөнүпүп! Мен дагы билем. Эмне тартынасың, жеке? Же акем катындар тендигине каршыбы?

Акеси жер тиктеп, бирдемени мулжундап чайнаган болуп, кулагын жапырып укмаксан. Сөзүнө бирдеме эле деп жооп кайрыган кишиге Кандуудат өкмөт октоло карайт. «Ыя?! Үрият ишине каршы экенсиң го мындан келди? Каршымын дечи, айт ачыгынды, каршымын дечи?!» деп жекирип, андайды же секирип түшө, же тырмыша чыгып кете албас жалама жарга такайт.

Женеси:

— Үрият ишине акен каршы эмес! Биле албай турам, ким каршы экенин, өкмөт бала? Ушул жерде көп эркектип арасында жалгыз бозо куюп мен отурам. Үрият ишине, катындар тендигине баарың каршы болбосоң кана коштоп келген жарынар? Ыя?! Жаны кошулган кыз-күйөөдөй ырдашып, шынаарлашып, гүлдөп жайнап отурбайт белек баарыбыз?! — деп, бир сыйра каарый, эн акырын өкмөт баласына катуу тинип калбасын үчүн жумшактап, наздана шынкылдап күлүп койду.

— Ой, бале-е!—дешти көпчүлүк. Кайдуулат өкмөт жыгылыштуу болуп, борс-борс күлгөн болду:

— Жеңем азамат! Ушу сени, жеңе, өкмөт шайлачудан экен. Женем азамат...-

— И-и!?—деди женеси,— шайласа эмне экен?! Журт башкарган катын көп болгон биздин элден. Он бозокорду чүкөдөй калчай албаган...

— Э-эй,— деди тыяктан эри,— байтал чуркап байге албайт деге-ен!..

Зайыбы ага сөз бербейт:

— Байтал неге чуркабасын күлүк болсо?! Күлүк байтал чуркаган күнүндө, бирак аны байталсынтып байге гана беришкен эмес. Кай бир биздин эжелер эр азамат эркектен мурда кааласа туу тиккен, кааласа туу жыккан!

— Кой,—деди эри,— сен туу тиккенди кой, ыр кесени эле башта. И-и, ар демеге шылтап кыйшандабай, бар го, баягы «көпүрө салсан талдан сал» деп, и-и...

— Уа-а жаша! Ыр болсун, жеңе, ыр болсун, ыр сабың толо сыр болсун! — деп коштоду от жагар чыт төш.

Не деген менен, үй толо эркек! Кай бири менен биринирет көрүшүп, биринчи ирет даам берип отурат. Зайып бир аз күймөнүп, эки бети аны сайын нурланып, астейдил аял затына тийешелүү ыйбаа сезими басып, сүрдөнө, тамагын жасап, «кантип эми» дегенсип, өзүнчө шыңк күлүп алды.

—Жаша, үрият! — деп кыйкырды от жагар сүрөй.

—Коё турсанчы,— деп тыйды бирөө,— сен эмне, быякта үрияттын эгеси өкмөт акең өзү отурса, улам эле кожондоп?!

Зайып жер тиктей отуруп, шыңгырагаң назик үн созуп, ырдап жиберди.

Көпүрө аслсаң талдан са-ал
баскан бир сайын ийилсин —
көңүлдөш күтсөң тандап кү-үт
көргөндө жүрөк сүйүнсү-үн...

— Жаша-а!—деп өзүн ачык төшүнө күрс бир муштады от жагар. Ага кошулуп, көпчүлүк: «И-и-и!» деп, ызылдап, дуулдап коштоду. А Кайдуулат өкмөт манайган отурушун жазбай, эки санын аткый, бир купуя сырлуу көз тигип, ырдын маанисин өзүнө алып, ушуга тан калып да, тагдырына ыраазы болуп да, элтейип катты.

Кызылдан шайы көйнөгү-үм
кырка этеги бүйрүмө-ө —
кыз кезиңде бир келген
кызык бир экен дүнүйө-ө...

Жашылдан шайы көйнөгү-үм
жалпы этеги бүйрүм-ө —
жаш кезиңде бир келген
жакшы бир экен дүнүйө-ө...

Дагы от жагар төшүн согуп калганда Кайдуулат өкмөт зекип таштады:

— Эй! Биерде сенден башка киши жокпу? Эч ким көрүнбөй турабы көзүнө?! — деди. — Ыя, муну жоро баштала электе эле тойгузуп койгонсуңар го?!.

— Йе, айыбын тартсын!—деди бир жорокор. «Бий бала» шарт кести:

— Айыбы бир чара дем албас!

Дароо чарага мелт-калт бозо куюп, от жагарга кармата беришти. От жагар эч камтамасы жок, мулундап, күлүп кайта, эки жагын каранып, тике турганы боюнча чараны, кош колдоп көтөрүп, жорокорлордун оозун аңырдай ачып, бүт шыңгытып, түбүн сарыктырып ууртап салды.

— Бал-ли-и! — деди бирөө.

— Каныңды и-ич! — деп, таң калды бирөө,— Чанач байланып алганбы бу?!

— Тарт! — деди «бий бала» колун тышты көздөй шилтей.— Тик турсун бир чай кайнам! Былк этпей!

От жагарды эки «эшик ага» тышка түртүп чыгарышты. Ал эми качан «бий бала» ыракымы эткенде гана кайда кирет. Ушундан соң мулуюп, мурутун сылап:

— Пай-пай-пай,— деди кумардуу Кайдуулат өкмөт, жеңе, зап ырдайт турбайсыңбы, пай-пай-пай...

— И-и, ыр кесе тегеренсин!—деп калышты жорокорлор.

Ыр кесени ырдаган киши кимге көңүлү тартса ошого сунат. Ошол жерде эркексингендин баары жер тиктеп жүрөгү опкоолжуй, ыры жогу «йе, мөөрөп беремби?..» деп сарсанаа болуп, бири ошол көпчүлүктүн ичинде аял затынын көнүлүнө бир мерте арзып калышын самап турду, Зайып ошончо кишилердин бирине да байкатпай Кайдуулат өкмөткө аста серп таштап, «сизге сунар элем, бирак...» деген кыялын туйдуруп, анан ыр кесени өз эрине берип калды:

— Ме, байым, өзүнүз эле ырдап коюңузчу...

— Ой ва-ай,— деп калышты баары тен берише,— ырас эле эмеспи, дагы кимди ынтыктырып отурайын деди, ваай!.. Йе, эркек тана да, үңүрөндөйт да эртең!..

Ыр тынымсыз тегеренип, экинчи казан бозо ичилди. Жороколор оолжуп, сөз көбөйүп, кай бири нары кыңкая үргүлөй баштады. Бир убакта булоолонуп эт да келди.

— Өй,— деди үй ээси чоочуй, тиги камырабаган күпүйгөн «бий баланын» кулагына сала,— баягы от жагарым али кире элекпи? Же байкуш таарынып кетип калып жүрбөсүн, кечээ эле Бедел байдын эшигинен араң чыккан байкуш эле?!

— Киргиз!—деп буйруду Кайдуулат «бий бала». — Биз кедей жагындабыз!

Өзү эле от жагар эшиктен салам айтып:

О-о, бозо куйган чөмүчүң
ыргай эмей эмине-е?!
Ырдап ко-о ичкен бозоңор
бу үрият күнүндө
жыргал эмей эмине-е?!

деп, колун укалап, үүлөп купшундап, казандын түбүн тиктей кирди.

— Өй! Төбөсүн карагыла!

Жаман малакайынын төбөсүнө бир карыш кар токтоп калган экен. «Өкмөт бир — өкүм бир» деп түшүнгөн кедей лапылдап жааган кардын алдында бозонун деми менен былк этпей туруп койгон.

— Аз-замат! — деди Кайдуулат өкмөт. — Куй буга ысык бозодон! Ичин жылытсын!

Таң таштап, короодон мал ынгыранып тура баштаган эле жорокорлор отурган жерлеринде томурайып-томурайып мүргүп кетишти.

* * *

...Жер бети кардын кылайган биртке шооласынан ак чангыл, же аң экени билинбейт, же дөң экени көрүнбөйт.

Те алыстан бир шоокум угулат, аран угулат.

Кудайдын тоо-ташы маглуктан куру эмес го?! Же коёну куушуп, түлкүсү жойлоп, ач бөрүсү жортуп жүргөн чыгар. Бу жаман күндө айбандан башка ким түн катат?!

Бедел бай төшөгүнөн башын көтөрүп, алыстан канырыштап келип жаткан шарпага кулак түрүн, көзгө сайса көрүнбөгөн каранты үйдө кызыл көз үкү сыяктуу үңкүйүп, кооптонуп тыншады. Шоокум уламдан улам жакын, уламдан улам таасын. Жо, бу тоо айбаны эмес! Улагада байланып жаткан ит бир «коңк» үруп, ордунан козголо баштады. «Ит! Бас үнүңдү, ит!..» деп Бедел бай итинин үнүн басып салды. Ит да буга көнгөн, бышкырынып тим болду, антпесе ээси өлөрчө сабайт. «Ыя! Деги эле короочу болуп кеттиң да, ыя? Ыя, жол таппай темселеген ким көрүнгөндү чакыра бере турган болдун го, ыя!.. Ушу сенин пайдандан зыяның көп өтүп кетти го мага?!» деп, өзү да ыйламсырап, түнгусүн улагага байлап, үрөйүн дегенде эле «Ик!» деп зекип отурат. «Дагы кимиси болду экен?.. Өкмөтмүн деп бири келет, бекмин деп бири келет! Кимисине кошомат кыласың?! Кимисине берип түтөсүн?!. Э, кудай ай...» деп,

Бедел башы ман болуп, ушул азыр жакындап келе жаткан шарпа ким болсо да, андан эч жакшылык күтпөй, өзү да эч кимге жакшылык ойлобой ниети карайып: «Э, кудай! Мен карыз белем ушуларга, ыя?!» деп, ичтен онтоп, аргасы түгөнүп шалдырап калды. Ана, кобураган үн угулду! «Киши экен! Кудай, бетин нары кыл!.. Ушу кара түндө, а балким, кыя өтүп кетишпесин?.. Кудай, айланайын кудай, жолун нары кыла көр, кудай!..» деп, боору титиреп турду. Эми курт-курт кар жиреген аттардын деми даана угула баштады. Ит дагы кыңырыла баштады. Бедел бай ордунан леп туруп барып, иттин башын өнүрүнө катты. «Йе, кудай!., Пендем десен жолун нары кыл, куда-ай!..» деп, шыбырап турду өзү. Өтүп бараткан кишилер сүйлөшө баштады.

— Көң жыттанат...

— Кайдан?! Чу де, ити жок короо болмок беле ити, чү дей бер...

— Эй, токточу, ат имерилип жатпайбы, ушул жерде короо бар...

«И, эми табат! О, шору арылбаган башым ай.. эмне кылсам... Ыя?.. Уктаган болуп калайынбы?.. Ыя, же тоскон болуп чыгайынбы?..» деп ойлонду Бедел бай. Ошол тапта эшикке дупүрөп ат басып келди. «Мына беле? Үй турат!» деди бирөө сүйүнө. «Күмбөз болуп жүрбөсүн, тири жандын кабары жок...» деди чарчаган бир жоон үн. Нары мал короо жактан бирөө кыйкырды: «Ой мал жатат быякта!»

— Ой, ким бар? — деп, үн салды эшиктин алдына келгендин бири жооп жок, ынжынсыз.

— Ким бар? Ой!..

Дагы жооп болгон жок. «Качып кетишкен окшойт?» деди бирөө. «Ушул түндө кайда качат?! Жердин түбүнө эле кирип кетпесе ..» деди дагы бирөө. «Мейли, каякка кирип кегсе ошол жакка кирип кетсин, мага жылуу үйү, соёрго малы калса болгону, ээсинин как атасынын оозуга...» деп сөгүнүп, бирөө атынан ооп түшө баштады тарс! Түнкү муздак аьа шонк жарылып алыска жанырыкгап кепн. Те алыстан жооп болугг мылтык атылды да, көп өтпөй бери карай чабышып келе жаткан көп атчандын дүбүртү угула баштады.

Эми чыдай албай Бедел бай:

— Ой... Ким бу?..— деген болуп, уйкусураган болуп кынкыстап, боз үйдун тон болуп калган оор чий эшигин кычырага түргө тышка чыкты.

Кара Токо калчылдап, амы ушу киши тондуруп салгансып:

— Э-эй, сен эмне үн бербейсин, баятан бери, ыя? — деп кекетти. — Ыя?

— И-и?.. Эмне эшикке келип мылтык атасынар, быякта балдардын жүрөгү түштү го?!.— деди Бедел бай. — И-и?.. Үн бербеее, эмне, жеги түндө... Уйку деген өлүк! И!..

— Э-э! — деп, Кара Токо жини келип, байды жолунан шылгап таштап үйгө жулунуп кирди. — Ушул аз-зыр! балдарындын жүрөгүн сууруп, ыя, колуна карматып коёюнбу?! От жак! У эненди...

«И-и, бектеринен экен! Таландым эми...» деп, эмне айтарын, эмне кыларын билбей башы маң болуп, Бедел бай:

—От жа-ак! — деп калды, жакшы меймандос үн менен, ичинен ыйламсырай үшкүрө.

Байдын ирендүү токолу дароо көмүлгөн отту ачып, как куурай таштап, үүлөп тутандырып жиберди. Үстү бүт ак бутак болгон кишилер баары бирдей умтулуп, колдорун отко кармап, охолоп калышты, калдырап тоңуп калган чепкендерин чечиништи.

— Кокуй! Кайыгып кетишкен турбайбы, жылыт тез бирдеме — деди, Бедел бай шашкан болуп: «Тоңуп эле, ороюп эле өлүп калсаңар го, кызыталактар, талаада...» деди ичинен.

Бир аз жылыган соң, үтүрөйгөн Кара Токо баятан бери карабай бирдеме жылытуу менен күймөнгөн байдын токолун камчы менен капталга түрттү.

— Бу ким?

Токол кыйшаң этип карады, бети карала көө, оозу да, бир көзү да кыйшайып, куду сасык үпүп сыяктуу «кыш-ш» деп койду. «А түзүк! Ошентип, өз абийириңди өзүң сактай көр...» деп, Бедел бай токолуна ыраазы болду, тышынан:

— О, кышылдаган пер урган! Бол тез! — деп, анан Кара Токого карап: — Э, бу... эсинен ажыраган бир бечара... — деди. Жаны жер тартып бараткан Кара Токо шалдырап башын ийкеп, тим калды.

Ошол тапта жанагы мылтык үнүн улап бери тарткан атчандар келип калышты окшойт. Калкожонун үнү чыгып калды. «И, келишти!» деп, Кара Токо ордунан атып тура:

— Эй,—деп зекиди Бедел байды,—эч ким калбасын бул үйдө! Бол эрте! Чыгар тиги түшкө кирчүдөй немеңди! — деди да, үй ичип чаргып тиктеп, улагада бөгүп жаткан карала итти эми көрүп, эки көзү чанагынан чыга жини келип күңкүлдөдү: — Ой! Бул эмне?..

Бедел бай итти дароо чыгарды. Бул үйгө кожо өзү жайланыша турганын билген соң ээрчий кирген кишилер да, иттин артынан жыла басышты. Кара Токо:

— Бол! Өзүң кал, отту чоң жак, жылуула, төшөктү калың сал төргө. Бол!—деди да, эшикке келип атынан ооп түшө баштаган кожосун тосмокко жүгүрдү.

Өтө үшүп калган экен, Калкожо өчөйүп араң келип, төргө от боюна жыгылды. Кошо кирген эки мүрид сенек болуп калышкан. Калкожонун үстүнкү чепкенин Бедел бай чечти, өтүгүн тартты. Көңүлү жибиди белем, кожо «ыракмат» дедиби, иши кылып, оозун кыбырата албай башын биртке ийкегенге араң жарады.

— Пай-пай, кайыгып кала жаздапсыз, жарыктык! — деп бай кожонун бутун укалап, өзү тиги оттогу чазылдап жаткан казан жакты тиктей берди. Жана өзү «жылыт» дегенде токолу казанга куйган сүзүлгөн даяр бозо болучу. «Табылгыс болгону го турат. Ич десем, бу такыба неме сыяктанат, бир балакетине каламбы өзүм?» деп ойлонуп, тиги Кара Токону карап кыңырылды. Калкожо бозону жытынан эшиктен киргенде эле сезген, ошол тапта байдын оюн да туюп, өзү оозу эпке келбей, калчылдап казанды көзү менен «куй ошондон» дегендей жаңсады.

Бедел бай чоң кара кесеге мелт-калт бозону өзү кош колдоп кожонун оозуна кармады дароо:

— Ич жылытат, азирет!..

Бозо кадиресе ысып да кеткен экен, Калкожо өлө-тала жутуп, энтигип, мурутуна агарып жукканын аарчына да албай бир шуу үшкүрүп, демигип, кыңкайып жатып калды. Жутунуп алып:

— Куй быякка! — деди Кара Токо, колуна кара кесе тиер замат аптыга куркулдата ичип, кесени кайра сунду. —Куй дагы! — Тиги жанында алакандарын отко калашып отурган эки мүрид да умтулушту эле: — Йе, азиздерим, бу силерге болбойт, бу макирөө оокат! — деп, өзү кызганып, ырсайып күлө кызгылт сары көзү эми тирилип шоктоно жылтырап, Бедел байга: — Чай жокпу, ошол сары суу болот буларга!

— Жан кыйбас үчүн арам оокат жесе да болот, берип койгула бирткеден, өлүп калышпасын... — деди Калкожо терейип жаткан бойдон өйдө боло албай. Эки мүрид баштарын ийкеп-ийкеп жиберишти. Кожосу өзү билет! Бу мүриддер жүзүмден шарап тээп, ага «сүт тамгызып алалдап» мусалланы нечен ирет жасап, пири менен нечен ирет үлпөт. кылышкан. Тартынбай ич жылытышты.

Бир убакта Калкожо оролуна келип, өйдө болуп, үй ичин, үй ээсин эми тиктеп, аты-жөнүн сурап:

— Ыракмат, мусулманым, кудан эки дүйнөдөн жалгасын... — деп, астедил алкаганга жарады.

Бир жагы мейман күтмөй кыргызчылыгы, бир жагы жан айласы, Бедел бай үйдөн отуруп эле:

— Маркаба-ай! — деп, тышка үн салды, коңшу тигилген боз үйдөн дароо келип бир жигит башбактады эле: — Бол, балам! Козу апкел да, бата тиле меймандарына, бол! — деди. Баласынын эси чыккан.

— Союп атышат четинен өзүлөрү... — деди акырын.

Калкожо «бул эмне?» деген кабак менен Кара Токону тиктеп калды. Кара Токо «мен билбейм» дегенди кайра тунгузду маңыроо караш менен.

—Талатпа! — деди Калкожо ийгергендей муңайым сүйлөп Кара Токого. — Бу, өзүң көрүп турасың, баатыр, кудай деген пенде турбайбы! Кой де, чийинден чыгышпасын акыры...

Кара Токо унчукпай тышка жөнөдү. «И-и? Бул эмне сопу боло баштаган?..» деди дайыма келген жерин чаңытып, талап көнгөн басмачы. «Ыя? Эми түштөн кийин кимдге жакшы көрүнгүсү келип жүрөт мунун?!» деп, жини келди. Ошентсе да, кожонун буйругун эки кылбай,

андан намалды кырдырбай, союлуп калганын шорпо кыла бергиле деп, кишилерин тыйып кайтты.

Калкожо сайма куржундун бир көзүнөн бир ууч кызыл тилла алып, Бедел байдын алдына коюп аткан экен: — Союлган он коюңуздун пулу, бай...

Эки көзү чекирейди Кара Токонун. «И! Чача берет эми бу!..» деп, ошонун тенинен кетип жаткансып, астейдил нча оорунду анын. Эки уурту тултуйду. «Энеңди урайын!..» деп сөктү ичинен.

Мына, Токо баатыр, ким бозо ичет, ээрчит да, жогору жакта айылда өңкөй өкмөт кырк жоро ичип атышат дейт, жет! Эч кимди жылдырбай эрте менен ушул жерге айдап кел, эми ыраазысыңбы, кайраным! — деди Калкожо.

Кара Токо үшкүрүп койду:

— Жигиттерден тандап жиберейин, азирет. Жаным жер тартып турат.

«И, жаны жер тартып турганын, сайма куржундун бир көзүн баса жаткысы бар мунун?!» деп, тигинин ниетин болжоду Калкожо. «Мейли, жаның эмес каның жер тартып турган чыгар, мейли...» деди дили карайып, тышынан күлө багып макул болду.

Бедел бай маң болду. «Эми эмне болор экен? Олда кокуй ай! Айтпай койсоң дагы жаман, айтып койсоң дагы жаман. Булар менин үйүмдө жатса, жигит жиберип тиги айылды чапса, ыя, менден көрбөй коёбу эл?! Ыя? Эл ичинде кантип калам? Же булар менен кошо кете албасам?! Ыя? Эмне кылам?..» деп, көз көрүнөө жылдызы Жерге түштү. «О, кудай! Дагы кандай балакет күнгө кабылттың, кудай?!» деп, ичтен наалып калды.

Бир оор топ басмачы барып, жорокорлорду басып, бозосуң ичип, этин талап жеп, өзүлөрүн кар малтатып, күндүн мурду менен айдап кирип келди.

Бедел бай коштоп, сыртка чыкты Калкожо. Үстүндө райдын күпүйгөн жакалуу жылуу тери тону, түндөгүдөн алда канча эс алып, ireңине кан жүгүрүп калган. Көң дөбөдө ийрилип тургандарды имерип тиктеди.

Кай бири түнү бою ичкен бозосу али ичинен түшө эл алагүү мас. Кай бири «менин жыртык тонумду сыйрып алып жыргасын» дегендей камырабайт. Кай бири соолуккан, бөөдө өлүмдү сезгендей үрөйлөрү учуп турат.

Ичинде бир аймак журттун ревкомунун төрагасы Кай дуулат бар экен. Көзү көзүнө бир урунуп, Бедел байдын жүрөгү солк этти. «И, басмачыларды сен жиберген экенсин го, Бедел!» деген маанини туйду, өз көңүлүндө да болсо актанарга эчтемеси жок, турган жеринде селейди. Кимге жамандыгы бар эле? Кенеш чыккандан бери «Кайдуулат Өкмөт» атыгып, элдин тоюна башчы, жоросуна «бий» болуп, жаңы мийзам адилетине таяп бийлик айтып, иш жайгарган адам. Кимдин алдында кандай күнөө кылгаң экен?! Кайдуулат Өкмөт өзүн кармалып турган киши катары ойлобой, кайта эркин сезинип, алдыга басып салам айтты. Эки көзү кожо менен байга алма-телме тигилди түкшүмөл суроо билине.

Саламга алик албай, кайра тигинин чоочубаганы кыжырына тийип, кабагын салып:

— Ким бу?.. — деди Калкожо акырын Бедел байга.

— Бу биздин өкмөт, азнрет... Кайдуулат Өкмөт...

Ошол «өкмөт» деген сөз итатайын туттурду:

— И-и, ошондойбу?.. — деп, канталаган кызыл көздөрүн кадап калды Калкожо. — И-и, өкмөтбүз деңиз!..

Кыйноо, өлүм кимди гана чоочутпайт! Кайдуулат Өкмөт демин алып, бу кожонун тажаалдыгын көп уккан, аяйт дегенди күтө албай, бир кур үшү тайгансып, кайра жер тиктей берди. «Э, каран күн ай! Бу капилет иштен кантип кутулабыз, ыя?» деди дили. Катуу келтегин жөө, ачуу сөзүнө чыдоо жанга аралжы болсо баарына көнмөк, баарын көтөрмөк. Ошол эле болсо кана аралжы?!

— Сөзгө келели, азиретим,— деди Кайдуулат Өкмөт ирени кубарып, бирок жүзүнө астейдил жылуу жылмаюу чыгып, көңүлү зомбулук менен адилеттиктин кысталыш арасында алдастай. — Бу элдин жазыгы эмне? Салалы ортого, азиретим. Элдин салты бар, ага салалы, дин-Исламдын шарияты бар, ага салалы, жаңы өкмөттүн жаны адил мийзамы чыкты, буга салалы. Бейпил жаткан момундарды түн жамынып басып топ чагуу кайсы эрежеге сыярын

билели, азиретим...

«А түзүк, байкуш Өкмөтүм! Ушун үчүн эл башкарып калган турбайсынбы, мен сени жоронун гана бийи ден жүрсөм?!» деп, ичинен астейдил ыраазы болду Бедел бай.

Бу Кайдуулат Өкмөттүн сөзү кожону кысталыш өткөөлдө жакалагандай болду. Калкожо башын ийкеп:

—Э-э, мусулманым,— деп, кейип суйлөдү, жай. — Мына ушул сенин жаңылганың — «өкмөт» дейсиң, «адил мийзами» дейсиң... Дин Исламдын шариятынан өткөн адилет болбойт бул дүйнөдө! Мына ушуну билбейсиң, билбегениң — азабың, мусулманым...

«Сөздү сөз келгенде аптпаса, сөздүн атасы өлөт!» дейт бу тоолук эл. Жүйөнү жирей кетүү адат. Нары да, өлүмөн жалынып кутула албаска көз жеткенде адам өлүм коркунучун жеңет турбайбы? Жалынуу ордуна өчөшүп, тил тартпай жаакташат экен го?! Кайдуулат Өкмөткө «азабың» деген сөз «өлүмүң» деген болуп угулду да, майышуу ордуна көз көрүнөө чыйралды.

— Жо-о, азиретим, билебиз биз дагы!—деп, кашкайып каяшага өттү. — Суу башатында тунук! Суу башаттан башталып агып отурат, анан доңуз да кечет, адам да кечет — ылайка болот, булганат. Ошол сыяктуу шариятты да ар ким өз оюнча айтып, каалашынча колдонуп, бузуп салышы мүмкүнбү? Ушуга макулсузбу, азиретим?

Калкожо сөз жүйөсүнө такалып, мелтейип тиктеп калды. Кайдуулат Өкмөт сөзүн улады:

— Мийсал издеп алыска барбайлы, азиретим, мына «карыпка кайрымдуу бол» дейт шарият, а ким кайрымдуу болуп жатат?! Бай кишилер карыпка кайрылмак түгүл, карыпты күнүмдүк оокатына кул катары байлап алып жатпайбы, кой деген ким бар?! Бул эмне?! Мейли дейли, билбеген киши уу ичет, а шарият жобосуна каныккан мусулмандар жигит курап жол тосуп, кербен талап, эл талап жүрүшөт го? Буга эмне десек, азиретим?..

Эң акыркы сөздү өзүнө алды Калкожо. «И-и, биле туруп эле, атайы айтып отурат!» деп, ушуну азыр терисин тирилей сыйрытмак көңүлүнө келди. Бирок, сөз жүйөлүү! Мына бу жардаган өз басмачыларын эсине келтирер эскертүү сөз, тагдыры бычактын мизине түшүп турган элди көз көрүнөө кайраттандырар дем сөз. Өзүн «дин-Ислам үчүн» баш байлап жүргөн киши кылып көрсөтмөк болуп, эл көзүнө периште болуп көрүнмөк болуп, жылуу кабак кийип, жылма сүйлөп отуруп, тике соболго жооп таппагандан жырткыч катары аркырап тийе албай токтолуп турду. И-и, ак таңдай белемсиң, айтчы өзүң,— деди ал,— сенин өкмөтүң эмне дейт буга?

Кайдуулат Өкмөт:

— Жакшы билесиз аны, азиретим! Менин өкмөтүм Ушул бузулган шариятты оңдоп, адам акылын бир жөнгө салып чыкты. Жөнгө салмак гана түгүл менин, өкмөтүм «адамды адам минбесин» деп, кечеги бири карышкыр, бири кой болуп жүргөн орус менен кыргызды теңшеп, адил мийзам алдында бирдей мунапыс кылып келе жатат. Бул жагынан ашып түштү эскирген шарияттан!

«...Эскирген шария-ат...» деп, өзүнчө күбүрөндү, Калкожо. Ушу сөздү кармап, ушул сөзгө такап:

— Сени адашкан көптүн бири го десем, сен шайтан биле туруп динден чыккан неме экенсиң! — деди катуу.

Кайдуулат Өкмөт эрегишти:

— И? Мен мына ушул силер бузган динди таштап, жаны адилет динге билип киргем. Эмне кылгыңыз бар, азиретим?! Мен эми сиздин такыгыңызга жооп бербейм. Күнөөйүм болсо өкмөттүн адил мийзамы сурайт!

Те баятан токтоосунуп отурган Калкожо чарт жарылып кетти:

— Өлүм! Дин-Исламдан чыкканга өлү-үм!

Бир кур нестейе түшүп, мынчалык айтышып маани талашып калган соң ал көңүл толгоосунан жана да албай, өлүм коркунучун акыл жеңип, Кайдуулат Өкмөт андан нары өчөшүп:

— И-и, өлүм менен коркуткуңуз барбы? Эртеби, кечби, акыры башка бир өлүм! Сиз да өлөсүз же окко учун, же сууга агып. Дүйнөгө устун болом деп жүрөсүзбү, йе кокуй! — деп, калчылдай баштаган кожонун безине аны сайын тийди, өзү ошончолук кыбасы канып. — Мени

го такып бүттүңүз, эми өзүңүзгө келели, азиретим. Өзүңүз кимсиз? Дин талашкан ушу сизби?! Динди ким үчүн талашып жүрөсүз? Эл үчүнбү? А эл ичине эмне үчүн батпай калгансыз?!

Калкожо тиштенип, маузерин сууруй баштады. Кайдуулат Өкмөт төшүн ачып, кыжына сүйлөп, камалап басты:

— Коркот деп турасыз го?! Жалынат деп турасыз го?! Мына! Ат! Сен эшен эмес, эш-шексиң!..

Тарс! Кайдуулат Өкмөт көкүрөгүн басып, салаасынан кызыл кан дирилдеп атып, өзү бүкчүндөй бир тегеренип, эки ууртунан, мурдунан да кан чыгып, бирок дагы эле жыгылбай:

— Тиги дүйнөдө... сени кара эшек кылып... — деп кыркырап, дагы эле эки көзү кожого сайылып, экинчи жолу тарс этип ок жалмаганда кыҥ дебей бүк түшүп жыгылды да, жан далбасыбы, бир оонап барып, чалкасынан көкүрөгүн кере колу-буту жайылып, жатып калды.

— И-и? Кана, айткылачы, кимиҥ өкмөтсүҥ? Ыя?! — деп, Калкожо маузерин экчеп турду.

Эч ким унчуккан жок, көрпө тебетей, саксайган эски түлкү тебетей, таакы болуп бүткөн кулжуйган куйкалак малакай — баары ээсине көмкөрүлгөн бойдон, эч ким өйдө боло албады.

Бедел бай:

— Кайдан буларга өкмөтчүлүк, азирет?! Эптеп оокатын өткөзүп жүргөн бечаралар...

Калкожо аны сайын өз жинине туттугуп чаҥырды:

— Ха-а, «бечаралар» бекен!? Мына ушулардын баары өкмөт! Өкмөт мына ушул бечаралардын камын көрүп чыккан имиш го?! Ыя?!

Бедел бай:

— Жан соога, азирет!.. Не болгон менен, мусулман балдары эмеспи, азирет, эсине келишер акыры...

Тарс!

Бедел бай өзүнө ок тийгендей селт этти. Тоо жаҥырыктап кетти. Үҥкүйүп элдин арасынан көрпө тебетейдин чокусунан кан чыркырап атып чыкты.

— Мына!—деп ызырынды Калкожо. — Мусулман баласынан айлансын! Капкачан динден кеткен булар! Мына!..

Тарс!

— Мына!

Тарс!

Дагы бирөө кызыл жаян болуп, карга оонап калды. Тиги көп эле канды көргөн басмачылар да тегеректеп жардап, кожого жакын турган мүрид үрөйү учуп, оозун кыбыратып купуя келмесин келтирди. Бедел айыбын билип эки көз чакчайды. Калкожо ызырына, күлө, энтиге, эки көзүн канталатып, тиги жанталпас уруп жумаланып жаткан адамды табалап, басып турду:

— Мына!.. Кырам!.. Өлсөм шейитмин, а өлтүрсөм газы болом. Газы-ы!.,

Бедел бай:

— Жан соога, азирет, жан соога... — деп, Калкожонун бутун кучактап жыгылды. — Жан соога, айланайын азирет... Же мени кошо атып кет... Ушунча киши эшигимде атылса, ыя, эртеҥ өкмөт мени аяп коймокпу, кокуй?! Кайда барып жан сактайм, ушул эле өз элим тытып кетет, көкбөрү кылып тартып кете-ет, кокуй...

Калкожо энтигип токтоп, эки бутун биротоло кабыштыра кысып алган Бедел байдын көз жашына ийиккен кабак жасады. «Ха-а, майли, байым!» деп, башын ийкеди. Кудай жалгасын!.. Кудай жалгасын!.. Сиз менин бир ооз сөзүмдү сыйласаныз, айланайын азирет, сизди чоҥ кудай өзү сыйласын!..» деп бөлсөҥдөгөн Бедел байдын, мүриддерин коштоосу менен үйгө кайра басты.

Төргө келип отурганда да жанагы тайманбаган Кайдуулат Өкмөттүн акыркы заардуу көзү көзүнө көрүнүп туруп алды. «Сен эшен эмес, эш-шексиҥ!..» деп, ого бетер күчөнгөнсүп, акыркы каяшасы кулагына жаҥырыктай бер. ди. «Бейкүнөө киши колдуу болгон пенде тиги адилет дүйнөдө ошол өлтүргөн кишини кара эшек кылып минип жүрөт» деген икая бар шариятта. Кайдуулат Өкмөт эҥ акыры эшенге ошону эскертти, өзү да «минем» деп, ошоцу көҥүлүнө төтөк да кыла кетти. Калкожо да азыр ошону ойлоп, табалап, «энеҥди минерсиҥ!» деп, сөгүнүп койду ичинен. Бирок, дили сынып калды. «Кожомун, пайгамбар аваладинен

боломун» дечү. «Ыйыкмын, бу ар кошкон букара түбөлүккө этегиме тооп кылат» деп билген, ага астейдил ишенгең. Терс басканын кожолор дозок оту менен коркутуп да, зарыл кезинде курч кылыч менен да чарк ийришкен. Эми эмне болуп баратат? Дозоктон да, маузерден да коркпойт го бул букара? «Эш-шексиң!» дейт го, чекчейтип туруп көзүнө айтат го? Жооп да, арга да таба албай нес болду.

Ою бозо табуу, Кара Токо байдын ашкана кара үйү жакка кыйгачтай басты. Нары жакта жаңы көтөргөн өргөө турган. Шырт эткенге көңүл бөлө билген кески уурунун сак кулагы ошол жактан сүйлөшкөн бир күңкүл үн чалды. Бири катындын үнү сыяктанат. Шап гана кирип барды. Дайыма уялаш йттей ээрчиген эки басмачысы кошо.

— Келиң, — деди төргө туруп турган экен, Бедел байдын жалгыз баласы Маркабай, ырайым сурагандай эки көзү аянычтуу жайнайт.

Кара Токо мелтейип, эми гана муруту кылайып келе жаткан, кызыл жүздүү өспүрүмдү матап тиктеп, анан түз эле көшөгө жакка өттү. Маркабай леп жетип, көшөгөнүн оозун кулачтап тосуп калды:

— Аке... быякта уяла турган киши бар эле, аке...

Кара Токо аны ийнинен кыжыр менен бир апчып, артына силкип ыргытты. Өспүрүм дегдеңдеп жыгылып барып, кайра тикеленгенде эки басмачы эки колтуктан шап кармап калды.

— Бул эмне зордук?!

Кара Токо кайрылып да койгон жок, унчукпай көшөгөгө эңилди. Бүрүшүп, ак үлпүнчөк жоолугун чүмкөнүп, бир жаш келин отурган экен. Кара Токо унчукпай барып, келинди билектен алып, тышка тартып чыкты. Келин ак жүздүү, кара каш, бушайман болгонунанбы, ирепи эми гүлдөй албырып, жер тиктеп, эки колу титирейт. Эки басмачы тамшанып жиберди, Кара Токо имере, эңиле тиктеп ошол замат лабизи өрттөнүп мыйыгынан жымыйды.

— Мен айтамын азыр азиретке!..

Ошондо өспүрүмдү ороюп бир карап алды Кара Токо:

— Ыя?! — деп, камчы менен баштан нары бир тартты. — Ыя, бу айтат турбайбы азиретине, ыя?! Ур! Өлтүр!..

Өспүрүмдүн жаагынан ылдый кан куюла баштады. Жулунган эки басмачы көмөлөтө тепкилеп киришти. Үрөйү учуп, жаш келин үстүнө түшө чырылдап жиберди:

— Кагылайын аке байла-ар!.. Кара жанын койгула-а!..

Кара Токо:

— Токто! Таңгыла керегеге!

Нарыдан бери улагага тана салышты. Эми Кара Токо мыскылдап күлүп:

— Ыя?! — деди. — Карап тур, мадыра баш, катын менен ойкогонду сага бир үйрөтөйүн, карап тур! Хе-хе-хе... Жайма-жай белин чечинип анан жырткыч куштан корунган чилдей бүрүшкөн келинге кол салды. — Ө-өй, жакшы келин турбайбы... ананайын.

Бедел бай эрте мененки сойгон күрпөндун куймулчагын титиретип Калкожонун алдына коюп, торгой көздөгөн күчтүү таруу бозону кара кеселен сунуп отурган. Тарс! Кимди ким атты? Калкожо да, Бедел бай да элтейип кулак түрүп калышты. Мылтык үнү тее алысыраktан чыккандай... «Баягы жинди Токо го?..» деп, кайра көңүл жайлады Калкожо. Ошол тапта тыштан чий эшикти жемирип эле бир мүрид кирип келди:

— Кызыл...

Калкожонун колунан кара кесе ыргып кетти, сайма куржунун сүйрөй ордунан жулуна тура маузерии жалаң кармап, эшикке атып чыкты. Те төмөнкү кайкыга койгон күзөт салпактап чаап келе жаткан экен. Бир балакет болбосо чапмак эмес. Калкожо:

— Ат-та-ан!.. — деп, ач айкырык калды атчы мүриди жетелеп келе калган сур аргымакка сайма куржунун ыргыта салып, шап мине бергенде тиги көңдөбөдөгү кан жайкаган өлүктөрдүн жанында өлүк болуп бүк тушүп жаткапдардын бирөө тура калып эле тизгинге жабышты.

— Токто-о! Токто эми, карышкыр... — деп, секирип Калкожонун тизгинине асылды.—Эми жообун берип кетесиң сен дагы...

Калкожо аны камчы менен башка салды. Тиги өчүгө согүнүп, туткактап коё бербеди. Тарс! Көкүрөгүн бир колу менен басып, дагы эле бир колу тизгинге карышып сүйрөлүп, адам канын

сездиби, сур аргымак чимирилип үркө келишинен, так түйүлүп, тизгинди жулуп кетти.

Жеп отурган этин, күймөнгөн жумушун таштап, бас мачылар жабыла атка чуркап, шашкан, корккон ушунчалык — үлгүргөнү минип, үлгүрбөгөнү жайдак атын жетелеп, алактап жөнөштү. Бир убакта ычкырын байланышка чамасы жок, өңкөндөп Кара Токо чыкты үйдөн. Эшикте аты жок, кайсаңдап калып, жандап өткөн атчандын үзөнгүсүн кармап, ат менен тең чуркап жөнөдү. Күйүгүп бирөөнүн жаңы келген келинин булгаган күнөөсү, ал үчүң тартар жазасы эми маңдайына келди белем артын алактап каранып барат. И, жан деген керек экен го, чиркин?! Эми эле чакчарылып, такыктап, эр өлтүрүп жатышпады беле булар?!

Керегеге таңылган күйөөсү, уятынан же ордунан тура албай, же ошондон нары жерге кире албай үлпүнчөгү ачыла элек жаш келин нес. Киши түгүл, чуудан, мылтык үнүнөн жүрөгү түшүп калган окшойт, куйругун кыпчынган карала дөбөт да коңк эте бир ит каадасын өтөгөн жок.

Малын сурабай кыйратып союп, кендигин ачып, эгинин чачып атка жем кылып, короонун башындагы чөбүң эңшерип кетишкенин эми көрдү Бедел бай. Шуу үшкүрүп жиберди. «Мейли, көр оокат баштан-көздөн садага!» деди. Бирок, те төмөнкү мойноктон чубап чаап чыккан көп атчан аскерди көрүп, дагы калчылдай баштады. «Кокуй, эми көргөн күнүм эмне болот?..» деп, дегдеңдеп үйүнө кирип, жүктүн алдында бекилип жаткан кара бараңын алып кайра чыкты да баласынын өргөөсүн көздөй чуркады:

— Маркаба-ай!.. Кайдасың, Маркаба-ай?.. Эми атрет келе жатат, кокуй! Кокуй, басмачысың деп, баарыңды тизип атат, кокуй... Ме-е, атып са-ал мени мына бу жаткандардын арасына-а, Маркабай... Басмачы аткан экен десин! Жалгызы-ым, өзүң өкмөтчүл болуп күнүңдү кө-өр, жалгызы-ым... — деп, өргөөнүн эшигине мөгдөп токтоду.

Эч ким үн берген жок. «Коку-уй, кара көзүмдү кашайтып кеткенби-и, кокуй?!» деген жаман ою менен ичкери жулунуп кирди. Мына, баласы байланган, келини уйпаланган! Кексе адам дароо түшүндү эмне болгонун. «О-о, чоң кудай, өзүң сактаган экенсиң бизди!..» деп, бир аз көңүлү жайлана, демиге үшкүрүп алды да, ошол тапта тышка ат дүбүртү келип, эшикке карай шыр жөнөдү:

— Коку-уй!.. — деп, бардык коркунучу да, кубанычы да аралашып, эки жүздүү бай өңгүрөп, отрядды тосуп чыкты. — Чаап кетти-и!.. Кордоп кетти-и!.. О, коку-уй!..

Тоо тыптынч, жел жортпойт, тунарган жөө туман каптаган. Кар калың, жөөлөр белине чейин малтап, ат омуроо-сойлоп калат. Ким кайтат артына?! Көңүлү тепселген апсая кууган отряд! Эми ким корголотот, ким аайт?!

Калкожо сүлөөсүн тебетейин баса кийип, ичиктин жаасына тумшугун катып, ойго батып, те алдыда узун таяк менен жер болжоп сайгылап ашуу өрүнө тырмышып бараткан кишилерине көңүлсүз, муңкана тиктейт. «И-и, аркам күлүм, алдым ак кар, көк муз ашуу...» деп, ындыны өчкөн.

Бирөөнүн күчтүү атын жыгып минип, өлө-тала чаап, эки көзү кызарып, «Ыя? Бу кууракан түлкү мант берип кетеби?..» деп, арттан Кара Токо жете келди. Калкожо аста кыя карап, анын чытылган кабагын байкады. «И, баягы, көздөгөнү кызыл куржун! Келе бер, көзүнө көр топурак тыкпасам кутулбайт окшоймун...» деп купуя күрсүндү да Кара Токо кымкуутта жөө калып, муну ушунча узатып жибергенине бушайман. Өз кишилерн чачылган, ошентсе да көңүлүндө бар тобокел, эптеп ээндетип чаап салмак мудаасы.

Улам жогорулаган сайын ава суюлуп, сүйрөлгөн коюу боз туман демди кысат. Жөө да, атчан да илкип, арты те терен сайда, кар арасында ар жерден бир карайып, ийрилип жылат.

Бир убакта алды тумандан өйдө көтөрүлүп чыкты. Күн чанттай ачык экен. Кылак эткен канаттуу көрүнбөйт, кылайган шороп жок, аалам ыңжыңсыз, жумурткадай сыпсыйдам болуп кар тунган.

Те көмкөрүлгөн көк менен бириккен бийиктен ашуунун айрымач бели көрүнүп да калды. Калкожо демиккен аттын тизгинин тартып, колун серелеп, ашуунун-аралыгын болжогондой көпкө тиктеди да. «Ха, эми сойлосок да ашып кетет экенбиз...» деп, кудайга астейдил шүгүрлүк келтирип алды.

Ошо кыяпта алдынкы нук жиреген кишилер аркан бою ойрумалап узай, аркаңкыларын

«акырын, жайырак» деп коюп, Кара Токо өзү темине жөөлөтө бастырып келди. Калкожо мурдатан колуна алып койнуна катып келаткан маузерин ыргыткандай артына бир шилтеди. Тарс! Кара Токо көкүрөгүн бир чапчып, мылтыгы колунан түшүп, «аа-а...» деп кыкылдап, демин тарта албай аттын жалына өбөктөп жыгылды. Тарс! Тоо маузердин куу чаңырык үнүн бири-бирине алып уруп, дүңгүрөп жаңырыктап кетти.

Көз ирмем болбой үстү жактан тарс шоокум чыкты. Ошо замат «И, ашуунун белин тоскон экен!» деген күйгүлтүк ой зып этип, Калкожо селт карап, үрөйү уча оозу ачылган бойдои нес болду. Куду үйдөй түрмөктөлүп, кар көчкү каптап келаткан экен.

Карс! Карс! Оң жактан да, сол жактан да дуулдап көчкү жүрүп кетти. Тарс! Тарс! Тиги беттен да кетти.

«Э! дешке эч ким үлгүрө алган жок. Кар көчкү буркан-шаркан каптап, сур аргымак чыңырып кишинеп, төрт аягы тозоң арасында тарбаңдап баратты.

Күү-дуу, күү-дуу кулак тунган алаамат арасында адам зааданын чуулдаганы, аттардын аянычтуу кишенегени кошул-ташыл болуп, улам бири думугуп, улам бири мертинип, бир убакта тиги бст менен бу беттин кар көчкүеү капчыгайдын таманында бирине-бири келип урунуп, асманга бийик көтөрүлүп, кайра жерге жер силкинте чабылып, ошол замат аалам кайра жымжырт боло калды.

IV

Өткөн жылда Фрунзе өзү баштап берген «үгүт поезд», «угут араба», «үгүт кызыл үй» деген күндөлүк салтка айланып, ар аймакта, ар волостто, ар уездде ырчы, комузчу, куудул, чечен кишилер уюштурулуп, жаңылыкты, өкмөттүн кезектеги өнөктүгүн жайылтуу, ушуга тең катар эле жаңы күнгө кедерги боло турган эски үйүттөрдүн маңызын ашкерелөө милдети жүктөлүп, эл аралата башталган болучу.

Ушул ишке байланыштуу Токтогул Анжиян уезд-шаардык аткаруу комитетине чакырылып, алып келүүгө уездден барган увакил, жергиликтен бир кызматчы жигит кошулуп, үчөбү жол жүрүп келе жатышкан.

Аттар ыкшоо, үстүндөгү ээлери жан талыкшыткан ысыкта чала үргүлөшүп, аттары жол жээгинен чөп бурдаша токтой калса көздөрү ачыла теминген болушуп, жай. Кеч бешим, ава үп, күндүн көзү али сайылып куйкалап, ыйлаган көздөй кызара те алыскы төө өркөчтөнгөн пас кара тоого ылдыйлап түшүп барат.

— Чү дегиле-е,—деди Токтогул, атына камчы көтөрө дем бере,— кечки конокко бир кыштакка жетип калалы-ы, балдар.

Ооз жыя электе бурулуштан кобур-собур үн, көп аттын тапыраган басыгы угула калды. Биринен бири өтө чабышып, бирине бири жол койбой, иретсиз топураган атчандар каптай келишип, үч атчан бейпил жолоочу бирпаста алардын ортосунда калды. Эң алдыңкы бири Токтогулду оңурая тиктеп, өчү бар кишиси жолуккандай уурту заардуу жымыя тартыла, жандай келе тизгинден алды түз эле. Үч жолоочуну талашып, бири тизгинден, бири чалбырдан, бири этектен ала тартышып, өз ара чарылдашып калышты.

«Мен кармадым мурун! Мен алам атын, сен өзүн ал!»

«Йе?! Өзүн эмне?! Бышырып жейминби?!»

«Чийки же, эмне кылайын?!»

«Ой!»

«Ой!»

«Чапаны, өтүгү, тебетейи калып жатпайбы сага, ач көз болбосоң?!»

«Э-эй! Тебетейин мына мага койгула, э-эй! Жалаң баш жүргөнүмдү көрүп жүрөсүңөрбү жокпу, э-эй?!»

— Ай, ай, жаранлар,— деди Токтогул күлө баккан боло,—тамаша кылбагыла, жаранлар.

— И-и?!—деди аны ээлеп алган. — Там-машаны көррөсүн сен! — Тизгинди катуу силкип жиберди эле Токтогулдун аты кежеңдей түштү. — Көр-рөсүң!

Ирендери суук, аттары арык, кай бири кыздар салынчу сайма куржун салынган, кыздар

токунчу күмүш чабылган ат жабдык токунган, кай бири төшөк, тон бөктөрүнүп алган. «А куруп кетки-ир, басмачылар экен...» деп баам кылды Токтогул. Эми эле бир айылды талап чыккан өндүү.

Үчөбүн тең аттарынан оодара тартып салышты. Бир имере тиктеп, Токтогулдун чапанын жакалап сыйрышып, бири тебетейин башынан жулуп кийип алды. «Куп тебетей экен да! Сүлөөсүн турбайбы, кудай жалгап?!» деп кубанды да Токтогулга оңуранда кетти. — Ыя, эскиртпей кийбейсиңби, кайран сүлөөсүндү эскирткен эси жок башыңды аз-зыр алып таштайынбы, ыя?!»

Шуулдата бастырып, алды жыла беришти.

«Эй, буларды эмне кылабыз?»

«Энене айгыр салмак белең?!»

«Кылычтап ташта! Тез!»

«Эй, кеңкелестер, эй! Ушул жол боюна да болчу беле?! Өлүк айгак болуп, из куубайбы артыңдан?!»

«Кокуй, ырас айтасың, тигиндейрек буйгага алпарганыбыз түзүк ко?!»

«Кана..»

Шапа-шупа үчөбүнүн тең мойнуна сыйыртмак чылбыр салышып, чү деп жүрүп беришти. Камыш, кара бүргон, шатырата аралан ат менен тең чуркашып, башы тегерене баштаган Токтогул басмачынын үзөнгүсүн кармай калды. «Тарт! — деди басмачы. — Күч келтирбе атка! Кармаба!» - деп, тээп жиберди.

Бир аз узай барышып, көмүскө жердеги жалгыз түп жийдеге имериле алдыңкылары токтой калышты. Жийденин түбүндө башат бар экен, баары аттарынан түшө сууга умтулуп, бири кочуштап, бири жата калып су иче башташты. Суусун кандырышып, кай бири бетин чайына өзүлөрүнчө кобурашып, туткундарды мазактап тиктеп отурушту.

«Кана, кайсынысынан баштайлы?»

«Мына бу чалынан... Жашынын кекиртеги корулдап жатканын көрсүн да. Ыя, баласыдыр, же үкесидир, көрүң сөөгү сыздасын, жүрөгү айрылсын да, ыя?»

«Ва-а, куп болот да-а!..»

«Ким өзү булар?..»

«Ким экенинин бизге эмне кереги бар?!»

«Бир уруудан болуп калса, кокус... тууганыңды өлтүрүп алып...»

«Кектешип...»

«Кийин баласы баландын артынан түшүп жүрсө де?!»

«Биз го, мейли, сөөгүбүз сөпөт болуп кетет...»

— Бизди коё бергиле,— деди Токтогул,— мейли, аттарды алсаңар алгыла.

Баары каткырып күлүп жиберишти.

— Муну?!—деди бир басмачы арсаландап. — Мунун бегилигин көр?! Ким сурап отурат аттарды сенден, ыя?!

— А көрө,— деди дагы бири,— «кыйнабай өлтүр, аке» дебейсиңби?!

Куркуйган арык неме, башчысы ошол сыяктуу, унчукпай келип, Токтогулдун комузун белинен алды да, тепкесин коюп, кыңгыратып көрүп:

— Бура комуз экен, өзү эле сүйлөйт мындай комуз,— деп, Токтогулга заар көзүн тикти кайра.

— Комуз билет окшойсуң а?—деп койду Токтогул атайы кепке тартмакка.

— Кыңгыратчу элек бир убакта...

— Күү черткен колуң менен кантип киши өлтүрүп жүрөсүн?

Тиги силкинип алды:

— Көр-рөсүң аз-зыр!

Токтогул сөз таппай калды. «О, аттиң ай... не Керимбайдын колунан өлбөй, не алыскы Сибирде жок болбой... аттиң ай, эми ушу адам сыягынан кеткен каракчылардын колунан өлүм табамбы?!» деп, жылт эте арман ой келе калды.

Биринин көзү эле жылуу учурайт. Ким? Кайдан көргөн эле бул көздү? Токтогул эстей албай

койду. А тиги улам тиктеп, таба кылгансып уурту жымыят, «а-а, жалын эми...» деп тургансыйт. Сейрек сакалы, муруту алынбай түктөнүп кеткен, калжайып арыктаган, киши өлтүрүп кан көрүп, айыл талап ый угуп, бир убактагы куунак көңүлүнөн биротоло ажыраган бирөө. Ким болсо да Токтогул көргөн баягы киши эмес. Токтогул тааный албай, а тиги таанып, атайы өзү таанылбаган бойдон калайын дейби, тымпуйып тиктеп отурат. Токтогул кимди өзү тарапка ичи жаман деп ойлосо ошолордун баарына окшоштуруп, а түгул ошолордун биринин «баласыбы, жээниби» деп, үрөйлөрүн салыштырып жатты. Кетмен-Төбөнүн, Аксынын кайсы манабына түспөлдөшөт бу кууraган? Тиги мулуңдайт. «Башыңды башыма башма-баш койсоң түшөм арага!» дегенсийт кебетеси. Ким бу? Мейли эле, адашкан кедейдин бири болсо мейли эле, өкмөткө барып, тагдырына кепил болуп бермек, а бу кууraган өзүнө каршыккан манаптардын тукумунан болсочу, кедейчил Кеңеш өкмөтүнө ыйманы, кайнаса каны кошулбай, караманча кармашып жүрүп өтмөкчү болуп жүргөн жанкечтинин бири болсочу?!

Токтогулдун жүрөгү дүкүлдөп, ичтен кыжыры келе ушул азыр өлүм алдында тике сөз айтып, өлүм алдында багынбай, кайра эгешип, өлтүрсө өлүп баратып мунун рухун жеңип кете берерге дилинен өчүгүштүү кайрат ойгонду.

— Сени бир жерден көргөнсүйм?—деп сурап койду Токтогул атайы кычаштык кыла.

Тиги манчыркай жымыйды:

— Эки тоо көрүшпөйт, а эки адам көрүшөт деген го?!

Үнү өтө эле тааныш! Ошол тапта Токтогулдун көз алдына баягы Бабич менен бирге Кетмен-Төбөдө ревком шайлап жатканда «Мен дагы өкмөткө кирем! Мен болом рипкөм!» деп чыр салып турган байбатча тартыла түштү. Үнү кулагына кайра жаңырыктады. «Ошол!—деди Токтогул. — Бу каргыш урган ушул жакта экен го?! Бу өз атасы бай, Коңур-Өгүздөгү манап Байгазынын туушканы! Ошол...»

— И-и, тиктеп эле калдың, ким экемин?—деп күлө кекетти басмачы. — Эми тааныйсың, жакшылап таанытам ким экенимди сага!

— Таанып, таанып,— деди Токтогул жай,— тааныганда ким элең сен?! Тегиң карышкыр сыяктанды эле, сен чөө болуп кеткениңди көрүп турам.

Тиги оозун чоң ачып, көк тиктеп, кекиртеги кыймылдап, үнсүз күлүп алды:

— Мейли, эмне десең ошо де, мен адамдын этин жеп көнүп калгам, азыр сени тирилей ичиңди жарам да, а сен жанын чыкпай онтоп жатканында бооруңдан бир кесиң алып, карын майыңа ороп, кактап жейм.

«И-и...» дешип, дагы айтышсын дешип, кызыгына батышмакка басмачылар шыкактап, ошол тапта те чоң жол жактан чабышкандай ат дүбүртү эшитилип, көктөн куш көргөн чилдей баары бүжүрөшө аттары жакка ыкташып «өтүп кетеби, кайрылабы» дегендей кулак төшөй дым болуп калышты. Бири эки көзү чакчая Токтогулга карай мылтыгын сунуп, чорбойгон оозуна сөөмөйүн апкеле «унчукпа, кыңк десең атам» дегенди туйдуруп карап кадалды. Жакын эле жерден кобурашып, бир топ кишилер өтүп, шабырты улам алыстап өтүп кетти.

Жеңилдене күбүрөп калышты.

«Уа-а...»

«Кудай сактады...»

«Кууп келе жаткан атрет окшойт...»

«Өй, анык көрдүнбү, мал айдаган эле базарчылар окшойт ко?!»

«А сен базарчы экенин анык көрсөн чап артынан, малын тартып алып кал...»

«Йе, эн-неңди...»

«Сенин энеңдики кулптануубу?! Ыя?!»

Экөбү жакалашып кетишти. Тыяктан бири: «И-и, ат аттан калса кулагын кес, катын катындан калса тылагын кес!» деп кычаштырып, быяктан бири каткырып күлүп, бу куду ит сыяктуу жумгалакташып, улам бири үстүнө чыга, улам бири астына түшө ыркырашып жаткан экебүнүн жанына чогурашып калышты. «Менин итим олоймат!», «Менин итим чолоймат!» дешип кыйкырышып, кызыгына бата беришти.

А тиги Конур-Өгүздөн качкан байбатча Токтогулдан көз айрыбай, өзү эле үнсүз оозун ача күлө, Токтогулду сөзү жок шакебелеп отура берди.

— Эй,— деди Токтогул,— адам сыягынан кетип, ынтымактуу чөөдөн өтүп, анык жыйыны бирпкпеген ит кебине жетипсинер го?! Кой деп, ажыратып койбойсунарбы?

— Күчтүүсү калат,— деп койду басмачы камырабай.— Эл үчүн, жер үчүн күрөшкө күчтүү гана азаматтар керек.

— Оппо, куруп кет ай, кайсы «эл үчүн», кайсы «жер үчүн»?!—деп Токтогул астейдил кейип жиберди.—Ушу силерге кайсы элдин, кайсы жердин күнү түшүп калды экен, өңкөй каракчы?!

Тиги терикпей, талашпай, дагы адатынча үнсүз кышылдап күлүп алды. Өзү деле бул жүрүштөн жадаган сыяктуу, бирок кайда бармак, кайда батмак — басар жолу кесилген, барар жери бекиген — аны жакшы билердей, өз кекиртегин өзү жулуп ала албаган соң ушул көйүнө өзү аргасыз окшойт. Жаак териси түйүлүү, демек кимдир бирөөгө кеги бар, көзү кызыл, демек колу кандуу. Муну өрүп отуруп, аны кепке тартканды коюп калды Токтогул. Токтогулдун жолдоштору эми гана өкмөт ишине аралаша баштаган жүрөк токтото элек жаш жигиттер болучу. «И-и... Токо, эми эмне кылабыз, Токо-о...» деп, өз элдин кошо келе жаткан жигит ыңылдап, боору титиреп, ирени өчүп, бүрүшүп калды. Уездден келген увакил нес болуп эле жер тиктейт, «эмне болсо болду да...» дегендей. Тиги жолмо-жол шайдоот, бул дүйнө эми ушунун энчине берилген өңдүү суйсала ат бастырып, эрдемсип сүйлөп, Токтогулдун элге тараган эски ашыглык ырларын зынкылдап Токтогулдун өзүнө ырдап берип, ушуну өзүмүн ырым деп бир кызды имергенин айтып Токтогулду кубантып, «Жалкөтөндүн балдары» деп Ырыскулбектин балдарын шакебе кылганын абдан зарде менен күпүлдөтө Токтогулдун өзүн күлдүрүп келген. Эми колтукка кире шүмүрөйүп ынламсырайт. «Үйдө баатыр, жоодо жок» деген ушубу?! «Эми гана бул дүйнөнүн ыракатын көрө баштаган кезинде минтип капилеттен басмачынын торуна чымчыктай тыбырап түшүп калып отурса бул кураста чыдай ала турган кейишпи?!» деп, өзү жүйө ойлонуп, жаш жйгиттердин абалына өзү кейип отурду Токтогул.

Эки басмачы бири-биринин мурдун канжалатып, кан түкүрүшүп, кекиртектерин тытышып, чарчаганда өзүлөрү ажырашышты. «Уа-а, энеси жалаптар, бириңди-бириң жара тарта албагандан кийин бок жеп жулунушасыңарбы?!» дешип, ыраазы болушпай калышты беркилери. Эки басмачы эки жерде кайрадан ырылдаша сөгүшө башташты.

«Жөн жүр, сен кедейим!»

«У! бай болгон сенин атаңдын оозуна... Сенби бай?! Ушу сенби бай — катындын кызыл куржунун салынган?! Кар-ракчы!..»

«А сенчи?!»

«Сага окшогон каракчымын, эмне дегиң бар?!»

«Сени бул дүйнөңдө өкмөт сыз тамында чиритет, тиги дүйнөңдө кудай думук деген дозогунун түбүнө токоч кылып көмөт, ана ошондо думугасың!»

«А сеничи?! Эн, ыйманы жок, мен бала өлтүргөн эмесмин, а сен мурун теги бизге кас болчу деп, ыйманы жок, синоо баланы союп таштабадың беле?! Ыя, мунун үчүн мени өкмөт да, кудай да жайлоона чыгарат деп жүрөсүнбү сен шумшук?!»

«И-и, сен деги эле киши өлтүргөн жон белең Көр-Шер, матты ээрчип жүрүп?! Ыя!»

«Сен экөбүздүн шишибиз алда качан эле толгон! Жүр, өкмөткө барып беребиз, ошол жерде теңшеп көрсүн, кимибиз ким экенибизди!»

«Сен барып бер, кедейчил өкмөт ко, бешенеңден сылап коёр?!»

«Жүр, бир инибиз өкмөткө кирип алган деп мактанасың го, ошол кирип алган немең койнуна катып алып калар сени?!»

Ыркырашып отурушуп, өзүлөрүнүн гана түгүл бардык басмачы атпайдын касиетин жайып көрсөтүп салышты. Ырас, ушул экөбү элеби, ушу турган баары эле ушундай адам эрежесинен чыккан безерилер эмеспи? Жанагы куркуйган «комузчу» оңтойсуздана токтогулду бир тиктеп, шилекейлери чачыраша ыркырашып жаткандарын бир тиктеп, эми күлкүсү кейиштүү ырсаюу болуп:

— Йе, энеси жалаптар,— деп тилдеп кирди,— бириңди бириң күр дөбөттөй бууп таштай албагандан кийин энненди урайындар, бок жеп үрүшөсүңөрбү, ыя, маңдайлашып отуруп алып?! Болду э, каңкылдашпан!

Огожосу белем, эки басмачы дым болуша, эми бирин бири көздөрү менен жеп, акшыйышып

отуруп калышты.

— Кана, жолдон калбайлы, деди да басмачы бери карап, Токтогулдун колтугунда бүрүшүп отурган жигиттин бышактаганын көрө: — И-и, өлгүсү келбейт окшойт ко оногунун, и-и, жаны ширин окшойт ко?! — деп, бирпаста эле жини кычап кетти: — Эй, сен өкмөтчүсүн, да! Өкмөтчү да коркобу?! Ыя, андай өлүмдөн коркот экенсин, энеси жалап, өкмөтчү болбой тим жүрбөйсүңбү?! У! энеси жалап! Кана ушундан баштайлы...»

Эми эле тумшуктарын жарышкан эки басмачы тукурган ит сыңары жарыша турушуп, жигитти дырылдата сүйрөп калышты.

— Бийгазы байке-е... — деп, жигит жулкунуп бошонуп, жанагы Коңур-Өгүздүк басмачынын бутун кучактап жыгылды. — Мени тааныбай турасызбы, байке-е?.. — деп, эки ийни солкулдап ыйлап жиберди.

«Байкеси» тиштене кала аны антара тээп таштады:

— Тааныйм! Эмнеге тааныбайт экемин?! Сен кедей таздын баласысынбы акыры?! И?! Тааныйт бекемин?! Сенин таз атаң туугандыгына карабай, туугандын тузу урсун, улагабыздан жоо болуп чыгып, сени мага кошпой өкмөткө кошоду беле?! Билбейсинби ушуну?!

— Билем... Билем... — деп,. күнөө бизден өткөн дегендей башын ийкегилеп, кайра бутун кучактоого тырмышты кедейдин баласы.

«Мейли,— деп Токтогул ичинен,— жаш эмеспи, эптен жанын арачалап калсын, дүйнөнүн кызыгын көрбөй арманда кетпесин, жаш эмеспи....»

Үйрүлө калышты басмачылар «А-а, тууганың беле?..»

«Мейли, мейли, тилин тиштенип журө турган болсо, мейли тууганыңдын жанын арачалап кал өлүмдөн...»

— Тууган имиш?! Өздөн чыккан жат бу-у! Туугандан чыккан душман бу-у! —деп зиркилдеди «байкеси» — тарткыла! Сойгула! Канын ичем...

Дагы жанагы эки басмачы кедейдин баласын алка жакадан алып сүйрөштү.

— Байке ба-ай!

— Ата ганаңдын...—деп, жарпы жазыла сөктү «байкеси». — Өкмөтчүл гана болуп кетесиңер э?! Жериме жүгөрү гана айдайсыңар э?! Кошул быякка! Жигит бол мага! Жаның калат...

Көзү ачыла түшө, энтиге:

— Макул, макул, байке бай... — деп жиберди кедейдин баласы.

— Кой!—деди Токтогул тыяктан ордунан тура.

Экөбу тең — басмачы да, жигит да мага айтып жатабы дегендей — жигит нестейип, басмачы кабагы үйрүлө «мени кой деп турган сенсиңби? деп, Токтогулга атырыла тиктей берди.

— Өзүндүн жүргөн кейпиң ушул дагы, баланы жолдон чыгарып эмне кыласың?! — деди Токтогул басмачыга. — Сен эртең эле капканга түшөсүң, өзүңө кошуп күнөөкөр кылып, бөөдө баланын убалына каласың! — Шөмтүрөгөн жигитке карай: — Жашка да, кууга да бу өлүм бир, балам. Өлүмдөн жалтанып, ушул акмактын артынан ээрчип кетесиңби?! Макул, бүгүн аман кал, а эртең ушулардын ичинде соо жүрөм деп ойлобо, а көрө адам сөөлөтүң менен өкмөтчүл кадырың менен ушул жерде өлгөнүң артык эмеспи?!

— Сиз өлө бериңи-из! — деп чаңырды эки көзү чакчайган неме.

Ага терикпей:

— Макул,— деди Токтогул,— мен көрөр жамандыкты да, жакшылыкты да көрдүм. Булар али бала да мага жолдош болуп келе жатканынан башка силерге эмне жамандыгы бар? Мейли, өз атасынын да, таякесинин да өчү бар, мына бу байдын баласы мени өлтүрүп алсын, мейли...

«А-а, жалы-ын сен дагы...» деп, купуя табалап, адатынча үнсүз кышылдап күлүп алды Бийгазы басмачы.

— Ке,— деди «комузчу» басмачы мелтейе заардуу тиктеп,— а тиги өкмөтчүлөрүң бизди көрдүм дебейби, изибизге атретти салбайбы? Ы-ы?

— Салбайт, салбайт,— деп жиберди Токтогул.

— А куп...

Тула бою дүр эте төбө чачы үркүп, бирок өзүн-өзү акылы токтотуп, өчөштүгү кайрат берди Токтогулга. Кыбыланы карап, ыйманы оозуна келе берди. Эч кимге көңүл бурбай, эч кимди тиктебей, сөзгө аралашпай ындыны өчкөндөй шылкыйып отурган уездден келген увакил жигит ордунан жулунуп тура калды:

— У сиңниңни... — деди ыйлактаган жигитке атырыла. — «Өлө бериңиз» дейт! Ыя, ушу кара жаны үчүн бүткүл намысын берип турган сендей кул үчүн ушул азиз адам өлө берсинби?! Сен эле басмачы тууганын экөбүң бирин ичте, бириң тышта болуп култуңдашып жүрө бермексинер го?! У! синниңни...

«Комузчу» аны башка камчы менен тартып жиберди:

— Жулунба! Кезек келет сага да!

Чекесине жая берген канын аарчынбай:

— Вай,— деди ал,— жулунбасам да тири калтырбайсын, басмачы! Мен кошулбайм, «көргөн жокмун» дебейм, эрген эле атрет баштап чыгып, күпкөндөн чыйылдатып сууруп алам! Уктуңбу?! Өлтүр, эмне кыйшаңдап турасын?!

Ирени аны санын кумсарып, бир уургу дирилдеп тартыла баштады «комузчу» басмачынын.

— Мына, карма! Сен бизди өлтүрүп эле, эртен ушерде тайрандап жүрөм деп турасынбы, каракчы?! — деди жигит тайманбай. — Бизди издеп алар жок деп турасынбы?! Силердин ушул жерде талоончулук кылын жүргөнүпөрдү эч ким билбейт бекен?! Ыя?!—деп кекетти кайра.

— О, кагыланы-ын,— деп жиберди Токтогул, кайратка тен бергенинен тула бою болкулдап, көзүнө жаш тегерене. — Жигит деп мына сендейди айтат! О, алдына кетейи-нн...

«Комузчу» басмачынын деми бастай түштү. Мына, эми кантесин? Тири таштап кетишсе изине бүгүн эле атрет салат, өлтүрүн кетишсе, чын эле, ким колдуу болгонун бул эл баары бир билбей койбойт. Чекеси тырыша жер тиктей кынжыла калды басмачы.

Нары четки басмачылар төбөлөрү бириге кала күбүрөшүп турушкан.

«Э-э... бекер гана кармадык да ушуларды...»

«Тааныйм аксакал кишини...»

«Ким?..»

«Токтогул деген ырчы адам ушу да...»

«Эмне болот эми...»

«Кудай урган турбайбы...»

Муну кулагы чалып турган «комузчу» эмне болсо ошол болсун дегендей башын чулгуй карап, жапагы тааныйм деген басмачыны чакырды:

— Бери!

Ирени кумсарып, ыргылжың боло бери басты басмачы:

— И?

— «И?» дейт?! — Өз белиндеги курч кылычын сууруп карматты. — Тез!

Эрини кымтыла, кылычты сабынан бек кармап, көзүн жума токтоло калды басмачы, ошол тапта бүткүл ой-санаасы кумкуут боло, ушул азыр не кылычты шилтеп калар, не ташка чабар абалда. Токтогул нестейин, басмачылар дым болуп карап калышты.

— Кой,— деди басмачы бир убакта, башын чайкап жиберди,— кой, мен өлтүрө албайм...

— И-и?! — деп айкырды «комузчу».

— Ме,— деди басмачы жанындагыга,— сен өлтүрчү... сен... ким экенин билбейсиң да...

— Э-э, кой,—деди ал басмачы чыканагы менен кага сырт сала,— куп билем да...

Берки кылычты дагы бирөөнө сунду:

— Ме... сен бул жерлик эмессиң го, эртең кетип каласың...

— Ие-е,— деди анысы,—бул жерлик болбосом эле эч бир не аласам, не береем жок эле канын мойнума көтөрө беремби бирөөнүн?!

Дагы бирөөнө сабылды:

— Ме... кудай жалгагыр... мени куткарчы...

— Муну?! — деп оройлонуп кетти ал. — Се-ен өлтүрбөй элдин кинээсинен, өкмөттүн жазасынан кутулуп кал, а мен өлтүрүп тутулуп калайынбы? Тапкан экенсиң маң башты?!

Колу, кылычы кошо калчылдап кетти басмачынын, кыжырлана ыргытып жиберди

кылычты, кылыч шаңгыр эте тумаланып кетти.

Тыяктан:

— У! эн-неңди... — деп сөгүнүп турду Бийгазы байбатча. — Өлтүр дегенде өлтүрбөйсүңбү, эн-неңди... Ушу сени...

Жерден кылычты кайра ала коюп, басмачы аны качырып алдын тосту:

— И, «ушу мени» эмне кылып алмаксың?! Мына, сени энеңден чыккан ийниңе киргизем аз-зыр...

Бирине-бири кылыч шилтешип, кылычтары шак-шак чабылып, көздөрү чакчаңдап, эрдемсип кетишти.

— Токто-от!—деп айкырды «комузчу». — Токтот! У, энеси жал-лаптар,— деди энтиге,— бир кишини эптей алышпайт дагы, энеси жал-лаптардын эрсинип кетишкендерин?! — Ортого түшө калды. — Нары! Акшыңдаба!

Оозуна келген ыплас сөздөрдү аябай сөгүшө эки басмачы эки жакка четке чыга беришти. Берки басмачылар төбөлөрү бириге күбүрөшө калышты.

«Ка-ап...»

«Башка бирөө болсо да, мейли эле...»

«Көп өлгөндөрдүн бири болот эле калат эле...»

«Кантип эми...»

«Кой мен кетем, көргөн жокмун...»

«Мен да көргөн жокмун...»

Тапырашып аттарына карай чуркашты.

Үңүрөйүп ой басып турган «комузчу» ындыны өчө башын ийкеди өзүнчө: «Ырас... ырас... Токтогулду өлтүрдүм десең атаң да, балаң да жакшы дебейт...» деди өзүнө.

Түшүнө албай, «өлтүр дейби, байлап жөнө дейби» деи турган байбатча анын тигиндейден да, мындайдан да дити кайтканын сезип, тири жегидей заардуу көзү менен мыкыры тиктеп, өзү да шашыла кымырыла жөнөлдү.

«Комузчу» басмачы Токтогулду тиктей албай, бирок бирдеме айтчудай кыижылып турду да, кайра башын кыжырлуу чулгуй басып, басмачылардын бири апкеле калган атына минди. Шаша, аттарды жетелеше жөнөп калышты.

— Э-эй,— деди Токтогул акырын,— биз жөө калабызбы — ыя?!

Бири да унчуккан жок, бири да бери караган жок, аттардын чылбырларын ыргытып-ыргытып ташташып, а чапан, тебетей алгандары мыңк этпей апкелишип берип, шашыла сүрүлө тизгин бура жөнөштү.

Бири да ушул кедерине кеткен абалда жанын оозунз тиштеп чаап жүргөндү жакшы көрө койбос, бирок бөлекчө айтышка, бөлүнүп басып кетишке чарасы жок, ошон үчүн бирине-бири айгак, бирин жабыла кайтарып, бирине-бири темир жынжырдай чиркелишип, тарткан көйү, кылган күнөөсү бир боло чиелене түйүлүшүп калышкан.

Мына, азыр да үйүр бузбай, артта калың кырагандарына баары токтоп, баары эч ырайым кылбай турган айбат сездире карашып, алдыга сала атын сабап кууп алышып, ар жерден таздын башындай соксойгон майда дөбөлөрдү аралап, имерилип, ээн, ийри-муйру сайларды өрдөп, улам мойнок ашып, бир убакта кең татырга житип кетишти.

Корбашысы Аман да жол карап отурган, бирдеме таап келүүгө кеткен жигиттеринин бир тобу келе жатканын көрүп, далдайып оордунан турду. Жетектеги үч жылкыга көзү түшө үрпөйгөн кашы биртке ачыла үрөйү жумшара калды.

Бери жактан эле атынан жумалана түшө эки колун бооруна алып, жикилдеп алдына жетти жигитбашы «комузчу»:

— Палбан,— деди демиге,— колго капканы ушул болуп...

Аман «аны көрдүм» деген таризде башын ийкеп, бирок кайрылып келген жигиттерин бир имере карап алды:

— Бүт эмессиңер го?!

— Бирөө окко учту, палбан, ар айылга өзүнү корго деп мылтык берип койгонун өзүң

билесиң го. А бирөө бизден бөлүнө качып, энеси жалапты араң атып калдык.

Мурунку кабар кабагын бүркөлтсө да, кийинки кабарга ыразы болуп:

— Ким качса жазасы ошо,— деп, күркүрөп койду Аман.

Ошол тапта Бийгазы байбатча бүкчүңдөп Амандын алдына пайда боло:

— Палбан, палбан,— деп, күйө, туталана оргого түшө калды,— бу туз ургур болгон окуяны толук айтпай, палбан, жашырып жатат, палбан...

Мойнун көтөрө түктөйө карады Аман:

— Эмне?!

— Э-э, э-эң керектүү, чо-оң өкмөтчү колго түштү эле ошону, палбан, мына бу же өлтүртпөй, же байлап алып алдыңа алып келдирбей коё берди го, палбан?!

— Ким эле ал өкмөтчү?

— Токтогул!

—Токтогул?!

Ырчы...

Көзүн ымдалап ойлоно калды Аман. Те тополоңдун алдында Үч-Коргондун базарында атчан ырдап турган бөдөнөдөй чукчуйган кичинекей бир адам көз алдына кели. Ошо кишини Токтогул дешкен болучу. А Бийгазы байбатча кулагына таранчы чымчыктай өлө-тала чырылдап жатты:

— О-о, палбан ан... ал бир оозунан мээри төгүлгөн ырчы болучу... сөөлөтуңүздү, жолборстой баатырлыгыңызды кошо берсе-е айлап түгөтпөйт болучу, ой, палбан ай... даңкыңыз акең эр кыпчак бала баатыр Курманбектей журтка жайылмак, ой, палбан ай...

Аман жигит башысын жалын түктөйткөн жырткычтай үңүрөпө тиктеди. Жигитбашы заматта өңү өчө түштү.

— Кана?! Кана-а Токгогул ырчы? —деп бакырды Аман, тажаал үнү кулак тундуруп, ошол жерде турган бардык басмачылардын үрөйүн учурду.

— Палбан... палбан...—деди жигитбашы тили күрмөөгө аран келе.

— Кана-а?! — деп, ага жулуна умтулду Аман.

Тиги кетенчиктеп:

— Палбан... а Токтогул деген өкмөткө да, палбан, бүткүл элге да өтө таанымал адам, палбан...—деп, коё бергенинин себебин айтууга жан далбас кылды.

— Кана-а?!

— Палбан... өкмөттүн кылар куугунун быякка коёлу, палбан, шайтандын тилине кирбей ойлоп көр өзүң, ал кишини өлтүрүп же байлап келип алсак, палбан, бизге аз да болсо жашырын жан тартып турган кишилерден да ажырайбыз, палбан... көрүнгөн жерибизден бизди эл өкмөткө кармап берип коёт, ушуну ойлосоңчу, палба-ан...

А Аман «даңкың акең эр кыпчак бала баатыр Курманбектей жайылмак» дегенге гана ичи күйүп, туттуккан жаалына өзү уугуп, өз айкырыгы өз кулагын дүңгүрөтүп, жигитбашынын эмне дегенин да, арачага түшө баштаган басмачыларынын жалынганын да укпай калды.

— Кана-а?!

Анын арбаңдаган чатынан шуңгуп өтүп, Бийгазы байбатча жигитбашыга артынан бут тосо коюп, жигитбашы эки чыканактай чалкасынан жыгылып түшту. Кутурган кара дөө сыяктанган Аман:

— Ыя?! Мен сениби?! — деп айкыра барып, басмачысынын төшүнөн колжойгон оң аягы менен пилдей ныгыра басты. Кай бирөө көзү чакчайган, кай бирөө терс карай берип, басмачылар нес болду. Аттын аты биртке жерге кайкалап араң көтөрүп жеткирген дөөпарас эмес беле корбашы?! Басмачысы «ы-ы-ы...» деп ыйынган бакырыгы менен кошо каны ооз-мурдунан оргуп чыгат, жылаандай ийрилип түйүлүп, былчыйып жатып калды.

Бир да бирөө кыңк этпей, баары код куушура бүжүрөп, «эми дагы кимибизди ушактайт арам байдын баласы» деген коркунуч баарын басып, дым туруп калышты.

* * *

Баягы «аттанган» күнүнөн баштап, бирөө «эл коргойбуз» десе бирөө «дин коргойбуз» десе кара курсагынан башка камтама кылары жок селсаяк Аман ошол кымкуут учурда көп аламанга кошулуп, тополоңго аралашып кеткен.

Пенде тең келе албаган кара күчү, биртке эле кемсинткенге өчүгө кыжырланган албуут жаалы бирөөнү таң калчырып, бирөөнүн жүрөгүнүн сары суусун алып, баш нйднрип, «жигит жыйнап», ал ушундай өзүнчө бир топтошкон көшкөйлөргө айтканы эки болбогон «амири» болуп алган. «Эл коргойбуз», «дин коргойбуз» деген сөздөрдүн тегине, маанисине, эртеңкисине баамы деле жетпей, түшүнүшкө аракет деле кылбай мезгил селинин буркан-шаркан агымына калчанган. «Селсаяк», «ашка тойбос», «ууру» «өлүп тирилген» деген мыскылдан кутулуп, эми «корбашы», «палбан» атыккан. Чү дегенде Карасакал бандын үйүн басып, өзү ээрчип турган Шарапатты көз көрүнөө тартып алды. Эч кимге баш койгон жок, «аттанткан» деген кишилердин деле айткан акылына кирбеди, айдаган жолуна жүрбөдү — кек кууду, кан төктү, жолунан кезиккенди ылгабай талады. Мадамин-бектин кошунуна кошулуп, бирок анын тыкылдаткан тартибине моюн сунуп жүрө алган эмес, кийин Калкожого алданып, бирок күнүгө күрпүлдөткөн диний зикирине көнө алган эмес.

Мына, мезгилдин сели басаңдап, өзөнү жаңы нукка түшүп, жөнүгүп барат. А ал бир жээкке сүрүлбөй аралда калган агынды шагыл сыяктуу, жарыктаи көзү уялган жырткыч үкүдөй бир бурчекте уңкүйүп отуруп калган.

Курсагы ачканда колго түшөрүнө карабай короого качырып тийгеп аксак карышкыр таризде оокат үчүн бейпил айылдарга кол салат, талайт. Жолуккан киши жылан көргөндөй чоочуйт, жакшы эле көңүлү ийиге учурашайын десе болбоп «басмачы-ы» деп кыйкырып качып жөнөйт. тоо таянеа баш калкалары буйга, жыбыт, жакага түшсө бехинери калын черлүү кара камыш.

Бел чечиш жок көптөн бери, түнү да, күндүзү да атка тура чуркоого даяр болуп, үңкүйүп отуруп тыным алат. Былк этпегенинен «үргүлөдү окшойт» дейт улагада тыштагы кылт эткен караанга көз тигип, чырп эткен дабышка кулак түрүп, дайыма кароолчу болуп отурган Шарапат.

Эки атчан кишини камыш алачыктын эшигипе кароол баштап келди. Палбандан уруксат алыш керек эле го?!

Кыжыры келип, Аман камыш алачыкты мойнуна иле тур, ду да, келген кишини таанып замат жүзү жумшарып, камышты кагынып таштап, астейдил кубанын, далбактап тосо барып:

— О-о — деп, Ажымат эшенди атынан колтуктап сүйөй түшүрүп алып, сыңар тизелей анын эскилөө боз чеп, кенинин өңүрүнө тооп кылып жиберди. — О-о, келиң, азирети пирим, келиң...

— А... өйдө бол, углум, өйдө бол,— деди Ажымат, ушуну менен анын көңүлүн алдын ала ийгере.

Камыштын арасынан басмачылар шатыр-шутур кыла чыга келишип, баары колдорун бооруна ала кылка-кылка таазим кылып, ийрилип калышты. «Келиң, ыйык ата, келиң... дешти муңайым. Башынан эле жаңы кийим кийип мардемсинбеген, андайды текеберлик деп, кулактууга насыят кылган топуктуу адам эмес беле, кийинки күндөрү сыр. коо чалып өңдөн азгаига аны сайын бүжүрөп жүдөңкү көрүнүп калган. «Йе, куда-ай... бу касиеттүү адамды кайсы периште баштап келди быякка?..» дешип, бирин-бири тиктешип калышты. Баарын бул бозгон күн жадаткан эмеспи, ушул азыр эле бул касиеттүү адам баарына бир бапыраган тоюнчулук бере коё тургандай, баарын кудайдын бир оң жолуна ээрчитип алып кетер сыяктуу баарын бир улук үмүт имерип турду.

Жерге салынар бирдеме бар дейсизби?! Бир боо камыштын үстүнө эле отуруп калды кадырлуу Ажымат. Бет алдына колжоюп чөк түшүп:

— Эми... — деп мыңкылдап, андан нары сөз кирбей, аны сайын шеми тайып: — ушу көргөн көйүбүз, жаткан жерибиз ушу, азирети... — деди Аман шалдырап, бул анын «не көмөк кылгайсыз» дегендей арызы, суранычы окшоду.

Ажымат унчукпай угуп отурду, бирок бир да жолу «кудай жардам кылсын», «ишиң

илгерилесин» деген каалоо айткан жок, көзүн чарчаңкы сүзүп, сөз аягын күтүп отуруп укту. Бир убакта көзүн ачып, акырын үн салып, муңайым кеп урду:

— Орустан орустун айырмасы бар экен, жаранлар. Кеден орус кедейчил, теңпоз чыкты. Жаңы өкмөт жамы элди тең санап, жамы журт үчүн көпүрө салыи, жол ондоп, сааны жокко саан таап берип, жери жовдо жер кесип — кадим эле кудай каалаган, пайгамбарыбыз керез кылган ирежеге окшош иш кылып жатат...

Кимиси калп дей алат?! Баары мелтиреп, Аман да үңкүйүп, отуруп калышты. Өз көздөрү менен көрүп жүрүшпөйбү?! Жол түгүл, көпүрө түгүл каксоо жерлерге арык чыгара баштады го кедей өкүмияты?!

Гөр оокатка үзүлүп түшүш, бейбапа мансапка мардайыш көп жашоо камына өтүш, өлүмдөн коркуш деген бул адамдын дилинен эчак чыгып кеткен. Жылым сүйлөмөк, үмүт бермек, жүйө жол көрсөтмөк, эки дүйнөдө тен пакиза болуш такыбалыкка үндөмөк бул адамдын өмүрүнүн наркы болуп калган.

— Тарат бул бечараларды, — деди башын ийкей Ажымат эшен,— үй-жайына коё бер — эгинин эксин, малын баксын, соодасын кылсын. Бөөдө тирилигинен калтырып, бөөдө күнөөгө кабылтып, эки дүйнөдө кинээсин, кеперетин мойнуна көтөрбө, үкөм.

Угуп турган өз кулагына ишенбей Аман үрпөйгөн кашын көтөрүп, кан таршыган көзүн парлап алды. Шыбыш чыга түштү, жарымы кулакка илинип, жарымы илинбей, басмачыларынын арасынан «туура сөз», «не пайдасы бар эми?..» деген күңкү-мыңкыл кепти баамдап, баш ийкегендери көзүнө чалына да калды..

— А менчи? — деди Аман. —Мен кайда барам? Канга батып отурам белчемден! Ким кечирет кеперетин?!

— Ырас, ырас, тар пенде кайдан кечирсин?! Ичи кең бир кудай өзү таразага салат. Элдин тынчын алба эми, укөм, өзүң бир жакка кыңкакайлап кет... — деди Ажымат эшен, андан нары чарчагандай шылдырап, дили астейдил, муңайып отуруп, баарына угуза маани улады: — Сен экөбүзсүз эле элди коргоп, багып кетти өкүмият, үкөм. Эл баккан өкүмиятка каршы жүрмөк шарият жобосуна ылайык болбойт, «кери ниет», «каракчы», «ууру» делинет андай, а каракчы менен уурунун жолу арам, кагылышта өлсө шейит эмес...

Баарынын көңүлүнө «өлсөм шейит болом...» деген ишеним төтөк сыяктуу болучу. Дагы басмачыларынын арасы капилет жел урган камыштай шуудурай түшүп, кайра корбашысынын заарлуу кабагы үйрүп, дым болду. Калчылдай баштады Аман, акылынан ажырап бараткандай асман тиктеп, оозун аңырдай ачып, тула бою солкулдап, бир айкыра күлүп алып, анач өңгөчүн тартына тез соолугуп, эки көзү акшыйып кадалды. Тажаалдана обдулуп ордунан туруп, куду капаска камалган жырткычтай алдастап, кайсалана нары-бери басты. Шарт бурулуп, канга Ажымат эшендин алдына чөк түшө эңкейип:

—Эмне?! «Каракчы»?! «Арам»?! — деп, кекээрлей сурады, андан нары сүйлөтпөй жекирип кирди. — Ыя?! Маа бата берген ким эле?1

Пендеден эч качан көтөрүңкү үн угуп көрбөгөн Ажымат эшен астендил таң болуп тиктеди:

— Ие, углум, деди акырын,— «эл тала, эр өлтүр» де, дим беле, углум?

— Се-ен... — деп, балбалактап жиберди. Аман, башың чулгуп-чулгуп күйө. — Эми келип жакшы киши болун? «Кой» деп?! Ыя, бекти болсо жеп тыңдың, эми менин каллем үчүн сага эмне бермек болду «өкүмиятың», ыя?! —. Кайгы аралаш каткырып, кайра тез соолугуп, көзүнөн заары төгүлүп, тиги кимге болушарын билишпей бүжүрөшд баштаган «басмачыларына» карай күркүрөдү. — Ал! Башын ал! А-а-ал...

Селт этпей, эч тоотпой, кайра кейий жүзүн үйрүдү Ажымат эшен.

Баары алактай түштү. Ушундай «башын ал», «жаның жааннамга кетир».деп калган чакта корбашыга бир көрүнүп калыш үчүн талашып киришчү. Азыр бири да кут этпей, дем тартпайт, «мени чап деп калбасын» деп, бирине бирн кымырылып туруп калышты басмачылар. Бүткүл элге кадырлуу даанышман адамга ким кол көтөрөт?!

— Карма-а! —деди Аман эки жагын кайсактап каранып, бирок бир дагы басмачынын көзү баштагыдай өрөпкүй көзүнө урунбай койду, баары кыйгай, жер тиктей азыр көзүн түгүл боюн ала кача тургандай. Өз уусуна өзү уугуп, кайра обдулуп, шап кылычын суурып алды да, өзүн

тик карап отурган Ажымат эшенди так пешенеге бир тартып калды Аман. Тогуз ором ак селде кыркылып, ийреленděп чубалып түшүп кетти. Ажымат былк эткен жок, мостоюп тик караган бойдон, кыжыры эми келгеңдей жука эрини кымтыла түшкөн. Макмал топу соо экен.

— Йазид[1] — деди көзүнөн өчөштүгү көрүнүп.

Кылычы эмес палбандын муштумунан ким аман калган?! Ошол замат басмачылар чурулдап жакаларын карманышып.

— Йа, куда-ай! — дешип, бир мелтейген Амандан, бир тиги четте турган Шарапаттан башкасы баары бүк түшүп жыгылышты. — Йа, куда-ай, сактоочусу сактады-ы...

Кайра эсине келе калгандай кайра обдулду Аман:

— Токто...—деди сөгүнө. — Мусулмандын кылычы өтпөсө, токто, мунун орусунун өзүнүн огу өтөт буга!.. — деп, маузерин сууруп, Ажымат эшенди төшкө бир нече жолу атып жиберди. — Мына!

Кын дебей көзү сүзүлүп, келме келтирди белем, оозу аз кыбырап, акырын кыйылып, кыңкайып жыгылды Ажымат эшен.

Удуртуй түшүштү басмачылар.

—У-а-а-а!..

—Өлтүрдү-ү-ү!..

— Коку-у-уй!..

Чуру чуу түшүп, бөөдө набыт болуп жаткан касиеттүү адамдын кузуру ким артта калганын ура тургандай сезим баарын шаштырып, алакташып, бирин-бири жыга коюп өтүн, кыйсыпыр болуп, атка мингени минип, мине албай калганы атына да карай албай тушкелди, беткелди качып жонөштү. «Коку-у-уй, бөөдө забын кылды ыйык адамдын канына, кокуй!.. Эми иши оңолбо-ойт, кузуру ура-ат!..» деп балбалактаган үн Амандын жүрөгүн сыдырап сыздатты. Бирпаста пиринин башын жөлөп муриди Шамырза, этек жагында сыңар тизелеп үңкүйгөн бойдон Аман, тигинденректе элтейген Шарапат гана калды.

Пирин эки колдоп балача көтөрүп, энтигип ыйлап жөнөдү Шамырза. «О-о... арам өл, Аман, арам ө-өл...» деп, озондоп каргап, артын карабай кетти.

Эмне шойкон иш кылганына эми акылы жетпей, башы каңгырап, эми эр кайратынан ажырап, өз денесин көтөрөргө шайы болбой шалдырап, Аман-палбан аңгырап талаада калды.

Кечке жуук экөбү акырын буйгалап бара жатышканда карп-курп беш басмачы жолугуп калды. Башка убак болгондо качканы үчүн бири кызылала болуп союлмак, бирн камчы алдына алынмак, бу каңгырап калган абалында жазаламак түгүл ичинен сүйүндү Аман. Булар жергилик эмес, кайдан экенин бнлбейт. Иши кылын, өз элине бара албас, тааныгандын көзүнө түшө албас, колу канга баткан жанкечти кишилер болучу. Бу да болсо эш.

Бирок, Амандын көңүлү баштагысындай эч көтөрүлгөн жок. Эч качан өлүм коркунучу оюна келген эмес. Ие бегме-бет кылыч таптаган, не мылтык такаган кез болгондо кайра күркүрөй тажаал жаалы кычап, жолборстой атырылып чап салып кирчү эмес беле?! Эми ал дем кесилген, бирде узун оорудан жаңы баш көтөргөн кишидей кеңгиреп, бирде чоочуп ойгонуп, ит тукуруп кууп чуулдап көп каптап келе жаткан болуп, бир коркунуч калчылдата берет. Шамырза Ажымат эшенди бала сыңары колуна көтөрүп: «О-о... арам өл, Аман... арам ө-өл...» деп, озондоп өкүрүп кеткени көз алдынан кетпейт. «Өзүң баш калкалап кет, углум...» деген Ажыматтын муңайым үнү кулагынын тубүнөн шыбырайт да турат. Кайда барат? Кайсы чек араны тапмак? Ындыны өчөт.

Бу өңкөй жанкечтилерге да ишенбейт. Ким ичине кирип чыккан?! Бир түнү башын кесип, дорболоп алышып өкмөткө тартуулап кете беришсечи?!

Шарапат аттырбайт, эки маузерди эки тизесине коюп алып, ар түнү кирпик какпай күзөтөт. Үн чыгарбай чычырканак бадал аралай үч ирет орун которушат. Курсак деген баарында бар, кээ бир түнү кадимки эле уурулукка жортушат.

---

[1] Й а з и д — халиф азирети Алинин эгиз балдарын (Асан, Үсөн) Кербаланын чөлүндө өлтүргөн киши.

Карышкырды ээрчийт дечү эле, кандай жыбытка кирип кетишсе да шакылыктап сагызган алардын үстүнө жүрөт. Ок чыгара алышпайт, «биз мындабыз» дегендин өзү эмеспи.

Бир күнү түштө баары тунжурап, баары тымпыйып, бирин-бири акмалагансып отурушкан. Бир кыла турган иш, бир үмүт болсо, сөз жалганат окшойт. Бири да унчукпайт.

Кимисинин ичи жаман болду экен? Ким бир ыктуу учурду андып жүрөт экен? Имерилип басып турду Аман. Эч бири өйдө карабайт. Бул ага жакшылыктын жышааныбы? Көргүлөрү келбейт! Аман камчысын бүктөй кармаган, ар кимге бир кыя тиктеп, кимисинин башына каар болуп төгүлөрүн, өрт болуп жагыларын билбей, шектенген сайын, ойлогон сайын өчөштүгү кычап, ичинен калчылдап, имериле басат.

Четте бүрүшүп отурган басмачынын жакасынан алып, өзүнө тартты:

— Сен... бери тиктечи?..

— А-а-а... — деп, эсинен танып бараткан сыяктуу үлдүрөп, башын араң эле чайкашка жарады ал.

Шарапат силкине сүйлөдү тыяктан:

— Ушунун колунан эмне келмекчи?!

Аман өлөрүн санаган басмачыны нары түртө таштап, кыдырып басып, дагы бир басмачыга үңүлүп карады. Эски кара көрпө тебетейин көзүнө түшүрө кийген неме жалтанбай, оозу итатайы тутула кыйшайып, мелтейип тиктеп тура берди, дагы биртке болсо «ар-р» деп бетине асылгыдай. Терс айланып басып кетти Аман.

Эми дагы кимисине жабышат? Үрөйү учкан кишилер былк эте алышпай, купкуу болушуп, томсорушуп, аный дүңкүйгөн алп далысын эстери чыга тиктеп, отуруп калышты. Тиги азезил Шарапат аямакпы?! Колунда маузер, кабагы суз, ушул азыр ким былк этсе анын жанын чыркыратып дабла кылыштан таюу тартпайт.

—Атрет!

Кашын чимирип, кайрыла карады Аман. Те мойнокко коюлган кароол жумаланып түшүп келе жаткан экен. Баары дуу тура атка чуркашты. Аман кимгедир ызырына күнкүлдөп сөгүнүп, килейген чоң тору атка минди:

— Йа-а, алла-а! — деп, эрдемсий үн салды беш басмачысына. — Кудай берген жанды кудай алат, коркпогула, баатырларым! Ата турганыңды көздө, тоо тарапка качабыз, кача турган жагыңды эсиңден чыгарба, эч шашылбагыла...

Аман чоң тору атты катуу теминип жүрүп берди. Беш басмачы бөлтүрүктөрүндөй тобун бузбай дүрдүгүп ээрчиди.

Бу кымкуутта, ар кимдин жаны өз уучунда кыпылдаган мезгилде бешигин өңөрткөн киши болбой Шарапат буйдала калды да, алдындагы туйлаган акбоз аргымакты темингенче жерден бешикти эңип алып кетти. Ыйык жалга өбөктөгөн бойдон терс багытты көздөй чапты.

Те алыстап, кыраңга таяна беришкенде Амандын алдынан бир топ мылтыкчан атчандар тосо чыгышты, арты куугун. Басмачылар уюлгуп, бирин-бири тегерене чаап, үйрүлө калышты. Аман:

— Уа-а! Ке-ел өлө турганың! — деп, кыйкырык салып, маузеринен удаа-удаа ок чыгарып, айбат кылды.

Жалга өбөктөп, тизгин бура теминип, а дегиче алдындагы чон тору чаңыра кишенеп, эки алдыңкы буттары менен көк чапчып, жан талашып келип, аңгелдек ашып кетти. Аман башынан ашып жыгылды.

Тура кала кеңгирегендей болуп, теңселе түштү. «Багын! Куралды ташта!» деген үндөрдү жакын эле жерден укту. Ушул кысталышта өз басмачыларынан чаап жетип, колдон алды. Аман үзөнгүгө жабышты, ат менен кошо лакылдап чуркап жөнөдү. Колго түшүү коркунучунан чыгып баратты

Ок жетти дагы узатпай, медер болгон жалгыз ат да Жыгылды. Аман диртилдеп жаткан атты шыйрагынан сүйрей тартып таштап, алдында калган басмачыны өйдө кылды. Жанагы мелтейген неме экен! Эсине келе алган жок, эки ууртунан кан чыгып калган. «Колуңду көтөр! агын!» деген өкүм үндү кайра укту. Өзүн карай сыйыртак камдап келе жатышкан кишилерди көзү чалды.

Далдактап чуркап, тиги ар жагынан курчап келе жатан кишилерден буйтап, туюкка камалган бөру сыяктуу алдастап, акактап, улам бир жакка бой уруп, кетенчиктеп басты. Атайын десе маузери жок, жана агынан жыгыдганда эле колунан ыргып кеткен, эки көзү гана кош ооз мылтыктын оозундай ар кимге анласыз үнүрөйө сүрдүү кадалып жатты.

Бир убакта бийик кызыл курдун кырына барын такалды. Заулдаган бийик! Те түбүндө кызыл буурулданып, уюлгуп, күрпүлдөп дайра агып жатат. Алды да өлүм, арты да өлүм!

Эми далбастаганы токтоду. Бир аз шалдырай, сыздаганы билинген бир капталын алаканы менен сыйпалап, жошулуп чыккан өз канын көрдү да, кайдыгер гана колун жамбашына аарчып, тим болду. Те нары жакта төрт басмачы колдорун соройто көтөрө жикилдешип калышканын көрдү. «У-у! У, бу дүйнөгө устун боло тургансышкан, энеңди...» ичинен сөгүндү. Эки көзү боз аргымакты издеди. Жок, жайкы булуттай чубалган, сары жалдуу акбоз аргымак эч жерден кылак эткен жок! «Кайриет! Кутулуп кеткен экен. Наристеде эмне айып?! Өз күнүн көрсүн...» деди күбүрөнө.

— Э-э, камалдыңбы жардын башына?!

— Тынч тур! Тынч...

— Колго тирүү түш!

Аман бул зекиген өкүм сөздөрдү башы каңгырап туруп укту. Тигине бири кызыл чырай кыргыз, бири чекеси тасырайган өзүбек, бири оңкойгон мурун сары орус — катар басышып, аны кармаганы келе жатышат. Таймашууга каруусу калбаган,-кайрат кылууга деми түгөнгөн, Аман салбырап турат.

— Кана, колуңду өзүң аркаңа ал...

Аман дирт этип башын көтөрүп, кабагын үйрүй бир тиктеди да, шарт бурулуп, заулдаган кызыл аскадан ылдый боюн таштап жиберди. «Эй!» дешке араң үлгүрүп, аскерлер курдун кырына жүгүрүп жетишти. Көктө мертинген кара жору сыяктуу Аман калдайып барып, бир убакта уюлгуган дайранын иримине шарп деп түштү.

Бирде көрүнүп, бирде көмүлүп, дайранын албуут шарында Аман агып калды. Куугун Алабуга аймагыный өзүн коргоо отряды болучу. Биринен-бири оозунуп, кызып асканын кырына сыңар тизелей отура калышып, удаама-удаа ата башташты.

Те аралыгы киши таанылгыс бийиктен катуу күү, салмак менен келип түшкөндө, жайкалган көк ирим көлдүн как жарылганын бир билет, кулак түпкө капилеттен тартып жибергендей кулагы чуу эте барып тунуп, көзүнөн о чагылып, чоң кара чепкени гана кайра биртке калкытып,

удургуй уюлгуган тажаал дайра бүктөп агызын жөнөдү. Жан аргасы далбастатып, чалабула суу жута энтигип, эптеп башын көтөрүп, артын каранып алды. Те кызыл курдун кырынан карарып кишилер, бирткеден бурк-бурк эткен көк түтүн көзүнө аран чалынды. «Э, атып жатышат!» деген ой келди. Чулп! Чулп! Ок суу чаңытып жандап түшүп жатканын ошондо сезди. Дароо сууга кайра чумкуп, чоң чепкенин чечти да, коё берип, өзү андан бөлүнүп, жээкке болжоп сүздү. Деми кыстыкканда башын кайра кылтайтып, тиги жайыла калдайып агып бараткан чоң чепкенди ок мөндүрдөй сабап жатканын көрдү да, дагы чумкуп нарылады.

Жаян балыкча сууну жара акырын жээкке келип, баш көтөрбөй таш өбөктөп жатып калды. те төмөнтөн жацжуң кыйкырык, тарсылдап мылтык атылыи жатканы угулду. Кара чепкепди жээктеп кууп атып жүргүшкөнүн сезди. Кутулдум деген кубаныч да, же кайра жээктеп жогору келип таап алышат деген коркунуч да оюна келе алгап жок, кансырап, алсырап онтогонго гана аран жарады.

Бир убакта эсине келди, жер караңгы экен, эти чыйрыгып, тиши шакылдап кетти. Түйшөлө күүлдөн муздак шапата коштоп дайра агып жатат, теребелде тири жан жок. Ок тийген капталын колу менен басып, бир колу менен жер таянып, өчөйүп ордунан өйдө болуп, сууга чыланып зыңгырап оор болуп калган чоң өтүгүн чечти, анан көйнөгүн айрып жаралуу капталын таңмакка аракет кылып, бирок шайы ооп, ошол дардайган бойдон кумдун үстүнө жатып калды. Күндүз аптап сиңген майда кум жыпжылуу экен аны сайын жанын жер тарттырып, магдыратып жиберди.

Бир убакта тула бою бүтүндөй алпыгып, ошол жаланач кумдун үстүндө сулап жаткан боюнча чекесинен чыпылдап тер чыкты. «Э, жан терим го? Өлө турган окшодум го...» деп

ойлоду. Эси да оогон жок, жаратынын ооруганы да билинген жок, кандайдыр куландан соо сыяктуу Дени жымырап, бирок башы бир түркүн каңгырап бош, тиктеген жагынан жер көчкөндөй айлангансып калды. Ыя, ушинтип эле өлүп каламбы?..» деп таң калды. Көңүлүнүн теренинен каршылык ойгонду, ушулар азыр өлүм киши болуп алдына келсе таймашуу оюна келип, чымыранып ордунан обдулуп башын көтөрдү. «Жан алгыч киши өлөрдө көзүнө көрүнөт» деген айтым сөз зып эсине келип, айланасын кеңгиреп имере каранып, кыялынын аягына жетпей акылы тумандап барып кайра жыгылып.

Көзүн ачты, канча убак жатканын билген жок, так маңдайына жаркырап көтөрүлүп турган алтын күндү биринчи көрдү. Тула боюм аманбы деген кыяста бир колуң бир колу менен кармалап, солдоюп жаткан бутун тартынып, кайра сунуп алды. Жо, тирүү экен! Өзүнөбү, кудайгабы көңүлү миң мерте ыраазы болуп, акырын үн чыгарып онтоп алды. Ошол учурда шыр-шыр деген шоокум кулагына жетти. Жорткон желби? Чөптү акырын шуудуратып бирөө аңдып келатабы? Алсыз жүз буруп, майда кумда жай бураңдап сойлоп, өзүн карап келе жаткан кере кулач ак жыланды көзү чалды. Ичиркенип, эти жыйрыла түштү, "бирок арбалган сыяктуу ордунан тырп эте алгац жок, «И, жан алгычым ушубу?..» деген өкүнүч ой дароо чырмап кетти. Боору темгил сары, сырты илекидей ак жылан ийрилип сойлоп, башыи соронтуп көтөргөн бондон куйругунун учун акырын кыбыратып сойлоп, улаы жакындай берди. «Келсин!» деп тиштенди, бу жан алгыч эмес кудайдын руху болсо да жалпайта муштоого камынды. Жылан токтолуп, эки ача тилин жалмаңдатып, бу сулап жаткан жалаңач пендени тешиле тиктеп калды. «Э!» деп үн да чыгара албай, дирт деп жыйрыла да албай тула бою сенейди. Жылан шыр-шыр сонлоп келип, кара түктүү дагдайган төшүнө ийрилип чыгып, көп турбай бирдемеден жыт алган сыяктуу жаралуу капталыма артылды. Сүйрү башын ийип, кум каткан жаракатты жалмалаган өңдүү болду. Эми өчөшкөндөй былк этпей койду.

Жылан нымыккан канды көпкө жалмалаган окшоду, бир убакта жерге түшүп, майда кумду дагы шыр-шыр эткизип, акырын ийрилип сойлоп кетти. Унчукпай, көзүнүн кыйыгы менен узатып тиктеп кала берди. «Э, кудурет, бул эмне ажайынбың?..» деп, жакшылыкка жооруп, бу ага дем болуп дароо чыйралды. «Э, кудурет, дагы ичер суум түгөнө элекпи?!» деп, канына чындап толкун жүрө баштады...

Түн жарымы чен эле, тыштан ит үрүн, бир убакта эшикти бирөө такылдатты. Жакып ойгоо жаткан, жүрөгү бир жамандыкты сезип, башын көтөрүп тыңшады. Ит чаяланып, эшик дагы такылдады. Ким? Жакын катынын туруп ойготту да, эшик жакты жаңдап, заманасы куурулуп, катар төшөктө жаткан эки уулун тиктеп турду. Ит дагы эле каңшылап үрүп, тыштагы эми эшикти катуулап муштагылап баштады. Ireңи учкан эрин көрүп, зайыбы тамдын төрүнө жыйылган көп төшөктү жыга тарта салып, аны жүктүн артына жашырды да, анан каалганын түбүнө барып, өзү да буткөн бою калтырап, демин тартпай кулак төшөп токтоду. Ит дагы эле чаяланып үрүп жатты.

— Ки-им? Үйдүн кожоюну жо-ок!..

Тыштан онтоо угулду. Ким болду бу жети түндө жүргөн? Эшикти ачып, өңкөйүп бир капталын баса жалаңак, жалаң баш, көйнөксүз тартайып турган бирөөнү көрүп:

— А-а-ай!.. — деп бакырып, эшикти кайра карс жаба салды.

Тыштан:

— Коркпо-о, жеңе... бу мен... — деген онтоо угулду. Эси чыккан зайып төргө өтө качты:

— Коку-уй, баягың...

Жакып жүктүн аркасынан суурулуп чыга келип, эшикти ачып, көргөн көзүнө ишене албагандай нес боло түштү да, кынжылып туруп:

— О-о, ит жандуу кайраным а! Дагы гөрдөн туруп келгениңби?! — деп жиберди. Бул сөзүндө астейдил боору ачыган да, өлө жадаган кейиши, өчөштүгү да бар эле.

Жаман абалын көргөн соң, эмне кылат, кантип үйдөн кайра чыгарып жибере алат Аманды уйкананын төрүнө алдына чөп төшөп, жаткырып, бери жагын как отун менен калкалап койду. «Өлүгү сууга агып кетти» деген сөз уккан. «Кой, эптеп жаны калса бир жакка баш калкалап кетип калар!» деп ойлоду. Өзүнөн башка ал жакка чычкан жорголотпой, жан адамга туйдурбай,

дарылап жашырын бага баштады.

Аман чыпчаң бир ай дегенде өйдө болду. Жакып жанында отурган, алдына жазып алган көк чүпүрөккө үңүлүп, майда талкаланган карарган бирдемени кармалап, кайнак суусу бар чайнекке салды да, улам кайтарып демдеп, пиялага биртке куюп:

— Ке, биртке дары ич,—деп оозуна кармады. Аман Унчукпай чайга эзилген мумуяны ууртады.

— Шүгүр, кудай дагы бир сактады... — деди Жакып, жан кыңкайтып алып, мылтыктын ничке темир сүмбөсүнүң учуна шор кебез ороп, жаратка сүңгүтүп, ириңди тазалап, анан кургак мумуя септи. — Ушу шыпаа болду, оор эле, ок жанып тийип, оң сүбөң бүтүн кыйрап калган экен, кудай өзү дагы бир сактады сени...

Аман кың дебейт, кыйла оңолгон, руху тирилген:

— Шарапаттан дарек барбы?

—Жок, ким издейт?! Дайра бойлоп, камыш арасында, го кармалды деген каңырыш жок.

Эки көзү чакчайып, ичи кыйсыпыр чаңып ар ким көз зек карс-күрс тийип, сулап жаткан Аманды көөмп, дөбөлөнүп үйүлүп чыкты.

Бул бейжай эки жолу ташпараң болуп, бул жолу кучкачы өйдө боло алган жок...

V

Көк муз, ак мөңгү, арсак-арсак туу чокулуу улуу тоо үстүндө калкылдап, жалаң канат кичинекей аэроплан учуң келе жатты. «Кыр-кур» деп, үну жердеги маглук атпайга араң-араң угулат. Кээде булутка кирип, кээде күнгө чагылышып, каңгып тарп чалган кузгун сыяктуу канат серппей сызып көрүнөт. Бүркүтпү дейби, аска боорундагы көп кайберен дыр берип үркүп токтоп, кулактарын делдейтип таңыркап тиктейт. Темир куш кыя салып, те төмөндө көк торгун болуп мелмилдеп жаткан кең Алай үстүнө өттү.

Учкучтан башка аэроплан ичинде бир гана Энвер паша. Муну алтын пул зарптап, курал коротуп, быякка жөнөтүп жаткан чет элдик төбөлдөр: «Ишке көмөк болгон убакта мусулман мусулмандыгын өтөбөй койбойт, илгерки албуут түрктүн кутурган ар-намысы ойгонот да, алаканына түкүрүп, кылычын бабасынын арбагына кайрап, дуулдап көтөрүлөт...» деп дагы эле үмүт үзүшө элек болучу. Уйку гана, алаксытат пашаны, бирөө менен сүйлөшүп отуруп да, бул ой анын көңүлүнүн жарымын бөлүп, ичтен сыздатып кепитип, чекесинеи кара тер кетирип, аны эзип турганы турган.

Ушул азыр да кызыл аскердин колбашчысы Фрунзенин келгенин өкүнүп эстеди. «Бияктан ошол сыяктуу бул элдин сырын билген бирөө табыла коёрун кудай билет эле, аттиң ай?! Мына, ошол кылгылыкты кылып кетпедиби? Эскиден калган буердеги орус билермандары бул элдн жек көргөнүнөн дагы эле чоочулап, дагы эле ишенбей, бул элден кеңешчил алейне аскер курабай, мылтык бербей карышып отура беришмек, биртке каршылык чыкса чылк орустар өзүлөрү кан жайнатып басып, та-ак ошонусунан кайра кастык күч алып, ара бирикпей, кеңеш өкмөтүнүн алыскы Маскөөдөн зар какшаган ою бул жерде ишке ашпай, бул эл менен оту күйүшпөй тура бермек, аттиң ай — деп, акырын үшкүрүнүп алды. «Мына, бала сыяктуу мэвлуу токоч карматып элди алдап, мына, кенеш тамыр азайып, шактап, бул элге алынып, өзүмдүк болуп кетмей болду, мына, эми каптебиз, вазийфа өтө татаал болуп калды — кантип майлуу токочту баланын колунан сууруп аласың, кантип жаакка бир чаап, кантип тиги майлуу токоч бергенди эми таш менен ур дейсиң?! Урабы?!» деп, толгонуп, баары бир кайра кайрылып кетип кала албай турган болгон соң көгүнө таянып, тагдырына баш байлади.

Те керилген түздүн төрт бурчуна булаган түтүн көрүндү. Аэроплан кыйшайып, бир имерилип бөксөлөдү. Тизилгек атчан кишилер көрүнду.

«А жергилик элден ким тосуп чыкты экен, кандай түркуН санаалуу адамдар болду экен?..» деген ой көңүлүнө келди Энвер пашанын. «Мойдун келди бекен?..» деди өзүнчө. «Колго илингени ошо. Кандай түстүү адам болду экен? Окуган немеби, же...» деген ойлор жармашып кыстай берди. Неткен менен, паша өзгөчө ишеним кылып, ошого таянмакчы болуп, быякка келаткан соң ал адам жөнүндө камтама болбой коё албады.

Кош дөңгөлөгү жерге бир тийип, бир тийбей аэроплан дөнкүлдөп баратканда жакын катарларда бир ай мурда «бек менен байланыш түзүп, өзүн тосуп туруш үчүн» жиберилген өз кишилеринин үрөйлөрүн көзү чалды. «А жакшы!» деди Энвер паша көңүлү көтөрүлүп.

Аэроплан токтоп, учкуч эшигин ачып, ичкериден кичинекей темир шатысын жерге сайган соң тигил жактан эки адам аттарынан түшүп, өзүлөрү бери утурлай басып калышты. Энвер паша акырын аэропландан түштү. Бири чоочун, көлтөңдөп, көңүлсүз басып келди. «Гм... бек дей турганыбыз ушул окшойт?..» деди паша, тигинин калдайган сүлөөсүн тебетейине, көрпө жакалуу сары тонуна ичи чыкпай. «Бу да бир түркөй болсо, ыя, нары жыгыл десең бери жыгылса, бери жыгыл десең кежеңдеп тартынып нары жыгылса, ыя, кудай уруп, не көк келтек менен, не ширпн сөз менен оңго бастыра албай отурсак эми?!» деди ою. «Йе, бу Риза-Али-бей го?» деп, ага Мойдун таң калды.

Биринчи кеп алышуу «ордо» деп буйгага тиккен боз үйдө болду. Жашы кыйлага барып, өзү илгери «амин» атанып жүргөнүнө карабай Жумабай кымыз куюп, ал гана аралашып, жалгыз күзөтүп отурду.

Кымыз ичип жайлоологону келген беле?! Энвер паша кабагы бүркөлүп, бир жагы бул көлтөйгөн түркөн Мойдунду көргөндө эле көңүлүнө жакпай, итиркейи келип, же анысын тышка чыгара албай, бир кур ындыны өчүп, кымыз жүрөгүнө барбай кыңырылып отурду. «Йе, кудайдын кылганы ай! Бул эмнени билет?! Эмне келет колунан ушунун»?! деди көңүлү тыпырай. «Кой, андай адамды сыртынаң бычып кор ойлобо! Бу кеңеш өкмөтүнүн ичинде туруп, доосуна көнбөй, айдаган жолуна баспай бу ак кар көк муздун арасында жортуп жүргөнү бекеринен эмес чыгар?!» деди бир ою те түпкүрдөн. «Ким болсо да сүйлөшөбүз ырсайышып! Кайдан табасыз жакшысын, иш билгисин?! деди купуя үшкүрө.

Мойдун тула бою арча күпчөктөй, кыймылы будоо, ыкшоо. Бул дагы пашанын көз алдында «түркөйдүн тоотмоксону» болуп көрүнүп отурду. Жумабай амин какчыйган, суюк узун сакал, жылым көз, илгери амин болуп, биртке бийлик тизгинин тутуп, каада көрүп калган неме эле. Ылдым-жылдым мамилесине ичи ийигип: «Ушу кары адамдай да илбериңки эмес я?!» деди Энвер паша өкүнө, А Мойдун да атайы башка жакты тиктеп, оозунуп сөз ачпай, деги бир билгени бардай, бу темир куш минип келгең пашага деги күнкор эмес сыяктуу обу жок жасакерленбей күлтүйөт. Пашанын эрди кымтылып шектүү тиктеши ага да жаккан жок. «И? Бу эмне пайгамбардын уулу сыяктуу керсейет, ыя?! Биердеги кулу болсо да не болду?! И-и, жолбунум...» деди ичинен. «Колунда бирдемең болсо кел, а жок болсо бөөдө жүк болбой темир каракушуңа кайра отур да, кет булут аралап!» деди.

Бир убакта:

— Бек,— деп сөз баштады Энвер паша, «бек» дегени тиги колтойгон тоң немени жибитүү, имерүү, тамырын тартканы,— даярлык кандай?

Ал түз эле сурактап, чорт сурады.

— Шүгүр,— деди Мойдун суз.

— Э-э, өлгөнү жатып да, «шүгүр» деш адатыбыз го чиркин! Ушул «шүгүр» деп отуруп, жокту бар деп, барын ооз көптүрө айтып жүрүп, түрк балдары жылдан жылга алдырып, жылдан жылга жексен болуп бараткаиыбызды билбейбиз. Туурасын айтың, төтөн бу аскер ишинде туурасы, так айтылганы талап кылынат, бул иш катаал иш, бек, бул иште куру үмүт өзүнө өзүн алдатып, акыры чапкынга кириптер кылат, бек. Кошун канча?

— Миң ашуун.

Мойдун тоо арасындагы кеңеш өкмөтү коргоп алууга кыйын болуп, өзү тоскоолсуз аралап турган айылдардын кары-жашын дебей кошуп айтты. А кески генерал жалан кылыч чабар экен деп түшүндү муну. «О-о! — деди ичинен. — Көк жал окшойт көзгө толумсуз болгону менен бу?!» Тышынан ыраазы эмес кабак көрсөтүп:

— Чоктуу турбайбы али, бек. Канча кошун жыйышка болот дагы? — деп такыды. — Эл ичи кандай? Мүңкүрип жатып беришине мен ишенбейм, ордунан бир турат баатыр түрк, нан карматып баланы алдагандай кылган ишти бир түшүнөт түрк акылы!

— Э-э, «эл» дейсиз, паша?! — деп, Мойдун өлө көңүлү калган сыяктуу колун терс шилтеп койду. — Беш салаа эмес турбайбы, азиретим?! Мары да, көп кошунга көп курал табыш керек...

Мойдун да, сөз акырында аласасынын четин чыгарып калды.

— Курал кепили бизден! О жагынан кам саноо болбосуп, бек. Канча кошун куралса ошончо каруу-жарак, даяр ок табылат.

Бир аз үңүрөйгөн кабагы жазылып:

— Шүгүр,— деди Мойдун.

— Эртең бир жарым миң, уктуңузбу, бек, бир жарым миң мылтык артыи ушул жерге кербен келет! Ушунун баары силер үчүн, бек. А көрө кербендин жолун чалуу ылазым. Кокус, кулагы чалып калып, Кадырбек тосуп алып жүрбөсүн?!

— Куда-ай сактасын! — деп жиберди Жумабай амин.

— Ал бир жарым миң мылтык колума тийсеби,— деп, өз тизесин өзү муштап, өрөпкүп кетти Мойдун,— ал энеси талакты бул кен Алайга баш бактырсам өлөйүн!

Анып ушул сөзүнөн да өөн таап, кайгырып, асте башын ийкегиледи Энвер паша:

— Ушул бир бийик жайлоого башбактырбаганда эмне чыгат, бек?! Эмнени коргойбуз? Эмнеге туйтунасыз? Элден ажырап, те мөңгүгө чыгып кеткен кийиктей алыстан тиктеп жатканга корстон болосузбу, бек?!

Пашанын оюн байкай коюп:

—Жо-о,— деп сөз оңдоду Мойдун,— жо-о, азиретим, мен күүлдөп каптап түшөм, мен ГПУ менен ошол энеси талактын күлүн көккө сапырам, азиретим!..

Дагы Энвер пашанын көнүлү толбой калды: «И! Мунун душманы эле ушул Оштогу ГПУ менен Кадырбек экен го?! Күнүгө жарадай ырбап, күнүгө сароолоп, түрк балдарынын мээсин айнытып, рухун шал кылып, тепсеп жаткан орустун кеңеш өкмөтүн бул эмне дейт экен?! Иштин теги Кайда жатканын мунун көзөдөй башынан кыбырап кумурскадай бир акыл чыгабы?»

— Бу түзүк! Кол салуу ылазым тайманбай, элди талашуу керек,— деп койду ачык. —А Кадырбек өзү кандай адам? Не мынча элге тез алынып, тез кадырлуу болуп жүрөт?

Муну Энвер паша мурда эле билет. Тиги Кичи Бухара тараптагы басмачы Ибрагим-бек менен жүргөндө эле каардар болгон. «Ушундай тектүү, нарктуу адам, атасын дарга аскан адам жамы түрк маселесин көнүлүнө албай койбойт...» деп, быякта Кадырбектин кеңеш өкмөтүнүн ишенимине кирип, курал алганына ичинен кубанып койгон. «Эртеби, кечпи, акыры ал курал орустун өзүнө каршы сунулар» деген үмүт көнүлүнүн түпкүрүндө кылтыйып дайыма турат. Кадырбек жөнүндө жаман бирдеме айтууга оозу барбайт.

— Э-э, урдум ошонун кадырын! — деп, күрп этти Мойдун. — Урдум ошонун тегин! Мен аныбы, бир күнү боз койдой кызылала кылып, мууздап салам. Өз колум менен! Биз мууздап келгенбиз аларды илгертен...

Энвер паша жийиркене жүзүн үйрүй берди. «Ыраса, челме доңуз го?! Каерде жеңчи эле душманын баалай албаган?!» деди ал ичтен касырет тартып. «Э-э, түрк баласынын баары эле ушул! Бири душманын баалабайт, бири душманын тууган көрөт. Ушинтип эле алдырып, чалдырып келе жатышпайбы көптөн бери?! Мен өзүм да ошонун биримин...» деди. Өзү Мустафа Кемел пашаны элге алына элегинде жок кылып койбогону эсине түшүп, эчтеме менен жооткото алгыс, башы менен кошо жата турган бул арман бир паста аны өлүк ирендентип жиберди.

Жумабай амин асте кылтыйып, бул тентек Мойдундун киши баалай алууга акыл кудурети жете бербегенине канткен менен бөтөн түрктүн алдында кадыресе ничкерип, Мойдунга байкатпай өкүнүчтүү кабак көрсөтүп, мунун сөзүнө макул эместигин пашага асте туйдуруп, башын билинер-билинбес чайкап, үлдүрөп калды. Ошол тапта күнү ушуга түшкөнүнө, тагдыр аны бөөдө кошоктоштуруп койгонуна астейдил өкүнгөн сыяктуу эле. Кайда барат?! Өзү ак пашага кызмат кылган амин болучу. Бир күнү тентек Мойдунга кабылып, ага кошулуп, түн жамынып, тоо таянып кеткен. Жумабай аминдин да дос-жары, тамыр-сөөгү, санаалаштары бар. Кай бири аны ээрчип, ар бир тилин алган туугандарын бери тартып, ал кошулганы жалгыз аяк жүргөн тентек Мойдундун атын чыгарып, шарданын кыйла көтөрүп салды. Мойдун аны «кеңешчим» деп алды. Кээде дөөгүрсүп кеткенде «увазирим» деп корсоёт. Амин тескери карап, мыйыгынан жымыят.

Жети атасы ээлеп, өзү эңкейип жерден бир тал чөп албай, чайрикер жалдап үзүрүн көрүп келишкен те арык боюндагы нечен миң танап суулуу жери казына эсебине өткөрүлгөн болучу. Кедей өзүбек жамгатына бөлүнүп берилет, анткени ал өзүбектер көп жылдар бою хсерди терИ менен жибитишип иштеп берип жүрүшкөн эл эле. Ал элди эл эмес, кул көрүп жүргөн тентек байбатча Мойдун буга чыдай алган жок. Эң мурда «мейли, жерди кеңеш өкмөтү алсын, кыргыз кыпчак балдарына берсин, бул кыргыз кыпчакка таандык жер, сарттардын тиешеси жок, бул жер чоң атам Чотон баатыр тиги эле Кокон убагында жарлык менен эге болгон жер» деп чатак баштап, буга жаңы тартип кулак тутпаган соң ошол убакта көп кишинин башын айлантып, «кыргыз кыпчактын ата мурас жерин сарттан коргоочу» болуп көрүнүп чыкты.

Өзүндөй беш киши менен түн жамынып арык боюна келди. Баары тааныш — баягы марзе, баягы тук, баягы топ чынар, баягы он эки паксалуу ата мурас ак коргону, а түгүл чардаган баканын үнү да өз сыяктуу. Мойдун кусаланып кетти. Бул жер эми ага тийешелүү эмес! Ал биерге эми түн жамынып гана келе алат, келе алса, келтирсе ошондо да, эгеси азыр башка! Ошол замат жүрөгүнөн бир тажаал от дүрт жанып, бетине кан дүргүп, бир азоо жин аны көтөрүп учту. Ал коргондун чоң каалгасына барып, ат үстүнөн эле:

— Эй! Эй!—деп, камчы менен каалганы карс-карс чапты. — Эй! Эй!

Коргондун ичинен карбаластаган басмырт үн, бери баскан шарпа угулду:

— Ки-им?

Мамажан бува экен, Мойдун дароо тааныды, бул адам качан, кайдан келгенин билбейт, бүжүрөгөн жумшак мүнөз адам, ал эс тартканы атасынын эшигинде жүргөн. Көтөрүп чоңойткон. Жумшак жобурап, көп ирет палек башына ээрчитип барып, ширин көкчө коон союп бергенин эстеди. Ошол Мамажан бува!

— Йе, тааныбай калгансыңбы, йе бува?!

Тентек байбатчанын үнүн тааныды белем, дым боло калды, эмне кыларын билбей дендароо боло калды окшойт Мамажан бува. Таанып туруп токтоло калганга аны сайын кыжыры келип, Мойдун дагы бакырып, дагы дарбазаны карс-карс чаап жиберди:

— Ач! Ач дейм! Ой, ач?!

Кош каалга тең ачылып кетти. Караңгыда боз жетдеси араң билинген карыны омуроолотуп кирди Мойдун:

— Эмне ачпайсың бир айтканда? Ыя?!

Беш атчаны артынан дабырап каптап кирип барышты. — Келиң, айланайын, байбатча бедиңиз, келиң!.. — деп, Мамажан бува аттын сагагына жабышты. — Кана, кана, аттан түшүң, байбатча, мархамат, мархамат...

— Ким бар?.. — деп, аттын жалына өбөктөй калып, акырың сурады Мойдун.

—Йе? Ким болмок эди?! Өзүбүз эле, углум.

Көнүлү жайлана түштү. Мамажан атын алып, баягы белгилүү чоң акырга байлады. Мойдун үлбүрөгөн таш чырак күйүп турган сөөрүгө карай басты. Өз көнүлү жаман болсо өзгөдөн да көңүлү тынбайт белем: — ушул коргондун ичинде дагы башка кимдир бирөө бар сыяктуу камтама сезим көңүлүн өйүп туруп алды.

— Э-э, келиң, келиң, углум... —деп, буванын кемпири төшөгүнөн тура баштады. — Эсен жүрөсүздөрбү, углум?..

Мойдун унчуккан жок, коргон ичин кыдырата тиктеп, камчысын сүйрөй басып, нары жакта агарып турган машакананы көзү чалды:

— Ким булар?..

Үнү ырылдагандай каардуу чыкты. «Эч ким жок дебедиң беле?» деген кекетүү сезилди.

Баятан бери баарын көрүп, баарын угуп, машакананын бери тышында жаткан катыны экөбү айласыз кыбырап, өйдө болгон болуп калышты.

— Булар өз кишилер, байбатча өз кишилер... — деп бүжүрөдү Мамажан бува. — Илгертен эле кожоюндун ишин кылып жүргөн адамдардын балдары, өз кишилер айланайын...

— Кой! Калп айтпа, бува! — деп, какты Мойдун. —Эми ким-кимиңер болсоңор да, өз киши эмессиңер, өз киши силердей болбойт? Силер адатты да, шариятты да тепсеп, орустун тукуругу менен бирөөнүн акын жеп жүргөн ыймансызсыңар, бува!

— Эми... заман экен, байбатча...

— Шылтаба, бува заманга! Албай айдабай койбойсуңбу? Андай азиз мусулман экенсиң?! Ме десе, леп деп алдың, айдадың, мына үзүрүн жеп отурасың, жалган болсо да «ыракмат» дединерби бизге, жок, же жалганбы?..

— Чын, чын, байбатча, кудай акында чын... —деди Мамажан бува сөздү ырбатпай моюнга алып, көбүрүп-жабырып турган байбатчаны тынчытуу жагын көздөп. А Мойдун кыжыры кычап:

— Мында дагы кайсы «өз киши» жатат? — деп, машакананы буза тартты:

— Вай... — деп, бир үлбүрөгөн сулуу кыз эки тизесине жүзүн коё бүрүшүп отура калды. Тал-тал кара чачтуу, бою кагелес, жумурткадай ак жүздүү. Мойдун бир тирмейип тиктеди.

— Садагаң кетай, байбатча, бу биздин наристебиз, ырайым ойлоң, байбатча... —деп, кыздын энеси үнү калтырап, машакананы кайра чүмкөй салды: — Коркпо, кызым. Бу акең болот, кызым...

Оор эмгек каржалткап, кабыргасы каржайган киши экен атасы. Көзүнөн заар көрдү Мойдун, ошол замат не тартынып, не уялып калуу ордуна итатайы тутулду:

— Эй! Эмне! Мындай кел!

Леп эте жигити аны бери сүйрөштү. Мойдун сөөрүнүн четине көчүк басып:

— И? Сен кайдан жүргөн «өз кишисиң?» — деп кекетип сурактай баштады. — И?

— Өз киши, байбатча. Буга да ушерден жер берилген эле, ошону тырмалап жүрөт... деп калды Мамажан бува.

— Таанып туруп такыбаң, байбатча,— деди тиги,— баягы эле өзүң көрүп жүргөн Салим кедеймин, атам, өзүм да эс тартканы ыраматылык атаңыз Осмоналы байдын оту менен кирип, күлү менен чыккан кишибиз, байбатча. Биердеи жер бөлүп берген соң, ушун этип...

— Эми «ушун этип»?! «Талап» дебейсиңби?! —деп, чаңырды Осмоналы байдын баласы. — «Ушун этип эле, бекер жер алып» э?! — Баштан нары тартып жиберди. — Мына сага бекер жер!.. Салимдин башынан кан жайыла берди:

— Эй! Мага жерди өкмөт берген!—деди Салим обдула. —Эй, басмачы! Мени го уруп кетесиң, мейли. Бүт элди, өкмөттү уруп кете аласыңбы?! Ыя, андай жүрөгүндө жалың бар экен, не чак түштө келбейсиң, тоок аңдыган мадылга окшоп, ыя, түндө баатырлык кылasыңбы?!

Тоок аңдыган мадыл? Безине сайылды.

— Мына! — Мойдун дагы чапты. — Мына!

Тил кайрыганың шылтоо эле кылды, ошол тапта ал кимди да болсо, көтөрүп чоңойткон Мамажан буваны да жер күйүтүнө уруштан таюу тартпайт болучу.

— Ыя! «Басмачы» бекен?! Ыя?!

Салимдин зайыбы буркурай ыйлап, ортого түшө калды.

— Нары ал! — деп, Мойдун түртө салды. Жигиттери зайыпты чыркыратыи нары сүйрөй тартышты.

— Эмнесиң басмачы эмей?! — деп кыйкырды Салим.

Мойдун кимден кысым, ыза көрсө ошонун кегин, ачуусун жалгыз ушул Салимден чыгарып, бүт ниети карайып, эми «мына!» деп да айтпай, жөн эле тиштене жаак териси тырышып, өчүгө камчылай баштады. Бир убакта өзү чарчап, энтигип, быякка боло сөөрүнүн четине кайра көчүк

басты:

— Ыя?! —деди демиге. —Дагы эмне дегиң бар?! Ыя?! Мамажан бува:

— Эми, айланайың байбатча, бир ачууңду мага бер, айланайын... — деп, эки колу калтырап, үнү да калтырап, Мойдундун тизесин кучактай берди. — Мейли, өзү тилинен тапты, мейли кечирип коюң, байбатча, мейли, баш жарылса айыгат, мейли...

Бирок, Мойдун кечириш үчүн, туугандашыш үчүн келген беле, кары кишини катуу түртө салды:

— И?! Эмнеге кечирет экенмин?! Жеримди алса, ыя, ошонусу үчүн кечирет бекемин?! — деди. —Токто, мындан акымды азыр нак алам!.. —Жулунуп туруп барып, машакананы сыйра ыргытып, кызды шап колдон алды. Менби, мен так ушул жерде алам акымды...

Кыздын энеси чырылдап келип, анын колуна жабышты. Жигиттер кайра сүйрөштү.

— Зордукта! Аз-ыр! — деп, зиркилдеди Мойдун. — Эркегиң барбы? Бас!

Өзү ак көбүк чыгып, демигип, эки көзү канталай алайып, жиндеп кеткен сыяктуу болун кетти:

— Кар-рап гана тур! Былк эткениңди сулатам! — Маузерин сууруп, үрөйү учкан үн кишилерине ар кимине бир таптады. — Былк этчи?!

Ууздай наристе кызды бурдап басып калды.

— Ва-ай, ача-а!.. —деп кыз чырылдап, эки колу менен этегин бир талашып, бир күшүлдөгөн зордукчулдун бетине асылып, сууга чөгүп бараткандай аптыгып ыйлады. — Ваай, дада-а...

— Ка-афир! — деп келип, Мамажан бува Мойдунду желкеден булка тартты, ал бир кездеги көтөрүп чоңойткон бала деп, батымдуу ой менен. Бирок, Мойдун карабай туруп маузерди бир шилтеди. Тарс! Мамажан бува көкүрөгүн мыкчыган бойдон бүк түшүп жыгылды.

Салим жулкунуп, тыбырап, а каткырык салып кармап турган зөөкүрлөрдүн колунан чыга албай, алы куруп, эң ахыры солуктап, солуп жатып калды:

— Ой... мени өлтү-үр басмачы...

Кызы сууга чөгүп бараткандай аптыга ыйлап, колу кайрылып, шайы ыштаны айрылып, бирөөнүн көзүнчө адам баласы көрбөй турган зордукту башынан өткөрүп жатты...

Узун сайма ычкырын байланып, бир күлө, бир зиркилдей:

— Сени мен өлтүрбөйм! — деди Мойдун Салимге. — Ха-ха-ха, көрдүңбү баатырлыкты?! Эми эсиңден чыгара албай жүрүп уяттан өзүң өлөсүң. Уктуңбу-у! Ха-ха-ха!..

Салим:

— Мени атып кет, басмачы! Ыя, атпайсыңбы, акырыы мен сени өлтүрөм. Угуп кой!

— Ха-ха-ха! — Мойдун дагы үргөн итче арсылдап күлдү да, эми өзүнөн күчтүү бирөө этектей тургандай көңүлүндө кыпылдап шашып, атына каран басты. Бирпаста баары коргондон шатыр-шутур чыгып, ат дүбүртү, ышкырып бирпаста алыстап, түн койнуна житип кетишти.

Мамажан буварын башын жөлөп, кемпири ыйлап, бири бир жерде, бири бир жерде уятты, кордукту көтөрүп тура албай эне менен кыз онтоп, сулап жаткан бойдон ата мөгдөп калып калган...

Жигит курап, түн жамынып кыштактарга тийип, үй талап, аны менен катар «Кет! Бу жер кыргыз кыпчактын жери! Кет!» деп, кууп, кыз-келин кабылса же ушун этип көзкөрүнөө зордуктап, абийирин төгүп, же атка бөктөрүп ала кетип, ээнбаш жорукту күн сайын кыла берди. Өз оюнда «жер дегенде бүт кыргыз кыпчак баш көтөрөт, сарттарды ичкериге киргизе кууйм» деп ойлогон. Буга кенеш өкмөтү бөгөт бир жактан, бир жактан кыргыз кыпчактын эстүү-баштуу балдары журт ыркы бузулбасын үчүн мунун кайра өзүн «басмачы», «душман» деп, өз баасын коюп, ири алдыда ыктыярлуу кызыл аскер башчысы Кадырбек катуу куугунтукка алды. Мойдундун анын атын укса эти үркүп жатканы ошол болучу.

Жумабай амин көп эле жолу, мүмкүн болушунча, бу өзүн-өзү «бек» атап алган жиндинин маузеринин оозуна кептелген кишилердин жанына аралжы болуп жүрөт. Эби менен! Бу оозу кандуу кутурган ит, эгер кылт эткени байкалса Жумабай аминдн деле аябайт, бу эртеңки күнү түгөнгөн, тынч тнриликтен үмүтсүз, аябайт. Кантип кутулат мындан? Кутулса кайда барат?! «Эми атып сал!» деп, өкмөткө барып бермекпи?! Жан кургур ширин.

«Жең ичине ката жүрө турган курал болуп бергидей киши көрүнөт...» деп Энвер паша ой толгоп отурду, Жумабай аминдин ошол тапта көңүлүндө болуп жаткан уйгу-туйгуну кабагынан асте баамдап. «Ким билет, ашынган аңгиси дагы кандай кыялын көрсөтөт али бизге?! Не бар не Жок, бу кылтыйган аяр аминди жанга имере жүрүш ылазым окшойт?..» деди.

Данияр-бей кепке аралашпайт. Алдын ала Мойдун менен алака түзүп туруш үчүн мурда келген. Пашасы үчүн өлүмдөн кайра тартпай турган жалаң түрк жүз кишинин башчысы. Эби келсе, акылы жетсе не маани болгонун эстеп калып, кийин ээн кезде кеп кошот. Бирөөнүн көзүнчө эч качан жыра тартпайт.

Сеңселген сүлөөсүн ичик жамынып, чоң жагылган от боюнда отуруп, Энвер паша үнүн басмырт, мундуу салып, Өзүнүн үй кыдырып, нан сурар жарамазаны болуп калган ке илгерки түрк атпайдын өткөн заманын дагы көк түтүнү чыга тамшанып сүйлеп, эми ар бир түрк баласы

муңу унутпоо керектигин, ушул «улук ата арбактарына сыйынып, орустун өкүмүнө каршы туруштук кылуу ылазым» деп, каршы турбаса «бүт түрк уругу өткөн чоц тарыхыц, өзүмдүк маданиятын жоготуп, өзүнүн элчилигинен түбү келип ажырап каларын» кулакка салып отурду.

Өзү маанилүү деген сөз тизмегинен соц асте кыя Мойдун жакка серп таштайт. Бу котостой чала жапайы эмне ойлоп отурганын билгиси келет. А Мойдун күлтүйүп, былк этпей, үн катпай, жанагы өзү жалгыз жеген көмкөргөп жан казандай май куймулчактан соң акырындап ныксырап, бу эч качан угуп көрбөгөн чоочун сөз кулагына кирбей, канчалык сергек отурайын десе да болбой, өзүнө денеси башкартпай талыкшый баштады. Жумабай амин чукчуюп, кулак төшөйт, бирок кеп маанисине жеткилең туюна албай элтейет. Буларды көрүп отуруп, Энвер пашаны касырет ой каптап: «Э-э, ушул түркүн маглуктарга күн салдыңбы, э-э тагдырым?..» деп, кабагы үйрүлө ичинен муңканып, бирок, байыркы өтмүштү булар укпаса өзү угуш үчүн жымылдатып сүйлөп отура берди.

Бир убакта лүкүйгөн Данияр-бей өңгөчүн тартына жашып кетти. Эмне болуп кетти? Карамыгып, эки көзү кыпкызыл болгон Мойдун өйдө карай берди таң болуп. Бири айтып, бири ыйламан; көнүмүш адат болучу аларга, Энвер паша Данияр-бей жакты тиктеген да жок, кой деген да жок, өзү саал улутуна:

— Кана, түн бир убак болуп кетти окшойт, бегим, эми чырм этели, а?.. —деди, көзү тажаал, акырын сүйлөп, бирок үнү аста, муздак чыкты, жооп күтпөй ордунаи турду,

Чырм эте алган жок ал түнү Энвер паша. Бир кездегн түрктүн өрттөй чачырап, жер кайсап чапкан, дүйнөнү күн күлдүрөктөй дүңгүрөткөн өтмүшүн Бухарада амир Алимханга айткан, муну лакай Ибрагим-бектин кулагына купган, муну менен убагында Мадамин-бекти арбап көргөн, Көр-Шерматты азгырган. «Э-э, каран күн ай, караан күн эмей кайсыл болмокчу?!» деп, ал толгонуп, тиги өзү ишенип келип отургаи кишилери буга кулак салбай, кулак салганы баамдабай этке ныксырап, кымызга кызып, наз уйкуга карамыгып отурганы анын мунсуз да кийинки кезде түтөп өчө баштаган ындынына суу сепкендей кылды. «Ушулар менен иш абжалар бекен?.. Бири биртке куу алакандай жеринин күйгүлтүгүнө өрттөнүп, жер берилген бир бечараларга асылып, кек кууп жүргөн жарым эс тентек. Кеп бечаралардабы?! Бири ою эки анжы, кыйын учурда өз керт башы үчүн жалт берип буйтап, жыгып кетме көрүнөт. Ыя, кантип талпууга болот буларга?!» деп, ой экчеди. «Не, кана булардан башка туруктуу адам?!» деп, өзүн-өзү мукуратты. Тегерете ойлонуп, аргасы жоктугуна такалып, көнүлү ооруду. Тоо бийик эмеспи, жүрөгү көөдөнүнө батпай, тыпырай кагып, аны сайын тынчын алып өйкөдү.

Бир убакта биртке куу-шуу этип, жел ойноду да, артынан бирпаста дым боло калып, жумшак дыбырап жамгыр жаай баштады. Улам күчөй шатырап, бир маалда башка түркүн шарпанын баарын басып, баарын жутуп, бир тегиз куйган кара жамгыр шоокуму бүт ааламды каптап кеткендей күүлдөп турду. Түндүк жабуудан сарыгып, бир тамчы суу Энвер пашанын бетине тамды. Муздак экен! Дагы тамды. Пешенесине сүртүп, ал муздак нымга кадыресе сергий түшкөндөй болду. Өткүн өтө чаап, бир убакта арты гана биртке дыбырап калды. Бул өткүн шарданы бир кездеги эр Тогрул балдарынын жер түтөткөн көп колунун те күн батышты каптап бараткан бир мезгилин эеине салды. Бийик жайлоо башында, бир чоочун боз үйдө тизесин бүрүштүрө бооруна басып, тон жамынып жатып, Энвер паша өзүнчө улутунуп койду.

Эртеси күнү Данияр-бей кербенди тосуп алды.

Бир миң беш жүз онеки атар винчестер, көп смит-вессон тапанча, чырашы ачылбаган яшиктер толо даяр ок келди. Муну угуп, тарпты те күнчүлүк алыстан сезген жору-кузгун сыңары туш-тараптан топ-топ атчан үйрүлө кыр-кырдан көрүнө башташты. «Бу азамат ко?!» деп, Энвер паша Мойдунга ыраазы боло, кайра тымызын чочулайт: «Э, топураган караламан берсең талап алып кете беришсе, бу миң катмар тоонун кайсы жыбытынан издейсиң?! Кимден сурайсың?!» Деги чечекейи чеч болуп, мардайып, эми көз көрүнөө бөжөңдөп калган Мойдунга:

— Бек, те калдайган атчандар да силерге караштуу элби? — деп, акырын сурады.

— Караштуу эмей, таксыр! — деди бакылдап Мойдун,— Курал эле берели буларга, эртең Ошту оодара чаап келбесем эле өлөйүн!

— А түзүк,— деди Энвер паша мурутунун алдынан ырсайып тишин көрсөтүп күлгөн боло. —Түзүк оодара чапкан дагы, эң жакшысы эл алган, орустан өткөрө муңайым кылып сөз айтып,

элди бери тартыш эң абзел, бек. Эл ыйманы бери кайра бурулбаса, «оодара чапкан» Ошуңузда чай кайнам тура албай тоо таянып кача бересиз.

— Кам санабаңыз, паша. Эл кайда барат?! Өз эл, жалынып отурбай эле мылтык менен күргүчтөп айдап алам! Кам санаба-аң, паша.

Энвер паша унчукпай тиктеп калды. «Ой, муну жараткан кудай ай, мойнунан байлаган ит ууга жарачу беле?!» дейин деп, бирок бөөдө кежилдешип отургусу келбей башка сөзгө өттү:

— Эми, бек, муну мылтык дейт, четинен таратып жибергенде болбойт, авалы тизмелеп, чогултуп алып, мылтык атканга машыктырып, а анан «бу куралды түрктүн душманына каршы сунам» дедирип ант алып, анан колуна карматкан оң. Муну аскер ишинин мүнөзү талап кылат, бек.

— Кам санабаңыз, паша. Булар кийикти көзгө аткан эл.

— Кийикти кууп кетип калышсачы?

— Кайда кетмек? Келет кийигин көтөрүп алып. Кайда кетмек?!

— Ошко түшүп кетишсе да болот да? Же винчестер менен бизди көзгө байлап отурушсачы?

Мойдун мукактана түштү:

— Жо, жо, паша, кам санабаң, паша, булар ишенимдүү бул жерлик кишилер, Ош деген булар үчүн бөлөк жер, түшүшпөйт... деп, ичинен өзү чоочуп калды.

Энвер паша ишенген боло башын ийкеди да, анан өз колу менен жапжаңы али майы тазалана элек смит-вессон тапанчаны анын белине байлады:

— Мына, бек, биринчи курал сиздики болсун. Жамы түрк иши үчүн жакшы пайдаланың, бек.

— Кам санабаң, азиретим. Куп пайдалана албасам ушул куралдын огу уруп өлөйүн! — деп карганды Мойдун.

Ошол күнү Мойдун менен Жумабай амин «аскери» үчүн элүү винчестер алышты алдынан. Эми чындап «бек» атанып, баягы түн жамынган каракчы «чет мамлекет колдогон», «жамы түрк камын ойлогон», «күрөшчүл» болгон болуп, ооз кере даршан айтылып, кадыресе саясы өң ала баштады. «Кошун жыйнамак» аракетин күчөтүп, кээде түндө, кээде күндүз чак түштө өткүндүн кара булутундай удургуп бейпил айылдарга каптап тийип, атка минер эр бүлөнү зордоп кошуп алып, а өзү баягы эле басмачы жолоюн таштабай жолуккан жерде кыз бузуп, мал, өлү дүйнө талап ала берди. Бу мөңгү түбүндөгү бийик кең Алай түзүндө Энвер паша «түрк аскерин» машыктырып, улам кошумча күч даярдап жатты.

Жөнү болбой эле, иш арасында эле, сөз арасында эле Энвер пашанын эсине Кадырбек кылт дей берет. «Аты өчсүн!» дейт, башын чайкайт, эсине албаска аракет кылат, бирок улам кылт дей берет. «Ушул тууган, ушул душман, Тууган болсо үзүрлүү, душман болсо коркунучтуу... Ушунуй колунан ар нерсе келет...» деген санаа аны каптаганы каптаган. «Не кылган менен, тектүү бек, орус колунда болсо а окуган адам. Кантип түрк тарыхын, түрк маданиятын билбей койсун?! Кантип эле ушул таптагы түрк туугандарынын абалын көрбөй отурсун?! Ыя, көзү акпайбы көрбөса, не көргүсү келбесе?! Энесинин чачын кырккан орус, кыкылдатып атасын дарга аскан орус, жан күйөрлөрүн шыпкай шыбырга айдаган орус. Ушуну биле туруп, «атаңды өлтүргөнгө энеңдн алып бер» болуп, кулдун жан айласына өтүп, бул энесин эле алып берип тынбай бүткүл шор баскан түрктү оруска басып берип, ыйманын сатып кете бермекпи?! О-о, жараткан, мындай болсо буга да ит Мадаминдин өлүмүн бер, башы табылбай бир ыпылас чуңкурда калсын...» дейт бир санаасы. Бир санаасы: «А балким, жети атасынан калган жерин өз ыктыяры менен, журтка мисал болсун кылып, өкмөткө өткөрүп бергени— бу орустун ишенимине киргени гана болуп жүрбөсүн?! Азамат! Курал алып, аскерин дагы күчалтып, кудайдын жаркыраган бир ыйык күнү түрк атасынын көк асабасын көтөрүп чыгып жүрбөсүн?!» дейт. Энвер пашанын ансыз да бийиктикти көтөрө албай жүргөн жүрөгү туйлайт.

Жумабай амин менен бир күнү ээн отуруп, ал сыр алышты:

— Кадырбек кандай адам, амин?

Жумабай амин «эмне десем чалынбайм» деп, биртке буйдала түштү. Кыңырылып отуруп:

— Айыбы—төртүнчү болуп кетти, болбосо Кадырбектей зирек адам бул чөлкөмдө жок, пашам,— деди Жумабай амин, артынан аяр, өкүнө башын ийкей.

Түшүнүп, Энвер паша да башын ийкеп, көпкө унчукпай отуруп калды.

— Биз тарапта болбогон кишинин зиректиги өтө кооптуу, амин,—деп, кайра кеп ачты кыйладан соң,— биз тарапта болгону табылгыс дүнүйө болот эле, а биз тарапта болбосо көзү жок болгону абдан абзел го дейм, амин?

Эчтеме айта албай, «дагы бир балээге кириптер болуп албайын» деген бөөш ойдо тымпыйып, Жумабай амин күнөөсүз кебете кийип, ирени кайырчыдай бопоюп, ийнин куушурду.

Көпкө аңдышкан соң ачык сөзгө келип, Энвер паша Жумабай аминди ишеничтүү адам таап, Кадырбекти сүйлөшүүгө жашырып чакырууга ийгерди. Көп өтпөй Кадырек сүйлөшүүгө макул болгонун Жумабай амин ээн жерде күңкүлдөп кабарлады.

— Куп жакшы болуптур,— деди Энвер паша ойго батып.

— Пашам, бир жери бар, ал «Мойдун менен сүйлөшөм, оюбуз табышса калганы апдан соң болот» дептир пашам...

— А майли, амин.

Өзүн жалгыз алып, бул кабарды Мойдунга айтты Энвер паша, Мойдун «бу не менин сыртымдан бычып жүрөт» деген түрдө өйдө Энвер пашанын көзүн тиктен берди. Энвер паша мелтейип, башын ийкеди:

— Сүйлөшүүгө баруу ылазым: Зарыл. Эл ичинде өтө эле кадырлуу неме турбайбы, ошонун кадыры көп адамдарды да токтотуп, орус менен ымала кылдырып жаткан турбайбы. Кадырбекте түрк санаасы жок эмес, ошон үчүн сүйлөшкөнгө көңүлү ийигип отурат...

Кадырбекти көтөрө чалуу Мойдундун кыжырына тийди:

— Сүйлөшөр сөзүм жок аны менен! — деп, ачык күрп этти.

— Анын сөзү бардыр? Жамы түрк ишине өтмөкчү ою болсочу?! Нары түртүш керекпи? Жо, бери тартууну акыл да, шарт да талап кылып турат, Мойдун бек.

— Мейли! — деди Мойдун шыр. —Жолугам! Сүйлөшөр сөздү табышабыз...

— А баракелде, баракелде,— деп, чын ыраазы болду Энвер паша,— улук иш үчүн майда-чүйдө кекти, ич келишпестикти аттап өтүп койгонуң жакшы, бек, баракелде...

«И! Кудай өзү колума тийгизгени жаткан экен ал энеси талакты!—деди өзүнчө Мойдун. — Соо жүрбөйт ал кошулган күндө, ал кырыма чыгат, мына бул жолбун экөбү бир болуп кетишери бар, о-ой, мен макоо эмесми-ин ушуну билбей турган?!»

«Ымга келишпесе карыш жылдырбай жайла!» деп айтмак болуп, бирок токтолуп, Энвер паша өзү да ойлонуп, үрөйүнөн байкап, ансыз да ниети бузук Мойдун аша чабарын, кепти башташпай эле бөөдө жаңжал көтөрүп, үмүттү түккө арзытпай саларын сезди да, кайра аны жумшактап жаман ойдон бура кеп урду:

— Чабдестик болбосун, бек. Эптеп быякка ийгермек, быякка тартмак абзел, бек... — деп, кеп артын ыңгыранып, «деги болбосо эрдигиң билсин» дегенди акырын туйдурду. Ал эки жагына тең кайыл, бери болсо берисин, нары болсо нарысын көңүлү самады.

Эртеси кийин эле «Кадырбек ГПУ менен чатакташып калган имиш», «колго түшкөн басмачылардын көбүн силер алданган элсиңер деп, Кадырбек азат кылып жибергеп экен, а ГПУ анын сөзүн бекер кылып, азат болунган элди кайра терип камаптыр» деген каңшаар угулду. Энвер паша астейдил кубанды. «Камап гана койсо экен! Камактан качып чыгат, кайда барат, мында келет. Дагы кысса экен!.» деп, мунажат кылды.

* * *

Таң кылайган мезгилде узун капчыгайдын башына жетип, онго бурула кызыл борчуктуу мойнок ашып, ортосун ийрилген биртке кашка суу бөлүп тургап, табактын түбүндөй биртке көк жайык майдан көрүнгөн жоноско чыгып, Кадырбек эми кайрылды. Жигиттер артынан тиреле келишип, имериле бастырып токтоло калышты. Кадырбек аттарды эс алдырууга буйрук берди да, атынан түшүп, дүрбүнү кабынан сууруй кыраңга четтей басты. Жигиттер тегиз аттарынан түшүшүп, белдерин бошотуп, биртке дем бассын үчүн от чалдырбай акырын нары-бери жетелей калышты. Аттар колкосу күркүрөй демигет.

Кадырбек жакын эле аралыкта ак карлуу кош чокунун ортосунда көк торпу болуп көрүнгөн ашуу айланасын арыта дүрбү салып турду. Киши карааны тугул кыбыр эткен кайберен көзгө илешпейт, болбосо күн жайыла элек мындай бейпилде тиги макмалдай көк жашыл капталдардын биринде сереңдеп оттогон кийик сөзсүз жүрмөк. Бирткелеген жел аргыга туңгуюк шоокум шаң болуп, улуу тоо коюну каңгырап бош калган сыяктуу.

«Кийик жок, алар келген экен...» деп, Кадырбек билди. Кайда келген болушса? Капилет ушул тапта арттаи каптап кирип калышсачы? Жок, артта деле сезилген эмес, кокус те алыста өңүп көрүп турушкан болсо да, алдыдагы ат бир кулак серпмек, шабырт алмак, же тыяктан, же быяктан айгыр ат кишенеп жибермек. Тигилердин ушул эле алдыдагы бир жыбытта бугуп турушканын Кадырбек сезип турду. А балким, бир сүттикенди бетине алып, те жондордун биринде кароолу боортоктоп, аңдып, акмалап жаткандыр?!

— Түтүн жыттанат... — деди Пирманас, ирени суук, Куйкул сары муруту тикелене сербейген, эки көзү жолборстун көзүндөй кычыктары кызарган, локуйган алп жигит.

Кадырбек башын ийкеди:

— Те суу боюнда жалгыз үйлүү чарбадар бар...

Буркан суроолуу тиктеп калды. Бул «кармаган жеринен жан чыгат, жан чыкпаса кан чыгат» дегидей сөөк-тарамыштуу карала барчын бүркүт сөөлөт Буркан Кадырбектин өз күйөр тууганы болучу.

Бир убакта шоп-шоп этип, наркы эле кырдан кырка тартып, бир оор топ атчан кишилер чыга түштү. Кадырбек чөнтөгүнөн бир байлам ак оромол алып, камчысынын учуна байлай салып, дароо булгалады. Тигилер жактан кимдир бирөө катуу-катуу сүйлөгөндөй болду. Коштоп чуу-чуу үн чыкты. Бир кезде ал жактан да ак байрак көрүнүп калды. Кызыл аскер жигиттер дароо аттарына минишип, кырка тарта келип, көңүлдөрү күдүк, жардап карап калышты.

— Жигиттер...—деди Кадырбек акырын, баары кулак төшөдү. — Биз Мойдун менен жолукканы келип турабыз. Бек болгула, кармаш болуп кетиши да мүмкүн. Ушул жер, ушул чарбадардын жалгыз үйү болжошулган. Пирманас, мен Бурканбекти жаныма алып барам, ал жактан да эки киши келет, сен жигиттерге баш болуп кал, не бар не жок, Пирманас, кулакты түрүп сак бол, силерге да бетме-бет кырк киши коюлат, биз жактан тарс деп мылтык үнү чыкканда, Пирманас, өзүң билесиң нары жагын...

— Куп... — деди алп Пирманас, эки көзү аны сайын кызарып, аны сайын ирени сурланып.

Кадырбек атка минди:

— Жигиттер... алдыга бастырам, машаа ирмемге даяр болсун, бирок шашмай, калт этмей жок, силер саал артымдан Кырка эки канат болуп, сүрдүкпөй, бир тегиз бастыргыла. Эскертем, кимде-ким ушул жерден артка качса, эскертем, «токто» дебей туруп, өзүм атып таштайм...

— Кудай урду го?! Кантип ошентебиз?!—деп калды бирөө.

— Уят болбойлу, уят болбойлу... — деди Кадырбек.

Тигил жактан да бери карай ат бастырып калышты.

— Кырк экен... Кырк экен...—деди Буркан.

Ойкуштаган сур жоргонун тизгинин аста сүйөй, ушул кездешүүнүн өтө кооптуу натыйжасын моюнга ала туруп эле каш-кабагын жазып, жаркылдап күлө:

— Жигиттер... —деп, дагы эекертүү айтты Кадырбек,— не өзүбүз чоочуп, не аларды чоочутуп албайлы, бөөде атыш болуп кетпесин, бөөдө атыш болуп кетсе атайын келген ой-санаабыз ишке ашпай калат. Шек билгизбегиле, кучакташууга келаткандай маанай көтөргүлө, жигиттер, жылмайгыла, жигиттер... Эмне?! Кучакташканы эле келип отурабыз, булар өз эл! Кокус, бир айылдаш тааныш көрүнүп калса, мейли кыйкырып астейдил салам айтып, тууганынан салам айтып, ыгы келсе «эгиниң орулбай калмак болду, жүр кетебиз» деп деле сүйлөшө бергиле...

Эки жактан тен ат дүбүртү катуулап, дүбүр-дүбүр деп, эки жактан тең сестенген жүрөк тапдай туйлап, дүбүрткө дүбүрт кошулгандай, жер түйшөлгөндөй болуп кетти.

Тигилердин так ортосунда Мойдун келатты. Бир жагында Жумабай амин, бир жагында ирени кара чаар жыландай, эки буту аттын тизесине түшкөн сулкуйган киши. Мунун атын ошол

өз арасында да эч кимиси билчү эмес, баары эле «баш кесер» дешет.

Ортодо киши жүзү таанылыдай аралыкка жетип, эки жак төш тиреше келип токтолду. Көңүлү ачык экен:

— Ассалому алейку-ум, бек!—деп саал ууртуна шакебелүү жылмаюу келип, үңүрөйө сынай тиктеп, салам айтты Мойдун.

— Ва-алейкума ассалам, байбатча!—деди Кадырбек акырын, шашылбай.

Өзүн «бек» дегенге кулагы үйрөнүп, көңүлүндө кадыресе бексинип калган Мойдун «байбатча» деген сөз пастай, а түгүл жети атасы бек Кадырбек аны атайын кемсинтип жаткандай туйду. Итиркейи келип ичинен: «Токто-о, чокундук, бек ким экенин билгизе-ем!..» деп, ирени томсоруп кетти.

— И? Эмне кебиң бар эле, ыя?—деди Мойдун кырдана, ошол тапта не окко кармап, ойт берип кете берчүдөй сезилди.

— Баатыр,— деп, жоошута сүйлөдү Кадырбек,— ыя, кепти жай отуруп сүйлөшпөйлүбү, баатыр?

Мойдун унчукпай түздөгү боз үй жакка тизгин бурду. Башкесер, Жумабай амин эки жагынан жандаша кетишти. Аларга катарлай эле Кадырбек менен Буркан бастыра беришти. Эки жактан экиден эле киши болушмак эмес беле? Булар эмне үчөө болуп алышкан? Кадырбек ойго батты. Кокус, иш жамандыгына айланып кете турган болсо булар көптүк кылат ко? Бирок, эми, ушул жерге келген кезде «силерден бир киши ашык экен» деп, аттын башын кайра тартабы?!

Жалгыз боз үйдүн эшигине жетишкенде үй ээси бери чыгып, дагы ушул жерде кадыры өтүмдүү болдубу, эң мурун Кадырбектин атын алды. Мойдундун атын башкесери өзү алып байлады. Жумабай амин өзүнөн-өзү көз көрүнөө жумшарып, же имере тартам деген куулугу, же илгертен келе жаткан буларды урматтоо адатына ушул азыр да жыгылды, Кадырбекке:

— Кана, бек, кана кириң, бек... — деп, бөжөңдөп калды.

— Жо, амин, сиз аксакалсыз, сиз баштап, кириңиз, амин,—деди Кадырбек, анан шул жерде да сыры күбүлгөнсүп тултуя калган Мойдунга карап:—Ушундай эмеспи?! —деп койду.

Жумабай амин ичкери киришти. Кадырбек берки экөөбунун ортосуна отуруп калды. Тышта үй эшигинин бир жагында башкесер, бир жагында Буркан күзөткө турду. Үй ичи жымжырт, бирин-бири түрүн, ой-санаасын акмалашып, иле-чала тиктешип, көпкө дейре бир кеп башташа албай отурушту. Өзүнчө башын ийкеп, өзүнчө бир ойго тушкөнсүп, өзүнчө эле кыт-кыт күлө Мойдун өзүнөн-өзү жайдары. «Эми колдон чыгып кетчи эр болсоң?!» дегендей өзүнө ишеним чоң сыяктуу.

— Эми... — деп калды Жумабай амин — кудай жолуңарды кошкон белем, эки бек, минтип бет келишнп, минтип кабак жаркып...

Мойдун да, Кадырбек да өз санаасында, тышынан ырсая күтлө баш ийкеген болуп калышты.

— Эми, эки бек, жамы түрктүн камы үчүн ортодо улуу тоодой бөгөт турса да, кепке келип, эки бек...

Мойдун кабагын үйрүдү:

— Менин кебим жок муну менен сүйлөшө турган! Өзү айтсын!

Кадырбек:

— Йе, кеп табылат!—деп, ирени кумсарып ачуусу келгендей болуп кетти да, тышты карай токтоо үн салды: — йе, эң авалы бирдеме даам сызалы, йе, колго суу куйбайсынбы, йе Бурканбек?!

«Кана, колго суу куй!» деген сөз белги экен. Тарс! Ок чыкты эшиктен, ошол замат Кадырбек смит-вессонуна асылган Мойдунду шап кекиртектен алып басты. Мойдун бой бербей, кылкылдап муунуп, бакалоорун ченгелдей сыккан колду тырыша булккулап, донуздай челип сүрүп, экөбу бу керегеден тиги керегеге, тиги керегеден бу керегеге урунуп, үй солкулдап, ууктар күбүлүп кетти. Кадырбек кайра бурдан басып калды. Жумабай аминдин смитвессонун кезеп калганын байкады. Мөнкүгөн Мойдун менен болуп жатып, бир жалт карай:

— Амин! — деди Кадырбек. — Сиз калыс кишисиз, амин! Тынч туруңуз!..

Тула бою калчылдап, колундагы смит-вессон калчылдап, ирецги кан-сөлүнөн ажырап, эмне кыларын билбей, ою эки анжы болуп, Жумабай амин эки көзү чанагынан чыга нестенди. «Сиз калыс кишисиз, амин!» Ушул сөз көнүлүн дароо алагды кылды, «Калыс?! Калыстын кылы кыйшайчы беле?! Калыска өкмөт тиймекпи?! Ушул ой колун шалдайтты. Эшиктен Буркан жулунуп кирип келгенде Жумабай амин смит-вессонду капыстан билегине жыдан ороло түшкөн сыяктуу бир силкип таштап жиберди...

Эки жактын жигиттери бетме-бет келишкен бойдон былк этишпей турушкан. Оозго сөз кирбейт экен мындайда, бир жагы коркунуч, бир жагы «кой, бөөдө кагылышка себепкер болуп отурбайын» дейт турбайбы ар ким? Бирок, эки жак тең мылтык тарс эткен ишараны эле күтуп турушкан белем, үй жактан шоокум чыкканда эле камдуулар ынтылып, эки жактан тең тарсылдап мылтык атылып, эки жактан тең эрдемсиген эр көкүрөк кишилер аттан жалп-жалп түшүп кетти.

— Өлдү Мойдун!..

Ким кыйкырды муну? Бул сөз басмачыларды дароо нестейтти, ошол бир көз ирмем нестейе калган убакта алар кайратты да, кыл учундагы зарыл убакытты да алдырып салышты. Көз ирмемде үзүлгөн мончоктой бирөө жалт берип, анан экөө, үчөө, анан жабыла дыр коюп, качып беришти. Ким мурун өлгүсү келсин?! Эми көчүктү бир көрсөткөн соң кайрыла кайрат кыла албай, эми мылтык эмес, кылыч эмес башына камчы урулуп жатса ажырата албай алактап, тегерене куюгуп, бирпаста ортого алынып калышты.

Те боз үйдө Мойдун эки колу артына карыштыра байланып, улагага далысынан керегеге таңылды. Ал ошол эле үйдө кадырлуу төрдө мандаш уруп отурган Кадырбекти атып тиктеп:

— А-ай с-сени!—деп, ызырына, өз тагдырына өзү күлө башын чайкады. — Багың бар экен, энеси талак, багың бар экен! Мен «ырыскы калбасын, бетке оомийин деп бата тартканда машаа тартылсын» деген элем. Оозунуп гана кеттиң да, энеси талак, оозунуп гана кеттиң да!

Кадырбек табалап күлгөн болду:

—А мени ырыскыны таштайт дейсиңби?!—деди.— Кана, мунун арам кекиртегине колум тийип калды эле, ие, Бурканбек колго эми суу куй чындап!

Эми чындап колго суу куюлуп, кол жуулуп, дасторкон жайылып, чарага үймөлөнө баглан кара козунун эти алдыга тартылды. Үй ээси:

— Кана, бек... алгыла кудай жалгап силерге буйруган экен адал малдын эти... — деп, астейдил үзүр айтты.

— Мына ырыскы,— деди Кадырбек Мойдунга,—кантип таштайлы буйруганын, ыя?! — Ал ирецги катаалданып кеп улады: — Те илгери Чотон деген бир кески ушинтип колго суу куйган учурда Алымбек даткага кылыч шилтеген. Ошол кески сенин чоң атаң. Уккансыңбы?

Мойдун чакчарыла:

— Укпай анан?!— деди. — Сени да так ошол Алымбек чон атаң сыяктуу улагага дагы сулатанын дедим эле! А ай, се-сени!.. Оозунуп кеттиң, оюна келгенди кылып, ошол өчүңдү ал...

Кадырбек:

— Сенин арам каныңа сөөмөйүмдү кантип булгайын?! Менсиз деле сен эми өлгөн кишисиң. Өкүмдү жаңы өкмөттүн закүнү кылат.—Жумшак жүз менен Жумабад аминге карады: — Ушундай эмеспи, амин? Кана даамга карайлы, амин, кана, куймулчакты алып...

Жумабай амин бир кызарын, уят болгондой кызаңдап, бир бозоруп, маскара болгондой томсоруп, же батынып чарага колун суна албай, же сунбай жүз үйрүп коё албай жаман кысылды, колу эзиле бышкан ак май куймулчакты түзүктөп кармай албай калчылдады.

* * *

Туш тарабы ак мөңгүлүү кырка, ар мөңгүдөн кашка суу булактап ак чарык жиптей ылдый чубалат, көдөө чөбү көрпө болуп, сары каймактап жаткан төр жайлоо. Күн жылым, көйнөкчөндү үшүтпөй, тончонду ысытпай ава бир укмуш мээлүн мемирейт.

Бир тараптан атчан чаап келатып ок атып, бир тарапта адамдын сөлөкөтүнө кылыч шилтеп аскер машыгыш. Ат дыргытып, бир шарт тийгизип, бир чала чаап өксүп, «тарс!, «тарс!»

мылтык атылып, тийип калса жабыла чуркураган сүрөөн, бейпил, жайлоо как жарыла дуу болуп жаткан.

Те алыстан бир атчан соёлоно катуу келди. Көпчүлүк машыгуу кызыгына батып, аны бийлеген эч ким болгон жок, мерчем жерге Данияр-бей койгон кароолдон экен, чапкан бойдон келип, демиккен аргымактан ыргып түштү да, Данияр-бей менен төбөсү бириге шыбыраша калды. Данияр-бей бир нестейе калып, анан тиги дөңдө машыгууну көз алдынан өткөрүп, тескөө салып турган Энвер пашаны көздөй тез басты. Энвер пашанын жанында тондору күрпүйгөн, тебетейлери калдайган бир топ «кадырлуу» делген бай кишилер турган эле.

— Паша... Сүйлөшүүгө кеткен неме колго түшүп калыптыр... — деди. Пашасы гана түшүнсүн үчүн немецче сүйлөгөн болучу. Энвер паша кабагын үйрүй тиктеп, бир саамга токтолуп, анан эч камырабаган кебете кийип, акырын немецче:

— Ким айтып келди? Ишене турган бирөөбү? — деп сурады.

— Кошо барып, капилет атыш болгондо эптеп октон качып кутулган жигити экен, азыр биздин кароолканада отурат...

— Жок кыл! Укпасын булар!

— Куп, азирети...

Данияр-бей тез эле кайра тартты. Жанагы кароолдон калган өз жигити менен шыбырашты. Жигит дароо атына минип, кабар айтып келген Мойдундун жигитин барары менен атып таштоого буйрук алып, кайра чапты.

Машыгуу улана берди. Чуу-чуу. Тарсылдап давла атыдып, ат дүбүртү сөздү сөзгө коштурбай басып кетип турду. Тарс! тарс!

— Ыя, бу пашалар не элтеңдеп калышты? — деди акырын четте турган күлтүйгөн тегерек сакал бай.

— И-и, бизден бирдемени жашырып, башка да тил менен сүйлөштү го? Түркчө болсо да, бир-эки сөзүн илип калса болот эле, кажылдаган эле башка тил экен... — деп, түкшүмөл жооп кылды жанындагы.

— Бир балээ бар... Не кызыл аскер келе жатат, не Мойдун бирдеме болгон...

— Ошол экөбүнүн бири... Булардын мындан башка чоочуй турганы немене?

Тымпыя баш ийкешип калышты эки бай.

Желиккен кишилер муну менен иши жок, улам бири ат куйругун шарт түйө, билек түрө кылыч булгалап, бутага ат коюп кирип жатышты. Бирин-бири сүрөйт, бирин бири мыскылдайт.

— Шилте! У! Бычыны жок десе!.. Шилте-е!..

Тарс! Тарс! Ок жаңырат.

Буларды тим койсо кара күүгүмгө дейре тапырай беришет болучу. Тигил жакта Данияр-бейдин жигиттери ар жактан кымкуут болуп чуркашып, шашылыш сапка тизиле башташты. Энвер паша:

— Машыгыш токтотулсун!—деп, буйрук кылды.

Кыраа байлар бир шойкон кабар келгенин сезишип, көңүл кыпылдап, бөөдө балээден баш калкалай тоо арасына житип кетмек камын ойлоп калышты. Кызыл аскер келсе аларга союш берип: «Ушундан нары кетишти!» деп, басмачынын артынан жиберип, бир жактан басмачылар баса кирсе: «Эмеле те белди ашышты!» деп, кызыл аскердин изине салып, эптеп кайсыл жагын да болсо акелеп, утурумдугуна жан соога, мүлк соога кыла күн кечирген немелер болучу.

Күндө жаңы кошулуп машыккан жигиттерге мылтык ат таратылып берилчү. Бир оор топ имериктеп, токтолуп туруп калышты. Бирок, ал күнү мылтык берилбеди. Мурун мылтык алып, «данктуу түрк аскери» катарына алынып, «каным менен» деп касам ичкен кишилер өз-өз мылтыктарын түнөгөн үйлөрүнө өз жанына ала жатышчу. Ал күнү Данияр-бей суз, «тазалоо» деп, колдо жүргөн мылтыктардын баарын бир үйгө чогултуп, эшигине өз отрядынан катуу күзөт коюп салды. Кишилер эч шек билишпей аттарык жайгаштырып, ошол «аскер турагы» делингең катар-катар тигилген боз үйлөргө күндөгүдөй беймарал түнөп калышты.

Жай күнү жаш баладай эмеспи?! Кечке жуук те тоо башынан токумдай кара булут көрүнүп, ал уламдан түтүндөй уюлгуп көбөйдү. Сыдырым жел согуп, күтпөгөң убакта замбирек атылгандай тарса-турса чагылган чагылып, аалам алай-дүлөй болуп нөшөр төктү.

Ал түнү Энвер пашанын да көңүлү так ушундай уюлгуган кара түтүн болуп, өзү ошол кара түтүн арасында тумчугуп, тула бою жерге тийбегендей учсуз, түпсүз санаа арасында адашып, кибиреп темселеп жүрдү. «Шумдук ай!.. Бу не шумдугу?! Чын бекен ушу! Не өкмөттүн бир шуму бизди бөөдө үркүтүп жатпасын?..» дейт, келген кабарга ишенишке максаты, үмүтү моюн бербейт. «Кантип эле, оной эле колго түшүп, байланып берди экен, кайраттуу доңуз эмес беле?! У! Тукуму бузулган иттин балдары! Баары ит, баары ырксыз, баары там айланган адамдын отурган жерин аңдып, бири дагы баягы боз курт бойдон калбаган белем, теңир ай!» деп, арман ойлоду. Бир ою али да болсо Кадырбектен үмүт үзө албай, оозуна жаман бирдеме оозана албай, кыңырылып жатты. «А балким, ыя, даанышман адам... кошулсам ушуга баш коюп отурбайын деп, алдын ала байлаган чыгар ал донузду, эртең аны атка тетири таңып алып, өзү келип калсачы?..» деген үмүт түлкудөй көз алдынан булаңдап кубулуп, санаасында чын эле Кадырбек так ошентип келип, алдынан паша өзү кучак жайып чыккандай болуп, жумулуу жаткан көзүн алдады. Кайда антмек?! Бул бир алдамчы ой! Энвер паша жүрөгү лакылдап, ордунан тура өйдө боло калды: «Эй! Ошол сызга отургузуп кетмекпи?!» деп жиберди, ал те так төбөдө калдырап жаткан чагылган үнүн уккан жок. Көөдөй түндү шала-шала тилген жарк-журкту көргөн жок — бүт дени, ою калчылдап кетти.

Чарт! Тарс! Чарт! Нөшөр төгүп жатты.

Эрте менен аалам дагы көөшүлүп калган эле. Сурнай чырылдап, дабыл согулуп, Данияр-бей эргелеп «түрк аскерим» козгоп тургузуп, онбашы боюнча ат чакыртып, бир баштан тескөө кылды. Ындыны өчүп келди кайра.

—Он беш киши качып кетиптир...

Энвер паша жүрөгү селт деп, бирок тиштенип, кара ай токтолду да бир убакта:

— «Кыргыз качса үйүнө барат» деген сөздү билесиңби, бей? — деди.

— Бу тоо арасы алардын үйү да?! Кайсы жыбытка кирген кеткенин табат?!

— Жо, ар бир атанын өз жайыты, өз конушу бар, беш салаадай, бей, беш салаадай саналып бөлүнгөн!

Тезинен качкан жигиттердин ыккан жагын тактап, жердин уун билген киши баштатып, куралдуу он киши алып, Данияр-бей өзү куугунга аттанды. Жер ным, ат туягы мылгыган из кууп кетишти.

Ырас, кыргыз баласы ээн болсо да, атасынын былтыр конуп кеткен эски конушуна барса ар жыгачы, ар ташы, ар чукуру, ар дөбөсү көзүнө жылуу, ага бул жерде карышкыр да, бөтөн да коркунучтуу болбой, өз үйүнүн төрүнө келгенсип калары ырас. Ничке ийрилип аккан кашка суу боюнда көк майсаңда аттарын отко коё берип, өзүлөрү ар кимиси бир кучактан кылып терип алган ышкынды аарчып жешип, бейпил бабырашып отурушкан экен.

Беркилер алыстан оттогон атты көрүп, дүрбү менен өзүлөрүн көрүп, андан соң шарп алдырбай дөң артынан келип, жакындап шоп-шоп чыга калышты. Кайрылып кайрат кылууга качкындардын биринде да мылтык жок болучу, жайылып эле качып беришти.

Тарс! Тарс! Кыйкырышпады, куушпады беркилер, ат үстүнөн гана туруп, те далбактап төшкө тырмышкан, суу бойлой аңга башын каткан кишилерди чилдей бирден терип ата беришти. Тарс! Тарс! Тарс!

Улуу тоо катмары күү-дуу жаңырыкка толду. Тарс!

Тарс!..

* * *

Колу артына байланып, жетекке алынган ат үстүндө ыкшалып, эки аягы басмайылга таңылып келе жатты Мойдун. Башында бөркү жок, кырдырган неме соксоюп, күнгө какталып, боргулданып, шор тери көзүнө, оозуна куюлуп, жүн төшүнө сарыгып, бүт тула бою камыгып Калган.

Папан кыштоосуна отряд кечки утуру түшүп келди. Эл куду тирүү кармалган кандуу тумшук карышкырды аңыз кылган сыяктуу дурбөп, дуулдап туш-туштап келе башташты. Үнкүйүп көң дөбөдө отурган Мойдунду коруганга болбой алыстан тегеректешип, бир кур

унчукпай турушту. «О! атана наалат, элдин кузуру уруп байланыпсың го, атаңа наалат?!» деди кимдир бирөө. Чет жактан кыйкырык сөгүп, жаш балдар кесек менен ура башташты.

— О, калайык! Муну эми өкмөттүн адил соту соттойт. Колу байланып турган немени урган эрлик деле эмес ко койгула, калайык! — деди Кадырбек.

Кече гана «бек» атанып, ит чуулдатып айыл талап чыйылдатып кыз зордуктап, киши өлтүрүп, анан түн койнуна житип, тоо катмарына жашынып кетип жүргөн каракчы азыр сөккөнгө жооп кайтарышка, жонуна дүңк деп тийген кесекке каяша кылышка жарабай, эки ийнин кысып, көзүн чылк жумуп, үңкүйүп отурат.

— Ушуну суракка алып отурабы?!

— Күнөөсү башындагы арам түгүнөн көп мунун!

— Эл билет!

— Муну мууздаш ылазым ушул жерде!

Туш-туштан катуу демиткен кыйкырык чыга баштады.

Бул элге берсең тытып кетери бышык. Кадырбек кайра:

— Бул жазасын алат, жөн калбайт!—деди. — Муну сурактап, кимден курал алган, ким көкүткөн, тымызын жеңичинен кол-кабыш кылган ким, баары такталышы керек. Муну азыр келтектеп өлтүрүп койсок, өлтүрүп эле коёбуз, бирак түбү учу жабык бойдон кала бербепби?!

Кектүү элдин көзүн кычыштырбай Мойдунду бир ээн үйгө киргизип салышты.

Ушул учурда муңканган үн угулду. Дуу бурулуп карай беришти. Бир карып колундагы аса таягын тык-тык эткизип, жолдун нугун болжоп, биртке уйкашкан армандуу бир кошок айтып, кубаты да жок, оозу сөзгө аран күрмөлүп күнкүлдөйт.

— Э-э... бу баягы Салим экен... — деди тааныган бир адам.

Ошол замат бир топ киши чуркап барышып, колтуктап жарыша бапыраша бери сүйөмөлөп жетелеп келишти. Сыягы Мойдундун кармалып ушерге апкелингенин айтып коюшту окшойт:

— Ыя?! Кайда?!—деп, эки колун тең суна кайраттана басты. — Кайда ошол менин кара көзүмдү кашайткан йазид?..

— Жүрүң, быякта, бува, быякта...

Эл аны Кадырбектин алдына апкелишип, андан нары эмне кыларын биле алышпай, бу Мойдун кылган тири шумдук окуяны алдына түз айтыштан ыйбаа тутушуп, ыйманы бар кишиге муну айтыштын өзү уят эмеспи, мукактанып токтолуп калышты.

— Кайда, кайда? Кайда ошол йазид? —деп, Салим үнү каргылданып, ый тамагын бууп, демиктирип, эки жагын кайсаланып жатты. — Ыя, йе мусулмандар, йе садагаң кетейии калың эл...

Өзү мууну калчылдайт, аягынан араң эле тургансыйт колу арбайып өңү өчүп кеткен. Кадырбек бул адамдын башына түшкөн мүшкүл ишти мурда эле уккан. Байкушка боору ачып, башын чайкап, кете бере албай карап туруп калды:

— Бува, ырас, биз аны тоодон тутуп келдик.

— Бу ким?—деди карып үн чыккан жакка жүз буруп. — Ыя, бу ким? Сен кимсиң, айланайын?..

— Кызыл атреттин колбашчысы Кадырбек, бува! — деди колтуктап турган, кулагына үнүн көтөрө айтты. Болжоп келип, Салим Кадырбектин аягына жыгылып, арык эки ийини кылчылдап, солуп ыйлап жиберди.

Кадырбек эки колдоп, аны өйдө кылды. Салим болбой тизелеп, аягын кучактады:

— Кудай өмүрүңө береке берсин! О-о, куда-ай, бар экенсиң, о-о, куда-ай...

Кадырбек аны өзү түшкөн өргөөгө баштап келди. «Йазиддин үстүнө алып келди» деп ойлоп, Салим дагы калчылдады:

— Вай, йазид! Сен дагы кармалыпсың го, йазид?! — деп, бу сапар кадыресе кайраттанып, көз көрүнөө күч-кубат кирип талпынды.

— Жок ал биерде, жарыктык. Башка үйгө аны абак кылып койгонбуз. Кана, төргө өтүң эми, бува... — деп, Кадырбек аны төргө өткөрүп отургузду.

Тез карып, күрп болгон тоок сыңары жүдөгөн, тооктой эле кубат-салмагы калган, жел тоголоткудай өпөйүп карааны кунарсыз. Өңү шири теридей, ыйлап жүрүп көзү тунарып, көзү

оңдуу көрбөй бараткан экен. Эмне деп кайрат айтарын, эмне менен жубатаарын билбей Кадырбек ошол жерде ойго батып, нес болду. Кир кол менен кармагыс наристе кызы ошол балээ баскан түнү өзүн-өзү асып салган. Кош кайгыга туруштук бере албай зайыбы эртеси жүрөгү айрылып каза болгон. Өзү эсинен ажырап, бир күчү кадимкисиндей эсине келип, бир күнү кайра ардемени бир сүйлөп, «эки эстүү» болуп калган болучу. Мына, буга көрсөтпөй кылган ар кандай адилет жаза муну ыраазы кылбайт, өчү жанбайт, көкшүнү суубайт! Мына, эмне менен бул адамдын төгүлгөнү кайра толот? Кандай кылса өлгөнү кайра тирилет? Эмне кылса көкшүнү сууйт?

Үй күзөткөн адам дасторкон жайды. Ысык боорсок төгүп, буркураган ыштуу чаначтан кымыз куйду. Салим даам көңүлүнө барбай, боорсоктон бирди араң оозуна салып кымыздан бир кесе гана жутуп, кайра «йазидди мага көрсөтүң» деп, эми жалдырай баштады.

«Мейли, көрсө көрсүн... — деди Кадырбек өзүнчө. Бир-эки чаап да алсын байкуш, мейли...» Тигинин тилеги ушул болучу, ушундан башка кайгысына кайрымжы боло албайт эле. Пирманасты кошуп берди.

— Этият бол. Бу го не кылып да өлтүрө албайт, тиги азуулуу каман мунун жүрөгүн үзө тээп таштабасын, карап тур өзүң, Пирманас... — деп, акырын эскертип жөнөттү.

Тышка кароол калтырып, Пирманас ичкери Мойдун байланып жаткан үйгө Салимди ээрчитип кирди.

— Эй! Тааныйсынбы мына бу кишини?

Мойдун көз кыйыгын салып, мыйыгынан жымыйды:

— Эмнеге тааныбайт экемин?! Бу мен кызына апгыр болуп атканымда өз көзү менен карап турган Салим сарт! Ха-а-аха-ха!..

Салим токтоно албай калды. Тиштенип, көгөрүн, колундагы аса таякты үн чыккан тарапка шилтеп калды. Карс! Жаакка чабылды. Мойдун «ик» деп койгон жок. Карс! Карс! Эми жиндеп кеткен сыяктуу онду солду таяк шилтеп кирди. «Ки!, «Ки!», «Ки!» деп, шилтеген сайын күчүркөнө, өчүгө колтук кере чаап жатты. Ки! Ки! Ыя! Ки!

— Ва-ай! Са-арт, уруп аласынбы кызындып көт акысын? — деди Мойдун дагы эле шакебе кыла. Муну Салим уктубу, укпадыбы, демиге таягын тушмалдан шилтеп, карсылдатып, былчылдатып ура гана берди.

Мойдун башы жарылып, кара көк бетинен ылдый каны жошулуп кетти. Эми жаны көзүнө көрүно баштады белем:

— Ой! Өлтүртөсүнөрбү силер ушул сартка?! Ой! Кыргыз кыпчак кырылып калганбы?! Бир кишини жөн өлтүргөнгө бир бала чыкпай, ыя?! Ой... — деп бакырык салды.

— Ки! Ки! Эш-шек! Адам сыягы жок! Ки! Ыя, бакырат экенсин го сен дагы? Ки!..

Эси энгирей түштү окшойт, же карышкыр сыяктуу өчөштүк көрсөттүбү, эми Мойдун кыңк этпей тиштенип бир убакта бир жагына кыйшанып жыгылып калды.

— Ыя?! Ки! Мына! Мына! Ки...

Бир убакта таяктын карсылдаганы да угулбай калды. «Өлтүрүп койбосун...» деп, Кадырбек алардын үстүнө кирди.

Мойдун кескен ноголодой томоломуп жатат. Салимдин аса таягы майдаланып, жарака болуп сынып кеткен. Өзү керегеге жөлөнүп, эки бутун талтайта кере сунуп, алсыз, оозун араң ачып акактап, араң демин алып, көлшал тердеп, отуруп калган экен. Кабагы жайылган, өзгөчө бир моокум канган шалдыроо баскан.

* * *

Канча жылым сүйлөп, не ачык, не тымызын өлүм менен коркутуп, ийрип турган «улуу түрк кошуну» болбой ыдырады. Күнүгө эрте менен бир четинен кем чыгат, чак эле түштө саал ээндей түшсө көздөн кайым. Биртке гана баягы бир кезде Мойдунга аралашып, кандуу тумшук болуп калган жанкечтилер турат.

Энвер паша бул элге астейдил таң калды. «Беш эле жыл мурда жарымын кытайга дейре кууп, орус кырып койбоду беле?! Ушул бат унутула турган окуябы?! Эми орус «сен орус менен теңсиң» деп койсо ишенип, буларга Россиядан көтөрө келгенсип, өз жерин өзүлөрүнө

бирткеден бөлүштүрүп берип койсо алданып кала беришеби?! Ит атасын тааныбайт. Булар чын эле иттен тараган немелер окшойт, булар «улук түрк тарыхы», «улук түрк маданияты» деген ыйык нерселерди капарына алышпайт ко?!» деди. Жаны өкмөттүн кедей менен байды теңшөө, көп улут менен аз улутту тен кылуу мүдөөсүнө тил, өң, дин башкалыгы бөгөт боло албай турганын, ушул улуу тенчиликти ким берсе ошол жене турганын паша көрүп эле туруп, өзү кармашып эңилип, жеңилип, бирок эч бир чыдап мойнуна албай койду. Кайра муну бир элдин итчилиги, бир элдин өспөгөнү деп шылтады.

Энвер паша айласы куруп, дагы бир «жамы түрк камын ойлогон азамат» тапкыча буйгада боло турмакчы болуп, чек ара жакка ыктады.

А жердин уун жакшы билген ыктыярдуу аскер алыстан айланып өтүп чек ара жактан алдын тосуп чыгып калды.

Энвер паша дүрбү салып, улам бирден, экиден, топ болуп көрүнүп отуруп, кырка-кырка тарта жер жайнап кеткен аскерлерди бир сыйра көздөн өткөрдү. Ылдый куюкса, душманынын ою да ошол, биротоло Ферганага түшүп берет. Эки жолу калган. Бири—те бийикте жер оңтоюнда турган аскерге бетме-бет барып кырылуу. Бири—те өтпөйт деп тосулбай калган, эч качан адам буту тийбеген, эч качан кайберен чыйыр салбаган көк жалтаң мөңгүлүү айрымач белеске беттөө. Ал карышкырдай мелтейип тиктеп турду.

— Э-э, кайран эр түрктүн азамат уулдары!—деп үн салды ал. — Мына, карагыла, оруска ыйманын берген эл оруска кошулуп, чөөдөй тооруп каптап келди. Кана, не кылмак ылазым? Колго түшүп, кордук көрүп, анан өлмөк эппи? Же таймашып, көк тиктеп, илгерки көкөң эр түркчө жан кыймак абзелби?

Кишилери боз чалган тоо башындай томсоруп, кабак түйө, үн катпай, селт этпей угуп турушту. «Баары бир өлүм!», «Бырчылдашабыз!» деген кашкөй, зарделүү коштоо жаңырды. Бул өлүм алдындагы кайрат сыяктуу Энвер пашаны чыйралтып кетти. Эки көзү жылтылдап, кыймылы тыңайып, те бир убактагы осмонлы түрктүн улук журтуна билерман кезиндегидей кабагы каардуу, дымактуу үйрүлүп, эрини текебер мурчуйду. Ошол тапта ал өлүмдү теңсинбей тургансыды.

Уруш деген эмне экенин ал эч кимден сурабайт! Мерчем жерлерге экиден катар томпсон коюп, өңкөй винчестерчен мергендерин чачырата жайып, ыкгуу өңүт алдырды. Те артыраак, эгер тигилер көптүк кылып каптап, ал мергендерин басып кетсе ошол чөлкөмдө өз кишилерин да ылгабай бир тегиз жуушатып салыш үчүн атайын топ бөлүп, буктурма бүйгалады.

Кадырбек да ошол тапта те бийикте ак кыргак таштып кырына келип, жер арытып карады. Тигине алаканга салгандай болуп, түзгө тигилген «аскер турагы» деген басмачылардын жатак үйлөрү, айланасында киши, ат кумурскадай кыбырап көрүнөт, андан бери ар жерде кылка кылка өнүткө өтүп, келгенди окко тосууга шанланыл жаткан көп басмачы көрүнөт. Ичинде бир атчан арөңүткө бир барып, туталангандай бир орунга тура албай ат ойдолото бастырат. Кадырбек кайра дүрбү салып тиктеди. Курч аргымак алчактайт, үстүндөгү киши жалан тапанча алган колуна, гапанча менен суна көрсөтүп, өз кишилерине буйрук кылып, акыл аптып кыйкыргансыйт. Төбөсү кызыл, чокчойгон быжыгыр көрпө бөркү даана ажыратылат, саймалуу чоң чачыгы селкилдейт.

Кадырбек жымыйып, өзүнчө күрсүпө, өзүнчө башын ийкеди: «И, бизди оруска ыйманын берген деп, а өзүн «улуу түрк кошунунун аскербашысы» санап жүргөн селсаяк ушулбу?..» деди ою. «Көк чегирткедей сереңдеген байкуш сандалып эмне үдө тапмакчы? Өз журтуна артык болуп, өз журтуна батпай чыгып, дагы мындагы бирөөгө акыл үйрөткүсү келип, байкуш бөөдө жанталпас кылып, бирөөлөрдүн от көсөөсү болуп, бөөдө отко куйкаданып жүргөнүн өзү билер бекен?» деди, аны менен жүздө-жүз айтышкысы келди.

Бир убакта тиги бир топ кишилерге барып токтоп, бери карап, колун серелеп, дүрбүлөп карай баштады.

Тыякта Энвер паша дүрбу салып, бу ак кыргак таштын кырында турган погону жок аскердик боз чепкен кийген адамды көрдү да:

— Тааныч,— деп дүрбүнү жакын турган чоң тебетей жергилик басмачыга берди,— ким бул...

Энвер паша «ошо...» деди ичинен. Оозун түк басып жүдөгөн басмачы олондоп карап. Кадырбек экенин тааныды. Түгү кыбырабай: «Ошо...» деди ичинен. — Ошо... «Ошо» десем, булар азыр алыска атар мылтык менен атат, кокус тийип калса, кийин «баягы таанып аттырыптыр» деген сөз элге угулса, кой, тукум курут болуп кетем, кой, өзүм өлсөм ушул жерде өзүм өлөйүн, жалгыз чүрпөм эл ичинде өз күнүн көрсүн...» Ал:

— Көзүм жетпей атат,— деп мыңкылдады. Энвер паша дүрбүнү жулуп алды:

— Ошо, силердин акылгөй Кадырбегиңер! Үрөйү мусулман, бирок, аттиң ай, мунун да ниетин орус буруп алып койгон экен...

Кадырбек кырда:

— Мына, биртке осмонлы, теке түрктөн, коңураттан, лакайдан, эң акыры бу бизден бозгон өңкөй кан тумшук! Ушул бекен «улук түрк кошуну?!» Жетинген экен «улук түрк?!» — Кейип, башын чайкады. — Кеп ташка камалды «улук түрк кошуну», аны билет «аскербашысы». Эми бизди тике качырып келсин деп, буйага бой жашырып турат көгөрүп. Тике барсак ал сөзсүз колундагы куралсыз турган жай элди алдыга айдап тосо берет да, биз карп-курпта ошолорду бөөдө набыт кылып алабыз, өзүбүз томпсон огуна капталабыз...

Те төмөн жактан бурк этип, көк түтүн чыгып, винчестер үнү жаңырып калды.

— Бизди атып атышат! — деди Данил Кордуб.

— Жетпейт, Данияр,— деди Кадырбек, ошол учурда биртке эле алды жагына «чак!», «чак!» деп, винчестер огу келип, таш чанытты,— ана, жетпейт, жетсе да мынчалык аралыктан тийе койбойт.

— Эмне болсо да, мындай болуңуз, жолдош командир, ок келе берет, кокустан... — деп, Данил Кордуб Кадырбекти колтуктан алды.

Ал күнү ыктыярдуу аскер тарабынан бир дагы ок атылган жок, те кыр-кырдан гана кысып жакындап көрүнүң өзүлөрүнчө кыйкыра бакылдашып, кыр көрсөтүү менең чектелди.

Карашып, бир да кишисин ордунан жылдырбай көгөрүп күтүп, эң акыры өз жаалы калчылдап ичинде калып, Энвер паша ойго батты: «Эми түндө кол салат...» «Жер сыйпалап калсын!..» деп, көз байланган кезде шабыртсыз орун которуп кетти. Жолдо ээрге өбөктөп барагып: «Кайда барам?.. — деп, ой толгоду ал. — Кайда барам? Фергана жакка түшчү жол кесик, чек ара жаккы пас ашуулардын баары тосук. Кайда барам?..» Түнү бою бир жерге да түзүк токтолбой, акырын тыкыратып бастырып, баары ат үстүндө. Имерчиктеп, чек ара тараптан бир тешик издейт, кийиктин чыйыры болсо да мейли, жөөлөшүп тырмышып, кара башты куткарып кетишмекчи. Жок, жылчык жок, улам бир ашуу тарапка ыкса улам от жылтылдап алдын тосот, кайра жалт беришет.

Эртеси да ыктыярдуу аскер же алыстабай, же кол салбай курчап, кайтарып туруп алды. Бөөдө өлүм коркунучу үшүн алып, жан сактоо далалаты шаштырып, ошол түнү Энвер пашанын кошунунан дагы бир гоп кишилер кымырылып кетишиптир. Эмне дейт буга?! Баштагыдай болсо карматып жазалайт эле, калганына кейийт эле, кайдагы эски түрктүн өтмүшүнө кайрап, көңүлдөрүн көтөрүшкө аракет кылат эле. Эми минтип уурудай түн катып оорун которуп, «улук түрк кошунунун колбашчысы» деген кадыры көз көрүнөө өзгө да, жатка да келеке болуп калган чагында дагы кимге кырдуу сүйлөй алмакчы?! Кимди коркута, кимди ийгере алмакчы?!

Үчүнчү таңда да кошундан көп киши жок болуп чыкты. Бул жерликтен аз эле киши калган экен. «Эмне эле кол салбай тегеректейт десе?! Ыдырасын, ындыны өчсүн деген турбайбы?!» деп, Энвер паша сөгүнө да албай, кейий да албай, биротоло шалдырап, герман генштабынын согуш академиясын окуган дымактуу генерал көнүлү сынып, отуруп калды.

Бир убакта эки капталдан ыктыярдуу аскер кысып чыкты. Атайын! Азайып, үркөрдөй топ калган кезде көз көрүнөө каптап чыкты. Чылбыр менен жетелеп откоруп, сийсе да жетелей барып, күнү да, түнү да ажырабай тизгиндеп отурушкан аттарына дабырап миништи.

— Кайратта ан! — ден кыйкырды Энвер паша. — Кайраттан, баатыр түрктүн тукуму! Элтендебе, эсиңе кел, эки жагынды акылын менен каран!..

Бир тарапка дыр койгону калган жүздөй атчан удургуп, уюлгуп, пашасына имериле калышты. Энвер паша:

— Кана, баатыр түрктүн балдары! Биздин бабабыз бул чала жабайылар эмес, таршыган

жауропаны жайпап чапкан! Эсиңе кел, баба арбагы жар болсун, шашылба!..— Аты туйлап, эки көзү не кан көксөп, не ыйламсырап, жашылдана кызарып чыкты. — Кана, баарың томпсон алгыла, ээрдин кашына окчо кармап, көз ирмебе, ок алдына жан туруштук кыла албайт, ок төгүп, э баатыр түрктүн балдары бу чала жабайыларды жарып кирип, майкандап, тепсеп, өзүбүзгө жол ачабыз! — Те көк жалаң мөңгүлүү айры белес жакка айла болбогондо ыгуу кылт-кылт келип турду оюна, ал белес чек ара, андан ашса жан калат. — Чабуулга! Ур! Ча-ап!

Өзү баштап, ат коюн жиберди. Туюкка камалган кан тумшук карышкыр эң айласы куруганда туюктан алдын тосконго оозун ачып тике качырып чыгат. Куду ошол кан тумшуктун эн акыркы карышкыр айласындай өчөшмө, жан кечме кайраттай болду. Бирок, ыктыярдуу аскер жер оңутунда, окту мөндүрдөй бүрккөн көп томпсон оозунан оңой буйгаланып, жабыла ок менен тосо беришти. Жар урагандай алдыңкы атчандар дүпүрөп кыйрап түшүштү, арты уюлгуй бурулуп, башка багытка бет алды, ал жактан да, буйгадан ок көкүрөктөн тосту.

Басмачылар чолоңдоп кээ бири, кыйшаңдап, бирдемеге баш калкалап, кай бири тоңкойгон ат өлүгүн жашынып, бөгүп калышты. Чыңырган ат үнү, ок үнү кошул-ташыл болуп, бейпил тоо күнгүрөнүп, онтогондой жаңырыктап, бир алаамат күр-шар толкуп турду.

«Колго түш!», «Колго түү-үш!..» деген кыйкырык авада калкып жүрөт. Ким колго түшөт?! Колго түшкөндө эмне тапмакчы?! Осмонлы тике мандайлашып, алка жакадан алышып, канга бөлөп, өзү кан жайкап жыгылып, улам аманы кетенчиктеп, тарсылдатып атышып, тегерене коргонуп, те көз жетсе да кол жетпес үмүт сыяктуу кылайган ак мөңгүлүү айрым белес жакка аздап ыгып баратышты. Кап ортосунда Энвер пашанын төбөсү кызыл бөркү, ак камзолу кылактап көрүнүп, кайра жоголуп, кайра Көрүнөт.

Улам Энвер паша кароолго илинет. Бирок, ага карата ок чыкпады. «Тирүү тутабыз!»—деген Кадырбек.

«Эк, ушу сен жамы түрктүн камын көргөн кишисиңби?!» Жамы түрк дегенди бетиңе кармансың, ар кимдин башын бөөдө айлантып жүрөсүң, а түрктүн эски доо өткөн, ал эми кайрылып келбейт, муну да жакшы билесиң, сенин далдаңда чет өлкөлүк оторчулар турат, алар бул элди да Индустан, Иран, Арабстан окшотуп, майка жай кылмакчы, муну да билесиң, ушунун баарын биле туруп, демек, сен жамы түрктүн азаматы эмес касы болуп жүрбө?! Өз камын өзү көрөт бул эл. Жамы түрк бул эл. Жамы түрк бул асрда бүт дүйнөгө келген жаны теңчил доорго кошулганы абзел. Жаңы доор — байы да жок, кедейи да жок, өңүнө карабай, тилине, динине, азы-көбүнө карабай эл атпайды тең кылат. Ушул үзүрдөн куру калбасын жамы түрк!» деп жүзмө-жүз Энвер паша менен айтышмакчы.

Кадырбек карап турду.

— Мына уруш деген! Каниги көк жал жигиттер бар экен. Жер уун билбей курчоодо калышты, аз да болуп калышты... — деп, тиги өлүм менен бетме-бет келишип жаткан түрк балдарына дил адилети тен берип турду.

Көздөн учкан ак мөңгүлүү айрым белестин бери түбү көк торпу, таман тирер тулку муз экен. Муз түбүнөн көк кашка суу оргуштайт. Бир каптал жагы көк жалтаң аска, бир каптал жагы үстүндө шалбырт кар калкып турган көл суу.

Эми Эдвер паша эч кимге карабай, смит-вессонун таянып, жарадар кийиктей аксап, кыбырап мөңгүгө тырмышты. Улам бир кадам өйдөлөп, деми кысылып, бирок не өлгөнү, не калганы, эптеп айры белестен ашып жыгылмакчы үмүтү сүрөп, көтөрүп чымырканды.

— Йе, бу кутулуп кетеби?.. — деп Кадырбектин жанында турган жигит отура калып, кароолго ала баштады.

— Кой,—деди Кадырбек жай,— кайдан кутулсун, ушундан нары ашып кетем деп, дагы жер уун билбегендик кылып, дагы адашгы бул, нары бети көк жалтаң муз, кийик да түшүп кете албайт...

Улам мылгык үнү, киши чуусу төмөн калып, олүшө кармашкан кишилер тебишкен таан сыяктуу араң карандап көзгө илинип калды. Не башы айланып кетти, не көрбөй күйөйүн деди, Энвер паша кайта кайрылып карай албай те алды жакта аркан бою калган айры белестен көзү өтүп, оозун ача энтигип, кулачтап жыгылды. Эки чыкыйы лукулдап, жүрөгү көөдөнүн жарып чыгып кетчүдөй чыңалгансып кетти. Көпкө жатып калды. Бир убакта дагы кыбырай, дагы

кутулмакчы сезими колтугунан сүйөп, көбүрөк көтөрүп, тизелеп, эки колу менен каткан карды тырмалап, эмгектеп, дагы жылды. Мына, көздөн учкан айры белес ушубу?! Мөңгү тунган жайыкка жетип, күн жылымынан биртке жумшара түшкөн карга бата боортоктоп, дагы жатып калды. Не кулагы чып бүттү, не тыяктан атышуу токтоду, ал үчүн бул күүлдөгөн шаңдуу аалам шарнасын биротоло тыйган өңдүү ыңжыңсыз болду. Бир убакта эки таноосунан кан жылжып, көзү караңгылап, кең аалам булаңгыр, кара жер боору эмес же таянары, же жамынаары жок бир не туман, не булут, не тунган көл үстүндө калкып, караңгы бир туңгуюк ороп, астелеп чөгөрүп баратты...

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Эки шакирти Коргол менен Жолойду эргештирип, Токтогул шаарма-шаар, тоомо-тоо эл кыдырып келатты. Илгеркидей «тили суук безери», өз ысмын өзү жашырууга мажбур болгон «шектүү» эмес, бу сапар баягы Фрунзе баштаган үгүтпоезд салтын улап, ошол кезде жүзөгө ашырылып жаткан ар улутту өзүнчөлөөнүн маанисин түшүндүргөн, жаңы замандын үзүрүн даңазалаган жарчысы болучу.

Күзгө таяй Намангенге келип, шаардын чоң чайканасына караңгы конокко түшүп калды. Ал кезде чайкана мейман үйү сыяктуу. Жамы журтка белгилүү өнөрпоздордун мейман болуп калышы чайканачыны туйтундуруп салат. Чайы, наны көп өтөт, тамаша көрөбүз деп эл көп келет, тамашага ыраазы эл пулун таштайт, ал пулдун ылайыктуу саны дагы чайкана ээсине тиешелүү болот. Токтогулдун келгенин угуп, чайканага эл батпай, эшиктин оозуна тирелип, дарчелерден шыкаалап, кулак тийишип калды.

Токтогул чайкананын төрт бурчуна көрүнөө жайланып отуруп, комуз менен коштоп, бу айтылуу Аксы багытын кеөнө заманынан бери оодарып, эн акыры теңдик дооруна кирип турган мезгилин мактап, элдин жалпы амандыгын сурап, «учурашуу ыр» ырдады.

Чайкана ээси өзү дикилдеп чай ташып, чайы да, наны да түтпөй соодасы кызып, кабагы жайнап кубанып жүрөт.

Тыштан мунканган бир басмырт үн чыгат, ырдап турабы, ыйлап турабы билинбейт, эч бирөөнүн иши да жок, бардык көз, бардык көңүл ырчыга багышталган.

Токтогул тыншай калды:

— Ким? Эшикте үн салган ким?

—Йе-е,— деп чайкана ээси колун шилтеп койду,— камтама болбон, азиретим, ал бир кайырчы дувана, акылынан ажырап калган бир бечара.

— Ырдап атат ко?

— Ыр деле эмес, эми...

Токтогул кулак төшөгөн соң бүт эл дым бол эшик жакты карап калышты. Токтогулдун жүрөгү дукүлдөп те баягы боройлогон кар алдында тааныбаган жабык эшиктин алдында муңканып, «жылуу үйгө киргизип, жылуу бирдеме берип өзөк жалгатып коёр адамзаада бар бекен» деп, боору титиреп калчылдап турганы көз алдына келип, ошол жерде ордунан кандай тура жөнөгөнүн өзү билбей калды. «Ким болду экен ушул жерде кайыр сураган?..» деди ою. Ичкериге сыйбаган эл эшиктин көзүндө он кабат болуп шыкалып турушкан, дуу жарыла жол бере калышты. Те нары четте жөжөдөй аккүп, мүңкүрөп карыган бир адам муңкана үн салып, чайканадан өзөк жалгаганы келген белем, жулунуп киришке ага ал кайда, илдиреп нары-бери басып турган экен. Боз көлбөөрү мойнунда, куу таягы боорунда. Бул адамдан бир кездеги качып келе жаткандагы алсыз, кудайдан, кудайдын колу ачык пендесинен гана үмүт кыла мунажат кылган өз абалын, өз кейпин көрүп, тула бою дүркүрөп, анын муңдуу үнүнө, оозунан уйкашып чыккан кебине кунт коё калды Токтогул.

— Жүрүн, карыя... — деди Токтогул. Кары кайырчы унчукпай илдирей басты. Тизилип жардаган элдин ортосунан өтүп, чайканага кириштi.

Э, күлүк минип күүлөнгөң а,

чакчарылган сен кимсиң а?
Кирген суудай үндөнгөн а,
окторулган сен кймсиң а?

Кайырчы темтейип, ээгиндеги суюк сакалы сербейип, нуру кеткен боз көзүн араң ирмеп, эки жакка жүз буруп, акырын үн салды, үнү каргыл.

Барлыгыңа мактанба а,
барар үйүң кара гөр а,
жазданарың кара жер а..,

— Жүрүн, карыя, төргө... — деп, колтугунан сүйөдү Токтогул. Кайырчы башын чайкап койду. Бирөө сунган жарты нанды карабай алып, бирөө апкеле калган бир чайнек чайды алып, көзүн жуумп; башын чайкап, ошол улагага эле дубалга сүйөнүп отура баштады:

— Э, пендем, бүгүнкүмө жетет ушу, дүнүйө жыйып жаттым беле, пендем ай...—деп койду,-

Сыйлуу аксакал кишилер тура келишип, «буга сазе кылбан, акун бу бул дүйнөдөн кечтим деген адам, акылы укайында эмес, теңелбең» деп шыбырашып, Токтогулду өз ордуна кайра алып кетишти.

— И-и, Токо... — дешип, ыр-күү күзөп отурган эл чыдамсыз. Бирок, Токтогул элтейип, тиги бүрүшүп улагада отуруп, бүткүл ааламды унутуп, бир сындырым нан менен бир пияла чай ичип, ошого топук кылып адамдан көз ала албай нестейди. Бир убакта эч жакты тиктебей, эч ким менен иши болбой, өзү үчүн гана сыяктуу өзүнчө күнкүлдөп, дагы акырын мунажат ырын баштады:

Э, колу-аягы маталгап а,
жалдыраган сен кимсин а?
жазаты келип алдына а,
шалдыраган сен кимсиң а?

Э, таалайык ошол — муңканба а,
кирер жаның кара гөр а,
жазданарык кара жер а...

Муну тааныган бул чөлкөмдө аз, элдин көбү «дувана» деп коюшат, өзү да жылына бир гана жолу көзгө чалынып, анан кайра кеткенин эч ким билбейт; шаарма-шаар кыдырып, элден элге өтүп, чарчаган жерине сулап жыгылып, эртеси кайра туруп, жолун улантып, жолмо-жол күнүгө үч ирет гана кайыр сурап, өзөк жалгаган сон беткелди илдиреп кете берет, атайын кылар иши, атайын барар жери жок. Эшик төрдөй жерден карааанды ажырата албай калган, нары да бирөөнү таанууга аракет да кылбайт, бирөөнүн жүзүнө тике да тиктебейт, учурашканды ла, коштошконду да сурабайт, адам атпайдан көнүлү калган сыяктуу, баарын өз оюнда «топуксуз пелде» деп коет.

Бир гана ууч бул дүйнө —
хоргон салып, тал гигип,
кыйналышка арзыбайт...
жакын күтүп, дос күтүп,
үйралышка арзыбайт...
жакшы кийип, мартсынып,
кулпунгайга арзыбайт...
байлык, бийлик талашып,
жулкунганга арзыбайт ..
Өзүн жутар шум жалган,

өзөк болуп ким калган?!

Э, сөөлөт күтүп келберсип,
төрдө олтурган сен кимсин,
дүйнөгө жалгыз келгенсип,
өйдө олтурган сеп кимсиң?
Э, кадырыңа чиренбе а,
жатар жайың кара гөр а,
жазданарың кара жер а...

Эл дуулдап, ар бурчта ар түркүн сөз боло түштү «Вай, балакет турбайбы бу?..» деди бирөө. «О, опасыз дүйнө деген, ырас айтат, ырас эле эмеспи, ушул бир гана ууч дүйнөдө кыжыңдашып не табабыз а?..» дегендер да болду. Бир жакта: «Йе, кандай суук ооз дувана?! Токтогулдай азадил акун отурса, ыя, «төрдө отурган сен кимсиң» деп эмне бу, кычаштыгыбы бу?» — деп калышты.

— Койчу, айланайын, ушул эле билгенсип, «кара гөр», «кара жер» деп... кой, чыгарып жибергилечи!—деп, майлагандай жылтыраган капкара муруту эки кулагына жеткен бир адам бакылдап коё берди.

Токтогул унчукпай, эки көзү элтейип, уурту саал жымыя баарына баам салып отурду. Бир киши келип, тааныйт окшойт:

— Ажы,— деди дуванага жумшак,—эми кайда барасыз, кечикпейсизби?

«Кет» дегенди сылык туйдурду.

— Шаша турган бушайманым жок, пендем... — деп мүңкүрөп, дувана ошо отурган улагага кыңкая баштады жаны жер тарта. Токтогул:

— Тим койгула,— деди акырын. «Мейли, мейли... карып эмеспи, кайда бармак эле байкуш, мейли...» деп коштоп калышты. Токтогул эми кайра туруп барып, дувананын бет алдына көчүк баспай отуруп, акырын ага собол кылды:

Э-э, аттиң ай,
эки туулбас адамзат
бул жарыктык дүйнөнүн
убайын кечип не табат?
Өчсө тамбас адамзат,
кетсе келбес адамзат
касиети асыл өмүрдүн
кадырын кечип не табат?!

Дувана жумган көзүн ачпай, деми араң эле сезилип, баарын укту, баарын туюнгандай болду, бирок башын ийкебей да, чайкабай да койду. Токтогулдун ага айткан соболун чала чарпый угуп калышкан эл дуу туруп, каптап келди. Токтогул дувананын үнүндөй басмырт муңканып, ага жооп айтты:

Өзүң өңдүү адамга
жубантар сөзүң болбосо,
өзүң түрдүү карыпка
кубантар көзүң болбосо
сакылыгың не пайда?!
Кошо болгон коому жок,
колунан чыккан сообу жок,
өзү жалгыз ыйлаган,
өзүнүн жанын кыйнаган,
адал терден мал таппай,

адам сыпат жан бакпай,
күндө кайыр сураган
жагат бекен кудайга?!

Дувана дагы эле жумган көзүн ачпай, эми кабагы бир аз чурүшүп, ой кыйноосуна туш болгонсуп калды. «Ва-ай, өлтүрдү йа, өлтүрдү йа муну акун...» деп, эл ичи күбүршыбыр болуп калды. «Йа, кудайга жагам деп, ушун этип калктын баары тербип кетсе кимди ким багат, адамзаат өзүнөн өзү тукум курут болуп кетпейби, йа кудурет?..» дешти. Токтогулду өзүнчө ой басты. «Сөз катуу тийип калды окшойт, аттин ай, кетменге жарабай калган кары адам экен, кайрылышары да жок көрүнөт, үгүтүнө кайрып айтыи койбодумбу, аттиң ай...» деп, өз дили касыретке кабыла калды.

Зияны жок чөпкө да,
азиз адам экенсиз...
калаада дасторкону катылуу,
кара суву сатылуу —
кор болупсуз бекер сиз...
тоого алып кетейин
макул болор бекенсиз?..
Кылдап кымкап жабайын,
кымыз менен багайын
күндө маани сүйлөшүп,
куунатар көңүл табайын...

— Бал-ли!—деп, угуп турган эл как жарыла Токтогулдун ак ниетине тен берип жиберишти. — Бал-ли, акыйкатта азадил[1] адам турбайбы акун! Кайсы пенде ушинтип бир карыпты алып кетем деп айта алат?! Бал-ли...

Дагы эле жумган көзүн ачпай, бирок жүзүн эки колу менен баса ичтен солкулдап, үнсүз, шыбышсыз жашып кеткендей болду, унчукпай ордунан турду да, эч жакты карабай илдиреп, тышка чыга жөнөдү. Токтогул эмне дешин билбей артынан карап эле туруп калды.

Ушул азыр Токтогулдун тааныбай туруп каралашам деген астейдил ак ниети, жакшылыкты айтууга гана жаралгансыган коңур жумшак добушу дувананын ултандай каткан көңүлүн жибитип, эреркетип жиберди. «Жүр быякдеп эч бир жан айткан эмес ушуга чейин, улам кубаттан тайып бараткан чагында ушинтип бирөө айтса мейли демек эле, жок дегенде эшигиндеги итиндей өзү жогунда короосуна көз болуп отуруп бермек оюна да келген. Жок, эч ким антип айтпаган, сен кимсиң деп да сурабаган, эч ким буга итке таштагандай бир сындырым нанынан өзгөчө көңүл бөлбөгөн.

Эми эмне дейт? Макул дейби, атына учкашып, бир кездеги ата тегинин жайы болгон улук тоого кете берсеби? Жок, буга да көңүлү жар берген жок, ал өзүнүн ал-кубатын билет, кудайга бүгүнбү же эртеңби аманатын тапшырары жакындап калганын кийинки күндөрү сезип калган. «Кой,— деди өчөшкөн ою,— бирөөнүн жакшы көңүлүнө жүктөнүп жүргөнчө бир ээн дарактын түбүндө жатып өл, ушуну сага кудай буйруган».

Эшикке бирөө чыгып, Токтогул жибергенби, эки жакты каранды, дувана көчө айланып кеткен эле.

Күү комузчунун комузду колуна алгандагы ой абалына жараша чыгат. Чың буроо менен, тез кайрып, арман күүнү деле дуулдата шандуу кылып, а шаңдуу күүнү жай, ой салмак менен кайрып, өзүнөн өзү от жанган жаштык илеби эмес акылга өткөн токтоолук, муңканган насыят болуп чертилип калат. Көбүн эсе улгайган комузчулар насыят мукамына байкоосуз эле түшө беришет. Дубананын кошогу, кайгылуу күнү көңүлүн ар түркүн кейиштүү абалга салып жиберди белем, Токтогул өтө ойлуу, басмырт отуруп, «Насыйкат» күүнү күңгүрөнтө салмактуу

[1] А з а д и л — ак пейил.

баштап, кайрык арасында коңур жумшак добушу муңкана каргылданып, жанагы дүнүйөнүн көйү, баасы жөнүндөгү дувана экөбү карама-каршы келе түшкөн маанини элге жыйынтыктап ырдады:

Асыл жаның бар чакта
алчактата бастырып,
аруу үртүк жаптырып,
бирди тапсаң минип өт;
көңүлүндү жубантып,
ай далыңды кубантып,
бирди тапсаң кийип өт:..

Кайран өмүр бар чакта
жаачу күндөй сурланбай,
жыга чапчу түрлөнбөй
кабак жазып жүрүп өт;
жаккан оттой дуулдал,
жаштыктын доорун сүрүп өт;
бирге болуп бапырап,
сыр алышып жадырап;
курдаштын көөнүн билип өт...

Тишиң барда таш чайна,
тиш түшкөн соң бей пайда —
күчүк барда карыштап,
күнүгө талбай арыштап,
жерге мейнет кылып өт;
эсиң барда зарыптап,
түз, таамай аныктап,
элге мейнет кылып өт...

Өзөгү темир пенде жок,
өзгөрбөй турган жерде жок —
ага бөөдө кайгырба;
акыл, сурктан айрылба,
адамзаада болгон соң
адам атын актап өт,
асыл салтын сактап өт...

Те илгери ушундай «кудайга кулчулук кылуудан бөлек пендеге пайда да, арга жок» деп, ак уруп жүргөн бир дувананы баёо эл «көзү ачык», «ынык», уйкаштырган кебинен улам «шайыр» деп, урмат кылышчу экен. Өз кадырын көтөрмөкчү болгон бир бай ал дувананы нечен багыт, үгүттөп, эң акыры оз кызын никелеп кошкон. Көнүл кумары кимде болбосун?! Баягы тынымсыз жер кезген дувана өзүнөн өзү байланып калат. Эл саламга көп келип, бай дагы мурадына жеткенсийт. Бир күнү дувана зайыбынын курсагына кулагын такап тыңшайт да, бир убакта чоочуп ыргып турат. «Э-э... бала ыңаалап атат, нан жейм, суу ичем дейт... Кой, адашкан турбаймынбы, буга нан, суу таап берем деп, бирөөгө калп айтып, бирөөнү алдап, бирөөгө корлук кылып, бирөөдөн корлук көрүп, кой, кудайга күнөөкөр болот экемин, кетем...» деп, ошол жалаң аяк, жалаң баш бойдон өрттөн качкандай үйдөн чуркап чыгып кеткен дейт.

Буга окшогон бул дүйнөнүн үзүрүнөн кечкен, ал түгүл табийгат өзү моюнга жүктөгөн

артына тукум таштоо вазийфасын да жерип, «күнөө кылам, ыбадатыма[1] жолтоо кылам» деп, өмүрү зайыпка атайы жолобой өткөн көп болгон. Бир жагы — миң жылдап канына сиңген, акыл оюн ээлеген диний туюм. Бир жагы — тиричиликтин кыйынчылыгы, күч менен байлык тсңдиги жоктугу, анын үстүиө шарият эрежеси да кишилер арасында көп убакта тутулбай күчсүз, жарды, аз кор болуп не кудайдан, не пендедеи буга аралжы табылбагандан соңку тиги дүйнөгө гана үмүт койгон момундардын аргасыз сыйынты болгон. Муну байыртан мусулмаи дүйнөсүндөгү ар бир атактуу акындар «не табасың, баары бир топурак болосуң», «сен яа өтөсүң, мен да өтөмүи» деп, арман ырга кошушкан.

Мына ушуга Токтогул нускоочу бетме-бет койгон ой эч ким бул дүйнөнүн туткасы болбосуна көзү жетип, бирок эс берилип, азиз жаралган адамзат өз сөөлөтүнөн, өз касиетинен кечпей, булгабай, мейли биртке болсун, өмүрдүн убайын көрүп өтмөк ылазым деген ой. Бул табийгат каарына, чыр коңшунун чабуулуна, тиричиликтин катаад. дыгына катаал туруштук кыла келген, ошол катаал шарт биримдик кылдырган, ар бир айтар оюна эскиден калгаң накылы, ар бир ынтылган ишине так эрежеси бар, эшиги ачык, төрү даяр, пейили кең тоолуктардын ой жыйымы — жашоо кумарын, бул дүйнөнүн асылдыгын, бир эле жолу берилгенин даңаза кылган санат.

Маани туюна отурган кишилерге бул маани абдан ынады. «Туура туура...» «Таза жүрүп, адал мейнет кылып, азбы же көппү алал мейнеттин убайын көрүп, ыракымдуу болуп, өмүр өткөргөнгө не жетсин?!» Кобурашып калышты өзүлөрүнчө.

Бир убакта Коргол комузун шыңкылдата жаштык наз күүгө салып, бир убакта куштар болуп калганын, жолугушканын айтып, жалынганын ырдап, анан ансыз да кыйшык көзүн атайын ыкшырайтып, ээрдин чурмуйта бирде теке болуп бакылдап, бирде букачар болуп бөкүрүп, жеңесине кыйшаңдаганын шумдана баштады. Дуу каткырык чыкты бир четтен.

— Токтот,— деди катуу бирөө, эки көзү канталаган, жанагы майлагандай кара муруту эки кулагына жеткен киши экен. — Токтот! Биерде абийирлүү мойсопут адамдар отурат!

— Ыя?—деп, сурап алды тиги эки жагын карап.— Теке түгүл, бука түгүл иттин чагышканын көрбөгөн ким бар?! Кой!

Бул чакчырылган жигит Коргол бирдеме десе чатак чыгарбай койбой тургандай, бөйрөгүн таянып, ыргып турчудай октолуп турат. Ишара кылып, Корголду акырын тыйып койду Токтогул.

Кыягын сол тизесине тике коюп алып, Жолой кыягын күүлөп калды. «Чай ууртап, Током биртке эс алып алсын» деди окшойт.

— Йе-е, мунусунда йам өнөр бар беди?..» деп, эл дым боло кызыгып карап калышты.

Дегиси кыяк үнү муңкеш болот, бирде өксөп, бирде мөгдөп, бирде өзгөчө бир буулдап, уккан ар бир адамдын өз көкүрөгү болуп, качанкы бир эски касырет арманын. унутулган муңун кайра көңүлүнө түшүрүп, чөгөт кылат. Кыякты чанда өнөрпоз кармайт. «Тилеги жаман» дешет.

«Мени өнөр кылган эшигинде ити жок кембагал болсо, жар башында жарты алачыгы болсо, катыны туубас, баласыз куу баш болсо, менден бөлөк сүйөрү да, күйөрү да, эрмеги да болбосо, өзү жалгыз күнүгө миң кубулжутуп, миң муңкантып арман төгүп, эңгиреген ээн жарды жаңыртып, өз күүсүнө өзү каңырыгы түтөп, эки көзү кызарып отура берсе, муң үстүнө муң басса, түгөнбөсө...» дейт нмиш. Муну уккан кишилер балдарын кыякка жолотпойт. Бирок, шык деген азгырык кишини балээге болсо да өзүн бастырып келтирет, элден эч качан кыякчы үзүлбөйт.

«Сурнай күү» деп тартты Жолой.

Үн те алыстан, те тереңден чыккансый, астелеп сурнай мукамы боолголонуп, улам берилеп, улам шаңшый, улам күчөй капкалуу шаарларга, карлуу тоолорго кандайдыр бир каалайманду курултайга шашылыш жар чакыргандай. Не желмаян, не шүдүңгүт, не жылкы жүйрүгүн миңген сурнайчы талыкпай кыдырып, укпай калуу, келбей калуу болбой тургандай, не жоо каптаган, не каган көтөргөн салтапат башгалган сыяктуу чакырык маанисин кадаланып туюнткандай. Эми кыяк бир түркүн дуулдап, дүңгүрөгөн, жер майышкан эл, жер теңселткен ат дүбүртү болуп,

[1] Ы б а д а т — кудайга кулдук кылыш, шарият жоболорун бекем тутунуш.

сезимди өзү менен кошо агызып алып жөнөп, нлгерки оңгар менен соңгар чабышкандагы ар бир эр азамат аргымак үстүндө куш уйку кылган жоогерчилик көөнө замандан эске салган эрлик дем жык-жык, элдик дуу лыглык толгон күү эң акыркы акырын сызылып барып, тып токтоду.

— Йе, бал-ли! — деди жанагы чакчарылган неме обдула, негедир күүдөгү шар кайрат, шаң канын дүңгүрөткөндөй, эки көзү аны сайын чычаланын учундай, өрөпкүй. — Бал-ли!..

Кагуу угуп мустарап болуп отурган Корголго көзүн кысып, мазактап коюп, эми Жолой сүрөө эрдемситип, кыяктын ченемсиз кара күүсү «Кер өлөң» күүнү баштады. Унчукпай, көзүн жумуп, үч кылдын дирилдешине, үчөбү бириккен мукамына өз көңүлүн бүт берип, өзү тыңшай, өзү сынай, өзү өрчүтө бар кунту менен тартты.

Эми күү жай, коңур жумшак башталды. Мемиреген, башы менен аягына, улагасы менен төрүнө учкан куштун Канаты талып жетпей тургап, чапкан күлүктүн туягы түгөнүп өтпөй турган, көз жетпеген бир керилген кең жер көркүн, адам уулунун телегейге тегиз пейилин, өмүрүнүн кунун санат кылып, түркүн-түркүн кубулжуп, көк макмалга көмкөрүлгөн чыныдан ак үйлөрдүн эшиги шашылып серпилбеген, желкилдеген чий арасындагы жайылган чуудалары жер чийген төөлөрү үркпөгөн, ушундай бир кеңирсиген бейпил жерди сезимге салып, уккан кулакты кандырып, көңүлдү куунатып отуруп, бир кезде күү каңырыгы ыкчамдап, мукамы бирде кайрат, бирде муң алмашып, «ким келип, ким кетпеген, кимден калбаган, кимдең кимге өтпөгөн бул баймана» дегендей баарына кайып болмушка тике караган кашкөй, өчөшкөн шаң менен токтолду.

«Ыракмат, ыракма-ат...» дешип, ар бурчта эл кобурап, күүгө ыраазы болуп калышты. Жанагы узун мурут чайкала басып келип, унчукпай оң колун көкүрөгүнө алгаң боло, саал баш ийе таазим кылган боло, иши кылып ыраазылыгын билдиргендей, бир калдайган көк кагаз пулду кыякчынын кулагына кыстарып коюп, кайра ошол жерде өзүнөн башка киши жоктой чайкала басып, ордуна кетип калды. Жолой ал кезде бир өгүз келе турган кагазды коюнга уруп, дагы Корголго көзүн куду Корголдун өзүнүн көзүндөн ыкшыйтып кысып, дагы мазактап койду. «Эй, айбан,— деп, Коргол акырын шыбырады,— түрүн көрүп отурасыңбы, бу басмачы, корбашы, басмачыдан пул алганыңа мактанасыйбы, айбан?..» «Күү түшүнгөн неме экен, эмгегим...» деп, мулуңдап койду Жолой.

«Кана, тегеретеби табагын?..» деп, эл арасынан кобурашып, белбактарынан пул чыгарып калышты. Чайкана ээси кулагы муну илери замат леп жетип: «Ха, хай... жаранлар, секин, жаранлар... — деди күбүрөй. —Секин, тиги акун укпасын, көрбөсүн, табак тегереткен деген болбойт буларда, айыи керүшөт, намыс кылышат... — деп көзү түлкүнүн көзүндөй жылтылдап, көптү сүйлөп жиберди:—Ха, мартлыгыңар болсо, жаранлар, мына буга секиндеп таштай бериңер, жаранлар... — Колуна кымыра барган боз баштыгынын оозун ачып тосо баштады: — Мен эртен жуп кетеринде куржунуна салып коём, силер курсант, ал ыраазы, ушул жакшы эмеспи, жаранлар?..»

Барын аябай эл бөз баштыкка пул сала башташты. Чайкана ээси ар бир адамдып алдына барып, өнөрпоздор жакты атайы денеси менен калкалап, кай бирөөнүн колунан азырак келип калганына болбой көшөрүп, «ушундан улук адам өзү тамаша салып отурса, кайырчыбы булар» деп уяткарып, жанындагыдан карыз алдырып да бөз баштыкка таштатып жүрдү.

Эртеси өнөрпоздор жуп аттанарда чайканачы кечиндеги кампайган бөз баштыктын кабарын билдирмек тургай үч кишиге «жатак пул», «төшөк пул», «чай пул», үч атка «акур пул», «чөп пул», «жем пул» деп санап, түнөк акысын төлөтүп алып калды. Түнөк бергенине Токтогул астейдил ыракмат айтты да, үч атчан аттанып кетишти.

Бир көчө имерилип, чайканадан анча узап кеткен ченде Коргол:

— И-и-ий... —деп безилдеп, санын алаканы менен бир чапты. — О, кокуй, ай, кокуй ай...

— Эмне болду?—деди Жолой.

— Комузум кала бериптир, о кудай уруп кеткир ай! Эми эмне кылам? Ыя, эмне кылам?..

— Эмне кылат элен?! Чаап барып апкеле кал, жаткан жерине комузун унутуп таштап жүргөнгө ыр жолобойт, бар,— деди Токтогул,— биз бастыра туралы.

— Ыя, бастыра берип, дагы адашып калып жүрбөйүн. Тура тургула ушерге эле... — деди да,

Коргол кайрылып чапты.

Чапкан бойдон барып:

— Ой!—деп, катуу оройлоно кыйкырды ал. — Ой, бери чык, ой чайканачы!

Чайкана ээси башбакты: — йе, эмне болуп кетти?

— «Эмне болуп кетти?» дейт?! Кантер экен деп койсо! Бөз баштыкты алып чык бери!

Чайканачы элтейе калды:

— Кандай бөз баштык? Эч неме жок... —деп, кабапы чытылып, нары ич жакты бир тиктеп, «мына бу тентекти төпөштөп койгула» дейин деген кыязы да бар. — Жолуна түш!..

— Эй!—деди Коргол үзөнгүгө тура калып, чакчарыла. —Тиги кадырлуу акун шаар өкмөтүнүн идарасында[1] отурат. Чогулган пул казынага төгүлөт экен. Уктуңбу? «Жолуңа түш» деди деп, бара берейинби? — деп, кете берчү өндөнүп аттын башын бура тартып кайрылып кысмактады. — Бересиңби, же өкмөттөн киши келеинби, же өзүн идарага көтөрүп барасыңбы пулду?

Тиги нестейип токтолду.

— Кой, кетем, так жообуңду айт! — деп, Коргол атын моюнга чаап кайрыла баштады.

— Токтоң, жакшы жигит, токтон... —деп жиберди чайканачы, ошол замат жанагы деми тайып, дагы ыргылжың болуп, Корголду улам тиктеп, баштагы заманы болсо буга окшогондун бир көзүн бир көзүнө теңетип коё бермек, ичинен кан өткөндөй кынжылып, чайканасына кирип кетти. Чап салчуларын ээрчитип чыкса дыр коюп кетмекчи болуп оңтойлонуп, атын камчылап кычатып, ал дагы көңүлү кыл учунда кылтылдап, күтүп турду. Кыйла убактан кийин таңгагы бир чеңгел кагаз пул алып чыкты да, чайканачы аргасыз ылжайган болуп, колу титиреп сунуп калды. Жулуп алып:

— Ой? Ушул элеби? — деди Коргол ачуулуу ыкшырая. —Бир бөз баштык толтура эмес беле, көрбөй калышты деген экенсиң го, ыя, нысапсыз?..

Тиги ыйлап жиберчүдөй майышты:

— А энди, таалагандан кийнн аз көрүнүп калат да, жакшы жигит... — деп, көзү жалжылдап кетти. — Энди, өзүңүз билесиз, чайкананы ар нерседен кем кылбай кармаш да бир азап болгон кез, жакшы жигит... Бизге да биртке калып... эми...

— Мейли,— деп, дагы эле марттык көрсөтүп жаткандай кекейе башын ийкеди да, Коргол өзү ичинен кыпылдап, аттын башын шарт буруп чаап жүрүп берди.

II

Үч карып өңкөйүшө орундарынан турушуп, бирок же тосо баса алышпай, же көзүнө көрүнбөй буйгалап кетип кала алышпай үчөбү тең маңырая кеңгиреп эле туруп калышты. Токтогул тааныбай калса, же тааныса да карабай кетсе аларда «токто» дешке, алдынан көлдөлөң чыгышка абал да, кайрат да жок.

Узун бойлуунун сөлөкөтү тааныштай, Токтогул дагы кыя карап, акырын тизгин жыя калды:

— йе... Керимбайсыңбы?..

— Мен... мен... Токтогул, мен... —деп, карып үнү калтырай каргылдана, өзүн ушул абалында Токтогул тааныганга кайгылуу көңүлү эреркей каңырыгы түтөгөндөн болуп кетти. Берки экөбү да шөмтүрөп, көздөрү араң эле кыбырап, төөнүн арык тайлактарындай бүжүрөшө эки жагында, ырп этерге алдары жок, өпөйүп турушат.

Керимбай колун коштоп сунуп учурашып калды. Колун берерин берип, учурашарын учурашып, бирок аны менен болор кеби эмне, ага кошо кейишеби, Токтогул тымызын ыңгайсыз ойго кабыла түштү. Ийни шөлбүрөп, Керимбай да өйдө карай албай шалдырады.

— Эмне туруп калдык? Кана, жайлуураак жерге токтоп сүйлөшөлү,— деди Токтогул, жумшак дили катуу дилине эрк конбой.

— О-о... айланайын... —деп жибериштн үчөбү кел муңкана.

---

[1] И д а р а — мекеме, контора.

Таш-Көпүрүктүн нары башындагы көлөкөлүү кош талдуу кичинекей чайканага барышты. Жай ээси лепилдеп, сөөрүсүнө жаңы төшөк жая салып, «келиңле, келиңле» айтып калды.

— Беш кишилик палоо бериң, гөшү мол болсун, — деп Токтогул эң алды менен эле ылтымас кылып койду. Жай ээси «а таяр» деп, ашкана жагына шып басты.

Эми беркилерге имере тиктей кунт койду Токтогул. Өң деген жок, үстүлөрүндө ылата[1] болуп бүткөн шаарлыктын кара чапаны, баштарында тердин шоросу тышына чыгып кеткен эски ала топу, аяктарында жалаң салынган майрыйган-майрыйган кайыш кепич. Бу кийим өзүлөрү эскирткен кийим эмес, же бирөөнүн эскиси, же бир таштандыдан алышкан сыяктуу. Керимбайдын баягы таштай катуу эти жок, ireңи боз болуп, балбырап шүйүп калган. Бири ireңи керсары, эки ийнинен дем алып, көкүрөгү кыйылдаганы сезилип отурат. Бу Суван бийдин энеси башка иниси Мырзабек. Бири куйгөн теридей тырышкаи кара, сөөгү терисине чыпталыша каткаи бирөө. Тула бою дур дей түшту Токтогулдун. Кийинки кармалганда жайдак аттын колтугуна эки аягын чытырата таңган неме ушул эмеспи?!

— Э-э, эмнебизди карайсың, Токтогул?! Абалыбыз ушу... —деп, Керимбай абалын суратпай өзү баштап калды. — Сени келди деп, маале дүпүрөп эле калды кече, топко барыш кайда эми бизге, алдыңа кире албай, тыштан үнуңү угуп... Бүгүн таң заардан ушу Таш-Көпүрүктүн башын тосуп отурган элек...

Каерде болсо да Кеңеш Өкмөтү биротоло бекемделип, басмачы тополоңу тыйылып, эми киши күчүнөн туйтунуп келген байларды чектеп, көбүн «кулак» деп жерин, малын казына эсебине алып, көбүн алына жараша мал тапшыртып, эгин төктүрүп, а кай бир алгачкы кезекте өкмөт тарабына «кызмат кылмакчы» болуп кирип алган балдарын чыгарып жаткан. Ири манаптар эл арасыпан башка бир жакка көчүрмө кылынган. Кетмен-Төбөнүн, Аксынын бир оор топ манабы ушул Чустка айдалган болучу.

Биринчи күндөрдө жүктөнө келген дүнүйөсү, айдай келген малы болуп, даңкайта ак өргөөлөрүн тигишип, дагы эле өзүлөрүнчө топ курашып, күнүгө бир козу союп сын тамак кылышып, дагы эле бири-бирин «болуш» дешип, те илгерки-соңкусунан кеп урушуп, кээдериндей ойлук ойлоп, тагдыр чечип жатышкансып, өз ара кыжылдашын кетишип, токсымак жүрүшкөн. Баштагыдай өзүнөн өзү өнүп турган, өзүнөн-өзү алдыларына келип турган башкд бирөөнүн маңдай теринен чыккан дүнүйө булагы эми аларга кайдан?! Бат эле түгөнүшүп, колдо барын акырындап базарга салышын, шашылыштан арзан-арзан суулашып, анысы көпкө түтмөкпү, баягыдай топ курамак түгүл биртке бышылуу оокатын биринен-бири бекитип жей баштабайт бекен?! Кичииесинен кара жумушка кызыкпаса, үдөсүнө чыга көнүкпөсө кийин өмүрүнчө кара жумуш. ка мойну жар бербейт турбайбы, зарылдыгына акылы жетип турса деле, иштесе деле колунан эчтеме келбейт экен. Жок, баягы бирөө алдында эт туурап, бирөө камыр туурап, пыяз чыктап, өзүнөн-өзү алдыларына келип турган даамдуу наарын! Өз оокатын өзүнө иштетип таптырып, өзүнө бышыртып жедирип койгон мезгил. Иштебесе, иштесе жарытпаса, капча аракет кылса деле колдорунан баалана турган бирдеме жаралбаса эмне баймана алышмакчы?! Баарынан бу курсак деген жоо кыйын экен — көчөтү түркүн талдыр.ма ала кийиз, чыйкандай кызыл шырдак, төрбөлжүн, күмүштөлгөн ат жабдыктары, катындарынын билернк-сабактары, кыздарынын шөкүлөлөрү убай-чубай базарга түшүп, этеги менен женине кере карыш макмал карматкан бөйдөй кара көрпөдөн аялдын терисиидей үлбүрөтө ийленип иштелген бири өттөй сары, бири кардай ак тондорун еатууга аргасыз болушуп, эн акыры өргеөлөрдөн ажырашкан. Туруту Чусть, жумшалган жактан бейчеки башка жакка чыгарылбайт. Бирөөлөрдүн те ажаткана жайгашкан четтегн мурда эшек камалган күпкө тамдарында туруп калышкан, ал дагы бекер эмес, ижарасына баягы кыбырарга эринген, наздана чоюлган, жүзү нурлуу, богогу апиак байбичелер азыр тан азандан жикилдеп короо ээсинин үй жумушуп кылышат. Кай бир кычым кожоюн күпкө тамдын эшигин дубалдап бекитип, нары коргонду биртке тешип тышка карата эшик ачып коюшкан. Иш кыларда кире тургач болсо да, коргонду тегеренип чон дарбазага келип, акырып ызат менен тыкылдатып, киргизсе кирип, киргизбесе таарынмай жок эшиктен кайра кетишет.

---

[1] Ы л а т а — эски чүпүрөк, тряпка.

Мына, азыркы турмуштары үшул, кебетелери бул. Же жалбарып, же бир шылтоо таап, тескөөчүдөй агайы уруксат алып, «элден бирөө-жарым жолугуп калабы» деген үмүт менен базар сайын бу Намангенге кынкайлап келип турушат. Бирөо жолукса, ээрчип, жол тосуп, куру дегенде курсактарын тойгузуп кайтышат. Эч ким жолукпай калса эл кобүрөөк өтө турган бурчөккө барым отурушат. Кайыр берели десе дувана болуп суранышпайт, колдорун сунуштайт, мүрзө боло шылкыйып отурганы отурган. Кай бир колу март кишилер карып экенин түрүнөн эле көрүп: «Э-э, кана, бата берип койгула, азизлерим...» деп, биртке майда пул таштап өтөт. Жабыратып бата беришти деле билишпейт, «омийин...» деп, күңк-мыңк этип эле кала беришет.

Тез эле эки таш табакка үймөлөнө алтындай жылтылдай сары палоо келди, эти майлуу, мол экен. Чала-була кол жуушуп, үч карып оокатка үзүлө умтулуп калышты.

— Кана, алгыла, болуштар,— деди Токтогул. Эмн эсине келгендей Мырзабек:

— Жо, сиз баштаң... —деп калды кыңылдап, дагы өпкөсүнөн сол жеңинин ичине этият тык-тык жөтөлүп. О бир кезде булар эч пендеңи «сиз баштаң» деп отурушкан эмес, атайы аларга арналып жасалган наарынды өзүлөрү жалгыз отуруп жешкен, кокус эт туураган жигит чыпалагын сарыккан майды жалай койсо «оокатты макирөө кылдың, ит» деп сөгүп, жийиркенип жебей да коюшкан кишилер эмес беле?!

Токтогул:

— И, алгыла, алгыла,— деп, эттин майлуу, колго толумдуу сулптарын алдыларына устукан кыла ыкташтырып койду,— алгыла, менин мейманым болуп отурасыңар, силер алгыла.

Оокат алар алдында кудай атын, кудай ыракымын эске алуу адат, эки болуш бир мырза аны деле оозана алышпай майлуу палоого качыра чеигел салып киришти. Чоңчон алып, аптыга сугунуп, күрмөй жутуп, кайра демиге чеңгел салып, салааларынан май агып, ага деле карана алышпай биринен-бири ичи тарыган сыяктуу шашылышып, үстү-үстүнө лапылдатып жатышты.

Бир кезде те Сибирден качып келе жатканда бир мужук орус үйүнө киргизип, бөлкө кошуп туздалган май бергенде ал дагы ушундай аптыга сугунган болучу, курсагы тойгондо гана көзү ачылып, оюна бирдеме кирип, мужук орустун боору ачып карап турган көзүн көргөн. Киши жакшылыкты бирөөдөн көрөт, а бирок жакшылыгы көп убакта ар түркүн шартка жараша ошол кишинин өзүнөн кайтарыла бербейт, ошон үчүн киши бирөөдөн көргөн жакшылыгын унутпай башка бирөөгө жакшылык кыла берүүсү ылазым. Мужук орустун ошондогу жакшылыгын азыр буларга кылып, бир карызынан кутулуп жаткан өңдүү көңүлү ыраазы болуп отурду Токтогул. Булар бирөөгө жөн эле адамзаада катары жардам үчүн, жөн эле жакшылык үчүн алака кылган кишилер эмес, жардамы тийген кишини оё кесип тоё жешкен, муну акым деп билишкен. Эки киши бирине-бири доо айтып келип калгыдай болсо бирине оң көзүн кысып, бирине сол көзүн кысып, экөбүнөн тең пара алып, акыры кимисиники көбүрөөк болуп кетсе ошонун пайдасына ойлук кылып, беркиси чырылдап макул болбосо кайра өзүн айыпка жыгъш кош өгүзүн алып, минген атын сойдуруп, демек «боору менен сойлотуп таштап» дегендей кордук кылышкан. Жакшылыкты бекер кылуу деген эмне экени үч уктаса түштөрүнө бир кирбеген кишилер.

Эки «болуш», бир «мырза» бат эле табакты тазалап жибериштн. Үчөбү тең ыктытып калды. Чайдан кыйла уурташкан соң кызыл өңгөчкө тыгылган күрүч ылдыйлап, ыктыткандары басылып, үчөбү тең көл-шал болуп тердеп кетишти. Жатса жаман чапандын бир өңүрү төшөгү, бир өңүрү жуурканы, колу жаздыгы болуп, турса да ушул ылата, иштесе да ушул ылата менен жүрүң, биттеп тула бойлору какач болушкан. Тер эзилип, өлүмтүк жыттанып чыкты үчөбү тең. Күндө даарат алган, куштай таранган Токтогул баарын көрүп, баарын сезип, бирок эч шек билдирбей отура берди. Коргол тура жөнөдү эле «Эй, каякка?!» дегендей кадала тиктей берди. «Отур өлүп кетсең да! Деги сертеңдегенин көр мунун?! Битиң күбүлгөнүнө канча күн болду өзүңдүн?! деген жемени Токтогулдун көзүнөн сезди да, тиги кайра кынжылып отура калды. Эки «болуш», бир «мырза» муну байкашкан жок, алар алда качан эле өзүлөрүнүн жытын билбей калышкан болучу.

Шалдырай түшүштү белем, үчөбү тең көздөрү үлдүрөп сүзүлүп, кыңкая башташты. Кубаты жок киши капыстан тоё жеген демдүү оокатты аш кыла албайт эмеспи.

— Кожоюн,— деди Токтогул жай ээсине акырын үн сала.— бөдөнөнүн сүтүнөн жокпу?

Жүзүмдөн ачыткан шарапка биртке сүт тамгызып коюп, «макүрөөлүгү сүт менен акталып, мусала болуп калат» деп, «бөдөнөнүн сүтү» деп тергеп, биердегилер иче беришет.

Унчукпай мойну узун чоң күмүш чөөгүндү леп көтөрүп келип:

— Жуда жакшы... бир апталык... бир апталык... —леп, жапылдап мактап, дасторкондун четине коюп кетти кожоюн. Тиги үч карып кыңкайгаи орундарынап туруп отура калышты.

— О, ой айланайын ай... — деп жиберди Мырзабек мандайы жаркый. —Деги билгиликтүү кишиге айтып отуруштун кереги жок турбайбы?!

Үч сыйра бир пияладан жутушкан соң үчөбү тең дагы кайра кел-шал терге түшүп кетишти. Чыйралышып, көздөрүнүн алды кабарчыкгап кызарып, эки «болуш», бир «мырза» бирткелеп кызый башташты. Ички арманы мусалла менен кошо кайнай:

— Э-э,— деп, сыздап, өкүнө баш ийкегилеп, өзүнөн өзү күлө сөзгө келди Мырзабек,— баягы кезимде, Токо... кыжырыма тийгенге өз чокоюн өзүнө кайнаттырып, өзүнө шыкап жедирген күнү болгон. Бу уй дегенди мал катары көрчү эмес элем, булгайт деп короого жолоттурчу эмесмин, көчсөм уйдун шаталагынан жолумду элге күн мурунтан тазалатып, анан көччүмүн. Бирөө серке союп калып, алдыма келгенде бир кесим оозума салып, эч даамы жок сезилип, коңурсук жыты бар сыяктанып, жутпай кайра артыма бүркүп таштагам. Жегенибиз кулундун жаасы, багалан козунун куйругу, ичкенибиз бал кымыз, смирновка эле. Мына, күнүбүз ушул, көкүрөк ооруу болуп калдым, мага баягы мен пирин шыбатып сөккөн уй маңканын бир шише сары майды дары болду го, табылбайт...

Керимбай көзү сүзүлүп, сүкүт тарткан сыяктуу тула боюн алды-артына тенселтип, мусаллага тени жайылып, унчукпайт. «Мырза» пияласын көпкө көтөрүп, бир тамчысын калтырбай сарыктырып, соруп отурат.

Мырзабек:

— Он сегизинчи жылы болуштар амалдан бекер кылынып, элди өкмөттүн рипкөмдөрү башкарып калды. Аты жокко ат, сааны жокко саан берип, а байлардан аскерге минишке жарактуу тобурчак тандатып алып калышты. Жергилик рипкөмдүн бир тыңы атайы эле Осмонбек ажыңын минип жүргөн өзүндөй чунаңдаган күрөң атын «кезге толду» деп каттатып койгон экен. Ажы өзү келип: «Ой,— дейт,— күрөң атты каттатпа, жанга өлчөнгөн мал эле, ордуна он ат берем», дейт. Анда тың: «Ажы,— дептир,— эми атыңыз түгүл ушуга дейре кылган күнөөңүздү да каттайбыз», дептир. Жеңижок тирүү болучу анда, ошол жылы күзгө жакын жылан чагып көзү өттү го бул дүйнөдөн, Осмонбекке карай эки ооз шакебе айтты дейт:

Жуманаалы бир уулуң
мусулмандан дил билеси,
Арстанаалы бир уулуң
Как пашадан тил билген,
ачылып өзүң айтпасаң
ичиңде сырың ким билген?!

Айымбүбү байбиче
жибекти жүндөй тытчу эле,
Арстанаалы байбатча аракты
суудай жутчу эле.
Эми жибек тугул жүн кайда,
илгеркидей күн кайда,
арак түгүл суу кайда,
андагыдай дуу кайда?

Ушун этип, өкмөт жаны гана тамырлай баштап, биз манаптар бир жакка чоюп, аңгыча басмачы тополоңу чыгып кетип, эл ичи уч араан болуп турган чакта ошол жыйырманчы жылы күзүндө Осмонбектин «ак пашадан тил билген» уулу басмачы менен күрөшүп бермекчи болуп, өкмөттөн курал алып, жакын туугандарынан «атрет» кылып чыгып калды. Кайра оңолдук биз,

«ак нашадан тил билген» азаматыбыздын аркасы менен болуштук ордубузга коюлбасак да баягы таасирибиз эл ичинде эски оролуна келе баштады.

Кый-кый энтигип, көзү кызарганча жетөлүп анан басылды да, кебин кайра улады Мырзабек:

— Ал кезде Жуманаалы Тегенеде эле. Бир күнү таң азанда жылкычы каралдарынын бирөвү ыйламсырап кирип келет. Жуманаалы төшөгүнөн тура элек экен, «Эмне?» дейт суйлөй албай калган жылкычыга. «Көз кашайып... көз кашайып... мырзанын тайын...» деп мукактанат тиги. «Эмне?!» дейт Жуманаалы бир жамандыкты сезе жекире. «Кара көзүбүз кашайып...—дейт жылкычы,— карышкырга алдырып койдук...» дейт. Жуманаалы: «Келе камчыңды!» дейт, бере салса жылкычыны башка-башка чабат унчукпай. Ушуну менен кутулуп кетсе ага олжо да! Жылкычы мыңк этпей башын тосуп бериптир. Тулпар чыгат деп Талас жактан башка урук жылкыдан бир тобурчак ала тай алдыргап экен. Жаны үйүргө көнө элек неме жылкыдан четтеп турганбы, иши кылып, көп жылкынын ичинен ошол ала тайды карышкыр жара тартып жеп кетиптир. Ойлонуп, карышкыр кай тарапка кеткенин сурайт Жуманаалы. «Экөө окшойт, изи Туюкка түшүптүр» дейт жылкычы. «Мусулмандан дин билген» дегенине карабай Жуманаалы кат таанычу эмес. Байбиче катыны Кайнар окуган киши эле. «Жаз!» дейт Кайнарга. Төрт урук элге төрт буйрук жаздырып, шашылыш киши чаптырат, Өзү жайма-жай туруп, жайма-жай оокаттанып, анан керегеде катар тизилип турган бешатарлардан бирди бир үкесине өңөртүп алып, жигит-жилени менен те улу шашке ченде Туюкка келет. Келсе Туюктун этегин данбагар келдей уругу наркы бетин сакоо уругу, баш жагын мачак уругу берки жарлуу бетин көчүм келдей уругу тосуп, төрт тарабынан эл кылкылдап курчап калышкан экен. Туюк эки жагы жошолуу, таманы майда чер-токойлуу ийрилген кууш сай. Баш жагы улам кысылып, ийинге киргендей кызыл кур аскага барып такалат. «Кана, айдагылачы...» дейт Жуманаалы. Сайдын этегинен эл кыйкыра, карсылдата шак сабай жөө каптап жөнөшөт. Туш-тарабы бүт адам, карышкырлар улам бой жашыра, улам сай өйдөлөй беришет. Бир убакта бешатар өнөргөн укеси аттан түшүп отура калып, биртке мээлеп эле тарс бир коёт. Карышкырдын бири каңк деп жумаланып жыгылат. Дагы мээлей баштаганда Жуманаалы: «Кой, көрдүк мергенчилигиңи, мен муну тирилей карматып алам» дейт. Ок тийген канчык экен. Кана, эми ким кармайт тирилей көк жал карышкырды?! Бирак, Жуманаалынын буйругу ошол, тирилей кармайсың, кыйыктанып көр эр болсон?! Жыга чабыш керекпи, жыга чаба турган азаматтар табылар, а жыга чаппай, жал кылынан бирөвүн жерге түшүрбөй соо кармап бересиң! Эл туш-туштан он кабат катар турушуп, акырындап кысат. Көк жал улам жогорулап, сайдын биртке суу жылжып-жылжып чыгып жаткан башына барып, андан нары канаттуу гана чыга алат, бир уңкулдап улуп жиберет, колдорун арбайтып тооруп келе жатышкан адамдарды кызыл көзү жалтылдап тиктейт. «Э, эми камалдан чыгарбайбыз», «эми кармайбыз» дешип калганда, кудай бетин көрсөтпө, оозун ачкан бойдон элдин бир тарабын качырып сала берет көк жал, же чабышка, же өзөртө тебишке укугу жок эл «ай!», «ай!» деп айбат кылгыча, шыйрактан сермегенче эки кишинин ортосунан шарт секирип өгүл кетет. Бирок, андан нары да кылкылдап тосмологон эл бар болучу, көк жал акактап, алдастап, кырды карай кыйгачтап, эшилген жошолуу бетке тырмышып отуруп адам келе албай турган кырга чыгып, комдонуп жатып алат. Ким барат эми?! Чара да жок барбаска! Беш азамат этектерин кайра кыстанышып, эшилген жошого кол менен жөрмөлөй тырмышып, акыры жакындап калышат. Байлаганга чылбыр гана алышкан. «Жабыла кармайбыз, бирибизди тиштегенче бирибиз алкымдан алабыз, төрт «шыйрактан тартып, басып калабыз!» дешип эрдемсип чыгып келишет. Көк жал боортоктоп башын жерге салып, жалы түктөйүп, эки көзү өрт болуп, оозу ачылып, төрт аягын бириктире секире турган боло комдонуп калат. А дегиче, кудан бетин көрсөтпө, шарт деп келип, «ар!» деп азаматтардын бирин курсактан ала силкип таштайт да, серкилерге үлгүртпөй курчоодон суурула жөнөйт. Эми айла не болот?! Көк жал кыйгачтап, чуулдаган кишилердин үстү жагы менен жайма-жай күр-күр эте айбат кыла каранып коюп, түз эле жакынкы Аң-Жылга деген үч-төрт короолуу кыштоону карай салат. Бу данбагардын бир айылы болучу. Иттери үрмөк түгүл атканасына айлана качып, катын-бала чуулдап, а көк жал эч тоотпой өтүң кете берет. Назар деген эшигинин алдына таарга буудай тазалап жаткан экен, тура чуркап, жайдак атка мине карышкырдын артынан чабат. Ушунун

баарын дөңдө атчан дүрбү салып көрүп турат да, Жуманаалы карышкыр өтүп кеткенден кийин: «Куп жакшы болду», дейт мыйыгынан жымыя, кайра тартып кете берет. Кабар келди, жазгы алашалбырт убагы эле, барсам Чолок-Сөгөт, Ак-Жылга, Чоң-Камыш, Ак-Жол кыштаган өзүнүн эле келдей уругунун данбагар тобунан иргеп айдатып келип, ным карга тизелетип отургузуп салыптыр. «Эмне болуп кетти, болуш?» десем Жуманаалы тултуюп унчукпайт. Быяктан угуп баргам, көк жал карышкырды тирилей кармап бербейсиң деп, каарына алып турган экен, сырын билем го, айыпка жыга тургандай. Тим койдум биртке. А дешти, бу дешти, «тирүү карышкыр карматчу беле?» дешти, «кечирим болсун» дешти, эң акырында «биздин чегибизден өтүп кеткени үчүн ошол карышкыр жеген ала тайдын кунун төлөп берели» дешти. Бир тайды он жылкынын пулуна алып келиптир» деп, бир уккам. Жуманаалы кара көк болуп, деги жазыла койбойт. Эч айласы жок, данбагарлар шалдырап, мүңкүрөп, эрте мененки карга чөк түшкөн бойдон. Билдим, ушу Жуманаалы эле болсо, кантип эле диди[1] бир тайдын он жылкылык куну болуп калсын?!

— И, эмне экен анын диди?—деп сурап калды Токтогул.

— Бу го анын караманча зордугу, Токо, а менин ойлук кылганымды угуп турбайсызбы?! «Болуш,— дедим,— болуш, бу эл өз тууган элиң, бириң улуу энеден, бирин кичи энеден, түбү келип, баарың бир келдейдин уругусуңар, болгондо да чон эненин балдары булар, келдейдин тун балдары, болуш» дедим. «Эми, ырас, тирүү кармала турган карышкырды тосо алышпай колдон чыгарып жиберишип, абдан эле күнөө кылып коюшкан экен, бир ачуунду мага бер, болуш, туугандарың айыбын тартышсын...» дедим. Жуманаалы тултуят. «Мен башкамын, мен калысмын, мен ойлук кылып коёюн, болуш, аз болуп калса кейибе, көп болуп калса сүйүнбө — ыраазы бол, тындырайын эки тууганды...» дедим. Жуманаалы тултуюп отурат. «Мейли, бул эл түтүн башына айып берсин — алды бирден төө, айгыр ат, ортосу бирден өгүз, андан соңкусу козулуу кой, улактуу эчки, андан соңкусу бир улоодон ат жеми жүгөрү, бир төөгө жүк беде, эң жардысы бир улоодон отун апкелишип, эми, болуш, ырайым кылып кой өз туугандарыңа, алдыңа жыгылсын...» дедим. Кабагынан байкап калдым, дидинен ашырып жиберген экем, Жуманаалы ордунан туруп: «Болуптурчу, болуш, сазе кылып калдың...» деп, дагы акысы калып жаткансып, мени гана кыйбай арзанга макул болуп тургандай тултуюп, үйүнө кирип кетти. «Бул эмне?! Биз тирүү карышкыр карыздар белек?! Ыя?! Бул зордук!» деп, бир чыйрагы ордунан тура калды эле өз туугандары этегинен басып калышты: «Кой, дагы кандай балекетине кабылып калабыз, кой кудайдан коркпогондон корк...» дешип тыйып: «Мейли, мейли, макулбуз...» деп, өзүлөрү дуу бата кылып жиберишти. Мына! Мына, Жуманаалынын зордугун, менин бүтүндөй бир элди талаткан ойлугумду көрүп ала бериңиз!

— Ушуну эл бүт төлөп калдыбы?—деп сурады Токтогул таң болуп, «а балким, жарым-жартылай болгон чыгар?» деген ойдо эле.

— йе, Токо?! Төлөбөй көрүшсүнчү?! — деп көзүн чекирейтти Мырзабек. — Бир түндө эле бир оор топ чыйрагын Жуманаалы «басмачы» кылдырып коёт болучу! Эртеси эле күнү төрт түлүк мал, чаркап-чаркап беде, дөбөдөбө отун, сумбал-сумбал жүгөрү жалгыз Жуманаалынын эмес, Осмонбектин бардык балдарынын эшигине батпай калды. Карышкырдын артынан жайдак атка мине чапкан кедей Назарды гана Жуманаалы «аракет кылганы үчүн» деп, өзү айыптан куткарып, караңчы, абда-ан бегилик көрсөтүп салды.

Жуманаалынын бул «бегилигин» атайы күлүп айтты Мырзабек.

Күнөө деген менде көп деп отурган Керимбай астейдил таң болуп, одурайып тиктеп калды.

— Мына бу шөмтүрөп отурган кудай урганынын кылыгыи айтсан түгөнбөйт! — деп, «мырзаны» сөөмөйү менен көрсөтө кебин улады Мырзабек. — Кокуй, бу жөн эле кутуруп кеткен! Бу дагы бешатарчан он жигит ээрчитип, Кетмен-Төбөдөгү Эсенжан болуштун он үч жашар кызын үчүнчү катын кылып албады беле. Колуктуунун койнуна Жатып турган сон күйөө төшөк салып жаткырган женелерине «женге тай» деп, адатта атыр, самын дегендей райыптарга тиешелүү жолдук берет эмеспи. А бу он үч жашар кызды кыншылатып, жуда-а мооку канган белем он жигиттин ичиндеги Токтобай деген Таластык баланы көрсөтө «алгыла» дейт,

[1] Д и д и — өз оюнда чамалаган баа.

«кыйыктансан турган жеринде атып таштаймын» деп, балапын жанын чыгарып, чын эле атып да таштамак, женелеринин колуна кармата берет. Карап турабы, желиккен катындар токтобайды улагасына байлап алышат. Токтобай байкуш кордуктан үнүлдөп ыйлайт. «Бердим! — дейт биздин мырза өчөшө,— женге тайына кара баштуу киши берген деп даназа болсун, бердим!» дейт. «Кой, көпкөнчүлүк бу, кээ болот бу,— деп Кетмен-Төбөнүн баштуу адамдары Токтобайды араң бошотушкан,— бердим десе ден берсин, кээ кудалардын башына тийсин, а силер албагыла», деп тыйышат катындарды. Ыя, чынбы, калп дечи өзүң, мен калпычы эле болуп калайын, эй уузга тойбогон! Ошондо Кетмен-Төбөдөн Тегенедеги кыштоосуна келгенче, арасы эки түнөп келчү жер, бу ынсапсыз жолмо-жол элден эки жүз жылкы жыйнап алган. Оп-по, кудай ай, «кошолго», «колукту куттуктоо», «ат мингизген», «союш берген» имиш?! Хи-хи, ыя, ачка өлгөнү калдың, эми эмне кайрылбайт ошол күйөрман элиң, ыя, Алым?!

Ал сөздү укканга деле окшобой мелтейип, пияланын түбүн тиктеп, кызыл мусалланын жугун какшыта сарыктырып эринине тамгызып огура берди.

Тамыр-сөөк болушканы менен булар ич ара те илгертен эле бирин-бири көрө алышпай алдыртан бак талашып келе жатышкан манап тукумдары болучу. Дагы бир пияла мусалла жутуп алып, кайра демдене сөзгө кирди Мырзабек:

— Жерсиз кембагалдарга өкмөт жер бөлүп берип жатса, булар ошол жыйырма үчүнчү жылы Ак-Суу аймагындагы тогунай деген илгертен жармач уруктун Имам-Ата мазарынан түшкөн бир булак суусу бар өнүмдүү жерин менчиктеп алып, четине там салдырды. Караңчы, жерин алганы аз келгенсип, тогунайлардын өлгөнүн «ыйык мазарды булгайт» деп, жети атасынын сөөгү жаткан бейитине көмдүрбөй да койгон!

Токтогул башын чайкап отурду.

Мырзабек:

— Ошол эле жылы агасы Жуманаалы мүрөөн суулуу Ак-Жол өзөнүн ээледи. Кезиккен эле жерден элди малдан кууп айдап келип, суу айнек болуп тоно баштаган кеч күздө жалаң аяк ылай тебелетип, келиштире рабат жай салдырышты. Жаз алды менен ушул Намангенден түркүн мөмө көчөт, таажысы чеңгел кызыл гүл тиктирип, бир укмуш абат кылдырышты. Жер илгерки менин болуштугума караштуу сакоо деген кедейлердин жери болучу. Мен да көз карандымын да, кантип бирдеме дей алмакмын?! Мурунку элдин белгисин биротоло жок кылыш үчүн жеринин четиндеги бейигин кетмендетип түзөтүп, үстүнө кош салып, беде айдатып салды. Эн үстүңкү Бөктөр деп аталган кайракы адырларга шыкалып көчтү. Кантебиз, өрүлүктөп мен дагы барып калдым Жуманаалы-Рабатка. Жек-жааты, кошоматчысы көп чогулуп, ар ким колунан келген берер өрүлүгүн айдай, жүктөй келишкен экен. Мен: «Болуш,— дедим,— болуш, ат айтайын десем аргымак атка муктаж эмессиң, атан төө айтайын десем атан төөгө муктаж эмессин, короо-короо кой айтайын десем бүткүл келдей, мачак уругунун мал атпайы сеники эмей кимики, сулуу кыз айтайын десем биз илгертен эле кудандабыз, азуусун айга бүлөп турган Арстанаалынын зайыбы Уулкан биздин карындаш...» дедим. «Эми эмне дейиң, болуш? Мына бу илгертен бизге караштуу сакоо аталган элди бүт өрүлүккө коштум, болуш!» дедим. «Отунар менен кирип, күлүнер менен чыгып, кыяматкз дейре смлердин кулкутаныңар болуп жүрүшсүн, кыр-рын дебей!» дедим. Бергенге караганда айтылганы баалуу эмеспн, абда-ан ыраазы болду Жуманаалы. Чын эле кыр-рын дей алышпай ошол эл ошол бойдон өрүлүккө берилип, Осмонбектин балдарынын букарасы болуп калышты.

Бир уруу журту бүт бойдон өрүлүккө берип жибергенин азыр да корстон болуп сүйлөп отурду Мырзабек.

Баятан берки окуялардын баарын угуп, ман болуп, купуя: «О, коку-уй, биз дагы чон болдук деп жүргөн экенбиз да?!» деп, өзүнчө башын чайкады Керимбай.

Мырзабек:

— Көп өтпөй өкмөтүнүз бекемделип, ана ошондо кедейлериңиз кутуруп чыкты го?! Баягы бейити тегизделген сакоолор, ана кудай бетин көрсөтпө, Жуманаалынын рабатын ташпаран кылып, өзүн өчүккөн аарыдай жабыла куушту дейсиз! Жок кылбаса «паланча тиккен» деген аты калат дешип, дарагын түбүнөн таарый кыйышып, гүлбагын тамырына чейин жулушуп, рабатын канавайран кылышты го, ушунчалык корлук сөөктөрүнө өтүп калган экен. Бир биздин

Мал-Калдыда болгон чон мажилиас кедейлер чуу турушуп, «отурбасын кан соргучтар арабызда» деп, бизди бүт манап атпайды топюн чыгартып жиберишпедиби?!

«Ырас кылыптыр» дегени кабагынан сезилип, баш ийкеп отурду Токтогул.

Мырзабек акырын тык-тык жөтөлүп, жаагын соруна мелтейип, ындыны өчө үшкүрүнүп алды:

— Кантебиз?! Кетмен-Төбөдө кагаз чаймелей койгон бирөө бар экен го, өзү манапчалыштардан окшойт, аның аты да Мырзабекпи, ошол быякка кыйшандап келип калган экен, аны мына бу «мырза» мейман кылып, муңдашып акитиптерда мыскылдатып казал жаздырып алган экен.

Күрөк чапкан чарчабай,
Күрптөн чыккан Барсанай,
тоголонгон бадырак[1],
токунганы жалбырак,
тобурчакты бай алса
калар жолдо жалдырап...
Кожогелди «кошчу»[2] экен,
кошчу кайдан озчу экен?!
Кыдыңдаган Бийназар
тил албаган дил азар...
Керимбайүп Чоткара
кедейден чыккан шок бала,
кедейчил ушу болобу,
кейпи суук дувана,
беш болуш элге чоңмун деп,
бекерге акмак убара...

Өз ич арабызга таратып, элге жайып, «өңкөй томаяк», «булардын колунан иш келбейт» деп, ич күйдүлүгүбүздү чыгара күлгөн болуп жүрдүк.

— А «казалчы» бир кезде мага да тиш салып көргөн,— деп, Токтогул жылмайып койду,— «оруска табакташ болгонсуң, доңуздун башын жегенсин» деп, шылдың айткысы келген. Быякка келип да жөн жүрө албаган экен ал шумпай...

Мырзабек:

— Бай менен манаптын малы-мүлкү каглам[3] кылына баштаган кезде Жуманаалы да катлам кылынмак болуп калды. Ырайон увакили болуп, дуулдаган Керимбайүп Чоткара келип, башыпда болду. Мурдагы бир болуш элден уккан калбай «Жуманаалыдан малыбызды өкмөт ажыратып берет экен» дешип, келип басып калышты. Катталды мал атпайы, үй мүлкү. Не коркту илгерки өзүлөрүндөй төрт казыкка кердирет экен деп, не уялдыбы, бекитип алган тапанчасы бар экен, бирөө чап салса эле атмак болуп, тапанчаны бооруна баскан бойдон калчылдап, тышка чыга албай отуруп калды баягы бир уруу журтту «карышкырды тирилей кармап бербейсиң» деп, айыпка жыккаан болуш. Эл кең деген ырас турбайбы, Токо?! Эл нары дуулдап, бери дуулдап, «кой, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбайлы» дешип, көбү мурдагы жедирген мал-мүлкүнөн ошол кыйын үстүндө эле кечип жиберишти. Кечпеген кишилерге «көзү бар гана малыңарды кармап алгыла, көзү жогун кыяматта тоскула» деген сөз болду. Кудай бетин көрсөтсө, ар ким бирден-экиден малынын көзүн таанып кармап, ал дагы күбө менен такталып отурун, адам эй, Жуманаалынын короосунда бир-эки кара он чакты майда жандык эле кала берсе болобу?! Кечеги дүнгүрөгөн төрт тулук бүтүндөй эле элдин малы экен го, чиркин?!

Тан болуп башын чайкады Токтогул,

Мырзабек:

---

[1] Б а д ы р а к — батрак деген орусча сөздүн бузулуп айтылышы.
[2] К о ш ч у — кошчулар союзунун башчысы.
[3] К а т л а м — мүлкүн каттоо, конфискация.

— Эми «бүттү кылалы» дешип калды эле увакилдер, ошол убакта те төмөн жактан өгүзчөн бир караан көрүнүп калды. «Токто,— деди Керимбайүп,— тигинде дагы бир кедей келе жаткан окшойт келсин, аласасы. болсо алып калсын» деди. Илгери Осмонбектин азыгын көтөрүп барып, кошо «ажы» атанып келген, ошол тапта кадыресе байып кеткен Шер деген адам экен. Өгүзүнөн түшүрмөккө эл ичинен кишилер тура калыппы эле: «Жо, түшпөйм,— деди Шер,— Жуманаалы өзү барбы?..» «Бар» дешти. Шер Жуманаалы отурган үй тушуна өгүзүнүн мурдун эдирейте тартып токтоп: «Жуманаалы уулум, барсыңбы?..» деп үн салды. Көпкө дым болуп бир убакта: «Ыя... бармын...» деген калтыраган басмырт үнү чыкты Жуманаалынын. «Уулум, кеткетин башына келип турган экен, уулум, тагдырын ошол болсо эмне кылгыдайсын, кайгырба, уулум...» деп, кайрат айтты оболу Шер киркиреп. «Уулум, эсиңдеби, баягы келкелин болуп турган чагында кошомат кылып да, сыйлап да, бир талашымды тындырыш үчүн пара кылып да төө, ат, өгүз, ар күздө «энчиң» деп кыркылбаган кырк кара козу айдап берчү элем, эсиндеби, уулум?..» Жооп бере албады Жуманаалы. «Эсиңде,—деди Шер өзү. — Мен ошонун бирин да сурабайм, сени ушул жаман күнүндө басмырлабайм. Бу боорум ачыганынан эмес, байлыгым ташып жатканынан эмес, бу ошол кошоматты да, ошол сыйды да өзүм кылгандыгыман!» Ыйлап жибергидей болгонсуду Жуманаалы. «Уулум,— деп үн салды кайра Шер. «Ыя, ава...» деди үнү дирилдей Жуманаалы. «Эсиңдеби, бир жолу күздө жайлоодоп кайра тартып келген убакта үйүмө мейманчылыкка чакырдым көрөркөз жигитиң Аймамбет экөбүн бардын эле, кыррылбаган кара козу сотоп, зыяпат кылдым эле, уулум? — деп сурады Шер, — Жалгыз гана пыялам бар эле, жалгыз пыяланын атайын өзүм зергерге жасатып алган кып кызыл добулгунун чырпыгынан токулган пыялакабы бар эле. Ошондо, уулум, пыяладан чай ичип отуруп, жээгине ак күмүш керене чабылган пыялакапка көзүң түшүп, кармалап отуруп, а кокуй, аны да өзүм ойлонбой көрсөтүй алгам, бу дагы өзүмдөн, кетеринде «ме, канжыгаңа байлап кой» деп, жигитиң Аймамбетке карматып койдуң, мендең сураган да жоксуң, мени тиктеген да жоксун. Ушул эсиңдеби, уулум?..» Жуманаалы жактан үн чыкпай калды, «Эсиңде,— деди Шер өзү. — Мейли деген элем, айгыр аттатан төө кетип жатканда кекиликтей чыбырала болуп көз кызарткан пыялакап кеппи?! Бирак, уулум, кийинки жылу жайлоого көчкөнүмдө баягы кабынан ажыраган пыялам жүктө баратып сынып калды, а пыялакабы менен кырдаң тоголонуп сайга түшсө да зың этчү эмес. Те шаарга түшүп пыяла таап келгиче чай иче албай жегеним аш болбой, тиши жогу курусун, жумурум ооруп кыйналдым. Бир гана ушул буюмга кейип калган элем, уулум. Тиги дүйнөдө бир пыялакап үчүн кудай алдында шерменде болуп жакалашып жүргөнүбүз болбос дейм?! Жалгыз ошол пыялакапты бар болсо бери чыгартып бер, уулум...» Жуманаалы жактан үн жок. А эл ичинен: «О-о! Алкы бузулгандар о-ой!», «Пыялакапка чейин алган экен го бу топуксуздар?!» деген үндөр дуулдап кетти. Жуманаалы козголо албады окшойт, үйдүн босогосунун кыпчылынан байбичеси Кайнардын толтойгон ак колу пыялакапты тышка сунду. Жакын турган бирөө пыялакапты Шердин алдына кармай берди. «Канжыгага байлап кой,— деди Шер энтиге, тиктеген да жок,— түшсө калар, түшпөсө барар...» деди да, элге карай «Кайыр...» деп коюп, өгүзүн темине кайра жүрүп калды. Эл дуу-дуу дей түштү. «Э-э, бу куу Шер бычаксыз сойду го?! Ыя?!», «Жылдызын күбүдү го эл көзүнчө?!», «Шерменде кылды го?!», «йе, кайсы жылдызы калды эле күбүлбөгөн?! Кайсы абийри калды эле шерменде болбой турган?!», «Куп, тукумдан тукумга калар сөз болду го?!»

— Сындырган экен, сындырган экен,— деди Токтогул.

— Ана! — деп табасы кана жыргап күлдү Мырзабек— Биз өзүбүзчө таң калып: «О-о, Сакеден байлык кетпейт, Осмонбектен бийлик кетпейт!» деп жүргөп элек. Саке дегенибиз уйдун өзүнөн миң ую бар бай болучу. Ана! А-а, кетпейт имиш бийлик а?! Кээси өзү качты, кээси көчүрмө кылынды — «ак жолборстун» бири күркүрөгөн, бири аркыраган он баласы бирине-бири карабай, күйбөй бир жылда тырым-тыракай болуп кетти го?! Өзү небересине кичүү Ойдоке деген токолунун Сары-Сөгөттөгү сатыкей төркүндөрүндө баш калкаламакчы болуп, буйгалап кетишке аргасыз болгон эле. Ошол оор кышта бир кыштоодон бир кыштоого жөө барайатып, карыган неме чарчап отура калып, ошол отурган бойдон буюгуп, томурайып кардын алдында калды. «Жакшы жүрмөк көп, жакшы өлмөк аз» деген калетсиз турбайбы?! Гөр казганга киши чыкпай коюптур. Өзү да, өзөнүз билесиз таякелериңиздин жерин, Сары-Сөгөт

жайлоо жер, төөнүн куйругунан кар түшөт. Таруу бозосуна дин тоюп алган сатыкейлер: «И-и?! Кана, азуусун бизди малдын этине, камчысын биздин жонубузга сынаган балдары көмүп алышсын! Булар айгыр атыбызды жыгып алган, такыялуу кыздарыбызды бузган. Тартсын ошонун жазасын бизден эмес кудайдан!» дешип, каралашпай коюшутур. Ойдокенин бир жакын төркүнү эптеп бир кара кийизге солдойтуп орои, шилбинин башына чыгарып коюп качан кар кетип жаз чыкканда жерге жашырды дейт. Каранчы, он баласынын бири да өлүгүнүп башында боло албады го?!

Токтогул табалабады, «тооба, зорлуктун табары корлук деген ушу белем» дегендей ойго кабылда.

Мырзабек:

— Мына, отурат ко солуган келерстей ынтыгып Керимбайыныз. Ушу али да «мен Төрө менен Токтогулду айдатып», «тиги эле Курманжан датка өзү арага киши салса болбой» деп, оозун көпгүрүн, мактаныч кылып жүрөт.

Керимбай көзүн үлдүрөтүп бир ачып, баарын эле мойнуна алгандай акырын өзүнчө башын инкегилеп, кайра көзүн жуумп, өзүнчө оор үшкүрүнүп койду.

Жөтөлүп, бул жолу жөтөлү узакка созулуп, көкүрөгү кырылдап, бир убакта какырык чыгып, анан бирже онолуп, жашылдана түшкөн көзүн алсыз ирмеп:

— Э-э... кайсы бирин айгабыз, кайсы бирине күйөбүз?! Биз адисибизден ашып, адамгерчиликтин чийининен чыгып кеткен экенбиз. Биз адамдын да, малдын да убалына калган экенбиз... — деди, кайра дагы жөтөлүп, көкүрөгү кыйылдап, үшкүрүп отуруп калды.

— Күнөөнү өзү сезген жаман эмес,— деди Токтогул,— күбөлүккө айдалган эмессинер, ушинтип пейил, адат онолгудай болсо бир күнү өкмөт кайра элге кошот.

— Э э, Токо-о,— деди Мырзабек сыздай,— ниетиңден айланайын, сиз «элге кошот» дейсиз, кең пейилсиз, мейли, элге кошсун өкмөтүнүз, а элиңиз эмне дейг?! Баягы зордугубузду көп көргөн, көк келтегибизди көп жеген элиниз батырабы?! Мейли, корлукка корлук, чыдайлы, а жети атабыздан калган бийлигибизди, кадыр-сыйыбызды тартып алып отурган кишилерди көрүп, өзүбүз кантип чыдайбыз?! Ке, эр саяк, же сен чыдайсызбы?

Керимбай сүзгөн көзүн ачпай конду.

— Ушу... же өз көзүбүз өткөнчө, же бизди кубалаган киши көзү өтмөйүнчө барышмай, көрүшмөй болбойт окшойт...— деди Мырзабек улутуна. —Э, айдаткыч чогоол саяк, билмексен болуп лыкыйбай ту-ур өйдө, же курсагың тойду болдубу, көп жолдон калтырып койдук быяктагы адамды, ту-ур кайырлашалы...

Токтогул чөнтөгүнөн жалаң ирик кагаздан бир чеңгел пул алып чыгып, бөлүп калбай, эсептебей, ошол бойдон үчөбүнүн ортосуна таштады:

— Ушуну, туугандарым, аздыр-көптүр алып, оокат кылып тургула.

Үчөбү тең пулдан көзү өтүп, «бу бери болгондо он койлук» деген ой ар бирине келип, эриндери кымтылып, үчөбү тен нес болуп, отуруп калышты. Дагы Мырзабек озунуп, чын көңүлүнөн жарыла сүйлөдү:

— Токо, биз үчөбүз тен сага кастык гана кылган кишилербиз, а түгүл ушул азыр өзүңүз даназа кылып ырдап жүргөн өкмөтүңүздү күнүгө тилдеп, «түбү тешилип калса экен» деп каргап отурган кишилербиз, Токо! А сиз...

Такыр сүйлөбөй отурган Керимбай:

— Токтогу-ул,— деди,— кеп эле укчу элек, бирак Мырзабек айткандай эсирип жүрүп, сөз баркын да, киши баркын да билбеген экенбиз. «Жакшылыкка жакшылык ар кишинин кылары, а жамандыкка жакшылы эр кишинин кылары» дешчү эле.

— Уа-а,—деп кубаттап калды Мырзабек,—кепке чоркок киши элең, тултуйма элең, ыя, көз алдыңда болуп турган окуя сенин да оозуңа таамай сөз киргизди э?! — деп күлдү. —Ырас, ырас, жамандыкка жакшылык кылган жомоктогу эр киши мына ушу Токон экен!

Үчөбү бирдей кол сунуп, мурда эле чычкан аңдыган ач мышыктай камданып турган «мырза» кош ченгел салып, пулдун үстүнө үстөмөн түшө жыгыла жаздап, Керимбай да, Мырзабек да бирден эле кагаз алып калышты. Мырзабек кайра таштап жиберди:

— Эй! Энендин тоюнун чачыласыбы бу?! У!—деп сөгүп калды.

Астейдил тан болду Токтогул:

— Буларды тытыштырбай бөлүп бергиле, улуулата теңшеп,—деп, дасторконго өзүнчө эле бата кылып, көңүлү кыраалана жүзүн терс үйрүй туруп тыякка басын кетти. «Бул эмне?! Адамзаада болгон соң, мейли өлүп баратса да, өз кунун сактап өлүп, тири болушса адам сөөлөтүн бузбай жүрүшсө боло?! Ит сыяктуу ыркырашып, ыя, биртке оокатты да адамча ырташып бөлүп ала алышпайт?! Бул эмне, саал кыйынчылыкка туруштук кыла алышпай адам касиетинен кетип калышканбы? Не деген түркүн туткундарды көрбөдум?! Сары шишик басып жаткан чагында да жугумдуу кебинен, керилген адам сыпатынан ажырабаган азаматтар болгон. Ыя, же мурда эле адам сапаты жок беле булардын?!.» деп, көнүлү чөгө калды.

Жолой менен Коргол «мырзаны» жулкулдатып кирди. А «мырза» эсинен ажырагандай эч нерсени укпай, ирени ого бетер карарып, эки чеңгелиндеги пулду бооруна баса, нэры итерсе унчукпай нары тоголонуп, бери тартса бери жыгылып, баары бир пулду деги коё бербей койду. Мырзабек жардамга келип, үчөөлөп карышкан эки колун садааларын бирден кайрып ачышып, пулду араң ортого алышты.

Те бир убакта кыжылдашкан үндөрү басылган ченде Токтогул кайрылып, ашкана ээсине беш кишилик «аш пулун», «төшөк пулун» «сүт пулун» төлөп, анан бери басып келди.

— Кайрнет, бөлүштүруп берди...— деп калды Мырзабек. — Ыраазыбыз...

Токтогул:

— Биз жөнөйлү, кайыр аман тургула...

— Жакшы бар эми, Токтогул. — деди Керимбай дагы канырыгы түтөгөндөй үнү каргылдана. — Көрдүм де... жерге, элге салам айтып кой, Токтогул...

— Мына, карабайсызбы, мунуңуз ыйлаак болуп калган,—деп тамаша кылган болду Мырзабек,— өзүм сооротуп коём. Жуманаалынын ала тайын жеген бөрүлөрдөй сулайып калышты, булар жыла алабы ушерден?! Мен өз тенимен кокон араба жалдап, бу «манаптарды» кечке жуук алып кетем.

Тизгин кармап атказган болуп жатып:

— Э, Токо,— деп калды Мырзабек,— бул дүйнө келме кезек дешчү беле?

Кытыр бирдеме айтканы калганын туюп:

— И, айта берчи,— деди Токтогул.

— Йе, мейли, ошондой эле дейли, азыр бизге кеткет келип калды, а кайрылып бир келеби же ушул бойдон кете береби?

— Бул келкел жалпы элге келген келкел, элдики болгон соң эл өзү көтөрүп кете берет, бул заман эми оңойлук менен кайра оодарылып түшө койбойт. Мындайда азамат киши керт башына түшкөн кыйынчылыкка кайыл болуп жалпы журтуна, эртенки күнгө болуп жаткан жакшылык ишке каршы турмак түгүл кубаныш, ыраазы болуш ылазым, Мырзабек.

Мырзабектин ындыны өчө түштү.

— Макул, силердей жүз манаптын башына оорчулук болуп жатат, а миңдеген эл жерлүү, суулуу болуп, теңдик алып — адам катарына, эл катарына кошулуп жатпайбы?! Ушул жаманбы? — деди Токтогул маанилеп. — Силерди деле, Мырзабек, жерге көөмп жиберген жок. Башка эмгекчилердин балдары катары окутулуп, тарбия берилчп жатабы силердин балдарынарга да? Мына ошол — эртенки күндө силердин балдарыңар да көпчүлүк эл катарында замандын үзүрүн бирдей көрүп кете берет. Бул жаны заман көктөн тийип турган күндөй баарыга тегиз.

Мырзабек жандана:

— А-а?! Акыры бир күнү биздин тукум элге аралашат экен да, иши кылып?! — деп калды, өзүнчө ызырына кебин улады:—А элге аралашкандан кийин иш тийет, иш тийгенден кийин бийлик да акырындап колго кирет. Ийненин көзүнөн, устаранын мизинен өтө-өт биздин манап тукум. Оодарылбаса тура берсин, кандай болсо ошондой болсун, «кызыл» эмес маа десе «жашыл» болсун, маа десе «сары» болсун, «эшматтыкы», мейли «ташматтыкы» делинсин заманыңыз анын тизгинине жетпей койбо-ойт биздин тукум. О-о-о, анда биздин тукум аяба-айт, аяба-айт, жамандыкка жакшылык кылам деп отурба-айт!..

Бул сөзүнөн өзүнүн али жок нерсеге кубанганы да, «ошондо көрөсүн» дегендей табалаганы

да сезилип, Мырзабек кыкылдап күлүп, артынан көкүрөгү кыйкылдап дагы жөтөлүп, эки тизесин таянып өңкөйүп калды.

Токтогул кабагы үйрүлө бир тиктеп, бирок өзү тигинтип өлөр абалда турган немени каккысы келбей: «А-а, ар маглук жерди өз кадамы менен ченейт!» деп, айкөл көңүлү кечирип, унчукпай теминип жүрүп кете берди...

III

«Токтогул келипир дейт, баралы, угалы, эл адатын, журт салтын көкүрөгүнө катсыз жат кылган кайран киши, ал билбегенде ким билмек, ким салыштыра алмак байыркы менен бу күнкүнү?!» дешип, уккан эл дүргүп, жыйынга топ-топ болуп, келе башташты.

Караган-Сай түзү кырка-кырка үй, дөңсөө жерге он эки канат чоң өргөө көтөрүлгөн, бу баягыдай манап же аким чиренип жатар жай эмес, бу жалпы эл үгүт-насыят уга турган, өкмөт адамдары менен биргелешип маек кылышар кызыл үй, кызыл дегенинче алда кайдан шаңданып капшытынан бийик кызыл туу көтөрүлгөн. Жергиликтүү өкмөт, партия кишилери ошол кызыл үйдө. Төш, суу жээги душалып кое берилген атка толуп кеткен. Ар айыл топтоп болушуп, кылка-кылка тартып, өзүлөрүнчө акырын кобурашып, бирок өкмөт кишилери жактан болгон ар сөзгө ыкрар, кулак сала ыкташып турушат. Жай алдында кызыл гүл ачылган адырларды ким көргөн? Куду ошол сынары кызыл, сары, гүлгүн көйнөк кыз-келинге бир каптал жайнап толгон.

Ошол 1924-жылдын 14-октябри күнү Буткүлсоюздук Борбордук Аткаруу Комитетинин экинчи сессиясы РСФСРдин ичинде Автономиялуу Кара кыргыз областын жарыялаган. Бул жыйын ошол кубанычтуу окуяга карата жержерлерде өткөрүлүп жаткан майрамдардын бири болучу.

Жаны уюшулуп жаткан областтык өкмөттүн унакили кадимки Абдыкадыр Орозбеков, Жалал-Абад кантонунан Маамыт Ботобаев, Кызыл Жар районунан Чоткара Керимбаев жыйын башы.

Чоткара ирени сыркоодой керсары, эти арык, куркуйган нооча жигит экен, кыркма мурут койгон, кызыл аскер катарынан жаны келген сыяктуу, башында жылдыздуу фуражка, саргыл жашыл көйнөгүн, кычыраган өтүгүн али чечпеген, сыягы ал өзүн дагы эле ынкылаптын алдыккы сабындагы жоокери катары санайт окшойт. Түтүн булатар үйү, казан асар зайыбы али жок, бала күнүнөн бай колунда малай жүрүп келген кедейден чыккан азаматтардын бири.

— Баарың! Түш аттан бирин калбай! — деди кыйкыра Чоткара. Те четте кылка атчан турган эл дуу этише, бирөө дагы «и?» деп сурабай, жер жайнай аттарынан түшүп тушап-тушап коё бершип, отуруп калышты.

Илгери камчысынан кан тамган манаптар буйругуп мындай аткарта алышчу эмес, бирөөнү сууга байлатып сабатып жатып, экинчи бирөөгө тили өтпөй бирөөдөн каяша угушчу. Бул эмне? Бул сыйга сый, Кенеш берген те-адикке, кеңдикке болгон чексиз ыраазылык сезим болучу.

Кызыл туулуу ак өргөнүн эшигине атайы курулган бийик секиге чыгып, кулак тийишкен көп элге Абдыкадыр Орозбеков сөз сүйлөп, кыргыэ эли өзүнчө автономиялуу область болгонун, мурдагы Россия импермиясынын кол астында эзилген башка тайпа журттардын кабарында кыргыз да орус элинин өзүнө тең ата, укукташ, канатташ болуп өмүр тарыхында биринчи жолу мамлекетчилигине жетингенин түшүнүк кылып, ошол тапта мурун-ку Кожон, Маргалан, Анжиян, Наманген, Оулия-Ата, Пишпек уезддеринде жери да, эли да бирикпей жаткан кыргыз эми баш коштурулуп, мамлекеттик мекемелери түзүлүп, иштей турган ишмерлери тандалып жатканын айтты.

— Жашасын Ленин жолу! Жашасын автономиялуу кыргыз облусу! Жаша, бириккен кыргыз эли! — деп, ураан айтын сөзүн аяктады.

Эл дуу, дуу, кол чапты.

Андан кийин Маамыт кантондо, Чоткара Керимбаев райондо болуп жаткан уюштуруу иштери боюнча баян кылышты.

Белгилүү, Абдыкадыр Орозбеков го, илгертен ынкылаптын маакисине канык, сөзгө да, ишке да маш адам, а Маамыттын ушунчалык өсүп калганына Токтогул көңүлү толукшуп,

кубанып турду. Мына Маамыт баягы сүрдөгөндөн оозуна кеп кирбей калган малай Маамыт боюнча эмес — Ташкенден окуган, партиига алынган, кантондун бир белдүү кызматчысы, жүзү сыйаа, бою түз — тапка келген куштай зыпыйган ишмер.

— Эми,— деди Керимбаев,— жолдош Токтогул Сатылганов сөз сүйлөйт!

Уюгунан козголгон бал аары сыяктуу бир түйшөлө дуудуу боло түштү көпчүлүк. «Ырчы сүйлөп не кылат?! Ырдасы-ын!» деген үн чыкты. «Ырдасы-ын!»

Токтогул жамырап отурган элди акырын аралай эки ооз салам айтып ырдап, анан аялдардын жанына барды да, эми башка шынгыр күү чалып бир кумарлуу добуштап, аялдар тендигин куттуктады. «Көңүл назы, жазы эр жигиттин акылчысы, кубанычты да, кейишти да бир көтөргөн тени — ак уул, кызыл кыз төрөп, адамзаада тукумун улантканы ыйык, бул дүйнөнүн уюткусу, данакери, ак пери... жаркылда жаны дүйнөдө, жалпы менен бирге көр кенеш убайын, ак пери...» деди, бирөөнүн атын атабай, бирөөгө арнабай баарына багыштап, «ак пери» деп, жамы аял затын даназа кылды. Кыз кылтыйып, келин жаркылдап, кемпир мулуңдап, ырчы токтосо да алар токтобой жер дүнгүрөтө кол чабышты.

Бирде тал-тал кара чачтуу кыз көрүнүп, жүрөгү анда бир солк деп, бирде кырк ашып тотуккан келбеттүү келин көзгө урунуп, жүрөгү селт этип, бирде ак элечек улгайган зайып байкалып көп ичинен мындан жүрөгү бир опкооджуп, кантсе да бир кездеги көрө албай калган үзүру акталбай калган асыл үмүтү ушул жерде отургандай бир түйшөлгөн сезим ороп, ырчынын ой-санаасы аны сайын удургуй дүрбөй берди. «Эй, ак пери ай... бир карасам бир кезде көздөн учкан көк мунарымдай... бир карасам бир кезде канбай калган жан лаззаты кумарымдай, ак пери ай... бир карасам бир кезде колумдан кокустан качкан тынарымдай, бир карасам бир кезде капилет өчкөп чырагымдай, ак пери ай... Эй, ак пери ай, бир карасам бир кезде, ачылып турган гүл кезде толукшуп тууган айымдансын, бир карасам бир кезде, килемге чийген түр кезде башымдан өткөн орошон жайымдайсын, ак пери ай...» деп, көңүл толкуну өзүнө ээ-жаа бербей, өзүнөн-өзү арман, өзүнөн-өзү өктө шилеп жиберди.

Ийин тийише кынала турган кыздар шыбыраша, маани билги улгайган зайыптар асте шыпшынып алышты. Кимдин кулагы чалбай калды дейсиз бул ырчынын ушул жерде сынган жаштык көңүлүн, капыстан колдон түшкөн берметтей жоголгон бактысын?! «Э-э, эстеп атабы, байкуш ай...», «Э э, жүргөн экен али унутпай...» деген шыбыш акырын кыз-келиндер арасына бир тобунан бир тобуна тымызыи жылып, өтүп, кыдырып жүрдү...

Кечинде Токтогул мейман үйгө түшкөндө да эл зуулдап зэрчип, кетпей имерилип туруп калышты. Бул элдин көңүл көксөөсү канбаганы эмеспи?! Сезимгал ыроочу муну айттырбай сезип, чарчоону унутуп, кызыл кереге боло сыйрылган үйдө комуз менен коштой алыскы бир замандан калган чон дастандан баштап, түнү бою ырдады...

IV

...Токой четинде күн табына бой салып турган алты айры бугу жакындаган шабырттан чоочуп, үйрүн баштап буйгага ыктайт. Өнүп келген көк карышкыр атырылып чап салат. Бейпил токой ичи шатырап, аска жанырыктайт.

Бийикке тигилген чоң өргөө, капшытына узуп шыракка чачырап чыккан күндүн сөөлөтү бар, этеги ача куйруктуу көк туу илинген, туу желге калкылдап турат.

Кара Каган тажаал бүркүт баштанган таажы кийгеч, үстүндө ындыдан келген карала кымкап, бутунда тумшугу түйрүлгөн көк ныл өтүк. Белине кара чаар жылан кылып токулган алтын кур курчанган. Жайкалган сары сакалдуу, кабагы бийик, канжаа тартып, башы менен катырылган жолборс талпактын кежигесине мине мандаш токунуп олтурган.

Оң жагында чылгый кызыл кийген өңкөй жоогер берен, сол жагында чылгый көк кийинген жазакчы[1] билги.

Кара Каган:

— И, не кабар бар дүйнөдө?

---

[1] Ж а з а к — жазуу, китеп.

Кул берен:

— Калың кыдан өз ичинен бузулду дейт. Ушакка ишенип, каганы өзүнүн мыкты берендерин өзү тындым кылды дейт. Жаат куралып, кеткет болуп, тополону тоз болуп жатат дейт....

Кара Каган:

— И, түзүк! Сага касычдын гана эмес, досуңдун да эңкейлеп турганы пайда. Мындан жакшы кабар болмокпу?!

Каган өзү бул кабарды “жакшы” деген соң, калгаа берендер, билгилер жабыла кубаттап, коштоо айтышат.

Даркан билги:

— Эрен каганы күч алды дейт. Отрарына[1] батпай, урунаарга тоо издеп, урушаарга жоо издеп, коңшуларын кордук кылып тепседи дейт.

Кара Каган эч кимди тиктебей ойлонуп калат. Баары дымып, эч ким анын оюн буза албайт. Кара Каган бир убакта күрсүнөт:

— Э, жаман кабар экен! Досун көкүрөгүн көтөргөнүн дос, көкүрөгүн көтөрүп алган сон тен ата, сенден өрүш талашат, төр талашат. Же туура эмеспи?..

Нөкөрлөр дагы дуулдап коштойт:

— Кыйкымсыз сөз! О, билги каган, оюнда өөн жок!

Улагадан кабарлайт:

— О, улуу каган! Элчиң келди алыстан...

Кара Каган эшик жакты тиктеп, бир аз ойлуу тартып, башын ийкеп, келген элчини киргизүүгө ишарат кылат. Эшик ага кетенчиктеп чыгып, ошол замат эшиктен чыканактап сойлоп элчи кирет. Кара Каган отургак сөөлөтүнөн былк этпей, отургачдардын бири да чук этпей. Элчи кагандып алдына жеткенче тынч карап турушат. Элчи кагандын тумшугу түйрүлгөн көк ныл өтүгүнө тооп кылат да, дагы эле өйдө карабай, сынар тизелеп, аптыгып салам айтат.

— О, малы-башын эсенби, журт туткасы?

Кара Каган:

— Жерин эсен — мен эсен, элиң эсен — мен эсен. Кел, кел, эл кыдырган элчим, жер сыдырган тыңчым. Аргымак атың арыбай, атан бели талыбай кайрылып эсен келдинби?

Элчи кагандын этегине тооп кылат. Жанылык уккусу келген каган шашат:

Кулагым сенде, эл кыдырган элчим, жер сыдырган тынчым.

Элчи:

— Даңкы жер жарган Рум! Там үстүнө там салат экеи, отрарында миң жыл мурда салган тамы күнү бүгүнкүдөй сыры кетпей, сыны кетпей турат экен. Түбүнө барсан тебетейиң түшөт, үстүнө чыксаң жүрөгүң түшөт...

Кара Каган:

— О, чын элеби, шумдук ко?! Ошол мин жыл турган бийик тамды салган ээлери да тирүү бекен?

Элчи:

— Э, жогуңуз, улуу каган, салган кишилер капкачан көз жумган, ким экени да эчак унутулган!

Кара Каган ой басып, колундагы адамдын баш сөөгүнөн эрнөөсүн алтындап жасаган чөйчөктү тегеретип карап маани улайт:

— Өлбөстү теңир жаратпаган, бүлбөстү чебер жарата алмакпы?! Жан кыйнамыш журт окшойт, бул дүйнөгө түбөлүк кала тургансып... бийик, бекем там салып, не тапмакчы?! Теги келип, бир гана түнөп, бир гана түштөнүп өтөр жай гана эмеспи чиркин бул дүйнө?!

Элчи:

— Рум эли эрсымак! Бир карыча кылыч алат, така какпай, үзөнгүсүз ат минет...

Кара Каган:

---

[1] О т р а р — огурар жер, шаар.

— Мунусу түзүк! Эрдиги — көздөгөнү барлыгы Кылычы кыска болсо — колу кыска экен, аты такасыз болсо — жолу кыска экен, а үзөңгүсү болбосо — ат үстүндө каруусуз экен!

Элчи:

— О, жарым эс көзү менен көрүп билбегенди эси толо эси менен баамдайт! Так ошондой...

Кара Каган ойго батып, бет алдын тиктеген бойдон, эки көзү бир шумдуктуу жалтырап, ичи уйгу-туйгу, былк бтпей тунжурайт. Эч ким анын оюн бузууга батынбай, Кадырлуу билгилери да, .берендери да, адеп сакташып, Дем тартышпай анын оозунан сөз күтүшөт.

Кара Каган баарын бир сыдыра тиктеп өтөт:

— Кул Береним, колбашчым, сен ук, жети кабат заманды аңтарган билгим, сен тыңда. Жана да мында отурган көңүлү ынак, көзү түз улу-кичи жакшыларым, уландарым, баарың баамда...

Баары тегиз ынтаа коюп, жабыла үн беришет:

— Кулак сенде, дит сенде, о күн нурунан бүткөн, Теңир уулу, улуу каган!

Кара Каган:

— Сактыкка кордук жок дейбиз. Коншуңдун үйүңөн өрт чыкса, сен этегиңди жыйна. Калың кыдан бузулуптур өз ичинен, бизге сак болуу деркер, шарпасы урбасын, таалими жукпасын.

Даркан Билги:

— О, айкөл! Көкө теңир жалгап, өзүң аман турганда ынтымагыңдан ким качмакчы?! Тушамышың кең, чылбырың узун — ким ыраазы эмес?! Тентекке колун катуу, укуругуң бекем — ким кер басмакчы?! Кадырың жам болсун...

Кара Каган колундагы кишинин баш сөөгүнөн жасалган чөйчөктү ортого чимирип таштайт:

— Жатындашың камчысын экөө кылса, не бар не жок, сен төртөө кылууга камын. Эрен, кушан күч алса, биз отурабызбы кол куушуруп? Ал урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай отрарына аттанып чыкса, бабасынын мына бу куу башын издеп, биз жакка келип жүрбөсүн?

Кул Берен:

— Чөйчөгүң жаңырат!..

Даркан Билги:

— Кан төгүшүү жаман жорук. О, көкө теңир, андайдын жүзүн нары кылсын!

Жазакчы окумалдар өз таалимчисин күңгүрөнө «жүзүн нары кылсын!», «Көкө теңир сактасын!» деп жабыла кубатташат.

Кара Каган:

— Оң карым он сан болсун! Соң карым он сан болсун! Жоо жарагы шайлансын, үзөнгүсү бектелсин, күлазыгы молдонсун...

Кул Берен таазим кылат:

— Сенин эркиң теңирдин эрки!

Өңкөй берен дуулдап, «теңирдин эрки сенин эркиң, о журт эгеси!» деп коштошот.

Даркан Билги менен Кара Каган чөк түшүп, колдорун бооруна алып, бет алдын былк этпей тиктеп, сүкүт тартып кадыр түн тосуп отурушат. Ортодо жаткан муштумдай каухар таш акчыл нур чачып, экөбүнүн ойлуу, санааркаган жүзүн жарык кылып турат.

Даркан Билги:

— О, кереметтүү кадыр түн... Сен келгенде чуңкур менен тоо биригип, тегиз болот. Ойлогон ойго, кылган ишке айдай жарык, көлдөй терек маани кошот. Киши баласынын ниети тазарып, бирине бири ыракым, ыкылас кылат. Көр тирилик азабы унут болуп, тар дүйнө кеңип, ыйык да, улук да кыялга термелтип, уйку-соонун арасында магдыратат...

Кара Каган:

— Сени уктабай тоскондун кармаганы алтын болот... көңүлүнө ыракым, лабзине топук келет... О, садагасы кетейин, кылайган шоола, ыйык түн...

Экөбү тең башын акырын ийкегитей, көзүн сүзүп, жай тенселип, сүкүт тартат. Мемиреген тынч түн койнунан, «гү-гү-гү...» деп, үч кайталап, кызыл көз үкүнүн зикири угулат. Те алыстан адырда үйүр талашкан айгыр аңылдашып жаткандай. Кайра тымтырс. Же жаркын эмес, же кара эмес, толукшуп буурул тарткан, жылуу бейгшл түн.

Кара Каган:

— Э, көңтөрүлүп калгыр ай! Бул түбүң түшкөн дүйнө ушул кадыр түндөй тегиз, бейпил болбой калганын карачы?! Дайыма бири кем, дайыма алакчы... Бирине жетип, бирине жетпей, биринен өтүп, биринен өтпөй, улам алды кыргоолдой кызарып, ошо кызаргандан көз өтүп, күйүгүп, чарчал акактап, жетип жыгылып, жетпей калып отурмай...

Даркан Билги:

— Бул дүйнөнүн кызыгы ошол эмеспи?!

Кара Каган жакасын карманып тооба кылат. Көпкө термелип, унчукпай сүкүт тартып отурушуп, бир убакта Кара Каган улутуна маани саамыктайт:

— Э, дүйнөнүн түшүн жооруган билгим... быягы Түп Бейжин, тыягы Мисир, Рум кыдырып, киши баласы эс тартканы жазылган эски жазак окудуң... жакшы менен амандын чегин болжоп, ак менен каранын ажырымып ылгап, билгилердин билгисинен таалим көрдүң... Жооп эрчи мунума — көп жашадык, көптү көрдүк, не таптык? Ой толгоп, баш жарылгыдай ой түбүнө жетпедик. Көрүп, көз жарылгыдай көрк чегине жетпедик. Бул эмнеден, дүйөнүн жети кабатын аңтарган билгим?

Даркан Билги көзүн сүзө теңселип, ойго батып отуруп, кырын сүйлөп жооп берет:

— Ойдун түбү, көрктүн чеги барбы, улуу каган?! Ой толгоп ой ыракатын, көрүп көрк үзүрүн сезүү киши баласынын жаратканы берген энчиси...

Экөбү тең унчукпай калышат. Түн койнунан уйкусураган кызыл көз үкүнүн «гү-гү-ү» деген чарчанкы үнү жетет. Жакын эле жопарадан баласынан адашкан маралдың бакырганы угулуп, кайра тым болот.

Кара Каган:

— Жөн эле, киши баласынын көнүлүнүн суктугу, Топук кылбаган ачкөздүгү гана болуп жүрбөсүн?..

Даркан Билги:

— Киши баласынын ниетинде эки башталыш касиет бар. Бири эси, бири жырткыч маглук мүнөзү. О, садагасы кетейин көк тенир башка маглук катары киши баласын да өз кудурети менен өз нурунан, өз көз жашынан, өз деминен жууруп жараткан го. Киши баласы жер бетине кызыл эт бойдон пайда болуп, ошондо: «Э, көк тенир, жаратканым! Учайын десем канатым болбосо, кармайын десем тырмагым болбосо, тиштейин десем азуум болбосо, сүзөйүн десем мүйүзүм болбосо, не корунарга коңулум, жылынарга түгүм болбосо! Не деп жараттын? Бу ою, чуңкуру, дөңү көп жеринин бетине корго келтирдинби, о кудурети күчтүү көк тенири» деп наалыш айткан го. Көк тенир жооп кылган: «Э, азизим, өз башыңды сыйпалап көр, жумуру жараттым, ичине бир татык эс артык салдым, Ошол бир татык эс ой толгоого дил берет, ой жорууга тил берет, качсан кутултат, куусан жеткирег, куш кылып көккө чыгарат, балык кылып сууга түшүрөт. Сени, азизим, бул байманалуу дүйнөгө эге кылып жараттым» деген го.

Кара Каган:

— Аттин ай, ошен этип киши баласы жерге түшкөндө, же жылкынын сүтүн эмсечи —сыпаа болот эле, же койдун сүтүн эмсечи — момун болот эле, же уйдун сүтун эмсечи — боорукер болот эле, кырк эмчектүү көк карышкырдын сүтүн эмип — суктугу, ачкөздүгү ошондон калды. Кайсы башталыш касиетин түбөлүктүү десек ылайык?

Даркан Билги:

— Эси киши баласына тенири берген мээри. Киши баласы эси менен өсөт, эси менен жайылат. Эси улам алысын жакын кылат, улам оор жүгүн мсйнунан алат, жан багуусу жеңилдеп, акыры кырк эмчектүү көк карышкырдыи сүтүнүн кээри тазаланат, ошондо пейли кенип, ниети агарат...

Кара Каган:

— Ошентип эле, оной бүтсө кана, аттиң ай? Бирок, киши баласы башка-башка туулат. Башка-башка туулган соң мүдөө башка. Эси айла болуп, алысын жакын кылса, оор жүгүн мойнунан алса, куш болуп көккө учса, балык болуп сууга түшсө — жан багуусу оңой болуп калса — ошондо абалкы жан багуу муктаждыгы басып жаткан мүнөзүнө аны сайын жан кирип, жегендин үстүнө жесем деп, көргөндүн үстүнө көрсөм деп, дагы алкы бузулуп, талабы,

каалоосу күчөп, өзү тойсо да көзү тойбой кетер дейм?! Ошондо жердин түгү, жердин курту түтпөс, суудан балык, көктөн куш түгөнөр. Ошондо чалкыган кен аалам сөлү качып какырап, кариктин алаканындай бүрүшүп тарып, куну кетер, чиркин ай! Ойлоп бакчы, билгим, ушуну?

Даркан Билги:

— Тунук эс карап турмакпы?! Жаман менен жакшынын, кара менен актын чеги, тирилигине эрежеси бар эмеспи?

Дагы көпкө үн катышпай, экөбү тен ой толгоо тартып, өзүлөрүнчө үңкүйүп отуруп калышат. Таңдын атып келе жатканын сездирип, ортодо жаткан каухар таш улам нуру сөнүп, теребел жөн жарык боло баштайт. Кара Кагап өйдө карайт, чамгарактан жаркып келе жаткан көк көрүнөт.

Кара Каган:

— Эй, ким билет?! Дүйнөнүн акырына кимдин көзү жетмекчи?! Мейли, эси башынан ашсын дейли, эси башынан ашса амалы, арам ою да көбөйбөй коймокпу?! Өзүм өлбөйүн деген өзүн сактоо зарылдыгы жок болуп кетмекпи?! Күчөбөйбү кайра, дагы көбүрөөк жыргап калгысы келбейби?! Жыргагысы келип турган киши баласы ар кандай эрежени акырын аттап, ар кандай тартиптен буйтап өтпөйбү?!

Даркан Билги:

— Киши баласы эс берилген маглук дедик, ал жакшылыкка ийкемдүү, ынтымакка ыктоо, бирине бири үйүр, кумурска сыяк уюк куруп, өткөн күнүнүн таалимин жазагына чийип, тириликтин узун жолун басып келет. Кечеги киши баласынан бүгүнкү киши баласы сыйдам, бүгүнкү киши баласынан эртеңки киши баласы сыпаа, эстүү. Түбөлүгү — эси.

Экөбү тен өз ойлору менен, өз кыялы менен жай термелип, мемиреген бейпил түнгө бой салып, теңирине тооба келтиришип, сүкүт тартып отуруп калышат.

Тан кылайып, өргөө ичи жарыгып, жарыкка каухар таштын нуру төнөт.

Жамы журтка кошулуп, каган менен билги да «көк теңирдин жүзү күндү тосууга» тышка чыгышат.

* * *

Кыйрына көз жетпеген, ар жеринде майда дөңсө, керилген кең талаа. Көк чалгын убак, сары каймактап, кызгылт тартып, түркүн чечек ооматына келген. Те асман менең жер танабы бириккенсиген көк мунарыкка төнүп, бириңе бири уланышкан бөксө адырмак ыңжыңсыз созулуң жатат.

Бир жакта көк ирим бай көл чалкыйт. Майда толкуң, дары түрүлүп, бир караган көзгө желе тартып уча качкан аккуудай кылактайт. Түпкүрдөн дүңгүрөп, толкуң учу алтын кумдуу жээкке жай келип, шарп-шарп уруп, кайра тымып, кайра оодарылып, термелет.

Чарым булут токтогон боз асманда кайгып, кыйкылдап бир үйүр ак чардак учуп жүрөт. Ээндеп кылаалап, жумурткалоо камында жүргөн кош баш аккуу акырын, аста куркулдайт.

Бул бейпил магдыроону киши баласынын ачуу чаңырыгы тарс жарат. Ак чардак үйүрү көккө эргийт; көл кылаасында жумурткалап жүргөн кош баш аккуу чоочуп, тез канат ирмеп, көл бетинде жебе болуп созулат; жээктеги жылымыкка бой салып калкып жаткан кере кулач көк чаар балык шарп эткизе куйругу менен суу чаап, иримге сүңгүйт; бөксө адырмактан имериле удургуп, уюлгуп сансыз жейрен, бөкөн үркүп чыгат. Жылан сымак атылган жебе оводо уламдан улам ышкырат.

Кара жалдуу боз аргымакты ойноктотуп, саадактан жебени санабай сууруп, санабай тартып, өспүрүм киши баласы жейрен кууп чыгат.

Жебе огунан мертинип, эки тишти жаш жейрен кап жөткүрүп мөгдөп эки көзү жалжылдап, өлүм алдына чарасыз, алсыз кош тизелеп жыгылат, кыйналыштуу акыркы жолу үн берип маарайт. Тууган энесин эстедиби, эми эле бирге жайылып жүргөн тукумдашын эстедиби, жардамга чакырдыбы? Жети бурам мүйүздүү энеси да, жытыгышкан тукумдашы да, өз жаны көзүнө керүнүп, киши баласынын ач чаңырыгы үшүн кетирип, кан жайкап жыгылган жаш

жейрендин үстүнөн тумандай каптап чууруп, так түйүлүп секирип өтүп, кайрылбайт. Жаш жейрендин жан кыюу кыйноосун тартып онтогонуна, аянычтуу маараганына кайрымсыз киши баласы эрдемсип, кубанып, алдындагы демиккен аргымактын башын тартып, эңиле карайт.

Көк жылгындуу сайдын ары бетинен Кара Каган, чымкый кара аргымак минген, жай бастырып чыгат. Те алыстан уюлгуган кум учуп, чаң көрүнөт. Көп буйдалбай кара жалдуу боз аргымагын элиртип, бир бөкөндү шыйрагынан үзөнгүгө басып, салпактаткан бойдон дагы бир өспүрүм киши баласы катуу келет.

Эки өспүрүмдүн өзүлөрү да, кийген кийими да, минген аты да эки тамчы суу сымак окшош, бойлору тен, карышкырдай жулунган, жалындай дуулдаган кайратман.

Кара Каган:

— И, уу кандай, уландарым?

Эдил Улан:

— Кыркты кырып, бирди алдым!

Эр Улан:

— Текке кеткен жок тарткан жебем!

Кара Каган бу биринен бири өтүп, өрөпкүп, чакчарылып турган эгиз уулдарына ичи жылып, ичтен кубанат.

Түбүндө чүлдүрөгөн муздак булагы бар, көлөкөлүү көк сөгөт талдын түбүнө байырлап түштөнүшөт.

Жан жигиттери аттарды нары аса байлашып шапылдата бири жейрен союп, бири даулдата чоң от жагып, даам даярдап жатышат.

Эки улан биринен бири өтүп, уу кызыгын кеп салып, бирине бири мактанып, бирине бири кыр көрсөтүп отурушат. А атасы Кара Каган ойлуу, эки уулун алдыртан тиктеп, уу кызыгын унуткан капкачан, башка нерсе дитинде турат. Ал оюн кантип баштарын билбегендей эгер баштаса ой тегине, ой баркына балдар жете алабы дегендей көнүлүндө эки анжы күдүк. Те алысырааакта ак эчкиленип, жаркырап тийген күнгө күзгү сыяктуу чагылышып кетип, бай көл күү-күү толкуйт, кагандын ой толкунуна кошулуп, аны да күүлдөтө термегенсийт.

Кара Каган ордунан туруп, көл жакка карай басат. Баамдуу уулдары качан атасынын оюнда бирдеме турганын сезишип, саал артта кошо ээрчишет. Кара Каган көл кылаалайт. Тиги өйүзүнө көз жетпеген бай көл күр-шар толкуп жатат. Те алыстап, кошчу жигиттердин карзаны көрүнбөй калган кезде айлананы аста карап, Кара Каган токтойт. Эки улан атасынын оозун тиктешет.

Кара Каган:

— Ууга жараган жоого жарайт! Мына, эр жетип ууга жарап калдынар, эми силерге журт бийлөө, жоого жароо кезеги келген мезгил. Тындагыла, уландарым, киши баласын тескеш, журт бийлеш эрежеси бу...

Эдил Улан:

— Кулак сизде!

Эр Улан:

— Кана, айтыңыз, каган ата!

Кара Каган бу биринен бири өтүп өрөпкүгөн, өрттөй жалбырттаган эгиз уулуна ичтен, ата эмеспи, ичтен кубанат, бирок, ошону менен бирге булардын бийлөө даамың татканып калганын, аны атайын каган атанын өз оозунан угууга зарыгып жүрүшкөнүн да дароо сезет. Эми, кагач эмеспи, бир жагынан ичи тарыйт, бу карышкырдай жулунган эки улан тен асылып, кагандык сыймыгын башынан жулуп кетише тургандай өндөнүп, кооп санайт.

Кара Каган:

— Каган болсон — билгин жакшы ой айтса «жакшы» деп баш ийкебе, жаман ой айтса «жаман» деп зекибе, жакшысын алып, жаманын таштап, өз оюн кылып, өз оозун менен айт. Эч качан сураба, дайыма буйрук айта бил. Бирөөнү карап ачык күлбө, бирөөнү карап ачык ачууланба, сурданып жаачу күндөй бүркөө бол — шеги жок алдында бүгүлөт, шектүү, ичи кара, иши кара жанынан түнүлөт. Ушуну тутун, көргөндүн көзүнө, уккандын кулагына каган кадырын өсөт... Даңк чыгаргың келеби? Жакшылыктын баркы жок, жамандык кыл, киши

баласынын башынан мунар кур, ошондо агыңды укканда ыйлаган бала сооропот, андан соң бирөөгө кокустан кылган кылдай жакшылыгың көргөндүн көзүнө, уккандын кулагына тоодой болот... Журт караткың келеби? Угуп алгыла. Таштайсың таттуу уйкуну, таштайсың катындын жылуу төшөгүн, жазак жазмак кызыгын! Таттуу уйку, катындын жылуу төшөгү, жазак кызыгы бул максатка кедерги... Караган журтту энчиңе басып калгын келеби? Ал журттун эң оболу жазагын отко сал, өтмүшүн ыр кылган, жазак окуган билгилерин жой, ошондо ал журт жыл өткөн сайын көзү жок көгөн, тили жок балык болот, асырап алган бала сыяктуу сени ата деп калат, ошондон соң минсен мал, жумшасаң кул... Эске туткула бекем. Бул жетимиш атабыздан калган мурас, те урук башы каган бабабыздан калган сөз. Биз үчүн көлдөй ирим, талаадай кен, тоодой бийик — ыйык эреже!..

Эдил Улан каган атасын кадалып тиктейт, эки көзү кыпкызыл:

— Каган ата, кимибизге айтылды бул сөз?

Эр Улан:

— Таттуу уйку, катындын жылуу төшөгү, жазак кызыгы кимибизге калмакчы?

Эки уулун алма-телме тиктеп, токтолуп, каганды ой басат:

— Ырас, каган атагы бирөө...

Эдил Улан:

— Мен болом каган!

Эр Улан:

— А менчи?!

Кара Каган, жообу жок, үнкүйүп нары басат. Көк ирим бай көл күр-шар толкуп жаткан, ак чардак көктө кыйкуу салып тынчсыз, каган ою уйгу-гуйгу, ал кайрылып токтоп, эки уулун кадалып тиктейт, а эки уул кашайып, бири да бирине жол койгусу жок, «бири-бизди гана танда» дегенин туйдуруп, көз тайгылтпай карашат.

Кара Каган:

— Экөбүн тен туулгансын, каганга ылайык! Көк жалсын экөбүн тен! Мен кара жанды карч уруп, бирөөгө кандуу кылыч таптап, бирөөнүн далысынан таптап, аргымак атты талыттым, ата журтун кениттим. Мына, он карым он сан кол, сол карым он сан кол, бириң бирин ал, бирин бирин ал. Ташта таттуу уйкуну! Аттан, албарс кылыч өбөктөп, аргымак үстүндө куш уйку кыл, эл чап, журт тап. Ушун этсен —экөбүн тең сөзүндү жыра тартарын, тизгининди талашарың жок, өзүн өзү билген, бириң анда, бирин мында тагдырды чүкөдөй өкчөп эл бийлеген улуу кагансыц...

Эдил Улан:

— Мен даярмын!

Эр Улан:

— Мен кала берет бекемин?!

Кара Каган бул ээн жерге кенүл ачыш үчүн, же ач кууп бирдемеден алаксыш үчүн келген эмес. Ал көптөн бери көңүлүн өйүгөн, эгиз уул улам эр жеткен сайын зарыл болуп бараткан «ата мура» сырын эки уулуна айтмакка келген, айтып, эки уулдун кабагын, кабагы аркылуу дилин, эртенкиге болгон зардесин, же жалакайлыгын, же түбүнө жетпей койбогон көктүгүн байкамакка келген. Кара Каган өзүнөн башкага ишенбейт. Көк тенир киши баласынын кейпинде жанында отурса каган ага да ишенмек эмес. Жети атасынан калган «ата мура» сыры ал үчүн барыдан кымбат, барыдан ыйык. «Керегеде кулак бар, кеп айгам десен ырак бар!» деген макал дайым көңүлүндө болуп, Даркан Билгиден да, Кул Беренден да 6өлүнүп толкундуу бай көл жээгине «ан уулашты» шылтоо гана кылган. Эки улан анын «ата мура» сырынын манызына карк болуп гана тим калышпай, көбү үялаш бөлтүрүктөй тен умтулуп, тен жулунуп, биринен бири өтүп, кагандык талашып, эрегишип, эгешип турушканы каганга жагат.

Кара Каган унчукпай көл боюнан кошко кайтат. Жаш жигиттер жаш жейрендин бут этин шылып майын кошо таза жуулган карынга салып, үстүнө батышынча суу куюп, чүйгүн болсун үчүн кийик от кошуп, тузун татытып, оозун ичеги менен бекем бууп үч таяктын бириккен башына салаңдатып асып, түбүнө от жагып кайнатып, бышырып бутүшкөн. Аңчылыктын бул өзгөчө тамагынан ооз түйүүгө күйбөй Кара Каган кайра аттанат.

Чымкый кара аргымак аны теминдирбей алып учат. Эки улан «эмне» деп сурабай, биринен бири өтүп, каган атасынын артынан дүпүрөп жөнөшөт. Кан чокуган тажаал кара бүркүт кейиптенип, каган ат үстүндө эки мурүсү үнкүйүп, оңбуй-солбуй аргымакка камчы уруп, үстөккө босток теминип, аргымактан мурда алга обдулуп чабат. Эки улан эки жагында биринен бири калбай атаандашып, ага куйрук улаш кетишет.

Чаң жетпейт.

* * *

Кара Каган ал күнү кол баштайт деген берен калтырбай, акыл айтып жол баштайт деген билги калтырбай түгөл жыйган. Сөзү, максаты, ортого салар кенеши эч кимге белгисиз, Кара Каган кабагын бүркөп, ичинде көп жылдан бери бугуп жаткан оюн, түбүндө көздөгөн максаты ошол учурда жүзөгө ашырууга мезгили келип калганына кымылдап, бирок өзү бирдеменин камына өтө күнүккөн өңдүү, өтө кайгылуу кебетеленип, кабагын агайин бүркөп отурат.

Эки жагында эр жеткен эки улан, чатырап күйгөн жалын сыяктуу кыпкызыл кийинишкен, көздөрү кашкей ойноктоп, ошол тапта каган атасынын сөзүн жыра тартчу душманын да, тууганын да кийиздей тепсеп демин кесүүгө, такыр өйдө тургусуз кылып омурткасын омурууга даяр. Кече гана аларды баласынткан Кул Берендей эр, Даркан Билгидей окумал эми алардан сестенип, кут этишпей турушат. Кара Каган мунун баарын байкап, эки уландын эр кайратына купуя ыраазы, тиги тен ата нөкөрлөрдүн айласыз көз сүзүп калышканын ичтен табалап, аны сайын көкүрөк көтөрүп, сөөлөт көрсөтүп, күндөгү түрүнөн өзгөчө айбаттуу. Баары каган оозун карашат.

Кара Каган:

— Жол баштаган билгилерим, кол баштаган берендерим, баарың тыңда! Көптөн бери жүрөгүмө түпөйүл болуп түйүлгөн, бир зил кайгы бар шыпаасы табылбай жүргөн. Өзүм үчүн болсо бул кайгым, көк тенирдин каабына тапшыргыла. Кимиң табасың, мени миң толгонткон зил кайгынын дабасын? Ортонорго салайын...

Көпчүлүк:

— Сал ортого, улуу каган! Тапсак айталы, таппасак жазакер кыл, өзүң тап, билги барбы, берен барбы өзүңдөн өткөн эстүү, өзүңдөн өткөн кайраттуу?! Сенин эркиң — теңирдин эрки! Биз кайыл...

Кара Каган:

— Киши баласы көп маглуктун бири экенин ким билбейт?! Көк теңир киши баласына көктөн бир нокто, бир буурусун, бир айбалта, бир чөйчөк — ноктолоп мал үйрөтсүн, буурусун менен жер чийип эгин эксин, айбалта менен жырткычтан коргонсун, ушундан тапкан бир жанкеп ырыскысын топуракка оонатпай чөйчөккө салып оокат кылсын деген эмеспи. Ушул көкө теңир буйруган гана буюмду урунуп, киши баласы кен талаа, түнт токой, көк мелжиген тоо арасында бейпил, түбөлүктүү узун өмүр кечиргени он. Э, не тапты даңктуу Бабил, кумурска сыяк уюк кылып, бийик, бекем там салып отрар куруп?! Каганы адисинен ашып, көкө тенир менен атаандашып, мунар куруп булутка чыгып, өзүн теңирмин деп эсирген. Мунары кез ачып жумганча урап түшкөн отрарын кызыл жалын өрт каптап, эли тирилей дозокко кабылган! Башка күчтүү, тырмактуу маглук алдында киши баласы алсыз, чарасыз, ошон үчүн бирин бири кара тутат, бирине бири имерилет, чогулуп жүрөт, биринен бири сактанып, зарылынан таалим, эреже күтөт. О, көк теңир, сактай көр, айласы болсо киши баласы баягы карышкырлык зилиие кайра өтөт! Эс казынасы жазак. Жазак киши баласын балык кылып сууга түшүрөт дейт, куш кылып көккө чыгарат дейт. Мындай болсо киши баласы төрт аяктуу жырткыч маглук түгүл, өзүндөй киши баласы түгүл теңирдин өзүнөн айбыкпай, улам көз жеткенине умтулуп, улам кол жеткенине бой уруп, алкы бузулуп, каары ашынып, ага кара жердин түгү, бити түтпөй өз башын өзү жутат, акыркы бул жарыхты дүйнөнүн өзүн да топон сууга тепсетип, өрткө каптатып ойрон кылат. Көк теңир буйрубаганга умтулмак — күнөө, адисинен ашса акыры жаза. Ук баарын, жазак киши баласын көк тенирдин чийининен чыгарып, түбүндө мына ушуга азгырарын!

Даркан Билги:

— О, каган! Ишене албай турам угуп турган кулагыма, көрүп турган көзүмө, өзүңдөй көптү көргөн журт агасы кантип диттенип каршыгат киши баласына теңири берген башка маглуктан жалгыз өйдөлүгү эсине?!. Кайт, эсиң барында кайт, билги каган, көңүлүнө уялаган карышкырлык оюнан!

Кара Каган сөз тыңшабайт:

— Ук баарың! Ушул баштан кутулган оң бул азгырыктан!

Даркан Билги:

— О, токто, этиет бол! Сен кагансың — жаман сөзүң тартылган жебе, шилтенген айбалта. Өз журтуң өзүндөн бөөдө жабыр көрүп каларын ойлон. Өчүн болсо тирилей жерге мени көм, эс түбүнө айбалта чаппа, эс өз журтуңдун, өз тукумуңдун келе жагы...

Кут эшитпей турган нөкөрлөр акырын күбүрөшүп, бир жааты «көк теңирдин уланы» атыккан каган оюнан чыга алышпай, бир жааты билги сөзүн эп сезип, үн катуулап ортодон талаш чыга турган өңдөнөт. Кара Каган каарланып ордунан турат. Баары дым болушат.

Кара Каган буйрук кылат:

— Эч качан сөз менен талаш бүткөн эмес. Сөз чечпеген, ык чечпеген чийе түйүн дайыма кылыч менен, күч менен кыя-кыя кесилип чечилген, Жазак өрттөлсүн! Карма, мына бу элден өзгөчө жалаң көк кийинген, «көк теңирдин дилибиз, киши баласынын эсибиз» деп жүргөн, өңкөй азыткыны ушул жерден жылдырба, бири калбай тирилей жерге көмүлсүн!

Каган буйругун эки кылуу же ойго экчеп көрүү түшүнө кирбеген берендер, бир жактан карышкырдай жулунган эки улан баштап, жазакчыларды ошол замат кармашып, желкелеп, колдорун артына кайрып, кырка чөгөлөтөт.

Кул Берен талаштын теги кайда экенин билбей тан болот. «Улуу каган адашабы акылынан?.. Не болуп жатат?.. Түш көрүп жатпайын өзүм?..» деп деңдаро, кымкууттан башы айланат.

Эми эле «ыйык ата», «көзү ачык» аталган жазакчылар өлүмгө башы байланат. Каган эркин теңирдин эрки деп билген жоогер берендер бирден басып тирилей жерге көмө башташат.

Даркан Билги өчөшкөндөй, түпсүз ойго баткандай былк этпейт, ал кагандын ырайым бербесин да, көздөгөнүнөп кайтпасын да билет. Ошол учурда үстүнө тартылган топуракты улам көтөрүп тура калып, өксөп, көк тенирди жардамга чакырган бир окумалдын үнү жер жарат. Эч ким солк этпейт. Шордуу окумал думугат, үстүнө көптөн топуракты калың тартып көмүп жиберишет, ыйынган үн жер алдынан акырын угулуп, онтогондой сыяктанып, кара жер түйшөлүп, молодон топурак кулап, эң акыры дым болот. Көк теңир үнүн укпайт, жардамга колун сунбайт, аны өлүмдөн куткарып калбайт. «О, көк теңир! Сен дагы күч жагында белемсиң?!» деп, калыстардын үрөйү учат.

Өлүм кезеги Даркан Билгиге жеткенде Кара Каган токтотот:

— Мунун бизге көрсөткөн көп кызматын баалап, караламан тууганымдан өйдө кылып, өзүбуз «даркан» атандырганбыз, Дарканга тогуз айыбына өлүм жок! Баба салты ушундай.

Күн Токол өз өргөөсүндө, жатууга салынган төшөгүнүн башында жалаң көйнөкчөн, эки тизесине жаагын коюп, кара чачы далысына жайылган, өзү жалгыз отурат. Түн ичи, өргөөнү бармактай каухар таш үлбүрөп аран гана буладгыр жарык кылат. Жаш жубандын сулуу жүзү мунайым, көңүлүндө өчпөс тагы, кетпес кайгысы бар өндүү, эки көзүнөн жаш кылгырып, бирок чарасыз, катуу чеңгел тагдырына моюн сунуп ындыны өчкөн сыяктуу.

Те адырдан айгыр кишинейт, үйүрүн анги талашып куушуп жүргөндөй, бир жактан бир жакка дүпүлдөп өтөт. Жылкынын алдын тосуп, кыйкырган, сөгүнгөн угулат. Мемиреген жылуу, бейпил түн кайра жымжырт болот. Түн кыябы өтүп баратса да Күң Токол кыңкайып жамбаштабайт, көз илинтпейт.

Бир убакта жакын эле жерден сутак сайрайг. Күң Токол селт этип сүтак үнү кайталанат, ордунан ыргып туруп, этеги желбиреп, эшикке умтулат. Тыш жак шырт деп эшиктен жыла басып кең көкүрөк жоокер Кул Берен кирет.

Күн Токол ийилип, астанага чеке тпйгизип, сый билгизип тосот:

— Кел, жаркын күнүм...

Кул Берен кабагы салыңкы, ой баскан, Күн Токолдун бешенесинен акырын сүйөт:

— Баш кашырга чоло жок, элим. Каганын каарлуу! Тамга чийген жазакчы атпай, көк теннр ай, бири калбай тирилей кара жерге көмүлдү. Эсим жетпейт, не шумдук? Жерге көмүлгөн киши баласынын жер алдынан онтогону али да кулагыма угулат... И, корктуңбу, элим?

Күн токол:

— Эмнебиз калган эле корко турган? Каган өз элинин каганы, тонунун жакасы, журтунун агасы. Мага эмне?! Мен үчүн ал каган эмес, мен үчүн ал буунунан күчү кеткен, этинен жылуусу качкан, жыты кеткен шалдыраган бир кежир чал. Менин жаштык кумарым анын кагандыгынан жазылбайт. Мага өзүн керексиң, кең көкүрөк береним! Эмнеге санааркайсың? Каран күн ай, «кул» атын эр деминди тебелеп. Унуттуруп салган белем, акыры башта бир өлүм эмеспи?!

Кул Берен баш көтөрбөй ойлонот:

— Кантейин, кулмун, каары уруп кагандын тууган элим түрө чабылган, туулган журтум тыйпыл болуп, кара жалын өрт алган?! А мен ырыс кыйды тай казан аскан кемегеге бекинип жан асырагам. Баары эсимде, бирок кылар айлам эмне?! Жалгыз сени ээрчип, жалгыз сени кара тутуп, жалгыз сени эл да, туулган жер да тутунуп, бу кара ажыдаар ордосунда «кул» атанып, ал атыма терикпей, ыргыткан ит шыбагасы менен күн өткөрүп жүрөм.

Кул Берендин өлгөн кеги тирилет.

Күн Токол:

— Ымыртта жолун жарык кылган эс каухары билгисин өзү тепсеп өчүрсө, анын эмнесине күйүшөбүз, бу кагандын өз башына түн түшкөнү, өз жургуна кеткет келгени! Э, катын чалынган туйгун, сайдырган берен экен. Кайсы күнү Кара Каган олжо кылып ат соорусуна салганда, колумду кайрып төшөгүнө алганда, «күн токол» атка конуп, ошол күнү шагым сынган, ошол күнү жүрөгүм өлгөн. Сенин мага окшогон катынга тенелгенин уят иш. Ит болсоң ушул «кул берен» атына кутуруп, кагандын найзасын алып эр сайып, кошун баштап эл чаап жүрө бергенин өзүнө ылайык. Өлүмтүк жеп кара кузгун миң жыл жашайт, ала барчын кыраан бүркүт бир мерте кан чокуп бир күн өмүр сүргөнүи абзел көрөт экен го?! Тири кулдуктан өлү эркиндик артык экени билинген жокпу али сага, береним?! Тамга болуп, мандайына, таалайына басылган «кул» атыңдан тунук билгилик, өзүндүн эр кайратын гана куткарат, береним, оңутту кетирбей ойлонуп бак...

Кул Берен:

— Суусап турам өзүм да, кагандын кара канына, кантейин ай, кылчактайм, каганды мен тындым кылсам, «жаш катыны» деп жаныңды кошо кыйып, сени кошо жер алдына жаткырарын билем. Не кылам?

Күн Токол:

— Мени аяба, береним! Ырас, жаш токолдун тиги дүйнөдө да кызыгына батсын деп кыят менин жанымды, жарасын деп кол куушуруп кызматына төгөт сенин каныңды... Мейли, мени кайылмын, өзүбүз өлгөн менен, кагандын аягына коштоп көмгөн менен, эркин күн көксөгөн арбагыбыз тирүү калат эл ичинде...

Көпкө унчугушпай калышат. Кул Берен ойго эзилет.

Күн Токол көшөрүп жооп күтөт. Бир убакта Кул Берен ордунан обдулуп турат:

— Мышык болуп калган элем, э зирегим, жолборс атымды эсиме салдың. Кулагы кесик кул болунган, тагдырына басынган аргасыз жан элем, эр кайратын көнүлүмө кайра киргиздин. Мен эми кантип токтоно алам?

Күн Токол илешип кошо турат, бирде коркунуч басып, бирде өлүмгө баш байлап, тобокели көнүлүнө кайрат берип, бүткөн бою калтырайт:

— О, бизге кубат үмүтүбүз, береним! Эн оболу куу тырмактуу зымырык кагандын өзүн тындым кыл, аны менен да иш бүтпөйт, анын биринен бири өткөн, азезилдей жулунган эки тукумун ташка чак. Токтолбо, кагандыктын сага баласы жок, билгиге ташта, кутулсак болду, кетебиз шамал менен жарышып, көк тиреген тоо таянып...

Кул Берен артын карабай жулуна басып чыгып кетет. Күн Токол отура калып, кош бөйрөгү бүлкүлдөп, ушуга чейин аларга катуу багыт болуп келген тагдырына жалынып, үмүт да кылбай,

үмүт да өзү албай эргенки жарык, эркин күнгө тилек гана кылып, бетин басып үңкүйүп кала берет.

Жазак сакталган «билги салык» үнкүрү. Төрт бурчунда кара билик шам коюлган, кабат-кабат текче толтура жазак жыйылган, ным өтпөсүн деп, ташына ак төөнүн жүнүнөн кийиз капталган, барагы музоонун терисинен найын өндөлгөн.

Ой толгоосуна жооп издеген сыяктуу. Даркан Билги улам бирин ачып, үңүлүп окуйт, кайра жабат, дагы өз оюнун көлүнө чөмүлөт.

Даркан Билги:

— О, киши акылы, чеги жок, «кайда барам, кайда токтойм» дегин жок... Кара Каган жаман жорук баштады. Кантип токтолот? Башы бу болду, эми аягы эмне болот?..

Тили кесик кара кул кирет. Даркан Билги көнүлү бөлүнүп, кайрылып карайт. Тили кесик кара кул «киши келди» дегендей жандайт. Даркан Билги «киргиз» деп башын ийкейт. Тили кесик кара кул кайра чыгып кетет. Тыштан сүйлөнгөн үн угулат. Даркан Билги нестейип, жанагы жоопсуз ойлорунан адашат. Эшиктен Кул Берен кирет.

Кул Берен:

— Эсенсинби, ыйык ата?..

Даркан Билги токтолуп, кара биликтин күүгүм жарыгынан Кул Берендин түспөлүн тааныйт, тан калып тиктейт,

Даркан Билги:

— Элиң эсен болбосо менин эсендигим не пайда, жериң эсен болбосо менин эсендигим не пайда, береним?! И, каганың каарына алып турганда, сенин кайрылып келип эсендик сураганына жол болсун?.

Кул Берен:

— Жүрөк өйүгөн ой айдап, айла куруганда кылчактап не десен эркиң, түн жамынып келдим алдыңа, билги ата...

Даркан Билги:

— Жүрөк өйүгөн ой? Ал эмне экен?..

Кул Берен:

— Бирөө жүйөгө сыйбас жаман иш кылып жатса, көрүп көрмөксөн, билип билмексен болуп отуруу, ыя, билги ата, бул кандай, муну эмне десек болот?

Даркан Билги:

— Жакында болуп жатса жамандык иш тымпыйып билмексен болуу, терс бурулуп көрмөксөн болуу—арамдык, күчтүүдөн күчсүздү арачалоо, карадан акты тазалоо — эстин иши, береним!..

Кул Берен жалаң кылычын таянып, өзүнчө ой толгоо тартып, нары басат, бери басат. Даркан Билги чоочулайт:

— Эмне болду мынчалык, данктуу береним? Көкүрөгүң уйгу-туйгу, жүзүнө кан дүргүп, эсин жар чапчыган толкун болуп, ыя, кайда урунарын, кайда токторун билбей мин бир эки аласалып, окторулуп турат?..

Кул Берен:

— Эртең кара күн чыкса, өлгөнүм, кызыл күн чыкса толгонум!

Кул Берен чыгып кетет.

Кара Каган уктап жаткан. Улага жак шырп дей түшөт. Кагандын төшөгүнүн этегин баса жаткан жолборс комдонуп, уйкусурай оозун ачып эстенет. Жер түйшөлгөңүн сезген кара кулач жылан атылчудай баш көгөрөт. Ошол замат эшиктен бирөө жылып кирет. Жолборс көзүн ачып, арыллап асылат да, кирген киши баласы онду-солду кылыч шилтей, жылан ышкырып, түпкүчтөн түйүлүп, араи жарык ергеө ичинде кымкуут чимирилет. Кара Кагаз ыргып турат. Баш жагынан койгон каухар тоголонуп кетет. Жолборстун күркүрөп алышканы угулат. Караңгыда жалан дамбалчан алдастап Кара Каган кош миздүү кылычын туш келди шилтейт.

Кара Каган жаны эсен, абайлап эсине келет. Кайра качырып кол салган эч ким жок. Улага ченде өлөсө жарадар болгон жолборс кыркырайт, кимдир бирөө киши баласы сулап жаткансыйт, ызырына онтогонсуйт. Кара Каган капшытта турган дабылды катуу согот. Ошол

замат обочодогу күзөтчү өргөө жактан чоочуган, карбаластап шашылган кобур үн чыгат. Бери чуркаган дүбүрт угулат.

Кагандын өргөөсүнө эки жоокери менен күзөтчү берен шашып кирет, колунда кара билик шам, ирени учкан. Кара Каган жулуна чаңырат:

— О, көзүң кашайгыр! Уктап калгансыңарбы баарың кара көзүңөр кашайып?!

Күзөтчү:

— Өлүп жатат эшикте күзөтчү берен... Не мүшкүл болуп кетти, о улуу каган?..

Кара Каган жекирет:

— Уктап жаткан мен кайдан билем?!

Күзөтчү эңкейип, буралып онтоп жаткан киши баласынын бетине шамды жакындатат. Жарылып жолборс, чанналып Кул Берен жатат. Күзөтчү эсинен тана түшкөндөй, нестейип, көргөн көзүнө ишенбей, апкарып токтоло калат.

Кара каган:

— Ким экен бул башсыз? Ким экен менин каныма суусаган?!

— Күзөтчү көзүм ишенбейт, айтууга тилим күрмөлбөйт, о улуу каган!

Кара Каган:

— Ким? Өз уулумдун бириби?..

Күзөтчү:

— Кул Берениң окшойт го?!

Кара каган келип карайт:

— Ошол өзү... Уругун кырып, кыздарын олжо кылганымда эрке токолумдун энчисине басылып келген, кулагы кесик кулум эмес беле? Эч качан кастыгы билинбеген, жан аябай кызматымда жүргөн, эшигимдеги итим сыяктуу мыңк этпес, күчү да, дили да мендик болуп калды го деген элем...

Кара Каган жүзүн үйрүп, ындыны өчкөндөй тиги өлуп жаткан жолборстун башына үнүлүп, тизе бүгүп, акырын отурат. Күзөтчү кара жанынан капкачан түнүлүп, же качып чыгып кете албай, же каардуу кагандын көнүлүнө аралжы түшүп колтугунан сүйөшкө жарабай, турган жеринде селдейет.

Кара Каган жолборстун жалын сылап мунканат:

— О, ак жүрөк, ичкен ашына кара санабаган, куйтулукту билбеген макулугум! Каны бир тууганы сенче болбойт окшойт, жаны бирге деген досум сенче болбойт окшойт, төрүмдөгү уулум да, кешигимди берин, баласынып баккан кулум да, сенче купулума толбойт окшойт?! Көкө тенир киши баласына берип миң куулантканн. Ошонусу менен кууратканн, «эс» деген балакеттен сага берген эмес, көзүңө жаман эмне көрүнсө, көнүлүнө эмне жакпаса ойлонуп отурбай, кууланып отурбай жара гана тартасың, жакшылык көргөн күпкөндү ойлонуп отурбай, кууланып отурбай коргоп, кайгырбай өз жанынды кыясын, Кош, жолугарбыз канжыгада, бул кымкуут дүйнөдө кутула албасам карызымдан, кутулармын тигил дүйнөдө, адилет көк теңир алдында...

Эшиктен энтигип Күн Токол кирет, күзөтчү кагандын катынына таазим кылат.

Кун Токол:

— Эмне чуу?..

Кара Каган кайгылуу:

— Эмнесин сурайсын?! Өз көзүн менен көрүп ишен?|

Күн Токол каган эрин таң кала тиктеп, анан сулап жаткан Кул Беренди көрүп, «а-а-а!..» деп, эсинен тана бир бакырып, үстүнө жыгылат. Бул Берен жансыз. Кун Токол солуктап кайра тура калып, женинен кичинекен шамшарды сууруп каганды көздөй ыргытып уруп жиберет. Күзөтчү үлгүрүп каганды төшү менен калкалант. Шамшар барып сайылат. Күзөтчү сөзгө келбей жыгылат. Турган жигиттер токол катындын эки колун кайрып басышат. Кара Каган бир жагы үрөйү учуп, бир жагы болуп жаткан окуяга түшүнө албагандай тан болот.

Күн Токол:

— Сен үчүн ууга чыладым эле шамшарымды! Аттин! Бейкүнөөгө сайылды. Эмне карап турасын, канкор карышкыр, жара тарт мени беренимдин аяк жагына! Сени эми желкем

көрсүн...

Кара Каган жакшы көргөн токолунан мындай жорук күтпөгөн, эси эңгирейт, ага эцилнл тиктей акырын сүйлөйт:

— Э, эсин жайындабы?..

Уңшуп ыйлаган Күн Токол басмырлаган итке атырылган мышык сыяктуу кагандын бетине асылат. Каган селт этип кетенчиктеп, кабагын түйүп, терс бурулуп кетет. «Э, өз уругунун суудай аккан канын унута алышпаган экен! Менин каган башым менен буларга керсөткөн жакшы көнүлүм, берген мансабым жырык теңгеге арзыбаган экен го?!» деп, өкүнүч ойго кабылат.

Кара Каган өчөшө катуу жаза буйрук кылат:

— Өргөөсүнө алпаргыла! Бетине көө жаап, чачын кыркып, өзүн өзү майып кылып оной кутулуп кетпесин, эшигине катуу күзөт койгула. Мына бул кул ойношунун кебине сасыган топон тыгып, так төрүнө коюп бергиле. Бул жели ашынган кара бетке ырайым да ушу, жаза да ушу...

Күзөтчү жоогерлер Кул Берендин өлүгүн, эстен танып турган Күн Токолду колдон, буттан тартып, дырылдата сүйрөп, эшикке жөнөшөт. Күн Токолдун боздогону караңгыны как жарат, улам кардыгып, улам алыстап кетет. Кара Каган нары караган бойдон былк этпей, үңкүйүп, көлөкөдөн катып, турган ордуна туруп кала берет.

* * *

Бийик дөңдө Кара Каган атчан турат, кийими да кара, аты да сүлүктөй кара, ирени ойлуу, ички ой көлөкөсү кабагын басып, бет алдын көз сүзө тиктеп, баштаган ишине санаркоо, баштап алган сон кайтпай турган баш байлоо, өчөшүү сезилет.

Саал артта, бир жагында Эдил Улан. Бир жагында Эр Улан каган атасынын оюндагы толгоо аларда жок, эми гана уясынан атырылып чыгып, көзүнө эмне көрүнсө куушуруп чап салууга күүлөнгөн текечил бүркүттүн барчындары өңдөнүп, эки улан чапкын көксөп, кан көксөп, чыдамсыз өрөпкүп турушат.

Төшөлгөн калы болуп түркүн чөп, чечек жайкалат. Бир ныптада көк чалгын саргыл талаа керилип жатат. Те алыста кырка тоо баштары булбүлдөйт.

Каган турган бийик дөңдүн алдында тен жарылып, эки канат болуп, баары тегиз аттанган, баары тегиз жоо жарагы шай, эсепсиз көп кошун турат. Кишилердин акырын сүйлөшкөн кобуру, аттардын бышкырыгы, кишинегени, дагы саргыл талааны чаңытып келип жаткан колдун дүбүртү дениздей теренден аста дүнгүрөйт. Жакын ортодо жапан жаныбар көзгө чалынбайт, теңирдин жай күнү улагын ээрчитип, тобу менен ийрилип, эркин жайылган бөкөн, жейрен түгүл киши баласынын дүбүртүнөн үркүп канаттуу чымчык тажыккан, жылаан ийнине кирип жоголгон.

Оң, сол, карыдан бирден колбашчы берен ат желдире дөнгө чыга келишип, белдеринде кынсыз кынырак, ийнинде саадактары бирден кучак, аттан түшө тизе бүгүшөт:

— Он карың он сан колдун өнкөй баатыры даяр болду алдыңа, улуу каган!..

— Соң карың он сан колдун өңкөй баатыры даяр болду алдыңа, ыйык каган!..

Кара Каган тен жарылган кошунду карай тизгин кагат, астындагы эки көзү чакчайган кара аргымак элире басат. Эки улан эки жактан темине, бөлтүрүктөй жулуна ээрчийт. Колбашчылар аттарына үзөнгү теппей ыргып минишип, улам бири алдыга түшө бири коштоп, кыйкырын, каган мартабасын даңаза кыла ураан таштап жөнөшөт.

Оң канаттын колбашчысы:

— Тең жарыл улуу, кошун! Журтубуздун агасы, тонубуздун жакасы, кагандардын каганы келе жатыры! О, иргелген көйкашкалар, карангыда алдыбызда жарыткан жоомарттыгы калайыкты маарыткан келе жатыры айкөл каган, көкө теңир менен сүйлөшкөн, киши баласынын акылын чүкөдөй өкчөгөн билги каган...

Кошун дүнгүрөп толкуйт, арткылары үзөнгүсүнө тура калып коштоп кыйкырып тосушат.

Сон канаттын колбашчысы:

— О, дүнгүрөгөн улуу журт! Каарына алса кара чаар кабылан, капилеттен качырып салган көк жолборс, дүйнөнү түгөл оп тарткан жетимиш кулач ажыдаар каган келе жатыры!

Мин дабыл бирдей согулуп, аттар ыргыштап ордуна тура албай, эрлер өрөпкүп, көк асманга туман болуп жебе тартылып, дуудан төшү түктүү кара тер тенселгендей болот.

Кара Каган тең жарылып жардап турган кошунга бийик үн салып салам айтып, тааныган берендерге баш ийкеп, эки колун бийик көтөрүп жулунган кара аргымактын үзөнгүсүнө тик тура эн арткыларга көз таштап, алардын да көзүн өзүнө тартып, көнүлүн алып, тең ортодон өтүп келет.

Кара Каган:

— О, кызыл жолборс баатырларым өлүмдү тике караган! Берендерим кылчактабай ар ишиме жараган! Он кулагын менен ук! Сол кулагың менен ук!

Чуу токтолуп, дабыл басылып, кошун каган оозун тиктейт:

Кара Каган:

— Бутө элек али жазак жаңжалы! Эми гана кезек келди аттанууга чон чапкынга! Кайрат берсин көк тенир, жазак деген, киши баласы тамга чийген жок болсун бул токумдай биртке жер жүзүнөн, аттангыла, бел байладым киши баласынын эн акыркы тагдыры үчүн...

Бирде алыстап, бирде жакындап дыбыр каккан дабыл үнүнө, коштогон кошундун дуу-дуусуна аралашып, баарынан бийик, баарынан өкүм зонкулдап, каган үнү чаңдуу авада, кылкылдаган калыя атчан кошун үстүндө учуп жүрөт. Кара Кагандын талпынган жырткыч кара бүркүттөй коркунучтуу сөөлөтү ойноктогон чымкый кара аргымак менен бирге бирде андан, бирде мындан көрүнөт. Бирде мункангандай, бирде бууракандай, бирде жалыныч, бирде катаал буйрук болуп угулат.

Кара Каган:

— О, кош канатым, кошунум, бай көлдөй толкуган, кара селдей окторулган! Киши баласынын кейпине тенеп, колго жасап, көк тенирди кор кылган, жазак жазып урунган, көкөлөтө мунар курган, көк тенир буйрубаганга умтулуп, көк теңир сызыгынан чыгып кишилиги бузулган журтту каптагыла, тепсегиле!..

Көп кол кайра толкуйт. «Көк теңирдин уланы» саналган каган эркине баш ийип айткан караөзгөй жүйөөсүнө алданып, ээрчип коштогон кыйкырык күчөйт. Кара Кагандын кардыккан добушу кошун кыйрын аралайт.

Кара Каган:

— Эй! Эй! Бирин калбай ук, бирин калбай туюн! Оң карыңа Эдил Улан баш, соң карына Эр Улан баш. Жолунарды көк теңир өзү ачсын, карангыда жарык кылсын, каптагыла кара жамгыр сел болуп, тийгиле капилеттен булутсуз көктө чарт эткен чагылган болуп! Канын суудай төккүлө, буркан ташын сөккүлө, жазактарын отко ыргытып, табынган тамын бузгула, коргонун жерге жексен кылып көмгүлө...

Эрдемсинген берен ат ойнотуп, «Сенин эркин —тенирдин эрки, тенирдин эрки — сенин эркин!..» деген ураан таштайт.

Кара Кагандын катаал үнү, кайрымсыз өкүмү кишиден кишиге, тоодон тоого жаңырыктап урунуп, аягы көк мунарык бүркөктөн кең талаанын кыйрына тарайт. Жанырык жеткен жерден оолуккан айбалтасын ала чаап, чоочунган кулагын басып, башын калкалап буйга издейт, канаттуу таажыгып, кайберен үркүп, өрөпкүгөн тажаал кыйкырык менен боздогон ый аралашат...

Жер түгү такыр, токой жалбырагын күбүгөн, мөл булактан суу азайып, бай көл тартылган — күз...

Четке жалгыз тигилген кара алачук, ага кирген жойкун да, чыккан из да жок, нечен убактан бери күнүгө эртен менен жамы журт «көк теңир жүзүн» тосууга жабыла эшикке чыкканда да кара алачуктан эч ким чыкпайг, четтеги бечеранын бейити сыяктуу ың-жынсыз бойдон томсоргону томсоргон.

Бирок, эл тириликке кирген мезгилден тарта теңирдин куттуу күнү үч маал алачукту тирилтип созолонгон ый чыгат. Кей күнү эстен ооган сымал солуктап дымыйт.

Ыйлуу Күн Токол!

Эч ким барбайт, эч ким алын сурабайт. Уккан киши баласы обочодон өз төрүнө отуруп, өз босогосунда туруп, эч кимге көрүнбөй анын кайгысын бөлүшүп боору ачыйт.

Те тескейдеги эки торпогун ээрчиткен марал да, артынаң өнүп жүргөн жолбун карышкыр да бери маңыроо тиктеп чарасыз киши баласынын муңун тыңдайт.

Кара Каган табалап ичин урунат. Бул күң жерге кирбесе, көккө чыгып кетпесе, жаны чыкпаса, кулдун кебиң тиктеп көнүлү миң тала болуп, жүрөгүнө кайгы тузу куюлуп, те алда качан тукум курут болгон журтунун коруң эстеп, кошогун кошуп, ыйын ыйлап, түбөлүккө ушинтип отура берсе — таш боор кагандкн көңүлү ийикпейт, табасы канбайт, кайра көбүрөт, кайра өчүгөт, кайра дагы бир жаза ойлонуп табат.

Төрүнө Кул Берендин кеби коюлган күнүгө аны тиктеп кадыресе кара тутуп имерилип, андан сон куру тулуп экенин туюп, өткөн кадырын эскерип ый кошок айтат. Ыйы — бир кездеги дүпүрөгөн өз журту, тууган энеси, акты үйрөткөн атасы, жылкычы балдар тен катар улуу тоо арасында, кен талаа бетинде үзөңгү кагыша нгарышкан, азыр капилет түш гана болуп аран элес-булас эстелген эркин күнү. Муну кошо көнүлү көтөрүлөт, ошол бактысына кайра аралашып, кайра ошол кездеги сүйүү, өкунуч кыялдары эсине келип, кургаган тамырына кан жүгүрүп, кадыресе тирилет, денесине жашоо деми кайра келет. Анан тийген жоо, боо түшүп кырылган бир туугандарын, өзүнүн ат соорусуна салынганын, бөтөн үйгө кирип каган төшөгүнө уйпаланганын кошот да, азыркы бардык кишилик өмүрдүн үмүтсүз кезинде, эт жүрөгү торго түшкөн бөдөнөдөй тыпырап, кантип чыгып, кантип канат серпип көккө эргип кетүүнү самайт. Эн акыры башына түшкөн кордугуна чыдап, чарасыз солуктап, ындыны өчүп басылат.

Жер жайнаган бир урук журттан калган жалгыз, эми ага «көк тенирдин жүзүн» көрүү, андан ырайым тилөө ашык баш, ал үчүн эч мааниси жок, алжөкө теннрге таарынган, эшикке чыкпай терс карап, Кул Берендин аягына үнүлүп, көк теңирден сураганы өлүм гана, «көкө тенир жалгаса да каарласа да өлүм берет» деп ишенет. Кичинекей кара алачуктун ичинен өлүмүн өзү издейт. Сайынарга бычак жок, буунарга шооно жок, боюн таштоого бийик аска алыс, агайын десе суу бою эмес, кичинекей алачуктун ичин миң кайта тинтип, кайсаланып, акыры алсырап сулап жыгылат.

Бул күнү алачуктан ый чыкпай калат. Эмне болду? Ыйга көп уугуп көнүп кеткен киши балдары тан болот. Кара Каган «И, тагдырына багынган белем?!» деп, табасы эми канып, күндү алдына алып келүүгө жоогер жиберет.

Жоогер алачукка кирет. Көзүн Кул Берендин кеби муруту чычайып, куду тирүү өндүү, атырылып кол салчудай көрүнөт. Жоогер жүрөк токтотуп, бүк түшүп жаткан күңду ийнинен тартат, ою уктап калса ойготуу, күң былк этпейт, үнсүз катуу булка тартат, күң оодарылып түшөт, жансыз. Баягы кабагынан нур төгүлгөн сулуу жубаи эмес, ireңи жаргактай керсары, чачы шыбактай куу болуп кеткен бир үрөй. Жоогер «кубулуп кеткен экен» деп ойлоп, бакырып алачуктан кайра чыга качат.

Түн. Кара Каган төшөгүндө тынч уктап жатат, баш жагына коюлган каухар таш алсыз үлбүрөп, анын түйүлгөн кабагын араң жарык кылып турат, этек жагында бакма жолборсу мышык сымал «кыр-р» деп, көзүн ачып-жумуп, эстенип, болбурап үргүлөйт.

Те алыстан адырдан жылкы кишинеп кайра басылат, жакынкы токой ичинен сүтак сайрайт, түн бейпил, теребел магдырап уйку жыргалына көшүлгөн убак.

Кара Каган капилет чочуп ойгонуп, жалаң дамбалчан, төшөгүнүн каттоосуна кынсыз жашырып койгон кош миздүү шамшарын жула турат. Кере кулач сур жыланы кышылдап ышкырып, башын көтөрүп, эки жакты ойсоңдоп каранып, кызыл чаар жолборсу ордунан күркүрөп тура келет. Тыштан алактап корккон күзөтчү башбагат. Кара Каган өргөө ичин бир имере тиктеп, өзүнүн эсен экенине көзү жеткен соң шамшарына таяна кайра төшөгүнө отурат. Жай сурамакчы болуп эңиле келген күзөтчүгө «чыгып кете бер» деген ишара кылат. Күзөтчү чыгып кетет.

Кара Каган чарчаңкы үшкүрөт.

— Э, көкө тенир... бул не деген белгин?..

Кара Каган кайра жатат, уйкусу келбейт, толгонот. Те бир убакта жакын эле жерден түн каракчысы кызыл көз үкү бакырганы угулат, Кара Каган жүрөгү селт этип, аны да бир жамандыкка жоруп, тынчы кетип ордунан кайра турат. Өргөө ичин кыдырата тиктеп өзүнөн өзү корко баштайт.

Эртеси «көктенирдин жүзүн көрүү бүткөн соң өнкөй билерман нөкөрлөр эми «көк тенир уланы каган жүзүн көрүү» үчүн ордого жыйылат. Кара Каган ойлуу, каар белги кара таажы башында, ошол күнкү жыйынга кара жиндүү бакшыны, «билги салыктан» Даркан Билгини да алып келүүгө буйрук кылат. Каган оюнда эмне бар? Ким баамдайт? Ким даап сурайт? Эч ким батына албайт, Каган кабагын үйрүйт, тынчын алган акыбалын чечилип ортого салбайт. Коён жүрөк кай бир нөкөр кара жанынан түңүлөт.

Көп өтпөй бир кездеги «ыйык ата» аталган эске жетик киши эшиктен жоогерлердин айдоосунда кирет, чачы өскөн, сакал муруту чертилбеген, өтө жүдөгөн, караңгыда көп отурган эмеспи, көзү карыгып жарыкты тиктей албай мүнкүрөйт, улагадан өйдө өтпөй токтойт. Кара Каган төрдө мандашынан жазбай, былк этпей, бет алдын мелтейип тиктеп, кечеги билгисине атайы назар салбайт.

Кара Каган:

— Түндө жатып түш көрдүм, түшүмдө бир ажайып иш көрдүм... Кадимкидей каган экем калын журт оозумду караган... Ырыска тунуп, эрмекке канжа соруп олтурсам... канжадан чыккан кара түтүн... Көбөйгөндөн көбөйүп, чоюлгандан чоюлуп... каптай берди жер жүзүн... Каптагандан каптады, улуу тоолор билинбей, күндүн көзү көрүнбей, эн акыры кара түтүн уюлгуп басып калды ордомду... Кара түтүн кара чаар жылаан болуп, жалын бүркүп ышкырып... өз мойнума оролду... Сескенип ойгондум, бул көк тенирдин не деп берген белгиси болгону?..

Же жакшылыкка, же жамандыкка болжоп жорууга эч ким батынбайт. Кагандын көңүлүнө аны сайын кооп кирип, ирени сурданып, нөкөрлөрүнө кыжыры келип кыдырата тиктейт. Коркоктор, өрдөн адашат, өзүнөн өзү кичирейет, эч ким чук этүүгө жарабайт.

Кара Катан:

— Кана, кара жиндүү бакшым, сен жору. Жиндеринде тил болсо, кырк бир төлгө ташында бир керемет сыр болсо, жакшылыкты ашырба, жамандыкты жашырба, ачык айтып ак сүйлө, кынырылбай так сүйлө!..

Кара жиндүү бакшы башында шоншойгон күлө, ар түркүн куш канатын сайынган, этек-жеңи самсаалаган, колундагы дабылын шалдыркандуу аягы менен «дүнк!» уруп, ордунан ыргып турат, Бул «көзү ачык» атанган кара жиндүү бакшыны нөкөрлөр «не дейт, эми не түрлүү сыр көрсөтөр экен» дешип, үрөйлөрү учуп карапты кара жиндүү бакшы өргөө ичинде ким бар экенин такыр унутуп, эми эч ким көзүнө көрүнбөй, так түйүлүп секирип, шалдыркандуу таягын көккө көтөрө силккилеп, дабылын дункүлдөтө уруп, ошол жактан бирөө түшүп келе тургандай чамгаракты мисирейе тиктеп, үнү коркунучтуу каргылданып, бүт денеси калчылдап, жин чакыра баштайт.

Кара жиндүү бакшы:

— Э-эй!.. Уа, карды салык кара нар, тарпан уруп келе көр, келип көмөк бере көр... тел мүйүздүү сур жылаан, тегирчектей тегерен, э-эй, тез келе көр жебеден... Э-эй!.. Желден бүткөн балбан кыз, эки эмчеги салбан кыз, желип чыгып келе көр, жердин жети катар түбүнөн....

Кара жиндүү бакшы чамгарактын желбоосуна секирип жабышып, өйдө карай тырмышып, өргөөнүн бир капшытынан бир капшытына селкинчек тээп өтүп, «карды салык кара нарын», «эки эмчеги салбаң кызын», «тел мүйүздүү сур жылаанын» кыйкырып, керегенин башына илинет. Улам күчөп, жиндери чакырыгына келген сыяктуу, өзүнөн өзү кубат алып, кайраттанып, секиргени жепжеңил, кыйкырыгы бийик чыгат.

Кара Кагандан башка бир киши баш көтөрбөйт, баары эки ийнин кысып, кара жиндүү бакшынын назарына чалынбоо үчүн улам биринен бири пас, биринен бири бечара болуп, бирине бири ыктап, жүрөктөрү бүлкүлдөйт. Кара жиндүү бакшы алардын үстүнөн жорудай калдактап, каркылдап, так секирип аттап, капилет жерден кайрылып, кай бирөөнө үңүлүп тиктеп, башын чайкап кайра кетет. Бул — каганга ичи кара душманын издөө, нөкөрлөр жакшы билишет, кара жиндүү бакшы ошол замат айбалта менен бөлө чабылат.

Кара жиндүү бакшы каганга жакын отурган нөкөрдү имерип, бирде корккондой элтең, бирде кабагын түйүп, качырган ит сыяктуу ырылдап, улам сөөмөйү менен тике көрсөтүп зиркилдейт:

— Э-эй!.. Заары турат жүзүндө-ө, чаары турат көзүндө-ө!.. Э-эй!..

Эки көзү чекчейип, өңү кубарып, нөкөр ар кимге алактап каранып, жардам тиленип, кара жиндүү бакшынын айбатынан корунуп, көчүгү менен жылып кетенчиктеп, кагандын артына жашанат. Ким бирдеме дей алмак, ар кимдин жаны уучунда кыпылдайт. Кара Каган кол шилтейт, ошол замат босогодо турган жоогер ал нөкөрдү кыйылганына карабай желкеден алган бойдон эшикке дырылдатып сүйрөп чыгып кетет.

Кара жиндүү бакшы аны сайын чакчарылып, нары-бери секирип, эки бутундагы чарыгын чечип ыргытып, ортодогу додологон чоктуу очокту барып кечет, мурдатан отко салдырып койгон кыпкызыл орокту алып, тили менен жалай баштайт, ороктон шырылдап буу чыгат. Кара жиндүү бакшы орокту кагандын башына тегеретип ыргытат, эң акыры куу арчага от коюп, «алас, алас, ар кырсыктан алыс!» деп күнкүлдөп, өргөө ичин кыдырат.

Бул көрүмдөн соң кара жиндүү бакшы соолугуп, чеке терин аарчып, эми көзү ачылган сыяктуу жиндеринен бир жакшылык сыр уккаи үндүү көнүлү көтөрүлүп, кагандыл алдына келип чек түшөт. Кырк бир таш төлгөсүн кийизге жайып, төлгө тарта баштайт. Кара Каган ага шектүү тиктейт. Кара жиндүү бакшы өз ийнин өзү тиктеп, анда отурган бирдеме менен кеңешкендей акырын күбүрөйт, төлгө таштан улам бирин экчейт.

Кара жиндүү бакшы:

— Төлгө башы тогуз, аягы сегиз—телегениң тегиз! Түшүң түш келбей туш келген иш. Э-э, каган болсоң түшүндө, көк теңир уланы, ким талашмак өзүндөн, өнүндө да кагансың го?! Канжа тартып олтурганың — дүйнөнүн кызыгына дагы батып, тирүүлүктө көкүлүндү болтурганың эмеспи?! Кара түтүн — сансыз кол! Жердин жүзүн кантаганы — ишке ашканы улук билги оюндун, нечен тайпа журттарды өкүмүнө каратары. Кара түтүн капгаганы ордонду — калың дөөлөт уюганы, моюнуна оролгону — тукумундун эч качан башынан ырыс, колунан каган бийлик кетпестиги!..

«О-хо-о, бали!» дешип, нөкөрлөр коштоп, «Келе жагың кут болсун, о көкө теңир уланы!» — деп, каганга куттук айтышат, кара башка күч келген бир абалдан өтүп жеңилденишет. Кара кагандын да кабагы ачылат.

Кара Каган:

— И, айыпкер, эми сен жоруп көр!

Даркан Билги:

— Канжандан чыккан кара түтүн — кара оюң. Жердин жүзүн каптаса — он карың он сан кол күн чыгарга жеткен бейм, сол карың он сан кол күн батарга кеткен бейм, кишиге теңири берген эс кенчин тумчуктуруп, ууктуруп, тепсеп өткөн бейм?! Кара түтүн каптап калса ордонду, өз мойнуна кара чаар жылаан болуп оролгону — өзүн кылган жаман жорук өз башыңа жеткени, жети атан тиккен ак ордон кара түнгө чүмкөлүп, тамга чийер бириң жок, кийинкиге аты калбай, изи калбай, жексен болуп кеткени...

Кара Каган нес болуп отуруп калат. Нөкөрлөр акшыя тиктешип, акаарат айтышып. Даркан Билгиге жабылышат. Кара Каган тыят.

Кара Каган:

— Кайдан болсун мага айтар жакшы оюң?! Сен кыркылышкан душманымсың! Ишенбейм, душман не дебейт?! Э-э, түшкө да не кирбейт?!

«О-хо-о, ак сөз эмеспи, душман не дебейт?!» дешип нөкөрлөр коштойт.

Кара Каган күрсүнөт:

— Мейли, тогуз күнөө толо элек, буга өлүм келе элек...

* * *

Майда токойлуу, бал камыштуу өзөн бойлоп, жанжигит жоогерлерин коштотуп, бирин айдоочу, бирин көздөөчү кылып, Кара Каган кыргоолго шумкар салып, сейилдеп жүргөн.

Чымкый кара аргымак ооздугун кемирип, төрт аягы тыбырап ээлигип алган, колундагы ак шумкар улам көк тиктеп талпынып, теребелге ормондоп каранып, кылт эткен илбээсинге бой урат, каган коё бербейт. Капыстан камыштын арасынан куйругу кере кулач болуп кызыл кыргоол жөргөлөп качып, жоогерлердин кыйкырыгынан чоочуп асманга тик көтөрүлүп, куду жалын сыяктуу чубалып жөнөлөт. Шумкар талпынат. Кара Каган чаап баратып шилтеп жиберет. «Көздө-ө! Көздө!..» деп, жоогерлер кыйкырып, шумкар кеткен жакка жабыла чабышат. Ак шумкар кыргоолду жерге түшүрбөй көктө шыпырып кетет да, кайгып барып кырга конуп, басып отуруп алат. Кара Каган өзү мурда жетип, аттан түшө калып, кыргоолду ажыратып, боорунан эки-үч чокутуп кан таттырып моокун кандырат да, кыргоолду чубалтып канжыгасына байланып, шумкарды кылайтып колуна кайра кондуруп, көңүлү уу кызыгына балкып кайтат.

Кара жол менен келе жаткан, бир ат минип, бир атын жетелеген жолоочу кездешет. Өзү торгой болуп жүдөгөн, аты ыргай болуп арыган. Ирени каганга жылуу учурайт. Жолоочу атынан ооп түшүп, чекесин жерге тийгизип, каганга таазим кылат:

— О, көкө тенир уланы! Тамга чийген эл койбой, жазак билген жер койбой тегиз каптап өттүк биз. Суусу көндөй сасыган, чиркейи түтүн болуп самсыгач күн уясы ак деңиз, ак денизге жеттик биз. Сүйүнчү айт деп каган атама Эдил Улан жиберди...

Кара Каган:

— Оозуна май! Өзү Эдил Улан эсенби?

Чабар:

— Он карың он сан кол жаагы катуу жоодо өлүп, агыны катуу сууга агып, найза бою кар басып, саны кемип, эр кайраты азайды, кайра тартар чама жок. Эдил Улан табында, калган колду журт кылып, ошол журт менен бир кылып, өзү каган болмок чагында!..

Коштогон нөкөрлөр куттук айтышат. «О, улуу каган, жеткен белемсиң мурадыңа?!» дешет. Кара Каган жүзү жадырап кубанат, канжыгасынан кыргоолду өз колу менен чечип, чабарга ыргытат,

Кара Каган:

— Ме, береним, бул сүйүнчүңдүн алды болсун! Эртең бир тайпа журтка бийсин, өзүмдүн он жагыма отура турган нөкөрүмсүң көрөр көз!..

Чабар дагы чекесин жерге тийгизе таазим кылып, Кара Каганга ыраазылык билдирет. Кара Каган ат тизгинин ордого бурат, чымкый кара аргымак төрт аягы көзгө аран илешии жөнөлөт. Канжыга толо илбээсин салбактап, нөкөрлөр биринен бири өтүп, чабышып, артынан илешишет.

Бул кабар журтка дуу тарап, каган ордосуна жакын билгимин деген кары, беренмин деген өспүрүм дароо жыйылат. Кара Каган маңдайы жазылып, эрдемсип, келген сүйүнүчтүү кабардан чабардын өз оозунан журтка айттырат. Эл дуулдайт.

Кара Каган:

— Бүркүттүн уясы бир, чабыты башка! Мейли, кайрылбаса кайрылбасын, эсен болсун, буйругун тутар, кадырын билер журт тапса. Боз бээ чалып көкө тенир жолуна, үч күндүк алыс коюп бактин башын кулук чаап, байгесине бала ээрчиткен күң сайып, тойлогула Эдил каган урматына!

Эшик ага берен тыштан кирип, сол канаттан чабар келгенин кабарлайт. Кара Каган тез киргизүүнү буйрук кылат. Өргөө толо эл баары дуу этип, эшик жакты карашат. Эшиктен жол азабы жүдөткөн чабар кирип, чекесин жерге тийгизе каганга таазим кылат. Ireңи боз, кабагы салыңкы, эки көзүнөн жандан түңүлгөн коркунуч да, тобокел да көрүнөт. Кара Каган чабардын кебетесинен бир шойконду сезет.

Кара Каган:

— Тез сүйлө, берен! Жакшы кабар айт, кубанычыма кубаныч кош — мингенинди жорго кылам, кийгенинди торко кылам, бир урук журтка эрке кылам. Угузсаң жамандык сөз — кулагына коргошун куям!..

Чабар койнунан эки кылдуу чертмегин сууруп алып, ошол замат ой басып, акырын күүлөйт. Болгон окуяны айтпай коюуга болбойт, айтайын десе мына каган ниети кара, эки жагы кыя жар болуп, чабар ортодон өткөөл жол издейт, Чабар акырын солгун, жай күңгүрөтүп күү баштайт.

Эл жалдырайт, каган элтейип тыншайт. Чабар унчукпай, эки жакты да карабай, эки кылды дирилдете терип, бүт дили менен чертет. Күү улам шаңданыл, жоргонун жүрүшү, дуу-дуу канат күүлөгөн бүркүттүн учушу ыргагына сезилип толгон журттун, көпкөн бир киши баласынын өрөпкүгөн кыялы туюлуп, андан нары уюлгуп, тездеп кирген суудай, кара селдей шанданган эрдемсүү, андан жүлүн сыздаткан ый, өңгүрөгөн өксөө, ал жетпеген тагдыр алдында мүңкүрөө алмашылып муңканат.

Угуп отурган эл нестейди. Кара Каган ирени кубарып, не чертмекчини кой дей албай, же чертмек айтып жаткан кайгылуу кабарга чыдай албай, эр-жүрөгү болкулдап, каңырыгы түтөйт, көзүнөн кылгырып жаш төгүлөт. Чертмек орду толбос, сыныгы бүтөлбөс окуя, ый менен көз жаш менен кайрый албас тагдыр жөнүндө сүйлөп, ыргагы өксүп-өксүп, тагдырга моюн сунуу, өлүмгө да акыл менен тике кароо, акыл менен өзүнө өзү кайрат айтуу деркерлигин эске салып, акыркы кайрыгы көтөрүңкү, демдүү кайрылат. Кара Каган ордунан обдулуп турат,

Кара Каган:

— Уай! Бу куу жыгачың эмне дейт, кокуй?! Чын эле айрылдымбы уланымдан, катыгүн?! Бас жаагын мунуңдун! Өзөгүмө жетти го...

Чабар күүну токтотот.

Кара Каган:

— Карма! Коргошун эритип куйгула кулагына!

Эки жоогер чабарга карышкырдай жулунат.

Чабар:

— О, көк тенир уланы! Мен ооз ачкан жокмун го, өзүн калыс бол, коргошунду чертмектин кулагына куй, чертмек айтты, чертмек угузду го?!

Сөз маанисине кунт коюп отурган эл ичтен макул болушат. Кара Каган жүйө сөздөн өтө албай, же айтканынан кайта албай, коргошун эритип чертмектин кулагына куюуга буйрук кылат. Каган буйругу эки эмес, чертмектин кулагына боркулдатып кайнап эриген коргошун куюлат, кош кыл чырт-чырт үзүлүп, башы түтөп күйүп кетет.

Кара Каган:

— Эми сага өлүм жок, сүйлө, сөөгү кайда уландын?..

Чабар:

— Сон карың он сан кол! Жерди жайпап кеттик, биз, ашуусу бийик тоо аштык, агыны катуу суу кечтик, жолуккан журтту түрө чаап, канын суудай төктүк биз, буркан ташын сөктүк биз... О, жердин чети көк деңиз, көк денизге жеткенде уланды капилет жебе мерт кылды. Этин кынырак менен кырдырып, сөөгүн чагырмак менен жуудуруп, булгаарыга ороп бүктөтүп, буура төөгө жүктөтүп, ата журтка апкелдик...

Чабардын жоогерлери Эр Уландын булгарыга оролгон сөөгүн көтөрүп киришет. Кара Каган ордунан туруп, бетин ачып, Эр Уландын баш сөөгүн көрөт, кош бөйрөгүн таянып өкүрүп жиберет. Эл дуу көтөрө кошо өкүрүшөт.

Кара Каган:

— О, кулунчагым, кууранганың ушубу?! Көңүлү жайдай толсун деп, жорго тандап мингиздим. Душманга сүрдүү болсун деп, болоттон саут кийгиздим. Тууганга үлгү болсун деп, индынын тилин билгиздим. Эми ошонумдун бири жок, тирегим улан тири жок...

Өз басылса да өзгө басылбай өнгүрөп, кагандын көзүнөн өтүп, көңүлүн алып, эл көпкө дүңгүрөп өкүрөт, бир жактан катындар ый чыгарып, бири токтосо бири токтобой кошул-ташыл болуп, теребел уу-чууга толот. Кара Каган эс жыйып басылат.

Кара Каган:

— Э, журтум! Кеткен эми кайра келмекпи, кемиген эми кайра толмокпу?! Кантебиз, эрдин жолу ушундай, жаздыкта өлгөн жаманат, жоодо өлгөн салтанат! Эми кадырын мыктап кылгыла, арчадан табыт оюлсун, ал дүйнөгө барганда кызматын кылып турганга кул атпайдан бир тогуз, күн атпайдан бир тогуз жоролукка союлсун, аркан бою көр казып, аяк-башын кең казып, жоого минген тулпары, эмчектеги балалуу көңүлү жакын жаш жары жанына кошо коюлсун. Даңаза кетсин далайга, алты ай аза күтүлүп, кара ашы кырк күн берилсин!.

Те алыстан дүңк-дүңк этип кагылган добул үнү угулат. Даркан билги жазактарын

аңтаргылай ынды, кыдан, мисир, рум арип үлгүлөрүн карап, журт тилине ыланыктап өзү чыгарган үн тамга үлгүсүн камыш калам менен өңдөлгөн жука ак териге чийип олтурган, баш көтөрүп тыңшайт. «Дүңк! Дүңк!» деген дабылга кошулуп, «Э-э-э!» деп кара жиндүү бакшынын бакырыгы эшитилет. Даркан Билги итиркейи келип, кабагын үйрүп, жазапка кайра үңүлөт.

Шоокум улам жакындайт. Өзү каккан дабылы кара жиндүү бакшынын зиркилдеген, калчылдаган, балбактаган добушуна аралашып, сел сыяктуу каптган шабырт, кыжы-кужу кобур үн кошо келет.

Эшиктен тили кесик кара кул шашып кирет, эки көзү чекирейип, жаңдай албай дудаланат. Даркан Билги эшикке карай умтулат. Ангыча кара жиндүү бакшы үңкүрдүн оозунан карандап көрүнүп, калчылдап, дабылын дүңкүлдөтө ургулап, чоң-чон аттап секирип: «Гүгү-гүк! Гүгү-гук! Гүк! Гүк!» деп, зиркилдеп сайрайт, ireңи сур, үнү заар, көңүлүндө жамандык, ал ичкери жулунуп кирет. Ооздору акактап ачылган, көздөрү чанагынан чыккан, самсаалаган оңкой бакшы бакырып сайрашып, колдорунда чала күйгөн чычалаларын булгалап, тап берип каптайт. Кара жиндүү бакшы аны сайын акшыңдайт, үңкүр ичин чарк айланып жүгүрөт.

Кара жиндүү бакшы:

— Э-эй! Э, карды салык кара нар а-а-а, тарпаң уруп келе көр а-а-а... О, тел мүйүздүү сур жылан а-а-а, тегирчектей тегерен, тез келе көр жебеден а-а-а-а... Э, желден бүткөн балбан кыз а-а-а, эки эмчеги салбаң кыз а-а-а-а, желип чыгып келе көр а-а-а-а, келип жардам бере көр а а а... Гүгү-гүгү!..

Чычала кымкуут жаркылдайт, самсаалаган жиндүүлөр үңкүр ичин бырыксытып, ачуу кыйкырыгы, таягынын шалдырттаганы, дабылынын карсылдата согулганы мээ каңгытат. Колунан тартып, темтеңдеп Даркан Билгини өзүлөрүнө кошуп чимирилте баштайт. Даркан Билги бакшылардын ортосунан такыр бошоно албай башы айланып шалдырайт. Тили кесик кара кул бакшылардын колунан Даркан Билгини бошотууга жулунуп, бирин жыга муштап, бирин ыргыта тээп жан аябай кармашып, акыры жалгыздык кылып, бир бакшы артынан келип чычаласы менен так төбөгө чаап, эси ооп жыгылат.

Кара жиндүү бакшы:

— Э-э, биерге жин уялап калыптыр а-а-а, о биерге пер уялап калыптыр а-а-а-а... Гүгү! Гугү-гу! Гүгү!.. Э, желден бүткөн балбан кыз, эки эмчеги салбаң кыз, жалын чачып өтө көр, жалмап, мойсоп кете көр, а-а-а-а...

Зиркилдеп акшыңдап, бакшылар өрт коюшат, жазактар күйүп, жалбырттаган сайын кыймылдап кыйкырышып, көнтөрүп сүйрөп, оттон аша секиришип, «Гүгү! Жалма! Мойсо!» деп, өчүгө карсылдата дабыл сабашат. Эсине келген тили кесик кара кул өрттөнүп жаткан жазактарды карап, балача «ба-ба-ба, бу-бу-бу...» деп, буулдап ыйлап отурат. Жазак салык көк түтүнгө толот. Кара жиндүү бакшы түтүн арасында, от арасында бир каткырып, бир эчкирип, өрөнкүп нары-бери булактап секирип жүрөт...

* * *

Кең талаа сур, шамал чалкеш согуп, бай көл тынчсыз, теңселип күр-шар толкуп отурат, асман боз чалып күндүн көзү көрүнбөйт.

Желмаян төөгө «каган дабыл» тенденген кары жоогер мелмилдеген сары майданга чыккан, колундагы токмогу менен он эки карыш зор дабылды алме-телме күрсүлдөтүп уруп, желмаян тайтаңдап логлоп, сары майданды имерилип жүрөт. «Каган дабыл» үнү баарыга тааныш, аның дүңгүрү алыска угулат, ал бекер согулбайт, согулса каган жыйыны, же журтка жоо тийгени, жамы журт коз, голот. Туштуштан аттуу, жөө, төө минген, шүдүңгүт миң, ген эл «кйган дабыл» согулган майданга самсыйт.

Сары майандын бир четиндеги «каган дөбө» аталган өргөөдөй тоголок дөбөдө Кара Каган турат. Бакма жолборсу жанында, айбалталуу, саадактары бир кучак өзгөчө ишенимдүү нөкөрлөрү дөбөнү этегинен үч сыйра кур, чаган.

«Каган дабыл» дөбөнүн түбүнө келет, дароо үнү басылып, майдан тыптынч болот. Ошол учурда те четтең сүттөй аппак кунанга жайдак мингизип, эки жактан жылоолоп, жакшы

кийинген эки бий Даркан Билгини алып бери басышат. Ошол замат «каган дабыл» кайрадан дүңгүрөп согулуп, эл түйшөлүп, жанжуңдан кулак тунат. Кара Каган былк этпей, ireңи бир аз кубарып, ичи күйкөлөктөп, Даркан Билгини тиктейт. Ал күнү Даркан Билгиге эң акыркы даркандык кадыр көрсөтүп, асман тустүү көк кийгизип, сүттөй аппак кунан мингизип, өлүмгө алып чыгышкан. Даркан Билги сүттөй аппак кунандын үстүндө көк көгүчкөндөй кымрыйып, эки жакка жымыйып серп салып, ireңинде коркуу да, кайгыруу да жок, өлүмгө эмес шоокко келген өңдүү бейпил, көзү каган көзүнө чагылышат.

Кара Каган:

— Э, адашкан билгим! Мына, көк кийип, сүттөй аппак мал минип, Даркан сыныңан жазбай, кемибей ол дүйнөгө жол тартып турасын, айтып кет журт алдында, жанылганың не болду, бул дүйнөдө не кубанычың, не кайгың калды?

Даркан Билги:

— О, кара өзгөй каган! Мен жаңылган жокмун! Өзүм менен кетип барат кубанчым, кайгым гана калды бул дүйнөдө.

Кара Каган:

— Журт калыс болсун, журт алдында ачык айт!

Даркан Билги:

— Кайран журтту сенин-кесепетиң урду! Эптеп жыйган эс мүлкүн отко салып өрттөп, башына түркөйлүктүн кара тул түнүн кайра чүмкөп таштадың — ушул менин кайгым...

Кара Каган:

— Мен көк теңирдин буйругунан ашык ишке умтулган, көк теңирдин чийининен чыгарып, акыры келип киши баласынын башына балээ боло турган коркунучтуу үйүттү отко салып, бейчара киши баласын жокко кайгырбаган, барга мактанбаган, тоиуктуу, бейпил күнгө алдын ала кайра кайтардым. Киши баласы тойсо көкүрөк көтөрбөсүн, ач болсо ачмын деп бүжүрөбөсүн, табылганга канагат кылсын, топук кылсын. Жазак киши баласын көк тенир буйрубаганга умтултуп, асманга кол сундуруп, көлгө көз тиктирип араанын ачат, алкын бузат. Ачтын тогу бар артында, токтун ачы бар артында, сууктун артында жылуу, жылуунун артында суук бар — көк теңир өзү кыйыштырган, өзү эп келиштирген. Киши баласы ушул тирүүлүгүнө ыраазы болсун, көк тенирге тооба кылсын. Мына ошондо «көрөм», «жыргайм» деген азапган, жан кыйнамыш казаптан кутулат, кара жердин боорунда көчүп-конуп, күнү бейпил, дили бейпил болот.

«Даркан» атанган киши караламан сыяктуу же бели бүктөлүп, кылкылдата муунтулуп, же жаа огуна тепчилип, же кылычка бырчаланып өлтүрүлбөйт, тогуз айып кылгандан кийин гана таза кийгизип, жакшы малга мингизип, жанын кыйнабай, кордобой көз жумдуруу салт.

Сүттөй аппак кунанды жылоолоп турган эки кадырлуу бий Даркан Билгинин кан тамырын курч кыңыractап кыркышат. Даркан Билги колун тартып да койбойт, билги сөөлөтүн жазбай, былк этпей акыл токтотуп, эчтеме болбогондой бейпил кейипге туруп берет. Кан дирилдеп атып сүттөй аппак кунандын алгындай саргыч жалынан, зээринен ылдый кызыл гүл болуп төгүлөт.

Даркан билги:

— О, кайран көчмөн журт толуп, толкуп жаткан бай көл эле, төрт тарабы төр эле, алдын жырып сел кылдыц, кара сел болуп, башка жургтун башына асмандаи капилет түшкөн балээ болуп, акыры алды кайтпай, арты ийрилбей өзү түгөнүп, өзү алсырап, ага албай токтоп, майдаланып бөлүнүп, бөөт-чөөт болуп дымыйт, аздын иши ар дайым аз, акыры түбүндө караңгыда темселеп, түркөйлүгү — шору, күчтүүнүн алдында бүгүлүп, көптүн алдында тепселип, кор болот...

Кара Каган чакчарыла кыйкырат:

— Жо, менин элим дүйнөгө үстөм болот!

Даркан Билги кагандан жүз үйрүп, элге:

— О, журтум, сен тыңда! Кишилигиң — эсиң, бул касиетин болбосо өңгө маглуктан ашыкча эмессиң, ошол көкүрөгүндөгү нуруңдан адашпа, ачуунду зсиң менен тыйын, оң колуздун шоктугун сол колун менен карман, сол колуңдун туткагын оң колуң менен басың.

Талаштын башына өзүң күбө, мен өтүп барам, каган да дүйнөгө устун болмок беле, акырына да өзүң калыс болорсуң. Кош, журтум, силерди өз ниетиңерге калтырдым...

Эл мелтиреп дымыйт.

Даркан Билги улам каны азайып, ирени кубарып, көзү сүзүлүп алсырайт. Эң акыры ал сүттөй аппак кунандын жалына өбөктөйт. Эки бий күтүп, акыры Даркан Билгинин жаны кеткен соң акырын жерге алып, шаты табытка чалкасынан жаткызып, акырын ийиндеп, бир добуштан: «О, кайран даркан! Кайран билги! О, эми сени кайдан табабыз?!» деп, салтты өтөп өкүрүшүп, жыйын ортосунаң алып жөнөшөт.

«Каган дабыл» дүңгүрөп согулат. Жер жайнаган көп жыйын бут дуулдап өкүрүшөт, жер теңселгендей болот.

Эл өкүрүгүн чарт эткен чагылган кесет. Көк түнөрүп, кара нөшөр төгүп кирет. Жер бетин ымырт каптайт. Ирешире караңгыда кара жиндүү бакшынын үнү зиркилдейт. «Гү-гү! Гү-гү!» деп, боройлогон шамал менен учуп, кара нөшөр менен журт башына төгүлөт. Эл өкүрүгү улам тайыздап, улам акырындап, те алыстан алсыз ыйга айланып, «каган дабыл» үнү аралашып солгундап, күңгүрөнүп караңгы түндүн койнуна сиңет...

V

Те байыркы бир көөнө журттун теңир, киши баласынын турманы, өмүр наркы жана да дүйнөнүн башы менен акырына болгон ой туюмдарын баяндаган ушул «Даркан Билги» икаясын ырдап айтып, күч менен эстин ушул кезге дейре бүтпөгөн талашын, анын маңызын, бүтүндөй бир дүпүрөгөн көчмөн журттун башына түшкөн жапаа кеткетин тамсил кылды Токтогул.

«Бали, азыркынын билгиси!», «Бали...» дешти көп жашаган деген, көптү көргөн деген, куйма кулак деген, көкүрөгү тунук деген кыраа баамчылдар тен берише.

Икаядан маани улады Токтогул:

Эрге кеткет бир келет,
жерге кеткет бир келет,
элге кеткет бир келет...

Эрге кеткет келгенде:
чыны кетет сөзүнөн,
топук кетет өзүнөн,
уурулук кылып келини
уруусу доого жыгылат,
эр өлтүрүп баласы
эли доого жыгылат,
жакалашып жакыны
улагадан жоо чыгат...,

Жерге кеткет келгенде
кышы кыраан жут болот,
жайы каксоо, үп болот,
өндүрмө болот булагы,
саяң болот тулаңы,
эки айрылып өнө албай
кодура болот эгини,
бала салып мал атпай
кара болот желини,
дарагы куурап жыгылат,
илбесини суюлат...

Элге кеткет келгенде:
пейил кетет бийинен,
береке качат үйүнөн,
калыстык кетет чоңунан,
куту качат оңунан,
күндө мааре, күндө дуу
ынтымагы таштaлат,
ит ыркырак башталат,
өзүн өздөй күтмөк жок,
жатына жаттай түтмөк жок,
айтышкан ооз жабылбай,
арачы калыс табылбай
баары паска чабылат,
баары жатка жагынат —
баары торго чалынат,
башы шорго малынат..,

«Э-э...бу кеткет дегеин бир алаамат турбанбы, чиркин?!», «Карачы, пейил өзүндөн, кара ниет кагандай бейинден кетет турбайбы эн оболу?!» деп, бирөө баш чайкап, бирөө тандайын «шык» эткизип, таң болуп, бирөө сакалын сербейте оозу жабылбай аңкайды.

Жети атасы кул болгон
эрге келкел бир келет,
кие өнбөс кум толгон
жерге келкел бир келет,
жети жолу чабылган,
кетпес шорго кабылган
элге келкел бир келет...
Эрге келкел келгенде:
жаркып турат маңдайы,
шаншып турат тандайы,
адилети бек болот,
айткан сөзү эп болот,
кынышпасы көп болот,
туугансынып душманы
төгөрөгү төп болот...

Жерге келкел келгенде»
жылым болот кышында —
кыраан чилде тушунда,
салкын болот жайында —
саратандын айында,
жылкы бойлоп кече албай
мүрөөн болот суулары,
жылан сойлоп өтө албай
калын болот тулаңы,
эгини чайлайт сегиздеп,
малы төлдөйт эгиздеп...

Элге келкел келгенде:
пашасы адил башкарат,
даңазасы таш жарат,

ит ыркырак тыйылат,
ынтымак куруп жыйылат,
четинен нускоо ыр чыгат,
келинден мурда кыз туват,
азаматы туу жайып,
акылманы чуу басып
тынчылыгын жайгарат,
үч чабылса үч чыгып
күлүгү күндө байге алат...

«Ырас, келкел деген бир келер, анын келгенин, кадырын билген билер!» — дешип, маниге муюп, баш ийкеп отурушту өлүп гана көрбөгөн деген аяр карылар.

Эми адам менен адам, эл менен эл тең болунган, тең болуп биригишкен жаңы доорун, кеменгер Кеңеш курганын, бул элдин келкели келип турганын тогоштуруп ырдады улуу ырдоочу.

Жаралганы адамзат
көп укугу көп болгон,
аз укугу аз делген —
бирөө күчтүү, бирөө кор,
бирөө кутан, бирөө зор,
бирөө кедей, бирөө бай —
муназа, ыркы табылбай...

Көптү көп деп санабай,
көңүлүнө карабай,
азды аз деп басынтпай,
арга издетип жашынтпай,
жокту жок деп корсунтпай
тегиз Ленин теңейт дейт...

Түрүң кайсы дебейт дейт,
тилиң кайсы дебейт дейт,
динин кайсы дебейт дейт —
жетим, жесир алсыздын,
жетинбеген байкуштун
жерден боорун көтөрүп
көңүл, алын сурайт дейт,
жамыга бирдей кам көрүп,
чачылганын жыйнайт дейт,
чабылгамын курайт дейт...
Кудай менен сүйлөшкөн
Муса муну кылбаган,
кыйышпаган дос деген
Иса муну кылбаган,
расул илла пайгамбар
бу да муну кылбаган,
пейили сакы заабалар
булар да муну кылбаган...
ордо жыйып, туу жайган
пашаң муну кылбаган,
мөөрөй алып жоо сайган

бабаң муну кылбаган...

Токтогул ынкылаптын көсөмүн, анын адамзат үчүн өтөп жаткан ишинин маанисин бүткүл мусулман дүйнө» сүндөгү ушуга чейинки эң ыйык, эң бийик деген түшүнүктөрдөн ашыра, жогору коюп, ашкере айтып салды. «О-о... пайгамбарга шек келтирет деген эмине...» деп, бирөө тымызын жакасын карманды, бирөө ой экчеп, мааниге ынанып баш ийкеди.

Төгүнбү?! Төгүнбү, аттиң ай? Бир кезде жазгы дайрадай толуп келкели келип — нечен түркүн тайпа журттун башын бириктирген улуу улус болуп, бир убакта дөөлөтүнө ныксыраган тушунда, акыл мукураган учурунда чак түшүндө кеткети жолугуп — өз ичинен ыдырап, айтышкан ооз жабылбай, арачы калыс табылбай, улусу жылас болуп, баары паска чабылып, баары жатка жагынып, улам бир кылактаган кызыл үмүттү ээрчип, улам бир улуска ийрилип, чала өлүк жыландай жыйрылып, улам бир уруулар бирикмесине кошулуп, көбүнүн кылычынын мизи, найзасынын тыгы болуп жүрүп, а бирок бирине да тең боло албай, нечен түркүн заманда нечен түркүн көптүн алдында тепселген, күчтүүнүн алдында кор болгон, бир ууч болуп түгөнгөн, журт эмес беле?! Ушу сапар тең болсо кана, о кудурет?!

VI

Өмүр акыры...

Жаш кезде күн узун сезилет, демек өмүрүн узун, өзүң түбөлүктөй, бул жаркыраган кең аалам күүлдөгөн тирилиги менен кошо сеники сыяктуу көңүлүң жай, этегиң жабылбай турганы көзүнө эч көрүнбөй эрдемсип, дагы толуп-ташып жүрөсүн. А эки жакты абайлаганча кайран өмүрдүн жарымына ооп, бир убакта эле күн өткөнүн санап үлгүрө албай, анын мынчалык байкалбай да, тез да кымырылып өтүп кетип жатканына өзү таң болуп, бир паска токтотуп турушка айла жок, адам маң болот. Ирең эскирген сайын бир кездеги эрдемсинген көңүл өзүнөн өзү чөгүп, бул жарык дүйнөгө утурумдукка бир түнөп өтчү жолоочу сыңары өзүнөн-өзү комсунуп, бул опур-топур дүйнөдө өзүнөн-өзү ээнсирейт экен го, жалгызсырайт экен го?!

Чокчо сакалы чүчтөдөй ак, дагы эле бетинин нуру чырымтал, өзү бактек куш таризде бөпөйгөн алсыз абышка өмүрдүн ушул кыйын белесинде өзү жалгыз отурат. Те башына сабалган кебез үйүлгөндөй ак түрмөк улуу тоо кыркаларын тиктеп, бирок көзүнө баягыдай шаңкайбай, алда канча нарылап кеткендей боз чалып, тунарган көз жетпейт. Тоо түгүл бул эле кырдагы карайган шак бирде жалгаз, бирде экөө сыяктанып кош кабатталып, караңкураң араң байкалат. Ою туман, сансыз өтмүш улам бири эсине келип, бири менен бири аралашып, баарына азыр өмүрдүн белесинде өзү тескеп, теңшеп, өзү калыс болуп, кээде өкүнүп, кээде көңүлү толгонсуп уурту жымыйып, кээде азыр эле оюна келе калган эң керектүүдөй сезилген бир ой капилет шылт деп жадынан чыгып кетип, аны канчалык чымыркана кайра таба албай көзүн ымдалап, өзүнөн-өзү кеңгиреп, кайсаланып, бир убакта башка бир маани көңүлүнө алда кайдан акырын сырыгып кирип, дагы өз оюна өзү кошо агып, дагы өз санаасына өзү кошо термелип отурат.

Э, адам ай! Бири курсагы тойгонуна корстон, бири ал үчүн башка бирөө тер төккөнүнө кудайдын бергениндей ыраазы, бири жер өрттөп чуу чыгарганына, бири жабырап айткан ушагына, бири бирөөнүн ак көңүлүн сындырганына жубанат. А дагы бири кайран өмүрдүн кайра бери кайрылбас ылдыйына барган убагында же өзүнө, же башкага жарамдуу эмне иш бүтүргөнүн тымызын эстеп, тескеп, алгылыктуу бирдеме болгон болсо «мен муну баштап...», «мен мунун бүтөрүп...» деп, көңүлүнө кыйла төтөк кылат, колунан келишинче дагы бир пайдалуу нерсе өтөп калууга астейдил шашылат, а кайсаланса эчтемеси өз көзүнө толбосо бул асыл дүйнөнү бөөдө тепсеп, бөөдө эле кирдетип, изи, жыты калбай кайра кетип баратканына астейдил өкүнөт, курдашынан, өз баласынан уялат.

Көп жашаш эле муратпы?! Биртке өмүр сүрсөң да, көбүрөк ой терметип, демек узун жол басып, азиз өмүрдү адалат ишке зарптамак абзел экен. Өмүрдүн куну өмүрдүн көптүгүндө же өпчап өткөнүндө эмес не деген иш өтөгөндүгүндө белем?!

Бөпөйгөн абышка өзүнчө улутунуп, ой-санаасы адам сыпатынын түркүм катмарын аңтарып,

көзүн жуумп, жазгы күндүн табына далысы чымырап, тула бою талыкшып отурду.

Шалдырап отура, жата деле берет, көзү биртке илингенсийт, бирок уктай албайт кадимкидей, уйку-соонун арасында түйшөлө шырт эткен шабыртка көзү умачтай ачылып кетет, чарчаганы басылбайт. Кана, баягы кайран ширин уйку?!

Жаз — жарыш мезгили, жерден кылайыя буу көтөрүлүп, көк чымырап, чырыч дүмпүйүп калган, кумурскадай эртеден кечке күндүн кызылы батканча тыным албай кыбырап, малчы мал артында, кошчулар кош айдап, урук сээп, ар ким өз алынча эртенки күнүнүн камында. Бул абышка күн сайын дүйнөгө акыл менен да, көз менен да серелеп карап отурганы отурган. Өз өмүрү теспедей саналып, аз да болсо не жакшы күнүн, көп болсо да не тарткан азабын эстеп, түркүн адамдын үрөйү көз алдына келип, бирөөнүн айткан не жумшак, не катуу сөзү, не чагыр, не муңайым унү кулагына жаңыланып, өмүр сабактарын кайрадан өз баамынан өткөрөт.

Бир аз эле жыл илгери Бышкекке, өзү да абдан күзөп, карылык салган катуу байлам тушоого карабай барып, көрүп көз кубанганы, сезип ой чалкыганы, биртке да болсо өкүнүчү азыр эсине келип отурду.

Ал кезде кыргыз автономиялуу республика болуп калган эле. Те илгери эски ордо абалына кулак тутмак түгүл бул элди өздүгүнө карабай жоосундай аңдыбады беле?! А кийин ак падышанын акимдери чогулган топту чилдей кууп таратып, белине узун бычак байлантпай, жоон укурук сүйрөтпөй, колу, тили шоктун артына бакан ооз коюп, кичине эле элкин кадам басканын абакка жаап, жалпы элдин демин атайы басып турбады беле?! Бул элдин алдына өз тагдырын кимине болсо да эч качан саласал кылган эмес, «буларды теңсинип эш тартканча башына беш тарт» деген текебер ой чегинде болушкан. Ким, кайсы мансаптуу букара эл менен бир үйдө бир дасторкондон даам сызган эле?! Кирген үйүн, жеген тамагын, соода кылар жарманкесин, а түгүл жатар бейитин бөлөктөп, өзүлөрүн атайын элден обочолоп, атайы өзүлөрү менен букара элдин ортосуна тосмо коюшпады беле?! Бу өйдөсүнмөк болгону, бирок ушундан эле элден чоочуу, жарым эстигин, мококтугун, аксымдыгын, аягы суюктугун байкатпоо амалы, башкадан көбүрөөк жемекчи кара жемсоолугу эмес беле?! Мына, Ленин жолу! Кордолгон, эзилген, аяк сунарга босогосу калбай, баш коёрго төрү калбай жашар жери тарыган ар бир тайпага кеңчилик да, теңчилик да берип, өзүңдү өзүн башкар деп, ар бирине чегин көрсөтүп, адил мыйзам түзүп, бийлик тизгинин өз колдоруна карматты го Ленин жолу?!

Тарыхында биринчи жолу улут катары башы, жеринин чеги биригип, социалчыл жаны нук мамлекетине ээ болуп көөнө огурук Бышкегин борбор шаар кылып, кызылдаң туу тигип, ар түркүм иш башына өзүнчө мекеме ачылып, мекемелерди үстүнөн өкмөт башкарып, өкмөттү кыргыз балдары жетишкенинче өзүлөрү бийлеп, жалпы иш абжалып, көңүл дуулдап, улуу ыцкылаптын үзүрү көтөрүп турган кез экен. Мурда "заманы оңутсуз болуп, өнүкпөй калган журттун эскиден калган көөнө рухий баймана мурасын жыйнап иреттеп, жаңысын жалгап, улап, орустун билги окумуштуулары, адабиятчылары, музыкачылары атайы келип жардам иштерин жүргүзүп жатышкан эле. Мына, бу ырыс эмей, келкел эмей эмине?

Өз ишин ыр-күү тандаган комиссия бүткөндөй болуп калды. Сынга толгон өнөрпоздун ыры, күүсү, айткан дастаны кагазга жазылат экен, көп эле өнөр көрсөттү эле, көп эле кишилер кол чабышкан болду эле, бир жансыл жообун өз кулагы менен угуш үчүн кыякчы Жолойду ээрчитип, комиссияны өзү издеп барды Токтогул.

Төрдө кызыл мата жабылган столдун нары жагында бая күнкү «комкссия башчысы» деген киши өзү отурган экен. «Жакшы болбодубу, өзүн таап калдык?» деди Токтогул өзүнчө. Таза жуунган, бир жеринде бырышы жок таза сыланган, ичинде да ушундай кири жок сыяктуу көзгө толумдуу. «Карачы, ар мезгилдин кишиси өзүнө жараша экен го?! Куштай сыпаа жигит турбанбы, өмүрлүү болсун...» — деди, Токтогулду башчынын мантайган сырткы сөөлөтү астейдил кубантты. Ыр таштап жиберчүдөй үн көтөрө көңүлү куунак салам айтты Токтогул.

— Келиниз,— деп, айрыкча Токтогулду дагы бир имере тиктеп эрте мененки булутсуз ачык күндөй жадыраган үрөйү ошол замат өзгөрүп, капилет көлөкө түшүп суз тарта калды, бирок анысын тез кубултуп, эки ууртун тарга асте жылмайып, кол суна нары кыдырата тизилип турган майда үстөлдөр жакка «отургула» деген ишара кылып калды, деги ар кандай сөзгө, ишке дилгир сыяктуу кейип алды,— келиңиз...

Көчүк басып:

— Биз Анжиян багытынан келген элек,— деп, кеп баштады Токтогул.

— Билебиз,— деди башчы баш ийкей.

— Кеп эле өнөр көрсөткөндөй болдук элек анан...

— Кеп көптүгүндө эмес, аксакал,— деп, эчтеме билбеген бирөөгө аргасыз жол жобо үйрөтүп жаткандай, кейигендей түр менен сүйлөдү башчы,— өнөр жакшы болуу керек го, акыры?!

Эч качан өнөрүнө шек да, акарат да угуп көрбөгөн Токтогул нестейип тиктей калды. «Туура, өнөр жакшы болуу керек!» деди адил ою өзүнө, шагы сына түштү. Йиги:

— Эми, сизге баарын түшүндүрүп отуруш кыйын, черткен күүңүздү уктук, ырдадыңыз, муну да уктук, бирок чынын айтыш керек, жакпай калды, аксакал,— деп, аргасыздай колун жайды,— кантебиз, жакпай калды?

Жакпаса жабыштырасыңбы?! Көзүн ымдалап эле отуруп калды Токтогул. Тиги абышканын нес боло түшкөн абалын көрүп, алдыртан жымыйды да:

— Бу жанагы «кубулуп барып болуштан курдаш таптым орустан» деп, док урунуп жүргөн немеби?—деп, акырын кызыл томолок жардамчысынан орусча сурады. Башын ийкеп жооп берди жардамчысы.

— Сарт дейби?

Жардамчы дагы акырын башын ийкеди да:

— Келгендин баары кароодон өткөрүлдү, өзүңүз көрдүңүз, агай, комуз черткени, ыры анча эмес, ыры түзүгү комузга жок же артисчилиги жетишпейт, а бу кишиде мунун баары бар экен. Комиссия мүчөлөрү бир добуштан жактырып жатышат ко,— деп кошумчалады орусча чалараак.

Башчы аны жини келе тикирейип тиктеп:

— Эмне?! «Комиссия мүчөлөрү»?! «Комиссия мүчөлөрү» деп койсо эле ошолордун баары өнөр деген эмне экенин түшүнөт деп турасыңбы? Ыя?! Бири кечеги чоң чокой малай, бири чор колдуу кошчу! Ыя, эмнени билет экен ошолор?!—деп, орусча шыбыргактата жекирип жиберди.

Кызыл томолок жардамчы аны сайын кызарып, жер тиктеп отуруп калды. Саал ой басып, өзүнчө мурчуюп, отуруп, бир убакта башчы кабагын жазып, үнү муңайым акырын күнкүлдөп:

— Кой... ушунча комуз чертер, ырдар киши жокпу өзүбүздөн...— деди. — Кой, сөз карматпай, илештирбей, «карып калыпсың», «алжып калыпсың» деп эле кесе айтып, эптеп кетирип ийгиле муну... Ай, балдар ай, ачык айтпаса эле макоолонуп туруп алганыңар жаман да, балдар ай...

Токтогул угуп турган кулагына ишене албай, ишенбей коё албай ирени кубулуп кетти. Те илгерки камчысынан кан тамган манап менен төрөнүн алдында тил тартпаган кашкөй зардеси ойгонуп, жүрөгү дүкүлдөп согуп, үстөлдү кычырата ордунан козголо калды. Ким бу өзү?! Жаңы замандын жаңы адамыбы, же кой терисин жамынып короого кирип алгандай баягы манаптын кымырылган сары азазил сийдигиби? Эмне деп отурат бу Кенеш мекемесинде? Обдулуп тура калды Токтогул.

— Башчы,— деди Токтогул ага капилеттен орусча,— мен сиздей эле кыргыз баласымын, башчы. «Сарттар» деген уруктун эле аты, эмне демекчисиз, кадырлуу башчы?|

Башчы элтейип тиктеп калды. «Башчы», «сиз» деген сөздөр катуу какшык болуп угулду.

— Чын эле сарт болсом эмне экен?! Ким болсо деле ырдаган ыры, черткен комузу сынга салына берсе болбойбу, жакшы болсо жакшы делине берсе болбойбу? — деп, каптай сүйлөдү Токтогул, ыйлагысы келгендей мукактанып кетти. — Сизге «сарт» деген сөз шылтоо. Сизге ушул бир ууч Оң менен Солдун ичинде да өнөр эмес, «өз» керек болуп отурган экен. Мейли, өнөр өткөөлү тар болот, өзүңүзгө жаккан «өзүнүздү» көтөрүп, же эл сынынан өткөрө албай, же жампайтыл өз ордуна таштай албай, наалаттап бекине албай жүрө бересиз.

Бул абышка менен орусча да, кыргызча да айтыша албай турганын сезип, катуу кетсе ырбатып аларын билип, өз ачуусуна озү туталанып, башчынын ирени кумсарды. «Ой... бу тартипсиз неме го, ой...» деп, жардамчысына карай алактады, а кызыл томолок жигит эчтеме укпагандай кызарып эле жер тиктеп отурду.

— Сиз экөбүздүн «тартибибизди» эл баалайт, калыс мезгил торко элегинен өткөрөт!..

Токтогул артын карабай тышка чыгып кетти. Шаша ээрчиди Жолой.

Түнөк чайканага барышты. Көз көрүнөө чийткелип, эми эч кимге кереги жоктой болушуп, унчугушпай отурушуп чай ичишти. Өзгөчө Жолой капа, бирөө аны быякка бөөдө сүйрөп келип, эми талаага таштап салган сыяктуу кинээси кабагынан көрүнүп отурат. Муңу үй жолдош болсун, кыяк күүлөрү жазылып калсын деп, ээрчитип келген айыбын мойнуна алып, Токтогул:

— Күү жазат дегенинен...— деп, өзү да бушайман болду. —Эми, Жоке, болору болду, жакалашсак да оңолбос иш оңолбойт, кейибе, а көрө Таласка, Олуя-Ата жакка жүрөр араба изде, отурба.

Жолой күңкүлдөп кейиген бойдон базарга кетти.

Токтогул кыңкайып, уйку-соо арасында жаткан эле. Бирөө келгендей болду. Жолой го? Токтогул башын көтөрүп, бир кара чийкил, мурду кетирейген жигит эмне кыларын билбей селдейип турганын көрдү:

— И... кел балам,— деп, үшкүрүп оңдонуп отурду.

Жигит илбериңки салам айтып, кош колун берип учурашты, ыйбаа кыла сынар тизелеп отура калды. Ирени жылуу, бир жерден көргөн сыяктуу, комуз алып жүрөт.

— Э-э,— деди Токтогул,— ылгоого катыштын го, балам?

Кем сөз жигит белем, ак тиштерин көрсөтө акырын жылмайып башын ийкеди.

— Атың ким?

— Токтомамбет...

— А түзүк, Токтомамбет, балам, бая күнү черткениңди көрдүм, түзүк, балам, түзүк,— деди Токтогул, кана, алчы, комузуңду, балам.

Элтейе калды Токтомамбет. «Тартынба» дегенди ишара кылды Токтогул:

— «Сынган бугу» деген күү чертилет экен го ошону кайрып көрчү балам.

Жаш комузчу бүтүндөй бир тайпа журттун алааматы, арманы болгон «Сынган бугу» күүнү чертти. Не сүрдөдүбү, не шашылдыбы, желдиргендей тез кайрып бүтөрө жүрөгү дүкүлдөп отуруп калды. Токтогул өзүнчө баш ийкеп, бир комузчу жигитке көз тиге, кайра өзүнчө боло ойго бата калды.

— Кара күү, кара куу... бирок,— деди жаш комузчунун көзүнө,— балам, кыска-кыска кайрып, аз чертип койгон жоксуңбу, мындай болгондо уккандын моокумун кандырбай, көңүл талабын чала калтырат, балам. Күү кайрыгын улам биртке жаңылап, мукамдан мукам улап, узартып, маани жалгап, тактап, аныктап, чертчү күү экен. Кана...

Колун суна электе Токтомамбет комузун леп бере салды. Чертеби? Эмне дейт? Жүрөгү опкоолжуп калды. Токтогул эң оболу комуздун күүлөнүшүн кыңгыратып көрдү да кайсы бир кылын өз оюна кайра биртке ондой бураган болуп, анан жай баштап чертип кетти. Күү улам муңканды, кыл эмес тири адамдын муңдуу көкүрөгү болуп күңгүр кагып, бир эмес бир нече адамдын, бир тайпа журттун өксүгү, сынышы болуп, эң акыры армандан шартылдаган кайрат, күрөш сурку байкалып куу бүттү. Жаш комузчу аңкайып, тиктеди. «Башта эле чертип жүргөн экен...» деди ою. Муну байкап:

— Ушу, өзүңдөн биринчи угуп отурам,— деди Токтогул астейдил,—ырас, күү ар башка чертиле да берет, ошентсе да кеңүлүнө туура келсе бул күүнү ушундайча кеңитип, узартып чертип жүрсөң болобу, кагылайын?...

Ирени кызарып баш ийкеди Токтомамбет, жүрөгү жымырап жылыды, башын эле ийкеп, көзү жалжылдап, ошол тапта дилине келип турган ыразылыгын айта албады. Ырчы менен комузчунун кыялы ар түркүн. Бири бет келгенин жапырып, «андай эмес, мындай» деп, биринин арбагын эл алдында тебелешке өрөпкүйт, оозунан акаарат кеп чыгат. А бири асте нук көрсөтүп жөлөйт. Бул улуу устаттын улуу өрнөгү болучу.

Жымыйып тиктеп отуруп, жактыргандай башын ийкеп:

— А түзүк,— деди Токтогул,— басмырт бол, басмырт бол, обу жок чамынган киши айрыкча кара күүнү черте албайт, чертсе узүп, бузуп чергип коёт.

Дагы оозунан кеп чыкпай кызарып кетти жаш комузчу. Токгогулдун назары түшүп отурган бу мурду кетирейген кем сөз жигит кийин «Кара Молдо» деген ысым менен комуздан жалпы

журтка таанылган, кыргыз күүлөрүнүн бөксөсүн толтуруп, кемин кошуп, үзүгүн улап, алтын казынага жыйган адам болучу.

— Ава,—деди Токтомамбет,— менин келгеним, ава, жанагы күү жазчу киши таап бергиле деп... ошон үчүн...

Токтогул өйдө карай берди:

— И? Тиги башчы уруксат кылдыбы?

— Күү жазчу орус, ава, өзүнө жакса күүнү кимден болбосун жаза берет, ава.

— А түзүк,— деп жиберди Токтогул,— орус болсо анын койнуна катып отурган «өзү» жок, барса баралы, балам.

Тез эле Токтогул эки аягы өтө эле учталган казыктай шиш көрүнгөн, бастек бойлуу, далысы саал ункүйгөн, эки кулагынын үстүндө биртке саргыл чачы калган тасырайган кашка баш адамдын мандайында болду.

Александр Викторович Затаевич саламга баш эле ийкеп, бар дити Токтогулга обо калып, бир кайра имере серп салып, жымыйып майланган көк мончоктой тунарыңкы көзү күлүңдөп, кол берип учурашты да, бет алдындагы орундукту өзү бери тарта оңдоштуруп коюп, кол суна:

— Отурсаңыз,— деп сылык өтүндү.

Затаевич ошол жөн-жай сурашууда эле бул чон тебетей абышканын орусча өтө түшүнүктүү сүйлөгөнүнө таң калып, бир жагы чала тилмечтен жадаган неме кубанып да калды. Ал күнү эки жактын максаты, бул иштин эл үчүн, элдин маданияты үчүн өтө зарылдыгы жөнүндө пикирлешишти.

Иш эртеси башталды.

Комуз күүлөп, нары-бери жагын кармалап отуруп, комуз жөнүн саласал кылды Токтогул:

— Муну комуз дейбиз, чертмек да дейбиз. Дутар менен домбура мойну узун болот, көрсөнүз керек, көөдөндүн башынан кулагынын түбүнө дейре керене байланат, ошол керенеге карата басылып, кош кылдан күнгүр каккан женил үндөрү чыгат. А бу комузду караныз, көөдөнү чон да эмес, көөдөнү кен болсо үн так болбой коңгурап калат, мойну да көөдөнгө жараша кыскараак, керене байланбайт. Үч кыл, уч башка чыңалып күүлөнөт, черткенде бирин бири толуктаган үч үн чыгат да, он колдун кагышына, сол колдун беш манжасынын терип басышына жараша мукамдалып, адамдын ой-санаасындагы не арманбы, не наздуу көнүлүбү, не албуут кубанчыбы, не паренденин сайрашы, не кең табийгаттын шардан шаңыбы, иши кылып, өзгөчө бир маани туйдурган көп үн толкуну — күү жаралат.

Затаевич кунт коюп угуп отурду. «Чертиңиз, тындайын» деген жок, шашылган жок, баягы күнкү ылгоо убагында аткенин көргөн болучу. Күү жазуу маалында сурамжылап, комиссия башчыларынан: «А бир тентиреген дувана кылыш неме экен, жок, дагы бир башы оогон жакка кетип калган окшойт» деген жоопту угуп, ичинен өтө кейип калган эле.

Токтогул:

— Үч кылы болгон сон, нары да керенеси да жок, комуз кыйла кыйынча аспап. Үч кылды бирдей башкарып, бири каргыл, бири чың, бири конур — үч башка дабышты бир беткей мукамга ийгериш, демекчи шаңыраган бир күү пайда кылыш өтө татаал алакет.

Ынанып баш ийкеп отурду Затаевич.

Токтогул:

— Буроо жагы эки айрым. Он буроо дейбиз — ортонку кылы чыйрак болот да, үстүнкү бир башка, астыңкы бир башка, бирак ортонку кылдын дабышына ыкташып буралат. Он буроо менен «Күүнүн башы Камбаркан», «Санат күү», «Кербез», «Кер толгоо», «Насыйкат», «Кыял» түркүмдөрү чертилет, ушундай эле арман, кошок мундары, күйгөн авандары, ыр коштоо кайрыктары да он буроого салына берет. Сол буроо дейбиз — үстүңкү кылы чыйрак болот, берки эки кыл эки башка күүлөнөт. Сол буроо менен «Бек Арстан», «Бала баатыр Курманбек»,

«Кан Шырдактын боз жорго», «Солтон Сары» түркүмдөрү чертилет. Түркүм дегеним — ушул эки буроодогу күүлөр гана эмес, ар бири бир нечеден бутактаган ажырымдары бар. «Бек Арстан» өзү эле «Отуз эки Бек Арстан» болуп өнүгөт. «Эки жолу эле бурап коюп, күү атпайынын баарын черте берет турбайбы» деген ой болбосун. Ушул эки буроонун нугунда ар бир күү, ар бир аван өзүнчө мукамына жараша күүлөнүп чертилет. Шыктуу бала эң оболу

күүнү, аванды көкүрөгүндө жат кылат, көкүрөк менен кошо колу ийкемге келет, эң кыйыны ар бир күүнү ажыратып күүлөй алышы зарыл.

Затаевич:

— Ушул «оң» деген, «сол» деген буроодогу күүлөрдүн баарын өзүңүз чыгаргансызбы?

— О, кайдан?! — деп жиберди Токтогул күлө. —Эл чертет, те атам замандан бери чертилип келе жаткан күүлөр. Улам бирөө үйрөнүп калат, шыгына жараша чертет. Кай бир күү мурункуга жетпей өксүп калган убагы да болот, кай бири кеңип, уланып, жымсалданып, демекчи жакшыртылып да кегет.

Затаевич:

— Баарын өзүңүз чыгарбасаныз да, баарын черте билесизби?

Көзү күлө:

— Кыйын,— деди Токтогул,— баарын билиш кыйын, билиштен чертиш андан кыйын. Биз, эми, билишибизче билебиз, колдон келишинче чертебиз. Киши баласынын ойсанаасы чексиз, анын бир ченеми күү, улам бир жагына жетншсең дагы бир мейкин кылаасы ачыла берет. Ырас, кай бир чала чертмекчилер да болот, бир күүдөн толук эмей эле бир бутак үйрөнүп алса болду, «меники» дейт, ооз көптүрүп басып жүрөт. Күү элдин рухунан сызылат, күнүгө эле сызыла бермекпи, жүз жылдап элде бир мерте рух көтөрүлгөн чакта салтанат шаң болуп, не чабылып сынган чакта арман болуп бир оргуйт.

Өзү бийик кылабына чыгарган «Кербез» түркүмүнөн «Токтогулдун Чоң Кербез» деп, эми сөздөн күүгө өттү Токтогул.

Күү башы эн оболу оош-кыйыш көрө элек наристе шаң менен башталып, улам татаал ой, улам турмуш менен өмүргө таарыныч, өктө болуп, андан сон «ыйласаң кайра толбогон өмүр өткөнүнө мүңкүрөш ордуна баш көтөрмөй, турмуштун да, адамдын да жамандыгын, пастыгын көзгө илбей, тушарына албай, карабай тебелеп, шар күн өткөр» деген кашкөй курч кыялды көңүлгө уютуп өттү.

Бул туркун турмуш кезеңинен каршылык көргөн, таймашкан, эң акыры боосун үзген шумкардай элкинге эргиген Токтогулдун өз өмүрү, өз кыялы, дүйнөнүн башы менен аягына болгон өз көз карашы болучу.

Затаевич улам чертилген күүнүн атын каттап коюп, тасырайган кашка башын бир жагына кыңырайтып алып, өтө берилип, кээ бир убакта көкүрөгүнө жазып жаткандай дем тартпай, көзүн жуумп отуруп күү укту.

«Күүнүн башы Камбаркан», «Санат күү», «Насыйкат», «Кер толгоо», «Мин кыял», «Кан Шырдактын боз жорго», «Бек Арстан» чертилди. Эч унчукпай, бир күүнү бир нече жолу кайра угуп, биринин артынан бирин күүлөрдү нотага түшүрө баштады Затаевич.

Чыпчан он беш күн бою иштешти.

Көңүлү абдан көтөрүлүп, алыстан күзөп келгенинин акыбети кайтарына Токтогул кадыресе кубанды.

— Эми, жолдош Затаевич,— деди — ырды быякка эле коелу, бизде «Даркан билги», «Кожожаш мерген», «Жаныш-Байыш», «Бала баатыр Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Кан Шырдак», «Жанайыл жалгыз», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи менен Ак Бермет», «Ак Саткын менен Мырза уул», «Азимкан менен Кедейкан» деген көп дастан бар. Кагазга түшүрсө болобу ушуларды, жолдош Затаевич?

— Эмне үчүн болбосун?! — деди жымыйган Затаевич сылык. — Муну фольклорчулар жазат, сөзсүз жазат, бул боюнча да кызуу иш жүргүзүлүп жатат, азыр «Манас» эпосун чогултуп жазып жатышат окшойт, ошол жакка кайрылсаныз болот. Тил билгендер иштейт анда, менин ишим музыка гана, бардык элде музыканын тили бар эмеспи, мына сиз менен биз куп жакшы түшүнүшүп отурабыз.

— А-а...— деп, ындыны өчө түштү Токтогулдун, дастанды деле ушул киши жаза берет деп ойлогон. — Мейли, мейли...

«Бу дагы жанагы тууганчыл чоң аркылуу бүтсө, анда иш бүтүшөт экен...» деди ою.

Токтогулдун сабыры суздана түшкөнүн көрүп, дилгир Затаевич ордунан тура калды:

— Капа болбонуз, дастандарыныз да жазылат, капа болбонуз. Мына, күүнү нотага түшүрүш

өтө кыйын экен, ошентсе да колдон келгенин нотага жазып, биз улут үчүн чоң кызмат өтөп койгонубузду санаамда сезип, кубанып турам, Токтогул Сатылганович. Келет мезгил, жаза турган өзүнөрдөн чыгат, бир убакта ушул бир комуз менен чертилген, бир боз үй ичи уккан мукамдуу күүлөрүнүз бүтүндөй бир оркестр менен орошон дүңгүрөп, кен аудиторияларда ойнолот, буга астейдил ишенип коюңуз.

— Түзү-үк,—деди Токтогул,—«Эр Манас» жазылып калса, кудайга шүгүр, биздин элдин казынасынын төрүндөгү байманасы тааланып калат экен. «Эр Манас» кыш бою айтылат, бир четинен бир четине көз жетпеген мухит эмеспи. Түз-үк...

Ошол күнү кечинде кара күйүндү шам алдында кашка башын тасырайта үнкүйүп отуруп, музыка боюнча европача көп жактуу терең маалыматы бар жетик Затаевич күндөлүгүнө:

«*Мен кыргыз кайсак деп аталган элди көп аралап, «кыргыздын мин мукамы» деген наам менен овон жана домбура күүлөрүн нотага түшүргөн элем. Бул, албетте, мурда европалыктарга кабарсыз, эчтемеси жок делинип жүргөн элден ушунчалык музыкалык байлык чыгарына көп да ишене албай келген мен үчүн өлчөмсүз чоң табылга болгон.*

Качан мага «эми кара кыргыздын ушундай эле музыкалык бирдемелерин издеп, тактап жазуу керек» деген сунуш болгондо, ырасын айтсам, «кыргыз кайсактан да саны аз биртке кара кыргыз тайпасынан эмне чыгат дейсиң, көп болсо булардыкына окшогон бирдемелери болор» деп ойлоп, жер көрөйүн деген гана санаа жетелеп келген эле. Бирок, ушул кичинекей «кара кыргыз» деп аташкан элдин татаал комуз күүлөрүнүн көп үн, көп мукамдуу музыкалык кендиги, дүнгүрөгөн салтанаттуу шаны, каниги дүйнөлүк чоң музыкага гана тийешелүү полифониялык камтуусу мени чынында таң калтырып отурат...»

деп жазды.

Эртеси Затаевич Токтогулду бир нече кишинин ортосуна алып өзү сүрөткө тартып койду. Ошол күнү эле Токтогул менен Жолой калдыраган жыгач арабага түшүп, элге кайтты.

Мына, өмүрдүн бир эле кезеңинде бир ыразылык, бир өкүнүч көнүлүндө калып отурат. Ыраазылыгы — калыс музыкачынын шарапатынан бир аз болсо да күүлөрүнөн кагазга түшүрүлгөнү, өкүнүчү — өзүмчүл «башчынын» кесепетинен ыры, дастандары өз оозунан жазылып алынбай калып калганы.

Көз алдына «башчынын» манчыркаган кабагы тартылып, те баягыда Намангенде жолуккан манаптын: «О-о-о, анда биздин тукум аябайт, жамандыкка жакшылык кылып отурба-айт!..» деп чарылдаган, кектүү, заардуу үнү азыр күнү бүгүнкүдөй кайра жанырыктап отурду кулагына.

Ырас, кыргыз нечен кылымдап өз уругунун ичинен чыкпай күн өткөрүп келген эле — нечен кылымдап, биринин атасы өлсө бири көмүшкөн, аш берсе да, баласына тойчук кылса да тууганы каралашкан, ат чапса тууганы сүрөгөн, тууганы ат чапса аны сүрөш, бирөө менен мушташса ага болушуш милдети болгон—демек ыркка карай арпакташып жашап келишкен — ошон үчүн туугандан онойлук менен кече албаган адаты бар, «дос айрылат, тууган кайрылат» дегенге ишенет. Муну манаптар ашынтып, чегинен ашыра күчалтып, жалпы журт тутуна келген калыс эрежелерди тепсеп, «өз уругун дүпүрөтүп, өңгөнү титиретип», «тууганын туудай көтөрүп, башканын багын басып бөктөрүп» кылып, эл арасын кагыштырып, эки араан кылып чабыштырып, эки ортодо пайда таап, бийлик бекемдеп келишпеди беле?! Өз оюн бөлүшүп, өз көмөкөй үнүн өзү угуп, өзүн-өзү жубатып маани айтты:

Туура бийде тууган жок,
тууганчыл бийде ыйман жок —
кыя карап үңкүйүп,
бөөшсүнүп тымпыйып,
кабак жазып каткырбай,
жакшы эле ишти жактырбай,
агар сууну актырбай,
акыйкатты таптырбай
бирөөнү нары түртүп

куугансыйт, бирөөнү
бери тартып туугансыйт —
элдин ичи бузулат,
не муратка жетмекчи,
не бүткөрүп кетмекчи,
акыры эзил журттун тузу урат...

Эски бир овон, күү ыргагы сызылып кулагына, оюна түшкөнсүйт, бирде даана, бирде кымкуут сапырылган санаанын арасында биринен-бирине обушуп, аралашып, бирде чоочуп уча качкан чымчыктай шылт эте жадынан чыгып, кайра келбей көңүлүн ноютат. Шабырт, шынгыр үн, сыздаган ый, күүлдөгөн кайрат аралаш. Не жандуунун шыбышы эмес, не шамал эпкини эмес, не дарактын шоодуру эмес, бу өз санаасынан гана жаралган күнүгө миң кайталанган шоокум. Жыбылжыган назик дабышты, жакын адамынын акырын астейдил шыбыраган авазын даана уга албай калганына кеп болду го, чиркин?! Те тереңдеги тоо дайрасынын шары да, уюлгуй оюн сала дүрбөгөн кеп жылкынын дүбүртү да, жаз күнүн дүнгүр кагышы да кайдадыр алыста сыяктуу, бери жакындабай улам нары чексиз тунгуюкка жымырап чөгүп, ага дүйнө ныксыроо баскансып, булангыр, дымып тургансыйт.

Жаман жоо белем карылык, жакалаша да, укукташа да албайт экенсиң? Баягыдай эл аралоо калган, атка жүрүшкө чыдай албайт, тула бою талыкшып, кээде ат үстүндө баратып деле, кээде топ ичинде отуруп деле жаны жер тарта мүргүп кетет. Эки тизеси, кээде бүт сөөксаагы какшайт, күн бүркөлөрүн үч күн мурда сезет. Көз көргөн азабын жаш кезде жаштык деми көтөрүп, эми мына сөөгү муздап карыган чагында залдары айрыкча билинип жатпайбы.

Шүйкүмүң курган карылык
айнектей тунук көздү алып,
айныбас ширин сөздү алып
күн өткөн сайын тарыдык,
жаштык деген дөөлөт жок,
талпынган куштай сөөлөт жок,
эми каяктан жүрүп жарыдык?!

Үнү шат, өткөнүнө өкүнбөй, үйгө жипсиз байланган карылыгына кайгырбай кайра аны шекебе кылып, көзү күлүндөп, күнкүлдөп маани куюлуштуруп отурат.

Ырынын шааниси комузу эмес беле?! Бирок, кылдың майда назик добушун жакшы укпай күүгө күүлөй албай, а күүлөнбөгөн комуз сүйлөмөкпү, «кайранымды айныган кишидей келдиретип коём го» деп, комузду атайын кармабай койгон. Күү бул адамдын көңүлкеш көкүрөгү, жалындаган жаны, талпынган кош канаты болучу. Кудайга айтпаган сырын, киши баласы менен бөлүшпөс муңун ошол комуз деген жан шериги менен сырдашчу, муңдашчу.

...асыл өмүр барында,
ак таңдай ширин балында
акыл өкчөп, ыр төгүп,
атырдык таңдын неченин...
эми
азиз өмүр дүрдөй жаш
ажырап калган кезегим...
айрылып кетсем тобунан
арманымды айтсын өз элим...
...кайран өмүр барында,
кайрасам тилим шарында
комуз чертип, сыр төгүп,
кечкирттик күндүн неченин...

эми
кайран өмүр гүлдөй жаш
картайып калган кезегим...
көз жумуп кетсем ичинен
кадырымды айтсын өз элим...

Ырас, чөөттө акпай жатып сасыбай бир жээктен бир жээкке окторула чамынып аккан дайрадай шар өттү го өмүрү. Эми эмнесине кайышмакчы?! Кээ киши баласы карыган убагында кейикчээл болуп, өзүн-өзү кармана албай кудайды сөгүп, жалгыз баласын каргап, бир эле ошол өлүмгө байланып бараткансып күйүп, кара көзүнө жаш алып, бүткүл эле тири басып жүргөнгө ичи тарып, кыжыры келип, өзү калбаган бул жарыктык дүйнөнү башкага да калтырбай өрттөп таштап кете бергидей азазил санаага да кабылат. А бу абышка кайра өмүрүнүн ушул акыркы күндөрүндө аны сайын жумшарып, досунун кылдай жакшылыгын тоодой баалап, кайра касы менен өз көңүлүндө жарашып, жамандыгын кечирип, дени да, ниети да аны сайын тазарып, кеңип отурат...

www.bizdin.kg

ЖАЗУУЧУ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Төлөгөн Касымбеков 1931-жылы Ош облусуна караштуу Жаңы-Жол районунун Ак-Жол кыштагында туулган.

Башталгыч жана жети жылдык мектепти Ак-Жолдун өзүндө окуп, орто билимди ошол кезде райондогу жалгыз орто мектеп болгон коңшулаш Сыны кыштагындагы Кара-Жыгач орто мектебинен алган соң 1949-жылдан баштап, башталгыч мектептерде мугалим, Ак-Жол айыл Советинин жооптуу катчысы болуп эмгек жолун баштаган.

Көркөм сөз өнөрүнө болгон шыгы ошол бала убагында эле көрүнгөн жаш үмүткөр 1952-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине кирип, аны 1957-жылы бүтүрүп чыккан соң республикалык окуу-педагогика басмасынын балдар адабияты боюнча редакциясында редактор, андан республикалык көркөм адабий «Ала-Тоо» журналында оболу бөлүм башчы, жооптуу катчы, ал эми 1966-жылдан 1973-жылга чейин ал журналдын башкы редактору, андан соң Кыргыз ССР Басмамкомунун көркөм адабият боюнча башкы редактору, Кыргызстан жазуучулар союзунун проза боюнча секциясынын башчысы, СССРдин авторлордун укугун коргоо боюнча бүткүл союздук агентствосунун (ВААП) Кыргыз республикалык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келген.

Ал азыр Кыргыз ССР Жогорку Советинин тил өнүктүрүү, улут аралык маселелери, тарых эстеликтери жана каада-салт маселелери боюнча Туруктуу комиссиясынын төрагасы болуп иштөөдө.

Жазуучунун эң биринчи икаясы «Кичинекей жылкычы» 1952-жылы эле «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Ала-Тоо») журналына басылып, ушу сыяктуу балдар үчүн жазылган алгачкы майда икаяларынын тунгуч жыйнагы 1956-жылы студент кезинде жарык көргөн. Көп өтпөй «Жетим», «Адам болгум келет» баяндары тез эле окурмандардын көңүлүн өзүнө буруп, жаш калемгерге кыйла чыгармачылык ийгилик алып келген. Кийин айыл-мектеп маселелерине арналган «Жетилген курак» романы, болмуштан алынган «Таймашуу» баяны жазуучунун жетилген курагы айгинелеген.

Ал эми тарых темасына өтүү жазуучунун чыгармачылык өмүр жолундагы өзгөчө бурулуш болуп белгиленип калды. Көп жылдык оор эмгегинин үзүрү болгон «Сынган кылыч» тарыхый романы өзгөчө шык даарыган бир жазуучунун гана эмес, кыргыз адабиятынын кадиксиз табылгасы болуп, жазуучуну «өтө чоң» делинген кыргыз жазуучуларынын катарына көтөрүп, ысмын кыргыз гана эмес бүткүл союз адабий коомчулугуна ашкере белгилүү кылды. Андан кийинки «Келкел» биринчи тарыхый романдын темасын, заманынын нугун улап, ар тараптан көркөмдүк деңгээлинин бийиктигин, тереңдигин, кеңдигин биротоло бекем деди.

Бул эки романдын жаралышы кыргыз адабиятынын тарыхый роман жанрына талашсыз негиз салды. Ушул убакта «Сынган кылыч» менен «Келкел» кыргыз тарыхый роман жанрынын бүгүнкү мүмкүнчүлүгүн жана деңгээлин белгилеп, бүткүл союздук советтик тарыхый роман жанрынын мыкты делинген үлгүлөрүнүн тобунда турат.

Бул эки роман кыргыз элинин өмүрүнүн эки иретки катаал мезгили көкүрөк дарты, көз жашы, жан айласы, үзүлө албаган кылактаган кызыл үмүтү, ошону менен бирге кыргыз элинин тарых, этнография, турмуш, дин, салт-санаа, ырым түшүнүктөрүнүн өзүнчө бир энциклопедиясы — жыл өткөн сайын мааниси тереңдей бере турган, баасы көтөрүлө бере турган, оңой окшоштура алгыс, оңой кайталангыс нукура улуттук көркөм дүйнө, казына.

Бул тандалган чыгармалардын эки томдугуна «Туулган жер» икаясы, «Жетим», «Адам болгум келеч » баяндары, белгилүү «Сынган кылыч», «Келкел» романдары киргизилди.

Баарыга белгилүү өткөн сенектик мезгилинде жазуучунун чыгармачылык жолу да татаалданып, ниети да тар, түшүнүгү да тар «билермандардын» жалааларынан, асылууларынан жапа чегип келсе, азыр жалпы журттун сый-урматына жетишип турган кези.

Төлөгөн Касымбеков Кыргыз ССР Эл жазуучусу, Кыргыз ССР Эл депутаты.

Төлөгөн Мамеев.